

КАЧКЫНБАЙ ОСМОНАЛИЕВ

Көчмөндөр кагылышы



944368



84(2=Ки)кир
О-75

Качкынбай Осмоналиев

Көчмөндөр кагылышы



20 4083
944368

Кыргыз энциклопедиясынын
Башкы редакциясы
БИШКЕК 1993

ББК 84 Ки 7—4
О—74

Сүрөтчүсү *Д. Алаев*

Осмоналиев Качкынбай
О—74 Көчмөндөр кагылышы: Роман /Сүрөтүн тарткан Д. Алаев. — Б.: КЭ Башкы ред., 1993.— 704 б.
ISBN 5-89750-057-6

Жазуучунун бул тандалмаларында кыргыз элинин өткөндөгү оор турмушу чагылдырылган. Ошондой эле романда кыргыздарды боштондукка үндөгөн карапайым орустардын образдары да таасирдүү сүрөттөлөт. Китеп көптөгөн окурмандардын суроосу боюнча кайрадан басылууда.

Автор пишет о трудной жизни киргизского народа в прошлом под гнетом баев и манапов. В романе также отражены образы простых русских крестьян, пробуждающих у киргизов стремление к свободе.

Книга переиздается по многочисленным просьбам читателей.

О 4702300100-16
454 (11)—93

ББК 84 Ки 7—4

ISBN 5-89750-057-6

© К. Осмоналиев 1993-жыл.



Мунҷ

БИРИНЧИ КИТЕП

ӨТКӨН ЗАМАН МЫҢ ЗАМАН

Кыргыздар кабылан

* * *

Казакты кенек чапкан малын талап,
Кыргызды кыргыз кырган канын жалап.
Тулпардын туягынан чаң ызгытып,
Жоо сүргөн, эл коргогон эр-азамат.
Өткөнүнүн эрдиктерин, иттиктерин
Калбырлап, баш чайкайсың, атаганат!
Атаганат... Жүрөк кашап... Көз каканак...

Чыгарма эсинен

БИРИНЧИ БОЛУМ.

Баш деген, баш! А башты баш кылган — мээ. Мээ иштебесиңчи, көз көрүп, эмнени ажыратат? Кол кармап, кайсыны көтөрөт? Бут басып не жолду арбыгат? Бут тулкуну баш башкарып, мээ тейлеген сымал, ар айылды тезге салчу бир башчысы болот. Ал өзүн: карамагымдагы айылдарды башкара аламын, менин мойнумда аларды башкаруу милдети турат деп, өзүн ишенимдүү сезет да, берген буйругун туура деп чечет. Баш ийүүчүлөр да анын кабак-кашына карап, моюн сунууга аргасыз. Ошол баш ийүүлөгү аргасыздык иштелерди жакшылык умутко да жеткирет, азап-тозокко да түш кылат. Акыры, абалкы туура өндөнгөн, дилди баш иилдирген башкаруучулуктун анык купуя сырынын дал чыгышы, же адашып калышы кийин-кийин ачылат... Анда, ошондой башкаруучунун бири, Жумгал өрөөнүндөгү Күлжыгач элин бийлөөчү Качыке суттөй ак боз үйүнө капалуу келип түштү. Бүгүлүп ат алгандар анын Маралтору күлүгүн суулуктап, жулкунта жетелеп, тээ нарыдагы кайың мамыга аса байлады. Ат ойдолоп, кантаргасын чоё ооздукту карсылдата кулагын кагып бышкырды да, терге чөмүлгөн денинен буу чыгып, аркырата төктү. Катуу силкинди. Бар күчү менен күрс дем алып, жөө туман каптаган өрөөн-чокуларга, карагай, арча баскан беттерге тикирейет. Үйүрүн издей, сол санын солбуп турду.

* * *

Жайдын кызуу башталышы болсо да тоо арасы салкын. Адамдар чапан сыртынан курчанып, калпакты баса кийишкен. Эртеден күн көзү көрүнбөдү. Булут самсаалайт. Же жаабайт, же муздак шамалга сүрүлүп, ачылбайт. Мал жоошу кой салкында баш көтөрбөй, оттоо менен алек. Мал жалакайы эчки, койлордон бөлүнүп, бадал шактарына секирип, жар таштардын ылымта коцулдарын бойлоп, жалбыректарды бурдап, бир паста шаштылары кете улагы калган тарапка тап коюп, безилдешет.

Бийиктин иши — бийик. Канчалык алыс болсо да эчкилердин маараканы короо четиндеги жылтыр жүн улактарына угулат. Улактар чуулдап, басылат. Айрымдары чөпкө чалынып үн чыккан тарапка жамырайт. Аны балдар тосот.

Окчунда көк ыраң баскан өтөк, керилген үч желээде он-он бештен тизилген кулун. Түн бою оттогон бээлер эки саамына чейин үргүлөп, тынч. Үйүрдөгү айгырлар да жаздагыдай жинденишпей туура тартып, жоош. Куйругун көтөрүп, тезек таштап, кайрылып жыттап, башты чулгуп алат да, басып, оттоого киришет. Азуусу күртүлдөйт.

Оо, кыргызды кыргыз кылган ушул кең өрөөн, тунук суу, бийик тоо! Алардын башчыларын эсиртип, зөөкүрлөнткөн береги төрт түлүк мал. Малдын эти, сүтү.

Баш оорутаар талаштары жайыт ээлөө. Амал ме... күч менен башка уруулардыу моюн сундуруп, өкүм с...лөө, буйругун аткартуу. Бул, тээ, алмустактан келе жаткан адат. Адаттар кадимкидей салтка айланган. Мурдагыларынан кийинкилерге өрнөк өңдүү, мурас катары кала берген.

Ошол малдын айынан Качыке кыштоо сураш үчүн Ниязбекти көздөйт. Ал өзүнөн көп улуу. Азыр жүзгө чукулдап, карылыктын чегине жетти. Бирок, жылтырап көзү тирүү. Чөгөлөп кулагына кыйкырсаң, булдурап жооп берээрге көмөкөйдө тили бар. Оорубаса да чөгүп, төшөктө. Абалын сурап, төгүлгөн жорго алып барса, үзөңгүнү чирене тээп, суусар бөрк башта титиреп салдырчу баягы абаң жок. Элиртип күлүк тартууласа, найза өцөрүп, жоо издөөгө кайдан жарады?! Далыга жапкан кийимдин да, арналган малдын да ылайыктуусу, бап келгени жакшы. Башкадан алып да көргөн, берип сыйлоонун баркына жеткен Качыке «союшуна» деп, эки жи-

гитине туу бээ коштотуп, Маралторуну алчактата жөнөйт.

Ара конуп жетет. Ниязбектин чоң үйүнүн ички жасалгасынан көз тайгылат. Ал жамбашы оюлбас үчүн капка салган таруу төшөнүп, башына тирей куш жаздыктан койдуруп, аземдүү жатыптыр. Чач-сакалы кардай, эт качкан. Жаагы шимилип, бет чүкө чыккан.

— Ассалоому алейкум, баатыр аба! Күүлүү-демдүү турасызбы?!— Качыке көш колдон көрүштү. Карыя түксүйгөн кашын серпе кызыл жээк көзүн бардан, саамга тигилди. Кайранын, эс акылын жоготбоптур, тааныды. Кубанып күйүнөлдү:

— Ии, адам ээй! Кел-кел. Эл-журтуң аманбы? — деп, кобурай обдулганда үй кызматындагы адам илинүү чепкенин алып жаап, олтурууга сүйөмөлөдү. — Чакырт! — деди кимдидир,— дасторкон да мында жайылсын... «Кыз сулуусу калмакта, сөз кычкылы саякта», — дешет. Өзү келген тура!

Качыке чарт айрылып, каткырды:

— Бизди баалайт экенсиз го, баатыр аба?

— Мен баалабаганга болосуңарбы! Биздин баатырлар жоо чаап, жылкы тийип келсе, силер ээсинен озунуп, колдон жула качасынар. А айлыбызга жоо тийгенде... «Ойт берменер» карман, токой-чер, үнкүрүңөргө жите качасынар! — деп, титирей катуу күлдү.

Качыке кошо күлдү. Айтылган сөздүн жүйөөсү бар: ...Ичинде кымыз кайнап, кан төбө тепкен. Алдында күлүк туйлап, алыска жеткен кыргыз, казактар төрт түлүк малына көзү тойбой жери таанапташ жуцгарлардын тынчын алган. Эр өлтүрүп, айылын чаап, келин-кызды олжологон. Миндеген ай туяк[1] тийген. Кек арты чала өлтүргөн ажыдаар. Ал айланып туруп, куйругу менен чаппай койбойт. Бир кездерде кызыл уук болуп, талоонго түшкөн жуцгарлар акыры баш көтөрөт. Кылдат даярданган алар кыргыз-казак аттууну шыпырга менен шыпыргандай түштүк-батышка сүрөт. Бир мезгилде толкундай ала салып, өртөй өөрчүүчү кыргыздар каптаган жооно туруштук бералбай, бештен үчү кырылат. Анжиян, Букарага кире качат.

Ошол учурда Кулжыгач эли Кабактын аскалуу тоолорунун буйга-туюктарына жашынып, көп чабылбай калган экен. Ниязбек азыр ошону эскерди.

---

[1] Жылкы.

Качыке катуу унчугун, Ниязбек колун кулагынын артына калкалай калып, баш ийкеп, кеп жөнөлдү:

— Ээ, боорум! Иним. Өзүңдү көргөндө мен эмнеге жетине албай сүйүнүп олтурам? — деди карыя негедир муңкана,— жаштын иши жаш, баштын иши баш дей, бир угаар элем. Суу ылдый агып, суу өйдө чыкмайын адам калылбайт деп, эки угаар элем. Эли тозмоюн эл кадыры билинбейт, жери тозмоюн жер кадыры билинбейт деп, үч угаар элем. Аксабаса ат кадыры билинбейт, ата өлбөсө аксакал кадыры билинбейт деп, төрт угаар элем. Бая белде кубат барында, билекте күч барында, жүрөктө от барында азууга салып таш чайнап, аланчазар кыял менен алоолоп сөз кадырын билбегем. Сөз кадырын билбесең, өз кадырың билбейсиң. Дөбөгө чыгып сүйлөшүп, сөзгө кулак тосуп, сөз кадырын билгенде адамга көз бүтөт экен. Көз бүтүп, имерип, алыс-ты карай баштаганында карылык жакадан алып, адамга ажал чукулдай баштайт экен. Топтогон акылыңды билбегендерге үйрөтөйүн десең, бирөө угат. Көбү кол шилтейт. «Сенин иттик менен өткөн өмүрүңдү бу да басканы турат деп чөгүп, шалдырайсың! — Ниязбек эрин-дери титиреп, жашыды. — Көзүңдү көргөндө бир күн сүйлөшүп алсам да көңүлүмө кубат деп, сүйүнүп кетпедимби...

Силер аякта жатып бир топ урукка, мен быякта жатып бир топ урукка бөлүнүп кетебиз да, «силер», «биз» деп, төш кагабыз. Мыкты жактарыбыз болсо көтөрүлүп көкөлөйбүз. Кемчил жагыбыз болсо, чөөттүн көзүнө чөп таштагансып, жашырабыз. Санжырага түшсөк түбүбүз бир, «оң» атанат. Анын «сол» атанган толгон уруулар-дан турган туугандары бар. Бул экөө түбүндө кайра кошулуп, бир атанын эле балдары болуп чыгат. А, ур-ган баш! Кыргызды кыркка чачып алып, кырчылдашып өттүк. Өөх!

— Абаке! Айткандарыңа күлдүгүм бар! Мобу, «Башка мүшкүл түшкөндө Кабактын капчыгайына бекинип каласыңар» дегениңиз, чыны, сокур көзгө камчы тий-гендей жанга батып атат. Кечээ, Кокон колуна эч ким шамыян кайрыбай койгондо биз тарап катуудан казаны, жумшактан күлү калгыча кармашты. Кокондо «же-цилбес» атка конгон Арап баатырдын беш жүз аскерин Көк-Арт ашуусунда Тайлактын колу талкалады. Андай ички «ойт бермебиз» көп болсо, ириде биз корголойт элек го, кокондуктун этегине?

— Ашыкпа! Тээ алыс бир заманда Тагай бий хан-

дын каарына калын ордого камалган. Кийин бошонуп чыккында калыпсыз үйлөнгөн кош бой аялын ээрчиткенден намыс көрүп, аманат айтат:

— «Көз жарын эсеп төрөсөң — кыз болсо убат-сообу өзүндө. Эркек болсо атын Карачоро кой да, кийин эс тартканда мобу кездигимди берип, мени издет. Акыры Карачоро атасын табат. Каражоросу жок бир селсаяк бала Карачорону ээрчип келет. Аны да Тагай бий асырап алат. Силердин бир атацар ошол. Кийин эки эл чабышып, эрөөлгө киши чыкпай атканда азамат болуп калган баягы асыранды уулу өзү суранып эрөөлгө чыгыптыр. Ал катары менен үчтү сайып өлтүрүптүр. Жетине албаган Тагай бий тура калып алакан жайып:

— Эки тизгин, бир чылбырды, эми өз колуна ал! — деп, батасын берген. — Ныязбек тык-тык жөтөлдү. Демин басып: — Тагай бий дагы бир жерде ошол уулуна:

— Колуңдан туу кетпесин. Айлыңдан чуу кетпесин! — деп, экинчи батасын берген дешет,— деди. Жайыт сурап келген Качыке.

— Кайран абам! Сөөгү мыкты да. Акылы тунук боюнча. Уккандарын жацылбай айтты деп,— жайдарыланып, көтөрүлө сөзүн улады:

— Туганынцар Маматкулду ызалаган туугандарынан жем кайрып берген да биздикилер. Же жалганбы, аба? Ушул жагынан козгоп көрүңүзчү?

Карыя башын ийкеп, күлдү:

— Небаккы өткөн кем-кертикти козготуп, катка жоорду кайра сыйрытып койсо оой, устатсынар да, адамда жок!

Бул тамашанын да бир аз чындыгы бар.

...Кыргыздар уч талкан, үзүм нан издеп Букар, Коконд, Анжиян, Наманганда бери чачылып тентип жүргөндө, Маматкул кайдан жыргайт. Дарагы мөмө байлаган түштүктө өлбөстүн күнүн көрөт. Наманганды башкарган улукка жигит болуп кирип кеткен уулу Болоттун жапканын кийип, сунганын ичет.

Улук күндөрдүн биринде көзүнөн от жанган Болотту чакырат:

— Бир ишке жумшаганы турам?

— Кулдугум бар, таксыр! Буйрунуз.

Улук өзү көрдү бекен же кабарын эшитип, колуна тийгизе албаган бирөө айтты бекен? Айтор, шарт менен катуу тапшырма берет:

— Өзүң таштап качкан Боомдун аягында жылкысы чегирткедей жайылган калмактын байы бар. Ошонун

бир тулпарын колума тийгизсең... Каалаганың кабыл болот.

Кайкы кылыч байланып, ат күлүгүн таңдап миниген Болот жайдын толугунда конуп-түнөп, мерчемдүү жерге жетет. Атын бүйгага чидерлеп, нечен күн өңүттөн өңүт которот.

Топ-топ жылкыларды көзүнөн өткөрөт. Бирок издегени илинбейт. Күндөрдүн биринде түш оой, Кичи-Кеминдин бөксө тоосунан калың жылкы көрүнөт. Төрт жүздөй тобу чоң сууну көздөй чуруйт. Бөлүнгөн субайлар арасында жарганаттай түгү бар, бир кара жал сур тууралынып, мөңкүп, ойноп келет. Жигиттин көзү ошого түшөт. Ал сууга эң алды болуп жетти. Күү менен дал агын ортосуна күпүлдөтө кечип келип, өйдө баштанып, шимирип калды.

— Болсо ушул өзүдүр?! — деп, шамдагай жигит тик басты. — Тулпар адамдан качпайт дечү эле. — Кемердин кум-шагылын эше жеткенде кур жүргөн азоолор кошкуруп, жалт берди. Сур жээкке чыгып, арткы аягын суудан албай кулагын кайчылаштырып, чобурча тынч. Жылкыга кыргыйдан чапчаң кыргыз тукуму эмеспи, башына шып жүгөн катты да:

— Ыя алла, жол бер! — деп ыргып минип, жөнөдү. Өз атын коштоп, Сурду минип чу койгондо алыскы айыл үстү түят. Он адам кыйкырык-чуу менен куугунга алат. Өлөөр-тирилээрине карабай чапкан куугунчулар арттан сая түшөт. Болот Шамшыны ашып, Суусамырга жетет. Чаңдууга салып, Кетмен-Төбөнү беттейт. Кирип турган Нарын дарыясын сүздүрүп чыгып кеткенде, чукулдап калган куугунчулар чалмалана окторулуп күрпүлдөп жаткан дарыяга батынышпай жээкте өкүрүп, чачын жулуп кала беришет.

— Көзүн алып келипсиң! — деп Болотко улук ыраазы,— шертимен танбайм, акыца алаарың эмне?

— Таксыр! — Жигит таазим кыла сынар тизелейт,— аймагыңыздагы чачылган элими чогултуп бериниз?

— Ах, атасы Бөрү! — Улук бармагын тиштеп, дал. Ал бойдок Болотту катын сурайт ойдо болгон. Бул эл сурап жатат?!

— Оозумдан чыккан шертимди арам этпейин,— дейт улук,— өтүнүчүң кабыл... Жигиттер, чапкыла!

Баш кошкон эл улам арбыйт. Ай өткөрүп, жыл өткөрүп... Качкан конуштарына жөө-жалаң тынчы жиберет. Баш кошуп, ирденип, атка минип калган кыргыздар кек алуу үчүн акыры кол салбай койбой турганын сезиш-

ти бекен же башка себептер болгонбу, айтор, жунгарлар басып алган жерлерин таштап, Текестен ары теренге кетишет. Жиберилген кыргыз тынчылар Кеч-Колдо, Кызыл-Омполдо нечен күн жашынышат. Чалгындайт. Абайлашат. Көл жээгин артып, жан учурата алышпайт:

Элкин-элдин, элкин тоо,
Элкин тоого биз чыктык,
Эл карааны көрүнбөйт ..

* * *

Эл жыла жетип, жыты сиңген жерине таман тирей баштады. Нарындын бир өрөөнүндө Тогузбай дегендин айылы турат. Уулу Болот Чүй таранта калып, Маматкул ошол туугандарына байырлайт. Уркпөгөндүк кылып, жетиштүү. Маматкулдун аялынын суук оорусу карман, абысыныкынан май суратат. Тогузбайдын аялы кабак чытып, силкинип коёт:

— Бечаранын катыны бечерадай эле болбойбу. Май эмес, суу ичип эле тыңып кетсин!

Бул бир шылдың!

Кеч күз болуп, Тогузбай согум соёт. Жөрөлгө боюнча алгачкы күнү конок чакырат. Маматкул төрдө. Тай казанда эт бышат. Чараларга додолоп, үй ээси табак жасайт. Абалы чучуктан кыя кесип ооз тиет да, экинчи кесип алып Маматкулга обдулат:

— Кана Маке оозунду ач!

Макеси оозун ачат. Жетнейт:

— Бери болсоң? — дейт. Бери болот.

— Дагы,— дейт. Дагы берилейт оозу ачылган неме жылып.

— Жарыктык, чоң ачсаң? — дейт. Жарыктыгы жаагын ансайын керет. Балапанына жем берчү куштай чукулдап калган Тогузбай мурдун чүйрүп атайы бурулат:

— Аахиий! Оозуң аюнукунан да сасык тура?!

Бул экинчи шылдың.

Айылдагылар таруу эгип, кышы менен жоро ичишет экен.

Макенде эмненин шагы. Чекеге бүткөн кара өгүзүн жайдак минип, жоро берген үйгө салам айтып түшүп, курсак тойгузмай. Бир барат. Эки барат. Үч барат. Төртүнчү кезекте кар зампарлап элеп турат. Бозочул Макең карга карайбы. Ийрилген иттей чоң тебетейчен неме кара өгүздүн чүлүгүн кантарып, бышылдатып-күшүлдө-

түп мурдун жалантып жетет. Ит үрөт. Бирөө чыгып, кайра кирет. Боз үй ичинде күжүлдөгөн сөз, ыкшыган күлкү даана угулат.

— Ким экен?

— Маматкул эмес эле Мээнеткулга жолуккан турбайбызбы! Жок дегенде бир сапаркысынан кур калса боло, жоронун.

— Хо-хо-хо.

— Ха-ха-ха.

Кайра тартууга болбой калды. Маматкул түнөрүп үйгө кирди. Босогого жүйүртө басты. Анын төбесүндөгү додо карды көрүп, төрдөгү бирөө:

— Тебетейиңизди силкиниз? — деди. Керме аяк бозону шып тартып ийген Маматкул чыгып баратып, жооп берди:

— Силкишээр убакта, силкишээрбиз!

Уккан неме уулу Болотко жетиней, Кулжыгач бегине кайрылат. Алар элди баш коштурууга жараган Болоттун атасын шылдындашканы үчүн тоорук алышат:

— Айыл аты Тогузбай экен. Тогуз кап таруу, тогуз кой, тогуз жылкы айып тартсын.

Буйрук аткарылат. Олжо Маматкулга берилет.

Качыке ошону эске салды.

* * *

Мейман алдыларына дасторкон жайылып, кымыз сунулду. Ниязбектин жанараак чакыр дегени уулу Ормон экен. Ал чычырканак жөөлөгөн жаш атандай эшиктен ийнин салып, эңкейе кирип келди. Кирпиктүү алагай көз, эриин калбыйган, мурундуу... Кыргыз, көп учурда адам сыпаганда буурадай саны болсо, буртуйган булчуңу болсо болду, ал ат үстүнөн алган балбан, жоого найза сундураар эр атанат. Көптү көргөн карыялар, акыл тапкан ойчулдар жоо качыраар күчтүүнү туу кылып көтөрүп, журт башына коюп, жол баштатат, эзелтен.

Зоцкойгон Ормон Качыке сынына толгондой: Ниязбек башка балдарынан ортончусу ушуну жакшы көрүп, карыганда анын колунда багылганы ата ыкласынын түшкөнүдүр? Абалы бала көпчүлүк алкоосуна алынаар... ...Бу атага жаккан Ормон баралына келгенде Эсенкул баатырдан кем согоор көрүнбөгөндүгүн бекер айтып жүрүшпөгөн сыяктанат, чоочундар?» — деп ойлойт.

* * *

Эсенкул демекчи. Мезгилинде эл ичинен Санжы-сынчы деген чыгыптыр. Ал бийикке туруп жер сыначу экен да, мандайына алып эр сыначу экен. Ошол адам Кароол-Ташта олтуруп Түштүк аймагын айтыптыр:

— Кыздары кыя баспаган,
Келини жүзүн ачпаган,
Жылчыныан май аккан,
Жолбуныан суу аккан,
Карысы каран турбаган,
Жигити ишке муцбаган,
Дарагы момо байлаган.
Жемишин жеген адамы,
Сексенге чыкса карбаган.
Көчсе, барыс,
Барса келгис жер экен.

Сары-Өзөн-Чүйдү:

Күрөчү күмүш,
Кетмени алтын,
Дан чачкан сайын сүйүшөн,
Кызылы кырдай үйүлгөн,
Ачынын келген тоюшган,
Арыктап келген семирген,
Бечара менен карылка,
Бейкуттук болчу жер экен.

Кызыл-Арт ашуусунда туруп, өрөөнүн сыдыра Кабак тоолорун айтат:

Кумкайрак деген жер экен,
Куукумпай[1] деген эл экен.
Баркын билсе,
Көмүркөй толгон көп алтын,
Билбесе
Атаны кокуй наалат күн!

Наманган улугу аркылуу элди чогултkан Болот Санжы-Сынчыга жолугат. Кыраан уруктанбы? Жатындан-бы? деген суроо козголот имиш. Анда Санжы-Сынчы:

— Экөөнөн тең. Кай күчтүүсү өз тарабына тартаар. Ошондой болсо да,— деп эринин жалап көзүн чекчейтет,— урук атылган ок. Ок ташка да тиет, чапка да тиет. Маани жатында. Башталган түйүлдүк тогуз ай ошол уяда жатат. Ошондо кыбырап, ошондо өсөт.

— Андай болсо, өзүңүз сындап аял алып бериңиз. Тукумдарым эл бийлегендей, эл керегине жарагыдай болсун.

[1] Кыраан куштардын бир түрү.

Үзүлгөндү улаган, чачылганды жыйнаган азамат талабы жерде калмакпы? Элди жапырт көчүрүп, жалгыз аяк кыя жолго салып, чубатып, Санжы-Сынчы Болотту жанына алып, жол боюна олтурат. Келбеңеген келин өтөт. Үкү сайынган кыз өтөт. Бети албырган кызылдуу өтөт. Алагай көз, ак маңдай өтөт. Кетик мурун кара тору өтөт. Чап жаак өтөт. Адырайган чаар өтөт. Эртең менен чубаган көч кеч бешимде арты үзүлөт. Ташмолодой Санжы-Сынчы көз ирмебейт. Мүйүз чакчаны өтүк тумшугуна тык-тык уруп, эринине наспай экчеп, үн катпайт.

Тээ көч арты, шалдыраган уук-кереге артып, ышталып бүткөн үзүк-туурдук жаап, токол көк үй жетелеген узун келин. Келиндин ак жоолугу желкесине жылып, тердеген. Кумгандай эки эмчеги көк көйнөктүн ичинде балтактап, багелеги маасы кончуна түшө балбырайт. Кыр мурдунун үстүндө чаары бар. Жашы жыйырма бештерде. Өзү эри өлгөн жесир. Аркалаары жок, байда казанчы. Аты Таанаке. Бакылдап сүйлөгөн, кулунду козуча кармап, козуча байлаган, эркек мүнөздүү болгондуктан айылдагылар аны «Таанаке таркылдак» деп аташа турган.

Таанаке, тиги, сокудай боло жолго чукул олтурган эркектерди көрүп, жоолугун түздөп, чачын жымырды. Кайран бабан, Санжы-Сынчы кембагал Таанакени жигиттин койнуна салып, жесир таалайын ачкысы келдиби? Же чын эле, каснеттүү «айтып берүүчүлөрү» көрдүбү айтор, ордунан тура калды:

— Ушуну ал, баатыр!

— Ок! — Болот чок баскандай ыргыйт,— эртеден берки сан кыз-келинден сыпыра толгону чаар катын болдубу, сынчым?

— Баш чайкаба! — деп сөзгө кармайт көрөгөч,— жөө басып чарчап, дени чоюлуп, табарсыгы толуптур. Бизден узап, кырды ашып, заара кылат. Мына ошол жерде айтам.

Көптө экөө аял изине келишет. Нымдалган жерди көрүшөт: жер оюла, бетеге саргарган.

— Көрдүңбү? — Санжы-Сынчы камчысын сунат,— заары уу. Уу чыккан жерден шакардай кайнаган, азууга салып таш чайнаган балдар туулат,— калпактын маңдайын көтөрүп,— жука тери, ачуусу чукул «сары» туулат. Өзүнүн малын өзүнөн аяган «зыкым» туулат. Күлбөгөн «кырс» туулат. Ичсе тойбос, куйса толбос «соргок» туулат. Мындан, серпкенин алган темир текөөр

«бүркүт» туулат. Анан «ат качырбас боз айгыр» туулат.

«Бүркүт» менен «боз айгырды» айтканда Болот жибийт. Таанакеге нике кыйылат. Болот бооруна баскан Таанакс жылына бала артынан бала чуурдат. Балдары бой тартат. Үйлөнүп, өз чөлкөмүнүн булун-бурчуна таралат. Бир койдун этин бир жеп, чанач кымызды дем албай шимирип койчу соргоктор, конок келатса кайнаган казанын жаап, отун өчүрө койчу «зыкымдар», күлкүнү сүйбөчү кырстар көп эле айылдан чыгат. Бирок, Сынчы айткан «бүркүт» менен «ат качырбас боз айгыр» күттүрөт. Ошентип, зарыктырып, күттүрүп жүрүп Эсенкул көзгө көрүнөт. Анын бою асыл атандын өркөчү менен барабар зор болгон экен. Ата конушуна келген кыргыздар күтүрөгөн жылкылуу, жайнаган койлуу, жар таштай төөлүү болуп, байый баштаганда карылар сакал жайкап, дөбөгө олтуруп, жаштары найза уруп, кылыч шилтеп, өнөр өөрчүткөндө, Эсенкул үч жүз жигит менен өч алууга жооо аттанат. Тарагай деген жерден айыл чаап, жылкы тиет. Жунгарлар көп кол болуп артынан куйт. Иленин күн чыгыш тоосунда катуу салгылашуу болот. Эки тараптан тең эрлер өлөт. Жаралуу иниси душмандын арасында калганда, Эсенкул Белек уруусунун Итала деген күлүгүн которуп минип, чаап кирип, иниси эчки алып, качып кутулган экен. Ошондон ал «Бүркүт» атанган.

Көз байлана тандалган жүз жигит чер аралап бактурмага бекинет. Чабышууга жарабагандар менен жафадарларды качырган болот. Жоо куун жөнөгөндө артынан толгой каптап, кырат. Эсенкулдар тараптан оту жөти, тигилерден үч жүз жетимиш адам өлгөн дешет. Тирүү калгандарды куугунга алышып, айылына баса киришип, жыйырмадан ашуун сулуу кыз-келин, толгон мал менен кайтышат. Туткунга келген кыздардын бирине Олжобай деген үйлөнгөн. Ал кыз кийин кошокчу чыгат. Эсенкул баатыр өлгөндө кошкон дешет:

Октон кайра тартпастан —
Ойрот менен кыйрашып
Кош өркөчтөн жүздү алган,
Коймол көз келин, кызды алган,
Ажал чиркин —
аткан ок,
Акыры сокту бу жалган!

«Бүркүтү» Эсенкул баатыр болгон экен» — деп күбүрөгөн Качыке Ормонго тигиле тиктеди. Ал ансайын ыңгырайып, бейкам. Тек, салт үчүн гана меймандар

менен көл алышты да, атадан ылдыйыраак, чоң бутун алдына батыра албай лап олтурду. Качыке: «сыпаа эмес, оройбу? — деп ойлойт, — эр эңөө келет. Кагыла электигибин? А, жанагы, «Ат качырбас боз айгыр» ушул болуп жүрбөсүн?!»

* * *

Оо, бергенге берешен дүйнө! Ормон кантип ыңгыранбайт? Ата аркасы өзүнчө. Ага-ини тиреги өзүнчө. Айланасы арыбас күлүк менен он күндүк жол-жер өзүнүкү. Ар өзөндө, ар тоодо жашаган эл өзүнүкү. Эсеп жеткис төрт түлүк мал өзүнүкү. Эсепке кирген жандуунун ордосу — үйү. Атасынан кийинки мазары — өзү. Салам айтчулар кысыр эмди тай, колдо жулкунган ат жетелеп келет. Анан, өлүм кайдан ойго келди? Анан, кордук кайдан эске түштү? Бээ жетелеп келди деп, Качыкеге кайдан бели ийилди?! Бир гана... Өткөн күздө «айт» болот. Көлдүн түштүк аягындагы бөксө тоолордун бир кертими «Дөң-Булак» аталат. Кум кайрак боз дөбөлөрдө алтыгана, чий өсөт. Тескейлерде жер таштар, додо шагыл.

Дөң-Булак менен, аркы, булут чалынган тоонун ортосунда аяк-башы ат чабым, коон сымал сүйрү кең түз. Түндүк жээги жылжыган терең кара суу. Күбүрүн тепсең сары боор, кара жон балыктар түтүндөй созулат. Бул жерде бир учурда чалкыган суу жатып, «Айдың көл» аталыптыр дешет. Неси болсо да анын соолуп, орду калганы жакшы болуптур. Кол байлаар иши жок, желдей учкан ат минген бардалдуулар балдары айттан жүрүшүп, ушул түзгө чогулат. Арасында Ормон бар. Аттиң, курсак ачса аш кадыры билинет. Башына мүшкүл түшсө — турмуш татаалы байкалат. Асты отуз жашты арап чапчыган, бу боз жигиттерде эмне санаа?!

Бири ата аркасы менен, бири байлык деми менен, бири билегиндеги күчүнө чиренип, жабдыгы келишкен ат үстүндө менсинишет. Колдорундагы сабына булгаары капталган, өрүм мандайына күмүш жабылган камчылары да кундуу. Көңүлүнө зоок эте абага шилтеп түрса өзүнчө азем. Ыңырчак ээрдүү, эски тондуулардын көз жоосун алат.

Тетиги жигитти Ысык-Көлдүн түштүк-тескей учун жердеген Алыбек дейт! Төшү жайык, ийиндүү, бели ичке. Кызыл баркут жээктелген ак калпакчан. Мингени күмүш жабдыктуу көк ат. Жанындагы суусар тебетей-

944368

чен кара тору жигитти досу дейт, Жумгалдан келиптир. Анын алдында кер ат. Баарынан атактуусу — Ормон. Жашыл тыш сыр сүлөөсүн тебетей кийип, баш кийимине өндөш үчүк. Үчкү кемселдин сыртынан кемер курчанган. Астында ооздук кажаган кара ат.

Эки бөлүнүп, «көк бөрү» тартышмай болду. Торпоктой карала эркечтин башы, төрт шыйрагы кесилип, күрсөгү кантай боло алые алпарып таштанды. Тартыш күүгүм киргиче. Жеңилген тараң, жеңгендерди коноктойт.

Киши канча көп болсо, тытышмайы ошончо болуп, эркеч оцой менен колго тийбейт. Мелдешке төрттөн сегиз киши чыгып тартышат. Тартышуучулар жеңилдешип, билек түрүп, көрпөчөлөрдү алып, чылбырларды чечип, шайдооттонушту.

О, ошол күнү Алыбек чабендестигин көргөзду бейм! Жебедей зымырылган көк ат менен жетип, эркечти алып жөнөйт. Өнөктөрү коргоп, каршылар кол салат. Маш жигит, каршылары оң жагынан кол салса, эркечти ат көкүрөгүнөн сол жагына өткөрөт. Сол жактан киришсе, ат боорунан оң жакка өткөрөт. Ирмелтпей өзгөрткөн амалына көргөндөр да, тартышкандар да ыраазы.

Кара ат менен Ормон да түштү. Ормон жетип эркечти эңип, коргоочулардын жардамы менен үзөңгү боолоноордо, «Алыбектин досу» деген жигит ыгын таап, жулуп кетти. Эти ооруганда күчөөчү долу Ормон эркечти ичтен аткып, кайра жулуп алды да, үзөңгү көтөрө санга басаарда, чоочун жигит кайра жулуп кетти. Сыйпалай кур кол калган неме буулугуп, темпиип, дагы тартып өңөрүп... Акыры, сегиз жигит ит тытышка түшүп олтуруп, Ормон алып келип таштаган. Кезекти башкалар алып, күйүккөн Ормон түрүнгөн жеңин түшүрүп атып, сурайт:

— Береги кайсы айылдык жигит экен?

— Жумгалдык, Качыке баатырдын баласы Эралы,— кимдир бирөө унчукту. Анғыча атасы Ниязбек.

— Качыке абаң ушул, таанып жүр! — дегенде, Ормон жалт карай: — «Ла, ошол жигиттин атасы ушул экен го?!» — деп калды.

* * *

Конок камы желип, тай союлду. Ар кимдер сыртка чыгып, жапсарлап келишет. Самаркандагы усталардын колунан чыккан ак кууга окшош жез кумганда суу,

Ага кол чайкашат. Качыке Ныязбек абасын өзү колтуктап, сүйөп чыгарып, кичүүлүк сый-урмат көрсөттү. Ага абасы да жетине албай, ыраазы.

— Жүз жашың кандай болот экен аба? — дейт Качыке, сөз чыгармакка сүйөп баратып.

Ак сакалы сербеңдеп, кызарган бүйлөлөрү көрүнө тили соймоңдоп, Ныязбек күлөт.

— Жүзүң, үстүнө алтын кошуп, бекер суиса алчу неме эмес экен!

— Ии, эмне үчүн! Көпкө жашайлы деп, көз кызарып атпайбы?!

— Бешиктеги таңылуу баланын ыйлаганын көрдүң беле, ападан эмчек күтүп?

— Көргөм!

— Куш уясынан ак күп балапанын көрдүң беле, жем суран, оозун ачкан?

— Көргөм!

— Көрсөң, пенде жашап чегине жеткенде кайтып, абалкы абалына келет экен. Жүзүң ошол наристе менен балапан өңдүү. Жооштугу да, бейкамдыгы да. Чыкпаган чымындай жан үчүн тамак күтүп, ооз ачканы да окшош.

— Ха-ха. Жарыктык, абам!

Күн бата мейман аттары отко коюлду. Асылган эттин бышканын билгизмекке сорпо келди. Сорпо алды Ныязбекке сунулду. Ал эки-үч ууртап, баятан сүйлөп жаткан сөз аягын жалгады:

— Сен да угуп кал,— деди Качыкеге,— көзүмдүн тирүүсүндө балдардын жерин бөлүп койдум: үчөөнө Нарындын түндүк тарабын... Экөөнө Нарындын түштүк боюн... Экөөнө Чүйдүн чыгыш багытын... Ормон баатырга Ысык-Көлдүн күн жүрүш тарабы Казак аймагына чейин энчиленди.

Качыке кыштоо тууралу айтаар сөзүн эртеңкиге калтырган. Бирок, кыябы келгенде жеминен кайсы кыраан бура тартмакчы. Тизесин чаап, деп калды:

— Баатыр аба! Биз дагы бир баланыз эмес белек. Энчиден кур калтырбаңыз. Кара-Кужурдан кыштоо бердирипиз. Түбөлүк эмес, убактылуу болсун?

Абасы сакалын мойсоп, бык-бык күлүп, ачык жооп бере элек эле. Баягыда, такымына басып алган эркечти Эралы кайра-кайра жулуп кеткенине ичи күйүп, ызаланып калганбы, же болгон эле кыялы ушулбу, Ормон Качыкенин назарын сындыра айтты:

— Баласы жок куу баш, жигит-жалаңы жок жалгыз

аттанын малына жайыт издейт! Эс алып жатпай сыпбы, үйүңдө. Мындай иштерге балдарың деле жаран калбайлыр!

Ормон айтты да туруп кетти. Ныязбек капырын укту. Качыкенин кулагына угулган суук сөз камчы менен төбөгө тарткандай тийди. Жана эле жакшы көрүнгөн Ормон кейип, эми, куу камыш аралап баратканда капыстан окторулуп чыккан кара чаар жыланга айлангандай. «Ушундай да орой ит болобу?! — дейт Качыке. — Атымды сыйлабасын, жашымды сыйлабайбы?!» Качыке үчүн туруп аттанат беле. Кыргыз бышкан ашты таштабайт. Өчөшүп, даяр тамакты таштоо — кудай сунган белен ырыскыны тепкен менен барабар. Жаагы түктөйүп, эт жегиче зорго чыдады. Эзилип сырдашкан абасына жарытылуу коштошо албай буюгун, аттанды. Үч жүз чакырым алыс жолдо Маралтору алкынын алын жүрүп олтурду. Жигиттери жетпей ара жолдо калды. Аларга кылчайып койгон жок. Түн катып, эртеси бээнин экинчи саамында айылына жетти. Тигинтин, канаттуу аты мамыга байланып, аялы Салкын ирмелип эшик көтөргүчө түнөрүп үйгө кирди. Капшыттагы кара көрпө көлдөлөңгө жаздык койдурып, бүкүлү бойдон төскери карап жатты.

Аялы дал. Ийнинен жылмышкан кундуз ичигин таштап, сыр аякка суу сузду. Эринин үстүнөн:

— Жараткан! Өзүң жар бол, жараткан өзүң жар бол! — деп күбүрөп, үч айлантты да, сыртка серпти,— оору-сыркоо ушуну менен кет! Эмнеге капалуу келди, бегим?!

Угулбай калчубу, ачылбай сыр калчубу. Эртеси кечте арттагы жигиттер жетти. Таарыныч жайы Салкынга билинди. Бирок билмексен, укмаксан. Эринин уюган бут-колун кармалап, сылап-сыйпап ушалай берип, сыр чекти:

— Баатыр! Эр өлтүрсөң айтчу адамың мен элем го?

Качыке үшкүрүнүп, ойтолойт. Эсине өткөндөр түшөт...

* * *

...Ээ, десеңчи. Бу жоон камчылар эмнелерди гана ылыштпады?! Малын тийип, отун көсөөлөп, кодулай беришкенинен тууганы Жедигер айылы менен Таласка, Наманганга кайра чачылды. Таштанбекти шылтоолоп атып... Таштанбек демекчи. Түбү бир атадан тарап, ки-

йин «Тынай» аталган Таштанбек он сегизге чыкканда атасы баштаган жигиттерге кошулуп, чоочун элден жылкы тийгени жөнөйт.

Түн. Калың карагайлуу тайпак. Балтыркан аралаш бийик чөптү жаныры, жортуулчулар олтурат. Ортодо чөбү жулунган жер. Анда жайма тулга, илме казан. Куу жыгачтан жалын алоолоп, боркулдап кайнаган эт.

Көзүнө көрүнгөндү тиштеген ак төш, кара тайган Таштанбектин оң каптalында комдонуп жатат эле. Күрр этип жолборс басты. Олтургандар чалкасынан кетти. Таштанбек тулганы чапчып алып, жолборсту дал маңдайга сокту. Жолборс тайганды таштап жиберип, чубалын жөнөй берээринде куйруктоого тап койду.

— Абайла, балам! Ытке тепелбе! — деп атасы токтотту. Эртеси из чалышса, кара чаар жолборс көп узабай өлүптүр. Терисин сыйрып алышты. Бул жолку жортуулда көп жылкы алып кайтышты. Таштанбектин энчисине тийген бир бээ кийинчерээк кер кулун тууйт. Өзү «жолборс чапкан баатыр» атанат. Бара-бара айылына белдүү, журтка кадырлуу адам болот. Баягы кер кулун чоң күлүк чыгат. Күлүгүнө Чүй боорундагы элдин «Ай-Тамгасын» басат. Буга Ныязбек тырчыйт.

«Аталаш бизди чындап унутасыңбы?»— деп, Таштанбекке киши артынан киши салышты. Акыры, Таштанбек да макул болуп, айылы менен көчүп кетти. Тамгалары бириккен элге шек келди. Бир жагынан: «Тууган үйүрүн тапты. Күчүнөр болсо тартып албайсыңарбы?!» — деп, көтөрүлүшүп, сөзгө жыгып, тийишкенин күчөтөт. Журт ээси Канай ага чыдабайт, чабышууга чыгат. Чабышчу чек Кегетиден төмөнкү түзгө белгиленет. Эрлер колунда куу найза сунулуп, кыйкырык-чуу менен эки кол беттешет. Ныязбек колу куушуруп киргенде, беркилер айылын тебелей качат. Ошондо, Канайдын байбичеси аялдарды чогултуп, жол тосо мамы кактырып, аркан кердирет. Эки багелегин делпилдетип, ыштан илдирет. Ат жалына өбөктөп жоодон качкандарды ала бакан менен койгулап чацкылдайт:

— Тебетейлерди таштап, ыштан чалынгыла! Келе атыңарды, булар менен катындар кармашабыз?!

Эркектер сөзгө уугуп, кайра жапырылып, кармаш. Былчылдашат. Көп эр өлүп, колдор өз колуна тартып, өргүгөндө Канай Таластагы Бүргө баатырга киши чаптырат.

Бейкут олтурган Бүргөнүн үстүнө башын ак жоолук менен бууган кабарчы кирет:

— Атсалоому валейкум, Бүргө баатыр!

— О, увалекумма ватсалоом. Жол болсун?

— Эл башына күн түшүү. «Жар башында турганда, жардамын бересер кезеги!» — деп, Канай баатыр жиберди сизге.

— Эй, чабарман! — деди обдулуп, бойрогүнө муштумун койгон Бүргө,— баарын бир туугансың. «Ондон» болосуңар. Бу биз боло турган болсок, «солдонбуз». Бүгүн эки бир туугандын ортосуна арачы түшүп, силерге болуша албайбыз!

Көзү жарк эткен жигит учуп турду. Белиндеги пар кескинин сууруп алып, сыртка жүгүрдү. Мамыда кара терге түшүп, демигип, турган атын куйруктан толгой тутамдап, дал ортодон чарт кыркаарда Бүргө жетип, кучактады:

— Барайын баатыр, барайын?! Сабыр кыл баатыр, сабыр кыл?!

Бүргө минтпегенде шерт бузулмак. Ат куйругун кесүү: «Биздин укум-тукумубуз ушундайча өмүр бою кыркышып жүрүп өтсүн!»— деген, тээ илгертен келаткан расми.

Төрт жүз кол менен келген Бүргө Ысык-Атанын оозуна ак, көк чатырын тигип, Ныязбек колунун сесин алат. Алар: «Туугандар, келип калыптырсыңар. Бизге кошулгула?» — деп, тогуз жылкы союш жиберет. Бүргө унчукпайт. Келген союшту жей беришет. Качан, Ныязбек тарап кыйкырык, чуу менен кайра каптап, Канай колун оюп кирип баратканда, таластык Тукай чыдабай:

— К а р а т а л !— деп бакырып, жалпы ат коюшат. Эки элге туруштук бере албай мурда кыйынсынган тарап качат. Тендигин тартып алган беркилер тигилердин айылын катуу булунтөт. Кыз-келиндин маскаралап, малмүлктөрүн олжолойт. Жада калса, жоо чапкан айылда мал саарга челек калбай, тиричилигине жалбырактарды урунат.

«Ошондо, Канай Бүргөнүн жардамы менен чаап алды эле — деп, төшөгүндө онтологон Качыке өзү менен өзү сүйлөшөт,— Канайдын баласынын кызына айылымдагы Султан үйлөндү, Солто элинин бир бучкагын чойду. Чаргын баатырдын агасы Чынгыштын кызы өз келиним. Куда сөөкпүз. Киши чаптырып, кол сурасам бекен? «Сөөк жаманы суу кечирет»— дейт. Алар жардамга келип, борбую толо элек, кабыргасы ката элек Ормонду чаап алсам, мен кийин Канай баатырча жакшылык-

ты унутуп калып жүрбөйүн? Жо-ок, өмүрү эсимен чыгарбас элем го...»

...Бүргө баатыр өлгөндө Канай айылындагы аттуу-баштуулар менен барган экен. Өкүрүк токтоп, көк ыранга салынган шырдак үстүндө олтурушса, Бүргөнүн Акшербет аттуу кызы кошуп атат дейт:

Карагайдын как бутак,
Кайрып алган хан атам.
Сарыбагыштан Солтону
Айрып алган хан атам.

* * *

Долоноңун топ бутак,
Толгоп алган хан атам.
Сарбагыштан Солтону
Коргоп калган хан атам.

Баягы, кызыл-кыргын чабыш, кермеге илинген катындардын ыштаны Канайдын үч уктаса түшүндө да жок, унутуп калыптыр. «Бүргөнүн мага кандай жардамы тийген экен?»— деп, бычагын кындан сууруп, алдындагы шырдакты каршы-терши тилгилейт. Арданып, камчысын алып, аттанаарда Акшербеттин үнү шаңкылдап, кайрыгы башка:

Сарыбагыштын бээлери,
Жалбырак тозсо ийбеген.
Солто келет дегенде,
Кыз-келинин дүрбөгөн,
Өңдөрү азып, күлбөгөн.

Канай кайра күлүмсүрөп:

— Ошону айтсаң! — деп, Бүргө берген жардам эсине эми түшүп олтуруп калыптыр.

Качыке ошону эстеди.

Эринин булчундарын кармалап, колу чарчаган Салкын таарынгансып:

— Ботом, унчукпайсың да... Жооп берип койсоң бо-ло? — деди.

— Кабыргам менен кеңешейин. Чүйгө киши жиберип, кудалардан кол сурасам, дейм?

— Чет жакасын мен да уктум,— деп сөздү илип кеткен байбичеси көкүрөгүндөгү даярдаган сырын ачты,— сени атасы таарынтпаптыр, баласы таарынтыптыр. Жашка мас, ашка мас неменин кылаары ошо. Балага эреги-шип, кол суратканың кандай болоор экен, кудалардан?

Туура акылга жинди да кылчаят. Качыке көзүн бардан алды: «Ии, ате! «Ачуу дүйнөн, акыл дос. Акылыңа, акыл кош!»— дейт. Ырас айтат. Ныязбек мага эмне деди? Берки, чоң таман зөөкүрдүн кылганы. Кол куран, эл чабынтыргыдай атасы эмне кылды? Баласына балдарымды жиберип, мен да бала сынайын?»— деп, бүт денеси менен Качыке аялы тарапка бурулду:

— Менде «эр тукум» барбы, ыя?

— Кесир болот, антпе? Өз жатыныман Баян, Черик, Урумуң турат. «Келиндерим менен жарышып төрөй бербейин, ынсап бер кудай!» — деп, көргөндөкү Сураным боорун көтөрүп калды.

Байбиченин балдары буйрук күтүп, кулак түрөт. Атасы кеценчилерин чакырды. Алар баарын чеччүдөй, иш көзүн тапчудай компоюшуп, мырзасынын маңдайына малдаш урушту. Качыке кабагы бүркөө. Демек булар да тултуюп, кабак чытыш керек. Болбогонун айтып келип:

— Кандай кылабыз? — деди, эл ээси. Мындайда кошоматчынын акылы жетпесе да, шаштысы кетет. Каракүчкө өңү кумсара, сакалы бириндеген болот.

— Ал эмне дегени? Чыдабас жорук го?!

Шашма карга как этсе, калганы өзү конулат эмеспи:

— Көпкөн экен жоон ичеги.

— Өзүнөн улууну ызааттабай...

— Намыс кеткиче, баш кетсин.

Ары-бери айтылган сөздөрдүн жолун тороп, сабырды дале өзү көрсөттү:

— Мага мал-дүйнөнүн кереги жок Ныязбектин тынчын алалбайм. Анын, азыр, төрүнөн көрү жакын. Өз башыбызга да келүүчү иш...

— Биз, сенин шилтээр камчыңбыз. Калган айла-амалды өзүң тап.

Улуулар мындай дегенде жигиттер каран турчубу, тентолушту. Жараган ат минип, куу найза сороктоп, Ормон айылын чабууга камынышты. Эралыга чабарман жиберди.

* * *

Качыкенин экинчи аялынан Эралы мырза... Беш күн мурда досу Алыбек келген. Ал эл жайлоого көчкүчө жандай көргөн таякеси Даанышка учурашып калайын деп чыгып, жолдо Эралыныкына конот. Эртеси экөө ал жакка бирге аттанат.

Жакшы айылда чоочундар ата ордуна санап кадырлаган карыя болот. Андайдын акыл сөзү, жүргөнү — үлгү. Өзү өлсө да сөзү өлбөй, муундан-муунга эскерилет. Дааныш ошондой адамдан эмеспи. Сере мандай, күрөң көзү токтоо. Жылдыздуу жүзүнөн мээр төгүлүп, сөзүнүн күнт коюп угуп, сырынды тартат. Бабы менен акылын айтат. Кошмолобой туурасын, ылайлабай тунугун айтат. Адам ээй, ушундайлардын жоругу, тирүү кезинде, азга жугуп, көпкө жетпегени неси?!

Дааныш карыя, досун ээрчитип келген жээнине уулунун өргөөсүн бошоттуруп, үй-жайлуу баласы Тейит таайын союп, кымызын чайкатып мейманчылайт. Туңгуч кызынан кийин төрөтү токтоп жүргөн Тейиттин келини Букен калыңдап орун салып, кең дасторкон жайды. Эри экөө айылындагы жаштарды топтоп, оюн-зоок уюштурду. Тейиттин көзгө көрүнүп калган кызы Укенге кудай мындай бербеспи! Тал-тал өрүлгөн кундуз кара чачы ийинин жаба сеңселип, тынч тура албай шакылдайт.., Айлана дөбө. Жайнаган ийин. Жайылып оттогон суур, Дабыш сезген суур чарк эте аңкыштап алат да, бал-тактап ийинин карай шашат. Ийинине жеткенде чоктой кызарып кара тумшугун көтөрүп, колун бооруна алып, танырkай турат. Төмөндө, мылтыкчан Алыбек өңөт. Укен бирге. Алыбек шыкааласа кирпиги кайкалаган кара көзү күлмүңдөп, тынчсыз. Түтүн булап, мылтык тарс дегенде ийиндин үстүнөн чаң бурт этти. Суур кылт жоголду.

— А ий, алыс кетти! Ошентип кантип атсын!

Узун жаак, кызылдуу, кара каш Алыбек тиштери кашкая күлөт:

— Анан кантип атат?!

— Тийгизе атпайсыңбы?

Бер жакта да бир суур сороюп тура калды. Алыбек көзү кароолго жабышып, кайра мелтиреди. Чыдамсыз, кыз колуна таяна калды. Колу солк эткен неме бышкырып ийди:

— Түз аттырат турбайсыңбы, таяже?

— Таяжең болмок белем?

— Анан эмнем элең?

— Эчтекең эмесмин. Кызмын.

Шыкаалап атып, бүлкүлдөп күлдү. Тийбей калбасын деп, чымырканды. Мылтык тарс дегенде суур тоголонуп түштү. Укен мурда жетти. Өрүдө күйүккөн неменин кыр мурундуу ак таноосу бүлкүлдөп, бөйтөйгөн эриндери албыра кызарып, аяп алыптыр:

— Өлүп калган тура! Байкуштуу, олтуро атасыцбы?
— Сен, өзүц ардантып...
— Эркекпи, ургачыбы?
— Ургачы болсо, эмет белец! Хе-хе.
— Чөндөлөйү жетим калды го?

Олжосун арткы сандан жалбырак менен орой карман, салбырата көтөрүп, сагалаган иттерге бермекке Алыбек жөнөдү. Мылтыкты алган Укен жанында. Бир топтор жарданын калышыптыр. Аларга макгана Укен жүгүрдү:

— Атып алдык, атып алдык! Мына, мына!

* * *

Түнүндө, айылдан алыс түзгө жаштар чогулду. Чацкайган асман. Ай мелтирейт. Тескейлерде карагай, бадал дүкүйүп, күнгөйдө арчалуу боргул таш. Жыпар жыт коштоп, салкын жел жүрүп турат. Буттар шиберге чалынып, кобурап, күлкү аралаш үндөр. Чукулдан бырпырап чымчыктар учат. Таң атканча чурулдап тынбай сайрайт. «Булардын жаагы талыбайт Качан эс алышат?»— деп сураган балдарга: «Түнлөн коркуп, уясын жыландан коргоп, тынчы кетип атат»,— деп коюшат, улуулар.

Кыз-жигиттер аралаша тегерек тарта кенен отуруп «жоолук таштамай» баштады. Таштай эшилип, учу түйүлгөн төш жары жоолукту бирөө алат да, айланып жүгүрөт. Ал каалаган адамынын артына түздөп, колундагы жоолукту билгизбей алыс таштайт. Олтурган түюп калса, дароо атып туруп, жоолукту алат да тигинин өзүн бар күч менен кууйт. Жетип, далысын жара чаап, анан таштоого өтөт. Билбей калса таштаган киши айланып келип, бейкам олтурган дөдөйду келтире сабап, ал качып, кайра ордун тапкыча ийлейт. Башын калкалап качкан тигини, куып жүргөн беркини көрүп каткырган күлкү, кыбасы канып көкүткөн үндөр жаайт.

Чогулгандардын ичинен катарга кошпосо деле чер жазган Укен. Бирөө турганда эле чыйпыйы чыгат:

— Аа ий, кетти! Боорум ай!

Анан калса, бул оюнда Алыбектин жаны тынбады. Жигитиби, кызыбы артына жоолук көп таштапат. Олтуруп эле кайра турат. Күлүгүн кантесиц. Качып кутулуп кетет. Кууса илгиртпей жетет. Жеткенин далыга керилип чапканда дабыш, тиги беттеги боркулдардан кайра угулат.

Же Укендин көзүнө оны ндой көрүнөбү?

Топ экиге бөлүнүп, бир жагы тизе бүгө топтошуп, үстүлөрүнө чапандар жабылып, көтөрмөнүн учун бек кармашат. «Корукчу» аталганы көтөрмөнүн экинчи учун түйүп кармайт да, жабылып качырып, эшилген жоолуктар менен сабап кетүчү берки каршыларды жакындатпай, чарк айланат. Алар да болмокчу. Бир тарабы алаксытып, ыкыс берип, корукчу тебүүгө качырганда каптап кирип, дабыратып чаап өтөт. Чапан алдындагылар:

— Ики, кокуй!

— Жоолукка таш түйүп алса керек. Чокум оңбой калды!

— Шашпа, кезек тийээр. Чабышты көрсөтөөрмүн!

— Эй корукчу, союп кетпей болду,— деп кужурашса, сабап кеткендер шатырап, сыртта каткырышат. Ал эми корукчу буту бирөөнө тийсе, бүттү, жаткандар дуу туруп, тигилер төгөрөк болуп бүгүлүп, олтуруп беришет. Бул оюн «Дүмпүлдөк» аталат. Дүмпүлдөктө Алыбек корукчулуктан түшпөдү. Кол салууларда амалын таап, көп чапты.

Оюн арты «Ак чөлмөк». Кыз-келиндер жигиттерден бөлүнүшөт. Жубу менен басып, сыр чегип, ыр ырдашат. Шамдагай, күчтүү жигиттерди сындап, сырттан көз салышат. Жигиттер адам тутамына атайлап өлчөнүп коюлгансыган жылкынын апакай бакайын даярдашат. Эки топко бөлүнүп, бир жерге мара белгиленет. Бакай ай жарыгында жарк этип, тээ, күч жеткен жерге ыргытылат. Жамыраң жүгүрүп жөнөшөт. Издешип, бирөө тапса, амал менен байкатпай алат да, шырпылдаган дабышына, эңкейген кыймылына көңүл буруп, аңдып жүргөн каршысын жазгырып, өзү тараптагы катуу чуркоочуга, же уучундагыны оной менен алдырбас күчтүүгө сүнө тапшырат. Ал өтө күлүк болсо, акылга салып бүйтолгонгонуна карабай, манжаларынын эзилгендерине кайыл болуп колун булкуп алат да, өнөктөрү коштоп, марага жеткирет. Ушунун баарына — эрдик, тайманбастык, акыл-амал, күч керек.

Ак чөлмөктү да Алыбек марага печен мертебе ташталды. Бир жолкуда «ак чөлмөк» Тейиттин колуна тийди. Ал карылуу колунан эч кимге жулдурбай каршыларын суй жыкканча тажатып, марага жакындайт. Каршылар тегеректей аны качырып киргенде куду карышкырды ортого алган топоздорго окшошот. Онтошуп, күрсүлдөп, манжалар карсылдайт.

Тейит дагы булкунун бошонду. Алыбек ирмелбей жетип, билегин толгон, муштумун ачып, бакайды алмакка тырмышты. Таяке менен жээндин күч келип чыналган тамырлары, тиштенип, кыйшактаган ооздору айга чагыла корунду. Кайдандыр Укеп жетип, агасына болуша Алыбекти кордоду:

— Ай ийи, уяты жок! Таякесине колу тийген жээндин колу калтырап калат. Коё бер!

Алыбек бышкырып, күчү кайта Тейиттен калып, Укенге тап берди.

— Кайдан чыга калды элең?!

Кыз каткырган боюнча тызылдап, келиндерди карай чапты.

Оюн жигиттер жүрбөй калгыча уланды. Акыры таркап, үйлөрүнө жеткенде чечинүүгө да чамалары келбей, салынуу төшөк үстүнө бүкүлү сунулышты.

Оюн кызуусу билгизбептир. Эралы жалган түштө ойгонду. Түндүгү тартылбаган боз үй ичи күңүрт. Кереге алдынан жел үйлөп, серүүн. Чирене буту-колу бырсылдап, Алыбекке көз жиберди. Анын билектеринин териси түлөй жондонуп, манжалар баткан.

— Онбой калыпсың! — деди да, анан өз колун карады, тигинникинен кем эмес. Ушул убакта иттер чуулдап, дүпүлдөгөн ат дабышы, адам үнү угулду.

— Дааныш үйү ушул бекен?

Желээ казыгынан коншолгонун кайын токмок менен кагып жүргөн Дааныш карыя өзү жооп берди.

— Ушул. Ким болосуң?

— Чабарманмын. Качыке баатырдын айылынан.

— Ии, адам. Баатырың эсен-соогу, тынччылыкпы?

— Баатыр Көл тарапка барып, таарынын келиптир.

— Дагы эмне дейт! Таарынычы чоңбу, кичине бекен?

— Чоң го кыясы, аксакал!

Токмогун ыргытып Дааныш өзүнчө кейинди.

— Өз менен да таарынышат, булар. Жат менен да таарынышат булар. Керилип уктап, кең басып, өтпөйт экенбиз го. —...Дааныш кантип өкүнбөйт! Кечээ, Чоро элинен Ырыскулдун Тайлагы деген чыкты. Анда кыргыздын жарымын Кокон хандыгы апчып калган. Пишпек, Жумгал, Курткага чеп салышат... Айтор, чоочун адам бирөөнүн үйүнө башбакканда абалы жүгүнүп, кол куушуруп, салам айтат экен. Анысына үй ээсинин ичи жылыйт. Капшыттан орун көрсөтөт. Ылдый карап олтурган коноктун көзү бир кезде көтөрүлөт. Үй ичин чалат: илингендер илбирс терисиби, суусар терисиби? Бакандар

кадимки кайыңбы же уста колунан жасалып, күмүш жалатылган темирденби? Бул аркылуу үй ээсинин алдуу, алсыз экени байкалат. Алсыз болсо, каныштан жылып, төрдү ээлейт. Алдуу болсо — тамырын тартып, алыш-берүү кылууга, достошууга өтөт. Кокондуктар да ушундай болду. Абалы качыр, эшегине жүгүн артып, чочоюп минип келип, чеп курду. Чепке ала чапан кийип, аргымак мингендер келди. Анан селде оронгон молдо, сопулар кошулду. Алардын сопу аталганы сереге чыгып, кулак кагып, күнүнө үч убак азан чакырат. Калгандары суу толгон күмган карман, «алло-акбар, аллоогу акбар» деп, билек-бетти нымдап, даарат алып, намаз окуйт «Кудай жиберген» курандан үгүт айтат.

Төрт түлүк малын ээрчий тоого да чыгып, ойго да түшүп, келгин кушча самсып жүрчү кыргыздар: «илгичи жок жер турса, кармаары жок күн турса, биз кудайдын бардыгына неге ишенбейбиз? Беш ирекет намаз окуп, күнөөдөн неге арылбайбыз?» — деген пикирге келди. Кожо-молдону ашына чакырып, Адам ата, Обо эне деп башталган ыкаяларга баш ийкей, мемиреди. Кокондуктан «кожо» болуп, кожолор кудаанын «өз элчилери» болуп чыкты.

Алар чыга эле турсун. Балээ улам кийин башталды. Жерден сур жыландын башы кылтыйып, ышкырып, тили соймондоду. Ар чепке беш жүздөн, үч жүздөн сарбаздар толду. Алар суу бойлоп, өзөн өрдөп тоого чыгып, элден алык-салык жыйнайт. Аны, эненө түркөйлөр санап да бере албайт: үйдөгү жандын ар башы үчүн, мал үчүн, суу үчүн, жайыт үчүн, соок үчүн, дагы-дагы толуп аткаңы. Кол жайылып, бата этилбей, кыз берилбейт, кыраатка салып, куран окулбай, адам көмүлбөйт. Ушунун баары чыгым үстүнө — чыгым!

Анысына кайыл эле. Сулуу келип, сулуу кыз тартылып алынды. Топ-тобу менен ичкериге, хан ордосуна жөнөтүлдү. Зарлап ыйлагандар, эси оош бөлүнгөндөр болду. Муну он үчтөгү Тайлак көрдү.

— Бул эмнеси? — деп атасынан сурайт.

— Ишиң болбосун, бас жаагыңды! — деп тыят атасы. «Чыгаан чыкчуу уул чыйрак ойлойт» деген кеп бар. Оттуу жүрөк «кой» дегенге тил албайт. Оттуу көз «баскаңга» жабылбайт. Адамдык намысы эрте ойгонуп, эрте жетилген. Тайлак өзү курдуу жигиттерди топтоп, машыктырып, кылыч кайрады. Найза учтады. Курткадагы чепти тыптыйпыл чапты. Тирүү калганын чеп ичиндеги кыргыздарга деп даярдалган орго шыкады. Хан ордо-

суна элчи жиберип, зар укканын кетмен кыз-келиндерге айрыбашталы. Өлөңүнө кун толуптур. Чептерге кароол коюп, элин коргоду.

Ошол учурда жоокерлиги менен даңкы чыккан Арап баатырды беш жүз аскер менен Кокол хаңы Тайлакка карыш шилтечи. Дал Көк-Арт ашуусунда кол беттешти. Эрөөлдө Тайлак Арапка бет чыгат. Арап зомкелиннен келген жоон, боо эки кулачтан ашкан, атты улам которуп миниген зор экен. Баатырлар нече мертебе найзалашат. Алыша албайт. Бир оокумда зоотко урунуп калышкан найзалары чорт сынат. Ошондо Тайлакты сыртган багып, тынчы кетип аткан жигити «Бел курдагы айбалканды сууру!»— деп бакырат. Арап менен чапчышууга колтук керип калган Тайлак буйрукту угуп, айбалканы ала коёт да Арапты камынтпай бет талаштыра шилтеп жиберет. Арап аттан кулайт. Колу баш аламан качат. Кыргыздар куугунга алып, тыптыйпыл кырат.

Кокон хандыгы жыл өткөрүп, унуткарып, Кашкар тарапка кожо-молдо жиберип, кол куратып, камсыз жаткан Тайлак айылын бастырат. Алп мүчөлүү Тайлак, тандап алган сулуу аялынын койнунда жаткан. Жанда бешик. Бешик ичинде — талпынып калган уулу Осмон.

— Жоо курчады! — деди капшыттан, жигити Бөбөтай жалбарып. Баатырдын Чоңбуурул, Кичибуурул деген аттары үй жанындагы өзүнчө үйдө кармалчу. Сырт карангы, тан ата элек. Жоо жарагын байланса байкалып калгыдай. «Буларды, эптеп алып чык!»— деп, куралын жигитине тапшырып, өзү ыштан-көйнөкчөн Чоңбуурулга минип, айылдагы жай адам кейиптенип, короодогу койду аралайт да, шып жазгырып, жок болот. Тапшырманы аткарып, Кичибуурул менен артынан Бөбөтай жетет. Чукул арада өз колу турган. Колун алып, курчаган душманды кайра курчайт.

— Тан аткан. Жоо жасоолу айыл тинтип:

— Тайлагынар ким? — деп сурады. Жан унчукпайт. Эркек аттууну төшөктөн сүйрөп чыгып, өпкөгө тээп, шилиге коюп, кыркаар чөк түшүрдү. Колбашчы алардын мандайына келди. Талтая туруп, кындан жарк эткизип кылыч суурайт:

— Тайлагынар ким, көрсөткүлө? Болбосо баарынардын башынарды чаап таштаймын! — Эч ким козголгон жок. Кыркка жашы жакындаган Тайлактын келбетин тынчылар жеткирген. Алардын сүрөттөөсүндө Тайлак солкойгон зор денелүү, сакалы төшүн жапкан, коюу

мурутунун учтарын кулагына орогон, кыр муруп, бүркүт көз киши.

Чөгөлөгөндөрдүн арасында дардайган чоң сакал бирөө турат. Ага сөөмөйүн кезеп, текеберсип сурады.

— Сенсиңби Тайлак?

Пенденин тили буулуп, баш чайкады. Ошол замат ийин калып, сапсайган сакалдуу башы ыргып түштү. Экинчинин, үчүнчүнүн, төртүнчүнүн башы чабылды. Бешинчи Тайлактын аялы — Буурчак. Баласын кең көйнөктүн ичинен, кең алага сала койгон. «Осмонум тирүү калса экен!»— деп, чатын кенейте тизелеп олтурат. Чачы жайылып, толукшуп турган сулуу келинге кол башчы назар бура токтоло калды. Ушуну күтүп тургансып, асман жарыла чагылган ургансып:

— Тайлак-Тайлак! — деген чуу дүңгүрөдү. Колбашчынын оозунан сөз ыргып, атын карай жулунду. Тайлак колу курчалган жоону ителги тепкен каргадай бытыратат. Бөлүп, жанчып, куугунтукка алышат. Шашкан жоо, баш аламан качкан жоо Туюктун капчыгайын өрдөйт. Капчыгай башы кызыл зоого такалат. Ошон үчүн «Туюк» аталат. Туюкка камалып нечен күн жаткан жоо арып, ачканда бирин-бири бишкектеп, бүт кырылган.

Анан эмне болду? Тайлак, Тайлак атанды. Жери тынч, эли тынч. Малы семирип, кыз-жигити элирип, бейкам. Жыл өткөндө, күндөрдүн биринде эл аралап, бир бечара адам жүрдү. Аны тууган аял ким? Туулган жери кайсы? Эч ким көңүл салган жок. Бечара неме кеч киргэн жерге конот, аш чыккан айылда болот. Ооруганга дем салат. Тумоологон балдарга муунчак-түйүнчөктөрүнөн дары берет. «Колу женил», сыркоолор тез айыгат да, «аяр эмчи» атыгып кетет.

Аяр боюн таза күткөн, оозунан келме кетпеген, такыба. Бел куруна илинген шалдыркан көп. Соон үчүн деп, чач да алат. Тоо арасындагы элге өз болуп кирип кеткен чал кийинки жылдын жайында Тайлак айылын аралайт. Эл дөбөдө. Тегерек олтуруп, кымыз ичет. Экиэкиден баш жибитип, чач алгандар да бар. Тып этип жетип, Аяр ошерде. Чач алгандарды көрүп, Тайлак да кызыды окшойт, далдайып турду. Ит олтурушка сала очоюп, алаканын сууга толтуруп, жылкынын туу куйругундай катуу чачын укалап, сүргүлеп жибитип кирди:

— Кимиң кырасың, менин куйкамы?

— Ээ, баатыр! Менде жабдык бар,— деди «бечара» Аяр.

— Жабдыгың болсо кел,— деп, кулагына оролгон

мурутун түшүрө сакалына кошуп, нымдап сылады. Аяр алеки саатта баатырдын чачын шыпырып, алмаздай курч устара мизинен чач үбөлөнүп, тастайган көгүлтүр күйкасы калды.

Кымыз ичкендер тарайт. Дөбө ээн. Жапырылган шибер. Ар кайсы жерде ак, көгала чачтар. Аларды чач ээси өзү чогултуп, жалбырак түбүнө ныкган; учпасын деп, басып коёт. Бир жерде ныкталып, али суусу кургабай нымдалышып, Тайлактын да чачы жатат. Баатырдын ак үйүнөн Боботай бакырып, сыртка чыкты:

— О, эл-журт! О айланайын агайын! Жанагы, Аярды көрдүнөрбү? Кайда кетти?

Жан алгыч көрүнчү беле. Тоо өрөөндү толгон жинит кыдырып, таппай калды. Устара мизинен уу бакыга тарап, чабалактаган Тайлак жылдыз толгондо үзүлдү. Кырк эки жашында жайрады. Баш чабылса ийин колду койчубу. Кокон ханы Куртканы кайра ээлеп, мурдагы сурагын жүргүздү.

Кармашын казатта өлбөй, ооруп төшөктө өлбөгөн Тайлак күйүтүнө чыдабаган Дааныш көкөлөп учса бүркүт көргөн, канталдан жортсо бөрү көргөн, айланасы аска-тоо, өрөөнү чытырман чер, күнгөйү кышта малга жай Кабакка айылы менен көчүп кеткен.

— Эл арасына ыраазымын. Азабын көрбөйүн. Өлгөнүбүз көмүлөбүз, тирүүбүз кайберен менен аралаш жашайбыз,— деп ант айткан. Кабакта бугу, кулжа, эчкитеке жыш. Алар кышында көчкү алып, же калжайып карылыгынан өлөт. Кулжа, теке күсөгөн маалында кол мал менен аралашып кетет. Кийиктин ак улагы секирип ойноп турганын көрүшкөндүктөн ал жер Ак-Улак аталган. Мергенчилер айткан кийик эти жай-кышы үзүлбөгөндүктөн Сасык-Таш аташкан.

Дааныш малына таш короо көтөрүп, бирине бирин илиштире теке мүйүзү менен кырдаган. Босогосун бийиктеп, үстүнө бугунун мүйүзүн орноткон. Аны Дааныштын «Мүйүз коргону» дешет.

Жакшыны элден алыстык бөлө албайт. Жакшыны аска-зоо туюктап, чытырман жашыра албайт. Дааныш элди унутам десе да, эл аны унутпады. Алыстан издеп келип, сөөк-тамыр чыкты. Тигинтип, бир тууган карындашынан Алыбек. Өзү да куда түшүп, уулу Тейитти үйлөнттү. Андан небереси Укен. Тайлак күйүтү унутулуп, жүрөк жарааты айыгып, «кокондуктун сураганын берели, айтканына көнөлү» — деп, эл жакалай көчүп келген. Балдар өмүрүнүн тынч өтүүсүн эңсеген. Эми

минтип, Качыке Ормонго таарынып, дагы бир жаңы балээ баштаганы жатат. Ичи, кантип, өкүнбөйт, сананалуу карыя.

* * *

Даанын Эралыны жалгыз аттантпай, «Качыке айлына барып, болгон ишти айтып кел»,— деп, Тейитти коштү. Өзү үй капшытына ойлуу олтурат эле. Жаңы турган Укен чыкты. Ал чоң атага сөйкөнүп арта салынып, эркеледи.

— Уйкуң кандыбы, садага болоюн?.. Мындай болчу эми. Коноктор да кетти,— деди чоң атасы.

— Кайсы коноктор?

— Канча коногуң бар эле?

Кыз элейди. Алыбек жатчу өргөөнү карады. Эшиги түрүлүү. Эч ким жок.

— Апээй! — деп чочуйт,— коштошпой кетишеби?

— Шашып кетишти. Чакырып, киши келиптир.

— Киши келсе эмне болмок эле. Коштош дебейсиңби?!

— Тегеренейин. Ким менен.

— Мен адам эмес бекемин? Качан кетишти?

— Азыр эле.

— Ат берчи, алар коштошпосо, мен коштошуп келейин.

Эрке кыялына чоң ата борс-борс күлдү. Кайра тартынбасын билип желээ башындагы Көкмончок атанган асыйды кармап, жүгөнүн катып, тердик салды. Укен ыргып минип, кеткендер артынан чапты. Бала мүнөзүнө жетине албай, артта чоң ата карап турат.

Жалгыз ал каптал жол менен бирде көтөрүлүп, бирде эңиштеп боюнда талы жыш тоо суусун жээктейт. Ат туягы жаныл, таш калдырап кечүүдөн өткөндөн кийин кайың-таш жыш өзөндү басып өтүп, токойдон суурулуп, бөксө адырга көтөрүлгөндө төрт атчандын карааны көрүндү. Алар шибер аралап шатырап катар баратат. Тиги, солдон экинчи сары ат үстүндөгү Алыбек экен. Кылчайса, Укенди көрүшмөк. Кылчайышпайт, ашыгыштуу. Укен Көкмончокту чапкылай түшүп, тердикчен өз абалын көрүп, айникейи кармады.

— Учурашпаса койсун! Мен барайынбы? — деп, мурунудап кайра бурулду. Өзү жолдо айрып алган талдын бутагын Көкмончок санына чыпылдата камчыланып, ачуусу менен үйдү көздөй чапты.

Эралылар келгенде Качыке айылындагы жигиттер

он-он бештен топтолуп калган. Ал үйүнө түшөөрү менен Алыбекти калтырып, Тейит менен атасынын үстүнө кирди. Иштин жөнүн жолдо, чабармандан угуп түшүнгөн. Улагага сыпар тизелеп, атасынан өтүндү:

— Маралторуну бериниз. Мен аттанамын?

Качыке күймөлдү. Эстүү Салкын муну токолдун баласы деп өгөйсүнбөйт. Бышкан ашка көп үйрүлчү Баянынан, аялынын жанынан чыкпоочу Урумуна Эралыны өйдө көрөт. Азыр күндөштүн баласын кемсинтчү да учур эмес. Эриинин намысы кетпесе болду. Ушуну карыштап чечкен Салкын:

— Ат ээси өзү келди. Бергин? — деп айтты эрине.

Эралы Маралторуну жайдак жетелеп, үйүн нөздөй басканда, эртеден шерденген байбиче катындын экп баласын кудай урду:

— Атты, токолдун баласына берген эмнеси?!

— Барбайм. Маралторуну минген неме жарап берсин.

Тейит, Алыбек арасына кошулуп, жыйырма жигит тандап алган Эралы ошол эле күнү токтолбой жүрүп кетти.

* * *

Олтуруп чыккан ай, тоо башынан көтөрүлдү. Капталдарына көлөкөлөрү түшүп күдүрөйгөн айыл кызуу уйкуда. Аткулактуу конуштарда музоолуу үйлар, дөбөлөрдө жар таштай букалар, субай торпок таналар бүгүлүп жаталбай күшүлдөп-бышылдап, кепшейт. Окчун-окчун короолордо эчки маарап, кой мекиренет. Алыс артуулларда, бийик беттерде жылкы. Кулун-тай кишенейт, айгырлардын айк эткенине жар таштар жаңырат.

Өңүп, багып, оңтойлоп, кабар күтүп, алты жигит андууда. Түнкү коопсуздукка даяр турууга ар үй эшигинде бирден ат. Алардын чылбырын кыя чаап, куун, Казат менен да бир беш-алты үйдөгү аттарды гана калтырууга бешөө буктурмада. Калган, киши кармаар башчылары жогорку арчалуу тумшукта. Анын алды кемер, күрүлдөгөн суу. Куугунчулар шартылдата суу кечип, дал ушул аркылуу мандайкы кыя жолго чыгат. Жолсуз жылкы да чубабайт, адам да кача албайт.

Төө терисинен жасалган добулбастар тарсылдап, кол салуу бир учурда башталды. Жылкылар алдын ала ойлонулган амал менен түндүк багытка, казактарды карай жапырылып, сүрүлдү. Демек, уурулар казактан келген экен да! Иттер үрүп, ызы-чуу түштү да калды.

Шашып тургандар мамыдагы аттарын сыйпалап, таппайт:

— О, жоо чапты! О, тургула! — деп, жөө локтогон жан. Ат колуна тийгендер ыштан-көйнөкчөн жайдак минип, найзаларын короктотуп, жоо артынан чапты. Айылды аралай дүбүрөп, аттарды куугандар казакча сүйлөп, кыргыздын аке, шешесин койбой шыпыра сөгүп, баратышат. Ормон ак көйнөк-дамбалчан, коңултак өтүк бутта колоктоп, жерге жукпай жүгүргөн боз ат үстүндө өбөктөй найза сунган:

— Ким бул, менин айылыма дааган?! Кандай неме экен, ыя, жылкымы чапкан?!.

Көлөкө жамынып, жол тоскон камдуулар туура алдынан өтө бергенде, капталдан качырышты. Ат үстүндөгүлөр биринен сала экинчиси ыргып... Оң карууга союл тийип, көзү чымырай түшкөн Ормонду баса калып, көзүн таңды, чырмады. Даяр атка мингизип, кошотогон бойдон шуулдап жөнөп кетишти. Беркилер шамалдай жылкы сүрүп, жүрбөй калган чолок-майрыктарды, соорусу көөп, боруккан кулундарды ар кайсы коктуга калтырып, калганын алыска жеткирди да өздөрү из буруп, артты көздөй жылт койду.

Тайлактар Куртка чебине кол салганда, жергиликтүүлөр Жумгалдагы чепти чаап, талкалашкан. Чеп уранды-сы кардын эриндиси, жамгырдын сели менен эзилип, уруйган дөбө, уңкул-чуңкул жерге айланган. Азыр алабата, эрмен, чалкан дүкүйөт. Орунун гана түбү бар. Салпоочтолунуп келинген Ормонду ошого түшүрүштү. Кара сур жигит кошо түшүп, шыпылдап:

— Энди көрө берсең болот! — деп, байланган көзүн чечти. — Качатын жер жок,— деп чырмалган буту-колун бошотту,— адамдын акыры жатаар жайы осы үңкүргой. Сойтсе да шымын жаның ушкуша ным өтпөсүн деп, өрө кийиз төседик.

Жанчылып калган Ормон үтүрөйүп:

— Кимсиңер? — деди.

Арканга тартына өйдөлөп бараткан неме кылчайды:

— Жанбыз гой өзүңдөй ак. Али түсинбей турмысың, карагым?!

Качыке намысына жетти. Эми, Ормонду кармоонун кажети жок. Калган ишти жатакчылар арасындагы Чоду аттуу кедейге тапшырды. Айтканды айткандай жасабаска анын башы экөө эмес.

Чоду чокчо сакал кодоо. Мингени жал-куйругу кыркылган сур байтал. Куюшканы сызма, үзөнгүсү арчадан

ийилген. Ээри эки-үч жеринен кадалып, эски. Эчки жайып, Ормон жаткан орго чукул жүрдү.

— Чек. Тарт, өлөт! — деп, эчкилердин алдын кайрып, билмексен. Асманды каран, оозун кере эчей, күнкүлдөп, ырдап коёт.

Мен билгенди оо, бил бинби?
Мен туйганды оо, туйдунбу?
Буудайлык качты оо, көрдүнбү? — Чек, олоо!

Алабатага секирип оттогон эчкилер түшө качат. Тосо да ор жакка жолобой чүчкүрүп-бышкырып, жаныралат. Байталды шапалак менен моюнга чаап, Чоду кынкылдайт:

Өзөн-өзөн оо, өзөк суу.
Монту эрнее оо, ыза чуу.
Өтөт экен оо, тизилип,
Өзөн бойлой оо, кол Аккуу.

Ордон үн чыкты:

— Эгей, адам.

Чодунун күткөнү ушул. Кулак түрүн тым-тырс. Мурду-бетин кыйшандатып, жымыйып, чыйт түкүрөт. Анткорлоно жакасын карманат:

— Товоо! Доош чыгабы?

— Эгей, адам.

— Кайда бул үн? Ким бул ой?

— Бери, орго кел?

Чукул барып түштү. Кулагы тикчийип, үркүп, кетенчиктеген байталынын чылбырын чоюп, эцкейди:

— Казылуу көрдө ким бар?

— Чочуба.

— Ким болосуң өзүң?

— Ныязбектин Ормонумун.

— Икий. Ормон мында эмне кылып жүрсүң?.. Шейитсиң го?!

— Анткорлонбо. Кечээ жортуулчулар күтүрөп келгенде кантип эле билбей калды экенсиң?!

— Сен да анткорлонуп... Алдабагын. Андай экен, нагыз Ныязбектин Ормону болсоң белгиңди көрсөтчү?

— Эмне белгиси болмок эле?

— Шилисинен чычаңына чейин жаш кулундун жалындай жалы бар деп уккамын...

— Экени чын болсо... Айтканымма көнүп, достошосуңбу?

— Жан дебейинмби!

Ормон ордун төбөсүнөн куюлган жарыкка келе эңкейип, көйнөгүн түрдү:

— Көрдүңбү? Ишендиңби?

Чоду калтан тыбырчылап, безилдейт:

— Жан-жан. Ишендим-ишендим!

— Досуктун алды ушул, эптеп мени качыргын?

— Теримди түлкүчө сыйрышат го, ыя туюп калышса - - деп, элендеген болуп, эки жакка мойнун созот,— эмне берээр элең качырсам?

— Койнуңа кыз салып, алдыңа жылкы айдатам.

Чоду бышкырып ийе жаздады. Качыкенин: — «Качырам десең, «Кыз алып берем деп айтат»,— дегени дал келди. Тартынган байталына кайрылып, шапалак шилтеп сөгүнүп, күлкүсүн тыйып, эңкейди:

— Ондурасың го, ээ дос?! — Канжыгасынан кол чанач чечип, чылбырга байлап, төмөн түшүрдү,— өзөгүң ооругандыр. Айрандан жут. Түн киргенде бир нни баштап көрөбүз.

* * *

Ой-тоо карангылыкка чөгүп, мемиреп, тынч. Аркан алган Чоду келди. Бир учун үзөңгү боолана санга басып, салмак таянтай өзү жакка оодарылып, экинчи учун орго ыргытты. Ормон шып карман, тартынып, топурак урата тамандап, тырмышып, улам өйдөлөйт. Акыры чыкты. Күрс үшкүрдү. Чоду, эми, чыйраксынбай анын далбайган караанынан сестенип, акырын шыбырайт:

— Жатакчыда эмненин унаасы. Муну минип тез кач. Бирөөлөр келип калбасын.

Кыргыз жал-куйругу кыркылган байталды маскаралаңып төркүнүнө жөнөтүлгөн аялга мингизет. Качыкенин шумдугун түшүнбөгөн Ормон Чоду көрсөткөн багытка шашып, камчыланды. Чүлүк үзөңгүгө илинбеген буту салактап, эски ээр кычырап, сур байтал эшекче желип баратты.

Каз тургандан жан багуу үчүн эмгектенген жатакчылардын балдары чыйрак. Тайында тестиерлер минип, мал кайтарып, кунанында жазгы тукум себилген айдоонун чычырканактан маласын сүйрөп, күзүндө кырманга үйүлгөн эгинди тебелеп, теминге салынган жылкысында чыйрак. Олчойгон Ормон жонунда келаткан Сур байтал жүрбөй калгыдай эмес. Кулак түбү сууланып, омуроосу көбүктөнгөн. Бирде жүрүш өндөнүп тып-тып басса, бир-

де, тейп-тейп желет. Куугунчудан кооп сапаган Ормо доошко кулак төшөп, темине камчыланат. Обдула үнү лүп, жалгыз аяк жолдон чыкпайт.

Олтуруп ай чыкты. Таң сүрүлө торпулуу бийикке кел ди. Бир жагынан чыйрыгып, кичине түрүп жүрбөй кал баган унаасына ыраазы. Ал аттан түшүү. Ооздук чыга рып, отко койду... Жер жарылып, таң атты. Бет алдын көз чаптырып, Ормон бүшүркөй калды. Кыркаар тос лорду тааныш, селт этти. Жиндеди.

— Кап. Качыке зордугун! Өтүптүр го кордугун? Айылыңды кызыл уук кылып... чамгарагыңды талкала басам!.. Жулунуп, үзүлүп-түшүп оттоп жаткан байтал ды сүйрөп, жетеледи. Колдо кылычы болсо чаап таш тамак. Эми, чапкандан да жаман кылмакка, алды тиш жар таштын кырына чыгарды. Түн бою көтөрүп келген эмгегин доолай албаган сур байтал «менде эмне күнөө?» — деп, айтууга жарамакпы? Ооздугу кылдыртта бышкырып, кулак тикчийтип, жар таш үстүндө турд Ормон чоң таман менен,— мингизген экен, сени таап! — деп капталга тепкенде төмөн кулады. Аласалып, очору луп, туралбай кишенеп ийди.

Күн жалган түш. Жер эниш. Уй араласа көрүнгү калың чий. Чий арасында тээ бийиктен урап келип, жа рымына чейин жерге батып бараткан чоң, кичине таш тар. Жара бөлгөн жалгыз аяк жол. Ашуунун түндү ыптасынан башталган сууну бойлоп, оңго бурулган Ор мон ушул жолдо келатты. Оң-сол тарабынан ызы-чуу түшүп, кекилик шакылдайт. Төмөндө чакан саз. Жээк тери чычырканак, тал. Ат коштогон бирөө суурулуп чыкты. Ал сөз түгөнүп, чий башталган жерге токтоду Бөктөргөн чанач, салынган куржуну бар. Аларды ээр ден алып, эки атты ыранга тушады. «Жолумду тоскон биздикилерденби?»— деп, үмүттөнгөн Ормон түшөрүп чукулдады. Чоочун. Бели кучак, бою терең карыя. Ка рыя куржун, чанактын жанына көк чапанын бүктөп үстүнө кара көрпө тебетейин койгон. Өзү булак көзүнө кол жууду. Сол кол менен ак топусун кийиндетип, оң кол менен бетин чайып, сакал-мурутун сылагылап турду. Кемер курчанган кара кемселдин жан чөнтөгүнөн ак оромол сууруп ааарчынды. Ормон озунуп:

— Атсалоом малекум.

Карыя сырт салган түрдө баш ийкеди.

— Алекума, атсалоом.

Чарчап, карды ачкан Ормон чанач, куржунду тиште тиктеп, жылдыздуу карыянын ким экенин биле албай,

булак көзүндөгү көк ташка көчүк койду. Жеңи менен чекесин сүртүп. Таш түбүндө кумурска уюгу. Ичке жолдору менен кумурскалар кайдадыр чабагандап, жем көтөргөндөрү уюкка кирип-чыгып атат.

— Арыш келаткан түрүн бар. Кол чайкагын, даамдашалы,— деди да, карыя куржунунун бир көзүнөн козунун бышылуу этин башы менен койду. Ыш жыттанган кымызды терметип чайкап, оңтойлоду.

Ормон этке кирди. Үзүлүп түшпөй сырттуу кабырганы жеп, анан каржиликти алып, мүлжүп атканда карыя куйрук, боордон тандайлата кесип койду да:

— Башты ал! — деп, күмүш сап макисин сунду. Куржундан кымыз жутуучу камыш түтүктү алып, чаначка жөлөдү.

Эт желип, кымыз кана жутушканча эч сөз болгон жок. Ормон көк ташка олтуруп, сурады:

— Кайсы жерден болосуз, карыя?

— Асманында шумкар айланган, тоолору булут челген, жайнаган малы бар, арча жыттуу авасы бар, жерден болом.

— Кайсы элден болосуз, карыя?

— Башы бар, мээси жок, байлыгы бар, ээси жок, малын тынч бакпай, ашын аш кыла албай эсирген элден болом.

Табышмактуу жоопко Ормон ийиле: «Мен, жөн адам эмес, Маната кайып болуп кеткен Бакайга жолугуп олтурамбы?» — деп, суроо жаңыртты.

— Кайсы айылдан аттандыңыз, карыя?

— Каткырыгы таш жарган, төрүндө олтуруп тапкан амалы босогодон ашпаган, бири баштап, миндин убалына калган айылдан чыктым.

— Кимди тосуп чыктыңыз, карыя?

— Алы бар, акылы жок, өз деп жакынын гана баккан, өзгө деп коңшусун чапкан, алыска учалбаган, көтөрүлсө коно албаган, кыска өмүрүн узун деп жүргөн, ырысын көтөрө албай тебелеп күлгөн, бир баатыр болотурган эле. Ошону тосуп чыктым.

Бир табышмак жандырмагы мээге урунуп, Ормон көзү теренге бата чөктү. Карыя мандашын жаза оң бутун сунуп, жоон сан үстүнө алаканын тап эткизе таштады:

— Атаңа наалат, дүнүйө! — Төмөнкү өрөөнгө, созулган сууга, уюлгуган токойго, ныктоолорго көз чаптырып олтуруп, карыя каңырыгы түтөгөндөй. Ичине илеп тартып, оор үшкүрүп, кайраттана кылчайды:

— Ормон!

Чоочун карыя атынан чакырганда Ормон селт этти.

— Кулдугум бар!

— Бир иш өтүнөм, аткарасыңбы?

— Колумдан келишинче.

— Так айт?

— Колумдан келишинче. Тапсам тузунузга коюнуз.

Баятан нык олтурган карыя элпек турду. Куржундун бек оозунун илмектерин чыгарып, бир сыйра кийим алып сунду.

— Убадаң үчүн буларды кийгин,— деди карыя,— ай далына жабылсын. Тиги, токулгалуу атты минтин, айылына жеткирсин.

...Ормонду орго салган жигиттер шатыран айылга келгенде Качыке канат жайып тосот.

— Ата намысын алып берген азаматым! — деп, Эралынын маңдайынан сүйөт. — Ак каңжыга жаныбарым! — деп Маралторунун көкүлүнөн сылайт. Түлөөгө боз бээ чалдырат. Ормонго биринчи кол салып, карууга чапкан Алыбек экенин, ал жолдо айылына бурулуп кете бергенин угуп:

— Ала келүүнөр экен. Бекер, балалык кылган турбайсыңарбы. Күлүк минтизет элем! — деп кейийт. Сыйлуулуктарын көрүп келген Тейит аттан түшкөндө эле кыраа Дааныш иш жакшы экенин сезет. Бирок, кандайча орундалды, кеп ошондо?

— Кана, көргөнүңдү төкпөй-чачпай айт? — деди, уулун. Тейит бүт баяндап, аягында бырс күлүп:

— Жатакчы Чодунун эр албаган кара далы «кызы» бар экен. Ныязбектин Ормону бүгүн түнү ошону ала качат! — деди. «Кыз» деп тергегени сур байтал болчу. Дааныш түшүндү. Уулуна көз кадады:

— Акыл тапкан Качыке болсо... Айдактаганы силер болсоңор, колуңардан келгени ошол да! — Дааныш моло таштай мелтиреп, ойго батты. Ормон баштаган калың кол сап-сап бөлүнүп, салаа-салаадан куюлуп, найза учу кылкылдап, туяк чаңы асманга созулуп, Качыке элин каптады. Алар үйлөрдү керегеден ала аңтарып салып, эр өлтүрүп, катын-баланы озондотуп, мал сүрдү. Журттарда ит улуп, өрөөн мунду...

Мындай болоору айдан ачык. Ошого көзү жетип, эл бүлүгүнөн жүрөгү үшүгөн Дааныш: «Артынан келсем кошомат кылгандай болуп калам»— деп, жол кесип, алыстан түшүп, имерилип, алдынан чыгып, кыябын таап олтурбайбы.

— Тигине, карачы! — деди Дааныш көк таш түбүндөгү кумурска уюгун көрсөтө,— жашоо менен алек. Биз деле ошол. Күн алдында, жер бетинде көлөмүбүз да булардан аппайт. Өмүрүбүз да анчалык узун эмес. Кана, Ормон, береги жайнаган кумурскалар толгон тешиктен чуурун кирип-чыгып, бир уюкта күн көрүшөт. Бизде, ушул макулуктарчалык ынтымак барбы?

Ормон сабылып, унчукпады.

— Алсаң өчтү Качыкенин керт башынан алгын...

Көк таш үстүндөгү Ормон элең эте түтүрөйдү. Дааныш байкамаксан, кеңебеди.

— Эки эл чабышпасын?! Чабыштан мүйүз чыкса, кыргыз башындагы мүйүз кулач узармак. Чабыш кордугунан «Чээнге кирген Дааныш» атанып, Кабактын тоосуна камалдым. Эл четине жакында чыктым.

Эл чачылбасын?! Чачылган эл — ээсиз мал. Ээсиздин ууру да алат. Бөрү да жейт.

Эл бузулбасын?! Бузулган эл түн толгонуп, эмизген эне сүтүн унутат. Эптеп чоңойткон ата күчүн унутат.

— Ате, карыя, кылган зордугуң айе!.. Болуптур. Өтүнүчүңүз кабыл.

III

Айылды жоо чаап, Ормон колго түшүп кеткенин укканда, карт Ныязбек кадимкидей кайраттанып сыртка чыккан. Таяк кармап, сурданып, үйгө кирбеген.

— Өлөрүмдө башыма мүшкүл түшүп... Баламан торпурак буюрбай, кийинкилерге кеп боломбу? — деп күңкүлдөп, жашыган. Күңгөй-тескейге батпай жайнаган жылкылар табылды. Эки жакка кабарчы чаптырып дүбөкүлдөшүп жатканда, минтип, Ормон өзү келди. Ныязбек иш жайын түшүндү. Мандайына Калыгулду алдырды. Калыгул өзүнө ата өтүшкөн, букарлашып бараткан туугап. Ормондон улуу. Боюн таза күткөн, адамга тик багып сүйлөбөгөн кырс киши. Те, чычкан жылында, бүт арка кыргызы казакка каршы аттанат. Иленин Көк-Булак деген жеринде айылды чаап, катуу уруш болот. Казак колунун башчысы Бердикожо өлтүрүлөт. Ошондо, чабышты жашынан көргөзүп, үйрөтүүгө ээрчите кел-ген жети жашар Калыгулду Ныязбек бийик чокудан каратып коёт. Кечинде чаалыккандар кошуунга келгенде агасынан сурайт:

— Байке, эмнеге кишинин кини аябай, койчо кырат? Минтээрин билсем келбейт элем! — Анда атасы:

— Жаагың карыш! Бала, баладай болчу! — дегенде, жалдырап, унчукпай калган. Кийин, ушул окуя эсинен түк кетпейт. «Элдин ичи курусун» деп, жалпылдап, өз чарбасына оогон. Жогоруда, Качыке эске салган эки элдин урушунда да туугандары Калыгулду катышсын деп киши жиберсе:

— Эки агайындын чабышы эмес, казак-кыргыздын урушунда балалыктан зорго чыдагамын! — деп, барбай калган.

Калыгул жети жаштан өтпөй Сопу Ата дегенден дин окуусун окуду. Кадимкидей намаска жыгылып, орозо тутуп, куран буйруктарын өмүрүнүн буйрук берчү күчү кылды. Басса-турса кудайга жалынат. Никелеп алган аялынан башка ургачыга ыклас түшүрбөйт. Ууру кылганды, ушак сүйлөгөндү жек көрөт. Андайды «кудайдын күнөкөрү» деп сезет. Мууздалбай өлгөн малдын этин «макуруо» деп, ооз тиймек түгүл, шорпосунун жытынан качат. Бөөдө жерден табылган же бирөө аркылуу келген олжону: — «Буга менин таман акы, мандай терим корогон эмес», — деп, албайт.

Жигит учурун да башкалардай өткөрбөдү. Өбүшүп, кучакташмай кыз оюндарга да кошулбады. Мунусун Ормон жактырбайт.

— Апенди! — деп, күлүп мазактайт. Отуз күнү ооз бекитмей орозо айы оошуп, кээде күздө, кээде кышта, жай, жазда да келип калат. Элде: орозонун кышкы учуруна өмүрүндө үч жолу кездешкен адам тозок отуна түшпөйт имиш. Аны үчүн токсон жаш керек экен. Ошондой орозо айдын биринде Ормонго:

— Эртең биринчи башталышы, оозуңду бекит? — дешет.

— Мен үчүн «Апенди» бекитип коёт, — деп күлүптүр.

«Беш убак намаз окуу мусулман пендесинин мойнундагы парсы», — дешсе да, Ормон:

— Об дүйнө баргында, Апенди акем куткарып алат! — деп, оюн-чынга сала моюн сунбаган.

Ормондун жосунун Калыгул да сүйбөйт.

— Намаз окугун? — деп үндөйт, жолукканда, — шарыят жолуна түшсөң, кудайдын пирлигин билесиң. Ал адам баласына жылынсын деп күн берди. Күндөн от алып отурасың. Тоюнсун деп жер берди. Малың оттоп, эт жеп, сүтүн ичип олтурасың. Көгөрсүн деп суу берди. Жутуп суусунуң канып, жуунуп, тазарып олтурасың.

Эсирбей, алла таалаңын күчүнө жүгүнсөң, өзүңдүн күнүмдүк пенде экенинди билесиң. Анын бирдигине жооп кылып, башканы кадыр тутасың. Бей-бечарага кайрымдуу болосуң. Оо дүйнөдө жаныңа соо.

Баштарына иш түшсө бириге калчу, демейде кыялжоруктары ушинтип келишпей, бирине экинчиси сын такчу экөө, бүгүн Ныязбектин маңдайында.

Булардын үстүндө Ормондун элге «шыпты кашка» аталып кеткен жигити Каптал. Эки ийини кууш, таза куйкаланган керчөөнүн терисиндей майланышкан, карасур неме. ...Кыргыздар жогун издеп таап алса, жаки аңга чыгып, олжолуу келсе, минген атын «жолдуу» деп жактырып, «ак канжыгалуу жаныбар!» деп коюшат. Жылкы арасында мындай аттын болоору да анык. Жөл болбогон атты «куу канжыга» дешет. Аттарга коюлчу бул эки сынак жигиттерге да ыйгарылат: биринчиси «куу каптал». Аны ээрчитсе, олжо түшпөйт. Баштаса жол бузулат. Муну турмуштун көп сынынан өткөрүп, көздөрү жеткенде түңүлүшөт да, андай адамды топ жанына жолотпой калат. Экинчи бирөөнү «акжайдаң» аташат. Акжайдаң аталган жигиттин кабагы ачык, көзү тунук келет. Ал отурган дасторкондо береке, ээрчитсе олжо мол имиш.

Капталдын биринчи аты башка болгон дешет. Айылдагы балдар чүкө ойноп, ышкын, карагат издеп тоого чыгып, кекиликтин жумурткасын алууга адыр кыдырып жүрүп, Каптал ээрчиген күнү нечен томсоруп, кур келишкенинен чыдабай «Куукаптал» атап калышыптыр. Кийин «Куусу» түшүп, «Каптал» атанып кетет. Бул Ормонго кандайча жагып алды?

Айтор, Калыгул Капталды көп жактырбайт: «Кол алышса адамдын бою жыйрылат, алаканы муздак, бака кармагансып. Мындай неме менен алыш-бериш кылууга болбойт. Жолу туюк. Жакшылык үстүнөн чыгарбайт»,— деп күңкүлдөп, жан жагын каранчу. Азыр да, Капталдын үлпүлдөгөн кирпигине, жашына кыбындаган көзүнө тигиле түшүп, кытмыр амалкөйлүгүн сезди.

Кымбат ичигин жамына аркасын сүйөп олтурган Ныязбек сөз жөнөттү:

— Ини алдында, ага карысы болот. Агасы инисине улуулук акылын айтып, жол-жобо көрсөтөт. Колуман келген далалатты жасамакчы элем, жашынан эстүү чыгып, жолуну бөлүп, сырт салып кеттиң иним Калыгул! Бала алдында, ата карысы болот. Баланы үйлөнтүп, үй-жай, энчисин бөлүп берет. Бир эмес, эки аял алып бер-

дим, Ормон! Улуу балаң Умөталы көл арага жараң калды. Мал эчки гана эмес, кыштоо, жайлоо жериңи бөлүп бердим. Чоң атаңан берки өлүү дүнүйө колуңда турат. ...Көп жашадым, көптү көрдүм. Бүга шүүрчүлүк кылып, жарыкчылыкка ыраазы болуп кетиниим керек,— карыя тык-тык жөтөлдү. Калыгул кулак салып, үюп олтурду. Ормон обдулуп, күйүнөлдү.

— Эми, бир жакадан баш чыгарып, бир жеңден кол чыгарып, ынтымактуу болгула... «Жакшы ага — жаман уулга кырк жыл азык» — дейт. Ормон, мен сага кырк жыл азыкмынбы, ал бир кудайдын буйругу. «Жакшы ага — жаман иниге канат-куйрук»,— дейт. Опулдабай Калыгул абаңдын айтканын угуп, дегенине көнүп жүргүн.

Калыгул жылмайды:

— Уулуң угаар бекен?..

— Жандоочу болбой, кийик аттырчу беле.

Каптал купшундан, сөз кыпчый албаганына арманда. Көңдүм кыялдуу, Ормон боп этти:

— Өзүм билем!

Атасы каңырыш угуп, кулагын тосту.

— Эмне деди?

— Өзүм билем дейт,— деди, Калыгул жуткунуп.

Чал шыпшынды.

— Өзүң билгениң ушулбу?! Кайда барып келдиң?! Ормон да бирдеме дейт беле. Дааныш менен атасынын акылы эшилише түшкөнүнөн буулду. Кара санын мыткынып, кабак түйдү. Сөз тегине Калыгул бу саам түшүнбөдү, кийин билди. Ныязбек тык-тык жөтөлүп.

— Коңшу эл, бизге, илгертен ат байлаарга казык, туу илээрге шыргый болгон. Колуңан чыгарбай, бооруңа тарт. Эл менен кишисиң, сен!

* * *

Бул күнкү Ныязбектин айтканы, акыркы керээзи экен. Жүздөн жүз бирге караганда, кыштын таш жарган чилдесинде дүйнө салды.

Ала-Тоодо, кыш маалында, чөйчөгү чукур айгыр менен жакындагы айылга жол ыңтайына карап кабар айтпаса, алыстагы элге катташуу кайда. Кар уюган бийик тоолор жик чыгарбай, чеп болуп курчаган. Арасында адам жашайбы, жокпу белгисиздей ың-жың. Асманга созулган түтүнү да билинбейт. Кыйкырган үндөрү да

үгулбайт. Тээ булут аралап сызган жору, бүркүт гана түгөлдөп жүргөндөй каалгып, кесип өтөт айыл үстүнөн.

Ормон атасынын көзү өткөнүн алыстагыларга жазда кабарлады. Быйыл күздө ашы өтөөрүн, кабар жеткирилгендер бироголо ошондо келээрин табыштады.

Аш берээр адам, алатта алды менен жакын туугандарын, жамандык-жакшылыгында намыз талашчу кандаш уруу башчыларын чакырып кеңеш салат. Кеңеште кабар айттырчу алыскы уруулар, алардан келүүчү адам саны, кетүүчү тамак-аш, тартуулар такталат. Ашта окуянын эң негизги чордону — «ат чабыш». Чабылган күлүктөрдүн канчасына байге сайылат? Биринчи келген күлүктүн баш байгеси. Дагы ушундай толгон оюн-зоок, шаан-шөкөткө берилүүчү байгелер кандай? Ошолор белгиленет. Ошого жараша кам көрүлүп, кетүүчү чыгым ар кимисине бөлүнөт. Чоң уруулар салык милдетин дүңүнөн алып, анан өз ичиндеги майда урууларга бөлөт. Алар карамагындагы түтүнгө чачат. Айтылган салыктарды жыйноого атайы кишилер дайындалат. Ана, кызык «оюнду» ошолор баштайт: кырк жылкы бөлүнсө онду кошуп, элүүнү өндүрөт, элден. Беш жүз кой бөлүнсө жүздү кошуп, алты жүздү алат жарды-жалчылардан. Алардын шумдугу менен момун журттун иши эмне? Сураганын бермей, дегенине көнмөй.

Ошентип, бөдөнө сойсо «кол кесер» алмай шылуундардын «тамашасы» тээ, небактан келаткан адат.

Ныязбек ашынын акыл-кеңешин Калыгул башкарды. Ал тескейге киши чаптырып Алыбекти алдыртты.

— Жээн экенсиң ошоякка. Качыке баатырга кабарды сен бергин,— деди. «Келбей калбасын» деп, шексинген Ормон кемер сунду:

— Көзү тирүүсүндө атам өзү арнаган. Ала баргын. Аяк оонанын ону күнү аш башталат. Кечикпесин. Элинде Дааныш деген бар. Өзүнчө айт, кабарды. Сый-урмат келгенде болот, а кишиге.

Ичмекейи ичинде Алыбек мыйыгынан күлүп, баш ийкеди.

* * *

Көл аймагын, Чүй өрөөнүн Кокон хандыгы Ташкен беги аркылуу башкарымыш этчү. Ага-тууганы жана боордошу жамаатташ эл менен кеңешип, макулдук алган Ормон Коконго нечендеген кой, жылкы айдатып,

төөлөргө жүктөп кымкап, торко жибек, набат, мейиз алдырды. Акысы эки эсе болоорун билишкенде, Кокондон кырк Кыпчак, кырк бычагы менен эт тууроо үчүн келди.

Ата алдында бала карызы: тирүүсүндө айткандын угуп, кол куушуруп, сыйлоо. Өлсө арбагын урматтап, эл ыраазы болгудай мыктап аш берүү деп түшүнгөн жана бул милдетти моюндагы парз катарында көргөн эл башында жүргөндөр тукумунун бири Ормон тамак-аш үчүн жыйырма беш үй тиктирди. Кыркалай жыйырма беш кемеге каздырып, жыйырма беш тай казан астырды. Ар үй жанында жагаарга жардай карагай, арча үйүлдү. Үй башына бештен киши. Алар суу куюп, от жагат. Эт бышырып, устукандайт. Тууран, чыктап меймандарга жеткирет.

Тээ, төмөн, окчунда, көл жээгинде узуну жыйырма беш, туурасы он экиден тигилген үч жүз үй. Ар үйүнө ондон конок, бирден тейлөөчү.

Ошонун ар он эки үйүндөгүлөрдү ичирип-жедирүүгө, тиги жыйырма бештен бирдени таандык. Ар үйдөгүлөргө чайы менен кымызынан тышкары күнүнө эки маал эт тартылат: түштө, кеч бешимде. Беш кишиге бирден табак, ар табакта бирден баш. Биринчи табак устукан. Устукан алынып, мүлжүнүп бүткөндө, чоң чарада шорпого чыкталып, үстүн жеңди билектей чучук менен бастырган тууралган эт.

Эрте келүүчү, кеч келүүчү деп, ашка баш-аягы жети күн белгиленет. Анын ичинен нагыз аштын шаан-шөкөтү үчүн төрт күн аталат. Ныязбектин балдары, жакын туугандары меймандарды тейлөөгө туруп, тамак-аш милдетин Ормон өзү алды.

Мерчемдүү күн жеткенде мейман алды келе баштап, күн мурдатан даярдалган жылкычыларга аттары тапшырылды. Союуга арналган койлор имерилип, четинен сойдуруп, жылкыларга боолук урдуруп, муунтуп, буттан чала жыгып, агын сууга карай коркуратып, мууздатып кирди. Ысырап, чыгым менен иш эмне?! Агып барган кан-жинди мурут сыйпаарына жаратпай оп тартып, онтоп, толкуну серпиле жээги шырпылдап, Көл жатты. Мылтык үнүн укпаган аккуу, өрдөктөр адам доошунан ыраактап, аркы жээкке карай ыктап сүзүшөт, майда толкунга ыргалат.

* * *

Качыке Ормонду качыргандан тартып, анын кол салуусунан чочулаган. Тандалган жигиттерден кезектете кароолго чыгарып, жол чалдырып, сактанган. Бир журттан көчүп, экинчи журтка барганда да мунусун таштабады. Качан, ар кимдерден Дааныш жоругу жеткенде саал санаасы тынып, кеңелди. Тай жетелетип, өз оозунан укмакка Дааныш карыяга келди. Карыя козусун союп, кымызын берип олтуруп, айтты:

— Сенин эмнеңди аяйт элем! Сен чабак болсоң, Ормон жаян. Ал сенин кесепетиңен элди сормок. Элди бүлүнтмөк. Ошондон корктум. Туура сөз кимди тизгиндебейт. Качыке жыгылыштуудай өтүнүп, сүйлөдү:

— Сыртта биз тентектик кетирсек үйдөн сиз акылмандык кылып, ишти оңдоп койбодуңузбу. Ошон үчүн союшумду алып, колумду куушуруп келип жатпаймбы,— деген. Эми, минтип, Ныязбектин ашына чакыртып, кабар келип отурат. Жөн жибербей асыл таш чөгөрүлүп, тогуз асыйга жасаттырган белгилүү буюм, кемерин берип ийиптир. «Атаңы өлтүргөнгө эненди алып бер» — дейт мусулманчылыкта, сыйына-сый. Аянамбы? — деп, бараарын айтып, ашка камынды.

Кабарчылыкка жиберилген Алыбек Качыкеникинен аттанып, таякесиникине келди. Экинчи жылдын былтыркы маалы болгондуктан, алар дал шол конушта экен. Тейит экөө кучакташып, силкишип-булкушуп атканда карыя жадырап, чоң тиштери жалтырайт:

— Ии атакөрү, окшошкон! — деп, жетине албайт.

Алыбек таякесине жетти. Бойлошуп сакалынын алдынан искеди. Эшик көтөрүлүп, Дааныш баштап үйгө кирип, сөз табылбай, ырахат. Укен Көкмончокту минип, ышкын термекчи болуп, кыздар менен кеткен. Ал тээкөк бетте, топ кыздын алдында, чоң колтук ышкын өңөрүп, жалбыректары жоон санын жаап, жаш ышкындын баштары титиреп, келатат. Тик кыяда Көкмончок жүткүнүп желээни карай жулунуп, оң колу тизгин менен алек. Сыйгаланган ышкындарды өзүнө тартып, кысып, Марал-Төрдөгү ышкындардын быйыл жыш чыкканын айтат. Жаңы журтка көчкүчө келип тере берээрин айтат.

Үйгө чукулдаганда мамыдагы токулгалуу чоочун атты көзү чалды. Ээр-токумду таанып, жүрөгү болк этти. Дит коюп, шыпылдата бастырды. Үйдө кобур:

— Учурашпай кетет деп сага, таарынып жүрөт. Кулагынды чоёр бекен.

Каткырык чыкты. Таанын каткырыкка Укендин жүрөгү опкоолжуйт. Эмне себептендир мурдун чүйрүп, мурчуңдан да койду. Капшытка келип:

— Ата! — деди демейдегиден башкача чапкылдап,— ышкынды албайсынбы!

Үй тымтыре. Чон атасы:

— Тегеренейин. Ышкын алып келгинден... Таарынып жүрөт элең. Мына, жаман жээн келди.

Укендин көзү күлмүңдөй, ойдолон көөт.

«Ба-а» — эте каткырыпын, үй ичи күлкүгө толду.

Алыбек ордунан жеңил ыргып:

— Теги, өзүм чыгайынчы! — деп, эшик серпип көрүңдү,— ошондо унутуп калыпмын... Мына, эми келбедимби,— деп кечирим сурап ийилди.

— Келсең, сонун болуптур. Ме, ышкынды! — деп, суна берген колуна кучак ышкынды таштады. Үйдөгүлөр Укендин ышкынын четинен алышып, борс сындырып, эчкилер жалбыракка киргендей шуудуратып киришти. Өзү Алыбектен окчундай, тиги капшыт менен ашкана жакка өттү. Кыздын бул жосунун эч ким таназар албагандай, быкылдап күлүшөт.

— Ормон, атасынын кемерин Качыкеге берип атып, сизге сый-урмат өзүнчө болот деп айтты,— деди. Даанын имерилип, уячыкпай калды. Эртеси Алыбек аттанаарда гана:

— Өлөөр Ныязбек өлүптүр топурагы торко болсун! — деп, үн бөлдү. — Сый-урмат көргүдөй, менин бергеним сатык эмес. Жол алыс, баралбайм,— деди.

— Деги, бу сапар таарына көрбө? — деп, Алыбек Укен менен эки мертебе кол алышты. Кыз жумшак колун анын карылуу алаканына коё коюп, мурчундагансыды. Деген менен тамагы буулуп, көзү коюланат. Калгандар күлө бага кош айтышып, аткарышты. Узай берген Алыбектин артынан жардана карашты. Укен чоң атасына таарынгандай кыя карайт.

— Барбайм, деп! Барам эле дебейсиңби?

— Тегеренейин. Эмнеге барат элем?

— Барсаң, кошо бармакмын.

— Ошо да болчубу?

— Болсо эмне болот экен. Атасын ээрчип барып, аштагы тамашаны көрсө болбой калабы?

— Бо-бо-бо, жаман. Да бир жерге чакырып калса макул дейин.

— Да бир жер, да бир жер, деп! — мукактанган Укен үй айлана басып кетти.

— Аика баргыдай, эркек бала белең? — деди Тейит, кызынын артынан оройлонуп, — обу жоктонбой, оптуу эркелеп жүрсөң. Бар ары!

* * *

Ныязбек ашына алыскы танабы ичкери түштүк эли, Кетмен-Төбө, Талас, Чүйдөн бери чукулдагы Ак-Талаа, Нарын, Жумгалдан бери чакырылган эл карааны калдаят.

Ар элдин башчылары келатканын кабардап алдыга жигиттери чабат. Аларды атайы, бөлүнүп коюлган мындагылар урмат менен тосот. Алып келген тартуусун көп көзүнө көрсөтүп, түшүрөт. Бул жөрөлгөнү Качыке эсте калаарлыктай даярдантыр. Ак баш сары атанга үй жүктөткөн. Беш чаар ат, беш сур ат, куран окутаарым деп, үч туу бээ чиркеткен. Алдынан Ормон өзү тосту. Экөө аттан түшө калып, көрүштү.

— Атаңдын арты кайырлуу болсун. Өмүр жашын сага берсин! — деди Качыке озунуп, улуулук жол көрсөтүп, — көкүрөккө кир калбасын, кеткен болсо кечир, баатыр?!

Ормондун жаак түктөрү тикирейе, куйкасы жыбырала болуп, итатайы тутулса да сездирбөөгө өзүн зордоп, абасын камтый кучактап, көөдөнүнө кысып-кысып алды.

— Өзүңүз да кечиришиз, менден кеткен болсо!

Качыкени ээрчиген толгон адамдар арасында Мусакожо акын турган. Ал: «Экөөнүн учурашуусу чын пейилден болду!» — деп, жетине албай заңкылдаган үн менен ат үстүнөн таштап салды:

Жолборс жүрөк, жоон билек,
Жортуулда жүрсө жоо тилеп,
Ажал жетсе, бүжүрөп,
Амалсыздан көнбөйбү.
Моюн сунуп бербейби.
Эсенкул уулу Ныязбек
Жүздөн аша жашады,
Ал, жүдөгөндөн өлбөйбү,
Балдары «тоюн» өткөрсө,
Башкалар —
Урмат-сыйын көрбөйбү.

Жардангандар ыраазы. Арасы кобур:

— Бали-бали. Чын эмеспи чиркин! Өлүмдөн ким кутулсун.

Качыке алып келген үй көрүнөөгө тигилди. Чамга-

рак, босого, каалгаларынын оймолору күмүштөлгөн. Кардай ак жабуу боолору түр түстүү жибектен согулган. Кереге, уугу кою жошолонуп, чийлери боёлгон жашыл, кызыл жүн менен түр салынып чырмалган. Ички жабык жээктерине сере кундуз кармалган.

Оо, чиркин! Кызарган жемге ободогу куш түшөт, айланып. Баалуу буюмга көз жалт кадалып, тирүү жан кылчактайт. Качыке көтөртүп келген үй Ормон купулуна толуп, жылмайтты. «Карт түлкүнүн тартуусу мыкты экен!» — деп ичинен ойлонуп тамак-аш жакка кетти. Өзүн көргөндө ансыз да иштеп жаткандар андан бетер берилип, колу колдоруна тийбейт. Териси сыйрылган бээнин этин, тиги эки жигиттин колундагы бычак ары шалап, бери шалап, күү-күү эттире колу санын сөгүп, берки жайылган тери үстүнө таштайт. Төш кемирчегине бычак уруп, күш эте жел чыгып, сол колун сойлото көкүрөк этти көтөрүп, төмөн чандырга чейин түз жарат. Быржыйган казы түйрүлө берсе, союп аткан кубанат:

— Эки эли Бышканча үч. Он бештен отуз чучук.

Кемер курчанган сур чепкенинин эки өңүрү кара аттын капталын жапкан Ормон өзү да:

— Отуз табакка селде дечи! — деп, ээрге жамбаштай токтойт. Арыта баш куйкалагандар. Аларга эскертет:

— Күйгүзбөй куйкалагыла. «Баягы, Ныязбектин ашындагы куйкасыз баш» — деп кетишет. Ысык сууга таза жуугула. Ыш калса сорпо бузулат.

Тигиндейде эт бышыргандарга:

— Чий көбүгүн калпып, сапырып, жай кайнаткыла. Эт эзилбей бышат. Эзилбеген эттин устуканы берекелүү болот,— деп коюп, эт чыгарып аткандарга келет:

— Эт жайган чийиңер тазабы?

— Таза, баатыр.

— Таза болсун,— деп үнү колдурайт. — Жегендер ыраазы болсо, сообу силерге.

* * *

Аш тамашасы башталды. Тамашага чакырылгандар гана эмес, жакынкы элдин абышка, балдарынан бери, келин-кыздарынан бери келишти. Адатта тамаша алды «жөө күрөш» менен ачылып, артынан эмчектери балкылдаган балбандар «эңишке» чыгат. Алар жулкушуп жеңише албай жатканда же бири үстөмдүк кылып, экинчисин алууга ыңтайлатып киргенде жарданган көпчүлүк

күүлдөп, өз тарабына тартып, кыйкырып, кызуулашат. Улам күн кечтеп, кармаштар кайталана бергенде элдин сонуркоолору таркай баштайт. Ошондуктан, көрүүчүлөрдүн көңүлүн ачып, кубантып таратуу үчүн эки оюн дайыма артта көрсөтүлөт. Аның бири «төө чечмей» экинчиси «таз чабыш».

«Таз чабыш» — эки тараптын өз алдыларында чоң тепши. Тепшиде сууга чыланып, кокосу менен жылкынын өпкөлөрү жатат. Баштары ала-була эки таз көйнөктөн бери чечинип, жүлкүнгөн ат минип, баштыктай өпкөнүн суусун тамчылата кокодон алып, беттешет. Алар улам бирин шалп эткизип башка чаап өткөндө күлбөгөн кишинин көрүп ал.

«Төө чечмей» — дал ортого тереңи төш жары чуңкур казылат. Ага мамы орнотот. Килем жаап, бөрээр олжону бүт арткан төөнүн буйласын мамыга байлайт. Чечилүүчү жери мамы түбүндө. Бир аял, бир эркек чыгат. Аял «байтал» болуп эсептелинет да, ийин ичине колун сала чечүүгө киришкенде, эркеги айгырды туурап азынап, жер чапчыйт. А күлбөгөн кишини көрүп ал!

Бирок, ушул эки оюнга тең «сен чык» деп эч кимди кыстабайт. Каалагандар чыгат. Өзгөчө, «төө чечмейге» катын ээрчишип келип, эл күлгөнүнө кайыл болуп, байгени алып кетет.

Бүгүнкү оюн артында биринчи «төө чечмей» башталды. Чакан өргөөнү жүктөп, килем жабылган боз ингенди коңгуроосу шаңгырата жетелеп келип, чуңкурга тамак-аш тараптагы Ормон өзү да чаап жетип, күлүп, карап калды.

Адетте адам чыкпай зарыктырчы эле. Бусаам башкача. Ингенди байлаган неме мындай болоору менен даяр тургандай бир келин бир жигит беттеп басты. Көргөндө күлгөн журт чалгы тийген чөптөй кыйрады.

— Ал эмесе! Хо-хо.

— Мына эмсе! Ха-ха.

Төөгө бүтүлү үй эмес, алтын артып койсо да, келин жазганып, кыжылып келсе боло, ботом! Кара чыптама кийип, ак көйнөгү маасы кончуна түшө чубалып, узун кара чачына байлаган чач мончогу шарактап, ак жоолукту чүмкөнө салынган бу «келин» эр аттай шайдоот, шар басып келип, эңкейди.

«Айгыр» аталган жазы мандай, буудай жүз чийкил жигит анык шумурайдын өзү экен! Токтой калып, көө-

лөнүп демите бир азынады эле, аш ээси Ормон аттан кулады. Жарданғандардын көзүнөн жаш кетип, мурдунан суу кетип, жүмаланып калды.

Келин төөнү чечип алып, жетеледи. Жигит куру менен такымга шалп чаап, айдады. Алардын алдын тосуп, кимдер экенин сурашпырууга чыккан жан жок. Төө жеткен экөө топтон узап, калың чийди аралап, бадалга кирип көрүнбөй калды. Ошондо гана алды баш көтөрдү. Ар кими мастай ыргалып:

— Келин болбосоң коё кал!

— Жигит болбосоң коё кал! Алгандары аш болсун — дешип, тарады.

Кийинки күнкү тамаша жамбы атуу менен башталды. Чалгыга окшош орнотулган узун шыргый учунда саландаган жамбынын кылын Алыбек үзө атып, тай туяк алтын колуна тийди. Оюн арты «таз чабыш». Мынтери малакайын баса кийген кара жигит бир тарапты да да зарыгып, таз изден эч ким убараланбады. Боз башкарган Качыкеден өтүндү:

— Мен чыгайын, агатай!

— А, ырас болот, чыга бер. Келе, бу жигитке кула атты апкелгиле!

Көкүрөгүнө чейин жыланачтанган жигит кула атты минип, өпкөнү кокодон кармап малакайчан ортого чыкты. Малакайын алыстаганда ыргытты. Ала-була башын көргөндө эл дуу күлдү. Тиги тараптан боз ат минип, колунда өпкө шалбырап бирөө чыкты. Ал да малакайын ортого келгенде ыргытты. Кебетеси кечээги «айгыр» болгон немеге түспөлдөшүп кетти. Экөөнүн башындагы таздарын кол менен жасагансып, окшошуна не бересиң!

Ал эмесе, таздар чабышты. Чокуларына өпкө күптийет. Моюндарына суусу сарыгат. Бири чаап, экинчиси жетип, шилиге, имериле берсе, бетке чабат. Эл да кечегидей боо түшүп, каткырып атат. Өпкө үзүлүп, колдо коколор калды. Коко дабышы док эте катуу чыгат. Тепши жанындагылар жүгүрүп, жаңы өпкө кармата коюшту. Экөө эл моокуму канганча чабышып, акыры боз атчан качты. Жеңишке жеткен кула атчан жетип, далортого эки чаап, кайра тартып келип малакайын эцип кийди. Тигиниси да кайра имерилип малакайын эцип кетти.

Таз байгеси бир ат кула атчан жигитке тийди.

Көрүүчү, сабыр кыл?

— Эл ичинде алтынга айырбаштагыс төрт сап ыр бар,

Ал бул:

Төрт тоңдун ичинде —
Төрдесин жигит, өлбөсүң!
Куур тоңдун ичинде —
Куурасын жигит, өлбөсүң!

Адамга өмүр кандай кымбат? Өлбөгөн адам кыска өмүрүндө кыйланы көрөт тура... Орус падышасы Кытай мамлекетине үч жүз төөгө жүктөлгөн киресин жиберет. Кире кыргыз жерине келгенде, Бугу элинин башчылары каректан алуучулардан сактап кишн кошуп, чек арадан өткөрүп коюшмакчы.

Орус киреси келген күнү мындагы элдин бирден бир мыктысы Боромбайдын коюн кайтаруучу Жаркымбай жетимди кырсык тооруйт. Куудул, шумдугунан «жарык кабак Жаркымбай» атка конгон ал, ала темгил кары бар тескейге койду жайып, койлор бетеге бурдап, үзүлүп түшүп оттоп, күн жылуу. Жаркымбай жарташ үстүндө. Таягын жанына койгон неме чатты талтая сүпүп, тонду чечип, жер үстүндө «бактылуу» жалгыз өзү, ала чыккан моюндун уңкул-чуңкулуна бычак сойлотуп, мүлжүп олтурат. Чукулдан карга түспөлдөш ак неме кыймылдап калгансыды. Байкоор албады. Шилиин тарамдап, кырчый чайнап, ырахатка батат. Ма, жетим, сага ырахат! Баягы кыймылдагансыган ак неме койлорго жеткенде ыргыды. Ал куу далы экен. Далыны бетине тосуп жеткен карышкыр койлорду кыйсыпыр түшүрдү да калды. Эми кыйкырды эмне, бакырды эмне? Агер, илбирс болсо бирди басып, канын соруп, капталда чубалжып жолго түшмөк. «Карышкыр бирди жебейт миңди кырат»,— деп бекер айтышпаптыр. Куйругу үзүлүп, кекиртеги жулунуп, ичи жарылып жаткан койлор. Элүүдөн ашыкты кызылала кылып жаралаганда гана көк жалын жаланып, четтеп, тоготпой кырга чыга берди.

Мал ээси Жаркымбайды жемеге алды:

— Көзүң кашайгыр, кайда элең?

— Күйөөлөп кетти дейсиңби, олтургам! — Айтпай келди... Аралап, жеткенин ары силкип-бери силкип, азапты берди.

— Таягынды булгап, кыйкырып чыкпайсыңбы?

— Мен эле болсом кантип чыдап турайын! Жулунуп көрдүм. Азуулуу экен, жарып салгыдай. Аяктуу экен, жеткирбей кетип калды.

— Кой башы бир. Козусу менен эки. Эми, сага акы жок. Кутулганга чейин кой багасын.

«Акы албай темтейип жүргүчө, тентип өлөйүн?» —

деп, жаңы кашайган Жаркымбай орус киресине кошулуп, жолго түштү. Ошондо жыйырмада курагы эле. Андан бери он беш жылдан ашуун убакыт өттү. Жакыны жок жетим унутулду. Киресинин Кытай аймагына аман өткөнүнө ыраазы болгон падыша Бүгү мамлекетине аты жазылган кылыч, алтын медаль, баалуу чапан сыйлык жиберген. Денизге сүңгүгөн чабактай жоголгон Жаркымбай Үрүмчү деген шаары башпан, кыйла жер кыдырып, Монголияны аралап, Орусиянын чыгыштагы шаарларына барды.

Дүйнөдө туулган жердин топурагы алтын, суусу мүрөк. Кайда жүрсөң сени кол булгап, өзүнө чакырат. Жаркымбай да акыры сурамжылап, ата-журтуна имерилди. Казак элин аралап келатып, өзүндөй жетим Нурбайга жолукту. «Жумур баш эсен турганда нелер келип, не кетпейт. Бирге бололу?»— деп, кошуп алды. Эл четине жеткенде айтылуу Ныязбек ашын укту. Шумпайлыгы андан бетер өрчүгөн эргулуң жолдошун «келин» жасап, «төө чечмей» мөрөйүн утушту. Баштарын устаралап, «таз» болуп алышып, өпкө чабышып, ат алышты.

Кечээтен бери күлкү салган — ошол экөө.

* * *

Аш аяктаарына бир күн калганда ар кайсы элден келген үч жүз күлүк түп сүрөөгө айдалды. Алар жетип конуп, эртең коё берилет. Жыйырма бир атка байге сайылды. Акыркы жыйырма биринчиге бир тай делинип, жыйырмасы камсыз болду, биринчи келүүчү күлүктүн байгеси чечилбей жатат. Анын милдетин Ормон өзү алган. Ал өзү кошкон беш күлүгүнө ишенип унчукпайбы, же башка бир билгени барбы? Айтор, колго тийбей, баягы аш бышыргандар арасында.

Ат келээр күнкү түштө Ормонго Капталды жиберишти.

— Баатыр, баш байге милдети сенде экен. Эмне берилээрин айтсын, ырчы жар салып, элге угузат дешип атат?

Ормон буйдалбай жооп берди:

— Мобу жердеги тигилүү үй, иштеп жаткан адамдар, аймакта жайылып жүргөн бодо, жандыктарды бүт койгом баш байгеге. Бар, канааттанбаса дагы кошом!

Каптал чаап кетти.

Бычак бүлөп аткан кыпчак жигит, селт этти:

— Баатыр, эт тууратканы чакырып алып, байгеге сайдым дегениңиз кандай кеп?

— Ээ, тууганым! Ишиңди жасай бересиңби. Менден баш байге алчу ким экен, атпай кыргызда?!

Эл ызы-чуу. Ат келди шекилди. Жээрде атчан бирөө олбуй-солбуй камчы уруп, Ормонго жетти:

— О, баатыр сүйүнчү? Акбакай суруң чыгып келди!

— Болсун-болсун! Баш байге жанымда калган тура,— деп каткырып, отунчу-казанчыларга угуза бакылдады,— аман калыпсыңар. Камсанабай, меймандардын акыркы тамагынын камын жегиле.

* * *

Ата арбагы алдында «мойнумдагы негизги карыз» деп эсептеген милдетинен кутулган Ормон жаны жай алып тынч жатты. Кыш өттү. Күн жылымдап, кар жукарды. Жүнү үрпөйүп, курсагы тасырайган төрт түлүк малдын тууту башталды. Бул учурда жалчыбы, малчыбы, байыбы — баарынын уйкусу бөлүнүп, тынчы кетет. Көрөөр күнү мал менен, алардын кулагы мал үнүндө. Көздөрү мал желининде.

Карамагында короо-короо кою, жайыт кайкалактан жылкысы, кокту толгон төөсү бар Ормон Калыгул менен күн мурда сүйлөшүп, чечмелеп жүргөн пикирлерин жыйыштырып коюп, тууттун кызуу учуруна аралашты. Төө чепкенинин эки өңүрүн кайрып курга бекиткен Ормон койчулары менен. Өлөң капталган күпкөлөрдө козулар чуулдайт. Сыртта кой маарайт. Көтөрүп чыгып козу салышат. Көздөрү маңыроо козулардын адашканын энесин карай түртүп, жериген койлорду кармап, санын көтөрүп, түшөйлөп, жагызат. Бой салбай секирип туйлагандарынын козусунун жонуна туз же чарайна шыбап, кой тумшугун итерип, жалатып, телчиктирет.

Жайыттагы жылкы күн тууйт, түн тууйт. Чыйрак кулундар бат телчигип, кулагын тикчийтип, энесин ээмп ээрчийт. Начарлары тура албай бурандап, жыгылат. Аларды андып, калдайып айланып, көктө жорулар. Саксактап, четинен кетпей жылкычы жүрөт. Чыгашасыздыгын, кайсы айгыр үйрүнөн, кайсы бээ тууганын сурап, аман болсо кубанып, кырсык чалса кубарып, жылкычыны тилдейт мал ээси.

Кыргыз аттуу малдан жылкыга ынак. Жылына жазбай күлүк же жорго туучу бээлерди сырттан багып, ку-

лун ургачы болсо байкоо салбай. эркек болсо тайгандын башына окшош сур кулундун тармал же суйлац жалынан, буттарынын түзүнөн, жамбаштын айтоолорунан сынайт. «Кулуктун сыны кулунда» — деп, эл айткандай, бели нукур, көөдөнү салыкы, соорусу көмөрүлгөн кулун не күлүк, не жорго чыгаары чын. Алар үчүнөн да байкалат. Эликче элеңдеп, мойнун созуп, таноолору дердейдей кишенегенде контуроодон жоон үнгө кулак кубанат. Булар, кезинде, алдынан сууруларган жакшы ат болоору да анык.

— Мынчалык малсаак болоорсуңбу? — деди Калыгул карыя, жылкы четинен жолуктурган Ормонду. Ал күймөлбөй жоон берди:

— Адамдан, малды жакшы көрөм аба.

— Антпегин, кесир болот. Мал адамдын ырыскысы. Адам малдан өйдө турат. Адам болбосо, мал жапайы. Тосоору жок туш-тушка чачылат. Ит-куш жейт.

— Мал семирсе, ооз майлайт — ошону үчүн жакшы көрөм. Адам семирсе, төбө кандайт — ошону үчүн жаман көрөм.

— Анда, «эл башын коштолу» деген аракетибиз, бекер иш экен го?!

— Ай, абам ая! Ошо «семиртпес» үчүн баш коштурайын деп атпайымбы!

Калыгул бырс күлүп:

— Төө жинди! — деди да, бастырып, узай берди.

* * *

Мал ичинде төө жаныбардын кайылышы да азап, тууру да кымбат. Суук түшкөндө, чилде башталганда буура камдап, каймалды чөгөрүп, туруп кетпес үчүн экн тизесин чырмап, тиздейт. Анан буураны да чөгөрөт. Экөөнү жакындаштырып, ээси кол менен экөөнүкүн табыштырып, ишти баштап коёт. Кайылган каймал он экн ай толуп, ошол маал болгондо ботолойт. Ботосу өтө бечел келип, кийинден жабуу жабылып, ылымта жай жасап, же өздөрү жашаган үйгө байланат. Көзү жайнаган үстүцкү эрди тилик, арыстан кулак, тыбыт жүн бото тура калса өркөчү керегеге тенелип, тиз чуудасы сенселсе, төрт тегерек таманы жерге орной, буу-буулап үн чыгарып, эшиктен энеси бөздоп чакырып, жүрөк эзет. Жаныбардын тукуму аз, кыялы калбаат.

Чий башын бурдап жулкуп, күрт бир чайнап жутуп,

боз тикендерди айман, тал аралап чачылып жүргөн төөлөрдү чогултуп жүргөн Ормонго жок издегенсип, элеңдеп келаткан атчан бурулуп, салам айтты:

— Атсалоом малекум, баатыр. Мал-жан эсенби?

— Валекума ватсалоом, жол болсун, жолоочум?

Жигит кол алышып, шар сүйлөдү:

— Жолум кыргыздан көпкө ажырашты эле, эми, минтип кайра кошулбадыбы. Өзүңдү былтыр көргөм. Жалгыз төөнү изден, экинчи жолугуп олтурамын.

— Төөң жалгызбы?

— Баатыр. Төөң көп үчүн... Сен эки катын алгыча, бир катынга жетпей минтип...

Ормон күлдү.

— Издегенің табылдыбы?

— Тетиги, боз ингең меники. Үйрүнө келген тура.

— Ооба, ооба. Мурда меники эле.

— Башта сеники болсо, атаңын ашынан кийин «айгыр» болгон мага тийген.

— Ошол айгыр сен белең! Ха-ха. Азыр да карман кет, чырым жок. Ысымың ким?

— Жаркымбай.

— Жакшы атың бар экен. Кийин бир кайрылчы. Кыргыздан жолуң көпкө кандайча бөлүнгөнүн угайың?

— Куп болот, баатыр,— деген Жаркымбай, боз ингенин айдап жолго түшкөндө баягы аштагы жоругу элестеп, Ормон өзүнчө бүлк-бүлк күлдү.

IV

Мал жалпы төлдөп бүткөн маалда бөксө тоолор, түзөңдөр кургап, ой-тоо жашылданып, жамгыр тилейт. Жамгыр төгүп өтсө, жашыл ырак сеңселип, мал тоюнат. Айран-сүт батпайт. Қыркын башталат. Бай короолорунда отуз-кырктан жигиттер шакылдатып, кой кыркып, бир топтор чогултулган жылкыны четтен кармап, жал-куйругун тонойт. Так ошондо аял бечаралардын түйшүгү чачынан көп. Бир жерде кылдап аркан, жип эшип атканы. Бир жерде кыш бою ийриген сан түрмөк жибине өрмөк курганы. Жоон ийрилген жибинен адырайтып таар согот. Андан көп, баштык, жерге салгыдай шалча жасашат. Түрлүү боёкко салып, ничке ийрилгендеринен кооз куржун, үй үстүн бастыргыдай жазы сызма, үй ичине тарткыдай туш таар бүткөрүшөт. Ак жүн-

дөн кийиз тээп, үйгө жаап, кара жүндөн түгү сеңселген сырт кийим, жаанда кийгидей кементай жасашат.

Бул маалда, кыргызда эркек аттуу баланынына жем алып берип анан өзү ою келген тарапка эркин учкан бүркүтчө айыл-айылдан кымыз уулап, мал сойдуруп, эт жеп сайрандайт. Дөбөгө чогулуп, баш-аягы жок сөз баштайт. Өткөндөн козгойт. Бирөөлөрдүн кемчилигин чукуп, жоругуна күлүп, бирөөлөрдүн баатырлыгын айтып, баш чайкап, пай-пайлап шыпшынат.

Ошондой чарбасынан бошоп, эки кол оозго түтпөй калган маалда, Калыгул арасында Ормондор дөбөгө чогулуп, тээ алыс аймакка көз чаптырып, бакылдап күүлдөп, ууз кымыз ичип жаткан топко Жаркымбай, Нурбай келип түштү. Аттарын эңиш баштанта тушап, чу-чулап айдап... Аттары жүгөнүн шылдырата соксоктоп секирип, бир топ узады. Өздөрү ооз толтура чоң салам айтып, сунулган колдорду кыдырата мыкып, анан катарга көчүк басышты. Токтолбой кымыз сунулду. Биринден шып тартып, экинчисин токтотпой, үчүнчүдө барып, күн нуру түшкөн аяктагы кымызды чайпалта алдылакарына орунтуктап коюшту.

Суусар тебетейин жанына чалкасынан таштап, жалаңтык күрөң жибек чепкенди желбегейленип, жашыл тукаба топучан олтурган Ормон эки жигитти баамдап, ууртунда жымыйып турду. Калыгул карыя көк чыт чапанчан. Кепичин өзүнөн окчун чечип, маасычан бутун чыкыя мандаш урган. Кара көрпө тебетейин алып, төбөсү шоңшогой сур топучан. Көк чалган сакал-мурутун сылап... Көк чөптөн бир тал үзүп, ак ныяладагы кымыздын четине коном деп түшүп калган тырнактай чимелди серпти.

— Жаркымбай,— деди Ормон,— сөз бутактатмакчы болуп,— сен жөнүндө уктум. Боромбайдын коюн бир кышта карышкырга кырдырып ийген экенсиң. Келгениңди угуп, төлөтүп алам деп, атыптыр го?!

— Маматкулга тогуздап айып берип жардыланбаган, мен карышкырга тарттырган «төрт» коюнан эмне болоор дейсиң, баатыр?

Олтургандар дуу күлүштү.

— Эл кыдырып, жер көрүпсүң. Сүйлөй олтур?

Сөз дегенде карга көргөн ителгидей теминчү Жакең, мокок адамча «анан, болгондосоң болуп» — деп, тилин оозуна батпай шилекейине чалынып олтурмакпы? Жаа тарткандай кетти!

...Эр немең, уч кыйырсыз чөлдөрдөн өтүптүр. Жер

астынан төрт аяктан адамдар сүйрөп чыккан кендерди көрүнүп түр. Үй үстүнө үй улаган шаарларга таңыркайт. Жээги туруп, чеги жок деңизге баш чайкайт. Кыргызда: «колдон муздалбагандын баарынын эти макүрөө»— делинчү. Жаркымбайдын айтуусунда дүйнөдө арам тамак жок болуп чыкты. Себеби, ал, бака-шылактан даярдалган тамак жептир. «Ширинпиен тилим жарылды!»— деп бакылдаса, чукул олтургандар кийиндей качты. Калыгул абасы атын укканда, төбө чачы тик турчу чочконун этин алтын тактыда олтурчу жарым падышалар, ойда, былчылдата чайнап, шараң кошуп шимиргенин көрүнүп түр. Чет эл тууралуу, алардын заңы, ырым-жырымы кыял-жоругу тууралу Жакең саймедирең сүйлөп турганда, уккандардын оозу ачылды да, кулагы делдейди.

— Кыргыз, ырысын көтөрө албаган зөөкүр экенбиз! — деди бир оокумда мандашын жазып, алдындагы кымыздан шимирип алып,— арам-адал деп, жандарды экиге бөлүп. Бала кезимде укчу элем: «отуз күн ооз бекиткен орозону ач пайгамбар чыгарса керек» — деп. Пайгамбарлар деле атадан жаралып, энеден туулуп, бизче адам болсо керек. Адам болгон соң адамдарды кагыштырыш үчүн «мусулман», «каапырды» ойлоп тапса керек?

Ормон бүлк-бүлк күлөт. Ар нерседен кабары бар Калыгул карыянын көзү үлпүлдөп, санаасы сапырылып, ойго батат. Жаркымбайдын керт башын, сыр катпаган жаркындыгын чын ыкласында жактырса да, дини башкалар менен туз даамдаш болуп, мээси дүүлүгүп, курандын ыйык жобосуна тил тийгизгенин сүйбөй кабак чытыйт. Асан атанын сөзү да Абылбай хандын вазири айткан алты сап ырды эсине түшүрөт:

«Мындан соң кыйла-кыйла заман болоор,
Заман азып, сан тозуп жаман болоор.
Карагайдын башына чортон чыгып,
Бабалардын доорону тамам болоор.
Ал күндө, карындаштан кайыр кетээр,
Хандан күч, карагайдан чайыр кетээр...»

Ормон Нурбайга кайрылды:

— Кененсары атадан калган ордосун чыңап, башка элге каршы элин тукуруп атса, башыңды коргоп, быякка качканың кандай?

— Ал ырас го. Бирок, мынабу Жаркымбай баарынан ысык болду маган. Жайына койсоң, бул, адам түгүл жыланды ээрчитип алгыдай. Бир боорбуз, бир

туганбыз. Экөөбүздүн түп атабызды бир «айгыр» караган «бээ туган» дейт да, кулак-мээни жейт!

Мурутун чычайткан бирөө бөк түшүп:

— Кенесарыцар ким? — деп калды туурадан.

— Кенесары Абылай хандын тукуму,— деди Калыгул,— Насили Чыцгыз хандан таралат. Чыцгыз хандын өз аты Темирчи. Темирчи түрк уруусунан. Апасы моцгол кызы делинет санжырада.

— Бө, дацкы таш жарган немелер тура!

— Шон үчүн өздөрүн төрө тутуп, аймагындагы элге баш-көз сезишет.

— Он сегиз төрө болушкан күндө да,— деп бир четтен Каптал сөзгө кыпчылды. — Абылай ханды, кезинде бизден Эсенгул, Белек деген баатырлар талкалаптыр. Жецилген немелер Хан Садыр үчүн кун төлөшүп бүлүнүшүптүр го?

Каптал ар сөзү сайын Ормонго жалт каран,— «Ушундай эмеспи? Чын эмеспи?» — дегенин билгизе, жылмацдап коюп атты.

...Абылай хан кезинде тоо арасындагы элге жортуул жасап, Талас тараптан кол салат. Аркалыктардын барктуу ханы Садырды баласы Доскул менен колго түшүрөт. Бирок жакшылыкча кетирүүнү ойлойт. Иш эт тартканда бузулат. Алдыларына табак келгенде башты баласы алат. Ал абалы куйканы тик тилип, эки жакка жулуп салат. Эки кулакты түбүнөн шарт кесип таштайт. Эки көзгө бычак толгоп оюп, мурунду кецкейте кесет. Каракушту омуруп, мээни дасторконго кагат. Кацылжаар кацтарылып, баш эби жоголуп, балжа-булжа болот.

Доскул кантип айтканда, кычык сөз ханына жетет.

— Муну өлтүрбөй, биз тынчыбайбыз!

— Не себеп?

— Баласынын баш бузганы, кайрылып келип, бизди дал ушул баштын өзүндөй балжа-булжалайм дегени.

Оо, илгерте, оң ишти, кээде ошентип, колтугунан баш чыгарып, тил соймоцдотчу «жыландар» бузуп келген. Абылай касиетинен ажыраган башты дасторкону менен алдырып көрүп, төлгөнүн чындыгына кумсарып, жакшылыгынан баш тарткан. Садырды өлтүрүүгө буйрук берген. Садыр башы чабылаарда эл башчысы Эсенгулга керээз таштайт:

Түбүнөн баатыр Эсенгул,
Жүрөккө түй кебимди:

Кызыталак Абылайдан,
Эки эсе ал кегимди.

Садыр олтурулгон соң Абылай Ысык-Көлдү басат. Күнчу элиндеги Тыныбек дегендин беш жүз түтүнүн кыйратат. Кыз-келинин олжолойт. Тогуз кыз чачын түйүштүрүп, жар башынан көлгө бой таштайт. Тыныбектин колго түшкөн Канышбү деген кызы боздоп кошот:

Андоостон келип баскыдай,
Ашара айылым чашкыдай,
Арбак урган Абылай ай,
Алты ата өчүң бар беле, ай?!
Желөөлүү жерим капчыгай,
Жети түндө баскыдай,
Жетесиз кашкор Абылай,
Жети ата кегиң бар беле, ай?!

Жыйырма миң кол менен Кара-Коого келет. Чакмак мүйүз, сом күйрук кочкор таап, мазар жанына союшат. Кол башчылары шаран ичип, мас болуп, «ыйык» мазарды булгап, шылдыңдашат. Мазар башынан баарлар атылып, бир жагынан жамгыр боройлойт карга айланып, ар ким жаны менен алектенип атканда, жете келген Эсенгул менен Белектин колу Абылай колун капысынан басып, тымтыракайын чыгарат. Бир баатырын колго түшүрүп, мындан ары чабышпоого мылтык оозун өбүшүп, достошот.

Азыр ошону эске салышты.

— Тосмого тирелген сел... Акыры багытын каптабай көйбойт. Көрбөсөм экен эки бир боор элдин кырылышын! — деп Калыгул карыя сыбызгыта үшкүрүндү.

* * *

..Калыгул таштаган оор сөздөн кийин жыл өтөт. Андан да: «жылкы жоголду», «кой уурдалды», «баланча айылдын жигиттери түкүнчө айылды кызыл уук кылып үркүтүп, кыз-келинин маскаралаптыр» — деген, дуу-дуулар басылбайт. Денени мээ башкаргандай, аларды тескө салчу, шогун колго чаап, уурусуна айып тарттырчу — адамдарга адамдан башчы керек го? Тим койсо ар өрөөндөгүсү өздөрүн өзү билип, ээн баш болуп кеткидей.

Ушундай, жана дагы көңүлдөгү максаттары боюнча небактан ой долбоор кылып жүргөн Ормон катуу даярданып, Арка элинин «бир» дегендерин түгөл чакыртат.

Алар теке айынын ортосунда «жер ортосу» деп, Көтмалдыдагы чоң суунун боюна, кең сазга чогулушту. Көптү көргөн Дааныш бар арасында. Анын олтуруп аз сүйлөгөн, бирок таап, таасын сүйлөгөн Калыгул бар арасында. Ормон менен табышып алганга ичинен кымылдан Качыке олтурат. Өзү Ормонго эки ата өтүшкөн туугап, күчү үч аюудан ашык, чап жаак, бойду кудай берген Төрөгелди олтурат. Мүнөзү муңайым, өзүн карамагындагы элдин мазарындай сезген Боромбай төрдө. Көзү карышкырдыкындай тикирейип, оттонуп, чабыш менен жортуулду эле самаган жолборс жүрөк Балбай мында. Сары-Өзөн-Чүйдөгүлөрдү көлдөй токтотуп, суудай бурчу Жанкарач, Таластагы калкты Манастан тийген «энчисиндей» көрчү, Ажыбек да бар. Тынай элин кыбыратпай башкарчу Жантай, курчтугу шилтегенди таарып түшчү Алыбек да аралашкан. Булардан башка да угуучу катары чакырылган Пишпек, Токмок чептеринин бектери. Не себептендир Куртка чебинен киши келбеди.

Масилет козголду. Сөз ары чоюлду, бери чоюлду. Кыргызды баш коштурган Манас жөнүндө эскерилди. Делинип бүтүп, иш ийине келген соң Ормон айтты:

— Кыргызда бир эле «кызыл тебетей» болот. Ошол кызыл тебетей ким болсун?!

Тык-тык жөтөлүү, шыбырт-шыбырт козголуудан кийин а-бу дешип, мукактанып барып, акыры бир ооздон:

— Өзүң бил! — дешти. Калыгул тамак жасап, тизе какты. Ормон аны жалт карап алып, бажырая түшүп:

— Мени макул тапсаңар... Ырымыңарды жасагыла? — деп колун төшүнө ала таазим кылып, үч жүгүндү.

Дуу эте төрт жигит даяр. Ак кийиз жазылды. Ормондун башына кундуз жээктелген, төбөсү бийик кызыл тебетейди кийгизишип, «такты кийизине» олтургузушту. Олтургандар дүр эте орундарынан турду. Ишине ийгилик тилеп, кол жайып, бата этишти.

Ормон эми буйрук ээси. Жүзү тамылжый, каргылданган үнү менен:

— Айыл кол башчылыгына... Кетиркей уулу Алыбек дайындалсын?

— Болсун.

— Болсун.

— Жоо бетине... — деп Ормон үнү чыкканда, Балбай ач бүркүттөй кабак серпип, моюн созду. Бирок, башка ысым аталганда кулагына ишенбеди. — Төрөгелди белгилепсе?

...Муну айтышгын себеби бар: Кочкор этегиндеги Орто-Токойдон жолборс чыгат. Чубалжыган кызыл чаар ал камыш аралап жылып жүрөт да, өйүз-бүйүз тоолордон сууга түшкөн жейрен, бөкөндөрдү лып басып, жара тартып, күрүлдөп, тытып жейт. Кийин кишиге кол салчу болду. Бирин-серин жолоочулардан үч-төртту майып кылды. Жолоочулар чукул жолдон качып, узак жолго түшүп, ашуу ашып, арып-азат. Жол азабын көргөн ар ким даттанат. Акыры, кишичил жолборсту жоготууга эр-азамат чогулуп, токойго уу кылды. Курал алып, туш-туштан акмалап, камыш аралап, издешти. Куу камыш ширелген үйдөй талдын түбүндө ак чандыр эргулуп, эшик төрдөй болуп жаткан экен керилип. Көргөн жигит жапырыла кол шилтеп, кийин качты:

— Жатат!

Жулкунган кара жал сур ат үстүндөгү Төрөгелди камынды. Чепкен, тебетейин таштап, кыска жең күрмө тондун курун бекитип, жалаң камчычан бастырды. Бирөө:

— Ээ, кокуй! Ал муну? — деп, темир аштаалган найзаны сунду.

— Итке эмне найза! — деп койду узун бутунун тизеси аттын омуроосун сүзгөн, энөө. Колундагы камчысынын сабы билектей. Өрмөсүнүн өзөгүнө создура коргошун оротуп, учуна да коргошун уюттуруп, өрдүргөн. Чу десе аскага жазганбай тийчү аты жулкунуп, тизгин сол колдо. Оң колунда оңтойлонуп, камчы.

— Жардырып жиберип, шерменде болбогой элек? — деп, чый-пыйы чыккан беркилер жарданат. Далысы эңкөө, кулагы калдайган Төрөгелди жолборс жаткан талга улам жакындады. Ана! Жалындай кызыл чаар жолборс күрр этип, бир атылды. Камчы да шилтенди.

— Алгыла! — деди бура тарткан неме. Күчтүү колдон шилтенген камчы учундагы коргошун жазы маңдайга дал тийген экен. Мурдунан кан аккан жолборс капталынан жатат.

Ошондон «жолборс чапкан Төрөгелди» аталып, даңкы элге дароо дүң дей түшкөн. Аны сырт жоого каршы колбашчылыкка койбоско болобу? Азыр Ормон сунуш кылганда ага да эч ким каршы чыкпады.

— Болсун.

— Болсун.

— Жигит башчылыгына Шаменди көрсөтөм?

— Болсун.

— Ылайыктуу.

— Агайын! Менин жардыгым бул,— деп өтүнүү Ормон,— жайылган мал алды тосулбасын. Уруу жоголсун. Атка кишен салынбасын. Кокус мал уурдалып кармалса, бирге үчөө төлөнсүн. Эрдин куну — жүз жылкы. Аял куну — элүү. Уурусун койбогондун башы байлоодо болуп, малы талоонго кетет.

— Мунун жөндүү кеп! — деди Лааныш.

— Жүйөөлүү ич.

— Жүйөөлүү ич.

— Аткарылсын!

Жардай көк кашка бээ кыбыла багытталып, жалпы бата тиленип, ак түлөөгө чалынды.

* * *

Ошентип, Ормон Аркалык элинин башына турду. Бирөө өрөөн өрдөп, суу кечип, бирөө кыялай бастырып, ашуу ашып, чогулгандар өз-өз айылына кетти. Ар кандай ишке жумшалчу, ар кандай буйруктарды аткарчу беш алтыдай жигит, жигит башчылыгына дайындалган Шамен гана Ормон мандайында.

Аймагына чексиз бийлик жүргүзүү укугуна жеткенсиген Ормон үйүнө батпай, эки жоон санын алма-терме мыткып, көңүлүнө чакырууга келбеген Куртка бегц кайра-кайра түшүп олтурат эле. Бийлик саамалыгына оңуна кетеби же кандай эшиктен Жаркымбай кирди шоп этип. Анын мурдагы шуулдаган мүнөзү жок. Буудай жүзү саргарып, чийкил бети кубарган. Ойноктогон чекир көзү жоош.

Улугуна таазим этип, салам айтты.

— Оо, кел!

— Келгени курусун. Ишим айран, баатыр...

* * *

...Белен өргөө, атка жеткен Нурбай, Жаркымбай тиричиликти кандай баштаарын билишпей төмөнкү Сарыойдо турушат. Айрыкча казан асып тамак даярдаарда күңкүл азил:

— Баягы боюнча «ургачыга» айланып кетсең кудай берет эле го! — дейт Жаркымбай.

— Шо боюнча «айгыр» болуп калсаң, теминбей ыргып минип, алкынтып бастырып, мен да жыргаар элем

го! — дейт Нурбай. Экөөнүн бактысына жесир кемпир жолукту. Бизди бала кылып алыңыз. Үй мына, жай мына дешип өтүнүшөт. Ал киши да макул болот. Үй караары бар энелүү экөө, капкандан бошонгон карышкырдай колу-жолу бошойт. Ээрчишип Ат-Башыны карай бет алышат. Жаңылып калбаса, аякта Жаркымбайдын таяке-тайы боло турган беле?.. Мына, ошо илнжилик жардамын издемиш болуп жүрүп, ыгы келсе катын алуу максаты, экөөнүн.

Оо, байлык болсо, кыз кылтактанып, өзү сүйрөлөт, жигитке. Колдо болсо, жалт караган койгулт көзгө, бурала басып кыйгачтаган ургачыга көз чаптырып, капынмай, чиркин оокат!

Тескейи карагай, этеги жашыл ыраң, чакан түзөңчө. Ошондо үч үй. Берээгиректеги кой жаткан короо, жанында жалгыз үй. Аркы үйлөрдө аттуу-жөөлү адамдар. Экөө беркиге түшүштү. Балпайган кара кемпир эшик алдында үйгө сүйөнүп, жүн тытып олтурат. Аттарын кош байлоолоп, учурашты.

— Апа, күүлү-демдерсизби?

— Мал-жаныңар эсенби?

— Көтөс! — деп кемпир, чочуп алды. — Кудая шүгүр. Келгиле айланайындар. — Кыбыңдаган экөө олтурду. Кемпир жүнүн таштап, бөкчөндөп туруп, кумгандагы сууга кол чайкады. Үйүнө кирип, чоң аяк жуурат көтөрүп чыкты. Аны берип, кайра кирди. Сыр аяк толо каймак, кашык салып келип ортолоруна койду. Жууратган каап уурташып, каймактан кашык толтуруп сугунуп, жайлуу. Кемпир бейкам. Кайра олтуруп, жүнүнө киришкенде, Жаркымбай сыр чечти:

— Айыл кимдики эне?

— Сарыбайдыкы. ...Жалгыз баласы бар эле. Былтыр колукту алып берип, тою өтүп... өлүгүнө чайындар, тоюнда улак тартышып... баланы ат тебелеп өлбөдүбү. Ошо баласынын ашын берген. Бүгүн арты го. Үйдөгүлөр ошоякта жүрүшөт.

— Силер ким болосуңар?

— Ок, көтөс! Ип, ошо Сарыбайдын коюн багат, уулум.

— Сарыбайдын жалгыз беле, баласы?

— Ооба, жалгыз болчу. Бойго жеткен кызы бар. Атанын этин жегир. Кыз бала... башканыкы өңдөнүп туруп алат тура.

— Кызынын аты ким?

— Кожом колдо!.. Ушу чочумайым жаман. Киши ка-

рыган сайын келесоо болуп калабы. Кызынын атын сурадынбы? Саксай. Өзү да атасы кебетеленип, саксайган неме.

Экөө кемпирге көш айтышып, айылга бет алды. Далычы кебетеленип, айыл ээсинин атын билип алганга Жаркымбай күшүндап, Нурбайга көз ымдайт.

Сарыбайды коюлган атына окшоп, жүзү табактай, мурду бийик, бет отунун көк тарамыштары кыймачийме жондонуп, кан тепкен. Сакалы сансайып, муруту оозун жапкан аюудай неме экен. Ышкын түбү келишкен жаргак шымга күрмө тонун шымданып, жол боюна орнотком калмак таш кебетеленип олтурупту. Экөө нийилип, учурашты. Төмөнүрөөк көчүк басты. Аркы капшытта чачы жайылып, ак жоолук салынган, бойтойгон кара тору келин. Эр кызыкчылыгын көрбөй жесир калган ушул окшоду. Ал жыл бою кара салынып, тетири каран, бүгүн гана оң каран олтурууга, ак жоолук салынууга уруксат болгондуктан, али да адамдардан көзүн ала качып, жалтанч. Катарында балтайган сары кыз. Жанагы кемпир айткан Саксай го? Саксаймактан апсайып, балгаймактан талпайып, белине кучак жетпесин. Буйруп эле калса кана?!!

Жакеч куранды чын билеби, же байга жагынуу үчүнбү, «Авуузи» деп, ачык баштады да калганын купуялатып, божурап окуду. Деле тасыган чоң молдочо узакка кетти.

— Оомийин! — деп кол жайып, эриндери бүлкүлдөп, бата тиледи. Шондон кийин колго суу куюлуп, эт келди. Желген соң табак жыйылып, «Молдо» куранын кайра баштады.

— Оомийин! — ачыкка чыгып. — Баланыздын арты кайырлуу болуп, оо дүйнөдөн кабыл, ыймаңы жолдош, жаткан жери жайлуу болсун! — деп таштады, кайран Жакеч.

Сарыбай түйшөлүп, малдашты жазып, кеч багелектен жалтыраган таманын Жаркымбайга карата сунду. Баласынын кайгысы менен көзү үлүрөйгөн неме, суроо салды.

— Жол болсун, жигиттер? Биздин айылдан эмес, чоочун окшойсуңар?

— Көл тараптан келатабыз.

— Кайсы элге, кайсы урууга баратасыңар?

«Кап. Кемпирден уругун сурап албай?» — деп, айгапта болгон Жаркымбай ашыга деп калды:

— Черик элинде илик-жармам боло турган эле...

— Чериктер, тиги түштүк тарапта. Биз Тынымсейит болобуз.

— Баары бир эл да, аксакал.

— Кантип бир болот. Экөө эки башка журт.

Жакең сөздү быягынан имерди.

— Бир дегеним... — деп баратканда Саксай кызга көзү уруна түшүп,— Сарыбай ата! — деп жиберди. — Ата-энеден кол жуугамын. Тыяк-биякта жүрүп... Бу жолдошум экөөбүз тең бойбуз. Эптеп, таякелерим табылса...

— Таякеңдин ысымы ким эле?

— Арадан көп жылдар өтүп, эстен чыгып атпайбы... Ушу сиздин атка эле уйкаш боло турган болчу.

— Таяке, жээн дегенге пир болот! — деп чыгып кетти Сарыбай.

Экөө кайда шашмак, аттарын өздөрү тушап, отко коюп жай. Жат-жатка келгенде кыз-келин өргөөгө кетип, экөө Сарыбай үйүнө түнөштү. Мал ээрчиген байда эмненин жууркан-төшөгү. Зал-зал өрө кийиз, күпүйгөн-күпүйгөн көлдөлөң. Кийиз бүктөлүп башка жаздалып, көлдөлөң жамбашка тийип, өз чепкендерин жамынып, жатты. Эткээл киши уйкучу болчу эле. Негедир бай тынчы кетип үшкүрүнүп, жөтөлүп, ооналактап. Бу экөө чепкендерин баштарына ороп, шыбырашат.

— Берсе, кудай ушундан берсе.

— Мен да сону ойлоп турмун.

— Бирөө эмес, экөө экен.

— Келин дейтини... типти, он алтыдан өтпөптүр го, бейчара. Алиги, сен сөйлеп аттың гой, сондо, көзүнө көзүм урунуп... Байкадыңбы, келинден кызы үлкөн көрүнеди.

— Үлкөн болмоктон, тиши түшүп калса да гана колго тийсе!

Таң атты. Жайыттан жылкылар айдалып келип, желээге кулундар тизилди. Турган экөө агын сууга жуунушуп, шашаар эмес. Тээтигинде тушалган аттары. Аларды алып келип, аттаналы деген буларда ой жок. Кара жал тору бээге жайдак минген Сарыбай жайылган кой жакка бастырып, жылкы тоскон болуп, кырга чыгып, карагай этектеп алыстап, сырттан багып, үйүнө жолободу.

Жаркымбай узун кайың саптуу кыргыз балтаны алып, карагай дөңгөчтү күрс чаап, шатыр жарака түшүрүп атты. Сарыбай үйү ээн. Аялы кыз-келини жаткан өргөөгө кирди. Өргөө жанында оподой сары дөбөт жа-

тат. Нурбайдын эс-дарты мына ошол дөбөттө. Бир амал таап, аны үйралтпаса, адамды жибиз тушатыдай. Аяз кеткенде үйгө шып кирип, ашканадагы бышык эттен бир тоголокту жанга басып чыкты. Үйгө сүйөнүп олтуруп, итке үзүп ыргытты. Аш шарапаты менен канга тоюп, сөөктөн тажаган ал өзүнө тийип, алдына түшкөн этти баса калбайт. Абалы тиктеп, анан мурдун салып жыт искеп, тили менен имерип алат. Нурбай ыргытат:

— Мә, кел достосоюк!

Жаркымбай балта таяна бажырайт:

— Эмне кылып атасың?

— Ие. «Ээсин сыйласаң итиңе сүйек сал!» — дейт го. Абалы муну алсам. Сонсоң байкасып көрөрмүз, ар жагы менен.

— Жүйөөлүү иши бар экен!

Алыстагы Сарыбай бул окуянын ырпын чыгарбай көрүп атты. Дөңгөчкө балта чабылганда: — «Жарып бер деп качан айттым эле? — деп күнкүлдөйт,— колдон суурулган неме окшойт. Уктап атканда бир мандем кылып... Малды айдап кетчү немеби? «Бойбуз» — дейт. Эмне кылайын? Бирине кызымы, бирине келинимди берейинби?! — Ийе. Ошентсе кантээр эле? Мал багаарга да киши керек. Бала-чакалуу болуп оңун жүрбөйүн? ...Отун жарганга ишенин болбойт. Тигиси, коймаарегирээк окшойт. Анысы, итке эмне ыргытып жатат?.. Ой, бу экөө шектүү. Айылдан жигиттер алып келип, бутуколун чырматып, чепке жиберсемби? Шылтоо жок уят болбоюн? Дагы бир күнчө байкасамбы?..

Билбеген уу ичет дейт. Сарыбайдын арамза тиктөөсүн, кыймылдарын сырттан байкаганын экөө билбеди. Саксай сааган бээнин кулунун Жаркымбай салып, бирдеме жөнүндө сүйлөп, кыз жыйрылып төмөн карап, үйралышып, жооп берип атты. Нурбай жакындаса сары дөбөт куйрук булгап калыптыр. «Итим менен кызым буларды ээрчигени калышкан го? — дейт Сарыбай. — Анттирбе-ейм!»

Айтор, Нурбай да келин менен сүйлөшүп, атынын Коргол экенин билип алууга үлгүрүптүр. Терисине батпай сүйүнүп, жолдошуна айтканда, ал:

— Коргол түгүл тезек болуп калсын, сырыцы айтып жабыша бер. — Саксай да мага көп чунаңдагыдай эмес. Ала качайын десем, «Атам катуу киши, байкагын дейт» — деп, кудуңдап көз ымдады. Экөө кудуңдап, күңдү батырып, түңдү түшүрө албай жүрүнкөндө, бай кумсаңдан, сыртынан жөргөмүштүн желеси менен ча-

тып, чырмап койду. Кечээги маалдагыдай жат-жакшы келип, төшөккө башы тийгенде, барылдатып, коңурук баштады.

— Кудай берди! — деди Жаркымбай, Нурбайга шыбырап,— жыландай сойлоп, дабышсыз жөнө. Ишиң оңунан чыкса көп буйдалбай келип, мени кийрип кой, ити сага үйралып калыптыр?

— Ие, макул. Ал энди, жаксы жат. — Ооздон күтүүсүз чыгып кеткен «жакшы» жатты, бир азаптын болоорун сезими алдын ала туюп айтты бекен? Же... Жаркымбай жолдошун күтө берди. Күтүп, зарыгып тынчы кетет. «Жинди! Кепебейт го? Чагышып калганбы?!» Убакыт өтүп барат. Акыры чыдамы кетти. Жылып сыртка чыкты. Өргөө жак тынч. Денеси дүүлүккөндө тобокелге салып жөнөдү. Жүрөгү туйлап, аптыгып, эшикти серпип ача берээрде шилиснне салмактуу нерсе согулду да, көзүнөн от чыга кулап түштү.

...Бая, күндүз, Сарыбай башка айылдагы бөлүнгөн малды бөрүдөй илген ууру, ары жортуулчу эки шылуунга барып, иш жайын түшүнткөн. Акыларына семиз тай убада кылып, «кыргызын ууру экен деп, чепке жеткир. Кыйнап сурайбы же зынданга таштайбы, болбосо асып коебу, өзү билсин. Казагын кишен салып, өзүңөр карман тургула. Каралаары жок жетим экеннне көзүм жеткен соң бүлө кылып алам. Анын акысы да болот»,— деген. Арамзанын коцуругуна ишенген экөө колго түштү. Шылуундар бай тапшырмасын так аткарышты. Ууру деп тапкан Жаркымбайды түн катып, чепке жеткирип, кокондуктардын колуна тапшырды. Чуу менен шорго башынан жакын Жаркымбайдын бутуна кишен салынып, колу кайышка бекилди. Өңү-түшү экенине көзү жетпей чеп ичинде, боз тамдын караңгы бурчуна жөлөнүп туруп калды.

Арадан бир топ күн өттү. Тамакка жарыбаган «ууруунун» өңү азды. Жырык этек, кара чапан сарбаздардын адамгерчиликтен тыттай жылацач экени, башкалардын тагдырын кабыргасын бит чаккандай көрбөгөнүнө Жаркымбай көзү жетти. Же чычкан болуп ийин казууга киришпейт. Же чымчык болуп өйдөгө учалбайт. Кабар алган жан жок. Карап коёр сарбаз жок, тиричиликтен бөлүндү. Сындырым нан менен карапа чөйчөккө сүт алып келген неме бир билегинен кайышты чечип, айтты:

— Мусулман пендеси, бешенеце шуну жазган экенку эртең азан чакырылганда даргага асмай болду.

Жаркымбай уккан кулагына ишенген жок. Апкаа-

рып корккон да жок. Анды чайнап, сүттү жутуп алды. «Кандай да болсо кутулуп кетүүм керек!» — деген бир ишеним көөдөнүн тээп, көзү от чачты. Тан жаңы кылайган. Ак селдечен сопу тепкич менен сереге көтөрүлдү. Эки колун ыйыгына ала:

— Аллоовуу... — деп, мукам үнүн көпкө созуп,— ахварр! — деп, таң тынчын алганда колдогу кайышты небак кырчып салган Жаркымбай, кишен чынжырын тепшидей кызыл ташка артып, табактай кара таш менен былч коёт. Көтөрсө оор, кыры темирдей курч таш үчүнчү согулганда, чынжырдын шакеги ыргыды. Чеп эшигин сопу ачкан. Берки бурчтагы акырда кыркаар байланган ат. Жаркымбай өзүнчө окчун байланган, жышылган жезге түспөлдөш сары аргымакты шып чечти да эшиктен чыгара каргып минип, чу койду. Ма! Жолчандай аргымак зымырап, куйрук көтөрө тезек таштап... Жаркымбай өркөчүнө жабыша шыйрагындагы кишенинен чынжыры шылдырт эте, өбөктөй кылчайып барат. Сопу азанын коюп, ууру качтылап... уйкуга мас сарбаздар дарбып, куугун башталды. Жаркымбай өзөн бойлой, токойго урду. Кыялай адырга салды. Барган сайын аргымактын соорусу чыңалып, онтоосу күчөп, чычаңынан шатырак бүркүлө, маанисе кетип барат. Буттары чалыштап, арымы азайды. Алдыңкы сарбаз карааны көрүндү. Топусу шамалга учкан ал соксоюп, чепкен өңүрү артка кайрылган. Мата көйнөктүн көкүрөгү ачыла түшө дагдаят. Колунда кылыч. Кыйкырып, кылычты булгалайт.

Акыл токтотуп, амал таппаса колго түшкүдөй. Түздөн бура тартып, тик бетке салды. Корум таш. Өйдө жагы чыргай. Андан ары катмар-катмар адырлар бийиктейт. Сары аргымак туягы кумду эшип сүрүлүп, корумду катыратып, мүдүрүлүп, оңкочук атты. Жаркымбай учуп түшүп кайра минип, өпкөгө тепкилеп бастырды. Бийикке аргамжы бою зорго көтөрүлгөн ат дапдырап, солуп жылбайт. Арткы куугун кирип келди.

«Атаңын арбайиге... Токто. Кутула албайсың!» — деп сөктү. Жаркымбай акылын жоготпой, ашыкпай, төрт аяктап өйдөлөдү. Тигинин аты тың экен ойрумалап бастырып келе берди. Сөгө берди. Арткылар жана чукулдады. Кетип бараткан Жаркымбай ташты копшоп, түртүп ийди. Таш улам катуулап, таштарга тийип, кошула толгон таш кулап, чаң чыкты да калды. Таштан дагы кулатты.

Бийиктен кулаган таш кандай сүрдүү, кандай кор-

кунучтуу. Куугунчулар жапырылып, тетири качты. Таш кулатып, Жаркымбай улам өйдөлөдү. Аны колго түшүрө албасына сарбаздар көзү жетти. Кутулганына өз көзү да жетти.

Жаркымбай Сарыбай айылына кайра кайрылып, колго түшсө, оң таппайт. А көрөкчө тирек издеп, этегин кармап, Нурбай дайынын алыш керек. Ошол ой менен үйүнө келип, Ормондун «кызыл тебетей» болгонун укту да, тигинтип, датын айтканы үстүнө кирди. Бул жорук шылтоо таппай турган Ормондун чырагына май тамызды. Ал Жаркымбай сөзүн баштан аяк угуп болуп, күмүш таякча менен керегеде илинүү турган жез табакты заң эттире чапты. Үйгө жигит башчысы кирди.

— Алыбекке киши чаптыр. Буйдалбай келсин. Айыл жигиттерин чогулт, куралдансын!

— Жардыгың кабыл.

Жаркымбай жүзүнө кызыл жүгүртүп, үшкүрүнүп олтурат.

— Сарыбайдын кызын эмес, малын кошо тарттырып берем! — деди Ормон, кара санын мыткып,— менин элимди бейжоопсуз ууру тутуп, даргага асмакчы болгон бектин чебин күм-жам кылабыз. Анан андан ары жүзүн тетири буруп күңкүлдөдү. — Кош бийлик жүрбир эле бийлик болот. Аны өзүм жүргүзөм.

Эртеси Алыбек келди. Соот-чопкут кийген анын ийнини чыгып, кара каш алдында күрөң көзү от чачат. Кер кашка ат минген ал, көк түс айчык туу жанына келгенде, ондой мылтыкчан, кылыч байланган, көбү куу найза өңөргөн кол жүз башылардын артынан сапка турду. Чепке аттанган колуна ийгилик тилеген Ормон кундуз тебетейинин төбөсү шоңшоюп, күрөң чапаны шөлбүрөп дөбөдө. Сурнай тартылып, керней бапылдап, кол дыкандап, качан Ормон таазим эткенде, Алыбекти ээрчий чубала берди. Булардын арасында Нурбайдын тагдырын ойлоп, Жаркымбай да баратты.

V

Кол кеткенден экинчи күнү Качыкенин жигити Ормон үстүнө кирди. Бүктөй кармаган камчысын көкүрөгүнө ала таазим этти. «Убада боюнча иш жайында, токтоосуз келсин»,— деген аманат саламды айтты.

— Болсун-болсун! — деди Ормон баш ийкеп. Бирок,

«колду чепке жөнөтүп өзүм быякка кетсем, кандай болоор экен?» — деп, ыргылжын. Жайра туруп, жаштык делебеси козголо, колун жумшак серити. Жанындагы жез конгуроону чайпады. Дароо Каптал кирди.

— Качыке айлына аттанабыз эртең. Кам көр. Кулдук ураар куда башын дайындап, бүгүн жылкы айдат.

— Куп, орундалат!

...Ныязбек ашы бүткөндө Ормон Качыкенн ыраазы кылып узатат. Атасынын жашыл нооту тыпталган, жакасынан бери бүт күндүз ичиги менен калтар тумагын кийгизет, ээр жабдыгы алтын-күмүштөлгөн шилдей боз жорго минтизет. Атанын өзү урунган буюмдарын тартуулаган сый-урматтын түп маанисине балкыган Качыкенин дилине терең ой түшөт. Анысы, Ормонго элинен тандап кыз алып берүү. Бул ишке чечинин киришти. Жигиттерин ээрчитип, ал айылга барды, бул айылга барды. Буту-колу түз, бети жука, көзү жайнаган, жүүнү тирүү кыз издеди. Кыз менен коштошерин издеди. Анткени, Качыке баамында уйдан мурун жалаган музоо эле туулат. Жорго-күлүк жылкыдан чыгат. Кыраандар — куш менен бүркүттөн. Тиштээктер — коргоочу иттен эмес, тайгандан алынат.

Көп айыл кыдырып жүрүп, издегенин Дааныштын үйүнөн тапты. Кыраа залим Качыке баамдан отуруп, Укенди сынына толтурду. Бирок ал жаш экен. Чырпык узарат. Жаш өйдөлөйт. Эки-үч жылдын ар жак — бер жагында бу да көзгө көрүнөөр. Томуктары катып, далы кеңелип, төш домпоёр. Көзү бышып, кирпиги ансайын кайкалаар. Береги чапчандыгы тынчып, кайраты акылга сиңип, иши так болоор чиркин! — деп чечти.

Качыке, Дааныш менен жеке сүйлөштү:

— Даке! Узун сөздүн кыскасы: кымыздуу үй менен кыздуу үйгө ким келбейт. Кызыцыздын башы бошпу?

Карыя катуу чочуду:

— Ате, ташка тийген ушул сөз айе! Жүрөгүмдүн толтосунда отурган ушул чырагым үчүн... ушундай сөздү укпасам экен деп, үрөйүм учуп жүргөндө... Ате, ит жегир сөз айе! Канча кылган менен кыз ушунусу менен кем экен го! Ате, сөз айе!

— Кантет, жарыктык! Бала болуп кеткенсинби?

— Бамыран калайын. Баланын да баласы бар. Көп кийимдин ичинде да бир кийим болот. Көп буюмдун ичинде да бир буюм болот көңүлгө жаккан!

— Жакшы «буюм» үчүн Качыке башым менен келип олтурам го?

— Аның талашсыз. Ит болгондо... Кыз бала тагдыры жүрөгүмө бычак уруп атпайбы! Эркек балаң адамдын ургуру болсо да шалпайып, үйүндө жүрө бергидей. Ай, кыз чиркин! Анын үйдөн аттанып чыкканда да жолу ачакей. Жыргаар жерге барабы? Ыйлаар жерге барабы?

— Кантесиз. Мен ыйлаар жерге баштаймбы!?

— Качыке! Көргөн-билгенимди салыштырып-салмактап, суроо коюп, жооп берип... Туюк таштап, жандырып жүрүп, ой менен чачым агарды. Кыздын барган жери канчалык жетиштүү болбосун, ал, толук бакты болуп эсептелбейт! Кеп ошондо. Акылым канчалык чарчабасын, жанымдын жарымындай көргөн Укенимди мен да бактылуу кылалбайм. Бардалуу жер таап, сен да бактылуу кылалбайсың.

— Ырас, карыя! Ташка жан салаар сөздөрдү айттың... Мен баштаган иш чукул эмес, эки-үч жыл аралыгында. Башы бошпу? ...Кеп айттырган жер жокпу?

— Жок...

Качыке элпек ийилип, таазим этти. Өзү минип жүргөн айтылуу Маралторуну жайдактатты. Дааныш эшигине жетелетип келип, көкүлүнө кебез байлап, чылбырын кырчоого илдирип, куда түшүү, кулдук уруу ырымынын алдын жасап, кыз башын байлап койгон. Ал жөнүндө Укен кабарсыз. Качан Ормон кызыл тебетей атанып, иш бүтүп, тараарда аны жекелетип турун:

— Баатыр, ини сыяктуу көрчүмүн, башында. Эми эл башына барып, башыңа сыймык конду. Конгон сыймыгың кут болсун! Куттуктаганым ушул — элимен кыз тандап койгом. Барып алгын,— деген. Ормон кара күчкө кабак түйө төмөн карап, баягы кордук эске түшө: — «Шашпа, кызың эмес, өзүңдү оңко тургузаармын!» — деп, купуя ойлонуп, сыр бербей жымыйган:

— Эсте болсун, аба!

Качыке ишке кириштн. Ормонго кыз берчү Дааныш эмес, өзү болуп, Дааныш айылына күмүш чамгарак, ичи көз кайыткан, сырты каз жумурткасындай он эки канат үй көтөрттү. Келчү күйөөнү Салкын башкарган аялдар тосууга кам көрүп, Дааныш, куду «Манас» жомогунда байбичеси Чыйырды толгоо тартканда баланын төрөлүшүн көрбөй качкан Жакыпча Укенинин жанынан оолактап, Мүйүз коргонуна кетти.

Калың башына жылкы айдалып келинди. Ак жал чабдар жорго минген, жоон топ адам ээрчиткен Ормон айылга түштү. Сөзү карагат даам, бет алганынан айбыкпаган чыйрак Укенге биринчи тиюнтууга Качыке

аялы Салкын даады. Ал кызды жанына чакырып, кезинде өзү да бирөөнүн эрке талтанч кызы болгонунан, чоочундун кучагына кирип, төшөгүнө жатып калганына чейин таптап-тактап, узун сабак божурап олтуруп, акыры:

— Бүгүн күйөө келет. Сен тийчү күйөө кыркка чыгып, кычырап турган — хан Ормон! — деди. Апасынан улуу Салкын жаагына Укен алаканы карлыгач канатынча тез жабыша түштү. Өзү атып сыртка кетти. Мындай, шумдук жорук кылаары оюна келбеген Салкын эмне болгонун өзү да билбей, аба сыйпап, дабдырап:

— А, атаңын этин жегир! Бул неси? — деди.

Үйлөрдөн ары бадал. Бадал ортосун жара төмөн эңиштеп чубалган булак. Жээгине жыпар жыт жалбыз өскөн бул булак үйдөй көк таштын коңулунан чыгат. Кежигесинде бутактары тарбайган шоо арча. Ылдыйраак, түзөнчө нымда кош кайың. Баары жашыл жалбырагын оорсунуп, күн нурун тосо, тынч. Чанда ала сагызган шакылыктап, эбелектеп үстүнөн учат. Бактектер күү-күүлөп, чымчык чыркылдайт. Таш коңулунан окторулуп чыккан булактын кытылдак шылдырты тынбайт.

Па, ар дайым төрт бурчунун бири сынык, чиркин дүйнө! Табият энчилеген ушул кооздуктун койнуна кызыл чыптама, ак көйнөкчөн Укен учуп жетип, сур кабагы түлөй, көк кыртыш көрүнгөн кайыңдын өзөгүн кучактады. Үкүлүү кундуз топусу кыцкая, тал-тал кара чачы чубалып, ийин солкулдай жаш сызылат.

...Баягыда, Көк-Мойнок сазында, Ормон уюштурган жыйынга Даанышты алдырыш үчүн, атайы Алыбек жиберилген. Ал таякесиникине келбегенине үчүнчү жыл болгон. Бул мезгилдин аралыгында Укен бою узарып, кыял-жоругу такыр өзгөрүп, адамды кыйгачынан сынай караган эстүү жан болуп калыптыр. Аны багып, андасанда тиктеп, күлүмсүрөгөн Алыбек: «Адам-ээй, бул кантет! Бат эле киши болуп калганбы?» — деп ойлонот. Жээндин мурдагыдай эмес, көз байлап атканын кыз да түшүндү. Ички, купуя ойлору кагылышып, түйүлүп, чыңалып, демин бууса да сыр бербей, зымырайып бекинди.

Укен үйдө жалгыз болчу. Сыртта кобурашкандардын жанында Алыбек ыгын таап, шарт кирди. Бурчта олтура жалт карап, каш серпкен кыз өңү бир кубара, бир кызарды. Калың эриндери кан тээп, уурту бүлкүлдөп жыбырайт. Жүзүнөн нур төгүлө жоодураган жигит тике басты:

— Укентай! Сен эмне болуп калгансың, ыя?

Кыз акырын турду:

— Эмне болуп калыпмын?!

— Такыр башка. — Бир тууган мамилесинде эки каруудан жумшак кармап, бойлошо көкүрөгүнө жакындатты,— көрчү, мандайың менин кулагымын түбүнө келиптир. Хе-хе. Коолап кеткенсиң го ыя?!

Алыбектин колунун ысыгы денесине өтүп, көкүрөгү деминге кацырыгы түтөгөнүн билгизбөөгө бек чымырканган Укен жүрөгү: «Эсимден чыкпадың! — деп күбүрөдү,— кырга чыктым жол карап, мойнум узарды. Жарга чыктым жол карап кирпигим кайрыла, көзүм жайнады!»

Алыбек көкүрөгүнө тарта түшүп, мандайынан жумшак искегенде, неге ушул сөзүн ачык айтып салбады экен?! Ал, азыр, кайың кучактап өксөп, сүйүүсүн жашыргандыгы үчүн арманда. А чынында Алыбек туйган. Ал ошол күнү гана эмес, мурдагыда эле шекшип калган. Чикилдеген тентек кызды шекиген оюна аралаштырууга ыраа көргөн эмес. Кийинки барып келгенинен кийин гана атасына кеңеш салат:

— Ата! Укенди, шайтандын шапалагы болобу дечү элем. Быйыл селейип бою өсүп, токтолуп, киши болуп калыптыр атайы.

Атасы байбичесине сыр таштайт:

— Уулуң Укентайды оозуна алып калыптыр... Жактырып калган го, таяжесин. Жай ооп барып, баш байлады кылып коёлу?

— Антсең, кудай бербейби. Өз сөөгүм. Өз топурагым.

Качыке небак жолун буып койгон кыз жөнүндө алар ушинтип тилек кылышкан. Укен, минтип, кең талаа, бийик асман туруп, уча албай калган кептерче зарын кайыцга айтат. Булак кытылдагы коштойт. Салкын баш болуп жабыла чуркаган катындарга: — «Ал мында — ал мында!» — деп дайындагандай, ала сагызган үстүнөн эбелектеп көтөрүлүп, шакылыктайт. Тик сайылып, арча бутагына конот. Шакылыктап дайындайт. Чынында, бир шек билбей сагызган тынчы кетпейт. Мергенчи сагызган жүргөн жерден жер челген каман, же жайылган кийик табат. Төө, жылкы учуп өлсө, анын тарпын сагызган жүргөн жерден табат ээси.

Салкын булак көзүнө келди.

— Апий, садаган-секетиң! — деп кайың менен кошуп, Укенди кучактады. Энтигишип, калгандары тегеректеди. Жулкунуп, туйлап, кейпин бузгудай Укен эссиз, долу

эмес. Чамынып-чанырды эмне чыгат? Качты каякка барат? Топ алгырдын ортосунда жалгыз кептердин кылаар жанжалы канча?! Буга Укен акылы жетти. Ачылбай калган сүйүү сыры бурк дей түшүп, элге дуу жетпесин. Ал жүрөктө кулпулансын.

Салкын кучагында асманга чалкалап, бир боздоп, буркурады...

...Оо, чанкайган асман. Каалыган булут. Силер дайыма бийиктесиңер. Төмөндү тегиз көрөсүңөр. Айткылачы: Ашыгына жеткен бу дүйнөдө болгонбу?

Ашык болуп, акыры бири-бирине кошулгандардын деми сууп, күйүтү басылат. Калың элдин койнуна сиңип, көнтүн биринде тым-тырс жоголот. Жетпей, зарлап кала бергендер үчүн уламалар айтылып, мунканткан ырлар куралып, муундан муунга дацаза. Өмүрлөр да ошону менен алакесин, ошону менен жашылданын, барк-баасы сезилет. Бул ташка-тамга баскандай чындык!

* * *

Умут-жүрөк токтогондо бүтөт! Кымкап көшөгө ичиндеги Укен кол башчылыгына шайланган Алыбекти Ормон менен бирге келип, «дүнүйө капар олтургандыр?» — деп күйүнөт. Сыртагы кобурга кулак түрүп, адамдар добушунан анын тааныш үнүн издейт. Оо, бийликке турган эрдин дацкы! Демейде какайчуусу бүгүлүп, кашаңды жүгүртүп, алдуусу бечел кылып, айланасында олтурганды чечен кылып жибересиң да? Качыкенин аркасы менен бир элге эне болуп көрүнчү Салкын, Ормон үчүн Укенге жеңе болду. Үйрүлүп үстүнө түштү. Жалынып, жанына олтурду.

— Бактыңан айланайын! Таалайыңан айланайын! — деп, пешенесинен сүйдү. — Кыдыр жылоологонунан, минтип, түздө олтуруп бийик узаган атасың. Тобо дей! Сүйүн, бул таалайыца!

Кыз жыйрыла:

— Коюцузчу! — деп, сылагылаган колун түрттү.

— Баарыбыз эле эрге, туйлап барганбыз. Ыйлап барганбыз,— деп Салкын ансайын мээр төгүп, жоошутууга жабышат.

* * *

Ормон жолдо келатып, сур байталды учура тепкен ашуусунда, ордун оорду калган эски чепте, бир түйүлгөн. Камчыны толгой карман, чабдар жоргону такымга басып, катуу жүргөн. Качыке жаркын тосуп, ат алдырып, баш кеби бузулбаган жолборс талпагына олтурганда Калыгул карыянын: «Ар убак сабырдуу бол. Өкүмдүк менен опурулсаң айланандагыларды качырасың» — деп айтчу акылын эстеди. Атасынын: «Ал эл — ат байлаарга казыгың. Туу илээрге ыргайың»,— деген наасатын эстеди да, чымчым буум ачуусу бөксөрө жай дем алып, Качыкеге сөз баштады...

— Аба, кулдугум бар... Шартта, кыз алган жерде кырк күн «кыцшылап» отуз күн «оюн» болчу эле. Антээр шарт жок. Алыбек Куртка чебин чапканы кетти. Жатып алышым ылайык болбойт го? Эртең жолго чыгалы. Оюнду биздин айылда да баштап алаарбыз.

Жөндүү өтүнүчтү ким бөгөсүн.

— Макул-макул. Камды жейли,— деген сөз. Баш ийкөө. Эки тараптагы адамдардын ар кими өзүн тааныта жөтөлүп, бири-бирине каш кагып, сыртка чыгып, топ-топ күбүр-шыбыр. Кыз койну жүрөгүн делбеленткен Ормон.

— Берчү немесин чалып келбейсиңби? — деди Капталга буйруп,— өцү-түсү кандай? Куу неме, «кыз» деп эрден калган жубанды камдап олтурбасын.

Мындай буйрукка суцгуп кетчү Каптал шып кетти. Кыз турган үйгө жетти. Аялдар тегеректей, «күйөө жолдош» жолдугун сурады. Кокон тыйынынан ар кимдин кочушуна салып, жеңе башы болгон Салкынга тай туяк жамбы сунду:

— Көрүндүгүңүз. Кыз көрөлү?

— Келелек атып, көрөлү дегениң кандай? Биздин кыз ошондой арзан бекен бетин бат ачкыдай?!

— Антпе жеңе. Баатыр буйругу ошондой.

— Баатыр, силерге баатыр. Бизге күйөө. Күтүп, көзү талысын! Басып буту талысын! — деп көшөгө аягын кымтып тосту.

— Күйөөнөрдү өзүнөр билгиле. Мага уруксат этиңиз? — Иш ыңтайы келгенин сезген Укен ыйын токтотуп, баш көтөрдү. — Уруксат этиңиз, жеңе? — деп орудунан турду. Салкын кым болуп, көшөгөну серпе берди:

— Апей, садагаң! Мең сени аяп жатпайымбы. Бая эле ошентсең. Олунуп, каякка жашынат элең! Дейм да...

Өрүм чачтары көкүрөгүнө куюлуп кеткен кыз мукактанып, ничке манчалары седебин кармалай титиреп, эрини бүлкүлдөйт:

— *Бу, жигитте сөзүм бар. Жеке калтырсаңар?*

Кыз турпатына балкып, көзү кыбындаган Каптал жымырылат. Укен көпкө барып, үй тым-тырс болгондо, тартынбай тик карады:

— *Сиздер менен... Алыбек келдиби?*

— *Жок. Кандай кереги бар эле?*

— *Келбеген болсо... Баатырың Ормонго, Алыбекти* сурады деп, айтыңыз? — Укендин көзү Каптал көзүнө атылчуудай сайылды.

Каптал көптө Ормондун үстүнө кирди. Ал Качыке менен кебилешип олтурат. Бошоп, кыз жөнүндө сурамакка сыртка чыкты. Бадалды аралап, булак боюна басышты.

— Кандай! Сыны сыныца толдубу?

— Кынтык табалбадым, баатыр! — деп айтты да, сөзү шар кетпей мукактанып,— Алыбек келдиби,— деп сурады,— деди. Качыкеден данистесин угуп алган Ормон, бүшүркөөсүз:

— Алыбектин апасы, Дааныштын бир ата өтүшкөн карындашы. Таяжеси жээнин сурагандыр да,— деди.

* * *

Алыбек баштаган кол капчыгай өрдөп, ашуу ашып чепке түштүк жол калганда жашынып, тыныкты. Башчылар чепти кандай алуу амалын талкуулашты.

— Андып олтурабызбы, тике эле ат коёбуз.

— Суу кулагын бекитип, курчоого алыш керек. Чаңкаганда кол көтөрүп чыгышат.

Зарыгып калабыз. Толтуруп алган көлчүгү жарым айга жетет.

Кулак салып турган Жаркымбай сунуш кылды:

— Ичине жатып, үйралышып калбадымбы. Түн жамынып, уйкуда басса оң болоор эле?

Пикирлерин ары ырган бери ырган келгенде, тургандарга караганда көптү көргөн Жаркымбай ою көңүлгө уюду. Бийикке кароолчу коюп, карагай арасынан шаты даярдашты. Алдыга чалгынчы жиберип, түн ортосу ооп калдайган караан чепке жакындады. Ыкчамдады.

Мындагылардын көбү динди ыйык туткан такыбалар.

Таң агарганда мунара үстүндөгү сопу созолонтуп азан чакырат. Жалпы даарат алып, кийиз салынган таза бөлмөгө кирип, чөк түшүп, кулак кагып, «багымдат» окуйт. Бүтүп, чайланып, түшкө жакын «бешим» окулат. *Анан, салык үстүнө салык кошуп жыйнаган семиз кой этинен палоо басылып, нык олтуруп курсакка шолоп, бөксөсү чай менен толот. Антип-минткиче «намаздыгер» кезеги. Удаа «намазшам». Жатаарда «куптан» окулат. Ошентип, күн бою беш жолу окулган намаз менен алек.*

Жоодон бейкам сарбаздар төшөккө жамбаш койгондо уйку басты. Ар бири жолборс болуп күрүлдөп, конурукка кирди. Алардын уйкусун бузбай «тынч» кирген жоо сарбаздарды төшөктөн кармап байлашты. Ормон шылтоосу боюнча ак адамды ууру тутуп, адил иш кылбаган Бек дарга асылды. Кырктай мылтык, жүздөй кылыч, аргымак ат толгон өлүү көр-жерлер олжолонду. Катын-балалуу сарбаз, сопу, ашпоздор жанынын аман калганына бүгүлүшүп, качыр-эшегин минип, жөө-жалаңдан, жолго түштү.

Ормонго алды менен сүйүнчү чаптырып, артынан олжону жиберип, колду тараткан. Алыбек он жигит ээрчитип, Сарыбай айылын беттеди. Нурбай тагдыры жүрөгүн өйүгөн Жаркымбай шашып, бирге. Иши оңунан чыккан Алыбек аны, эми, нары курбусу, нары көңүл ачаар ынагы катары көрөт. Чөбү ат тизесинен оролгон түзөндө баягы Жаркымбай мине качкан Сары аргымак менен шартылдата бастырып, катарлаша түшкөн Жаркымбайга каш серпти:

— Колдон келип турганда Сарыбайдын кызына кошуп, малынын жарымын тартып берейинби?

— Чыны, баатыр! Санаам бөлүндү болуп, оозума сөз түшпөй атам. Курбумун тирүү көзүн көрсөм...

— Көрөсүң. Союп жибергидей, кысыр эмди тай беле, аның.

— Айтканың келсин, ылайым.

Соот-чопкут кийип, жигит ээрчиткен Алыбекти көргөндө Сарыбай өң-алеттен кетти. Кылычты кындан сууруган Алыбек аттан түшпөй сурак баштады.

— Сарыбай сенсиңби?

— Мен...

— Болсоң, айылыңа келген эки жигит кайда?

— Аа...

— Айт! Кайда?

— Аа...

Дабышка үй-үйдөгүлөр чыгып, **өң-алеттен кеткен**

Сарыбайды карай басып, токтоп, чогула баштады. Баягы белимчи кара кемпир да келди. Ал Алыбектин колундагы кылыч сорок эткенде:

— Атаңын этин же. Сойду! — деди. Кайра боюн токтотуп, күбүрөп, келме келтирет. Алыбек кайра ыкыс бергенде:

— Аа, карма! — деп жулунат. Эси чыккан Саксай көрүнбү. Жигиттер далдоосундагы Жаркымбайды таанып коюп, жок болду. Жүзү ачтарган тондой ансыйган Сарыбай жылкычысына ээк шилтейт:

— Аа, алып чык тигини. — Буйрук атканы Нурбай экен. Бутуна кишен салынган аны айыл арасында майда жумушка урунуп атыптыр. Шашкан жылкычы аны кишени менен жетелеп, үйдөн чыгарды. Баятан каттоодо турган Жаркымбайдын чыдамы жетпей бакырып жиберди:

— Ау, барсыңбы боорум!

Атасын көргөн баладай кучагын жайып, чалынып сүрдүгүп, тигинини кыйкырды:

— Жаркымбаймысың?

— Ичээр суу, көрөөр күнүбүз бар экен го?!

Кучакташып, опкулөшүп жаткан экөөнө ар кимдер жанып кетти. Окуя жөнүн угуп жүргөн кара кемпир муштумун түйүп, титиреп, Сарыбайга кезейт:

— Пейлиңен тапкыр, оңбойсуң го?!. Жалгыз уулуңу жутту элең. Эми, кара башыңды жут. Мал-жандан тышкары өз башына көрүнсүн пейли тар! Бөөдөдөн бечараларды сыздатып...

Алыбек кылычын Сарыбай жүзүнө сунуп:

— Жардык ушул: ак жерден ууру тутуп, өлүм жазасына чейин туш кылган кордугуң үчүн он жылкы! — Кол башы үнү каардуу,— башы бош келиниң менен бойго жеткен кызыңды экөөнө калыңсыз бересиң!

Сүйүнгөнүнөн жүзүн нур чалып, көзү ойноктогон Жаркымбай арага түшөт:

— Баатыр! Малына ыраазыбыз. Акыркы талапты кана орундатсын, карыя?

— Буга кандайсың?

— Мак... макулмун.

— Макул болсоң, кийинт кыз-келиндь.

Сарыбай тилге эми келди. Байбичеси жылкычысына ээк шилтеп, буйрукту аткарууга буйрук берди. Атын минген Нурбай Жаркымбайдын жанында. Чыдамсыздаңып, босогодон көз алышпайт. Кабак түйгөн Алыбек кылычын али кынына салбай турат. Саксай менен Кор-

тол алынып чыкты. Беттерин басып, ийиндери солкулдап, ыйлап келатат. Акылдан адашкан ата, келин-кызына ат да даярдаган жок. Кыз-келинин кылыччандын алдын карай сүрдүктү. Алыбек Жаркымбайга көз кысты. Ал, жерден улак эңүүчүдөй шып этип, Саксайды улып учкаштыра койду. Аны көрүп Нурбай Корголду тебетейдей илип, артына олтургузду. Ана, өрттөн качкандай экөө чапты төмөн. Оозу ачылып, карап калган кара кемпир:

— Апей, көтөс, качты! — деди. Баары ал тарапка тигилет. Кара кемпир көзү жетпей, шыпшынат. Бырс күлгөн Алыбек, Сарыбайга тигилсе, көзүнөн көлкүлдөп аккан жаш сакал-мурутуна түшүп сыгылып, көкүрөгүнө таамп атыптыр. Күтпөгөн учурда таятасы Дааныш элестеп кетти да, анан негедир, башка күйөөгө узачу Укен тартылып... Бүткөн-бою дүркүрөй, селт чочуду. Колунан түшүп кеткен кылыч чымга сайылып, солкулдайт.

* * *

Ормон жаңы аялын байбиче айылына түшүрдү. Бул улуу аялды сыйлоо салты. Ал жерде нике кыйылат. Той-тамаша өтөт. Анан аялына энчи бөлүнүп, малчы-жалчы берилип, кыштоо, жайлоосунан бери белгиленип, көчүрүлөт да, «байбиче» айылы, «ортончу токолу», «кичи токолу» болуп аталат. Алардан төрөлгөн балдар да, «байбиче катынынан», «ортончу токолдон», «кичи токолдон» болуп айтылат.

Ормон кичи токол кызыгына батып атканда жоого жиберилген колунун жеңиши тууралу сүйүнчү жетти. Удаа түшүрүлгөн курал, олжолор келди. Кабат жеңишке чулганган «кызыл тебетей» жер баспай, жетише алтосууга күтүндү. Алар карааны көрүнгөндө үчтөн алты азамат чыгып, көк эркечти көкбөрү тартып, алдынан тосту. Аттан түшөөрдө сурнай, добулбас үнүнө айлана жаңырды. Ормон Алыбекти айкарасынан кучактап көрүштү. Калыгул бата берип, пешенесинен өптү. Азем-дүү бул салтанатты жабыктан көргөн Укен манжасы уук сабына карышып, көз жашына ээ болбой ыйлап атты.

Жоо кийимин чечип, суусар бөрк кийген Алыбек катарда. Күү-күү сөз болуп, ашыра мактоолор айтылып, кубануу. Сүйлөөнүн ыгын таппай турган Каптал Алыбекке ээк кагып:

— Сүйүнчү чаптырыпсың. Өзүнө да сүйүнчү! Ормон баатыр жаңы аял алды,— деди.

— Куш боосу бек болсун! — деди Алыбек баш ийкей,— сүйүнчүң эсте, беремин.

Түлөөгө чалынган ак боз бээге бата тилеген соң жигиттер көңүл ачсын деп, Калыгулду ээрчиткен Ормон байбичесинин үйүнө кетти.

Акын Мусакожо комузун дың-дың күүлөп, күү атасы «Насыйкатты» чалды. Аны узартып ағызып, муңкантып кайрып, адам тагдырын, адам өмүрүн, адам тапкычын, адам жаңылышын эске салды. Уккандар кулак төшөп мемиреп, кыялдар салмак тартып, санаа көңүдү. Күү артын созуп, жай аяктады. Акын, эми, боюн жыйып, чакчарылып, жеңди дагы чыканактан ашыра түрдү. Комуз кулагын жандырып, чыңап, чукул күүлөдү. Сөзү чууруп, Алыбекти мактоого өттү. Ал Алыбектин атасынын беш аялынан отуз бала болгонун, отузуна белги урулган отуз чөйчөк арналып, эски журттан жаңы журтка конгондо балдарынын барын же жогун тамак берген-де чөйчөк аркылуу билгенинен бери ырга коштү. Отуздун ичинен Алыбек оён чыкты деп, анын үстүндөгү кийген кийими, минип келген Сары аргымагын кошо мактап келип:

Ажыдаар менен арбаштын,
Ач жолборс менен чайнаштын,
Түтөтмө мылтык, кылыччан
Чебине кирип бекинген
Душмандар менен жети түн,
Жекеме-жеке кармаштын,
Чеп-уюгун талкалап,
Көргөздүн сүрүн гайбаттын.
Жеңип келген кезегин,
Арбагы колдоп Манастын,

— деп токтоду.

— Бали-бали, бах!

Алыбек акынга чепкен жаптырды. Кыйпычыктаган Капталдын көз кысуусу менен аяр туруп, сыртка чыкты.

— Сүйүнчүң го, сүйүнчү,— деди Каптал үй далдоосун жамына Алыбекке шыбырап. — Бир шекти, жеринен Ормонго айтсам көңүл бурбай койгон эле. Аялы сен келгенден бери буркурап ыйлап атат.

— Ким? — Алыбек элейип, түшүнбөдү.

— Ормондун жаңы үйлөнгөн токолу.

— Кайда?

— Тетиги үйдө.

Алыбек тике басып, үйгө келди. Босогону аттаганда эчкирген Укен көкүрөгүнө жармашты. Жаш жууган жүзүн Алыбектин көөдөнүнө басты. Укен сырын ачыкка азыр чыгарды:

— Дудук болом деп жүрүп!..

Алыбек төбөсүнө чагылган тийгендей теңселип, эсин жоготуп, жубайды ийнинен булкуп, ары түртүп, Укен экенин анык тааныганда көөдөнүнө бек кысып, бакырып ийди:

— Сен белең!.. Башка аял таппай калыптырбы! Кан ичишем! — жулунуп сыртка чыкты:

— Оо, Ормон! Кайда жүрөсүң?

Түшүнгөн жан жок. Айыл арасы тополоң. Жүгүргөн адамдар. Ормон көрүндү далдайып. Ал өзү аң-таң. Өңүндө кан-сөл жок, таноосу кыпчылган Алыбек чукулдап келет:

— Башка кыз таппай калдыңбы?!

Ортого Шаа баштаган жигиттер түштү.

— Наалаты! — деди эми түшүнүп, бармагын тиштеген Ормон,— Качыке от жаккан экен, ортобузга!

Окуяга карыя Калыгул аралашты. Кумсарып, бушайман. Колу калчылдайт:

— Токтогулачы? Сабыр эткилечи? ...Алыбек айланайын! Бери басчы, жеке сүйлөшөлү.

— Өзүм сүйлөшөм! — Каары келген Ормон жигиттерди жарып өттү. — Алыбек! — деди ал көктүгү күсам? Качыкенин кылганы бул. ...Агер, бут артып, ника чөп. — Төбөдө көк, таманда жер турат, ушул ишти туйкыйылып калбаган болсо... азыр өзүнө кошуп, аттантат элем. Иш өтүп кетти. Бир башыман башканын баары тартуу, өзүңө. Мага караштуу элден кыз тандап алгын,— деп Шаага карап айкырды,— келе, ак кийизге салып, баранымды алып чык. Актыгыма оозун өбөйүн!

Муулу-жүүнү калчылдаган Алыбек шалдырайт. Көзү бет алдындагы Ормонго эмес, ай талаага кетип, оту өчкөндөй телмирет. Ак кийиз үстүндөгү баран оозун Ормон эңкейип өбөөрдө аны аяп, мындай тартты:

— Болуптур... Тагдыр мага Укенди буюрбаганы ошол! Кантмекмин!

Бул курал түп атасынан бери келаткан чоң буюм. Бул, кезинде күрүлдөп атылып, чабуул койгон душмандын мизин далай кайтарган. Эрине, элине курал болгон. Атадан балага мурас болуп келген ошол ыйык буюм, Алыбекке тартуу этилди. Аны журт эстүүсү Калыгул карыя сунду:

— Биримдигиңер баран сөөгүндөй бек болсун. Баран өмүрүндөй узак болсун. Кара санагандарды мунун огу урсун!

Оо, ыйык сөз. Ошо кездеги, ошол жерде тургандар үчүн мээге мыктай орноп, унутулбас, ыйык сөз!

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

I

Кичи Жүз Казагында биринчи болуп, Кенесары хан селт этти. «Каапыр келатат. Сактангыла!» — деп карамагындагы элине жар салдырды. Куду, оттогон койдой тынч жаткан карапайым журт, дүрбөдү: «Эмне кылабыз? Арганы өзүң тап!» дешип, кайра анын өзүнөн жардам сурашты. Ал болсо, ар уруудан кол чогултуп, аскер күттү. Жаа ийдирип, найза аштатты. Кылыч соктуруп, мылтык жасатты. Аскердик окуу жайы болуп согушту айла-амалын үйрөнгөн падыша солдаттары Баскындын колун бүлүнттү. Турагына тополоң түшүрүп, сүрдү. «Урал», «Оренбургга» падышачылык чептер салынды. Ата-бабаларынан бери бийликте келаткан Сибир Акмоло казактарынын ак сөөктөрү баскынчылар менен коюн-колтук алышышты. Кенесарынын колу кээде алар менен кагышты. Кан төгүштү. Кыркышты. Кырчылдашты.

Туруктуу борбору жок, аскер уюткусу начар ал Сары-Аркадан айрылды. Семей, Жети-Суу казактарын башкарды. Борборун Улуу Жүз Казактарына көчүрдү.

Кабылдап бараткан жараатын Түндүк Кыргыздар менен айыктырмакчы болуп, жоголуп кеткен «жарымын» дагы Түндүк кыргыздар менен толуктап алмакчы амал менен Ормонго элчи аттантты. Сүйрү кара сакал күткөн ал кыштоосуна жаңы конгон. Аттары чаалыккан үч чоочун келип түштү. Булар Кенесары хандын Байтас, Жумабай жана Майбас деген элчилери болуп чыкты. Арып-азып келген немелерге согум этинен казан асылып, өргүштү. Сөз эртеси болду. Кепти Жумабай баштап, Байтас кубаттаганын билгизе баш ийкеп, Майбас кынырайып кулак салып, жер карайт... Ички сыры оной менен туюлбаган, дүйнөсү татаал, адам баласы. Мунун кимиси Кенесарынын сөзүн төкпөй мөл айтып атты экен? Кимиси кыргыздардын оюн билмекке ичи ала олтурду экен? Эмнеси болсо да, Кенесары кара-

магындагы эл менен Ормонго караштуу жаамы кыргыз журтчулугун бириктирүүнү өтүнүптүр. Ынтымакчылыкка келүү тууралу өтүнүптүр.

Калыгулдун: — «Тосмого тирелген сел... акыры багытын каптабай койбойт» — деген сөзү көмөкөйүндө турган Ормон, элчи сөзүн моло таштай томсоруп укту. Көнтө барып:

— Жашым улуу. Хандыкты Кененсары мага берем. Калган ишти өзү жүргүзсүн,— деп салды.

* * *

Элчилер аттанып кетти. Конуп түнөгөн үчөө Ормон жеринен узай элек болучу. Алдыларынан калың жылкы чыкты. Ай туяк бул жаңыбарларды көргөндө жигит көзү күндөй чачырайт эмеспи.

— Кененсары-Ормон келишти. Ой-пикири дал чыкты. Эми, биздин катын-балдарга да оокат керек. Анабу, өзү жолуккан сарала жылкыдан тийсек кантет? — деди Майбас.

— Былжыраба! —деди Байтас,—ант-арбак урбайбы?

— Урчу ант-арбак тапканын урсун. Мага мал керек! — төрт айгай салганда беттеги жылкы дүргүп, алдын тоскондо жапырылып, жолго түштү. Кула айгыр, баш чулгуп баштады. Жүзгө жакыны туягынан чаң созултуп, ээрчий чубады.

— Токто, жинди болдуңбу! — деп, Жумабай Майбаска жармашат. Берки укпайт. Бүктөй кармаган камчыны тон этегине тарс-тарс чаап.

— Айт, уйт! — деп сая кууйт. Үчөө бака-шака сөгүшүп, жылкы артында баратканда беш жылкычы укурукун сороктотуп, капталдан чаап чыкты:

— Жоо тийди!

— Тос алдын!..

— Жет, карма!

— Акесин тааныт!

Камдуу булар ыргай менен үчөөнү ат үстүнөн тебетейдей ыргыта чабышып, колго түшүрдү.

— Мынабу, иттин кылганы.

— Чочконун, аскырмасы кармап отур! — деп, берки экөө Майбасты көрсөтүп, жалбарат. Башын кан тепкен жылкычылар сөз укмакпы. Сабап, байлап, өздөрү атын атаган Ормонго жеткиришти. Көзү көрүп, азат бою тик турган Ормон:

— Силер элчи эмес, ууру турбайсынарбы! — деп сол кулактарын кестирип, айдап жиберди. Шерменделери чыккан үчөө кетип барат.

— Кенесарыга эмне дейбиз? — дейт Майбас.

— Эмне демекчи элек. Чынын айтабыз. Жосунду бузган соң чочкону мууздатабыз!

— Ошондойбу?!

— Анан кандай болмок?

Кенесары ханга каршы Султандан түйтүнган Майбасты, Жумабай, Байтас кайдан билди. Майбас чекмелеп сураганда да шек алышпады. Өргүп, аттарын отко коюп, уктап калышканда экөөнүн колкосуна бычак уруп, жайлаган Майбас жолго түштү.

Ормон тараптан кабар күткөн Кенесары чоң боз үй ичинде. Ортодо темир меш. Анын кернейи жабыктан сороюп, кийиз оюлуп, айнек коюлган. Айнектен жарык төгүлөт. Меште чатырап сөксөөл күйүп, жылуу. Орто бой, кең ийин Кенесары мандайы жазы, көзү кайнап, күрөң. Кыска мурут, чокчо жээрде сакал. Мурду жалпагыраак келип, таноолуу. Кемерге илинген шамшар сабына сол колун сүйөп, ойлуу. Катарлаш үчөө. Баатыры Агабай. Маалында согум жеткирбей, айткандын тез бүтүрбөгөн айылдарды «Байталы жал алып... Кызы эмчек байлап калган экен!» — деп, чаап турчу тентек иниси, буудай жүз, чекир көз Норузбай да мында. Буларга дагы бир тонтор кошулуп, үй ичи толтура.

— Ормонго жиберген элчи келди! — деп калды. Кенесары көзү босогодон өттү. Кароолчулар эшик көтөрүп Майбас кирди. Ал чөк түшүп, үңүлдөп ыйлап, Ормонду адамгерчиликсиз ит кылып таштады. Хан силкинди, тиштенди:

— Элчиликке өлүм жок. Жуучулукка кордук жок. Алмустактан келаткан шартты бузган бу не иттиги? Ау, менин кырылышаар жоом быякта жатыптыр го! Былай кордукка шыдамаймын! — деди. Агасынын ызасына чыдамы жетпеген чапчаң, мүнөз Норузбай тура калды:

— Ал, аттаналык!

— Сабыр эт төрөм! — деди Булак чечен. — Ал элдин тоосу чеп, жигиттери жоого шайдоот, көздөрү кызыл, чап жаак. Эңкөө далы, найзалары кыска, урганы катуу. ...Бир кезде чоң атаң Абылай асылып пайда таппаган. Баатырлары ант беришкен. «Антты бузган оңолбосун!» — дешип, куран кармашкан. Асылбайлы, дагы элчи жиберип, жарашалы?

Мамыкта оонап жаткан иниси обдулду:

— Кенекемдин аманында, *алар эмес кудайлык да* туруштук бералбайт!

Булац үтүрөйө көз кадап:

— Ой карагым! Сенин бул кесириц айтып-айтпай, калкка тийет. Кудайга не асыласың! — деди. Супатай Буландын сөзүн ырастады:

— Башчы! Озунуп тийиспейли. Дагы элчи жибериңиз?

Хан көзүнөн жалын атып:

— Супатай! Аларга жан тарткан жериң бар окшойт, оболу ошолорго беттешип, сонансоң, сени менен беттешсем болот экен!

Башка үн кан буугандай токтоду. Шамшардын сабын мыткыган Кененсарынын көзү кирпик арасында жылтырап, ойго батат. Максатына жеткен Майбас куйругун кыпчып, жылып сыртка жөнөдү. Жер жуткандай жоголду, ошол замат.

* * *

Кененсары элчилерден мурда баамчыл сынчысын да чоочун айылдарга тыңчы кылып жиберген. Думана, кийим кийип, «сөөк-тамыр» издеген болуп, эл кыдырып, жер чалган ал да келди.

— Сүйлө? — деди, кулак каккан Башчы. Тыңчы мешке чукул чөк түшүп, колун кайсап алып, малакайын көтөрө, туйганын айтты:

— Таксыр! Ашуу ашып, алыскы чегине жете албадым. «Чоң-Кемин» ылдый Чүй өрөөнүн сыдырдым. Бир топ уруу эл бар экен. Алар, атына ээри каткан, ээрине көчүгү каткан, кыска, жеңил кийинген, жоо бөрүсү журт экен. Катылам дегендин тумшугу талкаланбай калаар эмес.

Кененсары, тура калды:

— Мындай сөздү неге айттың?! — деп айкырды. — Башын чаап салгыла! — деп буйрук берди. Ачуу менен сынчысын өлтүрүп алса да, чабуул баштоого жүрөгү түпөйүл болуп, ойлонуп, толгонуп, кышты өткөздү. Эрте жазда жакынкы, Чүй боорундагы элди өзүнө тартмакка кайра элчи салды. Аманаты, баягы Ормонго айтылган сөз. Шамшы ашып келген Төрөгелди, мындагы Жантай, Жанкарач үчөө акылдашып, бир чети Кененсары хандан айбыгышып, ыкка көндү. Көнүшөөр себеби да бар: Талас тараптагы жортуулчулар өткөн күздө казак-

тардан жылкы тийишет. Кененсары аларга Норузбай баштаган аскерин шилтейт. Алар Түлкү-Башган чыгып, Таластын жарымын тунжурата чаап, малын, кыз-келинин олжолоп кетишкен. Кокойду кысымга алганынан да танапташ элди чапкан айбаты Жанкарачты сестенти. Минтип, өзү «баш кошолу» деп аткында, убаданы чойбой куп болушту да, чаар айгырга көк чаар жолборстун терисин жаап, Тыналы аттуу бийге эки жолдош коштуп, ханга тартуу жиберишти.

Хан айылына тартуу барып, элчилер али сырдаша элек түнү, Илип деген тогуз чаар байтал уурдап келет. Семизин союп, арыгын башка элге өткөрүп иштет. Бул Кененсарынын күлүк туур айгыр үйүрүнөн. Из чалган жигиттери суроо салып келсе, Илип айылынын боз балдары:

— Мында Кененсарынын жылкысы жок! — дешип, шылдыңдашат. Алар ханга айтып барышат. Мына эмесе! Шылтоо таппай турган неме аскерин бөлүп, айылын Калкы-Суунун тоосуна көчүрүп, Тыналыны жол баштатып, Чүй боорундагыларга каршы аттанат.

* * *

Күн жылымдап, шыбак көктөп, эски бетеге түбүнөн жаңы көк кылтыйып, кой төлдөп, белдик аяктаган маал. Шалтанын койчусу Доолдай жайылган кой четинде. Улам бир туштан торгойлор абага көтөрүлүп, канаттары жаркылдап, дирилдеп, чулдурайт. Айлана мемиреп, көшүлөт. Бирин-серин койлор туун, артынан бөртүк-бөртүк бездери бар кан «чөбү» чубалат. Жерге сүйрөлүп чөп-чар илээшет. Тизелеп туралбай аткан кара, көк, ак козулардын чарайнасын жалашат. Мекиренип, имерилип, желинин тосот. Ысыктан тонун чечип, малакайын түрө чокусуна кондуруп, тери шымдын түгүн ачтара кийип алган Доолдай улам бир козуну жагызат. Алардын оозунан ууз буртулдап, бөйрөгү бөрсөйгөндө, соолук алдына коёт. Жерге түшкөн «чөптөн» таза баштыгын алат да, «козу үйүн» оолак ыргытат. Мал үстүн андып учкан топ карга каркылдап, ала сагызгандар шакылыктап, «чөпкө» айланып конуп, чокуп жем талашат.

Доолдайдын кышкы азыгы майталкан болчу. Шалта күз башынан кап талканды Доолдайга энчилейт. Докен, казандагы эт бышканда сүзгү менен майды калып, талкан ортосуна куят. Май сиңип кеткен жерин

тоголоктоп коюп, азыкка ошону алып чыгат. Карачүйкө бети майланышкан, тырмак түптөрү кара койчу талканын кечке четинен кемирип, түгөтөт. Суусаса кар жейт. Азыр ууз маалы. Күн ысыганда шымын шыпырат. Кумурска уюгуна таштайт. Мээнеткер макулуктар бит, сиркеден койбой тазалап коёт эмеспи! Кашынткан мителерден кутулаарына кубанган неменин жылаңач жүргөнү кимге. «Чөп» баштыгына ар кайсы койдон ууз саайт. Термекчи терип, оттук чагып, таш ысытат. Ууз бышырат. Май даам сары ууздан жеп, тоюнган сайын кара көзү бажырайып, бет оту кызара чырайлуу болуп барат.

Кененсарыдан кооптонгон Чүй өрөөнүндөгү эл өткөн түнү тоо таянып көчкөн. Тиричилигине илээшкен төрт жүз түтүндөйү ордунда. Ар үй «ак алды» дешип, айран уютушкан. Азыр чоң кишилер да, майда балдар да үй кыдырып, айран ичип, кимдики жакшы уюганын, кимдики келегей тартып, сары суу кылгыра ирип, анчалык болбой калганын кеп кылышат. Жаңы айран ичишип, оозу-бети агала болгон балдар чурулдап жүгүрүп, дүңүйө капар. Иттер да кырмычык аралаш коюу жуундуга тоюп, куйрук булгап ооналакташат.

Эртең көчүүгө төөлөрүн алып келип, короо четине тиздеп койгон Шалта алоолоп күйгөн от жанында, кол кашыкта ок куюп олтурат. Аялы от ичкеретип, секелек кызы, эки кичине уулу окко кызыгып, шынаарлайт. Таластан тууганчылан келген Каратай калыптан окту тоголотуп, кайра даярдап сунат. Беш жүздөй ок куюлуп бүттү. Оозуна сала бергендей Каратай айтты:

— Непадан, душман каптап келсе, ок түгөнгүчө атышпай катын-баланы таштап, качаар белек?

— Кантип! — деп Шалта айткыча, ал төмөнтөн чуу чыгып, жайнаган кол көрүндү. Карбаластаган Шалта бут бүлөсүн бир үйгө камады. Тизделген төөнү бет алга, тосуп, эшикти түрдү. Өзү босогодон, Каратай төрдөн ок чыгарды. Башка үйлөрдөн да мылтык атылып, жоо алдын тосту.

* * *

Тээ алыста Түлөке, Долубек баштаган жигиттер жоонун бир канаты менен беттешип атты. Душманда туу жайылып, эрөөлгө тору ат минген Норузбай чыкты. Булардан боз ат минген; кызыл тору сомкел жигит — Бе-

дел чыгарылды. Шымдактай эки азамат үч беттешип алыша албай, үчүнчүсүндө Бедел Норузбайды тобун карай сүрдү. Норузбайды калкалоого чапкан жигит, Беделди байкатпай шамшар менен муштап... Шайы ооп түшкөн Беделдин мойнуна сыйыртмак салып, ат үстүнөн учуруп сүйрөтүлгөн денеси топ ичинен житип, чуу түштү. Долубектер батынышпай, жалпы ат коё албай сүрдүгүп, кийиндешти.

Ар жерде окко учуп, найзага кетип, өлүп жаткан жан. Түш ооп уруш улам кызуулап, Кененсарылар кыжан. Түш ооп уруш улам кызуулап, Кененсарылар кысып келатат. Бир кулагын жаак эти менен шылый чаптырып, кызыл ала болгон Түлөкө ат ойнотуп, Шалтанын үйүнүн тушуна келип кыйкырды:

— Аттан, айыл үстүнө чыга беттешели?

Ал жооп бербей атыша берди.

Салгылаш түнү бою болду. Ар тушта жоону тап жылдырбай матап турушту. Түлөкенин элүүдөй жолдошу, иниси өлдү. Шалтанын огу отуздай жоону каза таптырды. Таига жакын огу түгөнүп, аялдардын чач мончогун дүрмөттөп атты. Чачмончок бир душмандын бетине жабышып:

— Булардын огу бүттү! — деп айгай салды. Дүр ат коюп, айылды басты. Колго тийгенин кыйратып кирди.

— Сой!

— Тукумун куруткула!

Найза урулган аял, кылыч шилтенген бала бакырып, тыбырчылап, ар жерде. Аттан түшө калган Норузбай чаңыртып, боюнда бар үч келинди үйдөн сүйрөп чыкты. Көйнөктөрүн сыйрып ыргытып, кындан бычак сууруп, тарсайган курсакты жара тартты. Келин бир чаңырып, тиштенип, көгөрүп шалак жыгылганда жылбырскы кара чач, бүрүшкөн баланы сууруп, жогору көтөрүп, туурдугу сыйрылган үйдүн керегесине илди:

— Алышканың эмес, апандын курсагында жатканың да ушуну көрөт!

— Ал, казан аскыла! От жагып, суу кайнаткыла!

Буйрук аткарылды. Он чакты казанда атырылып суу кайнады. Колго тийгендерин сүйрөп, чырылдатып, сууга малышты. Жеңи түрүлгөн, жапма тумак бирөөнүн колунда койчу Доолбай баратты:

— Менде эмне күнөө? Койчумун. Бечарамын... Жан соога аке?!

— Акең мен эмес. Элчиликти билбей, итчилик кылган Ормон! Сого айт, дартыңы. Мен сени курутчумун. Мына сага! — деп, кайнак сууга башын матырып ал-

ды, — өлбөй калсаң күнүндү көр. Ошол да жетер саган! — деп куйрукка тээп, жулунуп ары кетти.

— Жанагы мылтык аткан «мергенди» тапкыла! Жигиттер! Мылтык түтүнү булаган үйдү баскыла.

Шалта менен Каратай алынып чыкты. Топ жигит ал экөөнү баса калып, малча мууздашты. Чөккөн төө дал доосунда жарадар болуп жаткан Шалтанын инисинин жан жеринe кайыш байлап, тартышты:

— Тамырын түбү менен жулайын!

Берки айылдагы Субанкул көгөндөгү козу арасына бекинген. Атасын көрүп калган жети жашар уулу кылыч көтөргөн Норузбайдан коркуп:

— Ата! — деп бакырды да, көгөн үстүнө жыгылды. Норузбай баланы бөлө чаап, жаткан жеринде Субанкулдун ичин жарып, жүрөгүн сууруп, оозуна тыкты.

Кабар жетип келип калган Кара-Коолук жигиттер айыл үстүндөгү Кененсары колуна ат койду. Которуп кер ат минген Норузбай алдындагы Төрөгелдини бет алды. Эки тизеси Аксур омуроосунан уркуйган денелүү Төрөгелди найза сунуп, түтүндөй качыра бергенде Норузбай кайра бурулуп, тобуна кире качты. Жемине жетпей калган тиги да тизгин тартып имерилди.

Кеч бешимде Кененсарынын буйругу менен туу жыйылып, колго тийген жылкы аттуу бүт айдалып, чегиништи. Тынч айылды кан жыттанткан Хандын: «Булар эсине эми келээр!» — деген амалы эле. Жана да: — «Булардын жүрөгүнүн үшүн алып койдум», — деген ойго кетти өзү.

Кечээтен жоо менен кармашып, кызыл ала кан болуп, чанкаган Долубек суусун жутканы үйүнө келет. Көгөн арасындагы иниси менен агасы Субанкулдун өлүгүн көргөндө буркурап, кадимки жолборс чапкан Таштанбектин болотун алып, Найза-Кызыл атанган күлүк атын минип, Кененсарынын артынан жөнөйт. Салкалгандар чаап бараткан Долубекти таанышты. Алдындагы Найза-Кызыл ан-дөндү ылгабай учуп барат. Тили билектей саландап, ууртган кан аралаш көбүк буртулдап, омуроосуна жабылат. Жени түрүлүү, башын кызыл жоолук менен бууган Сомкел Долубек өбөктөп, алдын теше тиктеген. Көргөндөр бүжүрөп, көз менен узатып кала беришти.

Ар кайсы жерде самсып бараткан баскынчыларга бурулбаган Долубек, кең коктуда Ханга жетти.

— Коён болсоң кач, жолборс болсоң токто?! — деп

бакырды. Күн кечтеп, көкту ичинде оңторулган боз туман. Кулагына ачуу үн шак эткенде буурулунун тизгинин тарткан Кененсары кылчайды. Ал капталда туура тартып, Долубек аяк өйдө жетип; кылыч шилтеди. Кынынан сууруп, даярдап калган кылычын камынтпай, Кененсары да шилтеди. Долубек кылычы ары кыцкая берген Кененсарыдан өксүп, ээрдин алды менен токулганы таарып түштү. Хандын кылычы дал мандайына согулду да, ат жалын кучактай туман аралап, төмөн чаап качты.

Долубек камыш арасында кансырап жатканда башкалар өлтүрүп, Найза-Кызыл менен болотту алып кетишти. Сөөгү табылып, үйүнө алынып келинди.

Долубектин тайманбастыгынан көкүрөгүнө дарт кеткен Кененсары айылына келгенде Шорук дегенин чакырып, жеке олтуруп жашыруун сыр айтты:

— Баш ийбей аткан элде жолборс чапкан үч баатыр бар. Бири — Норузбайга найза сундурган Төрөгелди. Экинчиси — Качыкенин баласы Эралы. Үчүнчүсү — Чүй элинде Жаманкара деген. Ушулардын амалын таап, ажалын жеткиресиң... Калгандарынын эсебин өзүм табамын.

— Куп болот, башчым. Аманатыңы орундоого башым менен даярмын.

* * *

Кененсарынын кандуу жанжалы Ормонго жетти. Шаменди чаптырып, колу менен башчыларды жыйдырды. Баарынан эрте келген Балбай менен таластык Ажыбекке ыраазы болгон Ормон:

— Ажыбек агам болсо, Балбай балам болсо! — деп баалап кеңешип, Кененсарыга каршы жөнөйт. Биздеги төрт уруу бир атанын баласыбыз. Колду, калыс тууган Ажыбек баштасын, — деп буйрат Ормон. Булар жеткинче айылды чапкан жоо жөнөп кеткен. Арттарында кол самсып, алдыда өздөрү үнкүйүп, таланган айылга чукул дөбөгө токтошот. Жангарач тосуп барат. Экү күнкү кыргынды айтат.

— Жоону артынан кууйлу, — дейт Ажыбек, Ормон үн катпайт. Анчыча, өкүрүк, чуру-чуу түшкөн айылдан бирөө жайдак ат минип буларды карай чаап жетти. Үстүнкү эрди түйрүлө тиши ырсайып, ырайы кеткен жүзүнө, чымчып койгон камырды чүрүшкөн сол кулагы-



на кызыл туздуи ылайын шыбанган ал, атчандар ортосунда тургандыı «Чоң Ормон сен эмей кимсиң!» — дегенсип, Ормон алдына чөк түшүп атасын көргөн баладай эркээркеп, ыйлап жиберди. Бул койчу Доолдай. Кайнак сууга башы малынганда чылк жуумп, аман калган эки көзү жалтырайт. Ызага буулугуп, зар айтат:

— Баатыр! Ит көрбөгөн кордук болду. Канга-кан. Өч алып бер?

Баатыр кабак түйүп, үнсүз. Жангарач Доолдайды какты:

— Эй, тырышып-бырышкан кудай аткыр! Ары болчу, адамдын жүрөгү айланат.

Доолдой үнкүлдөп ыйлап, анан бузулган кейпин эсине түшүп, бурулду:

— Ормон аба! Өч алып бер? Жөн эле... кырып кетиштиı. — Жангарач үнү жана чыкты:

— Бар дейм, үйгө! Ырайы суук аткыр, жүрөк түшүрөт экен!

Шагы сынган койчу кетип баратып эки-үч кылчайганда, анын ызырынганы бузулган өңүнөн туюлган жок.

Чыдамы кеткен Ажыбек жана айтты:

— Карап турбайлы. Ат коёлу артынан?

— Алар камынып алды, — деди Ормон күңгүрөнүп. — Бөөдө кырылышабыз. Сөзгө келээр...

Алыбек селт эте:

— Кырган мындан артык болобу, баатыр?

— Келген жоо чаап кетпей, өөп кетчү беле?!

Ажыбек андан бетер тынчсызданды:

Төрт уруудан жүздөн киши чыгар. Жок дегенде жылкы тийип келейин. Ансыз да Саруунун малы-жаны бекер олжо болуп кетти эле өткөндө.

Ормон буга да макул болбогондо Ажыбек атын моюнга чаап:

— Сен мени, шылдындап эле «кол башчы» кылган турбайсыңбы?! — деп кетмекчи болду. Ормон Ажыбекти токтотуп, Камбыл атанган күлүгүн тартуулап, ачуусун басты. Келген кол таратылды. Башчылардан Жангарач өтүндү:

—Айылга кайрылгыла?

— Кайрылганда... — Ормон ыргылжың, —кой кыркындай эле ар жерде өмөчөктөп, боздоп атышат, кимисине жетишебиз өкүрүп? Башы бүтүн, боору эсен сен окшойсуң, жүрү, үйүңө тарталы.

Алыбек самсыган кол менен Көл тарапка кетип, тиешелүү жигиттерин ээрчиткен Ормон конокко калды.

Өлгөндөрдүн жакын туугандары озондоп-боздоп, жоктоп, сөөгүн көмүүгө киришти.

— Олдоо, өлмөйүнчө бүтпөгөн жан багуу айласы аай! Жана, Жангарачтан каккы жеп, назары сынып кайткан Доолдой «кара ашка» казылган кемегеде от жагып, колунда сузгу сороктоп, эт сапырып... Бирок саналуу ой, өзөктү өрттөгөн кордук, алсыздык жанын курт болуп жеп, чаян болуп чагып, айласын таппай бушайман түшүп адамдар арасында.

* * *

Чүй элиндеги Курман дегендин үйүнө чоочун адам түштү. Көсөөдөй кара жаргак эрин неме экен. Кирпиги тынымсыз ирмелет. Бүгүлүп, коомайланып, шашып сүйлөйт:

— Шорук баатыр жиберди сиздерге. «Баска кетсе да, мен кетпейм, дейт. — Эл болом, журт боломун, — дейт. Жаманкара бас болгон бир тобу келип, сый-урмат көрүп, биз тарап тийип келген жылкыларын айдап кетсин дейт.

— «Чакыргандан калбагын» деген, ата-бабадан калган сөз бар. Өзү боордошолу деп атса, биз боорго тебет тебет белек. Барабыз! — дешти да, Жаманкара ичинде, он беши аттанат. Шашкеден жөнөп кеткен алардын кабарын, агасы Чынгыш түш оой угат. Иниси Жаманкаранын артынан чаап, узак жерге чейин кууп жетпей санын чаап токтойт. Карыянын беймазаланып, санаарканар жөнү бар:

...Жогоруда кабары чыккан Абылай хандын убагында Кунурат, Талкан, Жайыл деген бир тууган азаматтар болот. Алар Сары-Өзөн Чүйдүн аймагында жашайт. Жазы, кышта азыркы Кара-Балтанын түндүк батышынан көп төмөн, Саргоо, Шабыр, Күдүр деген жерлерде малы жатат. Түзүндө малы жатса, камыштуу токоюнда ар түркүн айбанат толуп, жырткычтан жолборстор жүргөн. Бул жер казакка чектеш.

Үч бир туугандын ичинен Жайылы элине белдүү, сырткы душманга алдуу, баатыр атанат. Жайылдын Теке, Үсөн деген балдары да кыйын чыгат. Атанын ошол уулдары жаздын таңкы шүүдүрүмүндө жылкы тосуп жүрүшүп, туланда кериле басып кеткен жолборс изин көрүшпөспү. Жүрөгү курч немелер из артынан түшсө, чоң таманы менен тырмак изи жерге баткан жолборс топ камышка кирет. Теке айтат:

— *Азуулуу сырттан дал ушул жерде. Коркпой тике* бастыр. Качыра бергенде кач. Атың курч, жеткирбейсиң. Мен мындан өңүп турамын. Карды ток неме камышка буйдалып жөнөлө бергенче укурук салам мойнуна. Ошондо шарт бурулуп келип, укургуңду сен да сал мойнуна.

Иш так Теке айткандай болду. Килейген кара чаар жолборсту эки жигит кайың укурук менен эки жагынан толгоп муунтат. Көзүн чакчайта чамынтып, ортого алып, айылга келишет. Жайыл дөбөдө эл менен кымыз ичип отурган. Уулдары жакындайт. Эл дүрбөп тура калат.

— Адам ээй, бул эмне?

— Эмнени сүйрөп алышкан?

Ата обдулат. Ичи тартынат. Чурулдагандарды токтотот да кол жандайт:

— Эмне болчу эле. Эки ит, бир итти кармап алыптыр!

Үйүндө жалгыз, эки уулун зекийт:

— Ойо, талаадан союп, терисин алып келүүчөр го? Чаап алдынарбы, атып алдынарбы — элдин иши болбойт. Баарынан көз жаман. Баарынан бирөөлөрдүн сугу жаман. Көзгө көзүгүп, суукка чалдыгып... Үй мышыгынан бетер жетелеп келишет аны!

Күндөрдүн биринде Абылай чакыртат, «Күзгү согум артты. Сүр жеп, сыйга карк болуп кетсин.» Ал да куду Жаманкара баатырларча чакырыктан баш тарта албай Теке, Үсөнүн алып аттанат. Кенже баласы Итике атасын ээрчип ыйлайт. Бала кежирлене бергенде жорго кунан токутун берип, аны да ээрчитет. Барганда Абылайды кудай урат.

— Капканыма түстүң, энди силерди чапканы аттаңаар алдында бошотпоймун. Мууздатамын! — дейт.

Айла кетет Жайылдан! Ант ургурдун, ырайы, чын эле жаман. Арага ошол элдик Жоогач деген досу түшөт. Башчысын жибите албай тажаган ал, аргасы куруганда:

— Жок дегенде, биринин капын бер? — дейт.

— Айткыла, ата-бала сүйлөшсүн да, кыйбаганын чыгарсын,— дейт Абылай. Анын ырайымын укkан Жайыл:

— Өз башымы аябайм. Экөөң кепешкиле? — деп, балдарынан өтүнөт.

— Экөөбүздөн тукум бар. Итике жаш. Итике калсын? — дейт Теке. Үсөн каршы болот:

— Итике чоңойгуча качан. Бирибиз тирүү калсак кайрылып келип, өч алабыз.

Атасы Текеш алкап:

— Ыраазымын балам! Итикеш, ойлогон эмес экемин, — дейт. Итике кичүү аялынан. Бул экөө улуу аялынан.

Жоогач колуна тийген тогуз жашар Итикеш өнөрүн алып, айылына чабат. Жайыл эки уулу менен өлтүрүлгөндө, Абылайдын «көрөгөч» сынчысы айтат:

— Мындан тукум калтырба. Калса, түбү өчүп албай койбойт. Муну укkан каңкор Жоогачты карай жигитин чаптырат:

— Жанагы бөлтүрүгүн мойнунан илип кайт. Кошо көмүлсүн. Небак үйүнө жеткен Жоогач чабармандын түрүнөн чочуйт да, Итикеш казамбакка ката коюп, тосуп чыгат.

— Баланы алып келсин дейт?

— Ойвай! Аны, кош ат менен чаптырып, чектен небак өткөрүп жиберим гой! Не кылып турсун, үйүнө жетти го, небак?!

* * *

Чынгыш: «Анда ошентип, оңолбогон Абылай жүрөктү муздаткан, ишенчилигин кетирген экен. Шорук бүгүн ал иттикти кайталабас» деп, кайра сабыр этти. Шорук да меймандарын ачык кабак тосту. Тай этинен үймө менен онуң үйүңөргө бара бергиле деп, аткарып ийди, Жаманкара баатыр ичине төртөөнү Кененсарынын айлына алып келди. Мында, эч ким сыйлап ат алган жок. Ар кими өзү байлап, көрсөтүлгөн четтеги кара алачыкка кириштн. Жерге салынган кийиз жок. Кедейбай деген кыйпычыктап:

— Шүйкүмү жаман го, хандын? — дейт. Бийик кабак, коюу каш, зор дене Жаманкара кенебейт:

— Эмне кылаар дейсиң?

— Торунда турабыз. Кылса кылып коёт да.

Көптө чала бышырылган арык кой эти тартылды. Ар кими кол салып, ооз тийимиш болду. Кененсарынын карындашы жортуулга чыгып, малга тийип жүрчү Бопурып айтат:

— Жаманкара адамдын сырттаны экен. Өлтүргөн оңбойт го?

— Андай болсо, тийип ал?!

— Тийсе тийип алчуу киши экен.

Аял тилин баш кесер укмакпы. Ичинде Норузбай, жасоолдору алачыктагыларды сыртка чыгарып, колдорун чырман, чөк түшүрүп тизди.

— Аноосунан бастайын, — деген Норузбай шамшарын жалап эткизип, Жаманкараның канталын жарды да, бөйрөгүн сууруп алды. Ал он бөйрөгү сууруланда кыц этпей тиштенип, сол бөйрөгүн тарткanda чалкасынан кетти. Эки колун бөйрөк ордуна тыгып, суналды.

... Төртөөнүн өлүгүн жээктеги кумга көмүп, үстүнөн суу жайпатып, көчүп кетишет.

* * *

Кылгыйма Жантай бир жагынан Орлондун айтканын моюн сунуп, экинчи жагынан Кенесарыны сылапсыйпоого айлындагы Карагул дегенди элчиликке жиберди. Карагул келгенде жүз чамалуу адам тегеректеген хан дөбөдө, ак кийиз үстүндө олтурат. Жамыганы төө чепкен, башындагы кара кыйык ак калпак. Дилде кемер курчанып, кылычын албай, сабын таянган. Атын жан жигитине карматкан элчи эки колун бооруна алып, таазим эте салам айтты:

— Атсалоому алекум, Башчы!

Хан үндөбөстөн жоош, жалдырап тиктеди. ... Алдында беш жүз чамалуу кылыч үйүлүү. Тээ түздө, ат туягы жашыл чөптү кыркып миц чамалуу жигиттер машыгып жатат.

Арадан бирөө:

— Сен кимсиң? — деп сурады.

— Элчиликке келдим.

— Элчиликке келген болсоң, — деди хандын катарында олтурган кара сакалчан көтөрүлө,— мына найзакылычтар силер үчүн даярдадык! — деп үйүлгөн куралга, машыккан аскерлерге кол нускады.

Кезегинде Карагул жооп берди:

— Өгүнү аттанып барып, чаап кайра качканда бул куралыцар үйдө калганбы?

— Макоо. Наадан. Хандын алдында оозунду бас!

— Мени элчиликке аттантканда силерден эт жеп, кымыз ичип кайт, деген жок. Кезекте сөзүндү айтып кел, дешти.

Кенесары каш кактыбы, айтор, кызылала печайы күрмө кийген, узун бойлуу, ак чекир Норузбай тура калды:

— Жүрүңүз. Биздикине конок болуңуз.

Карагул жумача жатып, акылдашып, акыры «Эки эл ынтымакта туралы» деген бүтүмгө келет. Аттанаар алдында Долубектин Найза-Кызылы менен Таштанбектен калган болотту сурайт. Кенесары берилсин деп, буйрулат. Бирок Карагулга башка кылыч сунулат.

— Бул эмес, дейт билген неме. Экинчи, үчүнчү бергенде да:

— Өзүн бергиле? — деп, албайт. Ачууланган жигит:

— Мактанганың осубу? Мунун неси болот? — деп өзүн таштайт. Карагул ала коюп:

— Бул, болот эмей, эмне?! — деп, тулганы тартып нийгенде тулга таарылып түшөт.

* * *

Чүй эли бөксө жайлоолордо олтурган. Бир боору Жаманкаранын күйүтүнө чыдабаган Чынгыш экн күндүн биринде атын токутуп, жарак жабдыгын алып:

— Же тирүүсү билинбейт. Өлсө сөөгү табылбайт. Букөрөкчө Шоруктун колуна барып мен да өлөйүн! — деп жөнөйт. Жыйырма жаштагы кичи иниси Самак чылбырына оролуп токтотот:

— Сабыр этсең. ...Ушинтип, куурай бересиңби? Барганда колуңан эмне келет?

— Келбесе өлүп берем. Ар намысы жок, кезек аш балбандар!

Айылдагылар чогулду. Жаак булчуну түйүлгөн Чынгыш жигиттердин намысына тийгидей сөз таштады:

— Баатырыңар дарексиз. Кекиртегиңирден аш кантип өтүп жатат, ыя?!

— Айтыңыз айласын?

— Кенесарынын кезеги келээр. Шорукту жайлап келгиле, арыңар болсо.

Айтса-айтпаса Чынгыштын дооматы туура. Кымызга курсак керип жүргөн жигиттер душмандан өч алууга кам көрүштү. Жайыттагы күлүк аттарын кармап, түнкүсүн тилин кыл менен бууп, коё берип, эртең менен чечет. Кечтен тац аткыча буулган тилин кепшеп-соруп, кур басып жүргөн аттар он күн аралыгында майын жоготуп, ичи тартылып, жарады. Аягы жеңилденип, колго тийди. Курман менен Самак баш болгон жетимиштен ашуун жигит Шорукту беттеп жашырынып, жол тартты. Жылгын башынан кечип, күндүз тоого бекиништи.

Кара-Конуз менен жүрүп, Сары-Жарды басып өттү. Кара-Кыштактын оозуна барганда дым чыкпай чыргай, коого жетишип, кароолго киши коюшту.

Чак түш. Жашыл жамына чети билинбеген ээн тоо талааны таамай тийген күн антабы көшүлтөт. Ылымтага байланган аттар күйрук жанып, тумшугу менен дарак сөңгөгүн түртүп жалмалайт. Жортуулчулар тамактанып, чалап жутушат. Кароолчу келип ат бооруна түшө өбөктөп чаап:

Кутурган-Шамшыны басып келген торт жүзгө жакын киши кызыл уук болуп, үй тигип кирди.

— Оозуңа май!

Шорук айылы ушул.

Амалды Курман тапты. Баарын шымга чейин чечинтип, кийимдерин бөктөрүп, азыктарды салбырата артқан болушту. Көйнөктөрүн селдеңе баштарына чалды. Найзаларын ат капталында сүйрөтүп, «Соодагер» болуша жай, чубай бастырышты. Чөбү жайкалган жаңы журтка келген тигилер да бейкам. Аяттары кереге жайып, эркектери көтөргөн чамгарактан уук сайып, түбүн аштоого чырман, бекитип алек. Чогорулген төөлөр моюн созуп бу-булайт. Жүгү түшүрүлгөн аттар чылбыр сүйрөп, оттоп... Тай мингөн балдар түшкөн жеринен козу кулак, кымыздык терип, чуруллдан чуркашат. Иттер сойлоп, оонап түлөгөн жүндөрүн жерге калтырат.

Жортуулчулар айылга чукулдаганда катуулашып, жогор жагынан өтө бериштн да, күтпөгөн жерден жин ургандай чабышып, төө териден жасалган эки доолбасты күрсүлдөтө күрсүлдөтө уруп, жети жүздөй кулунтай аралаш жылкыны үркүтүп, жолго салып, куун жөнөдү. Мурда «Кокондуктар» деп кам санабагандар:

— Ообой, жоо экен! — дешип, чуу түштү. Антипминтип, басмайылдары бошотулган жүк аттары колго тийип, жүзчө киши аттангыча тигилер алда кайда кетишти. Эми эле, чанач оозун кайрып, кымыз шимирген Шорук Койтору күлүгүнүн чидерин алып ыргытып, ооздук салууга чамасы келбей найзасын ала ыргып минди. Аялы:

— Жанымау! Шопкутунду кийе кал?! — десе, колду бир серпип, Курманды таанып, артынан түштү. Каштек менен Кара-Кыштактын ортосундагы алкымга жетти. Самак менен Курман капталга буга калышкан экен. Өтө берген Шорукту Курман качырып, ыргыта сайды. Томолонуп туруп, жалт берген атын кармайм дегенче, ага кеги жүрөгүндө кайнап, азуусу-азуусуна кабышкан

Самак качырып келип дал ортого таамай урду. Дал ортодон мылгыган найза учу көкүрөгүнөн чыга түштү. Найзасын буран сууруду да, учунан кан агыза Қойторуга чанты. Ат тостурбай айылына карап качты. Қолго тийбеске көзү жеткен Самак кайра бурулуп, жолдошторун карай ызгыды. Алар дирилдете жылкы куун, чаң созултун, терецге жите, караандары үзүлө берди. Арттагы куугунчулар токтоп, Шорук денесин тегеректешет.

Жана эле жаңы журтка чатырап конуп, тиричилиги менен жаркын кабак алышып аткан айыл адамдары, заматта оозунан жулдургандай жылкыдан айрылып томсорушту. Баатыры Шорукту жоктоп өкүрүп-өксүштү.

II

Қокон бийлиги, түндүк кыргыздарды кандай да болсо өзүнөн обочолотпоо милдетин Пишкек чебинин беги Алышерге тапшырат. Ал Қененсарыга жакындаганы жүргөн Жантайга тиш кайрып, Жангарачты бөлүп чакырат. Жабдуусу келишкен жээрде аргымак тартат. Муну Ормон угуп, өзүнөн мурда озунуп сый көргөн немеге ичтарланып:

— Қокондуктун «катыны!» — деп койгон.

Бул сөз Жангарачка жетип, бырс күлгөн:

— Көрөөрмүн, «эр албай, жесир жүрөөрүн».

Ормон үйүндө мейман болуп жатканда сокур намысын кетирбей калууга амалданган Жангарач Бекке тыкөл элинен айбыгып, ык таап катыша албай жүргөн Алышер бийиктеги максаты алаканына түшкүдөй, көзү чачырады. Чынында Ормон ким? Жангарач ким? Бири жалгыз Чүй элинин жонунан караган корукчу болсо, экинчиси жалпы түндүк кыргыздардын арасынан көкүрөгүнчө көрүнгөн алп эмеспи! Чеп ичине катуу даярдык бүтүп, үч жигит жандаган Алышер Жангарач үйүнө жөн жай адам катары келди. Қызыл пачайы чапанчан, ак селделүү Алышер жаркын кабак Ормонго колун кош колдоп көрүштү. Мунусу Жангарачка жага бербей, кайра тай сойдуруп, мейман үстүнө мейман күттү. А күнү конгон Бек, эртеси кол куушуруп таазим этип, Ормонду мейманга чакырды. Ушул келиште Таласты ашып, Жумгал аркылуу кетүүнү ойлогон неме сапарын токтото туруп, Бектин сыйын көрүүгө макул болду.

Жангарач кошо ээрчип, чепке келиштн. Қудай бетин

салбасын! Ормон мурда көрбөгөн сый. Чеп айланасын куралдуу сарбаздар курчап, босогодон жейман кирчү сарайга чейин килем төшөлгөн. Эки тарапта колду боорупа алып, таазим эткен селдечендер. Кулкуллаган сурнай, бапылдаган керней.

Ормон бастыра берди. Кара жал сур ат кошкуруп, мойнун ийип, жыя тартылган тизгинден ойт бере албай килем үстүндө элди жара баса берди. Төрдөн, сарай оозунан эки жигит бүгүлө аяр суулуктаган «Кызыл тебетей», оолжуп, зорго түштү.

Ширин даамдар жайнап, шарап коюлган дастеркондо даам ичип, азилдешип олтурганда Алышер айтты:

— Ормон баатыр! Таманыныздыкилемден аяп, аныңыз менен тебелетип өттүңүз го?

— Алышер Бек. Жер биздики. Кандай бастырсам өз эрким. Килемине ичин күйүп калган болсо... Ээрчий чык мени, биздин элдин килеми көчкөн журтунда калат.

Алышер күлүп, кошулуп баары каткырды. Шарап шимиришти. Жүз тамылжып, көз коюуланып көңүл ачык. Булар середе, килем үстүндө парча төшөк, капталдарында куш жаздык. Паста да килем. Бурчта лутар ойнолуп, чырванда кагылып, бийчилер чыкты. Кангары чийилген, оозу оймоктой кара чач кыздар колдорун канат жасап учуп, күү кайрыгы менен төмөн жыйрылып, кайра жыланча толгоно жогору созулуп, ошгоно көз сүзө толгонуп кетип жатты. Күү ыкчамдайт. Бийчилер чимирилет. Багелектери көбө, этектери делбирей, торко кийим ичинде денелер диртилдейт. Жаңы көрүнүш мээсине көп таасир этпей, Ормон тыңч. Кыздар колдорун жогору созо бергенде томпоё түшкөн төшүнө, бурула бергенде сан булчундарына жымыйган болот. Бек, мурда келип жүргөн Жангарач жаратканга ыраазы болгон боюнча катып калган эстеликтей өздөрүн унута көшүлүшкөн.

Ормон Бектин сыйында эки күн турду. Жөнөөрдө башына алтынга буулантканселде оролуп, үстүнө кымкап чапан жабылды. Камсуритай аппак аргымакка кашына дилде чөгөрүлгөн ээр токулуп, туура тартылды. Ормон аргымакка мине ыраазы болуп бастырды. Чептен көп узап, Таласты карай беттегенде, бөлүнөөр чекке жеткен Жангарач Ормонду жандады. Селденин учу жаагына салбыраган, кара сакал Ормонго Жангарач жымындай карап, айтып калды:

— Баатыр! «Токолдугуңуз» кут болсун?

Ормон жалт бурулуп:

— Ии, эл ичинде бир сөз бар эле, — деп ак селдени башынан апчый жулуп,— келе, *тебетейди! — деди Шэ-*менге.

Жангарач күлө-бага:

— «Кезеги келгенде жоон бербесе, сөздүн атасы өлөт», — деген эмеспи. Капа этпегин, баатыр? — деп таазим эте бурулуп, кайра тартты. Куржундан алынган бийик төбөлүү калтыр тебетейин кийген Ормон өз атына минип, камчы басып, катуу жүрүп кетишти.

* * *

Талас мыктылары Ормонду куп тосту. Аягы Чаткал, башы Шумкар уядан бери жер көрсөттү. Үстүнө сүлөөсүн, илбирс ичик жабылды. Көлдөн каз, өрдөк тепкен, токойдон кыргоол серпкен, талаадан тоодак алган куш колуна кондурулду. Мыкты жорго, күлүктөн алтоо чыркелип, жигиттери жетелеген Ормон ашуу ашып, Суусамырга түштү. Көбүргөндүү өтөктөрдү кыялай бастырып, Базалдыга жетип конуп, ат тыныктырды. Эми ашса Жумгал аймагы. Баатырдын өтөөрүн билип, Качыке да даярданган. Бирок атайы кайрылгысы келген жок. Кара кече жолуна түшүп, Соң-Көлгө чыкмакчы.

Кербенчилердей чубап, бейкам келаткан буларды Жумгал суусунун кечмелигинде салт атчан бир адам тосту. Ал утурлай бастырып, чукулданганда аттан түшүп, чөгөлөп, курун мойнуна салып күттү...

* * *

Жаркымбай менен Нурбай катынга жетип, айылына келгенде чамаларына жараша той беришкен. Күн өткөн сайын, баягы, ичсе да бир, жатса да бир, бастырса да бир ынтымактуу экөө жок. Тиричилик кенеши өз-өз аялдары менен болуп, окчун олтурушуп, эки капшытка жатышат. Нурбай Корголдун кебин угуп, Жаркымбай Саксайдын дегенине көнүп, акыры үй бөлүндү. Коргол Нурбайды төркүнүнө көчүрүп кетти. Эрди-аялдын биримдигине Жаркымбай да жолтоо боло албады. Колтугунда колуктусу Саксай жатканы болбосо, жетимдик менен жалгыздык, эми, башына чын түшүп, бүтүнү кетилип, бары жоголуп, коңултуктады. «Шайтан өпкөн катындардын кылаары ушул экен го? Мындай болоорун

билгенде бычынып ат болуп албай... Айгырдыктын азабы ажыратты экөөбүздү!» — деп, күнкүлдөйт. Акыры:

— Чыканактай немелин түркүнү кандай немелер, кабары жок тынч жатып калышты. Дагы бир барып, чалып, келейин, — деп ичден жөнөйт. Жолго үч конуп, сурамжылап келсе чакан айыл. Жатакчы аталат экен. Кыштоосу жакасынан көрүнүп, жайкы конушу кыштоосунан көрүнүп турат. Алыс кетпей айланын оттогон жандардай жашашат экен. Жүк жүктөөгө үч-төрт төөсү, минээрге, саап ичээрге азыноолак жылкылар, он чакты үй-өгүз, бир жайылаар кой эчкилери бар. Жайда жер айдап, эгин эгип, чөп чаап жакада. Кышта көц тезегин жагып, малын багып кыштоодо. Жыйырмача үйдөгүлөр бир-эки сакалдуусунун айтканын угуп, өздөрүнчө ордо. Бай айылдар буларды жардысынтып, «томаяк», «жатакчы» аташат. Аларды шылдыңдаган ырлары да бар:

Томаяктын алын көр,
Топтоп алган малын көр.
Аштыкчынын алын көр,
Айдап жүргөн малын көр.

Коргол ушул айылдын кызы болуп чыкты. Атасы, баягы, Ормонду ордон чыгарган Чоду. Кызы атасын тартып бекеле, аты бекеринен «Коргол» коюлбаптыр. Жатакчылар Нурбай эмес, Жаркымбайга жагып, бирото-лоло көчүп келип алган. Экөөнүн аялы мелдешкендей бойлоруна бир бүтүп, үч, төрт күн аралыкта төрөшүп, аз жыл айланбай экиден балалуу болушту Жаркынбай кайнатасы менен катышып, өзүнө окшош көзү чекир, аты Ороз уулун өнөртө, Саксайды төркүнүнө жиберип, Орозго таятасы энчи берип он чакты жандык, эки кара күткөн.

Ошол Жарымбай Нурбайды коштоп өнөрүн эми баштады. Бир чака буудай себишип, кырман толо кызыл сузушту. Кийинки жылы өгүз мойну жоорулуча жер айдашып, күздө салаарга кап жетпей, куярга ороо табылбады. «Тукуму аз кетет, түшүмү көп түшөт, кыш чилдеде бозо ичип, ырдап-жыргайбыз» деп, кум кайрак дыңга тарууэкти. Мурда урунган кол жаргылчакты калтырып, кара сууга тегирмен жүргүзүштү.

Бир кезде атасы өлгөн ымыркай баланы кошокчу аял минтип сооротконэкен:

Жетим жүрүп, жетилээр,
Жергеге башы кошулаар.
Кангыган жүрүп, кагылаар,
Кармашкан жоосу багынаар.

Аның сынарындай, бала-чака күтүп, оокаты жүргөн Жарымбай айылга алынды. Улуулар «Жаке» дешип, кичүүлөрүү «Жарымбай аке» дешти. Мурда, жаргылчакка тартылган унду жууруп, кол менен таптап, жукартып, эт менен кошо салышчу. Эт бышканда кошо чыгарып кошо тууран, «камыр аш» аташчу. Азыр, Жаркымбай кайындан үбөлүк жонуп, теректен жайгыч чанты. Ийлеген камыр жука жайылып, уп сээп оролуп, сычак менен кырча кесилип «кесме чыкты». «Тобо! Жаркымбайдын таппаганы жок», — деп көргөндөр, жака карман, шыпшыпышты. Бул жорук атайы ачыз болуп, бай айылына чейин жетти. Ар ким тац калып, атайы келип, тегирменди көрүп, кесме жасаганды үйрөнүштү.

Жакеч чийдин канатын бүйрүп, сууга тосуп, Нурбайга айдатып, балык кармады. Көк башыл, боору сары, жеңди билектей жаяндарды майга кууруп, же сууга кайнатып даярдаса, жанында Нурбай, бештеги Ороз, үчтөгү кызы кана кошо жешет. Саксай чыгып кетет. Бара-бара Нурбайдын эки кызы да кошулчу болду. Бир күнү кичинекейи какап калганы. Нурбай ала коюп: жөтөл, түкүр, — деп атканда, Коргол кирип келди. Тили күчөп бараткан ал:

— Балакет жегирлер! — деп эрининн колунан кызын жулуп алды, — капкаяктагыны башташат. Баламы какатын өлтүрүп, эл-журтка шерменде кылышат го?!.

Шилекейин күрмөп жутканда кылкан ары кеткен баланын көзү жашылдана жай ала түшүп, колун сунду:

— Ата...

— Атац менен жерге кир! — деп Коргол кызын ансайын кагып-силкип, булкулдатат.

Баятан балыкты таштап, шалдайган Жаркымбай сурданды:

— Эмне деп атасын, Коргол!

— Эмне демекчи элем. Элде жок жорукту чыгарып... Жыландай сойлогон балыкты жейсиңер.

— Жылан да желет.

— Жесең өзүн же!

— Алдагы тилиңи түбүнөн таарып... Өзүңкүнө тыгып таштайынбы?

Кудай Нурбайды урду, айкырып:

— Айе, Жаркымбай! Бу не деп былжырашын. Менин аялымдын тили сенин колундабы!

— Как, сенин аялынды... Мен болбосом, бу, суурду жан карабайт болчу.

— Оозуңду бас!

— Сен бас!

Тура калышып, жакалашты. Бири-бирине кол шилтешти. Балдар чырылдады.

— Жетим, Жаркымбай, шонко!

— «Жети аталуу» Нурбай, ит!

Саксай кирип келди. Жакалашып, сүрүшүп мушташкандардан уулу менен кызын кийиндетип, Корголго чыкырды:

— Күн жиликтей болгон өлүгүңдү көрөйүн. Ушундайынан абамы жуткансың, а дегенде. Эми...

— Өлүгүңдү мен көрөйүн. Оозуна мен түкүрөйүн. Эр албай, кара далы болгон бетпак! Атасын ыйлатып... Айылын кыйнатып атып эр тапкан талпак!

Ма! Эркектердики жетпей жаткансып, экөө кирди чачташып, үйгө арачачылар толду. Бака-шака. Сөгүшүү, каргашуу. Көптө барып, Нурбайды катын баласы менен чыгарып, аран тыйышты.

Ушундан кийин Жаркымбай балыкты токтотту. Көңүлү чапса уулун ээрчитип уулайт. Балык кароого башкалар кызыкпады. Эки ынак үнкүйүшүп катышпады. Акыры, Жаркымбай түтпөй улак союп, Нурбайды бүлөсү менен чакырып, алдына түшүп элдешкен.

Жакындан бери имиш-имиш сөздөр угулду:

— Чүй элин Кенесары хандын аскери кырып кетиптир.

— Бир найзага үчтөн төөнөп, отко кактаптыр.

Чоду купшундап койду:

— Кактамактан, туздан кетсин. Өзүбүз аман болсок болду.

— Антпе. Эл четин каптаган алаамат ортосуна да жетет.

— Антмек деле экен. Көп кол менен барган Ормонду көрүп, корккон немелер качып кетиптир.

— Адам ээй! Ормондо касиет бар го анда?

Чоду калтырап-титиреп, көзүн ирмеп, жобурады:

— Бар эмей, касиет. Шилисинен чычаңына чейин кулундукундай селкилдеп турган жалын, мына, ушул көзүм көргөн!

— «Байтал мингизип Чоду качырган» — деген имиш чын экен го?

— Төбөмдө көк турбайбы, чын.

— Касиети көзгө көрүнөт бекен?

— Ыймандымды жеп, калп айталбайм. Дегинкиси, жалдуу пенде «адам сырттаны» эсептелип, жоого жөнөгөндө алдынан ажыдаар сойлоп, арстан-жолборс

чамынып, он-сол капталынан ата-баба арбагы жөлөп алат, дешет. Кенесарынын качканына караганда, Ормондо ошо касиет болууга тийиш.

Көзүнөн күлгөн Жаркымбай кулак кашыды:

— Ормон өзү кайда экенин билген жан барбы, азыр?

— Куралдуу кол алганы өзбектерге кетиптир.

Кулагдар Жаркымбай жакындан бери, ушул чөлкөмгө Ормондун өзү келээрин укту. Чоду менен Нурбайга кенешти:

— «Өз жакшылыгынды доомат кылба, бирөөнүн жакшылыгын унутпа» — дейт. Экөөбүздү калыңсыз аялга жеткирген Ормон эле. Даам берип калалы. Акысынан кутулалы?

Торсойгон Чоду ыргыйт:

— Кокуй, кулагыма угузба!

— Ии?

— Мени тааныса жигиттерине мууздатып, итке салдырат!

— Себеп?

— Себебин сен сураба, мен айтпайын.

— Батпай калчуу кебетең жок, жашынып кал.

— Мунун жөндүү иш.

Ошентип, Жаркымбай күтүнөт. Ормонду «Ачкыл жандуу» деп укkан ал, буга чейин бир дагы кыргыз жасабаган кызык бозо ачытмак болот. Тай казанга таруу шак кайнатат. Өнүп, кургатылган буудай угутту жаргылчакка тартат. Ун кошуп, муздаган боткого аралаштырат. Ойда, түрүнгөн колун матырып, имерип, бүдүр калтырбай эзет. Суюлгуча боткону чечтирет.

Киши бою арча челек. Ичи ышталган. Майланган. Аны салкын кампага кийирет. Боткону куят. Үчүнчү күнү ортосу октолуп, чеңгелдей-чеңгелдей ак көбүк ала кайнаган. Үстүнө жана бир казан куйду. Кыш бою туруп, көк муз боло сүрсүгөн ириктин куйругун салып таштады:

— Мына эми! Бир Ормон эмес, жүз Ормон келип, түгөтүп кетсин көрөйүн.

Тиги, курун мойнуна салып, жол тоскон ошо Жаркынбай. Ысыктан аты ылаалаган Ормон чукул келип, тааныды. Дале, баягы «төө чечмей» эске түшүп, жылмайды.Берки таазим этип, анан туруп, кол сунду:

— Атсалоому валейкум, баатыр!

— Оо алекум, кайдан?

— Өзүң алдырып берген аялдын калынынан кутула албай...

— А-а, эсимде-эсимде. Да бирөөнүн «ашына» барып айгыр болуп азынап, байге алып, калың төлөп койсоң, кутулат деген ошол.

— Өлгөндүн баары Ныязбек, ал бергендин баары Ормон дейсиңби, баатыр.

Жаркынбайдын каябын келтирип айтканына чыны менен Ормон жетине албай, көк ала жорголун үстүндөгү зор денесин чалкалатып, сүйрү кара сакалы сенселе күлдү. Ачыча, ат жетелеген, Шамен баштаган жигиттер да жете келди.

— Баатыр — деди Жаркынбай өтүнүп. — Көптөн бери жолуңду тосуп жүрөм. Арнап, даярдаган даамым бар. Кайрылып, ооз тий.

— Ыраазымын. Бүгүн Каракечеге оргун, эртең Сон-Көлгө жете баралы.

— Бозо ачыттым эле.

— Бозо!.. Анда бир шарт, Жаркынбай: Арнаган ашыңы таштабай кайрылайын, бирок, төлгө кылып кайрылам. Бозоң ойдогудай болсо, кудай сага берди. Жолуман калып, анан жутканым жакпаса, тагдырыңа таарынба! Макулсуңбу?

Өкүмдардын сөзү Жаркынбайдын шилиснне чыга түштү. «Кандай болот, кандай жок?» деген анын жайдары жүзү томсоруп, өткүр мүнөзү мокоду... Эсин жыйып, чыйралып, тубаса кайраты оргуп, айтты:

— Баатыр, эмесе, мен да төлгө кылдым. Жүрү!

Жаркымбайдын үйү өзөн сууга жакын. Суу жээги чычырканак, тал. Айлана көк ыраң. Секиче түздө тамыры бир, өзөгүнөн бешке бөлүнүп, ар өзөгү туш тарапка ийиле чатыраган зор терек. Анын көлөкөсү миң кой жаткыдай аймакты ээлеген. Жаркынбай меймандарын ошо терек түбүнө токтотуп, Ормонго айтты:

— Баатыр! Кылычыңды кындан сууруп даярдан. Мен төлгөгө кеттим. «Оң» болсо шырдак, көлдөлөң ушул жерге салынат, түшкүлө дейм. «Сол» болсо унчукпай басып келип, алдыңа моюн ийем, чап.

«Хандын каарынан сакта!» — деп эл бекер айтабы? Деген менен Жаркынбай атынын чылбырын мамыга чалууга жарабай бош таштап, кампасынын каалгасын тартты. Кацылжаар жарган жыты бур этти. «А, кудай!» — деди. Ширелип чаптаган челектин оозун бычак менен жара тартып, ачты. Бозо тынч. Бир карышча көк кашка тунган. Жыты силкинтет. Чарадай куйрук сорулуп бүтүп, чарымы калкыйт. Сөөмөйүн малып, оозуна салып татты. Жана малып, татып:

— Кудай! Төлгөм төп чыкты! — деп жүгүрүп Ормонго жетип, таазим этти:

— Баатыр! Көрөөр күн, ичээр суум бар экен. Иш жакшы. Түшүңүз?!

Меймандар түштү. Аттар кантарылып, басмайылдары бошотулуп бир четке байланды. Көлөкө каптаган көк ыранга үй-үйдөн жыйналган жаңы шырдак жазылып, үстүнөн көлдөлөң чубалып, жаздык коюлуп, Ормон бачтап олтурду. Жаркынбай суу жээгиндеги аркандалуу турган тайды союудаан мурда, Нурбай менен бозо сүзүүгө кам урду. Бозо сүзүп аткан ак камсурп казанга үч өткөргөнчө бозонун уусуна чадабай күйүп сарғарды. Чаңкаган жигиттер эки чөйчөктөндү токтолбой тартып ийишкенде кулагы тунуп... Үчүнчүдөн кийин көздөрү алачакмак. Жеңилденип, топучан отурган чоң Ормон жуткан сайын:

— Шумдук! — дейт, бозону катуу талдоочу неме ыраазы болуп, — баягыда ич өрттөгөн шарап ичкен элем, ошонун эле даамы!

— Аш болсун, баатыр.

Батынып Ормон жанына эч ким келе албай куйрук кыпчып, алыстан карашат. Даап, ушундай конок чакырган Жаркынбайга таң калышат. Чодунун өлүү-тирүүсү билинбейт. Ал тууралуу баатыр укпасын. Укса, кызыган неме түктү искек менен жулгандай жоктоп таптыраар.

Баатыр, беш чөйчөктөн соң жапсарга басты. Булакка кол чайкап, бери бурулганда буту чалыштайт. Олтурун, жаздыкка кыңкайды.

Баары жуушаганда гана, Жаркымбайлар тай сойгонго кам көрүштү.

Түнөгөн Ормон эртең менен аттанмакчы болду. Жаңы ышталган кара чаначка толтура бозо куюп, Шаменге бөктөргөн Жаркымбай, айтты:

— Баатырга жагып калды, жолдо жутсун. Колуман келген сый ушул. Ыраазы болгула?!

— Жаркымбай, мунуңа ыраазымын! — деди алдында ойдолоп, алып-жүрүп кеткени турган көгала жоргонун тизгинин жыя тарткан Ормон. — Сен, жеңил кутулганы турасың го?! Күзүндө,бир төөгө сылай таруу шак артып... анан, дал ушу бозо ачыган челегиңди кошуп жеткиресиң.

— Болсун. Аткарайын баатыр.

Шарт жүрүп кетишти. Дүпүлдөгөн аттар дабышы кулакта калды.

* * *

Адам акылы менен жасаган кооздук менен табийгат тартуулаган кооздуктун биринче экинчиси жалгашкан себеби болот. Ошол себептин түндусу бизди суктантаар бүтүн иерсе.

Кыргыз жергесинде үч көл бар. Эң чоңу Ысык-Көл. Тоолор менен курчалган. Түбүнөн кандайдыр кетип аткан күндө да, калыбын азайтпоого туш тараптан нечендеген суулар куят. Экинчиси Чатыр-Көл. Бу дагы чокусуна көз жеткис тоолор ортосунда. Жылга-жылгадан суулар куюлат, Аяк-башы атка күндүк жол, үч миңден ашык бийиктиктеги тоо үстүнө бүткөн Соц-Көлгө акыл айран! Үстү толгон каз, өрдөк, ак куу, аңыр. Аймагы көз жеткис мейкин. Чачыла тигилген үйлөр. Кытыр эткен ташы жок кочкул топурагына кыска, кызгылт бетеге чыгат. Тишине араң илинген ушул бетегесин оттогон төрт түлүк мал жарылгандай семирет. Эти ширин, кымызы чөбүнө түспөлдөш кызгылт келет.

Алдынан атайы чаптырган адамдар тосуп, бийикке чыкканда эл башкарчу «мен» дегендер тегеректеп, жолдо катар «уу» бозодон жутуп, алагүү болгон Ормон биринчи көрүп олтурган көзүнө ишенбей моюн созуп, аңкайып, көлдү жээктей бастыра берди. Суусар бөрк кийген жайык бети тарам кызылдуу, сакал-мурутун көк чалган Дуулат, бой келбети келишкен, алагай көз Келдибек. Дагы-дагы бир тобу кошо самсыды. Буртуйган Ормон дөбөчөгө токтоп, жигиттер жетип, атын суулуктап түштү. Бүлдүргөсү билегинде, камчы колунда калып, олтурду. Оң-сол ыптасында эки мыкты. Бир мунусун карап, өз кара санын өзү мыткып, «фу» дейт. Уу жыт тигинин каңылжаарын жарып, силкинтет. Бир тигинисин карап, кара санын мыткып «фу» дейт. Уу жыт аны да уруп, силкинтет. Каягын чапчыырын билбей ортодо комдонуп, күрүлдөп, үрөйдү учурган арыстан сымал айланы кетирип, көгөрүп-татарып баатырга, жыйырма жылча мурда ушулар тараптагы орго түшүп, байтал минип качкан ызачылыктын кеги жүрөгүнүн башында дат болуп турган баатырга кепке тил кирди:

— Кызы гана талактар! — деп бүктөй кармаган камчысын булка көлгө сунуп жеп жиберчүдөй экөөнү алма-терме карады. — Кысаар жериңерди гана кыссаңарчы! Көлдү мага көрсөтпөй гана... Урунуп жүргөн экенсиңер го?!

Дуулат түктөйдү:

— Баатыр! Бала болуп кеткенсиңби! Көрсөтпөй *урунгандай көл жан күзгү беле?*

Мойнун бурап имерилген Ормон ансайын акыраят:

— Ики-ики. Ушуга чейин бир ооз айтышпайт да... Дубакөйчүлөрүн булардын. Кана, көлдү эми ката салгылачы көрөйүн азыр?!

— Көр, көрөйүн деп келдиң.

— Айып тарткыла!

— Башчы сөзү эки болмок *беле, тарталы.*

— Кырк чаар ат!

Дуулат, Келдибек туруп, бурула күбүрөштү да, Келдибек кайрылды:

— Баатыр! Үйгө жүрү, салыгың аткарылат.

— Башчы сөзү эки болбойт дединг. Абалы орундат. Анан...

Эки датканын түштө чаап кеткен жигиттери кеч бешимге чейин алыс-жакын айылдарды кыйсыпыр түшүрүп, байлардын жатканын тургузуп, олтурганын бастырып, атчанын кубалап жүрүшүп, кеч бешимде бирди ашырып, кырк бир чаар ат айдап келишти. Ормон ошого чейин былк этпей, көктүгү жазылбай олтурду. Агер Качыке жанында турса мас неме эмне кылып нйер эле?! Ушундайда колуна тийсе кандай санаттан өткөрөөр эле?! Качан кана чаар аттарды алдынан көл жээктетип куун өткөндө гана мандай бырышы таркап, бетиндеги тик турган түктөр керилген жолборс жонундай жапырылды. Аттанып, конок үйгө жөнөдү.

Келдибектин он эки канат ак үйү. Төрдө Ормон, катарында кемер курчанган, «мүйүздөр». Алдында март даам. Капшытта жазы мандай, түксүйгөн кара каш, көзү балбылдаган Орозбак. Кобул мурун, кара мурут, тегерек кара сакал ал чоор, кыл кыяк тартат. Орозбакка Келдибек каш какты:

— Баштап олтур, зоогуңу?

Мүнөзү илбериңки да эмес, жагынуучул да эмес Орозбак керегеге жөлөнгөн эки куралын кармалады. Жүзүн ой чала чоорду алды.

— «Индостан» — деп айтып мурутун жанып, жаланып баштады. Чоор үнү башталганда эле, тээ, кыйырсыз ээндик, муңга толгон санаа, алсыздыкты кабарлагандай сыздады. Ал улам көтөрүлүп, титиреп, өлүк сезимди да кыбыратып, тирилтип, бой эриткендей. Ошол ээндикте «Мен бармын. Мен жүрөмүн теңселип», — деп кабарлагандай. Бозомтук абалда бийик күмбөздөр, сансыз мололор каалгып, тирүүлүк арты өлүм экенин

кайталап, эскерткендей. Дагы тили жетип, дагы күчү ташкындап, бир сырды даана, ачык айталбай жаткандай. Чоор үнү жыбылжый баштап, көторүлгөндөн көтөрүлөт. Уккандарды боюн балкыта таш молодой катырып, матап барып, күү токтоду.

— «Жоо басты». Таргыл өгүз мингөн бала кой жайып жүрсө, ашуунун ары жагынан жортуулчулар келип, баланын буту-колун чырмап, мал менен коштой алып жөнөйт. Бала: «Акелер! Мен эч жакка качпайм, колуму чечип койгула, эрмек болуп берейин?» — дейт. Кулак салышпайт. Бала кайра белилдейт. Бирөө: «Жубарымбектин жаагы басылсын, колун чечип койгула!» — дейт. Койчунун койнунда чоор бар экен. Ал чоорун алат да, тарта баштайт, — деп, Орозбак жөнөттү. ...Чоор теренден сыздап, алыска угула ырдап жатты:

Айдын бүтүн он беши, ай...
Алганы, ак токтунун жамбашы, ай...
Арам өлгөн ак эркеч, ай...
Ашууну карай жармашты, ай...
Жоо басты, ай...
Тармал-Төрдү ашты, ай...

— Айылдагылар чоор үнүн туюп, камынып барып, бала менен малды ажыратып калышкан экен.

Орозбак эми кыл кыякты алды. Жааны кылга жанып-жанып туруп:

— «Элкин тоо» деди. Кыяк түбү санга тирелип, жаа жибериле кийиндеп, аткаруучунун жаак булчуңу түйүлүп, жазылат. Таноосу бүлбүлдөп, көзү кылгырып, пардалана жайнайт. Кыл дирилдеп сыздайт. Кайрыктар уйкалышып, созула сүйлөйт:

Элкин-элкин Элкин-Тоо, ай...
Ээсиз калган, Элкин-Тоо, эй...
Элкин-Тоого биз чыксак, ээй...
Биз чыксак, ээй...
Эл карааны көрүнбөйт, ээй...
Көлдө жаткан каз-өрдөк, эй...
Ылаачын тийсе, бөлүнбөйт, эй,
Ылаачын тийсе, аа бөлүнбөйт, ээй...

Орозбак эки куралын алмак-салмак тартып, толгон күүлөрдү ойноду. Бир канча күн конок болуп, зоок угуп, моокуму канган Ормон кетээринде:

— Силерге жарашпайт. Мага ылайык экен деп, Орозбакты көчүрүп кетет.[1]

---

[1] Кийин чоң манасчы атанган Сагынбай ошондо тогуз жашта болот.

III

Адам таманы аз баскан кырда тоо табылгы өсүнтүр. Аны чебер кол аралады да: «Бутаксыз, мындай түз болоорбу! Кыйганга али эрте, али жаш. Дагы өссүн. Дагы узарсын. Жайда гүлдөйт. Күзгө тарта кабыгы кызарып, быша баштайт. Ошондо кыйсан, камчыга каалагандай сап болот. Эрикпей олтуруп, мыктап жасалган ал камчы сага жолдош. Сага курал», — деп калтырып, убакыт күтөт. Чебер колдуунун эси-дарты ошол, келечек «камчы сапта» болуп жүрөт. Бир күнү барса, ал табылгыны башка бирөө кыйып кетиптир. Дат айтып, томсоруп, жерге олтуруп калды биринчи көргөн, ээси сыяктанып калган ал. Укенден айрылган Алыбек дал табылгынын өсүшүн күткөн немече колунан жулдуруп ачыр-ды. Табылгыны кыйып кеткен неме табылбаган сыяктуу Укен да кайра ордуна келбес иш болду.

Тандап колукту да алды. Аты Моймол. Кайын-журту белгүү. Моймолу өңдүү. Салт боюнча келинчеги эр сайт. Аты токулган Алыбек бир жакка жөнөмөкчү болсо, Моймол чепкенин алып берип, анан тебетейин сунат. Кереге башына илинүү камчыны алып кошо чыгат. Бирок, ал, канчалык жубайлык милдетин жатык, так аткарбасын, негедир бир жери жетпейт. Алыбек көңүлүнө бир кобул. Ошол кобул дайыма бош, дайыма ачык. Шамалдайт да турат.

Алыбек сакалдуулардын кеп кылып олтурганын далай уккан: «Аял жапаа, ит бапаа!» Аял мыкты болгондо колунан эмне келет? Жоо сайып береби? Тапканыңы бышырып, кир-кечеңи жуун, бала төрөп берсе болду да.

Чынында Моймол өзүнө таандык иштерди «эй» дедирбей жасайт. Дайыма Алыбек жаткан соң табагында шамды өчүрөт. Дабышсыз чечинип, жуурканды этиет серпип, жылуу денеси менен эринин койнуна кирет. Моймолго имерилип, алаксып көңүл бүтөлүштүн ордуна ортолорунда болгон мамиледе, эркелетип сүйүүдө кайра ого бетер чоңоюп, кеңейип, тушунан тешилип, муздак шамал ырылдагандан ырылдап өтчүдөй болуп барабы, алда эмне? Моймол чырак үйлөп, чечинип атса Укен элеси кошо сунат. Моймол чырак үйлөп, чечинип атса Укен деми чыгып аткандай. Оодарылып кучактап өпсө, кучагына Укен келгендей. Биринчи элести

түртүп, алдыга өткөн экинчи элес. Жакынкы элести жоготуп, көкүрөгүнө асылган алыскы элеси азаматты тымызын жейт да, турат!

Сааттай болуп, Ормон чакырып калганы. Ал жаш токолу, Укен менен экен. Эшикти Каптал көтөрүп, Алыбек эңкейе кирип барганда төрдө очоюп олтурган Ормондон мурда капшыттан тура калган Укен көрүшүп, көзүнөн чакмак атты. Өзүн жоготуп, чоңуна кол суна ашыгып, Укенге таазим этти. Укен аяк каптан илиш алып, көөкөрдөн кымыз куюп сунду. Көөкөр турган аралыктан Алыбекке Укен кантип жетээр экен, чиркин?! Жүзү бир кубарып, бир кызарат. Таноосу кыпчылып, капталына ак манжалары баткан сыр аяктагы кымыз калтылдап, «кыяматтын кыл көпүрөсүнүн» үстүндө келаткандай...

Оо, сүйүшкөн пенделер! Ажырашкан соң ылайым жолугушпасын. Кокус, «кудай» калыстык кылып, жүздөштүрсө, экөөнү жан көрбөй, ээндиктө, токой ичинде, же каранғы бурчта кошсун. Бойлошкон экөө жытташабы, бурулушуп ыйлашабы, ал күнкү бакыттары үчүн тозок отуна түшүүдөн тартынышпайт... Момунтип, араларындагы купуя сүйүүлөрүн билген Укенинин колунан аяк кармаган Алыбектин өлбөгөн төрт шыйрагы калды. Мээси эңги-деңги. Жер айланып, жыгылып кетчүдөй жыбырлайт. Оюна кайрат чакырып, өзүн зорго токтотту. Муну, Каптал башталышынан акырына чейин сезип турду. Табалагандай ууртунан күлүп, келинчекке кылый тиктеди. Жалгыз гана Ормон үнү арачы болуп, Алыбекти алаксытты.

— Балбай казактардан жылкы тийип... Артынан куугунчу жетип, чабышып... эр өлүптүр. Өлгөн эр аркылардан. Кун доолап киши келди. Жанына Шаменди алып, ушул ишти бүтүр. Сенден башкага моюн бербейт, ал тажаал.

Капшытта олтурган Алыбек каш түйүп, эңкейе жер тиктеп, баш ийкейт. Анын, бул кепшин көргөн адам: «Тайманбай жоого кол баштаар эмес, өйдө сүйрөсө да «ооба», ылдый сүйрөсө да «ооба» дей берчү, алсыз экен» дечүүдөй.

Сыртка чыкты. Аттанып, кун өндүрчү менен Шаменди ээрчитип бастырганда гана эмне ишке жөнөгөнүн боолголоду. Аны каратерге түшүп жарым эс кылган Укендин күчү эле.

* * *

Мыкты атка жарым күндүк. Шилби, табылгы, караган тытышкан беттеги оюрмадан көтөрүлүп, жонго чыккында жайык. Шибери желге тармалданып, кулпуруп жаткан өрөөндө Балбайдын айылы. Жигит күткөн, ханга салам бербеген талаанын бөрүсү, тоонун кайрымсыз канчыл бүркүтү ал, уятынан тосту Келгендердин аттарын жигиттери алып, боо терең, эңкөө далы, жоон моюн, жаак булчуңдарынын тирегенинен артына тулкөңдүлсүз сунду. Ээрчий келген чоочундан улам ниш жагдайын түшүнүп, кайнаган күрөң көзү муздай. «Үйгө киргиле», — деп атайы айткан жок. Алыбек менен Шамен түшкөн жерлерине малдаш урушту. Ормон «Кызыл тебетей» шайланганда күпөөсүз өлгөн эр куну «жүз ай туяк» делинген. Эми да ошону айтаар деп, Балбай кабаарыйт. Шамен сөз баштады.

— Кимдин союлу тийгенин карап турган киши жок. Бирок, ажалы жеткен ал айылдан болсо, айыпка бул арапка кырк жылкы бермекчи болдуңар. Баатыр, бүтүмүн ушундай чыгарды.

Ачуу менен олтурган айыпкер кулагына ишенбей:

— Канча? — деп жиберди.

— Кырк...

Жүзүнө ырайым киргенден кабагы серпиле «нетсе да, төө, Ормонду айтат туугандыктан кетпептир!» —деп:

— Бүтүмү кабыл. Берели? — деп жиберди.

Балбайдын үйүнөн торпоктой чоң тайган чыкты. Анын жону түтүндөй көгүлтүр. Боору акчамбыл.

Күмүш каргылуу, бүркүт чоку, узун жаак. Уурту жыйылса, жаагы толо айкашкан азуу. Көрпөсү таррук учтанып, чимирилген. Оң бут башы тырмагы менен го карап «Актаман» коюлса керек.

Келгендер назар бурган тайган өйүзгү карагайлуу бетке элейе карады да үрдү. Хав-хав. Балбай ашыга:

— Чыңжырлагыла! Жөнөп кетет? — деди.

Сынчылы, же тайган дайнын мурда билеби, кун алчуу неме көз кадай:

— Япирим ай! — деди көкүрөк жая. — Ажалы жеткен өлдү. Азабын катын-бала көрдү. Айгайлап, жылкы кууп нетебиз. Мобу итини мойнунан байласаңчы, жетелеп жолго түшөлүк?!

Сумсайып, Балбай обдулду:

— Не дедиң?.. Кунга ит берчү беле?! — деген менен, Актаманын «ит» деп оозу айткан менен жүрөгү тыз.

* * *

...Актаман маалынан өткөндө алтымыштаган түлкү серпти. Анын үчөө калтар. Тоо кийгенин тобу менен куун, аскага камап, аттырды. Алгыр куш, тиштээк тайгандын арааны жүрөөр маал кыш. Эки кар басып, бели толуп, машыгуусу күчөп калган Актамандын кызыгын көрүүгө тандап мингең бир топтор Балбайга келишет:

— Кара-Төрдө үйүр-үйүр кулжа жүрөт дейт. Карын майын калындыгынан бут бүгүп жаталбай калган учуру. Тайганга каматып... Жоронун куурдагын камдайлы.

Балбай тилге кирип, кордолгон бозо шимирип, алагүү жөнөшөт. ...Тоо баштары агарып, түзөндөр ала-телек. Мойнундагы каргы тогоосу тартмага илинген тайган Сартору ат мингең ээсинин жетегинде. Күтүрөгөн алар суусу соолгон сайды бойлоп келатышат. Секирме башат кырынан ээрчишкен изге кездешишти. Из жаңы, тырмактуу тамандан чачылган топон алдындагы топурак али катпаган. Кыязы, бир аз мурда эле өтүшкөн окшойт. Из эмненики экенин ажырата алышпай аттан түшүп, өбөктөп үңүлүп, куурай чечеп, кызуудай талашын калышты:

— Бөрүнүкү.

— Издериниң бирдейине караганда... экөө тең дөбөт.

— Коё тургулачы?.. Чонураак болуп атат.

— Жолборс өттү дейсиңби!..

Балбай ат үстүндө. Актаман изге үзүлүп-түшүп жыттап, каргыны үзчүдөй сүйрөп, жытты искеп, өпкө кагат.

— Бирдеме сезди.

— Тайган түгүл мен да билип турам.

Мына эмесе, сага! Тарткынын учу чыгып кетип, бошогон тайган изге түшө зымырап, кээ-этти. Чу коюп жетишпеди. Чакырганда кылчайбады. Тайган артынан кепкө жүрүп, көп убараланышат. Ат союлуп, түш оогондо арчалуу күңгөйдөн берки кызыл тоскокко экиң жагынан тосоттоп чыгып барышса, быйылкы бала илбирс. Бирөө эмес экөө. Ооз омуртканы сый тиштеп өлтүргөн Актаман өйдөрөөктө жаланып, коюп чочоюп олтурат.

Мындай окуя, кыргыз жергесинде көптөн болбогон. *Балбай бээ чалдырып, түлөө өткөрөт.*

Актаман тиштеген түлкү менен, камап аттырган боз кийик адат болуп калгандыктан эсеби эстен чыгын, төрт маалына жетип турганда кышта карышкыр күч алды. Үйүрлүү жүргөн алар кээ айылдан короо койду короосу менен кырды. Сыртынан көз салынып, алыскы жайыттарда жүрчү субай жылкыдан ысырап андан. Күйүнгөн ээлери бири-бирине кабарлап, айгыр минишип, айла табууга акылдашышты. Мылтыктуулар белендеринип, түнкүсүн жылкыга кайтарчу коюлчу.

Акыры, Ак-Далынын өрөөнүндө, калдайган калың жылкыга түн ортосу ооп карышкыр тийди. Дүрүлдөп үркүп, туяк серпиндисинен кар тозоңу буртулдап, кишенеген бээ, адашып чыцырган кулун-тай.

Даяр немелер аттанып, мерчемдүү жерлерди тосуп, айланта курчоого алышты. Карышкырлар камалчу түюктун оозун гана бош калтырышты. Адам акылынан айбан кутулмакпы? Жара тарткан жемдерин калтырган жырткычтардын карааны кар үстүндө бүдөмүк болуп сороктоп, самсып, кылчак каранып, торго кирген балыкча Түюкту өрдөштү.

Ал жерде бөрүлөрдү куткарбас курчоого алышты. Жол бербей тосуп турган сары аскадан берки жар таштар арасында экиден-бирден шексинип, кан тоңгон ууртун жаланып,тогузу жүрөт. Актамандын тарткысын куруна бек чырмаган Балбай ок чыгарды. Зору тура калып, төмөн чуркады. Калганы аны ээрчий, качты. Карышкырларга жулунган Актаман өзүн сүйрөгөндө, ээси таш тээп, тура калды да:

— Тайганды бошотом! Байкап аткыла? — деп бакылдады, беркилерге.

— Топ немелерге кердиртип ийбейбизби?!

Ошол күнү Актаманды карап тургандардын көз кумары канды белем! Түтүндөй сайылып жеткен алгыр бөрүлөрдү бирине бирин кошпой жалгыздатып, арткы толорсукту кырча каап, силкип өтөт. Бет алдын түз качырып, шарт бурула албас тоң моюн бөрү буйдалганда ооз омурткасын сый тиштеп, бучкактай серпет.

Бешөөнү ыргыта аткан мергендер тайгандын күчүнө ишенип, калганын калтырышты да, жабылып, кысып, кыйкырып, ортого алып, кирип барышты.

— Ал Актаман!

— Айт, Актаман!

Тайган көкжалга жармашып, жетип, борбуйдан сил-

кээрде ал кайра качырды. Актаман оозуна тийбей чыга берип, бурулду. Кыйкырык көкжалды коркутуп, тайганды өөрчүттү. Өөрчүгөн неме тик барып асылды. Бойлошуп, кабышып, биринин алкымына бири оозун жеткирбей бурдашып атканда, чаап жетип, аттан ыргыган Балбай мылтык менен жетип, карышкырды белге берет. Актаман жоосун бакалоордон каап, басып, бууйт. Оозу, көзү чекчейген көкжалдын күйругу кыбырайт.

Ошентип, Актаман үйүрлүү карышкырдан качпай тиш салган. Анын аягырлыгына көзү жетип турган чоочун кун үчүн сураганда ээсинин жүрөгү кантип тыз этпесин. Шарт ордунан туруп:

— Баатыр кескен нарк, нарк. Жылкыны эле ал, — деди.

Алыбек туурадан деп калды:

— Кырк жылкыдан... Жалгыз иттин артыкчылыгы кайсы?

— Ит да болсо сүйгөнүм! — деди бетке чабар орой неме. — Сүйүүсү жок өмүрдүн бары кайсы, жогу кайсы?!

Алыбек капалуу. Балбай бекер айткан жок. Укенге жетпей калганын билип айтты. Тийишип айтты. Сындыра айтты. Ырасында: «Сүйүүсүнөн айрылган өмүрдүн бары кайсы, жогу кайсы?»

Аттин ай! Сөз көтөрөт, сөз өлтүрөт ээ, адамды?!

* * *

Кусадар жанга, жалгыздык себепкерби... Мергенчиликти шылтоо кылган Алыбек жал-куйругу төгүлгөн, жоон шыйрак, чачпагы түксүйгөн күрөң ат минип тоого жалгыз кетти. Кисеси толо ок-дары. Асынганы беш атар мылтык. Колдон колго өтүп келген бул мылтыкка мүйүздөн шыйрак салынган, карматкан буроолору күмүштөлгөн. Илинүү турса да ай далыга асылуу жүрсө да өзүнчө азем, өзүнчө көрк. Бел курдагы кооздолгон кынында күмүш сап, толтолуу шамшар. Булгаары кабында жалгыз көз турнабай.

Жандуу ырахат берген жай толугунда тоо аралаган адам эмнелерге жолукпайт! Бирок аны ар бир көз өз абалына жараша көрүп, өз дартын, өз жараатына окшоштуруп алат окшобойбу. Тескейдеги бой тирешкен калың чөп, баштары ийилген тал, кайың бук болуп, ойго чөккөндөй Алыбек көзүнө. Күрөңдүн тизгинин бош

коюн, саландан, ийиндин кежигесинде карышкыр жатат. Суур күтүп акыйган ал да армандуудай. Андан коркуп, ээн оттой албай ийинге камалган суур да армандуудай.

Тээ, үстүнөн булут көчкөн чоку түшүнда ителги. Ал ашуу ашып жолобой, же төмөн сайылып карагай ченге конбой дале айланат. Эмне издейт? Таппай атканы эмне?

Алыбек каттоодон чыга бергенде топ телки качты. Тороло элек чаарчыктар серендеп кошо жүгүрүштү да күлүк энелери жеткирбей кеткенде бадал түптөрүнө кирип, жашынышты. Узак барып токтоп, кулактары шамдай көтөрүлө мойну созулуп, көздөрү жайнай таноолору дердендеген телкилер балдарын карай келишип, чыйылдап, ары арыштап, бери арыштап, шамалдап, адамды алаксытып атышат ...Булар кандай азаптуу?

Алаксымакчы болгон Алыбек көңүлү андан бетер оор, андан бетер бук. Кырга түшүп, ташка сүйөнүп улутунса, ый эмес,ыр эмес муңкануу ороп, жеңил көтөрүп, алыска алып учат. ...Үчүнчү күнү, жондо турнабай салып, айлананы көрүп аткан ага, өзүнөн ылдыйкы бадал этегиндеги бир окуя а дегенде таңсыксыз болуп, анан, бара-бара саналуу оюн бөлө көңүлүн тартып алды. ...Килейген күрөң аюу аркы булакка барып сууга оонап келет да жан жагын карап, үңкүрчөнү чапчып кирет. Кара топурак серпилет. Кайра булакка кетет. Баягысындай кайра келип кылчактап, кайра ишин баштайт. Дал аюуга тушма-туш капталда кубакай бир караан бар. Аюу ишке алаксыганда ал жылат. Аюу башын көтөрсө чөпкө көмүлүп, жок болот.

Анын карышкыр экенин Алыбек билди. Бирок, аюуда эмнеси бар? Кол салган атабы? Өгүз аюуга жалгызбы? ...Акыркы, адам карышкырдын амалын жандырып, айласыздан ырсайып күлдү. Оо, биринен экинчисин үмтөттүрүп, бирин экинчисине жем кылып койгон жаратылыш сенин тамашаң ал! Качан, казган үңкүрүнө аюу батып, көчүгү гана көрүнүп калганда аңдып жаткан карышкыр жаадай жетти да аюуну артынан бир булкуп, качты. Аюу айкыра үңкүрдөн чыгып, карышкырды кубалады. Дагы кызык: карышкыр тик, же капталдап алыс качпай ийинди имериле берди. Артынан жетпей аюу жүрдү балпактап, секирип, акыры аюунун жүгүрүүсү начарлап, боорунан бирдеме чубалгандай болуп, чалыпып, буйдалып, айкырып олтурду. Аздан кийин ша-

лак жыгылды. Карышкыр куйругун булгай басып келип, бая бир булкканда эле жара тартып, эми ал жерден ичеги-карын чубалып, май түйрүлгөн жылуу тумшугун тыгып, булкуп-сулкуп кирди.

Экөө куушуп жүргөндө эле жапсарлаша чапкан Алыбек жеткен. Четиндин далдоосуна атын байлап, өңүп келди да, мылтыгын окчо карман, аюунун майлуу буртасына кызып калган карышкырды өпкө түшка берип калды. Ок тийген жерин бир каран, ал сулады. ... Аюу казган үңкүрдүн төрүндө койдун башы, тытмалаган жиликтер, көздөрү жылтыраган беш бөлтүрүк. Аюу жемге кирмекчи болгондо чабытка кеткен канчыктын дөбөтү жайлаганын Алыбек түшүнүп, баш чайкады:

— Баштагы иш кийинкиге себепкер болуп... Өткөндөгүгө кийинкиде өч алган, кармаш. Жан бар кезде, кыязы, эриш-аркак кол салуу бүтпөсө керек го?!

Санаалуу адамга бир персеге берилип иштөө, ага кунт коюп алаксып кетүүдөн ашкан дары жок окшойт. Жалгыз ок чыгарып, эки олжолуу болгон Алыбек шаттуу. Сүзмө толгон каптай көлкүлдөп жаткан аюудан баштады. Аны тейтейген шыйрагынан алып сүйрөдү да, чөнтүн калың жерине чалкасынан оңтойлоду. Төштүн башына чейин жерип, бучкактап, арбайган тырмактарын бузбай териге чыгарып, моюн жагына тумшук, эриндеринен бери туюк сыйрылды. Эти жок күрөң аюунун териси кулачын керип, оозун телпейтип, ыргайдын көлөкөсүнө жайылды. Анын жанына тулуп союлган карышкыр куйругу чубала, кулагы тикчийип илинди.

Түн, салкынына муздаткан олжосун күрөндүн соорусуна жапкан Алыбек Укен айылына барып түштү. Баарынан зарылы Ормон ушул үйүндө болуп чыкты. Алыбектин олжосун мында алып келгенине Ормон ыраазы да, күмөндөр да. Төрдүн жарымын басчуудай аюу терисинин чоңуна, жүнүнүн калыңына, жылтылдаган агыш кытатына карап койду. Баарынан моюндан өйдө чебер сыйрылыптыр, кеби бузулбай. Капталга ээк кага:

— Төл кулун сойдур, түлөөгө! — деп буюрду да. Укенге жайдары карады, — ыңсапсызга кашык салса беш ууртайт болбойлу... ...Жээнинде айтчы өзүң, олжосу экөө экен. Аюусун шыралгага таштасын, колкосун берели. Карышкыр өзүндө калсын?..

Жасакерлеништин ыгын билбеген Укен баягы күнкүдөн бетер кысталып, күтүүсүз келген Алыбекке карай албай, көөдөнү алоолоп аткан. Эри атайы кенеш салганда, өңү албырып, кубулуп:

— Өзү билсин, — деди баш көтөрө.

Ыйлап басылган баладай шаабайы сууй түшкөн Алыбек:

— Жок, баатыр. Экөө тең эле калсын силерге...

— Колкосу чоң болот го?

Мергенчи эки жагын карады. Үйдө үчөө гана.

— Колкосу бирөө гана: мен, Укенге учурашканы келгенде көкүрөгүңө жаман ой кетпесин!

Ормон аялына бир карап, кол башчысына бир карап, түктөйө буулуп атып, жанды:

— Болуптур. Эмнеге жаман ойлойм?.. Бириң жээн, бириң таяжесиң. Келбей коймок белең, келип тур.

Алыбек ичиндеги дартын айтып алганда жеңилдене түшсө да, үйүнө баратып: «Ушу сөздү орунсуз айтып койбодум бекен? Кыялы жаман Төө Укендин кабыргасын кыйратып койбос бекен?» — деп беймаза болот, — «жашырбай сырымы айтканга антсе, кан уурташып калаарбыз!» — деп, чыйралат кайра.

Ормон желбегейлене төрүндө. Чыгып баратканда кол жаңсоо менен токтогон Укен шакектерин кармалайт. Эри адетинче кара санын мыткып:

— Ай, Качыке сенин зордугуң! — деп ызырынып алды. — Бул иштн экөөбүздөн башка жан туйбасын. ...Аккан суу менен аял затына из токтогон эмес. Ыгы келгенде жээниңдин ийрин жандырбай көңүлүн алып кой. ....Өз дарысын жутпаса күйүт басылбайт!

Баятан жазгангансыган Укендин таноосу кыпчыла, баатырга тик карады:

— Жарабаган сөздү айттыңыз! ...Анын «келип турамын» дегенин башкача түшүнбөңүз?! — Эриндери көгөрө, өңү бузулду. Канчалык кайраттанса да, көзүнө жаш каканактап, жүрөгү купуя сүйлөйт, «...Алыбек да, көп кыраандын сынарынан... Мен кызыл калтар болуп, капталдай жөнөй бергенде, ал бөктөрүп, жайлуу жерине башка кырааи тээп, кана жеп койгон жемдин тарпына ал конбойт. Калтар аны кондурбайт да, кор кылбайт дагы!»

* * *

Укендин сагынганда көрүп, учурашып турууга баатырдын өз оозунан макулдук алган Алыбек, Ормон конокто калып, өзү Кененсарынын колунан кыргын тапкан Шалта айылынан кайра келатканда Укенге кайрылат. Каптал тосуп, жылмандап, аттан түшүрөт:

— Баатыр конокто калды дечи. ...Ырас болгон тура. Үйгө кир? — деп эшик көтөрду. Чатырап толуп, келип сымбаты чыккан Укен жаркын учурашып, ал-абал сурады. Бурулуп, өзүнө кылыя көз кадап, сук арткан Капталга тигиле өңү бузулду. Муну Алыбек да байкап, бир түрлүү кызгануу көөдөнүн тебет. Укен жоолугун түздөп, көөкөргө эңкейип, шарак түшкөн чолпусун артына серпет. Канчалык алаксымакчы болсо, да чыдамы жетпейт окшоду. Тура калып, Алыбекке дат айтып, ыйлап ийди:

— Кордукту, кудайдан кийин мобундан... Капталдан көрдүм! Сен келип кеткен сайын... Сур жылан болуп босогодон көрүнөт да, арбайт. Мен «талабын» орундатпасам, баатырына айтат имиш. Менин кандай күнөөм болгон эле, сен тууралу? ...Айтчы, жээн?!

Алыбек Укендин сөзүн аягына чейин укпай жок. Үрөйү учуп, жалтактай калган Капталга кандай секирип жеткени көзгө илешпеди.

— Адашкан асылыма сенин кордугун гана жетпей аткан экен го?! — Туюктун капчыгайында Балбайдын тайганы Актаман Көкжалды кандай бууса, андан да жаман муунтуп, түпкүчтөй ийип, кийиздей тепкилеп, жүндөй тытып жиберди.

Ормон Соң-Көлдөн келгенде оорусун жан кишиге айтпаган Каптал кан түкүрүп, суу ичип, төшөктө жаткан.

IV

Калк арасындагы кагылыштар, түркүн окуялар учурунда болмуш катары эсептелип өтө берген менен анын чоң себеби, кийин тарып калбырынан өтүп, териштиргенде гана чын-чынына коюлуп, чаңы сүртүлүп, айнеги жаркыраса керек. Айтор, неси болсо да үйдөн сүт төгүлсө, сырттан музоо эмет болуп, эки элдин ынтымагы бир жерден бекимекчи болсо, экинчи жерден үзүлүп, ордунан чыкпады. Иштин ошондой болушуна таасирин тийгизип, купуя жүрүп жаткан окуялар маалында байкалбады.

Чүмкөлгөн паранжиси калың өз табышмагын башкаларга оңой менен жандырта койбогон Жантай бир тарабынан Карагулду жиберип, Кененсары менен элчиликке келимиш болду да, экинчи тарабынан ага каршы Улуу жүздөгү урууларга шыйпандап, окуяларды таалалдандырууда. А Улуу жүздөгү падыша бийлигине

кошомат кылчуулар болсо бүлүнүп бараткан Кененсарынын сары изине чөп ченейт. Артынан сүрө түшөт. Кайра тургус кылып уратууга тамырын көөлөйт.

Ушундай маалда, учурдан пайдаланган Жантай Чүй элинде жүргөн ашкоо Төрөгелдини иниси Молтой аркылуу чакыртат. Меймандайт. «Эр энөө болот» деген сөз бар. Ал дагы доордун шартынан келип чыккан окшойт. Ат минип бастырып, ашка тоюп ынтыккан «эрлер» кантип энөө болбойт?!

...Жай мезгилинде кыштан сакталып, майы түйрүлгөн казы-карта сүр жеп, кымыз ичип, курсак салган Төрөгелдиге Молтой эркелеп айткан болду:

— Баатыр аба! Айылды чаап алып, душман тарап дымып калды. Артынан кубалайлы десе корктубу, Ормон жибербеди. Өзүбүз барып, жылкы үркүтүп келсек кантет? Жаңы эт сагындым.

— Норузбайды жетип сая албай арманда калды элем... Элүү жигит тап, барса баралы.

Бир деп алса сөздөн кайтпай шамалдай согулчу алар Улуу жүзгө таандык айылдык жылкы тийип келатканда буктурмадагылар качырып сала берди. Көп колдон жазганып, булар качты. Төрөгелдини жандап чаап, Молтой көкүтөт:

— Аба! Сени баатыр-баатыр эле дечи эле... Баатырдыгынды көрсөтсөң боло, кайрылып?

Укмуштуудай кара күчү акылын жутуп койчу Төрөгелди намыстанып, күрөң аттын тизгинин буруп, тура калды:

— Көрсөтсө көрсөтөйүн!

Атынын ээрин алып ыргытып, тердикти бек тартып, куу найзасын сундура куугунчулардын алдын тосуп, качырды. Эрдиги, баягы жолборс чапканда эле билинбеди беле: үч-төрттү ыргыта саят. Тигилер көптүккө салып, тегеректейт. Күрөң ат мүдүрүлүп, өзү жыгылып, колго түшөт. Карышкырды капканга чаптырып, өзү жолго салган түлкүчө Молтой качат. Колу-буту чырмалып атса да «көзү жок эр» долуланып, бакырат:

— Атаганат! Аюке, Тойтук[1] жанымда болсо, Аксур алдымда болсо, булардын адебин бербейт белем!

Ушундай кармашта жигиттери Аюке, Тойтук карыш бөлүнбөй бирге жүрүшчү. Аты мүдүрүлсө сүйрөп, жыгылса тургузуп, кайра мингизчү. Найзасын колуна карматып оңочу. Өзү чамынып, жоого кире берчү. Алардын

---

[1] Айылында калган жигиттери.

зарын тартып качкан Молтойдон көзү өтүп, анан атайы кылган чыккынчылыгына дале акылы жетпей, сөгүп калды:

— Оо, атасы башка эненди... Жанынын таттуусун!

Жылкысын кайра айдап, Төрөгелдинин салноочтон, шатырап жолго түшкөн Улуу жүздүктөр айылына келди. Бирине бири көз кысып, туткунду шылдыңдап күлүштү.

Башчысы:

— Акел! Өз аулунда баатыр еди, биздин аулда «ат боп» кос аякап секирсин деп, бутуна кишен салдыртты. Чөк түшүп, мокок устара менен сакал-муруту кырылды. Жапырма тебстейчен шум бирөө мандайына келип, кам-чы сабы менен Төрөгелдинин ээгин көтөрөт:

— Ана күндөрү, аке элиң, сакал-муруттуу. Энди «бала» болдуң жасарып. Не арманың бар бизде а? Хе-хе.

Ормондун оң көзү аталган Төрөгелдини колго түшүргөндөр дөбөдө. Алдыларында сапырылып кымыз. Төбөдө ала булуттуу асман. Боз чалган көгүлтүр тоолор. Калдайган мал. Топ-топ боз үйлөр. Төрөгелдинин башына эми элечек кийгизишти. Көчүгү эркек, көкүрөгү дардайган кара «аял» болду.

— Бу, кайсы байдын байбишеси еди?!

— Шелек беришер, бээ саасын!

Кечээги «баатыр» бүгүн, баскан-турган жаш-карынын боорун эзген күлкүгө айланды да калды.

Жантай туугандарына айтып, кацкуулап арачы чаптырды. Абалы, баасы жүз жылкы делиниген. Жылкы топтолуп, куткарып келишмекчи болсо, эмнегедир Улуу жүз тарап айныды. Иш күзгө созулду. Күз түгүл кыш кирип келди.

Ормон угуп, ишенбей кайталап такып, билип, уялганынан кызарып-татарып, опулдайт:

— Биздин элдин малы жетпей калыптырбы?! ...Аны көргөн башка кантип оңолот? Пейилинен тапкыр. Жатсын ошентип, баасы малга бычылып.

Узарып бараткан Төрөгелди тагдыры чечилгенче Ормонго «эрмек» өзү келип урунду.

* * *

...Качыкенин улуу аялы Салкындан туулган, чекеге чертилбей эрке өскөн кенже баласы Суран жигит болду. Айтса, Салкын ай-күнүнө жетип, төрөөрүнө аз калганда эрине айткан:

— Көз жарып, аман төрөп алсам, кудайдын мындан аркы бергенине ыраазы элем.

— Берсе, албай коймок белең?

— Келиндерим менен жарышкансып... Уят окшойт, баатыр.

Тилеги кабыл болгонбу, же башка себеби барбы ошондон кийин Салкын төрөбөдү. Анан «көкүрөк күчүгүм, кенжем!» — деп, Суранды башка балдарына караганда ою менен коюп, эркке өстүрдү. Суран атасына окшош болсо — чап жаак, карасуур, бойлуу болмок. Апасына окшошсо — жээрде каштуу ак жигит болмок. Тагдыр, аны ата-энесинин эч кимине окшоштурбай, иймекей тумшук, коюу кирпик, кара каш жасады. Баланы бешикке салып жатканда үй толгон катындар арасында күнкүл талаштар да болгон:

— «Таноосу барбайып, атасынын эле өзү го?» — деп биринчи аял шыбыраса, экинчиси чыканагы менен нукуйт:

— «Барбайбай-марбайбай эле, кыпчылып турат. Беш өрдөгүнү учурба. Бул, мен көргөндөн, биздин айылдык эркектердин эч бирине окшошпойт», — деди да, мойнун созуп кулагына шыбырады: «Баягы, соодагер башчысы Бекбергендин дал өзү. Ал келгенде, Салкындын, шаңкылдап күлкүсү да катуу чыкчу эмес беле?» Шыбырды эшиткен үчүнчү аял, аны сандан оё чымчып, балага ормоё тиктейт:

— Бекбергенди мен да сонун тааныйм. Жамбаштап, биздин үйгө да далай конду. Аялды арбап тиктеген шок неме экени да чын. Бирок... Күнөөкөр болбойлу, баланын кимге окшош экенин бир кудай өзү билбесе, Салкын бизге айтпас. Ушинтип, Сурандын кимге окшош экени, айыл арасында дале купуя талаш. Ал түгүл, Качыке өзү, кымыз ичип, шиберге оонап, жакшылары менен олтурганда, тиги тай минген балдар менен жарышып, чаң ызгып жүргөн баласын айткан:

— Өтө шок. Качан токтолот билбейм. Чонойгон сайын орою да башка болуп барабы, алда эмне? Айтор, чоочун.

— Эр тайын тартат» дешет эмеспи, баатыр, — дейт көөкөрдөн кымыз куюп сунган жойпу жигити, — чоң атамын айтымында, Сурандын түп таякеси ушул кебетелүү, тынчы жок киши экен.

— Ошондойбу! Анда жөнү бар.

* * *

Суран көөнү келсе, торпокко окшош болсун. Суран-Суран да! Ата аркасы менен бироонун башына кайнак суу куюп жиберсе да, же ошо чачы жыдыган немени жалгыз кызынын козун челейге чапса да өз эркн. Аны кой-ай дечү адам жок. Бой жеткен ал өзү тендүүлөрдү чогултуп алып, ат жакшысын минип, башы ооган жерде. Кайсы айылга түшсө да кымыз чайкалуу, козу союлуу. Апан, ай жарыкта жигиттер менен кыз-келиндер чогулуп, таң аткыча жылгаларда ойноп, чер жазмай. «Кудалашкан колуктусу жок бой немеге жагып каламбы?»деген ниетте бардалдуу кыздар кылыя тиктеп, кылык көрсөтүп, кол артса качпайт. Мойнун созо, бетин тосот.

Суран ат багар жигит Апынды ээрчитип Тер-Жайлак жайлоосунда. Жөн билги жагынан кыз-келиндер менен кайым айтышууда алдына жан өткөрбөгөн Апын күлдүргү сөздөрү түгөнүп, айласын таппай калганда киймин чечип, ээрге атынын көчүгүн карап, тетири минет. Бир айылдан экинчи айылга чуу коюп жөнөйт. Мунун шумдугун көргөндөр ыйлагыча күлөт. Ошол Апын Сурандын жарпын жазып келатып, тектирдеги төрт үйгө бура тартты.

...Желеге он чакты кулун байланып, отуздай жылкы ылаалайт. Үйлөр аймагында жайылган козу-улак көрүнбөйт. Бирок, тигиндейде кой жаткан короо бар. Үйлөрдөн опур-топур адам чыкпады. Эки келин утурлап ат алды. Сурандын көзүн көзүнө жабыштырып алган-дай окшош секелек кыз үйгө жөлөнүп, таңыркайт. Мырзалардын аттары ат мамыга байланып калган кезде аяккы үйдөн уйкусу боюнан тарабаган карапайым жигит басып келди. Жигиттин калпагы тетири кийилген, сары жаргак шымына шымдалган боз көйнөгүнүн аргы этеги шалбырап, бутунда эски сары өтүк. Ал көзүн жаныл алып, салам айтты. Окчун тигилген ак үйгө ээрчитип келип, эшик көтөрдү. Үй жасалгалуу. Он сегизге не жетет, не жетпейт — ак алма жүздүү сулуу келин оң капшытта эс алып жаткан ордунан туруп, ак жибек жоолугун оной мырзалар саламына баш ийкеди: жумуру билегинин экөөндө тең кымбат таш чөгөрүлгөн билерик. Салааларында шакек. Кулпунган кемсел, бүйүрмө этек жашыл көйнөк. Намыркен маасы. Кыймылы сайын чач мончогу шарак этет.

Келин, Сурандын ороюна жалт каран, элейди: бей

тааныш жигитте, көк чалган сакал-мурут болсо эле, *так эрини өзү дечүүдөй, тобо?!*

Шок Апын шартты бузуп, колун сунду да, келиндин колун алып моймолжуган койгулт көзүнө сук арта алаканындагы буладай жумшак салааны кысып-кысып койду. Шакектери өтүп, канталай калган салааларынын ооруганын билгизбеген келин, сыртка чыгып кетти. Жанагы, сыртта ат алгандын бири, мискейге кымыз көтөрүп, экинчиси пияла көтөрүп келди. Сулуу келин кайра кирди. Калпакчан жигит төмөнүрөөк чөк түшүп, чоочундарга чыны сунду.

Бара-бара сөз чыгып, жай сурашып тааныша баштады. Жасалгалуу үй — Бекбергендики экен. Бир көргөндө эле жигиттердин көз жоосун алган тиги, жаш келиндин ысымы Седеп. Седеп Бекбергендин өткөн кышта үйлөнгөн токолу болуп чыкты. Байбичеси «төбөм» деп жыгылып, төшөктө бир күн жатып өлгөндө, ордун ушул кирдүү кол менен кармагыс Седеп менен бастырыптыр да, колуна билерик эмес кишен, салааларына шакек эмес — кулпу салыптыр. Өзү ар кимден көтөрүп алган малдарды Анжиянга сүрдүрүп кетиптир. Анын иши көп болгондуктан бул үйүнө келгин сыяктуу кайрылып, көп убактысын соодасы жүргөн жерде жана ишине кол кабыш кылчу эки аялынын үстүндө өткөрөт дешет.

Седепке имерилген секелек кыз өлгөн аялынан. Кымыз сунган жигит — Бекбергендин жылкычысы. Мискей көтөрүп келгени — жылкычынын келинчеги. Чыны кармаганы — койчунун жары. Койчу мал менен жайытта. Айтор, бул жердеги мал-жандын баары Бекбергенге таандык. Азырынча үй ээси, тиги, уялыңкы көрүнгөн Седеп.

Мырзалар өргүүчү кейиптенип калышты. Аттарын жайдактап, коктуга тушашты. Апын купшундап, Суранды түртмөлөйт:

— Чиркин! Келин, Седеп болбой, набат болуп калганда, бая эле бир чегип алып, тандайга салып, мемиребейт белем. Кудай урсун, уурдап да болсо бир чегип алмакмын!

Суран кыткылыктайт:

— Жайыңа койсо, колуна өлүп бергиң бар ээ?

Апын кежиге кашыйт:

— Аай, таң... Байкасам, жана тиктей берип, эрип кете таштадың. Качан «кашык салаар» экенсиң... күтүп мен жүрөм. Хе-хе.

* * *

Жайдын коюу түнү небак баскан. Көктө жылдыздар быкбыр.

Эзиле бышкан козунун сары куйка башы үстүндө чоң чара эт алдыга тартылганда эле сопсоо турган Суран көкүрөгүн чымчып, онтоп калды. Бечара! Улам күчөп онтоп, чабалактагыдай болсо, көргөндүн боору ооруйт. Седеп баш болуп, баары да элейишип, мейманга энтелешет. Бирок ал айыкпоочудай чабалактап, сөзгө кулак какпайт. Седептин колундагы пияланын ичине дарылык үчүн булоолонуп турган ысык сорпого ээрдин да тийгизбейт.

— Ой, жаным! Ай жүрөгүм! — Буралып-толгонуп, айткан сөзү ушул. Апын Седептен өтүндү:

— Жигиттин, «адат» болгон эски жүрөк дарты бар эле. Катуу уктап, тердемейинче тынч алалчу эмес. Чочубаңыз анчалык.

Седеп жүктү оодара тарттырып, сол капшытка калындап жай салдырып, куш жаздыкты бийиктетти. Сурандын сырт кийимин Апын чечип, ансайын онтоп, керегени кармап төшөккө кырдантты да кызыл башайы жуурканды чүмкөндү. Ошол замат тынчып, көшүлүп уктап кетти.

Мейманынын тынч алганына Седептин кабагы ачык. Апын менен үйралыша тамашалашып, жигитке эт туурап, табак четинде.

Апын башка конок үйгө кетти. Седеп айкөз-айкөз саймалуу жибек көшөгөсүн түшүрүп, көшөгө ичиндеги төшөгүндө. Койнунда асыранды кыз. Баш жагында жалыны үлпүлдөп, шоола чачып, шам күйүп турат. Түндоошу, короодон койдун мекирене калганы угулат. Бир түрлүү жаштык санаалар көкүрөгүн толгойт. Боюн алдастатат. Доошко кулак төшөп жаткан келин мемиреп уктады.

Убакыт денесин өрттөп, жуурканды жакасынан көзүн жылтырата ойгоо жаткан «оорулуу» Суран, эми жыландай сойлоп, төшөктөн турду. Дабышсыз басып жетип, шайы көшөгөнү этиет серпип, ичине кирди. Седептин күмүш түспөлдүү көкүрөгү эмчекке чейин ачылып, оң колу сыртка серпилген. Мемиреген андан эң жумшак, жанга жагымдуу тыноо чыгат. Жатаар алдында тамагын сүртүп алган жалбыз жыты бурулдайт.

Мырза шамды үйлөдү. Өзүн унута келиндин көкү-

рөгүн сыйпалап, мандайынан жыттады. Чочуган келин «аа» демекчи болгондо шамдагайлык менен оозун кымтый калып, кулагына шыбырады:

— Жаным, Седеп! Садагасы, Седеп. Бул менмин. Чочубаңыз менмин. Ооруган коногуңмун!

...Седеп үнсүз тунжурайт. Карангыда күлүмсүрөгөнү, же кабак чытып тецсинбей турганы табышмак... Чөлталааны кыркып учуп келаткан чүрөккө куш жолугат да, көлгө жете берген жериңде бөктөрүп алып, капталын толкун жаба берип жаткан жарчанын чокусуна конот. Жемиңен чецгелин бошотуп, чүрөктүн чалкасынан түшө дирилдеп турган көөдөнүнө тиктейт. Толкун эпкини чүрөктүн үлпүлдөгөн жемсөө тыбытын желпип өтөт. Тыбыт желпинген сайын, учуруп жиберчүдөй куш тикирейип. Ошол сыяктуу жаш мырза да келиндин үстүнө үйрүлүп, зарыга тиктейт. Келин үн катпайт.

...Седеп көөдөнүн чыпай демин ичине тартып, күчтүү үшкүрүндү. Аздан соң койнундагы кызды боюнан оолактата четке түрттү. Катуу уктаган бечера, улам сүрүлө берип, төшөктөн биротоло түштү. Чыйрыккандыгынан тизеси менен башы бириге бүрүшүп, жамынчысыз таң атырды.

* * *

Седеп менен Сурандын ортосундагы чукул таанышуудан башталган көцүл жакындык улам күч алды. Тутанды. Бекбергендин жылкычысы, койчулары көзгө илинбей... акыры алар да көндүм болду. Экөөнү эркине койду. Алар «кантет эле жаш неме...» — дешип Седепке жан тартышты.

Жигитти көрүнбөс жибек жип менен өз боюна чырмап алуу — бул ургачынын жатык, ызат мамилесинен. Баасы кымбат андай мамиле ар ургачынын колунан келе бербейт. Жана андай мамиле «акыл» жолу менен, «амалкөй» жол менен да иш жүзүнө ашпайт. Ал чын пейилден, көцүл ырахатынан, жүрөк буйругу менен жаралат. Мындай каснетке ээ аял заты сүйгөнүн эргитет. Ажырашканча алпештейт!

Ургачылардан сейрек учуроочу ушул сапат, балким, Седепте бар чыгаар? Ким билсин? Далайларга жүрөгүн чаап, тилеги орундалган соң зөөкүрлөнө кол шилтеп, кайрылып саламга келбөөчү Суран Седепке калганда алсыз да, кусалуу да, Седептин ак алма сымал жүзүн жарым күн көрбөй калса, камчысын түшүр-

гүдөй алагды. Элендеп, эки жагын издөөт. Апын элеси мандайына тура калып, колун мойнуна артат. Үстүн түзөйт. Балача ээгинен сүйөп, эркелетет. Куду жарым кылым жашап жакшылык менен жамандыкты өз башынан өткөргөн, «көзү ачык» кишиче орундуу сүйлейт. Доого жыгылган атасын гүткарып алып үчүн атасы курлуу Бекбергенге сатылганын айтат. Зар какшайт.

* * *

Оо, ал заманда ата үйдө сейрек. Апа заты аркандап койгонсуп тиричилигинен алыстабайт. Баласынын азыркы өнүп, санаалуу кыймылын Салкын алгач байкады... Чынында, Суран мал таппай же Седепке үйлөнүүдөн душмандашаар адамдан коркуп санааркап атпады. «Качыкенин эркеси соодагер Бекбергендин токолун тартып алыптыр» — деген жаман аттуу сөздүн болбой койбой тургандыгын майышты. Пикирин Апын да туура таап:

— Өзүн эмес, атаң сынат, — дейт. — Анан мырзам, коно жүрөсүң да эскертип койгонго жарабайсың деп, ириле курмандыкка мени чалышат.

Атжолун сергитпей экөө термелип жүргөндө Апынды жалгыз чакырып, Салкын сыр чечет. Көргөн-билгендерин, кайсы айылдан кандай карыларга учурап, акылнасаат укканларын сурап келип, тектүү жерден кыз жактырдыңарбы дегенге өтөт. Бир жолу, Сурандын «апама акыл салып көрсөк кантет?» дегенин эстеп шар Апын чыпынан кетет:

— Кыздарды деле көрдүк, апа! Седеп дегенге жолугуп калып... Алтын таңкандай башы айланып жүрөт, уулунун.

— Ал ким экен, ботом?

— Ошо, ким экендиги кыйнап жатат.

— Кандайча?

— Токолдугу болбосо, кызга алмашкыс жан!

— Токол!.. Эмне шумдукту айтат, бул?!

— Соодагер Бекбергендин...

— Бас жаагыңды, жубарым! — Салкын ийне баскандай ыргыды. — Бул сөзүңдү жерге түкүр. Атыңарды агытып,айылдан карыш жылбагыла. Жоругу бузулган айбандар? — Андан ары эрини көгөрө колу калчылдап, өзүнчө кобурады:

— Баланы боорун көтөртпөй үйлөнтүп койгон оң тура. Эркин болсун, ойноп-күлсүн десе... момуну көр!

Жолугаары менен эрине жанытты:

— Баатыр. Жыйырмадан ашкыча... Эркеци көп талтактатпай тектүү жерге кудалашып, үйлөнт.

Байбиче акылын Качыке куптады. Макул болуунун да жөнү бар. Ормон башы менен эл-жерин аралап баратып, күтүнгөн өзүнө кайрылбай кеткен. Кембагал Жаркымбайча көрбөгөнүнө намыстанган. «Кудай алдында, бу Чоң таманга жазганым жок эле го, суук кебине таарынып, орго түшөткөнүм болбосо? Атасынын ашына абийир менен бардым. Кызыл тебетейликке сунушту өзүм киргиздим. Дардан ит, ичине кир кетирбесин деп, Дааныштын небересин алып бердим. Ээй, кудай! Буга кандайча жаздым. ...Дале, андан кетсе да, менден кетпесин. Кудалашып, белиме биротоло чалайын», деп жайлоодон кыштоого тартар боз кыроо күздө мал айдатып, Салкын менен Суранды алып, бойго жеткен кызын келиндикке сурап, Ормондун улуу аялынын айылына келип түшөт.

Жакшылыктын жакшылык болуп аяктабасы бирөөлөрдүн башкага көрсөткөн ак ниет сый-урматы, ич ара кагылыштардын, карама-каршы келген себептердин айынан жамандык болуп көрүнөөрү өмүр жолунда көп. Ошонун биринде чын ниети менен келген Качыкени тиш кайрап жүргөн Ормон «тосту» белем! Жигиттерин аттан ажыратып, «мал кайтартып, отун алдыргыла» деп, койчуларына тапшырды. Чийлүү колотко кара жабылуу жалгыз үй тиктирди. Аялы, баласы менен колуна Кертөбөл деген күлүгүн коюп гана Качыкени ошого киргизди. Салынаарын, жамынаарын деп, — эки өрө кийиз, ичээрине, деп, — адыра тартылган арпа, ун, арпа талкан, чака туз; кайнатаарыца деп, — кара казан; сузаарга — чөмүч; куярга — үч аяк берилди. Сыртынан сак-сак койдурду. Айыпталган Качыке, эми, колоттун тиги кыры менен бул кырынан ашууга уруксаат жок. Ага жашырынып жардам берүүчүлөрдүн, же абалын элине кабарлоочулардын башы байлоого түшөт, малы талоонго кетет.

Буйрук мына ушундай катуу.

* * *

Салтта, чечек менен ооруганды жалгыз түтүн кылып, эл каттабас буйгага бөлөт. Ормондун бул эмне кылышы Качыкеге! Кертөбөлдү жайдактаган Качыке

кыбылланы карап, ээрге кечүк койду. Жүзү бирде албырын, бирде сакал муруту бириндей кумсарды. Бакырчуудай обдулуп... кайра кемерин аткын, сабыр этти. Суран бетин басып унуллан ыйлап, балдыран сүйлөп, ата мандайына көмөрөсүнөн жыгылды:

— Ормондун кызын алып бересиң деп... Өз сүйгөнүмдү эле алат элем, тирүүлей көргө көмүлгүчө!

Салкындан чыдам кетти. Чекеге черте элек баласын далдоого дүп мушталы:

— Жыйырмадан өткөн, ойрон! Катынча кайраты жок, жаман. Эмнеге шолоктойсуң? Ата-энең тирүү турбайбы, мандайына.

...Өрттөн ийээр дейсиңби! Сатып ийээр дейсиңби. Бизди да кудайыбыз бардыр. Бизди да издеп алаар, бардыр. Тур! Куурай чогулт, атаң наар ала элек.

Жаңы салааланган баласы чочуй имерилип, ыңу чогоол:

— Чогултпайм!

Баласынын жүзүнөн Бекбергендин бешенесин көргөн энесинин бүткөн боюн дүр эле мурдады. Чыдамы кетип мушталайт:

— Ии, жетесиң! — Акыя обдулган эриңен жаңылып, жоолугун түзөп жалбарына кетирим сурайт: «Жаратканы! Жаңылып алдымбы? Жетесиң деп алдымбы? Көп айыбымды, кетирген күнөөмдү кечир? Бизге кылгандын кезегин келтир?!»

Мыктылар мынчү чыгаан жерге, айтылуу күлүккө аял заты мынчү эмес. Аттын жолу бекийт, күтү учат деп, ырым кылчу. Эринин башына иш түшүп турганда ат эмне болуп калыптыр. Долу Салкын Кертөбөлдү кырчооодон чечип алды да, тердик салып ырып мынди. Аялга келбей кырды карай чапты. Жолун тосуп, кылыч тагынган сакчы турган. Ал тосту. Салкын тизгин тартты:

— Сакчы! Бери бастыр? Качып бараткан жерим жок Ормондон өтүнүчүм бар, ошону айткын.

— Кандай өтүнүч?

— Мен, бул кордукту көрөйүн деп келген эмесмин. Жакшы тилекте кудалашып, кыз алайын деп келгемин. ...Чий оргонго мангел берсин, отун алганга керки-чот берсин. Казан майлаганга куйрук берсин. Бапестеп багылган эрими мертинтип албайын. Ал мертинсе кутулбас кунга жыгылат. Ушуну айтып бар. Айтпасаң мойнуна карыз!

— Айтайын. Кайра тартыңыз!

Салкын Кертөбөлдү буруп, сакчы чаап кетти. Бир

топ убакыттан кийин сакчы келип үн салды. Күйрук салынган баштык, маңгел, керкини өңөргөн долу аял кара жабылуу үйгө жай бастырып келип түштү.

Качыке ишти баамдады. Жаак эттери диртилдейт, көз карегин жаба үлпүлдөп, көөдөнүндө сүйлөйт: «Эчки менен катын бирдей. Жана эле бийиктен таш кулатып, чыйрак жүргөн эчки булутка күн көзү тосулуп, биринсерин жамгыр жонуна тийээр менен безилдеп маарап, үйдү көздөй чуркайт. Муну көр, суранып... Ай, чыдамы жок, канчык!»

Салкын маңгелдин сабын көтөрмөгө бекитип, көтөрмөнү белине чырман, чоң түп чийди чалып тартканда чий орулбай түбү менен күрт-күрт жулунду. Бардык тиричилигине жигиттери чуркап, ашка кол сунгандан эринген аялынын бул жоругуна, Качыке андан бетер сынды. Бир туруп, анын, бел бууп, тайманбай жаңы тиричиликти кабыл алганына ыраазы: «Адам баласы, кудайдын эрмеги экенбиз го! Заматта ала салып, астымүстүм болду да калды!»

Ыйын токтоткон Суран үйгө жөлөнө мойнун салып олтурат. Ага атасы ээк серпти:

— Бар, чийди көтөрүп кел.

Түбүнөн жулунганга бир түп чий бир көтөрүм. Оттук чагылып, очокто жалын соймондоду.

— Качыкенин кара үйүнөн түтүн булады! — дешип сакчылар күлдү. Үйдө үчөө үнсүз. Май кылгырган куурма жарма даярдаган Салкын аякка куюп, эрине сунду:

— Баатыр. Бул Ормондун бергени эмес, кудай жеткирген туз-насип. Санаага көп алдырбай... ичкин.

Экинчи аякты үңкүрөйүп олтурган уулуна сунду:

— Карма, кабагыңы ачып. «Болоор бала он бешинде баш болот. Болбос жаман отузунда жаш болот.» Жакшылыкта, баары жакшы. Жамандыкта керекке жараган уулду айт. Сенин жашыңдагы Болот Анжиян-манжиянда тентип жүргөн кыргыздарды чогултуп, Ала-Тоого алып келиптир! Түнөрөт, ма! Карма!

* * *

«Качыкенин кара үйүнөн түтүн булады!» — деп жигиттери айтып, ага табасы кана ууртунан жылмайып, Ормон жүргөндө үстүнө чакыртылган Калыгул карыя кирди. Сурданып, кабагын чытып кирди. Тура калып

кол берген Ормонго кепичин улагага чече берип, колунун учун зорго сунду. «Апендиге эмне болгон?» — деп, Ормон түшүнүл.

...Атана ааалат дүнүйө десеңчи! Башына түн түшпөгөн, бирдин залалы минге тийип, чачылып-бүлүнбөгөн эл болду беле? Бирок, ошо эл башына түшкөн оор мүшкүлдү кимдер кандай ойлогон? Бирөөлөр кери башынын азып-тозгонуна күйүнсө, бирөөлөр калың элинин кор болгонуна жездей майышып, кирпигинен кан сыккан. Бийикке чыгып боздосо көк айрылып, түздө эңкейип эчкирсе жер титиреген. Мындайлар сейрек. Андай сейректерди эли да баа тутkan. Өзү өтсө да сөзүн сактаташып, атадан балага атын калтырышкан.

Ал учурда ким кандай мөгдөдү, айтор, Калыгулдун ички дүйнөсү куду Ысык-Көл бетиндей тынчсыз. Бирде «чындап мүшкүл эл башына түшкөндө чогуу көрөрбүз» деп, майда толкундай бүйрөленүп тенселсе, бирде турмөктөлүп, сапырылып, күрүлдөп жээкти жаба берип, тынчы кетет.

Дал жүрөк тушта Кокон хандыгы жатат. Көк кылычын салактатып, түтөтмө мылтыгын сороктотуп ар жайда ал келет: «— Жаамы мусулман бириғип, диин башкага карыш аттанабыз,» — деп. Бирок ишенээр беделі байкалбайт. Деле, сыртқы эмне болсо ошо болсун. Ич, солдун тукумдары баш кошолу деп, Ормон «кызыл тебетей» шайланды. Ал Куртка чебин чапкынан башка эмне бүтүрдү? Катын тартып бердирмей, ууру артынан кубалатмай. Бул эл түштүккө караса, экинчи түндүккө ыкчуудай. «Ич уккуча, бир көр» дейт. Казак элі кандай абалда? Кокон хандыгынын жайычы? Өзүм кыдырып, өз көзүм менен көрүп келейин. Кыргыз казак бириккенде эле душман батынбай кала турган болсо, муну байкайын да баш-көз болгондоруна акылымы айтайын. Асты, ата өтсөк да, бала калсын. Кан чачуудан качкыла, дейин. Ушул максатымда азабым болсо көрөйүн, ажалым жетсе өлөйүн!» — деп, Калыгул өткөн жаз алдында даярданат. Алыска минсе арыбас, беш асый болуп, бели каткан карала айгырын бычтырат. Жаанда кийчү кементай, ысыкта кийчү актөөпүн жүнүнөн жука кемсел жасатат. Азыкка жупка кургатып, эт кууртуп, курут майдалаттырат. Жабдыктуу эки жолдош алып, жолго ишенбинин күнүндө аттанганы жатса, артынан чаң булап, Ормон айылына чабарман келди:

— Аттан кыргыз, баскынчы Кененсары хан кол салды, Чүй элине!

Теңселип Калыгул кала берди. Кол алып Ормон, Алыбек кетти. Үчүнчү күнү кол кайра келди жөн-жай. Тээ дөбөдө, өз айылы үстүндө турнабай салып олтурган Калыгул жанына тай минген тестиерди чакырды.

— Араларында Ормон көрүнбөйт. Алыбек Ормондун үйүнө түштү. Чапкын да, мени чакыртты, дегин.

Бала жетип келгенде, Алыбек Капталды тепкилеп, таноосу кыпчылып, сыртка жаңы чыккан. Бала аны байкабады:

— Байке! Чоң атам сизди чакырып жатат.

— Кайда?

— Тээ-тетиги дөбөдө...

— Азыр. — Алыбек аттанып, жай бастырып, боюндагы ачууну күбүп, жетти.

— Атсалоом малейкум.

— О уеалейкум атсалоом, баатыр, Жол болсун. Бу, кеткенинерден келгениңер бат болду го?

— Мал төлдөтүп аткан төрт жүз түтүн айылды басып, колго тийгендерди өлтүрүп, малын талап, жолго түшүптүр. Кууйлу десек, Ормон болбоду. Биз кайра тарттык.

— Ормон көрүнбөйт го, арадардан?

— Мейманда калды.

— Мейманда?!. Аякта эр өлүп атса, тамагынан кантип аш өтөт кызыл тебетейдин? А, кол салган кимдер экен?

— Кененсарынын...

— Атаңын этин жегир! Өзү кайда экен?

— Баштап келиптир.

— Эки элди бириктирмек эмес беле? Жай айылда анын жумушу эмне?

— Жумушу ошо да, аба.

— Жалган жерден өрт чыкпайт. Себеби болгондур?

— Себеби ушул: Кененсарынын күлүк туучу үйүрүнөн тогуз чаар байтал уурдалыптыр. Куугунчулар Хандын өз жигиттери экен. Из келип токтогон Төкөлдөш эли аларды сөзгө сындырып, шылдыңдап коюшса керек. Ыза болгон немелер, ханына айтып барышса...

— Эл багаар киши, эл баштаар киши байталга таарынабы? — Калыгулдун эриндери көгөрө, мурут-сакалы бирпинден, каснетиң качкыр. Каснет качканы ошол анынан! — Анан астыңкы ээрдине кашка тиштери бата тунжурайт. Тикирейе көлгө тигилген көздөрүндө жаш кылгырды. Жашы кулабас үчүн кирпигин катырды. Ал атайы чыдады. Сезимди күбүрөп, уйгу-туйгу: «Кимге

таянасын? Кимисине иниесин? ... О шордуу журт! Колуну төбөнө алып, кимге чөк түшүп бересер экенсин?!» Баятан кайраттанып, боюн карман олтурган карыянын көз жашы ээ-жаа бербей чууруп, бетин жуун кетти.

Алыбек селт этип, колун бооруна алып, мандайына чөк түштү:

— Абаке! Не болду сизге? Куллугум бар, садагасы жарыктык!

Унчукпады. Түйшөлгөн да жок. Көлдү тиктеп, нес. Көпкө олтурду.

Сапары калын, төшөккө жатып калды.

Ормондун көп жүрүп келгенин да укkан. Соц-Көл үчүн кыйыктан, кырк бир чаар ат алганын да укkан. «Силерге жарашпайт» деп, чоорчу Орозбакты көчүрүп алганын да укkан. Паанайы нас, жер чукуп олтурун өзүнчө күнгүронген:

— Аай, иним, Ормонум,
Акылыма көнбедүң.
Айткан менен сезбедүң.
Акыл иче сезбедүң!

Айылдагылар:

— Ининиздикине барып, чоор тартырын келбейсиз-би? — десе, бүркөлгөн:

— Баары «бүтүн» чоор жетпей атты эле! Оңол дуу-ласын жаш аялынын мандайында кырданып жатып. Деген боюнча кылчайып бастырып келбеди. Жайлоосун алыстатып, окчунга көчүп кетти. Жалаң байбичесиникине печенден бодо башталган согумун сойдурган Ормон, согум алдын ооз тийсин деп чакыртканда гана келип олтурат. Нааразы экенин туйдуруп, кол учун берип олтурат. Аны иниси да байкап, төргө өткөрүп, төмөнүрөөктөн орун алды.

Көпкө сөз чыкпады. Март дасторкон жайылды. Карыя кагаздай ак колу менен набаттын кетимин чымчып, тандайына салып, пиялада бууланган жыпар жыт чайдан жылдырып ууртайт. Жал, карта кесилген табак коюлуп, кысыр бээнин кымызы сунулду. Карыя андан да аз-аз ооз тийип, кымыз жутту. Манжаларынын учун дасторконго сүртүнгөн ага кийиндеп, жүккө белин сүйөй мелтиреди. Сөз чыгарып иниси билди.

— Айлына куда келди деди эле?..

— «Энчисин» бөлүп, коктуга кондурткам.

— «Жакшы» кылыпсың. Антпесең «Кызыл тебетей»

атанасынбы! ...Айлакер делинчү Кененхан тынч айылды чаап, антип атса. Сен кыйкымдап, ат жыйнап жүрсөң, эл абалы канттп?

— *Кантмек эле, эл-эл болуп жашаар.*

— *Асман түнөрүп, аба бузулганда* адам тирнчилик камын жечүү эле. ...Кырк ат алып, кырк кишинин көңүлүн сындыргыча, кырк ат берип, кырк кишинин көңүлүн алып келүүң го?

Ормон түктөйдү:

— Ал менин ишим.

— Ишиң экенин талашпайм. Оң сол баш кошкондо, сени, эл атасы, журт ээси болгун дешкен. Эл дүрбөтүп, эл көңүлүн кайт кылып да ата болот бекен?!

Ормон бутун алмаштырып, малдаш оңдоду. Калыгул сөзүн жөнөтө берди:

— Төрөгелди туткунда жатса, мындан кабар албай...

— Айылынын жылкысы жетпей калган арамга убал барбы.

— Арам экенине көзүң жетеби? ...Токой аралаган кызыл түлкүчө манты көп Жантай не кылганын кудай билсин. Чакырткан өзү экен. Ээрчиткен иниси экен. Колго түшкөн Төрөгелди болуптур. Жолборс болуп күрүлдөбөй, алды-артынды ойлосончу?!

Иниси мандашын кайра которуп, үтүрөйө абасына тигилди.

— Улуумун деп, акыл айтам... Абайлаган жан жок! — Карыянын эриндери титиреп, муун-жүүнү бошогондой, — айыгышып алыша албай жүргөн жоонон бетер... алдыңа келген Качыкени антип олтурсан...

Сыртта ат дүбүртү. Тээ, окчунга ат байлануучу тартинти бузуп дүбүрт үйдү тиреп, чукул токтоду. Ашыгып жигит кирди:

— Баатыр! Жылкыны чаап кетти.

— Кимдер?

— Камдуу экен, батына албадык.

Ормон жутуп жиберчүүдөй жигитке түктөйө көз кадап:

— Кимдер экен? — деп, кайталады.

— Дал айта албайм. Карацгыда...

Турмуштун көп кырын билип, ой менен жашаган кыраакы адам «жыландын» башын көрсө, куйругу нече бүктөлүп, кайда жатканын туят. Калыгул Ормондун жайытына кол салган тегин жоо эмес экенин сезди. Тамагын жасап, этегин кымтып, кабак чытыды. Ормон: «Чөлкөмүндөгү кыргыз аттуу батына албайт эле, чоо-

чундарга күн алып бергенимди кектеп, тең тууган-ак менен Балбай кылды бекен?» — деп, башын салып тунжураганда Калыгул озунду:

— Күюшкан бир бошосо бекимеги кыйын. Из суугпай куугунчу жөнөт. Күчтөп жөнөт. Аксак тай жоо колунда калбасын. Жайытка түгөл келсин,— деди да бул сөздү кошту:

— Качыкеге кабарлагын. Коню аттансын. Ээрчиткен колу болбосо да ата арбагы бар.

Ат коштогон жигит Качыкенин эшигине жетип, бакылдады.

— Бирге аттансын, — дейт.

Салкын таба кыла көз сузуп, Качыке үндөбөй сыртка чыгып, Кертөбөлдү токуду. Баласына суулуктатып, Ормон жиберген жоо-жаракты кийди. Кыбыланы башына кудайга табынып, аттанды. Коштоодогу атты Сураанга шилтеди:

— Мин. Бир пайза табылар.

— Баатыр, — дейт Салкын жоолугун оңдоп эрин ээрчий басып, — ак жолуң ачылсын! Асты, абайлап ыкылгын. Көзүң тирүүсүндө Ормондун кылганы бул болду. Көзүң өтсө бизди, чапкан аттын баш байгесине сайып жиберет. Абайла, асылым?!

* * *

Ормон арасында шашылып чогулган куугунчу кол капчыгай өрдөп, ашуу ашып, жылкы изине түштү. Ара күн өтүп, тоо, адыр түгөнүп, горпулуу кең жайыкка чууруп, кайнап түшкөндө тээ, бозомук тарткан алыстан күдүрөйө калдайган караан байкалды. Мингендери кара тер булардын алды дөбөчөгө жетип... Ормон турнабай салып, тигилди. Бүшүркөп турду да, боз атка камчы басып, туурадагы дөбөнү көздөй капталдап чыкты. Найзалары короктоп, шалк этмелери салактаган кол артынан ээрчий агылды. Ормон бул дөбөдөн да турнабай жиберди. Көртөбөл ооздук кемире кажанып, Качыке оң тарабында. Чоң боздун үстүндөгү Ормон турнабайды жай чайпайт. ...Калдайган калың жылкы куугунсуз топ-тобу менен жайылып жүрөт. Андан четте, такең өрөөндүн эки жак кырында адам карааны. Бир тарабы жүз ашуун. Экинчи тарабы чакан. Эки тараптан бирден киши эрөөлгө чыгып ортодо кармашып аткандай: «Бу кандай болуп кетти? Артынан киши барбай

атып, тигилерди токтоткон кимдер?» Турнабайды Качыкеге сунду:

— Байкачы, бул эмне?

— Эрөөлгө киши чыгып атат. Кыязы, сен тараптан жоо алдын тоскон бар го?

— Кимдер болот? — деди да сагалап турган жигиттерине бурулду. — Бизден киши кетти беле?

— Жок. Баарыбыз эле мындабыз, баатыр.

— Не сыр болсо да бара көрөлү. Кеттик!

Дөбө ылдый куюлуп, жайнап, чу коюшту.

* * *

Дал тийген октон, жаныпып, алыс кеткени узакка жеткен сымал, кээде, дейт-имиштер көпкө угулуп, алыска тарайт. Жаркымбайга Ормондун конок болушу далайды делдейтсе, далайдын намысын келтирди. Баарынан да, бирөөлөр: «Качыке турганда кайдагы жакырга айтылуу Ныязбек тукумунун кайрылышы, ата арбагына шек келтирбес бекен?» — десе, экинчилер: — «Экөөнүн тааныштыгы ата ашынан башталыптыр. Ал түгүл Жаркымбайга аялды да Ормон өзү алып бериптир. Аяшы үчүн келип, сыйын көрдү да» — дешти. Эл оозу элек. Неси болсо да Жаркымбай арбагы көтөрүлүп, аты оозго кирди. Мурда, жандай салып бараткан жолоочу: — «Томаяк айлына кайрылгыча, анабу булак боюна түшүп, ат чалдырайын» — деп, кылчайбаган болсо, азыр, тизгинин шарт бурат:

— Оо, Жаркымбай барсыңбы?..

— Ооба.

— Бала-бакыра, мал-жанын аманбы?.. Пай-пай. Кыдыр жылоологон го, таруун чий бою болуптур?

— А, буюрганын көрөбүз. Түш. Ачкыл жут.

— Жакшы. Өзүң дагы биздикине кайрылсаң боло. Казан аяк катышпай да, адам табышабы. «Берген колум алаган, майлуу колум жалаган» — дейт. Берсең аласын. Ошондон, анан, катын-бала катышып, тааныпып, ынак болуп кетишет.

— Туура сөз. Эсте болсун, эсте болсун айтканыңыз.

Ошол Жаркымбай кең кырман чаап, кап-кап буудай, кампа толо таруу сузуп, бозону баштады. Тейит арасында бир топ өзү теңдүүлөр менен союш жетелеткен Эралы түштү Жаркымбайдын үйүнө. Эрдиги эл оозуна кирген Эралы ушул. Баягыда Ормонду атка сал-

поочтон келгенинен да кайнижен кызык: жолдоштору менен Анжиян тарапка бараткан Эралы тынчы кеткен калың көчкө туш болот. Көч түш камышуу кең өрөөндү жээктеп кетмекчи. Алды жылбаганда түктүү төөлөр чубалган арты улам кысылып тирелет. Сал ат Эралылар жолсуз бетке сала шатыран, аларга жетишет. Кырсыкты угушат. Чаар жоргосун салдырып, алда бараткан мырзаны жолборс ыргылыптыр. Аның жарадар экенин же өлгөнүн дааң, эч ким билбейт. Жаң келин ыйлап турат. Аксакал киши көё берилген жулунат. Бир топтор карыяны карман, жарданышкан. Келин мырзанын жары. Карыя — атасы экен. Ошондо Эралы:

— Сабыр эткиле! — деп, заңк сүйлөп, атынан ыргып түшөт. Чечинин, көкүрөгүнө булгаары тердик тарттырып, эки колун билектен колтукка чейин кыл чылбыр менен чырматты. Мүйүз сап шашты алып, жалгыз басты. Жолборс атын алганбы, мырзаны алганбы?.. Суусар бөркү бутакка илинип, өзү өйдөлөнүп калган жигиттин ууртунан шүүшүп кан сызылып, кыймылдабаганы менен көзү кыбындап тирүү. Чаар жоргонун төрт буту серпиле, чалкасынан түшкөн, көкүрөктү шалап, кызыл ала кылын, жылуу этке кирген көк чаар жолборс күрүлдөп, жемден башын көтөрбөйт. Ал күшөндөп, үзүп-жулкуп, жем менен. Муштумдай ташты бутунун башы менен жолборсту карай серпти. Жаны шыпыр эткенде жолборс күрр эте кылчайды. Жолборс шамдагай. Чукулдагыга октой ыкчам Жолборсту көз менен, күч менен, жалтанбастык менен алууга болот.

Жолборс Эралыга кылчайганда чекир көзү күйүп, ысык кан көбүктөнгөн ууттары жыйрыла, азуулары арсайып, лак секирди Жолборс шамдагай. Жолборстон эр шамдагай. Күрр эткен жолборс колу булгаары төшкө чабылды. Оозу тосо берген чылбыр билекти сугунду. Эралынын оң колундагы болот шап, кый сүбөдөн жүрөк толтосуна мылгый түшүп, буралып тартылып алынганда, жолборс өзү менен өзү алыша ала салды.

Ошондой эр адам үйүнө келгенде жетине албай чекир көзү жылдыздай жаркыраган Жаркымбай:

— Бир ооз кабардап коюңар го алдын ала! — деп, анан Саксайдын колун казандан бошотпой, кордон бозо салдырды. Ысылык даярдатты. Шагы таруу. Угуту буудай бозо шараптан ашса ашаар, кем сокпос. Алагүү меймандар үч түнөйт. Күндүзү ордо атып, түндөсү ар түрлүү сөздөрдү айтышат. Сөздөн сөз чыгып, Эралы деп калса болобу:

— *Бекерчилик, адамды буулуктурат окшойт. Айыл кыдырып жүрүп эмне кылабыз. Макул тапсанар жортуулга аттаналы?*

— Баштаганы сендей жолборс алган эр болсо, ким качат?!

— Колго канааттандырарлык тийсе кайра тартабыз. Болбосо мерчемдүү жерге жетип, кыштайбыз. Азык бүткөндө мингендерден баштайбыз. Качан кыш өтүп, жылкы кулундап, көккө тоюнуп, жол ачылганда бир түнү үйрүп, жолго түшөбүз.

— Мейли, үйкүрлөрдө тердик жазданып, кышты өткөзсөк.

Бозо үстүндө отуруп убада бекилет. Убадалашкандардан Тейит жөнөбөйт. Анын төрөтү токтолуп жүргөн аялы көп бой. Ай күнү чукул. Үкендин толгоосунда кыйналып, коркуп калган аялы: «Кетпегин, кандай болот, кандай жок, кечигип жүрүп көрдүм. Үстүмдө болгун?» — деп эрин токтотот.

Дуу үстүндө Жаркымбай да убада берип салды:

— Туугандар! Мобу Нурбай экөөбүз бир сындырым нанды бөлүп жеген, бир төшөккө коюндашып жаткан ынак элек кезинде. «Катын — карга, бала — сагызган» — дейт эмеспи. Бир карганы туурап, экинчиси кайк этип, анан жем талашып, чокушуп, аларга шакылыктап сагызгандар арачы түшүп... Көрүп туруп, бер жактагы эстүүлөрү кудай уруп... Нурбай менен, ошо өткөн ынак кезимди эңсеп жүрөм. Силерди экөөбүз тең ээрчийбиз.

— Хе-хе.

— Хо-хо.

— Сөздүн тунугу! Катынга тез берсең, ал итиң, чамгарагына түнөгөн бериштеги көзгө саят. Хе-хе.

— Капталыңы жылытып, ынагың кантесиң.

— Шыбырай берип, пайгамбарды да бузат. Хо-хо.

— Ал ынак эмей ким ынак. Куранда аял заты эркектин сол бөйрөгүнөн жаратылган дешет.

— Бөйрөк төмөнүрөөк. Жүрөктүн дал өзүнөн алганбы дейм, алла таалам!

— Хе-хе.

— Хо-хо.

— Кошуунуңарга кошсонор кышы менен бозо ичирип чыгам! — деди Жакеп, мандай терин сүртө, тебетейдин желкеге түшүрүп. Сакеай кабак чытыйт. Коргоолуу эриндери чүрмүйө, мурду былкылдайт.

Бирөө унчукту.

— Талаада, ботко кайнатуу азап го?

— Жоок. Андай болбойт! — дейт Жакең, — бир кап шак түгөнгүчө кордоп бозо ачытам. Аны талканга көөлөп, тоборсутам. Ал чаначтарга шыкалат. Качан ачкыл самаганыңарда, жан казанга суу кайнат. Көбүргөн жаңы бозо — даяр. Шимир да, күүлдө.

— Жакеңдин чыгарбаганы жок.

Эралы эргип:

— Өңгө барбаса мейли, өзүңдү калтырбайм. Камына бер, Жаке! Жарым айдын ар жак бер жагында аттанабыз, — деди.

Ошентип, Жаркымбай, Нурбай жортуулчулар менен кошо кетти. Жан адамга көрүнбөй сактанып, жер ээндетип жөнөгөн элүү азамат танапташ элдин чегине кире бергенде, чыргайлуу коктуга түнөшөт. Таң буурулу. Тээ, алыста жылкы кишенегени. Айт-уйт деп, имерген адамдар доошу. Күрс урулган доолбас. Булар чапчаң камынып, куралданып, өңүт тандагыча таң аппак атты. Дүбүрттөн жер дүңүрөйт. Эң ири алдыда кара жал тору айгыр келатат. Кайыктай сызып келатат. Мына кызык! Атасынын кызга берилчү калың башына алып кеткен Маралторунун тукуму Күлүкторубу? Бул кайдан келди? Эралы көзү торудан өтө берди. Ал улам берилип, баш чулгуп, артына имерилип, окуранат. Артындагылар бүт өз үйрү. Аны Ормонго атасы үйрү менен айдап кеткен. Тору төмөнүрөөктөн жаңып, үйрү менен өттү. Артында жайнаган жылкы. Чыңырып, кишенеген кулун, тай. Баягы, доолбас. Баягы, айгуйт деген, адамдар.

— Жигиттер! — Эралы ойдолон турган Карагердин тизгинин жыя берип, сооту шалдырай чопкутунун ээк алмайын бекитти, — биз башкалардан жылкы тийип келбей, өзүбүздүн жылкыны ажыратып калалы. Келаткандардын түрү бузук. Камынгыла!

Таптакыр күтпөгөн жерден капталдатып, эрөөлдөп кыйкырып, булар чыкканда чектен өтө мерчемдүү жерге жетип калганга бейгам болгон жортуулчулар чочуп, кыйсыпыр. Жылкыны ташпап удургуйт. Үйкусу канып, сергек турган Эралылар ат койду. Жеткенин ат үстүнөн учура чабышат. Ээси ыргыган аттардын жүгөнүн шыпырат, кубалайт. Чоочундар куралдуу да, үч-төрт эсе көп да экенин куштай учкан карагер менен оюп кирип барган Эралы сезди. Топтон четтен, жалгыздатып кол салып, заңкылдайт:

— Жигиттер! Ат тизгинин жыйгыла. ...Артка. Эрөөлдөп беттешебиз.

Ошондой болду. «Уруу көтү кууш» дегендей, тигилер олжолорунан ажырай кужулдашат. Эралы кулагы: «Атайы шакырып, бу не кылганынар? Иттин баласы! Бизди кырууга күн мурда кол бекитипсинер!» — деген сөздөрдү чалды. Булар тегин сөздөр эмес: Кененсарыга каршы илеликтер Жантай аркылуу Төрөгелдини колго түшүргөн. Бирок, Ормон Төрөгелди үчүн анчалык кришпеди. Андан кийин да кенешип туруп минтип жылкысын чабышты. Иледен келген жортуулчулар арасында түрүн өзгөрткөн Жантайдын кишилери да бар. Алар, капыстан Эралылар чыкканда, алактап качууга бет бурган. Беркилер сөгүп жатат. Чынында, илеликтер жасаган бул амалдын негизи Ормонду Төрөгелдиден же жылкыдан айруу эмес, шылтоолоп барымталап, Төрөгелди, Кененсары менен Ормон арасын коштоо.

Төрөгелди көбөрдөгү жаяндай торго оной түштү эле. Мобу, жылкысын тийип бараткандагы түшкө кирбеген тоскоолду карачы!

Эрөөлгө беш жолу чыгып, беттешиштп. Бири кезек берип, экинчиси чапкан аттын ыйык жалына өбөктөй качырып найза урат. Шалк этме менен төбөгө мээлеп шилтешет. Чоюн баш калганга тийип жаңырат. Беттешүүнүн үчөөнү Эралы тарап алды. Күн шашке. Бул кол атайы тосотко коюлган болсо, артында бугуп тургандары болот эле. Ал байкалбайт. «Капысынан чыккан жигиттер окшойт. Эрөөлдөн убакыт созбой, ат коюп, каптап сүрөлү да, жылкыны ажыратып жолго түшөлү» — деп ой кылган беркилер чакчарылып, эми, мына дегиче болбой Ормон баштаган куугунчулар карааны көрүндү. Булар, топ аарыдай ызылдап качты. Аркы кырдагы Эралылар кубалачуудай дүргүп барышып, кайра токтошту. Арадан бирөө бакылдайт:

— Тиги, бизди көздөй жайнагандар кимдер?

Кырдагы буларды тигилер капталдай каптап, тиреп келип токтоду. Сакалы бириндей моюн созгон Ормонго кара тер баскан карагер ат үстүндөгү Эралы озунуп салам айтты.

— Түшүнбөдүк жолдон чыкканынарга? Темпиип, жигиттер арасынан суурулган Жаркымбай Эралыга жанаша түштү да, саламдан сон:

— Сөз чындыгынан бузулбайт, баатыр. Башка элден жылкы тиели деп, аттанган элек, — деп жиберди.

— Качкандар кимдер?

— Бизге белгисиз.

— Капыстан туш болгонунар чынбы?

— Калп десеңер, камдап чыккан азыгыбыздын чети оюла элек, аны көргүлө, — дейт Жакең, сөздү ооздон жулуп.

Өңү азыркы атасы өзүн беттен түшө калганда жоо кийимчен Эралы да ырдын түшүп, ата атын чылбырлады. Калтыраган кош колун ийнине арта салган Качыке, таазим эткен уулун маңдайынан сүйүп, айтты:

— Өлсөм, арбагым ыраазы сага! Абалкыдан, азыркы өттү. Уулду ата, ушул үчүн тилейт. — Жанына сүрдүгүп, антандан жеткен Суранга каар каран:

— Кесири! Аттан түшүп учураш, байкеңе! — деди. Ал учун түштү.

* * *

Качыке, Ормон айылына кайра келгенде аны кошогондор жаңы көтөрүлгөн аппак үйдүн жанына топтолушуп, колтуктап түшүрүштү. Байбичеси Салкын жасалгаланган каңшытта, парча төшөк үстүндө, куш жаздыкка чыканак тиреп кырынап. Эрине тура калды. Сыр аякка суу сузуп, башынан айлантып, эшикке ыргытты. Көң каланган очокко чукул, чоң мискей. Ичинде көбүрүп, сары май салынган таруу бозо. Керме аякка көлкүтө куюп, сунду. Чаңкап чарчаган Качыке кош колдоп алып, дем албай шимирип, бүт жутту да койду. Сыртта шырпылдаган адам дабышы. Угуп, Салкын ордуна жатты. Ормондун байбичеси экен. Ал, Качыкеге эрди бүлкүлдөй таазим этип, анан каңшыттагы Салкынга кол сунду. Ал сол колун серпе, чыпалагын серейтип, тосту.

— Мейлиң. Жөнүң болуп калды! — деди. Кудагыйы эрөөндөбөй чыпалагын карман. Калдайып Ормон кирди. Каңшытка олтуруп, күнгүрөнду:

— Куда! Кудагый! ...Үч ай азабынарды жедирейин дедим эле, эми, үч ай асылымды көргүлө.

Салкын ыксыран, не айтаар экен деген кыязда каш серпе эрине бурулду. Качыке, чыныда да кечиримдүүлүк кыла сабак таштады.

— Ормон! Өмүрдүн ашуусун аштым, ар жагында азгантай торпусу калды. Өзүң да эр ортону элүүдөн өттүң. Тыягы Алтай, быягы Хан-Теңирден бери жоо титиреткен кучак кыргыз болуппуз кезинде. Мурда асман жылдызындай жайнаса, азыр, үркөрдөй азайды. Жердин төрт бурчуна төгүлүп, чачылды. Обу жок жоруктарыңы таштасаңчы да, уучтасаң уучуңа толгон, жазсаң

алаканына конгон, алты уруу элинин жамандык-жакшылыгына бел болуп берсенчи?!

«Уч ай асылымды көр» дейсин. Бизде да оокат-тиричилик бар. Кайгалы, кам-кечегинди эртелетип, аттанг. Эсенчилик болсо, сый кайда качар дейсиң.

Ормон Качыке талабын орундатты. Жаз алды менен көрүлчү ний камын жеп, Калыгул карыянын сапар тартаарына кошулду. Бирок-бирок... Тешик казандын тыгыны күйүп, суу агып, күйгөн от быркырап, кор буруксуп, аш оозго толук жетпегендей ойдун ойрону чыкты. Кар кетип, жака көгү кыр жапкан маалда согуш добулбасы кайра катылды. Айлана жаңырыктады, аскатоо кабышты. Жан жаныбардан тынчтык кетти.

V

«Биз!» — деп, төш каккан менен азырынча жон түйүп, жалпысы чогулуп баш кошкон кыргыз жок. Ар уруу өз айылынын, өз аймагынын гана камында. Кененсары тарапка кулак түрүлүү. Чүй эли сөөк-тааныштары аркылуу тынчы жиберип, баягыда, элчи болуп барган боюнча Хан өзү жанына баймактап кетирбей койгон Тыналы бийден шек-шоорагты угуп-туюп атышты. Небактан сөөк Меркидеги казактын Супатайы, Андаш башчылары менен мамилелерин андан бетер жакшыртышты. Жер чегине кезек менен байкоочу коюп, сак болушту. Айылды чуктап, тоо таянып көчүүгө даяр турушту.

Абалы элчиликтен баар таппай, кийин Шоруктан айрылган Кенен да кайра кол салууга чындап карарды. Жаз алдында аскерине буйрук берди. Чаап алчу элден кулун байлап, бээ саарга желээ, козу тизип, кой саарга көгөн, кымыз ачытаарга сабааларын жүктөнгөн (эркек-че кыз-келин аралаш) он миң ашуун кол беш жүз чакырымга керилген, боз шыбактуу кум талааны басып, Ала-Тоону карай жөнөдү. Жолдо Талас элинин четин оюп, мал олжолоп, туткундары канга бөлөдү. Меркиге жетип, Кокон чебин курчоого алды.

Аскеринин бир канчасы мылтыкчан, чабуул тосчу колунда жалгыз замбиреги болгон Кененсары мылтыкчандарын чептин түндүк ыптасынан чыгарды. Чеп кырынан сарбаздар кыймыла байкалып, топу үстүнөн мата чалынган баштары сороктон, жоголот. Замбирек даярдап, түтөтмө мылтыктарына милте ысытып жаткандай.

Кенесары тараптан толгон мылтык атылганда чеп кырынан чаң учуп чеңгелдей чалмалар чачырады. Көчкүдөй күрүлдөгөн ушул үн беш кайталанганда ылайына кыл, саман аралашып нийленген чеп канталынын алети кетип, бийиги жапыздагандай. Карыы атылган ок жок. Каяша кылган жан жок. Кызыл талаанын баш кесери тууралу учуртмалуу нкаяларды далай эшиткен Бектин арты нымдалышын, багелектен жылыгыган окшобойбу! Чоң эшик ачылганда ээр токуму жаркылдаган, туйлаган ак аргымак жетелеп, көрүнду. Жүгүнсө селдесинин жанып кеткен учу жерге сүйрөлүп, тартылат. Сакал-мурун, ту кокондукча тегизделген, курчактуу неме күшүлдөп, көзү чанагынан чыга алактап терден, Кенесарынын мандайына тура калды:

— Азирети! — жүгүнүп, — ушул сур заманда Мухамед үмөттөрүнүн душмандашуусу, күнөөдүр.

Чакчарылган хан:

— Ал энди, мусулманчылыкты жай убакта сүйлөшөөрбүз. Азыркы суранаарың не, сону айтшы?

— Кулдугум бар. Ыраайым этиниз. Бу, сизди изаттаган тартуубуз. Сөөшүңүз хам дайар.

* * *

Жолду болгон Кенесары Ашмара суусунун жээгинде чукул чатырын жайдырып, өрүш алды. Түштүгү кар жаткан тоолор. Түндүгү көз жеткис түз. Оңол аймактан бери сапсап болуп чачылган, топ-топ болуп чогулган кол. Быкшыган түтүн, жылтылдаган от. Колдун оң канатын Норузбай башкарып, солун Агабай башкарат.

Алтын тактысында, сол колу шаптын сабын анчып, Кенесары олтурганда чакыртылган Супатай менен Андаш киргизилди.

Экөө бирдей салам айтып, колду көкүрөгүнө алып, таазим этет. Төбөсү менен тиктеп, хан тынч. Баш ийкегендей болду. Сакалдуу Супатай бай кол сунганда капшыгы Норузбай алик албай бой жыйрып, чогоол кетти:

— Каранын колун[1] албаймын, арам болоор...

Агасы анысын жактырбады.

— Антшу эмес, карагым. Алды-артынды карагын. Супатай акең үлкен кой сенден.

[1] Менден төмөнсүң деген мааниде.

— Өөн деме, Алдаяр. Маган эркелеп, душманга сез көрсөтүп алпайбы, — деди Супатай каракүчкө.

— Душман өзүң болбосоң, жанымда бир жан отурган жокко башка? — деп калды ыкшалган Кененсары. — Баягыда Чүй элине тийбе деп тыйган элең. Энди кайттык?.. Бу, иттин балдары... Же элшиликти билбейт, баатыр Шорукту өлтүрүп, мени көзгө илбейт. Дагы аттанба демекписиң?

Көмөкөйдө толгон жооп жатса да Супатай тилин тишине кысып:

— Айе, ийе... эрк өзүңүздө гой, — деген болду.

— Ал, эрк менде экен. Союшунду тизип, алдыман тосуп неге шыкпадың! Кокондуктан күштүсүңбү осы өзүң?!

— Бар байлыгым өзүңдүкү гой. Калай айтсаң угуп, айдасаң көнөтүнүң мен гой.

— Алай болсо, келерди ысенбиге колуңу камдап, он канат менен тау кыркып жөнөөң керек.

— Куп! Алдаяр!

Ушунун баары Жангарачка жетти. Ал бүт айылын Шамшы тоолоруна көчүрүп, житирди. Коңшусу бир топ уруулар Кемин тоолорунан аша көлдү көздөй сүрүлдү. Кош аттап Ормонго чабарман жиберилип, Кара-Тоо, Жумгал, Нарын элдерине да кабарчылар чаптырылды. Өрүшү калган карыялар, ат кулагында ойногон балдар айылдан азык жеткирип турууга коюлду. Нечендеген эр азаматтар Токмоктун түштүк чыгышындагы тоолордон жоо тосту. Ар жүздө экиден мылтыктуу. Камын бүтүп, колун жүз башчыларына дайындаган Жангарач Пишпек чебинин беги Алышерге келди:

— «Сарбазыбыз көп. Куралыбыз мыкты. Биз турганда чет душман силерге даабайт дединер эле. Меркидеги бегиңер тоңкойгуча ийилип тартуу бериптир го, ханга?

Алышер түкүрүнүп, кейийт:

— Ал, башынан сайпана болучу. Аны азиретинин тузу урсун. Мен багынбайм. Эки замбирегим бар. Өлгүчө кармашамын. Агер, Кененсары колу көрүнсө чептин төрт бурчуна майланган чапандарды өрттөп, от коём. Ошондон билгиле жоонун келгенин.

Жангарач мындай дооматты Токмок чебинин бегине да айтты. Ал да кармашаарын айтып, жубатты. Качан, хандын колу кара таандай самсып келгенде чептерин бекитип, дубалдарынан моюн созгондору болбосо, жымжырт туруп бериштн. Ормонго кабар жеткенде Эсенгул,

Надырбек элинин колун жөнөтүп, (эмне сыр болгонун ким билсин) өзү келбеген. Нарынга ашуу тоскоолунан кабар жетпей, Жумгалдан эки үйдөн бирден жигит алынып, Дуулат, Түлөөкелер баштап, беш жүз ашуун кол келди. Кара-Коодон келген алты жүз ашуун кол Боомдун оозуна бугуп, жоону билинбей тосту.

* * *

Меркинин башы Ашмара суусунун боюнан жылып жөнөгөн хандын колу жамырап, жайнап, жүз жыйырма чакырым жол басып келип, Гокмоктун аягын тирей токтоду. «Май-Дөбө» аталчу сереге хандын көк чатыры конду. Туусу желпинип, соройду. Өзү минчү күлүктөр арыраак тизилип, найза таянган сакчылар турду.

Баскынчылар тынч келбей урунганды бүлүштүп, кокту-жыбытта унаа жок көчө албай калган жармач айылдагы бей-бечара жатакчыларды өлтүрүп, бооз аялдардын ичин жарып, балдарын найза учуна илип ыргыгын келди. Эшиги күн чыгышка үңүрөйө ачылып, босогосу көккө сороюп, төбөсү шоншоюп, сүрдүү турган күмбөздөрдү катар талкалап, кары кылган устундарды өртөп, камырын ачып, сөөгүн чачты. Бул кордук элди үйрүпчүйрүп жүргөн тукумдарынын жүрөгүн тызылдатып, качынын кайнатты. «Өлгөндү тынч койбойт» — деп, кара тамандар да ызырынды. Ханга кек түйүштү. Ал түгүл, Чүй элине катышы чоң Супатай менен Андаш да кум чайнагандай тиштери кычырап, шүйшүнүштү. Жылыга уя салчу топ таан бузган күмбөздөн учуп чыкканда жака кармап, өз адамдарына күбүрөйт:

— Кабар алып кишиден, карга учуп чыкты нчинен. Тегин иш болбоду. Япирим ой! Арты эмне болоор экен?..

* * *

Баштарын кызыл жоолук менен буунуп, шымданып, коломочтоно жаалданып даяр турган Тынай колуна караштуу жигиттер оң канатка ат койду. Ызы-чуу сүр менен Кенесары колун жапырып, тууга тирегенде, алардын сол канаттагылары Оро-Башыдан толгой капталды. Ынгайсыз абалды сезген жергиликтүүлөр кайра качты. Куттуксейит уулу Шамен баш боло элү чей киши туткунда калды. Көрүп туруп түтпөй кеткен ...ай-

натасы көкала мурут Садык айкырык салып үч ниниси, беш уулу менен жүз ашуун кол алып, туткундар жак четти жырып, бириндеп, «ит урушка» салып, жоону ээрчите тоону карай качты. Шамшынын алкымында бүгүп турган Кара-Коолуктар туура түшка келгенде суу кечип, ураан чакырып ат койду. Агып келген жоо колунун тумшугу чарт кесилди да, алтымыш ашуун туткун колго түштү. Ошол эле күнү кечинде эки тарап туткундарды алмашып алышты.

Эртеси эрөөл чыгарылды. Үч жолку эрөөлдө тең Норузбай улам чыгып, экөөнү өлтүрө сайып, бирөө жарадар кайтты. Шыпга бойлуу Норузбай жаа огундай сызган күлүктүн ыйык жалына өбөктөй тик качырып, найзаны бир кол менен урат экен. Анын найзасы шамал черткен күзгү камыштай дуулдайт.

Түш оой эки тараптан топ бөлүнүп, аламанга чыгышты. Өткөн жылы кулагын шыпырта чаптырган Түлөөке чычтай кийишген немени бет алдыга сайып, колго түшүрдү. Колго түшкөндү көздөй шарт бурулган Норузбай айкайлап найза салаарда өнүттөн аткан мергендин огу атынын бутуна жаңылып, учуп түшкөндө багып жүргөн жигиттери ат котортуп, кайра артына алып качты. Мерки бегинен тийген Кызыл оцкочуктап, кийими баалуу колго түшкөн жарадар Түлөөке сүйрөөсүндө, Норузбайдын айкайлаганынан мунун Эржан төрө экени билинип калды. Антандаган жергиликтүү жигиттеринин бир тобу ортого түшө калышып, жараатын басып, оптологон төрөнү кескилеп жиберишти. Жаманкара баатырдын ниниси Самак чаап баратып билип, имерилди:

— О, кудай! Эржан уулу бекен! — деп, ыргып түштү да шабын сууруп,бөйрөк түшүн жара тартты. Кочушу толгон канды шимирип жиберип:

— Көксөм эми сууду. Агам Жаманкара үчүн, эми өлсөм арманым жок! — деп, жоону карай чу койду.

Эржанды куткаруу амалы менен үч мин чамалуу кол алган Норузбай катуу чабуулга өттү. Жергиликтүүлөр кайра жапырылып, тоо таянып, Оро-Башы түшунан өтө бергенде Эралы арасында Дуулат башкарган Жумгалдын колу менен Көлдөн келген Эсенгул колу буктурмадан суурулуп, ат коюп, душман кайрадан бытчыт болуп, сүрүлдү. Ортодо беш жүз ашуун өлгөнү менен жарадарларды калтырган эки тарап ишир кире тууларына кайра тартышты.

Уруштун бешинчи-алтынчы күндөрүндө тоолуктар

жапырт ат койду. Хан тараптан миң ашуун адам курман болду. Карангы түшкөндө тирүүлөрү тамактануу үчүн кош-кошуна тарады. Чынгыш тапкан амал боюнча жергиликтүүлөр түн жамынып Чүй суусунун боюна келди. Таш таштап, шагалак шилеп, сууну бөгөп, Шамшынын оюн карай бурду. Азыктан тартылып бараткан баскынчылар эми суудан да кагылды. Беркилерге күн сайын түн катып чанач-чанач, кап-кап сүзмө жетип турду. Кымыз шимирген, сүзмөдөн чалап жуткан жигиттер чырым этип, ат чалдырып, эртесиндеги салгылашка күчтөнүп кирип атты.

Кармашта улуп-жулуп, тез жыйынтыкка келчү Хан кордукка чыдабай Кудайменде төрөсүнө буйрук этти:

— Далайды тажаттым эле. Коконду калтыраткан элем, дубалап салдыбы, силерди? Темир сепил эмес го, анову наадандар!

Ирген эки миң ашуун кол алган Кудайменде эртенки таңда тосмону жарып өткөн көлдүн күчү сымал күрүлдөп, өрөөн өйдө жөнөдү. Хан середеги чатыр төрүндө, эшигин кең кайрытып салып, кол карааның көз менен узатып, көпкө олтурду. Кол куду жомоктогу ажыдар сымал эңиштерде бели бүгүлүп, бийикте жону түйүлүп, алга сойлойт. Бүлбүл карааны үзүлүп барат.

* * *

Көтөрүлгөн күн, булут самсыган асманда күңүрт шоола чачат. Аба оор. Кененсары кабагындай айлана сурданат. Жаңы ойгонгон он жашар уулу хан атанын он ыйыгына сүйөндү. Ата ийнинен артылган бытыйган жылуу колду кармап койгону болбосо, имерилип, сүйгөн жок. Оттуу күрөң ирмелбей, ойлуу. Каардуу да, кайгылуу да. Чатырда башка жан жок. Чап жаак, кыр мурун, каш кабактуу акын Таңжарык көкөөр алып кирди. Каш ортосу жиктенип, ал да түнөрүңкү. Алтын чөйчөккө куюлган ууз кымыздан шимирип, түбүн уулуна берди да, ак баштыктын оозу кайрылып, карта, койдун жаак эти, тили менен кесилмекчи болгондо уулу таранка коюуну жандады. Күмүш макини этке жөлөгөн акын үндөбөй балага жеткирип, өзү кийиндеп, капшытка олтурду. Убакыт өтүп Аке кабагын карап чоңойгон бала жегиси келген үчүн гана тилден кесип, оозуна салып, акырын чайнайт... Кененсары дем ура, саал эргип, чарчагандай кирпигин түшүрдү.

— Таң аке! Тартшы домбураңды,— деп өтүндү. — Баягы, биз көшкөндө төккөн күүңү самап турам!

Жашыл жибек кап кийгизилген арча тээк домбура ушул чатырда дайым илинүү. Ал Кененсары олтурган жерге гана чертилет. Ушуну күтүп турган белем. Лып туруп, домбураны колуна алып, олтурду. Кулагын бурап... диң-диң добуштан соң, шадылары домбураны моюндан апчыган боюнча саамга тунжурайт. ...Күү катуу башталып, жайлап, титирөө, муңкануура өткөндөй. Баш кайрыгы мурдагы болгон менен, бул, такыр, жаңы тарстуу. Күү агат. Кыял ээрчип, чукул кайрыктары, узак созулууларды туткактап, түпкүргө житет. ...Ачык асман, кең талаа. Көзгө дал тартылган тоо. Тоо ичи капчыгай, күрүлдөгөн суу, бийиктерди карай сызылган тайгак кыя жолдор. Анан, ачык асманда булут түрмөктөлүп, күн күркүрөө. Жарк-журк эткен чагылган сызыгы адам башынын мээ тамырына окшошот. Күүдөн ушул өңдүү удургуулар элес уруп барып, кудум, өзү аралашкан, көзү көргөн тиричилик чыкты да, кең талаада баягы Сары-Аркадагы шашылыш көч кайра башталды: Ээн калган журт, жүгү ооган төө, букулдап ээрчий боздогон бото... Үйүрүнөн адаша чыңырган кулун тай, ызы-чуу түшкөн кой-козу. Өлүүгө убакыт таппаган адамдар. Ичтен сызуу. Ачык боздоо. Күңгүрөшүп, муңкануу.

Акын тарткан күү акыр барып, ок жеп кансырап алдастаган айбандай долуланды. Жанталашты да, түркүгү кыйрап, үстү далп түшкөн сарайдай катуу, чукул токтоду.

Кененсары күүгө берилип, Таңжарыкты байкабаптыр. Анын жаак эттери диртилдей, көзүндө жаш каканактайт. Селт эте каш каккан Кененсары:

— Мунуң, не деген шумдугуң! Табышмак күүң, жандырмагың айтчы? — деди.

Акын домбурасынын беренесине колун ары-бери жөргөлөтүп, шарт кескендей токтоло койду да, бир аз дымий түштү. Анан башын көтөрдү. Кайрадан кол домбурага жабыша калганда муң уланып, Кененсарынын суроосуна ыр менен каймана жооп берди:

«...Улыгым, буны неге ойламайсың,
Телмирген терең ойго бойламайсың.
Уу жесең уруу менен бирге болуп,
Теңшиди неге табып ойнамайсың?

Көрүнбөйт, басыңдагы бөркүң кайда?
Өзүңдүн казак калкың, көркүң кайда?!

Үйүлдү ай басында бир көрөсүң.
Бирдейсиң күкекармек, эркиң кайда?

Калкының[1] турдуң чыны кезеңинде,
Байлауда оксоң көбүм көжөгүңө,
Бурулуп арт жагыма карагында,
Дүрт этип от кетеди өзөгүмө...»

Акындын түкшүмөлдөөсүнүн себеби бар: Даярдалган азык-түлүгү болбогон кол бул таранка жетээри менен жаңы сүткө, жаш этке киребиз деп ойлогон. Алигиче аксак тай колго тие элек. Жада калса суусаганда шимирээр, казанга куюп аш кайнатаар жаратылыш суусу соолду. Чарчап, ачыккан кол арасында күцкүлдөө, наразы болуу жоруктары желдей жортуп, жайыла, көбөйө баштады. ...Пендеге жетекчилик кылган жандын бир таалайы бар. Билгенин көнчүлүккө ачык айта алат. Өкүмүн тартынбай чыгара алат. Жетип турган таалайсыздыгы бар: болуп аткан кемчиликти толук көрө албайт. Кол алдындагы «ишенимдүүлөрдүн» айткандын көп ээрчийт. Андайлардын көбү коңоматчы келет да, башчысын жубатуу үчүн ийрини «түз» дей берет. Шол себептүү, бантыны начарлап баратканын Хан сезип турса да, азаптын кайнаган чөрдөкүн даана көрө албады. Акыл болсо чилдик окуялардагы өзү аралашын, чалынын жыпылын жүрөт.

Баарынан чоң коркунуч — жүзбашы Абакүм мыкты куралданган аскер алып, Кенесарынын оорутуна кетти. Алар арытан жардамга келүү колду бөгөйт.

Экинчиси уюшулган Жети-Суулук аскерлер Чүй элине жардам берүүгө даяр. Буларды Жантай билип, Супатай менен Андашка туюнткан. Колтугуна суу бүркүлгөн алар Улугунан дит буруп, кол башчылар кылым санагандарга «Абылай тукуму» деп жүрүп, кырылып бүтпөйлү!» — деше баштады. Чатыр сыртынан, баш кошкон жерден ушуларды эшитип, ичине катып, чыдыкты баса албаган, көпкө тонурак чача албаган акындын жүрөгү өрттөнүп олтурат. Бүт кайгысын күүгө салып, күү менен кабарлап атат.

— Же, токтот! — деди Кенесары өкүмдөнө. — Жылоочу болмо. Жашыңы жаш балага көрсөтпөгүн!

Танжарык шарт туруп, сыртка атып чыкты. Жүрөгү түпөйүл Хан муштум түйүп олтуруп калды. Бала колунан маки түшүп, делдейди.

Ушул кечте да жаман кабар угулду: Худайменде

---

[1] Тоонун аты.

баштаган кол Боом канчыгайынын терсинне жетип тоо конулундагыларды ойго сүрүп, түздө майкандамакчы же жүгүнтүктан олтуруп айыл чаап келмекчи. Анын бул амалы тескери чыкты. Сакталып турган негизги күч түндүк-түштүк тоолордон качырып ортого алып, Худайменде колунун талканын чыгарды. Туткундагылар арасындагы Худайменде төрөнүн колун-кол, санын-сан кескилеп ташташты. Колдун үчтөн бири сай-сайлап чачылып, ок күчү менен коргонуп, качып, тууларына зорго жетти. Экинчи төрөсүнөн айрылган Кененсары жаралуу жырткычтай алдастап, кайра түнжурап, апасы экөөнүн ортосунда болгон түпөйүл жандырмактарды эстейт... Дайыма алыс сапарга чыгаарда, чоң жортуулга аттанаар күнү Кененсары апасынын үйүнө түнөй турган. Мунусу тогуз ай көтөрүп, толготуп төрөгөн, жардамда жүргөн аял кийдигин кескенде ороого чулган, май созанткан соң ууз тепкен ак мамасын сордурган баасы кымбат апанын мандайында бир түн болуу — анын каалетине сыйынуу деп сезген. Апанын улуу каалетин жүрөгүн жылытып, дилинен ыраазычылык алып, батасын туу кылып, максатын орундатууга дем байлап көнөө болгон. Бул сапар дагы ошол өнөкөт ырымы боюнча апасынын үйүнө түнөйт. Алдына каатталган ала кийизди салдырып, башына жаздык койдуруп, жолго кийчү кийимди менен чечинбей бүкүлү жатат. Апасы адатынча очокко сөксөөл жагат. Кечтен тан агаргыча жалынын өчүрбөйт. Баласына узак өмүр тилеп, жеңиш тилеп, эрди бүлкүлдөп кадыртүн тоскон сымал жалгыз.

Сыртка чыгып, даарат алып келген Кененсары намазын окуйт да, апасынын аттанаардагы батасын алмакка отко чукул мандайлашып олтурат. Уйкудан калган апасына көз таштайт. Апасы сөз баштайт:

— Уулум! Түндө сүйлөнүп, колунду жогору серпип, ынчысызданып уктадың. Түш көрдүңбү?

— Ийе, Шеше! Түшүмдө асмандан жылдыз терип жүрүпмүн... Канчалык аракеттенсем да, үркөрдү алалбадым. Салаама тийип, уучума ууштalбады. Сондон улам кыйналып укташым ажеп эмес. Бу не деген түш, жоруйсузбу?

— Карагым! Анабу четинен терген жылдызың өзүңүн казактарынгой. Казак элиң гой. Ал энди, үркөрдү уучтай алмаганың... кыргыздарды багынта алмайт окшойсуң. Жортуулунду баштабай ак койсончу?! Кененсары от жалыны жүзүн кызылдаткан, ээгин орой чалынган ак такыячан апасына иймене тиктегени болбо-

со, үн чыгарбады, жооп бербеди. Ошол күнү, аттанаар алдында оозуна наар алелек карындашы Бопукан да үстүнө кирген:

— Агатай! Түндө түшүмдө төрт тал саамайым орттөнүп кетти. Жортуулуңу токтот, тилим алып? — деген.

— Бойдок катын менен, ээсиз иттин түшүнө кирбейт. Түшүң түлкүнүн богу, өзүң койдун корголу! — деп каккан апа алдында сүйлөй албаган өзү. — Кандырай түш аяны чын чыгабы?

Кененсары оор күрсүнүп, өзүнө-өзү сүйлөдү:

— Ал, эки саамайы Эржан менен Худайменде болгондо... Эндиги кезек Норузбай экөөбүз го? Андай болсо...

* * *

Кыйыры кайсы чектен бүтөөрү белгисиз калдайган кара тоолор. Ошол тоолордон бөлүнө бери карай агып келип, терининн бучкагына окшошуп, учу хан чатырына жете бербей токтогон, өзүнчө быткылала тоо. Худайменде баштаган колун таш-талканы чыккан күнү кечке ошол тоонун жыбыт-коктуларынан чаң булады. Түндөсү жылдыздай жайнаган оттор көрүндү. Өлгөн боорлорына жаны ачып, эскерип, Норузбай менен ай шооласында турган Хан чаң менен от жайын билмекке кармалып жүргөн Тыналыны чакыртты.

— Тетигилер эмне? — деп сурады Тыналыдан. Тыналы билбеген-түйбаган кишиче анткорлонуп, дейдейип:

— Беттешчү кол, башчым, — деди.

— Кол? Ошончолук көп кол... Бул эл өзү канча?

— Толуп атат, таксыр?

— Болгондо?..

— Көк менен жерге көшөгө болуп, курчап турган мобу улуу тоолордун чеги каяктан бүтөөрүн бир алла өзү билбесе, менин акылым жетпейт, таксыр. Анан, ушул тоолордун ар далысында өзүнчө эл жашайт. Аларды, санын бир алла өзү санап тактабаса... — деп апыртып жиберди, сөз кезеги келип, чырагына май тамган Тыналы.

— Ошондой дечи!

— Көрүп турасыз го. Тетиги ар оттун тегерегинде отуздан кайсар жигит отурат жоо кайдалап.

Үрөйү уча түшкөн Кененсары Тыналыга «кете бер» дегенин билгизе кол жаңсады. Чынында, бир оттун те-

герегинде отуздан кишн түгүл, көп оттун жанында адам жок болучу. Бул Ормон менен Алыбек тапкан амал. Жүз ашуун жигит ат куйругуна карагай, арча, караган бутактарын байлап, кокту ылдый чаң булатып, сүйрөтүп, билинбей жыбыт менен кайра кетип, кайра чандата беришкен кечке. Көз байланганда беш күндөн бери ар кырга үйүлгөн отундарга от коюп чыгышкан.

Сары-Ойдо жаткан Ормон жигит-жалаңы менен эки жүз киши тегеректен, Кенесарынын үрөйүн учурган чаң менен от күйгөндүн эртеси, шашкеде даяр болду. Нечен төөгө жүктөлгөн сүр эт, жаңы эт бар. Алар кошуун-кошуунга таратылды. Башчыларына коштой келген кысыр бээден сойдурду. Жүктөтө келген ак үйдү кыраңга даңкайтып тиктирди. Жанына көк туу орноду. Ошондо үч кулак кернейди кош колдоп көтөргөн Орозбакты абада чайкап, банылдата тартты. Байкап турган Кененсары жанында Супатай, Андашка кайрылды:

— Сыйырча мөөрөгөн не?

— Алдаяр таксыр! — Кашын кере Супатай озунат. — Булардын чабагы менен чарпышып жатчу элек, жаяны эми келди! — деди.

* * *

Чопкут, соот кийинген Жангарач, Жантай айбыгып, суусар тебетейинин төбөсү шоңшоё, жалаңтык кең чепкенин бүчүлөнбөй ички кемселге курчанган кемерин аткып, жай басып турган сүйрү кара сакал Ормон сурады:

— Чаң менен отту туюштубу?

— Туймак түгүл шаштысы кетип, элчи жиберген атыптыр.

— Бүгүн кармаш болбосун, конуш тынч эс алсын. — Ормондун алайып жана түшкөн көзүнөн Жантай көзүн ала качып, жалтанды. Хандын өзү ич ара тай тебиш болуп бузулуп атканы Ормонго маалим. Башталып калган согуш каягынан чыгаарын билбей, ушу тапта Ормондун башы маң.

Агер, жеңиш Кененсары тарапка өтсө, өздөрүн төрө атап, жер баспай, башканы адам катары ойлобогон кесир жандуу немелердин хандыкты берип, сыйлап, кенеш угаарын кудай билсин. Жыйынтык чыкпаган ушул ойлордон улам Ормон кечиккен. Али деле кабагы түйүлө буртуюп, богогу бүктөлүп, колун артына ала жер тиктеп, термелет...

Көп алыс эмес коктуда жумгалдык Дуулаттын колу. Эки үйдөн бирден жигит алып атканда Жаркымбай: — «Бул кол кыргыздыкы делинет. Туткунга түшсө тилиңди кесип, жонуңан кайыш тилет. Сен үйдө калып, катын-балага баш көз бол» — деп, Нурбайды калтырган. Ал азыр тоңтор менен үч мыктыны каран:

— Булар, Абылай хандын ашына чакырылгансып жай го? — дейт. Ацгыча, азык-түлүк жүктөгөн тоң адам убап-чубап коңуунун карай жандарынан өттү. Түксүйгөн жалдуу, майрык тору ат миниген алдыдагы бирөө тизгин тартат. Тиги үч мыктыга кылчактайт. Чанактары салпактан, сүзмө толгон кантары былкылдаган немелер тор атчанды жөөлөп, алга ылдамдашат. Акыры кылчактаган неме атын моюнга чаап, Жаркымбайларды карай бурулду. Ал жанына келгенде тамтыгы чыккан ороюна таңыркаган Жаркымбай:

— Эй, тобуңан эмне калдың? — деп сурады.

— Барганда, тиктеп алышып күлүшөт, — деди кенебей. — Менин өчүмү силер деле алып атасыңар. Инкиле, мобу жууратган.

Тоң жигит күлүп калышты.

— Канчыгай оозунан жалгыз-жарым адамга жолуксаң, чын эле, жүрөк түшүдөй экен өңүнөн?!

— Кенебарыга жетелеп барса, чалкасынан кеткидей. Хо-хо.

— Көрбөгөн ал түгүл, — деди берки, тандангандарды таназарына албай атынан түшө берип, — тааныган Жангарач, былтыр, жүрөгү айланып «кускан». Атаганат, өзүнүн колун кабыштыра карман, кайнаган суугa башын тыгып, сууруп алса, сүлдөрүн көрөт элек! Кудайдын кылганы. Шилтелген союл да ириде мендейге тийип, шор да ириде мендейге жабышат экен. Тигине, акелеп алдыларынан жүгүрүп этегин өөп, бугуна жыгылган Ормон, Жантай байкелерим. Асмандын элчисиндей болуп, кенебей турушпайбы! Өткөн жазда да канга баткан эл болгон. Кармашкан эл болгон. Быйыл деле ызы-чуу түшүп, кармашкан ошол эл. Каныш төккөн ошол эл, — деп кобурай берди да, күлкүсү тыйылган немелерди кекете кетти:

— Киши көрбөгөнсүбөй... чечип албайсыңарбы? Же мен алып келген үчүн ак жууратган чочуп турасыңарбы?

— Жок, баатыр! Андай эмес деп ашыккан Жаркымбай артылган чаначка жетти. — Эй, күлкүчү неме. Күлкүң тыйылды го, карма бир жагын?.. Ырайы суук бол-

гон менен, ичи таза ини экен. Деле менин жолум башынан ушундай кембагал эрлерден. Сен дос, капа этпе бизге. Күлбөй калалы экинчи. Ысмың ким?

— Доолдай. Былтыр Кененсары колу менен күн-түн атышып атып, огу түгөнгөндө колго түшүп мууздалган Шалтанын койчусумун.

— Өткөн салгылаштын тирүү күбөсү турбайсыңбы. Олтуруп, кеп салып бер, ошондон?

— Кеп качпайт. Кек алыпса болот эле.

Ушул тапта Алыбек мылтыкчандарды тоо тарапка чыгарып, жалпы ок чыгартты. Чукулдагы күрр эткен дөшөгөн булар селт этип, Доолдай кеби үзүлдү. Мылтыктар удаа-удаа он чакты жолу атылып, абада түтүн самаалап, токтоду. Бул, жооо, «Бизди байкагыла!» деген эскертүү болчу.

* * *

Кыл чайнап, көк чатырдын жанында басып турган Норузбай агасы ээндей калганда үстүнө кирди. Астыртан карап, түйүлгөн кабагын абайлаган агасы:

— Карагым! Айтчы сырыңды? — деди.

— Жолду кесиптир. Арттан келчү жардам жок. Карманын аткан жообуз чабуулун эми бастаган тур. ... Мен бек колу менен жоо алдын тосоюн. Туу менен сендерди алдыга салып, жүрүп кетелик?

— Баскабызда туяк бар. Аркабызда шам болчу чырак бар. Оболу өзүң түшсөнчү алдыга? — деди да, күндүз качсак, түкумубуздан эр чыкпайт! — деп, баш чайкады.

Көз байланган. Чатыр жаны тынчсыз. Кирип-чыккандар. Тез алмашылган сакчылар. Агасынан макулдук алган Норузбай, алты жигит кошуп, агасынын баласын жапсарлата качырды. Муну өз тобу туйду. Эртеден байкоочу койгон Супатай, Андаш, Ботбай да туйду. Үчөө ээп кошту. Супатай ачуулуу:

— Аман калчу булар. Кырылчу бизбиз го?!

— Ал, айт. Не истөөмүз керек?

— Урушта-туруш жок. Жамбастап жаткыдай конок бедик. Кетейик, катын-бала маңдайына жетейик, — деп, ыкыр макулдашышты да, жүзбашыларына кабардап, бүт колу менен жөнөп кетишти. Он канаттан булар жөнөгөндө, өзөктөгү Алыбай: — «Кол кача баштады» — деп, Ормонго тымызын жигитин чаптырат. Ал: — «Биздики-

лерге ак көйнөк кийгизем. Сенин колуңун кийгендери да өндөш» — болсун деп, айттырат.

Эл орунга олтура «Жоо качтылап» бир-бирине кабардап, чуу көтөрөт. Каптаган Ормон тараптын дүбүртүнөн, атылган октон жер дүңгүрөдү. Жоо колу кыйсыпыр. Канимет кылчу хан чатыры көрүнбөйт. Үрөйлөрү ого бетер учту.

Сол канатты башкарган Агыбай колу да качууга бет алган. Тууну жыйып, ханын жөнөтүп коюп, чаап келаткан Норузбай Агыбайды таанып, кыйкырды:

— Агаке! Бизди таштайсыңарбы?!

Күрт карацгыда аты ойногон анын айкырганы угулду:

— Оо, кудай оо! Көптү кантип токтото алам! Кос, энди, кыяматта көрүшөөрбүз! — деди да, дүргүгөн көлүн жар жээгине алып кирди. Байкабаган жергиликтүүлөр өтө чаап өткөндө Токмок-Арал жолуна салып Каштекти ашып, түгөл кутулушат.

«Кыйраткыч» аталган аскерин баштап, катуу келаткан буурулдун үстүндөгү Кенесары жанындагы Тыналыга:

— Жолду баста! — деп, буйруду. «Отуз ойлоп, бир кескен» ал, дүргүгөн колду алып жөнөдү. Күрүлдөгөн боюнча жетектеп, Мыкандын Кара-Суусу аталчу сормо сазга урду. Өзү карааның адаштырып, жылт койду. Ат бооруна өбөктөп, камчы үстүнө камчы басып, бир жылдан бери сагынган катын-баласын көздөй сызды.

Тыналыны ээрчиген кол кара баткакка чолпулдап чөгүп, сүрдүккөн арткылар ээ-жаа бербей каптап... чыңырып кишинеген жылкы... Боздогон үн... Аптыгып, тебеленип, бөөдө кырылган адамдар.

* * *

Кыйкырык-чуу, дүңгүрөө токтоп, айлана тынч. Чыгыштан асман жээги кылайып, ак жээк улам өйдөлөп, жайылып, таң да атты. Күдүрөйгөн адыр. Сыдырым желге түтүн-чаң сүрөлгөн. Кенебей, табийгат мурдагыдай магдырайт. Түн бою тынчы кеткен торгойлор канатка көтөрүлүп, чулдурайт. Тызылдаган сарала чымчыктар чырпык учуна коно сайрайт.

Күн нуру өрмөк жиби сымал тоо чокуларына ширеле сайылып, бара-бара жоодурап көйкөлүп, өзү көтөрүлдү. Эч нерсени байкабай табын чачты, жылуулук каптатты.

Жеткени жооо жетип, жетпегени кур чаап, көксөөсү сууп, куугунчулар кайра тартқан.

Өлгөндүн иши тынч жатмак. Тирүүнүн иши ойлонуп да, ойлонбой да бирдемелерди түрткүлөп, козгомок. ...Айланада чылбыр сүйрөп... Тизгинине чалынып... Оттоп жүргөн жоо аттары. Аларды көргөн тирүүлөр арсылдап күлдү. Ар кими туш келди чу коюп, кууп кармап, «олжо» деп, коштой баштады. Атка жетпегендери буту сынып очорулган, бели үзүлүп өлгөн аттардын жүгөнүнөн баштап, токулгаларын шыпырып, артынат. Жанындагы адам өлүгүн көрүп, бир даары: «Бүлүнгөндөн бүлдүргү алба» дечү эле. Ээсине буюрбаган, апы берер деспиби?!» — деп жыйрыла, кайра басат.

Тоо арасында келаткан Жаркымбай Доолдайдын кечээги түксүйгөн жалдуу атын тааныды. Анан, кыян жырган кемерде мөнкөлөндөп, бирдеме жасап жаткан өзүн тааныды. Ырсайды:

— Кеги бар ит! Майрык тору менен кошо чапкан тура, — деп бура тартты. Жетип, тизгин жыйып, найзасын таяна!

— Эй, сага эмне жок? — деди.

Тигил дооштон селт чочуп, Жаркымбайды тааныганда малакайын бурдап, мандай терин сүрттү.

— Түшүп, көрүнүзчү мобуларды? — деп, бер жагы куу чырпыктар менен тосулуп, чала көмүлгөн кемерди жаңдады. Жаркымбай атын каңтара койду да, кемерге секирди, Доолдай жанына барды. Эки ургачы жатат. Алардын тал-тал өрүлгөн чачтары ийинден артылып, кан-сөлсүз ничке манжалуу колдору көкүрөгүнө коюлган.

— Экөө тең бийкеч экен[1] — деди, Доолдай окчунга ээк кагып, — тетигиндеги өлүктөр арасынан алып келдим. Чымын конгуча көмүлүп калсын. — Муңая калып. — Тирүү тийсе эмне колго! — деди.

— Тирүү болушканда алдакы кейпине карашат беле?

— Анысы да бар. Ошентсе да, коогаланда колго түшсө, өлбөй калышат болучу.

— Деген менен, сен, Доолдай, азамат экенсиң!

---

[1] Ошол согушта эркекче кийинген кыздар-келин ажыратылбай көп өлгөн. Куугундап бараткан Нурбай аттуу балбан баш кийимин алып, чачы жайылып, аман калган кызды колго түшүрүп, кийин уулун үйлөнтөт. Ошол кыздан тараган тукум Кайдуулат аталып, Кетмен Төбөдө.

* * *

Оной олжо таап дуулдашкандар жамырай чаап олтурушуп, шашкеде Мыкандын сормо сазына жетишти. Аякбашы тай чабым жерди ээлеп, додолонгон ат өлүгү. Колу сергилип, буту соройгон адам өлүгү. Ат жабдык, кылыч, мылтык, баалуу кийим алуучулар, эми, ошого ыктытып, ат коюшту. Алдыңкылар баткакка жетип, аттары, баткан бутун бир сууруп, оңколоп, өздөрү учуп түшөт. Балчыкка оонап туруп, кээси шолкулдата кечип ары жөнөйт. Кээси бети-колунан балчыкты сыдырып, тиштери ырсая бери басып, арсылдап күлүшөт:

— Анык ит жер го!

— Сормо тура!

— Өлүккө али толбоптур.

Жээкте, тизгин тартып турган кара сакал тигилердин жосунуна таң калып, кейптерин мыскылдап:

— Ит жерди көрүп туруп чапкан, сен, анык ит эмессинби! — дейт.

— Ма, эми, өз атыңы тартып ал.

— Ай, адам! Жоо жеңилгенинне сүйүнбөйт да...

Айланада ала сагызган, коң каргалар көбөйдү. Тээ бийикте калдайган жорулар сызып айланат. Кузгундар самсыйт. Алар улам төмөндөп, тирүүлөр каныртынан, тирүүлөр кыймылынан гана жазганын, өлүктөрдү ээлөөгө көздөрү жанып, шашып атышты. Жору, кузгун адатын бала күнүнөн эң сонун билчү койчу Доолдай түксүгүй жалдуусун лок-лок желдире Жаркымбай жанында келатып:

— Мындай «той» дайыма боло бербейт. Жемсөөнөр жарылганча жегиле! — дейт, — жайдык азыгынарды белендеп берген Кененсарыга ыраазы болбосоңор тумшугунар омурулсун! Жаркымбай жоруларга жалт карап, анан Доолдайга бурулду:

— Сен бир, онбогон неме окшойсуң го?!

* * *

«Жоо жеңилди!» — деген жакшы кабар жеткенде, кулак түрүп турган айыл жаш төлү менен муздакта кысылган малын айдап, эшиктен көчтү. Кары небак кетип, жамгыр көрүп, көгү кыр жапкан бөксө тоолорго конду. Камбылы ак түлөөгө мал чалды. Эр азаматынан айрылган үйлөрдөн өкүрүк-чуу чыгып, өлгөнүн жоктоштү.

Бекер олжо изден, адырдан чаап жүргөн топ жигит Кененсарыны колго түшүрөт. Жол таштай адашып, камыш аралап түнт чычырканакка жашына калган ал, курчоого алгандардан жан соога сурайт. Жеңишине делөөрүгөндөр ага болчубу:

— Сенин жаныңды тартчу «жалацкыч» башка. Биздин да баш-көзүбүз бар. Ошолор чечет, тагдырыңды. Тур, аттангын!

Бир ай мурда дүңгүрөгөн кол ээрчитип, өкүмүн аткарчу Кененсары эми, уурусун карматкан мышыктай бүжүрөп, дале үмүт үзбөй өтүнөт:

— Коё бергиле?.. Ар биринде бир чакадан дилде берейин?

Мүнөзү шар кызыл жигит түшө калып, датын кабылдабай колун артына кайрып, кыл чылбыр менен куушура таңып атып:

— «Ууру кылсаң жалгыз кыл. Экөө болсо — бири айгак» — дейт. Дилдеңе кызыгып, биз коё берели. Тиги, чаап келаткандардын көзүн ким таңат? Оозун ким басат?! — деп бакылдады.

— Кадак алтынды азыр берейин?..

— Аның да өзүндө турсун!

Кененсарынын булгаары капталган ээринин кашы уютулган алтын экенин баамдабаган жигиттер коштоп жөнөйт. Жолдо дагы бир топтор колго түшөт. Аларды да алдыга салып айдашат. Үстүндөгү кийими балчыктан таанылбаган шыңга бойлуу жигиттин жөө калганын аяп:

— Мурда жоо болсоң, азыр мусаапырсың. Сообуң тиер, учкаш — деп, учкаштырып алат. Учкашкан ошол жигитти Кененсары улам карап, бирдеме деп сүйлөөчүдөй эриндери титирейт. Бирок унчуга албайт. Ал да ханына жал-жал карайт. Кененсары ээрдин тиштеп, баш чайкаганынан токтолот. Жеңишке делөөрүгөн беркилер эки адам ортосундагы ымдашууну абайлабай келе берет. Камышка корголой калган бирөө:

— Төрөм! Не кылып жүрсүң? — деп, тура калганда учкашып келаткандын Норузбай экенин билишет.

— Ау! Карышкырдын дал өзүн тааныбаганымды көр! — деп, жанагы боорукер неме түшө калып, колун байлайт.

Экөөнүн колго түшкөнүн укканда күйүттүү Чынгыш утурлап тосот. Көк ала сакал, сөөктүү ал карыянын өтүнүчү боюнча айылдын четиндеги бир үйгө экөөнү түшүрөт. Ормондорго киши чаптырат. Чынгыш эки төө-

рөнүн колун чечтирип, айран сундуруп атып сурайт.

— Өлтүрөөц сөөгүн таппадык. Тирүү болсо чынын айт. Жаманкара кайда?

Кененсары Норузбайга жалт бурулуп алып, анан:

— Жаманкара нениз болот? — деди.

— Жаманкара чечекей иним.

— Ининиз болсо... Норузбай да менин иним. Инимди бошотуп жибериниз. Ининиз тирүү, алып келсин. Кайда экенин өзү жакшы билет.

— Жолун болгур! Ининин агага ынак экенин мурда неге ойлободуң? Болуптур, убада бек болсун, — деп Чынгыш кол сунгуча Норузбай чапчан чөк түшүп, чекир көзүн агасына кадап, жалынган сүйлөдү:

— Ой, Кеңеке ай! Осу, беш күншүлүк ит өмүрдө... неге өтүрүк айтасың?! Шалтаны талпак кылган, Субанкулун сулаткан, Жаманкараны жайлаган колум осу го!

Агасы чөгүп, кичирип, туруп калды.

Чынгыш ата төөчө обдулду. Кабак түйүп, Кененсарыга көз кадады. Кол шилтеп, жөнөлө берди:

— Жолун болгур. Калп айткан оңолбойт. Хан да калп айтчубу?

Ормондон келген буйрук боюнча экөө эки үйгө бөлүнүп камалып, кайтарчулар коюлду.

Агыбайга ат баштаган тогуз берип, сый-урмат көрсөтүп, Ормон узатты. Ботбайдын ээрчите жүргөн он тогуз жаштагы уулуна Жантай кызын берүүгө кудалашты. Кыз калыңы элүү төө, төрт жүз койго кесилди. Сый-урмат менен кудасын ал узатты. Аларды ээрчип, калганы кетти. Иледегилерге «Төрөгелдинин жеткиргиле» — деп, кош ат менен киши чаптырды.

Эми чечиле элек Кененсары менен Норузбайдын тагдыры калды. Ормон адатынча кара санын мыткын, таянып... Жантай оң жагына олтуруп, Жангарач сол жагына олтуруп... Алыбек сыртта алыскы колдорду гаратып... Оо, андайда тоолуктар дегенин айбаттуу. Олчойгон Ормон олтурган кырандагы ак үйдүн жанында айчык көк туу желпинип, белги кылып илип, түпөктүү найза таянган саксактар калкалап, сүрдүү.

Жемин басып күрүлдөгөн жолборсчо комдонуп, Ормон сөз баштады.

— Тийишкендин өлгөнү өлдү. Тирүүсү кетти. Колдо экөө турат. Эмне кылмакпыз?

Жангарач түйүлүп, түйшөлүп, жанбастай, үнү кектүү:

— Тирүү биз менен го кармашсын. Өлгөн атамда

анын акысы кайсы эле, баатыр? Арбагын сыйлап турган күмбөздү талкалашты. Сөөгүн сыртка сүйрөп, чачышты. Мындай жетип турган жаман жорукту чийки эт жеген ит, жапайы жырткычтар жасайт. Адам жасабайт. Мен жанбайм!

Ормондун каш-кабагы түнөрүп, көзү акырая кадалганда Жангарачтын каны качкан өңүнө кызыл жүгүрдү. Кыпчыла калган таноосу жазылды. Сербейген сакалмуруту жатып, жай калыбына кайра келди. Мандашты которуп, этекти такымга кысты. Баятан такылдаган тили тоңураак күрмөлүп, кыялы жумшаргандай:

— Ошондой болсо да, көп өлчөп, бир кесип... Өзүң чечкин, баатыр.

— Мен чечсем... — деди Ормон — жер баспай дайрыган немелердин жели чыкты. Айтканга көнбөсө, буйрукту аткарбаска чара калган жок аларда. Дале, өз тарабын башкарчу, артынан ээрчитчү ошолор. Экөөнө тандап эки кыз алып берип, күйөө бала кылып, тирүү узатсак не болот?

Үнүндөгү дабыштын каары менен «эмдеп», тизгиндеп койгонго сол ыптасындагы Жангарач эми муюп, тынч. Оң тараптагы Жантай этине ысык май чачырагандай ыргыды:

— Элди кантебиз, баатыр?! Элден чыгып калабыз го?!

— Кайсы элди айтасың? — Ормон ага толгоно карап, үтүрөйдү, — элди башкарган бизби, же эл бизди башкарат бекен?

Чынында, Жантай «эл-эл» деп, чын дилинде айтып аткан жок, Кененсарынын көзүн жоюуга берген убадасы ордунан чыкпай калабы деп, элди сала коюп, элди жамына коюп атат.

— Жанкарач, сен эмне демексиң?!

— Ийе, баатыр. Эл бизди башкарбайт. Этегибизди кармап, ээрчийт. Самсышат артыбыздан. Айтсак токтойт. Десек бурулат. Бирок, канча кылган менен Кененсары сизге, обозгер болуп бербейт. Ушул жагын ойло, баатыр.

Сырттан чабарман кирип, сөз бөлүндү. Ал таазим этип, Ормонго карап айтты:

— Баатыр, Кененсары өзүңүздөн өтүнүч сурап атат. Башчыларга жүздөштүргүлө, дейт. Айтаар сөзүм бар. Түшүнтөөр сырым бар дейт.

Жантай озунду:

— «Чычкан ийинге батпай атып, куйругуна калбыр

байлайт». Мурда кайда экен сөзү? Буга чейин айтпай, сырын кайда катып жүргөн экен? Чымын жаны кыл көпүрөдө турганда жүгүнө калганын. Өзүбүздөгү сөз, өзүбүздөгү сыр деле жетишет!

— Токточу! — Ормон Жантайга кол көтөрдү да, чабармандан сурады, — өзү өтүнөбү?.. Жүздөшсөм дейби?

— Ошентет, баатыр!

— Багынткан баатыр менен колго түшкөн башчы эзели жүздөшкөн эмес. Алардын жүздөшүүсү — кечирим болгону, — деди Жантай, тынчы кете жаалданып.

— Болгон! — деди Ормон, — түрк Султанын айтылуу Темир кабыл алган.

— Алган. Көрө-сала Темир бырс күлгөн. Султан ызаланып тура калат да: «Аскериндин көптүгүнө салын жендин. Болбосо сени талкалайт элем. Бүгүн багынттым деп мактанба. Бир учур өз башыңа да келет» — деген.

— Макул, Султан ошентти, а Темир эмне деп жооп берди?

— Сени, кемсинтип күлгөнүм жок. Жер бетиндө адам түгөнгөнсүп, сендей бир көзү жок сокур менен, мендей бир буту майрык чолокко бийлик берген, кудай тааланын амирине күлдүм, — деген. Кечирим кылып, Султан аман жөнөткөн Темир. Темир башы менен антип атса, мен ким болуп калыпмын? Жери таналган Кененсарыны коё берсем эмне болот экен?!

— Баатыр! Иш быша элек али — деди, Жантай тартынбай кесе айтып. — Төрөгелдиден кабар болсун.

— Сен эмне демексиң, «байбиче»?

— Өзүңдүн «токолдугун» кут болсун, — деди сөз кезегин кетирбей Жангарач, баягыдагы селдеңи эске салып, — Жантайдын акылы да жүйөлүү. Күтө турсак болоор, колдо турбайбы экөө.

Ормонго арналып тай жетелеңип келинин союлуп, эти бир тарткандан ашпайт. Козу өңөрүлүп келинин союлуп, эти бир табактан ашпайт. Ууз кымыз жутуп, жаңы эт менен ал Төрөгелдиден кабар күтөт. Жума өтүп, кабар кечикти. Айыл ичинде күбүр-шыбыр тарады: «Кененсарыны бизге тукуруп жүргөн Ормон өзү экен. Калптан, баш кесерлерди кайтарткан болуп туруп, бир түн качырат экен» — дешсе; кээси: «Чоң Ормон эч кимге коркок билиш эмес. Карангылатып качырбай, күпө-күндүз, чакалайдын чак түшүндө, экөөнү үйлөнтүп, аттап-тондоп жөнөтөт экен. Төрөлөргө ылайыктуу кыз табылбай, токтоп атыптыр» — дешет.

«Бөрү жатыштай» тараган бул кацшаар өлгөн элдердин туугап-уругун, жесир катын, жетим балдарын дүүлүктүрдү. Алар: «канга-кан алабыз!» — деп чыгышты. Кароолчулар төрөлөрдү кайтарып, үч күрчайт. Бакансоюл сүйрөткөндөр кароолчуларды сыртынан күн-түн акмалашып, айыл ичи тынчсыз. Ортодо чабармандар чапкылайт. Алар, элдин түрүн Ормонго жанытып, Норузбай акыркы күндөрү жинденип, адам аттууну оозго алгыс сөздөр менен сөгүп атканын айтып келишет.

Зарыктырган кабар келди. Бирок, күткөндөй болбой чыкты. Алар: «Тынчтык бербей эл бүлүнткөн Кененсарынын көзүн жоготпосоңор, Төрөгелди колуңарга тийбейт» — деп, так кесер айтышыптыр. Сумсайып, тултуюп, долуланып Ормон силкинди.

— Тарт, атты! — деди да, этек-жеңин кагынып, сыртка чыкты. Жалына кол жеткис көк атка минип, далысы чыга үңкүйүп, жөнөп кетти. Артында Алыбек баштаган жигиттер.

Эки тизгин, бир чылбыр, эми, Жантай менен Жангарачтын колуна тийди. Кайтарылган туткундар тагдыры чечилди.

Жангарачтын мандайында Норузбай. Үй сыртында кароолчу. Ыкыс берип, кароолчуларды тегеректеп дууддаган кектүүлөр. Норузбай кишен салынган бутун силкинип, артына кайрылып чырмалган колун жулкулайт, эки ийнин кажанып, ачууга алдырып алган. Эриндери көгөрүп, ууртунда кан. Мышыктыкындай чекир көзү жанып, сурооо адамча жооп жок.

— Ит эл. Наадан эл! — деп, тайманбай кыйкырып, ажал тилейт. — Неге кармайсыңар? Не жаксылык күтөсүнөр менден?! — дейт, өлтүрөр болсоңор чаппайсыңарбы эртерээк башымды?!

Термелген Жангарач Норузбайды муңайым тиктеп турду: «Жаш экен. Жыйырма бештен өтө элек. Коё берсекпи, мунусун?.. Сырттагы жаралууларды ким тизгиндейт. Чыгып калам го, алардан? Барк-батым кетип калат го, алардан?»

— Сөзгө келчи? — деди көптө Жангарач.

— Не сөз, силердей наадандарга?!

— Наадан силер! Наадандыгыңардан эр өлтүрүп, эриш буздуңар.

— Аз кырдым сендерди. Али канга тойгонум жок.

— Тойбогон болсоң, энди тоёрсуң өз каныңа. Өтүнэмнеге дары?

— Кызыңдын жанжерине...

— Айтаар арыз-арманың барбы?

— Ширкин ову! — деп силкинип, Норузбай чамгаракка чалкалайт. — Төрт арманым калды: Анамды байга узатканым жок. Байы болсо дагы бир Норузбай туулат белс? Артымда өз канымдан перзент калган жок! Төрт жүз төөгө жүктөлүп, келчү курал колума тийген жок.

...Аскеримди артыма салып, силер менен беттешип, былчылдаша албай калдым оо, чиркин!

Жин чалып бараткан немеге тенеле берүүгө чыдамы жетпей, Жангарач чыгып кетти. Сырттагы кароолчуларга кол жандай:

— Элди тоспогула, — деди. Кара кийинген Шалтанын жесири биринчи кирип, сурданган көзүн кадай, керегедеги илинүү кылычты ала койду.

— Ову, наадандар! Эркегиң жокпу! — деп бакырды Норузбай. Жөөлөп алга өткөн Түлөке аялдын колундагы кылычты жулуп алып, чокуга тартып жибергенде оңкосунан сайылды. Шалтанын аялы жеңиндеги шамшарды матыра канталын жарып жиберип, каныпан үч уртады: желкесине түшкөн жоолугун тарта бүркөнүп:

— Асылымдын арбагы ыраазы болсун! — деп үшкүрүп, чыга берди.

* * *

Бош отурган Кененсары үстүнө ар дайым жатык көрүнчү эпчил Жантай кирди. Көзү көзүнө урунганда Кененсары иш жайын түшүндү. Жантай бир аз токтоп:

— Мурунку жылы... сиздер тарап конокко чакырып... дарексиз калган адамдар бар экен! — деди, Жаманкараны айыпкердин эсине салып.

— Болсо, болоор... Даарат алып, намаз окуймун. Сондонсоң өзүм ишарат беремин. Кыйнабай кылыш менен шабыңар. — Ушул сөзүнөн кийин суу толгон кумганды алып, босогого бурулду. Жантай чыгып кетти. Өзүнө тап коюп, жүрөгүн жулуп алаарына чукулдап калган ажалды, кенебегенсиген Кененсары сыртына сыр чыгарбай чепкенин жайып, кыбыланы беттеп, намазын көпкө окуду. Бүтүп, дал отурган боюнча эшик тарапка бурулду:

— Келиңдер, энди?

Жыл мурда Долубектин колунан шилтенип, бирок өзү аман калган баягы Таштанбек болотун кармап, Жаманкаранын инилеринин бири Тайсары кирди. Жаземдебей Болотту тааныган Кененсары көзү жана түштү...

Туман арасында, башын кызыл жоолук менен буулуп Найза кызылды мингеи Долубек далдая көрүндү. Көздөр арбашты. Мандайына кылыч согулган ал, ат жалына өбөктөй эшишке чаап, туман арасына кетти... Каш ортосу жиктеше ойго чөккөн Кенесарынын башы зан: «О, чиркин!»

... Ийнине колун арта салып он жашар уулу. Домбура чалган акын Таңжарык... Ушул түштү эсине. «Ошондогу куу жандырмагы ушу экен го?» — деген ал; көөдөнү чыңала, тымызын үшкүрдү. Тулга таарыган Болотту кармаган Тайсарыга карап, акырын алсыз үн менен:

— Мындай чык? — деп бармагы менен сол ыйыгы тарапты ишарааттады да, мойнун суна калды. Кылыч жогору серпилип, шилтеди. Сабагынан үзүлгөн алмадай баш ыргыды. Кулак-мурун, эриндери кыймылдап, аласалды. Эми эле намазга жыгылган кең далы үстөмөндөй жалп этти. Күрөө тамырдан чертилген кан дирт уруп ийинден жаба берди.

* * *

Доолдай эртеден катын-балдар менен окуя үстүндө жүргөн. Ормондун «качырмай болдусун» укканда Шалтанын жесирин: «өчүңү алалбасаң, колуна өлүп бер. Колтугуна бычак катып ал» — деп өкүтүп, өзү да бел курундагы кынга бычак салган. Экөө жайланып, көмүлгөндөн кийин, жүрөгүнө эмнегедир, аёо сезими келди. Элинде жок, башка элдин, чоочун айылда күйөөрү жок өлгөн аларды, өзүндөй ага-туугансыз жетимдей көрдү. Кайнак сууга малынган башы эстен чыкты. Эртең мененкидей жинденбей, ызырынбай, эл арты болуп, делдейди. Кайтарган койду унутту. Үй тарапка да барган жок. Жалгыз дөбөгө чыгып, көгү узарып келаткан шыралжынга боюн жашырып, адам деген эмне экенин талдап, чечмелей албай кацырыгы түтөйт. Көзүндө жаш каканактайт: «Өткөндө, канаттуу тулпарым болсо, ээрчиген колум болсо, далай баштарды кеспес белем! — дебедим беле? Эмнеге анттим экен? Ошондой тилегим үчүн кудай мени жарытпай жүрсө керек? Бетим күйүп, кейпим да келишип калбадыбы!»

«Силер да акмак экенсиңер! — деди кайра башы чабылган экөөнө тиш кайрап, — жүрөгүңөр карышкырдан алынса керек. Мендей жетим болуп чоңойсоңор... боорукер болот элеңер. Баарын атаңар үйрөткөн окшойт,

силерге. Үйрөнсөңөр, үйрөнгөн өнөрүңөрдөн өлүп бүттүңөр!»

Бир аздан соң булут оодарылчудай күн күркүрөп, кеткен эле жерден өрмөк жибиндей жамгыр жерге шырен, катуу нөшөр төктү. Алеки саатта кокту-жылгалардан окторулуп, чалмаланып, кыян жүрдү. Жылкы, койдон башка мал мөөрөп безилдеп, чуру-чуу. Аялдар энтелеп түндүк тартып, эшик түрүп. Адамдар жүгүрүп, босогодон бүгүлүп үйгө корголон, жымжырт. Жер бетин самаган жамгырдан көлчүктөр жайнайт. Үстүндөгү көбүктөр барсаят, жарылат, шарактап кайнайт. Кыян арты менен күчөп, окторулуп, шаркыран, түздөгү сар чалмага жуун жатат.

Малакайынан бек басып, кымтыланып, колун жеңине кийиштирген Доолдай далысын түйүп, шөмтүрөп, капталдай басты. Сөөк көмүлгөн бөксөгө жалт бурулуп:

— Сырттагы кыямат, уу-чууну билбей, мына, жаның тынды! — дейт. Кетип баратып, мойнундагы сууну силкип кобурайт: — Мындай немелерге асман дагы болушат окшойт? Көрсөң, жанында өкүргөн калың Күйармандары болбосо да... Жашың төгүн, булут ыйлап аткандыр, тобо! Мен өлсөм... Чебич маарааарын кудай билет?!

* * *

Ою орундалган Жантай алдына жылкы салып, иниси Молтойду иледегилер колунда жаткан Төрөгелдиге жөнөттү. Иш жайын укkан алар. «Башыңыз жүзгө бааланды эле» алды келиптир. Калганын өзүңүз орундатаарсыз. Мындан ары эл болуп жүрөлү» — дешип аттантондоп кетиришти. Элдин жеңишке жеткенине делөөрүгөн, жана жыл бою кайтарууда жатып бук болгон ал боз жоргону бежитип жолго чыкканда, бирге чаап келаткан Молтойго көзүн кадап, буркулдайт.

—Мойнуну бурап салайынбы! Баягыда, караан болбой, катынча айлына неге качтың?! — Молтой арсактап күлүп, ат тизгинин тартып, кийиндейт:

— Баатыр! Ак чөп башта. Күнөөмдү тартайын. Жеринен коркок ит эмесминби.

— Тигини-тигини. Жоон табачаагын. Аган Жантай менин ордумда болсо, найзага жүрөгүндү тосмоксуң. Энең башка үчүн ошенттиң.

— Ошо кетиргеним үчүн... Жылкымды айдап, ирнде отурбайымбы.

— Ушериң гана жуун турат айыбынды. Болбосо... Мен Ормон баатырдыкына түшө өтөм. Бирге барасыңбы?

— Кара төрдө мал бар эле. Баш-көз болчулар өңчөй катын-бала. Санаам тынбай баратам. Баатырга, кийин ат жетелеп, куттуктап келебиз деп, Жантай абам айтты. Капа этпесеңиз, малга кайрылайын.

Калыгулдун санаганын угуп, чочулап жүргөн Молтой жолго эки түнөгөндөн кийинки күнү шылтоо таап коштошуп, бөлүндү. Жорго үстүнө чепкен өңүрү артка илинип, желге дирилдеген Төрөгелди жана ара конуп Ормон айылынын түшунан чыкты. Мурда эле жоон камчылуу ал айыл, азыр, андан бетер сүрдүү көрүнүп, бирди-жарым бас адамдар даап баралбай, көл жакалай суусу мол майда адырда отурган. Адыр арасы жаш төлү жайнаган малга толуп, көл көк жашаң тарта чалкып, жээгинде шапшынган каз-өрдөк быкпыр.

Төрөгелдини жылкычылар тааныды. Элейе калышып, сүйүнчүлөгөнү бирөө Ормондун үйүн көздөй чаптырды. Төө чепкенди желбегейленип, желээде тизилген күлүндарга назар буруп жүргөн Ормон жылкычынын үнүн угуп, токтоду.

— Баатыр, сүйүнчү! Төрөгелди келатат!

— Мекеге кетти беле! — деп бурк этти. Деген менен жакындын иши жакын. Боордоштун иши, боордош. Андан калса, толгон ага-тууганынын ичинен Төрөгелдиге кейли түшөт. Уруу-уруу арасында боло калчу талаш-тартышта дайыма өзү тарапта болчу мүнөзүн жактырып, «көк долум» деп эркелетчү. Бая «кызыл тебетей» атана элек учурда Чагалдак уруусунан Акбел аттуу адам жылкы уурдаганы көл башына барат. Жылкычылар туюп калып, куугунга алышат. Арттагы сүрдүү куугун чукулдаганда, шаштысы кеткен Акбел ат-маты менен көлгө кирет. Атынын тумшугу гана көтөрүлүп, өзү өбөктөп сууга какап-чакаганынан куугунчулар кайра тигини аяп: «Бери чык, тийбейбиз» — десе, ал коркуп, баш чайкап арылай берет. Акыры тумчугуп өлөт. Ошол тарапта Ормондун тууганы Адыл баатыр үлүш жеп, көл башында жүргөн. Акбелдин өлгөнүн ал билет. «Бөөдө өлүп калды. Куну жыйырма жылкы болсун» — деп чечкен көл башындагылар жыйырма жылкы чыгарып, анын бир атын айылы жамаатташ эле дешип, Ормонго чыгарат. Кыйкым издеген Ормон эки санын мыткып, опурулуп: «Менин айылымдан эр өлөт деген эмне» Жылкы тийип кел!» — деп, Адылды кыстайт. Адыл:

«Бу желмогуз, сыйлашып жаткан айылды чабынтырмак болду эми!» — деп ичинен күңкүлдөгөнү менен, өзүнө батынып сөз айта албай айласы кетип, жылкы тийип келген. Чыр ырбаган. Ага да ыраазы болбой Ормон жана жаңыртып күн доолай бергенде Боромбай, Балбай, Тилекмат сыяктуулар: «Ууруга күн жок, сабыр кылып, тим болсун!» — дешет. Ошондо Ормон Боромбайды чакыртып алып: «Эй, Боромбай! — деген,— мен «Көк долуну» кынжылап, чынжырын жамбашыма басып отурам. А эгер, кынжысын чечип коё берсем, айтчы, апандын чыккан жыртыгына кире качып жүрбө?! — деп кекетип, Төрөгелдинин айбатын көрсөткөн. Ошол Төрөгелди Кененсары менен болгон кармашта пайдасы тийбей кыжынса да, келатканын угуп жүрөгү сүйүнгөндөн калтаарый түштү. Төмөнүрөөк, кокту оозунан далдайып, карааны көрүнгөндө далысын күүшөп, эки жеңин кийди. Үй эшигин карай басып, утурлады. Бирде өзүнө, бирде тиги боз жорго үстүндөгү Төрөгелдиге жалтактаган Капталга буйруду:

— Эркеч даярда. Кара торпок алдырып кел.

Төрөгелди агасына жетпей аттан түшүп, чылбырын чуркап жеткен ат алчуга серпип, басты. Жамажайы кулагына жетип, сакал-мурутү жайыла жүзү чылк кубаныч. Кучагын камдай эки көзү агадан өтүп келатат.

— Көп айып, аз күнөөм болсо кеч? Кулдугум бар, баатыр!

Экөө айкарасынан кучакташып көрүштү. Ормон ийнинен апчылап, ырган:

Жинди-жинди! Болуптур-болуптур, кечтим! — деди. Анчыча, көккө тоюнуп, түгү жылтылдаган кара эркеч маарап, кош мүйүзү каркайып, жетеленип келипди да, Төрөгелдинин алдына көтөрүлүп урулуп, мууздалды. Төрт буту тыбырай көкүрөгү сөгүлдү. Билеги түрүлгөн чоң кызыл ала өпкөнү кекиртеги менен сууруп чыкты. Төрөгелди чөк түшө эңкейип калган. Жонуна таар жабылып, өпкө дал ортого үч чабылды да, аңдып турган иттерге ыргытылды. Биринчи ит лап тосуп, экинчи ит кошо жармашып, үчүнчүсү жетти. Анан жемди таштай бурдашып, талашканга өтүштү. Бул, кириптерликтен кутулуп кеткен адамга «садага чабуу» ырымы. Андан соң кара торпок жетеленип келипнип, суу боюна мууздалды. Айылдагы малчы-жалчы эркектердин ар кими бычак алып, түктүү сан кылып, кескилеп, талап кетти. Бул, алыстан келген адамдын «кырсыктан тышкары» болсун, кырсык ушул кара торпок менен кошо кескиле-

нип жок болсун, кырсык жок болсун», — деген ырымы. Анан барып Төрөгелди эцкейин, үйгө кирди.

Кысыр бээ ак түлөөгө чалынды. Түлөө башына, түлөө батасына Калыгул да чакырылды. Зымга тарткандай бир калыпта, бир мүнөздө ойлуу жүрчү карыя Төрөгелдинс гана кол сунуп, учурашты. Кучактаган иниси боюнан оолактаткан да жок.

Улуу шашке болуп калган. Күн мемиреп, аба тынч. Сыртка шырдак салынды. Жаш чөптүн жытын искеп, эркектер отурат. Ышы келишкен эркеч чаначка ууз кымыз чайкалып, керме аяктарда сунулду. Сөз бир өзөккө түшпөй баш-аламан чыккан кобур. Төрөгелди сөз арасында баскынчылар менен кармаш канча күн болгонун, кайсы жерде өткөнүн, эки тараптан канча адам өлгөнүн жана Кененсары хан кандай адам экенин дарылдаган үнү менен жулунуп сурайт. Кармашка катышпаган Калыгул унчукпайт. Барган менен өз көзү көрбөгөн Ормон үстүртөн домоолоп айтат. Төрөгелди оюнда калаар, көзгө элестээр канааттангандай жооп алалбады. Ал обдулуп, дарылдап сурай калганда анын бээ саап, соку жанчкан ыза-кордугун уккан Калыгул: «Көргөн кордугу үчүн ичинен сызып, бир аз күн болсо да неге санааркабайт, бу?!» — дейт. Каш алдынан ага көз таштайт, — «ушул да бир элди башкарат. Баатыр аталат. Күч, жер челген каманда да бар. Акыл болбойбу? Мекетака болбойбу? Көрсөң, көрсөң желпингенин! Ушунун да буйругун угуп, айтканын аткарып, «жүрү» десе бир эл бүт ээрчийт. А кейпиңе ура, наалаты!» Карыя андан ары мунун колго кандайча түшкөнүн, кези келгенде Жантай тезинен жылкы топтой коюп, бошотуп алганын, анын оюна Илеликтер лып көнө калышын чегип сурап билгиси келди. Бирок, сабырдуу жан акылына тегеретип, эрдин кымтылады. Күчүнө сыйынган, чапчаң мүнөз орой Төрөгелди иш чындыгын билип калса, азыр ордунан учуп тураар. Май чачылган оттой алоолонуп, эч кимге токтоо бербей найза сундуруп Жантайга ат коёр. Анан ага акыр барып Ормон да кошулаар. Бул экөө күрүлдөп жөнөп калышса, башкалар токтотуп алсын көрөлү. Жантай адамдын куусу түлкү түгүл кырк кулач кызыл түлкү болсо да бели омурулат. Бөктөрүлүп, башы канжыгага байланат.

Калыгул ушундай болоорун сезди, чечти. Бырыш ишти таптап, одурайган ишти кара шыбак, кум шыбакка алып, зымырайган боюнча калтырып билмексенге салып бекитти.

Түш кыцкая түлөө тамагы бышты-бышты болуп калганда төмөнтөн эки атчан көрүндү. Бирөө аял тарстуу. Бул айылдык атчан жигит учурашып, бир аз буйдалды. Анан атын бери буруп, ыкчамдай бастырды. Калыгул турган топко келди.

— Баатыр! — деп Ормонго кайрылды келген жигит,— тигилер, танапташ элден келатышыптыр Кененсарынын карындашымын дейт.

Заты аял болсо да жоокер өскөн аны сыртынан угуп билчү Калыгул:

— Ийе, келсин, — деди.

...Баягы, «жоо качты» коогалаң болгон түндүн эртесинде Кененсарыпын он жаңар баласын ала-качып жөнөгөн алты адам айылына жетиппет. Жортуулчул боорлорунун абалын Бопукан угат. Түшүнөн кийин түпөйүл болуп жүргөн жүрөгү ого бетер туйлап, апкаарыйт. Неси болсо кудайдын жазганын көрөөрмүн деп, карапайым аял кийимин кийинип: «Колго түшүп тирүү болушса керегп тийер» — деп алтын баалуу килем, баалуу ак терилеринен жүктөтүп, жети азамат менен жөнөйт. Конуп түнөп, катуу жүргөн булар Сары-Өзөн-Чүйдү өрдөй айылды таяп калышканда, ат коштогон үч адам алдыларынан кыйгап өтө беришмек болду. Болукан каш карып, тигилерди токтотмокко жигитин чакырды. Алар токтоду. Алдындагысы сопол куйрук чаар атчан. Камчыланаар каңжыгасында томпойгон кара бирдеме. Калган, коштоо аттарга тердик тартылып, бирден сал куржун артылып, чырмалган.

Булар жетти. Эки тарап ат үстүлөрүнөн ооз эки саламдашты.

— Агайиндер! — деди Бопукан, — каалагандар болсун сүйүнчүцөргө, Кенекем аманбы?

Бирөө темине сүйлөмөкчү болгондо, чаар ат үстүндөгү сурдана тиктөө менен үнүн бууду. Чаар ат ооздугун кажый моюн созуп, кулагы айкалыша ак көзү чакчарылып, ойдолоп, бурула берди. Каңжыгадагы сырты булгаары томпойгон неме Бопукан көзүнө чалдыкты. Негедир жүрөгү шуу эте туйлап, демиге таноосу кыпчылды:

— Жооп бериңиз! — деди чыдамсыздана.

— Кенен дайнын эл башкарган мыктылар билет, — деди чаар атчан.

— Биз жол жүрүп бараткан жай адамдарбыз? — деди да, атына камчы уруп жөнөй берди. Жанагы үрөйүн учурган каңжыгадагы кара томпокко Бопукан дагы

акыя карады. Шектенип, үрөйү ого бетер учту. Чынында, Бопукан туура шектенди. Бир боордук жүрөгү сезди. Ошол кара томпокто — бузулбас үчүн дарыга чыланып, чайыр менен чапталып, булгаары менен капталган Кененсарынын башы. Аны орустун Омбудагы улугуна Жантай жөнөткөн. Жеткирип бараткан чаар атчан былтыр элчиликке барган Карагул.

Бопукан Чүй элинен ойрон болгон иш жайын, жайраган боорлорун укту. Нес блун, эч ким менен сүйлөшпөй агасынын башсыз денеси коюлган кабырга келди. Эзилип аттан түшүп, молону кучактап, жаагын алматерме басты да, абаны буза бир бакырды:

— Боорум!.. Агатайым!.. — Ошол экен, делдейип турган жети ат кошчулар ат үстүнөн ыргыды. Камчыларын капталга тиреп, айкырыкты салышты. Суу күйгандай беттерин жаш жууп, эмшендей титиреп, ачылган ооздоруна жаштары кирип, эчкире шилекейлери чууруп, боздошту.

Жетөөнүн жер бузган өкүрүгүнө айлана дүңүрөйт. Чочуган кекиликтер тызылдап, бийикке жөрмөлөйт. Карга, таан, чымчыктар топ-тобу менен кыйсыпыр түшүп, алыска учту. Чукулдагы айылдан жоон топ адам атка минип, буларды көздөй ашыгыштуу бастырышты. Жамандыкка жүрөгү түтпөгөн пенделер көңүл айтканы келатышат шекилдүү.

Кабырды адамдар тегеректеп, чылбырланган аттар толгондо, Бопукан баш көтөрдү. Бир элпек жигит бая чаан барып, чаначка суу алып келген. Азыр чаначтын кайрылган оозунан ыйлап басылгандардын колуна чуурутту. Алар колу, жүздөрүн жууду. Бопукан ак оромолу менен аарчынып, беркилери этеги менен аарчынды. Жергиликтүүлөр арасынан бирөө кыраатка салып, куран баштады. Айлана кайра дымып, курандын мукам кайрыгы созулду.

Бата этилген соң оор үшкүрүп алган Бопукан баягыдагы сынчы жете албай калган тоо арасындагы Ормон айылынын жолун сурады.

— Биз эмне кылалы? — деди аткошчулары.

— Эмне кылмакчы элецер! — деди Бопу.

— Буларды кантмекпиз?

— Ээси жоголгон дүнүйөнү талаага чачмак белецер. Алып, айылга кайткыла. Бирин гана мени менен болгула, — деп алтоону жолго салган да, көл тарапка беттеген. Ошол, бук болуп кацгыган Бопукан, карындаш тиги.

— Бир үйдү даярдагыла, — деди буйрук берип, элпек кыймылдаган Калыгул. Көп адамга ийилбөөчү кырс агасынын бул кылганына Ормон таң. Буйругун аткартты. Тигилер айылды тиреп келип, аттан түшүп, жалоондой балдар аттарын алып, берилешкенде Калыгул башгап басты. Бопукан элик камчысын бооруна алып, жүгүнө таазим этти. Жанындагы жигит баары менен кол алышты. Калыгул коноктору баштап, даярдалган үйгө алып келди. Эшикти Укен көтөрдү, Бопукан кыйылып босогого тура калганда:

— Кире бер, чырагым, — деди Калыгул карыя, — жашың кичүү болсо да, жолуң улуу. Андан да айылапаны дүрбөтпөй, учурашып, таанышканы жол басып, эл издеп келген адамкерчилигиң улуу — деп, Бопуканга жол берчип, соңунан жүрдү.

Чынында Бопукан каза болгон боорлору үчүн кек алууга чоң амал менен келген. Ормонго нике кыйдырып, күн өткөрүп, ыгы келгенде Ормон баштаган башчыларын өлтүрүү болчу. Биринчиден, Ормон Бопукандан чочулап, никеден такыр баш тартты. Экинчиден, Калыгул карыя баштаган урмат-сыйдан улам сабыр токтотуп, ачуусунан жанды. Конуп, ат белин эс алтып кайткан ал:

— Аттиң! Ушул эки эл неге чабышып, жоолашты экен?! — деп, көпкө арман эткен. Арманы, өзү менен мүрзөгө кошо жаткан.

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ.

I

Кенесары баштаган баскынчылар менен кагылыш, кан төгүлүп, баш кесилгенден төрт жыл өттү. Тагдырдын жазуусу экен, Качыке да өлдү. Чапкылап жайыт издебей, бирөөлөргө таарынып өктөм сүйлөбөй, жини келгенин билгизе чакчарылып, жарпы жазылганын туюнта жаркылдап калчу көзү көрүнбөй чарасына батты. Суналып: «Кош бол, жарыкчылыктагы иттей тытыштырган тирчилик!» — деп ыраазы боло да, убактылуу доорон сүргөн өмүрүнүн жалган экенине нааразы боло да жүзүнө саал жылмаюу калтырып, он төрт кез ак тайпынга оролду. Бийиги эки жарым кулач, түбүнө кыркаар олтурган төрт киши кенен баткыдай көргө коюлду.

Казанак оозуна чым жыйылып, бекилип, казылган топурак кайра шиленип, көмүлдү.

Өз жаны тынган Качыкенин ашы өтөт делинип калды. Эл ичинде анын ата артындагы «камчы сап» аталган улуу Эралы жаматташ эл башчыларын чакырып, кеңеш курганы, Ныязбектин ашынан кем түшпөөнүн камын жегени угулду. Кеңешке келгендер моло таштай сороюп олтуруп, көздөрү үлпүлдөй кулак кагып, «нийе», «жөн», «намыс үчүн белди бек буу» дешкени угулду. Бирөөлөр ашта өтчү тамашаларга бөлүнүүчү байгелерге үстөк кошууну киргизсе, бирөөлөр атты төө менен алмаштырып, көйнөктү чапанга көтөргөнү угулду. Уруу-урууга, айыл-айылга бөлүнгөн алык-салыктар камчыны бүктөй кармаган бийлер аркылуу өндүрүлүп атканы угулду. Анжиян, Коконго мал айдатып, айырбашталып келинүүчү дүнүйөлөрдүн ичинен жүздөгөн кундуз чатырды[1] эшиткенде Жангарач тамак жасап кымтынып: «Ате! Жакшыларга өтүп келген аш жөрөлгөсү ушу сенин атаң менен токтойт ко чагымда, Эралы баатыр?» — деп айтканы да угулду.

Аш Үч-Көөрүктүн аягында берилмекчи. Куш чеңгелине окшош үч зор кокту. Арасы жайлоо. Баштары ашуу. Үчөөнөн үч суу куюлуп, куштун шыйрагы сымал бир жерден кошулат. Үчөөнөн шамал бир учурда үйлөнгөнүнөн «Үч-Көөрүк» аталат. Чалкасынан жаткан комузга окшош Үч-Көөрүктүн батыш түндүк айланасы тоолор менен курчалып, комуз капкагы делинген түз талаача чыгышты карай созулуп жатат. Күнгө какталган жерлердеги бетеге, шыбак кубакай тартып, бодо араласа көрүнгүс чийлердин бакалдары дүкүйө өзөгү коюулап, баштары сеңселет.

Талаанын түндүк тарабына меймандар үчүн чатырлар көтөрүлдү. Тамактанаар үйлөр катар тигилди. Суу боюнда тамак-аш даярдалчу үйлөр. Чамгарактарынан түтүн чандап, куйкум жыттанып, май түтөйт. Чакырылгандын алды болуп чүйлүктөр келди. Аларга Жангарач башчы. Чыгыштын түпкүрүндө жашаса да элпектик менен көлдүктөр келди. Аларды Балбай имерди. Кабар небак айтылса да, Таластыктар менен Ормон тарап кечикти. Досу Алыбектен кабар жок. Аларды күтө Эралы

[1] Үч-төрт кишилик. Ичкн жээктерине кундуз кармалганынан «Кундуз чатыр» аталат да, бай үйлөрүнүн жанына тигилип, жаңы баш кошкон уул-келини жатат. «Мен жибек чатырда жатыпмын-бы!» — деген кембагал арасындагы армандуу сөз ошондон улам.

канчалык кыйылды. Бирок мындагы көчүлүк токтоор эмес.

Эралы эл түрүн байкады. Окчундагы жалгыз ак үйдү карай мыктыларды ээрчитти. Алардын соңунан көчүлүк калкыды. Булар таяп токтогондо, үй ичинен аялдар ыйы башталды. Бул Качыкенин жылдызын белгилөө ыйы. Ушуну менен күнүгө эртең менен, кечинде үн чыгарып ыйлоо жосуну токтолот. Жесир үстүндөгү кара кийим чечилип, кара жоолук алынып, ак жоолук салынат, бир сыйра жаңы кийим кийгизилет.

Адатта, өлгөндүн аялы, «Атаны оо, а дүйнө кеткен, Асылым... ым, ыцоой!» — деп биринчи баштап, анан ага калгандар кошулуп, ызы-чуу түшөт да калат. Кимдин эмне деп айтканы сырттагыларга ажыратылбайт. Акыры, улам бирден басыла берип, алым сабак айтышкан эки «кошокчу» аял же таасын бир кошокчу калат. Мурдатан даярданган ал кошокчу сөздүн алпынан баштап, таштоочу сөздөн таштайт. Анын үнүнө, сөзүнүн курчтугуна сырттагы тымтырс боло кулак салып сыноочулар өз баасын берет. Көңүлдөрүнө жакса: «Баланчанын ашындагы, түкүнчө аялдын кошкону, ай!» Же: «Ошондогу кыздын айтканы ай!» — деп мактап, даңазалап, ооздон-ооозго өтүп көпкө сакталат.

Үй ичиндеги аялдар арасынан биринчи болуп Салкын байбиче токтоду. Бүт өмүрүн бирге өткөргөн эрине чын пейилден катуу күйүп, эки бөйрөгү бүлкүлдөп, эзиле эчкирип токтоду. Өзүнөн кийинки келиндерине, бойго жеткен кыздарына кезек берип токтоду. Оо, кенен чай кайнап убакыт өткөндө, жалгыз үн калды. Үн жаштын үнү. Жаратылыш тартуулаган мукамдуу үн. Тирүүсүндө кемчилиги чукуланган сокур-чологу биринчи көрүнгөн пенде өлгөндөн кийин гана мактоого алынат эмеспи. Билгендерге кейүү сезими келип, анын жакшы жактарынан козголо берет эмеспи адатта.

Кошокчу Качыкени: «Элиңе аска-зоо элең бел элең, — деди. Эми ошол бел сынды, зоо урады, ордуңду таппай, элиң мөгдүрөп турат», — деди. Сырттагылар арасындагы бирөө ачакей сакалын сылап, деп койду:

— Сөз эмес бекен! Разак кой, арка-сүйөк экени жалган беле?

Кошокчу андан ары Качыкени жоо баатыр, жаактуудан жан тецеле албаган чечен атап өттү. Кулак түргөндөр мында да баш ийкешти:

— Узун күндү кыскарткан чечен эмей эмне эле?

— Маралторусун алчактатып, сыр найзасын желге

ырган, баатыр эмей эмне эле?! Ылайым жаткан жери жайлуу болсун!

Жана, кошок башталганда жаңы асылган эт чала бышкан убакта барып мукам үндүү кошокчу:

Жоргосун миниген жол менен,
Шумкарын салган кыр менен,
Бул дүнүйө жалганда,
Атакем, жакшы өттү сын менен!

— деп токтоду. Баятан мукам кайрыкты, эп келишкен сөздөрдү уга кемерин аткылып, тыңч басып турган Балбай башын селт көтөрүп, Эралыга кайрылды:

— Кошокчу ар элде бар. Бу атаңды тирилткен адам ким болот?

— Карындашым.

— Карындашыңдын ысымы ким?

— Зыйнат.

— Зыйнат?! Көрүндүгү бир ат, карындашыңды көрсөткүн.

Эралынын буйругу боюнча үкүсү сеңселген, кундуз топучан Зыйнатты эки келин коштоп чыкты. Кыздын чырайына эч перседен айбыкпас Балбай аңкайып, саамга нес болду. Деле карап тургандын көбү ошондой абалда. Узун кирпигин түшүрө, кыз өрүм чачтарын кармалап тура калды да, көп көздөргө таазим этип, бат эле терс бурулду. Шып кирип, жым.

Көпчүлүк чайпалып, дуулдап кобур.

— Өлгөндүн да өз таалайы болот. Качыке баатырдан тагдыр кызды да аяган эмес тура. Кыз өңү менен, жер чөбү менен.

— Эй, чырайын чылап ичпейсиң! Кошокчу кылып көмөкөй бергенин айтсаңчы, а көрөкчө?

— Ошону айтсаң. Өлгөн Качыкени көрүнөн тирилтип, бир олтургузду маңдайга.

— Аты бекеринен Зыйнат коюлбаптыр. Ата арбагына Зыйнат сыйын көрсөттү, бу кызы бүгүн.

— Атаганат! Арты ушундай болсо өлгөндүн арманы не?!

Бир гана Балбай үнсүз. Анын көз алдында Зыйнат. Серпилип жалт кароо менен сугу түшкөн кыз келбети эмелеки пайда болгон ордунда... «Буудандан буудан тандап минип... тор кыркып... чоочун элден жылкы тийип, өмүрүмдү дуулаттым. Атым чыкты. Башкалар айбыкты! — деп неге кубандым экен?! Өмүр момундай, Зыйнат менен дуулабайбы! Колу мойнуна арта салынып, уяң көзү жалтанып... Буралып, илеби уруп турса,

бул жалганда неге арман?» Кырчылдаган кыркка келип, чилдедеги буурадай жан дит бага албаган Балбай: «Зыйнатка жетпесем курчтугум ташка! — дейт ичинен, — жанды найзага илип, башты канжыгага байласан да шертинде тур!..»

Ангыча, көпчүлүк арасынан кимдир бирөө:

— Тамакка келбедик, тамаша көрөлү деп келдик. Кечиккендер келээр. Мында тургандарга баштай бербейсиңерби оюн-зоокту,— деп бакылдады. Сунуш жүйөөлүү. Кабыл алынды. Аттуулар жапырт түштү. Уналарын сартбайлоолоп, түзөндү беттеп мандаш урушту. Чач мончогу шарактаган келиндер, бойго жеткен кыздар, айрымачка танылган төрт-беш жаштагы балдар гана аттан түшпөй карашат. Жангарач менен Балбай бирге келатышып ачакей бөлүнүп, өз топтору жакка барып, карама-каршы турушту. Топтун өздөрүнөн балбан тейлөөчүлөр чыкты. Алар күйкөлөктөп, ортодо. Чокчо салкал, кара киши таар чепкенинин оң жеңин куруна кыстарып, комуздун түбүн жеңине такап, чоң ырчылар ээлеп алгыча тиричилик үчүн бирдеме өндүрүп алуунун камын жеп, өзү эле жарчылыкка камынды. Жалдуу карала бээсин шалп-шалп желдирип, Жангарачтын мандайына жетти. Малакайын желкесин карай түртүп коюп, алды менен эрдин жаланды:

— Оо, кең Чүйдөн келген калың эл,
Силерге Жангарач жолборс болду бел.
Азыр болчу күрөшкө,
Балбанынды камдай бер:

«Жолборс» атаганга көңүлү жылып, мыйыгынан жылмайган Жангарач жан чөнтөгүнө кол салды. Чөнтөктөн жаманчынын көзү өтөт.

— Алып коюңуз? — деп күмүш тыйын сунду.

— Ыракмат! — деп жетине албаган карала бээчен, эми Балбайды беттеп, жанагыдан катуулабыраак жөнөдү. Жетип, тизгинин тартты:

Чалкып жаткан көлү бар,
Чалкайган кенен төрү бар.
Касиеттүү Бугу эне
Тукумдарын көрүп ал.
Кезинде,
Канчалар менен керишкен,
Калмактар менен тебишкен.
Түп атасын булардын,
Кайберен келип эмизген.
Келипсиңер тирелип,

Күчүңөрдү билесиң,
Кармашыра койсоң да,
Балбанып, таап жибериң.

Балбай:

— Туура айттыңыз ырчым! — деп арт тарабына кылчайып, көзү менен бирөөнү чакырды. Жанына келгенге:

— Тур, чапандан бирди алып кел, — деп буйруду. Мунусу көп көзүнчө мартабалуу болуп коюу максаты. Балким, Жангарач сунган күмүш тыйын наркы ашык чыгаар? Бирок, ал күмүш эмес, жез сунгандыр? Болбосо, колу уялбасын үчүн, төрт чүкө карматкан чыгаар? Көрбөгөн соң жардангандардын иши эмне? Чын эле чүкө сунган күндө да «албаймын!» деп чокчо сакал айта алабы? Балбайдыкы тигине, көрүнөө болду. Делп эткен кызгылт жибек чапан таардын үстүнө жабыла калды. Эл көрдү. Жамакчы купшундап, карааны чоңоё түшкөндөй.

Эки тарантан чыккан көөдөндөрү жылаңач балбандар бирине-бири каршы чайпала басып, ортодо чукулдаша кол сунуп, кулачтарын жайышып, далы-булчундары түйүлө аярдашып, тоорушат. Тейлөөчүлөрдүн тынчтары кетип, балбандардын бир тиягына, бир биягына өтүшөт. Алар тоорушкан букалардай көздөрүнүн агын чыгара тиктешип, чапчыша баштады.

Акыры көлдүктөрдүн балбаны тиги тараптыкын чалып уруп, башынан аттап өттү. Өздөрүн көздөй дагдаңдай желип келаткан балбанын, анын артынан тебетейин абага булгап: «Куу-гуу, куу-гуу!» — деп үнүнүн бардыгынча бакырып келаткан тейлөөчүнү бугулар тарап кыйкырып, каткырык аралаш дуулдашып тосту. Жыгылган балбаны бозала болуп, илкий басып келатканга тигил тарап тым-тырс. Өкүнүчтө. Жангарачтын таноосу кыпчылат:

— Жыкканына капачылык жок, күчсүз жыгылат. Баштан аттап кетишке кандай акысы бар? — деп эми эле өзү сый көрсөткөн жарчыга опурулду. Анын үстүндөгү жибек чапан жылан терисиндей суук көрүнүп, опурулду. Жарчы келип, укканын Балбайга айтты.

— Чычалаак окшойт, — деди Балбай, Жангарачка табасы кана мыскылдуу, — андай экен жыгылышпасын. Ушундай эмеспи? — деп өз тарабындагыларга көз кысты. Тизе тиреше топ алдыда олтургандар мулундап коштойт. Бирөө жылып келип, кийинип жаткан балбанга келтирип:

— Чунак! — деп сөзүнө туз коштү. — Кармаса эзилер «май» болгон соң, аян коюуң го?!

Балбайдын сөзүн жарчы төкпөй-чачпай Жаңгарачка жеткирди. Ал кыймылынан ачуу көрсөтпөсө да, өз тарабынан тыккан немени жылдырып сокту:

— Аш коротор! Мунун карааннына ишенициес керек. Капка тыккан саман турбайсыңбы?

— Анабу кырда калдайган карааң. Булар Таластан чакырылгандар.

Кийинки күн. Чакырылгандардын арасында да ар кимдин арзыган адамы болоор. Эралынын атасынын ашын создуктуруп күткөнү Алыбек болучу. Ал кошумчасы менен киши жибериптир. Анан Ормон болчу. Ал келбептир. «Төрөгелди турат. Мен керек болсо кеңешиңерди ошого айткыла. Ошо чечет», — деп айттырыптыр, жөнөткөн адамдарынан. Көтөрүп алган дубалына уюткан ылайы жетпей, дубал кырында кемтик калгандай, өзгөчө Ормон келбегенге Эралы ичтен түйүлдү: «Онтоп төшөктө жатпаса. Бүгүн теңелибеген менен эртең өз башына келчү иш», — деди. Кылчакесіз ашты аныкбаштады. Тамак-аш туура берилбей калбоосун байкоого, меймандардын ыраазы болбоосун байкоого адамдар коюп, алар аркылуу билип-туюп, колдон келгендерин түзөп, кымбаттарын ойлонуп, кеңешип жөндөп атты.

...Жакшылыктан үмүттөнүп, жакшылыкка талаптанбаган да адам болчубу?! Курманкожо элинде турчу саяпкер Калыбек жети асыл күлүгүн ашка алып келген. Түп атасы тобурчак, энеси жепейген тоо жылкысынан туулган сээрилүү, суйдаң жал-куйруктуу Карагерин сылап-сыйпап уу-чуулуу топтон алыс ээп коктуда. Жанында он эки жаштагы ат чабар кызыл тоголок баласы Белек. Кийинки үч жыл ичинде Карагер кабары аздап-аздап элге угулду. А быйыл, булчундары чыңалып, бели толуп, чуркар кезеги. Түндөсү тер алып, күндүзү суу боюндагы салкынга байланат. Жетелеп откорот. Күүшөлгөн арпадан бээ сүтүнө көптүрүп берет. Чылбырлап, булак көзүнөн сугарат. Оо, атаганат! Белен жаткан байге жок. Даярдалган данк жок. Баары эмгекти талап кылат. Баары билгичтикти талап кылат.

Баласына суулуктатып, үртүгү алынган Карагер ооздугу күтүрөп, эстеп койду. «Жаныбарым! От эңсеп калган го? — Калыбек чылбырына чылбыр улаштырды. Жайдактады. — Бекинтай, жайына кой». Карагер кергичтеп, туландан чалды. Түзөндөп барып, кумга оонады.

Күч менен аласалып оонады. Шарт туруп, катуу силкинди.

Оттоп жаткан тушалуу көгалынын жанында бышылуу тамак салынган куржун. Ага менен бала тамакка отурушту. Көздөрү Карагерде. Ал төрт айгыр бүгүп, жуушап калган.

— Ата! — деп эркелик көрсөттү тамактанып аткан баласы. — Тамашаны качан көрөбүз?

— Өзүбүз элге тамаша көрсөткөнү жатып...

— Кандай тамаша көрсөтөбүз?

— Карагер экөөң алдыга келсең, андан ашкан тамаша болобу?

— Аний, баргым келип атат, тиги кыйкырышкандарга.

— Чыда. Күлүгүң ойгонсун.

Атайы чакырылып, алыстан келгендер жалпы, жөө. Быкбырдай жайнап, ортону даана көрүш үчүн, дөбөнүн этегинен кырын карай чачылып олтурушкан. Айылы жакындар аттарын чылбырлап, бир четте. Күлүгүн билгизбей үртүгүп алып, жай адам катары келген Калыбек агтуулар арасына түштү. Баласын Көгалага мингизип, Карагердин чылбырын берди да, жөөлөрдү аралай алдыңкы катардагы улгайгандар арасына өттү. Дааныш карыя экен. Ак сакалын жарк эткизе кылчайып, Калыбекти тааныды:

— Кел-кел. Ат байгелүү болсун!

— Айтканыңыз келсин.

— Сурап аттым эле. Жолугайын деп, издеп аттым эле, — деп артына бурулду. Карагердин кең көкүрөгүн, нар сымал каңылжаардуу башын көтөрүп, жымыйды, — алысчыл го, жаныбар. ...Сак бол. Жоон билектер каскак болуп жүрбөсүн.

— Мандайга жазганды көрөбүз, карыя. Угуп атам, чабылчу ат көп экен.

— Көптүн да бирөөсү бар.

Балбай менен Жангарач бири-бирине «таш» ыргытышып, эл ортосунда атчан турган. Жигиттерин жумшап, Эралыны чакырткан. Тээ, окчундагы жалгыз үйдө туруп, ашты башкарган ал байлоодогу атына ыргып мине, буйдалбай келген.

— Күлүктүн баш байгесине эмне сайдың? — деп сурады Төрөгелди Эралыдан, — токтогон жерин айт? Калган чыгымына таңсыгым жок.

Жармач уруктардын оюна эмес, түшүнө кирбей турган байге сайылганын Эралы билгизди.

— Дурус экен, дурус экен. Көңүл буярлык жумуш экен! — деп жарпы жазылган Төрөгелди жылмайып, күрөң атын моюнга чаап, бастырып кетти. Анын сөзүн кулагы чалган Дааныш:

— Ий, ойрон! — деген күлүмсүрөп, мүйүз чакчасын тизесине кагып, — баш байгесин алсам деп көзү кызарып турган экен. Алса алып коёт. Буларга теңелчү ким? «Көптүн да бирөөсү бар», — деп Калыбекке кыйыгканы ошол.

Иле тараптан көргөн ызасын бир жолку тарткан эт менен ап этип сугунуп койгон Төкөң жайнаган көптүлүктүн кашкасы өзү боло, айчык даана ак калпакты кайчы кийип, төө чепкендин өңүрү кете кемери жаркырап, ат үстүндө сүрдүү алп. Анын жанында эки тараптан алма-терме чапкылаган эки ырчы. Бири узун бойлуу, кагелес, кара мурут Арыстанбек. Экинчиси айтылуу Музооке. Экөөнүн мингени төгүлгөн окшош сары жорго. Алдыда «эңиш», «ит тартыш» тамашалары болгонун Калыбек сурап угуп атканда жоргосун көшүлтүп Арыстанбек келди. Кара муруту серпиле тиши жаркырап, жар айтты:

Оо, тамашанын кызыгы,
Кызыкты элге көрсөтчү
Адамдардын бышыгы.
Арыш керсе талбаган.
Кожожашча кийикти,
Куып жүрүп кармаган,
Жөө күлүккө тең калам!
Баятан, түп сүрөөгө айдаган.
Бөйдөдөн учуп кетет деп,
Ар бири аяктай таш кармаган.
Ошолордун карааны,
Тетигинден чубады.
Жакшылап көрүп жарданып,
Бир моокумдан чыгалы.

Ырчы менен кошо эл жылмайып, моюн созду. Чолок шым кийген тыттай жылаңач жыйырмадай жөө күлүктөр топ-топ болуп келатышат. Улам берилеген сайын тобу чачылып, экөө бөлүнүп, анан бири озуп, кайра артқылар куып жетип, жан сабап келатышат. Алардын ак, күрөң, кара сур, жылаңач денелери мемиреген күнгө чагылат. Моюндары узара, колдору шилтелип, чийден ачыкка чыкканда тизелери короктойт. Жетөөнө байге. Алдыңкы топто Жаркымбай, Нурбай келаткан, кош күлүк болуп. Бул жорукту баштаган да Жаркымбай: «таз чабыш» менен «төө чечмейдин» Качыке ашында болбосун укқан Жакең:

— Килейген аштан ырым кармабай кур кетмек белек! Жүрү, жөө жарышка түшүп калалы? — дейт. Дегенде токтоно албас Нукец макул болот:

— Түсөө түсөйүк, сайысып же эшенп аттың беле, эт ооругандай, — дейт да, экөө үй далдоосунда чечине баштанат...

— Анакем ушундай эле жыпжылаңач тууптур! — деп күлүп, атайы даярдалган карала таар кыска шым кийишип, жөө күлүктөр тобуна кошулушту.

Жакең жолдо да жөн баспайт:

— Жаргакка караганда, кычышкан этке сообу тийчү неме! — деп одуракай шымдын кашатын бурдап, жамбашын сүрөт. — Аштан жолдуу элек, бүгүн кудай кантээр экен, ыя?!

— Чыгып баратсак кудай колдон кармап калар дейбисиң, — дейт Нукең, — типти, анову, эзели аш ичпегенсиген арыктарың жаман го? Терилери этине катып, күн бою чапса, тер чыкпайтын жагдайы бар.

Экөө азыр төртүнчү, бешинчи болуп жаңаша. Эзели кара жумуш менен келаткан Жакең төртүнчү. Өжөрлүккө салып, күйүккөнүнө карабай келатат. Деген менен Нурбай күүлүү, эргип шилтейт арышын. Сүйлөбөй туралбас Жаркымбай:

— Ушу бойдон жубубузду бузбай барсак, төртүнчү, бешинчи байге эмне болду экен? — деп күлөт. Нурбайды кошо күлдүрүп, алды кетирип, өзү да буранлайт.

— Үндөбө, осу сен! — деген жолдошу тиштенип чуркайт. Чынында, экөө алга киши өткөрбөй, ошо ордунда келатышты. Чийден суурулуп, эл карааны көрүнүп, а түгүл дуу-дуу кыйкырык угула баштаганда, Жаркымбай дагы сүйлөдү:

— Бозо ичет имишмин! Көкүрөгүм кырылдап, жаным көзүмө көрүнүп баратат. Кудай өзүнө берсин кубатты! — деди да, чайпалып шайы кетти. Жаркымбайдын «ак батасын» алган Нурбай алга озду. Жүрө-жүрө Жакеңен биринчи, экинчи, үчүнчү анан төртүнчү адам өттү. Ошондо керекке жарабасына көзү жетип:

— Ээ, «кечтим байдын кызынан!» — деп жолдон чыкты. Күйүгүп бышылдап, Нурбайды бир карап, анын төртүнчү бойдон баратканын кежигесинен таанып:

— Оо, Куюн Маамытка[1] кудай кубат бер. Кур кол калбайт окшойбуз,— деп кыйкырып кала берди.

Денелери терге майланышкан жөө күлүктөр убай-

[1] Төштүк эпосундагы жөө күлүк.

чубай ортону жарып өтүп жатса, эл кыраан-каткы күлүшөт. Алардын тиштенгендерине, кыржандаган моюндарына, көөп-чыңалган күрөө тамыры, тартылган шили тарамыштарын көрүп аяп да зооктон да күлүп жатышат.

Жөө күлүктөр эстүүлүк кылышты. Байгенин эң акыркысы, жетинчи жүгүрүк топко кире бергенде, сегизинчиден баштаган арткылар жүткүнүп келип токтошуп, жайыла басты. Көкүрөк мыкчып, эңкейип, ийрилип, жөтөлүп, байгеден да жок, жандары кыйналган аларга да эл күлүп атат. Аяп атышат:

— Азабың соол ээ!

— Кыйын болду бечараларга.

— Баарын кылган үмүт. «Калам» десе көшүлбайт болчу. «Алам» деп чуркап атпайбы!

— Ал чындык.

Жаркымбайдын тилеги кабыл болду. Алга да өтпөй, кылайып артынан киши да өткөрбөй ордунда келген «куюн Маамытына» мүйүзү каркайган сары эркеч тийди. Жаргак шымдын кайыш ычкырын чубап алган Жакен аны мойнунан байлап, жетелеп четке чыкты.

— Өзү Качыке менен жашташ окшойт. Мейли, эркеч да болсо «теке» салабыз! — деп чийге байлады.

Сары жоргону өйдө-төмөн бежитип, алакай көзүнүн агы чыга заңкылдап, Музооке жар айтып калды:

Оо, жарданып турган көпчүлүк,
Байге алып бүттү «жөө күлүк».
Алдыңкысы төө минип,
Жетинчиси гон кийип,
Сегизден баштап жыйырманын,
Эпчисине муш тийип,
Аны мындай таштайлы,
Таластык кушчу, Саруунун
Ал жайынан баштайлы:
Арбын көпөк келиптир,
Балтыры жоон балбандан
Башынан кудай бериптир,
Азыр, Төө балбанын чыгарат,
Даап кимдер чыга алат?
Камчысы менен буураны,
Кагып ийип кулаткан,
Жолборсту алып кулактан,
Мышыкча көрбөй жерге уруп,
Кан кустуруп сулаткан.
Мына ушундай сыры бар,
Тайманбасаң чыгып ал!

Эл арасында күж-күж сөз:

— Баракелди, ырчыга! Жөн-жайын сүйлөп бере албас сөздү ыр кылып чаптап айтканын.

— Аларга шыбаганы элден чачса, ырдап жан бакпай кантти?

— Канткен менен буларың кудайдын эркеси, элдин тентеги келишет.

— Эй! — деди да бир көтөрүңкү үн, — ырчынын да ырчысы бар. Бирөөлөр ыпыр-сыпыр жамактаган болуп, «кой аксагы менен жүз» дегендей, «ырчы» атанып жүрө берет окшойт.

Даанын карыя да сөз кошту:

— Таасын акын жан азыгы, эл казыгы. Андайлар Буудайык кушча жалгыздап, чанда чыгат.

— Ай, калайык! — деди чепендеген бирөө тынчы кете тура калып, — акылыңарды токтоткулачы. Анову, Төө балбан кабары катуу окшоду. Камчы менен буура сойсо, жолборсту мышыкча көрбөсө, пай-пай! Деги, адам бекен теги?

— Адам болбогондо, жанын аркар ичине каткан Чоюнкулак дейсиңби. Антип, апырта сокпосо ырчы болобу!

Булар буулдап атканда, элпиен бата алган Төө балбан топтон бөлүнүп чыкты. Башы калдайып, кулагы делдейип, бети көмөргөн жыгач табактын түбүндөй. Жылацач көөдөнү көрүнө, жалацтык бейкасам чапан жабылган. Суусар тебетейчен бирөө аны жандап келди да, күн мурда таштары терилип салынган ачыкка жеткирип, кайра тартты. Балбан төшүн кере ийинди жазып, оң колу менен жоон санын мыткып, сыцар тизеледи. Бул белги — беттешээрин күткөнү. Анын очойгон карааның көрүшкөндө, дуу кайра күчөдү:

— Дөө десе, дөөдөй эле экен!

— Бу кармашып жыкпай, карааны менен алып жүргөн го?

— Бир кулач далысын күүшөп туруп апчыса, акетай... алдына келгендин чымын жаны чыркыраар? Байгеси менен курусун, ээ!

— Дүрбөлөң салбай жогол! — деп тыйды, балбан колуна тийбей аткан берки тараптагы чычайган кара мурутчан. Төө балбанга назар таштаган Даанын сөзгө аралашып, бирдеме дегенче жаш баланын колу артылды. Небереси Бекиш экен. Тестиер болуп калган мунун кейпи да, кыялы да Укен эжесин тартып, жароокер. Берилип эркелегени, мурчуц этип, тез таарынганы да эжеси. Бул да чоң атага ынак болуп, Тейитти «ата» де-

бей, «байке» дейт. Букенди «апа» дебей, «жеңе» дейт.

— Таппай жүрсө, — деди Бекиш, колунан жылтылаган чоң атасынын жонуна салмак артып.

— Байкелер кайда?

— Тээтигинде, жеңем экөө тең.

— Адашып кетесиң, олтур алдыга?

— Адашып, ит белем!

Чоң ата барт-барс күлдү:

— Ит адашпайт, киши адашат көп ичинде.

Бекиш чоң атанын сакалын сеңселген жаагынан чоп өптү да колун жулуп, элтең берди.

— Чоң атамды таптым, деп байкемдерге айтайын! — деген боюнча тыз койду. Даанын жарпы жазыла көзү менен узатып кала берди.

Тараптан балбан чыкпай буйдалды. Атын чылбырлай сокудай болуп тетигинде олтурган Төрөгелди ормоң-ормоң эте карап коёт. Ангыча, жоргону жылжытып Арыстанбек жетти:

— Укпасаңар угуп ал,
Аранда, эриң да бар, жериң бар.
Эмнеден кемиң бар?!
Тыяктан балбан камдалды,
Силердики уктап калганбы?!

деп күлдү да, атын моюнга тарс чаап, кайра жөнөдү. Намыстарына камчы тийген булар ынтайсыз абалда калышканда, эл алдына жылдызы жаркын келбеттүү жигит пайда болду. Маңдай териси калың, ителги кабак, узун жаак. Кытмырлык жаратылышында жок шар экени жайнаган оттуу көзүнөн байкалат. Ал оң колун көкүрөгүнө алып, өтүндү:

— Аталар, «киши чыкпай байге алды!» — дедиргиче, чыгып жыгылып алдырган жакшы го, мен түшөйүн?!

...Жигитти Калыбек билет. Башынан балбан көп чыкчу Катаган уругунан. Аты Коной. Жыйырма жетилерде. Эки жылча мурда бекен... Мал көккө тоюнуп калган маал. Кыргыздар бул учурда бышты чыкма байталдарды ондоп, он үчтөн үйүргө бөлүп, ар үйүргө асыл чыкма жаш айгырдан агытат. Айгыр ошерден эле кулагын чунайтып жер чапчып, өзүнө бөлүнгөн байталдардын тымтыракайын чыгара айдап жөнөйт. Айдатпай тууралай качып, көнгөн желээсине бура тарткан болсо андан бетер чуная жер челген каманга, бирде арстанга окшошо жалын үрпөндөтө учуп жетип, тиштеп кажып, азынап, жылдырбайт. Демек, быйылкы бышты байталдар айгырдан кайтып, келерки асыйында туйит. Кулунда-

ры желеге тизилип, саалат. Сүгүп сабаага ачытып, күрпүлдөтө бышып, «байгал бээнин бал кымызы!» дешип, тамшана дарылык үчүн да шимирмей. Бал кымызга жетиш үчүн, үйүргө коюрдун алдында ар бирин үйрөтүү керек. Антпегенде, кол тийбеген неме кийик сымал жапайы, ылоо болуп калат. Кулун тууган менен кошкуруп, жанына адам жолотпойт. Желеге көнбөйт. Саанчыны коп аяктап тебет.

Эртенки тиричилик камын жеген айыл үйүргө кошчу байталдарын жар ташка каман, боолук ыргытып, укурук салып: «айт», «үйт», «тос», «имер!» — дешип кыйкырык, ызы-чуу менен четинен бирден кармап атат. Колго тийгендерине жүгөн катып, балдарга минизет. Эки бутун ылоонун колтугуна тыгып койгон чыйрактар мөңкүгөнүнө, чалпоолонгонуна карабай кызыл камчыга алып, бастырып, чу коюп кара терге түшүрөт. Жедеп чарчап бүткөндө күшүлдөп денелери титиреп, жөнгө көнөт. Анан бек мамыга аса байлап, таң ашырат. Кечээ эзилип, сабоо жеп, ачка болгон жылкы баласы, бүгүн адам жетегине көнүп, жонуна тердик салдырып, ээр токутуп миниги. Мунун «үйрөтүлдү» деп чарбага урунат, же үйүргө кошот. Анда-санда кайра кармап минип, караманча көндүрөт. Ошондой ыллоолор менен алышкан, ушул Коной жылкы ичиндеги быштуу чыкма чаар байталды колго түшүрө албай суй жыгылды. Чаарды жарга камады, желээге да кептеди. Эликтей түйүлгөн чаар секирет да кетет.

— Атып албаса, колго тийбейт, — дешти көргөндөр.

— Түшүрөм. — деди, өчөшкөн Коной, — түшүргөндө да боолугу жок, укуругу жок түшүрөм. Өлсө бир жылкы! Жарданып, күлгөндөр көзүнчө чабылып жүрчү күлүк Керге жайдак минди. Чаарды топ жылкыдан бөлүп, октой куугунга алды. Баса калчудай учкан Кердин дабышынан коркуп, буранданган байтал адамдарды карай бура сала бергенде, Коной аны көкүлдөн апчыды. Ошол гана экен. Бирок жыла алган жок. Лып түшө калган Конойдун эмне кылып ийгени көзгө илээшпеди. Чаар тарс чабылды. Мойнунан оң тизеси менен ныгыра баскан Коной кылчайды:

— Келе жүгөн? ...Бачым! Тулпар туун берсе да, өттү ушунуку!

Калыбек ошондо эле күчүн баалаган болсо да, Төө балбандын турпатынан чочуп:

— Койгун. Жашсың. Бөөдө майып болуп каласың, — деди.

Дааныш элтеч эте ак сакалын жайкалтын:

— Баланын көзү жакшы экен, тоспосоңорчу жолун, — деди.

Карыядан бул сөз чыгаар замат, Коной чапчандык менен кемселин, көйнөгүн чечип ийдик. Керилген ийнин, кең далысы, жылгалуу аркасы көрүнүп, купулга толду. Мындай балбан мүчөлүүнү кыргыздар: «Оң далысы кең экен, ойротто жок неме экен» — дешип келген. Өзү өтүнгөн жигит камчысын мойнуна салып, журтка имерилип бата сурады.

— Оомийин! Алышканынды алып ур! — деп карыжашы чур этип, бата бериштн. Ал шыцгадай боло тик басып жөнөдү. Күтүп калган Төө балбан кенебегендей тиктеп, жай турду. Баятан күүлдөгөн көпчүлүк да тына, экөөнө кадала карашат. «Эмне болуп бүтөөр экен?» — дешкендей чымырканышып, ийиндеринен тынышат.

Төө балбан учмакка камынган алп куштай ийнин ыкшап, чепкенди түшүрдү. Артындагы дайекчиси жерге жеткирбей ала койду. Ырымдап, өз ийнине арта салды. Конойдун колу каруудан ач билекке чейин сомдогондой жоон экенин байкаган кимдир бирөө:

— Сом кол экен! — деп шыбырады, — сом кол зордугун кылат.

Жаштын иши — жаш. Жүрөктүүлүктүн иши — жүрөктүүлүк. Биринчиси алыстан келген мейман болсо, экинчиси жашы улуу. А улуу алдында кичүү озунуп салам айтуу, кол сунуу — парз. Коной бул расмини унутпады. «Алыңыз?» дегенин көзүнөн билгизе, өзү тарапка күчүн жыйып, чыканагын ийе оң колун берди. Жемине секирмекчи болгон илбирс сымал төө балбан шап апчып, жерге карата лак силкти. Бул силкиш арстан бутунун чапчышындай болчу. Алсыз неме өмөчүктөй түшмөк. Коной антпеди. Оң канталы эмчектеринен дирт эте, дароо жулуп кетти колун. Кубара түшкөн билеги, бата түшкөн манжа тактары чукулдагыларга байкалды. Өйүз-бүйүз калың эл чайпалып, дуу дей түшүп токтоду.

Кол сунуу кезегинч Төө балбан алды. Берди. Анын май толгон жоон билегине жигит шадысы оролмок эмес. Муну байкаган жигит бармак менен төрт манжасын шап ачага батырды. Капырай! Көрүп тургандар айтчу экен: «Конойдун ошондогу колу кол беле же аттиш беле? Каршысы бир булкту — бошобойт, эки булкту — бошобойт. Үч булкту — бошобойт. Булкунду көз ирмемде өттү. Тери ичиндеги ача сөөк ажырап, алдыцкысы томук-

тан тайып калганын кырт, кычыр эткенде, манжалары андан бетер бата түшкөнүнөн сезген Коной жараксыз колду коё бере, сол колтук жактан шап кирип, кашаттан камтый, чамгарак айлантып келди да, таштады. Бардыгы наспайды алаканга, андан эринге экчегенче аяктады.

Эл таанып кыйкырса да, түпөйүл кыйкырды: Анткени, бет келчү чыкпай күткөнү көп болгон Төө балбандын жыгылуусу ушунчалык тез болду. (Коной ошондон баштап, нечен дубан баш кошкон аш тойго барып, күрөшкөн. Бир да жолу жер таянып, айры төштүн алдында калбаган. Кийин бир тууган жээни Шыгай күчтүү чыгат. Ал таякесине тийишип, эркелеп жүрөт. Жоро берген үйдүн капшытында олтурган Шыгай төргө өтүп бараткан таякесинин кайкы тумшук, бийик така өтүгүнүн такасынан кармайт. Коной илинбей төргө барып олтурат, така жээнинин колунда калат. Ошол жээни улгайган таякесин ой-боюна койбой ээн коктуда күч сынашып алып жыгат. «Ате, болбостур! Жыгылган күнү өлөм» — деген шертим бар эле, деген Коной үйүнө барып, төшөк тартып, жума турбай көз жумган.)

Балбан тейлөөчүнүн сүрөө-сүйрөөсүндө тобун көздөй желип, маңдайы жарыла күлө баккан Коной алдыларына келгенде Дааныш, Калыбектер алкап ийишип:

— Оо, уул болгонундан айланайын! Намыска жарап салбадыңбы.

— Кошой абандын арбагы көрүнөө колдоду.

— Тур кийин. Көздөн далдоо кет, адамдын сугу жаман, — дешти.

Көпчүлүк кой-айга болчубу? Сөздү укчубу? Балабакыра, кунан тайын чапкылап, келип, жигитинен бери Конойду тегерекке алды. Өңүнө сүр бүтүп, тулкусу көзгө мурдагыдан алда канча чоң болуп көрүнгөн ал кийинин атты. Сугалак адамдардын ага ооган назарын, жайнап кадалган көздөрүн, тиги жоргону күпүлдөтө салдырып жеткен Арыстанбек үнү арачалады:

Оо, Манасчыдан кеп уккам,
Укмуштарды көп уккам.
Көкөтөйдүн ашында,
Туура токсон жашында,
Катагандан[1] эр Кошой,
Чыккан дешип айтчу эле,
Күнү-түнү күрөшүп,
Кайран абаң Жолойду,

[1] Уруунун аты.

Жыккан, дешин айтчу эле.
Оюо, атадан туяк калганбы,
Ак багасын алганбы?
Андатпай барып ачтарды,
Атактуу Тээ балбанды.
Ага ар кимдер айрак так калды.

* * *

Кочыке баатыр ашында,
Калың журттун кашында.
Жацы балбан туулду.
Көтөрүп намыс тууңду.
Буга тобо дегиле?!
Эми, чабылчу аттар чубалат.
Көргөндүн көзү кубанат.
Элтеңдешип, тууралап,
Эликтей мүчө суналат.
Тулпары менен чобуру,
Эртеңки күнү сыналат, —

жарчы жарды кабардап коюп, атын моюнга чаап, бурулду. Анын сөзүнөн улам, аттардын түнөтүлүп чабылары белгилүү. Чок кармагандай селт эткен Калыбек алактап, кайра боюна сабыр чогулта ийининен тына туруп калды... Жакшы талапты, чоң үмүттү кишинин кишиси ойлойт. Бирок ал орундалабы, жокпу?! Анын орундалышына да кишинин кишиси түтөт. Жеткенге чейин азап-тозокко да кишинин кишиси чыдайт. Аттар түнөлүп чабылат экен. Демек, кеми жүз чакырымга айдалат. Уккан кабарда, он жети атка байге сайылыптыр. Анда чабылчу күлүк саны жүздөн ашуун. От жагып, казан аскандар, кара жанды зорго баккандар — калктын калың катмары. Аларга күлүк байлоону ким коюптур? Күлүк бардалдууларда гана болот. Аларды коргоочу башчылары бар. Күлүгүн жолдон тосуп, сурап алар жигит-жалацы бар. Өзү менен өзү алышкан Калыбекте бул күчтүн бири да жок. Акыл салаары Дааныш болсо, алышып амал ойлоор жалгыз өзү. Жалгызга жар кудай, дейт. Ал жараткан, үмүттөндүргөну болбосо, көзгө көрүнбөйт.

Түнөлүп чабылчу күлүктөргө бир шарт — каалаган саяпкер кошо барып, эртеңки коё бергенге чейин багууга акылуу. Бар тобокел кылган Калыбек түп марага кошо кетүүгө бекиди. Аңгыча, эл ортосунан көк, жээрде сары, тору, кара, чабдар, чаар боз, карала, сарала дагыдагы толгон белгилери бар, кылкылдаган күлүктөр чубады. Күлүктөрдүн көкүлү чыйратылган ак келеп жип

менен түйүлгөн. Чубалжыган узун куйруктары толорсуктан кайра бүктөлүп, чычан учуна чейин лом темир сыцарында сункуя бек чырмалган. Баары сүмбөдөй булчуңдары түйүлө, шыйрактары түз, туяктары жерге жукпайт. Ооздукту азууга салып, баштарын чулгуп, учуучудай элиришет. Коп басмайыл тартылган чакан ээрдин үстүндөгү кара көз, чекир көз, күрөц көз ботойгон ондон он үч жаштарга чейинки балдар ак, көк, кызыл жоолук буунушкан. Камчы бүлдүргөсүп оц билекке илип коюшуп, каз таман үзөцгүнү бек тебишип, тизгин жыя, күлүктөрүнүн башын кежейте тартышат. Эл дуусунан ээликкен күлүктөр балдарга моюн сунбай чочко желишке салып баштарын ургулап тоцкочуктайт.

Адегенде, көркү көз жоосун алган топ күлүктөр, ушинтип суктантат. Бирок анын биринчи чыгаары кайсы? Байгеге илинээри кайсы? ...Тээтигинде, соорусу көмөрүлгөн, коён бел, каз моюн, элик баш. Ак боз. Анын кулагы шамдай көтөрүлүп, кишенеп жиберчүдөй таноосу дердендейт. Түйүлгөн күмүштөй ак көкүлүнүн учу сеңселе жаркылдап, алакандын отундай капкара көзү ыраакы ыраакы жер эшине, быткыл ала адырга тигилет. Ак жоолук буунуп, атына өндөш кийинген бала Ак бозун аттар чаңынан ала качып, четкерээк.

Жал, куйругу кардай ак, чабдардын үстүндөгү бала кызыл жоолук буунган. Ал Ак боз үстүндөгү тасыган балага кечээтен үйралышкан үчүн, бүгүн көзү менен изден каңжыгалаш. Момунда, мандайында кашкасы бар жээрде. Эки колу тизесинен ылдый сүткө малып койгондой аппак. Ал ошону үчүн Акбайпак аталат. Тиги, көгүлтүр каранын соорусунда бармак басым ак тактар. Ал ошону үчүн чаар делинет. Удаа кара жал, кара куйрук чалыш Сур. Ушу күлүктөр тобуна жашыл жоолук буунган Белек Карагерин камчылап кошулду. Саяпкер, сынчы, байкоочулар да күлүктөр арасындагы ушуларга тигилишти. Багуусунун келишкен, келишпегенин жүнүнөн баамдашса, күчтүү-күчсүзүн көкүрөк, бел, булчуңдарынан туюшту. Башкы байгени да ушулардын бири алаарын болжошту. Береги көрктүү көрүнүп, күлүк эсебине киргендердин баары байгеге жете бербесин, алты күлүк үмүттү кайт кылбасын билишти. Бирок желдей сызаар булар алдын кара ниет, каскактар тосоорунан да шек кылышпайт.

Ат айдоочулар, сүрөөсү менен күлүктөр кетти, алардын шаңдуу карааның көз менен узатып көпчүлүк жарданат.

Аштын бүгүнкү тамашасы токтоду. Айылы чукулдар тараш, меймандар калды. Олтуруп чыкчу ай көтөрүлгөнчө, Төрөгелдиден буйрук алган беш жигит жараган аттарын туйлатып, күлүктөр келчү багытка жөнөдү. Жол жарымы кыскарды. Башчысы далылуу Аюке сом камчысын алга суна какайып, кылчайды:

— Карагыла! Жапсарлап чаап бараткандыл...

Жолдоштору Аюкенин жарк эткен көзүнө, анан шилтенген тарапка тикирейишти да, урдурун кетип бараткан топ карааңды көрүштү.

— Төрөгелди шилтеген бөрүлөр экен! — Аюке үнү абаны буза зацк этет, — булар шерден жаралып, биз көөндон бекенбиз? Кана, кеттик!

Жулунган аттарынын такымына камчы басып, чукоюшту. Артка даңкан чачылып, карацгылыкта созулган чаң көрүнбөйт. Ээрге жабыша өбөктөп, зымыран келаткан бешөөнүн этектери бөксөнү кыруулай чабыттап бараткан бүркүттүн канаты сыцары делбелектейт.

Өздөрүндөй мең-менсинген алты азаматка жете келишти. Бири-бирине сумсая салам айтышып, алик алышты. Ат сүрөө үчүн келишкен ким-кимисине болбосун дайын, ал жөнүндө ооз ачып сүйлөшпөстөн, жол бойлоп жүрө түшүштү.

— Мейман сый көрүп үйдө болуу го?! — деп калды Аюке, топтун башчысы Адылга. Ал да жооп кайрыды:

— Меймандын атын токуп, атын багып, силер да тынч жатсацар болмок?!

— Уурудай озунуп жөнөгөнүцөрдөн... — деди Аюке, булардын алдыдан жолукканын шылтоо кылып.

— Алыстан келдик. Айыл үстүнөн чочулабайбызбы?

Кажашкан немелер бири биринен оң жоп ала алышпай, ар кими өз башчыларынын буйругун аткарууга бек болуп, ачакейлене бириндеп, бөлүнүштү.

...Ай көтөрүлдү. Ачык асманда жоодурап, нурун төгүп, жер бетин ачты. Ат дүбүртүнөн түнөгүндөгү канаттуулар чочушту. Канаттары ирмелип, үн салып оолактайт. Үкүлөр жемин илип, көтөрүлүп, далбактайт. Суунун шуулдагы угулуп, токой үргүлөйт. Бабыргандар алым-сабак гүү-гүүлөп, саз тараптан тартарлар басылбайт. Бөдөнөлөрдүн «баабак-баабак» эткени тынбайт.

Таң атты. Жаланган жигиттердин алдынан жол ортосунда калган эки ат айдоочу кезикти. Жарыша айткан саламын алик ала кыл чайнап, кумсандаган сүрлөрүн байкап, бирөө эскертти:

— Чыдабай, чапкан экенсицер. Эми, кудайдан корк-

кула. Чыккан аттын багын байлап, кара ниеттик кылбагыла.

* * *

Өз кезегинде адам канаты болгон, адам көңүлүн көтөрүп, делбелентип, жүрөктү элирткен жылкы тукумукүлүктөрдү ат айдоочулар үйрүп, сүрүп, жандап, текирең таскакка сала адыр түптөтүп, суу кечирип, бадал аралатты. Томуктай болгон тоосу бар, кыян жеген коосу бар, боз тикен, чекенди, шыбак чыккан кум жерди бастырды. Оттоп жүргөн жейрен, бөкөндөр, топ-тобу менен дүргүп качты. Чондор карап алганы болбосо көңүл бөлбөйт. Күлүк үстүндөгү балдар гана жерге өндөш ал жаныбарлар куюндай ызгып, адырга жабылып, кыр ашып көрүнбөй калгыча таңыркап келишет. Күлүктөр бышкырып, арыш таштап, ууртарынан буртулдаган көбүктөрү омуроого чачылып, терге аралашат.

Алдыдан ак чамбылдана көк тоо көрүндү. Бул айтылуу Ысык-Көл. Мындай бир өндөгү «тоону» биринчи көргөн Белек таңыркап, кандайча тоо экенин сурайын десе, атасы ат айдоочулар менен болуп... чуулдап кирип келгенде:

— Апеей, суу экен! — деди Акбоз үстүндөгү балага. Көл башында чоңойгон ал.

— Суу эмес, көл. Көл эне! — деди чыйраксына мурдун жанып. Экөө эле эмес, балдардын баары кужурап, көрө элеги таңданып, көргөндөрү айтып жатты. Күлүктөрдү көлгө бута атым жеткирбей тескей жээктетип сүрдү. Оо, кеч бешим өтө, эмчекке окшош тирсийген дөбөлөрү бар, чөбү буралган кең сазга жеткирип токтотту.

— Өргүүр жер ушул,— деп айтты ат айдоочу. Балдар эми жайланып, түшүштү. Талыган тизелери бүгүлбөй мүдүрүлүшөт. Ага кайыл. Күйүккөн күлүктөрүн ары-бери жетелешет. Демдери басылып, тери кургаганда гана тизгиндерин кантарып, эл жатар убакка чейин туруш керек. Анан чөп чалдырат. Өздөрү азыктанат. Аттарын ошондо сугарат. Кайра чөпкө коёт. Түн ооп кайра кантарат.

Муну ар кимине саяпкерлери айткан.

Атасы бирге болгондуктан, Белек бул жумуштун эч бирин аткарбады. Бая, жеткенде эле дөбөгө чыгып, көлгө таңыркады. Тумандан учкан канаттууларды көрдү. Алардын ызы-чуу, кыйкуулары тынбайт. Көлдүн кайда-

дыр алыс жээгинен, моюндары жебедей созула, тизилип келишкен аппак канаттуулар жамыран конуп, шапшынып калышканда, Карагер менен алектенген атасына кыйкырды:

— Тигилер эмне, ата?

Атасы карап:

— Ак куу деген ошол. Касиеттүү ак куулар деген ошол болот. Соң-Көлдөн көргөн жок белең?

— Бир эле барбадым беле. Аныр дешкен анда. Сарала болчу. Булар сүттөй ак экен. Куш алалабы буларды?

— Куштун кырааны алат. Көбүнчө, шумкар кыйратат.

— Кийин дагы келелиби?

— Бабырабай тамактанып, укта. Эртең жолдо эзнлесиң.

Белек куштардын кыйкуусунун угулганы болбосо, көл көрүнбөй калгыча олтурган. Анан төмөн түшүп, атасынын чепкенине оронуп, чиркейден коруна чумкөнүп, эмне болгонун билбейт.

Атасы түртүп ойготту. Таң аппак атып, күн чыгайын деп калыптыр. Бирөө катуу кыйкырды:

— Калыбек, эмнеге коё бергениң жок. Чаппаган соң келбей эле койбойсунбу?

— Ашыкпаган араба коёнго жетиптир, дейт. Балам турсун, чабам.

— Баракелде сага!

Андан ары үн токтоп, жүгүргөн аттын дүбүртү калды. Элеңдеген Белек тиги, чуу коюп бараткан кечээги ат айдоочу экенин тааныды. Эки жагын караса атасы, эки аттан башка ымыр эткен жан жок. Карагер көк бедени карт-күрт чалып, башын көтөрүп, чылбыр чоюп чыдамы жетпедиби, аркыратып жиберди. Эсин жыйган бала бакырып ийди:

— Ата! Аттар кана?

— Садага болоюн, кулунум! Аттар бараткандыр...

— Ооба, сага! Кана аттар! Кана дейм?!

— Кел, мине кой. — Калыбек шашып сүйлөп, бала топтой ыргып шап минди. Өзү да аттанып, бирок чылбырды коё бербей кошо чаап, уччуудай жулунган күлүгүн айдыңына матап барат.

Белек аккан жашына ээ болбой, жеңи менен сүртүп, ызалуу жулунат:

— Эми эмне? Коё бербейсизби? Ай, ушу!..

— Кулунум, кулунум! Кулак сал. Менин артка алып

калган себебим болду: жолдо, эки жерден эки «жаланкыч» жолугат. Ошолорду амал менен алдап, көздөрүн бууп, сени менен Карагерди аман куткарууну кудайдан тилеп атпайынбы?

— Ооба, сага!

— Тек, ук! Сен аттардын артына токойдо жетээрсиң. Майда торпулар бүтүп, өрөөндү өрдөй берген жерде отуз-кырк атты басып калаарсың. Анан экинчи тосот кездешет. Ушул эки жаланкычтан кутулгандан кийин, тизгинди ээрдин кашынан жандыр. Аянба. Уктуңбу, уулум?!

— Уктум!

— Кудай жар болсун. Оомийин! — деп чылбырды ооздуктан алды.

Көл кылаасындагы Карагер каргадай учуп, Белек ээрге жабыша өбөктөп, кээ-этти, зымырады. Баласы менен күлүгүнөн көзү өтө Калыбек да чаап келатат артта. Уулунун намыс туйлаткан жүрөгүнө ичинен ыраазы да болуп, түтпөй аяп, жашып да келатат артта.

* * *

Экиге бөлүнүп кеткен сүрөөчүлөр жараган аттарын чылбырлап, чөп чалдырышты. Азыкка ала чыккан бышык эттен туруп жүрүшүп, үзүп-жулкуп жеп, кол чаначтагы кымызды да колдон колго алып жутушту. Чайнагандын жана жуткандын да даамы билинбей көздөрү чакчандап, ат келээр тарапта. Булардын түрүнөн эки ат айдоочу үмүт үздү.

— Эмнеси болсо да чыр-чатагы жок бүтсө экен? — деп бири тынчсызданса, берки көк чыт чапанчаны:

— Болору болот го! — дейт, ат жалынан алыс чыйт түкүрүп, — эр өлбөсө болду. Эр өлдү дегиче эки эл чабышып, тымтыракайы чыгат да калат.

— Оозуңа таш!

— Кыргыз ашы качан соо өтүп жүрдү эле?! Манас баатыр менен Коңурбайдын жаңжалы Көкөтөй ашында дүрт эткен эмеспи.

— Балакетти... мындайын билсем ат айдоочулукка чыкпайт элем.

— Күлүк ээрчигенди сонун көрүп жүрсөң, канаарсың тамашага!

— Ойнунбу, чыныңбы?

— Ээй, дүйнөдөн Асанкайгы да өткөн. Жай чилдеде

жер бетиндеги курт-кумурскаларды «ысыйт» деп аяса, кыш чилдеде «үшүйт» деп ыйлап. Сен кимче болуп калыпсың? — Көк чапан канжыгадагы баштыктын оозун чечип, ичине кол салды. — Күн чыгып келатат. Карын кампайталы, азыгына кара.

Убакыт жылбай, зарыга күткөн сүрөөнчүлөр тээ, мелтирей созулган боз талаалардан аркы көл тарапты тоскон дөбө тарапка тикирейишет. Булар менен дөбө аралыгы төөчөнгө аш бышымдык жол. Бирок коё берилээр күлүктөр карааны, чаңы дал болжогон тушта көрүнөөр маал жетти.

Жаңылышпаптыр! Мээрман күн калкып көтөрүлүп, тоо тескейинен башка түздү нуру жаба бергенде күлүктөрдүн карааны көрүндү. Ана! Алар топ-топ болуп урган таштай келатат! Баарынын күүлөрү барабар болгондуктан, үйүрдүү жылкы сыңарында үч топ, төртүнчү, бешинчи алтынчы топ болуп, дөбө капталынан ылдый карай куюлуп түштү. Сүрөөнчүлөрдүн кызуулашканын көрүп ал, али далай аралык жатса да, азыр жетип келчүүдөй ат ойнотуп, бирин бири ыкыстата дүргүшөт. Кээси кайра түшүп, куюшкан узартып басмайыл бекитет.

Кенен, уй саам убакыт не өттү, не өтпөдү. Күлүктөр эми бириндебиреэк болуп, бирок бирине бири күйрүк улаш, түздүн көбүн басып өтүштү. Караандары улам берилеп, дааналанып, жакындап келет. Бирок: «А баланча күлүк алдыда экен. Тиги, түкүнчө күлүктүн өзү тура!» — деп, күлүктүн өңүн ажыратуу өтө кыйын. Ар ким үзөнгүнү чирене тээп, ат үстүнө тура калып, колдорун маңдайына серепчилешет да бири: «Алдыңкы келаткан күрөң экен»,— десе экинчиси: «Жоок, чымкый эле кара окшоп калды»,— деп бакылдайт. Чынында, баарынын тең көзү алачакмактап, туурасын айта алышпады. Булардын так айта алышпастыгынын да себептери бар: мөндүрдөй чачыраган данкан, уюлгуган чаң, көбүктөнгөн тер күлүктөрдү түр-түсүнөн ажыраткан. Боздор каралага, кара чамбылга айланган. Чаап келаткан балдардын кейиптери андан бешбетер.

Жана бээ саам убакыт өттү. Күлүктөр карааны кадимкидей даана көрүнүп, түздү бүтүрүп, токойдун түштүгүндөгү жануурга чыкты. Аттар ар кайсы жерде экиден, үчтөн болуп, биринен бири алыстаган. Пай-пай! Ири алдыдагы канаттуу кушпу же төрт аяктуу жылкы беле?! Түздө урган таштай, жануунда жебедей зымырайт. Капталга чыга бергенде, жарк дей түштү. Акбоз белем?! Анын артындагы да беркиден кур калышаар эмес. Бу-

ларга карааладаш кошоктоп койгонсуп, үчөө келатат. Андан кийин удаалаш кеми сегиз, он үч, он бештей топтоп. Түздүп капортосуп жаңы басып өткөн караандар да бар. Үстүндөгү балдар камчы үстүнө камчы басып, учуп кетчүдөй ээрден көчүк көтөрүп, эки көзү алдыдан өтөт. А алдыдагы алыска узаган күлүктөр сунала аяк таштап, зымыраганда зымырайт.

Белек чапкан Карагер карааны кайда, каран күн?!

Баарынан узап алдыга келаткан жаныбар Ак боздун өзү экен. Экинчиси Акбайпак. Тигил үчөө чабдар, сур, чаар болуп чыкты.

Аюкелер озунун чуу коюшту. Булардан кийин Адылдар чыкты. Чаң асманга көтөрүлдү. Заматтын ортосунда, келаткан күлүктөр менен чалмакей боло аралашты. Ак боздун үстүндөгү бала Аюкенин түрүн көрүп, жүрөгү оозуна капталат. Алар көл элине таандык Ак бозду көралбастык менен акырая тиктешип, урдуруп жыгуу кыябында келатышат. Бала да куу белем. Бечара, Акбозунун тизгинин ээнге бурду. Аюке учкаяк атына камчы басты. Акбозго дароо жетип, жанданды. Көзү алайып, шаштысы кеткен бала береги коло үзөнгүнү чирене тээп, Акбоздун кар жилигине Аюкенин тосуп келаткан бутун көрө койду да:

— Акебай! Тарт бутунду! — деп безилдеди.

— Жаагыңды бас, жубарымбек! — Аюке тиштенип ызырынды. Анын душмандыгына көзү жеткен бала, ошол замат эсин жыя чыйралып, өрмө камчысы менен Аюкенин бет талаштыра тартып-тартып жиберди. Аюке от чагыла түшкөн көзүн да басты. Акбоздун тизесинен жогору буту да тосулду. Көз ирмегенче күү менен келаткан Акбоз оцкочук атып, чанга оонады. Үстүндөгү бала учуп барып, тээтигиндей, түштү. Акбоз дандырап тура калды. Эки колу менен курсагын мыкчып, түйүнчөктөй түйүлүп, көгөрүп-татарып сүйлөй албай тыбырап жаткан балага карап, мал да болсо, сезгендей окуранып жиберди. Анан ыргалып туруп, шалак жыгылды. Кайра обдула эки колун сунуп, турууга аракеттенди. Акбоз береги кулак тунган дүбүрткө, кыйкуулаган чууга наалат айткандай, күрс-күрс онтойт. Азуусу кыйчылдап, ооздугу шылдыраттай буттары титиреп, турууга аракеттенет.

Иштин эмне болуп кеткени коюу чаң арасындагы ат коюп кетип бараткан Адылдарга кирпик ирмегиче түшүнүктүү. Бирок алдыңкыларга жетпей мүчүштү. Адыл тигил Акбайпакты оргого алып сүрөп калгандарды:

— Кармагыла! — деп, жанындагыларга айкырды да, өзү Аюкеге жетип жабышты. (Ал от чагылган көзүнөн али колун тартып үлгүрө элек болучу). Адыл жоон сап камчыны бүктөй карман:

— Акмак! Ушинтип сүрөчү беле?! — деп айтты да, аны көк шилиге салып өттү. Аюке чоочун үн жакка карай калгыча, көзү андан бетер ымыр-чымыр болуп, аттан кулады. Ал эми! Баштан келген эки дөбөт талашканда калган иттер кабышпай турмакпы!? Куу камышка өрт жеткендей сабаш башталды. Дабыраган жаңы дабышы астында кара көрпө тебетейлер төгөрөлүп түшүп, ак калпактар делбек эте учуп атат. Чыдамдуулары кызуу менен байкоос алышпай, жыланбаш баштары дандырдай боло кулагы делдейип, камчы шилтейт.

— Сой.

— Чап!

Жалакайлар колун калканчыктай:

— Какый!

— Кокуй!

— Жеп койду! — дешет.

Угулган үн кимдики экени, кайсы тарап үстөмдүк кылып жатканын чаң аралаш чуудан ажыратылбайт. Акыры Акбайпакты Адыл тарап онколотту. Эми сабаш суу куюлган жалындай жалп өчтү. Эчтеме болбогон немече алактап, алаксып, өз тарабындагы күлүктөрдү карай чабышты. Төрөгелдиликтер Сур менен Чаарга, Балбайлыктар Чабдарга жабылышты. Айрымдары тизгинин жыя тартып, ат арасынан өздөрүнө таандык күлүктөрдү издеди. Туралбай жаткан Аюке Акбайпак, жаралуу балдар, чачылган баш кийим топурак чанга аралашып, түшкөн жерлерде.

— Авуу, жоругу жаман мыкаачы!

— Кудай кечпес күнөөнөрдү! — дешип бир бул тараптагыларга кайра тигил тараптагыларга чапкылап, арачы түшө кыйкырышып, өң-алеттери кетип, үндөрү бүткөн эки ат айдоочулар калгандарды арттан келүүчүлөргө калтырып, алды карай кошо чабышты:

Карагер кайда, катыгун?!

Кечээги чаң болгон боюнча, бет жуубаган Белектин көзүндө сүртүлгөн жаштын тагы өчпөстөй темгил ала. Чылбыр тартылып, ата колунан бошогондо бир улутунуп, өпкө кагуу токтолгон. Карагери зымырап үзөңгүгө таманы жабышкан өзү өбөктөп, кирпиги ирмелбей, кареги алга тикирейген. Ээктен ала төбөсү шоңшоюп буулган көк жоолук башында дирилдеп, шымданган күрмө

далысы желге көпкөн. Үнүн кулагы чалып калган ат айдоочуга бат эле жетти. Ал өзүнө тенелише түшкөн дүбүртү катуу күлүккө жалт бурулду.

— Авуу, оо айт! — деп талааны буза бир бакырды да, ак тиштери бадырая күлдү. — Аштан кийин айылчы, Калыбектин Карагер! — деди шылдыңдай. Бирок абага шилтенген тал чыбыктын дабышын кулагына таштап, күлүк шуу өттү. Жакшылык ойдогу неме күлкүсүн тыя тизгин чоё берип:

— Жаныбар! Учуп алган го?! — деп күбүрөдү.

Андан кийинки топ келаткан үч ат айдоочуну көргөндө, бала. «Аттарга жеттимби?» — деп сүйүндү. Болжолу туура чыкпай атасына кыжырданып, кабагы түйүлө дөбөдөн ашкан соң, тээ мейкиндин түгөнгөн чегиндеги жамыран бараткан аттар, уюлгуган чаң, адамдар башы жарылып, сабашып жаткан балээлүү караан экенин бала сезбеди. «Качан жетемин?» — деп ата айтканын аткарбай, тартылган тизгинди ээрдин кашынан жандырып ийүүгө колун таптап, кайра: «Уктуңбу, уулум?!» — деген ата үнү кулагына жаңыра токтоп атты.

Талаа бүттү. Басаңдабай күчөп, Карагер баратат. Тетигинде Акбоз, Белек көзү чалды. Жакындады. Кечээги тааныш бала Акбозун суулуктай жаагын тумшугуна сүйөгөнсүйт. Ооба, жытташкансыйт. «Эмне болгон?» Тиги бала дүбүрттү угуп, бурулду. Ма! Белектин эртең менинки ыйы да ыйбы?! Ыйлаптыр деп ушул баланы айт. А дээрге алы жок, өпкө көөп бүткөн. Башында буулган жоолук жок, соксоюп жыланбаш. Оң колун солбуп Акбоз да артка кылчайды. Жете жаздап калган Белек жүрөгү опкоолжуду.

«Жыгылган го?» — деп болжолдоду, адамдар жыртыкчытыгын баамдай элек неме.

Келаткан күлүктүн жолун тоспойт. Муну билген Акбозду чапкан бала, кантсе да, бирдеме айтууга камынды. Акбозун имере жолго оңтойлотту. Белек да Карагеринин күүсүн саал басаңдатып барат.

— Эй, доо-доос! — деди солуктаган бала. — Ата-аа-м сура-ааса, аа-айт. Жы-гылып... — Андан ары сүйлөөгө алы жетпей, өңгүрөп ийди.

— Макуул. — Белек баш ийкей өтө берди. — Артта ат айдоочулар бар. Атам да келат-аат. Жүрө түшүп Акбайпакка кезикти. Анын балсы андан беш бетер шолоктоп, үзүлгөн басмайылын түйүштүрүп, кайра токунуп минген атат. Жарааты жок Акбайпак жалт берип, ыр-

гыштап, балага баш бербей сүйрөгөн атат. Мунун баласы карап алганы болбосо, үндөбөй жол менен шуу эте берди.

Калыбек отуз ойлоп, бир кескени чын белем? Укмуш белем! Күлүгүнүн күчү менен жер өлчөмүн алаканга салгандай билген. Токой башынан сууну кечип өткөн Карагер аттарга аралашты да, бат эле он, бара түшүп он жети, анан жыйырма күлүктү басты. Бул жеңишине демөөрдөнгөн Белек кубанып, тизгинди жандырып ийе албай баратат. Каттоого тура калган эки караан чыкты. Алардын өндөрү сур. Кейпи коркунучтуу. Жанырынып туруп, дал көөдөнгө ок кадап жайлоочу жаачыдай. Баланын жүрөгү оозуна кептелди. Ата айтканы эсине түштү. Тигинин бири бак этти:

— Кабары катуу Карагер ушубу? Тезек терип калыптыр го күлүктөр артында!

Анын айтканын да уккан, эси чыгып, көзү алардан өткөн Белек тизгинин буруп, оолактоого шарт табалбай, жөн эле өтмөкчү болду.

— Байкачы! — деп атат экинчиси. — Күүлү экен. Адам ээй, тизгини чырмалып жүрөт. Мандемдесекпи?!

— Сур, жүз аттын алдында кетти. Мунун кантарына канат байлап албаса... — Ушул сөз кулагына орногон Белек бир балээден өттү. Бара түшүп, кылчайлы. Куугун жок. «Атам айткан жаланкычтын бири ушул экен го?! — деп ойлойт. — Экинчиси кайдан жолугаар экен?!» Үргүлөгөн өзөн токоюнун жээгиндеги жумшак топурактуу жолдо Карагер алтымыштан ашуун күлүктү басты. Ошондо сур менен Чабдарды мерчемдүү жерге чейин сүрөп олтурушуп, арткы күлүктөрдү тосуп, алга оздургандан кийин: «Эми экөөнүн таалайлуусу чыгып алышсын», — дешип жайланышкан эки тараптын карыпкырлары, бири-бирине кек кылбай, аттан түшүшкөн. Ар кими өз башчыларынын буйругун аткаргандарына корстон болуп, тамактанышып, кийин арттан барышмакчы. Карагерди таанышып, жалпы тура жарданышты:

— Байкабай, алга өткөрүп ийдикпи, дедик эле, мында келатпайбы?!

— Ээй, бала! Өжөрдөнбөй оозун тарт!

— Каныкейдин Тайбуурулу болуп кетсе да, байге жок атан экөөнө.

«Атам айткандай, экинчи жаланкыч ушул экен!» — деген Белек жалдырап, сыр бербей, Карагерди солгундатып, өтө берди. Огеле окчун кетти. Кылчайса, шылдыңдашкандар карааны кокту жутуп, көрүнбөйт. Ба-

раткан жол жумшак. Айлана чий. Тээ алыста тоолор карааны. Аш өтүп жаткан Үч-Көөрүк түзү бүдөмүк. Ата буйругуна кишенделип бук болгон бала ээр кашына чырмалган тизгинди бүт жандырды. Карагердин кежейген мойну түзөлдү. Ма, сага! Алдыдагы күлүктөрдүн биринен сала экинчисинен калып атканын мындай кой, чий башы менен учуп бараткан канаттууга окшоду. Таптоосу келишсе, төрт аяктуудан чыгат экен го, чиркин?! Бүгүлө аяк таштаганда бошой түшүп, кайра чоюлган куюшкандын сооруга тийип, шакылдаганы угулуп бараткан Карагер чай кайнам убакытта бүт күлүктүн алдына түштү. Жүрө-жүрө алдыдан, чакырым алыстыктан кошоктошкондой экөө, бирөө, куйрук улаш үчөө көрүндү. Ошондо акыркы эрегиш калганын сезген Белек өз салмагын абага кере өбөктөп, камчыны он-солго басып-басып: «Куу-куулап, күш-күштөп» бакырды. Белги шертти түшүнгөндөй, Карагер чукул кирип келди. Арткы Чабдар экен. Күмүштөй ак куйругу күн нурунда жарк этет. Чоюлуп, дабдырап калган. Алдыдагы экөө — Сур, Чаар. Улам биринен бири моюнга өтүп, салгылашып, эрегишип баратат. Булар да чоюла алдан тайып, акыркы күч менен аяк шилтешет. Карагер Чабдарды жандап өтөөрдө чунайып алды. Небактан алда болуп, бир аз мурда гана тигил экөөнөн калып, «үчүнчү болом го» деген ойдо бараткан үстүндөгү бала Белекке жалт карап, көзү жал-жал. Ага каршы Белек көзүндө менсинүү учкуну чачырып, озду. Көптөн экөө гана салгылашып, бирин-бири жеңе албай бараткан Сур менен Чаар үстүндөгү балдар кулактарына угулган дүбүрттү өгөйлөшүп, чочуп, арттарына кылчайды да, Карагерди таанышты. «Эртеден кайда эле?» — дештиби, кабак чытышты.

— Күч — душмандын каш-кабагына багынмакпы?! Карагер башын жерге сала аяк таштады. Он-сол сандын балык эттеринде өрмө камчы чып-чып тийип, жабыша түшөт. Мурда экөө болсо, эми үчөө салгылашты. Карагер дүбүртүнө эрегише, Чаар менен Сур да чыйралды. Бирок кыябына жеткен карагер күүлүү. Мал башы менен баардык эрегишти, акыры ээндеп калганын сезип аткандай. Терин төктү, жолдо катар жабышкан чаңдар жуулуп, суудан чыккан кундуздай жылтылдады.

...Аяк сунулат. Кулак чунаят. Камчы шып-шып, куюшкан шак-шак. Оо, ошол күн — Белек мекен Карагер үчүн армансыз убакыт! Өө-өттү, Карагер алга! Узады, Карагер алга! Маңдайы жарыла кубанган Белектин

эсине атасы түштү. Ат үстүндө баратып, ата мойнунан кучактап, эркеледи. Сакал алдына тумшугун катып, алкымынан жыттады. Ата арс-арс күлүп жонунан таптайт: «Билеги жоон зөөкүрлөрдү ак эмгек, айлалуу акыл менен жыктык! Кана эми, калк көзүнө Карагер экөөң көрүн! Дааныш абаң кубансын. Байге талашкандар кубарсын!» ...Чындык, эзелтен ийилген, бирок сынган эмес. Дайыма жалганды, күчсүздү сүрүп, өз ордун бербей келген чындык! Оо, адил, ак, күчтүү чындык!

Арттан кыйкырык чыкты. Белек кылчайды: Оо, жаныбар! Акбайпак экен. Жолдогу карышкырлар бута да шылдың карап, тоспогон окшобойбу, жыгылып таалайы ачылган ал аркардай чуркап, алдын талашып, жетип келген тура. Болсун, болсун! Тигине, Чабдарды басып, экөөнө чукулдады. Күлүгүнө дем берип, үстүндөгү бала: «Куу-куулап» кыйкырып келет. Белек алыс болсо да Акбайпактан шектенип, тизгин тартып, Карагердин күчүн жыйды. Түп мара тарапты өлчөп карады. Бериде, бирин-серин жол тоскон атчандар сороктоп, артынан эл карааны күдүрөйө калдаят. Күлүгүндө али күү бар. Таскак урса да, желип басса да марага жеткидей. Буга көңүлү ишенип, артка кайра кылчайды. Акбайпак алга өтүп, тиги үчөөнөн аргамжы бою узаптыр. Сүткө малынгандай ылыйрагындагы ак билине калып атат.

Күлүктөрдүн карааны көрүнгөндө, калдайган эл чарт жарыла удургуду. Баары жөө. Токтоп, кол серепчилеп, моюн созуп ашыгышат. Чыдабай Төрөгелди аттанат. Балбай, Жангарач да токтоно алышкан жок. Колдоруна тийген атты миниишип, бастырышты. Далдайган Төрөгелди ат үстүндө буркулдап:

— Тигилерди токтото тургула! — деди, беттешүүгө чыккан жаткан найзакерлерди сары жоргочон жарчыларга табыштап. Анан олурайып, узап келаткан күлүккө назар бурду. Биринчи келаткан Калыбектин Карагери экен. Суудан чыккан кундуздай жылтылдаган ал жанынан шуу өткөндө, тиш кайрап, көзү менен узатып коё берди.

Удаа Акбайпак келди. Жангарач ач айкырык салды:

— Ай тамга!..

Ого эле көптө, чайпалып, желип басып Сур келди. Удаа Чаар «Алдын тазалабай Аюке ит кайда жүрөт!» — деп ызырынган Төрөгелди сүрөгөн жок. Үчүнчү келгенине намыстанды. Бешинчи Чабдар келди... басып, токтоп. Түнөтүп чапкан алыстыктан күүлүү келген Карагердин күлүктүгүнө делөөрүгөн Балбай Чабдарды суу-

луктан алып, айкырып, эл алдынан чыргадай тартып өттү. Бирок ал өз үнүнө да, сүрөп бараткан Чабдарга да, жардангандарга алаксыбады. Анын эси-дарты Зыйнат кыз менен күлүк Карагерде. Көз алдында — көңүл ышкысы түшкөн кыз турпаты. Кулак жаныра суналып аяк таштап, жебедей учкан Карагер. «Аттиң ай! Алганын Зыйнат болсо, мынгенин Карагер болсо, сенин өмүрүндө не арман?! Оо жараткан! Жарыкчылыкта күнүмдүк жүргөн бу жалган өмүрдө, не арман! Эмесе, баш канжыгада, жан найза учунда! Бул экөөнү колуңа тийгизсе албасаң Балбай атыңды өчүр!» — деп дилинде өзүнө-өзү ант айтат.

Даанын коргон, четке ары-бери бастырткан Карагерди жадыраң-жайнап эл ээрчиди. Элди жара бөлө, сары жорго менен жеткен эки ырчы алым-сабакка алып, мактамакчы болушту.

Арыстанбек: Жаныбардын сынын көр,
Сындап чыныц айтып бер,
Кайберенден бүткөнбү?
Кара жер, калыңынан түткөнбү?

Музооке: Кулжа көөдөн, сом туяк,
Сынып сынап ким чыгат?
Тарсылдаса таманы,
Таш чыдабай быркырап...

Арыстанбек: Кундуздай кылып түлөткөн,
Куюндай кылып үйрөткөн,
Жетилген курчун бүлөткөн,
Баккан ээси ким экен?

Музооке: Калыбектин бул аты,
Ала жүргөн адаты.
Кадимкидей учурат,
Капталында канаты.

Ырчылар андан алыс узарта бергиче, оюн-шоокту кыртышы сүйбөй калган Төрөгелдинин үнү зонк этти:

— Ырчы менен катында ар жок! Итке да ырдайт! Кушка да ырдайт. Эй Эралы, баштабайбы тигилерин?

Зордун «баштабайбысы» — тамашанын эң акыры, жүрөксүздөрдүн денесин дүркүрөткөн «эр сайыш». Адатта күрөш, эңишке билегинде күчү барды эле алып чыккан сыяктуу «эр сайышка» ар кимди даап сала беришпейт. Чыны, «эр сайышта» кара күч жеңишке жеткирбейт. Тутам талды суу чыгара кармаган не бир балбандар сайышка түшкөндө атына камчы уруп, түтүндөй качырып жөнөйт да, каршысы сундурган найзанын учу,

кулач аралыктан бетине сунула бергенде, кайраты башынан учуп, көзүн жуумп жиберет. Мындай «эр сайышка» нечен жолу түшүп, найза жеп, башкаларга да найза жедирген, дасыган, эр жүрөк балбандар жарайт. Сайыштын ушундай жагын эске алганда, Төө балбаны жыгылып калып, ыза тартып калган тигилер кайра кыр көрсөтө баштады. Эки мүчөлүнөн[1] бери найзага түшүп, казак-кыргыз чогулган аш-тойдо аты чыккан Казанкулак аттуу кырктан өтө берген найзакерди даярдашты. Казанкулакка бекеринен «Казанкулак» деген ат коюлбаптыр. Өз аты сыяктуу эки кулагы калкандай, ээгинде суйдак жээрде сакал, сакалына окшош муруту жамажайы ылдый салбыраган, оозу чоң, көзү теренде жылтыраган, мурду конкойгон, бет чүкөсү уркуйган, далылуу сары киши. Жаачыдай суук кебетесин капыстан көргөн баланын жүрөгү козголуп, түшүнөн чочуган.

Кара шыйрак, жал куйругу да кара, өкүм сары атка ак канкы ээр токулуп, үч басмайыл каттай тартылып, бөктөрүнчөк бөктөрүлдү. Куюшкан кыскартылып, көмөлдүрүк кенейтилди. Казанкулак, мына ошол өкүм сары атка минип, найзанын түбүн сол жоон санга коё, тизгин менен кошо тик кармап, аттын этин ачыпта улам-улам камчыланып, өз тобунун алдынан көрүндү. Өкүм ат камчы тийгенде ого бетер өкүмдөнүп, ордуна тынч тура албайт. Башын чулгуп, жерди жемире басып, алчактайт. Көкүрөгүндө желдик жана калпак катталып чырмалган, сыртынан соот кийген анын денеси жомоктогу дөө сынарындай көзгө сүрдүү. Далдайып зор да.

Берки тарап да карап турган жок. Бир четти тигп тарап найзакерин мурда даярдап койгонго намыстанып, Коной жыгып Карагер чыгып — ошго кетип турган ийгилигине шандана найзага жараарлык балбан тандашат. Бирок, Казанкулакка бет келчү найзакер табылбоочудай.

— Керегиң ташка тийгир, ээ! — Көпчүлүк арасынан кейинген үн чыкты. Ушул туштa Акчеке найзакердин оокастан калганын кара! Казанкулак түгүл, Чоюнкулак болсо да, көйнөкчөн барып көмөлөтө коймок. Доцуздун ооруурун билгенде, Казанкулакты ит ооруу дартка чалдыктыруунун эби табылбайт беле. Эми кеч болуп калды.

— Акчекеден башка эркегиңер түгөнүп калганбы? — Али аттан түшпөй кабагынан кар жаап, ачуусун чыгарууга Аюке колуна тийбей турган Төрөгелди, тиги, үн

---

[1] Он үчү биринчи мүчөл. Анан ал жашка он экиден кошулта берет.

чыккан жакка опурулду. — А, коён жүрөк! Казанкулакка Манастын батасы тийиптир? Аны деле бир катын туугап. — Сүйлөгөн киши ким экенин билбесе да мойнун созуп, топ арасын көзү менен тинтти, — ок, башын жакасына каткан бөдөнө.

Зордун каарынан эмелеки Акчекени жоктоп дат айткан неме ийнине кире качкан суурдан бетер, көптүн ичине житип, дымы чыкпайт. Бир гана Дааныш бырс күлдү да, жанындагыларга угуза Төрөгелдиге каш какты:

— Күлүктүн баш байгесин албай калганга отко түшүп, күйө албай турат бул каары!

* * *

Акын курч, атылган окчо ташка тийет. Акын жалын, алоолоп алса күйгүзөт да, эритет. Акын назик, капыстан урган суук желге кызгалдактай жалбырагын жулдурат. Акын морт, орой сөзгө чорт сынат. Төрөгелдинин адилетсиз каккысына Музооке да, Арыстанбек да эл алдында сынды. Жаркыраган мандайлары түнөрө, шаркыраган кыялдары басылды. Музооке Төрөгелди түгүл Ормонду кыябы келгенде токтотчу. Анткени, ал «төө» опулдаган күндө да Калыгул буйласын силкип койчу. Ошол өкүмдүгүн карматып буга бирдеме десе, ашта өзү бек, өзү хан болуп турган жиндини ким токтотот? Иледе колго түшүп, элечек кийип бээ сааганынан козгосунчу, «а» дегиче, башын чаап салсын.

Түбү бир, тең туугандык менен Арыстанбек да, «ырчы менен катында ар жок» — дегенде кызарган темирди май куйрукка баскандай, кайра жоон берет эле. Төрөгелди кыялы капыстан качырган камандан да жаман, сынбайт. Абийирипди кетирет. Жигиттерин шилтеп, сабатат. Оо бирин кор кылган, бийлиги барды зор кылган, ит тиричилик! Аш башталган күндөн бери сууну уютуп, алтынды эриткен эки ырчы сынып, мокоду. Сөздөрүн оозунан түшүрүп, саландап, нары бастырышты. Сырттан байкаган Эралы сарала ат менен жетип, күлө жолуп тосту:

— Эки булбул! Оюн-шооктун сүрдүүсү «эр сайыш» башталган атат.

Ошону менен колумду куушуруп, башымды ийип, ата арбагына кылган кызматым, ызатым аяктайт. Кайрылып, жар айтып бергиле?

— Кечээ эле, катын кейпин кийген аш жинди биздин жарга түшүнмөк беле! — деди Музооке, Төрөгелдиге келтире.

— Бирге таарынып, минге зил чачасызбы? — деп Эралы кайра өтүндү.

— Сага таарынбайм, иним! — Музооке өкүн жумшартты, — атаң менен үзөнгүлөш элем. Арбак алдында менин да карызым бар. Коонун шамалы орой, акылсыздын сөзү орой. Булардын тукумунда, илгертен, адамынан акмагы арбын. Орой менен соргокту эл сыйлап башына койсо көөп, тарс жыгылып жок болушат. Ушунусун баш кылып, бир тобун Калыгулга садага чаап салса!

Арыстанбек жалт бурулду.

— Сабырың гана, жарыктык?!

— Жанагы сөз сага жетпей калса, бар этегин өп!

Жөнгө салалбасын билип, Эралы кайра тартты. Ырчылар далысы чыга үнкүйүп, аш үйдү беттеп кете беришти.

* * *

«Казанкулакты ээрден кыйшайтышка өрүшү калган карт найзакерден көрөкчө, жүрөгү курч жаш жарайт» — ойдо, күчтүү жигиттерди көзү менен көрүп, кыялы менен сынап аткан балбан тандоочуну Эралы бирөөгө тымызын шилтеди. Ак ниети менен шилтеди. Издегенин алдынан тапкандай болгон неме бейкам турган Тейитке жетти.

— Азаматым! — Тейлөөчү алды менен Тейитти жооштутту, — кудайдан эркек баланы намыс коргоо үчүн тилейт. Кошойдун арбагы Конойду коргоду, өзүндү унутаар дейсиңби?! Казанкулакка бет чык.

— Менби? — Тейит чочуп алды, — жаш атаң карт буурага кантип батынат?

Тейитти тургандар да жаалашты.

— «Жыгылсаң нардан жыгыл, буйласын кармай жыгыл», — дейт эл. Сен жеңилген күндө да, Казанкулакка найза сунду деген атак калат. Непада көмөлөтө сайып салсаң, даңкың алыска угулат.

— Чыга бер, баатыр, кудай деп!

— Азамат, тартынчу эмес!

Тейитти үч-төрт киши ортого алып, найзакерлик кийимин кийгизип бүткөндө, анын карааны Казанкулактан бийик да, көкүрөктүү да. Өркөчүнө кол жеткис, сыйдан

жал, көк кашка атка кашына төңөлдүрүктүү күмүш чаптырылган. «Күрүчбек эзри» токулду. Даңкайган бөктөрүнчөк бөктөрүлдү. Атты эки адам суулуктап турду. Көк кашка суулуктагандарды сүйрөп, кошкура жер чапчыйт.

Жаңы эле топ четине келген Дааныштын көзү уулун чалды. Бир чети, кокустук көп болчу сайыштан жүрөгү опкоолжуйт. Бир чети, намыс үчүн чыйралып, ичи ысып күйөт. Тынчсызданат. Тиги ондон ашуун найзаларды кучактап турган адамдын жанына басып барды. Тутам жеткис, узундугу үч кез, учу кыйгак, как кургаган найзалардын ар бирин кармалады. Баласына абийир тилеп, дилинде кудайга сыйынды.

Курдаштарынын арасында оюн-зоокко кызыга бейкапар турган Тейиттин жубайы Букен Көк кашканын жанына чөк түшө көпчүлүктү карап, кол жайып турган балбан өз күйөөсү экенин тааный коюп, жүрөгү болк этти:

— Аай! — деп чочуп, алдындагы күмүш жабдыктуу кара жоргону теминди. Эркектер арасынан өтө албай, жорго үстүндө тынчы кетет. Тиги, кайнатасына чукул тору кунан үстүндөгү баласын чакыра, кол булгады:

— Аай, Бекиш! Бекишбай. Бери бастыр! Бери...

Бала кунанын шапалагы менен курсакка салып, женесин карай теминди. Кунаны улам бир атты жөөлөй өтүп кетсе кубанычы артып, буту тепеңдеп, шапалагын үстөккө-бостоk сермейт.

— Бекишбай,— Букен шашкалактады,— тиги абаңды көрдүңбү? Азыр баргын да «атка минбе» — деп айткын. Тилиңди албаса ыйлап жибер. Ыйлап жибер, уктуңбу? Найза жаман болот, түшпөсүн!

Аңгыча эл текши кол жайып, дүр эте Тейитке бата бериштн. Тейит тизгинди жыя кармап, үзөңгүгө таман койгондо, Көк кашканы суулуктап турган адам колтугунан сүйөп, шарт атказды.

— Аба,ой, аба! — Бекиштин үнү чыгат. Абасы тааныш үнгө кулак түрө бурулуп, Тору кунан үстүндөгү уулун көрдү. Уулу мукактанып, женесинин айтканын кайталады. — Найза жаман, түшпө! Ыйлайм анда.

— Тейит кыз-келиндер арасында корко карап турган жубайына күлүмсүрөп, башын ийкеди да Бекишке:

— Азыр келем. Чоң атаңа бар. Бара кой, — деди. Күмүш сакалы жайкала жай басып жеткен Дааныш небересинин кунанын чылбырлап, колундагы жактырып тандаган найзаны Тейитке сунду.

— Ме, чукул жеткенде көзүндү ирмеп жибербегин. Тизгинди шарт тарт. Беттештиңби, тик качыр!

Эки ийнине эки куш конгудай болгон Тейит Көккашкага камчы басып, топтон узай Казанкулакты бет алып жөнөдү. Баятан ат ойнотуп зарыгып калган ал Сары атка камчы уруп, найзасын сундура Тейитке бет алды. Экөөнүн тең бүлдүргөдөн канжыгага байланган камчылары ат чандырында жыландай чубалат. Колдорундагы найзанын учтары дал жүрөккө ажалдын огун аткуудай, бири-бирине кадала шыкаалашат.

Найзакерлер жакынданканда, эки тараптын эли дүр эте орундарынан туруп, шүйшүнө көз жумушту. Кыз-келиндер беттерин басып, тетири бурулушту.

Казанкулак биринчи беттешкенде эле, Тейитти ыргыта союуну эңсеп, анын найзасын каре эттире катып жиберип, акырекке урмакчы болду. Бирок Тейиттин күчтүү колундагы найза солк этпей койду да, найзасы Тейиттин мүрүсүнүн үстүнөн өтүп, тигинин найзасы канталына куп согулду. Казанкулак көчүгү бөктөрүнчөккө чыга түшүп, өтө бергенде, ээрге ондонуп олтурду. Беттешип, соо өтүп кеткенге мындайды башынан жакы өткөргөн Тейит жүзү кайрат чакырып, Көк кашка үстүндө тулкусу бийиктеп, зылдын ташындай салмактуу. Ат тизгинин буруп, кайра качырып жөнөөрдө, буга сөздү кулагы чалды:

— Мунуң, борбую толо элек неме деп атат элеңер, осолду мунусу да көрсөтөт го?

— Найзакерибиздин көчүгү бисмилласында кыйшая түштү, кийинкисин кудай сактай көр!

Үчүнчү жолку беттешүүдө найзалары кагышып, бирин-бири жутуп жиберчүдөй акырая тиктешип, жандай өтүштү. Төртүнчү жолкуда дагы ушул кейипте ажырашышты. Бешинчи жолкуда найзалары катуу кагышып, экөөнүкү тең чарт сынды. Эки тарапта тең даяр болуп турган адамдар жаңысын суна коюшту.

Оңой менен күчтүүлөр даай албаган чоң найзакер болуп туруп, найзага биринчи түшкөн неме менен узакка кармашып калганына көп көзүнчө арданып, Казанкулак каны ичине тартат. Найзасын Мелтиреге сунуп, найза учу дуулдап, түтүндөй качырып Тейит ансайын өжөрлөнөт. Бирок карт найзакер каршыласпанын өлчүү жерин тапкандай, эки көзү Тейиттин сол колтугунда: соотун чыканкка жетпеген кең жерди найзага жол ачып, колтукка капталган калпактар жылышкан. Өз тобу тараптан:

— Ээ, байге албасак мейлиңи, Казанкулактын шишитысын кетиргенийе ыраазыбыз. Дубан чогулган намыста керекке жароочу ушул Тейит болгудай,— деген мактоолорду угуп, жүрөгү өрөпкүгөн Тейит колтуктан кирген шамалга көңүл бурбайт.

Чиркин! «Ажал, каш-кабактын ортосунда» деп бекер айтылбаган белем? Эми эле, чай кайнам илгери, сеңирдей көк аттын үстүндө, көп көзүнө көрүнөө найза сундуруп жүргөн Тейит тебүүнүн ыгын билбей, каманга чалдырып салган кыраан барчын сыңарында, он биринчи беттешүүдө ат үстүнөн кулады. А тиги, Казанкулак да ыргып кетти. Көк кашка менен кара жал Сары жалга үркүп, ойноп кетишти. Кайра жерде жаткан экөөнө карай имерилишип, жер чапчып кошкурушат.

Бири жыгылып, бири калбай, экөө тең жалп дей түшкөнгө эки тараптын эли аң-таң. Эл өйүз-бүйүздөн чуру-чуу түшө аттуу-жөөлүү бойдон найзакерлерди көздөй жабылышты.

Казанкулактын оң ийини талкаланып, оозунан кан келген. Сол колуна күч келтире обдулуп, олтурууга аракеттенет.

Адегенде көмкөрөсүнөн түшүп, анан чалкасынан оодарылып кеткен Тейит мүрт үзүлдү белем суналып, мемирейт. Башынан чорт сынган найзасынын калдыгы сол колтугунда сайылган бойдон. Соот капталынан коңкул кан чыпылдайт.

* * *

Аштын кандуу аякташына, тополоң түшүшүнө Балбай чым этпеди. Аштан ыйгарылуучу тартууга күтпөй жигит жалацы менен жолго түштү. Аны бир найзакердин өлүмү эмес, бир жердеги бүтүн элдин жок болушу алаксытпоочудай. Капканга чабылган бутун кемирип бошоп кетчү карышкыр сыяктуу неме айтканынан кайтпай, шертинде баратты. Айылына жетти. Жан адамга акыл салбастан, өз оюнда сыр катып, камынды.

Күз. Кара суулуу саз, токойлуу өзөн жээги гана жашыл. Тескей сарала тартып, кыр чөптөрү кубарган. Бул маалды «чөп бышып, кымыз сөөктөн чыккан учур» — деп коюшат кыргыздар. Үрпү туна, суюла баштаган кымыз ден соолугу тазаларга жагып алагүү кылса, карыкартандардын эски оорусун козгойт. Муун-жүүндөрүн сайгылаштырып, беймазалайт. Оорулуу пенде: «Үркөр

чыккандан кийинки кымыз мага жакпай калды. Түнкүсүн боздоп чыгамэ, — деп очокко чукулдап, корго коюлган кара кумгандагы чайдан чөйчөккө куюп, буулантып, ысык ууртайт. Колунда бары бир чегим набатты тандайына салып, тиштүүсүнүн оозунан кырт-кырт дабыш угулат. Тишсизи бүйлөсүн кызандатып, элгүүрлөрү эмшиндеп, тили тынбай аркы ууртка бир, берки ууртка бир набат калдыгын түрткүлөйт.

Бир маалда жайлоонун муз жаткан түпкүрүндөгү мал улам ылдыйлап, айыл журт которуп, тыныгып, көчүп, жакалайт. Ушундай учурларда алыскы уруулардан айыл чаап, жылкы тийип келиш үчүн жан кечти уурулар жортуулун баштайт! Алар, минтип эрте камынышпаса күттүрбөй кар түшөт, жол чайлайт. Ашуу бүтөт. Уруулар алыска жетпей, камоодо калат. Напсисин тыя албаганы эки-үч күндүк аралыктардан уурдап келишсе, жоктоткондор из кууп уруларын ачып, эки эсе айыпка жыгат. Ошондуктан чоң уурулар жакынга жолошпойт. Кеми, эки жума-үч жумалык жолдо жүрүп, алып-жулуп кайтышат.

Бул маалда ар айылдын эр аттуулары да күндүз уктап, түндөсү жол тосуп, күзөтөт. Айтор, адамга эс-акыл киргенден баштап, жашоо үчүн жан сабап күрөштү. Өмүрүнүн акырына чейин тынчы кетти. Бирде «май жалак» болуп, карды тойду. Бирде «таш жалак» болуп карды ачты. Кабагы жаркырады. Кабагы бүркелди. Ай, жылдар бүктөлүп, доор үстүнө доорлор үймөлөндү.

Кулач жерди көрсөтпөй жөө туман басканда, же көзгө сайса көрүнгүс карангылык түшкөндө, тээ сеңирлерден аркы аска коңулунда, же корум жакалай калдайган арча арасында күн бою жаткан карышкыр козголот. Турат, керилип чоюлат. Жаланат. Чочоюп олтурат. Желге каршы тумшугун көтөрүп, жыт искейт. Анан, жылуу кандуу эт үчүн оозунан шилекейи чууруйт да, бодо жайытына, кой короого жөнөйт. Балбай да антында бек турду. Тынч жатып, акыры карышкыр сымак жол тартмак болду. Алды менен мындай иштерге дасыккан Садыкты аттап-тондоп чалгынга жумшамакчы. Сөөк-тамыр иликтеген ал Зыйнат айылын, Карагер күлүк дайынын билмекчи. Кабарын дааналап жеткирмекчи. Аны менен жалгыз сүйлөшкөн Балбай отуз чүкө санады. Он бешин анын оң чөнтөгүнө, он бешин өзүнүн оң чөнтөгүнө салды:

— Ушул чүкөлөрдүн акыркысы сол чөнтөккө түшкөндө, Сары-Булактан жолугабыз, деп шерт кылды. Ал кеткенден тогуз күн өткөрүп, үч жүз тандамал кол алган өзү Көлдүн тескейи менен түн катып жүрүп келет. Таң сөгүлө кошуун-кошуунга бөлүнүп, карагай-чер арасына, буйгага бекинишет. Эс алышып, ат откорушат. Түн кире кайра сапарда. Минтип, амал менен, күч менен максатына жетпесе кантип жетет? Кудалашканга Эралы болобу, болбойбу? Бойго жеткен карындашының, болгондо да чыгаан кошокчу, келишкен сулуу Зыйнаттын эмгиче кулдук уруп, сөйкө салган жери кантип болбосун? Толгон байге, эл оозуна кирген атак алып берген күлүгүн Калыбек сатмакпы?! Аны колдо күч, алдында жигит турганда зордук менен тартып алып, сыйпалатып коюу керек. Ошону менен кошо айыл чаап, дүңгүрөтүп жылкы тийип келиши керек. Максат орундалган соң, айыбы мага десе жети эсе болсун, намыс үчүн Көл башындагы эл куткарат Балбайды айыптан. Болбосо, Каркыранын түпкүрүнө житип, тантырбай из суутат, эмнеси бар экен? Аның ою дал ушундай соккон.

Алтынчы күнү. Жортуулчуларын ара күндүк артта жашынтты. Куралсыз эки жолдош алып, өзү менен үч боло, шексиз адам кейпин кийген Балбай күпө-күндүз, чаңкалайдын чак түшүндө Тоң тараптан Кара-Кужурга ашып түштү. Шар суунун бойлой кеткен жалгыз аяк жолдо төмөн көздөй эңкилдетип жүрүп олтурушту. Түштүк өрөөнү Нарынга кетчү Сары-Булак жайытына кеч бешим маалда жетишти. Үч-Нарындын башы тараптан келген Кара-Кужур суусу, Долон ашуусунун түбүнөн оргуган Соң-Көл суусу кошулган Чаттагы көк ыраңга аттарын чидерлеп, чоң таштын түбүнө жайланышты. Акыркы он бешинчи чүкөнү оң чөнтөгүнөн сол чөнтөккө салды. Шак этип, чүкө дабышы угулду. Мыйыгынан күлүп, төмөнгө, Кара-Коо таранка көз таштап, турду: «Кеч келээр?.. Эрте келээр? Андан узабайт. Садык тирүү болсо!» — деп күбүрөйт, бөздөй ийленген сары жаргак теке тери шымга шымданган чолок этек чепкендин бүчүлөрүн кармалап, кайыш ычкырдын илмегин тартып, чыңалган белин бошотот. Башындагы шамалга учпас, жаздык малакайдын маңдайын көтөрөт. Капкачан кашы түктүйүп, оттуу көзү тикирейе, эрди кымтылган. Зыйнатка түшкөн ышкысы жүрөгүндө уйгу-туйгу. Тиги экөөнүн бири кол чаначтагы сүзмөгө суу куюп, эзип... Экинчиси бышык эт салынган куржундун келебин чыгарып кынынан бычак алды.

Булар тамактанып олтурушат. Балбай чаначтан чалап жутуп, кол сырты менен жанып, төмөн тараптан көз албайт. Атчан карааң жогору тараптан чыкты. Шелпшелп желдирген ал из кууган немече, өздөрү келген жол менен келатат.

— Ким болуп кетти?

— Бироодур.

— Жолдо айыл байкалган жок эле го?

— Солтон-Сары, Кара-Каман, Балгартка чейин эле эл. Кайсы коктуда жатканын билдик.

— Шек бербегиле.

— Ким менен кимдин иши бар, баатыр. Көтөргөн пайза, илген шалк этме, кийген соот жок, көп жолоочунун бирибиз да.

Тигил жакындады. Мингени тору бээ. Бөктөрүнгөнү капкечек. Көкала сакал, кийими жупуну, чарчы бойлуу неме. Жүзү момоюп, көзү токтоо. Буларды көздөй таяп келди.

— Атсалоом алекум.

— Алекима атсалоом. — Балбай тура калды. — Жол болсун, карыя.

— Силер менен бирге болсун, баатырлар.

Шектүү Балбай чоочун карыянын ар кыймылын, ирмелген кирпиктерине чейин тинтет. Эч шек жок. Бейкапар.

— Түшүңүз. Даамдашыңыз. — Ат алмакчы болгон жигитине көз кыскан Балбай бээни өзү суулуктады. Карыя ыргып түшүп, унаасынын ооздугун өзү чыгарды. Тизгинди жүгөнгө чалып, чылбырын боо ташгады.

— Тушай салыңыз. Качып, убара кылат.

— Бу экөөбүз качып кайда барабыз? Барып тойгон жерде турмайга көнгөнбүз.

Үчөө күлдү. Балбайдын көзү жарк эте:

— Карыя! Бу, силердин элдин жериненби, суусунанбы, деги сөздү туз кошпой сүйлөбөйсүңөр!

— Балам. Кандайынан экенин билбейм, мен жөнүн эле айттым...

— Этке караңыз...

— Кол чайкайын. — Шар сууга басып, энкейип кол жуып келди да, үзүлгөн кебин улады, — жылкы качкысы кулунунан башталат, желээге адеп илээрде, энеге эмизип, тартаарда кагып-силкип чочутуп коюшат. Ошондон жалт берме болуп, киши колунан, киши карааңынан качып калат. Башы кесилмейинче ал өнөкөтүн калтырбайт. Адамдын адамга байыр алуусу, же адамдардан

четтен калуусу деле, кулун сыяктуу. Бала кезинен эне ээрчиген бала башкага боорукер, тиричиликке илээшчээк, ооkatка сарамжалдуу, бүйрө келет.

— Хе-хе.

— Ата ээрчигенинчи?

— Ата ээрчигенин ат үстүндө болуп, эл аралап алыс кетет. Атасы кандай болсо, ошондой кыялда өсөт.

— Хо-хо.

— Өзүңүз кандайча өстүңүз?

— Атаман эрте айрылып, эне колунда өстүм. Адамдардан мурда казан-аякты көп тиктейм. Азыр дагы, силерден мурда куржундан көзүмдү бөлө албай атпаймынбы.

— Хе-хе.

— Хо-хо.

— Чынымды айтам. Мобу эттн тетигинден эле көрүп, тетигинден эле жытын искедим.

— Жениз анда. Жамбашты алыңыз! — Балбай бир сөздү айтып калмакка ынтызарланды. — Мен атамдан эрте айрылынмын. Атамдын кейпи-кешпири, кыял-жоругу үч уктасам түшүмдө жок. Кандай мүнөздөгү адамын анда мен? — деди.

Карыя чайнаган этин күрмөп жутуп, баш көтөрдү.

— Сен ата-энеңден эрте ажыраганың менен... (чагымда кырк жашты таяп калыпсың), бирөөлөр багып, чоңойтту да. Анда ошолордун кулк-мүнөзү жугат. Деген менен, — деди көзүн түшүрө, — өз ата-эне болбогон соң, башкалар башкалыгын кылбай койбойт. Баланы кагып-согуп, оор жумушка эрте жумшап, тиричилигине урунат. Бала турмушка бышып, чыйрак чыгат. Бирок башкалар өзүн канчалык аябаган болсо, бу да кийин өзгөлөргө катаал, кайрымсыз болот.

Балбай үтүрөйүп, кабак түйдү: «Тапты, бул карыя!..»

— Бир санжырачыга жолуктум, — деди тиги адам. — Айтылуу Чынгысхандын балалык учуру катуу, кайрымсыз кыйноо тарбияда чоңоюптур. Бийликке келгенде, ал кимди аяган? Адамды малдай мууздаткан. Багынбаган элди тукум курут кылып, кырдырган. Ушундан улам деле баамдоого болот, бала кездеги көргөн кордук үйрөнгөн адат эмнелерге түртөөрүн.

Сөзү безге сайган кишиден Балбай бир четн шектенди:

«Зил таштап атабы? Менн билген немеби?» — деп да ойлонду. Бүшүркөөсүн тактамакка чукул сурады:

— Кайсы айылдан атгандынар?

— Бу эле Кара-Кужур өрөөнүнөн болом.

— Каякка барасыз.

— Ак-Учук адырында көк туз бар. Жайкысын малга, кышкысын ичкенге алабыз. Азыртан камдап албасак, кыш-күрөөдө кыйын. Береги суулар чилдеде тоңуп, күзгүндөп өтө албай калган жылдар көп болгон.

— Аа, Балбайдын демин бастады. — Жөн экен, — деп төмөнкү өрөөнгө карап, караан көрүнбөй бурулду. — Силер бизге караганда Жумгал элин менен таанаташыңар. Көптөн бери катышпай... Тууганчылап баратабыз. Маркум Качыке айылы кайда экенин билбейсиңби?

— Ашы өттү деп уктум эле, ушул жайда. Бата кылганы бараткансыңар го? Чоочун киши эч шек билгизбей баш ийкеди. — Кызарттан ары өйүз-бүйүзгү адырларда болуу керек. Бир аз күндөн кийин бул эле Кара-Кужурдагы Ныязбектен алган кыштоолоруна да жарым-жартылай малы келип, кыштап кетет.

Бүшүркөө жоюлуп, сөз токтолду. Чоочун адам чөп жулуп, колун сүрттү.

— Жай окшойсуңар. Мен эртелейин. Бүгүн жете конуп, эртең кайра тарткандай болоюн,— деп турду. Жигиттин бири тору бээнин ооздугун катып, кыйгач туура тартты. Курсагы тоюп, унаасы да чөп чалган жолоочу жолго түштү. Улам катуулап, кетип баратты. Караан төмөнкү тумшукту имерилгиче, байкаган Балбай анын бир жолу да кылчайып койбогонунан улам, «шектүү эмес» деп ойлоду. Балким, ал атайы ошенткен чыгаар? Ай, адамдар! Бирин-бири сызга олтургузаарда сагынгандан сак, түлкүдөн куу келишет!

Күн Кызарт тоолоруна батты. Бир аздан кийин ширин кирип, көз байланды. Муздак жел жортту. Убадалашкан Садыктан дарек жок. «Колду алдырып келсемби? Токой чери жок, бул токой тоолордо адам көзүнө чалдыгып. Качыке айылына кабар жетип, камынып калбасын?» — деген ойдо Балбай тынчсыз. Оо, олтуруп ай чыкты. Күңгөй, коктуларды нуру жайпады. Аттарды чукулдатып, үчөө таш ылымтасында, Садыкты эртең түшкө күтмөк. Кабар болбосо бир жигитти колго чаптырып, бар тобокелге сала, кийинки түнү чабуулга аттанмак. Ангыча, катуу уктаган адамды бирөө чапчып, түштөн чочуткандай иш болду. Күтпөгөн тараптан, Нарын өрөөнүнөн калың ат дүбүртү чыкты. Заматта шымдактай шайдоот найза, чокморчон ондон ашуун чоочун жигиттер тегеректеди.

Арасындагы темгил көк атчаны:

— Балким, жоголгон жылкылар ушулар колдуу болгондур? — деди. Анын кызыл жоолук менен башын буунганы, кыр мурун, кара муруту, жаркыраган тиши ай шурунда даана. Колунда темир уч найза.

— Биз жолоочубуз. Ууру эмеспиз, — деди Балбай сабыр токтотуп.

— «Алдырган апасынын койнун ачат» аны бара көрөбүз, — деди тигил, — аттаныңыздар!

Колу алыс. Өздөрү куралсыз. Булар менен кандайча тецтайлаша алат? Балбай түпөйүл болуп, амалданып соо кутулуудан үмүт үзбөй, жөнгө көндү. Азуусун кайрай ичинен кыжынып, алдыга түштү. Эки айдан бери айыл чаап, сулуу тартып алмакчы болгон даярдыгы минтип, ташка тийди. Айыптуу пенденин кейпин кийип, эки жигити менен айдоого түштү. Мына тирүүчүлүктүн «кумар оюну». Бирде максаты оцунан чыгып чамгарактаса, үчүнчү картадан кийин күйүп алып, бастап, ындыны өчмөй. Шагы сынмай.

Катуу жүргөн булар тан ата Кызарт тоолорунун түштүк ыптасындагы айылга жетишти. Үчөөнүн аты алынып, четке тигилген боз үйгө киргизилди. Күн мурда даярдагандай, үйдө бала-бакыралуу бүлө көрүнбөйт. Жыйылган жүк жок. Талпактар салынган. Бишкеги чыккан кара сабаа. Кереге көзүнө сайылган шамшар. Элүүдөн өткөн сөөктүү кара аял, үстүндө көлбөөрдөй көк көйнөк. Териден өпкө кап.

Үчөөнүн үстүнө башка киши кирбеди. Астынкы эрди шалпайган, оозу чоц кара аял сабаасын балч-балч быштты. Бакан ачасынан боосун чечип, кереге түбүнө көмөрүлгөн кара аякты алып, кымыз куйду. Бейтааныштарга сунду. Тигинин бирөө тура калып, аякты алды. Балбайга сунду. Ичи ысыган ал тартып жиберди.

— Чаңкаган экенсиц! — үнү кекээр аял Балбайга көз сүзүп койду. Берки экөө да тартып ийишти. Аял кайталамакчы болгондо, Балбай кол жандады:

— Ырахмат, байбиче.

Аял сабаасын байлап атып:

— Ботом! — деди бошогон колу менен чачын жымыра жоолугун түзөп. — Сен, тигил, көлдүк Балбай өндөнүп турасыцбы?

Ат аталганга тиги чок кармагандай чочуду:

— Жацыласыз, байбиче! Мен ал эмесмин...

— Кантип эмессиц? Көзүц айтып турбайбы. Качыке ашында көрүп калгансыдым эле, өзүндү.

— Жаңылып жатасың, байбиче! Мен, эч качан ал эмесмин.

— Агер, өзү болуп калсаң, кулагынды кесип алайынбы?!

— Кесип эле алыңыз!

Аял илинбей эшикке чыгып, заңкылдап кимдир бирөөлөрдү чакырды:

— Оо, Союл уул. Ээ, Чоң сакал аке. Мында келгилечи.

Күтүп тургансып, маалкатпай экөө кирди. Биринин сакал-муруту апсайып, көкүрөгүн жабат. Ушу көрүнүшүнөн улам «чоң сакал» атанган окшобойбу. Экинчисинин бою жабык тирейт. Боюна карап «союл уул» делинип, тергелет окшобойбу. Аял экөөнү күбөгө тартты:

— Береги, меймандын өңүн бүшүркөп, «Балбай болуп жүрбөгүн?» — десем, «Мен ал эмесмин» — дейт. «Агер өзү болуп калсаң кулагынды кесип алайынбы!» — десем, «Мына кесе коюңуз», — деп тосот. Ушунун чын, калпын ачып бербейсиңерби?» — деп кабак бүркөмүш болгон экөөнө көз кысты.

— Бу мейман экөөнөрдүн убаданар катуу болгон экен! — деди Союл уулу муруту жаңып. — Баатыр атанган Балбайга жаралганы бир да жолу кездешпесем, кудай алдында кантип күбө өтө алам?

— Ошону айтсаң! — деди, Балбайдын жигитинин бири тынчсызданып.

— Анан, — деди Союл уул мойнун кыцырайтып. — Балбай баатыр башы менен «мен эмесмин» — деп кантип кали айтсын?! Айыпка жыгылып атпаган соң ал эмнеге өзүн жашырат эле?!

— Анча мелдешип калыпсыңар, — деп Чоң сакал арага түштү. — Биздин айылдагы Мамасыдыктын келини Көл башындагы Белек уруусунан. Балбайдын жакын карындашгары болот. Ошол келинди чакыр да, көргөз. Чын анын дал өзү болуп калса «көрүндүгүнө» кулагын кесип ал. Кулагынан тумар кыйдырып, балдарынын мойнуна таксаң, тукумубуздан Балбай өңдөнгөн «баатыр чыгып калгысы бардыр?!

Шек четинен ачылды. Балбай кумсарып, бутун алмаштыра мандаш уруп отурду. Чоң сакал босого жүйүрө арка сүйөп, аял кайра чыкты:

— Ээй, Койлубай акенин келинин! Бери бас, иш чыгып калды.

Келин да күттүрбөдү. Багалчагынан келген, мурду быйпык, бети канталаган чекир көз келин чач мончогун

шарак эттирип, эшик серпип кирди. Ошо эңкейген боюнча, эркектерге жүгүндү. Бу келин Баратбайдын жакын туугандарынын кызы экенин Балбай тааныды. Булардын атайын колго түшүргөнүнө көзү жетти. Баятан башка адамдар үстүнө жолобой, кара катын бекерден чекмелеп айтпаптыр да. Балбай үңкүйүп эриндери кымтыла кумсарды.

— Койлубай акенин келини! — деди кара аял, даяр турган майлуу сап, кир, кара шамшарды колун алып. — Береги мейманды тааныйсыңбы?

— Тааныйм.

— Таанысаң айтчы, убада-шертке бек, Балбай баатырдын өзү эмеспи, ыя?!

— Өзү эле... — Балбай абамдын өзү!

— Тос, ой! — Аял Балбайдын кулагына келерс баскан мышыктай жабышты. — Катын калп айтпайт. Эр ууру кылбайт. Ууру-кески! Мына сага! «Калыңсыз Зыйнат! Акысыз Карагер!» — деди да, шамшарды бир тартты. Кулакты уучтаган боюнча сыртка кетти. Балбай үндөбөдү. Каршылык да кылбады. Ашта оозунан чыгып кеткен бир ооз сөзү өз түбүнө жеткенин билип, таш молодой катты. Жок болгон кулак теңи кубара түштү. Аздан соң испркектенген кан тээп, жаагы ылдый, мойнуна жаба жака ичине, койнуна кара кочкул кан сызылды.

Иш мындай болгон: Ашта, Чабдарды сүрөгөн Балбай өз тобун аралай басып: «Зыйнатты калыңсыз алам, Карагерди акысыз алам!» — деп, осол айткан. Бул сөздү кулагы илген жергиликтүү бирөө Эралыга жеткирген. Найзасынан кан тамган, айбатынан журт чочуган Балбайдын бекер айтпаганын билген Эралы ошондон баштап, сак-сакта болучу. Жоон билек, күчтүү азаматтар менен акылдашып, ал Зыйнат менен Карагерди алып гана тим болбостон чамгарак кыйратып, айыл чабаарын, дүргүтүп, калың жылкы тийээрин билишкен. Көл башына байкоочу жиберип, ошондон ушул кезге чейин Балбайды акмалаткан. Көлдүн тескейи менен колдун жөнөгөнүн угушкан. Кара-Кужур багытына, Кара-Коонун босогосу Семиз-Бел, Арсыга байкоочу коюлган. Анын бири Стам аттуу карыя. Бээ минип, кап бөктөрүп тузга бараткансып көрүнгөн ал, кечээ Сары-Булактан Балбайдын өзүнө жолукту. Тумшуктан имерилип, далдаага өткөн соң, бээнин оозун коё берди. Мерчемдүү жерлерде тосоттоп жүргөндөргө кабар жетти. Колун алыс калтырган, өздөрү куралсыз Балбайлар менен

алышпай, коңулдагы коёнчо оңой түшүрүштү. Балбайдын кулагын кескен береги, ошол Стамдын аялы.

Стамдын аялы кан толгон, уучундагы кулакты кара шамшарга кошуп ак үйдө толо олтургандардын ортосуна койду:

— «Эрдин кулагын катын кессин!» — деген буйругунар аткарылды. Төрдүн так ортосунда Дааныш. ...Аштагы азапта Дааныш чоюндай уюп, сакалы бириндеп, эрдин кесе тиштенет. Сайышта өлгөн баласынын денеси ак баш, кара атанга жүктөнүп, сөөк үстүндө кызыл кымкап. Эчкирген небересин алдына алып, атанды кишиге бербей өзү жетелей берээрде Эралы камчысын мойнуна артып, алдын тоскон:

— Кулдугум бар, ата! Тейиттин кунун айтып кетиңиз.

Карыя ат жалын тиктеп:

— Намыс үчүн каза тапкан уулга да кун болчубу? — деген да, атын темине жөнөп кеткен. Сөөк жүктөлгөн атанга чиркелип, ээсиз бараткан Тейиттин жээрде атын көз менен узатып, Эралы кала берген. Эралы ошондон карыяга жолобогон. Качан, Балбайдын айылга кол салаарынын алдында укканда, элде: «Атам өлсө, өлсүн, атамды көргөн өлбесүн» — деген лакап бар. Даанышстан атам Качыке акыл сураган киши эле. Абал жайды айтып, акыл сурап келейин», — деп кайрылды. Баласынын кырк күндүгүн өткөргөн карыя үйгө далысын сүнып, сыртта олтурунтур. Эт качып, далы чыгып, арый йөп, сыртта олтурунтур. Эт качып, далы чыгып, арый түшкөн. Сабыры суз. Атага эркелей албай Бекиш жанында.

Эралы ийилип, салам айтты. Өткөндү эске түшүрүп, жашы акты. Оромолун алып, сүртүндү. Үйгө кирип, куран окуган соң, чайга күтпөй эле кете берген. Кийин карыя билип калып:

— Өлгөндүн артынан өлмөк белек? Жан турганда, көр оокаттын камын ким жебейт. Атайы келип, унчукпай кеткен неси? — деген. Карыянын бул сөзүн эшиткен Эралы кечээ Балбай колго түшөөрү анык болгондо, дагы барды:

— Иш башында өзүңүз туруп бериңиз? — деп өтүндү. Күмүш түс кашын сылап, сүттөй ак мурут-сакалын сылап, ойго чөккөн карыя алыска карап унчукту:

— Ушул жорук... кыргызда эле болобу же башка калктарда да болот болду бекен?.. Тобо! Көптү дейин десең боз бала эмес. Дебесең... Болуптур, өлүмгө жакындаган сайын, акылым көбөйүп баратса барып берейин.

Убада берген карыя эрте аттанып жана келип түшкөн. Азыр олтургандар кулак шамшарга үңүлүшүп: «Чын экен!» — дешкенибиз, сакалдарын жайкап, табактай беттерин бири-бирине буруп, ишаарат таштаканда малдын эмес, адам кулагын көргөндө Даанышчочуду.

— Бу, кайсы?..

— Ага! — Эралы жайдары, — уурунун кулагы кесилбейби?

— Уурун ким?

— Балбай.

— Ате, баламай ээ! Мага ушинтип алып, анан акылдашасыңбы? Бүгүн анын бир кулагын кестиң. Эртең ал сенин жүз кулагыңды кесет! Өлтүрүп да коё албайсың. Каякты жөөлөөрүн билбей, кирген буурадай болуп турган Ормон, сенин күлүңдү сапырат. Балбайдан өткөн осолдукту силер кылган турбайсыңарбы? Мынча эрдик колуңардан келген... Адамкерчилик көрсөтө албадыңарбы? Айыбын сөз менен жеткирсеңер тизесин кескенден жаман эмес беле? Кап!.. — деп, көзү ачык кебетеленген карыя өзүнчө кайгырып кетти, — журтка түшкөн коогаланды бүт уктуруп, журтка түшкөн апаатты бүт көргөзүп, терим жабышып, сөөгүм калганда анан алмакчысың го мени жараткан!

— Бала болуп кеткенсиңерби? — деди өбөктөй калган Стам,— колго түшүрүп алып, кулагын кеспей, бетинен өбөлүбү?!

Стамды бир тобу кубаттап, жаалашты, үй толо олтургандар:

— Ошону айтсаң.

— Өзү «Мен Балбай эмесмин» — деп оозунан жаңылып, кестирип олтурса...

— Артта колу бар экен дешет. Алар каптап басып калса, айылыбызды кыйратып, катын-баланы ыйлатып кетпей, той берип, чоор тарттырып кетет беле?

— Бүгүн жеминерди жедирбей калганыңарга макулмун, — деди карыя жай, — эртеңкиси кыйын. Кийин: «Мындайын билгенде, кызыбыз менен күлүгүбүздү жеткирип бербей!» — деп ооз кармап жүрбөгүлө?! Балбайды жер жутпай, кулак кунунан кутула албайсынар.

— Аны жерге, Ормон киргизет — деди Эралы,— мунусун колго тийгизе албай жүрөт, ал! Биз дагы өйдөылдыйды өлчөдүк. Көз жетип, макул таап, анан «кестик бармакты». Азаматтарыңыздын эрдигине сүйүнбөй, Асан кайгыча баш чайкабаңыз, жарыктык!

— Туугандар! — деп калды, капшыттагы кара сакал-

чаны, кейиген болуп, — Дааныш жаралуу. Кейикчээл. Кейикчээлдик адамды аягыч кылат.

— Андан деле эмес... Ак тонун желбегейленип, шырымал ак тончан олтурган карыя андан ары сөзүн улаган жок. Башын түшүрдү.

Эралы эми сүйлөдү:

— Дааныш аба! Кесилген кулак кайра жабышпайт. Тигинин кармабай эртерээк жөнөтөлү. Арткылары келип, кагылышп чыкпасын.

Көтөрүлгөн эшиктен убан-чубан, сыртка жайнашты. Булардын алдына Балбай да алынып келинди. Дааныш турган боюнча. Колунда таяк.

— Бирөөгө кордук ойлогон, өзү кордукка жолугат, — деди үнүн салкын алып,— айыбың үчүн кулагың кесилди. Калган күнөөңдү териштирип олтурбайбыз. Аны аган Ормон чечсин. Бизге деген кегиңди, бетиңде кызылын болсо, унут?!

Колу байлануу Балбай бир булкунун:

— Болор иш болду! — деди, баятан нес болгон мүнөзү жоголо, кадимки өкүм калыбына келип. — Мен ит, бу санар уттурдум! Азыр жерге тирүүлөй катып жиберсенер да, өтүнүчүм бар?

Дааныш топко кылчайды. Бирөөлөр: «Өзүңүз биласиз», — дегенин түюнта жөтөлөт. Бирөөлөрү: «О, койчу!» — дегенби, мурду былкылдап, бети бырышат. Көбү түшүнбөй оозу ачылып, делдейет. Карыянын үйдөгү айтканы ойлонтуп койгон Эралы жер карады. Тургандардан эч нерсе чыкпасын билген Дааныш:

— А, өтүп? — деди.

— Зыйнатты бир көрсоткүлө?!

Карыя селт этти. Кызыл жээк көзү бүтүйүп, ойлуу. Ар кимдер:

— Ушинтип алып, анан көрөсүңбү?

— Башка жол жок болчу!

— Кулагыңды кестирип, кыздын кереги эмне?

— Зыйнат үчүн... Баш кесилет! — деди Балбай.

— Жамырабагыла. — Карыя кол жазган тыйын, жаралууга бурулду. — Кызыбыз бул айылда жок экен. Келатканың угулганда, Карагер экөө тең тантырбас жайга бекилиптир.

— Аттиң арман! — деди ийнин көтөрүлө үшкүргөн Балбай. — Эмесе, Балбай-балбай болуп туулганы, бир өлдү дегиле!..

Балбайды атына минтизип, айылдын эки адамы коштоп жөнөдү. Анын айбатынан коркуп, өз үйүнө түш-

нөбөй жүргөн бирөөлөр өз көзүнө ишенбей, аңкайды. Бирөөлөр Балбайдын көркү кеткен башын, кан аккан жаагын көрүп, аяды. Кара мүртөздөрү көз кычыгына заар чогултуп, менсинди. Сол ийнинен жылмышкан тонун серпе Дааныш ойлуу.

Кийинки күнү кармоодо жаткан Садыкты бошотуп, Балбайдын эки жигитине кошту. Айылдагылар айыл ортосуна чогулду. Өз аттарын өздөрүнө берип, аттанаар алдында Эралы:

— Ээсиз калган мал жок, биздин айылда. Эрсиз калган кыз жок, биздин элде,— деди буларга, — силерче пайза саяр, союл чабар, жигиттерибиз бар. Баргыла да, жашынып жаткан колду кайра бургула. Балбайды көз алдыңарга жөнөттүк. Ормон менен тынышкыла. Биз ага кийлигишпейбиз. Баарыбызды ошол башкарат. Бүтпөгөн ишти өзү бүткөрөт. Чечилбеген ишти өзү чечет.

* * *

Кененсары колунун талкаланышы «тоолуктар жеңди» деп аталганы менен, ал атак калың элдин ар бирине чачылбады. Эл башындагы Ормонго ыйгарылды. Сый-урмат да Ормонго тийди. Ар айылдын, ар элдин башчылары Ныязбек уулун ызааттап да, кошоматтап да, күлүк жеткелен, алгыр куш көндуруп, тиштээк тайган алып, куттуктап келишти. Ормон данкы ансайын арбып, аты калк арасына тарады. Жеңиш тегеректеген неме ого бетер эле көтөрүлүп, ойго чөмүлүп, кол күтүүсү, колун Кененсарыча согуш ишине машыктырууну самайт. Бирок сырын сыртка чыгарбай, сөөккө сиңген митаам жөрөлгө боюнча өз ичинде болуп, өзү менен алек. Эрте туруп, бала кезинен бүткөн адети боюнча аттанып, малын кыдырып келет да, түшкө чейин төрүндө, олпок үстүндө эки санын мыткып, кышылдай тултуюп, көзү жайнап, сакалы бирдеп олтурат. Бул учурда үстүнө эч ким даап кире албайт. Бет алды түгүл, үй жанына жолошпойт. Жемине жетээрде түлкүчө Каптал гана кирет акырын. Колунда көөкөр. Көөкөр ичинде кымыз тундурмасы. Алтын жээк аякка чулк-чулк толтурат. Сунат:

— Баатыр! Наар ал.

Баатыр уктаган өндүү. Көнтө бурулдап дем чыгарып, колуна алып жутат.

Жер танабы алыс болгондуктан, Черик элинин баш-

чысы Улакбий Ормондун алдына кечигип келди. Согуш учурунда кол бербегени бир айып болсо, кечигип келиши эки айып болуп... Ормон ачууланды.

— А-а, кызыталак черик! Жерде мен турсам, көккө неге карайсың? Шелпер[1] менен бир койсом, жок болоорунарды билесиңерби?!

— Баатыр! Аз айып, көп күнөөмү кечиргин. Чаманын келиши ушул болду. Бир боор элбиз. Аяпаар биз жок, сенден...

Ормон Шаменди чакыртып, айрым элдин аттуу баштууларын да алдырды. Аскер күтүү жөнүндө аларды, согуш ишине машыктыруу жөнүндө. Казандан татар молдо алдырып, балдарды окутуу жөнүндө кеңеш салды. «Кокон төрөлөрүсүз ак бел байлап, баш кошуп, чыңалсак кандай болот?» — деген талап койду. Тегерегиндегилер күнк-мынк болушуп, кулак кашып, мандай жышышып, тамак жасашканы болбосо, ачык жооп айтышпады. Ормон ар бирин олуй карап, сакалы бириндей баштаганда, таластык Ажыбек мындай деди:

— Баатыр! Ар бирибизде эл бар. Айылда ак сакал, көк сакалдарыбыз бар. Талабынды аларга айталы. Кеңеш угалы. Ошондон соң өзүнө кабар берели, кандай дейсиң буга?

— Ийе, жүйөлүү кеп.

— Ажыбек туура айтат. Акылдашып, ишине жеткен иш бышык болот.

— Буга мен да, макулмун,— дешип солгун тараган немелердин ар бири бийик тоонун кыя жолунда ээрге кынкая бастырып баратышып, арамза күңкүлдөшөт: «Ээ, союлу колдон түшпөгөн Эсенгул тукуму! Аскер күтөлү, дейт. Күткөн аскерине кайра өзүбүздү айдатып, байлатып, босогосунда мышык кылып мыёолотуп, чычкан кылып бүжүрөткүсү бар. Татардан молдо алдырып, бала окуталы дейт. Тигинин! Балдарыбызга өз тилин үйрөттүрүп алып, кайра өзүбүздү мазактатып, сөктүргүсү бар? Тапкан экен май башты! Бербейм да, албайм. Өз айылым, өз кошуунум менен болом».

Убада бергендерден жооп кечиккенде, Ормон чукул элден кол курап, Алыбек, Төрөгелдиге баштатып, Кашкар тараптагы Нойгут элин чабууну, Жаңыл мырза колунан каза тапкан Үчкө, Түлкү үчүн кун алууну ойлоду. Бул боюнча Калыгулга акыл салды. Сөзгө сараң кырс абасы этек кымтып, кабак чытыды:

---

[1] Найза.

— Качанкы, сөөгү сөпөт болгон ата-бабаларды коюп, колунда тирүү турган кочуш элинди асырап алсаңчы!

— Асырап... алдыма олтургузамбы? Баары жайында эле.

— Ооба, жайында са! Көл башындагылар чыгышка карап, Жумгал, Кетмен-Төбөдөгүлөр түштүккө чачылып олтурат.

— Анда, чыбык менен имерер акылыңызды айтыңыз.

— Мен жол жүрөм. Ошондон соң, айтамын акылымды.

Калыгул уста алдырат. Бат аттаар бардаңкенин сайын кестирди. Жаңы кароол салдырды. Кундагынын жарымын да таарылтып, кыскартты. Ичтен асынма кылдырып, алты жүздөн дүрмөт кутулады. «Сактыкка кордук жок» — деген ал, жанына Чаарбаш аттуу тың жигит ээрчитип, жаз алды менен жөнөп кеткен. Бул аракетин эл камы үчүн деп чечкен. Көктөмдө аттанган карыя чөп карарып, күз тарта оролду сапарынан.

* * *

Өмүрүнүн акыркы учурлары улуу байбичесиникинде болуп, элден келген тартууларды да чоң үйүндө кабыл алчу Ормон токолу Укенге сейрек кездешет. Ал үйүнө кылчактатып турган кичүү кызы Гүланданын кыялжоругу, жанга ынактыгы. Чоң таятасы Даанышка эркелеп өскөн жароокер Укендин тарбиясы бекен, же бала жаратылышынан жылдыздуу, чыйрак, ыманы ысык болгондуктанбы, болбосо адам улгайган сайын кичүү баласына ынак болуп кетеби? Айтор, Гүланда, эсине түшкөндө мурдагы тоңдоосун, орой Ормон ичи эзилет. Кызынын жорук-жосуну баарынан алаксытат, Кичинесинен өзүнө ынак болду. Келатса алдынан делбиреп тосот. Аттан түшүрбөй аталап кол сунат. Лып ээрге чыгып, бойлошуп, сакал баскан бетинен алматерме чопулдатып, өпкүлөйт:

— Сагындым, атаке! Кайда жүрдүң, атаке! — деп мойнунан сыга-сыга кучактайт. — Укенди билесиңби? — дейт (атасын туурап апасын атынан айта турган), бая күнү бээ саап атса, кула бээ чакасын ыргыта тепти! — ошол элеске ал азыр да кыткылыктап күлүп,— чакадагы сүтү чөпкө жайнап калды.

— Ырас кылган экен, кула бээ аны!

— Ай, боорум ай! Анан, эртең менен кулун байлап атса кашка кулун сүйрөп... ай, боорум ай!

Ата жүрөгүн элжиреткен ошол кыз он төрттөн он бешке караган. Мурдагы балалык эркелиги эми эс тартканга айланып, тентектиги тыйылып, атага сылык мамиле жасаганга өткөн. Ата эшиктен жолукса атын алып, мамыга байлайт. Үйгө кирсе камчысын алып, керегеге илет. Аш алдында чылапчын тосуп суу куюп, майлык сунат. Атага кылган кичи пейилдиги, атага болгон сүйүүсүн кыймылынан, көз карашынан туйдурат. Ата ансайын ыраазы, ага ансайын ата мээримин төгөт. Кызынын келечек тагдыр, таалайы жөнүндө ойлонот. Аялы да бир кезде бирөөнүн алпештеген кызы болгонун, анын атасы да кызынын таалайлуу болушун тилегенин сезет. Аялына болбос иште тилин, колу тийгендиги үчүн тымызын уялат.

Ормондун ушундай сүйкүмдүү кызынын тааснринен, аялын бейкүнөө уруп, кордук көрсөткөндөр үчүн айын тартуу сунушун бир жыйында күчүнө келтирүү көңүлүндө уялап жүргөн учурда, Көл башынан Боромбай куда түшүүгө киши жиберген. Гүланданы баласы Өмүрзакка алып берүүгө кулдук урган. Алгач, кулакка суук учураган кабарга Ормон мөнкүп алды. Макул дебей, же жок дебей атканында сапарынан Калыгул келди.

Бу дагы ага менен кеңешээр иш. Абалы, куда жөнүн коё туруп, сапардан кайткан абасына түлөө өткөрдү. Тай сойдурду. Төрүндө агасы менен бирге олтуруп, башка элден, башка журттан байкаганын, көргөн билгенин сурады. Өңү аза түшкөн, мандай бырыштары жиктешип, санаа баскан карыя сызылта үшкүрдү.

...Элине жөлөк болчу эл издеген карыя, Кокондо суудай аккан адам канының, малдай мууздалган кыпчак урууларының үстүнөн чыгат. Ордого алдоо тилге кирип камалып алышып, мууздалган кыпчактардын сөөгүн кара кийинген желдеттер түндөсү арабалап, чийнелеп ташып, андарга жар түбүнө төктүргөнүн көрөт. Жакшы тилеги ташка тийип, эрдин кесе тиштейт. Арбагына наалат Кудаяр хан кан ичээрге каргыш айтып, телмирет. «Бизде дүрмөт жетиштүү, ордо кишилерине көл салайын— деп жиндеген Чаарбашты,— огун алты жүз болгон менен, аткана сен жалгызсың. Жалгыздын колунан көп жеңилбейт»,— деп тыят,— «кан ичээрдин жазасын да бир кан ичээр берсин! Атын башын тарт үйгө».

Адам канының көпүрсөк жыты мурдунда калган Калыгул Кокондон узап, жолдо буркураган: «Оо, асман теңири! Бу не деген калыстыгың? Бу не деген бүйрү-

гуң? Же жердеги пенделерибиз адебинен ашып, күнөөгө ушунча баттыбы? Же акыр кыяматыңдын алгач башталганыбы?.. Анда, тосмону тартын, топон сууну каптат, бу көрөкчө!» Бүт денеси титиреп, эчкирген. Сакалын жаш жуган.

Санаа жеген Калыгул минтип, Ормон төрүндө олтурат. Суроого жообу кыска. Қокон жайын иниси сураганда: «Хан ордосун жер жутсун! Алардан жакшылык үмтөтпө, күдөрүңдү үз»,— деп токтолду. Үшкүрүндү. Оромолу менен жүзүн сүрттү. Мандашын алмаштырды.

— Ормон! — деди аздан соң,— чачылган санааңды жыйнаштыр. Үркөрдөй элиң бирининн этегин бири кармасын. Башка таянаар тоо жок. Туш тарабың сенден бетер алсыз. Сенден бетер башаламан. Уксаң ушул. Башка берээр акыл менде жок! Туурам жоюлду. Текиреним токтоду. Қыргыз булак делинсе, Қудаяр өзөнү кайсы сууга куярына мээм жетпеди.

Чарчаган мергенчидей, Ормон көпкө үнсүз. Сол колу жаагын сүйөп, оң колу кара санын мыткыган. Барып унчукту:

— Боромбай... Кулдук айттырыптыр.

Қыраа карыя түшүндү.

— Ийе. Жакшы тукум, жакшы ишке жарайт. Қыз бала эзелтен эки элдин ынтымагына данакер болгон. Қабыл алгын. ...Эки уруу түбү бир атанын балдары болосуңар. Бирок мүнөзүңөр ар башка. Алар кара мүртөз. Айтканга оной менен көнбөйт. Силер куйма курсак, жоон камчысыңар. Ичсеңер, тойдум дебейсиңер. Берсе алдым дебейсиңер. Соргогуңар көп, топуктуучар аз.

Ормон чыдабай, тырчып кылчайды:

— Өзүңүз кайсы тукумдан болду экенсиз?!

— Мен энеми тартып, «калыс аралда» олтурам,— деп күрсүндү карыя. —Эне колунан калыстык менен мээрмандык гана келет. Ошондуктан, касиетиңен айланайын, эне! Касиетиңден айланайын, жер эне делинет! Эне, көбүргөн ак сүтүн эмизет. Жатык кыял күттүрөт.

Жер эне курсак тойгузат. Тирдентет. Жалпы адам пендесин ала көрбөй багат.

* * *

Турмушта кытмырлар өзүнөн жогору турган адамга ар кандай жол менен кошомат кылып, ошону менен талабыма жетемин деген далалатын жасайт. Турмушта, мажүрөө айыл башчылары өзүнөн күчтүү экинчи айыл башкаруучуну паралап, сыйлап, жасалма жүгүнүп, кысталыш иштерде өзүн колдотуп, үчүнчү бир айыл башкаруучуга үстөм сүйлөөгө, ага кыр көрсөтүү далалатына жетмекчи. Мындай амалкөйлүк, мүмкүн, убактылуу болсо да иш жүзүнө ашаар. Бирок... бирок турмуш дегениң өтө татаал. Турмуш дегениң чоң иш. Ал убактылуу чайпалган менен өзүнүн түпкү табигый чындыгынан аша албайт. Айланып олтуруп, жүрүп олтуруп, чындык негизине токтойт. Анан ошондойчо оруйдалмакчы болгон чындыкка алымчанын да, кошумчанын да кереги жок болот.

Ормон да мурда Көл башындагы элди жонунан башкарса эми, ал элди башкарган Боромбай өзүнүн кызын алып куда болду. Мындан ары ал эл, «уучтасам уучумда» жазсам алаканымда болот» деген ойго келди. Бирок дале турмуш келечеги өзүнө кандай түрлүү эпчи даярдап атканы үч уктаса түшүнө кирбеди.

...Эл кыштоо-кыштоолоруна жайланып калган маал. Ормондун үйүнө кудасы Боромбай жоон топ адамдары менен меймандап келип түштү. Жаңы мал союлуп, согум этинен зор казанга салынып, алар сыйга карк. Кыш айы, кыргыздар үчүн «ордо» оюнунун учуру. Атайы келген меймандар көңүл ачып кетмекчи. Жаатка бөлүнүп, ордо атышууну чечти. Миң ашуун кой жаткан таш короо. Үстүңкү жагы кыгы шыпырылып, жумшак көң үстү мелтиреп, түз. Ошол тастайган түзгө короонун бир четинен ортого чейин чокойчон неме жыйырма беш таман өлчөдү. Токтогон жерге узун жип керилди. Жиптин бир учун тиги кармап, басып, жиптин экинчи учунда байланган шиш менен берки киши тептегерек айлана чийди. Демек, экинчи тарабы жыйырма беш — элүү таман ордо курулду. Чок ортосу согончок менен ыйкалып, оюлду. Оюлган жер «борбор» аталат. Далынын тунугунан бычак менен жонуп, чыпалак тырмагынын агынчалык тегерек кагаздай жука сөөк оюлгандын ортосуна таштапыш, ордо «ханы» делинет.

Жыйырма эки кишиден эки жаат болуп, кырк төрт киши атышмакчы. Бир тараптын башчысы Ормон, экинчи тарапта Боромбай. Ар кишиге бирдин үчү чүкө бө-

лүнөт. «Бирдин үчү» беш чүкөдөн турат. Демек, кырк үч киши үчүн эки жүз он беш чүкө жана кырк төртүнчүгө үч чүкө кошуп хан акыркы үчү делинет. Борборго эки жүз он сегиз өңчөй ак чүкө тизилип, сары кык үстүндө табак ичиндеги айранга окшошту. Бир карыш, төрт эли болуп ченелип, «чен чий» таштады. Кулжанын мүйүзүнөн, тоо текенин мүйүзүнөн чабылган абалактан экөө, өгүздүн томпоюнан экөө таштады ортого. Ким томпойго көнгөн? Каалаганы менен атсын, каалаганы менен чертсин деп, алды менен чечип алышты.

Киши башына үчтөн оюн, жыйырма эки кишиге алтымыш алты оюн. Оюн башталганда, эки тараптан эки дайекчи чыгып, бирөө алтымыш алты корголду топусуна салып олтурат. Адамдар атып, абалагы кур кеткен сайын, бирден корголду беркиге өткөрүп турат. Коргол бүткөндө оюн бүтөт. Кезек экинчи тарапка өтөт. Чүкө бүт алынып, «хан» ордунда калса «хан» чертмейгө өтүшөт. Бир тарап чүкөнү бүт алып, экинчи тарап «ханды» жалгыз чертип алышса, чүкө албаган тарап өздөрүнүн жыйырма экисине өлчөп, чүкөнүн жарымын гана борборго салат. «Хан» чыгарган тарап топту биринчи атмай укугун алып, бирок ар бири бирден гана атат. Бул «хан куку» деп аталат. Ордонун кызыгы, чыры, ызасы ошондо байкалат. Анткени, абалакты «куку» киши кармаганда беркилерден экөө жанына жетип, чийимди так бастырып, жулкулдатып, баш кийимин жулуп, бет алдына булгалап, «куку-куку» деп кыйкырат. Атуусуна тоскоол болуп, ызалайт. Көрүүчүлөр каткырып күлүшөт.

Чүкө чыгып, абалак же томпой чийим ичиндеги чүкөлөрдүн бирине чукул жатып калса, чен чийин салынат. Жетсе ал адам олтуруп чертет. Жетпеген болсо кайра алып атат. Чүкө чыгарып кеткен үчүн ага кыйкырышпайт.

Кээде чыккан чүкө тоскоолго тийип, кайра ыргып чийим ичине түшөт. Ал чүкөнү ойноп аткан тараптын адамы чийим сыртында туруп ичтен алса, оюн жыдыйт. Ичтен туруп сырттан алса да, жыдыйт. Чыккан чүкө жыйноочуга тийип, кайра ичке түшсө да жыдыйт. Шериги чертип атканда, чийимди басып алса, байкоостон буюмун түшүрүп жиберсе да жыдыйт. Ордо оюну сактыкты, чеберчиликти талап кылат. Жыдытыш үчүн эки тарап тең бири-бирине айыгышып, кыймылга көз салып турушат.

Ортодогу экинчи кысталын «терге» делинет. Чийимдин бир чети, сөзсүз короодогу таш түбүнөн өтөт. Борбордогу чүкөгө абалак жаздым тийип, чүкө удургуган-дан баштап, бардык оюнчу таманын ташка тирсп, ошо «тергеден» атышат. Качан чүкөлөр чачылып, борбордон оолактамайын, ар ким каалаган туштан атууга укуксуз.

Ордо өткөн короонун айланасы толгон эл. Балабакыра. Оюн башталаарда эки тарап бирден сол чүкө алып чыгып, калыс адамдын алаканына салат, ал адам асмандата ортого ыргытат. Муну «ат калчоо» дейт. Аты конгон тарап, ордону биринчи атууга укук алат.

Эки тараптын башчылары макулдашып, ар уттушка тогуз жылкыдан байге сайылды. «Ат калчоо» калыстыгына Калыгул көрсөтүлдү. Баятан короо сыртында, эл арасында тынч турган карыя, негедир, кабак бүрьөнү Боромбай менен Ормондун оюнга өздөрүнүн аралашканынан күмөн санап, жактырбаганы. Оюн деген-дин аты «оюн» болгон менен, башталып кеткенде улуу-кичүүгө, даража-дарманына карабайт. Байгени утуп үчүн, намысты кетирбеш үчүн жакалашууга, жаман сөз айтышууга, кызыл чеке болуп жанжалдашууга алып барат. Ушундан, нааразылана, ынак адамдар сууй-селди болуп калышы мүмкүн.

— Калчап берейин,— деди Калыгул эки чүкөнү ак манжасына айкаш кондура колун короонун ортосун карай сунуп,— чырдашпай ойногула.

— Алда, абамдын сактыгы ай! — деп жеңил кемселин кемер менен курчанган Ормон күлдү. — Чырды байлап коюппу?

— Болуптур. — Калыгул кош чүкөнү тепе-тең жогору ыргытты. Үчүнчү калчоодо Ормон тараптын «аты» конду. Оюн кызыл күүгүмгө созулду. Жайыттан келип, бүл короого кирчү койлор сыртта. Чүкө көрүнбөй барат. Айгышкан оюнчулар тамакка карашпады. Оюнга кызыккан эл да тарабады. Балдар кек муштум болуп үшүгөнүнө кайыл. Ызы-чуу түшө кыйкырып, жүгүрүп, чыккан чүкөлөрдү, черткенде короодон ашкан чүкөлөрдү жыйнап, ээлерине берет.

Бул күнү Ормон тарап үч чыкты. Ар чыккан сайын меймандарынын аттарынан тогузду жетелетип келип, арканга тиздирди. Тамаша аралаш үнү бак-бак:

— Аге! «Азамат эрдин алдынан, ажалдуу кийик жолугат». Өздөрү келип ойногон немелер, жөө кетсин!

Мындайга Каптал жата калбайбы. Чу дегенде эле Боромбай минген аттан баштап, жыйырма жетинн өткөрбөй ацкайтып, аса байлаган.

Үч алдырганга Боромбай тарап катуу намыстанды. Бир жигитин түн катыра айылына чаптырды:

— Уттуруп коюп, соксоюп кетмек белек. Балбай элүү жылкы айдап, чертмекчи Чыйбылды жанына алып, эртең мында болсун.

— Чыр эмес ойнуңардын артын да көрөөрмүн! — деди Калыгул.

Боромбай буйругу аткарылды. Үчүнчү күнү башталган оюнда ал тарап уттургандарын кайрып алышты. Төртүнчү күнү Ормондорду экн утту. Чүкөгө жантыгынан жата калчу Чыйбыл кадамак кадап да түшөт, нчке. Тоорумак торуп да түшөт, нчке. Атып да түшөт, нчке. Черткен чүкөсү зын этип, короонун сыртына ыргыйт. Боромбайлар үчүнчү жолу кайра салып бергенде, топ жацы бузулуп, четки ак чүкө келди да, таа конду. Намыстанган Алыбек кулжа абалакка бармак-сөөмөйүн батыра кармап, кадады. Чүкөсү тыз ыргып, абалак борборго кол менен койгондой уюду. Билекти шымалана түрүнгөн ал, жай мелтиреп келип олтурду. Ормон удургуп, бетин кан тээп сүйүндү.

— Чертчү болсоң, черт эми! Бокемдер тирүү койдун чүкөсүнө зар болсун. Тастайт борборду.

Алыбек айткандай эле чертти. Кээ чүкөлөрдү тобу менен чертип, кээ чүкөлөрдү кошоктой жарыштыра чертти. Бирде топ чүкөнүн жанына олтуруп, абалакты бир кармаган боюнча, он-он бешке сабап чертти. Чүкөлөр ташка тийип чырылдап, урчуктары ыргыйт. Короодон ашып, дынылдайт. Чүкөнүн жарымынан оодарып салган. Балбай чийим ичинде Алыбектин ар кыймылын байкап, жаак эти түйүлө калып, басып турат. ...Ал бир учур Алыбекти коноктоп олтуруп, «достошолу» деп өтүнгөн. Жакшы ат мингизип узаткан. «Ошол достугун унуттубу?» — деп карышкырдай көзүн тикирейтип, Алыбекке кадайт. Ал чертүү кызыгына баткан, баамдабайт. Абалагын топ чүкөнү карай тартып туруп, олтураарында Балбайдын көзүнө көзү уруна түштү. Балбай оюндан «жыды» дегенди туйгуза, сол көзүн кысты. Бул ымдашууну Каптал сезди. Жана беш чүкө чыгарбай туруп, Алыбек абалагы жаза мушталып жыдыганда, Ормон өзү да шектенип калды:

— Карабаскыр! Эмне болду саа?

Чертмекчи күлгөн болуп, ордунан турду:

— Карабаспай эле... Колум тердеп кеткен тура. Жылмышып кетпедиби, абалак.

Иш ушинтип чукулунан бузулду. Салып берген оюнду Ормондор жандыра албай, уттуруп коюшту. Кайра башталганда ханды чертип алышып, баары бирден «хан куку» атмай болушту. Алгачкы өнөктүн абалагы тизилген чүкөнүн четин удургутуп, калгандары «тергеге» жетеленип, кыйкырык-чуу менен шылдың болуп, ата башташтты. Кызуу менен абалакты ала койгон Ормон өзү да «тергеге» барды. Ага Балбай учуп жетти. Аял-буялга келбей, Ормондун башынан жашыл тыш суусар тебетейди жулуп алды да, бет алдына булгап:

— Кукуу-Кукуу! — деп дарылдашты салды, Ормон элебеди.

— Кантет, кудай урган. Көз алдымды тоспочу. Чүкөнү көрүп атамбы, же?..— деди.

— Көрбөй калганыңыз керек да! Ха-ха-ха. Кукуу! Кукуу!

Иштн Укен бузду. Ал кайда карап турду эле? Уттурган эри үчүн намыс жанына батып, чыдамы кетип, кайда жүрдү эле? Шамалдай жетип, Ормон жанына даяр болду да Балбайдын колунан тебетейди жулуп алды:

— Адепсиз, кайни! «Ханды» атканы жаткан ханды баш кийимин албайт! Бу кайсы жосунун?!

Балбай кийиндей берди. Укен колундагы тебетейди силкип-силкип туруп, эрине кийгизди. Тиги, четте өзүнөн көзү өтүп, таштай катып калган Алыбекти көрдү. Калыгул ордунан чапчаң туруп, этегин кагынып калган эле. Катуу унчукту:

— Ордонордун, ойрону чыкты!

Ормон колундагы абалакты таштады. Ыраазы болдубу, же алда неме оюна түштүбү, Укенге муңайып карады:

— Бекер кийлигиштиң. Оюн деген оюн болот. Бекер кийлигиштиң...

— Соксойтуп?! Сени жыланбаштап ойношобу, баатыр? Сый-урмат оюнда да керек! Сый-урмат чектелбейт.

— Ата көрүү... Даанышгын кызы...— деди Ормон.

Укенге көзү түшкөн Алыбек дале таштай катқан.

Ысык башталган оюн муздак аяктады. Кубанычтуу башталган оюн, кейиштүү аяктады. Көл башылыктар «оюнда, ыйлашмай жок» деген шылтоо менен уткан жылкыларын түгөл айдап кетишти. Кабагына кар жааган Ормон кышты түнөрүп, ачуулуу өткөрдү. Жүрөгүн-

дө купуя сыр. Ал сырын башкага эмес, өзүнө айткандан тартынат. Кыялы удургуп, көңүлүн алаксытып, унутуугa, жаңыртып ойлонбой коюуга аракеттенет. Анысы Алыбектин ордодо кетирген осолдугу болучу.

Жаз. Төл аяктап, мал көккө чың тоюнуп калган. Дөбөдө Ормон. Жанында Калыгул менен Алыбек. Алдыларында ууз кымыз. Суу чалмаланып, букалар жинденген учур. Суунун аркы өйүзүндө Калыгулдун айылы. Кулундар желээге тизилип, жайылган уйлар. Уйлар четиндеги күрөң бука жер челип, чым чапчып, жонуна топурак ыргытты. Бери бурулуп жер сууну буза өкүрүп-өкүрүп алды да, басты. Бул Калыгулдун букасы. Мынги. Көчкөндө жүк жүктөлөт. Мурдун чүлүк жырган, кулач жеткис шаа мүйүз.

Дөбөнүн далдоосунан экинчи буканын үнү чыкты. Ал да өкүрүп-өкүрүп алып, анан арстанча күрүлдөп калды. Көрүндү. Ормондун көк букасы экен. Бул да шаа мүйүз, улоо. Эки бука бирин-бири көздөй жылып жөнөдү. Өйүз-бүйүз бетме-бет келишти. Жар челип, чапчып, топурак ыргытып, маташты. Дөбөдөгүлөр назар буруп, карашты. Алыбек күлүп койду.

— Ушул экөө соо болбогон турушат.

Ормон да күлдү:

— Беттешсе, мурду жырыкты Көк талкалайт.

Калыгул кошумчалады:

— Сенин букандын бүтүн мурдун өзүнө тең албай атканын ким билди!

Ээсинин сөзүн угуп калгансып, күрөң бука киргил сууга кирди. Суу жонун жаба берип, бука агын жака жайтайып, мурдун жыйрып, кечип чыкты. Жээкте көк бука токтоду. Бир азга көздөрү чакчайып, тооруша калышты да, карсылдашып, челишүүгө өттү.

— Мына тамаша! Мына тамаша! — Ит талашканга, айгыр алышканга, бука челишкенге бала күнүнөн ышкылуу Алыбек чөк түшө тынчсызданат. Беркилер да имерилишти. Букалар сүзүшүп, чым эшилип, жээк карарды. Ансайын айыгышып, өчөшүшүп кармашты. Шилекейлери көбүктөнө самсаалап, баштарын тартып ажыратышат да кайра келишет. Бири өйдө, бири төмөн сүрөт. Көпкө кармашты. Көргөндөр эки бука кармашынын кызыгына батат. Акыры, күрөң бука качыңкырагандай.

— Ики,— дейт Ормон,— өзү келип тийишти, калган мурдун таза жыр, Көк!

Каптал да келди булардын жанына. Күрөң бука башын тартып кийиндеп, өйдөлөп, оттоп калды.

— Қап, качмай болду ээ! Қызыгына батпай калабызбы? — Алыбек атайы турду,— абамы уят кылабы бу,— деп карс-карс күлдү. Капталдап букаларды карай жөнөдү да. — Қайра беттештирейин деп дөбө ылдый ыкчамдап түшүп кетти.

Жылмайган Ормон «ошентсин» деп ойлоду. Қаптал туруп, күлө бага карайт. Алыбек кетип бараткан күрөңдү кайра айдап, бир азга далдоого жоголду. Ал жөн көрүнбөй калган жок. Үйрөткү күрөңдү кырман алып, белиндеги нар кескисин алды да, экн мүйүздүн учун шылый кесип, учтады. Қайра көрүнөөгө айдап, көк букага беттештирди.

— Абамын букасы эстүү эмеспи, аяп аткан тура. Көрүп алгыла! — деп бакылдады. Өзү чыгып келди. Эки бука кайра челишип, сүрүшүп, катуу кармашка өттү. Чыны, Алыбек сүзүштүрүп, тамашага батууда болчу шоктуу неме. Иш андай болгон жок. Көк бука имериле берээрде күрөң капталга челип, шиитей учтуу мүйүзү көк буканын капталына бата түштү. Көк «өкк» этип алды. Күрөң мүйүзүн тартып, жана челди. Жараттан кан жая берди. Ормон чыдабай:

— Бул эмне кордугу? Жет, Қаптал! Муузда тигишип! Бас жөнө. Муузда, турган жеринде, жырык мурунду!

Калыгул да ачууланды. Ормонду какты:

— Айбан малга киришкен, жаман! Анын эмесине жер сабагыдайсың? Мурдуна жеткирбей капталын жарып таштады го!

— Көк бука жөн эмес, ал меники.

— Ии, сенин буканы менин букам жарып салды. Алсызды алдуу ошентет.

— Оозунду бас! — деди, ачууга жендирген Ормон абасына биринчи жолу орой сүйлөп.

— Сен бас оозунду, каары! — деди абасы.

— Оозунду бас! — деди инисн экинчи жолу. Өмүрүндө эч кимден каккы укпаган Қалыгул карыя силкинне туруп жөнөдү. Оюндан от чыгарып алган Алыбек экөөнө алма-терме карап, шаштысы кетти. Ормондун буйругун аткарууга Қаптал жакындаганда, бычак көрүп калган күрөң бука жылып сууга кирди. Суу жонун жаба берип, агынга жантайып, мурдун чүйрүп, эч немеден кабарсыз сүзүп барат Қалыгулдун үйрөткү күрөң букасы.

Қалыгул ошондон конушун Ормон айылынан улам алыстатып, акыры Көл башындагы туугандарына биро-

төлө көчүп кетти. Акылдашып олтурар адамынын бул жоруту Ормондун жанын кашайтты. Күчкө салып, кайра элдеше албай атканында, Көкөн кандыгына нааразы болгон түштүктөгү туугандардын, өзгөчө кыпчак урууларынын Кетмен-Төбөгө, Жумгал, Чүй, Кемин элдерине ондон, жыйырмадан түтүн болуп келе баштаганы угулду. Көзгө басаар адамы Мусулманкулдан баштап, жыйырма миң кыпчакты мууздатып салган Көкөн ханы кыргыздардан кол жуун бараткан абалынан чочулады. Иле боюна Тойчубек чебин курду. Чептеги куралдуу сарбаздардын айдыңы Тойчубек чеби аркылуу казактын улуу жүзү менен түндүк кыргыздарды өз амирине тартмакчы. Эл төбөлдөрүн колго алып, калктан алык-салыгын алып турмакчы. Ушул амал менен Жангарачка күмүш жабдык токулган аргымак, Ормонго алтын жабдыктуу аргымак тартууга берсе да алардын ичи жылыган жок. «Чычкан нйнинне батпай атып, куйругуна калбыр байланат»,— деп күнкүлдөду да, келгендерди тыңч, жоопсуз узатты. Алар Ормонго ыраазы болушпаса да, жөнөөрдө жүгүнүп, колдорун бооруна алып, жылмая коштошуп аттанышып, шоңшоюп жолго түштү. Ормон дити, эми чындап казак журтчулугу менен коюн-колтук алышууга өттү. Бул иштн кандайча чечет? Кандайча баштайт?..

Кнпин чаптырып Алыбекти алдырмакчы. Бул сырды Каптал түйду. Алыбектен көпи жандыра албай жүргөн ал, жылпылдап, деп калды:

— Баатыр! Жакшылыгына да, жамандыгына да Алыбекти шериктеш кылгың келет. Ал болсо...

— Ал эмне кылыптыр, мага?

— «Баш кесмек бар, тил кесмек жок». Кезн келгенде айтып калайын. Көп эле кылды сага, мен билгенден!

Айыгып кетээр жараны кайра тырман, ырбаткан сымал, жүрөгүндөгү түпөйүл сырга тийип алганын сезип турса да, Ормон анкоо кейнптенип, өкүм унчукту.

— Оо, онбогон Каптал! Жашырбай айтчы, билгенинц болсо?

— Балбайдын көз ымдоосу менен чертип аткан ордодон жанылып... намысынды кетирди, бир.

— Эмне болот экен антсе? Көп болсо жылкы уттургандырмын!

— Кыдыралекпсаламдай болгон аган Калыгул көчүп олтурат оолактап.

— Ба! Ага Алыбектин кандай тнешеси бар?!

— Дөбөнүн алдына түшүп барганда, күрөң бука-

нын мүйүзүн учтап койгон. Ал Көктүн кардын эше сүздү. Ага-ини нааразы болдунар.

— Ыя?!

— Учтап койгон. Жара сүздү. Көк буканын кардын.

— Дагы эмне демекчисиң, Алыбек үчүн?

— Касиет кээде адамдын башын ээрчийт. Кээде жакшы буюмда болот. Ата-Бабадан калган мүлк болчу. Берген баранынды кайра алгын. Баранынды ээси чоң атаң Эсенгулдун арбагы Алыбек айылында жүрөт. Балдайдын дос болуп, ат мингизип, имерилип жүргөнү бекеринен эмес, Алыбекке.

Ормон кара санын мыткып, чоң көзү балбылдап, Капталды арбады. Ал жалтанып, жер карады. Салаңдаган башын көтөрүп чыйралып, Ормонго дит бурду:

— Өзүнө, чын сырымды айткан үчүн күнөөлүүмүнбү, баатыр?

— Чакыр Шаменди!

— Куп таксыр! — деп арты менен чыкты эшиктен. Шамен келди. Ормон буйрук берди!

— Алыбек келсин. Баранды ала келсин. Мергенчилейбиз.

Шоктоном деп, ишти ырбатып алган Алыбек Каалыгулдун көчүп кетишине уят болуп жүргөн. Эртеси баранды асынып, Ормонго келди. Дөбөдө чогуу. Ормон жайдары. Көңүлүндө өзүн айыпкер сезген Алыбек эч теме ойлонгон жок.

— Барандын огу алыс тийет. Түз дейбиз,— деди Ормон. — Түздүгүн көрсөтчү азыр?

— Түздүгү түз эле. Бута койдурунуз?

Тээ, төмөндө чий аралап төөчөн киши баратат. Чийдин узундугунан төөнүн капталдан жогоркусу, эки өркөчтүн ортосундагы олтурган адамдын далысы, дампайган кара тебетей көрүнөт.

— Ат тетигини,— деди Ормон,— өлсө кунун өзүм төлөйм.

— Болбойт го? Бута эле койдурбайсыңбы?

— Ата бер. Кунун мен төлөйм!

— Түз тийээрине ишенбей турасыңбы? ...Тиктеп тургун. — Алыбек барандын мүйүз шыйрагын сайып, дүрмөттөдү. Сынар тизелеп, мелтиреп, кароолду алды. Бейкапар адам каалгып баскан төө үстүнө далы салып, жылып барат. Ма, баран оозунан түтүн бурк этип, дүңгүрөп жер көчтү. Киши далп этти. Маңыроо, айбандын жоошу төө кылчайды. Эч нерсе сезбей чий башын бурдап чалып, оттоп калды.

— Киши тирүү,— деди Алыбек,— Тебетейинин кайрыгына аттым. Октун үнүнөн кулагы тунуп, чочуп жыгылды.

Чын эле, аздан соң адам кайра турду. Тебетейин алып, кармалап, эмне болгонго акылы жетпей эки жагын карады. Куулук-шумдуктан алыс, момун жолоочу төөсүн чөгөрүп, кайра минди. Сапарын улады.

— Атты минип, чап! — деди Ормон мышыкча кытмыр карап олтурган Капталга,— барып тебетейди алып кел. Алыбектин жалган, чынын билели.

Жайдак кара атка минип чапкан Каптал төө үстүндөгү момундун тебетейин сураксыз жулуп алып, жетип келди. Тебетейди Ормонго ыргытты. Ал кармалап, ормоюп күлдү:

— Чын эле, ой! — Көрпөсү жулунуп, жүнү булая түшүптүр.

Мээлегенине дал тийгенге Алыбек да кубанды:

— Баатыр! Калп айтып жалкыткан жок элем го? — деди.

Ормон баранды колуна алып, кармалап, шыкаалап атып Алыбекке карады:

— Кундагын аябай эскиртипсин. Таштап кетчи, жаңы кундактайын.

Заматта Алыбектин өңү өзгөрдү. Жүзүн кан тээп, таноосу кыпчыла кумсарды. Бир нерсени баамдап, аялбуялга келбей, Ормондун колунан баранды жулуп алды. Тартынбас курч мүнөздүү неменин оозунан чогоол сөз чыкты:

— Ант ургур!.. Жаман нээтте чакырткансың го? ...Укпимди, кыз кези менен колума сал да, муну алгын! Болбосо турмуктун түбү да жок! — Жулунган боюнча токулуу атына жетип, шарт аттанды. Мылтыкты алып калууга Каптал тап койгондо, асынган баранды жонунан чапчаң жулуп, белдеги киседен дүрмөт алып сайга урду да:

— Былжырабай, жогол! Экөөндү тең атып таштайм! —Кыжаалы келген ага эч ким дааган жок. Ал атына камчы басып, жолго түштү. Ызгыткан бойдон кетти.

Ата менен таарынышып бөлүнүшүү, же ага менен таарынышып бөлүнүшүү качандыр бир жакшылык, бир жамандыкта табышаар. Санаасы бирге достон ажыраш өтө опурталдуу. Ал кырсык карты сыйрылган жарадай жалантыктанып, жанга ачуу батат. Себилген дарыны да көтөрө албай, тартылган танууну жолоттурбай, сил-

кинтет. Алыбектин жоругу Ормондун жүрөгүн ошо карты сыйрылган жарааттай ачыштырды. Экинчи күнү Алыбек айылынын көчүп атканын укту. Чийкил буурулду минтип, Шаменди ээрчитип, Ормон чапты.

...Күн жалган түш. Көл жээктеп кеткен жолдо чубаган көч небак узаптыр. Алыстан турнабай салып таанып, буларды тостубу, же инети чындап карардыбы, жоон топ куралчан жигиттер менен Алыбек бери, середе турат. Сакалы көкүрөгүн жаап, этек-жени кеткен Ормон ат күүсүн токтотпой бастыра берди. Бута атып калганда Алыбек бак этип эскертти:

— Тарт тизгининди!

Бастыра берип, Ормон өтүндү:

— Сен кайры, көчтү.

— Кайрыбайм.

Алыбек сундурган баран оозунан түтүн булап, ок жанына түшүп, чаң чыкты.

— Жанынан үмүтөтсөң, кайра тарт? — деп кыйкырды Алыбек. Ок сүрү кыйын. Тигил ачуулуу. Ормон кыйкырды:

— Бир сапаркы ачууну бергин? Кайрылгын?!

— Жанбайм! — Алар артка чаң таштап, көч артынан чабышты.

Ормон кийин элдешүүгө элчи жиберди. Натыйжа чыккан жок. Көл башындагы мыктыларга «Алыбекти чыгарып беришсин!» — деп күч салды.

— Караган-бутага чымчык деле корголойт. Биз караган-бутача жокпузбу?! — дешип алар аткарбай коюшту. Ошол тушта Качыкенин ашы өттү. Көңүлү чөгүнкү, санаалуу Ормон катышпайт. Ормон барат деген ой менен, Алыбек да ашка келбей калганы ошол себептен.

Окуянын чындыгына көзү жеткен Ормон Капталдын эмне себеп менен Алыбектин айыбын айтканын чукулабады. Жанынан оолактатып, мал баккан тарапка чыгарды. Эмки кенешчиси Шамен. Түнөрүп олтурса, үстүнө Шамен кирди:

— Баатыр! Жумгалдан эки адам келди. Өтүнүчтөрү бар экен.

— Кирсин.

Шайдоот эки жигит босогодон аттап, колдорун көкүрөккө алып, таазим этип, жарыша салам айтышты. Алик алынган соң бири:

— Түшундагы кудан, Качыке айлыпанбыз. «...Калынсыз кыз алганы, баасыз күлүк уурдаганы барган» бирөө колго түштү. Ачуу менен айыбына кулагы кесил-

ди. Бирок жаны тирүү. Калган күнөөсүн сизди териштирсин деп алдыңарга алып келдик.

— Кайда ал неме?

— Сыртта.

— Ким экен?

Жүз, көрк кеткен, кара сур Балбай көзү тунуп, Ормон мандайында. Ормон обдулду. Каткан кан тактары жуулбаган аны тааныды. Сакал-мурут бириндеп, дел болду. «Саяктардан кулак кунун эки эсе алып берет»,— деген ойдогу Балбай тигилет. Ормон:

— Эки кулак элең го башта? Шойкомунан... Жүрүшүнөн жалгыз кулакка таянып, кара чунак болдуңбу ыя?! — деди, кекээр үн менен.

Балбайда үн ж к. Тиктеп, бара-бара тунган көзү тирилип, от жанды:

— Кандай айтсаң, баары туура, баатыр!

— Баатырдан кет! Жакшың ким, башчың ким, билбейсиң. Адебиңен ашынып, ары урунуп, бери урунуп жүрүп, акыры көрөөрүң ушул экен го?!

— «Жакшым сен болсоң» — деп айтмак Балбай, айте алган жок.

— Тагдырым экинчи жолу өз колуна түштү,— деди баягыда кун төлөгөнүн эскерип,— өзүңүз чеч. Өзүң бүткөр. Ат үстүнөн эңилип калып, сүйрөлүп калып, актана албайм. Тарт ар айыбымды, тартам. «...Аттиң! Деген ме жеткей, арманда өлдүм!» — деп ичинен эңилип, көгдөп кетти. Ормон Шаменге бурулду:

— Кулагы кесилген кара чунактын,— деди буркулдап,— бутуна кишен салдырып, четки үйгө камат. Саксак койдур.

Балбайды алып Шамен чыгып кеткенде, беркилерге айтты: Сыйлап колума бергениңер үчүн ыраазымын. Эралыга салам айткыла.

— Куп болот, баатыр!

— Айтабыз, баатыр!

Азуусуна чарым илинбей аткан Ормон Балбайды ар түркүн ызалоого, өмүрүн коркунучта калтырууга дит бурду. Буйругу боюнча бир аксак теке союлду. Эт чала бышырылып тартылды. Булоолонгон үймө табак эт босогодон көрүнгөндө эле конурсук жыт кацылжаарын өрдөп, Балбай түшүндү. Бирок алсыздык эмне дедирбейт да, ачкалык эмне жедирбейт?! Ачыгып калган неме сасыганына караган жок. Алдыга коюлаар замат умтулуп, каржиликти алды. Булчуң эттен тиштеп жулуп, күрс чайнады. Күрмөп жутту. Бул жорукту эт кө-

төрүп кирген Шамен байкап турат. Жана алды менен каржиликти бекерге албаганын да сезип турат. Каржилик деген — каржилик! Он эки мүчөнүн ичинен күч берчү жерде болот. Мал көчүгү уча, жамбаш, кашка жилик, шыйрактан түзүлүп, арка, моюн аркылуу баш туташат. Көкүрөктү далы, күң жилик, кар жилик, шыйрак көтөрөт. Арткылар сан делинип, алдыңкы кол аталат. Сан-кол кыймылынын буйругун аткарат. Колго таканчык, жардамчы келет. Колду түзгөн мүчөлөр ичинде күч кар жиликке таандык. Ошол үчүн, башкалардан ичти көздөй ийилибирээк жана өтө ийилип кетпөөсүн токтоткон экинчи сөөкчө тиреп, катталып турат. Муну «укурук» дешип коёт. Аялдар тергеп, «укуруктуу жилик» деп аташат. Эркектер аны каснеттүү көрүшөт. Колуна тийсе таза мүлжүп, укургун эч ажыратпайт. Түнкүсүн чакканга тыюу салынат. Каржилик тууралу мындай деген уламыш бар: Мыкты ат минген жигит чоң базардан чыккан имиш. Куржунунда баалуу буюм, чөнтөгүндө алтын акчалар. Жигитти үч ууру байкайт. Аттанып, артынан түшөт. Тээ, көп алыс узатышып, ай тийгенде жете келишсе, жалгыз жигиттин тегерегинде тогуз жигит, өзү менен он. Үчөө батынып кол салышпай, акмалап жүрүп олтурушат. Алдыдан айыл карааны көрүнөт. Алиги жигит Сөөк чагып, чучук сорот. Үч ууру жете келишсе, жанында жолдоштору жок, жигит жалгыз, өзүн өлтүрүп, ат дүйнөсүн алып жолго түшүшөт. Көрсө, жигиттин атасы баласынын жол азыгына эт бышырып берет да, айтат: «Мобуларды барып-келгиче жегин. Бирок төрүнө олтурмайынча жиликке тийбегин. Ал, алыс жолдо адамга айбат» — дейт. Жигит ата сөзүн аткарып келатып, айыл карааны көрүнгөндө: «Эми мени ким эмне кылаар дейсиң!» — деп этин жеп, сөөгүн чагат. Баягы жанында келаткан тогуз караан жоголот, ууралар кол салат. Көрсө тогуз караан кар жиликтеги касиет болгон экен.

Кыргыз саяпкерлери жоргону, чыгаан күлүктү сынап, анан каржилигин кармалашат. Жактырышса: «Булчуң эти кара аяктай болуп түйүлүп... Кеп каржилигинде жатат!» — деп кобурашат.

Адегенде каржиликтен баштаган Балбай табакка үймөлөнгөн этти заматта эңшере жеп жиберди. Шамен чоң аяк сорпону сунду:

— Чыгын да ичээрсиң?

— Этин жеген, сорпосун калтырамбы?!

Окуя төгүлүп-чачылбай Ормонго айтылды. «Кар-

жаликтен баштаганы — каршылыгын калтырбаганы. Кесек келсе: «Сени ушу каржиликтей мүлжүймүн!» — деп жүрөктө өчү кайнаганы, деп болжогон Ормон эми ичин алаар тамак бердирип, апжип кылып арыктатып өлтүрүүнү тапшырды. Бирок Балбайды да аяр тууган-дары, эрдигине баш калкалаган айыл бар эмеспи. Ара-дан жума өтпөй, Боромбай баш боло, бир тобу ат жетелеп, Балбайдын башын сурап Ормон айылына ке-лишти. Каарына алып, кимди мыжыгаарын билбей, кү-рүлдөп аткан Ормонду бакыртып, ишти бузуп алышпас үчүн арага киши салышты. Элчиликке түшкөн Ботокан аттуу малдуу адам. Ал өз тиричилиги менен алышып, онго да, солго да кошулбаган. Жандыгынан кош мүйүз-дүүлөр, кош буттуулар туулчу. Бээлеринин желининен мала кызыл кан чыгат. Кымызы жакшы ачып, ичкенди тамшантат. Кызыгат. Муну, кунарлуу бээнин сүтүнөн деп айтышчу. Ботокан мал киндиктүү, кою козу сал-байт, бээси кулун салбайт дешип, ыландаган малдарын Ботоканга көрсөтүп, көчкөн журтуна мал түнөтүп, сыйынып турган. Кабагы саландап, кашы көзүнө түш-көн жоон Ботокан чыргай сүйрөгөндөй босого жөөлөп, Ормондун үстүнө кирди. Саламдашты. Жайы-кышы малынын камында болуп, «кош, өш, айт!» деп мал кай-тарып, сөзгө сөз жалгап сүйлөй албаган, кепке чоркок неме онтолоп-ынталап, Ормонго кайрылды:

— Анан... ошо... Көл башындагы туугандарың олту-рат. Балбайды алып кетсин. Багып эмне кыласың. Со-гумга союлбайт да! Берсенчи, аны.

Боромбай мытаамдын кылганы! — дейт Ормон ичи-нен. Бербей коюуга да болбойт. Жөн берүүгө да бол-бойт. Балбай керек болсо, маган Алыбек керек. Алы-бекти айылы менен көчүрүп келгиле десемби?.. Башка амалы түгөнүп, Балбайга айырбаштамакчы болуптур, деген кеп болбоймбу?.. Алыбек колунан чыкканда, мөг-дүрөп калыптыр! — дешпейби? Үч Нарын аймагын баш-карган эки уулум Үмөталы менен Чаргын турат...» Оову, улуу уулу Үмөталы өзүнүн көзү өтсө да «Бала-нчанын уулу», «Түкүнчөнүн тукуму» дедирип, ар кимди баш ийкетип макул кылчу түрү бар эмей эмне! Күчү бар эмей эмне! Ботом, ошол ордун басчу Үмөталысы Ак-Муз менен Ак-Моюндун талаасына таруу айдаткан экен кышында иччү бозого. Курбалдаштары күлүшүп: «Баатыр! Тарууну го эктирээрин эктирдиң кең талааны көшүлтө. Тигинде күрпүлдөп Ат-Башынын суусу агат. Жээги чытырман токой. Токой ичи толгон чымчыктын

уясы. Таранчы ойрондор бир жайда балапанын үч жолу чыгарат. Тумандап учуп алганда көптүгүнүн даары эле курусун. Өзөндөн суу ичкен, токойго конуп салкындаган алар тарууң баш алганда «орун» кетпесе болду! Башын «мүлжүп» сабагын соройтпосо болду?!» дешет. «Менин тарууумду жечү кайсы чымчыктын тукумдары болду?» — дейт тура Үмөталы кенебей мандайындагы күлгөндөргө. — Анын эсеби табылат. Тарууума кол салуучулар жөнүндө небак ойлоп койгом! Кайдан-жайдан издесенер дагы турумтай куштун уясын таккыла!» деп жигиттерине буйрук берген эмеспи, дегенин орундатчу жаш көсөлүп.

Анан эмне болот? Жигиттери Ак-Муздун башындагы Кыпданы карай кетчү жолго түшөт. Бөсөго жайлоосуна жетпей карагай арасынан бир эмес турумтайдын эки уясын табышат. Бутагына уя салынган карагайды жулгып албагыдай кылып таарынышат. Чылбыр бою алыстыкка чункур казышат. Улам бир чункурга уялуу карагайды орнотушат. Күндү кеч жылдырып, алып жүрүп олтурушат. Тарууу баш алгыча эки талаадагы таруулардын чок ортосуна уялуу карагайды жеткирип, орнотушкан.

Таранчы менен торгойдун жан алгычы турумтай эмеспи! Алар уяларынан адашпай жумурткалашкан. Жумурткаларын басып чыгарышкан. Балапандарына жем издешкен ургачы-эркеги болгон төрт турумтай эртеден кечке канат сабап, нары учуп, бери учканда чымчыктар бул аймактан качкан. Үмөталы айтканындай тарууcу коромжусуз бышкан. Орулуп кырманга жыйналган. Темпинге бастырылып, кызылы кырдай үйүлгөн. Кышы менен кызыл тарууну, кара тарууну шагынан ачытылган, сүзгөндө казганга үй тигип, бир чети жарылса, экинчи чети каканактаган, жутса куйкум жыты каңылжаарды жарган бозо ичип, алагүү болушкан. Ордо атып, упай ойногон бака-шака түшүшүп. Муну укпкан Ормон олтурган ордунан ыкшалып койгон эмеспи, «жарачу уул жашынан» деп.

* * *

Кеч күз болчу. Үмөталы бир топтор менен үйүнүн жанында турган. Шайтан сайгансып Кебек деген мергенчи өзүнчө эле алаканын чаап, танданып, тамшанып калбаспы:

— Төөтиги бүркүт, бүркүт эмес бекен ыя?!

— Кайктан көрүп атасың?

— Тигине! — дейт Кебек, мандайкы тоо тарапка кол жандап. — Катуу сызбай канатын тез-тез серпкенине карагында, ток неме. Жемсөөсүн көтөрө албай баратат. Чукулдагы соколоктордун бирине конот. Ошондо түшөйт.

— Жакшы бүркүт экенин кайдан билдиң? — деп калат Үмөталы.

— Эй, баатыр, Ак-Сай, Арпа тоолорунда жаман бүркүт жүрчү беле? Жалаң карышкыр тепчү, теке менен кулжа алчу кыраандары калат. Жамандары коён издеп, кекилик-чил издеп, кокту-колот менен түзөңгө кетет.

— А, чукулга түшөөрүн кайдан билдиң?

— Ток неме, кайда бармак эле. Эс алат, жемсөөсү жеңилдегиче.

— Тур! — дейт тура, Үмөталы ошол жерден. — Мыкты деген аттарымдан бирди мингин, бирин коштогун да чапкын. Ушул, кыраан деген бүркүттү колума тийгизбесең, көзүмө көрүнбө! Жаныңдан үмүт этпе!

Оозунан жаңылган Кебек калтырап-титиреп, бир күлүккө минген, экинчисин коштоп көктө учкан бүркүттүн артынан чапкан. Асмандын кырааны атасынын башына колго тиеби! Кынданын күнгөй тарабындагы жалама зоонун бир сокологунда чын эле жанагы каралжын бүркүт олтурат. Анын ушул ордунда түнөөрү да чын. Бирок, ага кантип жетти? Каягынан чыгып, каягынан келип, уктап аткан немени күрмө тон менен басып калды? Киши эмес илбирс басаар жол жок эки жагын караса! Күр барса Үмөталыдан көргүлүктү көрөт. Айласы кетет. Амалы түгөнөт. Түн ката Кынданын белинен ары Ак-Сайды карай ашат.

Үч күн жоголот оозунан жаңылган Кебек. Ак-Сайда кыштоочу Мамбеталы деген мергенчиге барат. Өпкө-жүрөгүн чаап, жалынат. «Зоругуп өлдү — деп айтам. Эч кимге туйдурбай союп алгын», — деп бир атты ага таштайт. Анын салып жүргөн бүркүтүн алып кайтат. Ороп, чырмап алып, Үмөталынын үстүнө күүгүм талаш кирет. Бозо ичип көзү чакмактап, төрүндө упай ойноп олтурган ал, башынан башкасы оролуп, чырмалган орок тумшук бүркүттү көрүп, чын экенине ынанат да:

— Өзүңүз таптап, өзүң даярдагын. Кыраан чыкпаса, көрүшө жатабыз! Биröөнүн карышкыр алдырып, түлкү серпип жүргөн бүркүтүн алып келип, Кебектин жаны калган зорго! Ормон уулунун бул жоругун да

эшиктен. Анан ыраазы болуп, ичинен тынган. Анан эле Алыбек кимче болуп калыптыр? Уулунан берите, Карагоо менен Жумгал элине туздай татып койчу, Чүй элинин жарымын ойчу Төрөгелди турбайбы катыгун! Анан Алыбек кимче болуп калыптыр? «Же, кагышсамбы булар менен?! — деп да ойлойт Ормон. Алыбек мынча эле эмнеге оюман чыкпай атат? Көнүлүмөн бөлүнгүс ынак болгудай кайсы тоону томкоруп берди эле?» деген неме түпөрүп, үшкүрүп алды. Алыбектин ачык кабак, шар кыялы, жаркын жүзү, жигиттик эрдиги көз алдында бириндей сала бири болгон окуяларга аралашып, тартылып көрүнө калып жатты. Ормондун алагай көзү оттоно, кирпиктери кайкалай бети чыңалды. Үшкүргүнө ийни көтөрүлдү. Кышылдап, эки санын мыткыды да, мандайындагы элчилик милдетти аткарган Ботоканга тикирейе тиктеди.

— Ботокан дейм, сага бул чыр ишти ким тапшырып жүрөт? Эшикке кетсенчи да, кылайып кылчайбай малына барсанчы?

— Анан, ошол. Багып атам малымды. Жылкым өрөөн толо. Дагы төө ойрон... уй...

— Эй, ошо малынды тынч баксанчы деп атам!

— Анан, ошол. Ыландаганы, өлгөнү жок малда, баатыр.

— Ате, кокуй күн айе! — деп кейиген Ормон жанын сыйпалады.

— Бу көрөкчө өгүз менен мөөрөшсөмчү... Билбейсинер, билгендин тилин албайсынар,— деп кайра чыйралды. Тунжурап олтуруп силкинди. — Алып кетсин, кескини! Ай Ботокан, сенин зордугун өттү го?!

— Анан, ошол. Ырас кыласың! Келе колунду? — Ботокан түктөйгөн кашын серпип, кубанды. Тигинин көнүлсүз сунган колунун учун жаза кармап, ашыга бурулду. Босого жөөлөп, сыртка кетти. Ормон кышылдап: Акыры... Түбүмө жетесинер го! — деп кала берди. Угулган сөзгө караганда: бутунан кишен алынган Балтабай камалган үйдөгү босогонун жер таманын кош мандап нык басып, анан жан жыгачты кыйшайта тээп, эшикти кемирейтип, чыгыптыр. Түнөрүп аттанып, артына бир да жолу кылчайбаптыр. Жүрөгү өлгөн коркок: «Артымда куугунчу болбосун?» — деп кылчаят. Запкы көргөн жерине экинчи катылбайт. Ал антпептир. Артына кылчайбаганы, жүрөгүнө кек кеткени. Кези келсе, өч алмакчы болгону.

Ушундайча жорушту, баамчылар.

Чөйрөдөгү жүрүп жаткан майда иштерге, майда окуяларга ой жүгүртүп изденчү адамдарды майда иштерге кийлигишүүгө, өзүн да майдачыл болууга түртөт. Аймактагы жүрүп жаткан жаңжалдуу чоң окуялар, окуялардын себептерин чечмелеген адамды чоң иштерге аралашууга, кеңирээк ой жүгүртүүгө түртөт. Сыңарындай, Ормон чөйрөсүндөгүлөр менен кагылышып суукселки боло берүүдөн көңүлү кайтты. Алысыраакка чыгууга, толумдуу иштерге аралашып көрүүгө дит бурду. Өткөн жылдын кычыраган кышында кысым тарткан кыпчак кыргыздарды кышкы, жайкы жайыттарын таштап, ак карлуу Ала-Тоону ашып, бул тарапка көчүп келгенин баяндап келип, Казак аймагына көчүп баргакка орус бийлигинен жер сурап, тартуу менен Шамен баштаган үч азамат жиберди. Агер, төрөлөр кең пейилдүүлүк кылып, өтүнүчүн кабылдашса быяктагы бошогон жайлоо, кыштоолор ичкериден келген туугандардын бат ирденүүсүнө шарт түзөт эле.

Ормондун бул амалында ичкеридеги кыргыздарды берилетип, өзү казактар менен боорлошуп, бир бүтүндүккө келүү сыры жаткан.

Чүй суусунун оң жак жээги менен, Иле суусунун сол жак жээгинен жер берилгени тууралу жакшы кабар келди. Тилегинин асты иш жүзүнө ашкан Ормондун көңүлү көтөрүңкү. Эми ал казак туугандарынын аймагына көчөт. Алардын көзүнө көрүнүп коюу үчүн жөн көч, жер сурап телмирген көч болбой, калдайган караан менен, шарактаган аземдүү салт менен баруу керек. Аны үчүн чоң кам көрүлсүн.

— Көңүлү дайрыган Ормон тезинен Ботокан байды алдыртты үстүнө.

— Анан... Ошол. Келдим, баатыр! — деди Ботокан чөк түшө.

— Келгенин дурус. Көргөнүң дурус. — Жаннат ичикти желбегейленген Ормон комдонду. Адети боюнча эки санын мыткыды. — Боорлорум ырайым этти. Көңүлүмдү кайт кылышпады. Жер аябады. Көчөмүн... Уктуңбу, ой?!

— Анан... Ошол! Көч, баатыр. Кет, баатыр. Мага жайыт көп калат. Кайда кыштайм, кайда жайлайм төрт тарабым кыбыла болот, баатыр. Анан. Ошол. Эң сонун болуптур.

— Эй, мээси бөксө, Ботокан! Мөөрөбө сен!

Ботокан мандайына алаканын койду:

— Мээ толук, чоң кап сүзмөдөй бар болжолумда.

— Атаны, кудай аткыр айе! Сүзмөсүн айтпадыбы.

Ормондун жайдарылыгынан пайдаланып, Ботокан күлүп койду:

— Сүзмө жаманбы? Ичсең кымыз кышта. Кургатсаң курут жазга.

— Бо-бо, бо-бо! Минтип олтурсак кечке бүтөйт го кеңешибиз? Бо-бо, бо-бо! Чакырткан себебимди айтайын...

— Бая эле ошентсең болмок, баатыр. Малга кетейин, баатыр. «Манас» айтып бермек белең. Айтаарыңды айт, баатыр.

— Өз көчүмдөгүлөр мингендей коёндой окшоп өңчөй жүз сур ат керек. Ошону өзүң алып келесиң. Жетиң алгандан кийин кайра айдатып жиберем.

— Атакей! — чочуп алды Ботокан,— анан кызык го? Мунун азап го, баатыр?

— Анан, ошонундун так атасынын оозун урайын. Токтот! Бүрсүгүнү ушул маалда колума тийбесе, жайыттагы жылкынан аксак тай калтыртпай айдатып аламын. Айтканымдан кайтпасымды билесиң!

— Билемин күү... Билемин дечи... — деп баш чайкайт.

— Билсең тур, окшош жүз сур аттын камын жегин!

Чоң кара тебетейин көтөрүп, күйкасын аябай кашыган Ботокан жылып чыгып кетти.

Ормон күлүп кала берди:

— Кудай мындайга мал берип койгонун. Момундан убада бузган жан оңолбойт. Жетсем, аттарын айдатып ийем кайра.

Убадалуу Бокен болжогон күнү келди. Ормон үстүнө саал кабак бүркөп кирди.

— Оо, Боке! Кел-кел. Күтүп, зарыктым. Айдатып келдиң окшойт кыязы, иттер абалап, айыл четине азыраган жылкылар толуп кетти.

— Анан... Алып келдим, баатыр. Бирок, сексенди сур ат, жыйырмасы кур ат[1] болуп калды, баатыр! Жылкымда сейрек экен сур ургандарың. Көбүн ар кимден чогулттум.

— Олдо, Ботокан, сенин зордугун ай! — деди. Ормон эки санды мыткып. — Айтканын кайталап. — Өттү го сенин зордугун! Болуптур.

Делөөрүгөн Ормон Көл башындагыларды сынап, Ботоканга өз жылкысынан эки айгыр үйрү кырк бир

---

[1] Ар түрдүү түстө деген мааниде.

байталды, алтымыш чар ирикти[1] калтырды. «Балбайдай уурулар үчүн менин малым уу коргошундун түбү. Тийгендер кырылат!» — деди да, алты жүз үйлүү болуп маржан менен көчтү. Берилген аймакка жетип, аяк башы ат чабымга чачылып, конуш ээлешти. Үйлөрүнүн баары аппак, алдыңкы көчтөгүлөрдүн мингендеринин баары жабдыгы келишкен окшош сур. Ормонду жамааттан казак боорлору адеми тосту. Өрүлүккө айдалып келген жылкылар союлуп, талаада түтүн булап, май түтөп адегенде жайдары, сыйкор башталды. Анан, бара... Бара-бара, күн өтө...

Көргөндө гана тааныгандай, укканда гана жооп бергендей Ормон Ботокан эмес. Анын турмуштун ийри, түзүндө такшалган кыйла татаал ойлору, жүрөктө жаткан сырлары бар. Келгенде мындагылар аш менен тосоорун, ашы аш болуп кетсе, боорлошуп, бир сырга келип баш кошуп кетээрин билген. Ашы аш болбой калса, арты мандайга согулчу кара таш болоорунан да күмөндөнбөгөн. Анткени, бул эки эл небактан бирине бири бересе, аласа келишет. Кээ доолор элчилик менен тынч бүтсө, кээ доолор үчүн чабышып, кан төгүлүп, эр өлүп бүткөн. Ошондой аягы үзүлө элек доолор али бар... Өцгөнү кой, чаап алганы барып, жеңилип башы кесилген Кененсары менен Норузбайдын сөөгү али чирий элек. Мунун арты не болот? Баягы, чабыш сонунда кудалашып, убадалашып, касамдашып, антташып тарашты эле, ошол бойдон бүттүбү? Же «кызууну кымыз чыгарат» — дегендей, четине көчүп барганда «Канга кан бер?» деп,— найза сунуп, кол салуучулар чыгабы?» — деген чочулоо ой Ормондун жүрөк башында. Мындагылар өрүлүк айтып келгенде, казанын толтура астырып, дасторконун кең жайдырып, жигиттерин ийилтип ызааттап аттанты. Деген менен, сөз болсо маанисин өлчөп, тиктешкендин кабак кашын байкады. Өзүнүн түпкү максаты тууралу сыр ачпай келгендердин пейилин, мамилесинин тамырын тартты.

...Султан Бексейит отуз чакты адам менен Ормон конушуна куттук айтып келген. Арасында домбурага тил киргизген, кубулжуган обону талааны жаңырткан шайыры бар. Жаратылыш ага шырыктай бойду, жарык жүз, узун манжа бериптир. Аты Айдар домбурасын безилдетип келип токтотуп, обонун созгондо кара кашы серпилип, көзү адамды тартат. Мандайындагылар

[1] Чар — беш жаш: козу, борук, шишек, эки тиш, төгөрөк, чар.

да, сыртта күү менен үндү эшиткендер да токтоп берилет. Айдар салт ырларын, акыл насаат ырларын шурудай тизип, аска башынан артылып чууруган тоо булагындай чуурутту. Төктү. Абылай таржымалын, анын кыйла элди чаап, кыйла жерди башкарганын айтты.

«Шум ырчы бекеринен муну оозуна алган жок?» — деп чочулады Ормон, ички кыялы окторулуп. Ырчы, Абылайдын тоо арасындагы элди чапканын, Садыр хандын башын кескенине чейин, кийин женилип, миң жылкы күн төлөгөнүн жайып таштады. Домбурасын андан ары бездире жөнөп, колун кош кылды дирилдете капкакка жанып, Кененсарыны айтып, анын иниси Норузбай тууралу улантты. Ич санаасы оодарылган Ормон Бексейиттин жүзүнө астыртан көз таштады. Ал да өзү тарстуу ар перселер тууралу ойлоп жаткан окшойт. Кашы майда титиреп, бети чыңалып олтурат.

Жамактын уйкашы алып келип соктубу, же атайы чынын айттыбы, ырчы Кененсарынын башынын чабылганын, анын тууган жагынан Бексейитке бир таман жакын экенин козгоду. Чабышууда женишке жеткен Ормон өз үйүнүн капшытында тоодой болуп, тирүү олтурганын келтирди.

— *Же, токтот!* — деди Бексейит капысынан,— өз тизеңи өзүң кескенге не анчалык кубандың?! Оозуңа келгенди төөчө оттоп, каскырша улуп турсун,— деп күлүмсүрөп сүйлөп аткан менен үнүнөн заар атылып; тиштенип ызырынганы билинди. Жумшак өндөнүп, тиги ташы тай катуу каккы жеген Айдар домбурасын муунта, тык токтоду. Акчыл жүзүн кан тебе, ойлобой барып аялуу жараны кармап алганга айгапта. Мактадымбы деген Ормонго да, ээрчип келген Бексейитке да тик карай албады. Зор чымыркануудан кийин:

— Мен болгонду айттым,— деди.

— Айтканда сонтип айтшу бекен? Өз баатырынын атак-даңкын тебелеп, белин омуруп, дуспан алдына жыгып айтшу бекен?! Мөөрөгөн сыйыр, улуган ит сыяктуу типти ырчы дегениң. Чымчыкча да намыс болбойду аларда. Сен да сонун бирисиң!

Кепке-сөзгө түшүнбөй калган немече, байкамаксанга салган Ормон даярдалып аткан тамакты көргөн болуп, сыртка чыкты да, Шаменди четке чакырып, катуу тапшырды:

— Кандай жол менен болсо да, Айдарга купуя жолуккун. Биздин айылга келип жүргүн, достошолу, деп чын дилиң менен өтүнгүн.

Шамен бул тапшырманы аткарган. Кененсарыны жеңди деген даңктуу чоң Ормон жигитинин өтүнүчүн Айдар сыймыктанып кабыл алган.

Ошол Айдар, оболу Шаменди чакырды. Ормон акылы боюнча Шамен жалгыз барып түштү. Ызат көрүп, ат жетелеп кайтты. Шамен Айдарды чакырды. Болжошкон күнү өзү да жалгыз келип түштү. Бирок Шамен Айдарды өз үйүндө эмес, Ормондун төрүндө сыйурмат көрсөттү. Чыны, Айдарга көрсөтүлгөн бул сый ак дилден эле. Аны сыйлоо менен бирге Ормон өзүнө ак жардам, достук үмтөттү. Аны өзү да жашырган жок.

— Айдар, иним! — деди бир топто,— аш сунгандын баары дос эмес, таш ургандын баары кас эмес! Заңзаманды өзүң көрүп турасың. Арабызда ала оозубуз да бар, ак оозубуз да бар. Бирөө түшүнөт, бирөөлөр айт дегиче, уйт деп, ала качат.

— Ийе, ийе. Ак сөз, баатыр! — деп муюду кулагына сөз кирген Айдар.

— Сени Шамен дос болом деп чакырткан жок. Өзүм дос болоюн деп, мен чакырттым. Анын чоң себеби бар. Кечээ, Кененсары өзү кол салды. Кыр көрсөтүп, кол салды. Чаап алам, багынтып алам, деп кол салды. Аны өлтүрүү ойдо жок эле, кудай алдында. Ажалы жеткен экен, иш ырбап эл колунан каза тапты. Ушуну мындагылар түшүнбөдүбү жокпу көз жетпейт. Алты жүз үй менен айылыңардан конуш сурап келишим, элиң менен ынтымактыкта болоюн деген ниетим. Бул тилек ишке ашабы, жокпу, эки ача.

— Ийе, жөн-жөн.

— Элиң менен сыр алышып, тамыр тартышканча сырынды менден жашырба. Ичинде алаң жок шайыр, жүрөгүндө кытмырлыгың жок ачык экенинди анову күнү байкаӊ, ушул ишке такалып олтурам. Колунан келсе, эки элге көпүрө бол. Колунда өнөрүң, оозунда обонуң турат. Сендейди эл сүйөт. Эл урматтайт. Эл сенден сырын жашырбайт. Жашым улуу болсо да, жаным курдаш. Кел, чындап достошолу, антташалы!

— Макулмун, баатыр. Кандайша карсы боло алам, солай, жаксы тилегиңизге?!

— Алып кир, Шамен! — деп буйурду Ормон. Ал даярдалган кара койду жетелеп кирип, босогого жыгып, мууздады. Ичин жарды. Ата-баба, ата салты боюнча, кара койдун ич канына Ормон кол малды. Анан, Айдар кол малды.

— Бири-бирибизге арамдык иштесек, ушул койдой мууздалалы! — дешип ант айтып, кол алышты. Достукка өткөн Айдар олтуруп:

— Мурун баатыр десем, энди дос деп кайрылайын! — деп күлдү, достуктан да сизге боор тартар жакындык жагым бар. Шешем кыргыз кызы. Сиз мага нагашы болосуз.

Ормон да күлдү:

— «Жээн эл болбойт, желке тон болбойт» — дечү эле. Ошентип, кетишпесек болду?!

— Таяке деген жээнге пир, дейтин эмеспи?!

— Ал чын. Пири дегени — кудайы дегени. Аны билгенине ыракмат, Айдар баатыр! ...Акыркы өтүнөөрүм: экөөбүздүн достошконубузду кара койдун каны менен Шаменден башка жан киши туйбасын. Айылында болгон иштн, султан, бийлериндин мага болгон пикирин, бу Шамен аркылуу жеткирип тур. Өзүбүзгө, өз көзүбүз душман.

— Ойбай, бала беднм. Энди, көз жететин чоң иштер болуп калса, алыстан чоор тартамын. Соной сон, өзүмдөн ат минип кайткан досум даяр болбой жаны жокпу?

Ормон Айдарга кандай тартуу берүүнү ойлоду. Ат мингизсе ал да көрүнөт, жетектен. Алтын чөгөрүлгөн кемерлер бар. Аны берсе көйрөң мүнөз ырчы сөзсүз курчанат. Домбура согуп, обон кубулжутуп турганда, карапайым эл көркүнө суктанат. А, кытмыр бийлерчи? «Кайдан алдын? Ким берди? Ат берейин саткын» — дешип асылып, бербей койсо, Ормон тарапты чукулайт.

Бereэр буюмду тапты. Чөнтөккө салынаар, пулу чыкканга чейин сандык түбүндө калтыраар, тай туяк алтын жамбы тартуу этти. Бул онбогондой баалуу буюм эле. Айдар чын көңүлдөн төгүлүп, ыраазы болуп аттанды.

* * *

Кагылыш башталса найза кармаарга ар үйдө экиден азамат бар. Түтөтмө мылтык, кылыч темир ашталган найзалар. Куралдын баары жүк артына бекилген. Кайсы учурда болсо да минип чабууга даяр экиден ат ар үйгө чукул баймакталуу. Алар да сырткы көзгө байкалбайт. Чоочун адам көрүнсө мал тосууга, отун-суу алууга болгон унааны бирөөлөрү минип, жансарлап бастырып кетет. Ушул иштин баары жашыруун. Күн

мурда айтылып, шек бербөөгө Ормон тарабынан катуу буйрук берилген. «Булар коншулаш конууга тынч келбептир, кол салууга амалданып келиптир»,— деген сөз чыгып кетпесин, жер ээлерин дүрбөлөңгө салып, тийишүүгө шылтоо болбосун» деп тапшырылган.

Ар кимдер тиричиликке киришип, малынын кышкы камын жейт. Отуз-кырктан боло, айыл-айыл уюшуп, шамал урбас ылымта кокту-коолорго, күнгөйлөргө таш короо курушат. Бир жагын жар кылып, экинчи тарабын жыгач, камыш менен калкалап тосуп, койдун түнкү түнөгүн даярдашат.

Кыш башталды. Жигиттер чогулуп тамак ичмей, ордо куруп алаксытмай менен айларды өткөрдү. Бороондуу, аяздуу түн, күндөр өттү. Чилде аяктап, суук сынығын, жаз да башбакты. Арык-торук мал өлүп, бир жагынан туут күчөп, азан-казан. Санаалуу Ормон чийкил Буурулун минип, төө тосуп жүрөт эле. Чачылган төөлөрдү суу жээгиндеги камыштарды карай айдап, кыраңга чыгып, ат тизгинин тартты. Кыйырсыз түзгө, дөбө, жарларга тигилет. Алдынан жейрен, бөкөндөр чыгат. Туура туштан коёндор серектейт. Кыргоолдор тик учуп, камыш арасына куткуп түшүп, жок болот. Саргыч түлкү булая качып, кылчактайт да, коркунуч жогун билип, шоншоюп бетке олтурат.

Мал көккө тоюнуп, айран-сүт кенелди. Ууз кымыз сабааларда толтура. Жакшы кабар ала албаган Ормон түнөрүп, төрүндө. Сыртта ит үрүп, атчан адамдар келгендей болду. Шамен эшик ачып, үйгө үч чоочун кирди. Экөө карапайым, бири мырзача кийинген. Саламдарын алик алып, Ормон кол кысышты. Кышта жол бекип, бири-бирине катыша албай калган быяктагылар ушул маалда катышышат. Жоголгон малдарын издешет. Буларды ошондойдун бири, же кымыз уулаган адамдар деп ойлошту. Болжол андай болуп чыкпады. Чоочундар эки-үчтөн аяк бошотушкан соң, мырзача кийингени түйшөлүп, сөз жөнөттү:

— Ормон баатыр, тууганыңыз Төрөгелди кырк жылкы бересе эди. Сону доолап келдик.

Баягыда, Төрөгелди байлоодон бошогондо, кырк жылкы бересе болуп кеткен. Кийин доочулар барса: «Кырк жылкы минип кыркылган сакал-мурутум үчүн!» — деп бербей койгон. Аны Ормон билчү. Ошол унутулган доону жаңыртып доолап олтурушат. Капалуу Ормон катуу кетти. Доого качанкы доону койду:

— Силерде Шербото куну жатпайбы! Сиңирип кеткинер бар го?!

Шербото Төрөгелдинин бир тууган агасы. Бир канча жыл мурда Шербото, Төрөгелди баштаган бир топ жигиттер быяктан жылкы тийип чыгышат. Жер чегинен өтөөрдө, алдыларын калың көч бууп, буйдалышат. Көч арасында төө жетелеген сулуу келин. Туура туштан бет чыккан Шербото келиндин чырайына сугу түшөт. Чабдар күлүгүнө камчы басып, келинге жетет. Ат үстүнөн кучактап, оодара тартып өбөт. Көч арасындагы келиндин күйөөсүнүн көзүнөн от жанып, ал да атына камчы басып жетет да, сулуунун алкымынан аймалап аткан немени айбалта менен башка тартып калат. Шербото ат үстүнөн кулайт.

Жортуулчулар жылкыны таштап, кармашка өтөт. Чабышта бир топ адам өлөт. Шербото да өлөт. Жол алыс, күн ысык. Өлгөндөрдү чогултуп жарма көргө жапшырат. Шерботонун этин шылышып, сөөгүн териге чапташып, жүктөп алып жолго түшүшкөн. Куну алынбай калган. Ормон ошону козгоду.

Доочу: — Небак өттү еди. Айкашта бир Шербото эмес, жүз Шербото өлгөн, баары кунсуз калган.

— Калган болсо... Төрөгелди кунун жаңыртпагыла. Керек болсо өзү менен тынышкыла.

— Өзү ким еди?!.. Сизди, Төрөгелдини эмес, бүт Ала-Тоо аймагын башкарат деп билчүүбүз. — Мырза токтоло калып,— биздин кең далада небак өлгөн Шербото куну эки аяктап басып жүргөндө,— деп барып, сөз аягын улабай туруп кетти. Жаман жышаананын башталышы санаалуу Ормонду ого бетер салбыратты. Айыл жигиттери түндөсү кирпик ирмебей, жылкы четинде.

Арадан ай өттү. Эл кышкы конуштарынан оолактап, Илени өрдөй жайлоо издеп, жайыт тандап калган. Ормон дөбөдө жалгыз. Бет алдында жайылып, тынч аккан чоң суу. Жээги бадал, жылгын аралаш камыш. Кыйкуу салып жайнаган канаттуулар. Ар жерде куш салып, кызыкка батып, чапкылагандар. Колуна мандайын сүйөгөн Ормон көрүнүшкө көңүл салбады. Кыска өмүрдө кагышып, кармашуулар түштү эсине. Өткөн окуялар санат болуп, көз алдынан жандуу чубады. Оор күрсүндү. «Баары мейли эле го. Шарт ошондой болду эле го,— дейт,— мындагылардын көсөөсү сайгылай баштады. Дагы эмне болот?» — Артынан жөө адамдын кадамы, чөптүн шыбырты угулду. Кылчайды. Укен экен.

Жоолугун бүркөлтө салынган ал өзүндөй сабыры суз. Баягы ордодо Балбайдын колунан тебетейин жулуп алып, силкип-силкип башына кийгизе койгондон бери ичи жылып, айбыгып, Укенден өтүнүп калчу. Көптөн бери жалгыз отурган өзүнө тиги азыр да жөн келген жок. Ийилип, аяп келди. Жамбаштан, сол ыйыгына чукул отурду. Тиктеше калып, үн дешкен жок. Укен көз кыйыгын эринин жүзүнө салды. Чачынын агарып, сакал-мурутунун көгаласы көбөйүп; мандай бырыштары терендеп карылыкка санаа кошулуп, жүдөй түшкөнүн байкады. Аяп, кацырыгы түтөп ичтен сызды. Титиреп бараткан эриндерин тиши менен кысып, сабыр токтотту.

Укен бирдеме айтмакчы эле. Тээ алыстан сыбызгыдай жыбылжып чоор тартылды. Ормон селтең этти. Укен кошо баш көтөрдү. Үй тарапка кылчайышса, аттанган Шамен жөнөп калган экен.

Чоор тарткан Айдар! Жеткирээр кабары сүйүнүчпү, же күйүнүч бекен?!

* * *

Кабар жаман. Абал оор. Көзүнөн каар чыга ызырынган Шамен сүйлөп жатканда Ормон:

— Дагы. Анан. Ошентебиз деп атыппы? — деп тынчсызданып укту. Чыйралып, эки санын мыткып, обдулду:

— «Канга кан алабыз. Соёбуз!» — деп атышыптыр дечи? Мени торлоруна түшкөн балык көрөт экен го?! Ормон булар үчүн буту түшалып, курмандыкка чалаар ат болуп берет экен го?!

Кыр көрсөтүүдөн коркуп, көчө качты деген намыстын айынан, Ормон жигиттерге жашыруун буйрук берип, бардык айылды чукулдата кондуруп, күтүндү. Күнтүн кароол коюлуп, сак турушту. Жума өттү. Баягыдай бейкам. Душман жак тынч. Күндөрдүн биринде Айдардын сурнайы дагы тартылды. Шамен ага жолугуп кайтты. Берилген кабарда: «Бексейиттер ачык кол салышпайт. Мейманга келишкен болуп, Ормонду төрүндө жайлап кетишмек экен. Айланы баатыр өзү тапсын»,— дептир антында бек турган Айдар.

— Ак кызматына ыраазымын. Мандайга жазганын көрөөрмүн! — деди Ормон. Андай ишке да кам көрдү, жигиттерге да айтылды. Буйрук берилди.

Бексейит баштаган токсондон ашуун адам карааны

калдайып, меймандарчылап келаткан немелерче шарактап, жаркын кабак. Баары куралсыз. Колдорунда камчы. Араларында ичинен шап байланган эки-үч баш кесээри бары буларга маалым.

Ормон төрүндө. Баягыда Алыбек тартуулаган күрөң аюунун талпагынын үстүндө, баалуу кийим менен. Эшигинин алдында эки сакчы. Колдорунда түпөктүү найза, белдеринде кайкы кылыч. Чукулда жайнаган жигиттер. Аттарын кош байлоолошуп, төрттөн болуп улак тартып атышат. Меймандар кирип келди. Желдей учкан, боз ат минген жигит кара эркечти беркилерден жулуп жөнөдү да, бултактата үзөңгү боого басып, Бексейитти эркарай качты. Мандай тиштерин жаркырата күлүп, эркечти алдына күп таштады. Бексейит баш ийкеп, ыраазылыгын билгизди:

— Ыракмат, боорлорум. Ат болсун сыйыңызга. Ормонго меймандарчылап келдик. Баатыр көрүнбөйт го, арыдан.

— Баатыр үйүндө,— деди эркеч таштаган жигит, шыпылдап. Алдында боз ат, ооздук кемирип ойнойт.

— Ийе, солойбу?! — Бексейит кытмыр күлдү. Ат тизгинин Ормондун үйүнө бурду. Улак тартып атышкандар жабыла келип, бир-бирден ат алышты. Шүйшүнө калган Бексейит кароолчуларды карай басты. Эшикти карай умтулганда, «кирүүгө уруксат жок!» дегенди билгизе, босогодогу бетме-бет турган экөөнүн колундагы найзалар учу айкалышты. Белине шап байланган Шамен:

— Султан, азга тура турунуз? — деп өтүндү,— келгениңизди баатырга айтайын... Кирип кайра чыкты. Кароолчуларга:

— Бексейит султанды өткөрүп ийгиле!—деп буюрду.

«Бул неси? — дейт Бексейит,— былтыр келгенде эшиги ачык, кулачын жазып, жайдак отурат эди. Энди хан ордодо, хан такта олтургансың... Темирлан болоюн дегени го? Капкандан кутулам дегени го? Карт бөрү?! Токтой тур, бүгүн аман калсаң да, эртең куралдуу кол менен келип, мууздатамын. Кенесары күнүн түшүрөөрмүн башыңа!»

Ал Ормон үстүнө кирди. Күлө бага салам берди.

— Меймандап келип калдык!

— Жакшы болуптур, келгиле! Көрө жүрчү сый-урматты көргүлө.

— Жигиттер улак тартып атышыптыр. Тамаша үстүнөн чыктык.

Ормон күмүш таяк менен керегеге илинүү жез табакты кагып эткизе чаап көйдү. Ийилип, Шамен кирди:

— Кулак сүзде, баатыр.

— Меймандарга жаңы үй көтөргүлө.

Ормондун үйүнө чукул үч үй бат эле тигилди. Үйлөрдүн Ормон жак туурдуктары түрүлдү. Отуздан кыргызилген чоочундар кереге көзүнөн көрүнөө. Ормондун үйүнүн меймандар жак туурдугу да түрүлдү. Өзү аларга көрүнөт. Бексейит Ормон менен. Дасторкон жайылып муздак эт, казы-карталар кесилип, кымыз сунула баштады. Ормон чечилген жок. Сөзгө кыска жооп берип, түпөрүцкү, сүрдүү отурат. Жигиттер ийилип, меймандарды күтөт. Окчунда эки жылкы жаңы союлуп, кемегелерге казан асылып, от түтөдү. Айыл үстүндөгү адамдар булардын кол салуусуна кымындай мүмкүндүк беришчүдөй эмес. Баягы улак тартышкандар ызычуу түшүп, эшикке киши чыгарышып, жөө күрөш да баштап калышты.

Ичип, жешкен меймандар сыртка чыгышты. Ачыча ашыга чаап келаткан караан көрүндү. Ала чапанчан, башында селде, белинде кайкы кылыч, асынганы түтөмө мылтык. Сакал-муруту кокондуктарча коюлган. Мингени сары аргымак. Кара терге чөмүлгөн. Алыстан келген сыяктуу. Чоочун адам ат ойнотуп, Ормондун эшигине тура калып, бакылдады:

— Оо, Ормон бар бекен?

— Бу ким? — деди Ормон мойнун созгон болуп.

— Кокондук досторуң болобуз! — деди тиги. — Пишпек боюн бек жүз сарбаз менен келеяпты.

— А анчалык неме болуп кетти?

— Жергиликтүүлөр кол салганы жатышыпыр. Жардамга келатышат.

— Ким айтып жүрөт аны?! — Ормон опурулду. — Боорлорум менен тамак ичишип, жыргап, үйүмдө олтурам. Беш жүз кишинин меймандаар чамам жок. Досторуна ырахмат. Токтой турушсун.

— Шунакамы?

— Шунака!

Кабарчы аргымагын секиртип, алкынта шарт бурулуп ызгыган бойдон кетти. Олтургандар бирин-бири карайт. Арадан чай кайнам не өттү не өтпөдү, жалдуу тору атчан да бирөө келди анталап. Анын аты да кара терге түшүп, ылай, чаң. Башын кызыл жоолук менен буунган, кыргыз жигити экен. Ал да түшпөй тор атын

туйлатып, кайкы кылычы белинде салбырап, каны ичине тарткан.

— Оо, Ормон баатыр, эсенсиңби? — деди үзөңгү тебе какайып.

— Эсен элемин. Эмне болуп кетти силерге?!

— Мени тууганың Төрөгелди жиберди. Сага кол салмакчы болуптур деп угуп, көп кол алып келатат!

— Бу кандай кара оозуна кан толгон неме чуулганды чыгарып жатат? Бооролорум менен жаркырап-жайнап, өз төр, өз үйүмдө тамак ичип олтурам. Бүгүн конок күтө албайм, токтотсун деп айт, Көкдолуга!

Кабарчы чаап кетти. Артына чаң таштап, карааны үзүлдү. Меймандар дагы бири-бирин карап, шуулдаган мүнөздөрү суз тартты. Үчүнчү чабарман келди. Бул минген чабдар дагы кара терге чөмүлгөн. Алыстан келген түрү бар.

— Оо, Ормон ата, амансыңбы?

— Кимсиң өзүң? — көзүн алайтып, жигитке тигилди.

— Уулуң Үмөталы жиберди. Атама Иледеги казактар кол салмай болуптур деп угуп, кол баштап келатат.

— Калп! — деди Ормон, капшыттагы Бексейит жакка бурулуп алып, кол жандап,— султан Бексейит тигине. Ээрчип келгендер үч үйдө олтургандар. Мейман дарым менен тынч олтуруп, аш ичейин. Үмөталы дүрбөлөңүн бүгүнчө токтото турсунчу.

— Ылайым, ошондой болсун! — деп бул кабарчы да жолуна түштү.

Ормон кайра кирди. Аюу талпакка очоюп олтурду. Күлкү менен кытмырлык жүзүнөн күбүлгөн Бексейит кайрылды:

— Баатыр! Мейман көп келатыптыр. Жалгыз күтө албайсыз. Аттаналы. Айылга барып, союш камдатып келели. Уруксат этиниз?

Меймандарга жаны эттен табак тартылды. Алар тамакты бат жешип, ашыгып аттанышты. Тобу самсып жолго түшүштү.

...Эмелеки, үч башка ат минген көрүнчү сымал көрүнүшүп жок болгон, үч кабарчы Ормондун амал менен даярдаган өз жигиттери. Алар чукулдагы коктуда жатышкан. Аттарын сууга салып, ылай шыбап, алыстан келаткандай жасашкан. Амал менен улам бирден Ормонго келишкен. Кол салмакчы болушкандардын үрөйүн учурушкан.

Бексейит айылын түн ката көчүрүп, Иленин төмөнкү агымына, тереңге качты ошол эле түнү.

ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ.

I

Кыпын тутанып, жылт жана куу отунга жармашып, алоолоп жалын кеткен сымал адамга балалык келип, анан эс тартып, акыл толуп, күч күтөт. Жаштык дем, жаштык күч ар ишке тап койдуруп, шердентет. Дайрытат. Куу отун күйүп, чычала түтөп, көмүр көбөйгөн сайын соймондогон жалын улам бастап, кичирейип, үлпүлдөөгө өткөн сымал, адам элүү жашынан соң коюуланып, төрт тарабына чарпыла бербей, бир нукка түшөт. Жоошуйт. Жылдан жылга ал арый баштайт. Бир эл, же жеке адамдын доору жүргөндө, атак-данктары чыкса, дагы бир кезеги бүткөн учурда бастап, ылдыйлап, унут болот. Сыңарындай, өз чөлкөмүндөгү Ормон айбаты, Ормон аты жоюлуу марасына жакындаган өңдүү.

Жакшы үмүттө, жакшы тилекте дүүлдөп аттанган неме максатына жетпей калганды мындай кой, Бексейиттин азуусунан зорго кутулуп чыгып, эски журтуна конушу көңүлүн сындырды. Дөбөгө олтурса башын салып, жер чукуйт. Же алыска көз таштап, сакал имерип, бармак тиштейт. Өткөн менен кеткен эске түшөт. Бир кезде: «Өлбөстү кудай жаратпайт. Сынбасты уста жаратпайт»,— деп айтышаар эле көптү билип, кеп үйрөнгөндөр. Сөздүн чындыгы күмөнсүз болуп турса да, Ормон: «Ооба». «Ии» — деп кыңкылдоо менен кабыл алуучу. Айтылганы менен болбоочудай кабыл алуучу. Азыр айтылган сөздү көңүлүндө кайталап көрсө, пил көтөргүс оор сөз. Күн-түн кезегиндей дал келүүчү чындык сөз белем: колунан көөр төгүлгөн айлакер усталар курган нечен мунара, күмбөз, шаарлар жер менен жексен болуптур. Нечендеген пайгамбар, сааба, олуялар өтүптүр. Кылычынан кан аккан, айбатынан адам жүрөгү түшкөн баатыр, шерлер өтүптүр. Кээ биринин көзү өтсө да артында акылдуу мурасчылары калып, эли чачылбай, журту казылбай, иши жөнөлө, бийлиги улана бериптир. Кээсинин мурас ээлөөчүсү алсыз болуп, көрө албасы күчтүү болсо, жамгыр эзген чоподой, кырк айда кыйраптыр. Ана, Манас болуп. Манас атка конду. Үзүлгөнү уланды. Чачылганды жыйнады. Атпай кыргыз балдарын баш коштуруп, ынтымакта жашап, душманга колтук ачпоого жан үрөдү. Аракеттенди. Чет душман сүрүнө даабады. Айбыкты. Акыры жарала-

нып, жарааты ырбап, көз жумду. Жакын туугандары Абыке, Көбөш эки арам Манас жакындарынын башына кай алааматты салбады?! Манастын зайыбы Каныкейдин эмчегин жара чабышты. Өлүмдөн коркуп, келечектен үмүт үзбөгөн жесир балтыр бешик баласы Семетейди жонуна көтөрдү. Карган кайненеси Чыйырдыны колунан жетелеп, түн катып төркүндөрүнө качты. Манастын төрүндө олтурчу, Манас өзү кулак төшөп акылын укчу Бакай карыя алети жок кийим кийди. Мусаапырлык башка түшүп, төө кайтарды. Жада калса, ак уулоочу нти Кумайык жолбун болуп кетти. Талаа чымчыгы, шумкары томогосун жулуп, боосун тытып, тоого сызды.

Тагдыр бирде сыйга бөлөп, бапестеп, магдыратып кербезденгсе, бирде сызык кылып сызгырып, көкүрөк жарыла буулугуп аккан көз жашына чөмүлтөт белем. Бир мезгилдерде ашка тоюп, атка минип, айланадагылар кол куушуруп, кошомат көрсөтүп жүрчүдө Ормон өзүн Манас ойлосо да, эми Манас атанын бармагынчылык эмес экенине көзү жетти. Кан-Теңир тоосу, Муз-Арт, Кыз-Арт, Көк-Арт ашууларын ашып, кокту-колот өрөөндөрүндө жашоочу эл Ормон деген атын билип, кездешкени нйилип сыйлоочу. Иледен көчүп келип, ушул журтуна байырдаганы ошончо аймактан, ошончо элден бир да бири мал жетелеп, «өрүлүк» айтып келбеди. Бул элге баш-көз болгон адам үчүн жакшы жышаан эмес.

Оор ойго, армандуу санаага чөккөн ал дөбөдө жалгыз олтурат. Колундагы чырпык сөңгөгү менен алдындагы кум кайрак жерди жойкулайт. Бетеге түбү көөлөндү: Мен эмне, өз көрүмдү өзүм казып атамбы?» — деди көңүлдөнө. Жүндөй тытышкан ничке тамырлар сенселди. Сиркедей майда курттар кыбыраганда, Дааныш экөөнүн биринчи кездешкенин эстеди. Ооба, көк таш түбүндөгү уюкта кумурскалар жайнап, кирип-чыгып аткан. «Эй Ормон! — деген эле Дааныш. — Бизде береги макулуктарчалык ынтымак барбы?» — Ошондогу сурооо азыр каяша айткысы келип: «Ынтымак бизде болгондо,— деп кыбыраган немелерди сөнгөк учуна серпип,— кимге чеп болот элек! Кимге керек болот элек! Замана өзгөрүп барат. Адам пейили бузулуп барат».

Жаздын коюу булуту түрмөктөлө самсып, үзүлүп-тытыла калат. Тээ алыс төмөндө көл жатат. Жээги ак-чыл, тереңи кара-көк. Күн нуру түшкөн жерлери тилке-тилке жаркырайт.

Ормон үшкүрдү. Кабак түйө баш көтөрүп, Нарын тараптагы заңгыл тоолорго тигилди. Ага бекер тигилген жок. Бир учур көз жеткен менен кол жетпеген асмандагы учуп бараткан бүркүттү карматып алган. Турумтайдын уясын таптырып таранчыларды жер оодарттырган жоруктарын угуп ыраазы болуп мыйыгынан күлсө, улам кийин, зөөкүрлүктү өнөкөт кылган адаттары үчүн уулу Үмөталыга ичинен сызды азыр. «Ате, кезинде Качыкеге бир ооз осол сөз айтканым үчүн орго түшүп, байтал мингенim чала мээлүү башыма эскертүү болгон эмес тура! Эскерген болсом, уулумдун тизгинин тартып, оңго буруп койбойт белем! Кой дээр мен болбогон соң, кысталак, күчөп кеткен тура! Өөрчүп кеткен тура! Эми кантим аргымды?» деди датка болгон каардуу уулунун жоруктары үчүн. «Ай, Үмөталы ай!» деп силкинди. Тетири карады. Ыкшалып, этегин такымга басты.

...Үч Нарындын башы, Кара-Каман, Балгарт, Ат-Башы өрөөнү, Ак-Сай, Арпа кыштоо, жайлоодон берки жер, андагы тиричилик этип, күн көргөн эл Үмөталыга караштуу эмес беле. Кырк жашка келген карасур, көзү кайнаган, кара каш, атасы Ормондой олбурлуу келбесе да толук Үмөталы кымыздан тартылган каркыт шимирет. Айтканы аткарылат. Жасаган кылмыш өзү менен токтойт. Чеки жоруктары үчүн, каарып койчу жан жок. Атасынан күчтүү башкаруучу пенде көзүнө такыр көрүнө элек. Кудайдын айтканын элге аткаруучу, эл арасына жайылтуучу кожо, молдолор жерде жүрүшөт. Айыл кыдырып, эл аралап жүрүшөт. Башкалардай эле ичип-жешет. Чарчап, эс алышат. Тынчып, укташат. Кийинип-ичинүү үчүн колунда барларга көз каранды. А кожо, молдону көз каранды кылгандар Үмөталыга багынышпайбы. Демек, Үмөталынын үстүнөн ким арыздаңып, кайсы «тоого» урунат?!

Дың жерлерге таруу айдатуунун, сугартып чөп чабуунун кынуусун алган Үмөталы жаз алды менен эл жыйнап, кар саркындысы сынып, жер тоборсугуча жаңы арык чаптырмак болду. Суу Ак-Муздан алынат. Арык салаа-салаа адырларды түптөп, баш-аягы жыйырма чакырымга созулат. Арык чапчуулардын көбүнүн колунда тоо текенин мүйүзү, төөпүн, жылкынын жаак сөөгү, бели-алтылаган гана күрөк, кетмен. Иш күн чыга, жер тону жибигенде башталып, көз көрбөй калгыча токтобойт. Ар ким азыгын өзү алып келет. Шашкеде, түш оой жапырт тамактанышып, кайра жабыла иш башташат. Арык бүтмөйүнчө башка өзгөртүү киргизүү-

гө эч кимдин акысы жок. Арык ээси Үмөталы атын минип, кылычын колуна кармап, көпчүлүктүн баш-аягына тынбай бастырат. Непада, тыным алып тура калган пенденин башы кылчайгыча томолонуп арык түбүндө жатат. Аны мындагынын баары түшүнөт. Ал тууралу алдын ала эскертилген.

...Өткөн жайда качыр, төөгө дүнүйө артып, Кашкар тараптан жети соодагер келди. Үмөталы жигиттерин жумшап, соодагерлерди айылына түшүрдү. Тай сойдуруп, кымыз чайкатып, сый-урмат көрсөттү.

— Алаарынар мал экен, мал деген менде. Өргүүлө, эс алгыла. Сонунунар таркаганда малынарды айдап жолго түшөсүнөр,— дейт, көк жибек чапанды желбегейленген неме конокторуна. Селдечендер олтурган жеринде жүгүнүп, ыраазы. Эки күндөн соң жигиттерин алып, конокторун ээрчитип, куш салууга кетет. Жигиттерин ээрчиткен Үмөталы аң уулоодон үч конуп кайтты. Соодагерлер көрүнгөн жок. Аларды капчыгайдын терегиндеги черге алып барып, мууздатып салган. Алардан бекерге алган кетмен, күрөк, чот тиги арык чапкандардын колунда. Канкордун ушундай жоругун билген жергиликтүүлөр кантип ичиркенбейт? Кантип бүжүрөбөйт? Баш көтөрбөй жер чукулап, арык таманын оюуда.

* * *

...Жай, толукшуган маал. Кош жигити артынан ээрчиген Үмөталы сары кашка жорго үстүндө каалгып, четин менен шилби, долоно менен аса-муса үргүлөгөн тик бетте кыя жолго салып, төмөндөп келатат. Өтөктө беш үй. Жардылар айылы экени айгине. Бир журтта көпкө олтурушкандыктан уй омпологон, кой кыктаган короолору саргаят. Сыртка аял чыкты. Жоолугун түзөнүп, бет алдын карап, бийикте келаткан үч атчанга назар бурбай сүйлөп атты:

— Козу-улак көрүнбөйт да? Музоолорду сайгак кууп кеткенби?

Тээ, жапалак арча баскан боргулдарда ышкын сындырып, кымыздык сууруп, козугулак терип жүргүшкөн топ балдарга карап, занкылдап баласын чакырды: — Оу, Үмөталы! Оох, ойнобой омурткаң сынгыр жубарымбек!..

Баласын тилдеп аткан аялдын үнү Сарыкашка үстүндөгү Үмөталыга ийне менен сайгандай тийди. Кы-

мыздан тартылган шараптын күчү көшүлтүп келаткан бою ичиркенди. Кылчактап жигиттерине бурулуп сурады:

— Эмне деп жатат, тетиги канчык?

— Өз баласын чакырып атат шекилдүү.

Аял али үнүн баса элек:

— Музоого көз салгын дебедим беле?... Козу-улак жамырабасын дебедим беле?.. Жин кускур! Бул кулагына сөз айтсан, тигил кулагынан чыгып кетет! Бүгүн дагы мал саабай калат турбайбызбы?! Ооу, боорунду жейин, Үмөталы! Кулагыңа кум куюлган, Үмөталы!

Тили суук аял карганып-шиленип атканда арткы үйлөрдөн үч-төрт аял сыртка чыкты. Тездете бастырган Үмөталы чукулдап калды. Шыйрагы чилмейген, шымы кыска бир топ балдар көк бетте жүгүрүп, кош аякча секиришип, ойноп келатышат. Алдыда сегиз-тогуздардагы кара бала. Ышкын колтуктап, эдиренден алган. Ал шибердин башынан түйүлүп секирип, түзөнчө өтөктөгү аткулакты шыбырттата аралай коюп, тилдеп аткан апасына жетти. Үмөталы жигитине буйрук бере камчысын сунду:

— Апкелчи, энеси боорун жегиси келген немени?!

Жигит ыргып түштү. Делдее калган баланы камтый кармап, тура калды. Үмөталы чапан ичинен кылычын сууруп алды:

— Элде бир гана Үмөталы аттуу адам бар. Ал менмин! — деди да, жигити оңтойлото кармаган баланы моюнга шилтеди. Аялдар жардана эч нерсеге түшүнбөй турушту. Тили суук, каргышчыл аял дагы түшүнбөй турган. Качан жигиттин колундагы тыбыраган балага кылыч көтөрүлгөндө чур этишти. Жүгүрүп келген тестиерлер токтоп, эне башы тоголонгон баласын басып жыгылды. Үмөталы кылычын кынга уруп, ыкчамдата бастырып кетти...

* * *

Үмөталынын ак үйү тээ окчун тигилүү. Кымыз жеткирчү жылкычылардын үйлөрү да алыс. Тамак-аш бышырчу жалчылардын үйлөрү да алыс. Койчулар да алыс. Ошентсе да абасы таза тоодо, аскалуу, арча-карагайлуу тоодо жөтөлгөнүн алда кайда угулат. Жылкынын кишенегени, уйдун мөөрөгөнү, букалардын тайманаарда күркүрөшкөнү, койдун маараганы, адамдардын бакылдашканы, иттердин үргөнү, ойдон-кырга, ал

чокудан бул чокуга учулат. Сыртта олтурабы, же төрдө олтурабы, болбосо, кырданып капшытта жатабы, айтор, сырттагы жоруктар үйдөгү адамга даана. Эмне болуп жатканы белгилүү.

Таң атты. Түндүк тартылбагандыктан үй ичи карангы. Шарап чагып салганбы, Умөталы туталанып ойгонду. Төшөгүндө жатып, тээ үйү алыс койчусун үнүпөн тааныды. Кудай атканда, анын безилдеп ыйлап ээрчүүчү баласы уктап калды бекен? Же чаңырыгы баштанып, мындагылардын дагы тынчын алабы, сактай көр!.. Чоң төбетейчен бетегеден батек тыккан кайыш чокой кийген неме Умөталынын коюн баккан жылы аялы төрөгөн. «Койлор быйыл кыштан чыгашасыз болду. Аялымдын алдынан жалгап, уул төрөдү. Атын Кубат койдум. Бул да болсо, сиздин каалет, даткам!» деп босогодон баш багып жүгүнүп, Умөталыга сыйынган. Андан бери алты жыл өттү. Кубаты козу тосууга, кой кайтарууга жарады. Жаман жери атасын бура бастырбай ээрчийт. Көрүнбөй кетип калса, жер чапчылап ыйлайт. Мындай жоруктарын көбүнчө, эртең менен атасы мал жайып жөнөөрдө болот. Бир аз күн мурда Умөталы койчусун чакырып алып, кеңеткен:

— Баланды өзүң туугансыңбы, аялың тууганбы?

— Ие даткам, аял тууган да.

— Кимиң эмизесиң?

— Таксыр даткам! Эмчек катында да.

— Балаң бала эмес, бир безбелдек. Дайыма уйкуну бузат. Жайындагы таттуу уйку тан алдында болот. Уйкум бузулбасын. Алыс конгун!

— Куп болот, даткам!

Ушундан кийин көп эле алыс конгон. Аскалуу тоолор жанырыктап доошту күчөтүп ийеби, ойгонуп кеткен Кубат атасын жанынан таппай ыргып турду да, бакырган боюнча сыртка жөнөйт. Жүгүрүп баратып, көзүн ача албай ушалайт. Уурдунан шилекейи куюлуп, мудурөөт. Жапырылган шибер үстүндөгү шүүдүрүмгө тарыган муздап, шыйрагы какшайт. Ага да болбойт. Чыманы муздап, мытырайган салаасынан кир сызылат. Бута да кайыл.

«Ата эле, ата! Атаке эле атаке» деп чаңырат да, жүгүрөт. Атасы эки кыр ашып кеткен. Кубат төш таянып, безилдеп ыйлап баратат. Чандалардан жүгүрүп баратат.

Төшөгүндөгү даткасын куйкасы курушту. Туруп, төрдө кызык уйкуда жаткан уулун чапчыды:

— Эй, Санбек! Тур, тур бачым!

Баласы эптенден, башын көтөрдү. Көзүн бардап, атасын тааныды. Турду. Баласын жетелеген датка, мылтыгын кармай чыкты. Койчунун аялы артынан жөнөп, Кубат узап, боордо жүгүрүп баратат. Үмөталы бардакгсе дүрмөт салып, уулуна буюрду:

— Ат, тетигинин!

— Кимди, ата?

— Жыланач баланы!

Тогуз жашар Санбек сыпар тизелеп, барданкени сундуруп, шыкаалады. Кароолду да, ыйы угулган Кубатты да көрө албай, балдар менен чүкө ойногону, чүкөлөрүн Кубат көтөрүп жүрөөрү эсине түштү. Туруп айтыды. Мылтыкты кайра сунду.

— Ата! Аталбайт экемин!

— Наадан! — деп ачууланган Үмөталы мылтыкты алып суурга окшош жыланач Кубатка сундурат. Мелтиреп кароолго алат. Барданкенин сайынан түтүн булап, бац этет. Өйүз-бүйүздөгү тоолор кабышат. Кубат ала салат. Тик бетте колун серпип, жашыл шиберге сойлоп калат. Датка камыран койбой уулун жетелеп, үйүнө кирип кетет.

* * *

Тескейи түнт карагай. Күнгөйү бадал. Ортосу кең өрөөн. Жарып аккан суу. Өйүз-бүйүз жардана тизилген айыл. Үмөталынын үйү баарынан окчун, карагай этегинде. Жаңы журтка келген датка дөбөдө, бир топ адамдар менен кымыз ичип олтурган. Төмөнтөн жалгыз атчан чыкты. Ал жакындаганда тизгинин буларды карай бурду. Өңөргөн мылтыгы бар. Арчадан жаңы кундак салып бер деп мылтыкты өгүнү датка берген. Тапшырганын орундаткан уста бүгүн жаңы конуштагы ээсине алып келаткан.

Уста атын алыска тушап, калтырды. Чукул келип, салам айтып, таазим кылып, бооруна кыса кармаган мылтыкты ээсине тапшырды. Датка жакшы көргөн бат атаарын кармалап, шыкаалап, устага бурулду:

— Кундагын бузган жоксунбу? Сайы түз жаттыбы?

— Түз, баатыр, түз. Аянмак белем. Бузмак белем.

— Түз экенине кандайча ишенем?

— Бута атып көрүңүз, баатыр?

— Бута мээлеппи? Дал тийишин билиш үчүнбү?

Анда бар, тээ карагайдын түбүнө аюуну туурап олтур. Мен сени дал мандайга атып көрөйүн. Мээң чачыраса утканым. Жазып калсам мылтык сеники болсун?

Устанын үрөйү учту. Сакал-муруту сербейип, өңүнөн кан качты. Тикен баскандай чочуду:

— Кой, баатыр! Ошо кантип болсун?

— Болбосо, мен болтурам.

— Ырайым этиниз! Башкача бута мээлениз.

Датканын дегенинен жанганы го, күлүмсүрөдү. Кара мурутуна кошуп, сүйрү кара сакалын сылады. Жигитин буйруду:

— Тур, окчонтойду алып кел.

Белине шап байлап, жалактаган ал барып тез кайтты. Датка дагы буйруду:

— Алты катыным, алтоо тең чоң үйгө киришсин. Тез!

Алты аялдын үйү алты башка. Бирин сырттан чакырып, экинчисин эшигин серпип кирип, жигит Үмөталы жатчу чоң үйгө шилтеп атты. Аны мында олтургандар көрүп турду. Көзүнөн күлгөн датка өзү да көрүп турду. Эң четки ак өргөөдөн, эң арты болуп он жеттиден не өтө элек Айганыш аттуу токолу чыкты. Атына окшоп, чырайлуу, мурду куюлган, кирпиги кайкалай кара көзү бакырайып, бети тарам кызыл. Башында элечек. Элечек ортосу кызыл жибек менен кыюуланган. Үстүндө беш бел кара дукаба кемсел. Этеги кылайган ак көйнөк кепич-маасыны жапкан. Чачына улаган чолпу жамбашына ооп бергенде, соорусун карай серпип койду. Жакында үйлөнгөн токолуна датка өзү да назар бурду. Ал чоң үйдү карай басып баратты.

Аялдары бүт кирди. Үй сырты жым. Буйрукту аткарган жигит кайра келди. Жаны кыпылдаган уста Үмөталы алаксыганда эле куйрук кыпчып, жылып жөнөгөн. Атына жетти да, тушамышын чечип, коктуга кирди. Кайсы өрөөнгө салып чапканын ким билди, ошо боюнча жоголду.

Датка өйдө турду. Кароолго энкейбей мылтыкты окчо кармап, өз үйүн мээледи.

— Кана эмесе! — деди ал жанындагыларга угуза,— каа күнөөлүүсүнө тийсин, катындарымдын!

Тарс. Айлана жаңырды. Эшик талаша чаңырган катындары бирин-бири жөөлөшүп, элечектери кыйшайып, салбырап чыгып атат. Бешөө беш башка чачырап, каякка качышаарын билбей кол жайып, элтеңдеп калышты. Алардын артынан Айганыш көрүнбөдү...

* * *

Мыкаачынын колунан бей өлүм болгондордун ата-энеси, ата-энесинин ага-тууганы, жээн, таякелери жок эмес. Алар жон түйүп, өч алууга, кун алууга тиш кайрап көрүштү. «Жолборстун жаткан жерине ит батпайт» болушуп, даткага даай алышпады. Үмөталыдан өч алыш үчүн мурун өзүндөй айбаттуу да, белдүү да таяныч керек. Ал кайсы элден урунат?

Аларындын кайрылып келип, такалаары Ормон. Акылдашып келип, токтогону Ормон. Жан боору өлүп жабыр тарткандар тагдырдын башка салганына майышып, Үмөталынын үстүнөн эч жакка бара алышпайт. Күйүп күл болуп, өчүп көмүр болуп, өз очогунун жанында, өз үйүндө сыздап олтурушат.

Уулунун жосунсуз жоруктарынын чет жакасы Ормонго да угулду. Байбичеси келинине куран окутканы барып келгенден кийин угулду.

— Келин эмне оорудан өлүптүр? — деп сурады, Ормон.

— Уулун ойнойм деп, атып алыптыр,— дейт байбичеси.

— Ал, киши атып ойноочу болуппу?! Киши колдуу өлгөн күнөөсүз аял куну «элүү ай туяк» деп мен элди үйрүп олтурсам,— деп опулдап алат да, Калыгул эсине түшөт. «Акыл берээр, ала качса тизгиндээр адамын болбосо, бу журт башкарма деген адам көп жакшылыктын ичинен чыкпаса керек!» — деп көңүлүнө толгонуп, тунжурап калган. Зил чачкан ата уулун жазалаганы, аттанганы жатканда Иле боюна уруксат келип, көчүп калган. Азыр, Үмөталынын жоругун ойлоп тетири бурулду. «Балким, элдин мени унутпай баратышы ушундай итчиликтин кесепетинен болуп аткандыр?» — деп күйүндү. Өйдө турду. Топурак, чөп жабышкан этегин каккан да, күбүгөн да жок. Карааны кичире, далысы эңкейе түшкөн. Мойнун салып, Көл башындагылардан: «Ормон Бексейиттен мүйүз алам деп барып, кулагы жок, токол болуп келиптир го!» — дешип табалап жүрүшкөнүп эстеди. Эстеген менен терикпеди. «Кимисинин оозунан чыкса да сени, шашпа!» — деп ызырынбады. Илкип, үй тарабын карай басты.

Ошондо, дарт тийгендей капшытына олтуруп калды. «Тигини аткарып кел, муну орундат» — деп, Шаменге буйрук берүү токтолду. Аземдетип ат токутуп, минип бастыруу тыйылды.

Өткөн жылы Ботокан байга Көл башындагыларды сыпап мал калтырбады беле, Ормон үстүнө азыр ал кирди... Момун чалыш неме бул сапар өрт көргөндөй ашыгыштуу. «Чоң Ормон көзүмө бир көрүнсө кордук көрсөткөндөрдөн эки эсе өч алам» — деген ойдо болуп, күн эсеби, ай эсеби бүтпөй, ашуунун ачылышын күтүп, алыскы Сырт кыштоосунда жүргөн. Азыр салам бергенди унутту. Лап чөк түштү. Камчы менен чоң тебетейин желкесине карай түрттү. Тон ичиндеги кир жакасы жылтыраган мата көйнөктүн жападан жалгыз элкым бүчүсүн бошотуп, үюлгуган төш жүнү көрүнө түшүп, камчысын бүктөй карман, жанын доп чапты:

— Баатыр! Өзүң көчкөндөн ай өтпөй Балбай менен Алыбек топ жигит ээрчитип келишти. Кудайдын кулагы укkан сөздү өзүнөн кантип жашырайын: «Төөнүн, тулпар туур байталдары ушулбу?!» «Чар болгондо күйкалап, сүрсүгөндө жээр ириктери ушулбу?!» дешип, өзүңдү мазактап, талап кетишти. «Эй, антпегиле! — дедим. — Муну баатыр «Уу коргошун түбү» атады эле «Тийген, соо болбойт!» деди эле десем, «Ошентти беле?!» — деп адамээй, Балбай мага чакчарылат. «Уу коргошун түгүл ачыган күчөла болсо да Ормондон келгенди көрдүм! Мен үчүн билген намазын окусун!» — деди. Сенин ирик, байталдарыңды талап гана тим болушпай, өз малымдын карааның да оюп кетишти. Сөөгүмөн өтүп, чучугума жеткен мындай кордук үчүн...

Ботокан жөтөлүп, шилекейи чачырап, күрмөлдү. Өңүрүн шилеп, кайра күчөдү. — Жер калыңынан көтөрүп жүрдү. Күн узарган сайын ашууну каран, өзүңү күттүм... ...Мына, «кудай бирөө, кезек экөө» деген ушул. Кезеги келди эми иттин! Эми өч алалы, баатыр! Эми, жем кайрыйлы, баатыр?!

Ботокан бакылдап атканда, Ормон үргүлөп, бир-эки мүлгүп алды. Анын такыр байкабай, көңүл салбай укканын эми байкаган берки тан, оозу ачылып, дал. Ормонду кылыч асынып, айыл дүрбөтүп, кол чогултуп токтолбой аттанат деп ойлогон. Адатындай чыңжырын шалдыратып тура калган жырткычча күрр этип, жулунат деп ойлогон, Ботокан. Мандайындагы Ормондон ал жорук байкалбайт. Өлөң арасында жаткан өгүз кулак-мурдуна жабылган чиркейден тажап, башын чайкап, койгон сымал, саал түйшөлдү. Демин ичине тартып, эстемекчи болуп, оозун жарым ачты. Кыбасы канбай токтолду. Көзүн ушалап:

— Ошонтиштибн?.. Ошентип айтыштыбы? — деди.

— Ошонтишти, баатыр! Ошентип айтышты, баатыр!

— Кудайдан жетсин! Эмне кылабыз? ...Урап баратканыбыз ошол. Жоголуп баратканыбыз ошол,— деди да, мурутун шимий эрдин бек кымтып, көзүн жумду. Анын кацырыгы түтөгөнүн берки байкабады: «Тобо! Мобу, Ормонбу? — дейт ичинен аң-таң калган Ботокан,— чочуп үйгө кирип... Башка кишиге жолугуп алдымбы? Өзү эле го? Дени сообу? Аппйим иччү болгонбу үргүлөйт эле, үргүлөйт?» Башка жоон ала албаганда, дабышсыз жылып, сыртка чыкты. Шамен босогодо туруптур. Этектен алып ары сүйрөп, шыбырайт:

— Үйдөгү биздин Ормон баатырбы?.. Оору эмеспи?.. Чокко түшүп күйөйүп деп келсем... Деги акыл-эси ордундабы?.. Кулагы укпай калганбы?

— Баатыр мүнөзүнө, кийинки кездерде, өзүм да танмын,— деди Шамен. — «Түшүмө ар перселер кирет. Жаман ойгончу болдум» — деп даттанат. Өткөн жумада мени ээрчитип барып, атасынын мүрзөсүнө куран окутту. Сүрөөлөр бүткөндө, алакан жайып бата эткен жок. Көдөө баскан молону тиктеп көпкө олтурду. Байкабадым. Көзүнөн аккан жаш бетин жууп, мурут-сакалынан сарыгып атыптыр. Чыдабай колтугунан сүйөй калдым: «Баатыр! Эмне болду?!» — деп. Ошондо гана улутунуп, ордунан турду. Баатырыбыз, кийинки айларда ушундай жер карама дартка жолукту.

* * *

Ормон Көлдүн күнгөйүндөгү Кичи-Аксуу күйган аймакта кыштады. Кокту-колотко, адыр, түзгө чачылып кыштаган айылын да тескебеди. Чакырган жерге барбады. Оюн-шоокко да катышпады. Айылдагылар да, кулак түргөн Көл башындагылар да «үйүнөн чыкпаган жөө чал» атап коюшту. Бир кездерде кызык көрүнгөн тиричиликтен негедир көңүлү сууп, тиричиликти түртүп жылдыртып, албууттаныштан карманча баш тарткандай чал мүнөзгө өттү. Отуз жетиге келип, келиндиктин акыркы кырында чатырап толгон Укен эринин мүнөзүнөн жатыркап, чочулайт. Бушайман болуп, санааркайт. Күн өтө, жай адатка айланып, көндү: «Болоор болбос иштерге аралашып, ачууланып, ар кимдерге жакшы-жаман көрүнүп, кагышып көңүл калды болгончо, карылыкка баш ийип, оор тарткан да дурус эмеспи?» — деп да ойлойт. Бирок Ормондун мүнөзүндөгү мокогондуктун се-

беби алыста жатканын, туш тараптын соккуларынан келип өзгөрүлгөнүн да сезет. Ал себепти ордунан которууга, же тик тургузууга дарманы жетпейт. Күндүн чыкканын, батканын, түндүн түшкөнүн, таңдын атаарын зооктоп, өмүр кечирүү. Айларды узатып, жыл эсебин толтуруу.

Адам баласы, адам өмүрү жашоо үчүн турмуштун «топ таш» оюнчугу экенин бара-бара баамдоодо; эпчил колдогу «жети таш» ар түркүн экчелип, жалгыздан, жуптан, топтон терилип, ар амалдагы машакаттан өткөн сымал, адам өмүрү да акыркы марага жетип тык токтогонуна чейин турмуштун, өмүр күрөшүнүн түркүмтүркүм калчоолорунан жыгылып, туруп, күлүп, ыйлап, макталып, сөгүү жеп, алек болот белем? Ырас, бул кордукту кечпигибирээк болсо да, бир топ сыноолордон өткөн эстүүлөр гана түшүнө баштаса керек.

Жаз. Мал тоюнуп, этине май чача баштаганда, Ормон эки буканын челишинен оройлук кылып таарынтып алган абасы Калыгулга тартуу алып барып, көчүрүп келем деген ойдо турган. Кесепеттин кайдан болоорун болжоо кыйын. Көл башында той өтөт. Ормон тараптык айылдын жигити өзүнө бөт чыккан Кечил деген ди өлтүрө саят. Кыйкым таап тийише албай турган Балбай Дүн-Булак деген өтөктө көктөп жаткан Ормондун малчы айылын чаап, жүздөн ашуун субай коюн айдатып кетет. Кабар Ормонго жетти. «Мал боор эт менен тең» — дешет кыргыздар. Жаңы ачыган «жөө чал» жүз чамалуу киши менен аттанды. Тике кирип барыштан жанындагыларды токтотту. Дөбөгө келип түшүп, Алыбек кошулган Балбай Ормонго каршы күн мурду. Алыбек кошулган Балбай Ормонго каршы күн мурда эле даяр турушкан. Баягыда талаа кетишкен «Уу коргошун түбү» аталган малы үчүн тийишпей койбойт деген ойдо болушкан. Ормон тарап тынч жатканда: «Карт бөрү кыябын келтире албай атат. Бир күнү кол салып, кызыл уук кылып чаппай койбойт»,— дешкен. Даярдыктуу алар үч жүз ашуун кол менен оң, сол, өзөк болуша тосуп чыгышты. Алыбек турнабай салды. Мелтиреп турду. Түлөгөн жээрде аты кошкуруп, жер чаптап, колундагы турнабай ыргалат. Аздан кийин Балбайга кылчайды:

— Артында кол жок экен. Каптасаңарчы?!

Ормон «кара чунак» атап, ызасы жанына баткан Балбай ээрин алып, тердик гана тартылган тору ат үстүндө. Өнөргөнү темир ашталган найза. Жаак булчундары түйүлгөн, бир моюн неме акыя жардангандар

тарапка имерилип, карышысын карай сол колун шилтеди. Ала бакан, куу союлчандар ыкчамдап, шуулдай жөнөдү. Ат туягы дүпүрөп, жигиттер өбөктөп алга жүткүнүштү. Булардын калың карааны өздөрүн карай акканда, Ормондун жанында атчан турган Адыл тынчсызданды:

— Баатыр! Туугандарыңдын кебетеси жаман, кетели.

Ормон укмаксан. Мандашын жазбай, сокудай болуп олтурат. Дүп эте мылтык атылды. Ок чукул түштү. Жер оюла, чаң бурк этти.

— Барандын огу экен,— деди Ормон үтүрөйө.— Тузум ургур! Нээти чын бузулабы?

Мылтык удаа-удаа атылды. Кара атка ок жаңылып, очорулду. Экинчи ок адамга тийип, жигит кулады.

— Түрлөрү бузулду! Қайталы,— деди Адыл дагы чыйпыйы чыгып, Ормон жай турду:

— Қайтса кайталы. Көпкө аз түтөбү.

Ошол гана экен. Тургандар дүрр ат соорусун буруп качты. Тигилер эми чындап куугунга алды. Ормондун миингени тору быштьі. Теминбей, чаппай жайына коюп, топтон улам артта кала берди. Учкаяк сур ат минген Адыл алда бараткан. Қайрылып чаап Ормонго келди:

— Торуну мага берип, муну мининиз!

«Бексейиттен тирүү калып, ушулардын колунан өлмөкчү белем!» — Ызалуу ойдо келаткан Ормон Адылга олурайып, какты:

— Ии, жаның таттуу болсо, кете бер. Ат алмашпайм!

Куугунчулардын чуусу угулуп, камыш жапырган бороондой шуулдап, каптап кирип келишти. Чуудан элирип, катуу чуркаган тор быштьі кыян көөлөгөн чоң аңдан түйүлүп секире бергенде үстүндөгү Ормон шыпырылып түшүп калды. Аң түбүнөн калпагын алып кийди. Узун чепкендин этегин басып, чалынып, ашыкпай кемерге чыкты. Олтура бергенче, жогор жагынан, төмөн жагынан шатырап, дабырап куугунчулар өттү. Аңгыча кенебеген Ормон башы зың этип, көзүнөн от чагылды. Учкан калпагын жаза апчып, имериле карады да, Нышандын он сегиздеги уулу Мырзаны тааныды:

— Кемелиме келбе! — деп айтты да өңү бузула обдулуп, кайра олтурду. Мырза да тааныды. Жазганып, алга чапты. Арткы жеткендерден экөө-үчөө түшө калды. Ормондун үстүндөгү чепкенди сыйрышты. Бутундагы өтүгүн жулкушту. Олжолорун алышып, атка минишип, алга чабышты. Айлана чуу, чаң. Төбөсүнөн кан

жая берген Ормон ак көйнөк-дамбалчан ап жээгинде. Кепин оронгон арбактай далдаят. Жаагын жаба кан сызылып, мусаапыр кейипте. Тагдырдын мунусуна макул болгондой: «Тытышып жүргөнчө, колдоруна түшкөнүм ырас болду!» — деп көктүгү кармаган неме далысын арткыларга салды. Кара санын мыткын, каныгы түтөдү. Ат дүбүртү жан жагынан өтүп, дацкан чачырайт. «Дагы бирөө чаап өтпөгүдөй эле? — деди,— чапса чапсын! Кол кычуулары кансын! Өпкө белем жырылып кеткидей. Жарадар болоормун... Көрүм даяр турат, көмөлөнүп түшөөрмүн! Чырыбыз ушуну менен тыйылгандай болсо?!» Ичи ысып, алагай көзү туман-дап, жаш кылгырды.

Алды тарапта кандай кагылыш болгону белгисиз. Атын текирек таскакка салып келген Алыбек Ормонду тааныды. Тизгин тартты. Өңүндө аёо эмес, шылдың. Удаа келген Боромбайды токтотту. Колун серпип:

— Тээтиги куданы карачы,— деди,— көмүр өчүргүчтөй болуп, кейпин!

Өйдөтө удургутуп кетип бараткан Балбай да бура тартты. Кумсарып, кыл чайнап, булардын жанына жетти:

— Бул ким?.. Төөнүн өзү эмеспи?!

— Өзү!— Алыбек көзүн жарк эттирип мулуңдайт. — Төөнү, дөө кылып жүргөн биз болчубуз. Эми, «Бөө» кылчуу да биз болобуз. Алы ушул аганын. Эмне, боор тарткан турасың го?!

Боромбай шашып, булардан бөлүнүп, Ормондун жанына барып түштү. Ак кементайын чечип, соксойгон Ормонго жаап күйпөлөктөйт:

— Кудай каргаган го бизди! Кудай урган го бизди!

Ормон күйшөлүп, ийнинин кагып, жамынган жок. Чаап бараткан Боромбайдын уулу Өмүрзак кайнатасы Ормонду көрүп бура тартып, ал да түштү. Далысынан жылмышкан кементайды кайра жапты. Кайнатасы унчукккан жок. Алыбек кылыйып карайт. Балбайдын каны ичине тартат. Кунсуз кесилген кулагынын орду ачышып, өзүн зорго карманат. Боромбай буларга жөө келди. Башын салып, ойлуу келди.

— Эми эмне кылабыз? Ит болдук го? Кеп болобуз го?!

Чаап бараткан чап жаак, кызыл жигит имерилди. Бул туура сөздүүлүгүнөн катарга кошулуп келаткан Тилекмат аттуу жылкычы болучу.

— Эмне кылмакчы элеңиз, кудацызды?! — Жээрде

аты ойдологон Алыбек кергиштейт. — Акиси айыкмак беле. Эртен эле кайра баштайт. Биротоло тындым кылып, кутулсанарчы.

Алыбек сөзү жага бербеген Балбай кажанып, демигет. Тилекмат кеп ким жөнүндө экенине түшүндү:

— Убалектин черидеги жылкычыларга берели. Киченден, экинай кармашсын. Кийин тоо ашырып ийишет.

— Ошентели! — деди Боромбай табылган акылга кубанып.

— Койсонорчу! — Алыбек кол шилтеп. — Ормондун эми өлүүсү кайсы, тирүүсү кайсы? Тирүү койсок эртең эле буура болуп бүркүлдап, төбөбүздү кандайт!

Боромбай шачып, акыл таппай ар кимине жалт карайт. Өкүрөк кайпатасынын жанында. Оромол менен Ормондун жаагындагы канды сүртүп, алек.

— Деле,— деп алды, айласы кеткен Боромбай. — Ормондун жүзүн мага көрсөтпөгүлөчү?!

Жаалы жаман Балбайга ушул сөз гана керек экен. Чатынан суурулган өкүм атын темине, түтүндөй качырды. Ормонго жетти да, киндиктин алдына найзасын уруп кетти. Чочуган Ормон:

— Ах! — деп өтө берген ага жалт карады. — Ит! Түбүмө жеттиң го?! — Жаралуу жерин кош колдоп басып, эриндери кайраттанып, баарына кылчайып, дагы бакырды. — Эй, топ наадан! Биз... Ушу биз өз түбүбүзгө өзүбүз жетип бүтмөй болдук го?!

* * *

Ормондун айылы кара кийди. Жылкынын туу куйругунан түйөк байлаган айчык көк туу сөөк жаткан үйдүн чамгарагынан соройду. Азалуу ал үйгө жакабелдеги айылдын катын-балдары барганга даабай, сүрдөдү. Мыктылар, кабар бергендер гана жайнап келип жатты. Үмөталы түндөп келди. Жаманчылык башына түшкөндө, намыс үчүн биротоло көчүп, Калыгул да келди. Төрөгелди Чүйдө Жангарач айылында болчу. Кабар оңдол жерде жүргөндө барды. Кабарды абалы Жангарач укту. Айылында жаткан Төрөгелдиге угуза алган жок. Башкалардын да оозун тыйды. Жөнөтүш үчүн минтип гана айтты:

— Ормондун айлынан киши келиптир. Баатырдын оорусу катуу, дейт.

— Ыя! — деп чочуган Төрөгелди аяң-буянга келбей,

Күрөң жоргого аттанды. «Баатырды биз дагы барып көрөбүз»,— деген шылтоо менен аймактагы аттуу-баштуулар түгөл аттанды. Кайкы кылыч асынган Төрөгелди алдыда, кылчайбады. Санаасы бузулуп, Күрөң жоргонун күүсүн жаздырбай жүрүп барат. Артта самсыган атчандар. Кеминдин чологун ашышты. Түзгө түшүштү. Жапырма тебетейчен жигит:

— Угузбай эле жүрүп олтурабызбы? — деп калды.

— Кантип угузуунун ыгын таппай атпайбызбы.

— Анын эмнеси бар. Өлгөн жан тирилбейт. Коркуп атсаңар, мен эле угузайын.

— Кана, ал керекке жарасаң! — дешти. Жапырма тебетей атына камчы басып, Төрөгелдиге жанашты. Ал кабагына каар алып, үнкүйүп, кетип барат. Кыйык көз оң жагына чыкты. Үзөңгүлөштү. Кара терге чөмүлгөн күрөң жорго менен беркининн атынын тансолору көөп, өпкө кагып, күшүлдөшөт. Эрдик көрсөтмөкчү болгон жигит капалуу Төрөгелдиге жүз буруп, айтты:

— Кудаанын жазуусу экен. Ормон дүйнөдөн кайтыптыр!

— Ыя?! — чочуган Төрөгелди кылычын тартып алып, угузган немени кагып жиберди. Кыйык көздүн башы жапырма тебетей менен оякка ыргыды. Ага кылчайган да жок. Жоргонун капталына ооп:

— Эсил кайран, бир боорум!— деп бир бакырды. Бул жер Тогурак-Бел аталчу. Ормон сөөгүнө жетишке эми отуз чакырым аралык бар.

Алдыдан жүгүргөн ат алчуу чылбырына жеткиче, Төрөгелди ыргып түштү. Азалуу тууга бир карап камчысын оң бөйрөккө тиреп, жер-сууну буза бакырды:

— Эсил кайран, абакем! Эсил кайран, бир боорум! Эми кайдан көрөмүн, кокуу!! — Көзү чылк жумулган. Мойнунун күрөө тамырлары көк жондоно чыналган. Муна, мурдунан кан кеткен. Жашы шилекейине аралашып, сакалы ылдый куюлган. Көкүрөгү кызыл-ала.

А дээрге алы келбей өкүргөн ал Ормонго күйүүчүлөрдү катуу жашытты. Ыза, намыс, өлтүргөндөрдөн өч алуу кошулуп, ар кимдин көңүлүн уйгу-туйгу кылды. Таш үстүндө чекесин мыкчып олтурган Үмөталынын азуусу бачырайт. Туткасы болсо жерди тегеретип ийчүдөй, келтеги болсо Көлду оодара салып, Балбай тарапка акыр кыямат селин каптатып ийчүүдөй. Өкүргө айлана дүңгүрөп, үйлөр учуп кетчүүдөй. Четте басып турган кыраакы Калыгул тынчсыз. Санаалуу. Ал Төрөгелдинин көкүрөгүндөгү жаш аралаш канды көрүп:

«Ай, сакта! Ушул, элдин жашы менен каны болбогудай эле?!» — деп дирилдеди. Акыл угуучусу аз, ала бакан, куу союл көтөргөн алабарманы көп элге ишене албай дирилдеди, жарыктык Калыгул.

Көптө барып эркектер өкүрүгү тыйылды. Үй ичинен Ормондун кызы Гүланданын кошогу угулду:

Байлатпай күлүк мамыга:
Сан кол албай жаныца.
Сааттуу кайдан аттанды,
Атакем, жаратканга жазганбы?!

Тор быштысын моюндап,
Ок-дары албай коюндап.
Тоготпой неге аттанды,
Атакем, бир кудайга жазганбы?!

Кумган чоргосунан чууруган сууга жуунуп аткан Төрөгелдинин кулагы Гүланданын үнүндө болчу. Башын чулгуп алып, айкырды:

— Эй, эл-журт! Айткылачы, үйдөгү бейбак эмне деп атат?! Түшүнткүлөчү ой, эл?!

Арстанга шыйпандаган түлкүдөй кылтыңдаган Капталал Төрөгелдинин жанына лып жетти. Ал ооз ачып бирдеме деп ийгиче, Калыгул да жетти. Акырая тиктөө менен Капталды кийиндетип:

— Сабыр эткин! — деп тыя баштаганда, Гүланда кошогун улады:

Окемди, Бакем сойгондо,
Төкө акем төмөнкү Пишпек коргондо,
Канткенде кызың кан жутпайт,
Атаке, каралуу элиң болгонго.
Төкө абам жараар намыска,
Жантай абам кирип жашынаар,
Жылгындуу башы камышка.

Төрөгелди ээрдин каната тиштеп, ичтен кыжынды. Төрөгелди иш жайына эми түшүндү. Айкырып, чамына тура калды:

— Кара жерге кызыл кан, кар жаагандай кылбасам!

Баятан Калыгул кыраакынын дирилдегени ушул кабар.

...Жаралуу, шайы кеткен Ормон күйөө баласынын үйүнө жеткирилет. Капшытта жаткан ал көптө эсин жыят. Жамынчысын түзөп сакал-бетин сууга чыланган оромол менен сүртүп, көзүнүн жашын көл кылып, жанында турган сүйкүмдүү кызы Гүланданы тааныйт.

— Сен... мында белең? — Кызына жал-жал тиктейт да,— Болоор иш болду! — деп эчкирмекчи болгон аны

тыят. Кайнатасынын көзүнө көрүнүүдөн уялып, чыдамы жетпей Өмүрзак сыртта кулак түрүп, басып жүрөт. Үйдө ата менен кыз. Атада ал жок. Кызында отко түшүп күйүнүп, дале жакшылыктан үмүт үзбөй тыпырагандан башка арга жок.

Бир эсе эти алоолонгон Ормон Балбайга кеги кайнап, кызына бул кереэзди айтты:

— Кунумду Шамен кессин. Төрөгелди Көлдү үч айлансын[1]. Адыл Мырзага көз салсын.

Бир эсе дениндеги албырган ысык суун, жоошуп, сабыр келтирди. Чамгаракка, уукка тигилди да:

— Суу! — деди, акырын. Кызы сыр чөйчөккө суу алып келди. Башын сүйөп, эрдине оңтойлоду. Атасы кылт жутту. Курган, куудураган тилин нымдап, үшкүрүп, дагы бул кереэзин айтты:

— Үмөталы жаман кыялын таштасын. Эл менен ынтымакта болсун... Кылмыштуулар алдыга түшүшсө, ар-намыс кылбай элдешип алышсын. Акыл башында Калыгул абаң турсун. Анын айтканын угуп, акылын угушсун. ...Чырагым! Ал абаңан мени кечиргим сурады дегин,— деп бир паска токтолуп, ууртунан жылмайды,— оо дүйнөдө кездешсек, Апендиден өзүм да кечиргим сураймын. ...Ай, Көкдолу мен деп жүрүп өтөөр. Ал мени гана укчу. Мага гана көнчү. — Кайра мупайын көзүнүн жашы кылгырды. Суу сурады. Ууртап, кызынын чачын сыйпалап, мандайынан сылады:

— Укенге салам айт.

Гүланда эчкирип, ата көкүрөгүнө жыгылды. Сөзүн толук уксун үчүн, Ормон кызын токтотту:

— Мен Укенге ыраазымын. Эки дүйнөдө ыраазымын, чырагым! — деди. — Үмөталы жинди сени жибербейм дээр. Тилин алба. Эки балаң турат. Балалуу аялдын мазары — эри болот. Ашым өткөндөн кийин, кайра келгин. Кайра келгин өз үйүңө. Уктуңбу, чырагым?!

— Атамдан ажырайымбы? — Гүланда дагы эчкирди. Ормондун көзүнөн да жаш акты. Кайраттанып, кызынын колун тартып, башын жаздыкка коюуну өтүндү.

Чамгаракты, андан наркы булут көчкөн асманды тиктеп, улутунду. Өзүнүн да бул тиричиликтен булут сымал көчүп, бөлүнүп баратканын баамдады. Башы айланкөчөк түшүп, көзү тунарып, көргөндөрүнөн адашып баратты. Дагы бирдемелерди айтмакчы болду. Бирок үнү чыккан жок. Кулагы күүлдөп-шуулдап, агынга

[1] Өлтүргөндөрдү үч жолу чапсын дегени.

калкып бараткан өндөндү. Көзү жумулду, үзүлдү. Тышкы кымкуутган түбөлүккө калды.

Ормондун керээздери сөөк үстүндө Калыгул абасына айтылды. Карыя назар салып, Гүланданын өз оозунан угуп бүтүп:

— Чырагым! Атандын биринчи айткан керээзин кайталаба, унут. Эч ким укпасын. Айтсан, кийинкилерин айткын,— деп өтүнүп, чыгып кеткен. Кыз абасынын тапшырмасын терең түшүнбөй, Төрөгелдинин жүрөгүн ачыштырып, кошок менен баяндап, дүүлүктүрүп олтурат. Бул түртку бир балээге согуп, кандуу кагылыш башталаарын билген Калыгул дирилдебей кантти?!

* * *

Уйкудан калып, бир жагынан санаа жеп кыйналган Калыгул көлдөлөң үстүндө жаздыкка чыканактап, алаканы жаагын тиреп жаткан. Эшик шырп эткенде, көзүн ачты. Обдулду. Чоочун жигит колун боорuна ала таазим этти:

— Атсалоом алекум карыя!

— Алекиме... кел, баатыр.

Көзү жайнаган кара каш, жука эрин, кызыл жигит ылдыйраак олтура, сүйлөй кетти:

— Кереге ажыраса көктөлөөр. Ээр ажыраса эптелээр. Жер жарылса сел менен толоор. Эл жарылса эмне болоор, каспеттүү карыя?

Тапкан сөзүн тайманбай айткан жылдыздуу жигитке Калыгул аба назар сала тунжурап, тигилип калды.

...Баягыда, жүйөлүү сөз табалбай, кекчил Балбайга кыл арканды үздүрүп алган Боромбай, Ормондун шайы оогон сайын амалы түгөнөт. Сексенге чыгып, көптү башынан өткөргөн Дөөлөсту алдырып, кеңеш сурайт. Ал бир кезде сарбаз болгон. Кыргыздын кызына үйлөнүп, мында жашап калган.

— Ормон өлдү дегиче, очок бузулду дей бергиле,— деди наспайын эки таноосуна алма-терме салып, жыттагылаган Дөөлөс,— өлсө сөөгүн элине бербегиле. Өрттөтүп, күлүн киши бою жер каздырып көмгүлө.

Дөөлөстүн бул амалынын түбү эки уруунун өчөгүшүүсү дагы күчөй түшүүсүндө жаткан. Боромбай аны түшүнбөсө да, айтканын макул таппады. Ормон үзүлгөн күнү эле сөөгүн кара буурага жүктөтүп, кызыл кымкап жаптырып, боз жорго минген Гүландага жетелетип жөнөттү. Өлтүрткөнү аз келгенсип, өрттөткөндөн ай-

быкты, чочуду. Алыбек, Балбай болушуп, Токтобай аттуу бийге акыл салышты. Боромбай экчелип олтуруп сүйлөду.

— Артыбызга кан төгүп алдык. Жылкы тийишип, кеги кайнаган Жонгар жоо турат. Чогулуп батаар жерибиз кайсы? Чыгаар тообуз кайсы? Эл-жер аралап жүрдүң эле, буга эмне демекчисиң, Токтобай? Он-он бештен чачырап, тентиреп башкалардын улагасына киренди болбосок, Ормон тараптагылар менен кантип жүздөшөбүз? Кандайча аймакташ жашай алабыз?

Тултуйган Балбайга, кабагы чытылган Алыбекке сабыры суз Боромбайга Токтобай кыдырата көз чаптырды. Мыкчыйып, акыл издей толгонуп:

— Ормон өлүгү бир жыл жалын-чок болор,— деди мандашынан бир бутун бошотуп сунуп,— экинчи жылы күйүп, күлү калып, жок болор. Азырынча айыпты моюнга алып, күтө туралы. Кандай сөз келет, эмне дешет, угалы. Ал тарапта акыл башында Калыгул турса... Жамандыкка түртпөс. Акылын ээрчип, акыры журт болуп кетербиз.

«Кегим канды. Табам канды. Өз башым сайылуу!» — дегениби, Балбай дале тултуюп, үндөбөйт, Алыбек:

— Бокe! Отко түшкөн бездей көп эле жажылдабаңыз. Болоору болгондон кийин, бороонду күтөлү каяктан согуп, кандай башталаар экен? — деди.

— Ошо да болучубу! — Боромбай кабаарып, кейишүү,— башка да уга элек, туя элек эл-журт бар. Аларга кабарлайлы. Алар эмне дешет? Калыс пикир айтышар бекен, же тигилерге тартып үстүбүздө кара булут болуп, түн түшүрүшөбү, кабарлашканыбыз жөн болор?

— Жүйөлүү сөз айттың,— деп кубаттады Токтобай. — Жаралуу тараптын дартын биз кармалабай калыс журттун дарылаганы оң.

Нары айтып, бери айтып олтуруп бир чечимге келишти. Түн катырып, Чүйгө жашыруун кабарчы чаптырышты. Кабарчы Жангарачты сыйпалап таппай, көптүлүккө аралашып билинбей келип, сөөгүнүн үстүндө жолукту. Четке бөлүп, ит олтурушка салып, ал-акыбалды шыбырады. Желбегейленип, сөз тыңшаган Жангарач бир оокумда:

— Кыйын иш болуп калды,— деди колунун манжаларын бырсылдатып,— болуптур. Эки жагынарга тең тартпай калыс туралы. Боромбай чочулабасын бизден, ушуну айт.

Таласка жөнөткөн кабарчы да келди. Ал элдин башындагы Ажыбек.

— «Мергендин ажалы зоодон. Баатырдын ажалы жоодон. Хан ажалы жакын туугандарынан» — дегендей болуптур. Сак тургула. Биз эки элге тең, калыс элебиз,—дептир. Арпадан аркы Черик элинен да кабар алышты. Ормон бир учур: «Шөлпөр менен бир урсам жок болосуңар!» — деп кекеткен Улакбий:

— «Бөрүчү бүркүт, өлүүчү» — деген ошол. Ормон ошону көрмөк. Биз кимиңерге тартат элек? — дептир.

Кабарлар орундуу келсе да, Боромбай санаалуу. Ичкен ашы кекиртектен өтпөй, түпөйүл. «Мени шайтан шаштырганда!» — деп кейийт отуруп-туруп. — «Балбай менен Алыбекке акыл салып, айткандарын укканча, жанагы... Атың өчкүр айе... Жылкыайдардын уулу Тилекматтын акылына эмнеге көнбөдүм экемин! Эмнеге ошондой кылып жылкычылар айылына жөнөттүрүп ийбедим экемин?! Эсиме жара чыккандыкы ай! Ал оңбогур башта эле эр өлчү ишке жарабады беле! — Боромбай чыракты айланган кечки көпөлөктөй айласы кетип, жан чөнтөгүн сыйпалап, чакасын бир алып, кайра башка жагына салып, эси ордуна келбей атты. — Тилекмат демекчи... Эл тоюнуп мал ыңкып семирген күз маал болчу. Кокон ханы үч жүз чамалуу куралдуу сарбаз жиберет. Аны Пишпектеги чептин башчысы жол баштап келет да, Ысык-Көлдүн тескей кылаасындагы Тамганын чатына токтотот. Чачыратып чатырларын тигет. Туш тарабына кароолчу коюп, хан ордосуна айлантып, сүрдөөтөт да Бугу уурусунун акимдерине опуза катты жазып, эки жасоолун чаптырат. Жасоолдору төө этектеп, суу кечип жолуккан айылдардан сурамжалдап олтуруп, Чычкан өрөөнүнүн башындагы Боромбай үйүн табышат. Хан талабы боюнча жазылган катты сунушат. Боромбай молдосун алдырып, катты окуса маанисимындай:

«Бул элди ким тейлеп, ким билет? Ханыңар же бегиңер барбы? Болсо, анын азан чакырып койгон ысымы ким деген болот? Тезинен Кокон ханынын карамагына өткүлө. Чүй, Кемин, Нарын аймагындагы кыргыздар толугу менен хан амирине моюн сунушту. Силер дагы өз ыктыяр-ыкыласыңар менен макул болуп, багынгыла! Болбосо, күч менен басып алабыз. Ханыңар же бегиңер тез арада келип, ачык жообун айтсын».

Кат алып келген немелер кеткенден кийин Боромбай Бугу ичиндеги ар уруунун белдүү кишилерин алып,

кеңешет. Макулдашып алып, оозеки дубай саламын айтып, Кокон хандыгынын сурагына моюн сунушаарын билгизип, жарак-жабдыгы келишкен ат минген шылуун делиниген жигитти жөнөтөт. Ал кайрылып келбейт, кечигет. Жана тандап туруп, мен деген жалоондой чечен жигиттерден экини жөнөтөт. Булар дагы дарексиз, ыңжыын. Айла кетти. Амал түгөндү. Кабарсыз болгондордун жакын туугандары үрөйдү. Ошондо Боромбай мүнүшкер, ары саяпкер Жылкыайдарды алдырып, баласы Тилекматка арачы салаар акылын айтты. Кокон, Намангандан бери кербенчилерди эзэрчин жүргөн Тилекмат бул ишке макул болот, бирок катуу шарт коёт. Бутунан башына чейин келише кийинет. Жабдыгы көз жоосун алган Акбоз ат минет. Жанында кылыч асынып, түпөктүү найза алган кырк жигит болууга тийиш жана мөөр катты шыр окуп шыр жазган, башына селде чалынып, чөнтөгүнө тесне салган бир молдо чайналган жерге минип, кошо эзэрчүүгө тийиш.

Ошондой азем менен келген Тилекмат чакырткан жердин четине жеткенде үч жерге коюлган күзөтчүлөрдү байкап, «Бугунун ханы келатат» дедирип, кабарга жигит чаптырат. Хан болсо жолун тоспогула!» деген буйрук келет. Тилекмат андан ары аралап, килем салынган жерге токтойт. Хан жөрөлгөсүн көрсөтүп, өзүнүн эки жигити акбоз аттан колтуктап түшүрөт. Эки жигити атын сууluктап калып, эки жигит колтугунан сүйөй килем үстүндө бастырып келип, үч жүз Сарбаздын пири олтурган жибек чатырга киргизишет. Жигиттерининн сүйөмөлөсүнөн бошогон акылдуу да, амалдуу да Тилекмат хан каадасын бек тутуп, капшытка эмес төргө барып, парча төшөктүн үстүнө мандаш урат кабак чытып, сумсайып, кекирейип.

— Сиз ким болосуз? — деди чатырдын төр жак бурчундагы хан ордосунан келген кол башчы.

— Кимди чакырттынар эле?

— Хандын же бектин өзү керек мага.

— Анда мен, Көл аймагандагы Бугу элинин ханымын. Чакыруунуз боюнча келип олтурамын.

— Аа, Боромбай деген ким болот?

— Боромбай, бектин тукуму. Белек аттуу бир урууnун акими. Жиберген катынызда хандын өзүн сураган экенсиз, жүздөшүп атабыз минтип...

Сарбаз башчысынын ырайы жумшара:

— Кыргыз бектери түгөл Кокон ханынын карамагына өттү. Сиз өтүүгө макулсузбу?

Кабак чытыган Тилекмат шатыратып, шар сүйлөй баштады:

— Оң менен Сол атанган Ичкилик, Аркалык туугандар макул таап атканда биз өз урууларыбыздан бөлүнбөйбүз. Андайды түп ата, түп эне арбагы жазалайт. Ошондуктан жаамы туугандар макул тапкан ыражымдан баш тартпайбыз. Чабышып кан төгүүдөн силерге да, бизге да пайда жок! Кана, сиз дагы мага ачыгын айтыңызчы? Биз Кокон хандыгына кандай алык-салык беребиз? Аны кимдер жыйнап алып турат?

Жыл сайын түтүнгө бир кокондон — силерче жыйырма тыйындан, ар жүз койдон беш кой, жүз жылкыдан үч жылкы, жүз үйдан үч үй. Муну Пишпектеги чен бегиге өзүнөр жеткиресиңер...

— Түшүндүм. Алымыңар анча оор эмес экен,— деп Тилекмат сырттагы молдосун чакыртты. Тил кат жаздырып, Боромбайдан алган күмүш мөөрдү чөнтөгүнөн алып атып,— быйылкы жылга беш жүз жылкы, мың кой, үч жүз үй берүүгө милдеттенебиз,— деди. Шар чечилген ишке ыраазы болгон хандын увакүлү босогодогу жигитин жумшап, Кудаяр хандын мөөрү басылган даяр кагазды алдырды. Күбөлүктү араб жана кытай тамгалары менен мындайча толтурду: «Ушул киши Жылкыайдар уулу Тилекмат Кокон ханы үчүн Ысык-Көлдөгү Бугу элинин ханы болуп таанылат».

Тилекматка ардактуу күбөлүк баракчасынан тышкары атайы ала келген ийини-төштөрү алтын жип ноктолгон кулпурган кызгылт кымкап чен тон жапты. Жабдыгы келишкен сүттөй ак аргымак мингиздирди. Узатаар алдында Тилекмат:

— Мурда, сизге жиберилген жигиттер кайда? — деди.

— Таксыр! Абалы өзүңүз келүүңүз керек эле. Тоотун келбегенинизден баштары алынган.

— Куну эмне болот?

— Ордо буйруганда кун төлөнбөйт.

— Жөнөткөн жигиттерди «Куну жок» деп мен буйрук берген эмесмин да?

Кудаяр азпретинден өтүнүч кылайын. Жообу кийин болсун.

Боромбайдын үйүнө киргендер Тилекматтын чен тонун көрүшүп, элчиликке өздөрү барбаганга ичтери күйөт. А күбөлүктү болсо, Тилекең бир кудайдан башка жанга билгизбей сандык түбүнө катат. Минтип катыштын да себеби бар. Балбай бар айылда коогалаң аз бол-

чубу. Алыскы элдерге катышчу ашуулар кар басып бекиир алдында беш-алты конуп, жетчү жерлерден жылкы тиймей. Андай жоруктар көбүнесе калмактар тарапта болчу. Ошондой элүүлөгөн, жүздөгөн жылкысынан айрылган калмактар өчүн жандырыша албай кытайдын Губернаторуна арызданышып тураары Тилекматка маалим. Кокондуктарды ыраазы кылып жөнөткөндөн көп узабай Кытай Губернатору чек арада губернаторго жолугуп, чакыртылган себебин түшүнгөн соң колтугундагы купуя чөнтөккө каткан күбөлүктү ошондо сууруйт. Губернатор көзүн сүзүп, көзүн алайтып кытайча жазылганды окуп чыгат. Калмактын доргосуна «арыз ээлерин чакырат!» деп буйрат. Доргонун жигиттери жүз башы, элүү башыларына кошуп, бийлерин чогултат. Алар аттан түшүп, ийри тартып, өзөнү чукул дөбөдө олтурушат. Эки өрүм чачы айдалысы ылдый чубалган Кытай Губернатору ордунан туруп, азем таягынын учун кыртышка ургулап, сөөмөйүн тиктеген көздөрү кезеп, буркулдап кирет:

— Эмне үчүн жалган арыз бересинер?! Ар качандан бир качан кыргыздарды ууру-каракчы атайсынар? «Кыргыздар жапайы, уурулук, чыккынчылык менен оокат кылган, баш-көз болгон ханы жок, ээнбаш эл!» деп тирсинер арызынарда. Же кармап алган каракчынар жок? Мына, кыргыз ханы жигиттери менен келип олтурат! — деп Тилекматка сөөмөйүн сунуп имерилет. Олтургандар күбө-далил таап айтып бере алышпагандыктан жер тиктеп, буулушат.

— Көзүмө көрүнбөй жоголгула! — дейт Губернатор. — Экинчи дагы жалган арыз жазылса, башка чара колдонобуз! Арыз ээси айыпка жыгылып, малы таланат!

Эсине келген Боромбай ошол Тилекматты алдырып, мандайына олтургузуп, бул сөздү айтат:

— Өзүнүн туз насиби түгөнүп, күнү бүттү бекен, же мени шайтан азгырдыбы. Ормон жарадар болчу күнү сенин тилинди албаганга армандамын. Армандамын аттиң! ...Ободогу кушту колго түшүрүп, тилден башканы үйрөткөн мүнүшкер, атаң Жылкыайдар. Аның тарбиясын алган сен. Куштун табын билээрсиң.

Айсыз караңгыда жорго менен күлүктү дабышынан ажыраткан саяпкер, атаң Жылкыайдар. Андан таалим алган сен. Жылкы сынын билген, адам сынын билээрсин. Кокон салыгын жөнгө салып, Калмак чырын басып келгенге да өзүң болдуң эле мени убаралантпай. Эми дагы чыр ишти жакшы ишке айлантып, акжолтой

болуп келгиң бардыр деп чакыртып олтурам сени... Кечээ, Ормондун кыркылыгы өттү. Алар өлүктөн бошошту. Эки тууган ортосу ажырашпасын. Айыбыбызды тарталы. Кунун айткыла деп элчиликке да өзүң барып келгин, Тилекмат айланайын.

Калыгул алдында, биринчи жолу элчилик сөзүн чуурутkан ошол Тилекмат. Азыр абасынан жооп күтүп, кулак түрдү. Абасы үшкүрдү. Элчиликке келгенин туюп, жай жооп кайрыды:

— Кулаарды, кол токтотот. Ураарды, тирөөч токтотот. Ажырагандын ал жээгинен бул жээгине көпүрө өткөрөт. Көпүрөнүн бир устунуна жарайын деген жакшы тилекте келипсиң. Экинчи устунуна мени болуп бер деп келипсиң. Экөөбүз эки элди ажыратпай сунулуп калсак, эки устундун ачыгын бүтөп, туура таштalып жабылуучу көп шыптар керек. «Мына, мен» деп көрүнүп, кыюуга жароочу түз шыптар чыгар бекен? Көпүрө бүтүп, сунулуп бекип берсек, ал өйүзүнөн бул өйүзүнө бейкам чубоочу адамдар көбөйөөр бекен? ...Атаганат, антсе кана!

Кырк күндөн бери Төрөгелди менен Умөталынын кум чайнаган шүйкүмдөрүнөн чочулаган карыя иштин жакшылык менен бүтөөрүнө ишене бербей, элчиге арманын башбактатты. Тилекмат сезди:

— Качкан дагы «кудай» дейт, кууган дагы «кудай» дейт. Тобокелге салып көрөлү, аба, элге кеңешиниз?

— Чакырып кеңешпей, барып өтүнүп кеңешели.

Калыгул алды менен кабар берип коюп, анан аттанып, Тилекматты ээрчитип, атасы өлгөн жаралуу Умөталынын үстүнө келди. Капшытта, жашыл топучан Умөталы. Төрдө кара топучан Төрөгелди. Андан жакалай босогого чейин ак сакал, көк сакал, кара сакал адамдар үй толо. Эшик көтөрүлүп, Калыгул башбаккanda, Төрөгелди жылышып, оң жагынан орун бошоткон. Калыгул андан өйдө бошогон жерге отурду. Элчи жаралууга бет маңдай орун алыш керек эле. Эч ким кыймылдаган жок. Билип туруп, Калыгул тескебеди. Тилекмат буйдалбай, Умөталыдан саал ылдый малдаш урду.

Калыгул жарыя айтты:

— Камчысын мойнуна салып, айыбын тартууга Боромбай өтүнөт. Бу, элчинин сөзүн уккула.

Баятан уйгу-туйгу олтурган Умөталынын карышкан колу кемерине кыстарылган шапка үч жолу жылып барып, үч жолу тартты. Көз кырын салган Тилекмат ке-

немексен. Сакал-муруту бириндеген Үмөталынын үнү ызгаар:

— Элчилик эми түшүппү эсиңе?!

Төрдөн Төрөгелди чыкты:

— Катуудан казанын талкалап, жумшактан күлүн сапырып, анан эл болом!

Калыгул экөөнө жалт-жалт каран, чыйралды:

— Же, теминишпей! Жиниңерди күнөөлүүнүн өзүнө бүркгүлө. Эл атынан келген элчинин айтканын угуп, адамча жооп бергиле!

— «Элчилик» укугум болбосо,— деди Тилекмат айбыкпай,— ушу олтурган көбүңөн кичүүмүн. Жеке айыбым болсо кечирип койгула? — деп таазим этти. — Элчилик милдетимдеги айтаарым: «Битке өчөшүп көйнөгүндү отко салба» — дейт эмеспи. Боромбай бит болсо, көйнөгү эл. «Ичээр сууна түкүрбө?» — дейт эмеспи. Суусу эл болсо, түкүрүгү шойкум баштагандар. Мен, мына ошол элдин атынан келдим. Айыбыбызды тартып, кескен кунду төлөп, ынтымактуу жашайлы деп келдим,— деп оболу Төрөгелдинин көзүнө уруңган Тилекматтын көзү анан баарына уруна кыдырып келип, Үмөталынын көзүнө сайылып токтоду.

— Кана? — деди ачуусу жанбаган Үмөталы тиги капшытта олтургандарга окторулуп. — Атамын мурдагы жигити элең, кун башын сен айтчы, Каптал!

Сакалын көк аралаган ал ирмелген жок. Гүландадан баштап балдарынын бойго жеткен кыздары, жакын туганынын бойго жеткен кыздары Ормондун сөөгүнүн үстүндө өз беттерин өздөрү аткып алышат. Бет отунан кан кетет. Тырмакка тытылган издер кыркылганына чейин гана эмес, жыл маалына чейин да жоголбой жүргөнү болот. Ал тактар өлгөн адамын барктап, чын күйгөндуктун ачуу белгиси. Ушуну эскерип келип:

— Кыздын кызылына кырк кыз алынсын! — деди Каптал.

— Атамын кичине иниңе да, чоң иниңерине да аралашкан жигити элең. Сен эмне дейсиң? — деп Шаменге карады. Ормондун улуу, кичүү аялы жана келиндери ичинен бет тытканы болот. Аялдары кара кнет. Ушул эскерилип:

— Аялдын карасына алтымыш катын алынсын,— деди.

— Сиз?.. — Үмөталы мойнун Төрөгелдиге бурду. Булардын мурдатан макулдашып алышканын Калыгул баамдады. Сабыр токтотуп, кулак салып, тынч.

— Күн башы кырк кыз, алтымыш аял болуп, жүзгө толгондо, ага үч миң жылкы, жүз төө жана кошулсун,— деди Төрөгелди ыкшалып.

— Күн башы ал эмес, аба! — деди ызырынып, кытмыр жылмайган Үмөталы.

— Балбай менен Алыбек баштаган жети эрдин башы болот!

— Кундун да чеңеми болор. Сиздин айткан күн чийимден чыгып кетти,— деди Тилекмат. — Атацызга кол сунган Балбай козуча көгөнгө байланып, жанына алты эр ээрчитип, тынч келээрине кандайча ишенесиз!?

Үмөталы октолуп бирдеме дегиче, Калыгул аралжы түштү:

— Эмне деген кызуулук? Атандын жаткан жери жай болсун десең, өзү айткан керээзин аткаргын!

— Аба! Боор тартып атканыңызды түшүнүп турам — деп таштады Үмөталы, мандашын жазып, ондонуп. — Ата кудайдан эр уулду неге тилейт? Ордумду бассын. Душманымдан өч алсын деп тилейт. Эмесе, атам көрүндө тынч жаталбаса, мен жер үстүндө тынч жашай албайм. Айтканымды аткарышсын. Дегенимде көнүшсүн. Болбойбу...

Жеткен коркунучтуу, айлакер, каңкор Төрөгелди эмес, мобул Үмөталы экенин Калыгул азыр билип, ичиркенди. Бирдеме дегиче, элчи унчукту:

— Чагымда, күн алуу эмес, кысым болду го, баатыр? Эл эмне дээр экен, баатыр?

— Эл найзанын учунда, кылычтын мизинде кездешет?

Төбөсүнө чагылган тийгендей, Калыгул селт этти:

— Үмөталы! Кан жыттанган сөзүңөн жаңгын!

Үй ичи тынч. Эч ким үндөбөдү. Үмөталы мойнун салып, кабаарып, көптө эрди бүлкүлдөдү:

— Атамын ашы өтсүн. Дагы кеңешээрбиз.

* * *

Тигилген үйлөрдү жыгып, эч сөзгө келбей, сырдашпай Үмөталы жерине көчүп жөнөдү. Дал эле ошондой болуп, Төрөгелди да кетти. Ичтеринде арам ой барбы деп, Калыгул түпөйүл. Эмне кылат? Шылкыны сууп, саиаа жеп, боюн кичирейген. Жетимишке жаңы барса да токсон жашаган кейипте. Чач, сакал-муруту сүттөй аппак. Оромол менен жашын жашыруун сүртүп, баладай жашык.

Мындан алтымыш жыл илгери Иле боюндагы эки колдун кагылышын көрүп көңүлү сууган, бирөөнүн малын тийип алуучуларды, бечара карыпка зордук көрсөтчүлөрдү, ат байгесине адам сайып, кызына кошуп кул, күң узатуучуларды иттин этинен да жек көргөн Калыгул, эми эки бир тууган эл кагылышып кан төгүлбөгүдөй эле деп дирилдеп бүттү. «Арыз-муңум, алла тааламын кулагына угулуп, жакшы жагына айлана көр!» — деп зар какшады.

Быйыл күз, ууру көбөйдү. Бирөө төрт жылкысын алдырган. Малын издеп, ойдон кырга, айылдан айылга барып сурамжылап сандалып жүргөн жан.

Быйыл күз, ырылдап шамал согуп, чөптөрдү жулмалап, учурду. Мал тез арыктап, кар түшпөй кыш кечикти.

Быйыл кыш, түштөр да жаман. Бирөөнүн түшүндө: «Мен дөө боломун» деп Үмөталы Көл өйдө сүзөт имиш. «Мен дагы дөө боломун!» деп Балбай Көл ылдый сүзөт имиш. «Экөөң дөө болсоңор, мен бөө боломун!» — деп Төрөгелди Көлдүн ортосунан көрүнөт имиш! Ушуну менен бооруна кысып, бала эмизген энедей мелтиреген Көлдөн тынчтык кетет. Күшүлдөп-бышылдап, онтойт. Үстүнөн түрмөк-түрмөк толкундар ала салат. Караса, толкундар кыпкызыл кан. Кан жээкке серпилет. Канды күм шимирет. А түш көргөн киши кыйналып, тердеп, бакырып ойгонот.

Санаа куушурулган Калыгулга Үмөталы менен Төрөгелдинин чабышууга кол топтоп атканы угулду.

Эби кетип бараткан эки уруу элди ынтымакташтыруудан мурда, «бөрүлөрдү» ынтымакташтыра албасына көзү жеткен Калыгул кайгыга чыдабай, көктөм маалында дүнүйө салды. Ак кепинделип, ак кийизге оролуп көтөрүлүп келген анын сөөгү даярдалган мүрзөсүнүн оозуна коюлуп, төмөн түшүрүүгө эми даярдап атканда, алыстан жалгыз атчан чыкты. Мүрзөгө коюлганы аткан адамга өкүрүү салтта жок. Бирок, тиги неме атына камчы басып, мүрзөнү көздөй чапты. Өкүрүп чапты. Сөөкө катышкан калың эл селейип катты. Шыңга бойлуу неме экен. Тигиндейрээктен ыргып түшүп, атын таштап, үлүп-үңшүп, ак кийизде жаткан Калыгулга жетип өбөктөп, өксүдү.

— Асылым, абам! Акылман, абам! Арбагың кетти таарынып, бизге! Акылман башың кор болуп, бизге!

Бул Тилекмат болчу. Көкүрөк бугун Калыгул абасынын сөөгүнүн жанында айтты. Жер-сууну буза бакы-

рып, күйүтүн абасынын сөөгүнүн жанында чыгарды. Анын таамай сөзү, мукам үнү жашыкты ыйлатты.

Сөөк жай жерине коюлуп, ар кимдер топурак ууч-тап мүрзөчүлөргө берип атканда, Тилекмат атына барып, канжыгасынан тулуп чечип алды. Чымчып буума тулуп ичинде топурак. Жогорку туугандары жиберген. Өздөрү келалбай, ар кими ууч-тап топурак алып, дуба окуп: «Биз үчүн Калыгул абага салып кой» — дешип жиберген. Алар салган топурак да казанактын үнүрөйгөн оозунан карыянын табытынын капталына күр төгүлдү.

Бай-Соорунга коюлган анын мүрзөсү көмүлдү. Жарыкчылыктан Калыгул жым болду. Эл ичинен бир жакшы адам, о дүйнө кетти.

* * *

Көл тынч. Ордунда мелт жатат. Кактаган күн ысыгынан көтөрүлгөн бозомук закым бетинде үлпүлдөйт. Нурга чагылыша, арасы жылтылдаган кум тиреп келген жээкте камыш ширелген бадал. Койну уяга толгон. Ал уяда жумуртка. Аз убактан кийин жумурткалар уяга толуп, энелери басат. Жайнап, ак күбүн сабап, чыйпылдаган сансыз балапандар жарыкчылыкка келет.

Ал тушта өзүнчө топ-топ каз, өрдөк, аңыр, чардак. Көлдүн өзүндөй тынч ак куулар. Сулуулуктун падышасы алар койкоюп, таранып, күбүнүп аралга чукул. Тынч көл үстүндөгү бейкам канаттуулардын топтору тумандай уюлгуп учуп, абага көтөрүлөт. Орун которуп конуп, кыйкуу салыша ызы-чуу. Канаттуулардын чуусу жутуп, теребел магдырагандай. Бийиктен төмөн сызылган булактар шылдырап, таштан-ташка согулуп, күрпүлдөгөн агыны курч суулардын доошун жутуп, заңгил тоолор да тынч. Күңгөйлөрү кара көк тартат. Көлгө окшош. Туу чокуларында мөңгү. Асман көмөрүлгөн ошол бийиктеги агала мөңгүлөр адам таңыркаткан ак куулар сымалданып, чиркеле чубалат.

Кургакта жашоочу илбээсиндер да ийинге, чий, караган түбүнө байырлоочу айбанаттар да төлдөп, табийгаттан баар ала, өз жандарын багуу менен, өз тукумдарын телчиктирүү менен алек. Тоо кийиктер корумдан өйдө арчалуу беттерде, аскалуу капчыгайга көзү жайнаган тик кулак улактарын ээрчитип оттойт. Улактар таштан ташка секирет. Жүгүрүп, энелерине жетип, тизелеп, желин түрткүлөп эмет.

Эликтер чаарчыгын ээрчитип, чыйрала элек чаарчыктар чөпкө чалынып, бүк түшүп, кыйыктанат. Узагай телкилер элеңдеп, анда-мында бир тие секирип, жетип, имерчиктейт. Ийинге чукул суурлар. Айланасында бөлтөңдөгөн чөңдөлөйлөр. Карагайлуу беттерде күйкө, ылаачын, ителги сызат. Өзүнүн кайда экенин «мен мындалап» айтып туруучу кекиликтер төмөнкү боз адырларда жайнайт. Алтыгана арасындагы уяларында боз чаар жумурткалары чокмороктон, адырга түстөш өздөрү кызгылт тумшугун көтөрө, каралжын жээк көздөрүн жылтылдата, кекиликтер безилдейт.

Жан-жаныбар ырахат алган ушундай мезгилде, бирине-бири кастык издеген, алсызына алдуусу желмогуз болгон адамдар кандуу жортуулга аттанды. Көлдүн түштүк батыш этегинде, баягы Качыкенин ашындагы күлүктөр сүрүлүп келип токтоор кумкайрак адырда Үмөталы, Төрөгелди баштаган калың кол. Көл башындагыларга каршы тумандап келатты.

..Алдыда Үмөталы. Кара ат миниген. Кийинкеси да кара. Көкүрөктө соот, башында туулга, белде кылыч. Эр башында шалк этме. Карууда калкан, колдо найза. Катарында кара жал, сур ат миниген Төрөгелди. Ал дагы кара кийимчен, куралдуу. Бир тон арта соот-чоңкутчан кол башчылар. Аларды ээрчий сап-сап чубалган, түмөндөгөн кол. Үстүлөрүндө тигилердикиндей соот да жок, колдорунда короктогон найза, баштарында калпак, малакай. Жеңил кыска тон, жука чапандарын кайыш менен да, сызма менен да курчанганы бар. Тандап миниген аттары учкаяк.

Эмнеге келатышат?

Үмөталынын көз алдында алагай көз, жазы маңдай, мурундуу, көгала сакал атасы Ормон. Ошол ата аркасы менен, өткөн ата-бабаларынын журт башкарчу амири менен Үмөталы Үмөталы болуп олутурат. Атасы Ормонду жарадар кылышты. Көрүнөө Балбай сайды. Ормон кыйналды, алдастап өлдү. Үмөталы ата жанында болбой калды. Эми, Балбайды баш кылып, бүт элди кылыч менен бырчалап кырса да кыбаасы канбагыдай! Ошон үчүн азуусу азуусуна жабышып, жүзүнөн кан качып, кызырынат. Атынын оозун кагып, үзөңгү менен капталга нукуп, тездейт.

Акылынан күчү арбын Төрөгелди. Анын көз алдында да Ормон. Ал өзүн «Көкдолум» деп эркелетчү. «Көк долумду кынжылап кармап олтурам. Кынжысын алып коё берсем, кай жоо түтөт. Жүндөй сабап, пырдай учу-

рат» — деп айбатын башкалар сүрдөгөндөй дың кылчу. Эми ошол эрдигин даңазалап олтурган агасы үчүн бул кимден айбыгат? Жар болсо да тийбейби, ок болсо да бет бурбай чаппайбы! Айкырып, атына камчы басса орттү аралап, Балбайды калбырлап, Боромбайды сакалдан алып, эчкиче мууздабайбы. Ал ошого каны кайнап, көзү от чачып, жоо кайдалап, умтулуп баратат.

Арттагы баатырлар да бул экөө менен санаалаш. Шаттыгын да бирге дуулдашып, кайгысын да бирге бөлүшкөндөр. Алгыла десе чапмай, сойгула десе кырмай.

А, ээрчиген элчи? Эл дейбиз. Эл адамдардан турат. Ар адамдын өзүнүн угаары, башкараары бар. Башчысы буйрат. Буйругу туурабы, же туура эместиги, моюн сунаардын акылы даана жетип билип турса да, ичинен кейип, ыргылжың болуп турса да «ааннй» деп ачык айта албайт. Канчалык күнк-мынк этпесин буйрукка моюн сунат. Сонун чөнтү оттоого тап коюп бараткан малды адам «айт» деп, таш ыргытып, өзү каалаган багытка кайрып, жапырган сымал башчысынын көрсөткөн жолуна түшөт.

Ана, Ормон өлдү. Балбай өлтүрдү. Жанында турушуп Боромбай, Алыбек токтотуп коюшпады. Анда, чын адилеттике оошот экен ошол кандуу себепкерлери менен, жабыр тарткандын өз жакындары, өздөрү карманып, өздөрү олүшөйбү? А эмнеге өз тиричилиги менен алышкан бейкүнөө миңдеген адамды сүйрөп баратышат? Буга эч качан, эч убакта тарых жооп берген эмес. Бир адам өз бүлөсүн, өз малын, өз буюмун каалаганындай жумшап, каалаганындай түгөтүп, каалаганындай урунган сымал миңдеген момун пенделерди, нечендеген элдерди кылычынан кан тамган бийлик башындагылар айдак «дөбөттөрү» менен калыстык ойлоп мээсин чарчатпаган, «калыстык» деп буйрукту сезген оозу кандуу желдеттери менен бүтүн элди алдына салып айдаган, бүтүн элди кырган. Шаарды талкалап, аңыздарды бузуп, токойлорду өрттөгөн.

Ошондой бир зулумдукту Үмөталы баштаганы туру.

Үч күн мурда кабар алган Көл башындагылар да жолго чыкты. Камынып, шашып чыгышты. Соот, туулга кийинген Боромбай, Балбай, Алыбек эң алдыда. Күрөң аттын үстүндөгү улгайып бараткан Боромбай бул саатту ии үчүн убайым жеп, түнөйүл. Алчаң урган атынын тизгинин жыя карман, санаалуу келатат. Үстүнө кементайын жапса кийбей, далысын күүшөп түшүргөн жылаң баш соксойгон Ормон элестеп: «эй, топ наадан! Ушу

биз, өз түбүбүзгө өзүбүз жетип бүтмөй болдук го!» — деген үнү кулагында кайталанып, шаабайы сууйт. «Бир Ормон үчүн миңдеген кол айкалышып кетсе, арты эмне болор экен?» — деп кайгыланып, өткөнгө дале айгапта. Кабак бүркөп, Балбайга кыр салат. Чамбыл, көк ат үстүндөгү булчуңдуу анын карааны соот, туулга кийгенге ансайын далдайган. Селт этпей, жоо бар деп чочубай, касабалап калың топ алдын тозсо да атына камчы басып, качыра берүүдөн айныбастан алдына түз тиктеп, чабыш эңсеп кетип барат.

Алыбекчи? Анын санаасы уйгу-туйгу. Бирде акылнасаат айтчу сабырдуу Дааныш карыя элеси тартылса, бирде Тейит менен ак чөлмөк талашчу айлуу түн. «Апий! Уят эмеспи. Таякеси менен кармашкандын колу калтырак болот!» — деп кошо жүгүрүп безилдеген Укендин секелек элеси. Анын: «Күтүп боюм узарды. Жол карап, кирпигим чачырады» деген купуя айткан сыры, жүрөгүн эзет. Ормон үйүндө эчкирип ыйлаган ал көкүрөгүнө жабышкан. Актыгы үчүн Ормондун күйүп жанып айтканы. Баранды алып, Калыгул абасынын антташтырганы элестейт.

Укен Капталдын көзүнчө: «Сен келип кеткен сайын, сур жылан болуп босогодон көрүнөт да, арбайт. Талабын орундатпасам, баатырына айтат имиш!» — дегени. Ачууга чыдабай, Капталды тепкилегени элестеди. Дөбөдө Көл тиктеп олтурган Калыгулдун бетин жаш жууп кеткенин, өзүнүн чөгөлөй калып жалбарганын элестетти.

Көчүп бараткан өзүн Ормон кууп жетип: «Токто! Айыбым болсо кечир?» — деп өтүнгөнү элестейт. Ошондой таарынычтар түбү ушул ишке түрткөнүн, эми экөөл кагылыша турганын ойлойт. Бир муңаят. Бир уялат. Бир чыйралат. Ошол окуянын баары кечээ эле, көз ирмем убакытта болуп тез өткөнүн, бул ит өмүрдүн бирде күлүп, бирде тытышып, ийинге чууруган суурдай жер түбүнө сорулуп түгөнөөрүн баамдайт. Ичиркенет: «Тирүүчүлүк дегениң эмне? Шаттануубу? Иттикпи? Эмнеге чечилбейт, бул табышмак. Же баарын жоготчу! Же өзүң жоголчу! Күйүтүм басылбай ачыгып да бүттүм. Ыраазы болбой, тоюп да бүттүм ушул өмүргө!» Ушул суроолуу ойлор соот ичиндеги көөдөнүн чыңаганда, кацырыгы түтөп, көзү каканактады. Алдындагы торунун кара жалы тумандап, теминип алды: «Ар адамды тең санап, акыл айтып Дааныш, Калыгул абалар да өтөт экен. Кагышып, кур чирене итче ырылдашып, биз өңдүүлөр да өтөт экен дүйнөдөн».

— Ээ, атаңа наалат! Ит өмүр! — Алыбек бул сөзүн ачык айтты. Чукулдагы Балбай ага селт карады:

— Кимди сөгүп атасың?

— Өзүмү!

Артта энелерин ээрчиген төлдөй жамырап, найзалары кылкылдап, сороктоп кол келатат. Айлана күтүрөп, чаң көтөрүлөт.

* * *

Чак түш. Мемиреген айлана. Тээ ачык асман ортосундагы күн көлкүлдөп, кайнап, ысык аптабын жер бетине басат. Алыста агыны катуу суу. Кыш, күз маалда аркар кеччү бул суу азыр сайга батпай, ал өйүз, бул өйүз тай чабым кеңип, кылкылдайт. Чалмаланган агындар ташка уруна артка окторулуп, көбүктөнөт. Аяктай, чарадай таштар оодарылып, күлдүрттөп кечүүгө коркунучтуу.

Үмөталынын колу суу көрүнгөндө токтоду. Ал өзү да ушул сууну таяныч этип, түш маалды болжоп келген. Күн катуу ысыган күнү мөңгүлөр эрийт. Тоо суулары күкүктөп кирет. Күн баткан соң тоо арасы серүүн тартат да, мөңгү эриндиси азайып, кирген суу түн ортосу оой тартылат. Кайра эртеси түштө жана демденип, күчөйт. Андыктан чек ушул суу болуп, көлдүктөрдүн колун ушул жерден тосот. Ошон үчүн кыйды Үмөталы үч күн мурда чабышаар кабарды өзү айттырып, аларды алыскы Көл башынан берилетип олтурат. Бул себебинин өзүнчө купуя максаты бар.

Алга жиберген байкоочу төрт жигит бери карай көрүнгөн бийиктиктен чаап түшүштү. Урдуруп келишкен, капкара турпаттагы Үмөталыга токтошту. Бирөө озунду:

— Боромбайдын колу келатат, баатыр!

Төрөгелди жулунуп алды. Алыска акыйды. Үмөталы көзүн жарк эттире тиктеп:

— Жакшы болуптур. Жол ачылсын! — деди. Наспай ийлем убакыт өтпөй, калдайган калың адамдын карааны көрүндү. Улам берилеп жылды. Улам жайнап көбөйдү. Алар да суу жээгинен буларчалык алыска жарданып, токтоду. Төрөгелди ызырынып, делбеленет:

— Ат койбойбузбу?

— Ашыкпаңыз? — Бурулган Үмөталы кытмыр жылмаят. — Иниңиз салган капкан бар. Ажеп эмес, белинен чаап калгысы бардыр.

Чамбылкөктүн ээрин небак алып, белине тердик гана тартып минген Балбай да кыл чайнап, көзү жаркылдап, зорго чыдап турат. Жаратылышынан өжөр ал дайыма чабуул алдында атты жайдак минип, же тердик гана тартынып минет. Чаап баратканда ат мүдүрүлсө, үзөнгүгө бут илинип, өмүр сая кетет. Кыбац кана карсылдаша албай каласың, деп буркандачу.

— Ат коёлучу? — деди Балбай. Боромбай шыкшыктады. Ортосу айгыр жал боло кылкылдаган сууга Алыбек каш какты:

— Чыга бергиче токмоктун алдында калабыз.

— Тиктешип тургудай Ормондун бөлтүрүгүн сагынып калганым жок!

— Балким өздөрү мурда озунушар?

Бул ойду беркилер да ойлоп атат. Бирин-бири алдай албай маташат. Аралашса аёо жок. Кылыч алдында калышкыдай. Кылыч мизинде тууралышып, найза учунда бишкектешкидей.

Үмөталыдагы эмки максат — тигилерди алаксытуу. Кеч киргизүү. Түн жамынуу. Ал амалын Төрөгелдиге айта элек. Эр көкүрөк ал арамза амал менен иши да жок. Жалаңтык ай талаада беттешүү. Шалк этме менен коюшуп, кылыч менен чабышып, курал түшсө, жакалашып, жулкушуу.

— Чабышууга озунуп кабар айттырган биз,— деди Үмөталы ээр үстүндө обдулуп.— эрөөл чыгарбайлыбы?

— Ошентели. Эмнеге турмай!

Үмөталы өзүнөн көп окчун жарданғандарга кылчайды:

— Тоймат!

— Лаппай! — мурдатан даярдалган, кол башчысына окшош кара ат минген, кара кийинген, кылыч байланып, шалк этме кармаган ал катардан суурулуп, өзүн көздөй чапты.

— Эрөөлгө! — деди Үмөталы жанына келип тура калган Тойматты,— өлбөгөн жерде кал! Башын кесип келсең саамалыктын жакшы башталышы үчүн алдыңа ат тартып, койнуна кыз салам.

— Ыя, шерим, колдо! — Тоймат ат жалына өбөктөй, сууну карай зымырады. Тиги тараптагылар көрдү. Токтоно албай Балбай бакырды.

— Сарыбай!

— Буйругуңуз кабыл! — Даяр турган кара жал, сары атчан Сарыбай суурулду.

— Тайманба! — деди жанына келген ага Балбай

чыкчырылып. — Ак жолуң ачылсын! Шерлердин арбактары колдосун!

Атына камчы баскан Сарыбай жөнөдү. Тоймат суу жээгине, кемерге ыктытып токтоду. Тамыры менен омурулган карагай, кайың, долоно, четиндерди тээп чыгарган тоо суусу чалмаланып, чети шарпылдап, ортосу күрүлдөйт. Тоголонуп, бирине-бири урунган таш күлдүртүү угулат. Жээкке жетип, Сарыбай да токтоду.

— Буйдалба? — деп Үмөталы айкырды.

— Качыр! — деп Балбай бакырды. Эки тараптын адамдары тең жанданып, ат теминип, өйүз-бүйүз тура калышкан экөөнө моюн созушат. Кандары кызып, чуулдашат:

— Камчы бас, Тоймат, камчы бас!

— Ирмелбе, Сарыбай, ирмелбе!

Сүрөөн, айкырык жүрөкзаадаларын жулуп кетти. Элтеңдеген кара атты Тоймат теминди. Кошкурган сары аттын санына Сарыбай камчы урду. Аттар сууга лап секирди. Чөмүлө түшүшүп, бара оңолуп, тумшук көтөрүп, агынга жантая кыңкайып, сүзүштү. Кара ат, сары ат кулактарын тикчийте көздөрү жайнап, таноолору барр-барр дем уруп, бирин-бири беттей жакындап келатышат. Эки тараптагы кол башчылары кандай тынчсызданышса, суу агынындагыларга кандай акыйышса, өлүм эстен чыгып, жетишүүгө ашыгышкан бул экөө да ошондой акыйышты, бири-бирине көздөрү кадалып келатышат. Бирин-бири жеп, жутуп ийгидей болуп келатышат.

Жетишти. Кара ат, сары от мойну ашташа түштү. Экөөнүн тең шалк этме кармаган оң колу бирдей көтөрүлүп, кайчы шилтеди. Кол көтөрүлгөндө жеңилдене түшкөн аттар, колдор шилтелгенде үстүнөн күч уруп, баштары агынга мата түштү. Силкинишип, көтөрүлө кагышкыча шар уруп ала салышты. Кулак, мурунга суу толгон соң, аттарынын оңолуусу кыйын. Буттары бир серпилген боюнча, эки ат кайра суу үстүнөн көрүнгөн жок. Киргин суу жалмап кетти. Сарыбай, Тоймат жоголуп, ирмемде кайра көрүнүштү. Жанталашкандарыбы, куралсыз колдору агын бетин чалмалап, имерилишип, буттары тайып жана мүдүрүлүп, көмөлөнүшүп, жоголуп, кайра турушту. Эки тарапта тең күлүп ийгендер да бар. Жеңиш башына төлгө кылган башчылар гана таноолору кыпчыла кумсарып, акыйышат.

Башы айланган шекилдүү. Сарыбай экени кийиминен таанылып турат. Бирок Үмөталыларды карай көмө-

лөнүп туруп, дабдыран, жулунуп келатат. Соксоюп жылан баш. Өзүнө окшоп соксойгон Тоймат да ага удаа ала-шала түшүп, көмөлөнүп туруп, келатат. Кемерге Сарыбай мурда жетти. Кырга тырмышпай суу четинде туруп, бетин сыдырып, башын чайкады. Көзү ачыла түштү. Капкара кийинген, Умөталы тартылды. Тааныды. Артына кылчайды. Балбайлар алыс. Агында мүдүрүлүп, туруп жанталашып келаткан Тоймат да кемерге келди. Ал Сарыбайдан кулач төмөн. Ал дагы кош колдоп жүзүн сыдырып, башын чайкады. Бет алдына акыйды. Анын көзүнө да кара турпаттагы Умөталы тартылды. Тааныды. Сол жагына кылчайды. Сарыбайды көрдү. Мүдүрүлүп, агын жирип, ошону карай умтулду. Берки да тап койду. Жакалашып, жулкушуп агынга тең жыгылды. Кайра турушуп, кайра жыгылышты. Чоочун жээкке чыкканын сезген Сарыбай ары сүйрөдү. Тоймат бери сүйрөдү. Жээктен улам оолактап, агын көздөй апчышып, жулкушуп атышты. Өз тараптарындагылар ызы-чуу.

— Баса кал, Сарыбай!

— Тоймат, мууит!

— Тарт!

— Тумчуктур!

Суу шары экөөнө эчтеке угузган жок. Қылычтары эстен чыгып, кындарын булактатып суу үстүнө калкытып, кайра ирмеп жоготуп, эрөөлчүлөрдүн колдору жакадан бошобойт. Тайтайлаш менен дагы үч-төрт ит жыгылыш болушкан соң, дым жоголушту. Суу жуткан экөөнү карай эч ким чаппады. Тараптагылардын моюндары созула, көздөру агынды ээрчийт. Алар жок. Калкыган кийим көрүнбөйт. Илеби улам көтөрүлүп, арты улам көбөйүп, удургуган сарала агын жалманып, аласалып, кылкылдайт.

Бири сүздүрүп чыкканча экинчиси күтүп турбай, калыстык үчүн суу ортосун чек кылып кармашып жок болгон экөө үчүн эки тарап тең сынган жок. Аккан эки ат, эки эрге күйүнүшпөдү. Кээ аңкоолр:

— Эрөөлгө чыгышып, армансыз болбой, агын менен кармашып калышты! — десе пенде эсебинде жүргөн айрымдар:

— Алла тааланын мандайына жазганы ушул болсо, көнбөскө болобу? — дешип, күңкүлдөштү.

Балбайдын чыдамы кетет:

— Ат коёбузбу! Кантип эле жалпы агып кетели?

— Сабыр эт,— деди Боромбай. — Суу тартылат. Қы-

лычың кыныңа батпай баратса, таңга жуук көрүшкүн. Атын моюнга чаап бурулуп, колду жайлануура буйурду. Булардын түрүн байкап, тигилер да артка бурулушту. Тынч, жайында бастырышты. Үмөталынын эңсегени да ушул болчу.

Түн. Жайдын ай кечиккен караңгы түнү. Балбай ээрчиткен үч жүздөн ашуун жигит тоо таянып, алыстап, суу алкымын карай жөнөштү. Түн ортосу ооп мерчемдүү жерге жетишти. Мал чубачу кыяга салышып, мал өтчү кечүүгө токтошту. Күндүзгү кирген суунун тагы жээкке калып, камчы сап боюнча илеби бастаган. Күркүрөп, дале сүрдүү. Балбай саамга турду. Дайыма биринчи өзү баштоо адат болгон, ал кошкуруп, кетенчиктеген атын темпинип, күп эте сууга кирди. Қылкылдап, жаба берген агын тизеге чыга берген жерде аты мүдүрүлүп, чөмүлө түштү да дароо секирип, оңолду. Өйүзгө чыкты. Этек-жеңден суу шорголойт. Чыйрыккан ат бышкырып, ойдолойт. Аз жерден агып кетишпей, жыгылып-турушуп жигиттер да чыгышты. Қыялай кыр ашышып, коктуга түшүшкөндө аттан түшүшүп, чечинишип, сыгынышты. Тоо текенин мүйүзүндөй катуу толгогон кийимдеринен суу шарылдайт. Титирешип, эттери түктөйгөн немелер шаша кайра кийинишип атышат.

Үмөталы колунун төбөсүнөн түшмөккө, төбөсүн оё чаап бүлүк түшүрмөккө ат жалына өбөктөп, жайнап, ылдыйлашты. Болжолдуу жерге жетип, токтошту. Күндүзү кол токтогон түзөңгө акыйышты.

Аттиң! Беттегенинен кайра тартпас Балбай үшүп, чыйрыккандына кайыл. Азыр эле айкырык салып, ат койбос беле! Ураан чакырып, ат коёрун го коёт. Аралашканда, көзгө сайса көрүнгүс караңгыда кимди ким тааныйт? Бакыргандар үнүнөн тааныгандай, сүйлөшкөндө тилинен айрыгандай, тили башка жоо болуп калса эмне? Балбайды токтоткон түн. Аны зарыктырып акыйткан, таңдын шооласы. Асманда жоодурап жылдыздар жайнайт. Айланада тынчы кетип, канаттуулар чубайт. Далбактап үкү жолугат. Қыңкылдап түлкү үрөт. Шабырттап бөкөн качат.

Таң кылайды. Акчыл жээк улам өйдөлөп, караңгылыкты сүрүп баратты. Зорго чыдаган Балбай ат үстүндө кайталап, өзүнө тикирейгендерге кол булгады. Баары чаап жетип, каз-катар тизилди. Ыргыштаган атынын тизгинин жыйып турган неме:

— Балбай! — деп өз атын атап, айкыра ураан чакырды да аттын оозун коё берип, зымырап жөнөдү. Ага

кошула баары тең: «Балбай!» дешип бакырып, чабуул койду. Ушул гана экен. Кечээги орунда даяр турушкан Боромбай менен Алыбек баштагандар да айкырышты, айлананы дүңгүрөтүшүп, тартылган сууга жайнап кириштн. Жоо ордун жайнап каптады. Жоо ордун басарын го басты. Колго тийген элүүдөн ашуун жигитти ат үстүнөн ыргыта чаап, сайып, көмөлөтүп нйиштн. Бирок буларга каршы ат койчу Умөталынын колу жок! Балбай менен Боромбайдын колу өздөрү менен өздөрү аралашып, жооп таппай элендешет. Дендароо болуп калган Балбай Чамбылкөктү теминип, чаап келип Боромбайдын алдына токтоду:

— Боромбай, Боромбай! — деп айкырса ууртунан көбүк буртулдайт,— шыкшыктап атып, сызга олтургансың го?!

Ал көзүн ала качып, эки жагын карап, элендейт. Балбай кайра чаап, Алыбекке жетип, айкырды:

— Алыбек! Мени Ормонго шилтедиң эле! Умөталыны айылга шилтединби! Жоо кана? Оо, жоо кайда дейм? — Колдорун асманга жая буркурады. — Тилдерине көнөм деп, мен акмак алдаткан турбайымбы? Ай талаада, өзүмдү өзүм сабап калган турбаймынбы? Оо, акылсыз мен. Жер соруп кетсечи, бул көрөкчө?

Селт эткен Алыбек эрдин тиштен, көз ирмем буйдалды. Боромбай буйрук берди:

— Тетигилердин ичинде жарадар калганы болсо алып келгиле!

Уккандардын арасынан беш-алтоо жамырап, чабышты. Элүүдөн ашуун адамдардын денелери чалкасынан, көмкөрөсүнөн ар жерде жатат. Чокусуна чоюн баш согулгандары, көкүрөк-далыга найза сойлогондору тырп өлгөн. Серүүн жел соккон таң алдында, көк шибер үстүндө эч перседен камырабагандай керилип, ойгонбос уйкуга кетишкен.

Жарадар издеп келгендер тизгиндерин тартып, жай бастырып, сулаган денелердин ар кимин абайлашты. Көмкөрөсүнөн түшкөнүн найза учтары менен кежигеге сайгылап, оодарылып кетээр бекен дешип, үңүлүштү. Жаралууну издешти.

Чукулдан кыңкылдоо чыкты. Кулагы чалгандар селт этти. Ошол тарапка чабышты. Жетип, жылаңбаш олтурган чолок жең күрмө-тончонду тегеректешти. Көзүн чылк жуумп, колу менен ичин баскан ал жаны менен алек. Бутун серпип, согончогу көк чөптү кырчып, кыртыш карара жойкуланат.

Тегеректегендердин бирөө түшө калды. Ат үстүндө турганы ээрининн артына кийинден, ашыкты:

— Келс, өңөрт. Жаны бар тура!

Жердеги жарадарды кымтып, жецил көтөрүп, өңөрттү. Жабыла кайра тартып, Боромбайга келишти. Жарадар жерге түшүрүлдү.

— Үмөталы кайда?! — Боромбай бакырганда, салаадан каны чылпылдаган колу курсагынан кетпеген жарадар көзүн ачты. Маңыроо тиктеди. Жарданган атчандар карааны анын көзүнө чыбырала болуп, ыргалды.

— Үмөталы кайда?

Баш чайкады жарадар.

— Бул жерден качан кетти?

Дагы баш чайкады.

«Балким, Үмөталы чабышуудан баш тарткандыр?! Элдешип, кун алмакчы болгондур?» Ар киминин башына ушул суроо түштү да, үч башчы тизгин бурушту. Көл бүт бурулду. Учуп-күйүп сууга кириишти. Кечээги илебинен көп бөксөргөн, таңкы тартылган сууну кечип өтүп, айылды көздөй зымырашты. Мойну улам шылкыйган жарадар соксоюп ордунда олтурат.

* * *

Үмөталы салган капкан ушул болчу. Ал түн киргенде, чылбырлап, отко кармаган атын жетелеп, Төрөгелдинин жанына келген. Камынуусун өтүнүп, сырын айткан:

— Бул жолку салган төлгөмүн башына ай туруп, аягын олжо басып, куюшканы бек болду. Аттаныңыз!

Төрөгелди суу өйүзүнө умтулуп алды:

— Мен даярмын.

— Аякка эмес, тетири тарапка!

— Тетири тарабың каяк?

— Күңгөйгө салып, Боромбайдын айылын жалмайбыз.

— Ок! — деп чочуду, Төрөгелди. — Беттеше албай качкансып, уят эмеспи?!

— Жарыктык экенсиз. Адегенде малын алсак, анан жанын алабыз. Башчы экөө болсо да, акылдын жалгыз болгону жакшы болот. Аттаныңыз.

Ордуларына Балбайлар күм-жам кылган элүүдөн ашуун жигиттерин ташташтыда, келген жолдоруна түшүп, Көл аягы имерилип, күңгөй жээк менен Боромбай

айылын көздөй учушкан. Кийими суу Балбай тандын атышын күтүп атканда, Үмөталы кары-картаң, катын-бала калган айылга чукулдады. Дат эткен Боромбайлар жолдун үчтөн биринен зорго өткөндө, Үмөталынын колу жайыттагы ээсиз малга үйүрдүү карышкыр тийгендей, айылды чууга түшүрдү. Жашыл өрөөндөрдө топ-топ боз үйлөр. Үй, короодон жаңы сүрүлүп, саан бээлер жайыттан айдалып келинип, кулундар желээге жаңы эле тизилген. Эки элдин чабышынан жүрөкзаада болгон чалдар шүүдүрүм кургай элек дөбөдө жол карап олтурушкан. Алар көргөн калың кол өздөрүнүкү эмес, кара кийген, кан ичээр Үмөталыныкы болуп чыкты.

Капкара Үмөталы дөбөгө бура тартып, тура калды. Аттары демигип тегеректеген айдак жигиттерине айкырып, буйрук берип жатты. Анан алар туш тарапка топ-топ болуп бөлүнүп, аарыдай ызылдап чаап жөнөштү.

Ма, жүзү курусун! Бир тобу желээге жетип, кулун ноктолорун шыпырып, үйүр жылкыларды үйүрү менен кубалап кирди. Бир тобу үйлөрдү сыйрып, килем-күржундарды бөктөрүп, чырылдаган кыз-келиндерди учкаштырып атты. Боздогон балдарды боорго тээп, кулач жайып алдыларын тоскон чал, кемпирлерди найза сокмогу менен уруп жатышты. Мындайда ит да үрбөйт экен. Демейдеги күрсүлдөгөн дөбөттөр куйругун кыпчып, каңшылап, талаага качты. Адам жалаңгычына ит батынбай качты.

Үстүнкү эрини жырык, бото ээрчиткен каймалдар, өркөчтөрү титиреген атан, бууралар айдоого түшүп, тайтактап желишти. Күшүлдөгөн өгүз, бука өдүрөндөп, мөөрөп куугунда. Кулун, тай аралаш жылкылар кишинеп, дүпүрөп сүрүлүп жөнөгөндө, жал-куйруктары желге сапырылат.

Балбай менен Алыбектин айылына жете албай калган Үмөталы Боромбайдын айылын жылан сыйпагандай чаап, катын-баласын олжолоп, жолго түштү.

Эрлерче эрлер менен бетме-бет кармашып эмес, айылды чаап, намыссыз иш кылганына Үмөталынын көк боордой тултук бети чымыраган жок. Кайра, мунусун эрдик ойлоду.

Бекер мал, бекер олжо, даяр кыз-келинге жеткендер Көлдүн күнгөйүндөгү адыр, түздү, кыя жолдору чаңга бөлөп, дүпүрөгөн мал кубалап кетип баратышты. Бир четте карааны калдайган Төрөгелди колун сермеп кыйкырат:

— Жапыр үстүн! Тездеткиле!

Боруккан кулундар, чарчаган ботолор, ичи көпкөн торпок-таналар солуп кетип баратты. Ар жерде күп жыгылып, калып жатты. Жайнаган малдын бир быягына, бирде аркы четине чыгып, найзаларын укурук кыла сороктотуп, жигиттер да жан алакетке түшкөн. Ала-шала тердеген.

Бир четте кыз-келиндери учкаштырып, кээси жайдак атка мингизгендер кетип барат. Алардын жалынып-жалбаргандарын, озондоп боздогондоруна кулак да какпай, Үмөталы алдыда.

Тетигинде, тору бээге жайдак минген Боромбайдын улуу аялы. Ал Ормондун күйөө баласы Өмүрзакты төрөгөн. Заңкайта элечек оронуп, боз жорго минип, Ормон үйүнө түшкөн. Кадырлуу кудагый болуп сый-урмат көргөн. Ошондо кара көрпө көлдөлөң үстүндө балпая тартчу көчүгү азыр таскактаган жайдак бээнин кыр аркасына өйкөлүп, болпулдап ары оойт, бери оойт. Жоолугу артка жылмышып, чач саксайган. Билерик, шакекке толгон, эттүү колу тизгинде. Артынан куугунга алган жортуулчунун учкаштырганы бойго жеткен кыз. Жылаңбаш неменин тал-тал өрүлгөн кара чачы ийин-далысын жаап, туш келди чачылат. Азапка түшүп, жанчылган кыз эки жолу аттан ооду. Экөөндө тең карылуу кол апчып, түздөдү. Үчүнчү жолкуда, жерге ыргып жыгылды. Туруп жан айласы кылгыча, имерилген атчан далысынан чапчып, учкаштырды. Ооздуктан чылбырды чечип, кыздын белинен ала, өз белине буып атты:

— Бейбак! Эми, сени биротоло бошонгус кылайын,— деп кылчайды. Бетин жаш жууган, кызыл тору кыздын бүчүсү үзүлгөн көйнөгүнүн ичинен көкүрөгүн көзү чалды,— эй, мен сени жебейм! — Атына камчы басып, чаң аралап, ызы-чуу түшө озондогондорго аралашты.

* * *

Экинчи күн. Балбайлардан курман болгон элүүдөн ашуун жигиттерден кабар алынды. Жакын тууган, жекжааттары сөөктөрүн алып келмекке ат коштоп жөнөштү. Берки олжо таап келгендер олжолорун бөлүшүп алууга кокту-колотко чачылды. Кокту таманында көк майсан чөптү уйпалап тебелеген жоон топтор жүрөт. Алар ашыгыштуу. Уйкудан калган көздөрү кызара сөз талашып, ар кими жулунушат. Ортолорунда эки төө, үйүр бодо, ала кийиз, шырдак сыяктуу көр-жер.

— Төө үчөөгө...
— Күрөң бээ экөөгө...
— Уйга ала кийиз кошулсун да...
— Ошондо мага тай калабы?
— Тай болсо да жылкы тукуму. Бирге дең.

Кара ат минген ырчы Арыстанбек кыр ашып, кыялай бастырып, ушулардын жанына келип токтоду. Малакайчан, эрди желки сары неме «соогат сураганы келди» дедиби, ырчыны сүйбөй кулжундан, бүктөлгөн кийизди ары ыргытты. Ырчы баарына көз чаптырып, муңайып, тигилди. Желки сарынын кызганганын да сезди. Атайы тийишти:

— Тунупсуң го олжого! Соогат бершипсиңби?

— Ийе! Кудай кут кылса олжолуумун. — Көзү чекирейе малакайын көтөрүп, эрдин жалап коёт,— соогатты кол башчыларынан барып сура!

Ырчы өкүрүүчүдөй камчысын бөйрөгүнө таянды. Каңырыгы түтөп, таноосу дердеңдеп барат:

Оо, жыгач болсо чабылаар,
Оо, кийиз болсо жабылаар.
Бугуну —
Үч айланып чапсаң да,
Таманыңа бассаң да,
Эсил кайран Ормонум,
Эми кайдан табылаар?!
Андан өткөн азабы,
Бул жараат кантип таңылаар?
Бул жараат кантип айыгаар?

Муңканган үндөн чочуган тигилер кармалып аткан көржерлерин таштап, орундарында селейет.

* * *

Ашыккан бирөө минген атын башка-көзгө сабап келатканын көргөн айылдашы зекийт: «Ой! Алдагы жоонун малы болсо да аясаң боло? Убал эмеспи!» Демек, адамдын жоолашкан жоосу адам. Бирок ааадандарга жоолашканынын малы да, ал түгүл урунган буюму да жоо болуп көрүнсө керек. Олжого тунгандар ар жерде беш-ондон топ боло бирден бодону көтөрүп уруп, карыратып мууздап, о-бу дегиче терисин сыйрып, алашала жиликтеп, казанга салып, түтүн чыдап жатканда, кум чайнаган Үмөталы ичинен тынып, мулуят. Балбайлар менен беттешип, кылчылдашып, баш жарылып кыбасы канбаганга Төрөгелди делөөрүйт. Тонон келгендерди камынтпай азыр кайра аттанууга даяр. Анын көп

эңсеп, делбетап болуп атканын иниси да сезип, өзүнүн экинчи жолу ойлоп тапкан амалына бекип атат... Баягыда, Алыбек Куртка чебин чаап келгиче, атасы Ормон качан кол баштады эле? Кечээ жакында, Кененсары экинчи мертебе Чүй элине кол салчууда, атасы согушуун он биринчи күнү барбады беле? А Умөталынын булар менен аралашып жүрүшү кандай? Кырсыкты кайдан деш болбойт. Кагылышта колго түшүп кор болушу, же ок жаңылып, болбосо найза матып өлүп калышы ыктымал. Тогуз ноён, толгон колбашчы күткөн Чынгызхан да согушка көп кирбеген. Ал алыстан, бийиктен буйрук берип, жеңишке жеткен. Тоскоолун талкалатып, күм-жам кылган соң, тулпары менен жеңилген аймакты тебелетип, мен-менсин бастырып өткөн.

Бүгүн Умөталы да чабыш эңсеген Төрөгелдинге баштатып, өзү атасынын «Ордо» аталган үйүндө олтурмакчы. Оюн агасына билгизе албай атканда, чоң шылтоо өзү табылды. Ак-Талаа, Жумгал бектеринен жардам жиберген кол келатат, деген кабар кетти! Бул кабар зөөкүр Умөталыны андан бетер ичтен тындырып, душманына ызырынса, аңгөөдөк Төрөгелдинин колтугун көтөрттү. Эми ал «ат кайдалап» калды.

Жумгал демекчи... Качыкенин ашында найзадан өлгөн уулу Тейитте жерлегенден кийин, мөгдүрөп калган Даанышты Эралы өз айылына көчүрүп алмак болду. Карыя макул деп да, жок деп да, айтпады. Тейиттин жылдыгын өткөрүп, жатакчылар айылына көчүп алды. Жарык кабак Жаркынбайдын улууга болгон урматы, эртели кеч малын көздөп, отун-суусуна каралашуу мамилеси көңүлүн жибитти. Өзү Тейит ордуна Жаркынбайды, Нурбайды бала тутса, Тейиттен калган уулу Бекиш жетимсиребей балдарга аралашып, Жаркынбайдын уулу Ороз менен бир боордой ынак.

Киши колдуу болуп өлгөн Ормонду угузганда, Дааныш бакырып алган:

— Ойрону чыккан экен ээ! — Өксөп болуп, кызыл жээк көзүнөн жаш кылгырып, ичинен күңгүрөнгөн: «Ит эле болуптур, бир атанын балдары!» Карыя жонун жукко сүйөп, угузууга катышкан. Эралы, Жаркынбай, Нурбай, чыканактай Чоду да тунжурап, үй тынч. Күптүү дем алуулар. Күйүттүү үшкүрүктөр. Шырылган ак истампул топучан, аппак сакал-мурут, ак кементайды желбегейленген Дааныш көзү тулга минген очокто. Телмирген карыянын көз алдында, жыйырма үч жыл мурда чабдар ат менен жулкунтуп келген Ормон элестейт.

Көтөрүлгөн үйлөр, айыл толгон адамдар элестейт. Айыл башкарган Качыке талаага бастырып кеткен өзүн таптырып келип, курун мойнуна салып, жүгүнгөнү, өтүнгөнү элестейт. Болоор иш болгондон кийин, деп өзүнчө кайрат алганы, конок камын жакшы жегиле деп айтканын ойлойт. Жүрөгүнүн толтосунан орун алган жаны бирге Укенин көрбөөгө тырышып, бирок аттанаарда чыдамы жетпей: «Чырагымды апкелгилечи бери?» — деп айтып, жоолук салган кызын, буркурап көкүрөгүнө жыгылган кызын үч кайтара маңдайынан жыттап: «Кайда жүрсөң аман бол!» — деп эмшиндеп жашып кеткени эсине түштү. Азыр да жашып алды. Жан чөнтөктөн оромол алып, көзүн сүрттү. Алгач Качыкеге: «Укенди жаныман чыгарбай жүрүп, мен да бактылуу кылалбайм. Даңктуу жерге берип, сен да бактылуу кылалбайсың. Кыз бечаранын жолу ачакей»,— деп айтканын эсине түшүрдү. «Кыркка жетпей Укенимдин тагдыры ушул болгон экен!» — деп дагы жашыды. Оромол менен көз жашын дагы сүрттү. Олтургандар кошо жашып, үшкүрүштү. Очок тиктеген карыя жүрөгү сүйлөп жатат: «Алтын так минип, эл сурап, нечен-нечен хан өткөн. Мен менсинген жан өткөн. Боору жазы кара жер, жан бүткөндү жалмаган. Ушул жалган дүйнөдө өлбөй пенде калбаган. Бирок өлүмдүн да өлүмү болот. Ооруп онтоп төшөктө өлүү бир жөн... Ай, азабын журт тартпагыдай эле!»

Дааныш ошондо атайы келип, Ормондун сөөгүн коюуга катышкан. Төрөгелди долуланып өкүрчүдө, аның сакал-мурутунан сызылган канды көрүп, Калыгул дирилдеп тура калчуда Дааныш ошол жерде болчу. Элдин эки карыясы кайгыны бирге тартышкан. «Жашың кичүү болсо да, касиеттүү жан элең. Кайсар инилериндин колун кармай көр! Арыстан, жолборс да кынжыланат. Буудайык, бүркүткө да томого кийгизилет. Бирин кынжыласаң, бирине томого кийгизе көр!» — деп өтүнгөн Калыгулдан, Дааныш.

Ормондун кыркылыгы берилип бүткөн күнү, каралуу үйгө Калыгулду ээрчитип кирип, өзү сүрөгө сала узакка куран окуду. Кол жайып, бата тиледи. Кара кийип, кара жоолук чүмкөнгөн аялдар тетири карап, тунжурашат... Эркектер этек кага, шуудурап чыга турган баштанганда Дааныш оозунан күтүүсүз сөз чыкты:

— Чырагым, Укен! Жакшы тур...

Кара кийинген аялдар катарындагы, тетири караган Укен кулагы атасынын үнүндө экен. Тейиттен бери, эки

эсе ызалуу, эки эсе күсалуу болгон неме учун туруп, атасын басып калды:

— Айланайын атакебайым! Барсыңбы? — Бала кезиндей тумшугун ата алкымына басты,— акыры ушуну көрмөк экенбиз го?!

Атасы Ормондун тарбиясында болуп, алыс жүрсө да жакшы таятасы бар экенин апасы аркылуу билген Гүланда да, Укенден кийин карыяны мойнунан кучактап, улуп-уңшуп, өпкө кагып шолоктоду.

Буларды көрүп, эчкирбеген жан жок. Ыйлабаган жан жок. Найзадан өлгөн Тейитке би? Балбайдан өлгөн Ормонгобу? Чыкпай жаны жүргөн Даанышкабы? Укен менен кызынабы???

Анысы да чын. Мунусу да чын. Баары келип, бирде шаттанса, бирде сыздаткан опасыз дүнүйө. Күнүмдүк тиричиликте талашып, тартышуулар. Нааразы болушуп, бирин-бири кордошуулар.

Кара жоолуктарын бүркүлтө, катар олтурган кыздарынын бышактоолору токтогондо:

— Башка түшсө адам баарына чыдайт, чырагым! — деди Даныш, бети тытылып, өнү ак шапак боло түшкөн Укендин жүзүн тиктеп. — Ормондун жылдызы өтөт. Анан, чырагым... Мени унутпа! Мени таштаба. Мына, бнерде Калыгул эстүү отурат. Түшүнүп аткандыр. Өтүнүчүмө башкалар деле каршы болбос?..

Ошончо адамдардын арасынан кире бериш оң капшыттагы Каптал гана жашыбады. Ал көзүн үлүрөйтүп Укендин сымбатын байкайт. Бир учур Алыбектен жеген тепкини элестейт. Даныштын итатайы тутулат.

Жыл не өтүп, не өтпөй Калыгулдун каза болгону Даанышка угулду. Карыянын жакшы тилектеги үмүттөрү ташка тийди. Агер «жараткан жалгыз кудайга күнөөлүү болбосо, эстүү жан Калыгулдун өлүмүнө зөөкүр инилеринин жоруктары себеп болуп кеткенин, эки уруунун чөпчө чачып, сууча кеччү башчылардын ынтымакташа албай, тирешип туруп алуулары себеп болуп кеткенин, дилинде сезди Даныш.

Далдыраган боюн жыйып, бата этип келүүгө камынып калганында, «Үмөталы, кудалардан жардамга кол суратып атыптыр» — деген кабар жетти. Үй үйдөн бирден киши чыгарып, кол топтолгуча, «Үмөталы, Боромбайдын айылын чааптыр»,— деп калышты. Ушул тополоң түшүргөн жаман кабарлар үстөккө-бостоk келип, Даанышты делдейтти. Баскан-турганды ээрчип, сүйлөгөн оозду тиктеди.

Жумгал колун ким баштайт? ...Айтылуу Качыке тукумдары. Тукумдарынын ичинен эл оозуна кирген мыктысы Эралы. Ал ай мурда жүздөгөн жылкы, короо-короо кой айдатып, ичкерине (түштүккө) беттеген. Жай башында жайлоо оттотуп, жайып айдап, мал токтогон жерге конуп, жай аягында мерчемдүү жерге жеткирет. Кыйналбай жайылып олтуруп семирген малын Үч-Коргон, Маасы, Жалал-Абад базарларына сатат. Сатып, пулуна өлүү дүнүйө алып, аттарга сылай жүктөнүп, тээ, күз тарта келет.

Качыке тукумунан мындагы бычакка сабы — Суран. Ал бир чети Ормонго күйөө. Атасы Качыкенин арбагы, Качыке намысы үчүн да кол баштоого акылуу. Милдеттүү. Суран желке кашып, үй тарапка капчалык кылчактабасын, аксакалдар шайлап коюшту.

Киши жыйноо жатакчы айылына да келди. Баруудан Жаркымбай ирмелген жок. Сагынткан жери, андагы балалыгы өткөн эл жоо өндүү туюлбай Нурбайды сүрөмөлөдү:

— Эй, Нурбай. Баягыда ээрчитпей, аягамын. Эми мени менен кошо аттанасың. Ормондун арбагын унутпаган болсоң, баш чайкабастырсың дейм, ыя?!

Колун артына алып, көзүнүн төбөсү менен карап, булардын жанына Дааныш келди:

— Ой-бай, Жаркымбай! Имне деп турасың өзүң? — деди Нурбай.

Ормонду унутсак, кудай экөөбүздү унутаар. Абалы атасынын ашында үйгө жеттик, төөгө жеттик, атка жеттик. Анан, сен селсаякты ээрчийм деп, анабу Коргол, Саксайга жолуктук. Этектеринен бала айтты. Мал күттүк. Өз чамгарагыбыздан түтүн булатып, очор-бачар болдук. Ушунун баарына Ормон себепкер гой.

— Өткөндү жүрөгүңө түйүп жүргөнүңө ырахмат. Тур, чаар байталынды жаба токуп, азык-түлүгүңдү камда. Өзүм соккон найзанын эки учу турат. Сабын жолдо, Кара-Коонун талынан кыйып, аштап берем. Эки бир тууган эл эмне болоор дейсиң, эрөөлгө чыкканы эрөөлгө чыгып, болбосо карсылдашып, сабашып алышып, токтошоор. Бири кун төлөп, бири кун алып, анан үймө-табак этти тегеректешээр. Мен болсом сага, айланайын Көл эненин бала кезимде кой жайган кокту-колотун кыдыртып, сурамжалдап ага-тууган издеп, тааныштырам. Ошондой эле болот го, антпегенде, моюнга кылыч тийип, баш үзүлөөр дейсиңби? Өлсөк ана, балдар деги боорун көтөрдү...

— Ок, оозуңа келгир! — Капыстан унчукқан Дааныш акырындап Жаркымбайды жемеледи,— келме келтир! Жерге түкүр. Ооздон жаңылган жаман.

Жаркымбай арс-арс күлдү:

— Ак чөп башта, аба, ак чөп башта! Мына түкүрдүм. Түф-түф.

— Жаркымбай,— деди Дааныш күңгүрөнө токтоло калып,— шартың болуп Укенге жолуксаң бизден салам айт. Атаң бир өтүнүч кылган экен. Ошону унутпасын, деп айтты дегин.

— Куп болот, аба айтайын.

Суран баштаган кол Ормон айылына келген.

Суран кайнатасы — Ормондун арбагына атап, семиз ат, туу бээ жетелеп алган. Абалы куран окутканы Үмөталынын үйүнө түштү. Жаркымбай, Нурбай ээрчишип түшүштү. Куран окушуп, бата этилди. Мамыда байланган малга эмес, беш жүз чамалуу кол менен келгендерине ичтен ыраазы болгон Үмөталы түйшөлүп, мындай деди:

— Оң тукуму аталган, туугандар! Адам бир жакшылыкта, бир жамандыкта бири-бирине тирек. Намыс үчүн, калдайып келгениңерге ыраазымын. Ана, алсаңар, Балбай, Алыбек айылдарында түмөндөгөн бекер мал бар. Кессеңер, күнөөлүү баштар бар. Атамды өлтүргөн аларды аябагыла. Катынын тул кылгыла, эрин кул кылгыла. Катуудан казаны калсын, жумшактан күлү калсын. Чапкыла! Жанчкыла!

«Коокуй! — деди, кеп түшүнгөн Жаркымбай түктүйө, купуя — моберекинин жаасы катуу го?» Нурбай да сөз маанисин түшүнүп, ынагын капталга нукуп койду:

— Не деп оттоп тур анавуң? Сөзү кан жыттанатын гой!

Суран баш боло, Үмөталы алдынан дүр турушту. Көтөрүлгөн эшиктен чубашты. Самсып, каралуу үйгө келип кириштп. Мында да куран окулуп, бата этилди. Турушуп, чубап чыгышып, аш үйдү карай тартышты. Жаркымбай Нурбайды этектен басып, олтурган ордунда. Негедир кылчактап, Каптал гана калды. Жаркымбай Дааныштын аманат сөзүн айтты. Укен мойнун салып укту. Булар чыкканда, Каптал ээрчий түшүп сурады:

— Жаркымбай, экөөңдү небактан бери тааныйм. Силер Ормондун кудасы Эралы менен бирге жүрчү элеңер. Алыбектин таятасы Дааныштыкайдан билесиңер! Ал аманат сөзүн силерден кандайча айтып калды?

— Дааныш менен бир айылданбыз,— деди Жаркымбай,— кийинки ата ордуна кармаган карыябыз да ошо киши.

— Ии, «жакшы атага» жеткен экенсиңер?

— Анын эмнеси бар? Жакшы ата дегидей эле киши.

— Жээни Алыбек Ормонду жайлатып олтурса... Экөөң суу агызган чамындыча тентип келип, Ормондон көгөрдүнөр эле. Эми, анын душмандары менен ага-туугандай болуп алыпсыңар. Жооого жеткенде, биздин таламды талашып чабышпай эле... Алыбектин ырын ырдайсыңар го, чагымда?!

— Каптал! — деди Жаркымбай,— кекетип-мокотпой, ызгаар сөзүңдүн маңызын түшүнтчү?

Артынан чыккан жигит:

— Сырттан келгендер, бери, аш үйгө киргиле! — деп калды. Булардын сөзү үзүлдү. Элендеген Нурбайды ээрчиткен Жаркымбай чакырганды карай басты.

* * *

Үмөталы бул жолку чабуулду өз бийлигине берген Төрөгелди кирген суу эмес туура алдын тоскон аскаңа да карабоочудай жин бүркүп, кол баштап, жолго чыкты. Өткөндө кырчылдашып, кан төгүшө албай арманда калган неме суу кемерди Аксур атына жемире басып, агынга өзү биринчи болуп кирди. Эки минден ашуун колдун арткы четинде Жаркымбай, Нурбай, Жолдо, Кара-Коонун токоюндагы талдан тандап кыйып, аарчып, аштап берген найзасы эки күн жолдо жүрүп кургап, бөрү тилдин мойну шылкылдап калганда, Нурбай айткан:

— Мобунуңу кайра таарып, төмөндөтүп бекитпесең түшөтүн болду го?

Жаркымбай күлгөн:

— Түшпөгөндө, сен ким менен кыйратып сайышат элең.

Жок! Үмөталы менен Төрөгелдинин кылчылдаган түрүн, олжого батып келишкенге делөөрүп, кылыч картмап, найза сунуп калган мындагы колдун шүйкүмдөрүнөн чочуп, Капталдын кээр сөзүнөн бир балээнин жытын сезген Жаркымбай Нурбайдын найзасын оңдоп, аштады.

— Экөөбүз киши өлтүрбөсөк да, өлтүрүүчүлөрдөн өз башыбызды коргоого керек болгудай. Карма колуңа.

— Аулдан калжаңдап чыктың эле. Жүрөгүм шумдукту сезген.

— Же, күн мурда үркпөй! Кайрат алып жүр боюна.

Эки бакыр агыны катуу сууга эл аралап аярдап кирди. Нурбайдын чаар байталын сартору атынын аттанаар жагына салып, суулуктап жетелеп, кудайлап, өйүзгө зорго чыгышты. Жаман токулгаларынан суу шорголоп, көпкө кошула шөлп-шөлп желдиришти.

Төрөгелди мерчемдүү жерге түн жамынып жетип, тыныкты.

Ойдогудай кол жөнөткөн Үмөталы көөкөрдөн каркыт шимирип, алагүү. Уктап туруп, жигитин чакырат:

— Колдон кабар барбы?

— Даткам! Алар жаңы кетти го.

— Апкел, каркыттан!

Жигит сунат. Үмөталы шимирет. Чөйчөктү жанына тегеретип таштайт:

— Мен, каркыт шимирбей эле куу сакал Боромбайдын канын шимирип атам билдиңби? Келе дагы!

Дагы сунат. Дагы жутат. Дагы чөйчөктү таштайт:

— Мен Балбайдын канын жуттум, көрдүңбү? Толтур дагы?

Жигит көөкөрдү чөйчөккө көмөрүп, дагы карматат. Үмөталы шыпкап чөйчөктү тегеретет:

— Мен, Алыбектин канын жуттум билдиңби?

— Билип атам, даткам! Көрүп атам, даткам!

— Билип аткан болсоң, колдон кабар ал. Төрөгелди абамды өзүм тосуп ак баш атан, көк кашка бээден түлөө чалдырам уктуңбу?

— Уктум, даткам!

Төрт күн бою Үмөталынын жоругу ушул болду. Тынбай каркыт ичип, андан бетер алагүү. Эми анын көзүнө Балбайдын башы жабыктан көрүндү:

— Аа! — деп айкырды, кемердеги шапка колу жармашкан Үмөталы. — Карачунагым! Келдиңби өзүң? Мен, эми сени козуча мууздаймын! Жигити кармай калды:

— Даткам! Кимди мууздамакчысың? Үйдө жан жок.

— Киши жогу эмне?! Карачунак тигине, тигинде турбайбы!

Эшиктен шып этип, Алыбек кирип келди көзүнө. Үмөталы дагы обдулду:

— Карма, түпкө жеткен шумду. Оозуна коргошун эритип куйгула! Жигити дагы асылды.

— Даткам эсиңи жыйчы? Эч ким жок үйдө.

— Жогу эмнеси! Алыбек мына, артында турат. Колун кезейт, мага! Карма!

Жигити асылып, дагы токтотту.

Үмөталынын кыялданып дөөрүшүү каралуу Ормондун үйүндөгүлөргө жетип, билинип атты. Өз энеси, ал түгүл кичи энелери да анын бул жоругун жактырышпай, ичтен сызышат. Өлгөн үстүнө көмгөн кылбай токтосо бо-ло? Чаап алып, дагы эмнеге кол жөнөттү? — дешип, бышактап ыйлашат.

Кеч бешим, сыртта тээ алыстан күүлдөк доош эшитилди. Аздан соң иттер абалап, айыл дүргүдү. Боз үйдүн оймо каалгасын качыр жөөлөп жигити кирди:

— Даткам! Кол келатат. Кыйсыныр түшүп келатышат!

— Ыя, алла! — Учуп турган ал үй кийими менен сыртка атып чыкты. Азыр айылды тебелеп өткөн өз колу жайнап келип, өзүнө тиреле токтоду. Аттары кара тер. Үстүндөгүлөр алеттен кете чаңга аралашып, чаалыккан. Соолуга түшкөн Үмөталы айкырды:

— Оо, ант ургулагыр! Эмне болду силерге?!

— Оо, ант силерди да урсун! Качып келатабыз. Кырылып келатабыз!

Үмөталы жалп үйүнө кирди. Соот, тулгачан кылычты колуна кармап, кайра чыкты. Жигити даяр кара атты тартты. Ушул көз ирмемде каралуу үйдөгү кара кийген онча кты аял жамырап сыртта жүрөт. Колуна митийген ат үстүндөгүлөрдү оодара тартышып, ыргып минишип, тээ окчунда куун келаткан колду беттеп чабышты. Ормондун байбичесинин заңк эткен дабышы угулду:

— Ормон менен кошо бул айылдын эркеги кырылып калган?!

Апасынын үнү Үмөталыга угулду. Аттанып калган уулу:

— Эй тетиги шуркуяларды токтоткулачы! — деди да, өтүндү. — Алдыңарга түшүп бербесем, атамдын арбагы урсун! Ээрчибесеңер, ата-баба арбагы силерди урсун!

Булар үйрүлүп, кайра дем байлап жөнөгүчө, кара кийимчен аялдар куун келаткан кол алдына чукулдап калышты. Ири алдыда келаткан Алыбек экен. Ал каралуу катындарды көрүп, эки тарабына кулач сермеп, «токтогула» деген ишаарат кылды. Көзүнөн салаа-салаа жаш кеткен Ормондун байбичеси Алыбекке аргамжы бою жетпей тизгин жыйды:

— Оо, Алыбек! — деди байбиче. — Ормон экөөң ант-

ташкан дос элеңер. Акыркылар ушул болдубу, карап күн?! Кокуй күн?!

Алыбек оозуна сөз кирбей күйөлгүчө, улуу күндөшүнөн алга өткөн, жоолугу мойнуна түшүп чачы жазылган Укен жулунду:

— Алыбек баатыр! Баатырдыгыңды каралуу катындарга көргөзмөксүңөрбү?! Тарт, тизгининди!—деди эриндери көгөрө башы калчылдап,— Ормондо аласаң болсо акыретте доола!

Аттиң ай, тааныш үн! Аттиң ай, кусадар кылган үн! Төбөсүнөн чагылган ургандай селт эткен Алыбек көзү оттой жанат. Тиштенет... Жаак булчуңу түйүлөт.

— Каралуу бейбак! — деп алды, үнү каргылдана. Көзү көзүнө кадала түшкөндө, кайра Ормондун байбичесине бурулуп кетти. — Биз кайра тарталы. — Үмөталы тарапка кылычын сунду. — Тетиги, капкара желмогузуларды токтоткула! — деп атын ойното шарт бурулду. — Жигиттер! Башка адашса да, биз адашпайлы акылдан. Сабыр этели. Каралуулардын өтүнүчүнө моюн суналы?..

Булар окчундаганда, аялдар Үмөталынын алдын торой чабышты. Саксайган апасы кулачын жайып:

— Канкор уулум, токто! — деп чаңырганда уулу сурдана ат тизгинин жыйды. Төрөгелдинин колго түшкөнүн угуп, деми сууган ал камчыланган болуп уятынан келаткан. Үңкүйүп токтоду. Артындагылар да токтоду.

* * *

Үмөталыга алдаткандарын ачык түшүнбөй кайра тартышып, аттары чаалыгып келген Балбайлар иг улуп калган Боромбай айылынын түрүн көрүшөт. Каны ичтерине тартылып, жарданып турушат. Боромбай үнкүйүп үнсүз. Анын алыскы төрлөрдөгү субай жылкылары менен койлору, койчулары гана аман. Салынды катары эсептеген үчүнчү аялы Бүбайдын үйү койчулар айылында тигилүү. «Ормон өлдү дегиче очок бузулду дей бер» — деген сөз азыр да көңүлүндө кайталанган Боромбай дел болду. Жакын иниларинин баласы жыйырмалардагы Мырза чийкил быштысын камчыланып, бет мандайына тура калды:

— Атаке! Бул кордукка кантип чыдайм?! Ат коёлу артынан.

Карт, жаш уланды теше тиктеди:

— Сен эле жетпей аттың беле?!

Мырзанын чакырыты Алыбектин да, Балбайдын да жүрөгүн козгоду. Таноосу кычылып, өпкө боору куушурула онтоого шайы келбей соот ичинде жан тери аккан Балбай ооруп турганын сездирбей чымырканып айтты:

— Сабыр кыл, иним. Ат коюлат. Көзүм тирүүсүндө ал намысты алып бербесем Балбай атым өчсүн!

Үтүрөйгөн Боромбай Балбайга бурулду. Оозу ачылып барып, токтолду. Боромбай карттын сөзүн салмактап Алыбек чытылды. Үмөталы ушуну менен токтобосун, Боромбайдын башына түшкөн мүшкүлдү өзүнө да салаарын сезип:

— Камыналы! Ормондун бөлтүрүгү дагы алдай албас?! — деди.

— Өрүшү калган менден көрө жашсынар. Эмки камды Балбай экөөң жегиле. — Боромбай атын моюнга чаап, токолунукун карай тартты.

— Үч өзөккө бөлүнөлү,— деди Балбай Боромбай узагыча угуп калсын деп шашып. — Тескейди сен тос, Мырза. Баш тарапты мага койгула. Күцгөйдү сен торо, Алыбек. Бир жетиде келбесе, өзүбүз барабыз.

Убада макулдашылды. Айылы чабылып, кыз-келинни аолжолонуп жанына баткандар менен Мырза тескей башын алды. Ортодо суу. Тал, бадалы үргүлөгөн өрөөндөн өйдө бийиктеп кеткен тоолор. Бетинде карагай, арча түнт тоо далысы Каркыра суусунан бүтөт. Түштүк нып тасында Боромбайдын малчылары, Балбай ошо чөлкөмдө. Айылын жоодон адаштырып терецге көчүрүп жиберген Алыбек азыгы менен колун баштап, Төрөгелдилер изи кеткен күңгөй башындагы бөксө тоолорго букту.

Алтынчы күн. Азандан турган Алыбек дөбөдө олтуруп, өйүз-бүйүздү жээктете көпкө турнабай салды. Бийик чокулары жаңыдан күн нурун сүртүнгөн күңгөй тоолор, төмөнкү адыр, бадалдуу жээк, кара-көк тарта мелтирген Көл үстү тынч. Жалгыз көз турнабай жай чайпалып тескей тарапка өттү. Ойдунду, жайык кокту оозун сыдырып, кыдырды. Күдүрөйгөн караан, жандуу кыймылдар чалдыкты. Айнектен көзүн жулуп, артына кылчайды. Аттарын баймактап, откоргон колу даяр. Кол арасындагы башчылардын көздөрү Алыбекте. Башчы-сынын шектүү турпатын байкашып, жандана назар бурушту.

Алыбек турнабайга кайра жабышты. Шектүү аймак-

ты мелтирей абайлады. Кол. Көп кол келатат. Турнабайы Мырзанын колу турган чекти тинтти. Алар өрүдөн жыла төмөндөп, тигилердин жолун тороп жөнөгөн кыязда. Бирок, тигилердин карааны өтө көп: «Беттешип калса, таканч бере алаар бекен? Балбай тарапчы? Аяктан шек билинбейт. Караган, черге жашынып турушпасын? Өзүм жөнөй берсемби? ...Аттиц ай! Ойлогондой, ортого алсак ээ!..»

...Таң буурул боло, колду жапырт аттанткан Төрөгелди текирен-таскакка сала, шуулдатып жөнөдү. Көзү кызара, кайсактаган ага бет алдынан тоскон кол көрүнбөспү! Ошондо эле өкүрүп, камчы басты Аксурга:

— А-ал, биз тарап! Кыы-ыыр, биз тарап! Адыл алдыдагы кызыл атка камчы үстүнө камчы уруп, аны кууп зорго жетип, баатырын суулуктады:

— Жарыктык, аба! Сабыр кылбайсызбы? Колду таштап өзүңүз кетесизби?

— Кол-кол! — дейт. Өзүм эле татыйм! — Ууртунда көбүк. Жиндидей жулунат. — Коё бер! Кара жерге кызыл кан, кар жаагандай кыламын! Кайраным Ормон үчүн, кантип чыдап турамын!

Арттагы найзалары кылкылдаган кол кирип келди. Төрөгелди андан бетер долуланат. Аксуру аба чапчып, секирет. Колу суулуктан бошобогон Адыл өтүп баратканжигиттерге айкырды:

— Эй, төртөөң бери тарт!

Төртөө имериле калды.

— Кел, баатырдын атын суулуктагыла! Чабыш кызымайынча, абамды бошотпогула. Жеп жиберет. Жесе, анан жесин. Тебелетсе, анан тебелетсин!

Экиден төртөө суулуктан жармашты. Аксур асмандап кишенеп, эки ийнин кажына Төрөгелди андан бетер өкүрүп, жинденип атат. Адыл колду аралап алга зымырады.

Жүрөгү курч Мырза да өзүн кармабады. Жалтанбай бет чыгып, Чийкил быштыга камчы басып, колду баштап, каршы жөнөдү.

Эки тарап айкашты. Кылыч кармаган колдор сермелип, найза кармаган колдор урулуп, кызыл кыргын башталды. Эрлер кулап, аттар ойноп, чаң тополоң. Аттардын кишенөөлөрү, адамдардын өкүрүк-бакырыктары.

Чай кайнам не өттү — өтпөдү. Төрөгелди тарап аркы тарапты жемирип, кысып сүрүп калды. Аксурдун суулугу ошондо бошотулду. Коркуу, жалтануу жаратылышында жок Төрөгелди чаң менен колду аралап кирип

барды да, өз менен жатты абайлап олтурбастан, биринчи эле кез келгенди найза менен далыга урду. Анан экинчини, үчүнчүнү, төртүнчүнү, бешинчини, алтынчыны. Ургандары ыргып, кээси ат-маты менен оңколоду. Мырза тарап качты. Кээси тоо таяна Балбай багытына, кээси эңкейиштеп Алыбек багытына зымырап, самсыды. Бириндеп, чачылды.

Ормондун бир айткан кереэзи Адылдын кулагында болчу. Ошондон анын эки көзү Мырзада. Мырза чийкил быштынын тизгинин жана артка бурган, ошол боюнча Алыбек тарапка тарткандардын арасында качып баратат. Дал жемине суңгуган жырткыч кыраандай, андан эки көзү өткөн Адыл Кызылга камчы салып, ат жалына өбөктөп сая түштү. Найзасынын учу желге ырдайт. Күлүктүн дүбүртүнөн Чийкил бурацдан, кулагы шалпылдап... Өзү да өбөктөп камчы баскан жаш Мырза артына кылчайды. Көзүнө сакал-муруттуу Адылдын көзү уруна, сайыла түштү. Быштысына камчы басын, андан бетер жан алакеттенди. Арткы дүбүрт кулагына улам жакындайт. Жана кылчайды. Баягы көз дагы уруунуп, дагы сайылды. Жетип да келди. Чыдамы жетпеген жигит чийкилден ыргып, оонап кетти. Кызыл ат аттап өттү. Адыл кайра имерилгенде, Мырза чөктүшүп, эки колун көтөрдү:

— Жан соога, аба жан соога! Кулдугум бар. Кашык канымды ая?!

Адыл да ыргып түштү. Сол колу менен чөгөлөп турган Мырзаны туулгадан апчып, оң колу менен белиндеги кылычын жарк эткизе сууруп алды. Мырза чөгөлөгөн калыбында. Карылуу кол аткып баскан башы кежигеге чалкалап, кекиртек созула, кокосу өйдө-ылдый жылат. Тиштенген Адыл ызырына:

— Эми аба болуп калдымбы, сага! Эми жан керек болуп калдыбы, сага! — деп бакыра, кылычын кокого шилтеди. Туулга чеңгелинде калып, чачы жаңы кырылган көк куйка баш тээтигиндей ыргыды. Көзү акшыңдай, тили соймондогон башты Адыл ала койду. Басып баратып кылычтын учун жаактын алдына матырды да, ооздон чыгарды. Ошо боюнча көтөрүп келип, солуп турган атынын канжыгасына байлады:

— Кунга алынчу жети эрдин башынын бири ушул!

Алыбектин колу Куйма-Суунун жогору жагынан кыйгап келгенде, Мырзанын үчтөн эки колун талкалаган Төрөгелдинин колу туура өзөккө сала, өтүп кетти. Кара басып, Балбай тараптан кабар жок. Ал тирүү болсо

бери сүрөт беле? Сүрүлгөн кол Алыбектерге урунуп, ортого алынбас беле? Кара баскан Балбайдан дайын жок!

Чынында Балбайды кара басты. Кийими менен мөңгү суусуна чөмүлүп, таң атканча чыйрыгып ат үстүндө түнөгөн неме эки капталынан кагынып, кан түкүрүп, ооруп калган. Жигитин чаптырып, айылдан тамырчы издеткен. Табылган дарыгер коомайланып Балбай үстүнө кирет.

Сол кулагы мулуйган баатыр тирей коюлган жаздыкта кайратка сала чыдап, демигип жаткан...

— Алик алдык,— деди дарыгерге. — Ай туяк алсаң дагы мобу балээден мени тез куткар!

— Алла тааламан шыпаа болсо... — деп таазим этти дарыгер,— тамырыңызды беринизчи?

Балбай сол колун сунду. Жүүртө басып, чөк түшкөн дарыгер анын от-жалын боло ысыган жоон билегин алып, жондонгон көк тамырына арык манжасын басты. Дүкүлдөп урган кан дабышын манжасынын башы аркылуу кулагы угуп, кырк бир деп санаганынан канча урганын эсептеди. Көптө экинчи колун сурады. Көздү жуумп, олтуруп, ал тамырды да текшерди. Дарыгерден шыпаа тилеген Балбайдын аялы ашкана тарабында таштай катып, аягы менен тик, Тамырчы колун тартып:

— Баатыр, ысыгына алган тура. Суу ичкин, үч күндөн соң дагы көрөм,— деп чыгып кетти. Тулгага казан асылды. Суу толтурулду. От алоолоп, суу шарактап кайнады. От өчүрүлүп, суу сапырылды. Мелүүн тартканда, чоң кара аякка мелт-калт куюлуп, баатыр ширмирди. Бат айгыш үчүн, күнүнө эки казандан да бошотту. Тыцый алган жок. Үстүнө жигитин чакыртты. Буйругун айтты:

— Айылды аймактата кондур. Минээр аттан башка жылкыны тереңге житиргиле. Жоо келсе тебелендиде калбайын, сайма алачыгым Чоң-Беттин черине тигилсин. Бүт кол чер арасына жашынып, мерчемдүү коктуларга кароол турсун.

Даярдык көрүлдү.

Сакая албаган Балбай шишип-көөп, өңү ак шапак тарта, көзүнүн тегереги ыйлаактап, жаздыкка чукул жез чылапчынга кара кочкул кан түкүрүп, аялы чылапчындагы кумга шиш менен канды көөмп атканда, сырт дүбүрөдү. Анан сайма алачыктын капталы кычырап, эшиги серпилди. Ашыгып жигит кирди:

— Баатыр! Жоо келди.

Обдулуп тура калды:

— Кай тараптан?!

— Өзөктөн. Кароолчулардын айтууна караганда, Мырзанын колун жарып өтүшүптүр.

— Алыбек кайда?!

— Белгисиз.

— Камынгыла! Даярдангыла! Өзү келген жоо, өзү өлөт! Тур. Тез!

Жигит чыгып кетти. Балбайдын көзү чамгарактайт. Обдулат. Илинүү соот, туулгаларын, кылычын жөлөнгөн найзасын карайт.

— Келе, суу апкел!

Аял кыймылы ыкчам. Даяр суудан кара аякка толтурат. Сунат. Эри кош колдоп, колу калтырап, суу чайпалып, төгүлөт. Үзүлүп түшүп, шимирет.

Жок. Бээ саам не өттү, өтпөдү. Сырт азан-казан чуу. Кыйкырык. Жоо айылды каптады. Улуп-уңшуган үн. «Апакелеп» чаңырган кыздар үнү, ыйлаган балдар үнү. Карсылдашуулар чукулдан угулду. Чыдабай Балбай бакырды:

— Ай, үндөр ай! Айэ ушулардын зордугу ай! Келе, катын, киймимди! Өпкөм оозума түшүп калса да, келе бачым соотту?!

Колу калтаарып, көзүнө жаш алган аялы бир мунусун, бир тигинисин сунду. Ашыккан жигит кайра кирди:

— Кирип келди, баатыр. Каптап келди, баатыр!

Балбай тура калды:

— Баатырың, кара жерге кирсин! Как ушу күнү кагынганымды карачы. Бас бери, катын! Апкел, апкел, матаны!

Аялы чакан жүк арасынан бүктөлүү матаны сууруп чыкты. Балбай матанын бүктөөсүн жаздырып, көөдөнүнө чың ороду. Күрмө тонун кийип, кайыш курду чың тартынды. Соотун кийип, туулгасын алып атып, жигитке буйруду:

— Чамбылкөктүн белине тердик тарт. Даярда! Катын, кол чаначка суудан куйгун. Бек бууп, атка бөктөрт. Тез! Көзүнө ак түшкүр, эмне ыйлайсың? Эри жоого аттанаарда аял ыйлабайт!

— Макул, баатыр, макул! Ыйлабайын. Ак жолуң ачылсын. Азиреталы шердин арбагы колдосун, өзүңү!

— Ошентсең. Кел бери,— карылуу манжалары менен бекене аялын ийинден апчып, өзүнө тартып бешенесинен чоп өптү. — Бугу эне тирүү. Мен, өзү келгендерге көргөзөмүн!

Сырт ызы-чуу. Өкүрүк-бакырык...

Чамбылкөктү минген Балбай төрт жүздөн ашуун даяр кол менен черди аралап, этекке түшүп келди. Төрөгелди колунун жарымы айыл чаап, мал алууга тап коюп, өтө берген. Алардын колуна тийүүгө чукулда мал жок. Өзөндүн тал, бадалын жамына даярданган жигиттер арасындагы Балбай көз таштады. Те дөбөдө атын эки жигит суулуктап, эртең мененкидей долуланып турган Төрөгелдини тааныды. Өзүнүн да чыдамы жетпей айкырды:

— Балбай-аай!

Ушундайча чакырылган ураан менен тыныккан, аттуу немелер эртеден жол басып, аттары чаалыккан жоосун каптады. Күчтүү толкун аскага согулгандай, аларга келип урунду. Албууттанган Төрөгелди коё берилди. Анын айкырыгы, анын күчү, анын деми менен сүрдүккөн колу кайра кылчайды.

Мал тийүүгө, алга кеткен Адыл баштаган кол да кайра кылчайды. Бирин-бири сүрүп, айкашып, аралашып, төмөнкү сай башына жетишип, былчылдашып атканда, Күнгөй багыттан Алыбектин колу каптады. Ма, аттары тындар создуккандарды узатпай куун жетип, ыргыта сайып, камынтпай ур токмокко алышты.

Чабыш абалын долу Төрөгелди байкаган жок. Баягы долулугуна алып, Аксур үстүндө. Издегени — Балбай. Боромбай, Алыбек көрүнсө качырбас беле. Бурдамга келтирбей ыргыта сайып, башын ыргыта чаап, моку канбас беле.

Балбайдын жетсем дегени да Төрөгелди. Оорусу таптаза эстен чыккан ал бет келгенди ыргыта сайып, жол тазалап жетип, беттеше албай жатат.

Алыбектин издегени да — Үмөталы, Төрөгелди... Чабышта ыкма талашкан ал он чакты өзүн сак-сактоочуларды жанына баймактап четтеп чапты. Баягы кара ат, кара кийинген Үмөталы көзгө чалдыкпайт. Эки бутатым капталда кыйсыпыр түшүрүп, Төрөгелди жүрөт.

— Желмогуздун аты чарчаптыр! — деди Балбай. Жок. Айланасын жигиттери сактаган Төрөгелди Балбайдын колун бери карай сүрдү. Бирди, экини, үчтү ыргыта сайды. Качкандар Алыбекти карай сүрдүгө берди. Аты чарчагандар улам мүчүп, жетпей келатышат. Төрөгелди ортодо келатат. Баран асынган Алыбек түшө калды. Кемерченин кырындагы тал түбүнө мүйүз шыйракты сайып, жигиттерине буйруду:

— Өйдөлөп, кыйгай чапкыла! Тигилер силерди ка-

рай качырат. Зөөкүр куугунга алат. Ах, ушунун эсеби табылса...

Ат тизгинин тартып, амал менен качкандар берилей берди. Аларга жетип-жетпей, ат жалына өбөктөй кууган Төрөгелди. Артында жыйырмадан ашуун жигиттер. Чөк түшкөн Алыбек кароолго Төрөгелдини алып, мелтиреп шыкаалады:

«Донуздун өзүн атсамбы, атын атсамбы?» Эсине Ормон түштү. «Мунусун да жайлашы?» — деп, оюнан жанды. Бардыкке кароолу бирде Төрөгелдинин көкүрөгүнө, бирде Аксурдун омуроосуна жармашат. Ал бута атым кирип келди. Мылтык оозунан түтүн бурк бүркүлө бак эте дабыш чыкты. Аксур очорулду. Ээси кошо оңколоду. Качкандар кайра имерилип, Алыбектин жигиттери жетип келип, арттагылар баатырын таштап качышты. Куугунчулар четтен сайып түшүрүп, сайды көздөй окчундатып сүрүп, куугундап баратат.

Жалгыз калган Төрөгелдиге Алыбек чаап жетти. Туулгасы ыргып соксойгон ал эсин эми жыйып, оң бутун баса жыгылган өзүндөй жаралуу Аксурду кош колдоп түртүп, сөөгү кычыраган бутун ыкшап, жаңы суурган. Сакал-муруту саксайган зор неме көзүн алайтып, мандайына тура калган ат үстүндөгү Алыбекке карады:

— Беттешкенден коркун аттыңбы? Түпкө жеткир, мертинттин го!

— Минтпесе кимди аяйсың? Кайда жанагы катынбала ыйлаткан кан ичээр нин, Үмөталы? Катынча кайда жашынган?

— Мени менен найза сындурушпай, ок учурган сени да катын дейт!

— Окту учурсам сага учурдум...

Бир топ жигит менен Балбай жетип келди. Найза учун Төрөгелдинин кокосуна таян:

— Башың, ушунун учуна илип коёюнбу?! — деди.

— Тарт! — деди Алыбек. Балбай түшө калды. Кылычын сууруп, Төрөгелдини сакалдан алып:

— Мууздайынбы?! — деди кылычынын мизин такап.

— Тарт! — деди дагы Алыбек. Көзү чөйчөгүнө баткан Төрөгелди каяша жасабады. Балбай кийин боло бергенде айтты:

— Мергенчи аткан «кийиктен» шыралга колго тийгенге эрдемсип атасың го, Карачунак! Аксур алдымда кезде бет алдыман кездешсең... көрбөгөндү көрсөтөт элем го! Жыгылган кийикти баса калып, эрдемсип атасың го?!

— Жигиттер! — деди Балбай. — Быйыл жай муну мыктылап «сыйлап» тууган милдетинен кутулайын. Алып, айылга жеткиргиле! Кана, Алыбек, дос! Кол арзыпан... — деп Чамбылкөккө ыргып минди. Эки адам Төрөгелдинин жанында калып, калганы качкан колду көздөй чабышты.

Баатырынан ажыраган кол качты. Көбү Куйган суунун кече күнгөйгө салып, Ормондун айылын бет алды. Аты жармачтарды Балбайдын колу тороп, имерип, Көлдүн тескей башына шыкады. Алды мелтиреген Көл, арты жеп-жутуп жиберчүдөй жоо ортосундагы үч жүздөн ашуун адам айласы кетип токтоду. Көкчамбыл үстүндө чамынган Балбай жетти:

— Токтой тургула бир азга? — Өпкө-боору кысыла, күрс-күрс жөтөлөт. Ат жалынан ашыра кочкул кан түкүрдү. — Эй, Ормон тарап ордуңан жылба. Бел ашып, жардамга келген мындай бөлүнсүн!

Ар ким дендароо: «Ормон тарабымын дөсемби, же жардамга келгендерге кошулсамбы?»

Балбай кайра айкырды:

— Болбойсуңарбы?!

Бирин көрүп бири ээрчий, шылкыя бастырган жүздөн ашуун адам сүрүлүп, ордунда калгандардан бир аргамжы, эки аргамжы боо узап токтоду. Алардын арасында — Жаркымбай, Нурбай. Нурбайдын кулагы делдейе, өң-алети кеткен. Жаркымбай сак. Үнгө кулак салып, көңүл бурат.

— Делдейбей тизгин жый. Чыйрак тур,— деп Нурбайга шыбырап атат,— мен кайда барсам, адашпа.

Балбай катарындагы өз колуна «алгыла» дегенин билгизе көз кысып, ыкыс урду да:

— Биз кармашсак, Кылжырдын[1] эки баласы кармаштык! — деди,— силерге эмне жок, аа? Жигиттер! Мобулардын бирин койбой башын чапкыла!

Ушул гана экен. Чынжырдан бошотулган жырткычтай жулунуп тургандар тап коюп, аралашып кирип барды. Бирин көмөлөтө сайып, биринин башы кылычка ыргып, Көлгө шыкалды. Кээси Көлгө түшүп, тумчугуп жок. Жан талашкандары кайра качып, азан-казан. Качыке уулу Суран кылыч тап бергенге жалбара, кол көтөргүчө башы ыргып, көөдөнү ат үстүндө ыргалып, кулады. Балбай демитип, бакырып атты:

---

[1] Кылжырдан — Орозбакты, Дөөлөс, Дөөлөстөн Бугу, Орозбактан Сарыбагыштар.

— Чап! Сай! Тирүү жан калтырбагыла!

Кызыл атчан Адыл да ушулардын арасында экен. Атына камчы басып, көлгө күп кирди. Кызыл чөмүлө түшүп, кайра калкып, тумшук көтөрө бырылдап сүзүп барат. Өбөктөгөн Адыл эртең менекки Мырзача артына кылчактап, жылып барат. Узап барат. Кызыл ат ошо боюнча сүзүүсүнөн жаңылбай ээсин куткарып, аркы жээкке чыгып кетти[2].

Жаркымбай Адылды көрдү. Далайды баштан өткөргөн неме эсине келе Нурбайды ашыктырды:

— Жүр. Бат! Көлгө! — Камоого алынгандардын арасында сүрдүрүп, камчыланып, Көлгө жетишти. Чаар байтал түшкөн жерде эле дабдырап, артка имерилип алек. Сартору менен аны сүйөмөлөп, терецди карай суулуктаган Жаркымбай безилдейт:

— Нурбай! Сырт кийиминди чеч! — Өзү күрмө тон, көйнөктү сыйрып, атынан түшүп, кабарчыктаган толкун арасында калкып, кулачын бир-эки сермеп алды. Жылаңач көөдөн Нурбайын жанга алып, сүзүп жөнөдү...

Жетимиштен ашуун адам өлтүрүлүп жибергенде, Алыбек жетип, бакырды;

— Токтоткула! Тарткыла! — Балбайга кылчайды. — Досум! Бу жоругуң жарабайт. Кармашсак Үмөталы менен кармашалы. Үйрүп, айдап ээрчиткен элде эмне айып?

— Ошондойбу, Алыбек дос? Менден бир таман жакын туугандарыңа каныңы тартып аткан жокпу?!

— Андай арам ойго кетсең, өзүң менен кыркышам!

Башын чулгуп, Балбай бакырды:

— Жигиттер, тыйылгыла! Өтүнгөн адам бар экен.

Тирүү калгандар туткунга алынды.

Кан түкүргөн Балбай үйүнө кайтып, Алыбек качкан колду Ормон айылына чейин кууду. Каралуу аялдардан айбыгып, тигинтип, кайра кайткан.

* * *

Боромбайдын келатканы — токолу Бубайга жеткен. Ал үйүн журт котортуп тиктирип, жууркан-төшөгүн күнгө жайып күбүтүп жыйып, өзү түзөнүп, күткөн. Жанына жигит албаган бай чабыш кийимчен жалгыз келип түш-

[2] Кызылды тай кезинде Бугулар бериптир. Ушундай жылкы тукумун бергени үчүн ээсинен Балбай тогуз жылкы айып алган.

тү. Үч жыл бою каттабаган токолунун босогосун аттады. Ушул адамдын үчтөн бир жашын гана жашаган Бүбай оболу кымыз сунду. Керме аякты шыпкаган соң, туулгасын чечип, бая эле күмүш баканга илинген ак төөнүн жүнүнөн согулган чепкенди алып жаап, өндөш калпакты кийгизди. Жүзү албырган токолунун жайнаган көзүнө, ийменген мүнөзүнө тигиле караган карт: «Мен колуна тийгенге... бул эмне, табасы канып атабы?» — деп ойлойт.

Жайыттан мал келди шекилдүү. Сыртта маароолор, мөөрөөлөр. Малчылардын улам бири кирип, босогодон бүгүлүп салам айтат. Байынан алик уккан соң, чабыш жайын суроого оозу батпай, кетип атышат.

Көптө, Бүбай байга арнап сойгон козунун шорпосун жеткирди. Бай ууртап алып, үч жыл мурда өткөн окуяны эсине түшүрөт... Ошондо төрт адам менен төрүндө олтурган. Токолу азыркыдай ысык шорпо сунган. Эри чөйчөктү колуна алып, татып, жыттап, кайра берген.

— Жаңы казан астыргын!

Бүбай түшүнгөн. Идиштери менен чараны көтөрүп сыртка жөнөгөн. Тамак бышыруунун чоң жоопкерчилиги бар. Келген коноктун санына карап тай, же кой, болсо козу союлат. Ич эт кошулбай эт бышырылбайт. Ич эт тамактын кичүүсү да, улуусу да. Шорпо даамын оңдоочу да ич эт, шорпо даамын бузуучу да ич эт. Андыктан аялдар ич этти сак, өтө таза кармап даярдайт. Кара чегиге кумган чоргосунан чууруган таза суу жүгүртүлүп, бери болгондо үч жолу артылат. Карын таптаза жуулуп чайкалган соң кайнатылган сууга малынып, жыдытылып, бычак менен кырылып, пардалат да, аппак болот. Ич эт ичиндеги өтө этиет тазаланаары жумур, чөйчөк карын, тогуз кат. Үчөөнүн ичиндеги татаалы тогуз кат. Бойго жеткен кызды, жаңы келген келинди тогуз кат тазалатып сынашат. Эптүү кол ар бир катты бирден ачып, бирден чайкап отурат. Каттардын арасында кымындай жин калбай жуулуп, карын сыяктуу пардалат. Анан ал дагы аппак болот. Ошондо казанга салынат. Жумурдун түп жагы «шалпылдак» делинет. Канча чайкаса да уй шилекейиндей илээшмеси кургабаган бул айранга чыланып, эки-үч күн коюлат. Айран менен кошо шалпылдак ачып-кычыйт. Чоң казан толгон жылымык сүткө шалпылдак салынып, сүт улам коюуланып, килтирип чыкканда казан тулгага асылып, кечтен түн ортосу ооганча кайнатылат да, эртеси чайнасаң кыйчылдаган сары түстөгү эжигей алдында үймөлөнөт.

Төгүз катты тазалөодо аялдар калпыстык жиберсе, үй ээси коногуна уят болот. Алабарман аялына ишенбеген кекселер аны атайын коштурбайт.

Бир жолкуда казан кармаган келин үчүн Бүбай эринен какаар укkан. Кайра кой сойдуруп, жаңы казан аскан. Тамакты кечигип жеген Боромбай коноктору менен кошо аттанып кеткен. Ошондон токолуна каттабады. Кимдин оозун ким тыят. Байы каттабаган соң Бүбайды ар кимдер «салынды катын» атап коюшту. Мына, башына иш түшкөндүктөн гана бүгүн жүздөшүп олтурат.

Эт кайнаган жеринде сапырылып, жанчылып коюу тарткан даамдуу сорпону байы ичип бүтүп, чөйчөгүн сунду. Мунусу этти «бышыптыр» дегени.

Кол жуулуп, дасторкон жайылды. Жигит көтөрүп келген эт баш үстүнө салынып, орто табак коюлду.

— Ырахмат,— деди Бүбай ысык чык алып келген келин менен жигитке. — Барып тамагыңарды ичкиле. Мындагыны өзүм тейлейм.

Санаалуусу ар кыймылынан байкалган Боромбай баштан баштабай ак чамбыл жамбашты алды. Жумшак эттен бир кесип сугунуп, козу эти тишин кыйнабай оозуна эрип, чык ууртайт. Устуканы бүттү. Бүбай чыкка кесип ташталган куйрук менен боордон каттап үч-төрт тартты. Туурооо эт чеңгелдеп, бычак таптаган токолу иймене сөз жөнөттү:

— Байым, никелеп алган аялыңыз элем. Ушунча убакытка чейин кантип чыдап унуттуңуз?

Көгала сакал байы олуй карады:

— Кектеп жүргөнсүң го? Табаалап турасыңбы?

— Жогуңуз. ...Бул убакка чейин балалуу болуп калат белем. Бала чоңойтуу, бала жыттоо эрдин үйдө бар-жогун байкатпаса керек, аялзатына байым.

Тиктеп калган карт: «Эстүү сөз айтты,— деди көңүлүндө. — Бекер кылган окшойм. Көңүл бура жүрсөм болмок экен буга».

Боромбай ошол күндөн ушул үйдө.

Экинчи жолу чабыштан кабар келди.

Эки урууда тең өкүрүк чыккан айыл. Кара кийип, оозондоп, бозdоп кошкон аялдар. Бастырып жеткен жериң ызы-чуу ый. Карбалас. Өлүк коюу. Мал атап союп, түтүн чандатуу. Төп-төп адамдар үтүрөйгөн. Күңкүлдөшүп, кимдидир каргашат. Кимдергедир наалат айтышат.

Мырзанын Адыл колдуу болгонун укkан Боромбай: «Бир чырпыгым кыйылган тура!» — деп эчкирген. Баяр

гыда Мырзаны: «Сен эле жетпей аттың беле?» — деп какканын ойлоп: «Жаштын жүрөгүнө нааразылык кетпеди бекен?! — деп кейинди,— эй, тешиги бүтөлбөгөн дүнүйө. Чыры токтобогон дүнүйө».

Төрөгелдинин колго түшүшү Боромбайды сабыр кылууга, акыл токтотуп, артын ойлоого түртту. «Ага барсамбы? — деп да ойлоду. — Табаалап келгендей көрбөсүн? Ал аркылуу Үмөталыга киши жиберип элдешүү жолун, туткундарды алмаштыруу жолун тездетүү керек». Ушул сыяктуу тилегинен жыйынтык чыкканча жана жаман кабар угулду. Баатыр кол башчысы Төрөгелдиден ажыраган митайым Үмөталы тынч жатпаптыр. Улуу жүздөгү кадыры чоң төрөгө элчи жиберип, жардам сураганы атыптыр.

Үмөталынын бул тилеги ишке ашып кетсе, мындагы элдин айласы кантти?! Кан үстүнө кан төгүлбөйбү. Кун үстүнө кун кошулбайбы.

Санаалуу Боромбай чабарман жиберип, Балбай, Алыбек, Тилекматты өзүнө чакыртты. Ак чепкенди желбегейленген ал он чакты адам менен дөбөдө. Үйүнө чабармандар каттап, акыл чечүүлөрү келип, төрүнө олтурушуп тамак ичип, аларды тейлөө, тосуп алуу, узатуу ишин өз колуна алган. Бүбайдын гана кабагы жаркын. Үстүн түзөй, жоолугун ондоп салынат. Басса-турса жалтыр кара маасы кыйч-кыйч. Чолпусу шарак-шарак. Салаада шакек, билерик жарк-журк.

Бир топ адамдар менен Алыбек көрүндү. Дөбөдө олтурган Боромбайды карай тартты. Беритен ат алынып, кол алышып олтурду. Тилекмат да көрүндү. Оо, бээ саам убакыттан соң, эки жагына экиден төрт жигит ээрчиткен Балбай келатат. Мингени ак жал чабдар. Аты ооздук кажап, алкынат. Белинде кылыч. Ийин көтөрүп, менсине бейкам Боромбайдын сакалын сыйлаган үчүн гана келаткан түрү бар.

* * *

...Сыпган бутуна шакшак коюлуп таңылган Төрөгелди сыртынан кайтарылган боз үйдө. Аптада Балбай келди. Энгезердей ал мыскыл жылмайып, босогого тура калды:

— Баатыр! Абалың кандай?

Төрөгелди унчуккан жок. Башына көрпө тиреле коюлуп, таңылуу буту солдоюп жаткан. Жылмайымыш бол-

гону менен жаалы келип турган Балбайдан чочуп түйшөлдү. Багып аткан адам чакыртылды. Андан:

— Баатырды «жакшы» багып атасыңарбы? — деп сурады Балбай.

— Аянат белек?

— Эмне көңүлүнө жакса, ошону.

— Жолуңар болсун! Сүйгөн тамагын бере элек турбасыңарбы! Тур. Менин канжыгамда кол чанач турат, чечип кел.

Тигил кетип, бучкагына чейин кылтылдеген чаначты көтөрүп кирди.

— Чапма аякка толтур,— деди Балбай.

Ал ошентти. Аяк мелт-калт. Балбай өз колуна алды. Ачкыл жыттанган боз чаңгыл немени Төрөгелдиге сунду:

— Ал, баатыр! Чаңкап калсаң керек, ирмелбей тартып жибер! Колумдан алгачкы «сый даам» ушул болот.

Моюн сунбаска арга жок. Төрөгелди шимирди. Шыпкап, аякты керегеге чапты:

— Эмне эле, Карачунак катын баа?!

— Эмне экенин жуткан сен билбесең, мен кайдан билдим? Хе-хе... Кымызга эзилген эшектин мээсин жуткурган.

Балбай эми жаралууга чукул келип, эцкейип теше тиктеди:

— Ал, кандай?! Сынган жериң бүттүбү? — Ооруганы жаңыдан басылып келаткан бутту шыйрактан апчып, бурады. Кычыр дабыш чыкты.

— Ики! — деп тиштенди Төрөгелди.

— Ээй, жигиттер! — деп бакырды Балбай сырттагыларга, Баатырды алып чыгып, нары чоң ташка жөлөгүлөчү.

Жулунуп киргендер буйрукту аткарышты. Тескейде бадал. Өрү талаш карагай. Көгөргөн асман. Түрмөктүрмөк каалгыган булут. Алачыктай таш капталында Төрөгелди жөлөнүп олтурат. Баш соксойгон. Кулак дел-дейе сакал-мурут сапсайып, көз чөйчөккө баткан. Мылтык алып өзүн көздөй басып келаткан Балбайды көрүп, өңү купкуу.

Кыйноочу өзүнө аргамжы бою келип токтоду. Оттук чагып, кууну түтөттү. Сынар тизелеп, мылтыкты окчо кармап, мелтирей шыкаалады. Балбайдын колу милтеге жакындаган сайын Төрөгелди кумсарды. Бул зөөкүрчүлүккө жер, асман тоотпой токтоп турду.

Түтүн булап, дүң эткен дабыш. Иттер ажылдап, канаттуулар учту. Ушул калыбында мылтык оозунан дары

куюп жана эки атты. Чымын жандан үмүт үзгөн Төрөгелди али түрү. Мылтыкты таянган кыйноочу дагы кытмыр күлдү:

— Түбүбүз бир тууган эмеспи. Огум тийбей атат, байкадыңарбы?! Бир учур кулагымдын кунун «эки эсе» дооладыңар эле, саяктардан Ормон экөөңөр. Ошол сыйынарга «сый» көрсөтүп атат окшойм, Көкдолу! Аны айтпасам деле түшүнүп атсаң керек, ээ?

— Кекчил чунак! Шашпа, сенин жазаңды да бирөө бергиси бардыр.

— Менинби?! — Сыңар тизелеп, кайра шыкаалады. — Эмикисин чындап жайлайын!

Кур дүрмөт менен опуза кылып, ойноп атат. Шылдыңдап атат.

Төрөгелдини ушундайча мазактаган Балбай Боромбай жанына келип түштү. Киши тоготпогон пейилде келип түштү. Керек болсо, айылында жаткан Үмөталыны бөктөрүп келем деген ойдо түштү.

— Атсалоом алейкум.

— Алекимс асалам.

Кол алышып, токтоду. Уй мүйүз тартып тегерек олтурушат. Алдылары жашыл шибер. Жаш өзөктөр сынып, жапырылып, алардын бут алдында.

— Чакырткан экенсиңер! — деди Балбай.

Боромбай анын одоно үнүн жактырбай тиктеди:

— Сен жаралуу туткун менен «ойноп» жүрсөң, Үмөталы чоң оюн курганы Тезек төрөдөн куралдуу аскер сураткан атыптыр.

— Сурасын. Келишсин. Көрбөй жүргөн ойну бар беле?

— Ай, Балбай! — деди Боромбай мүйүз чакчаны тизесине ургулап. — Башы башкадан баштапса да, негизи сенден болуп калды бул иштин. Сабыр кылып, акылга келсек боло. Буту кесилген тебенекти, азуусу суурулган карышкырды балдар да эрмектейт. Төрөгелдини кыйнаганына менсинбегин. Төрүмдөн көрүм жакын болуп бараткан мага... Түз жерден көчкү алып, элдин канына, элдин каргышына кабылган мага... — Боромбайдын муун-жүнү бошоп кетти,— акыл кошуп, тирек болсоңор боло?! Адамкерчилик көрсөтүп, билек болсоңор боло?!

Көбү моюн салып, олтургандар жым. Боромбай эми Алыбекке бурулду:

— Алыбек баатыр! Чымчык караганга корголойт. Сени чымчык болсо, биз караган-токойчо жокпузбу?! —

деп Ормонду төшкө түртүп, өзүңдү ирмердик эле. Ошол таарынчтын, ошол мен-менсинишиң акыры минтип, кандуу кагылышка алып келди. Буга бир алла таала өзү күбө. Ушул дөбөдө тирүү олтурган биз да күбөбүз. Макул, Балбайдын буйругу менен булуңга камалып, башы чабылып аткандарды тыйып койгонуң өтө жөн болгон. Адал адамдык болгон. Анан, өздөрү кол салган немелерди айылына жете кубалап барып, кайра тартканың кандай? Азыр, ушул тапта, желмогуздун нака башы — Умөталы. Анча болду ошонун эки тизесин неге кесип келбедиң алат? Ормон жаткан мүрзөсүнө тегерек

сүйүүнө, качанкы бир жетпей калган сүйүүнө ушунча элди, ушунча журтту саткан экенсиң го?!

— Ие, болсо болгондур! — деди Алыбек да эргип,— сүйүүнүн күчү үчүн... «Ит да болсо сүйгөнүм» деп Актаманды кырк жылкы үчүн бербегенинди унуттуңбу? Сүйгөнүңө жетем деп барып, башындагы кулагынан ажырап, жарты болуп, «чунак» атка конуп келгенин жалганбы?!

Боромбай экөөнөн чочуду:

— Тирешпегиле! Мен эмнеге чакыртып олтурам? Мен эмнеге акыл сурап олтурам? Экөөң эмнелерди чукуша кеттиңер? — деди да, күймөлө малдашын которду. — Бу, бизде, Калыгулдан кийин жакшы адам барбы? Жакшы адам калганбы? Же өңчөй эле беттен чапчышкан кызуу кандуулар жашап жүрөбүзбү?

— Жакшы түгөнбөйт! —Тилекмат сөзгө аралашты,— жер туткасы эл болсо, эл туткасы жакшы. Эли менен жер көрктүү. Жакшысы менен эл эстүү. Жакшысы түгөнгөн эл чачылып, тентирейт. Эли түгөнгөн жерди сел алат. Биздин арабызда өзүңүз да жакшысыз. Жакшы үчүн элиңиздин тынчтыгын ойлоп, элиңиздин ынтымакка келүүсүн ойлоп, акыл тапканы, жол тапканы, минтип, баш коштуруп олтурасың. Бул жакшынын белгиси эмей эмне?

Берки экөө жолборс тиктешке салып, Боромбай Тилекматка тигиле тунжурайт. Оозуна сөз кирбей телмирет. Бая эле даярдаган чакчасынан алаканга наспай уруп, атты.

— Умөталыпын Тезекке элчи жөнөтөрү ачык бекен? — деди Тилекмат, Боромбайдын өзүнө кайрыла.

— Анык.

— Андай болсо... Те Үч-Нарындын башындагы Умөталыга караганда, мында коңшу жашаган биз Тезектин жайын жакшы билебиз го — деп, мандайын сүртүп, ойлонуп кетти. Кыр мурун, кара мурут чырайлуу жүзүн дагы эле өзүм барайын. Шорум болсо тартармын. Таалайым болсо эл керегине жарап калармын. Тобокел. Кайда акпаган көз жаш, кайда калбаган бир баш!..

Тезек, Улуу-Жүз казактарынын көп айылын башкарат. Анысынан да Верныйдагы орус улуктары менен жакшы мамиледе. Керек болсо, каалаган убагында куралдуу казак орус солдаттардан жардам ала алат. Кыргыздардагы эки тарап тең Тезекти өздөрүнө мурда-

раак имерүүгө далбас урушкандарынын себеби да ошондон.

* * *

Өзбек сопусу таң заарында үйгө чукул дөбөгө чыгып азан чакырып, кулак какканда келишимдүү үйүндө шайы төшөктө жаткан Тезек Султан ойгонду. Дин жандуу ал көйнөк-дамбалчан, кымкап чепкенин желбегей жамынып, кепичин коңултак салып, жез кумгандагы даяр сууну алып, дааратка чыкты. Сырт ак жаан. Муздак жел жортконсуп, шыбыргак майдалап элеп турат. Абалы бут дааратын алып бүткөн соң жеңин түрүнүп, колун чыканактан төмөн жуун, кезек көзүнө келди. Оозун чайкап үч бүркүп, мандайынан алкым-сакал учуна чейин суу алып, шыбап, сылап «Аллооху акбар» деп атып, «Төөлөр не болду экен?» деп ойлоп, эки жагын карады. Шырп алып коңшу үйдөн турган жигити даяр. Ага ат токуп коюусун буйруду. Намазын окуп бүтөөр замат жаан өтпөс кементайын кийип, кара-шыйрак, кара жал сартору ат минип, кечте төөлөрү чогултулган өтөктү карай кетти.

Моюндарынын узунунанбы, төө капталдап, эңиштеп, жайылат. Чанда бир жаш ботолор, былтыркы тайлактар каймалдарды ээрчип, чогуу жүрбөсө көпчүлүгү чатчылып, туш келди басып оттойт. Дабыштан, караандан оңой менен үркүшпөйт. Башын көтөрүп тиктеп, маңыроолонуп кете берет. Ушундай абалдагы көп төөлөрүн үчтөн-төрттөн ар туштан чогултуп жүргөн Тезек шыралжын, коко, терискени бел курчоодон келген чоң коктуну өрдөтө жүз ашуун төөсүн имерип, берилетип айдап келаткан жалгыз атчанды көрдү. Бийикти карай сүрүлгөн бозомтук туман, шыбыргак жаанга аралашкан караан кээде жоголуп, кээде сорок эте чыгат. «Менден мурда эч ким турчу эмес эле. Эрдик кылышкан экен. Кимиси болсо да ырахмат» — деп, Тезек ыраазы.

Тезек өзү чогултканын төөлөрүн көп төөгө жакындатты. Тигинин «өф» деп төө айдаган үнү, кыян жүргөн сай ташында атынын карыч баскан туяк дабышы угулду. Аты ыкчам Тезек ошону карай бастырды. Тигинин аты да оңбогондой өктөм окшойт. Күрөң түстөгү көкүлжалы, жышылган жез чылапчындай жылбырска түгү суудан чыккан күндүздай жылтылдайт. Күмүш көмөлдүрүк. Күмүш үзөңгү, акканкы ээрдин иймек кашы. Үстүндөгүнүн түрү жылуу. Жаандын суусу кементайдын

далысына сарыксын үчүн кийиз калпактын маңдайын кайрып койгон. Колунда малчылар эмес, мыктылар кармоочу элик камчы. Аты камчы серметпей айдаган төөлөргө жабыша калып, такасы гашка урунса чак-чак.

Чоочун өзүн карай тартты. Жетип, маңдайлаша токтоду. Камчысын бүктөй көкүрөгүнө алып, таазим этти.

— Атсалоому алекум, төрөм!

— Ийе, аллекума ватсалоом.

Бул Тилекмат болчу. Жанына Калча аттуу жигит алып, куржун салынып, колуна шумкар, кыргый кондуруп ушул чөлкөмгө келип, чыргайлуу таш түбүнө түнөгөндөрүнө төртүнчү күн. Эки күндөн бери абайлап чалгындаганы Тезек айылы. Умөталы жиберген элчилердин келелектигин, жер жакындык кылып, өздөрүнүн мурда жеткенин билди. Кечте Тезектин төө чогултturганын көрүп, мал ичинен төөнү боор этиндей жакшы көрчү неме өзү келип калабы деген ой менен саардан аттанды. Ага бир жүздөшүп тамырын тартып алса, экинчи жолку жеңилдик болоор деп чечти. Ондой берди болуп, төөлөрүн чогултуп, сүрүп келатып, алдынан чыгып олтурат.

Тезек ойдологон атынын тизгинин тартып, жоошутту. Бүлдүргөсү билекке илинүү камчы чубалган кол сырты менен көк чалган мурут-сакалын, калпагын көтөрдү. Алкымы бүчүлөнгөн туюк кементайдын эки өңүрү кийиндеп, ички кемселге курчанган кемери, тагылган кылычтын сабы, кыстарып койгон тапанчасы көрүндү. Жылуу жүз менен:

— Осу, карагым, жүзүң чоочун, тааныбай турмун?

— Боордош кыргыздарыңан болом. Ушул тарапта эжем бар. Учурашканы келаттым эле.

— Жакшы-жаксы энди. Эже издеп жүрүп менин төөмө кабылдым деши?

— Төрөм! Тумандуу күнү карышкырлардын «күлкүсү» чыгаарын жакшы билесиз. Жанында кайтарган кишиси жок ботолуу төөлөрдү көрсө алар эмне кыямат баштабайт? Ушул тарапта айыл болоор деп чогултуп, сүрүп келаткан элем.

— Дурус-дурус. Көксеректердин суур менен жейрен, бөкөндүн телчиккен козуларынан колу бошобой аткан кези. Болбосо, сен айтканды кылаары шын. Энди, ак кызматың үчүн айылга тартып, даам ооз тийип кеткин?

— Чоң ырахмат, Төрөм! Эжеми тапсам, былтыр калтырып кеткен шумкарым бар эле. Туз-насип буйруган болсо ошону кондуруп алып, кайрылып калуум ажеп эмес.

— Карагым, ыктыяр өзүндө.

— Кош, төрөм! Арыбай сак-саламат жүрүңүз. — Тилекмат туура тартып, шарт бастырып, катуулап, туманга кирип, кыр ашып, жок болду.

* * *

Тилекмат өз милдетине алаксып жаны тынбай атканда азапты Калча тартты. Ар бир күн айга созулгандай. Олтуруп, көчүгү талыйт. Жатып жамбашы ооруйт. Айылда кымыз уулап ичип, этке тойчу опкок неме бышырып чыккан эттери түгөнгөндөн бери булак суусуна сүзмө эзип ичип атып, көңүлү калды. Жылуу төшөгүн, койнуна жатчу келинчегин сагынды. Кол шилтеп, кетип калгысы бар. Анткенде кантип болду. Тилекмат бир чаап тим болоор. Боромбай сойдуртпайбы. Амалы түгөнөт. Дүмүргө кондурулган көнөктөй боз шумкарга карайт. Анын башында төбөсү шоңшойгон булгаары томого. Алкымында чыпалак башындай жез жылаажын. Канат алды, көкүрөк саңоорлору туура-туура темгил чаар, көбүнчө жылаажыны шыңгыр-шыңгыр. Адам назары түшүп кооз да, сонун да, көрктүү да көрүнчү бул немеге Калча кызыгы келет. Күңкүлдөйт:

— Таптаган шумкары да эсин тартып, балээ! Таптаган немени кондуруп чыгып, кекилик жолугабы, шилтеп ийсе алып калчу эле. Бул антип үйротулбөгөн. Муну алып чыкканда тиги боз чаар, кичинекей, чекир көзү кыбындаган кыргыйды коштоп алып чыгыш керек. Уядан алынган аны балапан кезинен томого үстүнөн жем берип, томого ыргытып алдырып үйрөткөн. Ушундайча машыктырылган кыргый ачка чыкканда экинчи кишинин колунда жүрөт. Өрдөк учурулганда Тилекмат шумкарды томогосу менен шилтейт. Ал кайып абага көтөрүлөт. Анан кыргый шилтелет. Машыктырылган неме шумкарды кубалап жетип, томогону илип кетет. Ошондо гана көзү ачылган ал качканды качырып сала берет. Көргөндөр жемин алган шумкарга эмес, томогону илип кеткен кыргыйга тандануышат.

Кечээтен бери булардын жеми түгөндү. Күбүнүп, баштарын койкондотуп, буттарындагы кайышты чокулашып, шаңшышат. Кечээ түштө аттанган Тилекмат эмдигиче жок. Түн бою ачылбаган күн майдалап ак жаанга айланды. Сүзмө муздак. Булакка жаандын саркындылары кошулуп, сары чалма. Ичүүгө болбойт. Отун

чогултууга мойну жар бербеген Калча түн бою байланган атын жаңы отко коюп, жар таш ылымтасында үңкүйүп олтурган. Ачыккан шумкар «вс-саак-всаак» этип, шаңшыды. Кыргый да ага кошулду: всаак-всаак.

— Эмне кылайын? Өлүп кеткиле! — дейт жини келген ат кошчу, экөөнү камчы менен кагып нйгиси келип. — Жааңда жем издейинби? Шалбырап куш салайынбы? Бириң көзүң көрбөй ташка тийсең, бириң томого илбей сызсаң эки күнөөгө калайынбы? Конгон жериңерде өлүп калгыла? Көрбөй аткансып, укпай аткансып, суранаактарын кантесиң.

Ат дабышы чыкты. Тушалуу күрөң ат баш көтөрүп, окуранды. Жээрде үстүндө Тилекмат көрүндү. Кабагы ачык. Калча турган жок. Мунун кыялын бала кезинен билчү Тилекмат түшүп атып, күлүп койду.

— Кичи киши тура калып ат албайбы. Сендей кайтип ат кошчу болсун. Үнкүйөсүң, түшүнөн чочудуңбу?

— Түшүмдөн чочугандай коңурук тартып, уктап аттым беле! Иш кандай?

— Төлгө башы оңолду. Эми, аяккы мүдөөм ордунан чыкса... Тигилерден дайын жок. Келери чын болду бекен?

— Келишпесе кыштайт белек, кетебиз.

— Бас оозуңду!

— Мени коюп чымчыктарыңын оозун басып ал. Өзөөрүп, үзүлгөнү атышат.

— Мобу, айлана тоо-түздөгү илбээсиндердин баары ошолордун жеми. Күн ачылсын, алар эмес сени да эттеп чыгарам. Кан күйгөн иште жүрүп, муну. Үйүнүн очогуна көнгөн бала аюу!

Ак кийинип, селде чалынган Тезек бешим намазын окуп бүтүп, жайнамазын өзү жыйып, бурчка таштап, оң бурулду. Таш молодой мелтиреп, тепе алып, чанда эрди бүлкүлдөп, келме келтире баштады. Көзү бир чекитке кадалган ал, бул жарыкчылыктан, эмелеки кымкуут тиричиликтен биротоло бөлүнгөндөй. Өткөн пайгамбар-саабалардын ысымын атап, алардын арбагына таазим этип, дилине жакшылык салуусун шайтан-шараптан алыс кармап, бу дүйнөдө күнөөгө батпай, о дүйнөдөн тараза табуусун зар какшап тиленгендей. Ал тилегин алла таала кабыл этип, ырайым кылуусун өтүнгөндөй. Тирүүсүндө эрдик көрсөткөн, артында атак-данк калган ата-баба арбактарын жардамга чакыргандай. Ушундай таза ойго чөмүлүү менен, берилип тиленүү менен бою

балкып, көшүп, көлкүлдөп эрип, ырахат алып олтургандай окуган намазынан.

Баятан шырп алдырбай келген жигити үч баш багып, үч кетти. Төрөнүн мындай учурда тынчтыгын бузуу, оюн жаңылтуу күнөө экенин билген ал, күттү. Качан, Тезек оор дем алып, тамак жасап жөтөлүп, асыл ташдан жасалган теспесин шалдырт эттире ыргытып, тосуп, чеңгелине кымырып, жан чөнтөккө салган соң, жигити кирди. Таазим этти.

— Төрөм. Кыргыздардан элчи келиптир.

Көшүгөн боюо али жыйыла элек экен. Саамдан соң тулкусундагы ысык тарап, акырындык менен сууп, чыйралды. Эмелеки момун Тезек, ала тааладан шыпаа тилеп жалдыраган алсыз Тезек таш үстүндө үргүлөп олтурган куш, өрдөктүн каркылдагын укканда мойну койкондоп, көзү от атып алактаган калыбына келди.

— Кайсы элинен экен?

— Ормон уулу Умөталы жибериптир.

— Ормон?! — деп чочуп кеткен Тезектин оюо октоорулду. Анын минтишинин жүрөк теренинде сыры бар. Абылай хан кыргыздарды чаап алып, кийин жеңилгенин билет. Жеңгендер ким? Ал кыргыздардын кайсы уруусунан? Кененсары да биринчисинде ийгиликке жетип, кийинкисинде талкаланганын билет. Чабышууда ким кол башында турган? Тезекке ушул күнгө чейин ачык, так эмес. Бири Чүй элинен көрөт. Ал элди башкарган Жангарач. Бирөөлөрү башкача айтат. Деген менен жаамы эл Ормон сөзүн укkан дешет. Ошону үчүн Бексейит Ормондон канга кан алаарда ал колго түшпөй кутулду. Өзү тараптагы элден каза тапты. Азыр ошо Ормондун уулу элчи жибериптир имиш...

Мына, Тезектин канын кайнатып, бетин жыбырала кылып, түгүн чыгарган кабар. Азыр эле жараткандан күнөөсүз өтүүнү тиленип атпады беле? Өткөн окуялар үчүн өч алууга, кан төгүүгө кызыгабы? Ызырынабы? Бул күнөөгө жатпайбы? — деген санааны башында тегеретип моюн толгоп, мурчуюп, жоош тартты.

Алдыга түшүп аткан соң абайлап, угуш жөндүр? Же амалбы? Айла кеткендиктенби? Элчилер эмне дешет? Адал сөзбү? Ак сөзбү? Калбырлап, салмакташ жүйөлүүдүр? Ушунун баарына сабыр токтотуп, чыдоо.

Такыба Тезек эшен кейпте сыртка чыкты. Тигиндейде, айыл четинде колун бооруна алган жети киши. Элчи башында Каптал. Нарааkта аркан керилген. Кермеге

жорго, күлүгү аралаш кырк бир ат тизилген. Ал Тезекке ушулар алып келген тартуу.

Тезек жеткенде жетөө тең жүгүндү. Төрө саал таазим этип, алик алды. Жигиттерине Тезек буйрук берди:

— Конок камын жендер. Кеп эртең болор.

Үйүндө олтурган Тезекти толгонткон сыр күнөөлүү элди, алардын башында турган ким экенин так билүү. Булар болсо бир тараптан келди.

Эртеси бирге олтуруп элчилер сөзүн укту. Үмөталы атасын өлтүрүп, кун берүүдөн баш тартышып атат деп, Боромбай тарапты айыптаптыр. Куралдуу аскер алып, аны Тезек төрөнүн өзү баштап келип моюн бербей аткан элден өч алып берүүсүн сураныптыр.

Тезек иш жайын түшүндү. «Макул» деп да, «жок» деп да жооп бербеди.

* * *

Үчүнчү күн. Таңга маал. Айыл арасынан түн жамынчысы сыйрылып барат. Созолонтуп азанчы үнү чыкты. Намаз тартибин бузбаган Тезек чепкен жамынып, кумган кармап, сыртта. Азан чакыруу бүттү. Тезек бышылдап-күшүлдөп дааратын баштады. Болуп, туруп, имериле берсе артында солдоюп чоочун караан. Чочуп алды. Үнүлө бүшүркөдү. Төөсүн чогултқан жигиттин өзү. Келишимдүү кийинип алган.

— Ойбой, осу сен! — деди таанып, жарпы жазыла — Аспандан түстүңбү, жерден шыктыңбы? Бериште жеткирдиби сени мага? Колтугунда шайтаның жокпу осу?!

Тилекмат Капталдар келгенин билип, чый-пыйы чыгып, Тезекке жолугуунун кыябын издеген. Түндө чукулга түнөп, азанчы үнү чыкканда жылып жеткен. Дааратты бүткүчө шырп алдырбай күтүп турган.

Мандай тиштери жаркырай жылмайды.

— Күнөм санаба, төрөм! Бериштем болсо болор, асты шайтаным жок, сизге.

— Энди, үйгө кир. Сабыр кыл. Намаздан соң сүйлөсөтүн сөз бар.

— Кудай жалгасын. Ырахмат!

Намазын окуп бүткөн Тезек жайнамазын да жыйбай, оң карады. Топучан башын кекейтип, бир сүрө окуду. Кол жайып, бата этти. Тилекмат да кошо кол ирмеди.

— Ак иш да таң менен башталат. Адал иш да таң менен башталат,— деди Тезек, дааратган кийине элек

жылаңайлак бутун мандашына жымырып. — Анову кунү да танда жолуккансың. Азыр да танда жолуктун. Билгенинди бултактатпай шыныңды айт. Калп сүйлөсөң, кара өзгөйлүк кылсаң таң урсун! — деп ант койду да,— сен энди Көл башынан болгондо экинчи тараптагы элденсиң. Өткөн окуяның шыны кайсы, өтүрүгү кайсы? — деп токтоду.

Тилекматтын самаган ой-тилеги да ушул болчу. Ишенип, аттанган үмүтү да ушул жерде. Тезекти боздотоор «сыздоок жараат» да ушул жерде.

Жеткен максатына шаттанбай:

— Төрөм! — деди,— кулак менен укkан жалган, көз менен көргөн чын. Жалгыз кылган жабылар, көп менен кылган ачылаар. Жалгыз сизге айтканым болбос. Сиз меймандарыныз менен чогуу олтурунуз. Аш үстүндө үстүнөргө кирейин. Сөз ошондо болсун. Ага чейин тигилер мени туйбасын.

Тезек ынанды. Бирок чыгыштын кытмырлыгына салып, суроо берди:

— Сен, осу, эже издеп жүрмүн деп, төөлөрүмдү кур чогултпасаң керек. Айтшы, максатыңды?

— Кур жүрбөгөнүм чын. Аны да меймандарыныз үстүндө болгон сөздө, кийин айтайын.

— Солайбы? Тегин көрүнбөйсүң. Көнөйүн — деген Тезек көзүн жигитке кадап, эрдин кымтып, сакал-мурутун сылап, ынгыранды:

— Атың ким?

— Тилекмат.

— Көнөйүн Тилеке шыракым, көнөйүн. Алдабас түрүң турат.

* * *

Тезек меймандарынын эртең мененки тамагын тездетти. Эрте турган Капталдар жуунуп, төрөдөн жакшы жоон угууга кулак түрүп, үйгө кириштн. Төрдөн тарта оң капшытка тизилип олтурушту. Сол капшытта Тезек. Ортодо кең дасторкон. Бетинде муздаган казы, карта, жал, чүйгүн эт. Ар кимине кымыз сунулун, жарымдата экута алдыларына коюп эт, картага кол жетип, алынып, кыя кесилип, чайпоо башталды. Тезектин күткөнү Тилекмат. Босогодогу жигитине чакыр дегендей белги этип, каш какты. Аздан кийин жар таш түбүн жатак кылган, калың мал тартуусу жок карандай акылына

сыйынган, эл жарааты үчүн кара башын сайып койгон Тилекмат көтөрүлгөн эшиктен шып кирди.

Тартуу алып келгендер жылан көргөндөй дүр этти. Каптал кумсарып, оозундагыны чала күрмөп жутуп:

— Мына, канкордун ана башы! — деди колун шилтей, Тезекке жалт бурулуп.

Тилекмат турган калыбында. Өңүндө мыскыл:

— Булар кайдан канкор болсун! Колдору «кургак». Алты сан эл башкарган Абылай хан түгүл, үч төрөсү менен Кененсарынын башын кескенбиз деп мактанышса, мурундары жетинчи асманга жетет. Кандуу колдорун жууй элек жатып, такыба Тезектин үйүндө аш ичип, тизилип, жойпуланып олтурушканын көр!

Тилекматтын оозунан сөз эмес чагылган атылгандай. Баягы өңүттө жаткан илбирсче бугуп олтурган Тезек көздөй айтылган сөзгө ыланды. Сакал-муруту бириндей титиреп:

— Осуга, силер не деп жооп бермексиңер? — деп тизилгендерге кадалды. Алардан үрөй учту. Бирдеме дешейин десе имерилиштен түлкү басчу алгыр тайгандай Тилекмат чечен турат.

— Аа-аа — деп шилекей күрмөп кекечтенди Каптал. — Баары өткөн окуя го, төрөм! Мындан аркы иштер...

— Мен осу өткөндү билгим келип тур! — Чыдамы жетпеген Тезек чамынып тура калды. — Баштарындар чабыла электе шыгыңдар! Жигиттер агытыңдар эшикте тизилген «эшектерин!»

Чымын жандан үмүт үзгөн жетөө лам деп ооз ачыша алышпай бүжүрөп, куйрук кыпчып жоголушту. Үйүчүн жым. Тилекмат эми тигилер үчүн караҗолтой болгон, өзү үчүн акжолтой болгон капшытка олтурду. Жылмышкан чепкенин түзөнүп, Тезек да олтурду. Ачуусу көлтө тарады.

— Дасторконду алыңар. Жаңы дасторкон жайыңар,— деп буйруду, көзүнүн агы менен тең айланып турган жигиттерине.

Биринчи максаты оңунан чыккан Тилекмат ишке кириште. Тезектин мандайында кымыз жутуп, эт чайпап бейкам көрүнгөн менен эртеден башында бышырып аткан оюн кайра калбырлап, кайра сапырып, пайда берүүчү данын али бөлө элек. Жана, Тезектин үйүндө жалгыз калганда да ошону менен алектенген: «Үмөталы сунган колду кыя чабууга жарасам! — деген көңүлүндө — Тезекти өз тарабызга тартуу үчүн тандап

кыз алып берүүбүз керек... Кайсы кызды? Кимдин кызын? Айылындагы күйөөгө түртө салууга жараган кыздардын биринен сала экинчиси көз алдынан чуруйт... Бирөөнүн бою кичине. Бирөөнүн өңү серт. «Ушул кыз өндүү көрүнөт эле» дегенинин теги кедей. Тезекке берилүүчү кызды бир көргөндө айып табылбагыдай болсун. Аны сынамакчы болгон жан ийнинен дем алып, сугу түшө делдейип калсын. Айылында андай кыз барбы? Болсо, жалгыз Төрөтай. Бирок Төрөтай...

Бая, башына иш түшкөн Боромбай мөгдүрөп, Калыгулга акыл салчуда Тилекмат чакыртылган. Күңгөйү караган, жапалак арчалуу бийик бетте тору айгырчан ал түшүп келет. Тик жолдо айгырдын арткы буттары жылгаяк тээп, сүрдүгүп, колуна күч келе тизгинин кежейте тартылып кара көкүлү кулак алдынан бөлүнө онтоп, буранданат. Асман мелжиген тоо бетинде нечен кылымдардан бери туяктарга жанчылып, таштанган бозомтук ничке жол корум аралап, эшилген кум кесип, кара кыяк, шимүүрлөрдү жойлоп, жапалак арчаларды аралай оюрмалап, бүктөлүп, эңиштейт. Чокуда турган төмөн карап башы айланса, ой жагындагысы чокуга чалкалап тебетейи жерге түшөт. Жүрөк аптыктырган ушундай опурталдуу жолдо адамдар тиричилик үчүн ылдый түшөт. Өйдө чыгат.

Катталыштан чыккан Тилекмат чакан көчкө урунду. Көч алдында бала өңөргөн байбиче жүктүү төө жетелеген. Жол бошотуп чыга берген жигитке жалбарды:

— Айланайын! Жана, кырдан көрүп жете келгидей эле дедим эле. Өзүбүздүн Тилекмат турбайсынбы. Арткы келиндин төөсү оор келатат. Түзөп берегөр, садага болоюн!

Белектин байбичесин Тилекмат да тааныды.

— Макул апа. — Камчыланып, боз атчан келиндин жогору жагынан өттү. Шап түшүп, айгырдын тизгинин ээр кашына чалып, чылбырын арчага байлады. Эмеректер жүктөлүп, килем жабылып, сызма менен арчындалган бул төөнүн жүгү аттанаар жакка оогон.

— Буйланы мага бергиле? — деди Тилекмат уялган келинден. Билерик, шакеги жаркыраган келин колундагы кооздолуп терилген кызыл буйланы сунду. Буйланы ала берген жигит жаш келиндин жутуп ийчүдөй чырайына көз чаптырып калды. Жүктү өзү тарапка басып, түзөп, чыңап, бекиткен соң буйланы кайра келинге карматаарда келишимдүү келбетине жана карады. Кирпи-

гин түшүргөн ал буйланы алды. Артына кылчайган байбиче:

— Кудай жалгасын. Кемибе! — деп, жалбарып атат.

Коктуга түшүп, катуулап келаткан жигит малын айдап келаткан аталуу балага жолукту. Салам берип, бакылдайт:

— Белек аба! Элден калып эмне жалгыз көчтүң?

— Бу иниң жаңы үйлөнгөн. Ошондо, анан... Айт, Өш. Кош.

— Аа, жакшы. Келин кут болсун!

— Андай болсун, балам.

— Салбар иним, куш боо бек болсун! — деди Тилекмат. Кара көрпө тебетейчен чийкил Салбар баш ийкеди. Белек бурулуп:

— Алда көч аман баратабы? Ойрумада кантиштн экен?

— Арткысы ооп бараткан экен, түзөп бердим.

— Ырас кылган турбайсыңбы, айланайын. Кел, кымыз жутуп ал?

Атынан түшүп, Белектин канжыгасынан кол чаначты чечип, оозун кайрып, кере жутуп, канды. Чаначты кайра байлап атып, сурады:

— Аба, келиниңдин төркүнү кай жер?

— Бул эле, өзүбүздүн Нишандын кызы.

— Болсун-болсун.

Ошондо бастырып баратып:

— Көл башынын жигиттери сулуу айылында жүрсө, алыстан издешет! — деп өзүнө өзү кобурап, күлүмсүрөгөн. Кийин чырайлуу келиндин аты Төрөтай экенин билген. Төрөтай Нишандын кызы болгондо Адыл башын кескен Мырзанын карындашы. Боромбайга өз кызы тарстуу.

Ою кайра-кайра ошол Төрөтайга сайылып туруп алган Тилекмат Боромбай андан мыктуусун тапса, атын «Төрөтай» деп которо коюу арзан. Азырынча ошол келиндин өзүн көздөйүн,— деди да Тезек алдында бар тобокелге дагы салмак болду.

— Төрөм! — деди тынч алып,— зордукчулардан жабыр тарткан элибиз Текестин тереңин карай көчкөнү атат. Туулганда эле атын Төрөтай атап, сизге атайы арнап койгон кызыбыз бар. Келип алып кетсин деп, Боромбай жиберди. Жана, анан айтайын деген экинчи сөзүм ушул.

— Солаймы, боорум кыргыз! — Умтулуп, мандашын которгон Тезек деген менен ойго чөгө токтолду.

— Ал энди, эске алганыңарга ырахмат. Айылымда мейман болуп туруң. Жообу эндиги дүйсембиде болсун.

— Сизге да ырахмат. Уруксаат болсо талаадагы ат кошчуму ээрчитип келейин?

— Ыктыяр өзүндө го, шырагым.

Экинчи максатына жеткен элчи жар таш түбүнө келсе Калча карала болуп, шумкарга алдырган илбээсиндин этинен отко кактап, бышырып жеп, жай. Ат дабышын угуп тура калган неме Тилекматтын жүзүнөн жакшы жышаан сезилди. Анын атын суулуктады.

— Кайран камбылым! — Тилекмат эркелете аттан ыргыды. — Курсак кампайдыбы? Үңүрөндөбөйсүңбү? Тур, жуун. Төрөнүн айылына кеттик. Кудайдын салганын жана көрөбүз.

Шумкар, турумтайын кондуруп, Калчаны ээрчиткен мүнүшкөр жар таштан узап, капталдап жөнөй берди.

Акыры, бермекчи болгон кызды алууга макул экенин Тезек билгизди. Жол камын жеөгө жигиттерине буйрук берди.

Тилекмат аныкашыкты. Калчаны аттантып, өзү жөө ээрчип, айыл четине узатып чыкты.

— Үңүрөйгөн ит! — деп тилдеп алды,— экөөбүз эмне кылып жүргөнүбүздү билесиңби?

— Кичине билдим.

— Кичине билбей, чоң билгин. Канжыгага башты байлап жүрөбүз..

— Апей!

— Чочубай уккун. Казаны жок эт салып, отуну жок аш бышырып жүрөбүз. Эми, Боромбайга айт, Төрөтайды кыз жасасын.

— Апей! Салбардын келинчегинби?

— Ооба.

— Ал деген, келин эмеспи! Кайра кантип кыз болсун?

— Бас жаагыңды! Айтканымды кулагыңа куюп тургун. Агер, Төрөтайды кыз жасашса — кара кийинип, кара минишкен беш кыз, беш боз улан Тезектин алдын тосушсун. Онунун ээр каштарына илген он көөкөр болсун. Онуна тең кымыздан тартылган аркыт толтурулсун. Онунун колдорунда сыр чөйчөк жүрсүн. Алар Тезекти ортого алышып, жездекелешип, каркыттан сунушсун. Алардан узап чыкканда сары кийинген, сары ат минишкен дагы ону жолуксун. Алар да ошол ишти кылсын. Алардан узаганда ак кийинишкен, боз ат минтендер тегеректешип, баягы ишти кылышсын.

Агер, Төрөтайга тете башка кыз табылса, Боромбай жаштарды жибербей айыл четине өзү кырдуулар менен тоссун. Уктуңбу? Эсиңе түйдүңбү?

— Анын эмнеси бар. Баарына түшүндүм.

— Түшүнсөң, жөнө!

Үйүн сагынган Калча атына камчы басты. Анын: «Келин болгон Төрөтайды кандайча кыз жасашат болду экен?» — деп башы айран, бушайман.

Тилекмат шумкарын тартууласа өзүнүн тапталган алгырлары бар. Тезек: «Өзүңкү өзүнө буюрсун» — деп койгон. «Сизде, жок деп бергеним жок. Башкараак өнөрү бар эле. Кур дегенде ошону көрүңүз?» — деп өтүнөт. Элчи көңүлүн кыялбаган төрө аттанып чыгып шалбаадан өрдөк учурттурат. Тилекмат шумкарын томогосу менен шилтейт. Көрбөй өйдөлөгөн шумкарга адамдар күлөт. Көз ирмемде турумтайы жетип, томогону илип кетет. Сабанып бараткан карала өрдөктү сызып жеткен неме шыпырып олтурат. Экинчи, үчүнчү да ушул абалда алат. Жигиттин мүнүшкөрлүгүнө ыраазы болгон төрө тартууну кабыл алып, өз тууруна кондурат. Жарпы жазыла топ адам жигиттери ээрчип, Көл башына аттанат.

Жолдо жейрен жолугуп, атып олжолоп... Каркыра тосунан бугу жолугуп, атып олжолоп.. Шапар тээп, улам өргүп келишет. Тилекмат кулагы сөздө, күлкүдө. Ою — айылында. Таншыргандарынын кандайча аткарылышында. Каркыранын көз жеткис түзүн жээктеп, суусун күпүлдөтө кечип өтүштү. Түштүк батышка кыйгап, тескейге салып, түш ченде Кутургунун чатына жетишти. Ушуну өрдөп, дөбө ашышса Көл айылынын чеги башталат. Баштан келаткан Тилекмат жүрөгү өрөпкүйт. Билгизбей көзү алга сайылат. Ана, калдайган кара атчандар. Кара кийимчендер карааны. Алар тегиз катуулап буларды карай бастырды. Жүрөгү болк этип алган Тилекмат: «Иш Төрөтай менен бүткөн экен!» — деди. Тезеке кылчайды:

— Төрөм! Буюрса күйөө бала болдуңуз. Куш боо бек болсун! Сүйүнчү?!

Чымкый кара карааңга элейе калган Тезек:

— Эртегой сүйүнчүң? Кыз койнума али түшө элек,— деп күлдү да жигитине каш какты. Ал жамбы алып, Тилекматка сунду:

— Мыңаңыз сүйүнчүңүзгө!

Тезек:

— Ана буларың неге кара түрдө келатыр? — деп сурады.

— Элдин башына түшкөн кайгынын белгиси, төрөм.

— Солой болдубу?! — деп ойлонуп кетти. Шарактаган жаш кыз, боз уландар тегиз жетип, Тезекке чукул жардана калышып, бир ооздон жапырт:

— Арбаңыздар! Арбаңыз, жездеке! — дешип чуулдаша жездени тегеректешти. «Кайран эл! Баарына түтөт!» — деп көөдөнүндө күбүрөгөн Тилекмат каңырыгы түтөп, билмексен болгон жаштардын ар кыймылына көз салып, дымып турат. Кара тору кыз ээр кашынан көөкөрүн алып, ачып, чөйчөгүн толтурду. Абалы өзү ооз тийди да, төрөгө сунду:

— Ак даамдан татыңыз, жездеке!

Таазим эткен төрө чөйчөктү колуна алып, кылт жутту. Арткыларга узатты. Ушул эле калыпта биринен сала бири сунду. Баарынан таткан Тезек чөйчөктүн улам бирин артка узатып атты.

Шарпылдап жөнөлө бериштп. Жаштар ээрчип арттарында. Өрдөп, кыялап, түзөңгө чыгышты. Жана он сары кийимчен, сары атчан жаштар тосуп турат. Алар да бери карай жалпы чапты. Тезек Тилекматтан дагы сурады:

— Булар неге өңчөй сары?

— Элибиздин башындагы «келечегибиз кандай болот?» деген санаанын белгиси, төрөм?

Тезек баш ийкегилейт. Жетип тегеректеген жаштар тигилердин көрсөткөн сыйын кайталашты. Төрө ооз тийген чөйчөктөр арткыларга узап жатты.

Андан кийин ак кийинген, боз атчан жаштар тосту.

— Булар неге өңчөй ак? — деп дагы сурады. Тилекмат ирмелбестен:

— Тезектин этегин кармасак, «кайгы, санаадан арылып, ачык асмандай чаңкайып беймарал жашап калаарбыз» деген үмүт, төрөм!

— Ылайым, сога жетейик. Ылайым, сога жетиңдер.

Айыл көрүндү. Айыл четинде калдайып тосуп турган Боромбай арасында эл көрүндү:

Тээ, окчун жалгыз ак үй. Ал Тезекке арнап тигилгенин Тилекмат билди. Билди да жүрөгү мыжыгылап, чыдап, тиштенип, кетип барат.

* * *

...Айыл чогуу. Бирок ар үйдүн кулун байлаган желээси ар башка. Бээ сааш үчүн каруусуна көнөчөк илген аялдар, кулун салууга жөнөгөн эркектер үй үйлөр-

дөн чыгып, кулун тизилип, саан бээлер ылаалап турган өз-өз желээлерин карай баратышты. Бир четте Төрөтай. Ак жоолугун тарта салынып, буран басып барат. Жанында жаңыдан бети ачылып келаткан уяң күйөөсү Салбар. Анын келинчегинин өңү, келинчегинин мүчөсү менен деле анча иши жок. Никелеп алган колуктусу Төрөтайды жакшы көрөт. Түндөсү өтчү «токту сурамай» ойнунда башка жигит менен кеткен келинчегин төшөккө жатканда зекиген:

— Ал эмнең?

Сөз эмне жөнүндө экенин түшүнбөй барып түшүнгөн Төрөтай:

— Оюн шарты ошондой болсо барбайынбы,— деген.

— Антпей жүргүн. Анте турган болсоң экинчи оюнга барбайбыз.

Бул Салбардын алгачкы ич тардыгы болчу. Азыр келинчегине жанаша түштү да:

— Бээ саагандан кийин, тиги карагай бетке барып келели да? — деди.

— Кур элеби?

— Макул болсоң? Сууга барымыш болуп сен алга кетсең?..

Төрөтай каткырып алып, жоолугунун учу менен оозун басып, бүлкүлдөп калды. Салбар белинен кучактап, тартып өпмөкчү болуп артына кылчайды. Апасы күлө карап калыптыр. Өзүн катаарга жер таппай калган неме боолугу менен жаткан укурукту ала койду да куланчыкманын мойнуна салды. Семиз ылоо жалт буруулуп, боолукка муунуп, асмандап секирди. Одоно кылыгы үчүн апасынан өлгөндөй уялган Салбар шык-шыктап, так-тактап алышып, сүйрөлүп, калпагы учуп жан алакетке түштү. Апа кирип кетти. Төрөтай боору эзиле күлдү. Каруусунан көнөчөк жылмышып, жантаймада аласалып ташка тийип, токтоду.

— Коё бер эми алдагыны? — деп бөйрөгүн баскан келин ансайын күлөт. Тиги, окчун-окчунда бараткандар түшүнүшпөй эле ырсайып атышат.

Салбар ылоону бошотту. Тердеп, күйүгүп алыптыр. Кулунду желеден чечип атса колу калчылдайт. Кер кулунду жал-куйруктуу карагер бээге салды. Кулун буртулдап сүт көбүгү чыкканда тартты. Ийиген бээнин чатына кирип, оң бутун тизелеп, сол жоон сандын үстүнө көнөчөгүн койгон, Төрөтай ийиген бээни саай баштады. Бээнин бездей жумшак эмчегинен алма-терме дир-дир сүт куюлат. Көнөчөк ччи кагылып, анан шо-

рулдап, ак көбүк тебет. Сүттүн жыты жанындагылардын мурдун өрдөйт.

Келин саап бүтүп, турду. Салбар кулунду желеге байлап, экинчи кулунду жетелеп басты. Күлкүсү тыйыла элек келин шоктонуп, тийишти:

— Карагайдын арасына ылооого учкашып бармакчы белең?! Хи-хи — Калпагы эсинен чыгып соксойгон Салбар үтүрөйөт.

— Болбодубу, ой!

Ит үрдү. Капталда эки эркек, бир аял болуп үч атчан келатышат.

Төрөтай аялды тааныды.

— Бүбай апам экен! — деп сүйүндү. Салбар кулун кармаган боюнча элейет. Бул, бири-бирине ысыгы жаңыдан башталган ошол өткөн замандагы эки жаштын акыркы жолку жанаша туруулары болчу. ...Боромбай Калча келгенден кийин Тилекматтын ишке жараганына бир эсе ыраазы болсо, аргасыздан аткарчу иштин айы үчүн тегеренип кетти. Нускалуу эки кишиге Бүбайды кошуп, кудасы Белекке аттантты. Тиги, келаткандар ошол үчөө.

Салбар жүгүрүп жетип ат алды... Белек үйдөн чыгып, карбаластап... келгендерге саламдашты. Байбичеси Бүбай менен учурашты. Калган бээлерди сааш үчүн Салбарды күтүп, Төрөтай желээ жанында. Белек:

— Үйгө киргиле, үйгө киргиле — деп өтүндү. Сүйрү жээрде сакал улутунуп койду.

— Белек, үйгө кирбей жүрөбүзбү. Мындай басчы, сөз бар.

Үчөө ары кетти. Бүбай Төрөтай жакты бир карап, байбиче көтөргөн эшиктен кирди. Чоо-жайды укkан Белек ит олтуруштан этегин кагынып турун:

— Карангүн! Карангүн, башка түшкөн тура! — деп кейиди.

— Антпе,— деди жээрде сакал. — Айла кеткендиктен болуп атпайбы. Боромбай бу кызын кайра алса, экинчи кызын берет.

— Мен го, мен. Тиги келинимдин эри, уулум эмне дейт, карангүн?!

— Чакыр уулуңду. Угуп калсын, түшүнүп калсын.

— Ээй, Салбар! — Ата үнү каргылданат. — Саалбаса самыран калсын, бери бас!

Бүбай сөзүн угуп, байбиче секирди:

— Апей, көтөс! Ошондой да болчу беле? Кудайдын кулагы кантип уксун, бул сөздү?!

— Укпаса кантмекпиз, алтын кудагый? Кыз-келиндеримиздин көбү желмогуздун туткунунда жатышса... Колубузда тургандардан бычакка сап болоору жалгыз Төрөтай болсо... Боромбай кудан кайсы ташты барып сүзөт? Түшүнсөң боло, кудагый? Аясаң боло, кудагый? Эстүү тукумдан чыккан эстүү кудагый эмес белең?

Байбиче алаканын шак чаап, эмшиндеп ыйлап, көз жашын сүртө олтура калды:

— Ушинтип, көргөн күнүң менен жерге кир! Ушинтип, өткөн өмүрүң менен жерге кир! — деп өзүнчө каргап-шиленип, сыздады.

Жездей майышып, термелген эки тарап акыры эл абалы үчүн бир ойго келишти. Салбар менен Төрөтайга анысын айтышпас болушту. Салбар үйдө калат. Төрөтай атасы Боромбайдын чакыруусу боюнча кетет.

Тилекмат билип жүрөгү мыжылганган, тээ айылдан окчун ак үйдө ошо Төрөтай бар. Эки катын менен эпчил кызыл жибек жип саптап, тирүү жанды ыйлатып, өнкийимин кийгизишкен. «Айыбы» келишимдүү кийинмге катылган Төрөтай көргөндүн сугун түшүрө кыз болуп, көшөгө ичинде Тезек төрөнү күтөт.

Боромбай Тезек алдынан улак тарттырып, бээ чалдырып, кыз оюн менен тосту. Аркыт жутуп ала күү болгон төрө арналган үйгө түшүрүлдү. Аны менен бирге Тилекмат жана төрөнүн акылдаш сынчысы көзү өткүр жигит. Тезек көз кысып, сынчысын кымкап көшөгө жакка шилтеди:

— Тоту бекен, чил бекен, байкагын. Сынынды, чынынды айткын!

Тилекмат дир-дир. Эки көзү от атат. Бир жанды айылдан чыгарбай кырып салууга даяр. Анан, элин баштап көйкаптын түбүнө тентип кетүүгө даяр.

Сынчы көшөгө четин жыйра кармап, баш бакканда эки аялдын жарышкан үнү чыкты:

— Бу кандай ээн баш күйөө жолдош!

— Апээй, ботом! Көшөгө ачмайын кана? Көрүндүгүң кана?

Күйөө жолдош жан чөнтөгүнөн күмүш акча таштады. Бубай менен берки аял жарыла бергенде кирпиги түшүп олтурган Төрөтай жаак тарабынан көрүндү. Сынчы жыйрыла калды да, көшөгөнү таштап, жылман эте төрөгө бурулду:

— Тотусу тоту экен, төрөм! Бирок, жол тартып, «кечигип жеткен» алыскы Индустандын тотусу экен!

«Тоту» деген сөз жанын жыргаткан кызуу төрө башийкеди.

— Ыракмат, боорлорума!

Тилекмат көзү сынчынын көзүнө арбашты. Сынчынын келин экенин туюп койгонун билди. Оң көзүн кысты. Көрүндүк алган эки аял кеткенден кийин төрөнү жалгыз калтырып, экөө сыртка чыкты.

— Мунунуз кыз эмес! — деди сынчы Тилекматты жекире акырын сүйлөп — көнчүгү агарып, кыз белги жок экенин белгилеп турат. Менин табышмактатканымды Тезек түшүнбөй калды.

Тилекмат жүзүнөн каар чачып, өтүндү:

— Кыз мал эмес, күн-түн кайтарууда жүргөндөй. Курбулары менен тоого чыгат, ойго кетет. Чер аралап, ышкын терет. Карагат терет. Түндөсү, куушуп ойношот. Жашынышып, ойношот. Ушул жашка келгени сен нечен кыз менен чымчылашканыңды, кыцпылашканыңды бир кудай билээр! Аны үчүн кечиргин! Бир жорго, жети жылкы байкагандыгыңызга төлөнсүн?

— Куп. Сөзүм оозумда калсын.

Тилекмат кындан бычагын сууруп мизинен өптү да, сынчыга сунду:

— «Төрөгө туйгузсам өткүр миз урсун!» — дециз? — деди.

Сынчы антты кайталады. Бычак мизин өптү. Ачуусу эми күбүлгөн Тилекмат куралын ордуна урду.

Жибек «эшикти» калтектеп кирүү оңойго турбаса керек. Эртең менен дааратган келаткан Тезек каргадай талтактап калыптыр.

ОКУЯНЫН АЯКТАЛЫШЫ

VI

Кожокыдырдай кереметтүү карыябыз Дааныш, бүгүн, аса таягын ныгыра таянып, баягыда жатакчылар айылынан узады. Өрүлөп, дөбөгө беттеди. Көз жээги кызара, эт качкан. Аяк шилтеген сайын өнүрү жер шилейт. Чөп илээшет. Ак кийиз калпагы да оңгон. Кырлары кырылып, кол тийген жерлери тешилген. Кийимдери кийүүдөн калаар сымал, өзү да кайткыс жайга жөнөөгө чукулдагандай. Жаркымбайдын айыгып кетүүсүн тилеп,

Укенинин көзүн бир көрүүнү самап, өлөрмандык менен жашап жаткандай.

Жаркымбай демекчи... Балбай булуңга камап, далайдын башы чабылуучуда суучулдугуна ишенген ал, Нурбайды оң ыйыгына жармаштырып, сүзүп жөнөгөн. Таманы жерге тийгенде шоңшоюп турган. Энеден туума экөө шөлп көлдөн чыгып, кумду эше басышып, издери чубалып, тал далдоосу жамынышкан. Корголошкон. Канжыгага Мырза башын байлаган Адыл ажалдан куткарган атын шайбырлатып, тээтигинде кетип барат. Өйүзгү кырылышып жаткандарга, жогортон бирөө чаап келди. Кылыч сермөө токтолду. Нурбай онтолоп, кысылып, кымырынат. Кулагына кирген сууну чыгарууга башын чайкагылаган Жаркымбай:

— Уялба, кайнатаң эмесмин!—дейт,— Дааныш абам кожокыдырдай эле айтыптыр, аз жерден алмадай баш ыргып кете жаздады.

— Типти, оозуң башынан жаман гой!

— Тирүү калып, кекеткенге өттүңбү? Тур. Эч ким чапан жаап, ат тартпайт. Жөнөйлү.

Кумкайрак талаада Нурбайын ээрчитип жөнөйт. Үзүндү таар таап, абийирлерине тартынат. Үзүндү кийиз таап, жаткан жерде жамбаштарына салынат. Адашып калган майрык чобур колдоруна тийет. Тал бутагынан чылбыр өргөн Жаркымбай, тулпар атап, астыңкы ээктен чалып, Нурбайды учкаштырып, жолго түшөт. Үмөталы айылы көп окчун. Ачка өлсөк да кайрылбайлы деген ойдо кетип бараткан булардын алдынан Каптал чыгат. Тааныйт.

— Кызыталактар! Качып келатышкан тура!

Жаны ачыган Жаркымбай тартынбайт:

— Тирешип турганыңарды көрдүк өзүңөрдүн да!

— Былжырабай бастыр!

Айдап жөнөйт. Желкелеп, түртүп Үмөталынын үстүнө киргизет.

— Баатыр! Күйөө баланар Сурандын башын чаптырган Төрөгелди туткунга түшүп, амалы кетип турган ал:

— Бышырып же! — деди. Капталга ушул буйрук керек. Экөөнү жигиттерге сүйрөтүп чыгат.

— Кырктан камчы алгыла! — деп буйрат. Кол салчу менен жакалаша кеткен Жаркымбай:

— Бул кайсы иттигиң! — деп айкырат. Айдактар укмакпы. Бозоруп жалтанган Нурбайды моюн бербей кармашып жүргөн Жаркымбайды да көтөрүп урушат.

Көмөрөсүнөн сулатышат. Тартынган кийиздерин жулуп ыргытышат. Жылан боор камчы жон этке батыра шилтелет.

Жаркымбайларды Каптал айдан келатканын Укен көргөн. Жабыктан тикийе тиктеп турган. Жаркымбай ачуу айкырып, тигилер жулмалап жыгып, сабоо баштанганда алкына сыртка чыкты. Капталга жетти. Арачы түштү:

— Жоругунуз чекине! Бир ачуучузду бериниз? Бериниз деп атам!

Сабоо токтолот. Бошотулган экөө жөө-жалаң үйлөрүнө келишкен. Жаркымбай мүнөзү өзгөргөн. Таноосу кынчылып, кумсарат. Тиши кычырап, ызырынат. Андасанда төшөк тартып, сыркоо. Абайлап, Дааныш сурайт:

— Сабырың суз. Сыркоолон жүрөт окшойсуң?

— Эски оорум карман калат — деп жубаткан болду. Укендин кийлигишин куткарып калганын «айтпа» деп Нурбайды да тыйган.

Жаркымбай көптен бейтап. Эртең менен Дааныш кирди. Нурбай олтуруптур. Карыя баш жагына барып:

— Колуңду берчи? — деди. Тамырын көрүп аткан. Эшик шырп. Чыканактай болуп, улгайган сайын кичирип бараткан Чоду экен. Жаркымбай ырсайды:

— Сен белең? Жан алгычпы деп, үзүлүп кете жаздадым.

Үйдөгүлөр күлдү. Чоду өзү да күлдү:

— Атаганат, андай күчкө жетсем вриде...

Тамырдан колун алган Дааныш кобурайт:

— Суу ич дейин десем, арыктан кеттиң. Курутуп алам го? Ылгабай аш ич десем, дартың турат. Эмне кылсам?..

— Жарыктык. Беймаза болбоңуз. Дартка ар ким өзү жолугат,— деп Жаркымбай обдулду. Жаздык чыканактап, бир сыр таштады:

— Акыл менен амал дегениң, көрүп билген соң баштапат окшоду. Жакшы менен жаман да көрүп билгенден кийин ажыратылат окшоду. Чиркин! Бу, тирүүчүлүк деген өзү эмне? Кекиртектен аш өтүп, сандалып, көптүн арасында басып жүрүүбү? Бүгүн ойлосом, мен дал ошонун өзү экемин... Жер кыдырдым. Эл көрдүм. Көп тыңшадым. Көп катары жашоого тырыштым. Сокурча кайсалап, таптым. Итче тиштеп, оокат чогултканы болдум. Бүлөмдү кор кылбоонун камын жедим. Мен, муну тагдыр мандайыма жазган милдет деп сезгем. Башка максатка акылыман кылайып эшик ачпай, жер т. еп,

күн өткөрө бергем. Көрсө... көрсө... Аттиңай! Өтүп кетти. Өтүп кетти. Армансыз дүнүйө жок деген чын экен ов, Нурбай!

— Не деп турсуң, осу өзүң! — деп элейди курбусу.— Кудайдын бу дегенине шүгүр. Айыгып кетүүңдү тилесеңчи.

— Ай, Нурбай! Ай, Нурбай! Айтмайынча кылайып түшүнбөс жагың бар ээ? Өлүмдөн коркуп, керээз таштап аткан жерим жок. Кылайып оюма келбес бир ой, эми безге сайып, мээге түшүп атканына ооздон чок бүркүп, арман этип атам. Аттиң! Бул ой эртерээк туулганда Доолдай менен сен сыяктуулардан көбүрөөк канат-куйрук курап, камчы көтөргөнгө камчы көтөрүп, мылтык сунганга — мылтык сунбайт белек. Антиш колуман келет болчу. Мен урган, Жаркымбай ачык кабак дегенге ырсайып жүрө берген турбайымбы. Үй күчүк болуп, катын-баланын чатына башымды тыгып, жүрө берген турбаймынбы?

Дааныш кеп кезегин алды:

— Уулум! Кой жаныбар, чөптөн баштайт. Карышкыр урган, эттен баштайт. Бүркүт берен, бийикке учат. Кулаалы жаман, баска сызат. Жаратылышында жок нерсе оюй менен акылыца мурдараак түйүлдүк болбой келгени ошондон болбосун?

— Акылман карыя! — деди Жаркымбай, айтканын кабыл тута баш ийкеп,— сыртынан караганда далилдериниз туура. Бирок, адам баарынан тың. Сиз айткан айбанаттар бир кесиптен экинчи кесипке кылайып өтө алышпайт. А адам дегениниз куралта да алат. Урата да алат. Өндүрө да алат. Өзгөртө да алат. Мен, эч кыйналуусуз эле өзгөрө алмакмын. ...Сезимимдин жонго камчы тийгенден кийин гана ойгонуп атканын карачы. Кечигип ойгонуп жатканын карачы. — Жаркымбай сөзүн болгондон кийин жаздыгына ондонуп жатты. Негедир, төшөгү бөксөгө түштү. Унчукпай ордунан турган Дааныш сыртка жөнөгөн.

Быйыл жаз жамгырлуу болуп, чөп өнүмдүү келатты да, жай башынан күн чакчая кактап туруп алды. Чогулган булутту түштүк батыштан соккон катуу шамал жүн учургандай көк менен жер ортосуна сүрүп жөнөйт. Октурулган булуттар тоо чокуларына кунарсыз жамгыр себелеген болуп жоголот. Азыр, өзөн суу боюндагы бадалдар, саз чөбү жашыл. Өтөктөр саргайыңкы. Өзөгү каткан бетеге Дааныштын таманы алдында тапталат. Уйпаланып сынат.

Төөкуйрук баскан дөбө. Чөлтө, жаракалары эңилчек кара таш. Келген сайын олтура калчу карыя токтоду. Үй түнөп жүрүптүр. Орду тапталган. Омполор жатат. Жаңы омполор арасы курт, коңуз. Чыла жыт. Таягына салмак арткан Дааныш олтуруудан ирээнжийт. ...Мал балити уй. Тойсо арты шалтак. Бут кийим аяган адам түндөсү уй короодон карыш жылбайт. Жылкы жаныбарга жетпейт. Керүүдө, кыр-кырда, жел соккон таза жайларда оттойт. Тезеги да жер булгабайт. Тез кургап, бетеге туланга азык. Сүтү арча жыттуу.

Карыя капталдай басты. Топ камыш. Жыбытта булак. Көк камыштар үлпүлдөп башын желге ийе жапырылат, көтөрүлөт. Арасы чымын-чиркей. Калдыркан. Канаттары керилген ийнеликтер. Бурчта топ куу камыш. Көктөрү желден кыймыл ала көйрөндөнүшүп, ырахат танышкандай. Куурагандары кайыгып, дирилдеп, зар айтып, сыздашкандай. Дааныш куу камыштарга тигилет. Булардын өмүрү жыл менен бүттү. Куурашты. Калды. Эки өмүрдү баалап, чоорлуу камыш менен армандашкандай жалооруйт.

...Баарын көтөрдү, Дааныш. Кулак жанырып, жер тиктеп, тоодой кайгыны муштумдай жүрөгүнө батырды Дааныш. Небереси Бекишке өмүр тилеп, Жаркымбайды бел тутту. Бүгүн, сыркоолуу анын көрүнүшү чочутту.

Башында жашаялмет жарды жашап, кийин балдары эстүү чыгып, оокат-тиричилиги оңолгон бирөөнү айылдагылар: «Кургурдун пейли жакшы болчу. Минтип пейилинен таап, жыргап олтурат» — деп жетине алышпайт.

Мурда, күжүлдөп дооран сүргөндүн, кийин «азамат, чыкты» деген уулу аксап, кызы селсаяк ээрчип, кайыры тийбей жоголуп, начарласа өз тууганы:—«Капырындын, шүйкүмү жаман эле, эми ындыны өчүп олтуруп калды» — деп табалайт. Анда, Дааныш бул азаптарды узак жашаганынан таап атабы? Же пейилинен таап атабы? Айтчы, чынында камыш сен! Таргчы чоорунду, камыш сен?!

Дал ушул санаалар башын чатыган карыя мөгдүрөй түштү. Алы кетип, темтеңдеп басты. Оң көзүнүн алды тартат. Этибар алган жок. Көзүнүн алды кайрадан лук-лук булкту. Сезди. Жакшылык болоордо ушул белгиси кармоочу беле? Сүйүнөөрдө ушул белгиси кармоочу беле? Селейди. Укени жашаган тарапка акыйды. Карыя тиктеди... Ана, тээ алыста караан. Атчан өндүү. Санаа

сүйрөп кеткен карыянын көзү жашылданды. Жаш кылгырды. Таяк колунда Дааныш кулачын жайды:

— Оо, жараткан! Менин медерим келаткан го! Менин жаны биргем келаткан го?

* * *

«Күүсү жанбас заман жок, күчү кайтпас адам жок» — дегендей Төрөгелдинин күпүлдөгү бастады. Үмөталынын тиш кайрап, ызырынуусу жанды. Дагы да болсо жоон камчылуу жигиттеринин күчү менен өз айылын, танапташ айылдарды имергендери болбосо эл күңкүлү, эл нааразылыгы көбөйгөнүн сезишти. «Кан ичкич» деген «канкор» деген атка конушканын көмүскө да, көрүнөө да уга башташты.

Кылычың канчалык курч болбосун, көптү чаап бүтө албайсың, мокойт. Жалганды чындай кылган тилиң канчалык бал болбосун, көптү узакка алдай албайсың, айыбың ачылат. Сыңарындай Үмөталы, Төрөгелдинин кылычы мокоду. Эл талабын талашып чабышуу эмес, Ормон үчүн көптү көпкө тукуруп, беймарал адамдарды өрткө айдаганы так болду. Эки элде башы эсен, боору бүтүн бир дагы үй бүлө калбады.

«Акылман баштаса төргө, акмак баштаса көргө» — деп соолбос эл айткандай, кезинде Калыгул: «Кан жыттанган сөзүңдү токтот!» десе, кулагынын кырынан кеткен Үмөталы азыр: «Улуу адам буйругун неге кабыл албадым экен? Неге, оң колумдун ачуусун сол колум менен кармабадым экен?» — деп айгапта. Ырбаган жараатты таңып, ажыраган эл арасын кошуу үчүн акылдашууга колго түшкөндөрдү берип, айырбаштап келген Төрөгелдини чакырткан. Азыр экөө Ормондун ордо аталган ак үйүнүн төрүндө. Кечээ, ата арбагына бата этилип, туу бээ союлган. Бүгүн кеңеш. Үстүлөрүндө Шамен, Каптал.

Үмөталы сүйлөөгө камынды. Сыртта ит абалап, дүбүрт. Соо дүбүрт эмес экенин билип, дымып, акыйды. Дүбүрт жетти. Жерге дүп этип адам түштү. Төртөөнүн көзү эшиктен өттү. Адыл кирди.

— Атсалоому алекум.

— Алеки салам.

— Алыбек туткундалды.

— Кайда?

— Алынып келатат.

— Чынбы?! — деп көзү жанган Үмөталы обдулат. Адыл мыскылдуу жылмаят.

— Боорум! Ал кандай ишенбеген суроо?!

Эми эле эл бейкуттугунун камын жемекчи болгон немелер ийрилип тынч жатып, шыпт алганда октолуп тура калган жылан түрүнө келишти.

— Алыбекти ант-арбак урган экен! — деди Үмөталы.

— Көргөз, көзүмө? — деп, долуланды Төрөгелди,— өз колум менен мууздайын!

Каптал чамынды. Эки уурту көбүк:

— Итче бычып, азабын тирүүлөй тарттырайын мага койгула?!

Ээрдин кымтып, үцкүйүп, Шамен гана унчукпайт.

Укен, өзүнчөрөөк: «Кабыл этсе чоң атамы көрүп келейин?» — деп малай баладан Үмөталыга айттырган. Ал унчукпай койгонунан малай жылып жок болгон. Бүгүн төртөө чогулган жерде — «өтүнүчүмдү жалпысына угуза айт» — деп малайды дагы жиберди. Малай чаап келген Адылдын атын алып, мамыга байлады. Удаа кирди. Алыбек кабарынан кийин тигилердин сүрлөрү жүрөк шуулдатты. Малай куйрук кыпчып, кайра жөнөдү. Укенге жүгүрдү. Ал жабыктан тиктеп турган. Ашыгып келаткан малайды көрүп, өтүнүчүм кабыл болгон экен! — деп, кубанды. Малайды босогодон тосту:

— Сүйүнтчү, кудай жалгагыр?!

— Аа, Алыбек кармалыптыр.

— Ыя?!

...Жигит ээрчиткен Адыл менен Боталы Алыбек айылынан жылкы тийиш үчүн тоо арасында өңүп жүрүштү. Аттары карагай түбүндө. Өздөрү кыранда, арча жамынган. Бутатым төмөн, тик бетти кантадан, мылтык асынган атчан өтүп барат. Ат туягынан шагыл кулайт. Ат буларды, сезди. Баш силкип, кулак кайчылаштырды. Кошкурду. Байлоодогулар да чылбыр чоюп, бурулушту. Окуранып ийишпесин деп ээлери чочуду. Ат үстүндөгү эч нерсе сезбегендей. Далысы дүцкүйүп, бейкам кетип барат. Кыранды аша берээрде кер ат бурандан, дагы кылчактады. Ээси жогору жагын олуй тиктеди. Боталы шаштысы кете:

— Көкуй, Алыбек! Өзү экен! — деп шыбырайт.

Эч нерседен капарсыз ал кетип баратат. Буйга жолдорго салып, бел ашып, көптөн көрбөгөн таякеси Даанышты аманчылыгын билүүгө кетип баратат.

Куралдуу немеге даап кол сала албаган Боталылар алыстан акмалап, сая түшүштү. Алыбек каттоого кирсе,

ыкчамдашат. Кыранга чыкса, черге житишет. Туш-тушунан топ карышкыр өцүп жүргөнүн сезбеген маңыроо тоо сымал Алыбек бутатым алда, карагай аралаган кыя жолдо, бийикке көтөрүлчү оюрмаларда.

Қылкылдап бараткан күн нуру аска учуна илинди. Тоо арасын ала көлөкө басты. Мөңгүдөн курала төмөн эңиштеп, аскалардан жарылып түшкөн курч кырлуу зор таштарга урунуп-согулуп, көк кашка шары таш түптөрүндө ак көбүк черте кайнаган сууну Алыбек кечип өттү. Үзөңгүгө чыга, түшкөн муздак суудан кийин Кер ат чыйрыгып, ыкчам. Арыта ээндик. Жашылын жогото бышып төр чөбү. Ар кайсы жерде жарымы жерге батkан таштар. Чээнге кирген суулар ыц-жыц. Ооздору үңүрөйгөн сары топурактуу ийиндер. Өзөгү каткан ак баш ышкындар. Жапалак арчалуу күңгөй. Чанда улардын ышкырыгы угулат. Серүүн өрөөн. Серүүн ээндик. Серүүн тынчтык.

Алыбек имерилди. Түштү. Атты кантарды. Куржунду, бөктөрүлгөн чаначты чечти. Жерге баткан көк таш түбүнө койду. Мылтыгын жөлөдү. Суу жакка барып кол жууп келди. Қынынан бычак алып, куржун оозун ачып, эт алды. Чаначтан кымыз жутту. Бул кыймылдын баары алыскы беттеги, карагай арасында бугуп турган-дарга, билинип атат.

Көз байланды. Атын отко койгон Алыбек тердикти жанбашына салып, ээрди жазданып кыцкайды. Окчунда суу күүлдөдү. Муздак сыдырым. Көшүлүп уктады. ...Арча арасынан марал түшүп келди. Қөгүлтүр жон, ак чандыр сур моюн ал улам берилейт. Берилегенден берилейт. Алыбек мылтык алды. Марал кайра тартты. Қылчактады. Улам ок чыгарам менен Алыбек артында. Мерчемдүү жерге токтобой марал арылайт. Маралды көпкө ээрчиди. Көпкө илээшти. Мерчемдүү жерге эми жетти. Мылтыгын сундура берди. Марал киши болду. Ок чыгарбай тура калса, Ормон.

— Акыр келдиңби, артыман? — дейт Ормон.

— Сен кайдан жүрөсүң, мында? — деп чочуп сурады Алыбек.

— Жолуц болсун! — Ормон нааразыдай,— сагындым... Күттүм... Издеп жүрбөйүмбү сени!

— Жүздөшкүс болуп таарынышпадык беле? — дейт Алыбек.

— Тирүүчүлүктүн баркын билбей таарынышканбыз. Өмүр баркы өлгөндөн кийин билинет экен. Өз акмактыгыцды да, башкалардын акмактыгын да өлгөндөн

кийин билесиң. Дат дейсиң. Үшкүрөсүң. Кайта баштай албайсың. Атаганат! Кудай эрк берип, кайра тирилсек, адам баркын, өмүр баркын баалайт элек. Ар ким менен итче ыркырашпай, жакын, ыраакка бөлүнүшпөй ынтымак, ынак болуп жашабайт белек.

Алыбек жооп кайтаргыча оор неме басып калды. Чоочуп ойгонду. Турууга жан далбас кылды. Болбоду. Колго түштү.

Туткун башка үйгө киийрилди.

Ормон күнүн кесчүдө жети эрдин бири болуп эсептелингендиктен, «Алыбек өлтүрүлсүн» деди Төрөгелди. Каптал жантыгынан түштү. — Күнөөсү ашынды. Буга, эми убал жок! — деп кошумчалады. Дымып, алдыртан ар кимин байкаган Үмөталы Шаменге каш какты.

— Калыгул абанын бир айтканы эсимде,— деди Шамен. —

«Өзүңдө күч барында, айткан сөзүң эп болор,
айылыңа чеп болор
Оомат ооса башыңдан,
алжыган неме деп коёр,
акмактар талап жеп коёр!»

Бир кудайдан башканын баарынан кемчил кетпей койбос. Кемчиликти кетирбейм десең да, кетет. Бүгүн, биз, эртеңки эл ынтымагына кам жегени баш коштук эле. Ошол ынтымакты азыртан Алыбектин тагдырынан баштасак кантет?

Төрөгелди бурк этти.

— Күнөөлүүнү мууздатып туруп, анан баштайм ынтымакты!

Шамен тартынбай:

— Бар күнөө Алыбекте экенине чын ишенесиңби? — деди. Каптал Шаменге асылды:

— Кимди жактап атасың? Ормондун түбүнө жеткен немениби?

— Ормондон да кеткен чыгаар, чекилик?

— Итче кабышпайлы,— деди, Үмөталы жаалына келип. — Ар ким пикирин айтсын. Бирок, мени чечсин деп айтсын.

Алыбектин Боромбай тараптан келбесине көзү жеткен Ормон: «Жакшы санаалаш курбудан ажыраган, жарты өмүрдөн ажыраган менен барабар экен!» — деп айтчу экен. Үмөталы атанын бул сөзүн уккан. Баягыда, каралуу аялдардан айбыгып, талкалап кетээр жоону үшүл Алыбек токтоткону, кайра тартышканын Үмөталы көргөн. Алыбек Боромбай менен Балбайдан ошондон

нааразы болушту. Азыр, Шамен сөзүн уккан Үмөталы ушул окуяларды ой калбырына салып, эледи: «Атам Ормон Алыбек деп жүрүп мертинди. Өлтүрүп салгыча төрт жүз үйлүү айылын көчүртүп алайын өзүн кармап туруп. Ыдыроонун башталышы Алыбек болсо, азыр ынтымактын башталышы да Алыбек болсун» — деген ойго бекиди да, Адылга буйруду:

— Мында алдырып кел.

— Жүздөшмөкчү болгону кечирим кылганы! — деп күйүндү Каптал,— Алыбектин тирүү калышы менин урматтан кагылганым! — Ордунан ачуулуу турду. Адылдын артынан чыгып кетти. Сыртта сөз тыңшап турган малай Укенге чапты. Ал жабыкка каткан. Малай сөзүн бүт укту. Жабыкка кайра келди. Каптал өз үйүн карай кетип барат, малайды ийнинен чапчып, көрсөттү:

— Жөнө, артынан! Эмне кылар экен, байка!

Кыңырайган эшиктен малай көрдү. Тетири караган Каптал туруп кымыз шимирди да, аякты керегеге чапты. Туштуурдук артынан айбалка алды, жеңине сойлотту. Үрөйү учкан малай үй айланды. Келип, Укенге айтты. Угуп Укендин өңү нес. Аздан соң чапчаң кыймылдап, жүк бурчунан килем куржунду тартты. Ормондун акак наркестисин жең ичинен кармап, эркектер турган үйгө бет алды.

Колу артына байлануу Алыбек кирди. Төрөгелди суранды:

— Ошол күнү Балбай экөөнү коштой соёт элем го!..

— Деле эч кимди аямак эмессиң. Көзүм жеткенинен атыңы мертинткем,— деди Алыбек. — Учканы турган окту көөдөнүндөн адаштырып ийбегенимде... Сөөгүндө кескелдирик ойноп, көрдө жатмаксың.

— Жүзүкара! — деди Төрөгелди.

— Жеке мен эмес,— деп жооп берди Алыбек,— көбүбүз жүзүкара болдук.

— Иттиктин башы сенден кетти!

— Баарыбыздан кетти. — Алыбек Үмөталыга бурулду. — Түндө, мен, колго түшөөрдүн алдында Ормонго кездештим. Ал туура айтты. Көптөн менин да көңүлүмдө жүргөн, жүрөгүмдө зилдеген, жүрөгүмдү өйүгөн сөздү айтты...

Алыбек сүйлөп атканда өң алети кетип, кумсарган Каптал кирип келди. Алыбекке бойлошо сол ыйыгына тура калды. Дегиче, Укен да кирип келди. Ал Алыбектин оң ыйыгына тура калды. Аптыккан аял:

— Жашыцар улуу болсо да,— деп баштады,— менин

жолум улуу. Башчыцар Орм
да айтаар арыз-арманым бар
Олтургандар кунт коюп, с
Жециндеги айбалканы тымыз
жалт карай калган Алыбекти
Даяр Укен, аа! деп кыйкыра,
теди. Айбалка ыргып, колуи б
кекиртекке экинчи жолу жеп
жараатын билип жанталашыг
карышкан Укен куралын көтөр
— Бул шумшук!.. — Капт
доодой урду. — Ушинтип өлм
Окуя ирмемде бүттү. Ар ким
шат. Босогодо эки өлүк. Кы
үйдөн Укен кошогу чыкты:

Жакшыцар өлсө мицэ
Жаманыц өлсө бири ө
Арзып алган жарыцды
Ак кепин ороп, ким кө

Дендароо болгон Умөталы ж
доно берип, Шаменге бурулду:
— Атам, аялдын тайбасын
туйдурбай бүгүн түнү көзүн ж
эр жайлаган, эртең Алыбек кун
Түн. Өзүн-өзү өлтүрүүгө бе
колунан чыгарбай, каршытта. Ж
чоого ат байланды. Шамен кирди
— Башыца азаттык берилди.
Өлүм күтүп олтурган неме м
ыйлап жиберди. Титиреген капта
чыйралды. Кийим которду. Кам
Карацгы. Төбөдө жылдыз. Муздак
сом туяк буурулга Шамен а
жай кетти. Айылдан узады. Тумш
камчы басты. Буурул аркырап а
нып, айылын сагынып, куса болго
аралашып, көкүрөккө бук толгон
үстүндө учуп барат. Капастан бо
барат. Бозомук мейкиндик соруп
Түнгө көз үйралды. Карарып
ган. Күрр-шарр түшөт. Онтойт. Ж
Укен ушул жерде ат тизгинин
терге чөмүлгөн. Уурту көбүк. О
жап, бышкырып, тизгин чоёт.

Каттоодон атчан карааң чыкты. Буурул жалт берди. Чочуп кеткен Укен:

— Ай, кимсиң? — деп жиберди. Тигил үнсүз. Жогор жак куюлган корум. Артына кылчайды. Артында да атчан карааң берилеп келатат. Айла кетти. Аптыкты.

— Кимсиңер?. Айткылачы, эмне керек?

Жооп жок Төмөн жак жар. Андан нары буркан-шаркан түшүп сериндиси жарга урунуп, чачырандысы асмандап толкуган көл. Алды артта сүлдөрү бүткөн бойду дүркүрөткөн кара сөлөкөттөр. Буурул тыбырчылайт, сүйлөөргө тили жок. Ажалды билип турат.

— Эй, эмне керек, айткыла?

Ырайым болбосун Укен түшүндү. Тизгинди жыя кармап, алга бастырды. Азуу тиштери кабыша, боюна кайрат жыйнады. Не болсо да, кудайдын салганын көрдүм! — деди да оң билегине бүлдүргөсү салынган камчысы чубалып, бүгүн эле эр жайлаган шанты толтодон мыкчый кармап, бел курун дагы кынынан тартты. Сураса үн чыгарбай жан алгыч кейпин кийип тосоттоп турганга чукулдаганда кажаның, күч жыйнап алган Буурулду демите теминди. Такасынан учкун чачылып, аркыраган Буурул сөлөкөткө жабыша түштү. Укендин тизгинколундагы даяр шап каракчыга урулду. Укендин тизгинине кол созуп, токтотуп калмакчы болгон неме ат-маты менен көмөлөнүп, Буурулдун тебелендисинде калды. Буурул андан ары шамалдан кубат алып, канат бүгкөндөй аркырап жөнөдү. Бүгүлө аяк ташган таноосу басырылдай куюшканы шакылдап бараткан Буурул үстүндөгү Укендин кулагына арткы каракчынын кууганда ат дүбүртү бир аз угулуп келатып, үзүлдү.

Бир кан ичээрин тосотко небак жиберип коюп, кечигип аттанган Укен артынан сая куун келаткан экинчи каничээр Укенди. «Капканга чабылды! Ичээр суусу бүттү. Эрлердин талашына түшкөн денеси, көлдүн түбүнө ыргытылат!» деген ишенимде болчу Азыркы окуяны көрүп, атына камчы басты Атып албаса жеткирбес Буурул үстүндөгү аял карааны алда кайда узагандан узады. Жетпеген кан ичээрдин аарысы башына чыкты. Мээси болкулдап, көзү чекчейди, эрдин жаланын ачуу кыйкырды:

— Жанжалдуу шур-куя, токтоо!

Шамен Укенди кутулуп кетээр деп ... Буурулду минтизген. Ою ордунан чыкты. Умөталыны... таш капты.

жолум улуу. Башчыңар Ормондун аялымын. Алдыңарда айтаар арыз-арманым бар. Көңүл бургула?..

Олтургандар кунт коюп, сөз андан ары улана элек. Жециндеги айбалканы тымызын тарткан Каптал, Укенге жалт карай калган Алыбекти шилиге тартып жиберди. Даяр Укен, аа! деп кыйкыра, Канталга наркестини шилтеди. Айбалка ыргып, колун бетине калкалай берем деп, кекиртекке экинчи жолу жеп алган ал керегеге тийип, жарааты билип жанталашып чөк түштү. Сабына колу карышкан Укен куралын көтөрдү:

— Бул шумшук!.. — Капталдын көк желкесине кадоодой урду. — Ушинтип өлмөк! — шарт чыгып кетти. Окуя ирмемде бүттү. Ар ким обдулган боюнча, аңкайышат. Босогодо эки өлүк. Кыбыраган болушат. Аркы үйдөн Укен кошогу чыкты:

Жакшыңар өлсө мыңа өлөөр!
Жаманың өлсө бири өлөөр!
Арзып алган жарыңды
Ак кепин ороп, ким көмөөр, ханым!

Дендароо болгон Умөталы жылмышкан чапанын ондоно берип, Шаменге бурулду:

— Атам, аялдын тайбасына жолугуптур. Журтка туйдурбай бүгүн түнү көзүн жой. Биз олтурган жерде эр жайлаган, эртең Алыбек кунун экөөбүздөн алат.

Түн. Өзүн-өзү өлтүрүүгө бекинген Укен наркестини колунан чыгарбай, каншытта. Жүгөнү шылдырттан, кырчоого ат байланды. Шамен кирди:

— Башыңа азаттык берилди. Аттангын.

Өлүм күтүп олтурган неме мындай жакшылыгы үчүн ыйлап жиберди. Титиреген канталына чолпусу ооду. Тез чыйралды. Кийим которду. Камчы алып, сыртка чыкты. Караңгы. Төбөдө жылдыз. Муздак жел жортот.

Сом туяк буурулга Шамен аткарды. Тизгин тартып, жай кетти. Айылдан узады. Тумшук имерилди. Буурулга камчы басты. Буурул аркырап алып жөнөдү. Ата сагынып, айылын сагынып, куса болгон, армандуу окуяларга аралашып, көкүрөккө бук толгон неме, саал өбөктөп, ат үстүндө учуп барат. Капастан бошогон улардай сызып барат. Бозомук мейкиндик сорун барат.

Түнгө көз үйралды. Карарып Көл жатат. Толкуп алган. Күрр-шарр түшөт. Онтойт. Жол жар башынан өтөт. Укен ушул жерде ат тизгинин жыйды. Буурул карга терге чөмүлгөн. Уурту көбүк. Ооздукту күрт-күрт кажап, бышкырып, тизгин чоёт.

Каттоодон атчан карааң чыкты. Буурул жалт берди. Чочуп кеткен Укен:

— Ай, кимсиң? — деп жиберди. Тигил үнсүз. Жогор жак куюлган корум. Артына кылчайды. Артында да атчан карааң берилеп келатат. Айла кетти. Аптыкты.

— Кимсиңер?. Айткылачы, эмне керек?

Жооп жок Төмөн жак жар. Андан нары буркан-шаркан түшүп серпиндиси жарга урунуп, чачырандысы асмандап толкуган көл. Алды артта сүлдөрү бүткөн бойду дүркүрөткөн кара сөлөкөттөр. Буурул тыбырчылайт, сүйлөөргө тили жок. Ажалды билип турат.

— Эй, эмне керек, айткыла?

Ырайым болбосун Укен түшүндү. Тизгинди жыя кармап, алга бастырды. Азуу гиштери кабыша, боюна кайрат жыйнады. Не болсо да, кудайдын салганын көрдүм! — деди да оң билегине бүлдүргөсү салынган камчысы чубалып, бүгүн эле эр жайлаган шапты толтодон мыкчый кармап, бел курун дагы кынынан тартты. Сураса үн чыгарбай жан алгыч кейпин кийип тосоттоп турганга чукулдаганда кажаңып, күч жыйнап алган Буурылды демите теминди. Такасынан учкун чачылып, аркылыраган Буурул сөлөкөткө жабыша түштү. Укендин ийне кол созуп, токтотуп калмакчы болгон неме ат-маты менен көмөлөнүп, Буурулдун тебелендисинде калды. Буурул андан ары шамалдан кубат алып, канат бүткөндөй аркырап жөнөдү. Бүгүлө аяк таштап таноосу бадырылдай куюшканы шакылдап бараткан Буурул үстүнөгү Укендин кулагына арткы каракчынын куугандагы ат дүбүртү бир аз угулуп келатып, үзүлдү.

Бир кан ичээрин тосотко небак жиберип коюп, кечигип аттанган Укен артынан сая кууп келаткан экинчи каракчээр Укенди. «Капканга чабылды! Ичээр суусу бүттү. Эрлердин талашына түшкөн денеси, көлдүн түбүнө ыргытылат!» деген ишенимде болчу Азыркы окуяны көрүп, атына камчы басты Атып албаса жеткирбес Буурул үстүндөгү аял карааны алда кайда узагандан узады. Жетпеген кан ичээрдин заары башына чыкты. Мээси болкулдап, көзү чекчейди, эрдин жаланып ачуу кыйкырды:

— Жаңжалдуу шур-куя, токтоо!

Шамен Укенди кутулуп кетээр деп ушул Буурулду мингизген. Ою ордунан чыкты. Үмөталынын буйругу таш капты.


* * *

Этеги делпилдеген Дааныш кулачын жайган боюнча дөбөдө. Шамал улам күч алды. Камыш уюлгуп, ийилип, булгалактайт. Ойдогу үйлөрдүн түндүк жабуулары учту. Үзүк-туурдуктар жулкунуп, кереге-уук көрүндү. Өзөндөгү тал-кайың жапырылат. Чоң тегерек омурулчудай титиреп, куураган арчалары бычырап сынып атат.

Жүгүрүп Нурбай чыкты. Малакайын шамалга жулдуруп, айгай салды:

— Кокуй алат, Дааны шаба! Тез басыңыз, Жаркымбай болбой баратат! — кайра жоголду. Үнүн шамал алакачып, үзгүлөйт, чачат. Чаң тозоңу көтөрүлүп, буралып, ажыдаар болуп сойлоп, кыйсыпыр. Тирүү пенде беймаза. Укенин тосуп, кулачын жайган Дааныш дале жылбай ордунда. ...Тээ алыста, ажалдан алып чыккан ак канжыга Буурул үстүндө туман аралаган бүлбүл караан. «Оо, жараткан! Карыянын көптөн күткөн медери келаткан го? Мөгдөгөн өмүрүнүн акырында бар күйүтүн ушкүрүк менен сыртка үйлөп, жарпын жазып алаар жан биргеси Укени келаткан го? Ылайым ошондой болсо экен!

Ушул окуяларга сен күбөсүң Көл эне! Силер күбөсүңөр, Улуу Тоолор!



Карыя

ЭКИНЧИ КИТЕП

ОЙ САПЫРГАН КАРЫЯ

Ачка болсо тойгузуп күчтүү кылган,
Арык болсо семиртип сүттүү кылган.
Алдырбоого аймагын ата-баба
Жоосу менен кыркышып, жанды кыйган.
Тирүүлөргө ыйык жер эне экен го,
Нан жыттанып, гүл жайнап, ырыс сунган!

* * *

Күндөн алып жылуулук гүлгө берген,
Суудан алып кубатты түргө келген.
Адамзатты эргитип тирүүсүндө,
Түйүнчөктөй дөмпөйтүп кайра көмгөн.
Аттиң ай! — деп тамшанып өтсө болду.
Чын бейишти жериңен көзү көргөн.

(О. К.)

БИРИНЧИ БӨЛҮМ

1914-жыл.

Кудай бетин салбасын! Эзеи малын багып, малы эзсин баккан тоолуктардын бир жыргап алаары жай эмеспи. Ой-тоо жапжашыл. Асман көкмөк. Чокуларда түрмөк-түрмөк булут. Бийиктен созулган булактар күн чагылып, күмүш сымал. Өзөндөр толо кашка суу. Кемеринен караса, топ-топ болуп дуулдап сүзгөн балыктары көрүнөт. Субай мал төрлөрдө. Жандыктар беттерде. Айыл-айыл жандарында кере тартылган желээлер. Покто сагагы тээкке илинип, тизилген кулундар. Окчундабай ылаалап оттогон саан бээлер. Үйүрүнөн бөлүнүп, алыстап басканын кулак жаңырып качыра тиштеп, кайра имерип тырпын чыгара башкарган сүрдүү айгырлар.

Үч-төрттөн ээрчишип бастырган эркектер. Алар доочу немелердей кымыздуу үйгө түшүшөт. Босогосун сол бурчунан төргө чейин тизиле отурушат. Ар кимине аяк толо кымыз сунулат. Кылкылдатып жутушат. Кайталашып демдери сууйт. Ошондо барып малдаштан бир бутту суурушат. Жоо келсе шаппоочудай жайланып, нык олтурушат. Төрдөгүлөрү тебетей калпактарын жүк үстүнө ыргытышат. Капшыттагылар уукка кыпчып, кереге ачаларына илишет.

Мына, ооздон чачылган сөздү эми жыйнап ал! Бири көп заман мурда өткөн баатырлардын эрдиктеринен козгойт. Дагы бирөөсү элге-журтка кайрымы тийген эл башындагы жакшы адамдардын жоруктарынан кеп салат. Араларында шылдыңкорлору бар. Ал абалы көзүнөн күлүп, күйка кашыйт. Анан ар кимдин жыгылып турганын... какаганын... көргөнүн айтып бере албай тантыраганын чукуп кирет. Баланчанын айыпка жыгылып качып-бозгонун... Түкүндүн катынынын «этеги» — ачылганын... Бой тарткан кыздын төрүндө туруп туун салганынан бери ышкыртат. Кулак түргөндөр жоо жеңилген эрдиктерге делдейишет. Башчы адамдын орду менен айтылган акылдуу сөзүнө муюшат. Чукулама, кажыма сөздөргө кыраан-каткы күлүшөт. Күүлдөккө кереге-уук кычырап, үзүк туурдук учуп кетчүдөй болот.

Дал ушундай маалда, дал ушундай жайдын толукшуп турганында, жашыл шибер баскан дөбөдө сексен жаштан өткөн Байзак отурду...

Байзактын башында көрпө малакай, үстүндө төө жүнүнөн согулган кең чепкен. Этегин тизеге кымырган. Жапкак чеке, кыр мурун, узун жаак. Узарган кашы оту өчө элек көзүнө түшкөн. Салаалары түз. Дагы эле алкүчү өзүнө жетет.

...Оо, дүнүйө! Көп жашаганыңдан ким качсын! Бирок, ынсаптуу жанга анын дагы кайгылуу жагы бар окшойт го?! Андайлар азилдештеринен ажырайт экен. Үзөңү кагышып, жаатташчу, бийлик талашуучуларынан ажырайт экен. Бир кездерде ошолордун түрү суук көрүнсө, эми алардын ордун жоктоп: «Эмнеге көңүл калды болуштук экенбиз бул опосуз жарыкчылыкта» деп, дилинде арман этет экен. Мындай кыялга дагы адамдын адамы батат. Адамдын акылдуусу ой сапырат.

Байзак азыр армандуу абалда. Тээтиги чоку башындагы удургуп жылган булуттардай анын башынан да ой көчөт. Эриндери күбүрөп, сакалын сылагылайт, түйшөлөт. Көңүлүндө өзү менен өзү сүйлөшөт.

«Жарыкчылыкта эмне максат менен жашап өтөөрүбүздү биребиз эмес, деги эле көбүбүз түшүндүк бекен?.. Же төө буйлага баш ийгендей, ат ооздукка баш ийгендей күнүмдүк тиричилик кызыкчылыгы бура тартып жетелей береби?.. Балакеттин баары биз өндүүлөрдө болуп жүрбөсүн?.. Эл башкаргандардын катарында жүргөн мен өндүүдө болуп жүрбөсүн?.. Көпчүлүктүн күчү менен чоң сууну кайда бурсаң, ошол багытка аңкылдап агат. Момун эл дагы башчысы эмне буюрса, ошол замат

кылчагы жок аткаруучу макул» — деп күрсүндү көзү бир жерге кадалган карыя.

Өзөндүн түнүк суусуна кемер көчүп түшүп, чалмаланган сымал карыя санаасы буулуду. Кыял чабыты канат какты... Эй, өткөн доор! Ар чейрек кылымда, ар жарым кылымда чаң-тополоң түшүп, аттым-үстүм болуп, элден сыр качып, кан жыттанбас тынч учурун болгонбу деги? Кайсы бир замандарда кыргыз жергесиндеги тоонун кайберендери кол малга аралашып, жайылган дейт. Аркар менен кулжа кой менен коргоого кошо келген дейт. Уйларга аралашкан бугулар өтөккө түнөгөн дейт. Чын бекен ушул? Чын болсо «кой үстүнө торгой жумурткалаган» андай учур катмарланып артта калган доордун кайсы кылымына туш келет болду экен? Чагымда, андай бейкутчулук абалкы топтошуп, аңчылык менен күн көрүү доорунан кийинки кодулашып, койгулашып, чунандашуунун аралыгында болуп жүрбөсүн? Ай, таң! Көңүл ишенбейт. Жөн эле жакшы акылмандын кыска өмүрүнүн армандуу өткөнүнө кейип олтуруп, кыялынан чыгарган «бейшим» го?! Карт тарыхтын саргарган барагын канчалар ачпады. Канчалар окуп да, ой калбырынан нечен өткөрүп да көрүшпөдү. Муундан муунга жетип, эл оозунда айтылып жүргөн санжыра-уламыштарды топтоп, бастырып жарыялашты. Деги эле жайдын толукшуп, толуп, чатыраң көктөп, көркүнө чыгып көшүлгөн мезгили сымал ар түстөгү элдин, ар тилде сүйлөгөн элдин чейрек кылымга мемиреген, чет оюлбай уюп калындаган турмушун эч бир санжырадан кезиктире албадык буга чейин.

...Ана, көч жөнөп кеткенде бала бөлөнгөн бешик жабылуу турду. Мурда аттанып алган, ооздугун кажып, небак кыр ашкан жылкыларды карай элирип, токулга-жабдыктары күмүш көк жорго үстүндөгү келинчек аттана элек кайненесинен бешикти алып, өцөртүп коюуну өтүндү. Дөөлөткө мас, жаагы катуу менсинген кайнене: «Бейбак! Мен сенин күнүң белем, буйругуңду аткарып жүргүдөй!» деди да, жоргодон беш-бетер тыбырчылап ойдологон күлүк тору бээге шап минип, жөнөп кетти. Төркүнү күчтүү, кыбыласы шапар, жаштыгы денесин алоолонткон кесирдүү келин: «Сага керек эмес тукум, мага керекпи!» деди да кайнене менен салмакташа көк жоргого камчы басып, оозун коё берди. А-аал, жашыл шибер үстүндө жоргонун куйругу узарып, төрт туяк артка кыртыш чачып, зымырады да койду. Аяк-башына үкү кадалып, ак тайлактын жүнүнөн согулган жабуу,

жабылган эркек бала уктаган боюнча журтта кала берди. Жаагы катуу кайнене келип, көчтөн бурулуп куш салып жүргөн баласы Түлкүгө чацкылдайт: Тетиги! — деп камчысын келишине сунат, шуркуяны, азыр кетиргин! Баланы журтка калтырды.

Түлкү сумсайып, зайыбына келет да апа сөзүн эки дедирбей:

— Сени, талак кылдым! — дейт. Зайыбы дагы буйрукту чым этпей угат. Үгүп болуп, көк жоргону моюнга чабат да, шамалдаган боюнча төркүнү тарапка багыт алат. Түлкүнүн жигиттери журтка чаап келишсе, бешик ордунда. Жабуунун баш жагы бери тартылган. Жанында соксоюп олтурган көк канчык карышкыр желе басып, узай берет. Баланын уурту көбүк, уктап жатат имиш. Ошол баланын аты Тынай экен. Тынайдан санжырада калганы Атаке. Атаке коёнээк, карышкыр тандай төрөлүптүр. Ошонусунан улам көзү жок жерде «Атаке жырык» деп да коюшчу экен. Тамакты көшөгө тарттырып иччү имиш. Батынган курбусу: «Баатыр, кудай таалам ырыскы бөлгөндө кайда жүрүпсүң?» деп азил таштайт тура. Анда ал: «Бактынын базарында экемин» дептир. Атакенин сыр найзасы желге ырдап, Ойроттор менен кагышыптыр. Баскынчылардан суусамыр аймагын, Чүй өрөөнүнүн башын, Ысык-Көлдүн күч жеткен жерлерин ээлептир. Баары бир санаасы тынып, тынчыбаптыр. Бир жагынан Цин империясы, бир жагынан ичкеридеги ордонун ханы алык-салык алып, жерин кысып, элине ыдык көрсөтүп, жарга такап турду. Таймаштарга ал бар, курал жок. Куралсыз азаматтарын менен душманга беттешүү колу-буту чырмалып жолдо жаткан менен барабар. Муну эч кимдин акылысыз эле сезди, Атаке. Жана батыштагы чоң журт орус падышасы менен мамиле түзүүнү эңсейт, Атаке. Орус мамлекети Орто Азия элдери менен, алар аркылуу Кытай жана Индия менен соода мамилелерин өнүктүрүүгө кызыгып, Сибирдин түштүгүндөгү шаарларда соода борборлорун ачкан кезде казак-кыргыздарга кадыр-баркы көтөрүлө баштаган. Казак-кыргыздагы мартабалуу мыктылар байлар менен биригип орус кербендерин келтирип, өздөрү дагы кербен жөнөтүүгө өткөн. Ушундай жагдайдан пайдаланган Атаке, келишкен үч илбирстин терисин бөздөй ийлетип, ага келишкен беш сүлөөсүндүн терисин кошуп, жана чыгаан эки ат тартуу менен падышага элчи жиберет. Арадан үч жылча өтүп кетсе да элчиликтин ичинен аман келген, аты жазылган кылыч менен сый-

ланып, капитан наамга жеткен Шертазы баалуу белектер менен бирге, эки элдин ынтымакташуу келишимин кабыл алгандыгын далилдеген грамотаны көрсөтүп, сегиз жүз сомдук күмүш акчаны император Екатерина экинчинин атынан Атаке баатырга тапшырат. Россияга ак ниеттүү ишенимиңде калган Тынай бийдин уулу Атаке элине арка-сүйөк тапканына көтөрүлө да, шердене да түшөт.

Атаке небак күм-жам болуп, сөөгү топуракка айланды. Атакеден Карабек. Карабек болсо кайра эле тириле калчу майда жоолор менен кармашып жүрүп каза тапкан. Сөөгү Көлдүн башына коюлган. Карабектен Жантай. Чоң атасынын шарапаты тийген Жантай көп аксөөктөрдүн ичинен орустарга алымдуу болду. Төрөлөр менен тымызын байланышып, Кенесарынын кыргыздарга кол салган себебин мурда жеткирип, артынан жардамга келчү Кенесарынын колун курчоого алдыртты. Ормонду ийге келтириш үчүн амал менен колго түшүрткөн Төрөгелдинин Кенесары менен Норузбайдын башы чабылганга чейин бошоттурбай турбадыбы, дейт окуяны кийин-кийин баамдаган Байзак кыялында андан ары.

Ошол айлакер Жантайдын үчүнчү аялынан Шабдан. Анан эмне болду? Орус төрөлөрү баштаган куралдуу солдаттар бийиктен көшүлө төмөн жылып кантаган кум куюлмасы сымал Ала-Тоону көздөй жайпады. Мерчемдүү жерлерге байырлады. Чебин салып, көчүгүн бекитти. Төрөлөрү жем издеген азуулуу жырткычтай мойнун созду. Көзүн чачыратып, чалгындай берди улам. Дагы бериледи. Жылдан жыл өткөрүп... Ысык-Көлгө чукул кыргыздын чыгыш түндүгү Алматыга жетти. Мурут чыйраткан полковник бир канатын берилетип, Токмоктогу Кокон чебине жакын «Узунагаш» чебин курду. «Кашкелең» чебин курду. Көлдүн сыртына «Сары-Жаз» чебин курууга умтулду.

Жоңгорлор менен талкалашып, уйгурлар менен урушуп, Кокон ханы менен койгулашып, бабасынан атасына чейин, баласынан небере, чөбүрө, мебиресине чейин тынчып өмүр сүрө элек кыргыздардын бир топ уруусун башкарып «көзөл» атангандар кылымдардан кийинки кылымдарда бир омоктуу чоң мамлекеттин этегин кармабасак болбойт деп, эрин тиштеп, баш ийкешкен. Ошол эңсеп таяныч кылаар мамлекет Россия болбосун? Анын бир учу кулак түпкө орношту. Баягы, камчысын бүктөй кармоочу «акелер» чептеги төрөлөргө, «өрүлүк» айтып,

шар кирип барышпады. Суусар бөрктөрүн, көрпө тебетейлерин кыцайта кийип, жөтөлүшөт. Тетири имерилишет. Желке кашышат. Чокчо олтуруп, жер чукушат. Карапайым калың эл, тоссо токтогон, айдаса жөнөгөн момун эл көзөлдөрүнүн баскан-турганын териштирбейт, байкашпайт. Ар ким күн көрүү тиричилиги менен алек.

Куралы күчтүү орус төрөлөр дагы өз иштери менен болуп... кыргыздар дагы өз иштери менен болгонсуп атканда... Каранкү-үүн! «Талас элин башкарган Сарымсак датканы чаап алмакка Кокондон үч миң кол аттанды!» деген кабар «дүп» этти да койду.

Көктөм маал. Түндүк кыргыз атанган беш уруудан жети миңче кол чогулду. Жер чеги чукулдук кылып, Таласка кирип барышты. Жоо алдын күн мурда тосушту. Булардын даярдыктарын байкабаган Кокон сарбаздары ат койду. Өңүттө жашырынып жаткан мерген боз аргымак үстүндөгү айчык тууну желбиретип чаап келатканды таамайлап туруп атты. Туу менен адам желп этти. Аргымак ойт берди. Беш уруунун колу беш тараптан жамырап чыкканда, туусу жыгылган тарап кайра качты. Жаманчылыкка көп кетпөөгө боор толгоолору бар бул тарап алыска куугунтуктап барышкан болуп, токтоду. Толгон аттарды, ат жабдыктарды олжолоп, кайра гартышты.

Кол өз-өз кошундарына тарады. Башкаргандар Сарымсак датканын коногу болушту. Ууз кымыз шимирилди. Жаңы союлган тайдын этин жешти. Сый көрүп, өргүшкөндөрдүн ичинде жыйырмадан жаңы өткөн Байзак өзү да бар эмес беле.

Эртең менен. Шар суунун боюна даарат алып, жуунушкан коноктор топ-топ. Тээ белести ашып, ашыккан бирөө кыяга салып, чапты. Анын алдындагы мингени коогалаңдын белгиси — кара ат. Башына сары жоолук буунган. Мына, үнү жеткидей жерден айкырышты салды:

— Чүй башын жоо басты! Ат-таан агайын эл!

...Кыргыздардын кокондуктарга каршы кеткенин Верныйдагы полковник билген. Кичүү — Жүз Казагындагы Кененсары менен кыргыздардын эки жолку чабышында көп бүлүнгөн эки султанды чакыртат. «Ээн айылды чаап, олжого туйтунгула» деп көкүтөт. Тукуруу жага бербеген султандар кол чогултуп, жортуулга аттанышат. Куралдуу жүз солдат алган полковник кошо жөнөйт. Кашкелең ашып, чукулдан, Токмоктун аягынан чыгышат. Жамырап, чабуул коюшат. Жаш төлдүү малы ме-

нен алышып жаткан айылдын кыйкылыгын чыгарышат. Куйругун кыпчып, каншылап качкан иттер. Жүрөгү түшкөн балдар. Беткелди жүгүргөн адамдар.

Түлөкабыл жана Абийири деген азаматтар аттарына минип, айыл сыртына тоо таянып чыга качышат. Жамаатташ элге кабарлашат. Тайманбас жигиттерден беш жүз чамалуу чогулат. Жүздөгөн кыз-келин, толгон мал алып, жоо небак жөнөп кеткен. Чогулуп келгендер куугун-сүргүнгө аралашат. Жер уусун билген немелер башка багыттан имерилип, тосуп, кырчылдашууга өтөт. Султандар жүз жетимиш адамын кыргыздардын найзасына илдирип, тымтыракайы чыгат.

Жаны кашайган Түлөкабылдар Караконуздун түзүндө солдаттарды кууп жетет. Күтпөгөн багыттан, каптылынан капташат. Чаап жеткен Түлөгабылдын атына ок жаңылат. Кылычын жаркылдаткан солдат шылый чабаарда чукулдагы Абийир айкырып жетип, шуушан аштанган найзасы менен солдатты бышын өтөт. Түлөкабыл жөө чуркап, өз тарабына кошулат. Абийирдин мандайына ок кадалат:

— Каптаа-аа, кыргыз! — деп кулаган эмесби ат үстүнөн. Ыктуу багытынан ажырап калганын билген полковник өжөрлөр көптүккө салып баратканда олжолорун таштоого буйрук кылат. Солдаттарынын кайтаруусунда шоңшолондоп кырды аша качат.

* * *

Талас тараптагы кол ашыгып келгенде, өң-алеттери кеткен кемпир-чал, жүрөгү түшкөн жаш балдар, зоркан малдары менен айыл ызы-чуу болчу.

Ошентип, айла кеткен. Амал түгөнгөн. Кацырык түтөп, көз жашылданып, ар ким ыргалган. Кайда барса да Мамайдын көрү болгон элдин тагдыры. Акыры, мен деген билермандары, көптү көргөн карыялары чогулду. Үйрүлүп олтуруп, акылдашты. Ар билерман өз аймагы, аймагында жашаган уруулары менен, Акпадышанын букаралыгына биротоло өтүү мүдөөсүнө токтошту. Ант айткан кат жазып, баалуу тартуу кошуп, Омбудагы улукка элчи жөнөтүү калды. Билермандар ошонун камын жеди. Элчи мына жөнөйт, ана жөнөйт болуп жатканда тоо арасы кайра күү-күү.

Кайсы хан, кайсы датканын колтугуна суу бүркүп атканын, кайсы кол баштоочу, кайсы колу күчтүүгө тая-

нып жатканын жалпы журт, кайдан түшүндү. Күү-күүгө кулак түрүп, делдейишти.

Ичкери кыргыздардагы Адигине уругунан чыккан Алымбек датка беш миң чамалуу колду самсытып, «Курткапы басып, Соң-Колду ашты. Шамшы аркылуу, Токмокко түштү. Ташкендин аскер башчысы Кокондон кол топтоп, ал баштаган кол «Олуя-Атадан өтүп, Чүйдү өрдөп, жакындады. Орто жүз Казагынан топтолгон колду, Меркиден чыккан Андаш баатыр чубатып келди. Булардын жайнаган санын көрүп мусулманчылык кайратына келип, баягы билермандар Омбуга элчи жиберүү шартинен айныпшты. Арка кыргыздары аталган уруулардан кол топтошту. Баш-аягы болуп отуз миңге жеткен кол Октябрь айынын жыйырма үчүндө тоо баштарын кар алып, ой чөптөрүнө түндөсү кыроо түшүп калган маалда, казак орус солдаттары турган «Узун-Агаш» чебине кол салды. Мына, баш-аламан бакырыштын сүрүн көрүп ал ошондо!

«Каапыр» атангандардын аскеринин саны эки миң.

«Мусулман» атангандардыкы отуз миң.

Аз тарабы чачма ок чыгарчу замбирек, тытырап ок элечү пулемот, бат атар мылтык, тапанча, кылыч менен куралданган.

Дөбө-дөбөдө жайнап, опсуз көп көрүнгөндөрүнүкү милте менен от алчу кара мылтык, кайкы кылыч, темир аштаган найза, кайың союл.

Эски салт боюнча бирден-экиден эрөөлгө чыккан эч ким жок. Көп жолку салгылашууларда талаа баш кесерлеринин согушуу айла-амалдарын жана капыстан жапырт кол салуу ыкмаларын ийне-жибине чейин үйрөнүп алган тигилер ок шыкап, саамигин тартып, мерчемдүү багытты беттеп, өңүп турушат.

Берки, кыл чайнап, кумсандаган мусулмандар алыстан имерилише калдайып, тебелетип кетишүүчүдөй ыкыс беришет.

Аймак өздөрүнүкү эмеспи. Кылымдар бою ата-бабаларынын малы жайылган. Үйлөрү конуп, чамгарагынан түтүн булаган. Чыдамдары жетпей ызы-чуу түшө, үч багытган ат койду. Тигилер букту. Чачылып качыра зымырагандар чукулдады. Чукулдады тосоттогуларга. Куралдардын сайларынан, миңдеген көк түтүн бурк этти. Үндөрү жанга жай бербей, сабап кирди. Атчан өжөрлөрдүн жете түшкөн алды, алоологон өрт жармашкан куу камыштай жалп-жалп кыйрады. Көз көрүп, жүрөк даабаган арты аз караан болуп кайра тартты.

Бир күн өттү. Эки күн өттү. Баягы көрүнүш. Киши жиберип сүйлөшүүдөн кийин колбашы башында өчөй кылыччан үч жүз чыкты. Тигил тараптан да ошончо болду. Эки тараптан көп окчун дал ортодо айкайчу аймак белгиленди. Беттешүү ошол чөлкөмдө болот.

Быяктыкы да сууруду кылычын. Тыяктыкы да сууруду кылычын. Аяк тарап да чапты, жеп жиберчүдөй ураалары жер дүңгүрөтүп. Быяк тарап да чапты, жутуп жиберчүдөй үндөрүнө жер дүңгүрөп. Ат үстүнө тура калып, дүрбүлөрүн салып тыяктын шапкечен башчыларынан да тынчтык кетти. «Кудай, бизди сакта» деп быяктагы тебетейчендерден да тынчтык кетти. Буйрукка кынк этпей баш ийишип, ат койгон эки тараптын колдору бири-бирине чукулданты. Жетишти. Аралашты. Кылычтар сермелип жатты. Адамдар кулады. Аттар ойноду. Аз убакыттан кийин өлгөндөр ар кайсы жерде кол жайып, бут сунуп, бүрүшүп, жуушап... Тирүүлөр өз тарабын карай салпылдап чаап... Куралы шайма-шай солдаттар ат үстүндө жайнаган мусулмандарды он чакырымга ордунан сүрүп таштады. Көпгүтүнө ишенгендердин ындыны ушинтип өчтү.

Айттырбай бир түнү кар жаап таштады. Тоо арасында жол жүрүү кыйындады. Эчтеке чыкпаган жерден эртелеп тароо керек эми.

Ушундан баштап «Бишкек» жана «Токмок» чептери, анда толтура Кокон сарбаздары турганына карабастан түндүк кыргыздардын хан менен селде чалынган олуяларга, датка менен бектерге болгон ишеними бошогон. Мелт-калт толгон кудук сооло-сооло илебинен көп төмөн бөксөргөндөй демдери сууган. Мындан ары ак падыша бийлигин аркалык кыргыздарга ойноп да, чындап да аткартчудай. Муну Байзак сыяктуу бийлик үзөңгүсүн тебүүчүлөр гана эмес, чор алакан түйшүк тартчулар да аз-аздап түйгансыды.

Байзактын эсине тээ, Ак падыша жашоочу ордодон келген саякатчы түштү.

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

...Малдын деми менен, тоолуу чеби менен жашаган биздин эл! Бириндин башынды бириң кандап, бир уруунду экинчи уруун жайлап атканда... батыштагы нечен илимпоздор силер арасында жашаган тоолордун жаратылышын талашып, кызыл чеке болушкан. Бири

«Вулкандардын атылуусунан үймөлөнгөн жанар тоо калдыктары» десе, башкасы «топон суу тартылгандан кийинки чокулар, ойдуңдар» дешкен. Сен тоолорунду түндүк тескейине жайлап, түштүк күңгөйүнө кыштап урунганды гана билгенсиң! Батыштын окумуштуулары тоолордун сыртындагы чер токою, сеңселген чөбүнөн башка дагы койнунда нечендеген түрлүү кендерин алыста жүрүп көрүшкөн. Бороондон башка жан өтпөгөн Хан-Теңирдин бийиктигин талашып, столдорду мушташкан. Өңгөнү кой! Ысык-Көлдүн картасын биринчи түзгөн окумуштуу: «Чүй суусунун Көл менен эч байланышы жок» деген. Дагы бир картограф: «Чүй суусунун башталышы Чоң-Кемин» деп жанын жеген. «Жо-ок! Чүй суусунун башаты Ысык-Көл» деп сөөмөйү менен картаны сайгылайт. Кайсы бир газетага басылган бухаралык, ташкенттик соодагерлердин сөзүнө ишенген үчүнчү окумуштуу: «Көтмалды сормо саз болгондуктан, Чүй суусунун башы Ысык-Көлдөн сарыгып чыгат» деп аладакан жайып далилдейт. Ушул ойго кошулуп баары ооздук катынып тунжураган. Мына чечүүчү мезгил келди.

Илимге табышмак — ушуларды тактоо керек эле... Жер шарынын батыш четинен чыгыш четине жолдо катар өргүүчү Россиянын чептерине бел байлап окумуштуу Семенов жол тартты.

Ормон өлгөндүн экинчи жылы. Сентябрь айынын он төртү. Түш маал. Түсү акчыл, көкөүл, каралжын тартып мелтиреген айтылуу Ысык-Көл жээгинде Азиянын топурагына таптакыр бейтааныш Семенов ары-бери басат. «Таң калаарлык! Суктанаарлык!» деп күбүрөйт... Арыта түшкөн коё берилген унаалар. Мылтыктарын айкалыштыра жөлөштүрүп койгон он аскер. Үч ат кошчу. Алар илме казан түбүнө от жагып, сазандардын ичин жарып, ичегилерин сыдырып, майын, уругун жалбырак беттерине үймөлөп, көңүлдүү.

Толкунданып басып жүргөнү буларга кылчак карап коёт. Өйүз-бүйүзгө, түштүк-батышка созулган көл түпкүрүнө кең маңдай, күрөң көз, кочкор тумшук Семенов Верныйдан аттанган. Небактан самаган Ысык-Көлгө жетүүгө алеп-желеп болгон. Быяктагы уруулардын бири менен бири чабышып кан төгүлүп жатканынан чочулап, куралдуу он солдат алган. Бел ашып түшкөндө өрттөнгөн боз үйлөрдү, талкаланган идиш-аяктарды көргөн. Аңгыча жанындагы ат кошчусу түшө калып:

— Жаңы. Кечээги да эмес! — деп жылкынын тезегин мыкчылап, көрсөтө сунат.

— Таш доорунун кыргыздары тынчышпаптыр го, я? — дегиче үч атчан буларга таңыркап, кыяда турат. Заматта жер жуткандай жок болот. Саякатчы селт этет. Кооптонот. Жүрөгү түпөйүл. Качан Көлгө жеткенде гана коркунуч ойдон учат. Жарны жазылат. Атынан шап түшөт. Көлгө кол малат. Кочуштап, жермек даамын татат. Жүзүн жууйт. Жээк бойлойт. Тайыз-булуңчаларда көнөк баш сары сазандар быкбыр. Семеновдун көлөкөсү сууга түшсө, сазандар тереңди карай сүзөт. Чегинип кетсе, жайнап кайра келишет. Бакалоорлору ачылып, кымтылат.

Солдаттардын чыдамы жетпей жээкке секиришти. Найзалап сайып сыртка ыргытышып, ызы-чуу түшүп, балык кармоонун кызыгына батышты. Алар тигиштип сазандарды куурууга даярдап атышты. Петр Петрович небаккы, алтынчы-жетинчи кылымдардагы жазып калтырган монахтардын ичинен кытай монахтарынын биринин аныктамасы негизинен туура экенине көзү жетти. Бирок Ысык-Көлдө «дракон» болбогонуна, башы зор сазандардын өлчөөсүз көп экенине ынанды. Ташка көчүк басты. Чөнтөгүнөн сууруган күндөлүгүн айкалыштырган бутуна коюп, чиймелей баштады. Ачгыча аткошчунун кыйкырыгы оюн жулду:

— Кудай сакта, баш кесерлер келатат!

Семенов жандаган жакка карады... Тескей тоолордун этегинде топ-топ боло самсыган атчандар. Алар буларды көргөн өндүү. Бачымдашпай, баамдап каалгышат.

...Петербургдан чыкканы жаратылышка, жер-жерлердин климатына, тоо, токойго, чөп-чарына чейин изилдеп келаткан окумуштуу Копалда өргүгөн. Жөнөөрдө узатып чыккан полковник айткан эле:

— Жараткан сизди Сарбагыштардын муздак бычагынан сактасын. Тоонун көчкүсүнөн, шамдагай жолборсунан сактасын! Андан кадимки эле ич өткоктөн... Ишиңизге ийгилик каалаймын!

Ошол Сарбагыштар тигине! Жайнайт. Беш жүз чамалуу. Саякатчы чайпалды. Беркилерлден кубаныч күбүлдү. Элейишти.

— Бейгам көрүнгүлө! Назар бурбай тамак камында болгула,— деп коюп, жайнагандарга көз таштап күбүрөйт.— Бир замандарда «Могулстандын жапайы арстандары» аталып... Кылычтары кериктин терисине өткөн... Кийин кырылып, чачылып... Азыр дагы уруу-урууга бөлүнүп чабышып аткан булар эч кимди аяшпайт...

Беттеп чыккан максатым ташка тийип, кыйрап калбасын үчүн кутулуп кетишим керек! — Көзү жайнаган аның өзөгү жалындап атты. Бир жакшысы, берилешпей оңол алыстыкта тигилер токтошту. Аттарынан түшө башташтыы.

* * *

Ормон киши колдуу болуп өлгөндөн кийин канчага чейин эки уруунун чабышы токтободу. Ормондун уулу Умөталы жаздан күзгө чейин эле тополоң баштайт. Нечен күнөөсүздөр өлдү. Нечен баштар жарылды. Ага деле болбойт. Унуткарып эле баягы ызы-чуу. Баягы тополоң. Качан Көл башындагы элдин башчысы Боромбай улуу жүз казагындагы барктуу Тезек менен сөөк болгон соң, Умөталы тарап саал тизгинин тартты. Мунун себеби чоң: Тезектин өзүнө караштуу уруулар бар. Алардан жоо качыраар кол чогулат. Экинчиден, Верныйдагы полковник менен анын мамилеси оң. Жардам сураса, куралдуу солдат берип коюшу ыктымал.

Умөталы тараптагылардын тыйылып калганынан, күйөө Тезектин аркасы тийип турганынан пайдаланып. Боромбай баягы жумшай жүргөн Тилекматты Букаралыкка кабыл алуусун өтүнгөн кат менен элчи кылып, Верныйдын улугуна жиберди. Ушундай эле өтүнүч менен Умөталы тарап дагы элчи жибериптир. Кийими жаркырап, бийик столдо отурган полковниктин кабыл алуусунда элдин бүлүнүп бүткөнүн, тиричиликтин убайрамдалганын Тилекмат айтты. «Булар кызыл тебетей болгон Ормонду өлтүрүшкөн!» деп берки элчи андан кем сокподу. Окуяны жергиликтүүлөрдөн кем билбөөчү полковник күлдү. Тебетейлерин колтукка кысып чөк түшкөн экөөнө кайра-кайра карады. Көңүлүндө Тезектин кадыры үчүн Көл башындагыларга жан тартуу.

— Агер, буларга дагы чабуул баштай турган болсоңор,— дейт Умөталынын элчисинин көзүн карай сөөмөйүн үшкүлөгөн улук,— жазалоо үчүн отряддарымды алып өзүм барамын силерге,— деди да ийилбестен жангитине колун сунду. Ал пакет карматты. — Муну Султан Умөталынын колуна тапшыр, уктуңбу?..

...Кат жетти. Каттын мааниси: «Улуу падыша өзүнүн букараларын дайыма коргой тургандыгын, букарасынын душманын өз душманым деп эсептээрин» эскерткен. Ормон үчүн ушул убакка чейин аябагандай кан төгүлгөнүн айтып келип, Көл башындагылар менен ынтымак мами-

леге өтүүнү койгон. Аларга дагы Көл көтөрө турган болсо, оор абалда каларын билгизген. Бирок, каттын эң кызыгы, Умөталыны олтурган ордунан ыкшалткан күчү, кан ичээр кол башчыларын андан бетер делбетап кылган чордону момунда экен! Кат мынтип башталат:

«Султан Умөталы!»

Ма сага, Көл башындагылар! «Умөталы, мурда, «датка» атапса, Верныйдагы улук «султан» жасап коюптур! Быяк менен эсептешпесе «султан» атабайт эле да. Дал ушундай түшүнүштү. Дал ушундай кабыл алышты, каттын маанисин татар тилинде котортуп угуп, муюп олтургандар.

Бир кезде жолборсту камчы менен өлтүрө чапкан, күчү төөнүкүнөн кем эмес, зор денелүү Төрөгелди жигиттерге буюрду:

— Кудай башынан бере келген тукумданбыз.. Султан атка конгонум үчүн түлөөгө акбоз бээни чалгыла! Тургула, жалпы батага чыгалы?

...Жыл мурда, бир олтурушта, өткөндөгү чабышуудан кеп козголот. Каткан жараны тырмоого, тынчыган көңүлдү ачуулантууга, элдешкен шити козгоп, адамдарды кайраштырууга турпаты менен жаралган Каптал анда тирүү. Ал кыбың этип чөк түшүп, сурап калат:

— Төрөгелди баатыр! Балбай чунактын туткунуна кайсы кырсык чалып түшүп калганыңды... ушул кезге чейин уга албай жүрөмүн?

— Ыя! — санаасыз Төрөгелди муздак суроого таш үстүндөгү ач жырткычча ала салып, олондоп кумсарат. — «Чунакты» улак кылат элем го! Алдымдагы Аксурду атышпадыбы. Бутум ат алдында калып сынбадыбы,— деп мандашын которуп, кыжыры кайнап, сакалын имерип ууртуна тыгып ызырыңды. Катарындагы Умөталы дагы камыш арасындагы каманча козголуш жасады. Күндөр өттү. Кектешүү басандагансыды. Мына эми «Султан» деген атак кайра буларга кайрат чакырды. Айылга Умөталы датканы Верный улугу Султан көтөрүп салыптыр!» деген сөз шамалдай тарады. Ушул учурда ичкеридеги элден беш мейман келип түштү, Умөталы үйүнө. Башчысы баягы айтылуу Кулубеги. «Аркалыктарга бизден бир таман жакын туугансыңар» дешип, Кокондун хан-бектери жибериптир. Хан ордосунун өтүнүчү бул экен: «Умөталы Султандык атакка кубанбасын. Биротоло каапырлар тарапка ооп бараткан Бомбайды чапсын. Көл айланасына орус чеби курулбасын. Бул баардык дини мусулман пендесинин милдети.

Жаратkан жалгыз кудай алдындагы, пайгамбар-сааба-лардын арбагы алдындагы мусулмандардын мойнундагы парз!» дешиптир.

— Макул! — деди алагай көз мурдагы кушбегиге — өмкн сулган кирпигин чачырата тике карап. — Айткан-дай Боромбайлардын журтун кетмендейли. Алар-ды коргогон Алматыдагы күчтөн бизди колдоочу ки-минсиң?

— Токмок чебиндеги куралдуу сарбаздар жардамга чыгат.

— «Узун-Жыгач» чебинен кийин... Дагы эле үмүтү үзүлбөптүр го ханыңдын?!

— Сабыр эт, Умөталы датка! Кокон хандыгы өзүнө өзү ишенип каршы чыкпайт. Биздин чоң таянычыбыз алыстагы агылчындар. Падышаныкынан кем сокпогон куралдар келатат. Мусулман пенделери ошол жакка кол берген болуп, күчтөнүп алганыбыз оң. Купуя сыр-дын мааниси дагы ошондо. Неге дегенде... — Атактуу кушбеги көзүн сүзө, үнүн жыбылжыта сүйлөдү. — Ку-ралданып, күчтөнүп алган соң... Тээ, кургак жерден алыс чалкыган деңиздин ортосунда киндикке окшоп, чормоюп жаткан араалдагы агылчындардан тетири буру-луп кетүү оңой го, даткам? Төбөдөн тарта капталынан бери айланып чырмап, тушап келаткан падыша желдет-тери... Ай айкарацан көтөрүп уруп, көмөрүп алса бар эмеспи... Өмүрү төшүнөн чыгарбайт. Былк этсең эле ыкшалат, ыйкайт. Мына, бизди силер тарапка улам чапкылатып аткан сары убайым санаа! — деп күбарып, күмсарды.

Чарчап токтогон аттай Умөталы күрсүндү. Кудай акы, Төрөгелди агылчындардын ким экенин деле, кургак жерден аркы чалкыган деңизди деле ачык түшүнбөдү. «Чалкыганы чын болсо, Ысык-Көлдөй экидир. Көп бол-со, үч эседир?» деп койду да кокондуктардын жардам беришине шерденип, барк этти:

— Балбайдын канын илбирсче шимирмейин, ажы-даарча сормоюн, жер бетинде басып кана эмес, эмгек-теп да жүрө албаймын? Кайда курал? Карматкылачы колума?!

Азыр, тетиги саякатчынын үрөйүн учуруп, самсып келе жаткан — ошол Төрөгелди баштап чыккан кол.

Кыштоо-жайлоолоруна карап, он, он бештен түтүн болушуп ар өрөөндө тиричилик өткөргөн айылдарды Төрөгелди баштаган кол чаап олтурду. Малын артка сүрдүрүп, үйлөрүн өрттөттү. Журтта калгандар улуп-

ушшуп, жаш балдарын аркалап, карыларын жетелеп, туш келди тентиреди.

Боромбайдын айылы, Балбайдын айылы Каркыра бүткөндөн ары, чыгыштын терецине көчкөн. Төрөгелди максаты аларды түк кабынан басып, талканын чыгаруу. Балбай колго тийсе, балыктай тилгилеп, туз сээп олтуруп кыйнап өлтүрүү. Башын канжыгага байлап, моокумун кандыруу. Бакбак сүйлөп каткыруу. Чынында Көкдолу жасап да коёт беле?.. Туш-туштан айылдардын кайда конгонун чалгындап жүргөн жигиттеринен үчөө чаап жетти.

— Баатыр! — деди бири ашыгып,— куралдуу аскер ээрчиткен Төрө келатат, кантик?!

— Кайда?

— Артта.

Төрөгелди ат башын бурду. Көл жээгиндеги куралчаларды көрдү. Дөбөгө чыгып кара жал Сурдан түштү. Зоңкоёт. Көзү чөйчөгүнө бата Төрө таранка акыйды... Бат атар мылтыгы түгүл мөндүрдөй төгүп жиберчү башка куралдарын сундурса дагы, тиги балык бышыруурга түтүн булаткан үркөрдөй немелерди мойсоп коёр ов! Артта, Алматыда толгон аскери жатпайбы. Алар булардын куну үчүн бүт элди жалмап коюуга күчү жетет. Оюушуга токтоп, шылкыны сууган Төрөгелди арман айтты:

— Аттиң! Боромбай борколдой менен Балбай чунактын дагы көрөөр күндөрү, ичээр суулары бар экен, ээ!.. Коркуп качты болбойлу. Жайланып тамактангыла. Көз байлана кайталы. Көл башындагылар үчүн Бөлкөмбек[1] убадасына катуу турган экен ээ?!

Шыбыргак уруп, арты карлап бат кеч кирди. Бет алдыларынан кар урган Төрөгелди колу көлдүн тескейи менен жөнөй бериштн. Боромбай тараптагыларга бүгүн өзүнүн периште болгонун билбеген Семенов тигилерден коркуп, Верныйды карай тартты. Шыбыргак адегенде артынан урду. Өрүүлөп кыяга салышканда сол ыптарынан урду. Алдыда ат кошчулар менен эки солдат. Артта сегиз. Ортодо үчөө. Тондун жакасы көтөрүлгөн. Быжыгый сакал-мурутуна кар уруп, бети ным. Санаалуу. Айгапта кетип баратат Семенов.

* * *

...Туура үч жыл мурда, Берлин университетине студент болуп өткөн. Немис тилиндеги «Азия жерин өздөш-

[1] Полковник.

түрүү» деген китептин эки томдугун орус тилине которгон бул саякатчы, чыгарманын автору жетимишке келген кең маңдай, кара көз профессордун лекциясын уккан. Студенттер профессорду: «география илимиинин булбулу» — деше турган. — Кабинетинде олтуруп, Гималай менен Тянь-Шань тоолорун кыдырат. Жумшак жаздыгында жатып, Гоби чөлүнүн шамалын, Сибирдин бороонун тыңшайт!» дешчү. Ал окумуштуу да котормочусун баалоочу: «Кимде-ким Борбордук Азиянын жаратылышына кызыкса, бул орус мырзага кайрылсын. Мага караганда Азия өлкөлөрүн жакшы билет» дечү.

Мугалим экөө көп жолугушчу. Аңгемелешчү. Ортого толгон суроолор коюлаар эле.

Көлдө дракон жок экенинен башка илимдеги табышмак суроолорунун бири да такталбай, Семенов келген жолунда барат. Узап, бийиктен ат башын бурду. Күңүрт каралжын тарта туман алдында жаткан Көлгө акыйды... Ал жылдар мурда кроватында жан бере албай алка-шалка тердеп кыйналган сүйүктүү жаш колуктусуна да, ушул абалда жалооруп көзүн кадаган эле. Ажырашуунун алапайын таппай эзилип, күйүнгөн эле.

Үшүгөн солдаттын бири:

— Мырза! Буйга таап от жагып жылынбасак, абал кыйындап кетти? — деп өтүндү.

— Болбойт! — деп орой айтты Семенов. Ага артынан жанагы үрөйдү учурган кол чапкылап келаткансыйт. Токтогон жерде кескилеп, талап кетчүдөй. Шашылып жолун улантты. Атын камчыланды. Көз алдына Берлиндеги окумуштуу Гумбольдт тартылды... Кең бөлмө. Жер таманынан шыпка чейинки текчелерде шыгыраган китептер тизилип, ар кандай карталар илинген. Стол үстүндө глобус, бурчта жаңгак үйүлөт. Нур чагылган асыл таштар, тоо хрусталдары коюлган. Тепши көлөмүндө омкорулуп алынган аппак, кара мраморлор. Амазонканын каучугу, мүйүзчөсүндө деңиз түбүнөн алынган акак берметтер. Созулуп куюлган, атырылып, ала салып кайнаган жасалма суу шаркыратмасы.

Булар эксперименттер. Түштүк Америкадан, Урал, Алтайдан чогултулган. Ушул табылгалардын ээси — тигил бөлмө ортосунда күлүмсүрөп жаш мырзага назар бурган, далысы эңкөө, ак чач, кичинекей абышка Гумбольдт. Дүйнөгө аты угулган белгилүү саякатчы ушул экенине Мырза ишене бербегендей. Учурашып, абышканын курушкан колун этиет кысты. Ал калтылдаган башын токтото албай тунарган көзү менен жаш окумуш-

туу Семеновго сынай тигилип, мунун жакында басылган «Азиядагы жанар тоолордун кубулуштары» — деген макаласы жагып калгандыктан, андан бетер тацыркап, баалап турду. Жаш мырза ал макаласында ушул профессордун «Тянь-Шань жанар тоолордон турат»,— деген божомолдоолорун көтөрө чалган.

— Олтурунуз, мырза,— деп өтүнүү болмонун ээси. Адеп сактаган Семенов көрсөткен орундукта. Колдорун көкүрөгүнө айкалыштырып, абышка андан бетер кичирейди. Пил сөөгү түстөгү катуу, тик жакасы калтылдаган башын тирең, карман тургандай.

— Ушинтип... Азиянын терецин кыдыруута камынып атам дечи? — деди Александр Гумбольдт, сөөмөйү менен стол четин тыкылдатып.

— Антүү өмүрдун айныбас максаты болчудай, урматтуу профессор!

— Аттин! Тянь-Шанга саякат жасоого канчалык тилек кылбадым,— деп абышка улутунду. — Эми ал максатты орундата албайм. Кеч болуп калды. Өтө эле кеч болуп калды. Асман мелжиген тоолорду изилдөө азыркы илимдин алдында турган парз. — Калтылдаган бакшын ийип, тамашага чаргытты. Жанар тоодогу шагылдан алып келип, колума карматсац бар эмеспи, армансыз үзүлөөр элем! Мүрзөмдө да тынч уктаар элем.

Экөөнүн көзү глобуста.

— Жүрөгүм бир нерседен түнөйүл,— деп улантты сөзүн. — Ал түгүл коркуп турамын. Көк тиреген тоого жетиш үчүн толгон кыйынчылыктар бар. Аякта жашоочу уруулар бири менен бири кырылышып атат. Анысынан дагы эзелтеден бери баш кесишкен тайманбастардан калган алар, европалыктарды жерине жолоткулары келишпейт. Кылайып жолоткулары келишпейт!

Профессор глобусту тегеретти. Чимирилген глобустун саргылт капталы келгенде сөөмөйүн сайып, тык токтотту.

— Мына Азия. Ишиц оцунан чыгып калса,— деди. — Кандай бактылуу болоор элем! Ошол ажайып крайга сен Россия тараптан беттесец, немец эки бир тууган Индия жактан келишет. Эки тараптан ортого алып, капшырып, кылымдар бою кулпуланган сырын алгач айттырган болоор эленер! — Абышка башын кылтылдатып ордунан турду. Тарамышы менен муундары кармап турган колдорун Мырза жигитке сунду. — Кана эмесе, Семенов мырза, ак жолуц ачылсын. Ишиңе ийгилик каалаймын!

Ошондогу улуу ыкларттердин бири да аткарылган жок. Ангарма тумагынын төбөсүнө, тонунун жонуна кар үймөлөнгөн Семенов ачыкчыл алды. Кар баскан тоо боорунда ойрумалап, караандары кудуреңүп чубанып кетип барагышат. Аттар мүдүрүлөт. Онкочук атын, оңолот. Туяктар ташка урунуп, корумдар калдырайт.

Экспедиция сентябрдын экинчи жарымында Верныйга чукулдады. Семеновдун шылкыны суун, капалуу келаткандын полковник каран эле билди. Аскерлерин тиздди. Асма коңгуроо чайпалып, абага кан-куң дабыш чачылды. Сурнай үнү бапылдап, барабан дүңкүлдөдү. Өзү болсо, жаркыраган жацы кийими менен чирене алга басып, Саякатчыны урматтап тосту. Жолу болбой келаткан жаш окумуштуугa мунусу шылдың кылып аткандай, күлкү кылып аткандай туюлду. Ансайын туталанды. Аттан түштү. Карышкан тизеси, талыган буту басууга тоскоол болуп, сылтып, жакындай бергенде полковник колун чекесине серне:

— Урматуу, Петр Петрович! Сиз менен эсен-соо көрүшкөнгө курсантмын! Кудайдын мунусуна тобо!

Семенов полковникти ызааттаган болуп, башын ийди. Полковник шып колтуктап, бирдеме тууралу кол жандан сүйлөп... Мырза түрү өзгөрүлүп селт этип, назар буруп, муюп кулагын анын оозуна сала берип атат. Сергий түшкөндөй, токтоосуз бир жакка жөнөөчүдөй, шашып калгандай түр байкалат басып бараткан Семеновдон.

Полковниктин өз кийимине өзү батпай элирип турушунун, чынында, чоң себеби бар болчу... Кокон тараптагы Умөталынын колтугуна суу бүркүп, тукуруп атканын жансыздар[1] аркылуу билип-көрүп иштин чыр жагына дагы терендей түшүүсүн күткөн. Анан чатакташууга амалдуу шарт да түзгөн. Анчалык баалуу эмес төөлөргө жүктөлгөн кербенди чалгындоочулары менен Чүй өрөөнүнө салып, Ташкентке жөнөткөн. Белен мал, белен дүнүйө издеген жортуулчулар кербенди тоноп кетишет. Бул окуя полковниктин чырагына куюлган май болот. Үч жүз аттуу аскер, кош замбиректүү пехота менен шартылдап келет дагы, Токмоктогу Кокон чебине кол салып, курчап, чабуулга өтөт... Чептин таш талканын чыгарып, керектен чыгарат. Аймактагы кыргыздардан толгон жылкы, короо-короо кой айдатып, Верныйга

[1] Тыңчылар.

олжо менен кайтат. Азыр колгуктап бараткан Семенов-го ушул окуя тууралу баяндады.

— Кааласаңыз жаныңызга аскер ээрчитемин. Мак-сатыңызды орундан келиниз? — деп таштады сөздүн аягын. Айласы кетип келген неме токсон аттуу солдат менен ошол эле күнү жолго чыкты. Кашкелең ашып, Токмокко жетип... Ымыр эткен тирүү жан билинбейт. Чептин тымтыракайы чыккан. Саман, тук аралашып нйленген ылай менен көтөрүлгөн чопо дубалдары зам-биректин огуна омурулуп, уран, жарылып, үңүрөйүп, качанкы бир доолордон калган күмбөздүн калдыгына окшошот.

Солдаттарды башкаруу милдетин өзүнө алган Семенов «айлана чөлкөмдөн тирүү адам издегиле» деп буй-рук берди. Өтө эле көптөн кийин малакайчан карыя алдында турду. Өңүнөн сур качып, кулагы делдейет. Оозу ачылган бечара карып, чымын жандан түңүлгөн-дөй. Жанына казак тилмечин калтырып, калгандарды алыстаткан Семенов өз жүзүн жылуу көрсөтүп: «Эл кайда? Кайда кетиштн?» деген сыяктуу суроолорду бер-ди. Карып адамдын айтуунда, аймактагы эл Үметалыны бел тутуп, жапырт көчүшүптүр. Анын айылы болсо, Боом капчыгайынын түгөнгөн башы, Көтмалдыда дейт. Карып адамдан ушул данистени алган Семенов, баша-ты Батыштагы окумуштуулардын башын катырган Чүй суусунун жээгин бойлоп жүрүп кетти. Күүгүм кире Чоң-Кемин оозунан кыйгап барып өйүзүнө өттү. Карангы түшкөндө зор үңкүргө окшошкон Боом капчыгайына сорулду.

Түндөсү суу доошу катуу. Агыны сүрдүү. Жол суу бойлоп өрлөйт. Агыны шашма суу ташка согулуп, бийик-ке октору ла чарпылып, күр-шар. Доошту аскалуу тоо-лор көтөрүп, капчыгай онтогондой. Баятан Семеновдун кулагы ошондо. Асманды карай узарган тоолор эки та-рабынан энкейишип, кысып койчудай болот. Мүдүрүл-гөн атынын тизгинин кагып кээде чалкалайт. Бозомтук тарткан асман тилкеси. Кеч күздүн тикирейген суйдак жылдыздары. Ушул көк тиреген ажайып тоолор тууралу береги күжүлдөп, күркүрөп аккан көк кашка суу туу-ралу качантан ойлонбоду эле. Урунуп-беринип аккан бул суу жээгиндеги бадалдын, ойдуңдагы чөптүн гана өмүрү болбостон муундан-муунга улантчу адам баласы-нын өмүрү экени, жашоо тиричилиги экени баарыга ачык түшүнүктүү дейсинби. Дээрлик сабатсыз кара кыр-гыздар гана эмес, арттагы ээрчип келаткан Госсфорд-

дун куралдуу аскерлери да тушунбейт. Кара башын, катын-балдарын багуу үчүн азиреттеринин шилтеген жагына чабышат. Адам өлтүрүү буларга адат сыяктуу, милдет сыяктуу. Ана, талкаланган чептин кейпи. Дубал эле урап жаткан жок. Канча адам өлбөдү. Ал үчүн эл нааразы. Нааразы үчүн түп көтөрө качып кетишти... Окуялардын түпкү себеби эмнеден болгону оцой менен өз учурунда ачылбаса керек. Нечендеген катмарлардын алдында калган нерсени казып олтуруп зорго тапкан сыяктуу окуялардын себеби дагы, тээ кылымдардан кийин, кийинки тукумдарга дайын болот окшобойбу.

Түзөң. Үстүндө үйдөй-үйдөй таштар. Ушул аймакка чарчаган экспедиция токтоду. Коопсуз ыктуу жерге чатырын жайдырган Семеновдун көзү жаңы эле илинген. Таш кулап калды. Жанараак эле таанышып, конууга ушул жерде көрсөтүп берген бекетчинин мылтыгы атылды. Бут солдат көтөрүлдү. Семенов ыргып чыкты. Кечигип көтөрүлгөн ай жарыгы менен бийиктен эки караан сөлөкөт көрүндү. Таш, караңгыда жанталашып качкан ошолордун колу-бутунан кулап атат. Мылтык менен аларды бутактагы каргадай атып түшүрүүгө болот эле. Семенов уруксат бербеди. Коркунучтуу жагы, булар мурда жетип кабарлашса, капчыгай башындагылар жоо сыяктуу тосуп чыгышпас үчүн токтоосуз жөнөөнү буюрду. Шашылып жол тартышты.

Капчыгай түгөндү. Жер жарылып, таңдын шооласы ак жээктенип көз ачылды. Суу агыны капчыгай ичиндегидей эмес, кылкылдап тынч. Жээги түнт, көк тал. Саргайыцкы камыш. Өлөң. Өйүз-бүйүз боз адырлуу. Кокту, жондордо топуракка түстөш карга тырмак, коён томук, ит сийгек, сөңгөктүү, тикенектүү карагандар. Адыр түптөрү чий. Барпырап, топ-топ чилдер учат. Жайнап, жоргологон кекиликтер төшкө жабыла өйдөлөйт. Жол кесе серендеп коёндор качат.

Баарына назар бурган жаш окумуштуу чарчаганына кайыл. Камчыланды. Атынын акыркы күчүн аябай тездетти. Чаң созулуп, арткылар удаа.

Күн нуру чачырады. Алыскы кар баскан тоо чокулары кашкайды. Кылымдардан бери бороон улуп, жамгыр жуун, шамал жалмалаган берки тоолордогу корумдар, жар таштар уюткан темир сымал.

Айыл көрүндү. Шоңшойгон сайма алачыктар. Чамгарактарынан түтүн созулат. Тизделген төөлөр. Чий аралай суу боюндагы өлөңгө тап коюп, жайыла баштаган кара, мала, кызыл кашка уйлар. Короо-короо кой-

лор төшкө жабылган. Ири алдыда, мүйүздөрү каркайган ар түстөгү эркечтер. Булар төмөнгөн жаңы көчүп келишип олтурганын Семенов даана түшүнбөсө да, алиги абышка айткан качкындар ушулар экенин сезди.

Курал асынгандар чукулдаганда, адамдар чур түштү. Эркектери жайдак аттарына минип, ал өйүз, бул өйүзгө чапкылашып, төш таяна качты. Кары-картандар, катын-бала улуп-уңшуп сыртка чыкты: жоолугун чала салынганы, саксайган жылаң башы, чөнкөнүн чала кийип, өңүрүн үзө басканы, жылаңач, жыцайлагы... Баары башын коруп, солдаттар атат ойдо. Момунда таргыл өгүзчөн, куур тон, малакайчан бирөө. Өгүзүнүн чүлүгүн тартып делдейди. Ок тийгендей тоголонуп түштү. Чий аралай качты. Чоң ташты имерилип жаныңды. Таштын далдоосунан малакайынын төбөсү көторүлүп, кылтыйып карап коёт. Лып жок болот. Аның көзү ат үстүндөгү көзү көк орустун көзүнө сайыла да түштү.

Жандан түңүлгөн кыргыздардын жолтоо болушу, жол бөгөгөн мал, Семеновдорду капчыгайдын башынан Кетмалдыга жете бергенге чейин төрт саат кармады.

Мелтиреген чымдуу түз. Жайкы ыраны менен турган тулаң. Төө бою шоо чыккан топ-топ күмүш түс тал. Кыпкызыл түстөгү сыйда-сыйда майда тал. Билерик жасасаң да сынбай ийилген бул талдар камыштай жыш. Тоо этектеринде заңкайган аппак боз үйлөр. Бир учурда Түндүк кыргыз уруулары баш кошуп, ушул аймакта Ормонду «Кызыл тебетей» аташкан, хан көтөргөн. Азыр тогуз жүз түтүндөн ашык элди ээрчиткен Ормон уулу Умөталынын ордо үйү турат. Тетиги, жанында түпөктүү мамы орнотулган кызыл-тазыл килем сызмалар менен арчындалган, заңкайган аппак боз үй — Умөталыныкы. Калган башка үйлөр жанында да эки-бирден токулуу ат байланган мамылар.

Полковник төрөдөн Токмоктогулар кансырап калгандан улам булар кулагдар турушкан го? Керней-сурнайы бапылдап, добулбас кагылды. Кең түздө, өйүз-бүйүздө, тээ алыста, беритеде кырк-отуздан жамаатташ олтурган айыл арасы дүрбөдү. Эркек аттуулардын колунда найзалар сороктоп, мылтыктар алынып, аттарына чап-чап миништи. Кызыл-Омпол тоосун карай урдуруп, айылдан чыга бериштн. Катын-бала жабылып, сыртка жамырашты. Жандалбастап кайра үйгө кириштн. Улуп-уңшуган ыйлоо абада дуу-дуу.

Семеновдун өңү бузулду. Солдаттар удургун ортого алышты.

— Булар чөөдөн да жаман. Ишенчиликсиз, жеткен коркунучтуу немелер.

— Окко тик чапкан өжөр келишет... — дешти да, мылтыктарын окчого алышып, замбиректерин шарактатып даярдап киришти.

— Тынчтангыла! — деп Семенов чацырып жиберди. — Баарың тең куралдарыңарды төмөн каратып асынгыла! Акыя тиктебегиле аларды! Басмырт түргө келгиле!

Буйрук орундалды. Атынан түшкөн Семенов жүз кадамга чейин жалгыз басып барып, өйүздөгү согушуугa даяр тургандарга жүзүн бурун төктоду. Удургуган алар бул тараптагы ар кыймылга назар буруп атышат.

Көл тараптан көтөрүлгөн күндүн нуру Семеновдун сол жагын жаркыратып, оң жагы көлөкө. Ошол боюнча жайнагандарга кош колун көтөрдү. Анан колдорун айкалыштыра көкүрөгүнө алып, бир жолу, экинчи жолу, үчүнчү жолу таазим этти. Бул изаат көргөзүү белгиси. Анан какая калды да, сырты оймо-чийме көрктүү үй башчыныкы экенине көзү жетип, «келиңиздер» деген өтүнүчтү билгизе ошол үйгө колун жандап сунду. Тигилердин бир чети удургуп, кенешип бейкам боло калышканы байкалды. Семенов өз кошунуна келди.

— Баарың атыңардан түшүп жылбагыла. Мени тилмеч гана ээрчийт.

— Туура эмес иш кылып жатасыз, мырза! — деп аты ойдологон мурутчан солдат каршы болду. — Сиздин өмүрүңүздүн коопсуздугу бизге тапшырылган. Булар ишенчиликсиз. Жырткыч сыяктуу немелер.

— Сиз дагы жаңылышасыз, куралчан мырза! — деди ызалуу жылмайган Семенов. Булар дагы эл. Болгондо да таш доорунан калган эл. Элге ишенүү керек. Булар дагы биздей эле адам. Болгондо да Европанын саякатчылары «табигаттын сакалчан момундары» деп атаган адамдар. Адамдарга ишенүү керек. Экөөбүз аларга ишенимсиз карасак, алар дагы бизге ишенимсиз мамиле жасайт. Түшүнүктүүбү?

— Аралык алыс, атка миниңиз!

— Жөө барам.

Тилмеч ээрчиткен Семенов мырза кетип баратат. Эки көзү оң тараптагы өзөн ылдый агып жаткан сууда. Тигине, кара көк тарта көтөрүлүп жаткан Ысык-Көлдүн аягы. Бая болгонун эстеп, жүрөгү болк этти. Ошондо көйкөлүп тынч эле. Азыр кабарчыктап, чарпылып жаткансыйт. Сырын айтуу кыймылы башталгандай. Туш тарап тоо-тоо. Баары нык. Жер көшүлүңкү. Эли гана

тынчсыз. Эли гана беймаза... Дагы далай беймаза доору күтүп турганы бир гана кудайга маалым эмес беле анда.

Көзүн көлдөн зорго ажыратты. Өзөнгө бурду. Баягы талаш суу. Батыштагы окумуштуулардын башын катырган, башаты табышмак суу. Көл менен байланышы жокпу, аралыгы алыс экен? Түштүк тараптагы бозомтук тоолордун арасынан созулуп келип атат.

Куралсыз Семенов куралсыз адам ээрчитип, берилеген сайын жабыктан тикирейишкен катын-балдардын чуусу жоошуду. Жаш каканактаган көздөрүн сүртүнүшүп, «сакта кудай, сакта!» дешип, жалбарышып тиленишти. Өйүздөгүлөрдөн дагы эки атчан бөлүнүп чыгышты. Суу кечип өткен соң аттарын калтырышып: дал бул экөөндөй жөө келишти. Экөө тең ээн коюлган сакалмурутчан. Бири далдайып, өтө эле зор неме экен. Бири шынга. Жакындашты. Семеновдун жанагы таазимин кайталап, зор денелүү неме үч жолу жүгүндү. Жайдарыланган Семенов колун берди.

— Саламалейкум, тоолук аксакал!

— Увалекума атсалом! — деди да, жаш мырзанын жумшак колун күректөй кош алаканынын ортосуна жуткуруп жиберип, чыгарды. Күлүмсүрөп сакалын сылады.

— Үмөталы Султанга мейманчылап келдим,— деди Семенов.

Алп денелүү неме митаам иниси нин токойду аралай бастырып кеткенин жашырды да:

— Алматылык солдаттар кырган туугандарына куран окутканы кетти эле,— деди. Санаасынын бузулганын туйдурбоого чымырканган Семенов:

— Мен силерге өтө алыс жактан келатамын,— деди. — Чептеги кагылышты Верныйдан уктум... Эгерде силердин туугандар орус кербенин талабаган болсо, бул жаңжал болмок эмес. Сиз кандай ойлойсуз?

— Туура жагы бар. Кана, үйгө кириңиздер?

Шынга бойлуусу эшик көтөрдү. Меймандар үйгө кирди... Килем төшөлүп, аюу талпактар ташталып, керегелерде илбирс, карышкыр терилери илинген үй ичине Семенов көз жүгүрттү. Көөкөрдөн куюлган кымыздын алдын алп денелүү өзү жутуп, экинчи идишке куюлганды сунганда: «Уу кошкон неме болбосун?» деп мейманы ойлоп калбасын үчүн кылган кыраакылыгына Семенов маакул. Кымызды татып-татып акыры шыпкап, салмагы колду түшүргөн алтын чөйчөктү кайра сунду да:

— Ырахмат! — деди.



— Берген аңты калтырбай иччи жегенди биздин эл дос деп келишкен.

Кымыз куйган шынга бойлуусу Умөталынын өз инисси — Чаргын, далдайган зору — Төрөгелди. Баягыда да, Көл жээгинде олтурган ушул төрө экенин Төрөгелди тааныбады. Ошондон кетип баратып, бир өрөөндөгү айылды чаап, бир канчалаган адамды өлтүрүп, минде-ген жылкы тийип келгенин, колунун каны али жуула элек адам мандайында турганын Семенов билген жок.

Достошуунун белгиси деп, Төрөгелди үч мыкты ат тартты. Жол көрсөткөнгө эки киши коштү. Чүй суусу-нун башаты Нарын багытындагы Кара-Кужур менен Долондон, Кочкор өрөөнүнүн алкымындагы Кыз-Арт, Кара-Кол тоолорунун төрүнөн, түндүк айрыгы тиги Көк-Ойроктун башы Челектен булак болуп кылтылдап чыгып, узай-узай эңиштеп күрр-шарр түшкөн Чүй суусу экени такталды. Картага түшүрүлдү. Милдетин аткар-ган Семенов, сентябрдын аяк ченинде Верныйды карай жол тартты.

* * *

Чабышуу башталган үч жылдын аралыгында Боромбай тарап үч миңден ашык адамынан айрылды. Көлдүн тескей, күнгөйүндөгү жайыттарынан ажырады. Эл тиричилик кылган малдын үчтөн экиси коромжу болду. Кыдык менен Желдең уруулары башкаруучу Самсалы деген: «Бугуларыңды да урдум! Сарыбагыштарыңды да урдум!» деп кекирейип кол шилтеди. Өзүнө караштуу элди бөлүп, Боромбайдан оолактады. Балбай жонун түйүп, тил албас болду. Карылыгы жетип, жер тиктеп, мойнун салган Боромбай жүдөдү. Үйлөп ийсе учуп кетчүдөй. Айылы Кичи-Каркыраның чыгыш өрөөнүндө. Ошол учурда: «Аскери менен Алматынын улугу Көл башындагылардын абалын көргөнү келет экен Күйөө бала болуп калган Тезек дагы толгон кол менен кошо чыгыптыр» деген имиш угулду. Жакшылык кабарга Боромбай куйругун чаап, жээкте солуп жатканда сууга куланган балык сымал жанданды.

— Өтүнүчүм орундаптыр! Эми Умөталыны карап тур! — деди. Соёрго мал, тигээрге үй, иштээрге жаш-тардан топтоштурду. Бул дарбуу Умөталыга да угулду. Бушайман түштү. Даяр турууга бекинди.

Окуя абалы мындай... Семенов Барнаулда кышта-

макчы болгон. Үймөлөнгөн чылгый терилерди, таңгакталган жүндөрдү кабыл алчу эки кабат үйдүн үстүнкүсү экспедиция үчүн бошотулат. Бөлмөлөр жай боюу жыйналган чөп-чардын кыртышы салынган чөйчөктөргө толот. Семенов эртеден кечке ошолор менен алек. Ар бир гүлгө ат коёт. Европада өсчү өсүмдүктөргө салыштырат. Окшоштуктарын, жер шартына, климатка жараша өзгөчөлүктөрүн байкайт.

Кыдырып чыккан Ала-Тоо крайын беш салаага бөлдү...

Алты жүз метр бийиктиктеги аймакта кыш жумшак. Кар жука. Кыштаган мал жер чапчып, чөп таап оттойт. Алты жүздөн, миң төрт жүз метрге чейинкиси бийиктик, тоолуу өлкөнүн түндүк тарабы. Мунун артыкчылыгы жайы жайдай, кышы кыштай. Суусу мол, тоо арасында көл үнөмдөрү көп. Үчтүн экисине эгин эгүүгө, жемиш даректарын тигүүгө жашылча бакчаларын өстүрүүгө болот.

Эки жарым миң бийиктеги үчүнчү зона карагай, арчага жыш. Аба ырайы нымдуу, аска таштуу болгонуна карабастан курулуш материалдарын алууга, отун-суу камдоого ыңгайлуу. Мергенчилик кылууга, бал челек кармоого сонун!

Төртүнчү зонанын суугу таш жарат. Кары калың, бирок кыргыздардын үйүр-үйүр жылкылары кар чапчып, жапырылган тулаң менен бетегени күрсүлдөтүп оттоп кыштан чыгып кетет.

Бешинчи зона саякатчылар суктанышып, альпиниеттер ашчу бийиктик. Эзелтеден мөңгү менен кар өксубөс бул ашуулар суулар менен көлдөрдүн башталышы. Түгөнбөс уюткусу. Асман тиреген ажайып чокулардагы аба деңизи.

...Санкт-Петербургдагы географиялык коомчулугуна ушундайча түшүнүк даярдаган окумуштуу кийинки жылдын апрелинин аягында Омскийден Семейге келди. Жанына сүрөтчү алды. Экчеме арабасына олтуруп, асман тиреген тоолорду изилдөө үчүн жөнөп, Верныйга түн ичинде келет. Былтыркы тааныш полковник кызматынан алынган. Талант жагынан да, эч ким менен кечешпей-этпей кагыштырма жоруктарды баштап ийме жагынан да андан көп төмөн турган, жүрүмү токтоо өңдөнгөн жаңы полковник тосуп алат. Аткарылаар ишке көзү жетип турса дагы жогору жаксыз бир кадам жылып койбогон, анык тилге келбес көйкашка ушул полковник болуп чыкты.

Аскер башчысынын колдоосусуз илимий изилдөө ишинен натыйжа чыкпасынан Семенов замырдай какшап түшүнтсө дагы, полковник «Гомфортон уруксатсыз эч айла табалбайм!» деп койду. Ортолорунда талаштартыш чыкты. Кызандашып стол мунтагулашууга чейин барышты. Генерал-губернатордон жооп келгиче кыйла убакыт өттү. Лба ырайы тез өзгөрчү тоолуу крайда жол жүрүү кыйындады.

Мурдагы полковниктин кызматтан кетиши Үмөталыларга Алматыдагы орус бийлигинин кашка тишинин бири жулунгандай көрүндү. Көл башындагыларды кайрадан көсөөлөп кириштн. Кайтаруусуз ал тарапка барган экспедициянын ойрону гана чыгып калуусу мүмкүн. Ошол учурда казак ичиндеги бир окуя себеп болду. Жергиликтүү камчы кармаарлар атайы кайрылып атышкан соң чыр ишти жайгаштыруу милдетин Семеновго жана кенсалардагы эски кецешчилерден Боромбай менен Тезектин жакындыгын билген жаңы полковник экөөнө тапшырды...

...Казак арасындагы чыгыш түштүгүн заңгил тоолор курчаган, андан бери кыйырына көз жетпей мелтиреген түз, кооз түр басылып согулган килем сымал түркүн гүл, жашыл ырац каптаган Каркыранын түндүк булуңунда — Таш-Булакта чечилмек. Султан өтүнүчү боюнча полковник өзү да катышмак. Беш жүз ашуун көл ээрчиткен Тезек куралдуу элүү солдат коргогон Семенов бирге келишти.

Бул Боромбай тарапка жардамга келаткан болуп угулду. Коноктордү күтүү камын жеп, дарбып аткан себеби ошондон улам.

* * *

Окчун тигилген жалгыз боз үй. Ичи жасалгаланган. Кызгалдак гүдөрүн, шиберди жапыра килемдер таш-талган. Баскан-турган адамдардын таман алдындагы ууз болуп турган жаш чөптүн өзөктөрү бырс-бырс сынат.

Төргө барча төшөктөр бүктөлүп, бийиктелген. Ал ардактуу орунга полковник менен Семенов олтурду. Оң бурчта Тезек төрө. Оң капшытта үч, сол капшытта үч, тыныша албай аткандар. Үчтөндүн бирдени — бий, кире бериште тилмеч.

...Дулат уруусундагы тектүү адамдын кызына Атбан

уруусундагы текүү адам куда түшкөн. Кыз калыңы берилген. Алууга келгенде чыр чыгат. Кыз күлдүк ургандын баласына баргыча өлүүнү туура табат. Кыз өлсө «тешине албагандыктан болду» деген сөз чыгат да, күйөө бала таратагылардын намысына камчы тиет. Же калыңга өткөргөн малды алыш керек, болбосо эр өлөбү мейли, эки уруу чабышыш керек. Мына ушул осол окуя тууралуу Верныйдагы полковник улукка кайрылган. Ошол чыр бүгүн чечилмек.

Дулат тараптык бийдин башында жука түлкү тумак. Беркилердин бийинин кийгени төбөсү шоңшогой, кайрыгы ичке, кундуз бөрк. Эки бий тең эткээл. Кундуз бөрктүүсү үйлөп жиберчүдөй жаагы чулчуйган кара көк. Беркиси чийкил.

Бийлердин сөздөрү абалы жай, кол жандоо менен башталды. Калың өткөргөн жак доо коюп... Кыз тарап, ага жооп кайрып... Тууралган май казанга таштalып, от алоолоп, казан ысыган сайын май ызылдап-тызылдап, бездери бырс-бырс жарылып атылып, аны аралаштырмакчы болгондун бетине ыргып, жалтантып, шаштысын кетирген сымал эки тараптын бийлери кызуулангандан кызуулашып барат. Көчүктөрү көтөрүлүп обдулушат. Баш кийимдери титиреп, экчелет. Өнүрлөрүн шилеп, жакалары калтырайт. Бирине-бири жүткүнүп баса калышуудан, кулак толгошуп кекиртектешүүдөн кайра тартышаар эмес. Көз кыйыктары полковникке түшкөндө анын ийни жаркыраган кийиминен, жерге салынган килем менен капталына тирелип жаткан кылычынан, бел курдагы тапанчасынан сестенишип гана сабыр этишкендей.

Жана сыртта Семенов Каркырага суктанган. Сакалы жайкалган бейтааныш карыя менен тилмеч аркылуу маектешкен. Семенов:

— Бул эмне деген ажайып, шумдуктуудай кооз жер?! — деп калганда, карыя айткан:

— Төрөм! Казактын Улуу Жүзү менен Ысык-Көл башындагы кыргыздар илгертеден жамаатташ. Кыз алышып, кыз беришип бирине-бири жээн-таяке болушат. Өзүм казакча желдирип сүйлөйм, бирок түбүм кыргыз. Чоң атам ат үстүнөн далай жоосун торойто чапкан баатыр болуптур. Эр өлтүрүп кунга жыгылат. Айлынан качат. Ушул элди кара-жоро тутуп, туруп калган экен.

— Улантыңыз сөзүңүздү... Уланта бериңиз, карыя? — деди Семенов аңгемесин коштоп.

— Кыргыздардын небаккы өткөн ата-бабалары: «Алакандай Анжиян, атты кайда чабабыз? Такыядай Ташкенге тамаша кантип кылабыз?!» — дешип, кең аймак издешиптир. Акыры. ушул катылайын Каркыра купулдарына толот эмеспи. Төгөрөктүн төрт бурчунан эл чакырат. Ала-Тоодой эт үйүп, Ысык-Көлдөй чык куюп, кадимки Көкөтай ашын бергикен эмеспи. Ошондо, кадимки Кошой абам сексенге келгенине карабай карт башы менен, аппак сакал-чачы менен күрөшкө чыкмакчы болот. Манастын аялы — келини Каныкей тоо текенин терисинен бөздөй пийлеңин, тарамыш жип менен тигилип, тигиштери тиштелген шымды кийгизет. Ошондо бата алган келини Каныкейдин боюна Семетей бүткөн дешет. Ийе, анан Жоңгарлардан Жолой деген балбан чыгат. Ага Кошой беттешет. Туура жети күн, жети түн кармашат дешет экөөнү. Акыры Манас: «Эмне болгонсун, аба?!» деп айкырыкты салганда, демденип намысына келген абам көтөрүп урган дешет, өгүздөй болгон Жолойду.

Аш үстүндө жоңгарлар менен кыргыздар арасында кагылыш болуп, чыр чыгат. Айлап айтса түгөнбес «Манас» казалыбыз так ушул Каркырадан башталат. Ошондо казылган, казандар асылган кемегелердин орду дале турат. Тээтигинде, барын көрсөң да болот азыр.

Мобу тоонун ары жагында жашаган боорлорумдун абалы жаман болду. Үч жылдан бери кырылышып, кыркышып, кандары төгүлүп атат. Ушул ишке калканч, данакер болуп эки элди элдештире аласыңбы, төрөм!

Карыя сөз аягында сакал-муруту титиреп, көзүнө жаш алды. Баятан сөзгө берилип уккан Семенов карыя өтүнүчү эмнеге келип такалганын түшүндү. Сырттан ойлуу келип, төргө олтурган. Мээсиндеги ойлордун кагылышы...Өзүнөн узап, кайра кылчайган санаалардын чатышкан түйүндөрүн чечмелөө менен алек. Эми жаатташып, жаакташып кармашкан эки бийдин түрлөрүнө аздап берилип, ооп кетти. Иштин эмне болуп бүтөөрүнө түшүнүш киргизди:

— Кудай жалгагырлар! Колукту болчу кызды көрсөткүлөчү, өз оозунан угалы?

Аз убакыттан кийин эшик көтөрүлдү. Он беш жаштардагы кыз кирди. Бой түзүлүшүнөн, өңүнөн эч өөн табылбаган — бул тоолук элдин чырактай сулуу кызын, чоочун улуттан Семенов менен полковник гана эмес, олтурган казактар өздөрү таң калып, жымжырт. Баш

сот «сүйлө» деген шылтаарат жасады. Жүүнү тирүү кыздын ачык, мукам үнү чыкты:

— Куда түшкөн тарап бар экенин билемин. Бирок, урматтуу төрө, үйлөнчү жигиттин экинчи аялы болуп, «токол» атка конгончо өлгөнүм артык...

Даты түшүнүлгөн соң кыз чыгарылды.

— Урматтуу жергиликтүүлөр! — деди баш сот болгон Семенов.

— Мындай иште менден көрө өзүңөр жакшы билген: «казак үрп адаты» боюнча чечсеңер болот. Эскерте турган бир иш: орус заңында кыздын макулдугусуз күйөөгө зордуктап берилбейт. Алдыбызда оюн ачык айткан бечараны бөөдө өлтүрүп албас үчүн иште калыс чечиңиздер.

Бийлер ортосундагы кайым айтышуу кайра кызыды. Баш кийимдери титиреп, этектер шиленди. Ийиндер шалкылдап, колдору шилтенди. Уурту көбүктөнө шоңшогой тебетейчен чамынды:

— Бардык күнөө кыздын өзүндө. Ата-бабадан келаткан салт боюнча жайдак байталга тетири мингизип, ээлебин келтире бериш керек...

— Күнөө так өзүңөрдө! — деп, түлкү тумакчан сөзүү жулду. — Тектүү дулат уруусунан чыккан кирдүү кол менен кармагыс кызыбыз биринчи гана аялдыкка барууга тийиш...

Тектүү уруунун кыздары дайыма улуу аял болоорун, ак сөөктөр экинчи аялдыкка кызын бербесин Семенов түшүндү. Тебетейчендин тайсалдап калганы өңүнөн сезилди. Анын катарындагы сүйрү сакалчан кызды күйөөгө бир түн түнөтүшүн өтүндү. Башкы сот:

— Бир түн? — деп ашыга сөз кыпчыды. — Бир саатка кошууга болбойт!

Тезек обдулуп, колун серпти:

— Бийлер менен сот сөзүнө кийлигишпейин дедим эле... Калың кайтарылып берилсин. Мырза соттун сүйүшү кабыл болуп, кыз эркине коюлсун!

Жолборс ууртун жыйрып, азуусун көрсөткөндө чөөлөр жоголгондой, Тезек төрө унчукканда бийлер тым.

Семенов үп болгон үйдөн чыкты. Эмелеки үйдүн үзүктөрүн дабыратып сабап өткөн өткүн басылыптыр. Асманда ала булут көчөт. Бет алдыда тоолор.

Кармоодо турган кыз бошотулду. Сотту карап, ыраазы болгонун билгизе таазим этти. Семенов өзү дагы башын ийкегилеп ийди да, өткүн жапырган шибердеги кыз изине көзүн ээрчитти.

* * *

...Жер бетиндеги жандуунун, көл түбүндөгү сүзүп жүргөндөрдүн баарынан адам артыкчылык кылат. Адамды артык кылган анын байкай билиши. Байкагычтык бар жерде акыл өсөт. Уккany менен окуганы жугат. Билгени менен көргөнү калбырланат. Улам жетилет. Жеткилендик кайрат берет. Жеткилендик жапыздан улам серепе көтөрүлүүгө ишеним түзөт.

Байкагыч Петр Петрович тээ батышгын түпкүрүнөн эңсеп, бел байлап чыккан крайдын мерчемдүү жерине жетти. Жаңын жеген санаа, жолукkan тагдырлар, ооруп калууга чейин барган өз ахыбалы эми алыстады.

Акылдуу туулган, жатык тарбияда болуп, өсүп жетилген адамга улут бөлүү, тагдырларга кайдыгер кароо — жат. Боорукер, жакшы адам канчыктын эмчегине жабышкан күчүктөргө да, көзүн жылтыратып уяда чыйпылдаган сары ооз балапандарга да, жыгылып-туруп жөрмөлөгөн балдарга да мээримин төгөт. Ушулардын боор көтөрүп, жүдөбөй, ачкалыктан өлүп калбай, тентек балдардан келтек жебей торолуп кетүүсүн самайт, Семенов ошондой адамдардан. Ошол жаш окумуштууну Боромбай үч бүктөлүп тосту. Кооптонуп жанына солдаттар алып, Тезекти колу менен кошо дажанына солдаттар алып, Тезекти колу менен кошо дабыратып келгенине шүйшүнө да түштү. Качан гана кектешкен тарапты чабууга Боромбай куралдуу солдаттарын сураганда үрпөндөп, кабак бүркөду. Чабыштыруу үчүн жүрбөгөнүн, элдешээрлерине өбөкчү болоорун түшүнттү. Боромбай Семенов төрөнүн бул акылына мурчуйду.

Айла канча, Семеновдун өтүнүчү боюнча өгүздөн, аттан унаа берди. Мындай жардамды былтыр Төрөгелди деле берген. Демек, Семенов: «Эки тарабы тең орустардын куралдуу жардамын биринен бири мурдараак жулуп алуу амалын жасап атышат» деген ойдо болду.

— Мен илимий изилдөө ишине киришемин. Кол салуучулардан силерди булар коргойт,— деп Тезекти колу менен калтырды да, жол көрсөтүүгө дайындалган Тилекматты алып, экспедиция жөнөп кетти.

...Жыргаланда кийимдери алеттен кеткен, көздөрү чүңүрөйүп, эриндери кеберсиген арак жан адамдарга кездешет. Беттеги бадалды аралап сарымсак, текей терип жеп жүрүшкөн... Булак бойлоп, суу бойлоп, жөргөмүштүн данын сыдырып, ооздоруна куюп... Кемирчек омуруп, тикендерин жулуп, өзөгүн кемиришет. Чачтары

сакаңгаң, эриндери кашкара, көгөргөн тилдери жарылган. Башта орустун куралдуу салдатын көргөндө качууга жер издеп калчаар эле. Азыр туш-туштан жамыранжайнап жүгүрүп келишти. Экспедицияны тегеректешти.

— Айланайындар! Жума бою наар ала элекпиз...

Кыцылдаган балдар, улуп-уңшуган улгайгандар. Келте мурун, сөөктүү катын:

— Тилекмат, сен белең! — деп дарылдады. — Тааныбай турасыңбы! Айыл кайда?! — деп аял үстүн түзөңүп атканда кашатка кыстарылган көйнөк этеги тартылып, аарчылган кемпирчектер тоголонду. Бул аял өз үйүндө экенинде кул менен күц даярдаган ашты ичкенден эрингеп Боромбайдын улуу байбичеси Алма эле.

— Жарыктык, сиз белеңиз! — деп Тилекмат атынан ыргып түштү. Бой тарткан кызды көкүрөгүнө басып — Кейпиңер кантет? Кайырчы болуп баратканбыз го!! — деп кабыргасы кайышты.

«Көл башындагыларга жардам бергени солдаттар келатыптыр»,— дегенди угуп көчө качкан Төрөгелдилер туткундарды журтка калтырышкан. Жөө самсыган алар айыл издеп, чөп-чар жеп жүрүшүп, буларга туш болушту.

* * *

Ишине алаксыган окумуштууга Жыргаландагы сүрлөрү качкандардын жолугушуусу кеп болбой калды. Анык бүткөн бойду дүркүрөткөн окуя быякта жатыптыр...

Ысык-Көлгө Тескей тараптан куйчу суу агымынын күчүн, көлөмүн текшерди. Сайдагы тоолордон агып келген кызыл, ак мрамор таштарын көрдү. Жанар тоо болбогонун аныктады. Берлиндеги саякатчы абышканын божомолдоолору, Чүй суусунун башаты сыяктуу эле бул жерде дагы төгүндөлдү.

Отрядды Кызыл-Суу булунуна токтотту. Көл жээктерин изилдеди. Киргин маалында төө агызган суу куйган көлдө эмнелер гана жок! Түркүн куштардын, үлүл-дөрдүн сөөктөрү. Камандын азуулары, жез доорунда колдонгон буюмдар, куралдар табылды. Окумуштуу уккан уламышы боюнча Көл аймагында шаар болгонун билет. Биздин доорго чейинки үчүнчү кылымдарда, гун-дардан тараган усундардан бир жүз жыйырма мынче үй-бүлө ушул чөлкөмдөрдө жашаганы жазмаларда ай-

тылган. Алар көбүнчө бодо багышкан. Өздөрүнүн башкаруучусу болгон. Согушчул, каардуу келишкен. Күчтүүлөр менен биригүүнү эңсеген кытай императору биздин доорго чейин бир жүз жетинчи жылы усундардын башчысына кызын тартуулаган. Кыз шаарга алынып келинген. Шаар «Кызыл-Өрөөн» аталган. Жаш окумуштуунун байкоосунда шаар Көлдөн окчун, Жыргалан чегинде болгон болуу керек.

Усундар кылымдар өтө батышка оошуп, түрк тукумдарына аралашат. Бул биригүүлөрдөн жүрө-жүрө дагы бир тукумдун ата-бабасынан кыргыз-казак келип чыгаары айтылат. Усундардын маданиятына, өнөр-кесиптерине таандык буюмдарды Семенов Кызыл-Жар менен Барскоон аймагынан тапты. Кайыктын жоктугунан Көл терөнүн өлчөй албады. Сыр-Дарыя бассейнинин тактоого Ара-Бел багытка аттанды. Эсинен чыккыс, көпкө түшүнө кирген аянычтуу адам сүлдөрү ушул жолдо жолуктуу.

Сөөктүн бийик ашуусун өлдүм-талдым дегенде зорго ашып, бийик бетте кыялай бастырган Семенов алдында. Секиртме урчуктан имериле бергенде терге чөмүлгөн күрөң аты кошкуруп, мүдүрүлүп, оңкосунан түштү. Удаа келаткан сүрөтчү өзүн карман калды. Аты шагылга аралаша учту. Аркылар жетип жардамдашып, Семенов көптө эсин жыйды. Ат адамдын өлүгүнөн үркүптүр. Көкүрөгү корумдалып, чаты ачылган адам денеси оропарада жатат.

Ат которуп, андан ары жүрдү. Мына шумдугун түшкөн көрүнүш! Түзөнчө аймакта жүрөк даап алгыс көрүнүш... Каркырадан жолуккан карыянын бекерден мунканбаганын, Боромбайдын тебеленген теридей жүдөп, жер карап бүжүрөгөнүн, өчүн алууга куралдуу солдат сураганын... Кыргыздардын канга баткан азыркы абалына Семеновдун көзү эми даана жетти. Атынан түштү. Дел болуп тиктеди өлүктөрдү. Басып жайнаган денелердин четине чукулдап токтоду... Чалкасынан, көмөрөсүнөн сулагандар. Коркуп, көзү алайгандар. Бакырганда оозу ыржайган боюнча калгандар. Колун төбөсүнө ала корунгандар. Сакалы жайылган карыялар. Чачы саксайган аялдар. Бүрүшкөн балдар.

Тилекмат Семеновго чукул турду. Жүрөгү канап кудай менен беттешип атты: «Оо, Кудай! Ормон өз балаң болуп, калганыбыз жат балаң белек?! Бир ошонун кунуүчүн тукум калтырбай кырмаксыңбы?! Ормондун көрөөр күнүнүн, ичээр суусунун түгөнгөнүн, Алыбек менен Балбайды шайтан азгырганын... Баарын өзүң көрүп-

билип буйрун турбадын беле? Мобу момун журт кай жеринен жазды?!.. Оо, эл! Арыбыз кайда? Намысыбыз кайда? «Баатыр» атангандар сууга айдаса — сууга, отко айдаса — отко түшө беребизби? Азуулуунун эң жыртқычы карышкыр журтта калган балтыр бешик баланы тиштеп барып үнкүрүнө багат дейт. Карышкырча болбой калдыкпы?..»

Бул өлгөндөрдү өткөн күздө шыбыргак уруп турган кечте, кайра тартып келаткан Төрөгелдинин колу кырып кеткен. Кыш бою кар алдында калып, азыр тоо арасы салкын үчүн али бузулбай, уктагансып жатышат.

Семенов кийин окуяны тактап билген соң, күндөлүгүнө мынтип жазган: «Ушул талаа мага Сен-Бернардын «моргунан» да катуу таасир этти. Пушкиндин: «О, бейиш жер, көрктүү талаа! Адам сөөгүн кимдер сага себишкен?» деген, акындык мунканууусун даана түшүндүм.

...Бир нерселер кыймылдап жаткандай доош угулду. Көңүлүм айнып аттандым. Жөнөй берээримде оро-пара кыбыраган нерселерди көрдүм. Жалган эмес экен. Коктуулардан жайнап жүргөн, арсылдап үргөн иттер чыкты. Күрсүлдөгөн чоң дөбөттөр. Алар бири менен бири бурдаша кетип, алыша кетип да жатышат. Чайылдаган канчыктар, борсулдап үрүп, күчүктөрү ээрчип алган. Булар көрсө, өлгөндөрдүн эттерин жеп семирип бүтүшүптүр».

...Желдеп жана кыдык урууларынын бийи Самсалынын өзүндө гана үч миң жылкы болгон экен. Айылы боюнча малынын көптүгүнө эсеп жетпейт. Булардан жооо каршы кеминде миң азаматты топтоого болмок, дешти. Меңменсинип, бой көтөргөн ошол Самсалы, Бочөөк немени сыртынан чалгындап жүргөн Төрөгелдинин колу түк кабынан каптап, чабат. Ар өрөөндөрү айылдарып-чыты чыгып качышат. Беш жүз кишисинен ажырап, бир миң эки жүзүн туткундатып, тоо арасында сандалган ырыс кесер, кесирдүү Самсалы өзү үй-бүлөсүнүн жарымы менен Көл башындагыларга зорго жеткен экен.

Семенов Сыр-Дарыянын башталган башаты Нарын суусунун башына жетти. Дагы да европалыктардан биринчи болуп таштай муздак, айнектей тунук сууга көл малып, жүзүн чайыды. Кочуштап шимирди. Какайтып, колун бооруна алып, эстеликтей турду. Женишине тийген байгени колуна кармагандай дем тартып, ийнинен

тынды. Атка минип, кайра тартты. Чоң-Каркыра суусун кечип, асман тиреген сырдуу тоого беттеди.

Бүгүн өзү үч миң метр бийиктикте. Жанында сүрөтчү. Көз алдында отуз тоо, отуз чоку. Баарынан эки эсе зор бирөө бар. Ал жай чилденин учуру июлдун башы болсо да, этегинен кыл чокусуна чейин карга ороп чулганып жаткан.

Бул жер жүзүндөгү тоо падышасы аталган, жердин киндигиндей чормойгон, төбөсүнөн бороон менен бүркүттөн башкага орун бере элек — Хан-Тенири.

— Мына, батыштагы далай окумуштуулардын башын жыдытып, түшүнө кирген Хан-Тенири! — деди, кубанганын көөдөнүнө батыра албаган Семенов. — Не бир ажайып кен талаа, тоо-таш, тунук көл, күрүлдөгөн шаркыратмалар элеси көңүлдөн учуп, буга берилди. Хан-Тенирдин көлөмүнө салыштырганда өзү аппарат менен зорго издеп табылчу микробчолук болбосуна карабастан, өлчөгүчүн коюп бийиктигин ченеди.

— Жети миң метр! — деп күбүрөдү, чокусун булут нөлмөктөгөн ак тоого тигиле берилип, оң колунун манжасын онду-солду ийнине, мандайына тийгизип чокунуп алды.

* * *

Хан-Тенир шалдыр-күлдүр түшкөн аспаптары менен шамандар ичине толуп алгансып, түн бою күңгүрөндү. Күүлдөдү. Кар уруп, бороон улуду. Палаткалар жапырылып, дирилдеп ушаалар кайыкты. Бороон соккусунан жан соогалап, жалбарып аткан палаткасынын абалын көрүп, сырттагы доошту угуп жатып уктап кеткен Семеновду бирөө тарткылайт. Чүмкөнгөн жамынчысын серпип, көзүн ачса Тилекмат экен. Ал «жүрү» деп жандады. Небак таң аткан сыртка кол шилтеп, ийнинен тартты. Туруп ээрчиди. Жар таштын кургак конулуна от жагылган. Жалын дуулдап соймондойт. Куу отун чатыраган от тегерегинде сүрөтчү менен кошчулар. Калгандар ар көктуда от жагып, топ-топ. Тамак даярдашып көңүлдүү. Ой-тоо аппак. Тешигине тыгын тыгылгансып, бороон басылган. Тамаша кыла жулмалап алып, басып кеткен күчтүү кишиче түндөгү эсти оодарган кымгуут жок, ачык асман көкмөк.

Коюу чыккан чайдан Тилекмат кружкага куйду. Сары май салып, Семенов мырзага сунду:

— Кошоор таттуун өзүндө, мырза. Ысык-ысык уур-

тагын,— деп көз кысып, күпшүндап куудулданды. — Чай ичеги-карынды жылытат. Май тамак жибитет. Көргөн өлүктөрдөн жийиркенип калдыңбы, тамакты батыра ичпе албайт экенсиң?

— Өзүңчү?

— Тикең бир олтурушта гана жумалыкты «ап» этип коёт! Үйүмө табак этти, уй жалагандай кылат. Артынан жарты чака ала дөңдү шимирет. Катык табылбай калса, кара дөңдү согот.

— Тикең деген ким болгон?

— Мандайыңызда турган мобу баатырдын өзү да! — деп төшүн каккылады.

Семенов күлдү.

— Этти көп жегенден баатыр чыкпаса керек эле! Мүмкүн балбандыр же соргоктур?

— Сөзүңүздө калет жок,— деди көзүн алайткан Тилекмат. — Биздин элде тайдын этин таза жеп кеткенди «дөө» дешет.

Сухар кемирип, чай ууртаган Семенов оозун бошотүп: — Ай-ай! — деп баш чайкайт. — Силердеги ар үчүнчү киши «дөө» экен. Балбандарга эсеп жетпейт турбайбы?!

— Кыдырмачым! — деди сөз кезегин кетирбей. — Балбандарыбыз чынында эле көп. Акылдуубуз азбы дейм. Мен бул сөздү өз элими сатып, сага жагынайын деп айтканым жок. Өзүңүздүн ким экенинди түшүнүш үчүн,— деп каңкуулады. — Ушул керек. Ээрчиткен тилмечиңиз «олтура» «келе» деп атат. Мен: «олтурат» «келатат», «келе жатат» деп айтамын. Бут чабылса адам чолок болот. Басса-турса кыйшалактайт. Балдар күлөт. Бүтүн тил четинен «сынып» бузулуп атса ичтегинди кантип жеткире айттың?

Семенов күлдү. Тилекматтын күйүп-жанып, чын ыкласта сүйлөгөнүн баалап, «айта бериниз» деген өтүнүчтө баш ийкеди.

— Кыдырмачым! Чөп көрсөң тамырын чукулайсың, жыйнап келесиң. Таш көрсөң набаттай чагасың, чогултуп келесиң. Суу көрсөң кечесиң, татыйсың. Жер көрсөң суктанасың. Ай караган тоо текедей аңкаясың. Булардын кандай сыры бар, түшүнтчү жашырбай?

— Илимге керек. Илим өскөн сайын жердин баркы билинет. Жер бетиндеги жандуу заттар, жер алдындагы түркүн кен байлыктар келечек тиричиликти жакшыртат.

— Аа, Кыдырмачым! — Мыскылы жүзүндө, Тилекмат үшкүрүнөт. — Эгер, айткандарың чын болсо... Се-

нин андай аракетинди мындагы көз чукун кулак толгоочулар сүйүп аткан жери жок. «Барып кийин келип күрөп кетет. Кемирип кетет. Жутун коёт!» деп жүрүшөт.

Семенов каткырды. Бошогон кружкасын сунуп санын чаап, көзү нымдалгыча каткырды.

— Туура болжошот! Абыдан туура айтышат! — деди оромолу менен көз кычыктарын алма-терме басып. — Кудай бул аймак жаралгандан силерге гана энчилеппи?! ...Биздин келерибиз да чын! Биз келип, отурукташа баштаганда силер дагы аралашып, отурукташасынар. Биз жемиш дарагын тигип, эгин эге баштаганда силер дагы кур жатпайсынар. Биз мужиктердин колуна шайман карматып, «кемирип» киргенде, силердеги малай болуп мал багып жүргендөр дагы шайман көтөрүп, кошо кемиришет. Иштегени үчүн акы алат. Тапканы менен үй-бүлөсүн, өз башын багат. Ошентип, тирүүлөрдүн жашоо күрөшү күчөйт. Жашоо күрөшү орустарга гана таандык эмес, силерге да таандык. Бүткүл адамзатка таандык... Жер планетасы бирөө эле. Неге бир материктеги адам баласы ынтымакта жашашпайт? Өңүнө-түсүнө карап, бөлүнүшөт. Тилине, динине карап бөлүнүшөт? Европанын кудайы башка, Азиянын кудайы башка эмес. Андай болгондо кудай падыша болуп калмак. Жана жер дагы экөө болмок. Жерди, анын бетинде күн көргөн адамзатты жараткан кудай бирөө болуп туруп, ар чөлкөмдөгүлөрдүн сыйынып-жабынуулары ар башка. Ушунун баары чоочунду өткөрбөөчү чек араларга камалуу... Бийлик жүргүзүүчүлөр башка калкка өз калкын каршы тукурат. Бөлүп-жарат. Обочолонот. Тилди кошпогон сыяктуу дилдерин да кошпоону көксөйт. Мунун өзү улуттук тар түшүнүктөн бошой албаган ич тарлык. Ич тарлык элин дагы кеңейтпейт. Жерин дагы кеңейтпейт. Ич тарлык жаркыраган буюмга дат түшүрөт. Ич тарлык шоола кирген коңулга капкак жасап жабат.

— Эсеби мындай,— дейт Тилекмат,— мусулмандар таза сууга беш убак даарат алат. Ак кийизди алдына жазат да, ага чеке коюп, намазга жыгылат. Угуумда, орус дегенин төшөгүнөн туруп эле чиркөөгө кетет экен. Эки ийнин койгулап, сүрөткө чокунат дейт. Ушул эки эл бир казанга кайнай албайбы, Кыдырмачы аке?!

— Сиздин куюлуштуруп сүйлөгөн чечен экенинизди билип турам,— деп андан ары унчукпай калды.

...Айтса-айтпаса канчалык акылдуу болбогун, көрөгөч болбогун, уганаак болбогун, чукугандай сөз тапкыч

болбогун, баары тил аркылуу жетет. Шаттыгың да, кайгың да, жек көргөнүң да, сүйгөнүң да тил менен баяндалат.

Бири-бирин карай качырып сала берген эки ит жеткенде арылдашып, жондорун үрпөйтүп, куйруктарын чамгарактатып турушту. Аздан соң жыйрылган ууртгары түштү. Азуулары жабылды. Жытташканга өттү. Тынчышты. Балким, сүйлөшкөндөрүдүр. Тил табышканыдыр. Демек адамдар ортосундагы данакер — тил. Элдер ортосундагы данакер дагы — тил. Тилмеч аркылуу болсо да Тилекматтын дилин Семенов түшүндү. Ак, адил адам экенине көзү жетти. Ушул адамга карап элин баалады. Өткөн күздө Үмөталы тараптагылар да өзүнүн чын пейилден өтүнгөнү үчүн сый менен тоскон. Экспедицияга жардам көрсөткөн. Алар менен найзанын учунда, кылычтын мизинде беттешип аткан бул тарап да жүк көтөрөр унаа бериштн. Жол көрсөтөөр адам кошушту. Тамактанарына кой айдатышты. Қойлор мерчемдүү жерлерге союлуп, эти жеткирилип атат.

Бул мамилени «коркондуктан болуп атат», «коңшоматчылыктарынан болуп атат» деп бир беткей ойлоо уят иш. Бийлик башында куйту адам турса анын жүргүзгөн бийлиги да куйту. Бийлик башында баатыр адам турса, эли да баатыр. Тайманбас. Бийлик башында акылман турса, эли дагы акылдуу, сабырлуу. Келечеги узак. Чек аралаш элдер бейкут. Анын сынарындай, Семенового жасаган бул кыргыздардын мамилелери бүгүн эле баштала калбастан, тээ ата-бабасынан бери келаткан калыбы. Өздөрүнүн «адам» деген атын ыйык санап, ооздон чыккан убадаларын таза аткаруунун моюндарына парз кылып алуулары. Ички сырларын купуя катпай, эрликке салып, тайманбастыкка салып, шар айта алгандыктары.

Ойго чөккөн окумуштуу ушундай баалады кыргыз деген улутту.

Аттин, тил билбегендиктин кордугу өтүп турганын карачы! Қаркырадагы карыянын бир ай айтса түгөнбөс «Манас» казалын жазып албайт беле? Балким, Тилекматты жалгыз бөлүп, Қокон бийлигинин түпкү максаты, Россиянын ички абалы, падышанын бийлигине каршы чыгуулар, жер алып берүү үчүн жүргүзүлгөн күрөш жайын түшүнпөйт беле? Тилмеч аркылуу бул сырларды Тилекматка айтуу — опурталдуу ишке айланат.

Куралына чиренип достошуу жүрөккө зил калтырат. Укумдан тукумга кек калтырат. Зил жүрөктү айлантып, жанды жейт. Кусмайынча эс ала албайсың. Кек бир жылдарда күчтөнөт. Өч алууга каршы аттанат. Кандай ала салсаң дагы — бул чындык.

Тил аркылуу сырдашып, дил менен кол кармашкан чыныгы достордун биригүүлөрү уюлган чулу темир. Адам баласынын ага жетиши үчүн али толгон бөгөөттөр жатат. Күчтүү мамлекет далай чек араларды бузуп, элди имерип, өз чегин андан нары жылдырып, кенейтээр. Бирок, тил чек арасын бузуу оңойго турбас. Ал көсөөчү куралын мурда камдап албай туруп, тешип пары өтөмүн деп аска түбүнө барган менен барбар.

Тилдин жакшы жагы континентте баландай эл жашаарын билгизет. Тилдин зыян жагы башка эл менен сиңишип кетүүгө, кыясы жок аскадай тоскоол.

Тунжураган Семеновду Тилекматтын суроосу бузду:

— Өзүң чөп-чардын тилин, таштын сырын, молдолордон окуп үйрөндүңбү, же кыдыр жылоолоп кудайдан шыпаа болдубу?

— Биринчи кудай жалгады! Ден соолук берди. Зээн берди. Билим алууга дилгирленттн. Экинчи, көп окудум. Европадан Азияга чейин кыдырдым. Ар түстөгү элдерди көрдүм. Кайсы элдин кандай абалда жашап жатканын билдим. Ушунума «молдолордун» окуусу чоң себепкер болду го?

— Тилимен чан чыккан менен сен үйрөнгөн көп окуудан кур калган экенмин, аттин арман!

— «Ымм, сенде жатат, агатай,— деп күңгүрөнөт, Семенов. — Жаратылышынан талантуу туулган адам илимдин көп тармагын аралап чыкпаса, суу көрбөгөн чынарча көлөкө бербей жоголот. Карачы, мында күч туруп, ыргыта албай атканын. Канат туруп, уча албай атканын!»

Оо, Тилекматтын эң түп атасы тоонун коңулунда түтүн булатып, малды ээрчитип, мал аны ээрчип жан багып жүргөндө Семеновдун эң түп атасы Рязандын улуу князы аталган Олег менен үзөңгү кагышкан. Рязан князы кулаган соң, булардын тукуму Москва князынын карамагына өтөт. Михаил Романовдун падыша болуп шайлануу актысына кол коюу укугуна жетишет. Петр биринчинин жана Екатерина экинчинин учурунда бийлик башындагы көрүнүктүү кызматта олтурушат. Бул тукумга Рязань жана Тула губернияларындагы кен аймак, анда жашаган крестьяндар караган.

Тилекматтын төртүнчү атасы Жонгарлардын кыргынында бүлөсүнүн бештен үчөөнөн айрылып, жалам талкан, кашык айранга жетпей Сыр-Дарыяны бойлоп тентиген мезгилдерде Семеновдун төртүнчү атасы кол алдындагыларды балчыктай тебелеп, жүндөй сабайт. Кордугу жанга баткан аны жарды-жалчылар өлтүрүп тынышат.

Үчүнчү атасынын зулумдугу дагы өткөн атасынан ашып түшөт. Жаңы үйлөнгөн крепостной жигиттердин колуктусун «бир түнгө ээлейт». Акыры мужуктар аны да балталашат. Ата тагдырынан жүрөгү үшүгөн экинчи атасы, аскер кызматына оошкон. Суворовдун алдында кызмат өтөп, отуз жети жолу салгылашууга катышат. Секундант-майор чинине жетет, Помещиктин кызына үйлөнүп, аялынын энчисине тийген Урусово кыштагында турат. Тукум кесиби ушинтип аста-секин башкача жолго бурулат.

Тилекматтын үчүнчү атасы тирүү калган кыргыздар менен ичкериден[1] аркага[2] жыла көчкөн. Жылдар өтө ирденишип атка жетип, найза кармап, жерин кайра бошотуп алышкан ага-туугандар арасында мал күттү. Мал бакты. Мал аны бакты. Ата таягын бала кармады. Ата ашкан ашууну бала ашты. Ата кечкен сууну бала кечти.

Семеновдун өз атасы Измайлов полкуна өтөт. Адабиятка шыгы түшөт. Ырлар жазат. Ошону менен бирге багбанчылыкты сүйөт. Мин сегиз жүз он экинчи жылы Измайлов полку кадимки Бородинодо француздар менен айкашкан.

Кутузовдой аскер жетекчисине ишенген, Багратиондой көк жал баатырга шерденген жаш прапорщик — Семеновдун өз атасы чоң айкашта эрлерче салгылашат. Көзгө көрүнгөн эрдиги үчүн, алтын шпага менен сыйланат. Кийин жай чарбага өтүп кетет. География илимине кызыгып, багбандык кесипти улантат. Алыскы кыштактарды кыдырып жүрүп, тиф жугузуп алат да жолдо каза болот. Атадан он эки жашында калып, саякатчылыкка умтулган мырза Берлин, Петербургдан бери артып олтуруп, Орто Азияны кыркып, Хан-Теңирге чейин келди.

Тилекмат анын өмүр баянынан такыр кабарсыз. Жа-

---

[1] Түштүк жергеси.
[2] Түндүк жергеси.

нында олтурган Семенов ат үстүндө өткөн азиялыктар жайын, кудая шүгүр жакшы билет. Билип алып, үйрөнүп алып анан жолго аттанган.

* * *

Семенов июндун алгачкы күндөрү Боромбай айылында болду. Кол салчу тарап бейкут болгондуктан Тезек элүүдөй адамын калтырып, калган колун айылына кетирген. Өзү Семеновдун жолун утурмалап кетиптир. Бирок, эмнегедир жолугушпаганы бүгүнчө белгисиз... Боромбай төшөк тартып жаткан. Кыдырмачынын келгенин угуп, баягыда чөп-чар жеп талаада калган бүлөлөрүнө жакшылык жасап, кам көргөнүнө ичи жылып, өйдө турду. Чымырканып кийинип, сыртка чыкты. Мейман атайы тигилген үйгө кирбей сыртта күтүп туруптур. Таякка салмагын артып утурулап басып, Семеновго жеткен Боромбай:

— Ат-көл аман келдиңби, мырза? — деп кол сунду.

— Жаман эмес, аксакал! ...Бейтапсыз го?

— Ит жандуу окшойм. Ушундай азап учурунда чыкпай аткан жандын бектигин айт! Таштыгын айт.

Жанаша басышты. Эшикти Тилекмат көтөрдү.

— Кириниз, мырза! — деди Боромбай кол жансап.

— Өзүңүз...

— Мейман эмесциңби, өтө бер алдыга?..

— Жок-жок, аксакал!

Сол капшытта олтурган Боромбай ыраазы болгонун билгизип:

— Кор болуп турган элдин мендей карыясын сыйласан, сени кудай сыйласын, мырза! — деп сасык үйүп сымал башын бир топ ийкегиледи.

Экөө мандай-тескей. Боромбайдан ылдыйы Тилекмат. Семеновдон төмөн тилмеч. Босогодо сүрөтчү. Ал кепке кулак салбайт. Бирде тизесине сүйөгөн кардой бетиндеги кагазды чиймелеп, бирде Боромбайга көзүн кадап, сүрөт тартып жатат. Бүктөлүп бийиктелген шалча үстүндөгү Семенов сыйга тартуулаган кемселдин бүчүлөрүн чыгарган. Кең шымдын сайма багалеги өтүк кончун жаба түшүп, буту айкалышкан. Отургандарга тигилген көзүндө сыр.

Боромбай мырзанын шакектей имерилген калың чачтуу кең мандайына, жалтыр көзүнө, кочкор тумшук мурдуна, мурут алдында кымтылган эринде, жоон сан

үстүндө жаткан шадылуу колуна чейин байкады... «Ана бу күндөрү керсейгенсип айткандын бербей, дегенге көнбөй атат эле? — дейт ичинен. — Азыр... Кууланып атабы, бачагар? Ишенчиликтүү болуп кетейин дегенби?.. Жок-жок, булардын мүнөздөрү да кылка эмес. Элди аяган, пенденн аяган эстүүлөрү да бар да!..»

— Аксакал, сүйлөңүз? — деди калпагынан бери кыргыздын кийимин кийип олтурган Семенов мырза.

— Чалкаласам асман көмөрүлөт! Кылчайсам тоо тосот! — деп баштады сөзүн Боромбай. — Алдым кан. Артым белгисиз туюктамын. Жалдырап кол созуп жардам тилегенден башка менде эмненин сезү? Менде эмненин кайраты? Алдуу элем, арыдым. Жаш элем, карыдым. Жашым жетти. Алым кетти. Ажал чукулдады. Какайган мойнум ийилип, багындым... Качып кетер көйгап жок, көр оозуна бут малдым... Көптү көргөн, көптү билген өзүң сүйлө?.. — деди да, этегин тизеге басып, көкүрөгүн кымтынып атып, тык-тык жөтөлдү. — Биринчи кудай жардам берсин бизге. Экинчи, өзүң жардамдашкын? Силер орус журту жылкынын түгү болсоңор, кыргыз жылкынын мандайындагы оймоктой кашкасыбыз. Чоң чапандын этеги бороон-чапкында жети жетимди сактап калган экен. Чоң журт экениңерди көрсөтүп, кичинекей Бугу элин калкалап калгыла. Эл атынан айткан бул датымды улуктарына жеткир. Саамыктатыша бербей тездетишсин. Каралаарга караан болсун. Кирерге үй болсун? Менин айтарым ушул, мырза! Элимдин дагы куран кармап берер анты ушул, падыша алдында. — Оор дем алды. Мандашынан бир бутун бошотуп сунду.

Окумуштуунун жүзүндө кан ойноду. Кан жөн эле ойнобой, күрөө тамырын чыңап, мээсин чайпагансыды. «Бул эски эл, оной эл эмес! — деп баалары толкунданган көңүлүндө. — Бир ай айтса түгөнбөс «Манас» эпосу кокусунан жаралбаган!» Кыялдануунун күчү жаш окумуштуунун үнүн ыргактуу чыгарды:

— Аксакал! Урматтуу карыя! — деп баштады сөзүн,— Абалыңарды көзүм көрдү. Айтканыңызды кулагым укту... Мындан башка дагы күчтүү нерсе болобу? Мындан башка дагы күбө-далил болобу?... Жер бетине күн нуру тегиз тиет. Жер бетине ай нуру тегиз чачырайт. Мен өзүңүз сыяктуу эле бир пендемин. Сизге мисал келтирген күн нуру күнгөйдү жаркыратса, тескейде көлөкө калат. Нуру тескейди жаркыратса, күнгөйдө көлөкө калат. Ай нуру дагы ошол. А мен, бир пенде, кимче болуп калыпмын? Ошондуктан өтүнүчүңүз,

боюнча «жаркырап» берем деп, кудай алдында озунуп айта албаймын. «Колумдан келбейт» деп, баш да тарта албаймын, аксакал! Тагдырдыма буйрун, тандап алган кесибиме жан-дилим менен кандай берилсем, өз элимдин келечеги үчүн да жана силердин элдин келечеги үчүн да ошондой берилүүгө даярмын. Бул оюмду тиешелүү улуктарга, ошондой эле улуу даражалууларга да билгизем. Айтууга мен акылуумун. Аткаруу — алардын иши. Сиздин тагдырыңыз, сиздер башкарган элдин тагдыры биз тарапка байланыштуу болсо, менин керт башыма таандык тагдырымдын бир учу бийликтегилердин колунда турат. Акылдуу башыңыз менен ушуну терең түшүнүңүз. Туура түшүнүңүз. Колумдан келчү иштен кам санабаңыз. Аманат айткандарыңызды ысык жүрөгүм менен кабыл аламын. Өтүнүчүңүздүн жалынын өчүрбөй азиретинин өзүнө чейин жеткирүүгө даярмын!

Боромбай Семеновдон көзүн албай нес. Сыркоосун унутуп, боо чымырайт. Суу кошпой чын сүйлөгөнү үчүн боо балкыйт. Найза учундай теше сүйлөгөнү үчүн боо балкыйт. Кылыч мизиндей кесе сүйлөгөнү үчүн боо балкыйт. Көптө барып тил чыкты:

— «Улуту башка болсо да, өздөн артык кайрыгенди «жат» деген оңоорбу?» деген экен, ата бабаларыбыз. «Өз улутунан болуп туруп, жаттан жаман ишкылганды «өз» деген оңобу» деген экен, ата бабаларыбыз. Сени «өзүм» дейин. Айтканына ынанайын. Тоосу өзүн коргогон, өзү тоосун коргоп өткөн ата-бабалар сөзү унутулбасын? Унутулбасын, мырзам?!

Семенов колун көкүрөгүнө алып, таазим этти:

— Куп болот, карыя. Унутулбасын!

* * *

Өргүгөн Семенов суук кабар укту: Чоң-Ордону бийлеген Тарыбек деген Семеновду утурмалап, жолуп тосуп чыккан Тезекти колго түшүрүптүр. Бутуна кишен салып, кайтарууга алыптыр. Угуп, Семеновдун чыдамы жетпеди. Ак ниет кызмат өтөгөн аны куткаруу үчүн куралдуу солдаттар менен жолго чыкты. Ат күчүн аябай жети саат тынымсыз жол жүрдү. Жүз элүүдөн ашык чакырым жол басып, түпкүрдүн түбүндөгү Тарыбек айылына түн ичинде жетти. Айылда жан жок. Үйдөн арык, алсыз бирөө чыкты. Бул Тарыбектин бир тууганы

экен. Сыркоо. Үрөйү учкан немс колун бооруна алып, кыңылдайт.

— Тезек султан кече түнү качкан. Силердин келаткандыгыздарды кароолчулардан укканагам качып, тоо аралап кетти.

— Чын экенине кантип ишентесиң? — деди солуган ат үстүндөгү ашыккан Семенов. — Тезектин качканын ким далилдейт мага?

— Анын өз кишиси мында. Сурап көрүңүз, таксыр!

— Чыксын!

Бутунда кишен шалдыраган туткун көрүндү. Семенов тааныды.

— Тез айткын, Тезек кайда?

— Кишенин өзүм ачтым, бутунан. Атка минип, түн койнуна кирип кутулду.

Семенов күрсүндү. Жеңилденди. Атынын башын жай бурду.

* * *

Башка түшкөн не бир мүшкүлдүү окуялар... Мүшкүлдөрдү көтөрө албай ачууланып, жинденүүлөр... Шарап шимирип, жарп жазуулар — өз учурунда жылдыздай жарк көрүнүп, учкундай жылт жоголот. Өз учурунда аларды кармалаган менчик буюмдай баш маанек кылып, өмүрүндү өткөргөн бөлмөндөй көрөсүң. Качан алардан ажырап, артыңа калтырып, бөлүнүп, карааның бүлбүл узаганында гана дал ошол өткөзгөн окуяларды, жасалып бүтүп калтырган иштериңди кайрадан зээниңде кайталап, барк-баасын сезесиң. Сезесиң да, ошол иштерге кайрадан аралаша албай бушайман түшесүң. Кыйналасың. Буулугасың. Денең албырат. Мээ чыналат. Бирде тик качырган баатырдай долуланса, бирде алсыздай жалтанып, каңырык түтөйт. Көз каканактап, кирпиктен жаш сызылаар... Верныйдан аябай эле алыска узап, Россиянын борбору Санкт-Петербургду беттеп жолго чыккан жаш окумуштуу Семенов дал ушул абалда. Экчеме араба үстүндө. Жанында сүрөтчү. Экөө тең үнсүз. Аттардын таскагы. Кош дөңгөлөктүн калдырты.

...Чубашкан экспедициясы ашууга чыкканда дөбөдөгү топ адамдардан бирөө бөлүнүп, өзлөрүн карай чапкан. Жетип, аттан ыргып Семенов досун айкара кучактап көрүшкөн. Бул Тезек болчу. Ал үч күндөн бери жол тосуп күткөнүн айткан. Туурдугу түрүлгөн үйүнүн төрүнө олтургузуп, сый-урмат көрсөткөн. Сырт бака-ша-

ка. Ар жерде меймандарга арналып союлган мал. Асылган казан. Алоолонгон от. Чандаган түтүн. Чертилген домбура. Артынан чаң созулуп, эриген жоргодой сабалаган обон.

Желбегейленген жука чепкени титиреп, көк тукаба топусу оймолонгон Тезек, Тарыбектин колуна кандайча түшкөнүн айтат. Күлөт...

...Көрсө, Үмөталы баягыда, Тезек, Семенов Мырза менен бирге аттанып чыкканда эле: «Боромбай, тарапка күйөө бала болуп, коргоочу немени колума тийгиз!» деп Тарыбекке тартуу менен тынчы жиберипгир. Сыртан акмалаган Тарыбектин жасоолдору Тезекти кырдан-кырга артылып түшүшүп, карагай-жерди аралап андышат. Колун кетирип, төрт киши менен келаткан немени мерчемдүү имерилиштен курчашат. Тезектин бет алды бийик. Эки тарабы акыйган жоо. Оң тарабы шаркыратма. Шаркыратма бута атым бийиктен куюлат. Аска бетинде ушунчалык ылдамдыкта шуулдап шаркырап, түшкөн жеринде чачырандысы чандап, айлана солкулдайт. Көбүктөнө атырылып, кайнаган куюлмага Тезек жалт карайт, жүрөгү даабайт. Тосуп турган жоолорго жалт карайт, жүрөгү кабынан чыгат. Адам жаланғычынан шаркыратма сүрү коркунучсуз болуп, шаркыратманы көздөй учкаяк атына камчы басат. Ташка урунган ат мүрт өлөт. Өзүн октолгон шар жээкке серпип таштайт. Туткунга түшөт.

Тезек башынан өткөргөн шумдуктуу окуяны жаш Семенов жүткүнүп, дымып, берилип угат. Тезек акырында:

— Тарыбек мында, өзү келди! — деди.

— Тарыбек өзүбү?! — деди селт эткен Семенов. — Аны кандайча жазаладың?

— Кечирдим...

— Койчу?!

— Сиздин Үмөталы тамырыңыздын шилтөөсү менен кылган күнөөсүн мойнуна алды. Чынын айтканы үчүн кечирдим... Карамагындагы уруулары менен орустарды кабыл алуусун өтүнөт. Сен ага жардамдашкын. Верныйдагы улукка айткын барганда.

...Семенов азыр ошол окуяларды оюнда кайталап, улутунду. Адамдардын бири-бирине кылган кыянатчылыгын жана адамдардын бирине-бири көрсөткөн жакшылыгы тууралу термелди... Аттар таскактайт. Дөңгөлөктөр чимирилип, жолоочулар титиреп. Экчелет.

Тезек алыс калды. Боромбай дагы алыс калды.

Жыргаландагы чөп-чар жеп, ооздору көгөргөн, арыпазган туткундар дагы алыс калды. Бирок, бардык элесі калыбы менен көз алдында турат. Баары азыр болуп аткандай чубайт. Семенов түйшөлдү. Күбүрөдү: «Жаратылышы жаман өлкөдө жакшы жашоо кыйын. Адамдын көз жоосун алган, адамдын көңүлүн көтөрүп, жаратылышынын кооздугуна суктанткан мобундай асыл жердеги элдин абалын көр?.. Бул чектен чыккан эсирүүчүлүк эмей, эмне?! Наадандык эмей эмне?!»

Буга ким күнөөлүү эле?

Артта калган жер суу кайрадан Семеновдун көз алдында. Отуз тоонун ортосунда ак чатырдай заңкайып, чаңкайып — Хан-Тенири. Көз ачырбай уюлгуган бурганак денени силкинтти. Түн бою басылбаган күүлдөк кайрадан кулакка угулду... Семеновдун кыялы эми Ысык-Көл жээгин бойлоду. Бул сапаркысында көл бууракандап, түрмөк толкундар аласалып, ортосунда көк буу көтөрүлүп ашып-ташып, алган. Алды жөрмөлөп, арты түрмөктөлгөн толкундар ашыгып келип жээкти сарпып, жайпап кетет да кайра тартат. Тереңден топтоло түндүк боюо көтөрүлөт. Күчтөнүп, күркүрөп келип жарга согулат. Толкундар талкаланып, чачырандысы мончоктоно бийикке чачырайт. Жээк кайра бошоп, толкундун онтоосу ортого кетет.

Жар башында турган Семенов жалтанып, артына бурулган. Азыр араба ичинде олтуруп да, толкундардын ала салганын көрүп турду. Онтоосун угуп атты.

— Балким, кайрылып экинчи көрбөсмүн! — деп баратып, кебин улабай артына кылчайды... Тээ ыраакта асман мелжиген тоолор. Сентябрь айынын кургакчылыгы түсүн оңдуруп бараткан. Чокуларында булут. Кээ аралап жүргөнүндө анчалык сезилбей, азыр жүрөктү өзүнө алып учканын карачы! Жүрөктү мыжыгып атканын карачы!

Тоо тараптан көзүн алып, алга имерилди. Иле жээгинде шуулдап жөнөлө берди. Тердеген аттар таскан урат. Дөңгөлөк чимирилет. Далысы чыга мойну салынган Петр Петрович кетип баратат, кетип баратат. Көптө обдулуп, имерилип үн катты:

— Кош, ажайып жаратылыш! Кош, жашоонун шыбагасына буюрган, ыйык жер!

— Аттин ай десеңчи! — дейт сүрөтчү Кошарев. — Өмүр кандай кыска? Баары тез бүтөт. Арманда калтырат! Но-оо, чу!

Жер бетинде жашоонун өзү бакыт эмеспи, ыя!

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

Байзак теребелге көз чаптырды. Жаңы көтөрүлгөн күн оң жаагын жылытты. Жумшак жел желпийт. Түнкү шүүдүрүм нымы кургай элек жашыл ырандын жыты каныльжаарын өрдөп, дем алат. Туулгандан мындайына ошондой жазылганбы, же акыл айлалуу митаамдыгы менен кылаар иши күн мурда даярдап алчу беле?— деди да эт менен челдин ортосунда өмүрүн дуулаты өткөн Жантай түштү эсине. Жантай демек...

Жайдын айлуу түнүндө кыз-жигиттер чогулушуп оюн курушат. Селкинчек тебишет. Жашынмак ойноп издешет. Ак чөлмөк менен шапар тээп көңүл ачып жыргаган оюнга Жантайдын аялдары да катышат. Бирок алар сыртынан акмалатып, кайтарууда жүрүшөт. Адамдын өзүн кайтарууга болот. Көздү ким кайтара алсын! Ары жылкычы, ары улакка, эңишке түшкөн, күчтүү, комуз чертип, обон созгон шайыр жигит Карагулга Жантайдын бир аялы Курманын көзү түшөт. Экөө көз менен далай «сүйлөшөт». Жаштыктын өртүнө күйүп, башын «канжыгага байлап», тобокелге салган Карагул күндөрдүн биринде, түндөрдүн түнүндө Курма жаткан ак боз үйдүн эшигин серпип, жабылып ичинен илинген оймо-чиймелүү каалганы кычыратат. Куш жемин унутмак беле! Эри менен кездешүүнүн кезеги келсе келип бир аптада, келбесе айлап кетчү жаш Курма төшөгүндө эти албырып, оодарылып тыпчы кеткен неме каалга алгач кыйч эткенде эле туят. Койнундагы тестиер кызын кереге тарапка оолактатат. Хан элесинен жүрөгү аптыгат. Оозу кургайт. Муун-жүүнү калч-калч. Ортодо күмүш шыйрак чөйчөк ичиндеги эчкинин тоң майынан соруп, үлпүлдөп күйгөн үч биликтүү шам. Үлдүрөп сүйрөлгөн жыланайлак Курма босогого барды. Жыгылып кете жаздап керегени кармады. Шыбырап сурады:

— Ким бул, жети түндө?

— Мм... Мен, алтын айым!

Келин тааныды, дарманы кетти. Тенселди... Турду... Жүрөгү оозуна кептелди. Денеси чымырайт да көшүлөт, эрип от. Бурулуп жылып келип шамды бир үйлөдү, үч үйлөдү. Үй ичине түн түштү. Каалга ачылды. Жыланайлак, дамбалы тизесине чейин түрүлгөн, жеңил кемсел ичинен кынына шамшаар салынган кур байланган Карагул келиндин жупжумшак, ийилген денесин көөдөнүнө басты. Мойнуна мойнун аштап, алкымына,

акырегине тумшугун жойлотту. Жумшак-жумшак иске-ди. Соруп алса, көгөрөт. Андан сак.

...Экөө ушинтип табышты. Карагул эл уйкуга кир-генде жанды оозго тиштеп, келинге жыланайлак жылып жетет. Шам өчөт. Кайра таңга жетпей жанды оозго тиштеп, жыланайлак жылып кетет. Коктуга кирет. Жер жуткандай жок болот.

Жантай жигиттери менен түн катып келаткан. Ай-лына жакындаганда ат башын бурду. Алган багытына караганда бүгүн Курма аялына түнөөрүн ээрчип барат-кан жигити Капал билди. Хан артынан бастыра берди. Көз үйралган карангылыкта мал бакчу менен аш даяр-доочу күң-кулдардын үйүнөн окчун тигилген Курма-нын үйү бозомтук тартып көрүндү. Балээ басып кереге аяктарынан шам шооласы байкалбайт. Хан үйүндө көз байлангандан таң атканга чейин шам күйүп турууга тийиш. Ошол жосун бүгүн бузулду. Жантай астырдан байкап, бастыра түштү. Акыры атынын башын тетири бурду. Кыя жолго салып, башка багыт алды. Каптал артта. Хан үн дебейт. Эргиген, ыкчамдаган ат басыгы менен кетип баратат. Чоң үйүнө жетип токтоду. Капал ыргып түшүп, атын алды. Түнөргөн ал көтөргөн эшик-тен кире берээрде токтоп:

— Көз салчы тигил үйгө! — деп гана койду.

Каптал түшүндү. Баш ийкеди. Бирок милдетти өзү аткарбай башка жигити Чаянга тапшырды. Ал болсо, эрдикке, кайра тартпастыкка өзү үйрөтүп, машыктырып жүргөн жаш, курч, урушаарга жоо издеген, хандын уулу Шабдандын жигити Баякеге шилтейт. Кайра тарт-пай аткан октой ташка тийип турган неме буйрук боюн-ча Жантайдын үчүнчү аялы Курманын үйүн түндөсү андыды. Кырга чыгып, шиберге сойлоп тигилет үйгө. Карагай түбүндө олтуруп, тигилет үйгө. Күндөрдүн бирinde бир элес үйгө киргендей болду. Чын-калпын тактай албай турганда шам өчтү.

— Аа, бул катындын «селкинчек» тепкени чын экен! — деп күбүрөп шыпылдай басты. Колунда чыка-нактай мүйүз чокмор. Ажалга жаралган бул чокмор...

* * *

Жайы-кышы бир журтта олтурчу уста боло турган. Анын өз аты ким экенин эч ким тактабады. Суу боюнан кайың кыйчу, тал кыйчу. Тоого чыгып, куурап өзү жы-

гылган арча, карагайдан көмүр өчүрчү. Көмүрдү тутантып, көөрүк басчу. Темирди кызартып чапкылап, күмүштү, калайды мөлтүрөтүп эритчү. Сөйкө, билерик, чач моончок, ат жабдык жасоочу. Кайыштан, талдан ээр, чөмүч, кашык чапчу. Табак, аяк кырчу. Бүткөндөрүн ар кимдерге сый кылып барып, кой-козу, чоңураак тартуусуна торпок, тай алчу. Ушундай кесиби менен алышып, дайыма жер тиктеп, карала болгон колу узун, далысы эңкөө, чокчо сакал кишинин «Каруста» дешчү. Ошол Каруста «адамдар кадырлаган бироого тартуу берсем, ат тийип калаар» деген ойдо жүрөт. Азыкка алып чыккан кол чанач айранын карагайдын бутагына илип коюп, сайда, агын сууга чукул көмүр өчүрүп атат эле. «Тарс» этип мылтык атылбаспы. Бир аздан кийин кыйкырган үн чыгат. Караса, кырда малакай булгап бироо чакырат:

— Оу-у, Каруста!

— Эмне-э-э?

— Чобурунду мин да, бери чыгып кел!

— Кандай жумуш?

— Келип көрөсүң олжону!

Союл менен көмүрүн иргеп, суу себет. Түтүнү басылат. Кер быштысын мининп чакырган адамга чыгып барат. Акетай, быштын өгүздөй болгон боз кулжа жатат ак тан болуп. Союшуп, шыралгаларын артынган Каруста Мүйүзү түндүктөй кулжанын башын сурап алат. Жоондугуна кош тутам жеткис мүйүздү түбүнөн чаап бөлүп, канча отун жагып казанга кайнаткан. Былкылдап жумшаганда учунан наспай салаар чакча, ортосунан ордо атчу абалак чапкан. Жоон башынан чыканакчалык чокмор чабат. Кооздоп баш чыгарып, сап чыгарып чабат. Башын оё коргошун куят. Аштап ачыгын бекитет. Сабын бойлото күмүштөн чеге кагат. Шиш кызартып көзөп, кайыштан боо тагат сабына. Анан кишинин кишчиси, мыктынын мыктысы деп тартуусун ороп, колтукка кысып, дөбөдө эл менен олтурган Жантайдын жанына барат. Колтугундагысын жерге коюп, элпилдеп-делпилдеп салам айтат. Кол алышмай кайда! Ийиндин оозуна тура калган суурча колун көкүрөгүнө алып, жүгүнөт. Анын бирдеме алып келгенин Жантай да туйду.

— Кел, Каруста?

— Келдик, баатыр!

— Сүйлө, Каруста?

— Эмненин сөзү...

— Жөнүндү айт, Каруста!

— Баатыр, ушул... — Боосунан кармап, чокморду сууруп чыгат. — Бийлкы жасагандарымдын тырмак асты эле. Сизге алып келдим тартуулап. Көчүп-конгондо, желээшиздин казыгын кагып жүрүшсүн ырымдап.

Кымызга курсак керип олтургандардын арасында кобур:

— Ооу, Каруста бош келбейт!

— Чегээлеп, кооздогон экен...

— Жөн эле сабына жылдыз жасап ийиптир, ой!

— Муну менен казык какпай эле «чоң казатка» урунчу курал го!

— Кана, бери кылчы? — деди хан атагы бар Жантай. Каруста сунду. Ал колуна алып нары имерип, бери имерип, бүлдүргөсүн билегине салып, сабынан кармап, кыртышты дүп-дүп эткизип уруп көрдү.

— Биринчи тырмак алдыңбы, ыя, Каруста?

— Ооба, баатыр! Бийлкы жасагандарымдын тырмак алды ушул болду.

— Эмесе ошол тырмак алдынды... — деди каш серпе ыңгыранган Жантай. — Мен алып койсом, эч нерсе болбойсуң!

Каруста ошентип кур кайткан. Саатту чокморду, баягыда уста дит буруп кооздоп, жакшы үмүттө жасаган чокморду ала кеткен Баяке Курманын үйүнө жетет. Эшикти серпип, түртсө каалга бек. Жара түртүп кирип барат. Үй караңгы. Тура калган бирөөгө тап бергенде келин:

— Ай! — деп баса калат ал карааңды.

— Ойношун коргогон шерменде! — деп шилтеп жиберген Баяке, эшикти шарт аттап качканды кууп жөнөйт. Сырт караңгы. Жыңайлак, жалаңтык кийинип камдуу жүргөн Карагул кантип колго түшсүн? Эликтей түйүлүп, алда кайда кеткен. Антандаган Баяке кайра кирет үйгө. Шамды жандырат. Башынан кан жая берген Курма коркурап жан бере албай жатат. Эс-учун жоготуп калчылдаган тестнер кыз. Төшөк үстүндө жаркыраган мүйүз сап бычак. Апасы үчүн кызы сайып жибереби деп бычактан жылан көргөндөй корккон Баяке атып чыкты эшикке.

Аялынын өлгөнүн Жантайга Капал угузду.

— Шашкан экенсиңер! — деди каны ичине тарткан ал. Сөзүнүн жандырмагы: «Төшөгүмдү тебелеген немени кармаш керек болчу!» дегени эле.

* * *

Дагы бир жылдын жазы. Кар жатпас Кара-Коодон Жумгалдагы Кулжыгач элинен Шербек аттуу бай Шамшыны ашып, «Он бир-Жылга» кой көктөтөм деп Сары-Өзөн-Чүйдүн башына оойт. Ашуулар ачылбай кыш бою аймагына камалган, аттанып ууруга барып жылкы тийип келалышпай буулуккан Жантайдын жигиттери көрүшөт Шербектин үйүн. Ташгакуу тоодон түшкөн малы кыртышы калың кең Чүй жеринде тыгылып, баштарын жерден көтөрбөй оттоп, уюп жайылганын да байкашат.

— Жүргүлө, сүр жеп келели? — дейт Чаян. Макул болушуп бир тобу аттанышат. Алар этке ык тоюшуп, тынч кайтпай өндүү бир кыз бар экенин кабарлап келишет. Жактырса ханына алып бериимей болушат. Угуп ууртунан бүлк күлөт Жантай:

— Ат жалын тарткыла. Көрсө көрөлү.

Алды менен «Хан келатат!» деп дүрбөтүп, жигит чаптырат. Оюнда эч нерсе жок Шербек шашат. Үйүн жаны журт котортуп, ары-бери тиктирет. Эшигинин үстүнө чанкайтып, ак жайнамазын жаздырат. Күтүнөт.

Чукулдагы тумшуктан жаландаган жоон топ атчандар чыкты. Кара көрпө тебетейин кыцырайта кийген, кайыш кур менен белин кындыйта курчанган, бычак салган кыны салбыраган Шербектин сакал-муруту бириндеди, колун укалап, үргөн иттерди кубалашты.

Күнду бөттөп бастырганга жээрде сакал муруту жылтыраган, жука тыш сүлөөсүн бөрк кийген жаны алдыда, жээрде кашка атчан экен. Калганы бучкактап быякка акыйышып, артта, удаа...

Келип калышты. Түшүп калышты. Көтөрүлгөн эшиктен ханы баштап киришти. Ала кийиз үстүндөгү кара көлдөлөндөргө тизилип олтура кетишти. Шербек аш үй тарабына кетти жорголоп. Бир аз жайланышкандан кийин Жантай моюн созду:

— Кызынар кайда?

— Башка үйдө олтурат окшойт.

— Алдырып келгиле. Кирсин мында?

Кара чачы тал-талынан өрүлүп, кызыл ноото тыш кундуз топу кийген кара торунун сулуусу — кыз чай көтөрүп кирди. Аты Баалы экен, Чай куюлган чөйчөк бир сыйра сунулду. Эки көзү кызга түшкөн хан:

— Барагой... — деди эркелеткен, ичтен эрип чыккан үн менен. Баалы жыла басып арты менен чыгып кетти.

Кара тебетейин кыңырайтып Шербек кирди. Капал сөз баштады:

— Байым! «Эки жакшы тоого чыкса, кудалашып түшөт. Эки жаман тоого чыкса кубалашып түшөт» деген эмеспи, эзелтен бери ата-бабалар. Сиз биздин Чүйгө келген экенсиз... Жакшы болуптур, малыңызды көктөтө беринiз! — деп жайытты милдет кыла сөзүнөн «жылан башын» соймоң-соймоң ойнотуп койду. — Биз мындан ары кубалашпайлы, деп Баалы кызынызга жуучу түшүп келдик. Баатыр күйөө баланыз болсун! — деп Жантайга жүз бурду. Шербек чок баскандай секирди:

— Таксырлар, болбойт ко! Кайындап койгон жери бар! Ак малы өтүп бата-дуба кылган жери бар. Болбогондо кимге берет элек, Баатырга бербегенде?!

Жантай алаканын жышып, көзүн кылгыртып:

— Кайын-журтуң ким? — деп жиберди.

— Өз элибизден...

— Силерге мындай катын кайда, батаны буз! — Жооп күтпөй Чаянга жүз бурду. — Алып кел молдону, нике кыйсын!

Тейтелендесе малынан кол жууп калаарынан коркон Шербек какады. Молдо алынып келип, нике кыйылды. «Түн катып көчө качпасын» деп шектенген немелер ошол эле күнү Баалыны алып келишет. Ал Жантайдын төртүнчү катыны. Андан Шабдан улуусу болуп, үч уул туулган. Эти ката элек, тарамышы чыйрала элек Баалы кенжеси талпынып турганда каза болот. Кыркылыгына катышып, куран окутмакка он үчтөн өткөн сиңдиси Сейил да келет апасын ээрчитип. Ал көпчүлүк арасында сербейип жүрөт. Аялдар катарында сербейип олтурат. Көзү моймолжуп эжесиникиндей. Баскан-турганы, жарк этип күлүп койгону Баалынын өзү, муну жездеси Жантай алдан байкайт.

Келгендер кетип, айыл ичи суюлат. Жантай да бир топторду үстүнө чакырат. Кыдырата тиктеп чыгат.

— Ага-инилер! — деп көңүлдү өзүнө бурдурат. — Өлгөн Баалынын жаткан жери жай болсун... Тирүү турган үч жетимди кимге тапшырамын? Балдызымды алыстатпагыла эжесинин үйүнөн?!

— Туура сөз.

— Ак сөз.

— Тим эле сыныктын сынығы кыналгандай, бөксөнүн бөксөсү толгондой болбойбу, чиркин!

— Ой, акылыңа баракелде!..

Сейилге да ишке кыйдырып, Жантакең аны да алган. Ал бешинчиси эмес беле. Алтынчысы болсо... Хо-хо.— Кудай таала, ага аялдан аябай айткан экен! Эми алтынчысы болсо авуу, чоң окуя! Тарттырып ийип, сүйгөнүнө жетпей калган неме казал чыгарган боздоп-сыздап!.. Ал ооздон-оозго көчүп, тоо арасында ырдалып кеткен. Үйрөнүп алгандар: «Болоттун казалы! Болоттун обону!» дешип, комуз коштотуп жибере бергенде келиндер шыпшынат. Жигиттер жер тиктеп, күңгүрөнөт. Кайраттуу шалдырайт. Мундуу шолоктогон эмеспи учурунда.

* * *

«...Улуу тоого чыккан барбы? Улар үчүн укkан барбы?» деп чоң энебиз канча жолу жомок баштабаган. Анын сынарындай төрт багытынан кокту өрдөй асманга чыга өрүлөп, кыялап өрүлөп, оюрмалап өрүлөп... Ээр артка жылат. Көмөлдүрүк чытыран, ат мүдүрүлүп-оңолуп, таноосу көбө бырылдайт. Сен боортоктой жалга тыпырмышып, өлдүм-талдым дегенде белге чыгасың. Катмарланып дөбөлөнгөн тоонун үстүндө көгөргөн көктүн астында, камчы серптирбес учкаяк ат менен бир күндө зорго айланып чыккандай көл турат. Муну Соң-Көл дешет. Ошол көлдү жай мезгилинде көргөнсүңбү?! Кыллаасын кыдыргансыңбы? Көл бетиндей кылкылдап, үлпүлдөп соккон желине көкүрөк төсүп, түркүн гүлдөрдөн коштой келген атыр жытты искегенсиңби?! Көрбөгөн болсоң карап ал: көлдү айлана коргон болуп, өз көркүнө өзү суктана моюн созуп, башын эңкейткен тоолор жашыл, күрөң, кубакай түстө кулпурат. Көлдү имериле чачылган ак боз үйлөр. Коңуз сымал кыбыраган адо. Кумурскача кыбыраган жандык. Күн тоолордун ардыкасынан көтөрүлүп, кайра тоолорду көздөй ийилип олтуруп батат. Улам ингирлейт, улам ингирлейт. Оттор жылтылдайт. Жылкылар доошу алыстайт, угулбайт. Жандыктар ыңтала онтоп, кепшеп короодо. Оттор да өчөт. Жанагы сен кыйналып зорго чыккан ашуудан жылып чыгат. Бетиндеги кол созгон сымалданган тагы менен көөлгүп, көйкөлүп, жерден ийне тапкыдай жарык кылып көтөрүлөт. Чиркин ай! Ошондо айды кара! Айлана-жерди кара! Ошондой ажайып түнү, кыз-келин аралашкан боз-улан жигиттер менен айылдан алыска-алыска качып, чер жазып-ойноп-күлгөн белең?!

Эмесе, ошондой түнү, өмүргө кайрылып кайра келбес түнү, алаксыган жоон топ жаштардан, демге мас жаштардан из жазгырышкан Болот менен Акмөөр дөмпөк түптүү шыралжындарды аралай өңкөлөңдөп качышкан. Жетелеше кыян нуктаган жарчага түшүшкөн. Жүгүрүшүп, кемерден чыгышкан. Аңкыган жашыл шибердин арасында үкүлүү топучан, тал-тал чачтары куюлган Акмөөр турду күйүккөн көкүрөгү чыналып. Чыптамадан жүзаарчы алды. Кирпиги кайкалаган койгулт көздөрүнүн кычыгын, таноосун, борсойгон калың эриндүү ууртун сүртүп...

Кара кемселдин топчуларын агытып, тик жака сургулт мата көйнөктүн жогорку эки бүчүсүн бошотуп, бүктөп кармаган калпагы менен желпинип, тиштери жаркырай Болот демигет. Көктө көшүлүп жылбай ай турат. Акмөөр мурда көз сүзөбү?! Болот мурда кол созобу?! Убада бүтпөдү беле. Қылчактаар, тартынчыктаар шылтоо жок. Узакка созулган быйылкы күз экөөнү зарыктырган, экөөнүн чыдамын тызгиндеп, тосмолоп турган быйылкы күз!

...Тобурчак айгыр менен карапайым бээнин ортосунан чыккан суйдак жал, буттары сыдыргыга салгандай түз, кулагы шамдай, көзү жайнаган кер кашка куйрук минген, килем куржун салынган Болот Аркадагы таякесин издеп алыскы Өзгөн тараптан жөнөгөн. Жалал-Абад ашып, Тогуз-Торого түшөт. Тогуз-Торону ашып, Курткага түшөт. Айыл аралайт. Адамдарга жолугат. Сурамжылап олтуруп, көздүүнү көркүнө мас кылган ушул Соң-Көлдөн таякесинин айылын табат. Түштүктүн түрмөк жибеги, кез-кез мата-бейкасамдары, мейиз-жаңгагынан куржундун кош көзү толтура базарлык менен келген Болотту таякеси Адыл, тааженеси Маржангүл түлөө өткөрүп тосот.

Жээн анталап жүрөт. Айлап жүрөт. Кет деген жан жок. Кетем деген ал жок. Керкашка субайлар арасына агытылган. Семирип, түлөп, мүчө чыгарган. Жалы, жаны тууган айдай ийилген, сындуу бышты.

Жигитти имерчиктетип, байлап аткан таякесинин, меймандостугу, аялдардын чырайлуусу тааженеси Маржанкүлдүн жумшак пейили, Соң-Көлдүн көркү эмес! Көкүрөккө кысып, мандайынан, көзүнөн, алкымынан аймалап жыттасаң да, кумарың таркабас, таежесинин жутуп жиберчүдөй сулуулугу эмеспи? Кудай буга кыянтыксыз сулуулукту эле бербей акылды, кыраакылыкты, ургаачы затынын табылгыс байлыгы болуучу — жароо-

керликти да кошкон тура! Чыгат тура ушундай да адамдан!

Суудан дем алган күрүчтөй таежесине сугу түшкөз Болот, анын мас кылган кубаты менен бул үйдүн тиричилигине башын сайып киришти. Бээлер акыркы саамынан кийин кулундарын ойното, желдей жортуп жөнөшөт. Кайсы жерге жетип токтоору белгисиз. Көлдүн чыгыш-түштүк тарабынын жылкылары Нарын тарапты карай чачылат. Түндүк-батыш таранчылары Жумгал өрөөнү менен Кара-Кече багытына чачылат. Капталында канаты бар бул ай туяктарга өздөрүн баш ийдирээр күч, ыкчамдык керек.

Жайдын кыска түнүндө атаар таңдын шеги байкалаар менен Болот даяр. Аркандалуу атты минип шуулдайт. Жарык каптаганда таап келген бээлер желээде. Кулундар тизилүү. Бул маалда жандыктар короодоя жаңы сүрүлөт. Үйлөр саалып, алар да жаңы айдалат. Адамдардын көбү али уйкуда. Тиричилигин өзү жасагандар гана бирин-серин сороюп, айыл ичинде.

Түндүк тартыла элек. Үй ичи ширк. Кире берши капшытта Болоттун төшөгү. Бош. Жуурканы керегеге жакка серпилген. Төргө туурасынан үй ээлери жатышат. Алардын баш жагында — сабадан өйдө бурчта Акмөөр кыздын орду.

Болот киргенде Адыл түйшөлдү:

— Келдиңби? Жел туяктар каякка чейин жетишиптир? Маасысын кийип аткан Маржанкүл бир жактан:

— Берекем, үшүдүн го! Мурда эле ыкшоо неме эле, сен келгени таякене кудай берди! Күнүгө баланы жылкы артынан салып...

Эри борс-борс күлөт:

— Кол узарат деген ошол. Ичиң күйсө туз жала. Ичин күйсө өз жээниңди чакыртып алгын!

Болоттун эки көзү Акмөөр жаткан бурчта. Ал жылкы дүбүртү чыкканда эле ойгонгон. Көбурга кулак салат. Чукуранган болот. Сабаа жакка баскан жээнин байкайт. Керегеге чырмала орнотулган бакандан сабаанын боосун чечип аткан ал да, таежеси тарапты чалгындайт. Аякка тундурма толтуруп, жутат. Кермек даам тундурма. Сабааны кайра байлагыча ичти ысытат.

Сон-Көлдү жайлагандар бакандан эти азайганга кысынышпайт. Эшиктеринин алдындагы отундары корогон сайын карышат. Көл менен булут күнүнө үч «өбүшүп» турбаса кумарлары канбайт окшобойбу! Байкатпай жамгыр уруп кетет да, ырандан шүүдүрүм үзүл-

бөйт. Өткөн жылкы кой жаткан короонун контормосу, уйдун омполору, жылкынын тезектери оной менен кургап, колго тийбейт. Ишке тойбогон боз уландар, алдуу азаматтар айыл-айылдан чогулат. Ат, өгүз, төөдөн унаа камдашат. Азык алышат. Балга-чот, араа менен бир конуп жетээр, эки конуп жетээр жерге чейин отун изден кетишет. Бир тарабы Нарын капчыгайына чейин, бир тарабы Кара-Кечеге чейин барышат. Куураган арча, жыгылган карагайдан камдашып, үйдө калгандарды күттүрүп, зарыктырып зорго колго тийишет. Алдуу бүлөсү жоктор, куралы кемчилдер сүтүн бышырып уюта алышпай, маалында этин жеткилең бышырып жеше албай, учурунда үйлөрү түтөп быкшып жүдөшөт. Кээде жамгырлап күн ачылбай туруп алса, түндөсү мөндүрлөп, карлап жиберсе, кой-козу короолордо шөмтүрөп. Музоолор мөөрөп, саан уйлар калчылдап бүрүшөт. Кулундар чыңырып, эрте агытылат. Мындайда жылкылар көп тоотпойт, жайкаландашып көздөн кайым болот. Отуну жок үй ээлери түндүгүн тартат. Балдарын кийизтонго орошот. Өздөрү да түктөйүшүп кабак түйүшүп, сүлдөрү качат. Сүт каймактабайт. Айран уюбайт.

Ошон үчүн: «Сүйөөрүң да от. Күйөөрүң да от» деген тура. Эмесе, Болот келгенн Адылдын эшигинин алдында кызгылт жаракалуу арчалар, карагайдын мүйүздөй кагыраган куу чегедектери үйүлүп жатат. Төркүндөрүнүн жашоо-шартын билген Болоттун апасы менен атасы Анжыяндан желге ырдаган ак арасынан матага оroп, балта-чотунан кийиз баштыкка салып берип ийген. Ушул белек-бечкектин баары жигитке кунсуз көрүнсө, бүгүн таякесине жагып кетээр, сүймөнчүлүккө жетээр, укмуштуудай ал-күч болбодубу!

Талаадан ак кубалап келген тайганды ким жактырбасын! Сырттан адал олжо кармай кирген адамды ким сүйбөсүн! Бак-таалай дегенин да, сый-урмат дегенин да ошондойго ченеп-бычып тиккен кийимдей жарашат. Ошондойго жугат. Ошондойдун жүзүн нурлантат. Алдап келгендин, тартып келгендин, уурдап келгендин артынан жеме, наалат, каргыш кошо ээрчийт. Үйүнө кирсе, үйүнөн жаның жейт. Жолдо жүрсө жолдон жаның жейт. Жеме, каргыш андайлардын ичкенин агызат, жыйганын чачат. Жүзүн кумсартып, жүзүн жарыктарга тике каратпай бура бастырат. Көзү өткөрү менен «жетилгенинен» ашырбай жерге тебелеп таштайт андайды — жеме, наалат, каргыш үчөө. Аа. Болоттой жүргөндөрдү мактоо, урматтоо ээрчийт.

* * *

Өрттөнүп кетмейинче, талкаланып калмайынча, бир көргөнүң боюнча өзгөрбөй тура берчү, улуу сүрөтчүлөрдүн калтырган иштери окшойт. Андан башка жандуу перенин баары жашылданып, кулпурат тура. Чатырап, жарылганга чейин чыналат тура. Саргарып куурайт тура. Чүрүшүп жоголот тура. Баягы биринчи көргөндө айлана көркүнө көзүң жоодурап, кулагың деп дейе шилекейиң акса Соң-Көлдө да улам күз берилей өзгөрөт. Чөп саргаят. Бүрүн күбүйт. Жалбырагын түшүрөт. Сөңгөгү туяк менен шамал менен кыйшаят. Омурулат. Быркырайт. Қыртышка тапталат. Тоо башын кар алып, көл ортосун кымкар басып, этегин тоң тиштеп, кыш кирип келет кум чайнап!

Баягы эритип чайкаган сымал күмүш түс көл бети жылтылдап-кылтылдап, кээде каракөк тарта тармалданып, ортого тартылып толкуну чор кайнай бүйрөлөнө умаланып-жумаланып, чачылып, сыртка чабылып, жээти сүзө шырпылдабай дудук болуп калат. Қойкоюп сүзүп канатын чапчылачу ак куулар жок. Сарала канат аңырлар көрүнбөйт. Көлдүн бети жаандан калган чөөчө тунарып, чөгүп, четинен каймактай жука муз каптап жоголо берет.

Мына эми малын айдап, эл да көчөт. Жакалап кыштоосуна чукулдашат. Журтта түлкүлөр шимшийт. Жон-жондо карышкырлар улуйт. Муз калындап, кар каптап калганда алар дагы адамдар кеткен багытка, малдын изине түшүп, жан сактоо үчүн жер оойт. Көздөрү кызарат, тиштери ырсаят, жаны кан эңсейт.

Дал ушул мезгил келип, таякеси аралашкан айыл жакага конгондо да, Болот үйүнө кетүүнү ойлободу. Ак-Сай тоолорунун коңулдарына, Арпа тоолорунун өрөөндөрүнө жылкы кыштатып чыкмакчы жигиттерге кошулду. Адылдын, анын туугандарынын жылкыларын багуу милдетин алды. Беш-алты шыргыйдын башын бууп, кийиз жаап, баш калкалаар түртмө алачыкты жүктөгөндөр менен жөнөп кетти. Алдында келеркинге жаны асыйга караган Керкашкасы. Қыргыздар: «Жылкы тукумун кулунунда сүткө тойгуз. Тайында тийбе. Кунанында гана курута урун. Бышытысында сыйла да, асыйында чабышка кош. Жарабаса башын кес!» дешет. Кунанында минип келип, Акмөөр таежесине кездештирген ак жолтой Керкашканы алчылапта бастырып, жүрөгү толо кубаныч.

...Кыз жигиттен куу келет. Кыз жигиттен кыраакы келет. Ал түгөттөрдүн бир айыбы — көз менен сүйлөшөт да, сыр ачпай боюн ала качып турат. Болоттун кетээр камы бүткөндө Маржанкүл кызына жайдары карап, кеп таштайт:

— Акинай, ак кар, көк музга кетип баратат, жээнди аткар. Колу жеңил болуп, мал-башы менен аман кыштасын.

Сон-Көлдүн кылаасында баштап, жаңы бүткөргөн белегин берүүнүн ыгын таппай аткан оңбогур күлүп жиберет.

— Аткарайын! Мени уул кылып төрөгөнүңүздө кошо кетпейт белем, мал кыштатышканы.

— Тилегинден кара жаным айлансын! Кыз киши эмес бекен. Кышташып да калгың бардыр!

Акмөөр шыңк күлүп, босого аттайт. Керкашканы жылоолоп, Болотту аттантат да:

— Кош, аман жүрүп, эсен кел! — деп колун кармайт.

Балкып, денеси от болуп күйгөн жигиттин шадылуу алаканына, сүйүүнүн жанбас кыялы түшүрүлгөн сайма жоолуктун бүктөөсүн жазбай карматат. Ошол белек чөнтөгүнө жалын болуп, суугу күч тоону көздөй алоолонтуп алып баратат жыйырма бир жаштагы Болотту.

Керкашка бул сапаркы кышта да өлбөгөн жанга күлазык болчу иштин үстүнөн чыгарды: Ат-Башы, Нарын, Ак-Талаа аймактарынан мал кыштатканы келген жалаң отоо айыл өтө эле көп. Алар Арпа тоосунун өрдөшүнөн, Ак-Сай тоолорунун алкымына чейин өрөөн-өрөөндөргө чачырап жайланышкан. Араларында тоо таянып басып, зоо аралап өнүп, өгүздөй теке, кулжа-ларды атчу мергендери бар. Араларында аскаларды түптөп өтчү издерге, бадалды аралап жойлоп кеткен ичке жолдорго билгизбей шайманын жаткырып, илбирс, карышкыр алчу капканчылар бар.

Таш короолордо жандык. Жакандары арча, карагай, калгандары сары көн. Аймак-аймак боюнча жоро ичишет.

Жородо сармердендин күнү туйт. Эчкинин ичегисинен эшилген кыл тагылган комуздар менен залкар күүлөр чалынат, майда күүлөр чертилет. Кылдарын терип уккандын жүрөгүнө сыр ыргытып, бир ырдын кайрыгын баштайт да, ага мунканган, жумшак созулган обон коңуп, издеген, жоктогон, эңсеген маанидеги күйгөн ырлардан сабак таштайт жигиттер. Кулактан жылжып

кирген күү бойду балкытат. Күпуя сүйүүсү барды алдейлейт.

Жүрөккө жаратылыштан «чок» буйруп койсо, жалындын жалбырттап кетиши арзан! Мурда чоор үйлөй койчу, кыл кыяк тарта койчу Болот, мындагылардын оюн-шоогуна берилди. Ат-Башынын Ак-Музунда турчу Бердике аттуу жигитке достошту. Ал ырдаган күйгөндөр, күйгөндүн маанисине бан келген мукам обон кандырык түтөтөбү, алда эмне! Бердике комузду күүлөп келип кылга колун жаный баштаганда эле Болоттун маңдайына Акмөөр жакындайт. Күү башталат, кайрыктар биринен экинчиси чууруп, уйкашып жөнөйт. Болоттун кыялына канат бүтүп, шумкар болот. Көл бетинде ак куу болуп сүзгөн Акмөөрүн бөктөрүп алып, Ак-Сайдын, Арпанын тоолорун ашып, алыска-алыска качат.

Күүгө үзүлүп түшө берилген жигит досунан комуз үйрөндү. Үйрөнгөн күүлөрдү өзү чертти. Күйгөндөрдүн кайрыктарын келтирди. Сөзүн айтып, үнүн созду. Болоттун үнү изденип, кусадар болуп, улам созулуп сыздайт.

Ак-Сайдагы кыш кандай катуу? Чилденин күнүндө асман чайыттай ачылат. Төбөдөгү илбирстин көзүндөй жайнаган чекир жылдыздар таамп түшчүдөй. Жаап мөндүр болуп кетчүдөй. Суук ансайын чакылдайт. Ачылган жериңди каарыйт. Муз чарт жарылат. Күбүр тумчулаган суу кулгуп чыгып, чор кайнайт. Катмарлана уюл болуп, бийиктеп мунарага окшойт.

Ошондой ачык күндө кийиз чокоюн, жеңил тонун сыртынан тепме кементай жамынган Болот Керкашкасы менен жылкы кайтаруунун кезегине чыгат. Ал түнү жаралбаган ырды көрүп алгын! Таң атканча жылкы да кайтарат, кыңылдап ыр да чыгарат.

Ырын сынатып көрмөккө досуна кайрылат. Энкейип алачыкка кирсе, ал жалгыз. Ортодо очок. Алоолоп күйгөн сары көк. Төбөдөгү жендей тешиктен түтүн созулат. Досу тулгага казан асат. Кол чаначтагы бозодон куят. Чөмүч салып, имерип, жылытат. Казанды чыгарат. Аякка толтуруп сунат:

— Бирди дем албай сок. Белиңи чеч. Жайланып олтургун.

Болот аткарат. Экинчи аякты сунат:

— Муну эки дем алып, бүтүргүн.

Ошондой болот.

— Ичиң кызыды. Кан тепти. Эми ал комузду! —

дейт да, Акмөөр тууралу билчү досу тамаша сөзүн чуурчат. — Карды ачпаса, куш жем издейби! Сенин издегенин деле... Түнкүрү от, оймок оозу, Түгөткө жеткиче... Жеткенден кийин деле анын кылбаганы жок! Анын азабынан нечен хандар кагышкан. Баштар кесилген. Жомогун биз айтып жүрөбүз. Ошол онбогурга боз жигит өзгөчө сугалагыраак келет. Бир жанында отко ыргыткан майдай жалбырттатып аткан ошонун күчү эмей эмне? Оттон от эле жаралат. Кана, башта! Ха-ха!

Бир жагынан досу күүлдөп, ичинен бозо бой чымыраткан ашык жигит эмнеге тартынды! Арча комуздун толгоосун келтирип, кылын терип, сөөмөй менен капкакты тырс-тырс чертет. Күйгөндүн кайрыгына салып, жаңы ырын баштайт. Күү үйрөткөн, обон үйрөткөн Бердике аяктагы бозодон шимирип коюп, башты оң ийинге кыңкайтып угат. Болот төрт саптан турган биринчи сабагын бүтүп, экинчи сабагын... Ырынын бүт түрмөгү аяктаганда: «Ии... уу...» деген сыздоо, боздоо менен үнү алыска-алыска житип, комуз токтойт.

— Уу, аайт! Келечек отко түшүп өлөсүң, сактансактан! — деп кубаттайт досу алачык ичинде кыйкырып. Ошол Бердике досу ажырашаарда коюнга сойлотуп ала жүргөнгө ылайыктап чапкан комузун Болотко тартуу эткен.

Өлбөгөн кулга жаз дагы келди. Колдон талашкан карышкырларга, устараның мизиндей шыпырып кетчү көчкүгө, кол сунуп саламдашып, тегерек олтуруп бир табактан аш ичип, анан ажырашаарда «сызга» олтургузуп кетчү адамдан чыккан ууруларга да, милдетин алган малдан кемитпей келген Болот Адылга эле эмес, анын туугандарына «пир» болуп көрүндү. Ал өзү менен кошо, комуз өнөрүн, обон салуу өнөрүн ала келгенин айтпайсыңбы! Мунусу айылдагылардын биринен сала бирине угулду. Акмөөрдүн жүрөгү биротоло кытыгылаңып калды. Бир гана өзү жөнүндө чыгарылган ырдан кабарсыз. Ал ырлар жөнүндө бир Бердике, бир Арпанын, Ак-Сайдын өрөөндөрүнөн башка бүт аймак кабарсыз.

Кабарсыз дагы окуя болчу беле? Жол созулуп, жан каттап турса, жети тоонун далдоосунда жаткан болмуш да, бат эле экинчи элге угулат. Анан үчүнчү, төртүнчүлөргө дайын болуп олтуруп, буту — Бухарага, аты Алайга чейин жетет.

Өлбөгөн жанга кайтып жай келди. Сон-Көл баягы суктанткан сулуу көркүнө чыкты. Ар эл өздөрүнө тие-

шелүү аймакты ээлешти. Ар ким өз-өз журтуна конушту. Мал семирди. Эл кенейди. Жаштар арасында ойноп-күлүүнүн шаанисн башталды. Болоттун комузчу, обончу гана эмес, күйгөн чыгарган жамакчы экендиги тууралу Бердикенин айылы Ак-Муздан Ат- Башыга, андан Нарын, Соң-Көлдө жүргөндөргө чейин угулду. Тентуш жигиттер, кайпинин сан этинен билгизбей туруп оё чымчып алчу келиндер, түнкү оюндарда Болотту камоого ала башташты.

— Бул күүнү угуп жүрөбүз,— дейт катардагы жигит, ал күүсүн аяктаганда. Акмөөр экөөнүн ортосундагы шойкомду туюп жүргөн Салый аттуу келин көз сүзүп, каш сермет:

— Бердикенин күйгөнүн... Кекиликче кайта башынан кайталай бербе. Өзүндө да бирдеме бардыр? Ошондон таштa гүл ойрон! Ошондон сыздата кой, гүл ойрон!

— Жашырын атат.

— Кымтынбай эле койгун! — деди Салый. — Бир нерсенин шегин биз деле билебиз. Бекер жинге тие берсең кызыбыздан айрылып, сызга олтуруп каласың!

Акмөөр шынк күлүп, Салыйдын кулагына шыбырайт.

— Кайсы кыз жөнүндө айтып атасыз?

— Тынч отур, бийкеч! Уурунар ачылып калат. А көрөкчө ырда деп сүрө жээнинди.

Ушундай кыстоого, экинчи бир шылтоо болуп кетти шекилдүү...

* * *

Ал мындайча... Адыл өрмөк согуп жаткан Маржанкүлдүн жанына кыцкаят.

— Байбиче, бу таарың бүткүдөйбү? Жакында жайлоого көчүү башталганы турат.

— Бүтүп калаармын. Бүтпөсө ала кетээрмин.

— Жиптериндин чуусу чыкпайбы чатышып.

Акмөөр келди нарытан:

— Сен чарчасаң, мен согом, бүтүрөбүз, апа.

— Бүтүрөбүз, каралдым. Карлыгач деле уя салат тура тумшугу менен ылай чокулап жүрүп.

Адыл бир аздан кийин:

— Үйгө барчы... Апаң экөөбүздүн сөзүбүз бар,— деди кызына. Сергек кыздын аңдыганы деле ата менен

апасынын мамилеси. Сүйлөгөн сөздөрү. Үйгө кирип кетти. Капыттан кулак түрдү.

— Бу байбиче... Эжемдин баласын кулдай урундук. Убал-соол болбойбу?

Маржанкүл өрмөгүнө урган кылычын токтото койду.

— Жээнден айланайын. Ак иштеп, оюндагыдай жүрөт экен. Эмне кылсам дединг эле?

— Акинге баш байлап койсок кантет?

— Сага айтайын деп оозум батпай жүрбөйбү. Акинин өзү деле жээнин жакшы көрөт шекилдүү.

— Макул турбайсынбы, байбиче. Күз болсун эмесе. Өзүнчө өргөө көтөр. Эже-жезделерге өзүн жиберели. Калыңы экөөнүн аман жүргөнү болсун.

Бул сөз Адылдын жакын туугандарына айтылган. Ата-эненин бул кепеши Акмөөргө да, Болотко да дайын.

Күмөнсүз ушул ишеним Соң-Көлдүн айлуу түнүндө шиберге чөмүлүп олтурушуп, көлбүп оонап, алышып-күрөшүп, кубалашып ойноочу түндө Болоттун күйгөнүн биринчи жолу ырдаттырган. Келин, жигиттердин кыстоосунан тажаган эл, комуздун кылын толгоп бир токтогон. Айлана көрккө көз таштап келип эки токтогон. Тигиндейрээкте олтурган Акмөөргө суктана тигилип алып, үч токтогон. Бердике тартуулаган комуздун кылын терип, манжаны жайкай серпип барып, үн кошкон:

Арпанын Ала-Тоосунан...
Аркарын атсам зоосунан,
Алдейлеп жыттар күн барбы,
Ашыгым кыздын оозунан.

Кыргыздын улуу тоосунан,
Уларын атсам зоосунан.
Кылгырып көзүн жыттасам
Кылыктуум-кыздын оозунан.

Сезим козгогон мукам обонго асмандагы ай токтоду, нуру менен көөмп. Жел токтоду шибер чөптү тик тур деп. Ичи тар жигиттер кысынды. Көңүлү кирсиздер.

— Бауу! — деп бакырды. Келиндер козголуш жасады. Кыздар кылыйды. Башын силкип алган Акмөөрдүн көзүнөн жылт эткен учкун ай нуруна чагылыша түштү. Болот жанагысынан да эргибирээк, жанагысынан да залкарыраак жөнөтө берди:

Ак-Сайдын аксур түлкүсү...
Артуулап качкан сен болсоң.

Артыңан куун ыкыстап,
Агала барчын мен болсом...

Ак-Сайдан алсам бөктөрүп,
Аркайган тоону өткөрүп...
Алкымдан жаткан кезимде,
Кантем...
Ак бийкеч болсоң өзгөрүп!

— Бауу, өлүп кетпейиибн! Эрии кетпейиибн!
— Айдаат, үргүлөйүн көзүңдөи!
Болот жөнөтө берди:

Көк-Сайдын көк сур түлкүсү,
Көрүнө качкан сеи болсоң...
Көз ирмебей качырган,
Көктөгү барчын мен болсом...

Көк-Сайдан алсам бөктөрүп,
Көк-ала зоону өткөрүп...
Көйкөлүп бара жатканда
Кантем...
Сеи болсоң көксөөм — өзгөрүп...

— Уу!
— Анчалык бөктөрүп алган соң, тытып, жеп жибер!
— Түлкүнүи манты көп. Тимеле жарып жибергин!
Тумшугуңду дал жүрөккө матыргын, кырааным!

Бири калпагы менен жер сабаса, экинчиси тебетейи менен жер сабап кубатташты. Келиндер күлсө, тиштери жаркырайт. Көздөрүнөи сыр чачырайт. Акмөөр тура калаарында, жапындагы Салый тымызын чымчып алды. Кыз уялып да, кысынып да, жамбашын котерду.

Болотко эмне? Болор иш болду. Бердикеге жаккан күйгөнү, буларга да жакты окшойт. Ташта, таштай турган болгон соң. Ичи күйгөндөр туз жаласын. Колунан келбегендер корунсун. Бүгүн эки жүрөктү колкодон сууруп алгын да, кош алаканга салып, көл кылаасынан айды карай сунгун!

Ана кетти күү, ага обон кошулду!

Өрдөшкө чыккан тытыңды,
Өрдөккө окшош сыртыңды.
Сары такта тытыңды,
Сарала чымчык сыртыңды...

Көлдөгү чабак сен болсоң,
Көктөгү бүркүт мен болсом.
Издеп кирген теренден,
Илип чыгып сени мен,
Анда,
Арманым болбос кемиген!

— Бой-баай! Аттык ыр экен. Ашыктын кадырына жетчү ыр экен.

Болот таашылып бир топ созуп барып, анан комузун жанына койду. Жашырып жыттап, катып койчу бир жыл мурдагы белек жолукту чөнтөгүнөн ачыкка сууруду. Мандайын, жүзүн сүрттү. Мукам обондуу ырга өзү берген сайма бет аарчы кошулуп, Акмөөрдүн жүрөгү кабынан чыкты. Көзү багына, жүзү кубара түшүп барып албырды.

Ушул түнү Салыйдын жардамы менен башкалардын көзүн жазгырып, жылга бойлоп качкан экөө. Экөө бирине-бири айкалышып, өбүшүп, шибер өтөккө кырынан жыгылган. Ай дагы ичи күйгөнүнөн ак булутчаны четинен чымчып, бетине тартып көшөгөлөнө калган.

* * *

Жакшы обон, жакшы ыр — жарыкчылыктагы тириличлик менен алышкан өмүрдүн гүлазыгы. Ал жаралаары менен чек арасын кеңейтип, карлыгачтай канатын зыпылдатып, алысыка учат. Болоттун күйгөнү Сон-Көлдүн түштүк тарабынан, түндүк өйүзүндөгү быткыл тоолордун арасындагы айылдарга көпүрөсүз өттү. Суу бойлоп конгондорго, булактарды аймактап конгондорго угулду. Ышкыбоздор атайы келишип, Болотту конокко чакырышты.

Ак күбүн күбүп, чалгыны жетилип келаткан учурдагы урмат кимдин паанайын көтөрбөйт? Кубанычын сабырдуулукка салып, ичине канчалык катам дегени менен да, жаштык күчү сыртка тээп, көздөрдү жайнатып, жүздү албыртып турат. Ошондой абалдагы обончу чакырган тарапка барууга убада берди. Бирок кошо кеткен жок. Аны кылчактаткан Акмөөр. Ал суук тийип пи, төшөктө.

Чакыргандарга баруусун Адыл да жөн көрдү.

— Ээ, Бокин! — деп койду, сакалын сылап насаат таштап. — Күлүк күнүндө, тулпар тушунда» деген. Эки жылдан бери ким кырга чыгып, тебетей булгап «Бери келгин» деди эле? Сени чакырып аткан — өнөрүн. Барып келгин. Сыйын көрүп келгин. Өнөрүнө өнөр кошуп келгин... Эки аптадан соң үйүнө жөнөйсүн. Экөөнүн кам-кеченерге киришели. Ашкана тараптагы Маржанкүл дагы терисине батпай сүйүнүп атты. Анан эрдикатын машташкандай сыртка чыгып кетишти. Жаздык-

ты бийик жазданган Акмөөр өз ордунда, кереге тарапты карап жаткан. Азыр бери имерилди. Жылмайып, жашынмак ойноочудай жуурканын чумкөнө калды. Болот шып жетти. Чөк түштү. Жуурканды жакадан апчып, Акмөөрдүн жүзүнөн жай сыйырды. Мандайынан көзүнө чейин ачылганда, эңкейип сүйдү да:

— Өзүң узатып чыкпасаң аттанбайм! — деди.

— Эсиң чыгып жатабы?

— Билбейм. Бөлүнсөм эле карышкыр жеп кетчүдөй корком! — деп кайра сүйдү. Акмөөр эңкейген жигиттин мойнуна колун артты. Өзүнө тартып ууртунан сорду. Кыздын эриндери алоо. Болоттун ууртуна жабышты. Эч качан ысыгы өчпөстөй, эч качан ысыгы унутулбастай болуп жабышты сол ууртуна!

— Эми аттана бергем болот, Мөөржан!

Акмөөр тамаша айтты:

— Ырына кызыккан келин-кесек болсо, чымчыша кел. Бөлүнө калган кыз болсо, жытташа кел!

Жигит күлдү. Туруп оолактай берип:

— Аманатыңды аткарам, Мөөржан — деди. Кереге башындагы камчысын алып, чыгып кетти. Токулуу Керкашка мамыда ойдолоп турган. Үйүр алышкан ээси минээри менен эле шамалдап ала жөнөдү...

* * *

Арадан анча өткөн. Жакшы аттуу, жалгыз камчылуу кутурган жигиттер Болотту Ак-Торкой, Сандыктуу жайлоосуна алып барышкан. Андан Сөөк жайлоосун аралатышат. Жумгалдын Көлмөсүнөн, Уу-Төрдү ашып түшүп, Суусамырдын Үйгөн-Ташынын аймагында олтурган айылга жетишет. Ал комузун күүлөп, күү черткени жаткан. Үй толгон эл. Эшиктен камчысын сүйрөп жаш жигит кирди да эч кимге салам айтпай, жазганбай сүйлөөгө камынды. Бул Сырбай дегендин өзү эле Сырбай укканын учуруп, үйрөнгөнүн апыртып, чаң-тополоңдотуп ийгенге жашынан эле маш болчу.

— Эй, силердин каткырып күлгөн оюнунар да оюнбу? — деди салган эле жерден. — «Оюн» деп Соң-Көлдүн аркы өйүзүндөгү Ак-Талаа, Куртка айылындагылардыкын айтыш керек. Ыйлаган мындан көп. Ырдаган андан көп. Аттин оой! Кыркырата мууздалып аткан туу бээлер. Ала салган байталдар. Тыбыраган тайлар. Койкөзү дегени, чиркин, чоң саздагы төпмөктөрдөй того-

лонуп-тоголонуп ар кайсы жерде жатат. Отун түтпөй ойрочу чыккандар... Казан изден, калдактагандар... Акыл сурап чапкылап жүргөндөр, айласы кетип уцулдагандар канча?

Таапыгандар: «Баягы кур чаначка суу куюп, «кымыз! деп кыйкырчу Сырбай да!» деп коюшкандай болду. Сөзү узарып, угумдуу болуп баратканынан бирөө-жарым сурап калды:

— Кандай оюнду айтып атасың?

— Эмне деп келжирең атат бу, аа?

— Акеси келжиректи тапкан экенсиң?! — деп Сырбай көзүн Болот тарантап ала качып, — Келменди келтирип, жаканды муунбагандай кармап «тобо» деп угуп алгын. Канча журтту каарына алып куруткан, канча айылдын малын талап, итин журтка улуткан хан келиптир алыстан.

Арыбы, Адылбы, билбейм так. Ошонун эти кардай, бети айдай, чачы кундуздай, көзү жылдыздай жайнаган сулуу кызы бар экен. Аты Акмөөрбү, Акнаарбы — билбеймин так. Ошол кызды «берсеңер да аламын, бербесеңер да аламын!» — деп хан каарын салып... Айтор айылдын чаңы асманга эле чыгып калды.

Жел сокпосо камыш башы былк этпейт. Сырбай кедесоо эмес. Сырбай шыпыр да эмес. Билгенин күчөтүп, аныртып албаса өзүнүн кара буусу тарабайт. Адылдын атын, Акмөөрдүн атын эң эле сонун так билет. Ал эмес Адылды ашып кетсе төртүнчү атадан өзүнө кошуп алат. Анан Акмөөрдүн ашыгы Болоттун бул жерде олтурганын шылтоо менен изден келип таап, билмексен болуп, аны көрмөксөн болуп чаргыта сүйлөп кабардап салбадыбы. Болотту «тез аттанып кетсе, балким, бир айла болуп, Акмөөр колдо калаар...» деп шашып дагы атпайбы. Жүрөгү канап, кирпигинен жаш сыгылаарда этегин тарс чапты. Кимдидир келтире сөктү да, сыртка чыгып кетти. Чабыты келе калганда жаактууга жай бербей койчу биздин Сырбай.

* * *

Оодарлыгыч дөөлөткө жеткен Жантайдын бир колу Какшаалдан нарыта жатат. Аяктагы жакын адамдардын соода элчиси кылып койгон. Жаз келип, бел ачылганда кербен башталат: сылай жүк жүктөлгөн жүз элүү төөнүн кыркkары үч чакырымча чубалат. Ар тогуздун

алдындагы онунчу төөдө конгуроо. Ар жыйырма беш-тин ортосунда куралчан кайтаруучу. Ар беш төөдө бир-ден буйла кармагыч. Кулагы шалпылдаган эшек үстүндө алар үргүлөп, буттары тепендейт.

Кербенчилер күрүч менен ун, өрүк менен мейиз, кант менен набат, кашкардын таш чайы менен арак-шарабын, самынын алып келишет. Чымыян[1] менен кездеме, булгаары менен кымкап чепкен жеткиришет. Баасы жыйырма аттык тай туяк алтын жана баасы беш аттык тай туяк күмүш жамбы да алып келишет. Күмүштөр жергиликтүү зергерлердин колуна тиет. Билерик, сөйкө, чач мончок-чолпу жасалат. Жазысы нукум келген кемерлер чабылат. Жүгөн-куюшкан, көмөлдүрүк-үзөңгүгө чейин жалатылат күмүштөн. Алтынды урунмак кайда? Миңдеген же он миңдеген пирлерге буюрбаса... Дүнүйө чиркиниц тээ жеринен ушундайча башталган эмеспи өз «ээлерине».

«Алтын» дегени томаяктардын кулагы укканы болбосо, эзели кармап көрбөгөн. Жаза тайып таап алган күндө да таанышпайт. Салмактуу темир экен деп ыргытып ийишет. Дүнүйө жүзүндө канча оодарылыш болбосун алар ушул тагдырлары менен өтүп келатышат.

Кербендин жүздөн ону Жантайга жана ал жашаган айылга таандык. Буюмдун мыктылары да тандалып, мында түшүрүлөт. Бел ачылгандан бел бүткөнгө чейин эки жолу каттаган кербен кайра миңдеген мал айдап, тери жүктөп, жүн жүктөп кайтышат.

* * *

Тирүү пенде түнкү жаздыкка башты таштаардын алдында минтип тайыныш парс экен:

Жатканым тыпч,
Жаздыгым кенч,
Тилим куран,
Тилегенim ыйман.

Ыймандуу адам улууну урматтайт, кичүүнү ызаттайт. Орой сүйлөбөйт. Орунсуз иш жасабайт. Демек, ыймандуу болуу — жакшы жорук-жосунга умтулуу.

Анын артынан дагы кобурап, кудай алдында баш ийип, кечирим суроо керек:

Кудай, өзүңдүн кулуңмун,
Мухаммед, өзүңдүн үммөтүңмүн.

---

[1] Матанын бир түрү.

Баатырдык иш бүткөрүп, баатыр атансаң дагы «мен баатырмын» деп менсинбегин. Кудай турганда анчалык эмес экенсиң да! Кыбыраган бир макулук окшош кул экенсиң да...

Канчалык урунганың менен чети оюлбаган дүнүйөлүү болсоң дагы «Мен баймын» деп текеберденбе. Демек, кудай алдында «бүгүн бар да, эртең жок» турбайсыңбы, пендем?!

Мухаммед деген пайгамбар. Анын үммөтү болуш үчүн, анын ишенчилигине өтүш үчүн, күнүнө жок эле дегенде жети сомдук иш жасап, тердешиң керек. Ансыз ичкен тамагың макүрөө.

Жалаң гана сооп табуу аракетинде болгун; жолго бөгөөт болгон ташты омуруп ыргытсаң, бу дагы сооп. Ашык көйнөгүң болуп, көйнөксүзгө кийгизсең ал дагы сооп. Ашык тамагың болуп, ач келатканды тойгузсаң, бул дагы сооп. Жесирдин датын уксаң, жетимдин мандайын сыласаң, кудуретиң жеткен жардамыңды алардан аянбасаң, бул андан бетер чоң сооп. Мухаммеддин үммөтүнүн миледти так ушундай!

Жантай ат жалын тарткандан ыйык курандагы ушул жобо боюнча кудайдын кудуретине сыйынуу, анын пирлигинен кечирим суроо келмелерин кылайып калтыра элек. Дайыма жол жүрөөр алдында, дайыма жатаар алдында күбүрөп, жети мертебе кайталайт. Бирок, негедир милдет-парздар санаты менен көз алдынан чубап өткөндө, оозун чоң ачып эстенет. Же тунжурап төшөк үстүндө лукуюп бир топко олтурат. Балтырын кашыйт. Бутунун кетменин, тизелерин укалайт. Анан барып дагы эстенет да, жаздыгына кыңкая жыгылат, тобо!

* * *

Жакындан бери ичкеридеги[1] туугандардын абалы оордоп баратканы угулду. Кокондогу хандын жасоолдору баш көтөргөндөрүнүн көзүн тазалап атканы угулду. Ушул окуяларды кулак менен укпай, көзү менен көрүп келүүгө, аяктагы аттуу-баштуулар менен сырдашып, элдин эртеңки камын жасоого Жантай бекиди.

Бул окуя Жумгал эли менен Ак-Талаа элинин мыктыларын Ормон: «Сон-Көлдү мага билгизбей жайлап жүрүптүрсүнөр!» деп кыйыктап, кырк чаар ат салык

[1] Түштүк кыргыздары.

салып, тартууланган кырк бирди Көл башына айдатып кетчүдөн бир жыл кийин болгон эле. Жай башталып сй-тоонун абасы анкып турганда жан-жөкөрлөрү, жигиттери, ит агытып, куш салдырып, мелтек аткаңы болуп кырк ашуун кишилери менен кыларга чыккан. Кийим-кече, чатыр артка жөнөтүлүп, бир кокту толгон булар Улаколду аралап Кара-Кужурга түшөт. Долонду Нарын тарабынан сыртталап, Төө-Ашуу аркылуу Соң-Көлгө чыкмак, Тоң өрөөнү басып, Жалал-Абалга оомак. Ферғананы кышын өтүп. Алайга жетип кайтмак.

Бирок, иштин баарын ара жолдо бир бейбак «бузду». Аттуу-баштуу, санаалуу-кооптуу адамдардын мээсин айланттты, ал бейбак!

...Аспан чайыттай ачык. Түш боло калган. Соң-Көл тоосу көлү менен көйкөлүп, сүгалак көздүүлөр жутуп ийчүдөй көркөнүп жатыптыр. Хандын ээрчиген чыгаандар Соң-Көлдүн чыгыш башын кыйгап өтүп, түштүгүндө келатышкан. Бир кырдан чыга калышса... Ботом, жоон тон, эмеден туума жылаңач кыз-келин жылгын аралай ызы-чуу түшө, бир качты дейсиң... жөн эле жайылып жүргөн периште? Чалма ыргытып эле четинен кармай берсе болчудай!

Жолоочулар күлүштү. Оңбогон Капал каткырып, камчы сунду:

— Көл ичинде бирөө калыптыр, бирөө!

Баары моюн созду. Көлгө көмүлүп олтурат чын эле бирөө! Жайылган кара чач алдында ак дене. Кылтылдаган толкун ак денени кыймылдатып, терметкендей. Кара чач балыр болуп, көшөгөлөгөндөй.

— Жалгыз калды «жарадар» неме го?!

— Ким билсин!

Капал жашыраак жигитти шилтеди:

— Бар, билип кайтчы?

Жигит камчыланып, төмөн чаап түштү. Көлдү кечип барып токтоду. Кыз көрүнду. Жигит темпинип дагы бир аз кечти... Кара чачка көмүлгөн ак дене... Толкун кылтылдайт. Дене термелет. Жигит кыздын атын, атакылтылдайт. Дене термелет. Жигит кыздын атын, атасынын атын, айлын билмекке кыстоого алды.

— Атың ким?

Жооп жок. Жигит улам жакындайт. Тажаган кыз дайынын айтса, жигит кетчүдөй көрүнду. Үч суроосуна жооп берди. Дайынын билген жигит кайра чаап келип билгизди.

Жантайга Капал жылмая карады:

— Баатыр! Айылына кур конок болуп кетпей, куда түшүп баралы. Бул элден мурда экинин алдың, көп болсо мунусу менен үч болоор. Жырган өткүн дүйнөдөн! Көрдүңүз сыртқы келбетин.

— Тарт ат жалын, — деди Жантай көзүн жалт эттире.

Бул өпкөсүнө ок тийип, жарадар болгонсуп, курдаштарынан калып калган Акмөөр бейбак болчу. Ал кылтакка ошентип өзү илинген.

* * *

Ара конуп жөнөп кетмек жолоочулар тору аттын көкүлүнө кебез шүйүп, кызына кулдук айтып, Адылдын үйүнө түшүшөт. Сырбай айткан үй көтөртмөй, мал сойбой, казан издемей кымкуут ошентип башталат. Иштин айыкпас дартка айланып баратканын билген Акмөөр үстөмөнүнөн жыгылат. Шолоктойт. Өпкөсү көбөт. Ата-энеси андан бетер ызалуу. «Кызыбыздын кулдук урган жери бар. Сөйкө салган жери бар эле!» дешет. Сөз Жантайга жеткирилет. Кара чачка көмүлүп, көлдө жаткан ак дене көзүнүн карегине жабышып калган хан: «Кулдук уруп келбесек болот эле, мынча болгон соң... Берсин кызын. Көнүшпөй, кайкалай турган болсо...» деп, жыландын башын көрсөтөт.

Арадан эки күн өтөт. Же кымыз менен эт түтпөйт. Же отун менен мал түтпөйт өлөрманданган жата конокторго. Жеке эле Адылдын айылы эмес, башка эки айыл кошо бүлүндү Жумгалдын билерманы Чыны, Адылды чакыртты. Адыл келди. Нары оодарылышып, бери оодарылышты. Акыры ачуусу келди Чынынын:

— Бул арам ырыстын шыбагасын элге чачып койгон! Кызынды берип кутулсаңчы? «Көргөзбөй урунасыңар!» деп, Соң-Көл үчүн кырк бир чаар атты Ормон алып кеткени эсиңен чыгып калдыбы? Мунусу айлыңды чаап, бир кыз эмес, толгон кыздарды чачынан сүйрөтүп кетсе кантесиң, ыя?!

Адылдан айла кетти. Көндү. Чыны кичи токолу Салыйды Акмөөргө шилтеди. Конокторго идиш-аяк, жууркан-төшөк ташытып жүрүп чарчаган карасур Салый кыздын үстүнө кирди. Көзү шишиген Акмөөр кеп укпайт. Балыктай туйлайт. Чыркырады. Көнбөдү. Жаны кашайган Салый санын оюп алды Акмөөрдүн:

— Биз менен кошо жүгүрбөй көлгө олтуруп кал

дедим беле, бейбак! Дайынынды мен айттырдым беле, ээ бейбак. Атаңан улуу көгала сакал чалга, калганын... буюрганы ошол!

— Кагылайын жене! Ушул сөз кантип чыкты оозуңан?

— Чыкпаса... Бүлүнүп бүттүк. Оокат кылалбай калдык жут немелерден. Макулдугунду бергин!

— Болотту канттим, женекебай?!

— Бир болот деп, мынибиз куруйлубу?

— Чын айтып атасыңбы, женеке?

— Айла кетип атпайбы. Сага качан каршы элем, секетим? Болот экөөңөрдүн кылыгыңарды билмексен болгон эле мен эмес белем, секетим?

Женесин кучактаган Акмөөр чамгаракка чалкалап боздоп-боздоп алды да, кайра кайрат жыйды. Кысакыса кучактап кулагына шыбырады:

— Койчу, ботом! — деп чочуган Салый оолактай берди. Акмөөргө үрпөйө карап, өңү бузулду.

— Курчап бергиниз! — деп жалбарды кыз. — Өз шорумду өзүм тартайын.

Иштин оңолбосун эстүү кыз билген. Катып, арыктап өлүүнү чечкен. Төөнүн ширесин нымдап шырдактын алдына басып таштаган. Салый чүпүрөк каттаган ширини кыздын жыланач белине ороду. Кындыйга тартты. Эки учун беките шырыды. Шири кургаган сайын белди кысты. Тамак өтпөйт. Сулуу ийне жуткан иттей кыжыйып, кыйналып өлөт.

Акмөөрдү коштогон Салый Жантайдын үстүнө кирди. Асыл таш чөгөрүлгөн кемер курчанып, төрдө олтурган анын жүзүн күлкү чайды. Көзү жалтылдап, сакалын сылады:

— Мына, Акмөөрүм, өзү эле келет десе... Ыйлап атат, кыйнап атат дешип... Оңбойсуңар го!

Кутула тажаган Чыны сыр ачпай:

— Чүйгө киши чаптырып, жылкы айдатып жүрмөк белениз, — деди сыпайгерчилик менен. — Калыңын деле быяктагылар... Эртең күнгө ишемби. Токолунузду алып жолго чыгыңыз, баатыр?

— Ыракмат, сыйынарга! Ыракмат, урматыңарга!

Кызды ээрчиткен жене чыгып кеткенде көл ичиндеги кара чач жапкан ак денеге, толкунга чайпалган ак денеге азыркы үкүлүү кундуз тебетей кийген ак мандай, кара каш, кызыл тору, кыр мурун сулуу кыз кошулуп, Жантайдын делебесин козгоду. Алыска бараткан сапарын Соң-Көлдүн жээгинен токтотту. Түштүктөгү эл ме-

нен түндүктөгү элдин эртеңкиси үчүн кам көрмөкчү болгон максатын бүктөп-бүктөп туруп, шиш кепичтин тумшугуна шыкап таштады.

* * *

Шагыраган ууру, тайсалдабаган шыпыр, убал-сооп тон коркпогон ыймансыздары менен Жантай келген тарабына кетмек болду. Ар кайсы жерде кодурадай селейген адамдар. Таңыркаган топ-топ балдар.

Жандын баары Акмөөрдүн чыгышын күтүп, Адылдын үйүн жардана карашат. Дал ушул маалда, тээ көл кылаасынан жалгыз атчан көрүндү. Ал атынын бар күчү менен келаткан шекилдүү. Караан улам бериледи. Каттоодо жоголо калды. Берки тумшуктан кайра көрүндү. Камчы сермеген ат үстүндөгүнүн эки көзү акыйын, жанып быякта. Бул түгөйүн аттырып ийген турнадай жалгыз калган Болоттун өзү. Бул — кучактаса көөдөнүн ысытаар, өпсө эрдин ысытаар сүйгөн кызынан айрылганы калган, таалайы жок Болоттун өзү болчу!

Балдардын оозун ким тыйсын. Атчан жакындаганда моюндарын созуп, жер тепкилеп чурулдай башташты:

— Аа, Болот келатат, Болот келатат.

— Ырчы келатат! Ырчы келатат!

— Ооба сага, комуз чертет да! Комузчу дебейсиңби?!

— Эмнени билет экенсиң! Ал деген Акмөөрдүн эри. Эми эч жакка кетпейт Акмөөр эже!

Адыл Маржангүлдү ээрчитип четки үйдөн чыкты. Жаза басышып, мүдүрүлүп, Маржангүл мурдун алып ыргытып... Жапсардай жогорку айылга качышты. Жээнинин жүзүн көрүүдөн качкан алар ыйлап, мөгдөп баратышат. Көрүп-билип турган Капалдар чымын чакандай сезишпейт.

Утурмалап тосуп баскан Чыны Болотту айыл четинен тосту. Токтотту. Омуроолору ак көбүк Керкашка айлампадан сууруп алгандай терге чөмүлгөн. Үстүндөгү өңүнөн качкан Болот Салыйды сыйлаганы үчүн Чыныга салам айтты. Чыны атты жылоолоп, чоо-жайды түшүндүрдү да, сөзүнүн акырында:

— Сен алчу колуктунун милдети менин мойнумда, баатыр! — деди. Өлө албай турган ал:

— Эч кимден катын сурабайм! — деп ыргып түштү. Тизгинди ээрдин кашына түрүп, Керкашканы бош таштады. Көнгөн ал тык. Демигет. Кулагы тикирейет. Ай-

калышат. Көзү чакчарылат. Ичи тартылып-чыңалып, таноссу делдең урат. Ай, армандуу күн ай! Ай, алдуунун таманы алдында баш көтөрө албай тебеленген алсыздын күнү ай!

* * *

...Төрт күн мурда шатыраган жигиттер арасында Болот кетип бараткан. Бир жерден аттарынын оозун кое беришти. Адегенде дабырап туяктар жемирген бетеге-чым артка ыргып, тобу менен кетишти. Бара-бара биринден, суюлуп бөлүнүштү. Керкашка аял-буялга келбей алга озуду. Жал куйругу шамалга созулат. Өбөктөгөн Болот арткыларды кылчак-кылчак карайт.

...Жарышсаң атың чыкса. Созсоң үнүң жакса. Көл жээгинде жандын жароокери, кыздардын сулуусу Акмөөр күтүп турса, эмне деген бакыт! Эмне деген таалай бул! Камчы чап, жигит! Тизгинди бош кой, жигит! Уч, жигит! Дуулда, жигит!

Алда кайда кетти. Өтөкчө. Кезинде бироонун коштоосу болгон го? Коргондун нугу, ураган дубал. Айланасы чалкан, кара куурай, ала-бата. Таштак дөбөчөлөрдө мендубана. Болот тизгин жыйды. Таскактатып барып, жай бастырды. Кишилердин айтуусуна караганда, мендубана адамдын каны аккан жерге чыгат имиш. Өзү уу. Бышканда уругун күбүп алып, бели ооруганларга, буту-колунун мууну ооруганларга жанчып, ийлеп, кайнакка көөлөп тартат. Кайнатып, ичинен да ичирет. Дарт чыккан күнү бейтап адам кадимкидей мае болот! Чала жинди болуп барып айыгат.

«Мобу дөбөлөргө канча киши өлдү экен? Чабышыппы, сайышыппы?» деп ойлойт Болот. Керкашка жалт берип калды. Караса — көлтөйгөн кара чаар жылан. Бетегеге жойку таштап, дубалды карай туура алдынан сойлоп өтүп баратат. Башы муштумдай, тили жаа оогундай атылып чыгып, окторулуп-окторулуп бойду ичиркентет.

«Алдынан чыккан жыланды тирүү койбоого тийиш. Ал сенин ак жолуңа каскак» деп ырым кылышат. Болот ыргып түштү. Ашыгып шашып жеткиче жылан дубалдын түбүндөгү эки чоң таштын кычыгына кире баштады. Куйрук жагынан өтүгүнүн такасы менен ныктай басты. Кармады. Аттиң ай! Тутамынан эки эличе гана ашат. Колго бир ороп алганда эмне! Чытырап жылан

кетин атат... Баскан жерге таканын кырын батыра сөө-мөй бармагы көгөрө карышып, Болот далысын түйө тартат. Жок! Таканын кыры баткан жерден чарт үзүл-дү. Жылан жок болду. Куйругу тутамда калды. Арт-кылар жетип келди.

— Эмне кылып атасың?

Болот куйрукту чалкандын арасына ыргытты:

— Жылан....

— Катыгүн оой! — дейт ат үстүндөгү жигит чалка-лап. — Жылан көкүрөгүн ийнине тыгып алган соң аны балбандын балбаны зорго сууруп ыргытат. Балээ да ал. Сен дагы күчтүү экенсиң, кармаган жериңди үзүп кал-ган. Жүрү, аттан.

Ошол түнү өңүндө көргөн чаар жылан Болоттун түшүнө кирди. Жанагы эле эски ноолунун түбүндө сой-лоп баратыптыр. Куйругу жок. Үзүлгөн жеринен кан тамат.

«Эми, келтире жанчайын!» деген неме таш ала кой-ду Бел талаштыра шилтеп калгыча, жылан кылчайды. Муштумдай башы көнөктөй кишинин башы болду. Колу дагы бар экен. Болот быкындан мыткып, бармагын ба-калооруна тыга муунтту. Жылан киши да Болотту ал-кымдан апчыды. Муунтту. Жылан киши Болот муунт-кан сайын көзү чакчайып, чанагынан ыргып кетчүдөй болот. Тили соймоңдойт. Жигиттин бетине сайылчудай жетип-жетпейт. Жылан кишиден өзү да муунуп, деми гисиз шаңгырап кишенеп, Керкашка жетти. Жалы са-пырыла кош аяктап асмандан, жылан кишини чапчып-чапчып кетти. Болот бошоп, жеңилдене түштү. Ойгонуп кетсе, сыртта жылкы кишенеп атыптыр. Керкашканын үнү. Кулун кезинен колдо көнгөн ал, Болот отурган жерден, Болот кирген үйдөн оолактабай оттоп көнгөн.

Ушул түш бая Сырбай кабардап атканда да, жүрө-гүн өйүгөн. Ордунан зорго турган. Комузу унутулуп Байзактын үйүндө, керегенин түбүндө калган. Азыр Чыныдан бөлүнүп басып келатканда да, ошол түш кө-нүлүнө кылт эте түшкөн Болот Акмөөр турган үйдүн эшигин серпип кирди. Бут кийинип, чыгууга камынып алган Акмөөрдү көргөндө көзү ымыр-чымыр. Жалт карап калган Акмөөр өз көзүнө өзү ишенбеди, же жө-нөп атканын унуттубу, буркурап учуп турду да, денда-роо болгон Болоттун көкүрөгүнө бой таштап жармашты дейсиң... Салый кошо жашыды. Жабышкан кызды жи-гит көкүрөгүнө кысты. Дагы кысты. Өпкөнү баратканда

негедир кулачы өзүнөн-өзү бошоду. Эсин жыйды. Акыя тиктеди. Көзү Акмөөрдөн өтө тиктеди: «Бул менин алдейим, менин ак чабагым Акмөөрбү же башкага макулдугун берип жөнөп кетчү немеби?» деди көңүлүндө. Өрттөнгөн өзөгүн мунмуздак кыл жылан сойлоп өттү. Оолактады. Оң колун чекесине баскан боюнча керегеге жөлөнду. Кыялында оргуштап чыккан мундуу обон ошол жерде жаралган:

Жаркылдаган бирөөнү,
Бактысын ачкан дүнүйө.
Жер каратып бирөөнү,
Желкеден баскан дүнүйө.

Дүнүйө сен жалгансың,
Башталышың кубаныч.
Акырың толгон армансың
Кымындай кылбай калыстык,
Жалгызды отко салгансың.

Ай алдында тамылжып,
Акмөөрдү сүйгөн түн кана?
Комузга коштп созгондо,
Алыска жеткен үн кана?
Өлүм менен өмүрдүн,
Ортосунда мен мына!

Калыс болсоң жараткан,
Кайрылып мындай сылачы?
Кадимкидей мойнума,
Асылсың Акмөөр кулачы.
Кантип тирүү баратат,
Периште жибер сурачы?

Акын жол издеген сокурча кайсалап, сыртка чыкты. Башын салып, ыргалып басып Керкашкага жетти. Үзөнгүгө бут салды. Эки обдулуп атып зорго ээрге олтурду. Келген тарабына бастырды. Мөгдөп, өксөп, көңүлүндө арман айтып баратты:

Күн түшсө башка күч берер,
Баатыры жок жалгыздын.
Кан төгүүдөн аянбас,
Жакыны жок жалгыздын.

Арзып келсе алыстан,
Сыйлаары болбойт жалгыздын.
Мөгдөсө кайгы бөлүшүп,
Ыйлаары болбойт жалгыздын.

Таянарга тага жок...
Арка кылаар ага жок...

Таглыр жазса чара жок.
Артымдан ээрчир бала жок...
Кайгып келген мен элем,
Кантем эй, кантем, ичим чок!

Аска учунда басып олтурган жемин түшүрүп ийген куш сымал, Акмөөрүнөн Болот айрылды. Кайгынын күчүнөн жарым эс тартты. Өз үйүнө да кетпей, үч көчкөн журттай көңүлү калган Адыл таякесиникине да кайрылбай, Байзак жашаган айылда туруп калган. Анын калышына Сарыбай, Осмон курбалдаштары себепкер болгон. Катып өлүүгө шерт кылып, шири курчанып кеткен Акмөөрдүн өлгөнүн же жашап жүргөнүн так билүү убакытты созгон. Жүрөгү сыздаган Болотту жол караткан. Акмөөрдүн өлгөнүн укса, биротоло үмүт үзмөк. Тирүү болсо, издеп бир баруу мойнундагы парз!

* * *

Жантайга нааразы болгон бир топ түтүн туугандары Таласка көчүп кетишет. Бир мезгилде түлкү кое берген тайманбас аял ошол жактагы кушчу уруусундагы бирөөгө тийген. Анын экинчи эринен төрөлгөн балдар Тынай тукумдары менен энелеш. Ошол себептен аларды арка тутуп көчүп олтурушат.

Бир жыл өтөт. Эки жыл өтөт. Кеткендер кайра кайрылышпайт. Кабар алмакка Капал менен Чаян аттуу жигиттери башкарган топко: «Эл көрсүн, жер көрсүн, ала баргыла» деп, он сегиз жаштагы уулу Шабданды кошкон Жантай сөз жөнөттү:

— Кеткен туугандардын чоо-жайын тарткыла, келчү түрлөрү барбы, жокпу? Келчүдөй болушса, Шабдан мырза келди дегиле! Көчүрүп келгиле! Көөндөрү жок болсо, сыр бербегиле. Замирил болгондой болбойлу. «Өзүнөр асылгансынар» деп, кийин сөзгө калтырышпасын. Жүргөн жайыңарды сурап калса: Шабдан мырзага, кудалашууга кыз издеп жүрөбүз» дегиле. Бардарлуу жердин кызы болсо, кулдук ура келгиле. Калыңына берилчү мал тоодо «жайылып» жүргөн чыгаар өзү... Таарынган туугандардын ийите албаган булар кушчу уруусунун белдүү адамы Малабаш дегендин Шайым аттуу кызына көкүлүнө кебез байлаган күлүк тартып, кулдук урушат... Эне тарбиясыбы де чөйрөсүндөгү адамдар жакшы бекен, айтор Шабдан улуу кишилер олтурган төргө умтулбаган. Көпкө кулак төшөп, жулунбаган.

Кудай ага келбетти берген. Эрди кымгылып, сырды көкүрөккө түйгөнүн туюнтат. Адамдарга берилин, көңүлү менен тиктейт.

Ушундай күйөө болчу мырзаны алдырган сынаган кайненеси байына айтат:

— Баатыр! Калыңы катын калсын... Күйөө баланын өмүрү узун болсун, буюртулук кылсын де!

— Аа, катындар! Желмогуз элесиңер да. Кантип билип алдын баланын мыкты экенин?

— «Мен хандын баласымын!» деген мынчыркоо деле баскан-жүргенүнөн байкалбайт.

Арадан эки жыл өтөт. Жантай келинин алып келмекке, айылындагы уруулардан кийин тандайт. Айтылуу жигиттерин коштот. Шабдан менен Таласка жөнөшөт. Шабдандын кайын-журту бешберендер Уч-Коштой деген жайлоосунан улам жогорулап, көчүп-конуп баратышкан.

«Күйөө келатат» деген кабар жетти. Уч өзөндүн куюшуна сайкайган ак боз үй тигилип, куда күтүштү. Күнтууган дегендин баласы Баяке ушул айылда. Ал Шабдандан эки жаш улуу, жыйырма экиге толуп, сомкелинен келген карачаар жигит.

Күйөө бала тарап келди. Кудалар шаан-шөкөт менен күтүп алышты: мал союулуп, түтүн чаңдап... Кажы-кажы сөз. Карсылдаган күлкү. Кечкисин кыз оюн. Карылар кырданып тиш чукуп, өткөндөн козгомой. Баарына көрк болуп жаткан бул айылга эртеси чаңкалайдын чак түшүндө Олуя-Аталык казактарынан жоон топ атчаны келет. Аларды кымыз уулаган немелер деп ойлошот. Жок, жайлоодон жайыт талашкан сөздөр чыкты. Мейман немелерге окуя жөнүн түшүнгүчө болбой, күтпөгөн учурда куюн-чаң ызгыткандай атчаны-атчан, жөөсү-жөө сабаш башталды. Камчы сермелип атат. Таяк сороктоп атат. Баштан калпак учуп атат. Тебетей учуп атат. Казактар тарабы: «шешеңи» деп зыргытса, кыргыздар тарабы «энеңди» деп ит-акмагы чыгууда. Ошончонун ичинен кайнатасы Малабаштын башына камчы тийип, титиреген суусар тебетейи тик бетте шибер аралай тегеренип... жаагынан кан жая бергенин көргөндө, Шабдан уялганынан үйгө кире качат. Төрдө бейкам жаткан өз кишилерине жалбарат:

— Баатырлар! Таза тамтыгы чыкты кайындардын! Жардам бергиле!

Колдору кычышкан Капал, Чаян баштагандар колго тийген бакан, союлду алышып, жайдак аттары менен чу

койду? Ма! Жанагы да сабашпы? Карсылдашты көрүп ал эми!

Сыртка чыккандан уялган Шабдан жабыктан тиктейт. Сабашкандардын арасында Баяке тартынбаган, качпаган анык көкмелтейдин бири экен!

Чай кайнам сабашууда булар үстөмдүк кылып кетишти. Аксакалдар арага түшүп: «токмоктошпой, чечишели? Боктошпой, чечишели? Бир тууган элбиз» деп атышып, жанжалды токтотушту. Ачуулары жанган келген тарап:

— Бул айылда мындай жигиттер жок эле. Жайын айткыла? — дешет.

— Жантай хандын баласы бизге күйөө болот. Ошону менен келген кудаларыбыз! — дешет. Алыска кетпеген ак көңүл, бир боор эл эмеспи. Олуя-Аталыктар уялышып айыпка жыгылышып, союшка жылкы жетелеп келип, кайра камыр-жумур болушкан. Кымыз шимирип, эт жешкен карсылдап күлүп олтурушуп.

Шабданга Баяке ошол чабышта жагат. Күйөө жолдош кылып алат. Кол алышып, достошот. Шабдандын мүнөзү беркиге да жагат.

— Жүрү мени менен. Биздин элди эл кылгын. Биздин жерди жер кылгын, — дейт аттанаардан бир күн мурда Шабдан.

— Жүрү десең эле кете бергидей, — дейт Баяке, — сенин катының менен кошо берип атты беле. Жазда көчүп барайын. Тосуп алгын.

Убада бекийт. Кечинде аттанып, белгисиз тарапка кеткен Баяке эртеси тогуз кунан байталды айгыры менен айдап келет.

— Менин сага кошоор кошумчам ушул! — деди Шабданга. Алыскы төрлөрдө жайылып, үйүрү менен жүргөн немелерди кече барып уурдап келгенин билип турушса да, эч ким байталдар жөнүндө кеп кылышпады. Кандим ууру Капал мыйыгынан күлүп ыраазы.

* * *

Себи мол колукту алып, эл оозуна кирип, өрөөн толо караан болушуп, Шабдан айылына жетет. Жайланышкан соң көргөн-билгенин төкпөй-чачпай атасына сүйлөп берет. Кепке муюган атасы:

— Ате Баякени ээрчите келип, жигит кылып алсаң

болмок экен, — деди. — Сенин атың, сенин данкың ошол той соолду батыра чапчулар менен чыгат. Жургүзгөн бийлигиң дагы ошондойлор менен иш жүзүнө ашат!

— Убадалаштык. Жазда келмей болду.

* * *

Аа, Баяке деген ким?

Чоң Оштун Кара-Суу чөлкөмүндө, Кара-Дарыянын жээгинде уруусу кыпчак Нуске деген жашаган. Адам баласы небактан эле жашоо тиричилиги үчүн жер-суу талашып келишпединби. Ошондой жанжалдын биринде мартабалуулугу менен экинин бири болгон адамды Нуске жыга чабат. «Буга күн чак келбейт. Ага-тууган-дарымды тарптай талаткыча, бир айла табайын!» деп чечет. Аялы, баласы Аргымбайды алып, Кара-Дарыянын кемеринде олтурат күн батаар алдында. Нарыта эшек минген, ширидей кара уйчу. Ал улам кылчак-кылчак карайт. Кол булгап, өзүнө чакырат Нуске. Ал келет эшегин кидиндетип.

— Түш, — дейт Нуске уйчуну. Түшөт. Колун көкүрөгүнө алып, жүгүнө саламдашат.

— Даам ооз тий, — дейт Нуске, жоолук бетине сындырылган нанды көрсөтүп. Үчөөнө жалт карап алган уйчу нандан алып, чайнай баштайт.

— Бизге жолукканынды үч күнгө чейин жан адамга оозуңан чыгарбагын,— деп Нуске уйчуну ынандырат. — Дигерден соң, мобу дарыядан жай табабыз. Балыктардын жеми болобуз... Кудайдын жазмышы ушу экен, уйчум. Керээзимди унутпа. Азыр өзүм ыраазы болсом, оо дүйнөдө арбагым ыраазы сага! Арбагым колдой жүрөөр сендей кембагалды. Оомийин!

Уйчунун чайноосу токтойт. Көзү тостоюп, кулагы делдеет. Бата тилей, колун ирмеп, шашып турат. Эшегин минип, согончогу менен колтукка койгулап, тепендете жөнөйт. Убаданы бек аткарган ал уйчу Нускени кара чабуул түшүп издегендерге төртүнчү күнү айтат. «Нуске үй-бүлөсү менен Кара-Дарыяга агып өлдү!» болот. Чер аралап, суу бойлоп, ашуу ашкан ал өлбөй-житпей эле Тогуз-Торого барат. Андан Таласка оойт. Акыры Чүйдүн «Жыламышына» жортуп, Жанкарач башкарган элде баш калкалап туруп калат. Уулу Аргымбайдан туулган небереси Күнтууганды көрөт Нус-

ке. Күнтуугандан туулган чөбүрөсү — Баякени көрөт. Нуске. Чырдан башы кутулбас, кандуу колдуу бул тукум акыры дагы бир кырсыкка учурайт... Күнтууган алдуу-күчтүү, тартынбас азамат болгон. Чүй элине агатууган болуп, сиңишип кеткен ал аш-тойго катышат. Күрөшкө, эңишке түшөт. Чөп саргарып, мал семирген маалда өткөн ашта учкаяк сарала атын минип, топ жигит менен көкбөрүгө түшөт. Байгени алыш үчүн айыгышып кармашкан жоон билек жигиттерден күпүйгөн кара эркечти жулуп алган Күнтууган сараласына камчы уруп, алга сызат. Өз тарабы коргоп, ортого алып, каршы тарап алтоо кууп жетет. Он эки адам ит тытышка түшөт. Күнтууган кара эркечти кайра үзөңгүгө басып, оңтойлоп, суурулуп качууга теминет. Машыккан Сарала тоскоол болгон боз атты омуроо менен коюп өтө берээринде мүдүрүлгөн аттын ээси сары жигит:

— Тентимиштин атын көр! — деп камчы менен башка тартып жиберет Сараланы. Алдындагы атты башка чабуу — үстүндөгү ээсин башка чапкан менен барабар эмеспи. Андан дагы кемсинтип качып-бозгонун чукуганын карачы! Калчылдап, каны ичине тартып кумсарган Күнтууган намыска, ачууга жеңдирет. Токтоно албайт. Сол үзөңгүсүнүн кайышын тогоодон тартат. Ээрден сууруп алып, атын башка чапкан немени качыра берет. Жетип дал төбөгө шилтейт. Кулагы делдейген сары неме ат үстүнөн учуп, мүрт кетет.

* * *

Ушундай жорук болду. Аргымбайды канатына басып келген Нуске сөөгү Чүйдүн «Жыламышынын» топурагында калды. «Жалгыз түтүн бизди жергиликтүүлөр кескилеп кетет!» деп корккон анын тукуму үй-жайын, мал-мүлкүн таштап, түн ката качат. Таластын башындагы кушчу, саруулар: «Койнубузду ачпайбыз. Колубуздан бербейбиз силерди» дешип токтотуп калышат. Аргымбай кийинчерээк бий болуп жүрүп өлөт. Сөөгү Талас топурагында калат. Күнтууган уулуна мундуз уруусунан кыз алып берет. Ошол тукумдан чыккан Баяке убада боюнча кийики жылы жазда Шабданга келген. Бир канча күн жүрүп Шабданды ээрчип, жер-сууну кыдырган. Баарынан да Чаяндай азаматтар менен үзөңгү кагышып, жортуулга чыгууну самаган неме биротоло күздө көчүп келмекчи болуп, күн болжоп кетет.

Маалында Чаян барат. Баяке «ажыраш аяк» бермекке, бата алмакка бээ союп, айылдагыларды чакырат. Келгендер үй толо олтурушат. Сылтын баскан, табылгы таягын босогого жөлөгөн, чокчо сакал карыя төрдө. Кобур жүрүп, Баяке жайын түшүнгөн соң:

— Бала-бото болуп калдың бизге, — дейт — көчпөгүн. Чоң атаң Аргымбайдын сөөгү да ушул жерде жатат.

Чоң казан толо эттин арасынан атырылган сорпону сапырып аткан Баяке күлүп, карыяга жооп берет:

— Элден элдин айырмасы жок...

— Сабоо жеген элден сабап салчу эл кантип артык болбосун!

— Жерден жердин айырмасы жок...

— Кум учкан чөлдөн өзөңү толо суусу бар, тоолорун жапкан шиберi бар, капчыгайы толо чөп жер кантип бейиш болбосун!

Кудай тажаткан Баяке тажатат. Кой-айга көнбөй көчөт. Атасы Күнтууган Таласта калат. Айдаке көчү Чүйдүн «Жыламышына» кеч кире жетет.

— Ушул жерде төрөлүп, балалык кезим ушул аймакта өттү эле! — дейт Баяке. — Өрүү болуп кетели? — Жүктү түшүрөт. Үйүн тиктирет. Эртең менен жылкы чогултkан жылкычы кайрылып, чоо-жайын сурашып, ал кетет. «Түндө пайда боло калган кимдин үйү экен?» деп айыл тараптагылар сурашат бири-бирinен. Бачгы көкбөрү тартышта эр өлтүрүп качкан Күнтуугандын баласы — Баякенин үйү болуп чыгат. «Баяке көчүп келиптир» деп, Жанкарачка жеткиришет. Ал: «Эл болом деп көчүп келген болсо, четтетпей айыл аралай кондургула. «Атасы эр өлтүргөн» деген сөздүн четин чыгарбагыла!» деп тымызын киши жиберет. Анын бул элде калаар түрүнүн жок экенин, эртең көчөөрүн айтып келишет. Бет булчуңу дирт эткен Жанкарач жигитине буйрат:

— Чап! Чакырып кел өзүн!

Баяке келет. Жанкарачка салам айтып, кол алышып ийменип, төмөн олтурат. Жанкарач жөтөлүп тамагын жасайт. Жигиттин жүүнү тирүү экенин байкайт.

— Көчүп келипсиң. Четтеп конуйсуң. Максатыңды айтчы?

— Таксыр! Көл башына баратам. Көңүлүмө жаккан жерге токтоп калам,— деп Жантай тарапка бараткан изин жашырат.

— Жер кыдырып... Эл аралап... «Сейилдейм» дечи!. Андай болбойт, үйүңдү чеч. Берилеп кон!

— Жогунуз, такыр!
— Такыр элеби?!
— Такыр эле, такыр.
— Эмесе эч жакка барбайсың. Атаң Күнтуу уруусунда туулуп, аты «Күнтууган» коюлган. Өзүң дагы ушул жерде туулгансың. Солто болосуң... Ушул жерде каласың. Ага да болбой шыкшыктайсыңбы, көнбөйсүңбү? Атаң эр өлтүрүп кеткен, күн берип туруп анан кайда маңсаң, ошаякка маңгын!

Жалгыз үйлүүнүн колунан эмне келди. Чаянды четке бөлүп, сырын айтты:

— Мен убадама турам. Күн береби же башка айласын табабы. Шабдан мырза мени бошотуп алсын.

Орто жолдо Баякеңи тарттырып нйген Чаян шоңшоюп айылга келди. Жол тостуруп, союш камдатып, күтүнүп аткан ышкылуу Шабдан томсорду. Жантай чоожайды түшүндү.

— Эхее, — деп тамагын кырды, митаамдыгы өзүнө жеткен карт түлкү. — Кайдагы бир селсаяк өлтүрүп кеткен неме үчүн Жанкарачка Атаке тукуму Жантай күн төлөйт имиш! Ха-ха! Оттоор чөптү тапкан экенсиң. Шашпай тура тургун. «Тогузкоргоолдон» оюн баштап көрөлү, кимибиз чыгаар экенбиз акырында!

— Жанкарачта кыз бар бекен? — деп тымызын кишш жиберет.

— Назгүл деген бойго жеткен өз кызы бар экен. Куда түшкөн жери жок экен, — деп келет тыңчысы.

— Ии, онунда болгону ошол! — дейт экен Жантай, сакал сылап, Жанкаракчтын ошол кызын Шабданга экинчи колукту кылып бермекке Капал баш болгон бир топторду: «Кулдук уруп келгиле!» деп жиберет. Чалманын илмеги кайда жатканын билбеген Жанкарач жуучуларды жетине албай кабыл алат. Макулдугун берет.

Арадан жыл өтөт. Жай башталып ой-тоо жапжашыл. Эл айран-сүткө көлбүп, мал оюн салып калган маал. Келинин алып кетмекке кудалар келатканы кабарланды, Жанкарач окчун чоң үй тиктирди. Окчун өргөө көтөрттү. Жанына баласы Шабданды ээрчитип, жигит-жалаңы, уруу башчылары менен отуздай адам болгон. Жантай карааны төмөнкү бөксө тоодон ашып, кокту оозуна түштү калдайып.

Жантай кишилери менен чоң үй тарапка беттеп бастырып... Күйөө бала өргөөгө келип түштү. Тоолуктардын баягы бака-шакасы. Абалаган иттер. Куушкан бал-

дар. Шынкылдап күлгөн кыздар. Кан сергип, жигиттерди сынай караган келиндер. Суу алганы барган булактан... Мал айдаганы, тезек тергени барган жеңелерин коктулардан андыган боз уландар.

Кудалар эки күнү камыр-жумур эзилишти: комуз черттиришти, «Манас» айттырышты.

Күйөө бала кантти?.. Жанкарач келген күнү эле Баякени Шабданга «күйөө жолдош» атап салган. Алар топ жигиттер менен өргөөдө оюн курган. Кечинде кыздын жеңелери кирип куун чыгышып, үйдү бошотушкан. Түрдүү кездемелерден капталган жууркандардан, киши бою төшөк салат. Акырекке чейин куш жаздыктарды тизишет. Карангы киргенде күйөө бала келет жалгыз. Жеңелери «эшик ачаар» деп, сунганын алышат. «Төшөк салаар» деп, чөнтөгүн кагышат. «Бут тартаар» деп, тамтыгын чыгара ачтарышат.

Жыйырма экиге караганда экинчи колуктулуу болуп аткан оюнкараак Шабдан керегени шатыча тээп, ууктарды кармалап тырышып атып, арналган төшөктүн үстүнө зорго конот. Күлмүндөп желип-желип коет. Чырайлуу неме босогодо өзүнө таңыркап жалгыз турган келинге тийишет:

— Кызыңар кайда?

— Чыдамың кетип атабы, мырза?!

— Төшөгүңөрдүн үстүнөн мен куш болуп учуп көрөйүн, кызыңарды кыргоол кылып качырып көрбөйсүңөрбү, эмне болуп чыгаар экенбиз?

Оозун жыйгыча эки женеси колтуктаган Назгүл кирди. Шабдан шоктонду, тамаша чалды:

— Саламатсыңбы, бийкеч? Зарыктырдыңыз го, бийкеч, «аска» башынан күттүрүп!

Келиндер каткырышты. Колдорун сунуп, күйөө баланы чымчылашат. Ал моюн бербей нары оонап, бери оонап, коргонот.

— Шатыңар жок экен. Буттап койгула колуктумду. Алаарынарды алдыңар!

— Оңбогон күйөө балага жолугупбуз!

— Шакабачыл күйөө балага жолугупбуз!

Шаңкылдаган эки келин кызды көтөрүшөт. Кыздын жумшак, жумуру билегинен алган Шабдан өйдө карай тартат. Келиндер кийиндей берет. Кыздын көкүрөгү төшөктүн илебинен өйдөлөп калганда күйөө бала:

— Калакай! — деп кое берип колун тартып алат. Капарсыз Назгүл шырдакка көчүгү менен лок тиет. Катуу тиет. Аал, ыйлашты салды бейм эрке талтан.

— Атамдын төрүндө эле ура баштайт тура! Барбайм! — деп жулкунду. Жеңелери үйрүлдү.

— Тамашаны билбейсиңби?..

— Тамашасы ушулбу?

— Оюнду билбейсиңби?

— Оюну ушулбу?

— Эркелетип атпайбы?

— Эркелетип атканыбы? Кое берип эркелетеби?! Күймулчагым сынып калса эмне болот? Жамбашым чыгып кетсе эмне болот?

— Кантет, садаган-секет болоюн.

— Карегим! Төшөгүнө чыга кой...

— Башыңы көтөрүп, күйөөнү карачы? Өзү кыз болуп калганда далай жигиттер талашмак экен. Чабышып баш жарылып, эр өлмөк экен.

— Карабайм! Аний...

— Кантет? Кара жаным! Жүрөгүм, көлөкөм! Кош бөйрөгүм! Болчу эми түн кирип баратат. Биз дагы үйгө кетели секет. Күйөөлөрүбүз жаткандыр шырп эткен дабышка кулак төшөп. Кетели.

Кызды жөнгө келтиришет. Күйөөнүн койнуна салат. Түндүк тартылат, каалга сыртынан бекитилет. «Шейшеп байкаар» келин, байкоочулукка калат.

«Жаш деле эмес. Тамашаны билбеген кем акыл неме го?» деп Шабдан ичинен ирээнжийт. Бул күмөнүнө дагы бир окуя кошулат. Колуктусун тамагынан аймалап, көкүрөгүнө кыскан неме «иштин» туура болбой калганын сезет.

Шабдан бир өлдү. Анан дагы эртең менен өз үйүндө олтурган кайнатасынын жүзүн көрүп алмакка келиндердин коштоосунда барып, жабыктан шыкаалайт. Түндөгү колуктусу атасынын жанында көмкөрөсүнөн жатат. Алдында күмүш табак, ичинде сүткө көптүрүп, каймак аралаштырган тару саксай. Назгүл аны тили менен жалап, күрмөп жутат.

— Атаке! — деп эркелеп, бутун алмак-салмак жазып бүксө, согончогу май куйругун койгулайт.

— Оо, чырагым, — деп атасы мандайынан сылайт. Боткодон жана жалап күрмөп жутат.

— Атаке-е...

— Атаң айлансын сенден! Жейгой!

Муну көргөн Шабдандын назары андан бетер сынат. «Назгүл эмес эле, Жүндигүл турбайбы?!»

— Албаймын. Жинди неме экен. Атама айткын, — дейт Баякеге. Ал башын чайкайт:

— Жалаң берер себи эки парга жүк дешти. Өргөөсүчү! Сага жабдыгы келишкен аргымак мингизет дейт. Кызына жорго. Атаң баштагандарга кийгизчү кийими канча!

— Алтын оролсо да албайсыңын кызы! — деп тетири басат.

Дигерде суу боюна намаз окуп келаткан атасынын алдынан чыгат.

— Ата! Ушул келиниңизди албай эле коелучу? Атасы озунуп:

— Ии... Мен келин алып жаткан жерим жок, Жанкарачты алып атам! Кыска ойлон, чукул көргөн мырза, тек тургун!

Жөнөтүлөөр кыздын шаан-шөкөтү бүттү. Келин алаар кудалардын аттанаар убагы келди. Капшытта олтурган Жантай Жанкарачты беттеп сөз жөнөттү:

— Баатыр! Кыяматтык куда-сөөк болдук! Жакшылыктын үстүндө Сизден бир нерсе сурайын, илебимди кайтарбайсызбы?

— Сураңыз, сураңыз, баатыр! Колдо бар болсо берейин, — деп ийди чын пейилден, Жангарач.

— Шабдан уулуңуз Таласка барганда жанакы Баякени «бирге жүрөлү» деп, кол алышып койгон экен. «Жолдош кылып берсин» деп сизден сурап атат. Мен дагы мырзанын тилегинин кабыл болушун каалаймын!

Жанкарач козголду:

— Баяке өзү эмне дээр экен?

Чакыртылган Баяке макул экендигин билгизди. Жанкарач баш ийкеди. Ушундайча айла-амал менен Баякени колго алган эмеспи Жантай куу. Ал ошондон Шабданга жигит болгон. Улугуна катылгандын катыгын берген. Ийилбегенди байлап келген, айдап келген.

ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

Атакенин баласы Карабектин ашын Жантайдын жакын агасы, жигит кезинде жолборс чапкан Таштанбек берип, Таштанбек башкарган. Ашка чакырылгандар ыраазычылыгын билгизип, бата тилеп, аш аякталды деген күнү жакын туугандары менен мурдатан макулдашкан камылга боюнча Таштанбек Жантайга хан кийимин кийгизет да, ак кийизге олтургузуп, «хан-хан!» дедиртип, үч көтөртүп нет. Акбоз бээ чалдырып, түлөө

өткөзөт. Түлөө тамагын берип, бата алат. Макулдук алат келгендерден.

Бирок, нээттештери, коштомат кылуучулар «Хан Жантай!» атап, изат көрсөтүшкөн менен алыскы элге баркы анчалык болгон эмес. Качан Ормондун көзү өткөндөн кийин гана «Жоктон көрө жогору» болуп, калың топтордо калпагынын кайрыгы көрүнө баштаганын дингандагысын аның өз оозунан уккан. Азыр ошону эсине салды. Ал мындайча болуптур:

* * *

Ташка да чөп чыгып, Чүй өрөөнү, Чүй тоолору типтирейт. Тескейдин чөбүндө жандыктар чөгөт. Ойдундун чөбүндө торпок-тана чалынат. Ошондо да төө жаныбарлар башка малдарча имерилип, токтоп оттобойт. Башын көтөрбөй эциштеп, капталдап жүрө берет, баса берет. Башка малдарча экиден-үчтөн кошок болуп, үйүр болуп ээрчишпейт. Бөлүнүп, алыстап, туш келди чачылат. Алдында аң турганын, жар турганын элешпей түшүп кетип, тыгылып өлөт. Буту тайып, учуп өлөт. Аңдып келаткан карышкырды сезбей кекиртектетет. Кайран кара күчүн бир пайдаланбай оңой чөгүп берет. Ашууларды айланып учкан жору менен кузгунга, коктудан кокту койбой желип өтүп, андан аң койбой шимшип жойлогон түлкүгө жем болот.

Тармалданган жалбырагынын арасында теменедей тикенеги бар чычырканак тиеби оозуна, алтыгана, коко тиеби оозуна, аймап сугунат. Чий, камыш туш болсо, куусу-муусу менен бурдайт. Азуусу бир эле кабышат. Ошол замат муштумдай түйүлгөн азыгы кызыл өңгөчү менен чубап, төштүн башындагы колкодон карынды карай куткуй берет. Күчү да оттогонунча. Ысык-суукта бир топ күнгө ачка жүрсө ноюбаган чыдамы да ошончо.

Бул жаныбарларды багуу өзүнчө азап. Татаал. Мал арасында аз, кем тукум. Кеч күздө буура кире баштап, каймал күсөгөн маалда экөөнү жакындаштырып чөгөрөт.

Багуусу келишсе эки жылда бир ботолойт. Көп учурда андан да көп жылдап кетет. Ботолору бечел. Жарым айлап, бир айлап зорго телчигет. Кийизден жабуу жасап, энесине жалгазат. Упчулап сүт берет. Жа-

айтта сак-сактап турбаса, жоону маңырөө ботону ар кандай ит-куш жеп кетет.

Конок болуп, төөнүн эгин жеген эркек үйүндөгү аялына да ала келүүгө тийиш. Жалгыз төөнү аттанып жүрө берсе, боюна бүткөн аялы төөчө он эки ай көтөрүп кыйналат дешет.

Ушунчалык азабы көп, тайлактары менен бери болгондо эки жүз чамалуу төөлөр четинде сары атчан, кара көрпө тебетейчен, көгала сакал арык адам жүрөт. Чапкылап төөлөрдүн алыс кеткенин кайрып айдайт. Чачылгандарын чогултат.

Кыймылга баятан көз салган Болот кыя жолдо келатат. Алдында Керкашкасы. Ал бийик төрт асыл. Бели толгон. Такалуу туягы ташты катыратып, эргип, кажанып басат.

— Төөсү мынча болгон соң, калган малына эсеп жетпейт го? — деп күбүрөдү. — Ээси ким болду экен төөлөрдүн?

Бул аймактык адам болгондуктан, тигил сары атчандан ансап чыккан Акмөөр дайнын суран алмакка бура тартты. Төөлөрдү аралап жөнөдү... Тайлактардын тыбыт чокусунан кыска кулактарынын учу мулуят. Көзү жайнап, үстүнкү эрди жырык. Бу-буласа тиштери көрүнөт. Ийри моюн, кош өркөчү тик. Тегерек таман. Адамдын көңүлүн куштарлантып карап эле турчудан. Көбүнүн түсү түтүн сымал бозомтук. Каралжыны, саргычы бар. Булуттан үзүлүп калгансыган актары жүрөт. Алар суу түбүндөгү май таштай алыстан эле чаңкаят.

Кыш чилдеде кирип ууртунан көбүк агызып, малжанга кол салчу бууралардын азыр жини кагылган. Оттоо менен алек. Тайлагына имерчиктеп, жайылган каймалдар. Көккө тоюгаары менен ээлери жүнүн тоногон. Жаргак сымал тасырайган терилери жаңыдан кылчык. Күн нуруна жылтырап майланышат.

Жолоочу беттеп бастырганда төөчү да атын моюнга чаап, утурлады.

— Ватсалоому алеку, аксакал. — Озунуп салам айткан Болот, өкүм Керкашканын омуроосун төөчүнүн атынын капталынан өткөрө түшүп, колун берди.

— Увалекума атсалам, баатыр! — деп карыя колун алып, кыса-кыса кармады. Ээр токуму келишкен жигиттин минген атынан, кийим-кечесинен, кабак-кашына чейин кирпик ирмемде көзү чалып өтүп:

— Ие, жол болсун баатыр? — деди, сакалын сербейте назарын бурган төөчү:

— Андай болсун, аксакал, — деди да, — бу Жантай хандын айылына кайсыл жол менен барса болот? — деп калды.

* * *

...Баягы өзүнүн шилтөөсү менен Баяке колдуу болуп өлгөн Курманы Жантай жик чыгарбай көмдүргөн. Тестиер кызы көзү менен көрүп олтурса, жик чыкпай калчу беле. Айын-айын сөз болот. Айылдагы ар кимге жетет. Ал акыры Курманын атасы Досойго да угулат. Боорунан жаралган чырактай кызы үчүн ата кан жутат. Белдүү ага-туугандуу ал: «Кызым өз ажалынан өлбөй киши колдуу болуптур. Кун тартсын!» дейт. Курманын өлгөнүнө кейип эмес, төшөгүн тебелеген неменин ким экенин билип, канын иче албай калганга жаны кашайган Жантай, адегенде тирүү айгак өз кызынын көзүн тазалайт. Жүрөгү зилдеп, көзүнөн кан аккан кызын Какшаалга мал айдап, тери-жүн тарткан кербен менен кетирет. Ай өткөрүп туруп Капалды кайнатасына шилтейт:

— Баргын. Өз оозунан уккун. Эмне кун алат экен өлгөн кызы үчүн?

Капал кетти. Тактап кайтты, Досойдун кескенин айтты:

— Баатыр, кунуна жүз төө төлөсүн дейт кайын атаңыз.

Алып көнгөн, берип көнбөгөн хан түктөйөт. Мандашын ондойт. Көзүнөн ызгаар чачат. Катуу буйрук берет:

— Төөлөрүмдү бактыргын, менден кун алачаак неме! Ар он биринчи тайлак — ошонуку. Жүз төө алганга чейин бакпай айныл турган болсо, айылы чабылат. Малы талоонго түшөт!

Болотко биринчи жолуккан ошол Курманын атасы Досой. Жигит хандын айылын сураганда анын өңү бузулду.

— А Жантай канкордун эмнеси болосуң?

— Жакыны деле эмесмин, аксакал, үч жыл мурда... Сон-Көлдөн таежемди алып кетти эле. Ошол таежеме учурашканы келдим. Аты Акмөөр.

— Кое тур, кое тур! — деди карыя көңүл буруп элпектенип. — Бастыр, четке түшөлү. Канжыгада азык бар. Тамактаналы, — деп катар бастырып сурамжылай берди. — Чагымда алыстан келаткансың го? Качан чыктың эле?

— Кечээ эртең менен...

— Бүгүн жете келдиңби?.. Баракелде-баракелде. Атың ат эмес бекен. Канталыңда канаты бар кайберенден жалгашкан мал тура. Кайсы жердин жылкысынын тукуму өзү?

— Түштүк тараптын...

— Токто, токто... Чагымда кырабайыр менен тобурчактын ортосунан окшойт, жаныбар! Өзүң дагы ошол тараптансыңбы?

— Башы ошол тараптык болом.

— Токто, токто, эсеби урутуң кайсы эл?

— Карабагыш дешет.

— Токто, токто! — Карыя атының тизгинин тарта калды. — Алиги, жанагы «Акмөөр» деген күйүттүү казалды чыгарып жүргөн сен болуп жүрбөгүн? Жашырба менден, чынынды айт!

— Болсо болгондур... Аны кайдан билесиз?

— Агер казалды чыгарган сен болсоң, өзүңдөн мурда ырың жеткен быякка. Канкор жок жерде билгенге ырдатышып, жан бүткөндүн баары угат. Кемпир-кесектер чымкырыгын алып ыргытып, жашын сүртүшөт. Жанагы көрөөр көз Акмөөр деген немең өзү ырдан, солкулдан ыйлайт деп чайчылары айтат экен. Аның, чагымда, тарттырып нйген немең го, ыя?

Болот жүрөгүнө канжар жегендей селейе түштү.

— Эгер казалды чыгарган жигит сен болсоң? — деди атын тык токтотуп көзү каканактаган карыя, — менин сынарым турбайсыңбы? Мендей шордуу турбайсыңбы? Сен таеженди тарттырып боздоп жүрсөң, мен кызымды өлтүртүп алып, төөсүн кайтарып сыздап жүрөм, кокуй! — деди да эгилип бакырып нйди. Ат үстүндө титиреп өксүдү. Бир колу менен карыяны жөлөп-сүйөгөн Болоттун бетин да жаш жууду. Эки мундууга төөлөр баш көтөрүп элейишти. Инген, эмген тайлагына чатын керди.

Биринин зарын бири түшүнгөн экөө заматта атабала өңдөнүп кетти.

* * *

Акмөөрдү олжологон хан тараптар Соң-Көлдөн кайра тартышкан. Шаан-шөкөт менен шарактап келген жолдоруна түшкөн. Жумгалды карай аккан көк ирим суунун боюнда өргүшкөн. Жээктен өрдөк учуруп, кушка алдырышты. Чий арасынан, терскен түбүнөн коен ка-

чырып, куш шилтешти. Суунун айрыктарын буушуп, балык кармашты. Чапкылап чер жазуу. Шатыран бастырып, каткыруу.

Обочо тигилген ак чатыр. Анда жеңе кароосунда келаткан Акмөөр гана мундуу.

Кошуун Кара-Кужур боюна өргүдү. Баягы куш салуу кызыкка батуу.

Жыла жөнөшүп, Улакол аймагына өргүштү. Учкаяк аттар менен өңүткө жетип, тайган агытып, тосотту көздөй жейрен куушту. Жейрен аттырышты. Бөкөн куушту, тосоттогу мергенге каптаттырышып бөкөн атышты. Кумкайрак адырга жайылып, күн табында өсчү боз чөп оттогон бул жаныбардардын эти кандай ширин. Сорпосу тилиңи жарат. Таш кордо кылып бышырса, адам кардына батпай калганча тобойт. Боорун от ортосунда ысыткан ташка чаркырата жаап, шүйшүк каны менен жейт. Көзгө дары, өткө дары дешет. Бир жагында тай союлуп атат. Бир жагында илбээсиндерди акташат. Бир жагында кайберендин эти жыжылдайт. Чайкалган кымыз сунулат. Бака-шака чыккан үн. Дуулдаган каткырык. Жалгыз гана үстүнө үйрүлгөн жеңенин сыйын кабыл албай, эрдин кесе тиштеп кыңырылган Акмөөр.

Кошун Ысык-Көлдү жээктеп делип, тал аралай өргүдү. Мылтык атылып, өрдөк учурулат, каз учурулат. Көнөктөй көк куштар, боз куштар биринин соңунан бири канат сабап жөнөйт. Кууганына жетип, өрдөктү мыкчып, казды мыкчып, жумаланып жерге түшөт куштар. Чапкылап жөнөп, куштун алганын ажыраткандар да жыргалда. Көрүп тургандар да жыргалда. Жалгыз гана Акмөөр суз.

...Алды менен сүйүнчүлөөгө киши чаптырган шандуу топ айылга келди. Жүз баш ак үйгө Акмөөр кийрилди. Башындагы шөкүлө боюн узарткан Акмөөр ак кымкап көшөгө ичине отургузулду. Жанында мындан ары үй кызматында болчу түлкүдөй кылактаган айылдык сулуу келин Акинай. Жүрөгүн кабынан сууруп чапкан ал жол жүрүп чарчап келген хан колуктусунун колун кармалайт. Мандайынан сүйөт. «Суусун жутасыңбы, кымыз ширеңбиң?» деп үйрүлөт. Акмөөр эрдин тиштеп, башын чайкайт. Көзү чүңүрөйүп, эрди кеберсип, бели кындай, ичи ичине жабышкан. Алы кеткенине, тамак өтпөгөнүнө купуя кубанат, «Өзүмө өзүм кылгамын. Өзүмө өзүм ушул коогаланды сурап алдым. Никеге жеткирбей ала көр, кудай!» деп ичинен зарлайт.

Акмөөр бейбак жаш болсо да көк экен. Убадага бек экен. Нечен мертебе нике кыймакчы болуп кирген молдону даарытпады. Никеге макул болбоду. Никени кабыл албады. Азап тарткан ата-энеси, бүлүнгөн айылы, айлуу түндүү Соң-Көл, эрдинен сүйгөн Болот алыс калды. Бөлүндү. Эми өзү өлсө, хан алардын эч кимисин күнөөлөй албайт. Никеге макулдук бербей өлгөн өзү шарыятты бузуп жанын кыйгандыгы үчүн тозокко түшөөрүнө кайыл.

Арадан үч күн өтөт. Молдодон айла кетет. Бир айлдын белин омуруп, дегенин орундатып, кызын тартып келген Жантай... Олтурган жерине уй оттоп, ит шимшип келе жатса окчундап эле аттырып салчу Жантай... Суу жээгиндеги жалгыз чырпыктай Акмөөрдүн көктүгү ырбап баратканга сакал-муруту бириндеди. Ага даярдануурга жигиттерин буюрду да, молдону алдырды. Теспесин колуна алып, жер тиктеген молдосу кирди.

— Сен, — деди хан, — үргүлөгөн жан бакты окшойсун! Бүгүн никени бүтүргүн! — дейт да чыгып кетет. Денесин калтырак баскан молдо Акмөөр турган үйдө. Чайнек коюлган керинейинен чоктун түтүнү үлбүрөп. суусу шуулдаган жалтырак самоор. Дасторкон бетине чагып салган май таштар жатат. Омурулган сары таштар жатат.

Молдо колундагы чыныга чайнектен өттөй бирдеме куйду да, самоордун чоргосунан ысык суу кошту. Алдына чынысын таштап коюп, ичине ак таштан бир чагым, сары таштан бир чагым таштады. Чулп түшкөн эки таш муздун сыныгындай жылп эриди. Алдыртан көз салып олтурган Акмөөр буга айран калды да:

— Бул эмне таштар, бат эле эрип кеткен? — деди.

Көктөн издегени жерден табылган молдо чынысын элпек сунду;

— Даамын өзүң татып көрчү, чырагым?

Ичи ысып, каны каткан Акмөөр чыныны алды. Илеп тартып, саргыч сууну татыды. Дагы татыды... Жайлоодо жаандан кийин күн чайыттай ачылганда кыз-келиндер менен тескейге жабылышчу эле. Көк шимүүрдүн башын түктүү сабагынан үзүп алып, ар бутагын сууруп, упчудай сорушчу. Таттуу тамчы таңдайды тамшантчу. Береги чыныдагы өзү таткан суунун даамы дал эле ошол шимүүрдүн ширеси, тобо!

— Чаңкап турдум эле, ичейинчи айып этпесеңиз?

— Иче гой, чырагым, иче гой! Кайталап ич, чырагым! Дагы ич, чырагым!

— Бу бат эрип, таттуу даам берген эмне деген таштар болот!

— Чырагым, бу ишке кайып таштары...

— Кантип? — Чочуган Акмөөрдүн колунан чыны түшүп кетти.

— Сизге, энди, — деди кирпиги үлпүлдөгөн молдо, — хан ишкеси жүрүп калды. Билбей ичип алдыңыз ишке суусун. Ишшалла, шундай болуп калды кү[1].

Акмөөр ары туйлап, бери туйлап кыйналып, ботодой боздоп үн катып зарлады. Ишкенин иши ишке да! Аны бузууга акысыз. Анда ата-энеси кара бет болуп, өзү тозокто албырттайт да... Айла канча...

Каптал чайдын кочкул сары чыкканын, кант менен набаттын чагымын биринчи жолу көргөн Акмөөр дендароо болуп ордунан турду. Сырт көйнөктүн ичинен, ич көйнөктүн сыртынан белин кыйып бараткан курду молдого көрсөттү:

— Үзүңүзчү муну?

Жаш башты капканына түшүргөн молдо ыргып кетти. Кестигин жалаң эттире, ширинин чырт кести.

* * *

Күн өткөн сайын, ай өткөн сайын, жыл өткөн сайын Жантай жаш токолу Акмөөргө өтө берилди. Жигиттерине куш кондуруп, тайган жетелеттирип, көңүл ачканы аңга чыгат. Кеч киргенде атынын башын Акмөөр турган үйгө бурат. Маселелүү жыйынга кетет. Эки күн, үч күн кармалат. Аяктаганда аттанып жөнөп, Акмөөр жашаган үйүнө келип түшөт. Айтор, жүз күнүнүн токсону Акмөөрдүн жаздыгында.

Элүү үч жашында он бештеги Акмөөрдөн ишке буюрган ал ички кубанычын жүзүнөн, баскан-турганынан байкатпайт. Баягысындай эле таноосу кыпчыла кабак чытып суз. Буйрукту жигиттерине сурданып берет. Аткарылышын күтөт.

Жорго чыгаар кунанды, күлүк чыгаар кунанды, деле мыкты ат чыгаар кунанды асыйга толгондо жаз алды менен айгыр салат. Андай айгырды кулун туун, үйүрдөн үйүргө кошулган сары таман бээлерге агытпайт.

---

[1] Акын А. Токтомушевден пайдаланылды.

Өнчөй кунан чыкма же бышты чыкма байталдардан жетиден он бирге чейин тонтон, жал-куйругун кыркып, бөлөт. Баятан ыргыштаган байталдарды тиктете ээликтирип, жер чапчытып, суулуктан тургач жаш айгырдын ноктосун шыпырып коё берет. Ал, оңол эле жерден башты чулгун, кулакты жанырын, жаш байталдарга ээ экенин биле, эркинче болоорун түйгандай алкынып жөнөйт. Тымтыракайын чыгара тобун бузоай куун, кажып, алыска-алыска кырды аңыра айдап жөнөйт арыстанча түрго келген жаш айгыр.

Күзүндө күлүк чыгаардын да, жорго чыгаардын да жиликтери жооноёт. Төш керилип, өркөчү бийиктейт. Жал төгүлүп, мойну созулат. Кулагы айкалышып, көзү жайнайт. Соорусу данкайып, чаткаягы кецейет. Эмне үчүн? Жаш айгырга жаш байталдар жакканы үчүн ушундай. Анан аземден минээр айгырды келерки жазда бычын таштайт.

Жантай бул жоруктун себептерин балээдей билет. Ошон үчүн «куунак өткөрөйүн өмүрдү, көп жашайын жарыкчылыкта», — деп жаңы тамак сиңимдүү болгондуктан, ичип-жеп, жаш өмүр жашка жаштык кошкондуктан, өз балдарынан алда канча кичүү Акмөөрго зордук менен үйлөнүп олтурбайбы. Ачкөздөнүп ынсабын агытып үйлөнүп олтурбайбы. Мындай жоругун баскан турган адамдар деле билишет. Түшүнөт. Бирок, алар унчугушпайт. Ийне жеген иттей ой азабын тартып, ичтен болуп кыпырылышат. «Арты кандай болоор экен, балакеттин!» дешип күцкүлдөшөт. Адилеттик менен да, ич тарлык менен да күцкүлдөшөт. Элдин көзү көп, көрүп жатканын, элдин кулагы көп, угуп жатканын Жантай өзү ачык баамдай албайт. Анын өмүрүн узартууга кылган жан далбасына тагдырдын анчалык деле жибип кетпеси Жантайдын үч уктаса түшүнө кирбейт.

Таң сүрө босогосунда жез чылапчын коюлуу. Жанындагы ак куу түспөлүнө окшош күмүш чөгүн жылуу сууга толтура. Төрт бурчтанган эки тараптуу парча көшөгөнү серпип Жантай тура келет. Даарат алат. Төргө ак кийиз жазып, намазга жыгылат. «Акылымдан адаштырба? Арам жолго салба? Байлыгыма алдастатпа? Бактыма зөөкүрлөнтпө? Ак жашап, ак өтөйүн? Оо дүйнөндөн сооп табайын! Жараткан аллам!» деп кудайдан өтүнүч тилейт. Өткөн пайгамбар-саабалардын арбагына куран окуп, бата этет. Алардан да шыпаа, жардам болушуна көзү жайнайт, пендем!

...Ай, пендечилик ай! Ай, тирүүчүлүк-ай! Тирүүчүлүк!

Эмне деген баш аламандык бул?! Көпөлөк менен бара-бар кыска өмүрдүн ичинде айбанаттан өткөн, акыл-эси төлө элек баладай нике баргандык бул!

* * *

Ыйык нике — бирине-бири ишенүү нике Акмөөрдүн да дилин эриме баш ийдирген. Күйүтүнүн жалыны астап алтурун өчкөн. Көктүккө салган талабы жанган, бошо-гон. Күн өтө, ай өтө, жыл өтө, бою дагы өскөн. Денеси эт байлаган. Көзү койгулттанган. Каруу булчундары, тен томпоктору көйнөк көкүрөгүн түртө баштаган. Жыпар жыт самынга жуулчу кара чачы, кара кашы жалтырайт. Эриндери албырат. Жылмайса ак тиштери седептей нур чачат. Этегин көтөргөн соорусунда күмүш чолпу шарак оошот. Кызыл чегерим өтүктүн кончу балтыр этинде чытырайт. Үй жумушунда Акинай, Сырт жумушунда кулдар. Акмөөрдүн милдети өз кийнмин кийүү. Даяр тамакты ичүү. Атыр жыттанып менен Болот эсине түшсө, өзөгү сыздайт. Күрмөп жутул-ган чүкөдөй каргыш, кызыл өңгөчүн сыдырып өтөт. Көз кычыгына тамчы толот. Өткөн күндөрү, Соң-Көл түндө-рү түшүнө кирсе, улутунуп ойгонот... Төшөгү муздак се-зилип, хан тарантан шамал үйлөйт.

Күн уясына жакындап, кыл чокуларда нуру турган. Келин-кыздарга аралаша селкинчек тээп, карагай ара-лап, бадалы жыш суу бойлоп кайткан Акмөөр Акинай менен топташ ойноп үйүндө эле. Аш даярдоочу кул эшик ачып жүгүндү.

— Жаңы мейман келди.

Ойсоктогон Акинай:

— Келсе, мейман үйгө киргизгиле. Түрүнө жараша, сый көрсөткүлө. Жумушу ханда болсо, сапарлап кетке-нин айткыла, — деди.

Шарт кайра тартпай ордунда турган кул сөз кошту:

— Акмөөр айымдын тууганы экен! Акмөөр апанын өзүнө учурашамын дейт.

— Ыя!? — деп Акмөөр элейди. Колундагы топташ жерге чачылды. Үч жылдан бери тууганы келди деген сөздү уга элек неменин жүзү албырып, бир кубарды. Үнүн пас чыгарып, кулдан сурады:

— Кандай тууганы болот экен, өзү?

— Жээнимин дейт.

— Эмне? Жээнимин? Аты ким экен?

— Бекиш деди го чагымда.

Жүрөгү оозуна тыгылган Акмөөр ийин менен дем алды. Кара күчкө жылмайып, Акинайга кан какты:

— Чоо-жайын тактап келчи, секет? Кандайча жээн экен? Кайсы айылдан келиптир?

Күл кетти. Артынан шыпылдап Акинай жөнөдү. Акинай бат кайтты. Шакылдап сүйлөй баштады:

— Кара чечекей эле жээнин болом дейт. Атым Бекиш болот дейт. Жумгал элинде турам дейт. Атайы ат арытып учурашканы келдим дейт. Акмөөргө учурашып алып эле кайтам дейт.

— Өңү кандай неме экен?

— Кабак-каштуу, кыр мурун. Оң көзү кылыгый өңдөнөбү? Шымдактай бойлуу жигит. Адамды теше тиктеп, аласасы бардай сумсайган неме окшоду, союлгурун! — деп күлдү.— Кандай жээниң болот? — деп сурагыча, Акмөөр ордунан турду. Билериктүү билеги көтөрүлдү. Шакек толгон салаасы бетин басты. Денеси титиреп, бүлкүлдөп, буркурап ыйлады. Жашы билеги ылдый сызылды.

Аленгир болгон Акинай шап кучактады. Эч нерсеге түшүнбөй.

— Карабасканда эмне болуп кетти? Айтчы, жаным? Түшүнтчү, жүрөгүм? Жакыныңбы? Бир тууганыңбы?.. Ыйлабай, сүйүнбөйсүңбү ботом!

Жанараак эле бутагынан кош карагайга байланган кыл аркан селкинчекте отурган Акмөөр:

— Жүрөгүм бир түркүн окторулуп кетти да? — деген Акинайга.

— Катуу күүлөнгөндүкү ал, — деп жооп берген эле Акинай. — Андан калса булут тиштеп түшчүдөй деле бийикке серпилет экенсиң! Башкалар байкадыбы, билбейм, этек-жеңиң делбиреп мага киндигиңен бери көрүндү, хи-хи...

Акмөөр Акинайдын күйдүргү сөзүнө шыңкылдап күлүп алды да:

— Соң-Көлдө карагай жок. Алабакан тепчүбүз. Жигиттер аралашып, жигиттер күүлөчү, — деген.

Акинай менен суу чачышып ойноп атып да, көкүрөгүн басып тура калган.

— Жүрөгүм дагы окторулуп кетти да?!

— Сүйүнчү белең мындай белгиңе?

— Белги кылып көргөн эмесмин.

— Хан сапарынан кайтканы ошо! — деп Акинай кыт-

кыт күлгөн. — Сакалыңын алдына башыңды катып, эркелейт экенсиң, хи-хи...

Көрсө, бир нерсени жүрөгү сезген тура. Бекеринен жүрөгү октолбогон тура. «Оң көзү кылый экен» деген де Бекиш деген неме эмес, Болоттун өзү келгенин билди. Отко кайра түштү. Күйүтү кайра оргуштады. Эми билгизбөө керек. Сырды ачпоо керек. Кантип?.. Кантип?!

* * *

Хан айылына кантип барыштын, атты каякка байлаштын, кайсы жерге олтуруштун жол-жосунун Досойдон тактап билген Болот келет. Айылдан бир жарым чакырымча алыста дөңсөө. Анда бек орнотулган түндүк боюу узун арча устун. Учуна тору жылкынын куйругунан барпайта түпөк байлаган. Болот ошол жерге түштү. Керкашканын чылбырын устунга чырмай казык бошчалып байлады. Басмайылды бошотту. Камчысын сүйрөп, эки жакка элеңдебөө үчүн атайы калпагын эңкейте кийип капталдап басты. Четки үйгө, аргамжы боюу жетпей олтурду соксоюп. Эңкейгенсиген башындагы эки көзүнүн кареги тэ-э заңкайган ак үйдө. Анда Акмөөр чын олтурабы, жокпу? Жокпу. Оо кудай! Жүзүн бир көрүп, колун бир кармап, эки ооз сөз сүйлөшүп кетээр бекен? Оо, күйүт, оо, күйүт! Оо, өрттөнгөн сүйүү ай! Сүйүү, сен бычак менен кесип алмайынча, жүрөктөн ажырабаган так турбайсыңбы? Сүйүү сен, өлгөндө кошо өлчү дарт турбайсыңбы.

Олтурган мейманга бирөө басып келди. Кол алышты. Мейманды үйгө алып жөнөдү. Ошол үйдөн өз атын «Бекиш» кыла койгон Болот жайын айтты. Кул аркылуу жетти. Акинайдын сүрөттөөсү менен Акмөөргө дайын болду. Жооп күткөн, көрүшүүнү самаган Болоттун ичи ысып-күйүп, жүрөгү алкынып, бирок сыртка сыр чыгарбай үңкүйүп үй ичинде, капшытта жалгыз.

Акмөөр тараптан шек-шоолат жок. Кул көөкөргө жалгыз кишилик кымыз алып келди. Сыр кесеге толтуруп сунду. Досойдун кымызына тоюп алган неме жартысын ичип, кесесин алдына койду. Тиктегени болбосо балыктан бетер үн дебеген кул кесе бошобогондуктан кайталабады. Чыгып кетти. Алдына дасмал жайылды. Чыгып кеткен кул жалгыз кишилик устукан, жалгыз кишилик эт, жалгыз кишилик чык көтөрүп кайра кирди.

Мейман алдына койду да, кайра жоголду олтурбай.

Хан айылында сырт жак кулак кескендей тым-тырс. Өзү жокто жан басып келбесе керек. Жан басып өтпөсө керек. Болоттун чайнагаиы өзүнө утулат. Босогого көз кадайт. Тышка кулак түрөт. Ичи бышат. Даемалды серпип таштап, бычагын кынына уруп, чоң ак үйдү көздөй баргысы келет. Акмөөр болсо жүзүн көрүп, эки ооз сөз айтып, Керкашкасына аттанып жөнөп кеткиси келет.

Жок. Кыймыл өзгөрдү. Жанагы кул ичкиге кирди. Унчукпай-этпей даемалды жыйнады. Коштугундагы жацысын жазды. Экинчи кул энтигип, самоор көтөрүп кирди. Берки чыгып кетип, мейиз, кант, боорсок толгон паднусту ак пияласы менен алдыга койду. Самоор керинейиндеги чайнектен ак чыныга демделген жыпар жыт чай куюп, үстүнө самоордон буулантып ысыгын шорголотту. Кулдун бири кетип, бири мейманга чыны сунуп, чыны алып сыйлап олтурду. Лам ооз ачпай тынч олтурду. Хан айылында тартип ушундай экен. Хан айылында жөрөлгө ушундай сүрдүү экен.

Болот өзүнө болгон мамиленин өзгөргөнүн сезди. «Жашынан эстүү эле. Жашынан кишинин кирпиги менен сүйлөшкөн кыраакы эле. Акмөөрүм уяитип атабы, кудай!» деп Болоттун санаасы, кырга чыгып делбирейт. Санаасы, ойго түшүп сенделет.

Чай жыйналгандан кийин козунун башы бар жацы табак жана тартылды. Кул өзү да ала келген бычак менен этти устукандап, мейман таранка оцтойлото койду. Мейман шылып-кесип жей баштаганда, өзү дагы тиешелүүсүн алып кошо жеди. Бир аздан кийин эт тууроого өттү. Болот мандайындагы жер тиктеген карakөз жигитти тиктей берип:

— Бул үйдө сүйлөөгө болбойбу? — деп калды.

— Уруксат жок. Малайлык милдетибизди гана билебиз. Сүйлөшчү кишилер башка.

— Үй-бүлөңдүн алдындачы?

— Үй-бүлө, ага-тууганды билбейбиз. Какшаалдан сатылып келингенбиз.

— Кандай күн болот анда? — деди Болот чочуган кейипте. — Үйлөнүп бала-бакыра күтпөйсүңбү?

— Андай күндү кудай-таалам мандайга жазбаптыр! От жагабыз. Аш даярдайбыз. Бошогондо эс алабыз. Уктайбыз. Кийинки күнү баягы ишибизди кайра баштайбыз.

— Калың берүүгө кудуретиң жетпесе, өзүңө окшоп

казан-аяк кармаган кыз-келинден күч бардыр? Ошондойго үйлөнүп...

— Мени сатканда эле, жараксыз кылып таштаган.

Маектешин аткан Болот кулагына ишенбегендей чайнаган эти жутулбай, тамагына туруп калды.

* * *

Хан жокто Акмөөрдүн үстүнө Акинайдан башка жан баш бакпайт. Бул жосунду бузбоо үчүн сыртта, алыстан байкап саксактап турчулар бар. «Жаңы мейманды аты Бекиш экен, көз белгиси Болоттуку. А, балким башкадыр? Элде кылый көз бирөө эле эмес?» Ушундайча купуя санаа чеккен Акмөөр ыйын токтотот.

— Эл-жерди сагынган турбайымбы, секет! — дейт Акинайга жалбара карап. — «Тууганын издеп келиптир» дегенге жашым токтобой кетпединби. Жүрү, учурашып, ал-абал сурашып кайталы,— деп «Мейман үйгө» басышат. Айлананы тымызын чалып бараткан Акмөөр тээ окчун дөбөдөгү түпөктүү устунду карады. Анда соорусун салып аза байлаган ат турат. Негедир көзгө жылуу. Атты абайлап тиктеди. Жашы кургай элек кареги тунарыктап «Балким, башкадыр?» деди. Ат аңгыча, жаныбар сездиби же Болотту издедиби, болбосо адам карааның карагысы келдиби, бурандап соорусун нары имерди, бурулуп, башын көтөрдү. Шамдай тикийген кош кулактын ортосунан таноосуна чейин аккан кашкасы жарк этти. Эми Акмөөр Керкашканы даана тааныды. Жүрөгү ыргып кете жаздады... Баягыда суулуктап туруп биринчи жолу бетаарчы сунбады беле, Болотко. Байлануу турса кулагын кашып, жаагын кашып, таноосунун жанынан жыттоочу эмес беле! Сылап-сыйпаганга ал дагы кыял көрсөтчү. Акмөөрдүн жеңин эриндери кыймылдай сыйпалап, тумшугу менен көкүрөккө түртчү.

Ушуларды эстеген Акмөөр эчкирип иеринде, өзүн карманып тиштенди. Манжалары карышты. Дене-бою титиреп, жүүртө отура калды.

— Эмне болду сага? — деди Акинай үйрүлүп.

— Көңүлүм айнып ке... Кайра үйгө киреличи,— деп артка бурулган.

— Жээн эс алсын. Эртең учурашабыз. Жакшылап коноктогула,— деп Акинайга буюрган. Болотту ызаттап калышы, кайрадан жаңы дасмал жайылып, мандайынан кулдун чыкпай калышы ошондон улам.

Дасмал жыйылды кол жуулду. Мейман сыртка чык-ты. Күн батып, ширп чалып келаткан. Жаи жоктой күм-бөз кебетеленип ак үй тарап тынч. Сурданып сүрдүү. Жанына басып келген кул:

— Айым сиз менен эртең күндүз, ушул үйдө учура-шат,— деди да түпөктүү устун жакка колун жанса-ды. — Атыңыздан кам санабаңыз. Кайсы маалда отко коелу?.. Аа, куп-куп. Энди жатаар жайыңызды айым-дын чайчысы тууралайт. Кана, энди соо-саламат болу-ңуз. Жакшы жатып, жай турунуз?

Акмөөргө бүгүн көрүшпөгөнүнө айгапта болгон Бо-лот, кул көрсөткөн багытка басты. Кайра тартты. Шы-бырт чыкканынан жатак үйгө келди. Асма шамдын жа-нында көзүнөн күлүп, сырдуу карап, жанагы чоо-жай сурап кеткен келин турат. Мейман босогого тура калды.

— Ии, изин жашырган конок! — деди келин башта-ган жерден эле оштоно. — Хан айылына айбыкпай ка-чырып киргенин кара! Жигиттерди чакыртып, адебинди колуна бердирейинби? Же ооз басырык төлөйсүңбү?

Болот мандайындагы шынга бойлуу, сулуусунан кел-ген шок көздүү, жарык паанай бул келинден бир жы-луулук сезди, дабдаарый түштү:

— Каалаганындай болсун, аяш! — деп жиберди ба-гынып да, жагынып да.

— Каалаганымдайбы?.. Эмне төлөөр элең каалага-нымдай болсо?

— Колумда барын!

— Убадага бексинби?

— Бош болуп кайда качат элем? Кармоонузга тур-байымбы?

— Тилиңе тишиң күбөө!. Танып кетем деп ойлобо-гун. Буга чейин, кудая тобо, жигитке алдата элекмин. Хи-хи-хи..

* * *

...Акмөөр мейман камын Акинайга тапшырып коюп нары толгонгон, бери толгонгон. Шыкаалаарга тешик издеген, чыгаарга эшик издеген. Тешикти да Акинайдан тапкыдай. Эшикти да Акинайдан тапкыдай. Акинайды улам жалт тиктейт. Улам жалооруп тиктейт. Ал дагы суроолуу көз караштан бир нерсени сезди.

— Ханшайым! — деди ал күлүп. — Мынчалык эле эмнеге аялуу көрүнүп атасың мага? Үч жылдан бери

экөөбүздүн ортобузда бир хан төшөгү бөлбөсө, бир менин эримин төшөгү бөлбөсө, кошоктошуп жүрөбүз го? Айтылбаган кайсы сөзүбүз калды? Жашыраар кайсы сырыбыз калды. Азыр хан да үйүндө жок. Аны ээрчип эрим да сапарда. Мыкчылбай, бетинди кан тээп туталанбай, сырынды айтчы бачым?..

Акинай алдына Акмөөр чөгөлөйт. Энкейип ийнине кол арткан ага чалкалап жалбарат:

— Эл көзүндө сага мен буйрук берейин. Эл жок жерде өзүң мени кол кычкачындай урун. Отунуң менен киргиз, күлүң менен чыгар!... Мени тарттырып жиберип журтта калган... асманды карап улуп күйүттүү ыр чыгарган Болот издеп келген тура! Жүздөшүүгө жаныңан кечип келген тура! Жаңы келген мейман ошонун өзү. Сообубузга калсаң дагы өзүң бил. Каргышыбызга калсаң дагы өзүң бил. Бул сапар экөөбүздүн тагдырыбыз сенин алаканыңда турат. От болуп күйүп кете албай, коргошун болуп эрип кете албай турат, аралыгы чукул эки үй ичиндеги эки жүрөк?

Бул иштин амалын Акинай оңой эле тапкан. Өзүнүкүнө окшош жоолукту, кемселди, көйнөктү тыкан ороп, колтукка кыскан. Көөкөр кармап, мейман үйүнө келген. Шам жандыргыча сырттан Болот да кирди. Акинай шакаба менен каптап кирди жаңы мейманды.

— «Эр башына күн түшсө, өтүгү менен суу кечет» дейт. Мурда эркек болсоң, азыр аял болосуң да, айыл кыдырасың. А мен болсом... — деп Болоттун кемселин чечтирди. Жоолук салынтып, аялча кийинтти.

— Кана, менче басып, хан үйүнө кеткин. Кайсы убакта жиберээрди, аяктагы киши билет. Мен шамды өчүрүп, төшөгүндү кайтарамын. Тез жөнөгүн! Өлүп калбай, тирүү бөлүнүшкүлө!

— Өлсөм, арбагым ыраазы, аяш! — деген Болот жүгүнүп алып, чыгып кетти. Акинай кеткенден Акмөөр калтыраган колу менен шамды жандырды. Калтыраган колу менен үстүн түзөдү. Калтыраган манжалары менен кемселинин боюндагы чоң күмүш топчуларды чечти. Шаректабас үчүн чолпуларын чогулта кармап, жан чөнтөгүнө салды. Оймо-чиймеленген, сырдалган арча каалганы ачык калтырып, Болотту оро-парада күттү.

Сырттан шыбырт жакындады. Акмөөрдүн кирпиги кайкалай жайнаган көзү эшиктен өттү.

Сырты аппак үзүк туурдукка капталган, керегелерге чырмалган чий оролуп, килем төшөлгөн. Килем тартылган хан үйүндө түндүктөн башка жылчык болбойт.

Боз үй эшикке серпилди. Шып этип аял түрүлдөгү Болот кирди. Көөкөрдү таштай коюп, Акмөөргө айкалышты. Үн чыгарышпады. Чектен ашык бирин-бири кысышты. Биринин кулак түбүнө биринин тумшугу тыгылып, кыймылсыз таш болуп катып калышты. Өпкөлөрү көөдөнгө батпай, кыстыкканда гана дем алышты. Жылуу эрин жабышып, жылуу жаш өңүрөктөрүнө куюлду. Оо, бир топто эстерин жыйды. Акмөөр бошоп кетенчиктеди. Жоолугун түзөдү. Чолунун жибин чачынан жандырып керегеге илди. Комселенип, апам чыптамасын чечип атып Болотко көз таштады. Ал хан босогосуна олтура калып, өтүгүн тактады. Кийимчен шымына чейин чечинип, сайма ычкыры чубалган ак дамбал-көйнөкчөн болду да, эки тарабына ачылма тор бурчтуу көшөгөнүн ичине Акмөөрдү бөктөргөн боюнча кирип кетти...

...Эл алды тургуча Болот кайтып келди. Анын кийимдерин чечтире салып, шып-шыпыр орон коллтугуна кыскан Акинай сыртка чыкты. Желбоонун илмегин кырчоодон тартты. Үйдү айлана басып, боону серпип, шейман жаткан үйдүн түндүгүн жарым-жартылай тарткан болуп койду да, кетти.

* * *

Күн көтөрүлдү. Кул мейманга чай сунуп олтурган. Акмөөр Акинайды ээрчитип учураштыканы үстүнө кирди. Окчун, каншылта жүйүртө басып олтурушту. Оозу учтары менен учурашты. Эсендик сурашкан болду. Кайтарында дагы жолугушаарын билгизип ордунан турду. Акинай Акмөөргө эшикти көтөрө берип кулга эскертти:

— Жээнди жакшылап сыйлагыла. Таарынып кетпегидей болсун таежесине.

Кул тура калып жүгүндү:

— Жаным менен айым!

Кезектеги түн дагы жыргалда өттү. Кирпик кагышпады. Өбүшүп өбүшкөнгө тоюшпады. Күбүрөшүп, сөздөрү түгөнбөдү.

Таңдан мурда жаткан үйгө жээн кайтып келди. Сурабай-этпей эле жигиттин оозунан соруп алган Акинай сыртка чыкты. Түндүктү серпип коюп жөнөдү.

Карагай сүйрөткөн аттай теңселип калган Болот үйдөн чыкты да, Керкашканы шылтоолоп кыр ашты. Ал чүкүл эле коктуда оттоп турат. Ээсин көрүп окуранып бурулду. Соксондоп, секирип басты, Болот: «Жаныба-

рым! Ак жолтоюм!» деп, дилинде жалынды. Жетип мойнунан чылбырын бошотту. Чидерин алды. Туура тартып, жайдак минди. Бадалдуу көктүнү өрдөп, алда кайда кетти. Карагайлуу беттерди кадуулап, чыргайдын көлөкөсүндөгү уюлгуган чөпкө кемселин айкарасынан таштады. Үстүнө суналып, күрүлдөп, таш уйкуну баштады.

Кеч бешимде ойгонду. Желкесин алаканына жаздады. Көк асман. Тоо баштарында кербен сымал чиркеше жылган булуттар... Болот бул тагдырына ыраазы. Деген менен сагынычы тарагансыды. Көксөөсү суугансып... Бир туруп айгапта: Акмөөрдөн алыстап кеткенден кийин жанын сыйпалап айланага телмирип издейт. Көөдөнү өрттөнүп, жүрөгү күчөп сыздайт. Кандай айла табат?! Акмөөр жети курчалган темир коргондо турат. Өзү айталаада тентиреп, жалгыз жүрөт.

Башы катты. Ордунан турду. Шар суунун боюна келип, чечинди. Кечип баратып өбүшүүнүн белгилерин суу бетинен байкап токтоду: «Соң-Көлдөн тапкан чүрөгүм, менден кем сагынбаптыр. Сүлүк курттай жабышты». Шар суу таштын түбүнө имерилет, ак бажыр болуп кайнайт. Ирим тандап чөмүлдү. Аласалып чумкуду. Сергип чыйралып, жээкке чыкты. Кечинде Акмөөрүн кайрадан көрөрүн эстеп, кубанып кетти.

* * *

Бирөөнүн өзүн көрбөй туруп, ал тууралуу маанилүү окуяларды угуу, аны кайталап айтып, улам толуктап улам көркөмдөп, ооздон оозго көчүрүү — себепкер адамдын беделин көтөрөт. Ар ким андай адамды көргүсү келет. Аны менен дидарлашып, ага ак дилинен сый урмат жасагысы келет. Андай адам өзүнө таңсык болуп жүргөн жанга жолукса, эч бир кынтыгы байкалбайт. Мурдагы мактоолор аны ороп-чулгап, баскан-турганынан, күлгөнүнөн бери, сүйлөгөн сөзүнө чейин эстен чыкпагыдай кылып баамдашат. Балким, ошол макталган кишинин көз кычыгында куулуктун, жасалмалыктын шойкумдары тургандыр? Андай шойкумду, андагы ачакей сырды, такшалган, жетилген, кыраакы адам гана илип калат. Байкап көрөт.

Балким ошол макталган кишинин кийим ичиндеги дене түзүлүшү, дайыма ачыкта туруучу алкымынан мандайына чейинки жүз ажарында кандайдыр бир ички негиз не күбө болгон одонолук бардыр. Ага таңсык бо-

луп, кусадар болуп жүргөн жан анысын да сезбей калат. Бир сезсе үнду угуп, көздү тиктеп, сөздү чечип келаткан, купуялыкты жандыра алган адам гана сезет. Ошондуктан эл оозунда: «Жакшынын данкын алыстан ук, көзүн көрбө. Жанында жүрсө бир кишин» деген сөз айтылат турбайбы.

Акмөөрдүн ой менен баштап кол менен жасагандай келбетине, анысына шайкешкен эстүүлүгүнө адамгерчиликтүү, кичипейилдүүлүгүнө, ак дили менен берилген Акинай Болот чыгарган «Акмөөр» деген казалды нечен жолу укkан, үйрөнгөн. Ашык болоор Акмөөрдөй кызды таап, ашык болгон азаматты сыртынан баалаган. Ар түркүн келбетинде элестетип, жүрөгү зырп эткен тымызын. Мына эки күндөн бери ошол азаматты тилинин учу менен шакаба чалып, аны багынтып алгансып, бийлеп алгансып атат. Ооба, сага! Өзү үйдө калып, жигитти Акмөөргө жөнөткөн сайын, капталы эншерилет. Оң бөйрөгү болк этип, жүрөгү экиге бөлүнүп кетет. Шамды өчүргөндөн кийин калпагын башына кийип, эрмектейт. Сыртка кулак түрүп, эшик жакты тиктейт.

Ай, эркиндиктин жоктугу ай! Ай, хандын кандуу, чеңгели ай! Болбосо Акмөөр экөөнү олтургузуп, Болоттун колуна комуз берип, казалды өз оозунан укпайт беле Акинай чиркин!

Ошол ичинен сызган сырын Акмөөрдөн жашырган Акинай бүгүнкү кечте Болоттун үстүнө жоош кирди. Ал кичи пейилдик жасап тура калганда, алып келген аял кийимдерин суна калбастан, тоголоктогон боюнча нары алпарып керегенин башына, ууктун сабына тыкты. Жигитке жоодурай тиктеди. Эрини майда титирейт.

— Ко-ош, мырза! деди үнүн кайраттуу өңдөнтүп, — бүгүн акыркы кечибиз. Хан сапарынан кайтаар убак келди. Убадан боюнча «ооз басырыкты» төлөнүз?..

Бейкам Болот.

— Атымды алып калыңыз? — деди.

— Чабышка кошот белем? — деп чыйрыккансыды Акинай келин.

— Камчымды...

— Ким менен сабашайын? — деп ойлогонсуду Акинай келин.

— Анда бычагымды алыңыз?

— Жарынып өлсүн дейсиң го? — деп сурдангансыды Акинай келин.

— Менде болгону ушул. Эмне кыл дейсиз, аяш? — деп томсорду жигит.

— «Каалаганындай болсун» дегенсиң. Мени эркиме коймоксуң...

— Ал чын! — деп күлдү Болот.

— Чын экени чын болсо... — Акинай чукулдап жигитке бойлошту. Мойнунан имере тартып, эрдинен сорду. Ал дагы күлө бага көкүрөгүнө кысты. Келиндин мойнуна имерилген жумуру колу, жумшак денеси боюн ысытып барат.

Акинай оозун бошотту. Көзүнө көзүн кадап шыбырады:

— Каалаганым ушул болчу... Эки күнгө чыдадым. Үчүнчү күнүң менден баштапсын... Мени эритип ийбей шамды өчүргүн?

Баш тартууга шылтоо жок. Болот Акинайды кучактаган боюнча сүрүп барып, биликти үйлөдү.

* * *

Токулуу Керкашка мамыда даяр. Болот камчысын сүйрөп мейман үйүнөн чыкты. Келген күндөн бери жолукпаган кишиче, билмексен тартып учурашып калмакка келе жаткан өндөнгөн Акмөөр Акинайга килем куржун көтөртүп, ээрчише басты. Чукулдашканда сыпайгерчилик менен баш ийкешти. Кулак түрүштү... Тээ, айыл арасындагы ар кимдер жабыктан шыкаалап, эшик алдындагы отун-суусун жыйнаган болуп, кап-кечегиң күбүп, көз салып атканы үчөөнө белгилүү. Аралык алыс. Булардын сүйлөшкөн сөздөрү гана угулбайт.

— Сага арналган белек-бечкек мунун ичинде,— деди Акмөөр куржунду Болотко көзү менен көрсөтүп. — Кийген сайын эсиңе түшөөрмүн.

— Бул үчүн келбедим. Дүйнөдөгү табылгыс асылым... Түнкү жанган Чолпонум... Бир өзүңдү көрөөр бекемин деп, сыздаган тилек менен аттангамын. Бул жолку тагдырыма ыраазымын. Акинайга... дагы ыраазымын!

— Кур кетирди дешпейби? — деп Акинай Болотко куржунду олдоксон түрттү. — Сага өзү арнаган. Атыр сепкен. Жамынган сайын ашыгынды жыттаган болосуң. Ала берсеңчи анткорлонбой!

— Акмөөрдүн азыркы эмес, кыз кезинин жыты менде жүрөт,— деди Болот. — Акмөөрүмдүн өпкөнү уурдумда турат,— деп бүктөй кармаган камчысын көкүрөгүнө алып экөөнө таазим этти да,— Акмөөр,— деди му-

кактанып. — Бул жолку антыма бек тургун!.. Жол айрылышынан күтөмүн. Кыр-кырдан күтөмүн сени.

Кандай себеп менен айтылган ыйык ант экенин билгиси келген Акинай, бирде Акмөөргө, бирде Болотко карады. Оозу батып сурай албады. «Чынында эле кандай ант болду экен? Жол айрылышынан, кыр-кырдан күткөнү кандай?..»

Чыптамасынан жүзаарчы алган Акмөөр көзүнүн кычыгындагы мөлтүрөгөн жашты тамызып жибербеш үчүн басып, сүртүнду:

— Биринчи антымды алдаткамын,— деди үнү дирилдеп. — Тилегенимдей болсо, эми жанбайм. Убадамда турамын, Көкжалым!

Куржунду калтырган Болот Керкашканы карай басты. Жүрөгү аны менен кошо ээрчип бараткан Акмөөр үшкүрдү. Акинай менен сүйлөшкөн болуп көз кыйыгын албады. Болот аттанып бастыра берерде бар назары менен Акмөөргө жалт карады. Аның бул карашы жалбырттаган жалынды чачып кетти. Амалсыз, айласыз калды.

Керкашканы шуулдата бастырып, көктуга кирип жок болду. Ал үч күнү түнөгөн хан айлынан дегн эле көп узаган. Суу бойлоп улам эңиштеген жолдо келаткан. Жол курбу менен өтүп, төмөндө шүүдүрүм тал турат. Айланасы көк жашыл. Үйкудан калган неме ошол жерге көңүлү тартып туруп алат. Жакындаган сайын курбу бийиктеп, тал көрүнбөй калат экен. Керкашканын тизгинин солго, эңкейишке бурду. Бах, тал эмес бекен аа! Өзөгү кучак жеткис. Боюн шоолай берген, күчү бутактарга кетиптир. Бутактардагы бутактар төмөн ийилип, жалбыракчалары сөйкөлөнөт. Жамгырга чайкалгандай жалтырайт. Жел жойлоп өтсө күн нуру ойноп жашыл түс, көгүлтүр түс, күмүш түс болуп күлпурат. Көлөкөсүндө кемпинде отуз-кырк киши отургандай. Из түшө элек көк жашандын арасынан тырмактай желбиреөч алган сары, көк, аппак гүлдөр жайнайт. Талдан нары кемер болуп, суунун шары басап угулат.

Керкашканы талдын ачасына аса байлады. Кемселин айкарасынан таштап үстүнө сулады. Алдындагы сүт алып турган жашап быртбырт сыпып, жапырылды. Көк чөптүн жыты канылжаарын өрдөду.

...Керкашканын окуранганынан, дүпүлдөтүп жер чапчыганынан ойгонот. Чалкасынан оодарылат. Атын караса көзүн чакчарылтып, ооздугун кажып, ойдолоп атыптыр. Көлөкө чыгышка жылып, күн өзүнө жарма-

шын калыптыр. Олтура калды. Эки жагын карады. Же айбанат, же адам көрүнбөйт. Жок, кобур эшитилди. Кобур улам жакындады. Кобур көбөйдү. Бакылдашканы угулду. Турун, байкап калганынча жоон тон аттардын дүбүртү бакылдакка кошулуп, кашаттын үстү менен өтүп кетти. Ат дабышына ээленген Керкашканы жулкунтуп кырга чыкса, атчандар кетип баратат. Алардын алдында ак боз атчан, ак калпагынын төбөсү шоңнойгон бирөө бар. Көрүп эле Болоттун жүрөгү «зырп» этти. «Болду-болбоду бул Жантай хандын өзү» деди. Акмөөрдү үч күндөн бери сыга кучактап, ээлеп алган жүрөгү деле эч нерседен чочутпай оңолордун артынан жөнөйт. Алдындагылар көңүл бурбай, кете беришет. Айылга жетишет. Хан гана үйүн карай жалгыз бурулуп, калгандар баягы түпөктүү мамыга түшүшөт. Болот кошо түшөт. Кошо атын байлайт. Бирин-экиси кабак алдынан карап коюшканы болбосо, эч кимиси жай сурашпады. Хан үйүнө кирүүнүн жол-жобосун Акмөөрдөн уккан неме элди ээрчип кошо басты.

Жалпы жан үйүнө кирет экен. Аларга айылдагылар аралашат экен. Жолоочулап келгендер, хан айыл менен учурашат экен. Жана боз ат үстүндө узун көрүнгөн, караандуу көрүнгөн Жантай хан калпагын чечип-топучан калганга, чепкенин чечип бешмантчан калганга, кепичин чечип маасычан калганга орто бойлуу, кырча мурун, агы көп, жээрде сакал-муруттуу, кытмыр сары киши чоң үйдүн көшөгө жак бурчунда кичирээк көрүнүп олтурат.

Кемселдин бүчүлерүн чыгарган, белде куру, курунда кыны, кында кооз сабы жалтыраган бычагы бар, камчысын жанына койгон Болот босогодо олтурат. Баятан ханды байкап аткан неме эл киргенден аягы менен турган Акмөөргө тымызын карады. Анын да эки көзү жайнай Болотко кадалып туруптур. Болот көзүн тартып алды. Ангыча козголуш жасаган Жантай:

— Мөөр! Мобу олтурган ким? — деди. Акмөөр илгирбей:

— Жээн. Учурашканы келиптир.

— Кандай жээн болуп кетти?.. Жанагы эл кобурап жүргөн ырчы неме эмеспи?

— Ошол, ханым!

— Ии... кызык экен!.. — деген Жантайдын жүзү түктүйө түшүп оңолду. — Кана, өз кулагым менен угуп алайын, ошол ырынды айтчы? — Ал ээгин көтөрүп, сакалынын алдын кашыган болду. Болот унчуккан жок.

Кымйылдаган да жок. Айыптуу кишидей, зарлуу кишидей тиктейт. Эрди кымтылат.

— Ырдай бергин,— деди да Жантай бүтүлгөн бутун ооштуруп. — Киши жок уга турган. Мөөр экөөбүз эле турабыз... Хандын үнү жумшак. Мөөргө көзүн салса, «Ырдай бер» дегенсип жандан, бел байлатып атат. «Үшул деп зар какшап жүрүп, тирүү калганым кайсы?» деп бир толгонду. «Мен кеткенден кийин Мөөрүм кордук көрүп калбайбы?» деп эки толгонду.

Хандын үнү дагы эле жумшак. Дагы эле алп пейил. Жымыйып, алкымын кашыгансып коет.

— Ырдай бергин ырындын бар экени чын болсо?..

Акмөөр кабагын чытып, «коркпой ырдагын» дегенсип, чындап кайраттантты.

— Ханым! Момундай эле... — деди Болот шерденип.

— Кана, канаа?..

Болот бас үнгө салып, кайрыгына мукам берип баштады:

Ханым!
Кыйла жыйын жерлерде,
Кыябын таап кепти алдың,
Кызыл ат, кымкап чапандан,
Кыдырып элди көптү алдың.
«Ак чабак» дегем Акмөөрдү,
Кылканы менен жеп салдың.
«Кыз атын» уурдап Соң-Көлдө,
Кыйноосун тартып мен калдым!
Ханым!
Далай тартыш, чабышта,
Данкың чыкты: элди алдың.
Таңабы менен жерди алдың,
Жайыты менен белди алдың,
Алыста Акмөөр сулууну,
Атайы издеп не бардың?
«Асылын» көрүп Соң-Көлдө,
Азабын тартып мен калдым!

Бул ырлар мурда айтылып жүргөн. Азыр көңүлүнө түшө калган жаңысын кошо кетти:

Хан аталган сен болсоң,
Кара таман мен болсом.
Какшап ырдап зарымды,
Калк ичинде кем болом.

Ханым!
Катындарың ондогон,
Неге көзүң тойбогон!..
Келмең туруп оозунда,
Жорук кылдың оңбогон!
Атан болбой комдогон,
Ач түлкү болдуң жойлогон.

— Муну көр! — деп Жантай тура калды. Колу керегеде илинүү турган кылычка жабышты. Шашып кеткен Акмөөр билегинен кармады.

— Ханым! Сабыр этиниз? Жалгызга кылыч сууруйбу? Өзүңүз сурабадыңызбы ырды?

Жантай кетенчиктеп барып олтурду. Далысы чыга үңкүйүп турду да:

— Жамбыдан бирди бергин... Жоголсун! — деди. Таноосу кыпчылып, өңү бузулган Акмөөр жагданды ача салып жамбы алып чыкты. Жантайдын алдына койду. Ал токтолуп туруп, маасысынын башы менен Болотту карай түрттү:

— Мегин! Алгын да экинчи көзгө көрүнчү болбо!

Камчысын алган Болот тура калды. Ханга акырая бир карап, чыгып кетти.

* * *

Андан бери күн көрүүнүн тиричилиги менен алек болгон адамга, мансап издеп алпурушкан адамга он жети жыл көз ирмемде өттү. Бир ашыктыктын айынан айды санап, жылды эсептеген Болотко он жети жыл, он жети доор өндөндү. Кырк жашка чыгып, чачын ак өрдөй баштады. Күн көрүүнүн, жан багуунун толгон тиричилиги турат. Бирок, баары бир алаксыбайт. Көңүлүнө Акмөөр кылт түшөт. Жүрөгү жарылып кете жаздайт. Дейди тартып, эмне жасап атканын унутат. Биреөлөр жолугуп, бирдемелерди сүйлөп атса, же бирдемелер жөнүндө сурап калса, «ыя? ыя?» эле дей берет.

Аны бул азапка салган Акмөөрдүн экинчи жолугушуудагы мамилеси, кылыгы, берген убадасы.

...Хан көшөгөсүнүн ичинде алоолоп кыса кучакташууда... Тирсийген кош эмчегин Болоттун төшүнө тиреп, жабышып сүлүк куртча акырегинен сүйүп... Соң-Көлдө берген антында ажалга башын кыйып, бек турганын айткан. Молдого алдатып, тирүү калганын айткан. «Зарыбыз кудайдын кулагына жетип... Жашына карап, Жантай мурда өлсө... Казыгымды суурсам дагы сен тарапка барамын! Чылбырымды үзсөм дагы сен тарапка барамын... Карып бүтүп, жылтыраган көзүм турса дагы сени бир көрүүгө издейм!» деп бул жолу дагы ант айткан. Ошол ант — акылы келишкен, бой-келбети жүрөктү элжиреткен Акмөөрдүн сөзү Болоттун кулагына угулуп, мээсинде кайталанып турат.

Ошондо кудай бир кошкон жайдын түнүндө денеси ысып, сөөгү ийилчээк, бүткүл жер жүзүн өрттөп бараткансыган илебн соккон сулуусун ойдоп кучактаган. Жалбарын турун: «Сени жолдун айрылышынан күтөм! Кыр-ыкрдан күтөм! Жүрөгүм токтогончо үмүт үзбөйм!» деген.

Мына эми экөөнүн зары кудайдын кулагына чын жетиптир. Антташкан күндөн он жети жыл өткөндө, бийлигин уулу Шабданга берип, Чоң-Кеминди таштап, Кичи-Кеминдин Кара-Булагына кебак көчүп кеткен Жантай өлдү. Болот кырк жашка караса, Акмөөр отуз бешке карады. Келин кезден бөлүнүп, аял делинип чыцалган кези.

Жантай кабарын укканда, Болот таш жарылгандай чочуду. Бул кубаныч беле, коркунуч беле?..

Бардаалдуу немени ашы жыл айланбай эле мезгилдин ыгына каран, оңол эле жылы берилээри угулду. Мыкты ат минген Болот жан кишиге сыр ачпай тымызын хан айылына жөнөп кетти. Издегени Акмөөр! Таянганы Акинай аман жүрсө болду?

* * *

Ашка чогулган эл батпайт. Эл арасында Болот да жүрөт. Акинайды көрдү. Башына күн туугандай сүйүндү. Ар кимдерге далдаалануп басып, жакындап байкады... Тээ замандан бери «аш» жай мезгилинде берилет эмеспи. Кош этек жашыл көйнөк, кара тукаба жецил кемсел кийген Акинай, хандын жесир аялынын башындагы кара жоолук эртец аш бүткөндө алынып, ак жоолук салынаарын билген Акинай бүгүн эле ак шалпар жоолукту мандайын көрсөтө ээгине эки чалып алыптыр. Кийимдин көркү көрсөтпөй атабы, ойсоңдогон оцбогур баягы эле боюнча окшоду.

Акинайдын хан үйү менен аш үйдүн ортосунда самоор көтөртүп кирип, самоор көтөртүп чыгып жүргөнүн Болот түшүндү. Акмөөрүн көргөндөй болуп, Акмөөрүнө жеткендей болуп кубанды. Акинай аш үйгө кирип кеткенде, ал кайра кетээр жолго онтойлонуп жетти. Нары-бери баскандар катарында күтүп турду. Акинай кирген үйдүн эшиги сыртка серпилди. Пиялалар толгон поднос көтөрүп, жарык маанайы жарк этип Акинайын түшкүр чыкты! Ал дайыма шар сүйлөп, чапчак күймылдап жүрөт эмеспи! Шыпылдап жесир отурган үйдү

көздөй өтүп баратат. Дагы эки-үч кадам берилеген Болот акырын добуш менен:

— Акинай! — деди. Акинай селт бурулду. Тааный койду. Колундагы идиштер калтылдап кетти. Эстүү неме дароо сезип:

— Саламатсызбы! — деди да көзүн күлүмсүрөтүп, эрдин болор-болбос кымтып, өтүп кетти.

Акинай курусун! Акмөөр олтурган үйгө кирет. Толгон катындардын аны-муну иштерин жасап жүрүп, бирдеме издеген болуп, кара жоолук салынып, кара кийинип, тетири капшыттын төр жак бурчунда отурган Акмөөргө жетет. Жоон сандан келтире чымчып, кулагына:

— Баягы, союлгур жүрөт! — деп шыбырайт.

Акинайдай аялзатынын колуна тийсең сени адам кылып чыгарат, же акмак кылып таштайт эмеспи. Сааалаш бир адамына Болотту көрсөтүп: «Тетиги мейманды үйүңө алып баргын. Мен ошол жерден жолугамын. Качса, жообун бересиң. Өлсө, кунун төлөйсүң!» деп тапшырат.

Болот көпчүлүк арасында турса, чоочун жигит салам айтты.

— Бери жүрүңүз?! — деди акырын.

— Каякка? — деп чочуп алды Болот.

— Акинай эжем жиберди,

Эми түшүнгөн Болот ирмелбей ээрчиди. Биринин үстүнө бири коюлуп, жетимиш-сексен ээр-токум жыйылган үйгө алып кирди. Капшытта бир аз бош орун. Жигит Акинайдын бир тууганы экен. Аш бүткүчө үй-бүлөсүн башка үйгө сыйыштырып, меймандардын ээр токумун кайтаруу милдетин алыптыр.

Эл аштын тамашасына кетти. Болотко тамашандын ургааны барбы. Жалгыз болчу. Акинай кирди. Күлүп ийди. Тура калган Болотту:

— Тос бетиңди, Акмөөр үчүн өөп коеюн,— деп бетин тоскон кырк жаштагы кишини өптү. — Эми өзүм үчүн болсун! — деп кайта өптү. — Ии, ботом, күйүп күл болуп шамалга сапырылып кетпей жүргөн экенсиң! Акмөөрдү жүз эстегенде, мени бир жолу эстеп койдуңбу, деги?

— Ишенсең тепетең эстедим. Акмөөр шорума жаралса, сен бактыма жаралган турбайсыңбы?

— Шыпыртпачы! Кантип эле?

— Баарыдан дагы мал ичиндеги жалгыз аюуча жерге батпай жүргөнүмдө бул кылганыңды карачы! Ишим оңолот го, Акинай?..

— Үйлөндүңбү?

— Үйлөнгөм...

— Ээ, союлгур! Анан эмне темтейип хандын катынынын артынан жүрөсүң? Хи-хи-хи...

— Алымсынбай койдум.

— Атаны союлгур ая! Хи-хи-хи. — Акинай ыза болуп күлдү. Көзү каканактап, кирпиги нымдалышты. Кацырыгынын түтөгөнүн билгизбей тетири бурулуп кетти. Бойлошуп турган Болот байкады. Аяганынан:

— Акинай! — деп небак бети ачылып калган неме кучактай имере тартып, оозунан сорду. Акинай да жыйрылбады. Жоолугун түзөп, Болотко ушундай бир мээрим менен карады:

— Же этегимден айтпаптыр, же эрден айтпаптыр. Мендей дагы бактысыз болобу? Акмөөр экөөндөн айрылгандан кийин эмне тамтыгым калаар экен!?

* * *

...Жантай жез дагыра ичинде отуруп жонун тосуп, кулга суу куйдуруп киришип жаткан. Атыр самын төбөсүндө баржактап, жыпар жыты мурдун өрдөп... Муздак сууга чөмүп кеткен адамча энтигип кетет. Карап туруп эле өзүнөн өзү шаабайы сууйт.

Оору хапыңа да карабаса керек, көтөрүп урду. Төшөккө жатып калды. Эки кабыргасы куушурулуп, деми кыстыгат. Какырса мала кызыл кан түшөт. Табып алдырды. Тамырын карматты. Табып сууга салды. Какырыгы кочкулдана баштады. Кыйды эргулуң бул дарттын чынжырын үзүп кете албасын билди. Табыпты да кабыл албады. Эртең менен ал алжайын суроочуларды да кийиртпеди. Акмөөр жалгыз жанында.

— Мөөр! Суу,— дейт. Ал кайнап мелүүн тарткан суудан сунат.

— Мөөр! Кайнаган сүткө май кошуп бересиңби? — дейт. Ал ошондой жасап сунат. Далысын сүйөтүп, калтылдаган колуна сыр кесени кармап демигип жутат. Бирдеме сураса дагы эки көзү Акмөөрдөн өтөт. Кесени алып, жутуп атса дагы эки көзү Акмөөрдөн өтөт. Жаздыкка койгон башын Акмөөр жакка буруп, атайы карап жатат. Акмөөр бир эсе ичинен ыраазы: «Мени жакшы көргөнүнөн, карагысы келип атат. Ажырагысы келбей атат» дейт.

«Акмөөр! Сенин сулуулугуңду, сендеги акылды, сендеги жароокердикти эч ким талашпайт. Баарын бердим

го сага! Сен али жаш байкушсуң! Куулук менен шумдуктан жырдайсың. Кырк жердин кырын ашкан Жантайдын көзүнөн аркы сырды чече албай, али да болсо жез тырмагына мыжыгылып каларды, андан эч качан бошой албасты сезбей атасың!» дегенсиген илеп күн нурунан себелеп, эс-акылдуу аялдын кулагына шыбырап жаткансыйт.

Ажалдын сыйыртмагын өз мойнуна салынган Жантай Акмөөр менен алышып атат. «Өзүмдөн мурдараак муздак жерге кетирбейин!» дейт. «Акмөөр жаш, өнү бул, бирөөлөр үйлөнөт... «Хандын аялын баланча алыптыр!» деп, артым жаман аттуу болот!» деп кабыргасы кайышат. Ичи ачышат. Ушундай санаалар жанын жеп атканда баягы босогосуна олтуруп, тайманбай ырдаган кылый көздүн элеси келе калбаспы! Шибеге менен жамбашка сайгандай төшөгүнөн ыргыйт: «Түлкү коё берген катын Кушчуга тийип, биздин бир тукум энелеш болуп калды. Айлындагы бир тобу, ошол себептен Кушчуларды кара тутуп, көчүп кетпедиби? Кайрылбай коюшпадыбы? Анан... Анан... Анан Мөөр жаза тайып кылый көз кулду кайра тапса... Мындан туулган балдарым кулдун балдары менен энелеш болобу?» Баятан Акмөөргө көзү кадалып тынч эле жаткансыган Жантай чабалактап обдулуп:

— Чакы-ырт! — деп бакырып иет. Акмөөрдүн жүрөгү ыргып кете жаздайт. Жанына олтура калып:

— Ханым! Эмне болуп кеттиң? Кимди «чакырт» деп атасың?

— Аа-а, ошондой болдубу? Катуу унчуктумбу? Эчтеме эмес, чочуба, оору дөөрүтөт тура... — деп, зили куу неме жууп-чайып «арам» изин өчүргөн болду. Бирок, Акмөөрдүн тагдыры ошол күнү чечилген. Кечке жуук Чаянды үстүнө кийирип, жан кишиге билгизбей буйрукту берген эмеспи, өз гана кызыкчылыгын колдогон, башкага кымындай жакшылык ойлобогон залим! Көрүндө өкүргөн канкор!

* * *

Жантайга берилген аштын жосуну аяктады. Алыстан келгендер тарады. Аттанышып, топ-топ болуп кетишти. Айылда жакын туугандары калды. Бүгүн Акмөөрдүн үстүндөгү кара кийим чечилип, башка түстөгү кийилет да, башына «арты ак жолтой болсун!» деп ак жоолук

салынтат. Ата-энесине кабар жетип, төркүндөрү тараптан киши келбегенге ичи күйгөн Акмөөр тетири караган бойунча олтурат. Оң каратып кийимин чечүүнү күтүп олтурат. Үйдөгү хандын аялдары, аларга кошулган көздөй туугандарынын аялдары четинен келип, сыртка чыга баштады. Үй бошоду. Жада калса жаны бирге сырдашы Акинайдан шек шоорат жок. Эмнеге үйдүн ичи тымтырс болгонун билмекке Акмөөр буруларду. Эшик серпилип, шып этип кирген Жантайдын баш жигитти Чаян көрүнгөндө кайра тетири буруларын кетти. Анын артынан дагы бирөө киргендей болду. Экөө аярга келген жок. Акмөөрдү жууркан менен тумчулап, басын калышты. Буту-колу тыбырап, жанталашкан Акмөөрдүн:

— Апаа! — деген дабышы алыстан күңүрт чыкты. Ооз тушу ныкталганда жымжырт болду.

* * *

Акинайды хан үйү таранка жибербей коюшкан. Качан Чаяндар сыртка чыкканда кароолдон карман турган неме: «эми кире бергин!» дегендей ишараттады. Шыпылдай баскан Акинай кирип келсе, көшөгө тартылып турат. Төрдөн Акмөөр көрүнбөйт. Жүрөгү оозуна тыгылган ал көшөгөнү серпип ачса.. Кудай мындайдын жүзүн ары кылсын! Жай жерине алынган Акмөөр созулуп өлүп жатат.

— Айланайындар! Бул эмне шумдук! — деп чанырган Акинай жан секетин басып жыгылды. Бетине бетин басып... оозуна оозун басып... Тыбырчылады. Боздоду. Көрүп турган жандуу адам эмес, жансыз таштан түтүн чыккандай болду.

* * *

Акинай Болоттун үстүнө дел болуп кирди. Өң-алеги жок. Куп-куу. Эрин-башы, муун-жүүнү калтырайт. Тишинин арасынан зорго шыбырайт:

— Адам эмес турушпайбы... Адам эмес турушпайбы... Өңчөй жылан турушпайбы... Бул айыл хан ордосу эмес, жыландын ордосу турбайбы...

Тура калган Болот:

— Эмне болду, Акинай? — деп чочуду.

— Акмөөрдөн айрылдык!.. Акмөөр жок. Болот!

Болот турган ордунда катты.

— Чынбы?!

Акинай башын ийкегиледи. Болот сыртты көздөй тап койгондо кулачын жайып тосту:

— Каяккка?!

— Көрүп келейин!

— Кокуй, муздап ташташат!..

— Жексур! Көрүндө өкүргөн Жексур!.. Кандай арга кылам, кудай?! — Буркурап, эгилип, мандайын басып олтура калды Болот. Дайыма алдуулар ою менен болгон, алсыздардын жүрөгүнө зил толгон заманга каргыш айтты кан жуткан Болот...

БЕШИНЧИ БӨЛҮМ

Байзактын ою улам берилеп, улам кийинки өткөн окуяларга чиркешти. Жүрүм турумун, адамдардын байлык-мансабына карап эмес, ал-ахыбалына ак пейли менен мамиле кылган Шабдан түштү эсине. Кийген кийими үстүнө конуп, келбети келишкен кызылдуу буудай жүз Шабдан элеси көз алдына келди. Байзактын жүрөгү сыздады. Бийлигим бар дегенсип озунуп сүйлөбөгөн адептүү жоруктарын ойлоп атып, Шабдандан жашы улуу болсо да бийлик боюнча тизгиндеш болгон, Чүй боорундагы мүлдө Солто, Саяк элин башкарган Канайдын уулу Байтикти эскерди көңүлүндө. Байтик демекчи... Канайдын кичи аялы жоош неме экен. Шааншөкөт менен жайлоого көчүп жөнөйт. Канай көч арты. Бала өпөргөн аялы суу бойлоп өйдө бастырып баратат. Анда-санда тизгинин тартып, токтоп, эңкейип бирдеме издегендей болот. Көз салган Канай жанындагы жигитти жумшайт:

— Тиги эмнеге көчтөн калды? Бар, билип кайтчы?

Чаап кеткен неме жетип, кайра тартат:

— Канай баатыр! — дейт барып келген жигит, щойкомдуу күлүп. — Суу кечкенде баласынын бир чокою түшүп кеткен экен. Ошону издеп жүрүптүр!

Канайдын бирге келаткан азилдеш жолдошу:

— Суу ылдый аккан чокойду, суу өйдө издейт бекен? — деди ха-халап. — Эркенин эсине ар нерселер түшкөн го чагымда! Хо-хо-хо!

Канай сөзгө жыгылып калат. Күлкү болгонго сына түштү.

Аялы мурда эле жоош, бирдемени көп элебеген неме

болчу. Күнүлөштөрү урушканда «Жарым эс!» деп асылышчу. Эстүү болсо аккан чокойду агын өйдө издейби, кокуй!

... Кош бой кезинде: «Өзүбек кызы тоо ташта жүрө албайт» деп, жакага калтырган. Күздө келсе эркек төрөптүр. Орок маалы. Бооланган, баштары көөкөрдөй кызыл таруу кырманга батпайт. Араларына союл сайылган, чымчыктан коруп салбырата курмушу илип, каракчы коюлган ар кайсы жерге.

Угуту буудай, шагы таруу, жутканды силкинткен бозонун жыты келе калган неме кырман четине олтура кетти. Бир колу менен бооруна баласын кыскан, экинчи колуна сыр аяк кармаган аялы эрине жүгүнөт. Жацы акталган таруудан сүткө көптүрүлүп, каймак аралаштырылып, кашык матырылган саксайды алдына коет:

— Уулуңуздун атын коюңуз, атасы!

«Уул» дегенге кубанган Канай ширин ашка бир карап, шашып калат коер ат кирбей оозуна. Эки жагын каранса тигинен шыгырап байтиктелген тарууну боосу урунат көзүнө.

— Байтик, Байтик болсун аты,— деп ийет.

Эми ыза болгон Канай аялынын көчүн токтоттуруп, жакадагы жатакчылар айлына кайрып жиберген. Эри экинчи каттабай, «салынды» катын аталып калган.

Байтик ошентип эне колунда, жатакчылар арасында чоңоёт. Жайлоого жетпеген жатакчылар чакан жандыгын эртең менен салкында адырга жайышат. Ангап какгтап баратканда өзөн бойлото айдап түшүшөт. Катын-балдары менен мал артында болуп, эркектери эгин четинде, суу кулагында. Чалгы тапап, чөп чабыкка камынмай. Кечинде кемеге тегеректеп, ортодо жалын алоолоп: өгүз көтөргөн дөөнүн кол баштан жортуулга чыгып, эл чапкан, жер тартып алган зордукчул жоругун козгошот. Айтылган созго кунт коюп, Көкүм аттуу бала менен Байтик катарда. Дөөнүн далдайган башы, ат кулактын жалбырагындай кулагы, чөйчөктөй көзү элестейт. Сансыз кол ээрчигендин үстүндөгү темир кийимдери, кармаган, асынган куралдары, алкынган тулпарлары кызыктырат. Өзү дагы ошондой баатыр болуп, жер чандатып, жолуккандарды коркутууга кызыгат. Кызыгып атып каалгыйт да, жомок аягын укпай уктап калат. Апасынын көтөрүп кирип жаткырганын билбейт.

Күндөрдүн биринде жоон топ атчан шаракташып, дүбүрөшүп жалгыз музоо байланган, жалгыз көк уй

аркандалган кара алачыктын жанынан өтүп баратышты. Арасынан бирөө бура тартып, токтоду.

— Ээй, жан бар бекен?

Тыттан жылаңач тартайган кара бала чыгат. Жүнү тирүү. Чачы өскөн, оозунун тегереги ак ала-көк ала так. Көкүрөгү, курсагы бутка чейин ылай, чаң, салаа-сала темгил-ала кир. Бала жазганбай:

— Бар, мына менмин деди.

— Кимдин баласысың?

— Кадимки эле силердин баатырыңар Канай байдын.

— Опей, Канайдын?

— Ооба, эмнеси бар экен?

— Атын ким?

— Каары кагуу хан Байтик.

Шатыраган топ тизгиндерин тартып калышкан. Баланын сөзүнө күлүп ийишти.

— Атаңын көрү! Ханга тунат экенбиз куда каласа солто эли!

— Ха-ха-ха.

— Хе-хе-хе.

Деген менен бул окуя Канайга жетет. «Баласын журтка калтырды» намысынан уялып, салынды аялын көчүрүп алат. Жыл өтөт. Байтик тилгараак да, тентек да чыгат. Көкүмдү ээрчитип алып, кыялына жакпаган балдарды урат. Кетип бараткан бирөө бейкүнөө ыйлаган балага болушкусу келип, Байтикти такмазалайт:

— Үй, дердең кара! Сен эмне муну урдуң?

— Эми келсе эми урам! Анан келсе анан урам.

— Эмне себептен кайра кайра ура бересиң? Же өнбөй жүргөн аласаң барбы?!

— «Бүрүк» деп айтпай жүрсүң!

— Аа, атаң көрү! Ошондой дагы иттигиң бар беле? Андайың болгон соң курбуларына шылдың болбой атаңа айтып, тууралатып албайсыңбы? Хе-хе... Баланы үч же беш жашында олтургузат. Сен букачар болуп муумуулап, күл чапчып калыпсың. Эми балта менен кертпесе, кандай устара өтөөр экен, аа?!

Бул айың дагы Канайга жетти. Уялганынан баласына сүйнөт тоюн берди. Тогуз жаштан өткөндө олтургузулду Байтик сүйнөткө. Куду аш-тойдогу чоң кишилердин кылык-жоругун Байтик өз оюнуна айлантты. Чогулган балдарды күрөштүрөт. Чыпыктан ат мингизип, эңиштирет, жарыштырат. Чыккан атты кыйкырык чуу менен сүрөйт. Жалбыректан «акча» деп, таштардан алтын-

күмүш аган, байге бердирет. Балдарды жаатка бөлүп, сабаштырып, ызы-чуу түшүрөт. Балекенин шойкомун атасы байкайт. Алдуу өз тарабы болуп, элсиз балдарга үстөмдүк кылышы жагат. «Ылайым ошентсе кана!» деп ичинен ыраазы. Бирок, салмында катындан туулгандыктан көз жаздымында калтыра берет.

Тукумун сыпатмакка сынчы алдырат Канай. Өргүп-өргүп сый көргөн сынчыны кетээр күнү келгенде бир катынынын балдарын бөсөгөгө тизет Канай. Онбогон сынчы баш көтөрбөй, унчукпай, өзүнчө буйдаман түшүп жулугун тиктейт. Аны байкаган Канай түшөйт. Мурундарын шор тартып... моюнчошуп... горсоюшуп... балдары олтурат тизилип.

Таштай катып сынчылдан үн чыкпайт. Канай мандашын жазып-бүтөт. «Катындын мыктысын тандадым деп жүрсөм... Ургаага жолукканымын го?!» деп күйүнөт. Көзү чын жетип атабы же атайын ошентти бекен? Айтор, онбогон сырдуу сынчы ыңгыранып, жаңы чөптөктөн чакча сууруйт, тизесине тык-тык урулап ныкталган наспайды бошотот. Алакан отуна эки-үч эжчеп, серпип, аны тиш менен эриндин ортосуна алып урат. Тил күүшөп, чымыраткан наспай уусуна магдырай көз сүзөт. Ыңгыранып, баш көтөрөт:

— Сизде, чагымда бир тукум болууга тийиш эле го?

Баятан сөз чыкпай чыдамы кеткен Канай же кекете албай, катуу айтып мокого албай, бирок бууларгаңы үнүнөн туюлат:

— Аа, сынчым! Мынчалык эмнеге мисирейесиң? Көрүп атпайсыңбы? Байкап атпайсыңбы? Ушул болгондору! Анан мен белдигин чечкен көкөр белем, элүү соолуктан жетимиш козу туудургандай!

— Кантет, жарыктык! — деп чочуйт балдарды алып кирип аткан жигит. — Тиги таруу коруп жүрүп төрөгөн байбиченциздики бар эмеспи. Ал деле сизден эмеспи? Аны эмнеге...

Канай жигитке: «Өзүң билчи» дегенчелик кылып, моюн толгойт.

Эшиктен дардандаган кара бала — Байтик кирет. Үнүй тиктеген сынчы акең алаканын шак эткизе чаап алат имиш:

— Мына-мына! Сиздин атыңызды чыгарып, керекке жароочу көкүрттөй күйгөн тукумуңуз ушул!

...Сынчы айткандай эле тагдыры чечилип калдыбы? Же... Байтик «батадан көгөрду» деп дагы жүрүшөт... Ат жалын тартып минип, эл арасындагы окуяларга ара-

лашкан ал ойноп чоңойгон курбуларынан Көкүмдү баш кылып жигит күтөт. Бийлик кай уруу тарапта... чабыша кетсе, кайсы тарап союлду батыра чабат?.. Чечендикке салып айтышса, кимдер кемчиликти чукуп, айыпты ачып, өздөрүн өйдөлөтүп, кепке кемтик, сөзгө сөлтүк кылат?.. Кандай амал менен, кандай жол менен өзүн күч, өзүнө атак оодара алат? Ушул тилекте, ушул максатта бою чымырап, ичтен тымызын даярданат.

Азаматтын алдынан «ажалдуу кийик жолугат» деп коет эмеспи, созунан күп эткен семиз сөз чыкчулар. Анын сыңарындай максатка көзү кызарган Байтикке бирөөнүн ашы өтөөрү угулат. Ошол күндү өз тагдырына төлгө кылып, Керкашка аталган жаңы асыл күлүгүн саякерге таптатат. Күлүгүн ашка алып барып, чоң чабышка коюот. «Иши жүрөөрдүн ташы өйдө кулайт» болуп, чаң, терге аралашкан Керкашка чыгып келет. Чыккан аттын баш байгеси отуз төө экен. Аны көптөн бери Чүй элинин көбүн башкаруучу Жанкарач алып коет. Жигиттери үңүрөңдөп, Байтикти тегеректейт.

— Аганбы, эмнең? Байгени алып койду?!

Сакасы алчы туруп, ичинен тынган Байтик үн дебейт. «Бир оодарсам бийликти ушул жерден оодарам!» деген ойдо болуп, көп ортосунда олтурган Жанкарачтын мандайына бастырып барат. Жаркын кабак менен:

— Аа, баш байге ээсин тапкан тура! Абаке, батаңызды бериңиз калк көзүнчө? — дейт.

Отуз төө жүрөгүн элжиреттиби, же ат үстүндө опол тоодой көрүнүп кеткен Байтикке чын ыкласы түштүбү, болбосо өз уруусунан бийликти кетирбей зордукчул чоң камчылууну эңсеп өз козусунан «кочкор» салгысы келдиби, айтор небаккы акимдикте келаткан Жанкарач ыраазы болуп, ак сакалы көкүрөгүн жаап тура калат.

— Оомийин! — дейт колун камдап, жайнагандарга карт көзүн жалтылдата арбай карап, кадап. — Эки тизгин, бир чылбырды өзүң ал эми! — деп батасын берген.

— Андайы дагы бар дечи,— деп Байзак өзүнө өзү шыбырайт. Шибер арасын ачып; эрдиндеги наспайын түкүрүп. — Байтик түш дагы көргөн. Түшүнө түлөө өткөргөн. Түлөөсүнө чакырылгандар тамактанышып, бата этишип, тарагандан кийин чокчо сакал, селдечен молдону жалгыз ээрчитип, булак көзүнө ээндеп барат. Анан мулуң этип күлөт. Киши жокпу дегенсип, эки тарабын олуп каранат. Жүрөгүн кубанткан сырын-түшүн айтат:

— Таксыр!.. Түндө түшүмдө кара буурага апамды учкаштырып, Чүйдүн суусун ары кечип, бери кечип жүрүпмүн. Ак жоруп батаңызды бериңиз. Сүйүнчүңүз чөнтөгүмдө даяр.

Селдечен жайнай түшөт. Абалы шилекейине чакап, көмөкөйүндө кеп издеп күймөлүп барып:

— Апанды учкаштырганың... Ой, укмуш, укмуш бул! — деп баш чайкап, өз сөзүнө өзү жандаңып, маалкатат түш жоручу. — Апа — мазар. Мазар ападан күкүрттөй күйгөн сендей уул чыкты. Эми боло турган болчу болсо, Чүй суусун ары кечип, бери кечип жүргөнүң — Чүй өрөөнүндөгү элди ары оодарып, бери оодарып сурайт экенсиң? Оомийин! Түшүң түш келсин! Колуңа туу берсин! — деп бата берет. Сунулганды шып илип, төш чөнтөгүнө жымырат.

...Бактысы түштүн батасы кабыл болуп, жолу ачылганы менен... айлакепдикке салып... Кокон чеби талкалангандан кийин даңкы чыкты го! Аты угулду го «Байтик, Байтик» делинип. Анан камчыны бүктөй кармап, зордугун күчөттү. Айланасындагы майда уруулар гана эмес, алыскы чоң уруулар дагы батынбай аны менен эсептешти. «Кудайдын көзү түшкөнгө, пайгамбардын сөзү түшөт» болуп, Ак падышанын амири дагы аны колдоп кетти. Пай-пай! Тору аттын төрт туягына тебеленип, эзилип, кыйналып, жан терге чөмүлүп ал дагы өттү дүйнөдөн.

Эч жан даабаган күчтүү неме акырында тебелеген атты түртүп жиберип, тура калууга алы келбептир. Пай-пай! деп үшкүрүнгөн Байзак доош тыңшагандай башын оң ийнине жыкты. Сакалын өйдө имерип, төмөн имерди. Ойго чөктү. Улам кийинкилерди көз алдынан чубатты.

* * *

Көл башындагы элден Солтобай аттуу ырчы чыгат. Ырыскысын оозунан айтып койгон соң, ырчы тигил бардалдууну мактап — бул бардалдууну мактап ырдап, күнүн көрөт. Чандууда бастырып келаткан ошол айылга чукул дөбөдө кымыз ичип олтургандарга бура тартат. Арадагы бирөө ырчыны жактырбай кол шилтейт:

— Алса да ырчы топук кылбайт. Чөлдөгү кербенчидей эрдин жаланат да, жаланат. Тарп издеген жорудай умтулат да, умсунат.

Ага башкалар кошулат.

— «Устада тогоо болбойт» — дейт эзелтеден.

— «Уурунун тапканы жукпайт»,— деп да айтышат. Булардын күбүрүн кулагы укпаганы менен кыймылдан сезип койдубу, чукул келип тизгинин кежейте тарткан Солтобай таштап койгон экен төрт сап ырды:

Э-эй, Сарыдан айгыр салганы,
Сары саамалга кенендик.
Зарыпбек султан болгону ой,
Сарыбагышка теңелдик!

Олтургандар каткырды. Эми эле ырчыны киши катарына көрбөй алдым-жуттумга айлантып, сүбө көтөрүп аткан неме дагы мылжыйып эл менен кошо күлдү.

— Ырас... ырас...

— Сөзүнүн калети жок. Кенелгенибиз да чын. Теңелгенибиз да чын.

Зарыпбек ошолордун ортосунда эле. Колтукту кере колду серпип, ыраазычылыгын билдирди:

— Ырчы сөзү кур калбасын. Тур, бирди ноктолоп келип, атына кошоктогула. Анан төгөт эмеспи биздеги далай эрдиктерди!

Дөбөдөгүлөргө айтылган ошондогу төрт сап ыр кылымды кечти. Көөнөрбөй кийинкилерге жетти. Андагы «Сарыдан айгыр салганы» дегени... Алдуусу жулуп алып, алсызын сызга олтургузган жоокерчилик заманда жан кечти уурулар башка элден жылкы тийип кайтышат. Араларында ат кошчу болуп жүргөн сары бала болот. Тапандын өңү да сары, бешикке салаарда коюлган аты дагы Сары экен. Жайыттан уурдалган жылкыларды күндөп айдашат, түндөп айдашат. Өрөөндөрдү өрдөтүп, суу кечирип, кырдан кырды ашырып, из жазгырып, алда кайда житишет. Өз чектерине өтүп, жайланышат. Бир жагы камак, оттуу туюккка жылкыларды үйрүшөт. Тандап союп, кандуу булоонго киришет. Асман кара булутка чылк жабылат. Нөшөр төгөт. Дүңгүрөп күн күркүрөйт. Тарсылдап чагылган атылат. Көөдөй түндү жарк эттирип, чагылгандын октору соймоңдойт. Этке тойгон Тапандын сырттагы кымгууттук менен иши жок. Үңкүрдүн ичинде жулуп келип төшөгөн көк чөптүн үстүндө малакайды баса кийип, күрмө тондун сыртынан кементайчасын айкарасынан жамынып; магдыраган уйкуда. Кийиминен суу шоргологон неме уйкудагы баланы түрткүлөйт:

— Эй, Тапан! Ой, Чүчөк... Тикини-тикини, Манасча уктачаагын,— деп муздак колун жыланач койнуна тыга койду. Сары чочуп ойгонду.

— Тур. Чыйрыккан немелер эч бербей атат. Жылкынын бир четине баргын. Болбосо, энчи тийбейт сага!

«Энчи» деген сөз шибеге болуп сайды. Тапан ыргып турду. Даярдап койгон кунаның минин, көргөзгөн багытка чапты. Үйкусу чайыттай ачылды. Чагылган октору жарк эткенде жылкыларды даана көрүп атты. Сүрдүккөн тарабына чапкылап, тосуп турду. Бара-бара күркүрөөлөр, чагылгандын ачылуулары басылды. Нөшөрдүн шатыры тынчып, элеген ак жаанга айланды. Түн ортосу ооп бала жылкылар арасына бир нерсени байкады. Байкоосу улам чындыкка айланды... Бүлбүлдөгөн шоола чыгат. Тапан: «Бул кандайча шоола?» деп, бастырып келет. Жеткенде жанагы шоола жоголот. Шоола чыккан жерде төрт аягы бүрүшүп, тейтейген тай турат. Кайра кийинден, ордуна кетет. Кайра баягы шоола тай жалында бүл-бүл жанат. Бала үч келип, үч кетти. Келген сайын баягы тайды көрдү. Кадимкидей эле жалы кыркылган, курсактуу сары тай турат. Башына бир ой түшөт: «Не бар, не жок!» деди да, таар шымынан кайыш ычкырын сууруду. Тайдын мойнуна казыкбош чалып, байлап койду.

Эртеси күн ачылды. Жортуулчулар суу кийимдерин таштын үстүнө, чыргайдын бутагына жайышты. Казыкартага тоюшту. Уурт-колдору майланышты. Энчилерин бөлүп киришти. Сары кунаның нары чаап, бери чаап, качкан жылкыларды тосуп жүрөт. Тийген энчилер бөлөк-бөлөк айдалып, ортодогу жылкынын карааны суюлган сайын баланын тынчы кетти. Чыдабай жортуулчунун бирөө жалбарып ийди:

— Ой, аке! Мага бирдеме тиеби?..

— Жаның чыгып баратабы, чүчөк! — деди ал мандай тишин кашкайта күлүп, тилин бултуйта көрсөтүп, шылдыңдап. — Кыйратып ийдиң беле? Коно чапкылагандан башка эмне кылдың! Үйку, тамак. Ох, аяк бошотор!

— Эмээй, акетай! Колго түшсөңөр мени эркелетип коет беле малдын ээлери! Кайра чабам, анда? — деп келген тарапка бурулду.

— Эй, жубарымбек! Таң менен чыкыйга жейсиң! Канчаны берсе ыраазы болоор элең, тапаным?

— Ал сиздин марттыгынызга жараша. Жергиең энчилеп келаткан бир тайым бар. Оңону кошсоңуз болду мага!

— Олтурган жерде эле бырбыйып уктап каласың. Кайдан жүрүп тайды энчилей койдуң өзүңө?

Ушул тапта кулагы шалпайган, карды чоң, шыйрактары жүндүү, чала түлөгөн сары тай чыргый түбүндө оттоп турду. Бала ошону көрсөтүп, колун сунду:

— Тээтиги! Ишенбесеңиз мойнун караңыз. Эки күндөн бери шымымдын кашатынан колум кетпей ычкырым мойнунда жүрөт.

— Ий, башыңды жуткан жубарымбек! Бала эмес эле желмогузсуң го! Ал эми ушуну. Кийин тулпар чыгып, карыганында өзүңдүн кара ашыңа союлуп калгысы бардыр, чычым!

...Кийин-кийин ошол сары тай эшик-төрдөй сары айгыр чыгат. Үйүрүндөгү бээлер кулун салбайт. Сары түстүү жылкылар дүркүрөп өсөт. Бала кезинде жортуулчуларды ээрчип, Танап аталган Сары да улгаят. Бала-бакыралуу, малдуу-жандуу болуп кетет. Өз атына «бай» деген экинчи маани жалганат. Эл эми аны Сарыбай» деп калышат. Ошол сары тай менен көгөрүп, өнүгүп кеткен ал дагы бир топ жыл өткөн соң «сан жылкылуу Сарыбай» атка конгон. Мал аркасы менен далайдын оозун ачтырып, далайдын кулагын делдейткен. Далайлар аны менен дос-тамыр болгон. Куда-сөөк болгон. Жылкысынан тукум алган. Байышкан. Жайлоо менен кыштоого жылдырып жылкы айдашкан. Туйлатып, семизден союп, сызылтып казы-карта чайнашкан. Сарынын энчисине тийген сары тайдын жылкыдан чыккан «камбар ата» экени кийин-кийин айтылган. Азыр Солтобай ырчы ошону оодарып салды. Ага алып келип, Зарыпбекти жабыштырып, даңкын көтөрүп койбодубу. Ал жоон камчылууларга теңелгендери жалганбы?! Анын да чындыгы турат...

* * *

Алиги, Боромбай менен камыр-жумур болуп сыр чечишкен Семенов мырза, Боромбайдын зарын угуп, өтүнүчүн азиретиге жеткирүүгө убада кылган Семенов шертин актаптыр. Борборуна аман-эсен жетет. Эки жыл бою аткарган ишин, кум тергендей чукулап чогулткан ишин Петербургдагы илимпоздорго алаканга салгандай дааналап баяндайт. Алтын тактагы улук башын бир ийнине кыңырайтып, көшөрө кулак төшөп муюп угат. Мырза илимий байкоосун бүтүргөндөн кийин, сөзүнүн бир жеринде таш доорунан калган кыргыздар абалын сүрөттөп атып, бугу уруусунун абалын «өтө эле аяныч-

туу» деп кыпчый кетет. Азирети бир таноосунан дем чыгарып, түйшөлөт. Азирети бекер түйшөлбөйт эмеспи. Анын денесине жан кирсе, жаз күнүндөй мемиреп ырайымдын башталганы да. Же аяз учурунда жаман каалга кыцырайгандай ызгаардын киргени. Жок, ырайым экен. Көл боюндагы элге көз салуу буйругу көп кечикпей падыша сарайынан кагазга жазылып жөнөп, Омбуну карай зыпылдаптыр. Омбунун улугу ыйык пакетти ачып окуйт. Ал дагы мамык тактыда отуруп ойго чөгөт. Жардамчыларынан түшүнүк угат. Кеңеш сурайт. Бул дагы өзүнүн пакетин чаптатып, ишенчиликтүү кайтаруучулар менен Верныйга айдайт. Ар улуктун темир зындanында конуп-түнөп алган буйрук жеткен жеринде көпкө жатып калат.

Убакыт Боромбайды мойсоп кетти. Эли үчүн кара жаныи карч урган Тилекмат да жарыкчылык менен коштошту. Эки тизгин бир чылбыр, кийинки бийлик талашчу, жылчык таап карацгыдан качып кетчү, жолуп таап бийликке жетчү амалкөй чыйрактардын колуна өтөт. Жер талабы, эл тагдыры алардын колунда калат. Ошондой учурда Зарыпбек чакыруу буйругун алып, Верныйдагы төрөнүн эшигин ачат. Төрөнүн жарык паанайын көрүп, жакшы чакырык экенин түшүнөт. Боромбай менен Тилекматтын учурунда эле соодагерчилик жасап жүргөн Габудилла деген ногойду тилмеч кылган Зарыпбек төрө менен иштин майын чыгара сүйлөшөт. Мамык отургучунда кара хром өтүгү жалтырай чатты керип, чалкалап отурган төрө сөз акырында суроо коет:

— Азиретинин буйругу эки делинбейт. Кана, биз тараптан кандай жардам берүүнү каалайсың? Жана эмне өндүү кеңештерди күтөсүн? Мүдөөндү азыр ачык айткын?

Ээй, шоркелдей баш! Шору арылбаган үркөрдөй эл! Мындай суроону Калыгул карыяга берсецчи? Мындай кеңеш Тилекмат менен болсочу? Мындай ой Дааныштын алдында айтылсачы?.. Зарыпбек эмне демек эле карангүн! Кан-сөлү кургай элек жемге жеткен жырткычтай жата калбайбы төрөнүн талтайган чатынын ортосуна! Эки ийини болбосо кирип кетпейби Төрөнүн ичине.

— Улуу пирим! Кудай алдында сиздин алп пейилдигиңизге кара башым тартуу! Кыргыздын кыйшайганы болсо таманыңызга коюп таптап беремин. Тикирейип караганы болсо, жыланачтап, кызыл чокко кактап беремин. Мага... мага... улуу төрөм, куралдуу аскерден жардам бериңиз? Ушул гана мендеги мүдөө!

Төрө тунжурап олтуруп: «Балким куралдуу күч тытышкан элди тынчтандырат» деген ойго келди. Белине да, далысына да курал арчындалган жүз солдатын Зарыпбектин карамагына берет. Ма, жерге *батпаган* Зарыпбектин заары башына эми чыкты. Куралдуу күч алып келген ал ошол эле күнү Султан аталып кетти. Султанын түшкүр буйдалган жок. Анын алгачкы мойсору Төрөгелди болчу.

Төрөгелди алты ай бою ит көрбөгөн кордукту көрүп, Балбайдын туткуну болуп жатчуда Тынымсейит элинен Аалыкенин уулу Таабалды келген. Ал алты ай ичинде Төрөгелдинин сынган бутун Балбай үч жолу кайра толгоп сындырганын, эр Төрөгелди, көк Төрөгелди, ага да чыдаганын уккан. Үйдүн капшытында кескен карагайдай болуп жаткан немени тиктеген. Мазактаган:

— Аа, Ормондун Көкдолусу жаткан экенсиң! Сени, ошо чоң Ормондун аркасы менен «Долу» атачубуз. Эми өтүп кеткен Ормондун «кору» атайбыз! — деп табалап көпкө күлдү. Ха-халап каткырып күлдү. Анан көзү карышкырдын көзүндөй мупмуздак тикирейген Балбайга кайрылат:

— Муну эмнеге эле асемдеп багып атасың? Бир санат кылбайсынбы? Өз болуп кетет деп үмүттөнөсүң го кыязы? Жогот көзүн? — деп этегин чаап чыгып кеткен. Бул каар сөз Төрөгелдинин этин кескен. Сөөгүн тешкен. Чучугуна жеткен. Эрибестей муз болуп, козголбостой кыт болуп орноп калган жүрөгүнүн толтосунда.

Көкдолу толгон мал берилип атып туткундан бошотулган. Эс алып, күч жыйнап туруп, Самсаалы башкарган кыдык уруусун чапкан. Андан да ашынган кекти кийинкиге калтырган. Жылдарды өткөрүп туруп: «Тынымсейит кайдасың?» деп, Нарындын башын карай толгон кол алып жөнөгөн эмеспи тажаалың. Ошондогу кандуу коогалаңды атактуу акын Арыстанбек келтирген да... Баса, Арыстанбекти ара жолго таштабай, кайрыла кетели. Тааныша кетели.

* * *

Тынымсейит элинде экинин бири Буйлаш деген чыгат. Анын кичүү токолунан Арыстанбек туулат. Бала тестиер тартканынан баштап сөзгө үйүр, комузга шыктуу болот. «Манасты» угат. Өткөн акындардын ырларын үйрөнөт. Он беш жашында колуна комузун алып,

өзү дагы төгүп ийчү болот. Бардалдуу атасы баласынын бул жоругун сүйбөйт. Үйүндө жалгыз баласын мандайына олтургузуп, жемелейт:

— Жонунда тону жок томаяк ырдайт, ар кимден жардам болуп, күнүм өтөөр бекен деп. Баштыгын мойнуна асынып, таягын шалдыратып, думана зикир чалат кудайы сурап. Орозо айттын башында ар кимдин эшигин ачып, босогосун кычыратып, жарамазанчы колун сунат. Сен эмне комузду кыцкылдатып, коконду өйдө-төмөн жүгүртө бакырып кудайы сураганы жүрөсүнбү? Бул жоругунду токтоткун! Экинчи жолу ырдаганынды кулагым угуп, көзүм көрсө, бар эмесин, муздан таштайм!

Баласы тике карайт. Оюн шар айтат:

— Томаяк жаманбы, ата? Көрсөц жетишпей жүргөн пенделер бар экенин сезесин. Таш жүрөгүц жибийт. «Көцүлүн кайтарбайынчы. Жардам берейинчи» деп жумшактыкка өтөсүц:

«Чапан берсец бул жайда,
Чатыр болот тигил жайда.
Кейнөк берсец бул жайда,
Көлөкө болор тигил жайда».

— деп турса, думананын эмнеси жаман, ата? Ал сарацдыкты таштатып, соопчулукка чакырып атпайбы? Бирөөлөр жетиштүү болгонунан сурабайт. Жетпей жатканынан, кемип, толбой атканынан сураса керек. Бирөөлөр эриккенинен басып, айыл кыдырып думаначылык кылып аткан жокко, ата? Бир чети бергенди алып, күн көрүү болсо, экинчи жагы тирүүлөргө өлүм парз экенин эсине салып атпасын, ата? «Адам өмүрү кыска. Көзүнө жалт-жулт көрүнүп, сени алаксытып азгырып аткан, сени сугалактантып, жулкунуп жаткан бул дүйнө — күнүмдүк!» деп эскертип аткан жокпу, ата?

Буйлаш уулунун тайсалдабай сүйлөп, мээсине акыл куюп жаткансыган сөзүнө муюп, тынч олтура бергенсийт. «Жагып атам го атама» деген ойдогу Арыстанбек эргип, ырдап иет:

«Он эки айда бир келген, Орозожан,
Отту көсөп, суу кечкен Жарамазан!
Жаагым жашып жанында какшап атсам,
Тура калып сунганга жарабасац?
Оодарамын үйүндү, оюн куруп —
Өз төрүндө кардыңды жара басам!

— деген жарамазанчыда кандай акмактык бар, ата? Куюлуштуруп ырдап атса, үнү мукам болсо, анан ошону

баалабай үйдөгү неме көңүрүк тартып уктап жатып алса, кимдин ачуусу келбейт буга? Үйүн оодара салмак түгүл мойнуна сыйыртмак салып, сүйрөп жөнөйбү кокту ылдый?!

Баятан уулун тикирейип тиктеп, уламдан-улам көз оту жана баштаган атасы бакырып жиберет:

— Келжирей бербегин, айбан! Сен эмне «Буйлаштын баласы көрүнгөн жерде итче үрүп ырдап, селсаяк болуптур», «Аса таяк таянып, куржун асынып, думана болуптур», «Түн жамынып эшик жырткан, жарамазанчы болуптур», дедирип элге-журтка кеп кылмаксың го! Дал ушул олтурган жеринден баштап комузунду ыргыткын! Алпейил-жебирейил келип кыйнаса дагы оозунду аччу болбогун!

Атасы ошентип каттуу каккан. Атасы ошентип уулун тыйган. Бирок акындын тагдыры атанын чеңгелинде мыкчылып калбайт. Акындык жолунун ачылышына өзүнүн эрдиги себеп болот.

* * *

...Таалайлуу адам жайдын толугунда, жер бети жашыл түс жамынып, миң түркүн гүлдөр күлпуруп турганда апасынын ичинен жарыкчылыкка келет имиш. Оозу ачылаар замат бурулдаган таалай абасын жутуп нет имиш. Ал күнү асман дагы ачык. Күн дагы мемирейт. Мандайы тайкы шоркелдейчи? Андай кара башына көрүнгүр төрөлөр күнү асман жарылып кетчүдөй күркүрөйт имиш. Өнүп келе жаткан мөмө-жемишти добулуруп, тамырына чейин мүлжүйт да, баткак эле чыгып калат имиш. Же кыян жүрүп, казандай таштар калдырап агып, сел алган күнү төрөлөт экен. Тирүү калып, жерден боорун көтөрүп алган ошол неме жок жакшылыктан үмүт үзбөй өжөрлөнө берсе керек дешет.

Эсенке кирбеген, көңүлгө алынбаган күнү төрөлгөн неңде да болот дешет. Алар орду түбү менен жоголуп кетет. Же кем акыл неме дөөрүп атып, бир жолку окуясын эстеп сүйүнүп кеткен сымал катарга байкоостон кошулат. Арыстанбек акын дал ошондой капарга алынбаган күнү жарыкчылыкка келген окшобойбу?!

* * *

...Ар жылы хандын туулган күнү белгиленет. Туулган айында хан жөкөр-мөкөрлөрү менен жумалап аң уулайт. Жебе тарттырып, кайберен аттырат. Көлдөн каз-өрдөк учуртуп, куш шилтетет.

Сейилден сонуну тарап чарчаганда ордосуна келет. Шарап шимирет. Ордо кыздардын бийин көрөт. Сулуулардын каккан кашын, күлмүндөгөн көзүн тиктейт. Сугу түшкөнү менен кумар жазат.

Бирок, ар жылкы өтчү оюн-шоокто мурдагы көрсөтүлгөндөр бүкүлү кайталанбайт. Уюштуруучу өзгөртүүгө далалаттанат. Мыкты делинген зоокторго тартуу берилет.

Даярдык көрүүгө бек өзүнчө, датка өзүнчө кара жанын карч урат. Эл ичиндеги ойлоп тапкычты сурамжылайт. Түрүн өзгөрткөн маскарапозду, боорду эзип күлдүрөөр куудулду издейт. Жез тандай акынды алдырат.

Хандын туулган күнүн белгилөөдө өткөн быйылкы оюн-шоокто эки түрлүү окуя көрүүчүлөрдүн жарпын жазды... Оймо-чиймелерине мээ жетпей чаташкан, кооз килемдерге көмүлгөн төрдө куштун жемсөө тыбытынан жасалган жаздыкты жөлөк жасатып, чыканактап хан өзү. Оң-сол тарабында акылдаштары. Кире бериште куралчан нөкөрлөр. Мандайда зоок өтчү жай. Ошол жерге эки челек көтөргөн бирөө чыкты. Биринчи челектен тогуз чөйчөк күрүч сүзүп төгүп, өзүнчө үймөлөдү. Экинчисинен дагы тогуз чөйчөк куурулган буудай бадырак сузуп төгүп, өзүнчө үймөлөдү. Оң бурчтан колдору артына байланган жигит келди. Бадырактын жанына чөк түштү. Сол бурчтан кулагы шалпайып, сур эшек чыкты. Эшек күрүчкө кирди эриндери ирмелип, жигит тумшугун бадыракка тыгып, киришти.

Эшектин жаагы кепшелип атат. Жигиттин жаагы дагы кепшелип атат. Экөөнүн тең жаагы тултундайт. Экөөнүн тең кокосу кыймылдайт. Адам менен айбандын мелдешин көргөндөр каткырат.

— Бах, эшек болбосоң кос кал! — Шалчаны кошо аймап коймой болду!

— Тигинин кара, казанга демделген палоодой апылдатып атат!

— Айдат, жигит, айдат!

— Айма эшек, айма!

— Хо-хо-хо.

— Ха-ха-ха.

Тери куюлган жигит демигип, башын көтөргөндө эшекте дагы эки ирмем калды.

Күлкү дуу көтөрүлдү. Четте күлкүгө кошулбаган желдет башчысы Жексур гана. Ал алдыртан алайлык датка Алымбекке көз жиберет. Тамашанын тамашадай өткөнүнө курсант болгон датка хан тарапка улам моюн созо калат.

* * *

Бир оокумда ордодо кармалчу он чакты тестиер кыздар алынып келинди. Кыздар үлбүрөгөн көк шайы дамбал, көк шайы көйнөкчөн. Алар тизилип келип, хан тарапка жүгүнүштү. Анан тетири бурулуп, энкейишти. Адам эй! Көчүктөрүндө дамбалдын сыртынан тыгылып коюлган сабиздер жүрү көгү самсаалап. Көргөндөр дуу күлгүчө, бир бурчтан жамырап улактар чыкты. Көндүрүлгөн улактар кыздардын көчүктөрүндөгү сабиздин көгүнө жабыльшты. Тиштеп, тартып оттоого киришишти. Аал, күлбөндөрдү көрүп ал! Жарпы жазылып, бүлкүлдөп боорун тырмабаган ханды көрүп ал!

* * *

Ортодогу сөөлөтүүлөр күлкүдөн эстери ооду. Жалгыз Жексур таштай катып отурат. Уурданып, башын созгон жыланча Алымбекти караган сайын таноосу кыпчылат. Каны ичине тартып, өңү кумсарат.

Маңдайына күмүш чөгөрүлгөн, очоктогу соймондогон жалындын учу сымал мойну кызгылт, капкагы ак, үч кылды көтөрө көпүрө болуп турган тээги да арчадан жасалган комузду колуна алып бирөө келди тамаша өткөргөн сереге. Башында калпак, жүзү жылдыздуу, жигиттик баралга жаңы кадам шилтеген, үстүнкү эрдине чырымтал түк жаңы чыккан бул — Арыстанбек болчу. Арыстанбек көрүнгөндө катарда олтурган бирөө Жексурга көз кысты. Кабыл алганын билгизе Жексур дагы көзүн кысты ага.

Баягыда отуз миндей кол кураган түштүк, түндүктөгү кыргыздар «Узун-Агаш» чебиндеги аскерге кол салышкан. Салгылаштын бешинчи күнү кыргыздар жеңилет. Ар башчы тирүү калган колдорун самсытып, келген жолдоруна түшөт. Ошондо эмнегедир бир иштен улам Алымбек түктүйө Жексурга айткан:

— Ии, колтукту көтөрүп, жоо кайдалатып дүргүткөн, «азирети», кычуун канды го, чагымда?

— Табак канып атабы?! — деп Жексурдун өңү кумсара түшкөн.

— Салпактабай, чамабызга чактасак болмок!

— Чаманы?! Көрө жатарбыз али!

— Кулжанын куулугу түшөт деп ээрчип жүрүп ачкадан өлгөн карышкыр болбосок болду! — деп Алымбек бастырып кетет. Ушундан экөөнүн көңүл калуусу башталат. Алымбек эсинен чыгарып да койгон ортодогу кыжынды. Бирок, эмне себептен ошол урушта Нарындын башындагы эки уруу катышпай калганын ордо тарап Алымбек даткадан жаңыртып сурай берет. Ишти көсөлөп аткан Жексур экенин ал билбейт. Акыры, Нарын жээгиндеги элдин башчыларынан чакыртылып келген үч кишини хан ордосуна айдатып нет. Андагылар үчөөнү тең зынданга салышат. Зынданга түшкөндүн бири — Буйлаш болчу.

Буйлаш аттанаарда:

— Эл көрүп, жер көрүп келейин. Мени ээрчитип ал, ата? — дейт Арыстанбек.

— Билегиң жоонойгондо кыдырып алаарсың. Малсалды карап, үйдө болгун,— деп Буйлаш Арыстанбекти ээрчитпей койгон. Атасы сапарынан кечиге берет. Баласы көк быштысын минип, үчөөнү изден жөнөйт. Үчөө бастырган кыя жолго түшөт. Үч киши ашкан кырды ашат. Үч киши конгон айылга түнөйт. Ар кимдерден үчөөнүн сыртқы кийимдерин, минген аттарынын түрүн айтып, тактап сурамжылайт. Түнөгөн жеринде комуз чертип, ырдап, эл казалдарынан козгоп, алымдуу конок болот. Жылдын төрт мезгилинде колго чанда тийчү мындай мейманды алайлык ышкыбоз жылкычылар көзгө сүртүүчү дарыдай көрүп, кементайга ороп, көтөрүп кетишти. Жылкычыларды Арстанбек дагы жеткире мактап ырдады. Түнкү кол салчу жортуулчуларды селейте чапкан эр атады ырында. Оон келген карышкырларга уу жасап, адыр түзгө кууп чыгып, күлүктөрүнө тебелетип кырган айлакер анчы атады. Адамды сүйгөн, кепти баалаган санжырачы атады. Мүнөзү ачык, мейкындос атады ырында, Бир жылкычыдан экинчи жылкычыга жетти. Берки айылдан аркы айылга кетти Арыстанбектин ырчылыгы. Оозго кирди. Макталды.

Сурамжалдаган үчөөнүн изин Датканын айылына киийрди. Арка элинен чыккан акынды Алымбек датка өзү дагы чакыртат. Датканын мандайындагы ырчы болгон күчүн жыйнап, чын ыкласы менен ырдайт. Төкмөсүнүн бир чабытында:

Ак көбө тондун жакасы,
Датка Алымбек,
Алайлык журттун атасы!

— деп таштабасы. Ме сага, мактоо жарашпаганын көрөйүн! Ырчыга чегирим маасыдан тартып, сайма калпакка чейин бир сыйра жаңы кийим кийгизилди. Суроонун ыгы жеткенде ушул тарапка үч киши чакыртылып кеткенин, ошолордун дайынын билип келмекке айылдагылар жибергенин ыр менен айтып баяндайт. Дайынын даткадан сурайт. Датка акынды өзү менен хан ордосуна ала келет. Шаан-шөкөт өткөндөн кийин үчөөнөн кабар алып бермекке убада берет.

Адам баласы жашоонун кызыкчылыгын сезгенден баштап, өмүрдүн мүрөгү «ыр менен күлкү» дешип баалаган! Өнөрү бар Арыстанбекти ордо ичинде иш аткарчу Ошур деген жигит ылым санап, меймандайт. Энеси аркалыктын кызы экенин, аркалыктар таяке болоорун айтат. Атасы жөнүндөгү түйүндүн эми чечилээрине көзү тай туяк алтын менен тай туяк күмүштү чыгарат. Өзүң алып, өзүң жогот деп берет, Ошурга. Жээн чыгып калган ал экөөнү тең Жексурга карматкан. Бүгүнкү оюнчоокту хандан мурда сынактан өткөргөндө Жексур атайын акынды коштурган. Иштин оң чечилээрин Ошурга айткан. Азыр Ошур: «Үчөөнү издеп келген ушул» дегенин көзүн кысып туюнтканда Жексур дагы: «Түшүнүктүү» дегенин билгизип, баш ийкеп койду.

* * *

...Күлүк кое берген жиренинен канчалык арыш керип, аркырап чуркабасын байге албайт. Узакка-узакка жүгүрүп, азаптуу тоскоолдуктардан өтүп, булчуңу жанчылып, тарамышы чоюлуп, сөөгү какшап, таманы отжалынга малынгандай ысып олтуруп, түпкү марага келгенде гана байгени алат. Максаты орундайт. Күлүктүк даңкы чыгат. Арыстанбек дагы өзүн күлүккө салыштырды. Майдаларды жеңип, акыркы тосмого келгенин сезди. Ханга жагууга кечээтен бери даярдык көргөн... Жер бетиндеги пенделерди бир кудай өзү гана тейлээрин айтты. Мээрман жердин асылдыгын айтты. Күмүш чайнектин чоргосунан чуурган тоонун көк кашка суусу сымал уйкашы чапташкан ырды төктү. Баарын көгөрткөн, баарын баккан: «тиричилик кылсын, пенде-

лерим үшүбөсүн» деп алланын күн жаратканын айтты. Пенделер карангыда адашпасын деп, айды асманга илгенин айтты. Пенделер айбанаттарча чачылып жүрө бербей менин бардыгыма ишенсин деп, бийлик жаралганын айтып келип... Бийликте кыдыр даарыган, периштелер көз салган адамдар тураарын данктады. Андай адамдардын улуу ойлорун, акылдуу сөздөрүн жер бетиндеги медиресе, Мединадан окуп чыккан, кудайдын бардыгына күнүнө беш убак табынып, Мухамеддин үммөтүмүн деп сезген, ала жипти аттабаган, арам иштерди жасабаган кожо-молдолор экенин ырдады. Кыдыр даарыган хан тукумунан чыккан хан өзү экенин, өзү шакирттеринин ортосунда Кокондогу мусулман бийлигинин туткасы болуп, жарык паанай отурганын шаңшып келип токтоду Арыстанбек төкмө.

Хан акындын комуз коштогон мукам үнүнөн, акылдуу насааттарынан, мактоолорунан ырахат алган кыязда. Оюна ой кошулуп, ыраймдуулукка умтулуп, тирүүчүлүктүн милдети адилет болуу экендигин сезген кыязда.

Жаңы аскан палоо бышкан маалда акын басылды. Хан ыраазылыгын билгизип, кыймыл жасады. Алаканын секин чапты. Жексур «лып» жетти.

— Бечара жаш экен. Ырдай-ырдай аркалыктарда мыкты акын болор! — дейт хан башы менен. — Не кааласа, сураганын бергиле. Ийи жанбасын. Кубанып калсын.

— Куп болот, азиретим! Жаным менен аткарам! — деп Жексур жөнөлө берет. Ошур кошо чыгат. Зындандан чыгарылган үчөө Ошурдун колуна тапшырылат. Ал Арыстанбекке кошуп шашылыш аткарып атып, өз пикирин билдирди:

— Таякелер! Жолунарды чаташтырып кеткиле. Аттынардын жыгылып калганына чейин качкыла. Ордодо адамдын жаңы каны жыттанып турат бүгүн.

Үлпөттөн кийин эс алмакчы жайында олтурган ханга Жексур барат.

— Адам менен эшекти мелдештиргени ордо кишилерин эшекке тенегени,— деп жобурай баштайт ханды ичиркентип,— мындан башка, «силердин колунардан...» деп «Узун-Агаш» согушунда эмне дегенин айткан элем, азирети, сизге? — деп Алымбек датканын уюштурган оюн-шоогун терең маанидеги маскарачылыкка айлантып таштайт. Тоолуктардан жакшылык үмүтүн үзгөн хан Жексурга жашыруун катуу буйрук берет.

Алайдын даткасын ошол түндөн баштап, ажалдын жаналгычы көлөкөдөй ээрчиген. Башы кесилген соң даткалык паамды айлында калган аялы Курманжан алган.

Нур чагылбаган ным зындан ичинде чирип кала жаздаган үчөө үйлөрүнө жетип, түлөө чалышкан. Батага эл жыйылган. Эл алдында Арыстанбек атасына кайрылган:

— Ырдай берсем болобу, ата?

Буйлаш тизесин мыкчылайт. Тумшугун укалайт да:

— Уулум, арам өлүмдөн ажыратып келген ырың экенин укпадымбы. Карыялар айтышаар эле: «Дүнүйөң колдун кири, жууса агып жоголгон. Өнөр уюган кыт, ордунан жылбаган» дешип. Көрсө сенин өнөрүң кыдыр жылоологон өнөр турбайбы... Черте бергин комузуңду. Чууруй турган ырың болсо, ырдай бергин.

Арыстанбек ошондон эркин ырдаган.

* * *

Төрөгелди улгайып калган кезинде көп кол топтойт. Тынымсейит, Алымсейит, элин басып, чабат. Чабылган элдин абалын Арыстанбек мындайча баяндайт:

«Тарс этет баран, ок келет,
Ызы-чуу чубап топ келет.
Көкдолу минген Тору жорго,
Кажанып, бөжүп, шок келет.
Тизгиндеп тыйып коюучу,
Жанында Калыгул жок келет.

Карыганда чал көптү,
Эсебин кудай бербеспи!
Ээрчип алган боз балдар,
Тосуп алып өрдөштү.
Айылда келин, кыздарга,
Көргүлүктү көргөздү.

Эчки-Башы, Чоң-Терек,
Мазар атап жүрчү элек.
Касиетиң бар болсо,
Карган чалды ур терек.
Ура албасаң көрүнөө,
Жалгыз куурап тур терек!

Бир Табылдынын сөзүн кектеп, Төрөгелди чапчуда нечендеген адам малынан айрылган. Желээнин ордун чөп баскан. Аялдар жандыктын желинин сыйпалашкан. Акын аны да кошкон:

Саан бээ калбай желээдс,
Сабаалар курган курушту,
Батыра албай сүзмөсүн,
Кайпатын курут кылышчу,
Аламдар таппай көк чалап,
Айласы кетип турушту!

Ошол Төрөгелдинин азабын бермекке Зарылбек чыгат. Ал, кекенин жүргөн бир топ уруулардан кол жыйнайт. Башчыларын шайлап, тортко бөлөт. Ар биринде жыйырма бештен куралдуу солдат. Төртко бөлүнгөн кол төрт багыттан чыгып, ар башка жайлоодогу Төрөгелдиге карштуу элге машташкандай бир мезгилде кол салуу шертин түзүшкөн.

Жыбыты сайын булак сызылган Шамшы тоолорунун катмарларындагы, мелтиреген Сарала-Саз жайлоосундагы, Семенов картасына түшүрүп, кайра тартчу күрпүлдөгөн суусу мол Каракол, Суусамыр, анын танабы Сандыкты, Сөөк жайлоосундагы элди Төрөгелдинин кандаш туугандары биилсейт. Төрөгелди айткандыкартат. Төрөгелди аттанса, артынан ээрчишет. Жамандыкта, жакшылыкта уюлдай имерилс калышат.

Ошол эл бүгүн бейкам. Аялдар бээ сааганы желээгс басышып... Эркектер дөбөдө кымыз ичишип, калжың сөздүн күнү туып... Асман ачык туруп, күн күркүрөдү. Күркүрөө күчөп, жер көчүп аткандай... Асмандын бырын-чырыны чыгып, сынып аткандай... Адамдар селейди. Багыттан түтүн булатып, мылтыктар атылды да, ызы-чуу түшкөн кол жамырап, каптап келатты... Буя кымкууттук, аралары мыкты атка түштүк жол, ар жайлоодо улуу шашке маалда башталды. Кырдагы мал ойго кубаланып, ноктолор кыркылып, кулундар агытылып, тымтыракайы чыкты. Атына жайдак минип, шамыян кайруучулар жыга чабылды. Далбастагандардын үстүнөн ашыра мылтык атылды. Бала-бакыра, катын-калач бакырып, үйгө кире качып атат...

Айыл үстүндөгү бодо мал жылан сыйпагандай сүрүлдү. Уйлар торпок-танасы менен аралашып кубалап баратканда шилекейлери чуурат. Ичи көөп, көзү чакчайып күрс жыгылат. Буту сырая турбай калат. Көбү жарылып өлөт. Чанда бири тирүү калат. Чабылган айылдын суру кетти. Колдорун төбөсүнө алган адамдар томсорун олтуруп калышты.

«Төрөгелдинин сакалдан алып, тоо текече муздамайынча... Үмөталыны айдап келип, Ормондун мүрзөсүнө тегеретип курмандыкка чалмайынча, эл тынчыбайт!»

деп Алматыдагы төрө, Зарыпбекке куралдуу солдат бергитир!» деген шыбыр айыл четине кирген. Шыбырдын бекер шыбыр эмес экенинен Үмөталы дагы, Төрөгелди дагы шекшинишкен. Кулакдар турушкан. Эч кимден чочубачудай көрүнчү Төрөгелди: «Жан алгыч эшиктен киргенде, шайтан текченин алдына кире качат!» болуп, Сарала-Саздан чу койгон Сур айгырын камчыга алат. Ак сакалы алкымын жаап, артына дирилдейт. Эки өңүрү салпылдап, мата дамбалдын багелеги кең өтүктүн кончунан чыга желге көбөт. Жыртайган кызыл жээк көзүнөн шорлоп жаш куюлат. Ашыгып, антаңдап, Ортоктун аягынан сууну кечип өтөт. Маңдайкы адырга жармашат. Түштүк-чыгышты карай чаңдып, коктуга түшөт. Туздун үңкүрүнө кирип, тоголонот.

Төрөгелдини таппай калган Зарыпбек батпаган малды Белек менен Желдең элине, Кыдык менен Тынымсейит элине талаттырган.

Журтунун кетпенделээрине көзү жеткен Үмөталы иниси Чаргынды айылы менен дүргүтүп, Таласты карай качкан. Калыгулдун: «Бир баш кесердин сазайын экинчи баш кесер берсин!» деп айтканы дал келген. Адамдын убалынан селт этпес, таш жүрөк Үмөталы Зарыпбектин жаалына шамыян кайрылганга жарабай, Таластан Анжиянга кире качкан.

Солтобай азыр ат үстүндө туруп, ырында айткандай Сары тайдан жылкы тукуму көбөйүп, саамалга көлбүшсө, Зарыпбек ээрчиткен куралдуу солдаттардын күчү менен булардын тымтыракайын чыгарып, Сарбагыштарга тегелип алгандары да ырас болчу.

Зарыпбек аны менен тынбаган. Көл башындагы эл менен көл аягындагы элдин адамча сөзгө келишүүлөрүнө, жуураттай уюп мемиреп тынч жашоолоруна этектери элбиреп киришкен Адырбек элин кошо чаап, мойсогон. Мында да тынбайт. Солто элинен Борчубек деген баатырды аттуу-башчылары менен чакыртып алат. Кенеш курат. Келирки жайда Кара-Балтага мүлдө аркалык аталган кыргыз аттуунун «менмин!» дегендерин койбой чогултаарын, Үмөталы менен Төрөгелди башкарган элден беш көкүлдүү кыздан, кыл куйруктуу жылкыдан түк койбой алып, итке менгизээри жөнүндө макулдашат. Касам ичип антташат. Дагы бир азап жоруктун шартын келеркиге макулдашып, тарашат.

Элдин ыйы угулганбы кудайдын кулагына? Же булардын сыры угулдубу кудайдын кулагына? Көктөм маалына не жетип, не жетпей Зарыпбек үйүндө сүйлөп

туруп эле ооз-мурдунан кан кетип, жан берди. Күтүлбөгөн бул өлүмдү ар кимдер ар кандай айтышты: «Байбичеси Калыгулдун кабырына барып, буркуран ыйлаптыр. Көк ташка көчүгүн коюп, Зарыпбекти каргаптыр. Касиеттүү карыяның арбагы уруп кетти муну!» дешти. «Жоок, Ормондун кызыбы, күйөө баласыбы, билгизбей уу кошуп коюптур жуткапына» деп да айтышты.

Деген менен тоонун зору Хан-Тенирге чейин из таштап кеткен Семенов мырза Азиретке жазган даттанууларынын биринде Верныйдагы алкоголь оорусу жөнүндө замырдай какшаганы чын. Ичимдиктин тазасы жана жагымдуусу деп эсептелинген шампандын литри Петербургда эки сом элүү тыйын тураарын, а Верныйдагы арактын жарты литри үч сом кырк тыйын экенин жазат. Кымбатынан кечип Омскийден, Ташкенден ташылып, соодагерлердин чийимден чыга иш кылганын жазат. Мас солдаттар бирин-бири кылычтап, бычактап өлтүрүп салаарын, дээрлик көбү ичкенден башы чыкпай шишип-көөп, көчөдө калганын далилдер менен баяндайт. Жугуштуу бул ооруга Азирет тарабынан катуу чара колдонууну өтүнөт. Ошондой эле уруучулук күчөп, бытыранды болгон бул элдин кырып-жоюп чабышып жаткандыгына көңүл бөлүп, аскер башкарган акимдери ал элди тынчтандырып, кан төктүрбөй жайгаштырып коюусун өтүнгөн.

Жаратылышы Семеновду суктандырган жергеге «чума!» болуп, алгач жайылган ичимдик деген илдетке Зарыпбек чалдыккан болучу. Арактан жутпай туруп жүрө албас болгон. «Арак өмүрдүн майрамы! Арак өмүрдүн бейиши! Тоюп алганда өзүң төрт аяктап тура албай калсаң да, көңүлүң чабыттап, булут аралайт чиркин!» деп, сыйынып калган эле аракка.

Акыры минтип «чумага» чалдыккан Зарыпбек кара башын жутту. Кан кусуп өлдү. Эл башына түшчү чоң коогалаң токтоду бу саам.

* * *

Күз. Эл бири менен бири былчышып, башкарган желмогуздары четинен кынына кире баштады. Бул жагдай майор чендүү жаңы төрөнүн бир эсе көңүлүн көтөрөт. Бир эсе жергиликтүүлөргө көз карашты, мамилени өзгөртүүгө мажбурлайт.

«Жакында кыш түшөт. Ар кимдер кыштоолоруна

тыгылат. Ашуулар бүтөт! — дейт казарманын оозунда басып жүргөн ал. — Сейилдеп аң уулоого болот. Бейкам уктоого болот. Эң негизгиси, быяктагы түркөйлөрдүн абалын жогору жакка тактап жазуу. Мыкты саясатчылардан кеңешчи суроо быяктагы орунга...»

Майордун кыялын капыстан чыккан үн бузду:

— Сизди түшкү тамак күтүп калды!

Қылчайган төрө макулдугун билгизе баш ийкеди.

Майор стол жанында. Жакасына илинген сүлгүнүн учу менен ууртун сүртүнүп, шишеге колун суна бергенде босогого жан жигити даяр болду:

— Үч чоочун келди. Аттары зоругуп турат.

— Кай тараптан?! — деди шишеден колун тартып алган ал.

— Пишпектен. Байтик баатыр жиберди дешет. Шашылыш кабарга келдик дешет.

— Мына сага тамаша! — деди сүлгүнү жакасынан сууруп, обдулуп. — Тилмечти кошуп кабыл алчу бөлмөгө киргизгиле.

Шашылыш кабар демекчи...

* * *

Батыш тарабы Сокулук суусунан берки, түштүк четти тоого такалчу мейкин түз аймакты, негизинен, Бишкек чебиндеги кокондуктар урунат. Унаалардын жем чөбү үчүн беде айдалат. Арпа себилет. Чүйдүн жерине эмнелер гана өнүп чыкпаган?! Эмнелер гана бышпаган? Дарбыз эгишет. Коон эгишет. Күздүн күнү боз тармал сабагында көгала чаар, карала чаар болуп, дүңкүйүп-дүңкүйүп жаткан дарбыздарды биринчи көргөн бирөө, корккончунан атын камчыланып, тоодогу үйүн карай качкан экен. «Чүйдүн талаасына жолборс жайнап кетиптир!» деп айтып, кийин ар кимдерге кеп болгон экен. Шылдың болгон экен. Күздүн күнү анделектер эзилип, коондор жарылып турган учурда дагы бир кемпай коон айдоо тараптан соккон желге мурдун тосуп, аңчының итинче жыттагылай берип: «Мобу тараптан не бир сонун жыт келет да? Түнү менен дем алып олтурса болчудай!» дейм деп, күлкү болуптур. Шылдың болуптур.

Кампалары толо арпа сузса да, коргон толо жалжал беде жыйса да адам тоебу. Ээлери топук кылабы. Шылтоону бийликтеги күчтүү адам таап, күчтүү адам жыйынтык чыгарбаса салык токтойбу?.. Алигиче хан ордосу тараптан чылбырын үзүп кетелек кыргыздар өз

түтүнүнө караштуу бүлөлөрү үчүн зекет беришет. Чөп-чарын, эгин-тегинин жыйнаган маалда үшүр беришет. Булардын баарын түтөтмө мылтык асынган, кылыч байланган сарбаздар беш-алтыдан болуп жүрүшүп, айыл кыдырып жыйнашат. Дин үгүтүнөн чыкпаган үй ээси коюна кошуп эчкисин берип атканда: «Бергенim балабакырамдын башы-көзүнөн салага! Айдан аман, жылдан эсен чыгайын» — дейт. Деген менен малын айдап жөнөгөндө коюнун короого кылчактан маараң, эчкиси куйругун чыбындатып безилдесе, козусунан кой болгонго чейин, улагынан эчки болгонго чейин баккан малы үчүн ээсинин жүрөгү тызылдайт.

Дыйкан каптап арпа берсе, каптап буудай берсе, жыйган жеринен боосун санап чөп берсе, арабалап тартып жөнөгөндө ээси селейе каран турун: «Алганын аш болбосун кысталак! Кошо сугарып, кошо жыйнашкансып... Эшшерип кетти го?» — деп күбүрөйт.

Үшүрдөн жана зекеттин жыйналгандын баары он мин жылкы баткыдай аймакты ээлеп курулган Бишкек чебиндеги Бекке айтылып, эсеби чыгат. Малдары малчыларына тапшырылат. Чөптөрү ар кайсы жердеги коргондорго жыйгызылат.

Элден алуу, жаңы салыктарды салуу муну менен токтобойт. Жылдын бардык мезгилинде ар кандай окуялар болот. Арпага түшкөн, бедеге түшкөн малдар дароо коргондорго камалат. Малдын ээси менен корукчунун ортосунда чыр чыгат.

— Жүз жандыгынан бешти ташта,— дейт корукчу.

— Жарылып кеткир! Четине жаңы жеткенде куун жөнөбөдүңбү? Ошон үчүн кантип бешти беремин?!

— Кантип албаймын! Өрт каптагандай жалмады малың.

Жакалашкандардын жанына сарбаз чаап келет. Ал экөөнү тындырат. Тынышпаса он башы, элүү башына чейин даттанууга туура келет.

Ошол өңдүү чырдын ичинен быйылкы жаздагы чыр кичине жараны тырмап коем деп атып, жара улам ырбап, улам чоңоюп, карттын алды улам ириңге толуп, оорулууну боздотууга өткөнгө окшоду. Деги бул жара ээсинин башын жутчу кейиптенип, ага толгон себептер үймөлөй калды. Жергиликтүүлөр сарбазга учурашканда көздөрү сурдана, өңдөрү түктөйө түшүшөт. Алардын кыймылы да, бастырган-турганы, жада калса үстүндөгү кийиминен бери жаман көрүнүп, кыжыр келтирет. Сарбаздар салам айтса алик алган болушун, какшык

сүйлөп кол сунат. Узай бергенде, ышкырта сөгүшөт. Алык-салык убагында берилбей калды. Кайра-кайра келтирип, беймаза кылышты.

Мамиленин бузулганын беш жүздөн ашык куралдуу сарбазы бар чептин беги Рахматулла сезди. «Бачагарлардын көзүнө көрүнүп койбосом болбойт!» деп жүрдү. Кокон хандыгы менен кыргыздардын ортосундагы жараканы дагы жарыла түшсө экен, дагы ажырай түшсө экен деп Верныйдагы улук төрө шылтоо издеп турганда, көрпөлөнүп кыр жаап калган жаш бедеге тоолуктардын жылкысы түндөрү кирсе болобу! Жылкы жаныбар оттогонго балээ эмеспи! Эриндери каймалап ирмеп, тиши чалгыдай жалман, туягы казып нет, тоборсуп алдынан жаздын деми уруп ачыган камырдай жумшарган аңызды. Муну кароолчу эртең менен көрөт. Кечээки кара кочкул беде азыр бопбоз! Үстүндө жамырап жайнап төрт жүздөн ашуун жылкы жайылып алган.

— Өлдүм! — деп бир бакырды да, кароолчу жыгылды. Чар тараптан убап-чубап чапкан сарбаздар жетти. Кунан, тай аралашкан ар түстөгү жылкылардын чакчелекейин чыгара кууп жөнөштү. Коончунун дубалы бийик коргонуна кийрип, зынданга салгандай бекитишти.

Жазда көк кууп шамалдай кетчү жылкыларды ээлери ал өрөөндөн издешет, бул өрөөндөн издешет. Арадан эки күн өтөт. Акыры из чалып, жатакчылардан сурамжылап жүрүшүп, камоодон табышат. Бул жолку камалган жылкылар болгондо да элди үйрүп калган Байтик жашаган айылдыкы болуп чыкты. Жылкы ээлери ары айтып, бери айтып, жалынып-жалбарып атып да сарбаздарды жибите алышпады: «Көбү Байтик баатырдыкы эле. Бербесеңер болбойт ко?» дешти. «Баатыр түгүл, дөөңөргө да бербейбиз!» деген жоопту угушту. Тажашты.

Бектин өзүнө кайрылышты. Кычыраган Рахматулла беде калыбына келмейинче жалгыз баш да берилбесин айтты. Үч күн өтөт. Арыктаган кулун тайлар калчылдайт. Бооз бээлер четинен кулун сала баштайт. Акыры Байтик өзү аттанат. Бекке келип, достошкон болот. Өз короосунан берип атпагандан кийин, күзүндө отуз прик бермекке убада кылат. Бешинчи күн дегенде жылкылар бошотулат. Ачтыгынан биринин жал куйругун бири жеп калган бээлердин үчтөн экиси өлүү туун, кулун салып таштайт. Мал баккандардын да, мал ээсинин да ичинен кан өтөт.

Жс мал карааны көбөйбөй, же кымызга көлбүбөй ыза болуп, ызырынган элдин түрүн Байтик сезди. Эс тарткандан эле: «Атымды чыгарсам, жоолашканды чочутуп, топ жигит күтсөм, артымдан кол ээрчитсем!» — деп ак эткенден так этип, тилек кылчу неме, өзү менен өзү купуя сырдашат. Кабагы түйүлүп, тиштенсе жаак булчундары дирт этет. Ызырынган элдин күчүн пайдаланып кокон чебине кандай кол салуунун шылтоосун издеп, төрүндө олтурган. Абайласа ашкана тараптагы аялы Апар да капалуу.

— Аа, байбиче! Түндө уктап калгамын го? — деп сөзүн тамаша катыктап баштады.

— Уйкусу курусунчу! — деп кабарыды аялы.

— Ие, чыйрыккандын себеби кайсы!?

— Төмөнкү чептегилерин киши эмес окшойт!

— Кантип? Апамдын төркүнү. Мага таяке...

— Таяке болбой тамырап калсын!..

...Байтиктин өзүнө окшош өндүү, бойго жеткен кызы Багынбүбү курбусу Зулайка менен өзөн жээктейт. Тал аралаш түнт камыш чыккан булунга чечинип сууга түшүшөт. Сергип, чачтарын сыгып, таранышат. Ич кийимдерин үстүнө жаңы салганда көк-куусу аралаш кайымыш шуудур этет. Мандайларында жалоондой эки эркек турат. Кыздардын жүрөгү ооздоруна тыгылат. Корунуп, жалтана беришкиче, экөө экөөнө жабышат. Эркек сыга кучактап, аракетке өткөндө чоочун жан көрө элек Багынбүбү кадоодой тиштерин зордукчунун жаак этине батырып, кырча тиштейт. Жаралуу бакырып, жараатын баса калганда качып жөнөйт. Зулайка кечигип келген. Экөөнүн ызалаганын айтып ыйлаган. Өзүнө кол салган неме үйлөрүнө конок болуп кеткен, чептин беги Рахматулла экенин тааныйт. Аны апасы угат. Апар бүгүн эрине ошол окуянын четин чыгарды. Азат бою тик турган Байтиктин жүрөгүнө экинчи жолу кек орноду. Сыр чыгарбай жайлоого көчтү.

* * *

Мал-жанды майга бөлөгөн күз. Кара, көк, боз, темгил кызыл түстөгү отуз ирик айдаган төрт атчан Бишкек чебине жылып келатат. Ыкшалган ириктердин жону титирейт. Куйруктары чайпалат. Ар кимден жыйналган буларды Байтик «достошкон» Рахматуллага жиберген. Өзүн кыркын тоюна чакырткан. Шектүү неме шылтоо таап бара албасын айттырды.

Байтик экинчи жолу миң башыны арага салып, чакыртты. «Коркуп атат дебесин» деген неме намыстан улам жолго камынды. Которуп минүүгө дилде жабдыктуу бир тору, бир жээрде аргымакты жетелетти. Жан жөкөрү, катчысы болуп жыйырма киши кошулду. Кырк сарбаз артынан ээрчиди. Күзгү жүн кыркын тоюна жөнөштү.

Чокуларынан кар кетпеген тоолордон көп бери, мейкин талаада, өйдөтө адырлуу дөбө. Жаман кесилип, кийин айыкканда курсактан чормоюп чыгып калган киндикке окшош бул дөбөнү жергиликтүүлөр «Боз-Бөлтөк» дешет. Ошол дөбөнүн артында Байтик жүн кыркын тоюн өткөрөт.

Баш-Кара-Суудан Боз-Бөлтөктүн чыгыш тумшугуна чейинки жээктен сызылып булак сарыгат. Камыш сеңселет. Андан бери мейкин түзү жатат. Тоо тарабын дыйкандар урунат. Этеги чөп чабынды. Чабынды аңызга аппак өргөөлөр, аш бышыргыч үйлөр тигилди.

Ак селдесин аземдеп чалынган, ичинен кемер курчанып, кымкап чапан кийген, дилде жабдыктуу аргымак минген бек көрүндү ээрчигендери менен калдайып. Байтик баш болуп бир топтор тосуп карап калышты. Чептен чыккан кыйдылар айыл үстүнө көз жибериштн... Ноктодогу чылбырлары менен өрөөлөнгөн отуз чакты жайдак аттар оттоп жүрөт. Түтүн булаган үйдөн челек көтөрүп, табак көтөрүп катын-бала чыгат. Биринжарым жай эркектер көрүнүп, жер карап отун алып жок болот. Деле чукулда камдуу көрүнгөн, шек сапата турган айыл-апа билинбейт. Ак үйлөрдүн бир тобун булар ээлегенде калганы бош калат. Чакыртылган болушуп, башка тараптан калың атчан келатса, эшикте калган кароолчу кабардабай калмак беле. Бир гана Байтик минчү чалпоо Көкчө токулгасы менен мамыда байланууэкен.

Кыйдылар шек билбей барып түшүштү. Кудай бетин салбасын, сөөктүү Байтик Рахматуллага эки жолу айкалышып көрүштү. Өбүшө да кетти шекилдүү.

— Эки күн кечиктин, урматтуу Бегим. Күзгү союлган мал эти бузулбайт эртең менен кечинде суук болуп. Кымыздыкы кыйын. Чөп каткандан кийин сөөктөн чыккан сүт бат кычыйт, оору козгойт.

— Хан ордосунан киши келген экен, ошого кармалып калдым,— деди Рахматулла калп айтып күлүп, өзү колун укалаган болуп. — Кымыздын кычышына камыкпаңыз. Чай берсеңиз деле боло берет. — Ал жигиттери-

не кылчайды. — Ла, тойдун куттуғуи тартпайсыңарбы?

Бир жигити дилде жабдыктуу боз аргымакты жетелеп келип, Байтиктин колуна чылбырын сунду. Байтик чылбырды алып, бекке таазим этти:

— Ырахмат. Достугубуздун башталышы отуз ирик, бир аргымак эмес, андан өткөн «сонундар» болот, Бегим! — деп таазим этти.

— Жексур жан-жөкөрлөрү менен чон үйгө, калгандары үй үйгө киргизилди. Бектин үч аргымагын, эки кароолчу суулуктап, сыртта калды. Калган аттар экиден айкалыштыра байланып арыта.

Боорсок, набат, мейиз чачылган дастөркон четинде меймандар. Кээси чай ичип, кээси кымыз жутуп... Бек үстүнө Байтик улам кирип чыгат: «Ичип-жеп олтургула. Сурнайынар болсо тартып, узун моюн дутарынарды чалып оюн куруп олтургула» дейт.

Сыртта шек жок. Экинчи келген конуктор жок. Коюлган кароолчулар тынч. Эми балээнин баары ошол Байтиктин кирип-чыгуусунда жаткан. Анын ар кыймылын аш бышырган төрт үйдө шыгырап камалып олтургандар жабык жылчыгынан, кереге түбүндөгү чий арасынан карап атышкан. Байтиктин жандоосун күтүшкөн. Баягыда Анар кызы тууралуу айтканда, бээлердин кулун салганынан дагы кийинкиси өтүп кеткенинен: «Рахматулланын шиши толду!» деген Байтиктин азат бою дүркүрөп. — Мунун тузун эки эсе татыта албасам, Байтик атым өчсүн!» деп ант кылган. Антынын аткарылышын жайлата чечмелеген. Ушул кыркын тою шылтоологон амалга келип токтогон. Кол салуу шарты чечилген.

Мейман үйлөрдөн күлкү чыгып атты. Бирерлер сыртка чыкты. Суу толгон даяр кумгандарды көтөрүп, даарат ушатканы, даарат алганы камыш аралап, жапсарлап кетип атышты. Үч аргымакты суулуктаган эки кароолчу гана Бек турган үйгө чукул, кол салуучуларга ыңгайсыз жерде турушат. Ошол үйдү ортого тигүүдөн жаңылышыптыр. Самоор көтөрүп чыккан жалпак жигит кароолчулардын жанына токтой калды. Ырсайып күлдү. Калпагын бурдап алып, маңдайын сүртүү да.

— Белиңер талыбайбы? Бутуңарга шакшак байлап алдыңар беле? Жүрү, жок дегенде бирден кирип, этке ооп алгыла? — деди.

Сакал-мурутун тегиздеткен улуураагы баш чайкап йду. Жалпак кайра самоорду көтөрүп атып:

— Билем. Чайдан мурда шорпо ичпейсиңер! — деди,

күшүндан көчүгүн чайпады. Экөө күлүп нйгенде, жорголоп жолго түштү.

Үймө чара эт көтөргөн жигиттер Бек олтурган үйгө тартып чыгышты. Анан берки үч үйдөгүлөргө тартыла баштады. Ошондо эле зарыга шыкалып олтурган жигиттердин тынчы кетти. Тиштенип, өндөрүнөн кан качты. Кындагы курч бычактарынын сабына, төш жары майыц союлдарына колдору жабышты.

Эт тартылып атканда Байтик Рахматулланын үстүндө болчу. Меймандары устукандарын алып, кыя кесип сугунуп, эттин кызыгына алакесип калышканда, жылып сыртка чыкты. Баса түшүп, жан чөнтөгүнөн жүз зарчысын сууруду да, катуу силкип жиберди. Төрт үйгө тамалып тургандарга «Баштагыла!» деген белги ушул. Дал тешиктен чыккан аары сымал, сыртка жулунушту. Бычакчандар сарбаздардын аттанаар үзөңгүлөрүн кыркууга... союлчандар босогону ээлөөгө жабылды. Сак турган кароолчулар бакырышты:.

— Өлтүрдү, чыккыла!

Тигинде үзөңгүлөр кыркылып, чыккандардын башына союл согулуп көмөлөнүп... Үйдөн мылтыктар атылды. Эшиктен кылычтар сунулду. Мылтыктын үнү, кылычтын сүрү сырттагыларды кийиндетти. Сарбаздардын акыркылары чыкты. Бири менен бири аралашты. Чабышты. Сайышты. Бакырык-өкүрүк. Оонап калганы бар. Колу-беттери кызыл-ала болуп, качып жүргөнү бар, кубалап жүргөнү бар.

Соксойгон Рахматулла кароолчуларына жетти. Алар жээрде аргымакка аткара салышты. Өздөрү экн аргымакты минип, үчөө болуп качты. Сарбаздардан дагы он чактысы аттарына ыргып минишип, кошо качты. Ошондо гана кол салгандар сарбаздардын сол үзөңгүсү жок калган аттарына минишип, кууп жөнөштү. Калгандары оттоп жүргөн жайдак аттарын көздөй чуркашты.

Тирүү сарбаздар Бегин ортого алып, коруп чогуу баратышат. Өң алети кеткен Рахматулла:

— Бул кызыталактарга ишенип болбойт. Барбайлы деп, канча айттым ашкабак баштар! — деп сөгүнүп баратат.

Өтө эле алыстан куугунчулардын карааны көрүндү. Ашыгып калган булар сууну көздөй бадалга бурулабыз деп, сазга туш келишти. Бир канчаларынын аты тыгылып, оңколоп жыгылышты. Кургакка чыгышып, кайра качышты. Сарбаздардын милтелүү мылтыктары

суу болуп, от албады. Ок атылбагандыктан куугунчулар тартынбай куугунга алып, Боз-Бөлтөктүн бүткөн түзүндө жетишти. Көкчөнүн үстүндөгү Байтиктин эки көзү жалындап, Рахматуллададан адашпайт. Куугандар жетип-жетпей калганда сарбаздар аларды алаксытмакка Аларча суусун карай тартышты да, Рахматулла бөлүнүп узады. Тээ эки чакырым ченде коончунун коргону. Коргонго кирсе, куугунчулардын кур калганы ошол. Чептеги сарбаздар туюшуп, жардамга чыгышы мүмкүн. Санаасы уйгу-туйгу түшкөн Байтик Көкчөнүн жалына өбөктөп, чаап баратып айкырды:

— Коргонго кирсе, алдырбайт! Кайран жерден айрылабызбы? Арбактар, колдой көө-өөр!

Коргон көрүнгөндө Рахматулла дагы шерденди. Кылчайып, кылычын булгалап бакырды:

— Журтунду кетмендеп, тукумунду курутпасам элеби, иттер!

Ким билди? Кылымдардан бери жашап өткөн ата-аба арбагы ойгондубу? Же жанагы тыгылма саз ишке жарап кеттиби? Болбосо ат күлүгү жецдиби?.. Таноосу барылдай ичип-жеп жүгүргөн өзүнүн эки асыл күлүгү Керкашка нокточон өтүп баратат. Жайдактын үстүндө кылычын суна кармаган Зулайканын атасы Көкүмду Байтик тааный коюп, айкырыкты салды:

— Арбактар, колдой көө-өр! — Өзүнөн Керкашка алыстап-алыстап узады. Бектин аргымагына жанашты. Рахматулланын тизгин кармаган колун каруудан шылый чапкан Көкүм корккончунан кылычын түшүрүп жиберген анын чылбырын илип алып, бурулду. Жетип келген Байтик:

— Намызды кетирбей калганыңдан айланайын, Көкүм! Туягындан айланайын, Керкашка! — деп үнү каргылданып, дирилдеп жалбарды. — Сени төрөгөн апаңдан айланайын, Көкүм! Тай кезинде күлүгүн берген Күрүчбек элинен айланайын, Көкүм!

Качкан сарбаздар куугунга алынбады. Рахматулланы тегеректегендер тобу менен кайра жөнөдү.

* * *

Күлүп туруп Бегинен айрылган сарбаздардын үрөйү учту. Бектин же өлүүсү белгисиз, же тирүүсү белгисиз. Тирүү болсо, кое беришет эле! Өлтүрүшкөн болсо, чепке кол салышмак. Бул эмне деген кордук? Бул эмне деген табышмак? Күн өттү. Түн өттү. Чептин бурчтарын-

да акыйган кароолчулар. Кеткен дагы жан жок. Келген дагы жан жок. Ордого киши чаптыралы дейт жол тосконго жолугуп, жайлап салабы деп коркушат. Жибербей туралы дейт күн өтүп атат. Айлалары куруду. Баарысына тобокел он чакырым алыстагы коргонго жыйылган жем-чөптү тартып алышса эмне.

Туура үчүнчү күн. Боз-Бөлтөктүн батышындагы Баш-Кара-Суу тараптан бүдөмүк жалгыз караан көрүнгөнсүдү. Кароолчу кабарлады. Байкоочу бурчка бир тобу чыгып келди. Бири жалгыз көз дүрбүсүн бетине алды. Тиктеп атып:

— Адам экен,— деди. — Жөө экен,— деп кошумчалады. Чай кайнам убакыт өткөндөн кийин, жөө адам экени, жонунда көтөрүнчөгү бар экени, жөнөкөй көзгө да даана көрүндү. Чепке бурулат ой кылышты. Аял түспөлдөнүп кеткен неме тиктеп да койгон жок. Чыгыш тараптан кыйгап, казактарга кетчү кара жолго түштү. Ким болсо дагы алып келүүгө, сарбаздын бири чаап жөнөдү. Жетти. Жабылып тиктеп тургандарга көтөрүнчөгү бар жолоочу көнбөй атып, күчкө салганда гана зорго басты окшоду.

Сарбаз айдап, чепке кийирген аял экен. Көтөргөнү көзү бакырайган, эки жаш чамасындагы эркек бала. Санааркап, жаагы шимилген селдечен неме аялды суракка алды:

— Кайдан келатасың?

— Байтиктин Боз-Бөлтөгүнүн артындагы журттан келатам.

— Анын атын атабагын, тилиң кесилет! Ал динден чыккан калп! Тойдо берген ашы макүрө болду. Тигил дүйнөдө тозокко түшөт.

Жүзүндө сыр жок, мисирейген аял корккон баласын көкүрөгүнө кысып, колтугуна түрттү. Чепкенинин жакасын баланын бетине тартты.

— Журттан келатканың кандай?

— Эч ким калган жок. Баары көчө качып кетти.

— Каякка?

— Тан. Аларчаны өрдөп кеткендерине...

— Өзүң эмнеге калып калдың?

— Кимди ээрчиймин?.. Жесирмин. Төркүндөрүмө кетип баратам.

— Төркүнүң ким?

— Ушул тарапта жашайт.

— Тынчы болуп жүрбөгүн!

Аял корккон өндөнүп:

— Ал эмне болот? — деди. Сурап аткан немс жасоолго каш какты.

Жасоол аялды баласы менен сүйрөп, түртүп бир жакка кийирип кетти. Аздан кийин баланын эрин ыйлаганы... Аялдын чацырып кыйноо тартканы угулуп атты. Көптө жасоол келди...

Аял жанагы сөзүн кайталаптыр.

* * *

...Жаралуу Рахматулла айыл үстүнө алынып келинет. Аргымактан түшүрүлөт. Чолок жолдун ичинен сызылган кан дагы эле таамп-токтоп, сызылып капталы кызыл-ала. Тирүү калбасына көзү жеткен немс:

— Алдамчы, наадан! — деп Байтиктин көздөй ыкырынып. — Айтып кармашпай катынга окшоп ыи кылдың!

Мандайына Көкүм тура калды. Кылычынын учун Рахматулланын жаагындагы тиштердин таты калган тырыкка такады:

— Наадан болбосоң, бул «эң тамганы» кайдан алып жүрөсүң? — Чынын айтчы, мобу жарданган адамдардын алдында?!

Рахматулла селт этти. Ындыны өчтү.

— Кыйнабаң, өлтүргүн!? — деди үшкүрүнүп.

— Мен өлтүрбөсөм, мени сен өлтүрөт болчусуң! — деп Көкүм кылыч менен чокуга тартып жиберди.

Рахматулланын денеси кыйраган сарбаздары менен кошо сормо сазга таштанып, жоготулду. Бул тарапта курман болгондордун сөөгү айыл-айылга алынып келинди. Байтиктин буйругу менен өлгөндөр өкүрүк-чуусуз, дым-дым көмүлдү.

* * *

Хан бийлигинен кутулууга Байтик башкарган чөлкөмдөгү эл макул болушту. Азабы менен жыргалына бөл бууп ташташтьі. «Айла, акылды өзүң тап. Тапканыңды ортого сал. Катып курушканы болсо, жумшартып көрөлү. Жумшагы болсо, чоюшуп-керишип көрөлү» — дешти Байтикке. Адам өлтүргөндү баштаган немс, адамдын жошолонуп аккан канын көргөн немс, кыйналган адам жан берээринде демин ала түйүлүп,

чâмасы болсо көзүн бир ачып алып, анан алсыз дем алып сынала түшкөнүн байкаган неме топ ортосунда эңгезердей болуп турун айтты:

— Төртөөң шайман алып, Боз-Бөлтөктүн чокусуна карацгы түшкөнчө чыккыла. Ач казгыла. Бет алдыцарын түптүү чийден, карагандан койгула. Күн бою кезекке туруп, чептен көз албагыла. Кеткен менен келген карацанды байкагыла.

— Куралданган бир тобуң Сокулуктан аркы чектерди тоскула. Бер жактан нары өтпөсүн. Ар жактан бери өтпөсүн. Чептин түндүгү менен чыгышында болсо көкөндүктардын чыгаар эшиги жок, шыкаалаар тешиги жок. Түштүгүндө биз турабыз.

— Калганыцар бүгүндөн калбай катын-балацарды, мал-жанынцарды көмүскөлөтүп жашыргыла. Эркек аттуулар азыгынцарды байланып, найза, союлуцарды алып, ушул жерге чогулгула. Тагдырыбызга эмне жазылса, ошону чогуу көрөлү.

— Төртүнчү сөзүмдү... бышып бүткөндө жарыялаймын.

Байтиктин буйругу орундалды. Уу ичип, кырылып калышкансып чеп тарап ың-жың. Айла кеткенде жалгыз бойлуудан жибергсек ишенбейт деп, балалуу жеснр аялды жөнөтүшкөн. «Кармабаса жолуңду улап кете бергин. Кармалып калсаң элди «качты деп айткын» дешкен. Жакшылыктан үмүт үзбөгүн, чепти талкалап куткарып чыгабыз. Үстүңө үй, тулгаңа казан асып беребиз» дешип көндүрүшкөн. Элден чыкпай аял дагы макул болду. Бар тобокелге салып, камоодо олтурат. Суракчынын: «Айтканың калп чыгып калса, балаң дагы, өзүң дагы мууздаласың!» — деген сөзү кирпик ирмем сайын кулагында кайталанат. Үшкүрүнөт. Келме келтирет. Баласын карап алганда денеси дүр этет. Жакшылыктан үмүт үзүп, жер астын-үстүн болгондой чайпалат. Канткени менен Байтик баштаган эл каптап келип, чепти талкалап балам экөөбүздү куткарып калат деген үмүттө.

* * *

Бешинчи күнү чептегилер дагы, канаттуудан башка жан көрүнбөй тунжураган тоо тараптан тажашты. Кош ат чегилген элүү арабаны сыртка чыгарышты. Эки жүз элүү сарбаз кайтарууга алып, Күнтуу айлындагы кал-

панын короосун карай чубашты. Андагы жем-чөптү тартып алып, анан тоолуктардын кол салуусун күттү. Кар түшкөнгө жетсе алар кыштоодон чыкпайт. Хан ордосуна чабарман жиберүүгө шарт түзүлөт.

Баш аягы тай чабым болуп тизилген арабалар коргонго жетти. Туш тарабын элец карашып, сарбаздар да жетти. Кап-кап арпа арабаларга басылды. Боо-боо беделер арабаларга жыйылды. Мына эми жөнөй берээринде Боз Бөлтөк тараптан чаң созулуп, күдүрөндөгөн адамдар карааны жайнап чыкты.

Маа, беш күндөн бери кулак-мурун кескендей жымжырт жаткан тоо тарап күү... Сарбаздар башаламан. Бир чети чепти карай качканда калгандары ошол жакка ооду. Арабадагылар каамытты кантарып, аттарына ыргып атышты.

Аралык алыс болгондуктан тигилер качкандардын куйрук жагына зорго жетип, кармаш салышты. Кармашта сарбаздар тарабынан отуз адам өлгөн. Элүү араба жүгү менен калган. Тирүүлөрү чепке кирип бекинип калышкан.

Ошол учурдагы кокон хандыгынын залимдиги жалпы элге ок жыландай тийди. Алардын азап-тозогунан кутулуунун айласын жапа тырмак көздөштү. Байтик муну зирек түшүндү. Ошондон улам мээсине бекиткен төртүнчү сөз ошондо бышып, сыртка чыккан. Сарыөзөн-Чүйдөгү мүлдө солто элин, арасындагы бир топ урууларды кошуп Ак падышанын букаралыгына кабыл алууну өтүнгөн кат жазылган. Каттын ичинде Бишкектеги чепти талкалоого жардам сураган өтүнүч кошо тиркелген. «Сени төрөгөн ападан айланайын!» — деп чын дилден айтылган мактоо сөз жүрөгүнө мөөр болуп басылып калган Көкүмгө кат тапшырылган. Ал тебетейинин кайрыгын сөктүрүп жиберет. Жүндүн арасына ыйык катты сойлотот. Көрпөсүн кайра жөрмөтөт.

— Башым чабылса, жоголду. Болбосо Алматыдагы төрө түгүл, андан алыстагыларга чейин коопсуз жетет! — деп эки жолдош ээрчитип чаап кетти.

Тигил түштөнүп олтурган майорго кабарлаган ошол үчөө.

Майордун буйругу боюнча элчилер кабыл алуу бөлмөсүндө болушту. Ийиндери жаркырап, жомоктогудай кийинген майорго үчөө жарыша:

— Салоом алекум, азиз төрө! — дешип баш ийкешти. Төрө дагы башын ийкегилеп кабылдады. Көкүм кара көрпө тебетейин алды. Тиши менен көрпөнү сөктү.

Жүн арасындагы ыйык катты сууруп чыкты. Төрөгө суунду. Ал каттын маанисин түшүнө баштаганда:

— Букаралыкка кабыл алуу өтүнүчүн Азиретилер чечет,— деди.

Чептин талкалоого жардам сураганы айтылганда, көзү бир башкача жайнай түштү. Босогодогу жан жигитине буйрук берди:

— Колокол кагылсын! Бүт казарма даяр болсун!

Үч замбиректүү, ат-көлүгү шай беш жүз солдат алган майор түн катып жөнөгөн. Эртеси түштө Бишкек чебин камоого алган. Байтик дайрып калды. Союш камдатып, тамак-аш үюштурушту. Өздөрү да камдуу келген солдаттар ичип-жегенге карк болду.

«Багынгыла. Куралынарды таштасанар, өмүрүнөр сакталат», деген эскертүүгө сарбаздар көнбөдү. Күрүлдөгөн атышуу башталганда орустардын замбиректеринин огу чептин кырындагы жападан жалгыз замбиректин оозуна түптүз кирип кептелди. Сарбаздар жарадар замбиреги менен үч күн алышышып, сайын зорго тазалашты. Чептен алыс, сырттагы солдаттар үч күн ичинде байкатпай иш кылышты. Жер алдынан оюп олтуруп, күтүлбөгөн жерден чептин ичинен чыгышты. Сарбаздар багынды. Өмүрлөрүнө азаттык берилгени үчүн сүйүнүп, жер кучактап ыйлашты. Байтик баштаган жергиликтүүлөр жамырап-жайнап чуу коюп, чептин ичине кириштн. Өз билгендерин жасап кириштн. Үзүндү кайыш калтырбай, сыныктогоо таштабай талап жалмашты. Энчиден кол башчы Байтикке бир сандык күмүш жамбы тийди. Андан да күчтүүсү чепти Байтик талкалады деген атак, туш тарапка дүңк этти.

Чептин дубалын жерге айлантып талкалатып, ордун түзөттүргөн майордун санаасы тынды. Жаркын маанай менен Верныйга жол тартты.

Чүй аймагындагы бүт уруу падышанын букаралыгына кабыл алынды. Байтикке түрөгөй кыргыздын тили келбеген чин берилди Омбуда турчу улук тарабынан. Минип бастырганда жанына чукул жан жолотпой чапчып, тиштеген чалпоо Көкчө үстүндөгү Байтикти баатыр да дешпей, «манап тукуму» да дешпей: «жарым падыша» атап алышты. Жарым падышанүшкүр өз билгенин жасады. Дөбөдө олтурса жолоочу кетип баратат.

— Тетиги ким? — дейт мойнун койкондоткон Байтик.

— Жолоочу,— дейт Көкүм.

— Кайрылып, мага салам айтпай кеткен ким экен ал?

— Алыс болгондуктан байкабады го?

— Байкабастыгын! Чап! Жет! Бөктөрүп келгин!

Жигит чаап жетет. Бейкапар бечара жолоочуну алдына салып, шилилеп айдап келет. Бараар жерине жеткей калган кордугунан дагы, дырдай чечинтилип, сууга салынып сабатылат Байтиктин көз алдында.

Жарым падышак түшкүр аймагындагы мал-жанды эле башкарбай алп тоолорду, карагай-кайчыгайы менен, кайберен, илбирстери менен карамагына алды. Атын алган кийигин жүктөп бараткан мергенди алдырып келди.

— Кайдан аттың? — деди мергенчинин маңдайына тургузуп.

— Таксыр жарым падыша! Аларча зоосунан аттым.

— Ал кийик кимдики, билесиңби?

— Тоонуку. Алла тааламдын амири менен жаралган.

— Атандын чокусу! Аларча менин тоом. Андагы кийик менин уулум Тойчубекке энчиленген. Билип туруп менден уруксатсыз аралайсың ээ?! Менден уруксатсыз баламын энчисине бөлүнгөн эчки-текелерди аткың бар, ээ?! Ал жигиттер! Тикенге бөлөп сабагыла! Эки жылкы төлөмөл кылгыла!

Ушинтип каары күчөдү. Ага адам даап бара албай калды. Карааны көрүнсө, буйгага корголоду.

Төмөнкү айылдын «мыктымын» деген бирөө жанаша бастырып баратып, Байтиктин кобурун жаза угуп:

— Баатыр, эмне дедиң? — дейт.

— Угуза эле айткандай болдум.

— Ат бышкырып жиберип, так укпай калдым.

— Ошенттиңби?!

— Чагымда ошентип калды. Сөзүңдү чала угуп калдым.

— Бери болчу! Дааналап угузуп коеюн,— деп Байтик Көкчөнү темине берет. Аттын чуңандаганына карабай тигил жанаша түшөт. Күлө баккан Байтик:

— Бери болсоң? Кулагыңды тоссоң? — дейт. Тиги өзү дагы күлүндөп, кулагын тосо кырдаа калат. Кездикти небак камдаган Байтик тигинин кулагынын жарымын шарт кесип ыргытат да:

— Эң салып коёюн. Мындан ары так угуп жүрөсүң!— деп, бастырып кетет.

* * *

Кыркар көмөрүлөгө чоң балыктын жону сымал өйдө баштаның, катмарланып жаткан жашыл кырлар. Кырлардын этегинен, ортосунан жалгыз аяк кыя жолдор кетет жондорду кырчып артылып, ашып. Жолдор кылымдар бою кардын эриндисине, мөндүрлөп урган нөшөргө, майдалап жумшак элеңген ак жаанга эзилип, сансыз туяктар ургулап тапталып, жоголбос нукка айланган. Кемерленген үстүнкү жээктин биринчи катмары чым сымал кара. Анан бозомтук, кызгылт. Жанчылган кум, шагылдын сыныктары.

Мандайкы жапалак арчанын түбүнөн өткөн ошондой артылма жолдон жоон топ атчандардын калдайып чыга калышы жанатан олтурган Байзакты ойдон алаксытты. Ич буруп карады. Тоолуктар дүлөй кишиче бакылдап сүйлөшөт эмеспи. Карсылдап күлүшөт эмеспи. Тигилердин каймана айтышып тамашалашканы, аттардын бышкырыгы, туяктардын ташты катырата басканы улам жакындады. Кыялап келатышып ойрума менен эңиштеп, өзөндү карай түшүштү. Аттардын арткы буттары сыйгаланып, үстүндөгүлөр үзөңгүгө күч келтирип тизгин тартышат. Кагелес адамдар чалкалап, курсактуулардын денелери сүзмө толгон каптай былк-сылк. Аттары онтоп бурандап, өздөрү да бет-мурундарын бырыштырып кыйналышат.

Өзөнгө киргенде дөбөдөгү карыяга көрүнбөй калышты. Бир аздан соң тебетей, калпактарынын төбөсү чыкты. Анан жүздөрү, аттарынын кулактары, тизгин чойгон баштар көбөйдү.

Боз, жээрде, карагер, чаар, тору минишкен алар тууралагы кең өтөктөгү кулун тизилген желээлүү төрт боз үйгө кайрылмакчы болушуп баратышты да, карыяны байкап бери тартышты. Деле көп жетпей түшүштү. Аттарын эки-экиден айкалыштырып, байлай салышып басышты. Бул жөрөлгө улуу кишини сыйлоо, кадырдуу кишини ызааттоо!

— Ватсалоому алейкум! — деген сөздөр жаады. Биринен сала бири кол созуп учурашып атты. Дөбө бети тегерек олтурган адамдарга толду. Үйдөн кымыз толгон ыш чаначты оозунан апчый кармаган жигит чыкты. Бери басты. Аяк, чөйчөк көтөргөн тестиер балдар, кыздар ээрчиди. Алар жүгүрүшүп, анталандашып...

Аякка, чөйчөккө кымыз бир баштан куюлду. Улуулата сунулду. Күн нуру кымыз бетинде ойноп, ар кимдер колуна алды. Көздөрүн жүлжүйтүп жутту. Капортологон

идиштерин алдыларына орундуктап коюшту. Мурут жанып, сакал сылап, кенелип жайлана түшүштү. Байзак олтургандарга көз кыдыртты.

Бир көзү көрүүдөн калып, экинчиси баскан-турганына, ат бастырганга жараган Болот олурат. Айылдагы шоктуу жигиттер өндүү делинген жаш келиндерге атайы кол алыштырып: «Акмөөрдү сүйүнсүз. Бул келиниңиз кандай, окшошо алабы бир жериңе?» десе, унчукпай калып, «колу Мөөрдүкүндөй жумшак экен!» деп коерун уккан Байзак, «олдо, шоркелдей ай! Неберелүү болгонго чейин да унутпайт экен го качанкы Мөөрүн» деген күпуя. Катарда улгайса да бала тариздүү жарык маанай Сырбай олурат. Ал эл оозундагы «Эр-Табылды», «Курманбек» казалдарынан чолуп-чолуп сабап жиберет. Майдабарат аш-тойдо жамактатып ырдап, «чолок этек» аталган ырчылардын эсебине кирет. Азыр томогосун тарткан кушча элендеп, сүйлөп ие албай, бирөөнүн сөзүн жыра тарта албай...

Икаяны майдалап, таптап, майын чыгара сүйлөгөн тоголок Осмон. Дагы бир топтор бар. Берки топтогулар берилген ашты арттырышпайт. Болгон окуяларды ары чоюп, бери чойгонго, кынтыкты чукулап, жая салаарга маш. Ошондой мүнөздөрү менен көнүп бергенди эрмектеп шакабага айлантышат. Өйдөсүнүшүп, коколору чыңала күлүшөт. Олтурушта топ түзө коюшуп жооштү жалгызсынтып бөлүп, үстөмөндөтүп куугунтукка алышат. Корунтушат. Адам баласынын арасындагы көтөрүмдүүнү аябаган анык ала көөдөк акмактар ушундай шойкомдуу топко жатат.

Ар түрдүү мүнөздөгү мындайлар менен дидаарлашып олтуруу-баамчыл адам үчүн чоң пайда. Ар кимин бөлө билет. Тигинин бүгүнкүсү менен эртеңкисин көрө билет. Кимдин калысчылдыгы, кимдин эки жүздүүлүгү ажыратылат. Кими кара мүртөз, кими ак көңүл—дааналана берет. Кийин жаманчылыкта да, жакшылыкта да кылткылт эске түшүп турат, булардын ар бири. Ушундай ой чабытындагы карыя өз айылындагы жигитке буйрук этти:

— Катуу баштууну жибиткен да аш. Капалууну жылмайткан да аш, «Аш ичели, тынч уктайлы» деп тилейт адам баласы. Тургула, кой сойгула тандап.

Жаңы союлаар кой этинин даамы тандайына келе калган Сырбай ойдолоп, таштап койду бир сап сөз:

— Оо жер-суудан айланайын, Жумгал-Ата ой! Айттырбай билген Байзак ата ай!

Карыя бырс күлдү. Баары катқырды. Жакабелде кык чокулап жүргөн кара каргалар, тумшук-буттары кызгылт кызыл тумшуктар, чекир көз чөкө таандар, куйрук-канаттарынын учтары темгил көк көгүчкөндөр, ар түстөгү кооз чымчыктар дуулдактан уча качышты шатырап.

Сөз кетти тизгин карматпай. Арадагы боз таар чепкенчен, торсойгон Осмон жедеп жаан менен күн ондуруп олтуруп куур кылып таштаган кийиз калпагынын мандайын камчы ордуна урунган чыбыгын сороң эттире ойдө көтөрүп:

— Бу... ырдалып жүргөн Жаныш менен Байыштын кимиси баатыр? — деп көз сүздү. — Алар болгон немелерби? Болсо, кайсы жерден? Ушуну түшүнтүп бересиң барбы арацарда?

Сырбай мындайда жантыгынан жата калат эмеспи, озунуп:

— Экөө тең эле эр! Бул эле колунду бүксөң, чыканагың тийген биздин Кара-Сеңирдин далдоосундагы Кетмен-Төбөдөн алар. Жанышы — улуусу. Байышы — ортончусу. Кичүүсүнүн аты — Шамшыке. Эки агасы куш салып, жер көрүп сейилдейбиз деп, Айдың-Көлгө кетишкен. Айдың-Көлү азыркы эле Ысык-Көлүбүз. Ошол тарапта жүрүшүп, калың жоо менен кагышып калышпадыбы берендерин.

Сары-Камыштан төмөн, Нарын дарыясынын жээгинде Шамшыкенин атынан аталган тоо турат, өзүнчө бөлүнүп. Андан чилдедеги муздай кагыраган тунук туз чыгат. Сыйыбызды көрүп, достугубузду бузуп кетчүүлөрдү «Шамшыке тузум урсун!» — деп калышы да ошондон.

— Бах-бах-бах!

— Сырбайдын билбегени жок...

— Курманбек боло турган болчу болсо саал алардан берирээктен. Жайлоосу — Тер-Жайлак. Кыштоосу Сары-Камыш тоолорунун өрөөндөрү,— деп желдире берди Сырбайың түшкүр.— Мына, Жумгалдын дал өзүндө: Чет-Кууганды, Орто-Кууганды жана Баш-Кууганды деген өрөөндөр турат. Курманбек баатыр ыгып алган чет жоолорду четинен, бащынан, ортосунан ылаачындай тийип качырып сайып, кагыратып кууп-сүрүп жөнөгөнүнөн аталып калган да «Кууганды» делинип.

— Бах-бах-бах!

— Эр Табылдыны канттиң экен эми?!

— Ой, сен өзүң анык ургандын бири көрүнөсүң,— деп Сырбай суроочуга көзүн кадайт.

— Болгондо?..

— Ал Ак-Талаа, Куртканын тегерегинен. Ашып түшсө... Ырчылар «катагандын Эр Табылды» дешет. Ат-Башыда катаган уруусунан чыккан Кошойдун коргону турбайбы. Анан ошол Эр Табылды ат үстүнөн алына албаган Чалкалмакты чоюнбаш менен койгулап сууга кийрет. Сакалдан алып башын кесээрде, ал итиндин сакалы жулунуп кетип, сууга агып кутулган эмеспи. Ал суу — Эки-Нарындын бир айрыгы эмей кайсы демексиң, я?

— Баракелде, баракелде. Жакшы ышкыртат экенсиң!

— Бу кейпиңе караганда болду-болбоду Манас баатырга да Жумгалдын эн-тамгасын урасың го?

— Хо-хо-хо-хр. Ай, түгөт Сырбай ай! Атаң бекеринен атынды Сырбай койбоптур-күү!

Кашка тишинин ортосу ачык, жылмайса бала түспөлдөнүп кеткен Сырбай «таш» ыргыткандардын шилдыңын кыпчып да койгон жок.

— «Манас» жалпы кыргызга орток. Оңөнтсе да — деп куйка кашыйт, Сырбай түгөт. — «Манасты» апталап айтуучу өзүбүздүн урук-журат, Орозбактынын Сагынбайы.

— Ма, сага! Хо-хо!

— Эй, Музоо! Анан кандай! — деди, кымыз мээсин дуулдаткан Сырбай. — Көл башындагы зор Ормон, Таластан бери кыдырып жүрүп, Соң-Көлгө чыгат эмеспи. Биринчи жолу көргөн тура турна көздөнүп кылгырып жаткан Соң-Көлдү. «Мага көрсөтпөй урунуп жүрүшкөнүн кара, булардын!» деп мыктыбыз дегендерди кекеткен эмеспи кыйкымдап. Айыпка жыгып, кырк бир өңүнөй чаар ат алган эмеспи. Же калппы!.. Ардансаң көчө качып кет көл башына. Ормондон коркконунан далайлар шымын булгап алышкан.

— «Көргөзбөй урунуп» дегенин, тобо! — деди Осмон. — Айланасы ат менен күндүк жол Соң-Көл анын көзүнө кыздар урунган чөнтөк күзгү болуптур го.

— Базары жүрүп турганда... кимдин көзү ала чакмактабайт.

— Ошондо «Манас» айткан Орозбактыны зор Ормон чоо-моору менен, сурнай-мурнайы менен кошо ала кеткен көчүрүп, Көлгө.

— Сен Сырбай эмес эле тантаза дырдай... турбайсыңбы!

Олтургандар жалпы ыкшыды. Сыңар тизелеп, чөйчөгүн шимирип аткан тестиер бала «дырдай» деген сөз-

гө бышкырып, оозунан аткан кымыз жерге чачырап шибердин жалбыректары агала.

* * *

Тирүүчүлүктүн бир ырахаты — буюрган даамды ортого коюп топтошуу. Андай күндүн шаңы залкар комузчу менен. Мукам үндүү ырчы менен. Сөз тапкыч шайырлар менен. Айтканына кыймылы төп келген куудул менен. Азыркы күлкүдөн улам Байзактын эсине Куйручук түштү. Боюо жаанын жебесиндей тик. Көзү шоктуу. Салаадан куюлуп түшчү нээти сүйгөн эргулундун элеси көз алдына тура калганда: «Атаны, кудай тажаткыр ай!» деп бырс күлдү. Куйручукка түксүйгөн канты, таноосу жайыла күлкү эле чакырып турган мурунду, аргандай эпке келген эринди берген эмеспи! Бул кудай тажаткырдын балалык кези да азап. Апасы бешикке таңып таштап, тиричилиги менен алек боло бергенде эки далысы кабыргасына жабышып, итий болгон. Андан өлбөй, төрт-бешке чыккыча баспай, бечел калат. Көзү жылтырап, тили буудай кууруйт. Айт күнү кыскыркындар кирсе, үйлөрүндө киши жок тура. Кайра кетишмекчи болгондо үн чыгат:

— Ашканада айран турат, куюп ичкиле.

Кылчайышса, бешикте «желмогуз» жатат сайрап! — «Аа» дешип, бакыра чыга качышат.

Жетиден өтүп-өтпөй буту басып, кол арага жараарында апасын жутту. Жетим атанды. Таза суу кошпогон азапты ошондо баштады бейм айылга, Куйручугун түшкүр!

Ашкана ичиндеги каймактаткан сүттүн каймагы түбүнө түшүп, сүтү жок. Сүтү калса, каймак жок! Айран уютмакчы болгон, май алмакчы болгон катын-калачтар сыздады! Андып да көрүштү. Айсыз караңгыда шырпы угулаары менен көсөө-кычкачын кармап сыртка жөнөшөт. Безилдеп улак маарайт да жок. Борсулдап күчүк үрөт да жок. Түлөө өткөргөндөр болду, окуяны ар нерсеге жоруп.

Тезекке жапкан таар, кийиз жапкан эле күнү жок. Балта, чот, ороктон бери жер жутту. Иле койгон жүгөн, куюшкан, аркан, жип-шуу түтпөй кетти. «Мына тыйылаар, ана тыйылаар? «Жок, күч алды. Бакандагы эт жок, баштыктагы талкан жок. Кимдер мойсогону билинбей айыл чуу!

Өмүрзактын ширидей кара баласы — жетим Кудай-

берген аш-той өткөн үйдөн калбайт. «Ананайындын» элпегин айтпа. Суратпай, жумшатпай эле ишке аралашып кетет. От жага коет, чычалаларды ичкерлетип. Кумганды ала жүгүрүп, конокторго суу куят. Эки көзү чалгында: ашкананын ичине илингенди, туурдуктун каттоочуна катылганды жаземдебей көрүп калат. Анын сазайы ошол эле күнү берилет.

Мунун өтө эле кийин, данистелеп укkан Байзак азыр дагы бүлкүлдөп күлөт. Мандашын которуп, көзүнүн кычыгын басат. Мурдун жаныйт.

Бир топтор менен Көкүмбайдын үйүндө конокто олтурган болчу Байзак. Күрүчбек элинин кадырманы, чыканактай Түрүкмөн сөз баштады:

— Тамакка эле шыкай бербей комузчу-чоорчу болсо алдырып, тамаша салдырып олтурбайсыңбы? Күлдүрүп куунатпайсыңбы, Көкүмбай?

Үй ээси жылып сыртка кетет. Аз убакыт өтпөй кузгун куркулдап калат сырттан. Үйдөгүлөрдүн бирөө:

— Саратан жайдын ысыгында бу кандай башын жуткан кузгун, куркулдаган? — дегиче, «всс-сак, всс-сак» деп, бүркүт шаңшып жиберди. Артынан ысык май чачырагансып, чыңырып жаш бала ыйлады. Ыйлаганды чоң кишинин каткырыгы басып кетти. Кулак түргөн Түрүкмөн:

— Карагылачы, бу эмне балээ болуп атат? — дейт. Көкүмбайдын үйү окчун. Мал союлуп, казан аскан жер да окчун. Орто ээн. Сыртка чыккан жигит кайра кирди:

— Эч жан көрүнбөйт. Бир эле кара бала келатат.

Ошол кара бала эшиктен кумган кармай кирди. Момунун айтпа! Тил-оозу жоктой тынч. Аял-буялга келбей кайра чыгып, чылапчын көтөрүп кирди. Алдыдагы идиш-аякты, капшытка түгөл жыйды. Дасмалдын четтерин серпип, коноктордун колуна кыдырата суу куйду. Конок-тор колдорунан кийин, айкалышкан буттарына кыпчый коюшкан бычак, макилерин алып, чууруган сууга чайкашты. Бала дасторконду керилте жазып чыгып кетти.

Эт көтөрүп келген жан жок. Деле бууланган сорпоморпонун жыты искелбейт мурунга. Бейкам кирген Көкүмбай конокторунун түрүн көрүп чочуйт:

— Ате, кашайгырдыкы ойе! Баягы иттин «оорусу» кармаган экен ээ?!

Көрсө, конокторго тамаша салып бер деген иниси шум Кудайберген сырттан кузгунду туурап куркулдап. бүркүт болуп шаңшып коюп, кайнай элек эт үчүн эмитен эле колго суу куюп таштап кете берген тура!

— Ушинтип шылдыңдайсыңбы? — деп Түрүкмөндүн таноосу кыпчылат. Ошондо актаныш үчүн иниси-нин жоругун айтып берген Көкүмбай эле:

— Шыбак баскан кумдуу дөбөчөдө элден жыйналчу алык-салыктар тууралуу кеңешип, бир топ киши олтурганбыз. Жаан көлмөлөөчү ойдунда калың чий. Бет маңдайыбызда болгондуктан ортодогу чоң түбүнүн кыймылдап калганын байкап калдык. Түлкү-мүлкү, коен-соен жаткан го? десек, качып чыкпайт. Жок. Чийге баягыдан чындап «жан» кирди. Ал түгүл жылды.

— Балээ баскыр! Ажыдаар жатат дечү эле ушундай дөбөнүн башына?

— Жыландын уюгу болбосун?

Бакылдашып атканыбызда соксойгон кишинин чокусу чыкты чийдин ордунан. Келме келтирип, качкандар да болду. Таанылдым. Өз иним! Кызыкты эми көрүп ал! Үңкүрдүн ичи кадимкидей эле жер там: камыш төшөлгөн, бакал төшөлгөн. Калыңдыгы тизеден. Үстүнө шалча, кийиз жабылган. Шоола түшчү, жел кирип-чыкчу өзүнчө жеңдей тешик. Бурчтарда бакан. Ачаларына эмнелер гана илинбеген!.. Баштыкта талкан, карында сакурусун. Байдын үйүндө да болбойт андай тамак. Итим жалгыз эмес экен, дагы үчөө-төртөө кошулган. Үйүлгөн топурактарды каптап, ташып, сууга төгүшүптүр. Чоң түп чийди көөлөп омурушуп, эшик жасап алышкан. Уктап калган немелер ойгонуп, «жортуулга» жөнөшөөрдө колго түшүп олтурушпайбы, ошентип.

Дөбөнүнү үстү элге толду. Буюмдарын таанышкан катын-калачтар каргап кириштн. Бирөөлөр урган жүрөт балдарды. Арачы түштүм:

— Курсагын тойгузуп койсоңор минтишпейт эле балким. Сабыр кылгыла. Табылбагандарыңардын төлөмөлүнө жыгылайын.

Ошондон кийин эч ким аны өз аты менен чакырбай калды. Куйручук атанып кетти кийин. Өзү дагы «кол тутасылчу болду. Аны биринчи жолу өз агасынан башкаактыкты» таштап, айып жасаган адамдарга ачык тайт...

Төрдө эт жеп аткан Көкүмбай колундагы семиз жамбаштан бир кесип, улагадагы иниси Куйручукка сунат. Ал лып илип алып, күрмөбөй жутуп ийип, тиктеп калат!

— Акшыйган аткыр! Тойбой калдыңбы?

— Айылды бүт кыдырып, ичип-жеп жүрүп сиз тойбогон бир сугум майга мен тоет белем?!

* * *

Бир бутунан бир буту кыска, түз жолдо саздын өмбүл-дөмбүлүндө жүргөнсүп баскан чолок, бир көзү өйдө тиктеп, экинчи көзү төмөн тиктеген чалыр бий боло турган айылда. Аның жөө үй кыдырганын, ар кимдерге салам айтып, салык жыйнаганын Күйручутун түшкүр аның дал өзү болуп тууран атса көргөндүн боору эзилип ичеги-карды жерге түшчү.

Бейжай катындын үй саап атын, эри менен урушканын, келиндердин кайнилерин «жылкычы уул», «ырчы уул» атап чакырып, жашыруун сүйлөшкөнүн, тиши жок кемпирдин жүн тыткаын, бөкчойүн отуруп нйпик нйригенин, эриндери бүлкүлдөп, тили соймоңдогонун туурайт... Койчулардын күнгө кактанын, бит карап, тырманганын, дүлөйдүн мүнөзүн, дудуктун жаңдаганын туурайт. Күлдүрөт. Боорукду эзет. Баары бир этеги узарбайт, тумшугу жылыбайт шум баланын.

Жер оогусу келет. Ыгын келтире албайт.

Кудая шүгүр жандыгы, бодосу бар Боркок деген айылдан четтеп, жалгыз түтүн олтурчу. Чык татырбас немс, киши келатса отун өчүрө коет. Аттанын бастырып кетет деп калышат аны ар кимдер. Боркоктун бекерден «жалгыз үй» олтурбаганын, түндөсү жалгыз жортуп, койкозу илип келип эт жээрин, он бешке чыккан Күйручук байкайт. Билинбей, туюлбай анын изине түшөт.

Боркок чолок куйрук көк быштысын жайыттан жетелеп келди, үйүнө чукул коктуга үч буттады. Бул даярдыкты өзү да башынан өткөрүп, дасыгып келаткан жаш «шум» сезди. Көзүнөн күлүп, жылмандап, алыстан өндү.

Жайдын серүүн түнү. Ай олтуруп чыгат. Бадалдуу өрөөн. Жалгыз аяк жол. Аттап коймо суу. Боз быштынминген Боркок кетип баратат бозомтук болуп алдыда. Чарык тартынган буту жерге жукпай Күйручук келатат шуулдап артта. Чымчыктар кужурайт бутактарда. Бабырган учат үстүндө. Үкү үүлдөйт.

Айылды туштап, мерчемдүү жерге Боркок жетти. Быштыны түнт чыргайды аралатып барып байлады. Кийик өңгөн мергендерче Боркок кетти бир багытка капталдай басып Күйручук быштыны баймактап алыстабай, ынгайлуу чыргай түбүнө олтурду «ууруну карактчы урат болуп» жол карап.

Убакыт өтүп жатты. Тээ тоо чокуларын ай нуру чайды. Анчыча Боркок кеткен тараптагы беттен корум шатырап калды. Шумпай атып турду. Карацгыга көзү

үйрөнгөн неме үзүлүп-түшүп тиктейт. Чыкты караан. Боркок олжолуу экен. Коюбу-козусубу, моюнга бирди арта салып коюнгур. Чукулдады. Күшүлдөп-бышылдаганы угулду. Тушунан бир топ узатып ийип, шум бала, анан жанжалды баштады:

— Ууру-ууру! Кармагыла! Куугула! — Айкырыгы алым-сабак чыгат. Жоон үн. Ичке үн. Катындын үнү, эркектин үнү. Иттер «келатат» абалап артта. Аал, эмесе! Боркок мойнундагы олжону ыргытты. Ит мурун карагандарды аралай чаап, ташка урунуп мүдүрүлүп, анда-мында бир тийип качты! Алым-сабак кыйкырык чуу артта келатат. Дөбөт күрсүлдөп үрөт. Канчык чайылдайт. Болжолу Боркок алда кайда кетти. Бошогон кой бир мааран алган. Эмне болгону белгисиз.

Куу жетим боз быштыга келди. Өз атынча жай чечти. Минди да жөнөдү. Бул түнү Боркок үйүнө кайрылбай, жакадагы тамына бараарын, эгиинин караган болуп, чөбүн чабууга даярданган болуп жүрөт. Түн киргенде боз быштыны алып кеткени келет эмеспи саат-сабырдан сактаса.

Күйручук жаканын өзүнө келди. Бир бастырмага быштыны кийирди. Ээр-токумун алды. Акырга байлап, чөп чаап келип салды. Селт этпей. Каранбайт эки жагын.

Күн чыкты. Жаканын чымыны учуп, чиркейи уюлгуду. Көгөнү дыңылдады. Шумуң түшкүр Боркоктун тамына кирди. Кууганга алынып, урунуп-беринип, чыргай аралаган немеден өң-алат кеткен. Бети-колу тытылган. Кийим-кечеси дал-дал.

— Аба, эмне болгонсуң?

— Абаң курусун... Бастырманын төбөсүнөн... түшүп кетип... Итбалдам чыкты.

— Быштыңызды сурап келбедим беле?

— Жайыттан көрүнбөйт. Өзүм издеп таппай, жөө келбедимби жакага!

— Ошондой! — десе болобу кудай тажаткан Күйручук.— Болуштун жасоолу чолок куйрук бир бозду жетелеп алып: «Тааныйсыңарбы? Бул кимдики?» деп, айыл кыдырып жүрөт эле.

— Аа? — деп барып үнү буулуп калды Боркоктун.

— Эмне болдуңуз? Жөтөлө албай атасызбы? Кабыргалары-мабыргаларыңыз сообу?

— Кукентай, айланайын! Мени, мындан көргөнүңдү жан кишиге айтпа! Сыртыман кулптап кет. Кечинде ач кайрылып кааланы.

Боркоктун өтүнүчүн эң соңун орундаткан шум, жылмаңдап жөнөдү. Айылдагылардын айткандары кулагында кайталанат:

«Жумгалдын жерине кетмен шилтеп топурак ыргытсаң, кийинкисинде таш чыгат. Тогуз-Торого жетеби! Ойдуңу менен түзүн чылбыр боюн казсаң дагы шагыл көрбөйсүң. Күзүндө дыйкандары эгиндерин батыра албай ороо-ороого куюшат». Ошондон улам го, «Тогуз-Ороо» деген сөздөн Тогуз-Торо» болуп аталган. Жүгөрүнүн дүмбүл маалында адамдары эмес, кайрын жегенге көнгөн иттери семизинен жылбай кашкулакча оонайт.

Куйручугун түшкүр: «Жүгөрүнүн дүмбүлүнө семирчүмүн!» деп качанкы эрге тийген кыздардан эже издеп, ошол күнү Тогуз-Торого качкан Боркоктон башын «бошотуп» алган боз бештынын оозун кое берип.

Байзак карыя азыр дагы ошолорду эстеп бүлкүлдөп күлөт өзүнчө жыргап.

* * *

Эт асылган үйдөн түтүн булады. Дөбөдөгүлөрдүн көңүлдөрү андан бетер көтөрүңкү. Дале керекке тоголок Осмон жарап, суроо таштады. Өзү аялынын үчтөн биринде болуп туруп, күн алыс анысын жүндөй сабап жибергенин кантесиң. Анда Байзак: «Осмон урду деп качып барса, баары бир төркүнү кызына ишенбейт» деп күлүп калчу. Ошол Осмон азыр:

— Бу-у, кыргыздарда...— деп койду үнүн үзүп, көзүн сүзүп.— Баатырларыбыз.., Байыш-сайышың ошентиптир деп, жакабызды карманалы. А ал баатырыбыздын орго салынганын, ит көрбөгөн кордук көргөнүн Сырбай бычак суурсаң да айткысы жок. Ой, оңбогур го, бу куу такым!

Күлкү.

— Мына биз көрүп калгандардан, жаки тирүү жүргөндөрүнөн, марты ким болгон? — деп сурады дагы Осмон.

— Марты эле Боркок эмеспи? — деп жиберди Сырбай.— Коюда калды, бештыдан да айрылды!

Дуу күлүштү.

— Тыйынга арзыбайт силердин күлгөнүңөр! — Осмон баш чайкап, нааразы. — Калжыңыңарды койгула да, март адам ким болгон? Анан жакшы адам ким болгон, жана бай адам ким болгон? Ошону айткыла.

— Мартыбыз эле,— деп Сырбай кол созду.— Коюн тарс эттире көтөрүп урган бу Байзак атам өзү эмеспи!

Күлүштү. Дагы эле «эмгеги» талаада калчу Сырбайга асылышты.

— Эй, кошоматтын да орду бар.

— Курсагын ансыз да тоер... Хе-хе.

— Көзүнө тиктеп туруп мактаса, калпак баштан учат экен тобо! Хе-хе...

Сөз өзөккө түшпөй, күлкүнүн шылтоосу табылып атканда, тоголок Осмон курмушу түспөлдөнүп бараткан калпагын алды. Кулак үстүн, куйкасын кашыды. Баягы сөзүн баштап, жооп сурады. Чыдамы жок Сырбай комдонуп, сүйлөп иймекчи болду эле дагы Осмон корс этип какты:

— Эй, тек олтурчу теминбей! Апыртып иесиң. Кепти тополоңдотуп, тозоңун чыгарып иесин. Мүлдө атпай кыргызга таандык килейген «Манасты» «өзүбүздүкү» деп, «тебетей» жасап кийдиң. «Чапан» бычып жамындың. Анан эмненин кеби сага?! Өз көмөчкө күл тартпай, калыс сүйлөгөн жакшы го?!

— Тикини, тикини, кудай асты-үстүн жонуп кесип, таарыган кодолек! — деп күлө баккан Сырбай сөөмөйүн Осмонго кезегилейт. — Калыс боло калачагын? Манасты эмес, сен өзүң Кара-Ойдун сазындагы Сасык-Булакты талашып жүрбөйсүңбү: «Илгери атам ушул жерге тегирмен жүргүзгөн экен!» — деп. Баласы сен болсоң, атаң кайсы тегирмендин канчалык ташын оодарыштырды экен, ыя?! Жаргылчак эле болуш керек тегирмен дегенинер?

Осмон чычалап «Манастан» баштап жиберди:

«Чыканактай эр Сыргак,
Атка жецил, тайга чак.
Алдыга салса ак жолтой,
Алып жүрсө сан колдой.
Чоң казатта калбаган,
Жоосун койдой айдаган.
Бирин кетип бөктөрүп,
Мыцынын башын кандаган»

— деген экен. Биздин тукум ошол Сыргактан калган болсочу!

Олтургандар дуу күлүштү. Байзак Осмонго көз кысып минтти:

— Элде байы ким болуптур? Жакшысы ким болуптур? Март ким болуптур! Сырбай билсе айтып көрсүнчү? Угуп көрөлү. Жакпаса анан жемелейли,— деп тыйды.

— Адегенде менин суроомо жооп бергиле? — деди Сырбай.— Жакшы деп кимдерди; кандай адамдарды айтасыңар силер?

— Сенчилеп, айыл койбой аш уулап жүргөндү айтмак белек? — деди төө кенедей жабышып алган Осмон.— Эл башында, журт башында жүргөндөрдү «жакшы» дейбиз. Эл баккандарды, журт баккандарды «жакшы» дейт.

— Дебеске аргаң канча?! — деп Сырбай да кармашын улантты. — Андай камчысын бүктөй карман, эл башында жүргөндөр уурдуп жаланган «көжкалдарын» шилтеп койсо, тырпың учат. Талпагың ташка жайылат. Корккопуңдан да жакшы дебейсиңби сен?!

— Өзүң кандай кишини жакшы демексиң? Айта койчу, акетай?!

— Тирүүнүн баары келжирек! Наадан! — деп таштады Байзактан колдоо алган Сырбай. — Биринин баркын бири билбейт. Бири-биринен өйдөсүнөт. Бири-бири жегиси келет! Алсызга сүйөнүч болушпайт. Акылдууну көрө алышпайт. Би-ир дегиле?..

— Дедик, кайран шакылдагым! Осмонго жемиңди жедирчү болсоң, тилиңди кыл менен буучбуз!

— Өлгөндүн баары мыкты! — деп Сырбай жөнөттү андан ары жаалдана.— Алар кайра кайрылышып иттик иштерди да, азаматтык иштерди да жасашпайт. Көргөнбилгендер жалаң жакшы жагын козгой беришет, өлгөндөрдүн.

— Жүйөлүү сөз.

— Кана, эмне демекчисиң, Осмон буга?

— Кубаттай албайм! — деди көзүнөн күлгөн Осмон дагы эле. — «Мобул адам накта бай болгон. Түкүнчө адам эл жакшысы эле. Марттан бул чыкпады беле», деп көзгө сайып көрсөтүп берсе болмок. Бул акең тайгак жолго салып чапкылап атыр!

Дуу күлүштү. Байзак сөзгө кулак төшөп күлүмсүрөп, кажашкандарга жаны жыргап олтурат. Булар менен кошо жыргап, бою чымырап олтурат.

— «Жакшы» дегенди, мен бирге эмес, үчкө бөлөмүн! — деди Сырбайың түшкүр.

— Ап бали-и! — деп мандашын которо толкунданган Болот, жамактатып жиберди:

Жөнөтө бер шакылдак,
Жаагың турсун шакылдап.
Кубалап Осмон алыптыр,
Кандек иттей такымдап.
Олтурушта кажашып,

Курбулар чери жазылмак.
Ай чыкканда кыз-жигит,
Куучун ойноп жыргамак!

— Мына эмесе!

— Ашыгынан жуккан эски оорусу бар эмеспи. Ошонун жин-перилери келе калып жатат.

— Кулак түргүлө? — деди Сырбай тебетейин алдына чаап таштап. — Тиштээк тайгандын күлүгү, же чабышка салчу жылкынын күлүгү үчкө бөлүнөт. Үч башка сын алат. Алар үч чоку күлүк, үкү аяк күлүк жана мээ кечти күлүк делинет. Үч чокунун күлүктүгү төбөсүнөн, өркөчүнөн жана соорудан байкалат. Үкү аяктыкы төрт бутунда болот. Мээ кечтиники жалгыз гана башында. Эки дегиле!..

Карыя башын ийкегилеп макул. Осмон бөк түшүп:

— Уза-арт! — дейт шылдыңын токтотпой, — уйдун шатырагын басып алып, тыра-ак жыгылбасаң болду акыры.

— Адам жакшысы деле үч түргө бөлүнөт. Үч башка баа берилет,— деди Сырбай. Осмонду утуп чыгууга жан сабап.— Жаманчылыкта да, жакшылыкта да өзүнүн туруктуулугун көрсөткөн, жат дегенге дагы, тууган дегенге дагы калыс мамиле жасап, көпчүлүктүн кадырлоосуна татыктуу болгон жакшы адамдар чыгат. Муну «эл жакшысы» дейт. «Журт жакшысы» дейт. Мындайлар башка алгыр куштарча жоон топ болбой буудайыкча аздап жалгыздап чыгат. Бир дегиле?..

— Дей туралы.

— Катаал учурда каршылашкан топко жалгыз аттанган, душмандын мизин кайтарып, жүрөгүнүн үшүн алган кеселдер чыгат. Муну «эр жакшысы» дейт. Андай шерлер сунулган мылтыктан, көтөрүлгөн кылычтан кайра тартпайт. Эки дегиле?..

— Акыркы жакшыга кел эми?!

— Ак пикелеп алган аялы барктаганды, уул-кызы сүйгөндү, өзүнүн таман акысы, мандай тери менен ак жашап, күн өткөргөн адам үчүнчү жакшыга кошулат. Муну «ата жакшысы» дейт. Мындайлар ар онунчу үйдөн — бешөө же жетөө учурайт...

Сөздүн ушул жеринде Осмон:

— Атаке-ей! — деп кайкалай калды.— Кийинки жакшын дал эле өзүм турбайымбы?!

Дуу күлүштү.

— Эмнем жалган? — дейт Осмон чын дилинен ар кимисине тигилип, көзүн шоктонто Байзактын жүзүн чалып

өтүп. — Мандайыма жазылган ырыскыма топук кылам-ын. Жакадагы жеримди өз өгүзүмө буурусун сүйрөтүп айдаймын. Уруңун себем. Түшүмүн жыйнайм. Шакты тартам күзүндө. Угутту өндүрөм кышында. Боткону кайнатам. Бозону ачытам. Жыты кацылжаарды жаргында сүзөмүн. Керме аякка келтире куюп, кылкылдата жутамын. Капшыттагы ээрге олтуруп, ка-арт кекиремин. Көмөч казандан алкыйта сындырып чайнайм, күрмөп жутам, нык тоёмун.

— И-ий, кудай албаган Осмон! — деп Сырбай быр-с күлдү. — Ошентип, дагы «дакшы» болчу беле?! Андайды «күптүү тамак Осмон», «бүксүмө Осмон» дейт! Чайнаачагын? Жутаа чагын?! Бу көрөкчө өлүп эле албайсынбы?

Дуу эткен күлкү. Желенин тегерегинде жүргөн таанкөгүчкөндөр, күнгөйдөгү бетеге арасында жүргөн кызыл тумшук таандар, шыралжындын бутагына конуп, бүрлөрүн чокулаган кооз чымчыктар адамдардын каткырыгынан уча качышат. Канаттары шатырап, абага көтөрүлүштү. Көздөрү жылтырап, жайларына кайра конушту жабылып.

— Оптуу күлгүлө! — дейт Осмон кулжуңдап. — Төөнүн жартысындай катыным «Абышкам!», «Байым!» деп эле турат. Дебесинчи!.. Атакелешип балдарым мойнумдан түшүшпөйт. Анан кантип «жакшы» болбой каламын!

Ар ким кыт-кыт күлөт. Сырбай дагы күлүп, эргишүүгө чыкпады. Жалгыз гана карт Байзактын жүзүн ой чалды. Көптү көрүп, түркүн окуяларга аралашкан ал, өзү менен өзү күбүрөшүп жатты... «Бирөөнү бай дейбиз, ал байлыгынын ыракатын көргөн, байлыгына татыктуу жүргөн немеби, же малынын көптүгүнөн эле бай делинди-биби? Бирөөнү март дейбиз. Ал артындагы кетисе кемибес байлыгына ишенгенинен бирөөлөргө берип март аталабы, же берүү менен кайра эки эсе өндүрүп алаарына көзү жетип, бергени элге угулуп барк-баа күтөөрүн сары эсепке салып «берешен» болдубу?

Ит итаягын көрүп ыркырайт. Чоочун адам малынын четинде турса, ээси күмөн санайт. Бекерден эле берешен болуш кайда-а?.. Бирөөнү жакшы дешет. Жакшы аталган жакшын, жакшы бойдон өтөөр бекен? Же жакшы болуп туруп да, жаман атка конуп, тартышкан душманы сүрүп, жемеленип кар болуп кетээр бекен акырында?...

Бирөөлөрдү алып-жулуп, алдап-салдап оокат кылат дейбиз... Дагы бирөөнү «айдаганга көнүп, түрткөнгө ба-

сып жан багат» дейбиз. Бирок, бирок... Ушул бирокту кудай өзү гана чечсе керек?.. Береги теребелде жүргөн канаттууларды карачы?.. Бири кык чокуйт. Бири бүр чокуйт. Бири курт-кумурска терип күн көрүп атышат. Бүркүт чиркиниң чокуларда, аска арасында сызып жүрөт. Улар издейт. Суур издейт. Жылуу этти чокугусу келет. Жаңы канды татыгысы келет. Жолборс-илбирсиң деле ошол. Карышкыр-түлкүң деле ошол. Шыбагасына, эпчисине ошондой бөлүнгөн. Ошондон күн көрүп, ошондон демденип, жан багышат. Аа, адамдар деле?..

Адамды төрөлөөрү менен олуялар айткан маңдайына жазылчу тагдыр башкарабы? Же адам өзүнө-өзү тагдыр жасап алабы? Же адамыңды дагы, тагдырыңды дагы айлана-чөйрөдөгү шарттардын ороп-чулгап алуусу менен замана жоболоңу ары калчап, бери калчайбы?..»

Байзактын дилине үркөрдөй элдин арасындагы аты угулган адамдардын акыркы тагдырлары түштү. Өткөндөр санаасында кайрадан сапырылды...

* * *

Тагдыр демекчи... Анжиянга кире качкан Үмөталы Зарылбектин өлгөнүн укканда кайра көчкөн. Кексе ойлорун жүрөгүнүн башына түйүп, кымтынып келген. Өз журтуна конгон. Уркпөй калышкан башчылары абалкы кезиндей Үмөталыга жалпакташпадыбы. Ан уулоого жөнөгөн мергенчинин иттери сымалданып шыйпандашпады. Салтты бузбуй, оомалуу-төкмөлүү тагдырларды ойлой гана салам айтышкан болушат. Ошондо агасы Төрөгелди, Карагоонун көк тузунун үңкүрүнө жашынып жаны калган Төрөгелди, кийин жылдар өткөндө чал болуп, жер тиктеп мусаапыр кейпин кийип калган. Токмокко жаңы орношкон орус аскеринен төрт солдат келет. Чакырып атат деп, Төрөгелдини алып кетет. Атка минсе түшө албайт, түшсө мине албайт дешип, эки туугапы кошо аттанат. Жеткенде беркилерин сыртка калтырып, чалдын өзүн чепке кийрип кетишет.

Дубалы калың, жарыгы күңүрт чоң бөлмө. Чал киргенде четте столдо олтурган чендүү төрө далдайган Төрөгелдиге мыскылдай таныркап карады да, өз тилинде балдырап, буйрук берди. Бири жалтырак калай челектен чөйчөктөн чоң темир идишке арак куюп сунду. Мурда укган, бирок татып көрбөгөн неме уу жытынан жыйрылды. Сунган солдат күтүп калганда «Булардын сыйы

ушундан баштaлса керек» деген ойго келди да, тартып ийди. Экинчи жолу кайталатты. Аны да жулду. Үчүнчүсүн да бошотту. Төртүнчү, бешинчиге чейин шыпкады.

Төрөгелдиден эт качканы болбосо сакал-муруту сапсайган, табактай бети, жан казандай башы, төөнүн бутундай колдору, далдайган денеси беш чөйчөк арагында да тоготоор түрү жок. Текчесинде олтурган төрө дагы балдырады. Кирип келген солдаттар Төрөгелдинин тебетей, чепкен, кемсел, көйнөгүнө чейин сыйрын алышты. Кадимки эле маңыроо төөчө дендароо болуп, алма-терме ар кимине караган бир учурдагы баатырды аңталган устунга өбөктөөгө мажбурлап, кулачын керишти. Шапшуп колдорун чырмады. Энөө алп, иштин ойрон болгонун ошондо сезип, устунду жулуп таштоочудай эки-үч кыймыл жасады. Бели арча дөңгөчө домпоюп, суналды. Аттын түйүлгөн куйругу сымал толгонгон кайыш токмок кармаган эки жазалоочу өйүз-бүйүз туруп алышты да, адеп сабашты. Өздөрүнөн тер кетип, чалдын шайы оогондо токтотушту. Жөлөп-таяп кийинтишти. Чептин сыртында калган туугандарына жеткирип ташташтy. Не кылса да, туугандын иши тууган экен. Ошол ыза көргөн . Төрөгелди карды салык көк бээ минип келип, Умөталыны көрүп, тигиндейректен түшөт. Аюуча ыргалып басып, иниси карай беттейт. Колун жайып мойнуна артылат. Сакал-муруту саксайган бырыштуу бетин инисинин алкымына тыгып, алма-терме өпкүлөйт. Жашып, үнү каргылданып олтура калып кудайга дат айтат:

— Атакөрү, ооматы оодарылма дүнүйө! Биздин дагы тизе кесилет экен ээ?! Биздин дагы шаабай сууйт экен ээ?!

— Кантет жарыктык! Маңдайга жазганды көрбөскө чара барбы? — деп Умөталы абасын сүйөп-таяйт. — Тобо келтириңиз. Али тирүүбүз. Али үмүт бүтүп калган жок.

Деген менен Умөталынын өңү бозорот. Көңүлү сынды... Келгенде мындагылардан кордукта калган Төрөгелди жайын сураган. «Абаң жүрөт, — деген курбалдашы, тамаша аралаш баяндап. — Картайган неменин үйгө сүйөнүп, мойнун салып олтурганын бастырып баратkан бирөө көргөн окшобойбу. Салам айтканы кайрылган окшобойбу. Атчан барганды уят көрүп, ал неме атынан түшүптүр. Төрөгелдинин жанында комдонуп, кара дөбөт жатат. Анысы дагы карыган неме экен, чымындан корунуп башын чайкайт. Итке даабаган берки Төрөгелдиге кайрылат: «Баатыр! Алдакы ит бурдап кетпейби?».

«Коркпо. Баса бергин!» — дептир Төрөгелди. — Бул экөөбүздүн кабуудан калганыбызга көп болду!». Бул сөзгө Умөталы күлүмүш болгон. Азыр кезинде кынжыдагы жолборстой чамынчу абасынын бээ минип, бүжүрөгөн чал болуп түшкөнүн көргөндө, айтылган сөздүн чын экенине ынанды. Карылыкка бастырып, чөгүп калганына кабыргасы кайышты. Кейип, баш чайкады.

* * *

Умөталы бүгүн Алматыдагы төрөнүн мандайында нас олтурду. Сөз мындан аркы кыргыз эли менен Россиянын байланышы тууралуу болду. Ар урууну, өз өтүнүчтөрү боюнча падышанын букаралыгына кабыл алуу жөнүндө болду. Келип, букаралыкка кабыл алуу өтүнүчү бекигенден кийин ар ким, ар уруу, анын ичинде уруу башчылары эзелтеден келе жаткан талаа жол-жобосу менен жүрбөстөн, бийликтин атасы Азирети падыша чыгарган зан-законго баш ийээри, буйрукту ыргылжыңсыз аткараары жөнүндө токтолду... Аа, Азирети падыша буйругун кимдерге берет? Берилген буйруктарды ким орундатат? Империянын туу чокусунда олтурган Азирети өтө акылман... Ал бүт букараларын ойлонот. Алар үчүн азан жеп, түйшүк тартат. Кулаалыны канчалык таптаса дагы шумкар болуп, ак кууну тээп бербесин, тоодакты тээп бербесин билет экен. Өгүздү канчалык багып, семиртсе дагы күлүк болуп, алыска жеткирбесин билет экен. Минээр күлүктү, салаар шумкарды өзү изден, өзү таап, өзү багат экен. Азиретинин минээр күлүгү, шилтээр шумкары баягы эле жер заманынан бери эл башкаргандар болуп чыкты. Ошолордун тукумдары, ошол ак сөөк, тектүүлөрдүн жээн-таякелери. Эл каяша айтып, баш көтөрсө, — Азиретинин төбөгө чапчу союлу дагы ошолор. Эл байлыгын катса алып келээр «мерген-чилер» дагы ошолор. Эл байлыгын көлгө чөгөрсө — таап чыгаар суучулдар дагы ошолор болот экен.

Ушинтип бетме-бет олтуруп кенешүү максатынан жыйынтык чыга баштады. Тоолуктар мүнөзүн өздөштүрүүгө ынтаасын койгону, чапчак кыймылынан, суроо берип, жооп укkан аракетинен байкалган майор төрө ойго чөккөн Умөтаалыга кашын серпип, назарын бурду. Өзү бурулбай, колун сунду эле эшик ага жигит пакетти кармата койду. Башта эле ачылган пакет кайра ачылып, тилмечке берилди. Тоючан ногой тилмеч пакет ичиндеги маанилүү сөздү кыргызчага которо баштады.

Ма сеге, күтпөгөн жаңылык! Үмөталы үчүн бул жолу эч качан күтпөгөн сүйүнүч! ...Баягыда Ормон казак жеринен сынып көчүүдө Иле боюнан жер сурап, анону менен бирге карамагындагы уруулар менен букаралыкка кабыл алуусун өтүнүп Азиретиге кат жиберген. Каттын жообун өзү алалбай калды. Кайра кайрылып Ысык-Көлдөгү жерине келген жылдын кийинки жазынын аягында туугандарынын кол салуусунан мерт болду. Ого эле көп жылдар мурда кыргыздар арасында кайсы уруулар кандай ишке, кандай шартка жөндөмдүү экени Санк-Петербургдагы ак сарайдагыларга жеткен. Баамдалып, данистелген, Ала-Тоодогу толгон уруулардын жети аталарынан бери башкарып, имерип, теске салып, бийлик жүргүзүп келе жаткандын бир тукуму болуп саналган Ормон хандын өтүнүчү көңүл буруу менен кабыл алынат. Он жылдар бою Россия падышачылыгынын саясатына кедерги болгон Кенесарынын колун талкалагандардын башында Ормон турганы эскертилет. Омбуга буйрук берилет. Омбудагы төрө Верныйдагы иш башкаруучуга кат жиберет. Катта, кыргыздын үч боз үйүн тиктирээрин, Ормонду уруу башчылары менен кабыл алуусун эскертет. Эки үйгө уруу башчыларын киргизип, бир үйгө өз туугандары менен Ормонду кабыл алуу тапшырылат. Сый-урматтын аземи башталганда Ормонду «Кара кыргыздын улуу султаны» деп таануу айтылып, мойнуна алтын медаль асынмакчы. Жана дагы Иле боюнан көчүп жүрүүсүнө уруксат берилмекчи. Бул урмат буюрбай калды. «Улуу султан» наамы берилбесе дагы арналган алтын медаль анын баласы Үмөталыга азыр, олтургандардын көзүнчө сунулганы турат.

...Адам ээй! Үмөталынын түшүнө атасы кирген эле. Кабагын карыш салган атасы кимгедир ачууланып жатыптыр: «Өзүнөр билбейсинер! Билгендин тилин албайсынар! Таланып кетер бекенбиз! Өз түбүбүзгө өзүбүз жетип бүтөөр бекенбиз!»

«Аттиң ай! Атамдын арбагы билип аткан экен. Көрүндө кыйналып жаткан экен!» деп кейиген.

Аз күн мурда түшүнө дагы кирет. Сакалын сылагылап, бир топ курбулары менен дөбөдө жайдары олтуруптур. Ойгонуп кеткен Үмөталы: «Атамдын кабагы ачылып калыптыр. Жанттан жаны жай алган го?» деп күбүрөйт. Төрөгелди абасын алдырып, мурдагы түшүн дагы, кийинки түшүн дагы айтат. Жорутат.

— Биринчи көргөн түшүндөгү, Көкжалым, Ормондун капааттаганындай эле болбодукпу? — дейт абасы. —

Малдан кол жууду айылым. Абийир-атак кача түштү экөөбүздөн... Кийинки түшүндө кабагы ачык, жайдары көрүнсө, кудай бергиси бардыр! Унуткан эмес чыгар, түптүү жердин тукумдарын?

Абасынын ушундайча жоруганына Үмөталы ыраазы болгон «Тирүүсүндө жакшы көргөн тамагы эле» деп, куйругун көтөрө албаган козу союп, атасынын арбагына куран окуткан. Карачы, бүгүн түшүнүн чындыкка айланганын?! Карачы, көзү өтүп кетсе дагы баласын колдоп аткан ата арбагын?!

Алтын медаль ошол күнү Үмөталынын мойнуна салынды. Денеси ымыр-чымыр болгон ал, майордун жайкы асмандай көк көзүнө, үрпөйгөн чачын, жаркыраган көкүрөк-ийнин тиктеп, тиштенип кайрат жыйып, сабыр токтотту. Колун көкүрөгүнө алып таазим этип:

— Ак падышанын кабылдаганына ыракмат! Атам Ормонго тартуулаган урмат-сыйга ыракмат! — деди.

* * *

Байзак түйшөлүп алды. Эсине Төрөгелди түштү... Чөп тартып оттой албай калган карт кулжадай болгон ал Үмөталынын чакырылып кеткенин угат. Зарыпбекти колдогон Төрө майып кылып коёбу деп чочуйт. Үйүнө улам кирип-чыгат. Босогосуна төбөсүн урат. Бүлөөсүн беймазалайт. «Ат токугула! Найзамды бергиле! — деп кобурайт. — Чопкутум кана? Кылычым кайда калган?» Алдастап дөөрүгөн немени сүйөп-таяшат. «Азыр токуйбуз. Жоо кийимдериңиз дагы даяр болот», — дешип алдап-соолашат. Көлдөлөңгө олтургузушат. Башын бийик жаздап, кыцкайтышат. Ошол боюнча сол ыптасы кыймылдан калат.

Зоболосу кайра көтөрүлгөн Үмөталы Төрөгелдинин жайын жолдо уккан. Үйүн коюп, ат башын абасы тарапка бурган.

Чоң боз үйдүн капшытын ээлеген Төрөгелди иниси киргенде түйшөлөт. Көзүн кадап, эсине толук келет.

— Абаке, эмне болдуң?! — деп чукул олтуруп эңкейет иниси.

— Болоору болот окшойт ко! — дейт Төрөгелди булдуруктап, тили жаңы чыккан балача. — Бул эмне көмөлдүрүк? — деп Үмөталынын мойнундагы медалды, ага тагылган жибек сызманы кармалайт. — Төрө бердиби?.. Моюнтуругун кийгизген турбайбы, бекемдеп! Эми буурусунун сүйрөй бер!

— Во-во! Хе-хе! Жарыктык! Бул моюнтурук эмес — даацк! Көл башындагы Балбайдын ичин жардырып, өтүн ичирчү даацк!

— Аа, андай күн кана? — Төрөгелди соо кезиндей чыйралды. — Ошол ит, бүтүп калган бутумду үч кайтара толгоп сындырганда да оңтогон эмесмин. Ошол ит, танылуу өзүмдү ташка жөлөп коюп, мылтык сундурганда дагы көзүмдү ирмеген эмесмин. Өгүзгө таңып, чыргайды аралаткында дагы жан соога сураган эмесмин...

— Эр эмессизби! Эрдигиңизден камчы менен жолборсту жыга чапкансыз. Муну укканда жүрөгүнүн тереңинен жаштыктын жалыны жылт этип, жандана түштү...

— Ох-хо-оо! Ошонтсең, унутпасаңар! — деп шерденди. — Сени күтүп, үч күндөн бери ажалды уучтап олтурам. Керээзимди өзүңө айтып калайын деп, чыдап олтурам!...

— Айтыңыз, жарыктык! Канчага келдиңиз?..

— Сенин чоң атаң жүз үчкө чыккан. Жерге жүз төрттө деп койгонбуз... Мен сексендин жетисине өттүм, чагымда...

— Жылыңыз эмне?

— Өзүм жолборс чапкан баатыр болгонум менен жылым «чычкан!» — деп айтып Үмөталыны күлдүрдү. Бир эсе үлдүрөй түшүп, кайра көзүн ачты. Анын тереңинде үлүп-бүлүп көрүнгөн каардуу кайрат жатты. Сөз улады. — Жаным чыккан соң, денемди сууга алгыла. Кепинимди орогула. Керегеге таңып, Көкжалым Ормондун жанына жеткирип көмгүлө? Экөөбүз Ысык-Көлдү карап, жанаша жаталы?!

— Жарыктык! Бул жерде Шербото, Нарбото туугандарыңдын кабыры турбайбы? Көл башында эмне бар, жолго конуп-түнөп?

— Алыссынтып атасың го жол-ду? Ара күндүк... жердеги эмес, казактын талаасынан Шерботонун сөөгүн булгаары каптап жеткиргенбиз мында...

— Хе-хе, бир туугандарың мында жатса, атамдын канын эңсегениңиз кандай?

— Баарынан жүрө-гүм Ормо-онго жакын эмес... беле?

Төрөгелдинин керсары тарткан жүзүнө ойлуу тиги-лип, иниси тунжурай түштү. Анын кыйналып тургандыгы, бирок ошого да карабастан жанталаша далбастап, акыркы тилегин айтып калуу үчүн тырышканы байкалып турду. Иниси катуу улутунуп алды...

Дигерде Төрөгелди үзүлдү. Шилиси тартыла сака-

лы көтөрүлүп, буту кайыштай чоюлду. Көк беде салынган капшытка үч кулач болуп, зорго бойлоду. Үстү жабылды. Туурасы алты кулач кымкап көшөгө бетине тартылды. Эшиктен киргендерге буту байкалгандыктан, көшөгөнүн аягы босогодон имерилип, боосу керегеге байланды. Төргө өткөндөргө башы байкалгандыктан, көшөгөнүн жогор жагы дагы нараак тартыла түшүп керилди. Ошондон кийин абасынын акыркы сөзү жүрөгүн мыжыгып таштаган Үмөталы жана ага кошулуп эки жүздөн ашык киши үйдүн сыртына, сөөк жак капталына катар тизилишти. Жалпы эңкейишти да, дүү эткен өкүрүк башталды:

— Эсил кайран, абакем!..
— Эсил кайран, бир боорум!..
— Эсил кайран, жолборсум!..
— Эсил кайран, арыстаным!..

Жакын туугандары жоктошуп, өкүрүп-бакырышты. Кара буулары тарап токтошту. Эми жерге коюу камын жешти. Жер-жерлердеги ага-туугандарына, сөөк-тамырларына, ылым санашкан башчы-көзчүлөрүнө кабарчылар жөнөтүштү мыкты аттан тандап мингизишип.

Тэ-э жорго терин төкчү алыстыкта, качан салынганы белгисиз эски күмбөздөр. Уламачылар Манастын кырк чоросунуку дешет. Таякесинин колунда чоңоюп, кийин атасы Манас экенин, жери Талас экенин билген Семетей эл-жерине келет. Ошондо Манастын көзү өткөндөн кийин иттик ишгерге аралашып кеткен чоролор айыбын сезишип, качат имиш. Алар тууралуу манасчылар минтип ырдайт:

Кырчылдашып далайлар,
Кызыл канга баткан жер.
Чоролору Манастын,
Таласты таштап качкан жер.
Куун жетип Семетей,
Бирин койбой аткан жер.

Ошол чоролорго таандык күмбөздөн улай караган, чий баскан талаа. Үч-Көрүктүн суулары кошулуп чыгышка созулат. Өзөн жээгинде үргүлөгөн боз тал, тарбайган чычырканак. Чукулда дөмпөйгөн дөбөлөр. Ай карангы түндө өткөн жолоочулар ушул дөбөлөрдөн жылтылдаган жарык көрүшөт имиш. Үлбүрөгөн шоола созулуп турат имиш. Токмокко жетүү үчүн, андан ары Бишкекке кетүү үчүн, Ат-Башы менен Нарындан аттанчу жолоочулар дагы, Жумгал менен Кочкордон жөнөөчү жолоочулар дагы Шамшыны ашып, капчыгайды ара-

Элп келишип ушул дөбөлөрдү жандаган кан жолдон чубап өтүшөт. Кыштын толуп турганынан башка айларда жолоочу үзүлбөйт. Ары катташат, бери катташат. Түн маалында баягы шооланы чалышат. «Бул аймакка жылдыз түшөбү?» дешип, келме келтиришип, сыйынып өтүшөт имиш.

Төрөгелдинин сөөгүн кайда коюуну ойлоштурушту. Акыры ушул жолдун боюна коюуга макул болушту. Мунусу жолоочулар токтолуп, байралып, куран окуй кетишсин дешкени. Мунусу көрүп өткөндөр тургузулган белги аркылуу ким экенин билишсин дешкени. Дале болсо бирөөдөн бирөөлөргө айтылып, оозго алынып, аты өчпөсүн дешкени. Эстеликтин алдында жаткандын уруктууганы ким болгон, белгини ким тургузганы жөнүндө ачыз болсун дешкени.

Адетте, мүрзөнүн чарасы төрт бурч болуп казылат да, тереңи киши бою болгондо батыш капталынан ийин сымал казанак оёт. Ошондон нары, төмөн карай үңүп киришет. Ичин түндүк-түштүккө кеңейтишет. Жармач адам коюлмакчы болсо, үч киши кырккар олтуруп, ар бири олтурган орундарында кенен имерилгенде бүттү кылышат. Бардалдуу неме коюла турган болсо, төртөө олтуруп өлчөшөт. Жыгылган карагайдай боо узун Төрөгелдинин жайы кенен болсун дешип, алты мүрзөчү тизилип олтуруп, алтоо тең бири-бирине тийбей айланышканда бүттү-бүттү кылышты.

* * *

Төрөгелдиге аземделген күмбөз салынды.

Аш да берилди. Аш үстүндө Төрөгелдинин жоруктарынан козголот. Эрдиги, эпөөлүгү айтылат. Таноосу дердейип калгандагы бир окуясы сөз тыңшагандарды бышкыртып да жиберген. Анысы мындайча экен:

...Тоо арасында малдын эң сүйүктүүсү — жылкы. Жылкынын азабы да ошончо, жыргалы да ошончо. Жылкынын бир аты «Кароол» дешет нускалуу карыялар, экинчи аты — «Үч Мас» дешет. Этин жесең бир мас болосуң. Кымызын ичсең экинчи мас болосуң. Алдыдан суурулуп, эргип баскан жүрүштүү ат минип баратсаң, үчүнчү мас болосуң!

Төрт түлүк малдын ичинен артык бааланган жылкыны кызгундан көрөгөч, түлкүдөн сак, илбирстен шамдагай жигиттер саксактайт. Баш айлантма бийикте, тайга-

лак кыяда, өлөр-тирилерин билбей аттын кулагы менен ойногон боз уландар жылкы тосот. Жылкы айдайт. Ошондой боз уландын бири Төрөгелди жайлоонун муздак таңы жаңы атканда саан бээлерди желээге чогултуп келиптир. Апасы кулун байлоого чыгат. Өзү солуган атынын чылбырын мамыга байлап, тундурма ичкени үйгө кирет. Сабанын боосун бакандан чечет. Керме аякка ашыра куюп, сабаны кайра байлайт. Турган боюнча тундурманы шимирип аткан анын көзү... уктап жаткан кызга түшөт. Бой тартып калган жээнинин келгенине эки күн болгон. Түндүк тартылбаган күнүрт жарыкта ачылган көкүрөгү көтөрүлүп, бастайт. Колу серпилген, оң омуроосуна чачы чачылган...

Кулундарды байлаган апасы үйгө кирсе, жээн кыз эки тизесин куушура кучактап, башын салып ыйлап олтуруптур. Үшүгөн колун укалаштырып, манжалары бырсылдаган таженеси:

— Таң атпай ыйлап, эмне болду сага? — дейт. Кыздан жооп жок. Солук тартып бышактайт эле бышактайт. Көрсө, жинди чалыш Төрөгелди бир жорукту баштап салыптыр да, атты минип жөнөп кетиптир. Иштин ойрон болгонун түшүнгөн таженe:

— Оозунан чыгарба! Жан адам укпасын! — деген экен, Төрөгелдинин апасы одурайган ишти мизилдетип.— Бир жылдан кийин кудай буюрган болсо, өзүнө жоолук салып калаармын, берекем!

* * *

«Адам жүрүмүнөн табат» дешет, — деп күбүрөйт Байзак. — Ал чын экен дейин. Жүрүмүнүн жаманынан Төрөгелдинин сакалы далай жолу «өрттөндү».

«Адам пейилинен табат» дешет. Пейилинен табаары чын болсо Төрөгелди ушунчалык урмат-сый менен көмүлбөйт эле го дейм? Зарыпбектен куугунтук жеген боюнча барып, сөөгү Кочкордун көк тузунун үңкүрүндө калат эле го дейм? ...Артында сыйлай турган белдүү адамы болсо, тирүүсүндө дүрүлдөп жүргөндөй өлгөндө дагы урматталып көмүлөбү? Жек көрүмчү жактары козголбой калабы? Белдүү жакынынын шарапаты кемчилин козгоочулардын тилин буун салабы? Андай артында калчу күчтүү адамды кудай таалам сенин таалайыңа буйруп койгондуктанбы? Же келечегин ойлоно жүргөн адам өзү жасап, өзү даярдап коёбу? А-ай, күн

нөөгө жакын пеидем, бул ой деле табынмак! Бардыгы келип учурдагы шарттын туура чыгып калышынан болбосун?.. Кийин Умөталынын тагдырынан ошону байкаган жокмунбу? Байкаган болчумун. Эрдимди кымтып, башымды пйкегилегем... Чындыгына келгенде колунда бийлиги бар күчтүү адам жакынынын башына түшчү тагдырды шордуулуктан — бактылуулукка буруп, шылдың болуудан — даназага которуп нет окшойт го?» Акыл издеген, ою тентиген Байзак олтурушунан козголду. Эсине улам кийинки окуялар дагы түштү.

* * *

...Тирүүлүктө ар күнүп бүрүп күбүп, бүрү жерге түшүп, билинбей өтөт тура! Тирүүлүктө ар жылың байкатпай жылып, улам алыстан кылчайбай качат тура! Ошол күнү, ошол жылы, бирөөлөрдүн өмүрүнө кеч кирет тура. Каран түн түбөлүк түшөт тура. Ошол күнү, ошол жылы дагы бирөөлөрдүн өмүрүнө суйсалып жаңы таң атат тура, чиркин!

Ошол күнү, ошол жылы, топ адамдардын чети кемирилет турбайбы дагы, ортодогулар жоголгондордун ордун басып, бөксөргөн идиш толгон сымал билинбей калат турбайбы... Бир учурда кар зампарлап жаап атса дагы, жамгыр нөшөрлөп төгүп атса дагы, кара кочкул түсү менен асманды карай бойлоп, капчыгайдын тескей багытында шоо турчу карагай, тамырынан келчү кубаттын бүтүш себебинен, бороон-чапкындын күчүнө туруштук бере албай кулайт экен. Супалган ордунда чирийт экен. Алгачкы өзү өнүп чыккан кыртышка айланат экен. Бирок артынан ошонун ордунда узарып келаткан шыргый, көтөрүлүп келаткан балатылар турат. Анын сынарындай, өз өмүрүн бүтүп, Төрөгелди менен Жантайдай адамдар өлдү. Өз өмүрлөрү бүтпөй дагы нечендеген адамдар өлдү. Алар калтырган бошток кийинкилер менен жабылды. Алардын учурундагылай эле кийинкилерден ошондойлор чыкты. Жер ээси болуп, эл ээси болуп башкара беришти.

Эл ичиндеги «Мен!» дегендердин ичинен Шабдан мыктынын мыктысы делинди. Азиретинин улуктарына жакты. Эл арасындагы көп иштерди төрөлөр аны менен кеңешпей туруп чечпөчүдөй туюлду.

Деген менен тоо арасындагы эзелтен келаткан алдым-жулдумдук аста-аста тизгинделгенсип барагты.

Падыша колдонгон маани-мийзам дартын айтып, жардам суроочу тиреги жок букара калкына ырас болчудай көрүндү. Чыбык кыркаарлар бийлик эмне айтса баш ийкеп, кулак кагып муюган шекилдүү. Бир гана генерал баштаган падышанын солдаттары Ташкенден бери башкарганына карабастан ичкеридеги элдин башчыларыбы, мойнон турат. Таман тузактан шекшинип, короо ортосундагы тузга жолобогон кексе аттай, жалт берип турат. Ээси жем баштыгын көтөрүп, шык-шыктаса дагы колтуктагы урма боолуктан шекшинген качанаак аттай кошкуруп чочуп турат. Шек санаштын себеби кайда жатканын төрөлөр мурда эле билген. Ар башка мамлекеттерден жиберилген шимшүүлөрдүн жүргөнүн көрүп андан бетер чамдады. Чамдабаска болбойт. Али кенедей дагы чети оюла элек, чачтан көп иштер жатат. Койчу, санаанын долбоорун таразалап, «жомок» айтыла баштаганы болбосо, белгисиз ээндикте бүлбүл ыргалат бүтүрөөр иштердин карааны.

Күн тартибинде — жергиликтүү элдерди кандай да болсо бут таасирге алуу... Ушул максат менен ичкеридегилерди жөнгө салуу милдетин Шабдан баштаган топко жүктөдү. Майор Колпаковский башында турган жүз куралдуу солдат ээрчиткен ал, жан шериги Баяке менен Байзакты алып жөнөп кеткен.

Куралдуу жүз солдат ээрчиген төртөө тоо аралап, күн баткан жерге түнөп жүрүп олтурду. Адамдарга мамиле кылуунун, акыл менен митаамдыктын пайдага чечилишин атасынан, айлана-чөйрөдөгү уруу башчыларынан кудая шүгүр өздөштүргөн Шабдан талаа жерде майор Колпаковский менен бир өскөн адамдардай мамиле түздү. Биринин оюна бири макул болгон ынтымакта өттү. Байзак менен башта эле санаасы оң болчу. Аны, биринчиден, апасынын төркүнү катары сыйласа, бир эсе өзүнөн он жаш улуу экендигин да эскерчи. Ашка олтурганда ийменип, жогору жагына өтчү эмес. Андан мурда озунуп сөз баштоочу эмес. Тамакты да экинчи болуп алуучу. Мындай мамилени бардык эле өзүнөн улуу кишилерге жасоочу. Ошондон «Шабдан сыпаа», «Шабдан сылык», «Шабдан адамгерчиликтүү» деген баа угуп, ал баа бирден онго угулуп, ар урууларга алынып баратканын сезет. Ал түгүл пайдага гана чечилчү ал кыял-жорукту күчкө салып, ыкка келтирип, өздөштүргөндөн өөрчүтүп баратат.

Таймаш-тартыш кездерде өзүнө карата катуу айтылган сөз болсо, абалы кашын чытып алганы болбосо, тез

эле жүзүн жайдары кырман, буртуйганын жумшактыкка буруп иет. Омбудан келип Верныйдагылар аркылуу берилген буйрук боюнча ашуулар бүткөнгө чейин тыным албай Каркырадан баштап, Ысык-Көл аймагындагы бут уруулларды кыдырып иш жүргүзгөн. Көтмалдыдан Чүй боорундагыларды аралап иш жүргүзгөнүнөн улам Байзак чийкил немени «аа, азасы жок кызыл думана» деп тамашага чаргыта кайрылат. Даражасы бийик болсо да, кейпинен тырчышты билгизбейт. Кулак кашыган болуп, укпай калган болуп коёт. Ошонусу менен Байзакты сызга олтургузуп да, жакшы көрүнүп да кетчү.

Ошолор Суусамыр аркылуу Тержайлакка келишкен. Кетмен-Төбө аркылуу Жалал-Абадга ашышкан. Андан ичкеридеги элдин башчысы, хан ордосунда өлтүрүлгөн Алымбектин жесири Курманжан даткага беттешмек. Курманжан Тараз бойлуу, карасурдун сулуусу. Эриндери кымтылып, кирпиги чачырап, адамды эстүү тиктөөчү. Кырдач мурдунун оң таноосунда буудайдын данынчалык кара меңи бар.

Жылас болгурдуку ай! Иш ошол эле күнү ойдогудай бүтүп калат беле? Жанагы жан кашайганда ооздон чыгып кеткен сөздөй жылас болуп, «бир кумалак бир карын майды чиритип» жибергендей орунсуз айтылган бир ооз сөз ишти бузуп, түпкө жетип коё таштабадыбы. Ошол күнү эзилишип сүйлөшө албай калышпадыбы, элдин эртеңки тагдырлары тууралуу.

Ошол күнү ийри олтуруп, түз кетешкенде башкача болот беле балким? Курманжан датканын эки уулу кол курап, орус солдаттарына печен жолу кол салышып, кырчышып, кан төгүшкөнү түбү тешилген казанды кадоо салып зымырайтып, мурдагысындай аш бышыра баштагандай иш оң болуп калат беле?..

Шабдан Байзак менен кеңешет: «Куралдуу солдаттар менен коркутуп, чаап алабыз дегенсип кирип барбайлы. Меймандарылап келаткан адамдай тынч олтурун, биринбиздин оюбузду экинчибиз угуп акылдашканы келген адамдай болуп баралы» дейт. Бул сунушка Байзак макул болмок түгүл, ыраазы эмеспи. Пикирлерин майорго дагы айтышкан. «Иш сүйлөшүү жолу менен бүтсө, сонун болбойбу» деген ал. Курманжан датканын айлынан көп алыс буйгада солдаттар менен кала берген. Өздөрүнүн ат кошчу жигиттерин ээрчиткен экөө Курманжандын айылын аралап, кирип келишкен бешим чеңде. Кудай бетин салбасын! Жаратылыштын кооздугуна көз кычышат. Көгөргөн көк ыраңга оронгон аймак.

Көбүргөн жытын коштогон жумшак керимсел. Чукулда тоолор. Андан ары булут кийген чокулар. Кокту-колоо чыргай, дүпүйгөн бадал, карагай-чер. Ар салаада мөңгүдөн башталып созулган суу дабышы. Бийикте топ-топ топоздор карааны. Андан төмөн үйүр-үйүр жылкылар. Жануурда чыбырала жандык. Түзөндө уйлар.

Абалы Шабдандарды сыртта мал карап жүргөндөр көрдү. Анан иттер үрдү. Үй-үйдөгүлөр улам бирден-экиден чыгып жайнап, сыртка толду. Жакшы кийинген-жакшы ат минген Шабдан, Байзакты ичкеринин каадасы боюнча ийилип тосушту өңчөй эркек. Алар «Ат салаамуалейким» дешип, оң алаканы женен жүрөк тушун басат. Андан соң сунулган колду кош колдоп кысат. Ушинтип кабыл алынды арка элинен келгендер. Ушинтип тосушту ичкеринин эркектери. Адетте алайыктар каш-кабактуу, кыр мурун, тунук көз, сөөктүү келишет. Эркегидир, аялыдыр колдору шадылуу, манжалары түз келет. Аксаргыл кызылдуулары көп учурайт. Кезинде «Алайдан чыккан Аксаткын сулуу» деп, бекер айтылбаган эмеспи.

Келген меймандардын ким экени даткага кабарланды. Айылдан окчун ак үйдө күмүш тагында олтурган ал кабылдаганын билгизе баш ийкеди. Шабдан күйөөсү Алымбектен бир топ жаш кичүү экенин, азыр падыша бийлигине өтүп, арка элинде хан өңдүү болуп калганын эң сонун билген датка, өзү олтурган үйгө чукул жаңы үй көтөрүүнү буюрду. Ээрчип келгени менен жигит жаланына, окчунураакка өзүнчө үй көтөрүүнү сурады. Небактан даяр турган үйлөрдү чечпестен туруп, тегеректей койгон сом жигиттер, босогодон тарта кереге аяктарына текши кол салышып, капшыра кармашып, «оп!» деп көтөрүштү да, болжолдогон жаңы журтка кондура коюшту. Кыйшайган керегелерди түзөштү. Үзүк-туурдуктарын тегиздеп, боолорун чоюп, чыйрак байлашты. Ошондо Шабдандын келип учурашуусуна датка буйрук берди. Биринчи Шабдан учурашат, анан Байзак чакырылат. Шарт ушундайча. Датка аял болгондуктан, алар, меймандар кол сунууга болбойт. Ооз жүзүндө учурашып, эсендик сурашат. Бул чыгыш элинин тээ алыстактан келаткан ырасмысы.

Шабдандын бутунда тумшугу кайкы чегирим өтүк. Үстүндө тик жака жашыл нооту кемсел, асыл таш чөгөрүлгөн күмүш кемер курчанган. Башында тышы кемселине түспөлдөш кара кылкандуу суусар тебетей. Жээрде мурут, ничке каш, буудай жүздүү, бет отунан кам

тамган, ийиндүү ал чукулдаганда түрүлүү эшиктен көз салып турган айым датка тактысынан турду. Келишимдүү кийими менен намыркен өтүгүнүн анкытындагы майда жылаажындар шыңгырап, босогосун аттады. Эки-үч кадам басып келип, токтоду. Тиги жайдары жүзү менен жай, салабаттуу басып келаткан мейманын тиктеп, көз кычыгына күлмүндөө аралаш сыр алды. Эстүү башы атын алыстан уккан адамды сынады. Датка наамында элин башкарган милдетине бек, нарктуу турду Курманжан. Түйүлдүккө алгач жан салган уянын ээси — эне! Акылдуунун дагы, акмактын дагы имерчиктеп сыйынаар мазары — эне! Озунуп учурашуу — эркек мойнундагы парз. Ушуну ойлондубу, саалтын алгач басаарын байкабаган Шабдан Курманжан датканын алдында таазим эте:

— Саламатсызбы, ана! — деп жибербеспи катыгүн! Аа кашайгырдыкы, кашая түштүбү! Жоодур көрүнгөн Курманжандын өңү чагылган ургандай чү өзгөрдү. Мандайынан ылдый жүзү кубара-кумсара, уурту дирт этип, таноосу кычылды. Канынын бузулганын туйдурбоо үчүн:

— Сала-мат-чылык, мырза! — деди чоюла.

Айымдын өзгөргөн жүзүн Шабдан дароо сезди. Айгапта боло ичиркенди. Кызыл жүзү чайпалды. Манжасы карышканда, оң бармагынын тырмагы оң сөөмөйүнүн этине баткандан батып баратты. Алгачкы түрү боюнча кабыл алганда датка бурулуп, өзү олтурган үйгө кирүүнү өтүнмөк. Келиндер кымыз көтөрүп кирип, жигиттер күмүш чөйчөктү мейманга сунмак. Анан даам үстүндө эсенчилик сурашып, сөз башталып кетмек. Кабак-каш жаркылдап, тамаша катыкталмак сөзгө. Азыр болсо...

— Келип калыпсыз мырза, ат арытып, жол басып? — деди датка турган ордунда, көзү оцолгон менен үнүнөн кекээр сезилип. Серптирин ийгенин сезген Шабдан сынып калганын туйдурду, Күрмөлдү. — Алдыга жигит чаптырып, кабар бердирүүң го? — деди, өңү жибиген менен үнүнөн ызгаар уруп. — Улак тарттырып тосот белек, ат чаптырып тосот белек, ал биздин милдет эле. Уурудай капыстан келишиңе жол болсун мырза?!

— Ошону байкабай калынмын, датка!

— «Чоңоё» түшкөндө байкаарсыз...

Аттиң ай! Сөздүн орунсуз айтылышы жыйылып калган кышынды уратат ээ! Бүтүп калган үйүндү бузат ээ? Деги эле жаштык иш ойго келбеген күндө дагы «эсен турасызбы, жеңе! Эл-журтуңуз тынч турабы, жеңе! деп

учурашууну баштаганда, сөз чарт айрылбайт беле! Сөздүн алгачкысын азил шоокуму аралабайт беле! «Ий, эли-журтум эми түшкөн экен эсиңе, мырза! Жесир жеңең, кечигип түшкөн экен эсиңе, мырза!» деген жоон чыгып, ачылып кең сүйлөөгө жүйөөнүн башы сонун кетпейт беле! Кыргыздар бекеринен: «жеңенин бир саны ата өгүшкөн кайнинки!» деп, калжаң башташпайт. Жеңе деген чакырык кайниге эри жолоочулап кеткен жеңесинин эшигин шарт ачууга, төшөгүн серпип жиберүүгө укук берет. Андуучулар көзүнө чагылышпаса, ушакчылар уусуна малынышпаса, кайниси дагы, жеңеси дагы иштерин илгерилетпей жөнөтүп, дилдерине күмөн алышпайт. Өздөрүн бирине-бири милдеттүүдөй сезишет.

Мына эми «апа!» деп койгон сөздү бир Шабдан эмес, бир Курманжан датка түгүл, мүлдө кыргыз чогулуп «жеңе» дегенге которуп ал, көрөйүн!! Ошентип сөздүн башы бузулган эмеспи! Шабдандын эли орустар менен ынтымак ыкыласка келди. Акылдашып, эки элдин жонун бириктирсек. Анын чоң себебин табыш үчүн, никелешүүдөн качпоого да Курманжандын ак дилинде макулдук бар эле. Ал иштин ойрону чыкты! Дин боюнча да, дил боюнча да иш бузулду.

— Жигиттер! — деди датка өзүн багып турган камчы чабаарларына каш кагып. — Береги Шабдан мырзаны жан жигити менен өзүнө көтөрүлгөн үйгө кийиргиле! Сый көрсөткүлө...

...Асыл чыкма ылоону боолуктап мөңкүтүп жетелеп келишип батага чакырышты. Меймандар сыртка чыгышты. Кыбыланы карап, кол сермешти. Четтеп баскан Шабданга Баяке кайрылды:

— Даткага саламды туура айтканыңыз жок го жана!

— Ошондой болуп калды шекилдүү! Э-э, күйөөлөп жүрдүк беле! Иш жөнүн бышырсак болду...

Чайда да, батада да датканын көрүнбөгөнү Байзакка жаккан жок. Такты талашып, атасынын канын баласы төккөн, агасынын канын иниси төккөн хан ордонун таасири. Ошолордун жасалма кекирейип калчу мүнөздөрүнүн аял даткага жуккан дарты деп ойлоду, тоолуктардын ачык-айрым шартына көнгөн неме. Сырт кийимин кереге башына илип, көтөрүлгөн үйдө жалгыз олтурганда дагы оюн кайталады.

Тигинде асма чырак. Үч бийиктен шоолдаган саргыч жалын ыргалат. Көлөкө чайпалат. Шам менен сырдашкансып Байзак тынч. Сакалын сылап, ойлуу. Дааратган кийин кайра кийбей койгон маасысы капшытта жатат.

Багелеги экиге ажырап, шымы керсге көзүнө тыгылуу. Токтогон жерде, коноор жерде ушинтип жеңилденип алмай мунун башынан адаты. Билгендер аны чечине баштаганда эле. «Баягынын оорусу кармады!» деп күлүп калышчу.

Оорусу демек... Жумгалдагы элдин курманкожо аталганын, Көкүмбай менен Курман биилейт. Кулжыгач аталганын өзү башкарат. Талаш иштер чыгып, жөнгө салып бүтүрүү үчүн топ болуп калса, Байзак кеп баштаардан мурда чепкенин желбегейленчү. Анан кепичин тигиндей таштап, маасысынын кончунан шымынын багелегин тартат. Тескери карап чечинет. Шымын нечен бүктөп чыканагына коёт да, өзү да узун неме, ого бетер кескен теректей болуп кырынан жатат топ өткөн жердин төрүнө. Сөз жүрө берет. Ар ким пикирин айтат. Тигил тигинтет, бул минтет. Өлүп калгансып Байзакта үн жок. Бир оокумда жан кирген эмече түйшөлөт. Жай обдулат. Кимге сүйлөшмөкчү болсо ошого бурулат. Ашып кетсе, атылган наспайдын күчү жангыча сүйлөйт. Ошону менен топтун тароосу калат. Азыр дагы дамбалкөйнөкчөн неме кемселин жамынып олтурат эле. Тотугуп калган кызыл тору келин кирди. Капшыттагы Байзакка таазим этти дагы, жүк тарапка өттү. Кысынбаган кыймылына караганда келиндин төркүн-төсү аркалык элинен болуш керек. Ошол тараптын аялдары гана эркектер арасында эркин жүрөт. Ичкериликтердин кызкелини корум арасынан чыга калган суусарча капысынан сорое калышат да, эркекти көргөндө кымырынып, көздөн кайым болушат.

Бул келин жууркандарды алып жатып Байзакка экиүч мертебе тиктеди. Таноосу кыпчылып, ашыгыштуу тиктеди. Зекип, эскертип аткандай тиктеди. Байзак келинден аял затынын от черткен жылуулугун эмес муздактыкты, шекшинүүнү туюп жыйрылды. Келин чыгып кеткенде сырттан жылкы окуранды. Күрөң айгыр окуранды окшойт.

Айгыр демекчи... Тержайлакта Тоймат деген аяшына өргүшкөн.

— Тоймат? — дейт, Шабдан менен кобурашып аткан ага.— Мобуреки айгырдын мүчөсү мүчө эмес бекен ыя?!

— Таанытын, баатыр! — деген Тоймат.— Чабышка кошуп, байге алып жүргөн күлүк.

Бээлерин токтоп калыптыр. Мен минип келген көк дагы онбогондой жылкынын тукумунан. Үйүрдү башкармак түгүл тырпын чыгарат. Аны сен алып калгын. Күн

рөңдүн «майын» убактылуу берип тургун. Кайра өтөөрдө таштап кетем.

— Баатыр, сенден ат аеочу ким? — деп күлдү Тойчубек.— Көгүндү коштотуп эле кет. Токтоп калган бээлеримдин тамтыгын чыгарбайбы? Ха-ха.

Колго тийген күрөң айгырдын казысын жоготуп, ичин тарттырыш үчүн Байзак түнөгөн жерде белин сууттуп, түнкү серүүнгө чыйрыктырып, анан отко койдуруп жүргөн. Бүгүн аппак таң ашырууну буюрган. Тизгинин кантарылган күлүк башын силкип, таноосун тизесине кашыйт. Жер чапчыйт. Окуранат. Мыкты жылкылардын карацгыдагы тынчсызданууcу бекеринен болбойт. Ал бир нерсени туюп жатканын кыймылы менен ээсине ишаарат-тайт. Тай кезинен кармаган ээси муну дароо сезет. Чукулда бөрү-мөрү жокпу? Ууру-мууру жокпу? деп эки жакты чалгындайт. Алыс кетпей атын багат. Айланага көз салып, сактанат.

Күрөң айгырдын кошкуругун, жер чапчыган туяк түрсүлүн Байзак көп элебеди. Келиндин сурданган өңүнөн улам «Бул эмне табышмак?» деп, жүрөгү түпөйүл тартты.

* * *

Курманжан датка чай башталаарда деле меймандары менен болмок. Мал союлаардагы батага деле чыкмак. Айылдагылар билип, сырткары адамдар билбечү уулу Абдылда капыстан кирет. Тактыда олтурган апасынын алдында чөк түшүп учурашат.

— Арбацыз, апа!

— Кудай жалгасын, уулум.

Баласынын ашыккан кыймылынан, жалтылдаган көзүнөн датка шойкомдуу ишти туйду.

— Жайчылыкпы? — деди.

— Көк тоодон ылдый, чыргайлуу капчыгайда кураддуу солдаттар калганын, төрт атчан мында келгенин кароолдо тургандар айтты.

Датка селт этти. Турмакчы болуп, кайра олтурду:

— Ошондойбу, уулум? — деди, көзү жанып.— Буларды бир боордук жолу менен келишти деп атсам, «кылычын» катып коюп, камчы сүйрөй айылды чалып келишкенби?...

— Билбейм, апажан! Бүгүн солдаттарды тыйпыл кылышым керек!..

— Колуцан келеби?

— Он адам бир адамды жаткан жеринде кантип кыймылдатсын.

— Ишиң оңунан чыкпай калсачы?

— Андай болбойт!

— Кармашкандан бери чыгымдарсың. Тоо-ташка качып, жаныңар калып жүрөт.

— Булар бейкам. Уктаган жерлеринде алабыз.

— Бүгүн ашыкпа, уулум. Аркалыктар менен кеп-кеңеш болсун.

Абдылда апа буйругуна көнүп, чыгып кеткен. Жашыруун өңүттөргө койгон жигиттери жүрөгүн кайра бүлөйт. Алардын айтымында солдаттар аттарын агытып, өздөрү ар кайсы жерлерге топ-топ болуп тамактанып, тамеки чегип эс алып калышкан имиш. Оңондуктан бүгүнкү түндөн калтырбай мойсоп, куралга тунуу керек. «Багынып жеримди тарттыргыча кылычташып өтөм!» деп каны кайнап турган Абдылда апасына дагы кайрылды. Апасынын тизгиндегенине баласы көнбөдү.

— Кимге таянып, тобоокел ишти баштаганы турасың, уулум?

— Мүлдө мусулман тукумуна, апа!

— Бир азылуу карышкыр канча койду кыраарын билесиңби?.. Мың таранчы бир бүркүттү эмне кыла алат? Канатын кагып койсо, күбүлүп жерге түшөбүз. Жер ысык көрүнүп атып, элдин башын жутуп албайлы? Сабыр кылып, канжарыңды ката тур, уулум?!

Ушул менин биринчи айкашым болсун. Же акыркы айкашым болсун, апажан?!

— Сабыр эт, уулум?!

— Эгер максатыңды оңунан чыгарсаң... Мейман болуп аткандардын көзүн, мен дагы тазалатып таштайм.

— Иш чийки болуп калбас үчүн дагы бир чалып келейин?!

Абдылда чыгып кетет. Таштай каткан Курманжан датка ордунан жылбайт. Түн киргенде башка жигит келет. «Агер ай көтөрүлгөнчө мылтык үнү чыкпаса, кудайдын бергени. Апам өз ишин жасай берсин» деп айтып-тыр уулу. Кечигип чыкчу айды белги кылыптыр уулу.

Датканын үйүндөгү күбүр сөздөрдүн баарын төшөк салган келин угуп аткан. Билип аткан. Эл: «Ашты ширин кылган — туз. Алысты жакын кылган — кыз» деп бекеринен айтышпайт. Кыз бечара кандай күйөө буюрса, ошол жакка ашуу ашып, жол басып кете берет тура. Ой-санаасы, жүрөгү туулуп өскөн жеринде, жыты сиңген элинде кала берет тура. Айылынан бирөө келсе, жери-

нин же элиндеги бирөөнүн атын укса, өз ата-энесин көргөндөй, өз бир тууганын көргөндөй болот тура кыз бечара.

Суусамырдагы элден келген Онол аттуу келин Шабдан менен Байзакты көргөндө, алардын жанындагы ат алаар жигиттерин көргөндө өз атасы менен өз агасы көчүп келгендей болду. Аларга карата башташкан кастыкты билгенде, уясын коруган торгойдой тынчы кетти. Ошол Онол Байзакка шектүү тиктеген менен оозу батып ачык айта албады. Качан Шабдан менен Баяке ичкен шарапка уу кошуп берүү буйругу берилгенде бирдеме издеген болуп, Байзактын үстүнө дагы кирди. Шар айтууга оозу дагы батпай, анын капшыттагы кепичин ордунан ала козгоп, босогону баштанта койду. Мунусу «эшикке кет!» деген белги. Жалаңтык отурган Байзак умтулуп:

— Ачыгын түшүнтүңүзчү? — дегенде гана Онол:

— Өмүрүңөр коркунучта! Амалын табыңыз? — деп шыбырап чыгып кетти. Байзак өпкөсүнө жаанын жебеси сайылгандай ыргыды. Кемселин чала кийип, кепичин коңултак салып, күрөң айгырга жетти. Чылбырын чечип, тизгинди жайдак белине тарткан басмайылдан бошотуп, ыргып минди да, көз ирмемде адамдардын бакылдагы, тамаша сөздөр чыккан үйгө жетти. Эшикке оңтой туура тарта калып:

— Эй, Кызыл думана! Чык бери?! — деди. Үндүн каары учуруп турдубу Шабдан «ким бул?» деп буйдалбастан чыга калды. Эшик серпилгенде үйдөгү шамдын шооласы менен Байзактын үзөңгү ордуна сунулган бутун көрдү. Шап тээп, чап учкашты. Эти муздап, ачынып ойдологон күрөң айгыр темпнээри менен алып учту. Бул жорук учкул кыргый, бөдөнө шыпыргандай тез болду. Нээти жамандар атка минип, кууганга түштү. Киши бою кош андан жаныбар күлүк айгыр каттайы менен каргыды. Тэ-э тоо далысында ай нуру мунайып шоолаланып, чокулар шаң чайылып келаткан. Алдыңкы куугунчу экинчи жардан оңкологонун, андан кийинки үч куугунчунун биринен сала бири омолонуп-томолонуп, жайраганын кылчайган Шабдан даана көрдү. Өбөктөгөн Байзак салмагын абага берип, кадууга салып, түзөңгө түшүп, солдаттар калган чөлкөмгө баратат. Эки адам үстүндөгү күрөн таноосун ура «барр-барр» дем алып, тилин салат. Кулагын жапыра аяк таштайт.

Баяке, Шабданга улам чыккан. Алардын качканын билди. Карбаластап, атка минген куугунчуларды көргөн-

дө иштин бүлүнгөнүнө көзү жетти. Долусу кармап айкырды:

— Эй-й, бул эмне деген шермендечилик? Катын башкарган жерде абийир болбой калабы?

Нарыта жактан кайың союлду ала койгон бирөө, артынан келип жыга чабууга так койгондо Курманжандын чаңырыгы чыкты:

— Токто, наадан! Баарын бүлүнткөн, иттер! — Алыскы тоолор, магдыраган айлана, чуу түшкөн иттерге Айымдын чаңырыгы себеп болгонсуп, күркүрөгөн добуш чыкты. Кылымдардан бери нык турган Алай тоолору көчүп түшкөндөй болду. Урап түшкөндөй болду. Баятан жандуу өндөрүн жаткан адамдар селт этти. «Этим турсун, табагымды тап!» болуп делдейди. Ооздорунан сөз түштү. Шарапка кызыган Баяке дагы дендароо болуп элейди. Күрүлдөк күчөгөндөн күчөдү.

* * *

Илбирс жай мезгилинде өзүнө жемди эки ык менен табат. Кийиктер оттоого чыгаарда, оттоодон кайтаарда чубап өтчү асканын кыйыгына өңүп жетет. Бейкам кайберендер келатканда ичинен бирине көзү кадалат. Таш менен таш боло катып, бар күчүн жыйнап түйүнчөктөй түйүлөт. Ала турганы жакындаганда укмуштуудай шамдагайлык менен секирет. Өткүр тырмагына матыра күчактап ыргытат. Эси ооган жерде кайра басып, такыр колтуктан жарат же мууздоону жулуп, жылуу канды шимип кирет.

Мындай аракетинен жолу болбосо... Мергенчилер тынчын алган тоонун кийиктери түн ортосу ооп оттоого чыгат. Мөңгүлүү төрлөрдөгү кыска бетегелерди, көбүргөн, көкөмерендерди ушунчалык тездик менен оттойт да, күн нуру чокуларга чачыраап замат асканы карай жабылат. Кумдуу конулдарга, тектирчелерге токтоп, күн бою жуушашат. Башын чайпап, тумшугун тизесине сүргүлөйт. Текелердин каркайган мүйүздөрү түндүккө окшошот. Мойнун буруп, мүйүзүнүн учу менен кашынат. Сакалы жайкала кепшенип, кулактарын кагат. Жем издеген илбирс ушундай учурунда өңүп келет. Ал күкүм кумду шырп эттирбей, дабышсыз жылып жөнөйт. Жемине жакындаган сайын көзү жангандан жанат.

Анысы сынарындай тээ алыскы бийиктеги Абдылданын көзү дагы солдаттар токтогон Көк-Зоонун чатында-

ры бадалдуу, ачык өтөккө ошондой кадалып, ошондой жанды. Түндүн түшүүсүн чыдамсыз күттү. Солдаттар капарсыз. Аттарын кое беришти шекилдүү. Топ-топко бөлүнүп, от жагып атышкандай. Тамак камын жешип, тамеки чегип айтышкандай. Өңүнөн кан качкан Абдылда ансайын акыят, шашат.

Көз байланды. Чылбыр боо жер бүдөмүктөндү. Тоонун кара түнү коюуланган коюуланды. Бир даарында тапанча, айрымдарында түтөтмө мылтык, көбү кылыч байланган. Үч жүз колу бар Абдылда кыбыланы баштанып чөк түштү. Алаканын жайды:

— Оо, жараткан пирим! Оо, ата-баба арбагы, колдой көр! — деди. Баары бата этишти. Жамырап жайнап, солдаттар өргүгөн жерге жөнөштү. Соңол кармаган, белине бычак тагынган беш жүздөн ашуун адам аларды ээрчиди. Қылдырт эте таш кулайт. Қорум шыгырайт. Бабыргандар учат. Қарагай, бадал арасындагы илбээсиндер чочуп, канаттары шатырайт.

Көк-Зоонун чатына чакырым жетпей токтошту. Шапшуп түшүшүп, аттарын ээрчигендерге карматышты. Солдаттарды жаткан жерлеринде жайлашмакка жөө жөнөп кетишти. Алардын жүрөктү титиреткен сүрдүү караандары карацгылыктын койнуна сорулуп жок болду.

Ат кармап акыйгандар тынчсыз. Кеткендер иши оцунан чыкса, чер арасындагы түнкү куранча «баув» этип, үч жолу бакырышмак. Ал белги жок. Чыгыш тараптагы тоо арты улам агыш тартып, улам шаң көтөрүлүп, ай калкып келаткан сыяктанат... Анғыча Абдылда баштаган жигиттердин карааны көрүндү. Энтигишип, оозун басып жөтөлүшкөн алар каптап келип да калышты. Күткөндөр жакындады. Алдыңкылары жалбарып сурап атышат:

— Жол болсун, баатырлар!

— Душманды тургузбаган шерлер!

— Атандын башы! — деди Абдылда сүйүнүп кеткен немеге буркулдап.— Келе атты?!

* * *

...Колпаковский Шабдандар кетер замат байкоого сакчы чыгарат. Шойкумду эрте туят. Қапыстан качырып жарып таштоочу жапайы «камандарга» туш болбос үчүн кам жейт. Азык-түлүк жүктөлгөн унааларын коё бердирет. Қарацгы түшкөндө ар кайсы жерге от жактырат бирин-эки солдаттарды бастырып, согуштун «оюнчукта-

рын» жасатат. Анан Алай тараптагы жерлердин коен жатагынан бери түшүрүлгөн карта боюнча үчкө бөлүнүп, үч тараптагы тосотторго түн жамына суурулуп жөнөп кетишет. Өздөрүнүн илбирс эмес экенин билбеген, солдаттардын тоо кийик эмес экенин баалабаган Абдылданын жигиттери уктап калган солдаттарды эмес, киши сөлөкөтүндөгү каракчыларды басып жыгылышты. Таш сүзүп кайра тартышты. Каякка беттээрин билишпей дендароо боло калышканда, чыбырала болгон булардын карааның көздөй «ду-ур» этип мылтыктар атылды. Жер көчкөндөй болду. Тоо урагандай болду. Көп караан удургуду. Алдастады. Арасынан окко учту. Онкосунан сайылып, кан кусту. Өбөктөшүп камчы чаап, тымтыракайы чыгып түш келди качышты.

Ошентип жүз мылтыктын залпынан Курманжан датка селт эткен. Баяке бир ажалдан аман калган, чаңмай болгон неменин колунан союл түшүп.

Абдылда жарадар болот. Кыркка жетпеген жигиттери менен чек арадан өтө качат. Тамчы суу табылбаган чөлдө эриндери жарылып, кыйналган ал:

— Жаным чыкканда денемди таштагыла. Жүрөгүмдү ала кетип, Фергана топурагына көмгүлө? — деп керээз айткан экен!

Машташуу боюнча аткылоолорду созбой токтоткон майор, саарда айылды курчады. Үргөн ит жок. Үцкүрчүцкурга коргологондуктанбы, адам көрүнбөйт. Кайдандыр-жайдандыр айкырган долу Баяке даяр болду. Атасын көргөндөй сүйүнүп, майордун чылбырына асылды:

— Шабдан менен Байзак түндө эле качышкан! — деп алар кеткен жакка колун шилтегиледи.

— Азыр жөнөгүн! Азыр таап келгин! — деди майор. Түшө калган солдаттын атын минип, экинчисин ээрчиткен Баяке ацга-дөцгө карабай мырзасы качкан багытка чапты.

Курманжан датканын үйүнө чукул үч ат токулуу турат. Бирөө боз! Майор ошол үйгө солдат жибермекчи болуп атканда, сыртка кайрыгы ичке тебетей кийген жигит чыкты. Боз үйдүн эшигин кацтара көтөрдү. Датка өзү көрүндү. Башында чакан элечек. Жол жүрүүгө ылайык кийимчен. Колунда элик сап камчы.

Датка ошондо Колпаковскийди карай түз баскан. Аялзаты үчүн өзүнүн ызаттаганын билгизгиси келдиби, майор дагы аттан түшөт. Курманжан чукулдаганда озунуп:

— Саламатсызбы, азирети датка! — деп учурашат. Эриндери кымтылган Курманжан башын саал ийкеп, сумсайып:

— Тил албагандар өз кандарын өздөрү ичти. Сен деле биздин айылдагыдай айдак жигиттердин бирисиң! Артындагы соройгон немелерин менен жолуна түшкүн. Ташкендеги улукка өзүм барамын! Ишти ошол улук менен бүтүрөмүн.

— Мына эмесе. Бул бекерчиен датка болбогон аял турбайбы! — деп майор токтоп калган.

Боз жоргого минген Курманжан эки жигиттин коштоосу менен Ташкенге жөнөгөн. Ташкенде бир топ күн турат. Кабыл алган генерал менен жакшы сүйлөшүп, бирин-бири түшүнүшөт. Россия империясы менен бир тилектеш болуу, түндүк кыргыздарга кошуп түштүк кыргыздарды улуу урматтуунун империясы ар түрдүү хандыктардын басып кириишинен сактоо, жалпы бир бийликти колдоо туурасындагы келишимге жетишет. Жер которуп келгендерди отурукташтыруу, пайдасыз жаткан ойдундарды өздөштүрүү, пахта эгүү, фабрика-завод куруу боюнча кеп болот.

— Бизди көп куушурбай ойдунду урунгула, — дейт Курманжан датка. — Тоо тарапка жолобогула. Малдын жаны тоо менен. Биздин тиричилигибиз мал менен.

Генерал жылмайып, баш ийкейт:

— Мезгил келгенде... жалаң эле малдын желиши эмп, жүнүн кийип олтура бербей биз менен кошо түзгө түшүп, тиричилик жасай баштайсыңар...

— Айтпай-дебей туруп, — дейт, датка, — тили башка, диин башкалар куралчан басып калса, силер эмне болоор элеңер?

— Албетте, чочуп кетмекпиз. Жатыркамакпыз...

— Анда, чочуганыбыз үчүн күнөөлүүбүзбү? Жатыркаган үчүн күнөөлүүбүзбү?

— Чочубасын деп, өзүнөргө кандаш элчилерди ээрчип барышпадыбы солдаттар? Өзүңүз айтыңызчы, күнөөнү кайсы тарапка оодарар элеңиз бул сапарда?

Датка унчукпай калды. Генерал жылмаюусун күчөтүп, креслосун кычырата чалкалады:

— Эмне себептен уулуңуз сизди таштап, башка өлкөгө качты?

— Тууган эңек барбы өзүңдүн?

— Бар!

— Кайда?

— Санк-Петербургда жашайт.

— Эмне үчүн бирге ала жүрбөдүң?

Генерал күлүп жиберди. Алакандарын жышып обдулду.

— Жыгылыштуумун, урматтуу Курманжан! Туура жооп бердиңиз!

* * *

Бардык иште бүтүрмөкчү болуп келишип, капыстан жантаслим болордо жайдак айгырга учкашып качкан Байзактар жайы кандай болду?

— «Аа, курсунчу!» — деди дөбөдө отурган Байзак азыр ошондогусун эстеп, бүлк-бүлк күлүп. Жоболонду жоруктун аягын жаңыртып эстеди көңүлүндө.

...Куугунчулардан кутулган экөө жаналакетке түшүп, чаап барышканда «күр-р» эткен доош чыгат. Күрөң айгыр жалт берип, үстүнөн түшүп кала ташташат. Тизгин жыйышат. Туш тарабынан зуулдап октор учат. Октор ташка тийип, «чув-чув» этет. Уу берүүчүлөрдөн жаман эми болду! Куугандардан коркунучтуу балээ эми баштады. Тээтигинде жар. Айгырдын башын ошону карай бурат. Эки тарабы калканч, ортосу коо экен. Коого киришкенде жандан үмүт кылышты. Түшүштү. Солуган айгырды коонун түюгун карай жетеледи. Байзактын бир кепичи жок. Шабдандын топусу шамалга учуп соксойгон.

Атышуу токтолду. Ай улам өйдөлөдү. Коонун батыш ыптасы жаркырады. Жайдын кыска түнү зарыктырбай тан атканы калды. Шырпылдаган добуш эшитилди. Добуштар улам жакындап, коонун ичине сыйгаланып, сеп кирип, адамдар кире баштады. Алардын энтиккени, оозун басып жөтөлгөнү, жардын жаңырыгы менен көтөрүлүп кетти. Сүрдүгүп, түртүшүп, берилеген алар башын көтөрүп, бурандаган ат менен эки адамды көргөндө чочушуп токтоп калышты. Сактанып аяр басышты. Алдыңкысы:

— Силер кимсиңер? — деп сурады.

— Адамбыз,— деди Байзак.

— Эмне кылып отурасыңар?

— Жан соогалап.

— Кимден качтыңар?

— Өзүңөр кимден качтыңар, биз дагы ошондон качтык.

Биринчиси ичкеридегилердин кайрыгында, экинчиси

аркалыктардын кайрыгында сүйлөгөн эки тарап бири-бирине шекшинди. Ар кими жан коргоо айласында болуп сактанышты. Чыйрак туруунун далалатында болушту. Берки тараптагылардан бирөө кончунан мүйүз чакча суурду. Чакчасын белиндеги бычактын кынына каккылады да тыгынын сууруп, эрдине наспай салды. Андан жарданып тургандар чакчаны кыдыратып кетти. Наспай кумары чыдатпаган Байзак ордунан туруп:

— Мага дагы аттырып койгула? — деп кол сунду. Баятан кабак алдынан арамза тиктеген кара мурутчан тааныды. Үнүнөн кекээрлеген билинип, Байзактын кийимине асыла кетти:

— Дамбалыңыз келишиптир го, булганган аялдын аласына окшоп?!

Байзак такымын бир карап,— итбалдасы чыкпай кантти аланын! — деди токтолбой. Беймарал чак болсо, Байзактын жообуна булар таш жара каткырышмак. Тиштери агарып, тим болушту. Чакча сунуп, кайра алган неме какшыкты дагы жөнөттү:

— Датка Курманжандын сыйын даана көрүпсүз кү?! Силерди төрүнө «уктатмак» эмес беле? Бул үнкүргө кайдан түшө калдыңар? — Анын үнү улам катуулап, кыжыры улам кайнап баратканда Шабдан тура калды. Кемселинин жан чөнтөгүнөн тапанчасын сууруп, жаагын чык басып кайырды.

— Эмне кычылашасың? Тарт артыңа! Биринди койбой ала жатам!

Кагылыш ушинтип башталмак беле? Оттуктун ургап мизи ташка тийип, учкундар ушинтип жарк-журк учат беле? Кайдан-жайдан чыга калганы белгисиз, Баяке көкмелтейдин айкырык-бакырыгы баарын селт эттирди.

— Оуу, Шабдан! Ауу, Байзак! Кайдасыңар... Кайдасыңар? — Коонун ичине анын үнү менен кошо аттардын дүбүртү кирип келди. Элейгендерди жөөлөп өткөн Байзак коонун оозуна жүгүрүп чыгып, өтө бермекчи болгон Баякеге кыйкырды:

— Мындабыз! Бери кайрыл, карды жарылган аюуча айкырбай!

Куралчан солдат менен Баяке шарт бурулушту. Тапкандарына сүйүнгөн немелер жетип келди.

— Шабдан кана? — деди. Артта тапанчасын саландата кармап келаткан мырзасын көргөндө ылжайып күлдү. Байзак кошо жылмайып:

— Жер жутту дединг беле бизди?! «Сый көрүп» мын-

да түнөдүк! — деди да, жылаңайлак өз бутуна көзүнүн кыйыгын салып, күрөң айгырдын түктөрүн такымынан күбүдү.

Шабдан Баяке минген атты минди. Солдат түшө калып ээр токумдуу атын Байзакка сунса, баш чайкап болбоду:

— Ак жолтой күрөң айгырды эле келе? — деп бастыра түшүп Шабданды тамашалаган:

— Ии, Кызыл думанам! «Азамат болуу аста-аста! Мусапыр болуу бир паста!» деген ушул. Үйүбүзгө барганда түлөө өткөрөбүз го: аман-соо калганыбыз үчүн деп! Батага келгендер: «Бул эмне түлөөнөр?» дешсе, эмне дейбиз? Кой, баары Алайда калсын! Ооз ачпай, унуталы.

Булар кечээки үй көтөрүлүп, сый-урмат башталган айылга келишет. Кечээ арта калган майор азыр жылмакай көк ташка көчүгүн коюп күтүп олтурушту. Датка болбогон соң үйгө кириштин кажаты кайсы? Белдүү делинген адамын чакыртып, сүйлөшүүдөн эмне чыкты? Кийимдерин алдырып, майордун жанында кийиништи. Чепкенин желбегей жамынган Байзак тетири карап, дамбалын которуп атканда Колчаковский боору эзиле күлдү. Жүз аарчысын алып, чанкайган асманга окшош көзүнүн кычыктарын сүртүнө:

— «Генералыбыз» болбой калган го?! — деди. Жарданган солдаттардын каткырыгы жер жаңыртты.

Элчилер мурдагы калыбына келишти. Корунушкасынан эч бир үйдөн даам көтөрүп киши чыкпады. Тамактангыла деп үйгө чакыра алышпады. Ар бир үйдөгү адамдар уятынан ордунан турбай беттери чымырап үнкүйүштү. Мына аттанабыз, азыр жөнөйбүз болуп удургуп кыймыл башталып калганда Байзак Шабданды токтотту:

— Тапанчалуу мырза! — деди кол жаңдап.— Түндө Баяке экөөң ичкен шарапка уу кошулмак. Ажалыңды жеткирер ошол уудан күрөң айгыр куткарган жок. Мында бир келиш боло турган эле... Быяктагылар дингe бек, аялга касап келишет. Ошол бечара келиндин алжайын билсек кантет ыя?..

* * *

Курманжан датка түндө күрүлдөк токтоп, ай нурына чөмүлгөн тоо-таш жымжырт болгондо үйүнө кирген. Тагына олтурган. Шамдардын ыргалган жалындарына

тигиле тиктеп, санаага чөккөн. Чекесин укалаган. Босогодогу селейип турган Оңолдун эрине жүзүн бурбай туруп буйрук берген:

— Катыңынды чакырчы?

— Азыр, даткам.

Шып чыгып, келинчегин ээрчитип кирди. Датка Оңолго жалт карады. Көзүнөн чачыраган заар келиндин желкесинен чыга түштү.

— Шерменде! — деди Оңолду жутуп жиберчүдөй арбап, үнүн бас чыгарып.— Шабдандын тирүү калганы жакшы болду! Карбалас наадандарга ишенгенде кунга жыгылмакпыз. Эл чабышмак. Бирок, шермендем, душманым болуп жеңимдин ичинде жүргөндүгүң үчүнбү?... Кайта келейин, казыкка отургузам сени! Өрдөөчү жериңден өрдөп, оозуңдан чыга түшкөндөй кызыкка олтургузам!

Датка кеткенден кийин эри Оңолду жалпайта тепти. Алкымдан алып басты. Ага дагы мооку канбай тура калып, ызырына бычагын сууруду:

— Жал-лап! Шур-ркуя! — деп тап берип, жеп жиберчүдөй умтулду.— Уганаак кулагынды момингип кесип, айтанчаак тилиңди түбүнөн таарып салайын!..

Жандалбас кылып, корунган келин:

— Айланайындар, өлтүрдү! — деп чаңырды. Сыртган солдаттардын үнү чыгып, мылтык атылды. Сестенген эри бычагын кынына салып, кетенчиктеди:

— Шашпагын, шуркуя! Булар кетсин... Улактай гана муздай албасам!..

Ошол азапта калган келинди Баяке менен эки солдат Шабдандардын алдына алып келди. Бычак салган кыны белинде салпылдап, өң-алеттен кеткен эри кошо келди. Үрпөйгөн Оңол Шабданга жетип-жетпей чөк түшүп, жалбарды:

— Айланайын, абалар! Кашык канымын сообуна калгыла? Силер узаар менен эле күнүм бүткөнү турат!

— Эриңиз эмне дейт?!

— Андан эми ырайым жок. Кескилеп таштайт!

— Өйдө турунуз? — деди Шабдан келинди аяп, айтканына ишенип. — Кааласаңыз алып кетебиз. Кийимиңизди кийип чыгыңыз?

— Кийимине ыраазымын. Жаным калса болду, абаке?! — Аттанган Оңол топту ээрчип бастыра берээрде ордунда мамыдай каткан эри тиш кайрап:

— Талак кылдым! — деди. Тизгин тартып, бурула калган Байзак:

— Эй, жигит! — деп камчысын кезеди.— Талакты кутула тажаган тарап айтууга акылуу. А биз өзүбүз кетип атпайбызбы? Сени биз талак кылдык!

* * *

Шабдандар ичкериден келгиче Төрө баштаган куралдуу солдат ээрчиткен Үмөталы Кочкор, Жумгал, Нарындагы элди кыдырып, жөнгө салыптыр. Бул үч чөлкөмдөгү элди Кокон бийлигинен биротоло кол үздүрүптүр. Мартабасы көтөрүлгөн неме Ташкендеги генералга мындай маанидеги катты жазып жөнөтөт: «Көз айнекчен төрө экөөбүз бир жумадай бирге болдук. Бирибизди бирибиз жакшы түшүндүк! Ак падыша бийлиги бизге жагат. Кокон кандыгынан кол үздүк. Бизди бүт элибиз менен Ак падышанын карамагында дей бергиле. Заң-законуңузду кабыл алабыз».

Ташы кайра кулап, абалкы калыбына кайра келчүдөй болуп баратканда кырсык чалды Үмөталыны! Кырсык эми экинчи кайра тургузбоочудай буту-колунан бери чырмап чалды...

Иле менен Кашкар ортосундагы байланыш жолду ачуу үчүн Проценко баштаган отряд башында жүз төөгө жүктөлгөн кире менен Каштек чебинен чубайт. Ысык-Көлдү этектеп, Қочкорду кырка Қызартты ашат. Жумгалдын башынан Соң-Көлгө чыгат. Андан нары жүрүшүн улайт. Аяк-башы алыска чубаган кирени көргөн Үмөталынын туугандары шилекейлерин агызат. Белен дүңүйөнү талап, байлыкка туймакчы болушат. Эки миңче жортуулчулар кыска жолдорго салып, тоо-ташка жашынып, бадалды аралап, кирени акмалашат. Соң-Көлдүн түштүк чатында чер баскан тоо-таштуу түздө кол салат киреге. Байкоостон алдырган отряд төөлөрдү чөгөрүп алып, далдоолонуп атышкан. Топ карышкырча жайнаган талаанын ызы-чуулуу адамдарына туруштук бере алышпаган. Жол көрсөтүп келаткан казактын Кичине баатыры баш болуп тогуз солдат өлөт.

Кирени талап киришсе, үчтөн экиси тамак-аш экен. Андан Кашкарга сатылчу баалуу килемдер, топ-топ кездемелер табылбайт, калыңы карыш кара нандарды табышат. Мындай нанды эзели көрбөгөн талоончулар ашмачынын атын «Кара нан» коюшкан. Керексиз майда барак кагаздарды өрттөп атышканда тоштон бири Үмө-

талыга тилмеч болуп жүргөн ногой жалынга ыргытылган кагаздарды басып жыгылган:

— Кайран гана акча ий! — деп бакырган. Акча орду на өзү өрттөнүп өлчүдөй жан талашып, чогултуп кирген.

Отрядын талоонго түшкөнү Верныйга жетет. Жардамга жөнөгөн солдаттар Кара-Кулжадагы Үмөталыга таандык бир топ айылды баскан. Тыптыйпыл, өрттөп жиберишкен. Малдарын алган. Муну укkан Үмөталынын мин түтүнчө эли үркөт. Ат-Башы, Арпаны баса көчүп андан Кашкар чөлкөмүнө оойт. Какшаал өзөнүндөгү Балгын, Жылгынды, Чырканак, Сопчукка чейин тарап чачылат. Көнбөгөн мал, жер үшөгөн мал, какыр ташта туягы жешилет. Сылтып басып аксайт. Жүнү үрпөйүп, кабырга аркалары каркайып арыктайт. Боо-боо түшүп кырылат. Асманда кузгун көбөйөт. Талаада карышкыр, чөө көбөйөт, адамдардын көзү тунарып, бет чүкөлөрү оркоюп, тиши ырсайып, өндөрүнөн сур качат.

Эл баштаган, элди үйүргөн Үмөталынын токолунан туулган кичи кызын алмакка Кашкардын ханы жуучу жиберет. «Түпкү аталарынан бери башчы чыккан, баатыр чыккан немелер экен. Ошолордон кыз алып, тукум көрөйүн!» деп, алтымыш жаштан ашкан чагында бапайган сакалын сылап, жуучу жиберген.

Жуучулар жайын укканда Үмөталы силкинет.

— Башка мүшкүл түшпөсө, ушулар менин теңим беле? Айбыкпай туруп менден кыз сурамакчы немелер беле? «Жер оп барып, кызын берип келиптир» деген жаман аттыга калгыча өз жериме алып барып, тирүүлөй көөм койгонум жакшы эмеспи! — дейт. Элин бүлгүнгө түшүрүп кайра качкан. Улаколду ашып Ысык-Көлдүн күнгөйүнө келген. Чокталдан бери чачылып конуп кыштаган. Ээнбаштык менен туугандарын өлтүргөн солдаттардын кунун каалагандарынча төлөп бермекке Алматыдагы улукка инисин жөнөтөт.

Ачуусу тарай элек улук «кун алуу момундайча болот!» дейт дагы, солдаттары менен өзү келет. Үмөталыдан баштап, анын жакын туугандарына минерге ат таштабай, соёрго уй калтырбай айдап кетет. Үмөталынын оту өчөт. Ошол күндөн баштап оозго аты алынбай катардан чыгат, учурунда оюндагысын жасоочу мезгилдин зөөкүрү.

Кирейин десе жер катуу, өлөйүн десе жан таттуу көрүнүп, мөгдөгөн ал, жаздын алдында, көлдүн көк жашыл ыраңы баскан булунга чүкул чоң ташка сүйөнүп

өлтүрү. Тигинде даакысы түлөп бүтпөгөн жоор, күрөң бука оттоп жүрөт. Жоонуна чымындар конот. Күйругун серпет. Оңду-солду шыйпанат. Жон терисин титиретип корунат. Мемиреген күндүн табы менен коңул-кычыктардан учуп чыккан ач чымындар ага болчубу?! Буканын жооруна кайра жабылат. Саздын саркындысы ачасынан чыгып, туягы кыртышка баткан бука кыйшандап, кыцырандап коруна берет. Бутун силкип калат. Ачыккан чымындар кайра жабылат. Кайрадан үймөлөктөшөт. Жацы көтөрүлгөн көк ыранды кырт-кырт кырчып, тили тыягынан чалып быягынан чалып, оттоого өжөрлөнгөн бука жоорун тумшугу менен шалп эттире коёт. Буканын мурду жырык экен. Байкап калган Үмөталынын жүрөгү кабынан ыргып кете жаздайт. Баягыдагы атасы Ормон көргөн, кийин эл кеп кылган Калыгулдун мурду жырык күрөң букасы түшөт эсине. Ошондон улам Калыгулдун: «Эй, Үмөталы! Кан жыттанган сөзүңдү токтот!» деп тыйганы жацырып, кулагында кайталанат. Отурган ордунда оодарылат. Онтойт. Эки жагын сыйпалап чөп жулат. «Аттиц! Ушул жөн бука болбой, бир учурда мен кебине кулак салбай койгон Калыгул абамдын менин жанымды азыр тартканы келген мурду жырык күрөң букасы болуп калсачы! Акылды укпай жүрүп, өз билгенимди шилтеп, зөөкүрлөнүп жүрүп акыры, акыры... Чөпкө тойбогон, чымындар жанын кашайткан арык буканын, ач буканын жанында жалгыз отурат экемин ээ? Тиктеп, зоок кылат экенмин ээ? Оо жан салган, жараткан! Мени, мен кылып жүргөндөр колумдагы бийлик турбайбы! Айтканымды айткандай аткарткан, жанымдагы жаландаган кылычтан жигиттерим турбайбы?!» деп муцканат да, тизесине колун айкалыштырып, мандайын жөлөйт. Кымызын чайкаган чаначча денеси солкулдайт. Өзүнөн сыймык качып, колунан бийлик кетип, миитип каран түн башына түшкөндө эл ичинде эптеп жан багып жүргөн, жардам алчу жери жок, көтөрмөлөп коёр белдүү кара-жоросу жок кадимки эле карып пенде болду Үмөталы. Чукулдап оттоп келген бука сызылган көлчүктөргө чачпагы малынган куйругун нары шыйпанат, бери шыйпанат. Куйруктун серпиндисинен сары суу Үмөталынын мандайына чачырады. Селт этти. Башын көтөрдү. Саздын коцурс жыты келет. Бука кайра серпти куйругун. Суу жанагыдан көп чачырады. Тура калат. Ызасы жинди кылып жиберет. Жан чөнтөгүнөн мүйүз чакчасын алып, тыгынын жулуп ыргытты да, эрдине наспай куйду. Сендиректеп басты.

Ошондон көп узабай өлгөн. Арбагын көтөрүп кетээр кишиси болбогондуктан, сөөгү начар коюлган.

Үмөталыдан улам Байзактын оюна Адыл менен Балбай түштү кайрадан.

АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ

Төрөгелдинин төрүнөн көрү жакын болуп калжайып карыганда Токмокко чакыртып барып, орус Төрөнүн өлө-сала кылып сабатышы Адылды катуу ызалантат. «Буларга жатып өлгүчө, атып өлөм!» деп, жер сабайт. Кол курап, Токмокко кол саламга өтөт. Айыл башчылары хан ордосу тарап менен байланышалы, казак арасындагы падышачылыкка нааразы болгондор менен байланышалы. Кур кыйкырык кууратып салаарын «Узун-Агач» чебиндеги чабыш көрсөттү го, дешти. Курал издейли дешти. Ацгыча, Верный тараптан жанына ногой тилмеч ээрчиткен эки солдат келди. Тилмеч Верныйдын башчысы Адылды кеңешүүгө чакырып атканын айтты. Уккандар кандай болот, кандай жок, барбагын дешти Адылды. Үйүндө жээлигип сүйлөгөнү болбосо, коогалаң баштай элек Адыл; «чакыртып атса, качкандай күнөө жасай элекмин. Көп болсо Төрөгелди абамча сабоо жеп келермин. Эт ачынса душманды чайнагың келет!» деп, жанына Сетер аттуу жигитин кошуп жөнөп кетет. Ошондон бир учурда Ормондун айткан керээзи боюнча мырзанын башын канжыгага байланып, чийкил буурул менен көлдөн сүздүрүп өтүп кеткен Адыл кайра үйүн көргөн жок. Сетердин чөнтөгүнө күмүш акча катылып келгенин бир кудайдан башка эч ким билбеди да, туйбады. Ар айылда жылжып тымызын жүргөн тыңчылар аркылуу Адылдын жүрүм-турумун, кек алууга жаалданган сөздөрүн Сетер акең, орус төрөгө күн мурунтан эле төкпөй-чачпай жеткирип жүргөн экен.

Эми, Балбайдыкы болсо башка иш.

* * *

Сыр-Дарыя областынын аскер губернатору 1875-жылдын 19-июлундагы Кауфманга берген рапортунда мындай деп билгизет: «Все ханство, от центра до окраин, охвачено пламенем восстания. Худаяр хан совершенно упал духом, окружия себя думанами» «дервишами» и

постоянно гадает. Он не надеется ни на окружающих его, ни на кокандский гарнизон» думает обратится *за* помощью к Вашему превосходительству».

Падышачылык бийликтер тыңчылары аркылуу тактап билип, туура болгондой эле Худаяр хан жыйырманчы июлда ордонун бардык күчү көтөрүлүштөргө кошулуп кеткенин, ишенчиликтүү эч ким калбай калганын айтып, артиллериялуу орус аскеринен жардам берүүсүн өтүнүп кат жиберет. Шаштысы кеткен неме катка жооп болгуча июлдун жыйырма экиси күнү жетимиш аялы, беш жүзчө жакындары, хан казыналары жүктөлгөн кырк эки миң атчан аскер, төрт жүз сарбаздардын кайтаруусу менен Кокондон падышанын коргонуусунда болгон Ходжентти карай көчөт. Убан-чубап жолго түшүп, арт жагы шаардан үзүлө бергенин көргөн журт жек көргөндөрүнө ызаларына чыдабай ыйлап да, карган-шилеп да топурак, таш чапчып ыргытышып, улуп-уңшуп ыйлап кала беришет. Ордодогу төрт жүз сарбаз эки миң сыпай аталгандар көтөрүлүшчүлөргө кошулууга жөнөшөт. Худаяр хандын качканын уккан көтөрүлүшчүлөрдүн алдынкы тобу куып олтуруп, жыйырма төртүнчү июль күнү жетишет. Он кишисин өлтүрүп, тогузун жаралап, баалуу дүйнө жүктөлгөн эки арабаны тартып алышат.

Сегизинчи августта Худаяр хан Ташкентке келет. Түркстан губернатору Кауфманга жолугат. Мамлекеттик банкадагы бир жүз кырк миң күмүш акчаны өткөрүп берет. Августтун он экиси күнү хан өзүнүн жакын бүлөлөрү менен Оренбургга жөнөтүлөт.

Арты кандай болгон? Искак баштаган көтөрүлүшчүлөр Коконду басып алды. Ордодо калган хандын жанжөкөрлөрүн, кызматчыларын, бектеринин көбүн өлтүрүп жиберишет. Көтөрүлүшчүлөр ушундай иштер менен тыгыжып жүргөндө Иса-Олуя менен аскер башчысы болуп келген Абдырахман Афтабачы бир топ билгилүү башчылары менен кеңешип алып, көтөрүлүшчүлөргө кошула калган Худаяр хандын уулу Насир-Эдинди хан көтөрүшөт. Жеңип чыккандар нааразы болушат. Бууракандаган көпчүлүк бир ойго келгиче кыйдылар жаңы хандын буйругун жаздырып, көтөрүлүшчүлөрдүн чыгаан башчысы Искакды Маарам чебиндеги темир каалгалуу, терезелери темир тор зынданга каматып салышат. Эл эркиндигин көздөгөн анын тумшугун ушинтип катырышат.

Иса-Олуя, Абдырахман Афтабачы Насир-Эдинди тактыга отургузгандан кийин дагы бир шумдукту ойлоп

чыгууга өтүшөт. Ошол шумдукту иш жүзүнө ашырыш үчүн эң мурда Худаяр ханды ойрондотушкан тамырын тымызын көөлөп, кыркып атышып, алардын тапкан шумдуктары мусулмандарды баш коштуруп, каапырларга (орустарга) каршы жаңы «Газават» туусун көтөрүү.

Каапырларга каршы үндөгөн газаватты эл колдогон жок. Афтабачы жана тегерегиндеги орустарга каршы кастарын тиккендер гана жакташты. Бирок, элге кымындай жакшылык кылбай кырдырып-жойдуруп келген Худаяр хандан өч албай калган бир топ феодалдар жана кол башчылары ханды сактоого алып, Оренбургга жөнөтүп жибергени үчүн генерал-губернаторго аябай кыжырланышты. Баш аламан болгон бул жек көрүү орустарга каршы сыяктанып көрүндү да, кээ бир башчылар колдоп кетти да кайрадан жаңы көтөрүлүш чыкты. 1876-жылы январдын аягы, февралдын ортосунда болгон бул көтөрүлүштү орус отряды талкалап гана эмес, адамдардын өлүгүн канга жууруп таштады. Колго түшпөй качып кеткен башчыларды сыртынан эле «Дарга асылат» деген өкүм чыгарып жарыялайт.

«Кокон хандыгын» жоюу жөнүндө элдин талабы күчөдү. Эми, Худаяр ханды кайрадан ордого алып келүүнүн да, же тактыда отурган Насир-Эдиндин бийлигин колдоонун да кажетсиз экенине падышачылыктын көзү жетти. «Не видя возможности успокоить население другим способом — писал Кауфман 2 февраля 1876 г.— Государь император соизволил ныне же принять (Кокандское) ханство в подданство его величество».

1876-жылдын 19-февралынан баштап ордого каратуу аймак Фергана области болду да, түркстан-генерал губернаторуна карап, ага түштүк кыргыздар кошулду.

Мурдагы бийлик жүргүзгөндөрдү көз жаздымында калтырбоону ойлогон падышачылыктын саясаты жылына бир жолу берилүүчү мин сомдон, үч жарым минге чейин пенсия чыгарды. Башкы пенсия Худаяр ханга, уулу Насир-Эдинге ыйгарылды. Андан кийинкиси Иса-Олуя менен Абдырахман Афтабачыга тийди. Адам эсеби кирип, бирок «мүчө» алууга келгенде, «аты өчүрүлүп» калчу кембагалдар небактан эле падыша түгүл «кудай» өзү эсине албаган боюнча калды.

«Ыйык» жаралган» хан менен бектерди дагы да болсо колдоого алышы падышачылыктын айкөлдүгүнөн, же чын пейилден жасаган марттыгынан эмес. Кокон хандыгы түзүлгөн хандыктан мурдагы бийликтегилер урунуп жок кылган байлыктарды кошо алгандан дагы көп

байлыкты ошол аймактан аз жылдардын ичинде эле өндүрүп алааарын айдан ачык билишкендиктен: цивсия чыгарып атат. Бирок аларды Кудаярларга кылган сынайы мамилесин ордого калган залимдер шумдуктуудай күралга айлантып, өздөрүнүн башкача мүдөөсүн жүзөгө ашырууга, өчкөн чырактарына май кылып куюшаарын, түркөй элдин мээсин айлантын, дагы бир жаман жолго имерээрин ким билипгир ошондо? Ар түркүн пайдалуу оң окуяларды өздөрүнүн тескери, кара ойлору менен көөлөп, кайрадан коогалаң чыгаруунун уюткусуна айланып, бир улутту экинчи улутка каршы чыгаруунун үгүт насаатына негиз кылып алаары ал учурда кимдин башына келиптир?

...Хан бийлиги жоюлду. Эл төмөн каран, күн көрүүнүн тирилиги менен алышты. Мурдагы ордо тегерегиндеги уюшулган газаваттын уулуу тамыры мусулмандар бар жердеги башчыларга тымызын жайылып апты. Ошол уу тамырдын бир учу Шабданга да жеткен. Бута чейин түндүк кыргыздар арасында падыша бийлигинин оң колу болуп, ар ишги орус төрөлөрү менен оң кармалашып, алардын оң көзү болуп, алар көргөндү оң көрүшкөн Шабдан полковник чинге жетип турганда кайсы «Газаватка» дитин бурсун. Кайсы бир өлкөдөн Индия аркылуу келүүчү аскер куралына ишенип, падышага каршы чыгуу чычканбайдын жөрмөлөп барып, ачыккан арстан акенин таманын тырмоо менен барабар экенине ким кепил эмес.

Ушундай ойдо термелген Шабандын үйүнө Ыбыкенин уулу Канат деген келет. Сары чийкил, кагелес бойлуу ал отуз жаштарга барган, кыймылы чапчан, кыялы чукул. Аялы Шабданга карындаш. Өзү Карагоо элин башкарат. Бир чети күйөө бала, экинчиси өз уруусунан үчүн Канат талаш-тартыш иштерде Шабданга тең ата.

— Шабдан! — дели саламдашып, кыскача амандыкты сурашкандан соң.— Эл туткасы болуп олтурасың. Тутка болгон адам жапа чекчилерин коргоп калбайбы?..

— Эмне болуп кетти?!

— Карыганда калжайтып, Төрөгелди баатырды сабатты, буга чым этпейсин...

— Баатырыбыз канчанын канын агызып, канчалык күнөө кылбады эле?

— Күнөө кылган болсо, кыргыздар өздөрү күнөөлөсө болмок. Кектешкен уруулар өздөрү кек алса болмок. Ага жүн баш төрөлөрдүн кандай акысы бар эле?..

— Бийлик азыр ак падышада эмеспи. Биз өзүбүз

макулдугубуз менен букаралыгына өткөнбүз. Болгон окуяларды өздөрү ылгап, өздөрү жыйынтык чыгарат. Көзүң жетеби ушуга?!

— Адылды чакыртып кетип, уулантып өлтүрдү. Бул тууралу шамыян кайрыган бирибиз болбодук. Мал жоголсо чапкылап ой-тоодон издейбиз. Топтон башы көрүнгөн адамдарыбыз малча жокпу? Алар кыйрап атса үн чыгарбай туруп беришиң, адам эмес кудайга жакпайт ко?!

— Орус өлтүргөндөргө кун төлөбөйт, «кун» дегенди билбейт,— деп күнк-мынк этти. Деген менен көңүлүндө сынды. Кабак чытып санаага алаксыды.— Кайдагы бир «Газават» сага да жетип, дүүлүгө баштагансың го? Укпай ак койсоңчу майнап чыкпаган ошол дүрбөлөңдү!

— Элдин баш көтөрүүчүлөрүн четинен жайлап атса кандайча көңүл тынч болот? Эл колу чабылса кармоодон калат, буту чабылса чуркоодон калат. Мындайга жаның ачыбаган соң, сенин эмнең тутка элиңе?

Канаттын бул сөзү мүнөзү жумшак Шабданды талытты. Ага каяша да айтпаган, пикирине кошулуп кабылдай да албаган Шабданга бир жагынан өлүү-тирүүсү билинбей жоголуп аткан орус солдаттарын сурамжылап көрүү себеп болсо, экинчи жагынан көл башындагы Бугу элинин ал-абалын байкап, андагы аты-жөнү белгилүү адамдарга жолугуп, сыр чечишип келүүнү туура табат да, Баяке менен жөнөп кетет.

* * *

Миңгендери мыкты ат. Чаалыкканды билбеген дулдул сымал ошондой аттардын күчү менен беш түнөгөндөн кийин издеген айылга зорго жетишет. Туш тарабын тоолор тоскон кең жайлоо. Он, он беш үйдөн бөлүндү болгон көп айыл. Күн бешим маалда жонду ашып түшкөн буларды көрүп иттер абалап, бала-бакыра жайнады. Дөбөдө олтурган эркектер эки атчанга көңүл бурушту. Шабдан ошолорду көздөй жүрдү. Чукулдашты. Олтургандардын арасындагы жашыраактары тура калышты. Утурмалап басышты. Салам айтышып Шабдандын атын бирөө, Баякенин атын бирөө суулуктап, ат алышты. Түштү. Терге майланышкан Шабдан минген Чамбыл сур жоргону, Баяке минген көк атты тигиндей жетелеп мамыга байлашаар менен келишкен ээр-токум, жүгөн, куюшкандарын шалдыратып, силкиништи.

Атын угушкан менен Шабданды көрө электер көп окшойт. Өзүн таанышпай төрөлөрдүкүндөй кийинине таңыркашты.

Жалпы турушуп бир четтен учурашышты. Саламдашкан колдору менен кээси сакал сылап, бүшүркөшөт. Шабдан өзү дагы Балбайдын атын угуп жоруктарын билгени болбосо көрбөгөн. Ошону үчүн береги бет алдына тизиле турган биринчи көргөн узун бойлуу, чарчы бойлуу, семиз, кагелес кишилердин ар бирине назар бурду. Бирөөлөрүнүн көзү чүнүрөйүп, мурду таз жорунун тумшугунча коңкоюп, жүздөрү муздак. Богогу бүктөлгөнү, моюн тарамыштары жондонуп бет чүкөсү чыкканы, сомкели, эңкейип бүжүрөгөнү жүрөт. Мунун кимиси Балбай болду? Бирок анын сол кулагы кесилип салынган дешчү эмес беле, араларында андай чунак кулактуулар байкалбайт. Баарында эле делдейген экиден кулак. Шабдан ууртунан жылмайып, көк чапанчан салабаттуу кишиге кайрылды.

— Балбай баатырдын айылына мейманчылап келдик эле?

— Аа, келген жакшы,— деди Шабдандын хром өтүгүнөн эки ийниндеги чачыктары сеңселген чеми, папагынын мандайынан кадалган жалтырак темирине чейин көзү чалып,— ысмыңыз ким болду экен?

— Чоң-кеминдик Жантайдын уулу Шабдан деген болом, аксакал. Бул сөздөн кийин көк чапанчан дароо жапырылды. Жарк эте күлдү:

— Оо, Шабдан баатырдын өзүмүн де! — деп бакылдады. — Балбайды издеп... деп баратты да, бирдемеден шек санагандай сөзү мүдүрүлдү. Тамак жасап жөтөлгөн болду.— Ал ан уулап, тоого кеткен эле. Үйү, тээтигил,— деп айылдан окчун карагайлуу беттин этегине тигилген эки үйгө колун жандады. Шабданга Балбайдын бозомтук жабылган үйү комсоо көрүндү. Желбоо, жабык боолору эшилген жип. Кырчоосу кыл аркан. Эшигинин оропарасында үйүлгөн куу отун. Берите эки мамы. Үйү мартабалуу адамдардыкындай эмес, көптүн бири сымал экен.

—Мен Качыбек деген болом,— деп өзүн тааныштырды көк чапанчан.

— Жакшы, жакшы! — деп баш ийкеди Шабдан. Кезинде, бугу элин башкарчу Боромбай колдон сууруп алган жаш, дааналап сөз сүйлөчү чечен Качыбекке күлүк мингизип, күлүк коштотуп, жигит-жалан менен Омбудагы орус улугуна элчиликке жиберген. Сарбагыш,

бугу урууларынын чабышынан бөлүнгөн элдин тагдырларына кам көрүү кеңешинде Качыбек чок ортодо олтурган. Ортого салган ойдун бир бучкагын чоюшкан. Ошол Качыбек ушул. Качыбек Балбай дайынын айтып баратып, мукактанышынын жөнү бар эле... Мерчемдүү чек араларда кыр-кырдап бастырып, куралдуу казак орус солдаттар жүрчү. Мурда чочуркап, таңыркап калчу эл кийин көнүмүш адатка айланып, аларды байкабай калышты. Мурда көп батынбай сырттан бастырып кетчү алар дагы жергиликтүүлөрдүн чоо-жайына үйүралышат. Четки үйлөргө түшүп айран-сүт ичишет. Мурда күлө карап жатыктанып, жаңдап, сурап ичишсе, кийин бири сыртта атчан туруп, бири тайманбай үйгө кирип идиштерине айран, сүттөн куюп алышчу болот. Сурап олтурбай эле баканага илинүү турган эттерин алып кетет кээлери.

Ушундай теңсинбөөлөр болуп аткан мезгилде Шарпылдакта чатырлары жайнаган көп солдаттар арак ичип мас болушат. Кырды аша жайылып оттоп калың кой келатат. Мас солдаттар мылтыгын октошуп, аттарын жайдак минишип, койлорду карай чабышат. Койлордун туш тарабынан чыгышып балдырап бакырышып, чатырды көздөй жапырышат. Өзөн сууга чогулта үркүтүп келишип, аткылай башташат. Кылычын булгалактата качкан койлорго жетип чаап атканы да бар. Айтор моокумдары канып, керектөөлөрүнө жетишээрлик болгондо кайра жайытын карай кубалашат. Ок тийген, кылыч жеген, кара, ак койлор ар кайсы жерде томоюп-томоюп тоголонуп калды. Жаны чыга электери бут серпет, кыймылдайт. Башын ургулап, маараканы бар. Тээ кырдагы койчу бакырып атабы ай, боздоп атабы ай аны мас солдаттар киши экен деп кенеп да коюшпайт. Ат үстүндөгү бирөө аны көздөй мылтык сундурду. Түтүн бурк этип, жер көчтү. Ок жаңылдыбы, же нары кире качтыбы койчу жок болду. Мас немелер каткырып калышты.

Бул окуя сабырды түгөттү. Бир топторду баш коштурду. Верныйдагы төрөлөргө солдаттарынын акмакчылыктарын айтып киши жиберсекпи деген ойго кетишти. Анда биздин кыжындаганды билишет да быяктагыларына дагы кошуп, күчтөнтүп жиберет деп, шектеништи. Ушинтип чайпалып турганда кече, казактын Бозумунан чыккан Шоорук баатыр жигитин ээрчитип келди. Молдасан, Молдоомүр деген шылуун жигиттерди алган Балбай эртең менен кийик уулайбыз деп шылтоолоп тоого чыгып кеткен күнү минтип Шабдан түшүп олтурат. Чы-

нында Балбайлар анчылык кылып чер да жазышпайт. Бир ниттер боюнча жашыруун сырдашат дагы.

Бирөөлөр кымызды ушул дөбөгө алып келмекчи болду эле, Качыбек: — Шабдан баатырга сыйды эшиктен баштабайлы, төргө олтургузуп үйдөн баштайлы. Балбай келгиче меникинде болсун жүргүлө, меймандар! — деп ээрчитип жөнөдү. Кетип баратып Чекир жигитти,— Ашыр! — деп четке бөлүп шыбырады. Ал шып жөнөп тетигинде мамыда турган кер атты карай желип кетти.

— Балбайды ушул таап келет! — деп Шабданга туюнтту.

— Жанузак! — деп дагы бирөөнү чакырды.

— Кулак сизде! — деди узун кара сур жигит.

— Тур. Кеткен неме эрте келеби, эртең келеби, көк кашка тайды бооluктап келе калгын. Эрте жарыкта бата тилеп, тамак камын жегиле.

* * *

Ашыр өзөн бойлоп кыяга өрүүлөп, Балбайды издеди. Катмарланган кырларды ашты. Көбүргөндүү конушка түштү. Чукулда күжүлдөп кайнап, таштарга согулуп чарпылып, чачырандысы жээкке себилген тоонун көк кашка суусу. Бойлоп баратсаң шардын күү-шаасынан кулак тунуп, сырттан эч нерсе угулбайт. Ушундай суулардан үч-төрттү кечип өткөн Ашыр кер атты камчыга алып катуулады. Гүл-Төр, Сайма-Төр, Кайындуу-Булак, Килемче, Таш-Төр деген конуштарды, мал жайылган өтөктүү кырандарды басып өттү. Ар аймак өз көрүнүшү боюнча, өз көркү боюнча накта өз наамын алган белем? Деги эле түрүн сапап бүткүсүз гүлдөр, ошол үчүн Гүл-Төр аталат тура. Сайроосу ар башка чымчыктар учуп-конуп, бутактары салбырап, жалбыректары күмүшкө бууланган дай түнт тал-кайын, ошол үчүн «Кайынды-Булак» аталган тура. Тээ көлөкөсүндө өткөн жылдын мөңгүсү жаткан зоокалардан бери кагырап, улам сүрүлүп, жер титирөөлөрдө жылып-көчүп, этеги түзөнгө токтогон корум таш, ошон үчүн «Таш-Төр» аталган тура. Сансыз кийик туягы, сансыз мал-жандар таманы басып өткөн үчүн темирдей кагыраган корум арасына да нийрилип жол гүшкөн. Шамалдан учуп келген топурак чаң жугуп, туяктарга жабышып келген кыртышылайлар үбөлөнүп түшүп, жол бети кыртыштанган. Жээктерине сербейип бетеге өскөн. Кара кыяк, шимүүр-

лөр ыргалган. Жалгыз аяк бул жолдо кылымдар өмүрү, доорлор санаты жаткандын көндүм адам байкайбы? Ошондой байкабастын бири Ашыр чекир көзүн мышыкча жалжылдатып, «мергенден кеттик дегендерди издеп, жер ооп берди. Издей берди. Ушул таза аба, тунук суу, капылжаарын өрдөгөн ар түркүн жыт — төрөлгөндөн өз өмүрүнүн кубаты болгонун, апасынан кийинки ыйык байлыгы ушул жер, ушул айлана экенин Ашыр баалап билген жок. Көптүн биринде «ушундай болуптур», «ушундай болот тура» деген гана сезимде. Күн бешимдеп, Кулжа-Төргө жеткенде тушалып кое берген аттарды көрдү. «Таптым!» — деди көңүлү. Кара терге түшүп өпкө кагып күшүлдөгөн кер атка камчы басып, кыяда зымырады. Оттогон аттардын жогору жагынан тууралай чаап, каттоону ашты. Мергенчилердин кошуну болжогондой небактан турган боз үйдөй кызыл таштын жанында экен. Чукулдай түштү. Тердикти жамбаштап, ээрди чыканактап Балбай берите. Бет маңдайында кырданган Шоорук. Арыта куу отундун түтүнү билинип-билинбей созулат. Жанында шишке төөнөп эт кактагандар. Жар таштын шыкаалаган жаракасына шыкалган жыгачка сайылып, килейген мүйүздүү кулжанын сургулт башы турат. Тирүүдөй ачылган алакандай көзү жалтырайт. Берите экинчи кулжаны союп атат. Мүйүзү имерилип үчүнчү, төртүнчү кулжа жатат кунан ноопаздай болуп. Өңүтүнө чукул жетсе, аныс кокуй маңыроо чалыш ушул жаныбарлар болот! Тарс бир койгондо бирөө кулап, калганы дыр берип, кылчайып кайра токтойт. Камбыл мерген жана бир коет. Шуулдап жана качып, токтойт. Айтор, өзүн аткан желмогузга айтаар аманат сөзү бардай улам кылчактап, токтой берет. Адис мерген огу жетпей калганга чейин улам бирин жыга атып, же жарадарлайт. Аты эле айтып тургандай «Кулжа-Төрдөн» карсылдашып сүзүшкөн көп кулжанын үстүнөн чыккан булар, чоң олжого батышып, төрттү сулатып калышкан экен.

— Балбайлар баш көтөрүп, имерилип олтуруп, тигилер иштерин токтото жарданганча Ашыр жетти. Атын сүрдүктүрүп келип токтоп, ыргып түштү:

— Шыралга абалар!

— Болсун. Тынчылыкпы?

— Меймандар келди алыстан.

— Алыстан?

— Ооба. Жердин түпкүрүндөгү, тиги, Чүй тараптан дешти го. Келген кишини Шабдан деген дешти, Балбай аба.

— Быякта эмне жумушу бар экен анын! Эмне, Ормондун купун кууганы жүрөбү? Атасы Жангай кууча төрөлөрдүн таманын жалап жүрүп, тереңде жүргөн менден да бирдеме өндүрмөкчү го?! — Шабданды көрө элек атып, минтип бууракандаган Балбайга эмне дээрин билбей, Ашыр оозун ачты да калды деңдейип.

Балбай Шабдан менен эртеси дидаарлашат. Казактын Босумунан келген Шоорук Кулжа-Төрдөн эле үйүнө тартса керек, кошо ээрчип келбейт. Шырылган кара топунун жээгинен агы арбын чачы жылтырап, улгайса да оту жанган күрөң көзү тикирейип, тиктегенин жалтанткан Балбай, жаткан үйүнөн намазын окуп сыртка чыккан Шабданга басып келип:

— Салоом алекум, Шабдан мырза,— деген болду. Шабдан улук кебетеленбей каранайым нийлип, чын пейилден колун созду:

— Увалекумма вайсалоом, Балбай аба! Сак-саламат, эсен-соо жүрөсүзбү? — Балбай кербездене Шабдандын кош колуна бир колун сунуп баратып, экинчи колун кошту. Кош колдошкон экөө кол силкишип, бир азга тыным алышты. Балбайдын сол кулагынын үстү жок экенин көргөн Шабдан «даана Балбай ушул экен го!» деген кыязда, жылмайды. Шабдандын эки көзү кесик кулагынан ажырабай атканын сезген Балбай:

— Мырза! Мени издеп келбей эле, кулагымды көргөнү келгенсиң го? — деп жиберди. Шабдан арс-арс каткырды. Экөөнүн ортосундагы күлкү жайдары сырдашууга өбөлгө түзгөнсүдү.

Качыбек менен Балбай, Шабдан менен Баяке болушуп окчундап басышты. Олтураар жерди көз кыйыктары менен тандап, мал келе элек, из түшө элек дөбөчөгө шиберди уйпалай олтурушту. Көп күттүрбөй кымыз келди ышы коюу кол чаначта чулкулдап. Оймолонгон сыр чөйчөктөргө куюлуп сунулду. Мейман деп кымыз биринчи берилген Шабдан колуна алды да, жашы улуу үчүн Качыбекке сунду. Экинчи берилгенди да алып, Балбайга сунду.

— Жок, ала кел! Мейман эмессиңби? — деди Балбай.

—Ала бериңиз! — дейт Шабдан.— Бир түнөгөндөн кийин «мейман» ат бүтөт. Кичүүлөр улуулар алдында буйрук аткарууга, иш кылууга тийиш. Жүйөөлү сөзгө баары жылмайышты. Шабдан мүнөзүн мурда укканКачыбек анын адептүү сөзүнө, карапайым олтурупturганына ичинен ыраазы. Бошогон чөйчөктөргө момойгон жигит оозу кайрылган чаначтан кымыз толтурат.

Олтурган төртөө чакырбаган соң айыл тараптан булардын жанына эч ким даап басып келбейт. Бара-бара өткөн-кеткенден сөз козгоду.

Сөз козголоорун козголду. Бирок Шабдан быякты беттеп аттанып жөнөгөндөн эле атпай кыргыздын бир топ кыйырына Балбайдын кылык-жоруктары жомок сыяктанып кеткенинин себептерин өзүнөн сурап, өз оозунан угууга канчалык куштар болсо да, сырын анчалык тарта электигинен күймөлдү. Мамилелешүү тартибин бузуп албайын деп, сактанды. Шабдандын ак саргылданган чийкил жүзү кымыз жуткан сайын албырып, эки көзү баягы эле кесик кулакка чабыла берди. Балбайдын башында тебетей, же калпак болгондо саал оодарып койсо кесик жабылып калат беле, топудан айла болбосун Балбай өзү сезип, өзү күлдү:

— Шабдан, мырза, деди, кулагынын кесиги адат болуп, арданбай калганын билгизип.— Таякелериңден калганын (Шабдандын апасы Жумгалдыктын кызы) өзүң кессем деп турасың го?! Көзүң ашык болду да калды, бул кесик кулакка!

Шабдан карсылдап да күлдү, бүлкүлдөп да күлдү. Чөнтөгүнөн оромолун алып, күлкүдөн чыккан жашты сүртүндү:

— Кечирип коюңуз, аба! Кулагыңыздын таржымалын нечен уксам дагы өзүңүздөн уккум келгендиктен уламбы, көзүмдүн адашпай атканына өзүм уялып, өзүм бушайманмын.

— Бул кулакты алсыздыгыман кестирип жиберген экемин, алдатып кестиргенимди кийин билдим. Ушул кулактын куну үчүн Ормон төөнү жайладым. Ормон үчүн чабышууда ушул кулактын куну үчүн, саяктарды көлдүн булуңуна каматып алып, бир тобунун башын чаптырып салгам. Ошондо да колумдун кычуусу канбай, азыр да алаканым ысып-күйүп кетет! Кантип антпейм? Алдап кескен тарапка айып тарттырып, кун алып берүүнүн ордуна сасыган арык текенин этин чала бышырып жедирди өзүмө, Ормон! ...Алты уруу чогулуп, кызыл тебетей атап, хан көтөрүүдө Көл башындагы мени алыссынтып таштап, Карагоодогу Төрөгелдини жакынсынтып, «сырткы жоого каршы кол баштаар» атады. «Баатыры» бизге туткунта түшкөндө, ит көрбөгөн кордукту көрсөттүм! — Балбай азыр дагы кызуулап, жанындагы чөп-чарды жулгулап атты. Баятан өңү жадырап сөзгө кунт койгон Шабдан анын жинденген түрүнөн чочуп, өз жүзүнөн дагы күлкү күбүлүп, томсоруп ба-

. ратты. Бу, тирүү пенденин көбү өзүнөн күнөөнү кылайып издебей, жалаң башкалардан көрөөрүн, башкалардан гана айып табаарын сезди. «Сулуу кыз Зыйнатты калыпсыз алам деп, Карагер күлүктү акысыз алам» деп жоболоңдуу жорукту баштаган өзү болуптур эмес беле? Андайын унутуп, бүт күнөөнү экинчи тараптан көрүп атканын кара азыр Балбайдын?»

— Ормон да, Төрөгелди да көрдө жатышат. Арбактары тынчсызданбасын,— деп эскертти Качыбек. — Катына. Шабдан мырза, ат арытып алыстан атайын келипсиң. Келген жөнүңүз айтчы? — деди, айылдан өткөн бир нерсеге жүрөгү түйөйүл болуп, Шабдандын кабак-кашына сынай тигилип. Качыбектин түйөйүл болушунун себеби бар эле. Жыл мурда, жазга утур, ушул айылга тоо тараптан төрт атчан келатты. Артынгандары бар. Ылдыйлап келаткан аларды карай иттер абалап, тосуп жүгүрүштү. Сыртагының баары назар буруп, тиктешти. Анчыча арткысы капталынан курал сууруду да, атының куйругун бурдап, жулкулдатып аткан кара дөбөттү атып жиберди. Тапанчадан бир эмес, эки-үч жолу ок чыкты. Ок тийген кара дөбөт кайра түкылдап, ала салып, кайра туруп, томолонуп кайра туруп, коктуга кирип, жок болду.

— Бу кай акмак, итти аткан,— деп сурданат Балбай.

— Ким билет, анык наадан го? — дейт Качыбек,— чоочун болуп айылдын итин аткан эмнеси, кысталакчын! Жакындап келишсе эки солдат, бир тилмеч ээртип читкен орус төрө экен. Көрүшүп, Балбай да, Качыбек да тым-тым болушту. Чукул келип, тизгиндерин тартканча чоочундар салам айткан жок. Тиктешкендери болбосо, Балбайлар да унчугушпады. Тилмеч ногой тапанча байланган төрөнүн сөзүн которду:

— Бир топ күндөн бери мергенчилеп жүрүп, жолдон адашып калдык. Чепке түз кетчү жолду көрсөтүп койгула? — Кулак каккан Балбай дароо илбериңкиленип:

— Куп болот, төрөм! — деди.

— Жаңы айранынар барбы?

— Бар, кымыз да бар. Түшкүлө?

— Сыртка алып чыгып идиштеринбизге куюп бергиле. Үйдөн чанач толтура жууратты бир жигит көтөрүп келди. Солдаттар жанчелектерин сууруштү. Жуурат шибер үстүнө төгүлүп-чачылып куюлуп атканда төрөнүн ырайы жумшарды. Баятан эки солдат менен тилмеч ногойдун аттарына бөктөрүлгөн үч кийик үчөө тең

эчки экенин тааныган Качыбек, төрөнүн жумшарган өңүнөн пайдаланды да: — Төлдөп атканда убал го, төрөм? — деп кийикке чукул басып, чычанын көтөрдү.— Карачы, желиндинен сүт агып атат. Булардын улактары жетим калды. Серкелдейин же текесин атсакар болмок. Тилмеч аркылуу түшүнгөн төрөнүн өңү мыскылдай жылмайып, бирдеме деп балдырады.

— Эмне деп атат? — деди Качыбек.

— Керек болсо кишини да атып коебуз деп атат деди ногой,— кана, кишилер бизге жол көрсөткөнгө чыксын? Балбай:

— Мына мен өзүм баштайм! — деп жөнөөгө камынды.

— Балдардан жибер,— деди Качыбек.

— Кызык киши экенсиз! — деди кабаарыган Балбай.— Балдар адаштырып иет. Өзүм узатам. Атайы келген төрөнү.— Колу тизесинен узун, жоон-жолпу болуп туруп, атка шап эте жеңил минген Балбайга Төрө назар бурду. Балбай алдыга түшүп арттан ногой, эки солдат, төрө ээрчип, ойрумалай эңиштеп, түнт бадалдуу бийик бетти капталдап кетишти. Алардын карааны жымжырттыкка жетип калганга чейин Качыбек бир орунда тигиле карап турду. Канча жылдан бери бир жүрсө да Балбайдын бүгүнкүдөй илбериңки кеткен кичипейилдүүлүгүнө таң да калды. «Атакөрү, чондон зорун да жалтанат тура! Кунан минген баладай Балбай баатырдын элпек кеткенин кара!». Чынында канкор Балбай жөн кетпей калсын. Төртөөнү бөрү желген, түлкү жойлогон, кийик чубап сууга түшкөн жол менен алып өтөт. Кышкысын кар токтобой жылмышып, көчкү түшчү тик бетти капталдатып өтөт. Алдыдан аскалардын урчуктары шоңшойгон бадалдуу кыяда бара-тып, жаакча кырды имерилип коктуга киреэрде арткы төрө:

— Эй, неме! Качан жетебиз? — дейт. Балбай өңүн жарк эттире артка кылчайып:

— Төрөм, жеттик! Азыр, мобу жердеги секиртмени байкайын. Ушундан өтсөк эле түз жол. Чапкан бойдон чепке кирип барасыз! — деп атынан лып ыргып түшөт. Тизгинин ээринин кашына чалат да, жол чалмакчы болуп, желип, нары далдоого кирип, жок болот. Түнт чыргайдын бутактары жондорун сайып, баш кийимдерин илдирип ийбес үчүн төбөлөрүн баскан беркилер Балбай жок болгон тарапты акыя тиктешет. Алдыга тикирейген төрө буранда имерилмекчи болгон атынан

улам кылчайгыча союл шилтелип, ээрден учуп түштү. Дүп эткен дабыштан селт этип карай калган солдат да, жалт этти. Үчүнчүсү, буларды алды тараптан күттүрүп аткан жол көрсөтүүчүнүн экөөнү жыга чаап, өзүнө тап койгонун даана көрүп, далысынан мылтыгын жулуп алгыча, каракушуна союл согулуп, көзүнөн от чагылып, аа этип, ал да кулады. Арттагы ойрондолгондорду көргөн ногой ыргып түшүп, ай-байлап бакырып, айлана кошо жаңырып, кындагы бычагынан башка куралы жок неме бадалдуу тик бетте тоголонуп, урунуп-беринип, качты. Тиштенип, жаагы карышып, кан ичине тартып кумсарган Балбай бадалды аралай чаап, качкан ногойго аттап-буттап жетти. Желкеден апчый кармап, тебетейдей көтөрүп урду. Айкарасынан салып тизеси менен көкүрөгүнөн ныктады. Таштай оор немеден ногой онтойт, кындагы бычагын сыйпалап, таап, суурмакчы болгондо, билип калган Балбай, билегин толгоп, бычагын түшүрүп, акырая:

— Жанагы, «кишини да атып коебуз!» — деп которгон тилиңди сунчу, мен үйрөнүп алайын?! — деди. — Кана, сун дейм? Сун дегенде, сунгун! — Коргошундай оор немеден жаны көзгө көрүнгөн ногой калчылдап, кекакап, ууртарынан көбүк буртулдайт. Балбай кекетөргөндө, жан соогалагандай жанталашып, тилин сунду. Тили ничкесинен келген узун, көгүш экен. Тили титиреп, узара бергенде Балбай шап апчыды да, көмөкөй эти менен жулуп, ыргытып ийди. Умаланып-жумаланган ногойду таштап, жогорку чала жандарды карай жөнөдү. Ушинтип жайлаган Балбай төртөөнүн денесин жанагы секирмек деп аталган асканын кыян жеген конулуна тыгып, чарадай таштар менен бастырып таштаган. Өлгөндөрдүн убайын тоонун көгөндөй көкжашыл чымындары көргөн.

Аттарды чиркештирип жетелеп келип айылдан окчун карагайдын арасына байлайт да, камырабай бастырып, Качыбекке жетет.

— Узатып келдиңби? — дейт Качыбек.

— Ии, «сонун узатып келдим!» Атыңызга миниңиз, жумуш бар. Качыбек ээрчий бастырып келсе, эчкилердин эти артылган унаалар карагайдын түнт жерлинде турат.

— Тетигил аттын канжыгасын караңыз? — деди камчысын сунган Балбай. Көрсөткөн атка бастырып чукул келген Качыбек, селт этти:

— Катыгү-үн! Жанагы төртөөнүн башы го?!

— Ал атып койгонго чейин, мен кесе турайын!

Чептегилер кечешпей мына келет, ана келет менен күн өткөрүштүбү, же дагы башка ишке чаташтырышты бы, издөө көпкө болгон жок. Бул айыл да журт которуп, бош аймакка көчүшөт. Улам кечеңдеп, чөп сарғайып, күзгө тартат. Ар ким кыштоолорго тарап, кар түшүп каттоочу жол бекийт. Күндөрдүн өтүшү менен Қачыбектин жүрөгүндөгү түпөйүл аз-аздап тараган. Быйыл жазга маал төртөө тууралу сурамжал башталган. Андай адамдарды эч ким көрбөгөндүктөрүн айтышкан айылдагылар. Қачыбек андан бетер эс алат. Ошентсе да канжыгадагы жумулган көз, чучтуйган мурун, үрпөйгөн чач, ууртунан кайыш өтүп байланган орус төрөнүн башы эсине түшүп, көзүнө көрүнгөндө Қачыбек ичиркенип чочуп кетет. Азыр да ошол элес келип, Шабдан алдында шекшинип турду.

— Силерди тестөөчү өз адамыңар бар. Мага карашту эл башка. Ошентсе да, түбү бир тууган элбиз. Алабалыңарды билейин деп, бир тууганчылык маегин курайын деп келдим,— деп баштады Шабдан сөзүн.— Қыргыз дегениңдин түбү кайсы жерди баймактап, кайсы тоону ашып келгенин улама санжыралардан билебиз. Кечээ эле көздөй кишилерден өз кулагыбыз менен угуп, бала кезибизде көзүбүз көрүп калган Қокон хандыгынын кордугуна чыдабадык. Ал, адеби бузук уятсыздар мал-мүлкүбүздү эле алып ыраазы болбой чыркыратып кыздарыбыздан бери тартып алып турушкан. Бирде чабылып, журтта ит улуп, бирде чаап алып, кан жуткуруп жүрүп, андан кутулдук. Қытай бийлиги силерге көп ыдык көрсөтчү эле, ак падыша букаралыгына алгандан бери аяктан кол үзүп, өзүңөрчө боло баштадыңар...

— Ак падыша, ак падыша! — Балбай обдулуп сөздү жулду.— Аның деле кыргыздарды күпкөдөгү күчүкчө «күчүгүлөп» бери чакыра албай атыптыр. Күчүк боортоктоп жылып, куйругун топуракка чапкылап, кулагын жапырып, кыңылдап эркелеп келип колуна тийген соң, өпкө боорун мыжыга кармап өлтүрөбү, же каргы тагып казыгына чынжырлап алабы, өзү билсе керек. Тээ, Шарпылдактын сазындагы азыноолак солдаттары жакабелдеги айылды ойлоруна келгендей маскаралай баштады. Тили башка, дили башка немелерди кой деп, тыйып койгон корукчу жок. Эл менен эсептешпей бута кылып аткыдай түрлөрү бар жайына койсо...

— Сөздү бузбасаң болоо? Шабдандын сөзүн аягына чейин тыңч уксак болоо? — деп, Качыбек тынчсызданды. Сакал-муруту бириндеп этек-жеңин кымтыланды. Коркконун түрдө эки жагына кайсактап, тоолор-өрөөндөр таранка карады. Балбай дегеннен жанбады:

— Төрөлүк чинге жеткен Шабдан аларга тартпай менин сөзүмдү сүйлөмөк беле — деп, дагы күнк этти.

— Балбай баатыр, Шабдан шиңиз болсо да тагдыр берген сыймыгы турат. Жашын сыйлабасаңыз бийлигин сыйлап койбойсузбу? — деди Баяке сөзгө аралашып. Сүрдүү, чаар кебетесин жылмаюу аралап, ички кекээрин үнү менен жууп-чайып.— Өзүм деле бир топ чогоол элем, бу, сиздин алдыңызда шоона эшпей калдым окшойт. Ха-ха...— Шабдан мандайын сүргүлөп, кулак-жаагын кашыгылап атып:

— Падыша туура эмес жосундуу баарын көрүп атат дейсизби? Орус элинин эле телегейи тегиз дейсизби? Алардын дагы бизге окшогон тентеги бар, жөнтөгү бар араларында. Улууну сыйлап, кеп укканы болот, зөөкүрлүккө салып, баш чулгаганы болот,— деп Балбайды кыябы менен чымчыды.— Солдаттарынын тартипсиздиги тууралуу... Верныйдагы улуктарга айтууга акылуумун. Ээнбаштарын жазалап, тыйын коюуга алар милдеттүү.

— Жеке эле биз эмес, казак тарап деле запкы көрүп атыптыр. Баш көтөргөндү айдап келип, байлап келип Адылча жайлап атыптыр.

— Эми эмне кылсак дейсиздер? — Шабдан Балбайга муңайып тигилди.— Тырмакты эттен бөлүү кыйын. Мен тырмак болсом этим эл. Элден бөлүнө албайм. Элдин тилин угайын, эл менен ийилип, эл менен бир чечимге келейин деп мандайынарда олтурбайымбы?

— Элден бөлүнө албаганың чын болсо, мусулманчылыктын Газаватын колдобойлубу? — деп калды Балбай. Шабдан чыйралды:

— Балбай аксакал,— деди өктөм унчугуп.— Үйүңүздө олтуруп опурула берсеңиз эле өзүңүздү күчтүүмүн деп сезесизби?! Падышачылыктын бийлиги сиздер бир кезде каректап, талап кетчү чубап келаткан кербен болбой калган! Алар Ала-Тоого орношуп, орун-очок алып калышкан. Сиз бел кылаар Газават ордо ичиндеги митайымдардын чыгарган дүрбөлөңү. Ошону менен эл топтоп, кайсы бир мамлекеттен курал алабыз деп, өгүзү жок жер сугарган, ноосу жок тегирмен чуркаткан негизсиз кыялдар. Адегенде өзүм дагы чакырыктарына

элдир-селдир жаш тарткамын. Сүрүштүрүп акылга тегереткенден кийин, көзүм биротоло жеткенден кийин демим сууду. Кандай да болсо падышачылык менен кол үзүшпөшүүгө өттүм. Жалпы кыргыздардын токтоор жери, оттоор жайлыгы Россия болот. Канча толгонсок да, башка жол жок!

— Шабдан мырза, сөзүң жүйөөлү,— деп баш экчеди Качыбек. — Тээ күш жетпеген ак сарайында олтурган Ак падыша өзүң айткандай баарын көрүп-билип атпаганы чын. Ошентсе да колуң жеткен, сөзүң өткөн жерлердеги улуктарга элдин датын ачык айткын. Солдаты учурайбы, төрөлөрү учурайбы адамча мамиле жасасын. Мал менен жашаган бизди, мал деп ойлошпосун. Малча көрбөсүн. Ылайым эле алар менен ынтымак ырыста бейкам өмүр сүрөлү. Баарыбыздын каалаганыбыз да ушул. Аны өзүң түшүп да, бизге түшүндүп да олтурасың.

Маек чегишкендер жаш чөптү оттоп, тоюп, түзөңчөгө жуушаган кайберендер сымал бейкам, мемиреп калышты. Балбай чөптүн былтыркы сөңгөкчөсүн алып, сөөмөй бармагы менен тырс-тырс сындырат. Баяке, аны тымызын сынайт. «Беттерин кал басып, чач агы арбыптыр. Семиз дейин десе, курсагы тартылган. Кыязы, кулак түптөрүндөгү, моюндагы, карууларындагы бултуйгандар бүт эле булчуң окшойт. Атты көтөрүп ыргыткандай, жаш кайың талды бурап туруп, дүмүрү менен жулуп алчудай. Күчү күч окшойт. Адамды айбыкпай караганда шилиге чыга түшкөн көзүнөн улам, күчүнө жараша жүрөктүүлүгү да турат. Суранып, күч сынашып көрсөмбү? Улгайган немеден жыгылып калып, уят болбоймбу?!»

Тунжурап калган тынчтыкты Балбайдын үнү бузду. Күрөң тайды ноктолоп, жетекке алып, мандайкы кырды ашып келаткан Ашырды көрүп:

— Аа, жиберген кишим келаткан экен. Үй жакка баскыла, малга бата кылалы! — деди.

Шабдан ал күнү да өргүдү. Жоголгон солдаттар үчүн атайын келген болбоюн, кыялы чатак Балбай менен мамилени бузуп албайын деп, бул суроону атайы кийинкиге калтырган эле. Аттары токулуп, мамыга байланаар алдында Балбайдын төрүндөгү Шабдан Качыбекке жүзүн буруп, сурады:

— Аксакал, былтыр болгонбу, жоголгон солдаттар тууралу айтышат, андайдан кабарыңыз жокпу?..

Эки күндөн бери айталбай жөнөөр алдында айтканы

үчүн Качыбек шектүү ыкшалып алды. Тамак жасап, жөтөлдү. Балбай дагы Шабданга олурая карап, анан Качыбекке чекчейди...

— Жазда, издөөчүлөр бизден да сурашкан. Андай адамдарды көргөн адамдар болбоптур айыл-апада,— деди Качыбек малдашын оңдоп. Шабдан деген менен экөөнүн бири-бирине чагылышкан көздөрүнөн, бузула түшкөн өңдөрүнөн шек билди да, суроо жаңыртпады.

Эртең мененки даамга бата кылышты. Сыртка чыгып, кош колдошуп, ким кимисинин да эсен-соо жүрүүсүн тилеп, амандык айтышышып, коштошушту. Аттанышып жүрүп кетишти. Шабдандын карааны алыстап кеткенде баятан тикирейип көз албай турган Балбайдын жаак булчуну диртилдеп, Качыбекке кылчаят:

— Мунун, тынчы болуп келгенби?

— Болбогон сөздү койсончу! Башына эмне күн түшүптүр анткидей? Жамандыгы жок адам экен.

— Ормонго окшотуп мунусун да жайлап таштайынбы, биротоло экөө болсун?!

— Жеткен кокуйдун кокую окшойсун! Энсегенин эле канбы? Ушул сөз оозундан кантип чыкты? Тфу? — деп жерге түкүрүнгөн Качыбек үйүн көздөй бат-бат басып кетет.

Ат белин эс алткан Шабдан Верныйга жөнөөгө камынып атканда «Шарпылдактын Сазындагы солдаттарды өлтүрүп кетиптир» деген жаман кабар жетти. Кол салгандар табылбай казарман башчысынын буйтүшкөнүн, жазалоо отряддарын жиберүүгө далилдер такталбай атканын айтып, Пишпек аркылуу чакыруу келди. Чон-Кеминдеги Шабдан Алматыга тез жетүүгө жанын тынчтыгына карап түз жолго түшпөй кадуулап бара калма төтө жолго салды. Шабдан мурда Верныйдын чакыруусун Пишпекте жүрүп алса дагы кайрылып келип Токмок аркылуу Кашкелең ашып же Бороллой аркылуу Ак-Түздү басып, Алматыга жетчү. Бараткан жыйындын ачылышына бир топ жатса куйкалатаарга куйругу чайпалган, жону титиреген ирик-боруктардан айдатылып, жөнөтүлчү. Жыйынга чукул калса, семиз байталдардан, тайлардан коштолуп кетчү. Мыктылардын тамагына союлуучу мал Алматыда жашоочу Деркембай үйүнө токтойт. Ачык төш казак Деркембай үйү кыргыздарга гана эмес мүлдө Улуу-Жүз, Орто-Жүз казактарынын мыктылары, байлары имерилип келип салам айтаар, жанын жыргатып эс алаар, шаардын

оюн-зоокторун көрүп көңүл ачаар да, соода-сатык кылаар да баярлоочу жайы болгон. Деркембай жаздан кышка чейин үч боз үй тигет. Экөөндө толтура бакашака түшкөн казак, кыргыз. Бирөөндө, казан тулгадан түшпөйт. Эртеден кечке эт бышыруу менен алышып, пымшып тердеген ашчылар. Тегеректе сөөк ачдып кабышкан жолбун иттер толо.

Деркембай орус усталарына ысык үйдү да келиштире салдырган. Анда мейман бөлмөлөрү, ашкана, керек маалында жагылуучу мончо. Отуз-кырктан ат байлаачаар бастырмалар, жем-чөп салаар акырлар. Айтор, Деркембай тегереги жайдыр-кыштыр келип-кеткендер менен ополоң-тополоң.

Мартабалуу Деркембай менен бийлик башындагы төрөлөр да ынак мамиледе. Майрам күндөрү келишип, аракка карк болушат. Аларга Декең жалаң илбээсиндин этинен ысылык даярдайт.

Суук түшүп боз кыроо маалында жигит-жалаңы менен Байтик келген. Бутуна чапма кара кийиз чокойду кокондун куйма кепичи менен кийген, үстүнө илбирс ичик, кара калтардан артын түшүрмө тумак. Қаш-кабактуу, кыр мурун, көк чалган сыпаа сакал-муруттуу зоцкойгон зор Байтик Деркембайдын ысык үйүнүн босогосунан эңкейип, аттайт. Үй кызматчылары кепичин чечтирип, ичик тумагын алып, илишет. Башында допу, жалантык кемселчен Байтик кемерин аткып, дагы бир чоң бөлмөгө өтөт. Көлдөй кош терезеге, аларга тартылган жибек чүпүрөктөргө карайт. Көңүлү коонун шамалындай ачык-айкын Деркембай мейманы менен кошо басып. Кокон чебин талкалаган эрдигинен улам Байтикти баалап, бир чети ызат көрсөтсө, бир чети тоолуктардын шаарда турак алган өзүнүн жасалгалуу үйүн көрүп таң калгандарына кубанат.

— Байтик баатыр! Мында олтурунуз? Береги мамык узунун диван дейтиң. Онову кичине мамыгын, кресло дейтиң. Мунусуна олтуруп тыныккын. Мунусуна жаздык койдуруп берейин, керилип жатып эс алгын, баатыр?!

— Деркембай казагым, жакшы экенсиң. Дурус экенсиң. Бирок, казак-кыргыз бул жылчыгы жок тамынан кантип дем алат? Тумчукпай кантип уктайт? Айланайын боз үйгө жетпейт ко?! Хо-хо...

— Қар тозоңду бурганактап, бороон улуп турган шилдеде осу кемселиң менен боз үйгө алып жөнөсөм, орто жолдо мени лактырып ийип, бул үйгө кайра ка-

чаар эдиң, кантсейик тоолук кыргызым! Энди, моншо жактырсам болобу?! Же аны да жатыркайсыңбы?!

Байтик таш парга эзиле терден, арка-жонун жышытып, көбүнү баржактаган жыттуу самынга шыбанып, чайканганда үшкүрүнүп-бышкырынып, өхүлөп, өтө ыраазы болот. Салкын бөлмөдө кийинип, сулуу өңү ого бетер жымылдап, көзү алая көркүнө чыгат. Мамык олтургучка нык олтуруп, ак оромол менен маңдайын, алкымын сүртүнөт. Пейилин төккөн Деркембайга:

— Атам Канайдан туулганы мындай жыргаган эместирмин. Соопко калдың, Деркембай! — дейт.

— Сондай десең баатыр! Орустун баатыры Суворов «мончодон соң дамбалыңды сатсаң да стакан аракты лактыр!» дептир. Сону кайтик энди?!

— Андайың болсо байкашалык. Төрөлөр менен кези келгенде сого коюп жүрөбүз. Абалы өзөктү куйкалап, анан көңүл көтөрүүчү жакшы жагы бар аның.

Артынан тайдын эзиле бышкан казы-картасын чайнаган зоңкойгон зор Байтик жоондугу кумгандай, узуну да кумгандай шишеге толтура келген аракты түгөтүп коет. Бетинин албыраганы болбосо чым этпейт. Дагы келет баягы шише толуп. Аны капортолойт. Башка шишеден көбүрүп-жабырганын жуткан Деркембай менен аны-муну сүйлөшкөнчө үркөр кулакка көтөрүлөт.

— Баатыр, жататын убак болуп калды. Эсиң чыкпайбы, бир бөлмөгө жалгыз калтырсам?! Үй ээсинин бул сөзүн тамаша деп сезген Байтик:

— Түндөсү бөлмөңдө шайтан-шабыр ойноп турган болсо, кармашып көрөйүн. Аясаң, өзүң жат. Болбосо, кытыгылап ойнотоор келин-кесек болсо, кең төшөккө кийирип кой! — деп калжыңына калжың жооп айтат. Ошол калжың чынга айланмай болот. Байтик сыртта бир аз жүрүп кайра кирсе, сымбаты келишкен келин төшөк салып атат. Төшөк кенен, кош жаздык коюлуп, эки кишилик. Кызымтал неме шаарда ар түркүн жорук-жосун болоорун укkан мейман кире беришке зоңкоюп туруп калат. Ойсоктогон тигил каш серпе:

— Мейман, кайра кеткен турасызбы? — дейт.

Байтик күлүп:

— Кетсе да болот, кетпесе да болот! — деп жооп кайрыйт.

Кийин «мончосунан да, түнкүсү сонун болду!» деген Байтик, Деркембайдын согумуна туу бээ жетелетип ийиптир өз жигитинен.

Конгон кишиге эле боло бербөөчү мындай сый, да-

гы бир кышта келген Шабданга да көрсөтүлөт. Анын мончого түшкөнү болбосо, арактан татыбайт. Төшөк салып, кылык көрсөтмөкчү болгон жаш сулууну билегинен алып, бооруна басып, мандайынан сүйүптүр да:

— Дааратымды бузбайын. *Барагой. Ыраазымын!* — деп жанынан кетирип ийиптир.

Шабдан Деркембайдын боз үйүнө кеч бешимде келип түштү. Жол бою санаалуу келген Шабдан сабырсуз Деркембай менен саламдашты. Үйгө *кириштн.* Ысыкка карап эртеден бери *көлөкө жак капшыттын* туурдугу түрүлгөн үй салкын. Сырт *чепкендери кереге* башына илинип, жумшак көлдөлөңдөргө олтурушту. Шабдан суу толгон кумган суратып алып, сыртка кетти. Даарат алып келди. Кереге башында ак тайлактын жүнүнөн согулган жайнамазды *бурчка жазып, эки ко*лун бооруна ала тик туруп, эриндери бүлкүлдөп, намазын баштады. Бүгүлүп, эңкейип, анан чөк түшүп, жаздалган салааларын артылта мандайын үч мертебе жайнамазга тийгизип, белин түзөйт. Сүрөөлөрүн окуйт. Кудайдын кудретчилигине, пайгамбар-саабалардын аргы багына тооп кылып, өзүнө ынсап-ыйман тилеген тайынуусун бүткөн соң, жайнамазды жыйнап, нары койду. Оң карап, бутун алдына тартып, малдаш урду. Ошондо гана:

— Кана, Деркембай, шаарындагы тополоң кабарындан билгенинди айтчы? — деди.

— Ээ, Шабдан баатыр! «Солдаттар өлтүрүлүптүр» угулганда казарман кыйсыпыр түшкөн. Каны ичине тартып, муруту тик турган төрө жазалоо отрядын даярдаган. Өлгөндөрдүн ар бири үчүн кырктан киши атылат деген жарлык чыгарган. Мурда чакырсам келип, төрүмдө отурчу немеге батынып, даап бара албай калгам. Өз оозунан, өз кулагым менен жоболоң иштин чын-төгүнүн уга албай аткам. Кайсы кудай колдоду, кайсы кудай жинин какты али билалбадым, төрө жер танабы чукул «Бугуларга ызырынбай негедир кайра өз карамагындагы солдаттарды, тейлөөчү башчыларын бөөдөй кууруп атканын байкап атамын. Себеби эмнеде?

Ташкенттен аскер комиссиясы келет. Верныйдан да кошулат. Иш изилденет. Окуялар тергелет. Солдаттар, дээрлик бүт ылжыган мас абалында өлтүрүлгөн. Урунган куралдары, минген аттары, ээр-токумдарына чейин, кала берсе тигилген чатырлар, идиш-аяктарына чейин таланбаган. Атайы уюшкандар — куралдарын алмакка ушул ишке бармак. Кур дегенде жүздөн ашык

унааларын айдап кетмек? Комиссия мүчөлөрү айылдарды кыдырып, ар кимдерди сурakka алды. Солдаттардын тартипсиз жоруктары бир четтен булайып чыкты. Жоон топ келин-кыздарды каректанкаңы, ызасына уукkан бир келиндин аскадан боюн таштаганы, өлгөн солдаттардын бурмаланып айтылганы аныкталды. Мындай күнөө адамкерчилик тарбиясын жакшы бербегендиги үчүн Верныйдагы улуктун төбөсүнө чоюн муштум болуп согулду. Ал өз айласын таппай бушайман.

Акыры өлтүргөндөр ким?! Төрөлөрдүн көк көздөрү бал-бал жанып, заар атып, Балбайга тик сайылды! Анын күнөөсүн тактап чыңжыр зоолуну колуна салмакчы болсо, Балбай так солдаттар өлтүрүлгөндөн үч күн мурда айылындагы атка минээр жигиттердин бири калбай эки конуп зорго жетүүчү алыстагы казак айлындагы чоң ашка кеткен экен. Алардын убай-чубай дүбүрөп кетип баратканын күндүк аралыкка чейинки айылдын адамдары көргөнүн, Балбайдын мингени кара куйрук сур айгыр экенин, үстүндөгү күрмө тон, башындагы айчык калпагына, бөктөрүнчөгүнө чейин тактап айтышат. Ал бир ай мурда кабардалынып атайы чакырылган аштан барып келиши тогуз күн өткөндөн кийин, баягы эле дүрбөгөн жигиттери менен айылына келиптир. Анан аны кандайча шар кармай алат? Деген метинен баш-көз болгон жакшы адамы жок ичкичил солдаттар менен жамакташ айылдын нааразылыгы чоң экени такталды. Жаңжалдуу себептин өзөгү ушунда экенин ким-кимиси болсо да билишет.

Алгач «өлтүрүлгөн бир солдат үчүн кырк киши атылат» деген жарлыкты уккан Балбай, селт эткен. Түбү келип чыр пайзанын уу учу өзүнө сайылаарын сезген. Сезген да «мен жоголуп кетсем, башкага залалым тийбей калаар бекен?» деп ойлогон. Күбүр-шыбырга кулак түргөн. Ыймандай көргөн эки адамы Молдоомүр менен Молдосанга из жазгырып качуусу жөнүндө кенешет. Сабыр кыл, токто, дагы байкайлы дейт алар. Башыбыз болуп турган сени чапса, ийнин болгон бизди, колуң болгон башкаларды аяп коер дейсиңби куралы менен күчтүү болгон, төрө. Тура тургун, айланчыктай тургун, баатыр!

...Аа, башынан мүлжүлүп келаткан курган кыргыз! Аа, бирин-бири ата-бабасынан бери мүлжүшүп келаткан, эти тытылып устаканга айланып, устаканы да сыйрылып-тазаланып итке ыргытылып, иттер баса калып каап, катыратып кемирип, омуруп, талкалап,

азууга салып чайнап, көркүнөн ажыраган, куураган кыргыз эл! Сенин тарыңды чыгарган иттер ууртун жаланып, журтуңду шимшип, көчкөн жак изиңе түшкөн, курган кыргыз! Төрөдөн корккон Балбай колунун канын каякка барып жууруп билбей атса, төрөдөн мурда эле Боромбайдын уулу Өмүрзак чечекейине тикен болуп сайылмакчы болду. Ал бул окуядан мурда эле Балбайдан кайын атасы Ормондун кунун алууга кынтык издеген. Өмүрзакка, Балбайга караштуу Белек уруусунан Телтору деген кошулган. Кийинки шайлоодо кан кусуп мүрт өлгөн Зарыпбектин ордуна анын баласы Күчүктү султандыкка шайлап туруп, Балбайды анан көр кыслип олтурат.

* * *

Тирүүсүндө түк да мокочодон жүрөгү солк этпейт деген Балбай, биринчиден — бүт күнөөнү керт башына алгысы келип жоголгусу келсе, экинчиден — мал издеп жүргөн болуп, куда-сөөгүнө учурашканы болуп ат тезеги кургатпай улам келип аткан Өмүрзактын тыңчыларынан каны кайнаган Балбай өз үй-бүлөсү менен жүгүн жеңилдеп артып, тандамал жылкыларын айдап, бир түндө жок болду. Жер бети танапташ, каякка качмак? Текес тарапты беттеп калмактар тарапка барса, алар аныкБалбай экенин билсе — кескилеп эле таштабай, шишкебек кылып жешет! Алардан нечен жолу айтуяк жылкы тийип, чекелерине чыккан чыйкан болгон. Арттан келген куугунчуларын сууга салдырып сабатып, кордук менен узаткан. Жаңыл мырзадан мерт болуп, Үчкө менен Түлкүнүн сөөгү калган Кашкар тарапка барса, анда дагы от алаар жери аз. Нечен жолу жылкы тийип, аларды да сызга нечен олтургузган. Казак тарапта жылчык жок. Балбай тургай өз эрлери тосоттолгон карышкырча жайлуу үңкүр издеп, нары чаап, бери чаап, кыр-кырда улуп жүрүшөт. Айласы кеткен Балбай чытырман бадал аралап, кагыраган таштуу жол басып, катмарланган кырларды ашып, өзөн бойлоп, капчыгай өрдөп олтуруп, Текестин тереңине келген. Андан ары башка эл, башка жерге ооп кетүүнү ойлогон. Чектеш жерлерден жол чалып жаткан тымызын.

Бул аймакта жашоочу алтымыш түтүн Таранчы айылы Балбайды таанышып, өздөрүнө аким кылып алышат. Балбайга ошол урмат болдубу, жага бербей

калдыбы, же тоодон тоо катмарланып арта калып, тоону тоо тосуп алыска келгендигинен эч ким жетип, эч ким таппайт дедиби, улам күн өткөн сайын санаасы тынып, өзүн бейкам сезди. Жылкыларынын арасындагы сүйлөөргө кана тили жок шумдуктуулардын аркандан, өрөлөп, чидерлеп жайытка көндүрдү. Сак-сактап көз салбаса даары курсун алар кулун кезинен көнгөн жерлерине шамал менен коно кетет. Ал жылкыларды атып да токтото албайсын. Анын бири Бүргө тору аталган күлүгү. Аны тай кезинен андан секиртип, үйрөткөн. Кунан, бышты, асыл болгондо бийиктиктен, жазылыктан темиртпей каргып кеткенинен улам Бүргө тору аталган. Экинчиси, Сур айгыр. Беш асыл болуп, бели толуп, тоотүздө шамал менен жарышкан кези.

Улуу уулу Байкашка мерген чыгып, төөнүн өркөчүнө конгон сагызганды ыргыта атып, төө аман калган. Оозго киргенде көз тийди болуп өлүп, Балбай бир мертинген. Кичи уулунун аты Мойдун. Кишиге тик багып карайт. Отун-суу алганга камбыл. Ыраак-жакын болсо да куу арча, куу карагай, табылгыдан даңкайтып жүктөп келет. Бир балалуу болуп, келинчеги экөө үй-тиричилигин жасап, Балбайды ичтен ыраазы кылып турган кез. Жана ысык-суукта лам эткен үн чыгарбай, акараат сүйлөп тик карабай бирге өмүр сүрүп келаткан байбичеси Тотугүл. Азыр ушул бүлөөлөрүнөн кийинки Балбайдын сүйгөнү Сур айгыр менен Бүргө тору күлүгү. Ишенгени бат атаар мылтыгы, ичтен байлама кылычы.

Үч күндөн бери асман сурданып, күн чытыйып, эртең менен, кечинде шыбыргак жамгыр уруп, арты карлап, тоо-түзгө кыланғыр кыроо туруп, суук эле. Кымыз түзүк ачыбай чыйрыккан кулундар эрте агытылган. Мындайда адамдар көңүлү суз тартып эрингин, мал тоспойт. Эки жакка аттанбайт. Жолоочу да жолун токтотот. Ушундай кысылган кыжаалат күн. Түн сүрүлүп, таң кулаңөөк. Карагайлуу беттин секиссинде Балбайдын өз үйү менен баласынын өргөөсү. Айылдан окчун эки түтүн. Мемиреп тынч. Үзүк туурдуктардын этегинен билинбей элеген жаандын саркындысы сызылып, кереге чийдин түбүнө тып-тып тамчы тамат. Дал ушундай учурда карагай тараптан:

— Балбай! — деген кооптуу чакырык чыкты. Тотугүл туруп сыртка чыгып бакан алып кирип, түндүк жабууну көтөргөнү аткан. Уйкусу ачылган Балбай турсамбы деп, Сурайгыр менен Бүргө торусу каякка жайылды экен деп, эсине түшүп аткан. Чакырык жаакка чапкан-

дай ачуу угулду. Шап ыргып турду. Тери шымды, кийиз байпак менен сары булгаары өтүктү кие койду. Күрмө тонун жамына сыртка обдулганда Мойдун кирип келди.

— Чакырган ким, ата?

— Соо үн эмес! Куралдар кайсы асканын түбүндө, билесиңби?

— Билем.

— Башка каран түн түшүп мен кетсем, үй-бүлөнүн камын көргүн. Эшиктеги соо үн эмес, жалаңкычтын чакырыгы сыяктуу экен!

— Балбай дейм! — үн дагы кайталанды. Балбай колжандап, Мойдунду үйдө калтырды да, эшигин ачтара серпип, сыртка чыгып, өктөм унчукту.

— Оо эмне! Кимсиң сен, таңатпай келген? Ачыгыча мылтыктар замбигинин шарак-шарак тартылган дабышы чыкты.

— Сени чакырып аткан менмин! — деди үн. Олуй караган Балбай карагайдын арасынан көкүрөгүнөн мылтык кезеп турган солдаттарды көрдү. Балбай аптыктарын кезеген боюнча Балбайды көздөй шарт-шарт басты. Даяр эки солдат үнсүз турган Балбайдын эки колун артына кайрый билектерине шып-шуп темир кишенди салды. Солдаттар мылтыктарын тартып, жайлана түштү. Балбай эсин жыйды.

— Эй, куумурут! — деди Өмүрзакты — эли аны кыйкымчылдыгынанбы, чагымчылдыгынанбы «куумрут Өмүрзак» атап кетишкен!..

— Кезинде мен сенин атаң Боромбайдын намызы үчүн аттанчумун. Сен катыныңдын чаты үчүн, кайнатаң Ормондун кунун менден өндүрмөкчүсүң го?!

Өмүрзак жооп кайтарган жок. Ордунан жылбады. Нарытан Балбайды мингизээр кара атты жетелеп келатканда, Балбай Өмүрзакты карай басмакка умтулду эле, солдаттар мылтык кезешип жылдырбады. Дагы Балбай Өмүрзакка карап:

— Бала кезинде силердикине барсам «Балбай абамдын атын минем» деп, жетип келчү элең. Мен мандайынан сүйүп, ээрге ыргытып койчумун. Кел, ошондогудай мандайынан сүйүп коеюн?..

Өмүрзак таштын барабы бүгүнкү Балбайга. Буту бош Балбай боорун жара тээп таштабайбы. Балбай Өмүрзакка дагы бакырды:

— Мен элдин ыза-кордугу үчүн кан жутуп кан агызып жүрсөм, силер мени саттынар го? Туз урсун силерди? Бугу эненин арбагы урсун, силерди! — солдаттар Балбайды башына даяр капты кийгизе коюшту. Боосун бүйрө тартып, кежигесинен буун ташташты. Тотугүл бакырып умтулду. Солдаттар тосуп калды. Бооруна баласын басып келини бакырып, умтулду. Солдаттар тосуп калды.

— Атаке! — деди Мойдун. Оозу каптын ичинде калган Балбай каргылданган үн менен:

— Кош уулум! Жаныцарды баккыла. Мен үчүн неберемди үч мертебе жыттап койгула! — Кара атка тетири каратып мингизген Балбайды тегеректеп жүрүп кетишти. Бүлөсү башка жерде, чоочун элде улуп-уцшуп, жаш төккөн боюнча кала бериштн.

Балбайдын кармалганын туугандары угушат. Ажыратып калмакка үч жүз кол топтоп, Көл башынан тосушат. Балбайды башка жол менен алып өтүшүп, Верныйдагы түрмөгө камашат. Түрмөдө Молдосан менен Молдоомүр, казактан Шоорук, дагы бирөө төртөө жаткан. Үчөөнү башка камерага, Шоорук менен Балбайды өзүнчө камашат. Шабдан Верныйга ошондон кийин келген болчу.

Шабдан эртеси кенседе иштеген айрым чиновниктерге жолукту. Тнешелүү иштерин бүтүрүп, түш оой пристав төрөнүн кабылдоосунда олтурду. Төрө мурдакысындай тура калып жайдары тоспой, кытмырлана кабак чытып, кыр да салбай кабыл алды. Сөзүнүн бир жеринде өз элиндеги Качыбек, Өмүрзак, Телторулардын айгак чыгып кармап беришкен Балбай тууралу айтып атып, түрмөдөгүлөрдүн эч бири дагы күнөөлөрүн мойнуна албай атышат. Туугандарың менен сүйлөшүп көрбөйсүнбү, балким сага чынын айтаар деди эле, ойго баткан Шабдан:

— Мен алар менен жүздөшүп, тууганча сүйлөшкөндөн кийин, биротоло бошотуп, чептен бирге бастырып кетсем болот эле. Иштин төркүнү андай болчудай көрүнбөйт. Кандай кылсанар дагы өзүңөр жыйынтык чыгаргыла. Силер чыгарган жыйынтыкка алымча-кошумча кийре албайбыз. Кыязы, ар кандай сунуштарга муктаж болбосонор деле керек!

— Ахаа, Шабдан Жантаевич! Киши өлтүргүч жердештеринизге жүрөгүңүз ачышып атса керек го? Мына ушинтип башталат!

— Урматтуу пристав! Жаңжалдарда экинчи болуп

кол көтөргөндөрдүн күнөөсү жеңилдетилип, күнөөнүн оорчулугу башкы, алгач жоболоп баштаган себепкерлерге оодарылып каралса, адилеттүүлүк кылган болоор эле го деп сеземинн. Журтчулук да ушуну каалайт.

— Кандай каралбасын... ачык айтып коеюн, бошотулбайт.

— Анда, кеп-сөз кылуунун кереги да жок турбайбы?!.

* * *

Камалгандарга тамак киирүү, айылынан келген туугандарынын саламын жеткирип, жоп алып туруу баягы Деркембайга тапшырылган. Күнүнө кол чаначка эзилген сүзмө, табак толо этти үчөөнө, өзүнчө, Балбай менен Шоорукка өзүнчө киргиздирип, алар менен жүздөшүп, эсенчиликтерин сурап аткан Деркембай. Анын үйүн тегеректеп, кап, куржун артынып, союшка мал коштоп келип, убап-чубап күтүрөп жүргөн казак-кыргыздар.

Балбай менен Шоорук башынан шоола кирген жалгыз терезелүү, тар таш бөлмөдө жатышкан. Бала күндөрүнөн ай талаада, кең асман алдында, соккон айдарда көнгөн немелер тумчугуп, тер менен алышкан. Киргизилген кол чанач чалапты койбой шимиришип, этти кайра узатып турушкан. Күнүнө бир маал сыртка чыгарылып, жандары калышкан.

Бүгүн бир капталы билектей ломдор менен шыгырай тосулган камерага которду экөөнү. Темир капталы тоо тарапта болгондуктан жылчыктарынан жел үйлөп, өзүнчө бейиш болуп туюлду экөөнө. Соксоюп турушуп, кере-кере дем алышты.

— Мурда эле ушуга камашпайбы! — дейт Балбай, зың этип койбогон темир дубалды муштап, түртүп, эки жагын имере карап.

— Анаву тоону көрдүңбү?! Айланайын ажайып тоо ов!

— Көрүнгөн ал сенин тооң! — деди Балбай уурттунан күлө тамашага чаргытып. — Менинки анын ары жагындагынын нары жагында да нечен тоолор бар. Ошончо тоолордон кийинки тоолордун ортосунда көйкөлүп, көшүлүп, Ысык-Көл жатат. Аттиң ай, айланып аны көрбөйм го эми?! — деп тамшанган Балбайдын оор денеси чымырап тунжурай калды.

— Эй, бу экөбүздү неге сурашпайт?

— Шар эле куткарып жиберген атышса керек! — Балбай мыскылдай тиктеп күлгөн болду. — Кан кийгизип, атка тетири минтизип келген немелер тирүү коет деп атасыңбы?! Асып, тыбыратып кыйнабай дал мындайга атышса экен! Сен, ошол иштн баштаган күнү деди армандуусуп билгизип...

...Баягыда, Шоорук тымызын келип, солдаттарга кол салуу амалдарын макулдашып, Күлжа-Төрдөн аттанып кеткен соң Балбай, Шабданга кездешти. Эки күнү сырдашуудан кийин, мурдакы максатынан караманча баш тартат. Шоорукту да токтотууга Молдоомурду атайы жибергенин атканда, саат басып, айылында кан кайнаткан окуя чыкса болобу!

Эркектер шерине жеген аралыгы алыс башка айылга кетсе, бу айылдын жоон топ келин-кыздары тоо ашып, өзөн бойлоп, карагай чер аралап, сейилдеп жөнөшөт. Атайы азык алышып чыккан алар чаалыгышканда кымыз толгон көнөчөктөрүн тизип, эт, боорсок оролгон дасторкондорун жазышып, түнт карагайдын ачыгындагы балтыркан аралаш ыранды жанына, чуу түшүп атышса, кудай жүзүн нары кылсын! Куралы жок алты солдат курчап алгандай шап-шап туш-тушган чыга калышат.

Солдаттар, качырышкан жок. Жылмайышып, жайдарыланышып, жумшак мамиле түзмөккө сороюп-сороюп турушту. Чур дей түшкөн кыз-келиндер да тура калган боюнча тынчып, баарынын өңдөрү көгөрүп, эриндери купкуу. Азыктарына кайрылбай кетүүгө удургуду. Ошондо эле чыдамы жок бир солдат бирөөнө тап койду. Иш бузулду. Чуу түштү. Алтоо, алтоону кармап, тутканташып калды. Келиндердин ичинен кыз кезинен жайдак атка секирип минип, жылкы тосуп, эркек балача чыйрак өскөн Укубала аттуу келин, асылган солдатка моюн бербей түртүп жиберип — качып, кармашканда билегин толгоп, колунан суурулуп бошоп атты эле. Эмнедир, жоошуй түшөт. Анын минте калышына солдат ыраазы болуп, пейлин салат. Карагайдын далдоосундагы түзөңгө басып, чатына айкалыша тизе бүгүп, чие байланган терме ычкырды үзө албай да, чече албай да атканда бөйрөгүнө бычак урулуп, айкырып ала салат. Көрсө, кармашып аткан келин солдаттын өтүгүнүн кончуна сойлотулган кындуу бычакты көрүптүр да, амал менен ымалага келе калган тура. Солдат тизе бүгүп, кончу оңтойлогондо бычакты шып сууруп, жамбаштын башына келтире уруптур. Өңүнөн кан ка-

шап, тиши кабышкан Укубала аны менен эле токтобойт. Экинчи жердеги апакелеп аткан кыздын үстүндөгүнүн жалбыраган немесин кесип ыргытат. Ал өзү менен өзү болуп жарааты уучтап, жумалангыча дүйнөнү унутуп «жыргап аткан» үчүнчүнү артынан келип, акырекке ыра бычак толтосуна чейин мылгыйт. Эми гана көк-кесу суун чуркаган Укубала кырдын күнгөйүндөгү көк токоюнун чокусунан тура калып:

— Менин күнүм бүттү! Кудай алдында акмын! — деп бакырып, сабына колу карышкан бычак менен учуп келет.

Укубала Молдосандын келини. Солдаттын алдында уйпаланып апалаган кыз, Өмүрзактын бир тууган карындашынын кызы Акбилек. Шерпеден кеч келген эркектер ызы-чуу түшкөн айылдагы жорукка уугуп турушканда Шоорук жиберген жигит келет. Шарпылдак-тагы солдаттар жашыруун барышып арак алчу кишиден Шоорук аракты келтире бердиргенин айтыптыр.

Эртеси топ жигит ээрчитип, атайы чакырган ашка кетишкен болушат да, жарым жолдон түн жамынып, кайра тартат. Башка жолго салышып, бир түн жашырынышат.

Ай жарык. Тоонун серүүн түнү. Бирээрлеринин колунда жалпак комуздун зым кылы чаңкылдап, кыяк каркылдаган солдаттар шатыра-шатман. Көбү мас. Бирөөнө башкалар кошулуп, тууралан дагы сүрөөмөлөп ырдаган үндөрү айлананы жаңыртат. Ушундай учурда жараган күлүк минген Балбай менен Шоорук баштаган он беш жигит чукулдан чаап чыгат. Ат жалына өбөктөгөн алар капыстан көрүнгөндө солдаттар аларды үркөн жылкы деп ойлошот. Чукул кирип келишкенде гана бир даары чатырга жүгүрүп, курал издеп, аа тигил ат үстүндөгүлөрдүн союлу сермелип, быяктан мылтык атылып, кыйсыпыр. Бакырык, кыйкырык, тарс-тарс, дүп-дүп, карс-карс.

Балбайлардан үчөө окко учат. Төртөө жарадарланат. Солдаттардын чокусуна былч-былч союл согулуп, бут сулк жыгылат. Балбайлар окко учкан жигиттерин жарма жерге жашырышат. Жарадарларды эч кимге билинбегиле деп, айылга жеткирет. Соолору жашыруун багыт менен ашка барып, катышып калышкан. Ашты уюштурганда, Ташкенттен келген аракты жеткирүү амалын тапкан да Шоорук болчу. Ушуну менен төрөлөрдүн жүрөгүнүн үшүн алып, өзүбүздүн ким экенибизди билгизип коелу деп ойлошкон. Андай болгон жок.

— Ошондо, уурданып кол салгыча,— деди токтолуп, сөзүн кайра баштаган Балбай. — Күпөкүндүз ачык кармашсак болмок. ...Башымды кылыч кесип, сөөгүм ошолордун арасында калса жакшы эмес беле! Мандайыма ок жацылып, шарпылдакта сулап жатсам сонун болбойт беле! Келемиш кейиптенип таш бөлмөдө өлмөй болдум, арман! Тирүүмдө, кулактын күнү алынды эле. Биздин күнүбүз алынбай калат го, Шоорук боорум!

* * *

Деркембай Шабданды күн чыга аткарат. Аш башкараар адамын чакырып, камактагыларга түшкөн калбай киргиздирип калгыдай болуп, казанынды астыра бергин эмитен. Мага ат даярда, тоо тарапка барып келейин деп атканда, кара атты текирең-таскакка алып, бир солдат келди. Колун чыкыйына серпип, жан чөнтөгүнөн кагаз сууруп, Деркембайга сунду. Колун кайрадан серпти да, атын буруп, таскактата ээр үстүндө өпөң-чычаң болуп, жолуна түштү. Артынан суюк чаң көтөрүлүп, чубалды. Кагазда «Балбай менен Шоорукту тезинен үйүнө алып кет» деген буйрук жазылыптыр. Муну укканда төбөсүнөн чагылган ургандай, алдынан жер жарылгандай сүйүнөт Деркембай:

— Ой бай, кудай бериптир го! Кыргыз-кызыктан санатып, сүйүнчү алайын! Кочуштап, көрүндүк алайын! — деп карбаластайт. — Тачанкага кош ат чек. Бол, тез, алып келе коелук! — деп жигитин шаштырат. Бул, Деркембайдын дилинен чыккан чын сүйүнүүсү болчу. «Балбай баатыр» аташкан адамы үчүн, туугандары угуп, «сүйүнчү» берээри да, көрүп «көрүндүк берээри да чын. «Эр Шоорук» аталган адамы үчүн босум казактары да «сүйүнчү, көрүндүгүн» тартынбай сунаары чын. Бирок, талаасындай кең, жайдак төш Деркембай, кысылып кылчактоо жаратылышында жок Деркембай эртеки:

«Эрдигиң бар, эсиң жок Манас!

Эштеме менен ишиң жок, Манас!» болду.

Эч ким тоспогон эшиктен кирип барса Шоорук күн кактаган таштакка ыргыткан балыктай чабалактап жатыптыр. Балбай аны нары сүйөп, бери сүйөп, соо тариздүү.

Көрсө экөө салкын бөлмөдө арасынан жел кирген темир тор тарапты баштанып жатып, тырп укташат. Конуруктары чычкан коркутат. Булардын көзүн таза-

лоо үчүн күн мурдатан камжелген үчүн тапшырган адам сүмбөөнүн учун атайы иштеги ууга малып барып, экөөнүн чачы жаңы кырылган куйкаларына жанып кетет. Көлөкөдөй көрүнүп жок болгон жан алгыч кеткенден бир аздан кийин Шоорук уйку сурагансып дөөрүп, чочуп ойгонот. Эки жагына элендейт. Жыбырала болгонсуган мандайын, жаагын сыйпалайт. Балбай да ойгонот. Кайсалактап аткан Шоорукту:

— Эмне болуп атасың дейт.

— Аарыбы, музоо башпы, төбөмдү чагып кетти!

Уланган Шоорук Деркембайдын үйүнө жеткирилип, капшытка кыңкайткандан чабалактады. Алдастап, жардамдашкан кишилерди түрткүлөп, эки ууртунан көбүк буркулдап атып, жан берди. Сагаалап жүргөн туугандары арыдан бери кереге тартылган атка жүктөп, алып кетиштн сөөгүн айылына.

Балбай кантти?.. Талпынып калган баласынын эмчек соргонунан, төш этин аткып алган күчүнөн улам апасы баланын келечегине кам жептир. Кийин баатыр атанса, балбан атанса душмандар жаздым кылаарын ойлоп, уу коргошундун түбүн кайнатчу экен. Кеберленген көбүгүн үч имерип калпып таштап, сүт кошуп, кымырандачу экен. Эмчегимдин сүтү менен барат» деп өзү ууртап-татып, жутуп жүрчү тура апасы. Кийин Балбай жуткан кымызына даярдап койчу ууча кымырандан кошуп берип жүрчү тура апасы.

Балбай кийин өзү дагы коргошундун түбүнөн кайнаттырып, кымырандатып, ичип жүрчү экен. Ууга көнгөн денеси эки күнгө чыдайт. Керээзин, арыз-арманын айтып, башы көнөктөй боло шишип, ырайы таанылбай ал дагы суналат. Жер алыс болгондуктан сөөгүнө булгаары тулуп кийгизип, Күрмөнтүүгө жеткирип, көмүшөт. Төрөлөр ачтырып кетпесин деп уу-чуусу жок жашырып, уурдап көмүшөт. Шашкан немелер тайыз казышканбы, же жер жумшакпы, бир жылдан соң мүрзөнүн төбөсү түшөт. Көрүшүп, жакын ага-инилери арданат. Туугандарына сөз тийет. «Тирүүсүндө далай намызыбызга жарады эле. Ушуну бир кетмен топурактап куткаралбайбызбы!» деп, намыстанышат. Сары-Булакка атайы күмбөз салышып, ичине көр даярдап, Күрмөнтүүдөгү Балбайдын сөөгүн үч жылдан кийин казып келишип, кайра көмүшкөн. Казак-кыргыздагы сөөк тамырын чогултуп ашын беришкен.

Балбайдын бул күмбөзү он алтынчы жылкы тополондо талкаланган.

ЖЕТИНЧИ БӨЛҮМ

Бишкектен — Кара-Колго жете кара жол салынды. Бул жол Балыкчыдан түштүккө имерилип, учу Нарынга такалды. Алматы таранган Таш-Булак аркылуу каркыраны басып дагы Кара жол Кара-Колго жетти. Кенен жол менен жергиликтүүлөр «Жыгач ат» деп атаган төрт дөңгөлөктүү араба жүрдү кылдырттап. Жер ооп келген орустар там куруп жатса, дубалына таш калыштап: «Түз жерге жар тургузган эмнеси?» дешкен момун журт. Бүткөн тамды көрүшүп: «Тирүүсүндө өзүнө күмбөз тургузганы кандай?» деп дагы ацкайышкан.

Кекилик менен чилче уча качпай жер чокулап, босогосунда жүргөн тооктору көрүп: «Учпас куш багышат экен тобо!» деп шыпшынышкан карапайым адамдар. Жайлоосуна конуп, кышта кыштоосунда гана бөлуп, көмкөрүлгөн көк асмандын алдында эмне өндүү калктар жашаарын кылайып билишпеген үчүн ошентишкен.

...Жылдар өттү. Чүй боорундагы эл Кайынды, Кара-Балта, Бишкектеги олтурукташкан орустар менен: Көл башындагы эл Шарпылдактын боюндагы, Кара-Колдогу орустар менен үйүр алышты. Жандашып да болсо пикирлерине түшүнүшүп, карым-катнаш жүргүзүштү. Адепки таңгалуулар жөн эле кеп болуп калды. Кийин баягыдагы таңгалууларына өздөрү күлүштү.

Жол салууга катышты жергиликтүүлөр. Таш оодарган, топурак сузган шаймандарды тиешелүү ээсине көрсөтүп сатып да алышты, көрсөтпөй уурдап дагы алышты. Аштыкчылар ломдуу да болушту. Чукулуктуу дагы болушту. Буурусундун тиштери ыргып кетчү таштарды омкоруп таштоого, как жерди ое койгулап оро казууга ломун торпок берип сатып алсаң дагы акыбетти кайтарчу табылбас шайман экен! Чукулукту, кое калыцыз! Жантайта чапсаң дагы жарайт! Тик шилтесең дагы жарайт! Акыл жетсе, ал жетпей келген бел арыктар ошону менен чабылды. Бийиктен чубалган суулар арыктарга чукулуктун күчү менен бурулду.

Бишпек уезди делинди. Буга Ташкенге кетчү кара жол жарып өткөн Меркинин башынан Ысык-Көлдүн аягындагы Көтмалдыдан берки, түштүгү Талас тоолорун этектеп, түндүк чыгыштагы казак чегине чейинки толгон эл карады. Башкы бийликте «полковник» деген чинге жеткен Шабдан турду. Кара-Кол, Нарын кошулуп, бир уез аталды.

Ошол аймактагы элди бир ооз кылып, ынтымакка келтирүү камында жүргөн Шабдан Баякени ээрчитет. «Мыктымын» дегендерден жетимишке жакын киши чогулат. Күн жылымдап, жол ачылганда Кара-Колго жөнөйт. Шатырап каптап, Ысык-Көлдүн башындагы бугу, саяк, желдең, белек аталган элге кирип барышат.

Оо, ошол учурда өлгөн Ормондун жаңжалынан айыгышып чабышкандардын чыры али бүтө элек. Колдорунан көк союлу али түшө элек. «Жабыр тарткан тарап күн сурап доо койсо, айыптуу тарап «кунунан, найза бою ашып кетти!» дешип көрүнөө да жаакташып, көмүскө да жаакташып, бирине-бири тиш кайрашып турган учуру. Шабдан: «Ушул жаман жорукту биротоло токтотуп, эки элди жуурат уюгандай тынчытсам!» деген максат менен келди.

Бала атага өңү-түсү окшош туулат окшойт. Бирок, жүрүм-туруму башка-башка нукта жүрөт окшойт. Кезинде Тилекмат жакшылык үчүн дайыма жан сабап киришкен болсо, андан туулган көлдөгү элдин бир четин эңшере башкарып турган Чыналы ойрон, айыл-айылга жигит чаптырды: «Булар бизди талаганы келиптир. Үйрүп алып, сөзгө келтирип алып, ийлегени келиптир! — деп жар салат.— Союш бербегиле! Берсеңер, айып тартасынар. Жылуу тосуп, меймандабагыла! Сый көрсөтсөңөр, айыпка жыгыласынар!».

Жар айттырып эле тынчыбайт. Өз аймагындагы Верныйдын увакилине барат: «Азыр жаз маалы. Мал төлдөп, ар ким тиричилигинен бошобогон учур. Баш кошуп, кеңешүүгө шартыбыз жок. Шабданды дүрбөтпөй кайра кайт! — дециз» дейт. Увакил Чыналынын айтканына көнөт. Анын сунушун туура таап, келгендердин ишин токтотот. Чыналы андан бетер дайрып калган көлдөгү элдин арасында.

Шабдандар жумача байралып калышат. Тамак-аштан кыйналышат. Өз айыл үстү болгондуктан Баякенин долуланышынан эмне чыкмак? Өздөрү түгүл минип келген аттарына жем, чөп жок. Илгерки жер ооп барып, кыштап калган жортуулчуларча аттарынын семизин тандап, четинен союп жешет. Аргасы түгөнгөн Шабдан олтурукташкан орустардан акысын эки эсе төлөп берүүгө үч араба жалдайт. Жиликтүү аттарынан чегет. Ээр токумдары менен үч арабага түшүшөт. Самсын кайра жолго чыгышат. Ташы тегеренип, табасы канган Чыналы толгон жигиттери менен арттан чаап жеткен.

Арабаларды жандап бастырган. Жагалданып, Солтобай ырчыга көз кыскан:

— Кана, жез тандай! Шабданды «мактоочу» кезиң келди го, эми?

Ырчыга «Каткан жоорун кайра чукуу! Унутулган айыбын антар» дегени эмеспи. Колунда бийлиги жок, короосунда малы жок ырчы кантсин, баш тартса эмне болоорун билет. Тирүүлөй көмсө мырзанын эркн. Улугунун шилтөөсү менен Солтобай баштады ырын:

Келдиң эле сен Шабдан,
Бадана кийип балпылдап.
Эми кайра кайттыңбы,
Байталга жетпей салпылдап!

«Семиз» аттуу немелер,
Сендиректеп калышты
Кедей, Сакай, Жөө-Тынай.
«Жыгач атка» жабышты...

Ырчы андан ары Түлкү баатыр кое берген Даркан деген катындан Тынай уруусу тараарын, эпеси Таластагы Саруу уруусундагы бирөөгө тийип кеткенинен бери чукуду. Тынайлар түбүнөн жарыбай келгенин, аштыкка таруу сээп, жөө-жалаң жүргөнүн какшанды.

Энчи бөлүп бергидей,
Энеси бөлөк Тынайдын!
Эркелетип койгудай.
Эркеси белек кудайдын?

Акы бөлүп бергендей,
Атасы бөлөк Тынайдын!
Алчандатып койгудай,
Ардагы белек кудайдын!

Акынды ал жөө Тынай,
Айдай жүргөн таруудан.
Энчинди алгын жөө Тынай,
Энеңди алган Саруудан

— деп шылдындады. Барып, ээринин кашын таяна чалкалады да, өз тарабын мактады:

Сан жылкылуу Сарыбай,
Мың жылкылуу Каптагай,
Биздин Бугу четтен бай,
Алты-Басар Тагай бар.
Кара-Көйнөк Канай бар.
Союл чабаар Саяк бар.
Көл башында көп Белек,
Көбүндө жылкы көрөсүң.
Каниmет кылсан жөнөөрсүң,
Каяша кылсан өлөөрсүң!

Солтобай жаагын жанып, ырды төктү. Өзүнүн тобу бирде каткырып, бирде кулак салган болушуп жүрүп олтурушту. Баяке ырчыга тийишмекчи болду эле Шабдан:

— Тек тур. Эрмек боло берсин! — деп тыйды. Солтобай көкүрөгүнө жыйган оюнун чегине жетти окшойт, жамагынын аягын:

Үйдөн чыктың жөтөлүп,
Бешмантың кийдиң көтөрүп.
Бешмантта ченің бере кет,
Жеңилденип шыпылдап.
Жолдо ташты тере кет,— деди.

Қара жол ылдый төө кетти,
Топ кылмакчы бул Шабдан,
Қалтасын кармап жөө кетти!

Қудургу ылдый төө кетти,
Үч уруунун мыктысы,
Умасын кармап жөө кетти!

— деп токтоду. Қоколорун кере каткырган Чыналылар тизгиндерин тартты. Ыза болгондор калдыраган араба ичинде кете беришти. Жылуусу кайткан күн тоо чокусунан түшүп баратат. Көл жээги шарпылдап, чыкыроон күчөйт. Токтойлу десе, ат оттоор булуң кездешпейт.

Шабдан алдыңкы арабада олтурган. Оңго чегилген сары ат, чучуну дагы тоотпой, камчыны дагы тоотпой илкип калды. Буулуккан Баяке ыргып түштү. Сары атты чыгарып, кара атка коштоду. Өзү каамытты кийип, арабаны сүйрөп жөнөдү.

— Кантет! — деди Шабдан обдулуп.

— Кантчү эле?! Минтпегенде чоң атаң «жөө» экен деп сени жөө бастырайынбы! — деген Баяке арабаны сүйрөй берди. Өжөрлөнүп тарта берди. Өлөңү жапырылган, камышы ыргалган жерге жеткенде токтоду. Жүзүнөн буу көтөрүлөт, куюлган терди кемселинин этегин кайрып сүрүнөт.

* * *

...Қадимки эч ким даабай турган Кенесары хандын күчтүү кезинде элчиликке барган, кийин анын чабылган башын Омбунун улугуна жеткирген Қубат уулу Қалыгул айыпка жыгылып, тогуз кара төлөмөл болуп калат. Қысталыш жерде кептин жүйөөсүн таап сүйлөчү чечен бирөөлөрдүн айыбын көрсө, өзгө, жатка бөлбөй, бетине

айтчу тура. Сөзү уу неменин кокустан айыпка жыгылышы деле кычышчаак тилинин айынан болот. Бир олтурушта Шабдан:

— Чоң атамдын атасы калмактар менен кагышкан эр болуптур! — деп сөз баштайт. Кепке кулак салган Калыгул:

— Калмактар менен кимдер кагышпады дейсиң? Ошол эр деген атаңдын тамакты итче шалпылдатып ичкенин дагы айта олтур! — деп тамаша ыргытат. Мактаган атасы коен ээк экенин билгендер дуу күлүп жиберишет. Кошо күлгөн менен Шабдан сына түшөт. Өтө эле берилетип келип:

— Өз атам Жантай хан болгонун көбүң билесиң,— деп сөз жөнөтмөкчү болот.

— Хан деп аталганы чын,— дейт Калыгул, дагы кеп кезегин келтирбей. — Өлгөндө келиндери «Хан атам!» дешип кошуп ыйлашканы да чын. Бирок, «хан» дегенде ордо болот. Душманга каршы ат коер аскер-колу болот. Атаң беш жигитине жылкы уурдаткандан башка, бирөөнүн өндүү кызын көрсө, баса калып тартып алгандан башка эстей жүрөөргө кандай хандык иштерди жасады?.. ...Кудай билген сырды адамдардан жашырбай мындайынан дагы козгой олтурсаң, өзүңдүн эртеңиче пайдасы тийип калат,— деп жиберет. Ушундайынан айыпка жыгылган неме башына күч келгенде кушун кондуруп, Байтикти көздөй аттаныптыр. Жолдо көк кушун кондуруп жалгыз баратып: «Чачым агарды. Бирин-жарым тиштерим түштү. Тилим ойносо, ачыгынан шилекейим чачырайт. Мандайыма чукул олтурган неме бетин сүрүнүп, бурулат. Кийиндейт. Эми мындан ары кысчу жеримди кысайын! Бирөөнүн айыбын байкасам көзүмдү жума калайын. Шамыян кайрыыр кез кезеги келип турса дагы тилимди нары тартып, эрдимди бек кымтыйын» — деп, өзүн өзү жемелептир. Өз тилин өзү күнөөгө тартып, башка «кекеч», далдыр киши болмокчу болуптур. Кокту ылдый түшөт. Кыялай бастырат. Суу кечет. Адырларды кыркат. Томого кийгизген кушу чанда канатын жарк эттире серпип коет. Өзү атын чу-чулап камчылаат. Деле көп алыс кетет. Айылга түш келет. Ушул айылдан өтсө, Байтиктин жери башталмак. Сол тарабында өрүүдөн ылдыйлап, сары атчан бирөө келатат. Боз атчан Калыгул анын алдын кесип, бет алдында түз баратат. Түштүктөн түндүктү карай келаткан анын аралыгы менен чыгыштан батышка бараткан өзүнүн аралыгын өлчөп көрсө, экөө туптуура жолдун

кырчышкан жеринен кезигишчүдөй. Бирине-бири жолукпай өтүп кетиш үчүн же ал чу коюш керек, же өзү чу коюш керек. Тиги дагы ушундай ойдо болду окшойт. Өзү дагы ушул ойдо болду. Бир калыпта Калыгул бастыра берди. Ошол калыбында тиги дагы бастыра берди. Бирине-бири улам жакындады. Ал дагы тааныды муну. Бул дагы тааныды аны. Тигил дагы ырсайды. Бул дагы ырсайды...

Ооба, келе жаткан сары атчан «Аксак-Бөрү-Абайылда» атка конгон, Абайылданын өзү. Биринин тебетейин бирине кийгизген шум иштеринен улам, ал экинчи ат менен аталып калган. Кеп ошол жөнүндө...

* * *

Кезинде Талас элинен Шаккулу деген саяпкер чыгат. Анын тору аты ашка алып барып чапса, ашта чыгат. Тойго алып барып чапса, тойдо чыгат. Жайда чапса, жайда чыгат. Күздө чапса күздө чыгат. Тору аттын күлүктүгү, чоң байгелерди алган даңкы ал эл менен бул элге угулат. Абайылданын шилекейи куюлат. Акыры чыдабай тору атты уурдап, бир жерге бутташтырууга аттанат.

Таласка барат. Билинбей иликтеп, саяпкерди табат. Алыстан чалгындап жүрөт. Чоң аш болот. Ат чабылаарын, чабылган аттар кайсы жерден кое берилип, кайсы жерден тосулуп алынаарын билет да, күн мурда кетип, орто жолдо жатат. Өзүнүн учкаяк атын даярдайт. Узун союлга чылбырын байлап, укурук камдайт. Эртеси күлүктөр келатканда токойдон чыга калат дагы тору атка укурук салып токтотот. Чапкан баласы менен чер аралап жок болот. Тескери жолго түшөт. Күн өткөрүп, өз аты менен баланы үйүнө жөнөтүп нет. Өзү изин буруп, жумалап жүрүп Төрөгелдиге келген. Тору күлүктү тартуулап, бир үйүр жылкы алган. Анысы кийин Байтикке угулат. Байтиктин байбичеси Апар Абайылданы чакыртып, мандайына отургузуп жемелейт:

— Каны жакын агаң турса, атасы башка Төрөгелдиге эмнеге күлүк тартуулайсың? Сени соем дегенинен, ачуусун тыйып олтурамын. Шорун ката электе ыгын таап, аганан кутулгун?!

Айласы кеткен Абайылда күлүктү Төрөгелдиден кайра уурдап, Байтикке берген. Шегин билип, арттан келген Төрөгелдинин жигиттерин тосуп, чабышкан.

Ошондо сол тизесине союл тийип, сылтып калган. Ага бөрү кошулуп, «Аксак-Бөрү-Абайылда» аталып кеткени ушундан болгон.

Абайылданын бирдеме өндүрүү үчүн казактар тарапка баратканын бул билди. Мунун бирөөгө тартуу алып, бирдеме өндүргөнү баратканын ал билди. Сергек эргүлдар бул сапарында кажашпай, бирин-бири аяша турган болду. Бирине-бири тийишпегиси келди.

Жаратылыш алгач оозанткан мүнөз, жаратылыш бешикке кошо бөлөгөн мүнөз ага болор бекен?

Жетип, Абайылда тизгинин тартты. Жетип, Калыгул тизгинин тартты. Жанагы «кажашпай» өтүшмөкчү болгондорун, жан чөнтөктөрүн сыйпалап таппай калышты. Саламдашуудан мурда Аксак-Бөрү-Абайылда озунду:

— Ии, Кайбар! «Чымчыгынды» кондуруп алып манган экенсиң?

Беркиси атын темине берип:

— Ооба, Шалбар! Бир тору атты ары-бери жетелеп сен деле жүрбөйсүңбү? — деп кайчы жөнөлдү. Эч кимиси кылчайышкан жок. Тилдеринин учуна келе калган сөздү айтып жибергенге эс ала түшкөнсүп, экөө тең бүлк-бүлк күлүшөт. Бири батышка, бири түндүккө узап, караандары алыстап барат.

* * *

«Бул тил «оорумдан» өлүп кутулбасам, тирүүмдө алым жетпейт го?» — деп өзүнө өзүнүн ачуусу келген Калыгул Байтиктин айылына кирип келет. Ал үйүнө чукул дөбөдө бир топ киши менен олтурат. Боз аттын башын ошолорго бурат.

Иштин жайын алар дагы түшүндү окшойт. Назар бурушту. Кептен ооздору бошоп, карап калышты. Араларынан жашыраагы тура калып Калыгулдун атын алды. Калыгул баарына чогуу бир салам айтты да, кушун ташка кондурду. Байтиктен баштап баарына кол алышты. Өнүнөн тартып, боюна чейин келишимдүү Байтик ийнин күүшөп, желбегейленген чапанын түзөндү. Сакалын сылап:

— Калыгул чечен, жол болсун! — деди.

— Өзүңүз менен бирге болсун, баатыр!

— Жол басып келипсиң? Суу кечип келипсиң?

Өз тарабында тартуу берээр мыктылар турса, быякка келгени үчүн өзүн көтөрө чалып аткан Байтиктин сөзүн Калыгул ирмелбей түшүндү.

— Баатыр, кереги тийсе, Меккенин алыстыгы болобу? Сизди кыргоол алдырып, көңүл ачсын деп эле...

— Аа, түзүк-түзүк,— деген Байтик ыраазы болуп калганда, көк куш колтугунун темгилдерин көрсөтө канатын жайып кагынды. Шаңшып да жибербеспи!

— Алып кеткиле! — деди Байтик кушту жигитине.— Куш үйгө алып барып, өзүнчө туур жасап кондургула. Жаңы этке сүрдөп кошуп, казан аскыла мейманга.

Иш ушинтип сонун башталат. Жайдары башталат. Тамак чукулдаганда Байтик Калыгулду ээрчитип үйүнө кирет. Олтурушат.

— Байбиче,— дейт Байтик аялын сыйлуу тиктеп.— Хан салыгынды ачып, биздин дүнүйөлөрдү Калыгулдун алдына жайчы! Ха-ха...

Жаз алдында тайдан быштычыкмага чейинки жылкынын жал-куйругу тонолот. Чабдар менен боздордун жал-куйругу агыш көк, жээрделердики саргыч, тору менен сурлардыкы кара. Баарын аралаштырып тытып, сабап же бир өңчөйлөп, аркан, көтөрмө, жип-шуу, кулундарга чыкта эшишет. Кыл аркандар жүк жүктөгөнгө, көтөрмөлөр отун-суу артканга урунулат. Жип-шуу аталгандардан түндүккө желбоо, түндүк жабууга, үзүк менен туурдукка боо болот.

Эринин сырын билген Апар жыйылуу жүгүнүн бир жагын которду да, ар түрмөгү бир кучак алты аркан, түрмөгү бир колтук жип-шуу, арчадан тээк кадалган элүүдөй кулундун чыктасын таштады.

— Катылып жаткан алтын жамбы, күмүш жамбыларды мен буюм деп эсептебейм,— деди бажактаган Байтик.— Дүнүйө-мүлк деп момундай күнүгө урунган буюмду баалайм. Кандай, Апар байбичем экөөбүздүн дүнүйө-мүлкүбүз жагабы?

«Муунуп өлчүдөй болуп, мынчалык эмнеге көп жыйгансынар?» деген сөз тилинин учуна келе калса дагы Калыгул бул сапар токтоду.

— Жакшы экен, баатыр! Катын-калачтын алакандарынын бир сыйра терисин жеп бүткөн оокаттар экен, баатыр! — деп кошо күлдү. Аркан, чыкталарды кармалап, кошо каткырды. Бышык эшилгенин мактады.

Кушка берилчү сый, али айтыла элек, жыты табити тарткан сүр эт аралаш жаш эт желе баштады. Жаркылдаган бычагы менен устуканын кыя кескен Байтик:

— Шабдандын жүрүм-турумун кандай баалайсың? — деп калды.

— Ал мага баалатабы? — деди Калыгул.— Баалаганга күчүм жетсе, мында келет белем, баатыр?

— Бах-бах-бах. Туурасын айтасың да! Тим эле көзгө сайып айтасың да!

— Мындан ары туурасын айтпоочу болдум, баатыр!

— Эмне себептен?

— Туурасын сүйлөйм деп жүрүп, «туурам» жоголду. Аксагандымдан «така» урдуруп алайын деп өзүңдүн жаныңда олтурбаймынбы, баатыр!

— Шабданды баалай албасаң... Мен кемчил жактарын айтып берейин; өтө карапайым. Кайдагы бир колубетин жуубаган койчу-колондор менен аралашып, тамак иче берет экен. Таза болбойбу. Сыпаа болбойбу жакшы деген. Мыкты деген?!

Калыгулду саат ушул жерден кайра басты! Тили уу немени шайтан ушул жерден колтукка кайра сайды да койду!

— Шабдан түбү кыргыз да,— деди камырабай.— Сыпаа болгудай өзүбек беле?

Эл оозунан: «Байтик Канайдын салынды аталган өзүбек аялынан» делинип кемсинтилген сөз көңүлүн сындырчу Байтикке Калыгулдун жообу жаакка чапкандай тийди. Көзү чакчайды. Чайпоосу токтолду. Бычагы менен устукапы дасмалга түштү. «Калыгулду эмне кылып ийсе? Тыттай жыланачтап: сууга салып сабатып, донузча өкүртсөмбү? Антүүгө колдон келет дечи. Бирок, бу неме менен кезинде агасы Жангарач менен Жантайлар эсептешкен. Катаал иштерге жиберген, алты уруу элге аты угулган неме эмеспи. Осолдук кылган болом го? Атак-баркыма залакасы тийип калат го? Итче жол шимшип келген болсо, кайра итче куйругун кыпчытып кур кубалайын!» — деген ойго келди.

Калыгул алаарынан жадгыды. Же кондуруп келген кушу жок, же ага тийген тартуу жок экп колун мурдуна тыгып, үйүнө кур кайтат. Окуя төгүлбөй-чачылбай Шабданга угулат. Таламын талашканга ыраазы болгон неме чын-төгүнүн өз оозунан укмакка Баяке менен Калыгулдун үйүнө түшөт. Озунуп салам айтат.

— Саламатсызбы, аксакал?

— Саламат үчүн үйдө олтурбаймбы. Өлүп калсам өкүрүп түшпөйт белеңер?!

Күлүшөт. Шабдан алдыртан тиктеп, тамак жасап жөтөлөт:

— Сапарыңыздан кур келди деп уктук?

— Укканыңар чын болсо, тогузга дагы тогузду ко-

шуп биротоло он сегиз кылып алгыла! — деди да үнүн бөлүп чыйралды. Шабданга: — Сенин кыргыз экенин жалганбы? Байтиктин апасы өзүбек кызы экени жалганбы? Чындыкты айтып койду деп, мени кыйыктагандар адилеттүлүккө жатабы? Кана, ыймандарга камчы чаппай туруп калыстыгындарды айткылачы? Эл караган жүзүмдү жер каратпагылачы? — деп жиберди.

— Пендечиликтин шору...— деди этегиндеги илээшкен чөп-чарды чертип, күнөөсүздүккө ыргып өткөн сөзүн баштап.— Пендечиликтин шору ошол чындыкты айткандарды коргобогондукта болуп атпайбы. Пендечиликтин шору ошол калыстык кыла албагандыкта болуп атпайбы... Капа болбоңуз! Мал издеп эки жакка убара болбоңуз. Мойнуңуздагы төлөмөл тогуз каранын милдетин биз алалы!

Калыгул күлүп жиберет:

— Бетке айтам деп айыпка жыгылсам. Бетке айткан үчүн айыптан кутулат экемин. Мындан ары өзүмдү өзүм кордобоюн. Эне сүтүнөн жуккан мүнөзүм менен өтөйүн. Кандай дейсиңер, калайык калк?!

— Туура, туура! — деди жарпы жазылган Шабдан.

— Туура экени чын болсо,— деди,— ушул жерден бир утушка жетип жагалданган Калыгул,— кабак-кашынан пайдаланып мен дагы суроо берип калайын, жообун айтчы өзүң?

— Айтыңыз, айтыңыз?!

— Байтикти дагы баатыр дейбиз. Өзүндү дагы баатыр дейбиз. Кимиң баатырсың? Кимиң башкасың?

Шабдан жүзү ак-кызыл болуп кетти. Көл башынан киза болуп келген неме ойлонуп, конур үндө айтты:

— Эрдик... Байтикке таандык. Көкжалдыгынан батынып, Рахматулланы өлтүрдү. Орустун жардамы менен болсо да чепти талкалады. Баатыр десем аша чапкандык болбойт... Чагымда мага,— деп мурутун сылап алды,— бак-таалай айткан го, аксакал!

Байтикке айтылган жакшы баа ысыгын муздатпай, бөёгун өчүрбөй Байтикке жетти. Күн узатпай өзү ушул чоң ыраазы болгон ал Алматындагы улукка кат жазып, жигит чаптырды. Пишпек менен Каракол дубандарынын тобун өткөрүүгө уруксат алды. Топ Чүйдүн башы Кичи-Кеминге белгиленген. Байтиктин башына жаңы ой туулган. Небактан бери кырчылдашып, жоолашып келаткан эки урууну ымалалаштырып, эл оозунда калгыдай, келечектеги укум-тукумдар айтып жүрүүгө арзыырлыктай иш жасагысы келди. Жакын туугандары-

нан сынып келген Шабдандын атагын көтөрүп коюуну чечти.

Эксегендей иш башталды. Таянган начальнигн Верныйдагы улуктан жеме уккан Көлдөгү элден алтымыш киши келди. Башчысы Боромбайдын уулу Өмүрзак, арасында Чыналы, мыктылар жоолашкан адамын кордотоорго дагы, жагынган адамын мактатаарга дагы кол жоолуктай урунган бечара ырчы Солтобай бар. Ал шилтөө боюнча өз тобунан бөлүнүп, алга бастырды. Көптүн ичинен өзүнө назарын бурган Шабданды көрдү. Сурданган, жеп ие албай турган Баякени тааныды. Буга чейин араларында эч нерсе болбогонсуп, ырчы өзү жарк эте күлдү. Үзөңгүнү чирене тээп, обдула Шабданды беттеп ырын баштады:

Оо, хан алдында көп жүрдүм,
Хандан кайрып жеп жүрдүм.
Башына келген заман бу,
Шабдан баатыр, аманбы?

Төрө алдында көп жүрдүм,
Төрөдөн кайрып жеп жүрдүм.
Төлгөсү сонун заман бу,
Шабдан төрө аманбы?

Ат карыса — жан тайды,
Эр карыса — мал тайды.
Угуп жүрдүм алыстан;
Хан болгон атаң Жантайды.
Арбагына тең келбей,
Далай кыргыз жалпайды.

Көк-Ойрок менен Челекти,
Ак калпактуу кыргыздан,
Таппадым сендей керекти!

Алтындан чалган бүчүнө,
Баракелде Шабдан эр,
Алышпай жыккан күчүнө!

Тогуздап чалган бүчүнө,
Баракелде Шабдан эр,
Торой чалган күчүнө!

Э-эй,
Кулдун уулу, Баяке,
Ачуунду кой, аке?
Берээринди бер, аке?
Соёрунду сой, аке!

Баяке бырс күлүп жиберген.

— Бу ырчы менен куудулга дабаа жок экен! Тилин кесейин деп жүрдүм эле эми койдум-койдум! — де-

ген.— Көтөргөн үйүнөр кайда!? Алып баргыла! Түшүргүлө! — деп буйруган жанындагы сабамакчы болгондорго Солтобай ырчыны.

Жыйынга чогулчулар жатуучу үйлөрдү тигүү, тамакашын даярдоо Арыкбай деген бийге тапшырылган. Арыкбай болсо алигиде Көл башына Шабдандар менен барып, ачка болуп, кара курсагынын азабын тартып келген. Арыкбайдын көкүрөгүндө кек барын, Көл башындагылардан өч алмакчы болгонун Шабдан менен Байтик кайдан билди. Жыйын бүткүчө бардык чарба иштерин тейлөөнү тапшырышып, андан жакшы жыйынтык гана күтүшкөн.

Арыкбай ойрон Көл башынан келген адамдар жайланчу үйлөрдү атайы бөлүп, нымдуу келген, камыштуу жерге тиктирди. Мунусу чиркейге таланып, тырманып, бети-колдору жара болсун дегени. Ошолорду тоюнтаар аш үйгө да деги эле кыйкырык зорго угулган алыстан орун берди. Анысы, бышкан эт конокторго жеткиче эле табак ичинде таланып бүтсүн дегени, атайы андыткан бейбаштар аркылуу.

Көлдүктөр камчысы менен ээр токумун алып калып, аттарынан да айрылды. Аттарды дайындалган адам кайтарат деп; бирөө кууп кеткен, кайсы коктуда оттоп жүргөнү белгисиз.

Эртеси жыйын ишин баштамак болушту. Окчундагы дөбөчөгө шибер аралаш жаш ыранды бырсылдата басышып, жапыра жалпайып мандаш урушту жайнаган адамдар. Көгөрүп көтөрүлгөн көк асмандын астында жыйын ачылды. Тебетейин алып жанына койгон топучаны... Калпагын кыңырайтканы... Бет чүкөлөрү уркуйган кагелес... Онтоп ынтыкканда жүздөрү каракөктөнгөн семизи... Баарынын көздөрү тиги Бишкектеги чөп талкалангандан кийин данкы таш жарган Байтикте. Анын катарындагы ар кимге кунт коё тиктеген Шабдан-да. Экөөнүн курчангандары тең кемер. Экөө тең суусар тебетейлерин жанына чалкасынан таштап, шырылган көк дукаба топучан. Шабдандын ийниндеги чөйчөктүн оозундай полициянын полковниги болгон тегерек чининин алтынга түстөш желбироочтөрү сенселет. Солтобай ырчы кошкондой көкүрөгү бүт эле бүчү экен. Бүт эле тизилген топчу экен. Мындай кийимди биринчи көргөн сырт адамдары эрикпей олтуруп ушунча бүчү чыгарып шырыган, ушунча топчу кадаган иштүүгө баш катырат.

Көгаласы көбөйгөн сакалын экчеп коюп Байтик сай-

медирей баштады. Башты кыцырайтып кулак тоскондор муюду. Чымындын дыцылдагы угулган тынчтык болду жашыл талаада. Чыныда тынчтык болбой тымтыракайы чыгып атты аттар оттогон талаада. Арыкбай уюштурган ээнбаш жигиттер аттардын семизин тандап, четинен карман, жетелеп кетип атышты. Өз малдарынча союп киришти. Шабдан менен Байтиктин тегерегинде олтурган көлдуктөр деле жыргап, көшүлүп отурган жери жок. Түн бою чиркей талап чыккандыктан бирөөнүн көзү шишик. Бирөөнүн ээрди түйрүйгөн. Көбү кызылала болгон мойнун, бүдүрала болгон билектерин тырмап, кашып, азыр да ичтен сөгүнүп олтурат. Аш үй алыс болгондуктан чубашып табак көтөргөн жигиттер көлдуктөргө жеткиче үзүп-жулкуп жешип олтуруп, кунары кеткен каргыш, сөөктөрдү алдыларына койгон. Чыкты да коромжулатып, өпчөп бирдеме беришкен: «Өткөн жолкуда Шабданды ээрчип, айылга баргандардын астын «күптү кылып» артын «май кылгыртып» жиберген экенсиңер! Көпкө тамак ичишпей, кара чай ичип атып зорго оюлуштуу!» деп, какшыктаган табак тартчулар. Айыптуу көлдуктөр кыц дей алышпады. Жер карап үнүрөйүштү.

Арыкбай жасаган наадандыкты жыйын башчылары кийинки күнү туюшту. Аны да Солтобай ырдап жар салды:

Шабдан, Байтик экөөлөп,
Арыкбай, Баяке төртөөлөп,
Чиркейден шумкар салышты.
Чыныбайды жекелеп,
Бир жагыман сайып жеп,
Бир жагыман чагып жеп,
Өзүмдү да тойлошту!
Шишиги бойдон кетелек.
Устукан тартты мүлжүлгөн,
Бул шумдукту ким билген.
Бүгүн,
Ууру болду ат уурдап,
Солто эли мурда тим жүргөн!
Башы бизден кетсе да,
Аягын силер бүлдүргөн.
Кош айтышып тарайлы,
Ар коктуга бир-бирден!

Арыкбай кылган наадандыкка Байтик ачууланаарын же мурда беркилерден кеткендикке чегерип кечирим сураарын билбей турганда Шабдан шыпшынып, кейип, күцкүлдөйт:

— Ушул топтон көрөкчө, илгеркиче чабышып, бацы-

көзүбүздү жарганыбыз жакшы эле. Қол кычуубуз канып, көксөөбүз сууп калмак. Шабдан оозун жыйып алгыча жоруксуз жосунду көрүп, бастырып чыккан Калыгул экөөнө чукул токтоду. Салам айтылып, алик алынгандан кийин:

— Ээ, эки баатыр! Топ абалы кантип атат? — деп калды.

— Топ курусун! — деди Шабдан. — Көлдөн келгендерге жабыр тарттырып ийишти. Жайытта аттары жок. Алдыларында аштары жок. Ичи кабырылып, кыңырылган жан, аба! Үңүрөйүп жер караган эле жан, аба!

— Ий, Чыныбай туйлаак ошонун ичинен чыгармак! — деп, күнөөнүн башын Көл тараптагыларга оодара салды да, атын моюнга чаап, Өмүрзакка бурулду. Қарыянын буйругу менен ал бир ат жетелеп келип, Арыкбайдын алдына түшөт:

— Өгүнкү айбыбызды кечиришиз! — деп өтүнүп, кол куушурат.

Тентектик жасагандар шамал айдаган чандай тыйылган. Байтик өз жамаатындагыларга алты ирик куйкалаттырган. Сары таман бээ сойдурган. Көлдөн келгендерди өзүнчө бөлүп меймандаган. Жергиликтүүлөрдү өзүнчө бөлүп, жарлыкты айткан:

— Чүй боорундагы солтолор, он ат камдагыла. Солто ичиндеги саяктар, он ат камдагыла! Тынайлар, силер он ат камдагыла!

Отуз ат кермеге тизилет. Байтиктин бир жагында Калыгул, бир жагында Шабдан. Жайнай олтурушуп, ага жалдырай тиктеген көпчүлүк. Кемерин апчып: заңкзаңк сүйлөгөн Байтик:

— Ормон хан эле... Суучулдун ажалы — суудан. Хандыкы — тең тууганынан деген экен. Көл башындагылар тең туугандык кылып өлтүрүп алышты. Ошондон бери найзанын учу, кылычтын мизи менен жүрүшүп...— деп туш тарапка көз таштады. Ар кимдин жүзүн чолуй тиктеп, тамак жасап жөтөлдү. — Баргандан даабай, мандайлашып даам татыша албадык ушул күнгө чейин. Қагылышыпар оруска кошулгандан кийин тыйылды. Чыны «орус келди, жумуш келди» бизге тууган-дар! «Өткөн өттү, кеткен кетти. Көлдөгү туугандар менен дидаарлашалы. Жууратай уюп, ынтымакка келели» деген жакшы ойдо жетиниш киши менен барса,— деп Байтик Шабдан тарапка тумшугун шилтейт.— Береги чен тагынган кызыл мырзаны ыза кылып коё берген экенсиздер...

Узун куйрук сагызган,
Кыска куйрук оошкон,
Кырылышып кетсе да,
Кыйышпаган туушкан!

— деген экен илгертен ата-бабаларыбыз. Эми, олтурган ак көз, кара көз туугандар, мындан ары, кыйышпай жүрөлү! Биз берген береги отуз атты тартууга алгыла? — деп дагы тамак жасады.— Кийин биздин балдар айта жүрсүн. «Атабыз боштугунан огуз ат тартуу берген» дешип. Силердин балдар айта жүрсүн: «Аталарыбыз «мыктылыгынан» арабага жармаштырып, жөө-жалаң кубалаган самсытып»,— дешип. Анда Солтобай ырчы тура калып бакылдайт:

— Баарыңар ынтымакташып алсаңар, мен кайсыны ырдайм? Кимдерди кордойм да, кимдерди коргойм!?

Олтургандар дуу күлүштү куйкумдуу сөзгө. Ар тушган кобур чыкты.

— Байтик, бул сапар Бакай болду го!

— Кызыл камчы, ырайымсыз дешчү эле...

— Эл оозунда элек барбы. Келжирей бериишет да!

— Баракелде Канайдын тукумуна.

— Бир айтасыңбы, эки айтасыңбы, абасы.

Байтик кобурду укмаксан.

Тоо арасында элдин кагылышы ушундан кийин тыйылган. Булун-бурчтарда боло калчу майда шойкомдор өтүкчүнүн балкасынан зыргыган күл мыкча чоң ынтымактын арасына житип, билинбей калган. Көптөн бери чабышып келген Бугу, Сарыбагыштардын элдешүүлөрүнө Байтик чоң себепкер болду деген даңаза элге тараган.

* * *

Адам жаралып кайра жок болгон жосунун эч бир акыл, эч бир амал өзгөртө албайт экен. Анан бул күчтүү өкүмдөн көкжалың да, коркогун да кутула албай туткунуна түшөт экен. Жашоодо менсинген текебердүүң, жашоодо жетишпей термигенің өлгөндө гана тепе-тең укукка ээ болушат экен. Чий түбүндөгү боз коёндун бөжөктөрүндөй кулак жапыра көздөрү тостоюп, бөгүп берет экен ажалдын жазылбас чеңгелине. Сынарындай кадимки өкүмү өткүр Байтик ооруп, төшөктө жатты. Үстүнө үйрүлүп, кармалап, жамынчасын ондогон Көкүм.

Байтик алдастайт. Дөөрүйт:

— Тору атты тарткылачы, тору атты тарткылачы! Тебелеп салды — тебелеп салды! Қабыргамды кыйратты. Өпкө-боорумду эзип салды. Тору атты тарткылачы.

— Баатыр! Тору ат жок. Мен элемин! — дейт Көкүм. Аа болбойт Байтик. Тынчып калып эле кайра дөөрүйт:

— Тору атты тарткыла, өпкө-боорумду эзип салды?! — дейт. Алдастайт. Жан терге түшөт.

Тору ат демекчи... Аксак-Бөрү-Абайылда уурдап келген Шаккулунун тору күлүгүн ар кайсы жерде болгон аш-тойго чаап жүрдү Байтик. Басып баратканда артынан караган кишиге эки алдыңкы буту көрүнгөн, чаткаягы кең, соорусу көмөргөн казандай, сээрлүү, суйдаң жал, башы тепшидей, кулагы шамдай Тору күлүк жүз атка кошуп чапса да, үч жүз атка кошуп чапса да биринчи келет. Артында Байтиктин өз күлүгү Керкашка.

Ат чабышка ышкылуу Байтик мерчемдүү жерде Көкчөсүн алкынтып тосуп турат. Түйүлгөн көкүлүнүн учу дирилдеп, чырмалган сом куйругу менен өзүн-өзү сабап, кулагы шамдай, куюндай чаң сапырылып Тору келатат. Байтик Көкчөнүн оозун коё берип, жандап айкырат:

— Тору аттын оозун тарт! Тору аттын тизгинин тарт!

Үстүндөгү бала тизгинди жыят. Төрт туяктан даңканды зыргыткан күлүктүн күүсү бастайт. Керкашка жетет. Өтөт. Далайга узайт.

Байтик кайра айкырат:

— Тору атты коё бер!

Күлүк кайра зымырайт. Керкашкага жетет. Жандап, жебенин огундай өтөт. Байтиктин көз алдында качып баратканда Рахматулла. Көкчө менен жетпей айкырган өзү:

«Короого жетсе алдырбайт! Қайран жерден айрылдык ээ! Оо, арбактар, колдой көөр!» Жанынан ок жыландай шарт өткөн ошондогу Керкашка. Рахматулланын колун кыя чаап, тизгинин илип бери бастырган Көкүм. Ошондогу Көкүмдүн эрдиги менен Керкашканын күлүктүгүн кантип унутат! Ошондо чоң намыска жарап берген өз күлүгүнүн алдына башка күлүктү кантип чыгарат! Ошол окуядан кийин Байтиктин даңкы чыкпадыбы? «Байтик баатыр» атанбадыбы, ушуларды эстейт да, ушуларды элестетет да жулунуп кайра айкырат:

— Та-арт Тору аттын оозун, тарт!

Тору күлүктүн тизгини тартылат. Күүсү басандайт. Керкашка кайра жетип, кайра өтөт. Баш байге Кер-

кашкага тиет. Тору көзүн чакчарылтып, жер чапчып, ойдолойт. Бул күнү Байтиктин кабагы салыңкы кайтат. Бир-эки күнгө үйүнөн чыкпайт. Эмкиде чыкса жолун тоспоюн. Тизгинин тарттырбайын деген ойго келет санаасында.

Күлүктөр келатканда эле баягыдагы Көкүмдүн эрдиги, баягындагы Керкашканын күдүгү элестейт. «Сени төрөгөн апандан айланайын, Көкүм! Күлүгүн берген Күрүчбек элинен айланайын!» деп айкырганын эстейт. Токтоно албай айкырат:

— Та-арт, Тору аттын оозун, тарт!

Баш байге Керкашкага тиет. Тору күлүк экинчи орунга сүрүлөт.

Дагы бир жолку чоң чабышта жүз жетимиштен ашуун күлүктөрдөн алда кайда узап, кара жолдун үстүндө, бозомтук закымдын арасында аркырай арыш таштап келаткан Торунун тизгини дагы тартылды. Баягы шорду кайнатчу азапты сезген күлүк ай чапчып, кош аяктай калды. Бир кишенешти салды дейсин, укандын азат боюн тик турду. Күлүк асманга карап, арызмунун айтып аткандай... Асманга карап кимдердидир каргап аткандай... Ошондо көрүп турган Байтиктин чокусуна чокмор согулгандай болду. Башы зың этти. Чагылган түшкөндөй көзү жарк-журк.

Ушинтип бир канча жолу Тору күлүктүн тизгини тартылды. Бир канча жолу баш байгеден кагылган. Ошончолук калыссыздык жорук кылган Байтик Тору ат менен алышып атып... Күлүктүн чоюн туягына тебеленип атып... Өпкө-боору эзилип... Канча жыл бою жүрөгүн түпөйүл кылган санаа эки эсе өч алды. Канча жолу баш байгеден кагылган күлүк балчыктай тебеледи. Тарптай чарпыды. Күлүктүн көзү чакчарыла, кулагын шамдай көтөрүп, жапырып, моокуму каныл атты. Бир кездерде буйругун аткарып турчу өкүмү күч Байтик, эми айдап ийүүгө даремети жетпей дөөрүйт, алдастайт, жан терге түшөт.

— Ай, Тору атты тарткылачы! Өпкө-боорумду эзип койду. Тору атты тарткылачы, айланайындар!

Өзү кылган зордук иштин акыры өзүнө кордук болоорун, тирүүчүлүктүн баркын баалабай зөөкүрлүк менен өтчү жаман иштер андан бетер жаман аяктарын алдастаган Байтик бирде акылы ордуна келген, бирде адашкан эсинде бүдөмүк сезди. Айласы кете кара терге түшүп, тору күлүк менен алышып аткансыды чамасы.

СЕГИЗИНЧИ БӨЛҮМ

Тоо арасында кепке-сөзгө алынган чоң уруу төртөө. Ошол чоң уруу делингендин ар биринде ги майда уруулардын саны сакалдын түгүнөн көп. Көрсө, бир элдин ичинде жашаган бир эле адамдын бала-бакырасы көбөйүп, алар мал-жандуу болушуп, кыштоо-жайлоо ээлешет экен. Анан барып мезгилдин өтүшү менен кандаш жакындарынан адашып калбас үчүн түп атасынын атын атап, ошол атанын аты акыры уруунун наамы болуп кетет тура...

...Жумгалдагы кецешкен топко кошоктошкондой бирге жүрчү Осмонду ээрчитип Сырбай катышкан. Тиги кычышчаак неме тилмеч аркылуу сураган:

«Бир журтта жышынып отура берген жакшыбы же кыймылдап башка журтка көчкөн жакшыбы?..»

— Журт которсон, айланан таза болот. Малыныи жайыты жанырат,— деген төрөнүн жанындагы Үмөталы.— Муну эмне себептен сурадың?

— Журт которуу жакшы боло турганы чын болсо,— деди көзүнөн анткор күлгөн Сырбай.— Буга чейин датка менен калпалардын айтканын уга берип, ашмалтай болуп бүттүк. Маселен, мен өзүм макулмун оруска кошулууга. «Бийлик жанырып турса, адамдардын акылы да жаныра баштайт» деп айтканын укkан элем бир дамбылда акеден».

Үмөталы төрөгө жандап, күлүмсүрөгөн:

— Өтө эле бышык келишет, бул эл!

Сырбай ошол замат:

— Андай болбогондо көп кайнатканга туруштук бере албай, эзилип кетмекпиз! — деген.

Үмөталы мойнун созуп:

— Ашыгыраак чыйраксынар! — деп кекете чалат. Сырбайдан кантип сөз качсын:— Чыйрагыбыздан далай күчтөр кере тартып атса дагы үзүлбөй жүрбөйбүзбү! — деп бүткөн. Эл күлгөн. Падышанын амирине макул экендиктерин билдиришкен.

Ушинтип, жаамы түндүк кыргыздар туура тапкан ишке, Ак-Талаа жактагылар кошула элек. Ал элдин макулдугун алуу дагы Шабданга тапшырылат. «Түштүк тарап жөнгө салынып калганда коншу катары жашаган чоро элине эмнеиин кыйналышы. Кудай алсын, кайсы чечилбей койчу баш ооруткан талаш иштер бар эле!» деген ойдо болот. Солдат ээрчитүүнү коёт. Ээр-

читкени баягы жан шерик жигити Баяке. Акылдашы Байзак. Чоропун өз уруусунан Келдике деген. Жер кыдырууну сүйгөн, эл аралоого, тил үйрөнүүгө кызыккан Колпаковский эки солдат, бир тилмечи менен кошулат.

* * *

Шабдандар чоро элине келерки жылы өтчү чон топтун жайын, эл болуш-болуш болуп бөлүнөөрүн, бир болуш элге эки бий шайланаарын; жүз башы, элүү башы, он башы деген старчындар алык-салык жыйнаарын түшүнтүшмөк. Ар бир болушка караган эл өздөрүнө тиешелүү жердин чегинен тышкары, башка болушка таандык жайыттан пайдалана албасы айтылмак. Бет алган жагын карай, ою менен самсып көчүп жүрө берүү тыйылат. Бейкүнөө адамдарды калп жеринен күнөөлөсө, уруп-сөгүп, зордук кылуулар соттолот. Абакка камалат. Сүргүнгө айдалат. Ушундай жаңы улуктардын укук жагдайын элге колдон келишинче түшүнтүшөт. Анан ак падышанын букаралыгына өтүү деген катка мурдагы датканын бармагын бастырып, кайра тартышмак.

Эчтекеден кам санабаган элчилер шатырап, эл аралап жүрүп отурушту. Түштөнгөн жерлеринде козу союлат. Түнөгөн жерлеринде тай союлат. Кымыз чайкалат. Бир-эки күн байырлашса куш салдырышат. Аркар, кулжа аттырышат. Чер жазып, кызыкка батышат. Дуулдашып Ак-Талаанын чегине кирип барышат. «Чотукенин Чон-Терек» деген зор теректин түбүнө жатып калышат. Абалы кабар айттыралы келатканыбыз жөнүндө деп, эл башындагы даткага Баяке менен Келдикени чаптырышат кенебестер.

Ат үстүндө жүрүп; денелери жанчылып чарчаган немелер ээрди жаздана көрпөчөгө сулаганда эле кор этип уйкуга кетишет. Нарын дарыясынын илеби, түркүн гүл менен чөптөрдүн, тал менен камыштардын жытын коштогон жайдын жели жолоочуларды көшүлтөт. Түндүн киргенин туйдурбайт. Уйку-соо арасында түйшөлгөндөн, оодарылгандан эринишет. Жамбашка мамык төшөлгөндөгүдөй бул жыргал уйку, сүткө тойгон балтыр бешик бала сымалданткан бул бейиш уйку адамда дайыма болбойт. Зор теректин түбүнө жаткандарга ошондой чанда келчү уйку жолукту. Күндүзгү ойлонуулардан, күтүүлөрдөн таптакыр бөлдү, көшүлттү.

Табийгаттагы кооздукту да бузган адам. Имерилген тынчтыкты да чачып, чуу көтөргөн адам. Мына эмесе, беймарал уктагандарды карай мылтык атылды. Адамдардын күүлдөгү, аттардын дүбүртү тегеректеп келе жатты...

Байзак чочуп баш көтөрдү. Дендароо болуп турду да, бул соо чуу эмес экенин билди. Барып Шабданды чапчыды:

— Тур ой! Балээ болду!..

Ал дагы турду. Бүкүлү жаткан немелер дарыянын жээгиндеги токойду көздөй жөнөй беришээринде Шабдан:

— Майор! Кайдасың? Качкын! — деп кыйкырды. Экөө токойго жетип, караандары көрүнбөй черди аралап баратышты. Зор теректин айланасы атчандарга толду.

* * *

...Бир мезгилде даярданган кара калмактар түн жамынып чоро саяктардын айылын баскан. Дайыма экинчи үйгө Чоң-Буурул деген күлүгүн байлап, сак жүрчү элдин баатыры Тайлак жоо-жарагын алат да, күлүгүн минип, курчоодон чыгып кетет. Калмактар Тайлакты тааныш үчүн адамдарды тизип олтургузушат.

«Тайлагынар кайсы, башчынар кайсы, айткыла? Болбосо баарынардын башынар чабылат!»

Ошондо кең дамбалынын багалегин балтырына ороп маасысын конултак кие койгон Тайлактын аялы:«Өзүм өлсөм мейли, балам аман калса экен!» деп балтыр бешик баласын аласына сала коюп, элдин катарына олтура калган. «Тайлак сен болуп жүрбө?» — деп ашмачы чоң сакал сарттын башын биринчи чапканда, бук турмадагы колун алган Тайлак жоону карай каптап, айылдагылар аман калган. Ошондогу дамбалдын аласына баткан бала — Осмон эми алты канат үйдүн төрүнө зорго батчудай локуйган сөөк-саактуу, эткээл адам болгон. Датка дагы ошол. Алты жүз үйлүүгө жакын чоро эли Осмондун көзүн карап, Осмондун буйругун аткарышат. ...Тээтиги Ысык-Көлдүн этеги Балыкчыдан тартып, күңгөй тарапты жээктеп кеткен Өрүктүгө чейин, тескейдеги Тондон Сыртка чейин, Жумгалдан, Кетмен-Төбөгө чейинки жерлерде жашаган эл, уруусу боюнча буларга жакын. Алар оруска кошулуп атканда чоролор кайсы чокуга чыгышат эле? Ошолор көчкөн багытка

көчөт. Ошолор кошулган элге кошулат. Осмон эли менен ушул ойдо турган. Шабдандардын чоролорго ишенип, камырабай коюшу да ыктуу ини болчу. Бирок, жүрүп олтуруп түпөйүл болгондуктан айтылчу ушул «бирок» сөз акыры бир мүдүрүлтүп алмайын тынбайт эмеспи. Он жолго түшпөйт эмеспи онойлук менен.

Ак-Талаа, Тогуз-Тородогулар Кетмен-Төбөдөгүлөр менен жайлоолош, кыштоолош. Жалал-Абад аймагындагылар, аксылыктар, Ноокат менен, Алайлыктар менен эзелтеден алыш-берүү кылып келишкен. Аш-тойдо өтчү жөрөлгөлөрү да окшош. Тилдери түндүктөгүлөрдөн айырмаланып, бири-бирине жакын. Аштыктан көбүнчө жүгөрү, таруу эгишет. Кышкысын бозо ачытууга кумарланышат. Тиричиликтин зарылчылыгынан улам үзбөй катышып, бирөөдө болгон окуя экинчисине тез угулат. Өткөн жылкы Алай тараптагы окуя Осмонго жеткен. «Курманжан датка айласы кеткенде кошулуу келшимине мөөрүн басып келди Ташкенге барып. Өзүң сак болгун!» деген кабарды алган Осмон. Ошондой шартта жек көргөн эки адамы үстүнө кирип барбаспы. Биринчиси — Келдике. Ага: «Өз тууганым болуп туруп, эмне үчүн алдын ала кабар кылбайт?» — деп кыжырланды.— Быяктагы аксакалдар менен, айыл башчылары менен кепешип алат элем го!»

Экинчиси — Баяке. Аталары киши өлтүрүп, качып-бозгонун, өзү дагы Курманын башын жара чаап өлтүрүп, кандуу кол атанганын билет. Жек көргөн экөөнүн түрлөрүн көргөндө төрүндө олтурган Осмондун ак чийилл жүзү кумсарды. Эттүү мурдунун таноосу кычылды. Чоң көздөрү ого бетер алайды, көк чалган мурут-сакалы түктөйүп титиреди. Экөөнүн жарыша берген саламына жооп кайырбады. Жутуп жиберчү баштанып тиктеп калды. Кабарчылардын эки тарабына тура калган өз жигиттерине каш кагып:

— Айттыргылачы, канча солдат менен келишиптир шумурайлар? — деди.

— Боорум! — деди Келдике ашыгып.— Болгону төрө менен үч орус. Шабдан, Байзак бар...

— Боордон кет! — деп каккан Осмон жигиттерине буйругун жаадырды.— Колдорун чырмагыла! Көк-Ташты көздөй айыл түгөл көчсүн! Бул тынчылардын артында канча солдат жатканын айтышмак беле?! Алайдагыларча канга бөлөгөн атышат!

Тополоң ушинтип башталган. Осмондун иниси Боркок баштаган бир канча жигит Чоң-Теректин түбүндө-

гүлөрдү баскан. Колпаковскийди үч солдат менен байлап кеткен. Чытырман токойду аралап качкан Байзак менен Шабдан түн карангычылыгында табылбай калган.

Айласы кеткен элге баш калкалаар жай өңдөнүп, бирок жеткенден кийин малды да кырып, жанды да кырып койчу кара жолтой Какшаалды көздөй Осмон башкарган калк үрккөн.

Картаң чалдар мал менен кеткен. Союл кармаар эркектерди алып калган Осмон арттан утурмалап жоо тоскон. Бийиктерге кароолчу койдуруп, багыт-багытты чалгындаткан. Ушундай сактык менен үрккөн элинин артынан жүрүп олтурган.

Унаасыз калган Шабдан менен Байзак ара конуп, жайлоодогу элдин четине жетет. Жигиттерди ары чаптырып, бери чаптырып чукулдагы элден кол курайт. Төрт жүз чамалуу кол менен Осмонду кууп жөнөшөт. Тосоттоп бараткан Осмондун колуна бешинчи күн дегенде жетет. Араларында солдаттар жок экенин Осмон көрөт. Келдикенин айтканы чын чыгат.

— Аяшкыда бириңерди-бириң! — деп эскертет үнү жоон неме айланасындагыларга алма-терме бурулуп,— кыйратып жиберээр эчтекелери байкалбайт. Бүт эле өздөрү окшойт.

Кийин Боркок баатыр айтчу эле дешет: «Ажалы жок менен таалайлуу адамга арга жок экен! — деп. — Кантала көк атка камчы басып, найза сундуруп келаткан Шабданды карай тору күлүгүмдүн оозун кое берип, мен дагы найза сундуруп жөнөдүм. Чукулдаганда тизгинди таштадым да, «найзаны кош колдоп туруп урайын» деген ойдо болдум. Акетай! Түшүп кеткен тизгинге чалынган атым оңкочуктап кетип, найзамын үчү Шабдандын ээринин кашын омуруп, өзүнө тийбей калса болобу?!»

Шабдан Осмон менен үч кайтара беттешкен. Негедир жетишкенде эле найзалары ашташа калып, денелерине жолобой бош өтөт. Муну Байзак байкады. Баары байкады. Найзалашууга кызуулап калгандар тизгин тартышты. Биринин жүзүнө бири карап токтошту. Оң кулагы кара, чийкил кызыл күлүгүнүн үстүндө жүргөн зор денелүү Осмон Шабданга бет алып:

— Кызыл мырза! — деди.— «Тамашаны» токтотолу. Арттан солдат ээрчитип кайра келчү болбогун. Жеткен жеribизде кырылып калбаспыз. Туз буюрган болсо жүздөшөрбүз. Жолуңардан калбай кайра тарткыла деп

үнүн бөлгөн.— Үркөн элдин артынан биз дагы бастыралы...— Баарынан жашы улуу Осмон, ошондо акыркы сөзүн айтып бүтөөрдө үнү каргылданып кеткен. Көзүн жаш чайып, каныргы түтөгөнүн жүзү туйдурган. Кептин чоо-жайын түшүнгөндөр мунайган.

Бурула берген Осмондон Шабдан:

— Майор төрө менен Баякелер кайда? — деп сурады.

— Аларда ишиң болбосун! — деди кайра кылчайып, чыйралган Осмон.— Өзүңдүн тирүү калганына сүйүнгүн!

* * *

Бир топ жыл өтөт. Сакал-муруту ак тарткан Осмон элин алып, мал-салын айдап жерине кайра келет. Ак-Талаа, Тогуз-Тородон бери кыштоо, жайлоосуна чачылып, өзөнүн бойлоп, жерин айдап, тиричилиги менен алышат. Күндөрдүн биринде куралдуу солдат Осмондун үйүн тегеректейт. Чакыруу кагазын сунат. Тилмеч түшүндүрөт. Осмон датканы Ташкенттеги генерал чакыртыптыр. Жанынан түнүлгөн карыя үй-бүлөсүнүн, ага-туугандарынын топурагын түйдүрүп алып, аттанат. Ташкенге жеткенде өзү күткөндөй эле даргага асканга өкүм кылынат. Мына бүгүн, мына эртең асылмай болуп атканда капысынан эки солдат айдап жөнөйт. Мусаапырлык башка түшүп турганда, жакшы башын кор болуп, көр оозуна жетеленип келгенде, улгайган кишиде эмненин кайраты. Булгаары каалганы солдаттар ачканда: «даргасы ушул жерде экен го!» деп келме келтирип кирет Осмон. Жаркыраган кийимчен Төрө мамык отургучтан турду. Күлүмсүрөп бери басты. Кыргызча таптаза сүйлөп:

— Салоом алейкум, Осмон датка! — деди колун сунa берип.— Тааныбай атасызбы?

Карыя дендароо болуп тиктеди. Сүйүнгөнүнөн өз көзүнө өзү ишенбей:

— Капырай, сен баягы Калпак баатырсынбы?! Кудай жалгагыр, кайдан жүрөсүң? — деди.

Бул кадимки майор Колпаковскийдин өзү болчу. Фамилиясы дагы кыргыз тилине оной болуп, унутулчу эмес...

* * *

Чоро эли мурда Үмөталылар барып кыштабай качкан жерлерде чачылат. Алардын кою жаткан короолордогу көндөрдү отун үчүн кантарып жыйышат. Үйлардын омполорун чогултушат. Жылкынын тезегин, төөнүн корголун теришет. Ар коктуда, кыян жеген андарда азуусу арсайган төөнүн, жылкынын баш сөөктөрү, тизилген аркалары, куймулчакка жөлөнүп жамбаштары жатат. Арасынан шырт этип, кескелдириктер жойлойт. Баш сөөктөрдүн көлөкөлөнгөн каңылжаарлары, үңүрөйгөн көздөрү шуулдаган шамал аркылуу бозомтук талаага муң-зарды айткансыйт... Жан айласы үчүн келгендердин эсин энгиретет. Ичке бук толуп үшкүрүнтөт.

Ар кимдер тиричилиги менен алышат. Осмон датканын жаны бир аз тынч алат. Келдике менен Баяке түшөт эсине. Аларды күнөөлөө үчүн эшигинин астында олтурган.

— Чычырканак кыйып келгиле! — деди. Жулунган жигиттери минген атына алачыктай чиркеп, артынан чаңын чыгарып чычырканак сүйрөтүп келишти.

— Төшөгүлө жарымын! — деди. Көтөрмөлөрдүн үстүнө таштап төшөштү.

— Келдикени алып келгиле! — деди. Сур дамбалчан, соксоюп жыланбаш, жылаңаяк Келдикени тикендеси самсаалаган чычырканакка жыгышты.

— Какый! — деди Келдике чыдабай титиреп.

— «Какыйды» эми билесин! — дейт датка.— «Жамынчысын жапкыла!..

Калган чычырканакты үстүнө ташташтьі. Башын калтырып, эки жеринен көтөрмөнү орошту. Төрт жигит көтөрмөнүн учтарын керилип чытырата тартып киришкенде, сөңгөктөр бычырап, бутактар бырс-бырс сынды. Башын кежендеткен Келдике:

— Ой, айланайындар! Өлүп баратам! Жан соога? — деп бакырат.

— Соогатты кийин аласың! — деп кекеткен датка, жигиттерине кол жаңсайт.— Сүйрөгүлө! «Ойноткула!»

Тикенге оролуп боздогон Келдикени дырылдатып нары сүйрөштү, бери сүйрөштү. Көгөрүп-татарып көзүн жуумп эстен танганда «чечкиле!» деп датка ордунан чечилди. «Жамынчы» сыйрылды. Келдике тургузулду. Эти кызыл ала.

Ушундай абалда эки жолу кыйнаган. Денеси ириндеп шишиген. Сыкканда чириген тикендер ирин менен кошо түшкөн. Өзү тирүү калган.

Баякени анчалык узакка «эзген» жок. Атасы Күнтууган баласы үчкө караганда той берип, эл чакырып сүннөткө отургузуп, «мусулман» атаса, Осмон датка кырк жашка келген Баякени экинчи жолу мусулман жасамакчы, өзүнчө «жаны сүннөттү» башгатты. Жигиттерине буйрук берип кетип калды. Жигиттери: буга чейин эч жанга моюн сунуп көрө элек күржүйгөн Баякени чоң таштын далдоосуна отургузушту. Көзүн танышты. Колун артына чырмашты.

— Курмандык кыласыңарбы? — деди Баяке кыйноосунун кандай болорун билбей.

— Аны азыр көрөсүң!

— Айтып койсоңор боло?

— Болоору боло турган болгон соң, айтып эмне, айтпадык эмне?! — дешти. Чөгөргөн төөнү түздөөчүдөй бетер бутун бүктүрүп, шыйракты жоон сага жабыштырып чырмашты. Чалкасынан салышты да, сайма ычкырынын илмегин тартып, шымы менен дамбалын шылырышты.

— Эмне кылмаксыңар? — дейт Баяке.— Мынткидей аял эмесмин го?!

— Болбосоң азыр болтурабыз... Анан Жантайдын өзүнө ныке кыйдырып, Курманын ордуна койнуна салабыз! Түшүндүң го эми? Ии, бирөөгө кылсаң анын кысасын акыры тартасың ушунитип. Колундагы Кара уста жасаган мүйүз чокморду шилтегенинде чокусун чеңгелдеп жыгылган Курманы эстедиң го эми!

Баякенин жүрөгү кабынан чыкты. Ошондо башынан кан жая берип жаткан Курманын денеси көз алдына келди. Коркту. Ичиркенди. Силкинди. Тиштенди.

Манжасы жумшак табыптын колу бирдеме издегенсип укалады да, ушунчалык тездикте бир эндин «жибин» чырт үздү. Бу кандуу колдон мындан ары тукум болбосу чечилди. Баякенин эси ооп түшүп, жер астынүстүн болуп кеткенсиди. Бул жарыкчылыкта жүрөктү эляжиретип, жаштыктын жалыны уруп, падышадан да артык сездирген, ар бир кишинин купуя түшүнүп, бирок ортого салбаган ошол каснеттен түбөлүк ажыраганын түшүндү. Андан көрө өлүп кетүүнү ойлойт. Ага даап бараар жүрөк кайда...

Жазалоо бүттү. Экөөнүн тең бутуна кишен салынды. Осмон датканын оң көзү аталган Райымбекке ачкычы тапшырылды.

Азап тарткандардын ал-жайын угуп билген берки туткундардын үрөйү учту. «Кезек эми бизге келди!» дешип кара жандан түңүлүштү.

Осмондун эмне ойлогонун ким билсин, иш башкача болду. Ичти-тышты кийиминен тартып, саймалуу ак калпагына чейин кыргызча кийинген, ээр-токуму келишкен кара жал сур ат минген Колпаковский атчан Осмонду ээрчип, келген жол менен баратышты. Берки үчөө жоон топ атчандар арасында, деги эле көп алыс артта келатышты. Осмон атынын тизгинин сол тараптагы дөбөчөнү карай бурду. Үн жок майор жетелетип алгансып кошо жүрдү. Ойрумалатып бастырышып чыгышты. Токтошту. Аттары биринин таноосун бири жытташып, экөө бетме-бет турушту. Осмон сүйлөй баштаганда майор кулагын салып, ойго чөккөндөй. Тагдырынын эмне менен аяктаарына көзү жетпегендей.

— Калпак баатыр! — деп Осмон сөз баштады.— Падышанын буйругу менен ушул жандалбас иште сен жүрөсүң. Мен дагы тууган-уругумдун айласы үчүн жер ооп, үркүп олтурам. Азырынча силерге ишенбейм. Дагы кандай болмокчу. Аны эртенки күн тактайт. Менден көргөн сыйың — алдакы үстүндөгү кийим. Алдындагы ат. Адам болсоң, жүрөгүнө кек түйбөй кеткин?! Балким кийин соң дидаарлашып, ынак болуп кетээрбиз.

— Ырахмат! — деп жиберген Колпаковский колун сунду. Темиреген аттары омуроолошкондо камчынын бүлдүргөсү ортонунда илинген Осмон колун кое бербей туруп:

— Кош, Баатыр! — деди. Ишинин оңолгонуна чындап көзү жеткен ал аттын башын шарт бурган. Камчы басып, жолду көздөй зыргыткан. Чырмалган куралдары бөктөрүлүп, азык жүктөлгөн атты жетелеген тигил солдат дагы топ атчандан ажырай майордун артынан чабышкан.

Ошол Колпаковский чин жагынан дагы, кызмат жагына дагы көтөрүлүп, Ташкентте экинин бири болуп иштейт. Осмондун жаны кыл көпүрөнүн үстүндө турганда жайын угуп, үстүнө алдырып кирген. Ажалдан куткарып калган. Айылына барк баалуу жетсин үчүн алдын ала почта аркылуу Шабданга кат жөнөтөт. Катта, урмат-сый менен тосуп урмат-сый менен андан ары узатып коюуну тапшырат. Шабдан Ташкенден келе жаткан Осмонду Меркинин башынан тосуп чыккан. Кош кара ат чегилген эчкеме арабага салып, айылына алып келген.

Жакшылыктын арты, кээде жакшылык менен аяктаарына Осмондун көзү ошондо жеткен.

Ак топучан, ак кемселчен Осмон даамга кол созгондо, боз үйдүн эшиги шарт серпилди. Баяке кирип келди. Ал кынынан бычагын сууруп, төрдү көздөй теминди. Аяк шилтегиче, Осмон дагы тура калды:

— Сеникиндей жаман кездик бизде дагы бар! — деп белиндеги седеп сап шапты сууруду.

* * *

Баяке демекчи... Орус туткундарынын сый менен жөнөтүлүшү Ырайымбектин жүрөгүнө пикир түшүрөт. Бою шыптай, мүчөсү келишкен, карасурдун өндүүсү, колдон суурулган чапчан мүнөз Ырайымбек эмне иштээрин билбейт. Өз табышмагынын жообун өзү жандырып, үч күнү жүрөт.

Осмондун өз жылкычысы Байсубан деген. Ушул оюна такалган Ырайымбек, Байсубанга жылкы четинен жалгыз жолугат. Осмондун акылдаш жигити жана өзүнөн аяк алаар улуу Ырайымбекке озунуп салам айтат:

— Ватсалоом алеким, аке!

— Увалекума ватсалам. Мал-жаның эсен турабы?

— Кудага шүгүр.

— Келип калыпсыз?

— Тайдын этин сагынганымдан сени издеп келип калдым, баатыр!

— Тай кеппи? Тел кулун союп берейинби?

Аттан түшүшөт. Кыранга жамбашташат. Жылкыдан колу бошобогон Байсубан сурайт:

— Бу Келдикени чычырканакка бөлөп сабатып, чала өлүк кылдынар, аке! Баякени «ат» жасап, «субайга» коштунар. Дини башка, тили башка төрөнөрдү шааншөкөт менен узатылганына башым жетпеди. Жагдайы кайсы, түшүнтүп койбойсузбу?

Из чалган Ырайымбектин чүкөсү алчы конду:

— Мен дагы ошол жөнүндө өзүң менен кеңешмекке келдим! — деп кырданган неме олтура калды.— Төрөлөрдөн коркконунан ушул иш болду окшоду чагымда. Артынан солдат алып келбесин деп коркконунан ушул иш болду чагымда.

— Алар кайда, биз кайда? Эмнесинен коркобуз?

— Алыс болуп ою жетпеген менен аткан огу жетет. Мурда күнү кеткен Төрө Шабданды алдыларына салып

алып, эртең эле жетип келет. Кызыл октун алдына калбай качалы эртелеп?

— Каякка, ботом?

— Каякты унуттуңбу? Өз туугандарыбыз Сары-Камышта калышпадыбы?

— Кантип качабыз?

— Жөпжөнөкөй эле. Чацкай түштө эле...

— Кантип?

— Ошентип. Осмондун бир деген күлүктөрүн тандагын...

— Кокуй алат! — Байсубан ыргыды.— Бул сөзүңдү кулагыма экинчи угузбагын! Алдап отко түртпөгүн! Менин дагы көрөйүн деген күнүм бар. Ичейин деген суум бар, аке!

— Эмне, ичке ок жегенсип тыбырайсын? Аткаргын!

— Кадырың жан болсун! Кежигемден мууздасаң дагы андай иттикке бара албайм, бара албайм, акежан!

Ырайымбек арбап олтуруп, акыры көндүрөт. Осмондун айтылуу Каракулак менен Чааркез күлүгү баш болгон жети күлүктүн тилдерин жан адамга туйгузбай кыл менен буулт Байсубан. Жан адамга туйгузбай таңга жуук чечет Байсубан. Күлүктөрдүн эти тартылып, ичтери жарайт. Жеңилденет. Он төрт күн өтүп, он бешинчи күн болгондо күлүктөр тымызын токулат. Кийинишип, камчы кармап даяр турган Баяке, Келдике, Байсубан, балтыр бешик кызын койнуна каткан Ырайымбек аялы Каракыз менен күлүктөргө шарт-шарт минишет. Учкан куштай качышат. Бейкам олтурган чоролор колдоруна тийген аттарды минишип, куушат. Арасында Осмон. Качып бараткандардын алдындагы шамал менен жарышкан күлүктөргө жетүү кайда! Ошондо Осмон тизгинин тартып бакырган:

— «Өздөн чыккан жат жаман, өзөктөн чыккан өрт жаман!» деген кадиксиз тура! Тетиги уурдай чубаган алтоону карагылачы? О-уу, Ырайымбек шыпылдак! Колума тирүү бир тийсең, ичинди балыктай жарып, өгүндү жылуу жутармын. Боорунду кан-сөлү менен чийки жээрмин!

* * *

Качкындар издерин адаштырып, чыргай аралашат. Жыбыт өрдөшүп, тоонун чокусуна чыгышат. Зоругуп өлгөн Каракулактын этин жешип, беш күнү жашынышат. Арттан куугун жок. Алдыда тосот жогуна көздөрү

жеткенде, жолго түшүшкөн. Арпага келишкенде, Ырайымбектер Сары-Камыш тарапты беттеген. Баяке менен Келдике Ат-Башыны өрдөп, Уч-Карындын башын карай жөнөгөн. Элди аралап, аман келишкен.

Өмүрүнүн кызыгынан ажыраган, өнбөс өчү, кетпес кеги жүрөгүндө жүргөн неме Шабдандын үйүндө Осмондун конок болуп олтурганын укканда, жер көчүп кете жаздады. Долусу ой эсе күчөп, кирип келди. Бычагын сууруп, босогодон төрдү көздөй тап бергенде, бир күлүгү бир адамдын кунуна тете жети күлүгүнөн ажыраткан Ырайымбектерди колуна тирүү түшүрө албай жүргөн Осмон дагы тура калбадыбы.

Эки тайманбас кызылала болуп калышат беле ким билсин, тура калган Шабдан Баякени алка жакадан кармап, артына сүрдү:

— Жаман кишисиз го! Аксымсыз го! — деп бакылдады.— Ал-жайга карасак болот Акыбалга түшүнсөк болот!

Сыртты карай кетенчиктеп бараткан Баяке: «Атандын көрүү! — деп ушунчалык нааразы болду.— Мен жугундуга көпкөн көп дөбөттүн бир дөбөтү турбаймбы! Шыйпандар эзмди таап шыйпандасамчы?! Коруур короомду таап күрсүлдөп үрсөмчү? — деп шалдырап, улам кетенчиктей берип босогодон чыкты. Колундагы бычагы кынына салынбай түштү. Кыртышка сайылып калды. Кайра кылчайбай сендиректеп басты... «Мырзамын таманына кирчү тикен менин чечекейиме кирсин!» деген мага, бүгүнкү кылганы ушул болдубу? Осмондун жүрөгүнө муздак бычакты малып алсам, колумдун кычуусу канып калбайт беле?! Көксөөм суун калбайт беле?!»

— Баяке ошондо түшүнбөй нааразы болгон,— дейт дөбөдөгү Байзак.— Шабдан Ташкенден келген буйрукту орундап жатат. Даргага астыртпай калган Осмонду Баяке жайлап салса, улук Шабданга экинчи ишенеби? Айып тарттырбайбы?! Охо, колунда бийлик күчтүү болсо, ошонуку туура делинген замана ай, чиркин!

Осмон аттанып кеткенден кийинки эле күнү Шабдан Баяке менен жарашкан. Айыбына элден тандап кыз алып берейин дейт Шабдан. Анда тартынбас Баяке сөөмөйүн соройто Шабданга көрсөтүп:

— Ак нике кыйып алып берген немеңди, муну менен тууралайынбы? — деген тура.

ТОГУЗУНЧУ БӨЛҮМ

Күн көтөрүлөт. Биринин артынан бири жылган түрмөк булуттар күндүн көзүн чапкылайт. Жердеги жашыл ыран үстүндө ала көлөкө жылат... Түш маал болуп баратат. Бирок, дөбөдөгү олтурган баягылар, дагы эле Байзактын тегерегинде. Алар кайсы иштерине алагды болуп шашылмак эле?! Минип жүргөн аттарын кош буттап, ээр токумдары менен коё беришкен. Ооздуктары кылдырттап, чачылып оттоп жүрүшөт. Үйлөрүндөгү жандыктарын бүгүн кимдин кезүүсү болсо, ошол кайтарат. Күнгө болжолдоп козу-улактар байланат көгөндөргө. Бешимде маарап саан малдар көрүнөт кырдан. Үй-үйлөрдөн көпөчөк, чакасын көтөрүп аялдар басат короону көздөй. Жыңайлак бутун кой-эчкинин туягына сыя бастырып тажаган кексе тестиерлер бир шылтоо ойлоп коктуга кирип, жапалак арчанын арасына житип жашынышат. Башын көтөрүп кылтыйып, үй тарабын карайт. Мал келатканына ашыккан апасы, баласынын атын кайталап бир чакырат. Эки чакырат. Үч чакырат. Ыдабай кеткен боорукер балдар жашынган жеринен туруп, айласыздан короону көздөй илкийт. Жаратылышынан арамза, кыйды балдар ого бетер жымырылып жата берет. Мурдун чукуйт. Шыйрагын кашыйт. Бөбөгү же карындашы койду кубалап же эчкини кубалап, шыйрактан карман, апасына саадырып атканын көрүп турат. Качан гана саалгандардын козу-улагы агытылып, көгөндөгү козу-улак аз калганда таманын ташка тилдирип алган болуп, же чөнөр киргизип алган болуп калптан аксап, жетип барат. Минтип шылтоо таппаса бышкан сүттүн көбүгүнөн күр калат. Баласынын калпын баары бир апасы билип коёт:

— Өх, малдан качкан томаяк. Ырыс кесер жетесиз,— деп тилдейт. Көсөө менен жаза-буза чабат.

Айтор үй тиричилигинин башталышы менен бүтүшү, жай бою зайыптар менен тестиерлердин мойнунда: «Жайлоонун күнү жаш баланын кыялына окшош!» дейт тоолуктар. Айткандай эле ала булуттуу чанкайган көк асман, мемиреген өзөн-тоолорго нурун чачкан күн жадырап туруп эле «чарр» этип ыйлап жиберет! Алды жамгырлайт. Анан мөндүрлөйт. Барып бурганактаган кар менен уруп таштайт. Короодо козулар маарайт. Улактар безилдейт. Эчки аттуу үйдүн ылымта жагын Божөөлөшүп, эшикти кыңырайтып үйгө кирип келет. Божогого тура калбай төрдөн бери тепсеп, ашкананы ара-

лай чабат. Мөндүрдөн качканынан дагы үйдөгү көргөн кордугу өтүп, үй ээси кычкачын, же көсөөсүн алат да:

— Өлөт алгыр! Какачтар! — деп сабайт. Сыртка кубалайт бакыртып-мааратып.

Ушундай беймаза күнү ичине ыйман жааган чанда бир эркектер гана: «Мал эмне болду?», «Үйдөгүлөр отун-суудан кантишти экен?» деп тынчсызданып, атын минип үйүн карай желдире бастырып шөлпүлдөп жөнөбөсө, көбү кенешпейт. Айылдан айыл кыдырышып, кымыз уулашат. «Биринчи көрөнгөдөн ичкен кымызды, экинчи көрөнгөдөн ичкен кымыз сиңирет» дешип, сунулган аякты көтөрүшүп шыпкап, курсак кермей. Ич ысып, алагүү түшүп өзөктөрү кайрылганда, сорпо жыттанган үйдөн эт андымай. Май түтөп, казаны чырылдаган үйдөн куурдак үмтөтмөй. Анан тигинтип Байзак кой сойдуруп, казан астырып атса, булар көчкү келатса да козголбой калышсын дөбөдөн. Бирин-бири шыкактап, жаңы окуядан сөз козготууга сөз баштап калышканда, мандайкы арчалуу кырга эки атчан чыкты. Караанга баары жалт карашты. Аларды Осмон тааныды:

— Баягы, эки «палээ» тура? — деди Осмон күлүп. Мурундарынын жытчылын кантесиң. Аш даяр болгондо келишет?

Беркилер дагы таанышты. Байзак колун серепчилеп:

— Кимдерди айтып атасыңар? — дей калды.

Сырбай жөн турабы:

— Өзүңүздүн канкор менен, өзүңүздүн «чыпалак алышкан» досуңуз келатат! — деди.

«Чыпалак алышкан» демекчи... Байзактын айылы кээде Каракечени кыштап, Каракечеде жайлачу. Сары өзөн Чүй бей-бечарага кандай топуктуу жай болсо, Сон-Көлдүн батыш түштүгүндөгү Каракече Жумгалдагы бир топ урууларга ошондой уюткулуу, баш калкалаар журт эмеспи. Күркүрөгөн суусу бар. Тескейи карагай. Күнгөйү бадал. Жакасы чукул. Алкымына арпа менен жонгурчка айдаса, төмөнүрөөк түзүнө буудай, конок, тарыу эгет. Адамдар жайдыр-кыштыр отун-суудан кор болушпайт. Жайкысын карагай сүйрөтүп келип жагышса, кышкысын сары көң жагышат. Эң биринчи жолу ким деген киши байкаганы белгисиз, жакындан бери «кара таш» жагып калышты. Адам ээй! Чөйчөктөй, аяктай тогологун көң менен кошо каласа, табы түгөнсөчү! Чогу таң атканга чейин жатат очокто. Аялдар коломтодогу отун өчүрүп алып, бирөөнүн оттук ташынан куу тамызып берүүнү сурашчу. Же түндүгүнөн түтүн булаган

үйдөн от алууга, калак көтөрүп жөнөшчү. Эми коё кал! Табактай «кара ташты» очокко таштап койсо, эртенки ошол маалга чейин өчпөйт.

Ичкериден келген бир молдо ар кимдердин жагып атканын көрүп, «Түтүнү коңуз жыттанат экен. Урунбай жүргүлө. Күнөө болот» деген тура. Муну угуп, жаккандан кача башташыптыр. Эттин эзиле бышаар кынуусун алган Байзак молдонун жагууга тыюу салганын угуп калат. «Алжыган неме экен анын! — дейт.— Эми келчү болсо, картаң уйдун этинен чала бышырып, алдына тарткыла. Анан «кара ташты» очокко өзү туруп, калап жиберет». Бул сөздөн кийин тоо түбүн ойгулап, отундан ого бетер кеңейишкен.

* * *

Айтмакчы Байзак «Башкага ыраа көрбөй, күйөөсүнүн талак кылганына караганда, бул келин мыкты болуш керек?!» деп Онолго нике кыйдыртып алган. Ал экөө өйдө-төмөн болушса да ынтымак-ырыска шериктешип кетишти. Онол тик багып эрин карабай илберинки, жароокер...

* * *

Байзакка Анжыяндагы бирөөдөн кара аргымак тартуу келет. Аргымактын мүчөсүн карап эле тургудай. Мойну узун, сагагы ичке, кулагы шамдай, суйдаң жал, чубалган куйрук. Көөдөй кара немеге келтире ийленген ак кайыштан сегиз тиш болуп өрүлүп, ооздук-тогоолорунан бери күмүштөлгөн жүгөн-куюшкан катылып, көмөлдүрүк-басмайыл тартылып, ак каңгы ээр токулганда көркүнө андан бетер чыгат аргымак. Байзак ошол көркө кызыгабы же топ адамдар менен бастырганда жанындагылар тай минип алышкансып, өзүнүн төө минип алгансыганына кызыгабы, айтор, кара аргымагын атайын кастарлатып бактырат.

Шыйрагы узун ал урганда алдыдан суурулуп экчеген басык дагы жок. Ыргап терметкен жүрүшү дагы жок. Камчы чапса зонк-зонк желет. Кымызга тоюп алсаң көргүлүктү көрөсүң. Жылкылардай бийик беттерге чыгып, кыр ашып оттой да албайт. Тайынан сылап-сыйпалап, акырда көнгөн неме экен, таноосун бүкүлдөтүп окуранат да, колду карайт.

Осмон башка оокатын таштап, кара аргымак менен алыпын калды. Жер таштын түбүнө акыр жасап ага байлады. Журт которушса, кыян жүргөн, суу көөлөгөн андарга бакты.

— Баатыр! — деди бир күнү Осмон.— Бу көрөкчө эмчектен чыккан бала баксак, кол-жол бош болгудай. Мунун эмнесине кызыгып калганыңызга башым маң?

— Ээ баатыр! Узун кишинин узун ат мингени жакшы. Кара аргымак келгени Жумгалдын баш-аягына алыстан көрүнүп турчу болдум! Бага бергин. Мен дагы бир күнү ишиндин өтөтлүнө чыгаармын. Керегине жарап калаармын.

Жайдын толугунда кулагынан башкасы көрүнбөгөн терең анга байланган жериңен кастарланып багылган кара аргымак жоголду. Чылбырын үзүп кетип калды десе, байлаган жериңен кылайып жылчу эмес. Ууру алды дейин десе, каякка батырат? Сойсо, казы чыкпайт. Шыйрагын жейби? «Баккандан тажап, ушул кылдыбы» деген ойдо Байзак Осмонду кыстоого алды. Актыгы үчүн жамажайынан көбүк чыгарып каргангыдай болсо, угуп турган адам эмес, уйдай таш ордунан жылгыдай. Аның актыгына ишенди. Айла кетти. Нары чаптырып, бери чаптырып чабагандатып атып, шек-шоолат табылбады.

Далай жердин кыйырын баскан, далайдын көкүрөгүндөгү сырын ачкан тажрыйбалуу Байзак өз көңүлүндө бир бүтүмгө келет. Аргымактын шегин ошол жерден көрөт. Анын себеби момундай иштерден улам эмеспи...

* * *

Тоо арасында небактан бери жашап келаткан калк арасында талаш-тартыш иштер чыкчу. Эрездешкендерди элдештириш үчүн, иштн жөнгө салыш үчүн, көп жашаган, акылы бар, көмөкөйдө куюлушуп кулпурган сөзү бар аксакалды калыска олтургузушчу. Же ханга, бекке кайрылышчу. Жандыралы[1], болуш[2], старчын[3], дагы башка толгон мыйзамдар жабылып жайнап келатат. Бир старчынга элүү түтүндөн, эки жүз элүү түтүнгө чейин эл карайт. Үч жүздөн, үч жүз элүүгө чейинки түтүн эл — бир болуш аталат.

---

[1] Жандыралы — жандармерия, аның начальниги.
[2] Болуш — волостной, аны бөлүштүрүүчү.
[3] Старчын — старшина, 50 дөн 250 түтүндүн башчысы.

«Чоң ооз» өндөнгөн ар кандай алык-салык маалында топтолуп, казынага өткөрүлүп, жыйынтыгы ар жылдын бешинчи ноябринде чыгарылган. Ноябрдин он бешинде Жандыралынын уруксаты менен бир дубан элге чоң топ өткөрүлгөн. Эгер кар эртелеп жаап, ашуулар бүтүп, жол жүрүү кыйындаса, же болбосо башка себептер чыгып, шарт болбой калса, топ кийинки жылдын май айына калтырылчу.

Топто эл арасындагы чатактар, киши өлтүргөндөр, аял тартып алгандар, бейкүнөө адамды ургандар каралган.

Пара алчу менен парага сатып алуучулардын «кумар» ойну ошол жерде көз боочудан өткөн тездик менен башталган! Айыпка жыгылчу чөнтөгү калындар бийге мурдатан жолугуп, макулдаша албай жүрсө жалт караган суракчыны, жалт караары менен берээрин туюнтат. Эсеби, маселен... Парага төө бергиси келсе, мурдунун буйла өтчү жерин шып жаныйт. Ат бермекчи болсо, тиш сыйпайт. Он сом үчүн бир көздү жуумп ачат. Жыйырма сом үчүн манжасын бүгүп, жазат. Бир сөлкөбай үчүн бармагы бүгүлөт.

Сокур ит алдына ыргытылган сөөктү баса калгыча, пара берүү менен пара алуунун «макулу» бүтөт да коёт. Шайы жоолукка келтире чалып түйүп: «Алтын жамбы» деп, бийге парасын жашырып бергендер дагы болгон. Жыйырма беш, отуз аттык алтынга ээ болгон неме тамагына аш өтпөй тердеп-кургаган. Жашырынып жалынып ачса, май таш! Бергенге кийин жолугуп, «ээ, бети кара! Бул эмнең?!» десе, «Бергеним алтын эле болчу. Ишиң карасынан «таш» болуп калган да!» деп кууратkан эмеспи.

Тартип бузуучулардын иши старчынга берилет. Андан уездик начальникке чейин жетет. Чыр көнүл бураарлык болсо, чакыруу чыгарылат. Чакырууну алып жөнөгөндүн белинде кылыч, далысында мылтык. Атынын өлөөр-тирилеринe карабай чапкан жасоолдордун төбөсү көрүнгөндө айылдан сур качат. Иттер үрбөйт кыңшылап. Адамдар унчукпайт, таноосу кыпчылып. Катындар гана тезек терген болуп, мал тоскон болуп, жасоолдорду сырттан чалгындап байкашат.

Жыл өткөн сайын чакыруу күч алды. Жасоолдор чабагандады. «Баланчанын үстүнөн «приговор» жазылыптыр. Он жылга каторгага айдалыптыр. Түкүнчөгө чакыруу келген экен, үйүнө киргизбей, турган жеринен кубалап жөнөптүр» деген сөздөр күндөн күнгө көбөйдү.

Ысык-Көлдүк Балбай менен эки-үчөөнү айдып жүрүп кармаганы, Алматыга алып барып уулантып өлтүргөнү угулду.

Солто эли Россияга небак кошулса дагы Жайыл уруусунан чыккан Маймыл деген өз айылындагыларды оруска каршы үндөп, кошкурук атып, кошулбай оолактай берет. Кашкарга качмакчы болот. Улам окчундап, улам алыстайт. Убап-чубап ашуу ашып барып, Суусамыр жайлайт. «Жөнгө келгин» деп, акыл айтып Байтик киши артынан киши жиберет. Элчиликке баргандарды уруп-согуп, байлап-матаганынан Сатылган дегенге алдатып, кыз берем дедиртип, Талас тарапка көчүрөт. Токмоктон солдат алып Байтик менен Арыкбай баштап барып, алда-жалда менен зорго кармашып, улукка тапшырышыптыр. Ошол Маймылдын Бишкекке жеткирилгени, ак кийизге оролгону, устунга танып туруп, он эки солдатка аттырганда, өпкө-боору дубалга жабыла түшкөнүнөн бери угулду. Мурут чыйраткан төрөлөрдөн эми жыра каччулар чочуй баштады. Элди уюштуруп, алардын арасына сынып-сынып кеткилери келет. Бирок орус элинин ичинде да «сарысы» менен «карасы» бар экенин кыргызбайлардын көкүрөгүп чулгап баскан карангы түн али билгизбеди. Көргөзүп бөлбөдү. Эки башка орустарды дааналап көрсөтчү «шам чырактар» падышанын чоюн каалгалуу, таш зындандарында жатты. Сибирдин баткак жолунда, чер токоюнда чиркейге таланып, шишип-көөп жүрүшкөн. Максаттарынан кайтпаган алар күтпөгөн жерден шоола ыргытышат. Түн карангылыгын улам жукартып, таң үстүнө чайып баратышат. Тоо арасы ал шооладан тээ көз жеткис ыраак-ырааста...

* * *

Байзак төрөлөрдүн үстөмөндөткөнүнөн, жосунсуз иштеринен шек санаган. Кулагынын учунан үркө баштаган. Ушундай мезгилде кийинки жылы өтчү болуштук шайлоо үчүн кулжыгачтыктар быйыл эле таш талашып, кам көрө башташат. Элдин экинчи тарабында ата өтүшкөн иниси Чоюбек.

...Чоюбек шок жүргөн неме болуптур. «Менин бир эрмегим — Эмелдин токоюндагы жапайы чочколор. Экинчи эрмегим — Кедей уулу[1] деп тийише берген. Азуу-

[1] Байзак жашаган айыл.

су айкашкан камандарды сөюл алган адамдарга кубалатып, мергенге аттырган. Өлгөн жерине таштатып, кузгун, жоруга жем кылган. Болбогон иштен кыйкым таап кедей урууларга тийишкени, шайлоого карата мурдагысынан дагы күчөп кетет.

Чочкого «Куранда эти макүрү. Тамыр издеп сазды, жээкти чалып-бузду, кечип, оонап сууну булгады» деп шылтоо тапкан. Кедей урууларын тең туугадык менен болуштукка таш талашат деп, кыйкымдаган.

Байзактын уулу Жантели баштаган беркилер дагы чыгат. Ортодо күпүлдөп кирген суу. Кечүүдө эки кол беттешип, чабышмай болот. Өйүздө быгып күтүнүп турган Чоюбек мергенине:

— Ат! — деп буйрук берет.

— Өзүнбү, атынбы? — деп сурайт, кароолго көзү жабышкан мерген.

— Өзүн! — дейт ызырынган Чоюбек. Барандан түтүн бурк этип, ок кетет. Кечүүгө чукулдаган Жантели кулап түшөт. Жан берет. Жетекчисинин денесин алган берки кол кайра тартат.

Колу беттешпей жатып, Чоюбек эр өлтүрүп алды. Үйүнө келип, эртенки күнү сурак кылчу төрөдөн коркуп, амал ойлонот. Жалаага-жалаа жабыш үчүн өз жигитин балтырга аттырууну чечет. Купуя сырын байбичеси Шаарканга туюнтат:

— Баатыр! Мунун жарабайт! — дейт селт эткен аялы.— Бейкүнөө бүрөөнү чиритип, курттатып, кыйнамакчысыңбы? Эр болсоң эбин таап кутулуп кеткин. Болбосо, айыпка жыгылып бергин?.. Чоюбектин өз тарабынан аттырмакчы болгон кишиси Бекбоо[1] деген жигити болгон.

Баласы өлгөн Байзак тарап тынч. Ак дагы дебейт, көк дагы дебейт. Жантелини жерге көөмп, өздөрү менен алек... Өткөн жай башында Байзактын айылы Көлмөдөгү Ак-Быштынын-Сазында олтурган. Бул аймакта бир ай, жарым ай болушат. Анан чөбү жетилип, өйүзбүйүзү өрөөнүнө чейин жапжашыл болуп ыңкыган Суусамыр жайлоосуна, түндүк багыттагы Уу-Төрдү ашып, көчүп кетишет. Аякты кеч күзгө чейин урунат. Кайра бери ооп көчүп, тоо башын кар алганга чейин Көлмөдө болушат. Улам ылдыйлап, жакалап жылышат. Алгачкы карга аралаш кыштоолорго тарашат.

Көлмөнүн Арпа-Тектирин жайлагандар Ой-Кайыңга

---

1 Чаектеги баатыр чабан Рахматаалынын чоң атасы.

самсып көчөт. Ой-Кайыңдын чыгыш конулунан башталган булак улам көбөйүп олтуруп, Көлмө суусу аталат. Ой-Кайыңдын батыш конулунан башталган булак улам көбөйүп, күрпүлдөп батышка созулат да, Ой-Кайың суусу аталат. Ал Суусамыр суусуна кошулуп, Көкө-Мерен аталат. Көкө-Мерен Аралдагы Жумгал суусун кошуп, Казарманга жетип-жетпей Нарын дарыясына чабышып, атырылып, узакка чейин көк жээктеңип агат да, акыры сары чалмаланган — Сыр дарыя болуп кетет.

Ой-Кайың өрөөнүндө тал-кайың жыш, бүчүрлөрү ширелип, үргүлөп, арасы көрүнбөйт. Тескей тоолорундагы чөпкө мал чалынат. Күнгөйү дагы конуш, жайыт. Мында жашагандар Түз-Ашууну ашып, Суусамырды жайлайт. Баягы маалында кайра кайтып, өз издерин басып, өз конуштарына конушат. Чөптү кыроо басканча жакалап, кыштоолоруна чачылмай. Өрөөн-өрөөнгө, кокту туюкка беш-он түтүндөн бөлүнүп, өткөн кышта чапкан көндөрүн калап, жагып, төштү кактамай.

Арпа-Тектир дегени — сеңирдин үстү тектир-тектир түзөңчө. Чөптөрү баш алган дан эгинге окшош. Карагайы түнт. Көлмө аталышы суусунан улам. Суусу — булундарга имерилип, көлмөлөп тынч агат. Деле баш-аягын, айланасын кыдырып бастырган ат чарчаар чоң саз. Анда бир мезгилде сүттөй ак бышты оттогон. Быштын тайынан күлүк чыгат. Быштысында чоң аттарга кошуп чабат. Күлүктөрдү Көлмөнүн аягы, Кызыл-Жардан коё берип, Уу-Төрдө тосуп алмак. Чабылган күлүктөр төмөнкү оюрмалардан таскак уруп, тик жолдо басып-желип, кырга жакындайт. Катуу багыт бул жолдо Акбышты күүлүү чыгат. Кырдан кайра күчтөнүп, элирип сунала аяк таштай берген неме оң жакка шып бурулбай түз кетип, жапалак арчалуу кызыл жардан учуп өлүптүр. Икаяга кошулбаганына караганда чапкан бала тирүү калган болуш керек. Ошондон кийин кенен аймакты ээлеген көк жашыл түз Акбыштынын-Сазы аталып калыптыр.

Кудай бетин салбасын! Күн чымылдап ысып, түш чен болчу. Төө чепкенин желбегейленип малакай кийген Байзак эки небересин ээрчитип саздан кемирчек казып жүрөт. Өзөгү топудай кемирчектин канаттай жайылып, очок ордундай жерди ээлеп жаткан тикендүү жалбырактарын бычак менен тегерек тарта кырчыйт. Бычактын учу менен серпет. Анан түбүнө бычак сойлотуп, таарып, өзөктү омурат. Көмкөрөсүнөн салат. Калган жумушу өтө оңой. Таптаза, аппак болуп ааркылган ке-

мирчекти барс кесип, оозуна салат. Калганын бөлүп неберелерине берет. Сүт даамы немени балдар кыртылдатып, кемирип киришет. Тоюп, сонундары тараганда, үйгө алып кетүүгө даярдашат.

Ары четте чуу түшүп суу буруп, соккон чийди тосуп, көбөргө кол салып балык уулагандар жүрөт. Андан нары чокусу көккө сайылган бийик бет. Жыш карагай. Карагай арасы канаттууларга толгон. Ала-була сагызган. Чаркыраган күйкө. Эки чокунун ортосунан өткөн жол. Аны ашсаң, дагы бир эки чокунун ортосунда төөнүн көзүндөй тептегерек болуп Сары-Көл жатат. Бетинен ачыр, өрдөк үзүлбөйт. Ушул жерге уялап балапан чыгарып, ушул көлдөн телчиктирип учуруп кетишет. Түбү тереңинен балыгын эч ким ала албайт. «Ээси бар. Ал иши оңолоор кишиге көрүнөт» дешип койчу экен ар кимдер болжоп.

Ит үрдү. Солдоюп тура калган Байзак чоочун эки атчанды көрдү. Алар үйүнүн жанына тизгин тартып тура калышты да, тез эле өзүн беттеп бастырышат. Жетип келишет. Адам ээй! Солто элинин жарымын эншере башкарчу Чолпонкулдун өзү экен. Жанындагысы жигити. Аттан ыргып түшүп көрүштү.

— Тынччылыкпы Чолпонкул баатыр! Эл-журтун түгөл аман жатышабы?

— Кудага шүгүр! Аманчылыкта...

Чымчыкей сөзгө салып тамашалашканды сүйгөн Байзак кемирчектен кесип-кесип даярдап, экөөнө берди. Оозуна салып кырт-кырт чайнап аткан Чолпонкулга бажырая карап:

— Саяктын «алмасы» ушул болот. Даамы кандай экен? — деди.

— Жакшы экен, баатыр!

— Майда чайнап шимисең, «ширеси» артында чыгат. Силер жактын алмасы шактын бутагына чыгат. Биз тараптыкы ушинтип, уй оттогон жерге өсөт.

— Ха-ха-ха. Баракелде алманарга! Көнүп алып жеп жүргөн турбайсызбы?!

— Баары бир, мындан ары алмамды шылдындай албайсың. Ооз тиймек түгүл чайнап жутуп дагы жибердиң!

Үйгө келишип, сыр чечишип жайланып олтурушканда Бишкектеги уездин начальниги: «Маймылды бузган сенсиң!» деп кысымга алганын, жаагы катуулап баратканда из жазгырып быякка жөнөгөнүн Чолпонкул айткanda Байзак андан бетер термелген.

Үч күнгө жетпей тан жаңы атканда ит абалайт. Айыл ичи дүрбөлөңгө түшөт. Жасоолдордун үнү чыгат. Сак Байзак Чолпонкулга аялдын кийимин кийгизет. Чака көтөргөн ал үй саачу неме болуп, музоолорду аралап сааи үйларды карай кеткен. Кармалбай аман калган. Качан, Маймыл атылып кеткенден кийин куугун токтолду. Байзак арага түшүп атып, мурдагы калыбына келбедиби. Ошондогу, айла кеткенинен болгон жорукту так түшүнбөгөн кээ бирөөлөр: «Байзак Чолпонкулга элечек ороп, үй саадырган!» деп кепке сындырмакка сан чаап күлүп жүрүштү, Солтолордон Саяктарды кыйынсынтып.

* * *

«Чоң элдин «мен!» деген адамы — Чолпонкул куугунтукка алынып атканда бир үйдүн «чоросу» болгон Чоюбектин күнү эмне болор экен? Баласын аттырып алып, инисин төрөгө кармап бериптир деген сөзгө калып, эл-журтка кеп боломбу?» деп ичтен сызган Байзак быйыл дагы Акбыштынын-Сазында олтурган. Эки жабыл соол келип түштү. Закон боюнча жабырланган тарап билдирүү керек эле ишти. Муну старчынга башка атыжөнү белгисиз бирөө билгизиптир. Байзак себеп табууга шылтоосун ушул жерден кармады. Бири казак, бири орус — эки жасоолду өз үйүндө бир топ адамдар менен меймандап олтуруп айтты:

— Жабырлануучу катарындагы чакыруу мага келиптир. Ошол Байзак өзүммүн. Мен улукка эч качан даттанган эмесмин. Өлдү деген Жантелим тигине, «тирүү эле» капшытта олтурбайбы! — деп бирөөнү көрсөттү.— Өлтүрдү деген Чоюбек иним болот. Анын «жогор жагында» олтурбайбы! — деп күлдү «карагыда көз, табар, капилеттен сөз табар» Байзак. — Өзүнөрдү убара кылып, атынарды кызыл май кылып...— деп жасоолдорду аяган киши болду.— «Заманында саман учуптур деседе, Самарканды жоо чааптыр!» деп дүрбөлөң түшүргөн экен. Сынарындай, оозуна алы жетпеген бирөө келжиреп койсо, тынч айылды «өлүптүр!» «өлүптүр!» деп капа болуп бербесин биздин төрө! Жай олтуруп, жакшы конок болгула. Бүгүн атынарды эс алтып, эртең кайткыла. Айыпталуучуга да, жабыр тартуучуга да жазылган чакыруу менин чөнтөгүмдө турсун,— деп жан чөнтөгүн сыйпалап, издеген болуп атты. Эки ондук сууруп чыкты. Олтургандарга көрсөтүп туруп сунду:

— Бул пара эмес. Убаракерчилигиңерге карата болгон иш. Баргында чай ичип койгула, баатырлар! Кийинки жуманын ишембисинде «өлтүрдү» дегенди дагы алып, «өлдү» дегенди дагы алып улукка өзүм барамын.

Жасоолдорду ушинтип жайлаган Байзак. Айылдын ичин ушинтип тынчыткан Байзак. «Баары бир, кандай болот — кандай жок?» деп, айткан күнү бир жигит ээрчитип, өзү дагы жөнөйт. Үзөңгү тээп аттанган соң ээрчиткени келатабы-жокпу кылайып таназарына алып кылчайбастыгы көпкө маалым болгон Байзактын алдында — чекир көз чаар ат. Түздө дагы, өрүүдө дагы эргип басып, күчөгөндөн күчөйт. Бишкекке күнү жетип, кайра тартсаң да ошол күүсүнөн жазбай айылга жетет дешчү билгендер.

Алгачкы ээсинин атынан улам «Ташынын-Чаары» аталчу ошол ат үстүндөгү Байзак Уу-Төрдүн түбүндөгү булак боюна жол тосуп турган үч жөөнү көрдү. Түшалган аттарынын алыстап оттогондоруна караганда, небактан күткөн немелер окшойт.

* * *

...Чоюбек атасы Дыйканбайды ээрчитип, тартуусун алып, Байзактын алдына түшмөк. Сыртынан байкасаң эрди кымтылып, бети мисирейип, башы калдайып жүрчү саяк ичиндеги уругу Кургак-Балтабай деген болгон. Момунсунган ошол эки адамдын ортосуна тымызын чагым жүргүзүп койчу. Шилтеген адамдары суук-селки болушса, жылкы тоскону баратканда көңүлү көтөрүлүп, тетири карап бүлк-бүлк күлчү экен. Ошол Балтакең камынып алган Чоюбекке кабарлайт. Акыл салса, бырс күлүп айтат тура:

— Бала болуп атасыңбы! Куу-Такыр-Байзак эмне ойлоп, унчукпай атканын билесиң? Ушул бойдон жетип барсаң, атаңдын сакал-мурутун кырдырат дагы, өмүр бою сөзгө сөлтүк, кепке кемтик кылып, элге шылдың болосуң.

«Айтса-айтпаса байкайын» деп Чоюбек токтогон. Балтабай андан аттанып; берки айылга келген. «Чоюбек кайра чапканы кол топтоп жатыптыр. Сактанбасаңар болбойт!» деп дүрбөтүп койгон алдыртадан. Чакыруу жеткирген жасоолдор келип кеткенден кийин иштин төркүнү Чоюбекке түшүнүктүү болот. Күндөп-түндөп Байзакты аңдыйт. Эртең Пишпекке жөнөөрүн угуп, түн

ортосунда үйүнөн аттанган тиги үчөөнүн бири ошол Чоюбек.

Байзак селт этпей дагы, назар салбай дагы өзү менен өзү сырдашып, бир калыпта келатты. Энгезердей келбеттүү Чоюбек утурмалап басты да, Байзактын алдындагы чаар атты суулуктады:

— Салоом алейкум, байке!

Үн дебей, Байзак токтоду. Түшө бергенинде, Чоюбек колтугунан сүйөй койду. Упчугушпай булак боюна келишти. Бир жигит эпилдеп-жепилдеп аппак шалчанын кайрылган учтарын серпип ачты. Бетинде тайдын быш-кан уча-карталары, козунун башы, жилик-жилик эти. Экинчи жигит ыш чаначты чайкап-чайкап алып, оозун чечти. Көмөрүлгөн кеселерге куйду. Дулдуйган Байзак турду. Булакка кол жуун келип, кайра олтурду. Көнүлүн уйгу-туйгу кылган чечекей баласы Жантелинин өлүмү. Аны өлтүрткөн береги Чоюбектин суук дидаары.

— Байке! Алыңыз! — деп Чоюбек кеседеги кымызды сунду андан бетер ийилип,— алыңыз, байке! деп козунун башын алдына чукулдатты.— Байке, алыңыз? — деп тайдын жамбашын жылдырды. Картадан кести. Аны дагы Байзактын алдына тартты.

— Байке, алыңыз!

Кымыздан кылт жутуп, кесени алдына койгон Байзак өнүн сурданта Чоюбекке бурулду:

— Жинди энеңди урайын! «Байке-байке!» — деп. Байкең башта кайда жүрдү эле?! — Ушул сөз Чоюбектин киши өлтүргөнгө барып, Байзакты эч бир капарына албай жүргөндүгүн! Ошонун өзү канча ааадандык экенин бурк эткен бороондой уруп кеткенсиди. Тигинин жети өмүрү жерге кирди...

* * *

...Чоюбектин атасы Дыйканбайдын аялы бейжай тура. Малы эмес, саан бээлер убагында тосулуп келбесе, ашатып койгон терисин ит-куш сүйрөп кетсе эле, айылападагылар менен уруша берчү экен. Ошондой тынчы жогунан катын-калач, бала-бакыра Дыйканбайдын үйүнө көп жолобойт. Муну эри көп байкайт. Ыгын таап, ачуусун чыгара албайт. Күндөрдүн биринде желеде уктап жаткан кулундар дүргүп турса, тээтигинде эле тайын чаап бараткан баланы карап, аялы карганып-шиленип атат:

— Кара гана боорундан кан кусуп өл! Арка гана мойнуң үзүлүп, жыгылып өл! Тынч жаткан куландарды үркүтбөдүбү!

Дыйканбай арча деңгөчкө олтурган томоголуу бүркүтүн сол колуна кондуруп ала коёт. Карганып аткан аялын он колу менен апчып, теридей силкип үйүнө алып кирип кетет. Аялы үйүнөн кудайга үнү жеткендей чаңырат:

— Кокуй, өлдүм! Айланайындар, өлдүм!

Жан соогалаган чаңырык күчөп баратканда, айылдагы бир жигит кирип барат. Кудай көргөзгүлүк кылбасын! Дыйканбай акең баягы чапчыган боюнча алып барып капшытка чалкасынан чаантыр. Көйнөгүн түрүп, көчүгүнө баса көкүрөгүнө олтурунтур. Тигинин жыланач этине жаба түкүрүп:

— Пө-пө, ал! Пө-пө; ал! — деп көндүргөн бүркүтүн шилтейт. Бүркүт далысын кеңейте эңкейип, шилекей түшкөн жерди чокуп, тумшугун батыра жулкуп кирет. Бир чапчыганда өткүр тумшук өткөн жери көгөрө түшөт. Кайра чокуп жулкканда тери кетет. Кан жайылат. Аялы балыктай туйлап балбан эринин көчүгүнөн аласала албай чыңырат. Дыйканбай ансайын бүркүтүн өкүтөт:

— Пө-пө, ал! Пө-пө, ал!

Жигит Дыйканбайдын колунан бүркүтүн жулуп кетет.

— Жарыктык! Ушундай дагы болчубу?! Ушинтип кантип аял урсун!

— Ушунуку өттү! — деген экен жигиттен уялганынан тура берген Дыйканбай.— Бүркүткө жардырып өлтүрөйүн дедим эле. Бекер болуштун!

Ошондон кийин ушул Чоюбектин апасы «Дыйканбайдын жинди катыны» деген атка конуп кетет.

Байкелегинен улам Байзак элге маалым окуяны эске түшүрүп, сөгүп калды, «Жинди эненди урайын!» деп.

Таш тиштегендей болгон Чоюбек тамактанган агасы аттанаарда жузаарчыга оролгон акча сунду:

— Байке! Иттик кетериң кетти менден... Алып коюнуз?

— Берсең эле ала бергидей, соодагер белем?! Өз оокатым өзүмө жетет.

— Эмне кылайын, кошо жөнөйүмбү?

— Мени ээрчип Бишкекке барганда, Төрө бетиңен өппөйт. Жоопту өзүм беремин,— деп туруп кетет Байзак. Чоюбек колтуктап аткарып, бастыра берээрде арттагы

аткошчусу жаңы келет. Аны дагы тигилер токтотуп, түшүрүп калат. Лүкүлдөп баскан чаар аттын үстүндөгү Байзак кийин кылчайган да жок. Токтоп күткөн да жок. Түш оой Аларча ашуусун ашып, Чүй тарап өрөөнүндө келе жатты. Асмандан башканы далдалап, эки тарап тоо. Күңгөйү — чыргай, тескейи — карагай. Ортодо күүшаа түшүп кулакты тундурган суу. Нечен кылымдардан бери туяктын сокмогу менен жанчылган жол кара кыртыштанып, сууну жээктейт. Чаар аттын туягы чокчойгон таштарга тийет, аттайт. Шагылдарды катырата басат. Кулагы шалактап, ууртунан көбүк бүртүлдаган чаар ат эргип, күчөп, лакылдап күүсүндө, күчүндө.

Тоонун башка өрөөнүнөн чыгыштыбы, же артта келе жатышканбы, ээр токумдары келишкен эки мырза дабырттатып жетип келишти. Катуу келатышкан го, өтө чаап кетишти. Келиштире кийишген алар, калжаң айтып, каткырып бурулушту. Адепсиз өскөн немелерби, же оюндун кызуусубу, болбосо жаш немелердин алоолоп турган мезгилиби, салам айтуудан мурда бири күлк этти:

— Чоочун киши экен! Кеп сурайлы...

— Балким «таяке», «жээн» чыгып калаарбыз!..

— Байлап коюптурбу! Ат сыпашабыз муну менен.

Ичи-тышы төөнүн жүнүнөн согулган кемсел, чепкен кийген, кайрыгы кара көрпө, төбөсү шоңшогой тебетейчен Байзакты ортого алышты.

— Келаткан экенсиз, аксакал?!

— Аа келаттык эле, мырзалар.

— Бүгүн кайдан аттандыңыз?

— Арттагы тоонун артынан.

— Хо-хо-хо!

— Ха-ха-ха! Кеп жаткан экен мында!

— Жомок айтып бериниз?

— Жолоочуда эмненин жомогу.

— Анда, жарышалы?

— Экөөң жарышкыла, чаар ат экөөбүз карап туралы.

— Оо, онбогон аксакал! Куу экенсиз ээ, чымчып сүйлөп.

— Ким экенимди чукулаганыңа караганда, өзүңдүн да апаң букадан туулуп, «торпок» кылбай жалгаштырган го тыяк-быяктан?!

Сол ыптадагысы:

— Сойду-сойду! — деди да, ээрине өбөктөп эзиле жаткырды.

— Өтө куу келесинер ээ? — деди оң ыптадагы ыза-ланып.

— Куубуз дагы бар, куу эмесибиз дагы бар, мырза! — деди Байзак.

— Күч кандай? — деп ызалана түшкөн неме Байзакты каруудан апчый калганда, кулагын чунайткан Чаар ат мырзанын атын сол омуроодон карс тиштеди. Тиштеткен ат чөгөлөй түштү. Мырза ыргып кете жаздап оңолду. Ого бетер ызасы келген неме:

— Булардын жылкысы дагы балекет! — деди Чаардан качып жалт берген атын кайра-кайра камчылаңып.— Чу-чу! Сен деле тиштебейсиңби?!

— Тиши өтөбү?! — деп жылмайып койду Байзак.

Кудай сол жактагыны урду. Байзакты карай камчы үйрүп калыптыр.

— Сен!.. Ээгинде кылы жок киши... Алдаркөсөөнүн өзү болуп кетсең дагы... «Тиши өтөбү?» деп. Тиш өтпөгүдөй эмне, темир болуп кетиптирби?! Сөөгүң капчыгайда калбасын, я!

Таштан ташка урунган суунун шары... Жалама зоокаларда бийиктен төмөнгө куюлуп, жуушаган корум таштардын жаңырыгына мырзанын бака-шакасы кошулуп күүлдөп-күчөп, тумшуктан имериле бериштн. Экөө кол салчудай болуп, Байзак дагы табылгы сап сом камчысын бек кармап даярдап калган. Анғыча, тетиги булуңча түздө ээр-токумчан төрт ат оттоп жүргөнү көрүндү. Жол жээгинде төрт киши бейкам олтурат.

Теминишип, демитип кол салганы калган мырзалардын жиндери кайта түштү тиги соройгон адамдардын карааның көргөндө.

«Ата, кудай жалгап кал ай! — деди Байзак, ичинен.— Ээрчите чыккан жигитке карабай жүрүп... бир балээнин ичинен чыгып кала жаздадым ээ!»

Чаар ат үстүндөгү Байзакты көргөндө, төртөөнүн бирөө сүйүнүп кеткендей жанданды. Белиндеги кемери жарк этип жадырай карады. Береги эки мырза кыязы кемерченди тааныштн окшойт. Тизгин тартып, чегиништи. Лакылдаган чаар менен Байзак бөлүнүп алга узады.

Тосуп отурган Чолпонкул экен. Жасоолдордон кабардар болгон неме сыйына сый тартууламакка эртең менен аттанып, капчыгай ичинен күткөн тура. Байзак жеткенде кош колун созо алаканын жайып:

— Аткөл аман келатасыңбы, «алмасы сазга өскөн Баатыр!» — деди.

— Келгенин урайын! — деди арсайып күлгөн Байзак артына кылчая жандап.— Тетиги эки мырза көкбөрү тартып кете жаздашты!

— Эмне дейт?..

— Элине келгенде кулагың «бүтүн» калганбы? Угуза эле айтпадымбы!..

Мырзалар кайда качат? Артка чабабы! Оң жагы да тоо, сол жагы да тоо, Ортосу — суу. Жол буларга келип буулат.

Жигиттерине караган Чолпонкулдун көзү жарк этти:

— Чакыргылачы тетигилерди! «Көкбөрүнү» дааналап үйрөтөйүн!

Жиндери кагылган экөө, беркилер тизгиндегиче өздөрү ыргып түштү. Эриндери когоргон, жүздөн кан качкан. Тизелери калчылдап, буттары шилтенбейт.

— Эй, торпоктор! Кимге кол салганы жүрөсүнөр? Атанардан улуу кишигеби?.. Алгыла! — деди жигиттерин.— Жыланачтап... сууга салып сабагыла!

Жигиттер киндикке чейин жыланачтап, сууну көздөй сүйрөп жөнөгүчө, эки мырзанын көзү Байзактын шилисинен өттү. Байзак дагы абыдан байкап турду да, иш чегине жеткенде:

— Чолпонкул! Камчы чаптырбай туруп алдырып, келчи, өзүм жазалайын.

— Эй, бери сүйрөгүлө! Байзак өзү сабабаса, такыр кычуусу канбайт имиш! — деп суунун жакырыгында катуу кыйкырып, кол булгады.

Алдырылып келинди мырзалар. Алардын көзү Байзактан өттү. Байзактын көзү экөөнөн өттү.

— Мен кантип эле...— деди камчысын өлүү жыландай кармап солдоюп турган Байзак — көз алдымда экөөндү сабаттырып коёюн. Мындан ары жаш болсоңор дагы акыл-эсиңер менен жаш болуп жүргүлө. Эсирген пенде бир балээге жолукпай койбойт.

Эки мырзаны ошентип бошоттуруп жиберген. Ошол эки жигит кийин «жиндиликти пул берсе дагы базардан сатып албай калганбыз» дешчү экен.

* * *

Байзак эртеси Пишкекте болот. Күтүп жүргөн Шабдан Чолпонкулду бөлүп:

— Такыр куунун, беркилери кайда? — дейт астыртан көз салып.

— Өзү эле экен. Аткошчусу эртең менен келди.

— Ии, де. Кунду өзү алып... Ишти айлында жапшырат экен да? Төрөгө дагы бирөө жеткиргенби, бүгүн ка-

багы бүркөө: «Таш доорундагы бойдонсунар. Бир койду бүкүлүү бойдон жейт экенсиңер дагы «билген жокпуз», «көргөн жокпуз» деп каргана берет экенсиңер!» деп атат. «Ар болушка жасоолдордон байкоочу койбосо болбойт!» деп атат. «Күч колдонбосо тартипке келээр түрүнөр жок!» деп атат. Буйрукту түз аткараар түрүнөр жок!» деп атат.

Экөө ээрчишип Байзактын үстүнө кирди. Демейдеги жатык Шабдан бул сапаркыда кол сунганы болбосо, саламды бош айтты. Муну Байзак байкады. Олтуруп аткан Шабданга олуй карады. Ничке, бас үн менен кыңылдады:

— И, Тынай! Эмнеге сурданып, туталанып калгансың? Тамагың кургап калган го? «Кептөөрүндү» айыктырчу май табылат! Тоонун артындагы элдин малы меники. Каалаганыңча эле алгын!

— Төрөгө баш ийебиз. Төрөнүн айтканын угабыз. Айыптууну жашырбай тапшырыш керек болчу. Күнөөсүн тартыруу керек болчу. Аны көрүп кийинкилер ээн баштыгын коёт. Өчөшүүнү, өлтүрүшүүнү токтотуу керек деп атат, Пишкек эмес, Алматыдагыл Жандаралы! А сиз көзүн басып алып, жашынмак ойногон балача тоонун ичине жатып алып, «көрбөй атат», «билбей атат» деп атасыз. Быякка, эң сонун жеткирип атышат. Эң сонун билгизип атышат тыңчылар!

Байзак олтурган ордунда белин түзөп обдулду. Бою ого бетер узара түштү.

— Бул сенин, Кызыл думана, эмне деген опузаң?! — деди Байзак акырая тиктеп,— бири — иним. Бири — балам. Экөө улак тартышып, ордо атышып, ойноп жүрүшөт. Жүрү мени Төрөнүн өзүнө алып барчы, оозмо-ооз сүйлөшөйүн? Элге ишенбесе, же эл башкарган бизге ишенбесе... «Мылтыгы менен кылычына ишенет окшойт. «Менин тоом бар. Таш кулатып атып тажатам!» деп ие жаздап, ичинен келме келтирип, сөзүн узартпады.

Ушундай жанталашкандык менен Байзак төрөнү дагы ынандырды. Бул сапаркыда Чоюбектин күнөөсүн дагы басты. Максаты орундалганга жүрөгү пастап, көңүлү жайланып, айылына кайра тарткан.

* * *

Кийинки жылы иш кайра козголот. Сон-Көлдүн «Тулпар-Ташында» жыйын болот. Жыйынды Шабдан өзү башкарып, күн болжоп Чоюбекти чакыртат. Сүттөй

.ак, көзү чекир, уурт-эриндери кызыл болгондуктан, «кызыл ооз» аталган аты менен Чоюбек жөнөйт. Соң-Көлдүн Жумгал тараптагы тик оюрмасында, ал ээрчиткен жигит жетпей калат. Туякка урунчу кытыр эткен ташы жок Соң-Көлдүн жээгинде шамалдап эргиген Кызыл ооз окчундагы Шабдан олтурган чоң үйгө чукулдайт. Сырттагы бирөө Шабданга:

— Келатат! — деп кабарлайт. Ошол тапта «беш жылга сүргүнгө айдалсын» деген чечимге печатты басып, пакетке салып, оозун желимден бекитип, талаа почтоосун алып кетчү адамга сунганы калган Шабдан:

— Атын эч ким албасын! — деп буйрат. Пакетти бербей токтойт. Тосуп эч ким чыкпайт. Бул жорук дагы — адамды сындырыш. Адамды басынтыш. Чоюбек чукулдап калганда аш үйдөн киши жумшагансып, келин чыгат. Жүгүрө басып, Кызыл ооздун суулугуна жетет. Чоюбек ыргып түшөт. Чылбырын алган келинге:

— Жамандык көрбө, айланайын! Этегиңден жалгасын,— деп батадай алкыш айтып басып кетет. Эшикти серпип кирип барат. Көзү чычаладай жанган, жээрде муруту кулагына карай имерилген сөөктүү Чоюбек тайманбай барып Шабдандын сол тизесин баса олтурат:

— Ээ, Кызыл думана! Мен сенин кызыңды карактадым беле бүткөн ишти кайра козгоп өчөшкүдөй?! Таяке жээнге пир, мен деле бир таякец эмес белем?! — дейт.

Жымжырт. Шабдан:

— Бириң калбай сыртка чыккыла! — дейт жайнап олтургандарды. Үй ээн калганда Чоюбекке бурулат:

— Өкүмдүгүңө баракелде! Жалтанбаган курчтугуңа баракелде! Угуп жүрчү элем! Бирок байкоо керек. Заң-сакон деген кыйын! Акыл кошулбаган тайманбастык таш каап калат, баатыр! — дейт. Пакетти көзүнчө өрттөтүптүр. Төрөнүн буйругун жымсалдоо үчүн бир жылга жер которууга чечим чыгарыптыр. Чоюбек аргасыз макул болуп, бир жылды өтөп келет. Кыш мезгилинде бир топ киши менен куш салып, кыргоол алдырып, өрдөк алдырып жүрөт. Адырдын түбүндөгү, жээги түнт камыш Шортондун-Көлүнөн Беш-Теректи беттеп бастырып баратып, суунун жээгине чукул түзөндөгү из түшпөгөн сонун карды аты менен ары-бери тебелетет.

— Баатыр, эмне кылып атасыз? — дейт жоон топ адамдардын ичинен бирөө. Чоюбек күтпөгөн жооп айтат:

— Сөөгүмдү ушул жерге койгула!

Түшүнөн аян бергенби, же башка себеби барбы.

Ошондон көп узабай кырк жаштан кырк бирге караган учурунда өлгөн. Суранган жерине көмүшкөн. Ак-Талаада жүрүп укkан акын Тоголок Молдо казал жазган:

Кайран Чоюбек өлгөндө
Капалдан уста алдырып,
Кара жолдун боюна,
Эстелигин салдырып,
Көк ташка атын чектирип,
Көркөмдөтүп келтирип,
Өйдө өткөн жолоочу —
Ылдый өткөн жолоочу
Кайрылып көңүл бурсун деп,
Куран окуп турсун деп...
Көргөнүм жок, уктум чын.

* * *

Илгери жетиштүү адам баласын он беш, он алтыга чыгарбай туруп үйлөнтчү экен. Андан туулган бала атага ини өндөнүп тең өсүп калчу тура. Бой-келбети, баскан-турганы атасынан айрып алгыс болуп, коюлган аты менен гана ажыратылган Абдыбек атасы Чоюбекти жоктотпой ордун басып калат. «Куш уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат» болуп, атасынча шок да, өткүр да чыгат. Шоктук эмнени баштатпайт. Өткүрдүк эмнеден жалтанат!

Жыйырма бешке барганда,
Жылкыдай туйлайт жүрөгүң,
Жыландай сойлойт билегиң,
Жылытат музду илебиң!
Жымындап турат жанында,
Жылдызы көркөм кыз-келин!

Эргиген куштай жүрөгүң,
Эңишсең жыгат билегиң.
Эритет музду илебиң!
Эркелеп турат жанында,
Эндиктей сулуу кыз-келин!

— деп Жеңижок акын от бүркүп баалагандай, жыйырма үчкө караган Абдыбек Ок-Торкой менен Сандыкты жайлоолорунда жүргөн. Белгилүү атанын баласы жигитин ээрчитип, белдүү Курмандын үйүнө түшүп калбаспы...

Тоо арасы бүт эле жайлоо. Бирок, Сандыкты менен Ок-Торкой өзүнчө бөлүнүп турат. Бул жайлоо башкача. Түндүк менен чыгыш тарабынан булактар Сыр-Дарыянын бир башатын түзүп, тоолордун кылда чокусунан орун алган. Бир мезгилдердеги дениздин орду дейин десең чункурлар, ойдундар жок. Сүргү менен сүргөн

тактай бетиндей, канча бир аймакты ээлеген түз. Ушундан улам «Сандыкты» аталган окшобойбу.

Ар тарабынан өрүүлөп бастырып, зорго жеткен бул жайлоодогу боз үйлөр жашыл түс үстүнө каздын жумурткаларындай чачылып даана. Эрикпей бир орунда туруп, санап чыксаң дагы болот. Даана көрүнгөнүнөн улам Абдыбек мыктының үйүн тандап, атайы түшөдүбү. Түшөөрүн түштү. Жүрөктү булкуп алчу бир иш козголмой болду! Үйдөгү адамдар «үлүшкө»[1] кетиптир. Бээ сааруга, кулун салаарга бирин-жарым келин-кыз калыптыр. Ошондой кыздын бири Күласал. Ээрчитип жүргөн жигити Садырбай жабдыктуу көк жоргосун суулуктап, калпакты кыйгайта кийип, көзү жаның, чырымтал муруту эрдин жапкан, мандайы күмүштолгон элик сап камчысы бүктөй кармаган Абдыбек эшиктин айбыкбай серпип кирип барды.

«Өлсөң дагы, эстүүдөн өл!» деп адамдар бекерден тилебесе керек го! Эстүүдөн айланса болот. Эстүү — шырп эткен дабышпаган баарын сезет. Эстүү — шыбырап койсоң сырынды чечет. Сыртта, эки жигит аттан түшкөндө эле үйдөгү Күласал алып олтурган ишин таштап, боюн түзөнө койду. Кемсели менен үкүлүү кундуз топусун кие койду. Шыңга бойлуу Абдыбек кирип келди. Тайманбай келип, чоң эшикти серпкенден буйдалбаган өрт жаштык, мандайындагы көзү кылгырган сымбаты менен ургачылык жылдыздуу жүзү бир көргөн адамдын жүрөгүн селт эттирген кыздан тайсалдатабы! Тайсалдабай кала турганы. Карап турган адам болбогондон кийин кулачын жайып кучактап, чиреңгенине койбой өөп албайбы!

— Саламатсызбы! — деди мурдатан келип-кетип жүргөн немече өзүн эркин сезген Абдыбек. Күласал башын ийкеди. Анын беш өрүм капкара кундуздай жылтылдаган чачтары эки жаагынан, дөмпөйүп турган көөдөндүн үстүнө куюлуп кетти. Жигиттин, паанайынын жылуулугу ирмемде карегине түшө калды. Жүрөгү жылып, жүзү жадырады...

* * *

Эми дагы жаңы окуя:

Соң-Көлдүн кылаасындагы Курмандын үйүнө дү-

[1] Кезеги менен бир айылды, экинчи айыл жапырт чакырып тамак берет.

бүртү жер дүпүлдөткөн жоон топ жылкы айдалып келет. Жылкылар тосулуп үйрүлүп калганда, алдыларында сары жорго менен, тору жорго бежиген Көкүмбай аялы менен түшөт. Тосуп алган Курманга камчысын көкүрөгүнө алып, бүгүлө:

— Кулдугум бар, куда! — дейт.

— Аа, болсун-болсун! — деп кабылдайт, Курман. Узун бойлуу жигит көтөргөн боз үйдүн эшиги пилдин тумшугундай кантарылып, кудалар кирет, Жаңы кудагый:

— Алып келчи жаңы көздү? — дейт. Үйдөгү кудагый бешикте эрдин борсойтуп уктап жаткан үч айлык кызы — Куласалды ойготуп, чечет. Кырк күндө «карын чачы» алынып, кийин чыккан чачы тегизделип, мойну катып келаткан немени берки кудагый кош колдоп колтугунан сүйөй карман, *жоон санынын* устүнө тургузат. Сүйүнүп:

— Кудай өмүрүңдү берсин. Ак жолтой, ак жүздүү келиним бол! — деп эки ууртунан, чекесинен сүйөт. Уйкулуу наристе чиренип, буралып, ыйлап ийсе болобу. Эмчек издегенсип, чочуркагансып качынкыраса болобу. Безилдеп ыйлап, келечек кайненесинин этегинде жылжытып койсо болобу. «Ошол күнү эле бүлөө болбосун баланын бериштеси билсе керек!» деп айтышчу экен кийин билип көргөндөр.

Ошентип Көкүмбай кырк жылкы айдап келип, Курмандын кызына сөйкө салып коет. «Ай!» дегиче, алты жыл өтөт турбайбы. «Эй!» дегиче, эчен өтөт турбайбы! Куласал он төрткө жаңы карайт. Жеңелери менен басып-туруп... Жеңелери менен агаларынын алгач тааныцшууларын, сүйлөшүп сүйүшкөндөрүн угуп... турмуштун аки-чүкүсүн баамдай баштаган. Мал көккө тоюнуп, айран-сүт батпай калган маалда «күйөө келет!» деп калат. «Күйөөлөп келет!» деп калат! Айылдан окчун, өргөө көтөрүлөт. Өргөө ичине жүк жыйылып, көшөгө тартылат. Келиштире кийинткен Куласал бурчка олтургузулат. Бири сырт жумушка кетсе, бири жанынан чыкпай эки жеңеси багат.

Оо, аңгыча «күйөө келди!» деп калат. Айылга жаштар толот. Аркы үйдө бакылдаган сөз. Шаңкылдаган күлкү. Чертилген комуз. Созолонгон обон. Бирок, күйөө кызды көрө элек. Кыз күйөөнү көрө элек.

Оо, түн бир оокум болот. Эл тарайт. Кыз олтурган өргөөгө шырп-шырп эки дабыш келатат. Кыз көшөгө ичине кийрилет. Бир жеңеси көшөгө аягында, Бир жене-

си босогодо. Жан жигити эшик көтөрдү. Күйөө бала баш бакты.

— «Эшик ачмайынар» кана? — деди босогодогу жеңеси. Жан жигит уучтап күмүш акча таштады, башка чапкандай жылт койду. Акчаларын чогултуп алган жеңе артынан кетти. «Көшөгө ачмай», «төшөк салмай», «өтүк тартмайдын» баарын берки жеңе шыпырды. Шамды үйлөдү. Кетти. Биринин жүзүн бири көрө элек экөө, албырган денелери менен коюндашты да койду?

Күласал мурда ойгонот. Өзүн карап, колун көкүрөгүнө артып, жалпак маңдай, эриндери калдайган чоң ооз, дулдуйган кара мырза жатат. Анын төшөнчү жак ууртунан сызылып шилекей куюлат. Кыз жыйрылат. Арта салынган колду түртүп, боюн оолактатат.

Ушинтип Күласалдын жүрөгү биринчи күнү эле муздайт, койнундагы Шакир аттуу мырзадан. Кыз оюндагы Шакирдин ууртунан күлкү кетпегенин, калбыгый эриндеринин кымтылбаганын байкайт, Карыдан: «Жалжайып күлгөн, эрди кымтылбаган кишиде акыл болбойт!» деп укkан сөзү, кайра-кайра эсине түшөт. Жүрөгүн өйүйт. Айгапта болот . Болгондо эмне кылмакчы! Калың төлөнгөн. Сөйкө салынган. Каалайбы, каалабайбы Шакирдин колуктусу болуп эсептелинет. Баш оорусу ушинтип башталган.

* * *

Көкүмбай уулун: «Эл көрсүн, жер көрсүн» деген максат менен жигиттикке даярдаган курбалдашы Жакып мырзаны, дагы кишн кошуп жолго чыгарат. Булар, Нарын дарыясынын башталышынан айланып, Ат-Башынын башынан чыгышат. Далай сууларды кечишет. Далай кырларды ашышат. Кең өрөөндөн көп айылды көрүшөт. Тар өрөөндөн аз айылды көрүшөт. Бир айылдан түштөнүшөт, Бир айылда конуп калышат. Али жер бүтпөйт. Али айыл түгөнбөйт Шакир мырзага. Кыргыз тоолорунун сансыз «көптүгүнөн», кыргыз айылына эсеп жетпесине» мырзабыздын башы катат. Ааламда эмне көп, кыргыздын тоолору «көп!» Дагы Чүй деген бар дейт. Талас деген бар дейт. Ала-Бука деген бар дейт. Пай-пай-пай! Шакир көрбөгөн канча тоолор, канча айылдар бар аа бу жалган дүйнөдө?!

Бир жагынан чери жазылып, бир жагынан ойлоосу «кеңиген» мырза үч Нарындан чыкты. Мында дагы

салаа сайын суу. Тескейи карагай-чер. Жалгыз аяк жолдордо, чыргайдын түнттүгүнөн ээрге өбөктөп, тебетейинди илдирип ийбес үчүн төбөңдү басып бастырасың.

Акыбай дегендикине түшүп калышты. Акыбай чыпкадай тытышкан сакал-муруттуу, курсак күткөн, багалчак кара киши экен. Бак-бак сүйлөп, конокторун үйүнө киргизди. Ээрчиткенинен башкасы жаш болгондуктан, өзү төрүнө олтурду. Жай сурашып, таанышкандан кийин, кепичин улагага таштап, кийиз байпакчан бутун мандашынан чыгарып, кайра бүгүп бабырап кирди:

— Овуу! Бөрүнүн бөлтүрүгүн бөксөлөтө басгырып, эл чалдырып, жер чалдырып келаткан турбайсыңарбы? — деди жол баштап жүргөн беркиге. — Эсебн, чагымда... Чыны баатырдан Көкүмбай, андан береги мырза дечи! Баракелде, баракелде. Булардын ата-бабалары баш кандап, жер өрттөп келаткан эрлерден эмеспи!.. Чоң атасынын чоң атасы Медет датканын ашын баласы Дуулат Кара-Коодогу Үч-Көөрүктүн оозына өткөргөн. Күмбөзү Ак-Учуктун дөбөсүндө турат. Анын ашын ошол кезде Көкөтайдын ашынан кийинки деп, баалашкан эмеспи! Пай-пай! Ой, бали! — деп бак этти мойнун созо сырттагы бирөөнү чакырып. — Курунда кынга салган бычагы салактап, майланышкан жигит баш бакты.

— Байым, кулак сизде?

— Конок камын жегиле!

— Жандыкпы, же...

— Аа, көк күрпөңдү-көк күрпөңдү. Куйругу түзүк көрүнөт эле — куйругу түзүк көрүнөт эле чагымда.

— Куп, байым.

Акыбай беркиниси менен бабырашып... Ат үстүндө жүрүп денелери жанчылган эки мырза алдыларына коюлган чөйчөктөгү кымызга пейилдери түшпөй талыкшып, уйкулары келип, жандары жер тартып атат эле... Өңдүү кыз кирди.

— Менде төрт аял бар! — деди Акыбай жымыңдап, мандашын жазып-бүгүп, — үчүнчүсүн Кашкардан алып келгемин. Ошондон береги кызым. Окшош бекен өзүмө?.. Аты — Жүзүм. Ии, ушундай-ушундай. Берген кудайдын бу дегенине шүгүрчүлүк-шүгүрчүлүк.

Атасынын тытышкан сакал-мурутунан оогон го. Жүзүмдүн чачы мындай коюу болоорбу. Жонунан жаагына чейин эле тал-талынан өрүлүп, шыгыраган чач экен. Кемселинин этегине чейин тизилген күмүш топчу.

Топчулары төөнүн көзүндөй чоң. Атасы ар бирине бирден жандык төлөсө керек зергерге. Башында ак бермет, кара кермет, кызыл шуру басылган кашкар топу. Кыз меймандарга таазим этти. Атасынын жанына өтүп, кулагына шыбырады. Атасы кулагын тартып алып:

— Ошенткиле, ошенткиле. Шиш эт калтырбай салгыла. Ичеги кардына чейин... Башы шыйрагын куйкалап, таза жуугула. Ысык суу менен, муздак суу менен жуугула. Калтырбагыла, эч калтырбагыла,— деди айгалактап.

Кызы чыгып баратып Шакирге жалт тиктебеспи. Сол көзү кылый окшоду. Ошол кылый көзүн ымдап, өзүнө чакыргансып калды. Шакирден уйку качат. Ооналактап, кыздын элеси менен алышат.

Түнү менен алдастагансып чыккан Мырза эртең менен суу боюнда туруп:

— Акыбайдын кызын албасам болбойт! — дейт.

— Берсе аласынбы?

— Билбейм.

— Билбей туруп кантип аласың?

— Билбейм...

Көшөрө бергенинен Жакып мырзанын дартын жол баштап жүргөн кишиге туюнтту. Ал:

— Опей! — деп чочуп алды. Шакирди жанына чакырып:

— Атандын тапшырмаларын аткардым,— деди көндүрмөккө,— үйгө кайталы эми.

— Билбейм,— деди Шакир.

— Эмнени билесиң?

— Жүзүмдү алгым келип турат.

— Кыз издеп чыккан эмеспиз. Эл издеп, жер издеп чыкпадык беле?

— Билбейм.

Ушул «билбейм» менен тажатат. Аргасы түгөнгөн жол баштаар Акыбайга сырдын четин жанытат. Бай өз кулагына өзү ишенбей атабы:

— Ыя, ыя? — дегенин бери болсо беш кайталап,— сонун болбойбу? Укмуш болбойбу! Көкүмбай менен куда-сөөк болсом, чамгарагымдан кут түшпөйбү! Кызымдын арты менен этегин кармасам, малым тетири жайылбайбы! — деп олтуруп турса болобу. — Эй бала! Тай чалгыла. Ак бакай сур тайды чалгыла. Бол бачым! — деп бир айтса. — Эй катындар, бир үйдү бошотгула! Төртөөн үч үйгө батышкыла,— деп эки айтса болобу. Жол баштаар уялганынан өз атын жайдактады.

Көкүлүнө кебез байлап, байдын кырчоосуна чылбырын илип, кулдук айтты:

— Акыбай баатыр! «Кудай кошкон куда болот. Пайгамбар кошкон дос болот» дейт. Кулдугум бар! — деп колун көкүрөгүнө алып жүгүндү үч кайтара.

— Кабыл, кабыл! — деди Акыбайың түшкүр, өрт көргөндөй ашыгып,— кучакташкан куда бололу! Чырмалышкан куда бололу!.. Эй, үйдү бачым бошоткула! Үйдү бачым бошоткула.

Үчөө бир үйдү ээледи. Жакып узунунан түшүп, бутун сунуп:

— Мырзамын «билбеймининин» пайдасы тийди! — деди чиренип.

— Жүзүмдү көргүм келип атат! — деди Шакир жигитинин сөзүнө көңүл бурбай. — Эмне кылам, көргүм келип атат Жүзүмдү!!

— Опей! — деп чочуйт жол баштаар,— көргүдөй калың өткөрдүк беле? Кулдук уруп жалгыз аттан айрылдым. Жакып менен учкашмай болдум. А, Көкүмбай баатыр күтүрөтүп мал айдап келет. Калыңын берет. Анан көрөсүң колуктунду. Көрмөк түгүл күйөөлөп келип, койнуна жатасың.

— Билбейм!

— Билесиң, баатыр!

— Билбейм! Жүзүмдү көрөмүн!

Жол баштаардан айла кайра кетти. Жеңенин милдетин аткарып, Акыбайга келди.

— Кел куда, кел куда! — деди Акыбай кайсалап. — Онуп калбадымбы. Жыргап калбадымбы, чоң айыл болуп.

— Иш чыгып атат, куда?

— Чыксын-чыксын. Чыкканы жакшы.

— Күйөө баланыз,.... салтты бузган болбойбузбу? Колуктумду көрсөм дейт?..

— Аа а-а-а... Эсеби... — деп мукактанган Акыбай тебетейин ала койду. Чокусун тырманды. Кулагын укалады. — Анда, эсеби... Катындар билсин! Катын ургандар билсин. Апасы билген оң го, чагымда. Кандай дейсиң ыя?..

Ошондо төрт катыны, бир байы болуп бешөө күйөө баласынын өтүнүчүн туура табышыптыр. Жол алыс, жер алыс көрүшүп алышсын деп чечишиптир. Байдын дагы бир үйү бошотулуп, даярдалды. Ага кызы олтуруп, төрт катыны менен өзү эки үйгө тыгылды. Түн кирди. Жакып мырзасын алып, кыз отурган үйгө кетти экөөнү

таанышпырганы, кол алышпырып антташтырганы. Жайы-кышы кыштоосунан жайлоосуна которулуп, жайлоосунан кыштоосуна которулуп жүрүп, кызына куда-сөөк чыкпай Акыбай деле кууракан го? Бой тарткан кызы жигиттин колу тийбей, жигиттин илеби урбай, көзү каткан го? Мырзасын кийирип жиберген Жакып, үй сыртында аябай зарыкты... Чопуллдашып калган шекилдүү.

Баласынын эл кыдырып, жер кыдырып гана келбестен, бирөөнүн кызын сүйүп, ага куллук урдура келиши, Көкүмбайдын көнүлүн адегенде көкөлөтүп таштады. Кырк бир жылкыны «калың» башы деп, Акыбайга айдатышты.

Бул иши Курманга угулат. Куласалга угулат. «Мендеги бүлөсүн албай атып, башымды аттагансың, экинчи жерге кудалашканы кандай?» деп Курман кумсарат. Биринчи күндөн эле көнүлү сынган Куласалдын жүрөгүнө чок түшөт. Ал Шакирдин колуктулуу болушуна кызганып, ичи ачышпады. Кайра андан кутулууга шарт түзүлгөнүнө кубанды. Жанын кейиткен бир иш... Кош бой болуп калыптыр. Түндөсү денесин сыйпаласа... Карчыттары кенелип баратат. Курсагынын дөмпөгү күндөн күнгө чоңойгонсуйт. Келесоо чалыш немеге өчөшүп өлүү уят. Курсактагы «балээден» кутулса болду?

Куласал ушунун камын жейт. Келишимдүү боюна жараша акылы бар, сурмалуу көзүнө жараша эси бар неме, сырдакана жеңелеринен, кадис аялдардан бойдон түшүрүүнүн амалын угат. Ичтеги түйүлдүк дене байлап, жан кире баштаганда оор жумуш иштеп, кыйналса боюнан козголот имиш. Козголуудан улам түшүп калуусу дагы ыктымал экен. Таанып алса, түйүлдүк өспөй түшүшү да мүмкүн. Бирок көпкө созулса керек. Кыйналса керек. Балким, өзү оорукчал болуп калышы да ыктымал...

Атты минип өйдө-төмөн чапкылап, жылкы кайтарсам дейт. Бардалуу атанын кызы үчүн уят. Өзү тендүүсам дейт. Бардалуу атанын кызы үчүн уят. Өзү тендүүлөр менен улакка түшүп, «көкбөрү» тартышсам дейт — андан бетер уят. Чыргай аралап, жалгыз кетет. Жуунат. «Кыз белем» деп чачын жазат. Эки бөлүп өрүп, соорусуна ыргытат. Ника кыйылбай жатып, келин кебетеленгени андан уят. Чачын кайра жазат. Кайра тарайт. Тал-тал бөлүп өрөт. Кундуз топусун кнет. Боюнан түшүрүп, өлбөй калуунун амалын таппай жүргөн неме кырда келе жатат эле. Бир нерсени баамдады. Мындай тик бет болоорбу! Төмөн жагы түзөн. Эки үй жанаша консо баткыдай. Анда калың аткулак. Арасында таш жокпу!..

Кылканы жалтылдаган бетегелүү тик беттп, конушка чейин чалгындап чыгат Күласал. Уясын көздөй эңиштеп, ысыгы мокоп, кылкылдап батып бараткан күндү тиктеп, кырда олтурат. Күн толук батып, нуру куштун куйругу сымал кашкарылып, асмандын алкагын көздөй тик ширелгенде кепинге алынгандай кырга сунулат. Колу-бутуна аракет бербей, тик белден моло ташча айланып куланып жөнөйт. Электин алкагынча анда мында бир тийип, өзүнөн мурда топусу кетет. Тарак калды. Өтүгүнүн бири ыргыды. Башы айлан-көчөк түшүп, асман жер астын-үстүн болуп алмашты. Эсучун жоготкон неме, аткулакты шабырата жапырып барып өйдөлөндү. ...Эсин жыят. Көз байланып караңгы түшкөн. Сынар өтүкчөн соксоюп, илкип келатканда көз салып жүргөн апасы алдынан чыгат.

— Каралдым! Кайда жүрөсүң? — дейт. Каралдысы унчукпан жок. Жумача төшөк тартат. Максатына жетип оңолуп, калыбына келет. Чакырткан эмедей Абдыбек ушундай учурда туш келип калбадыбы Күласалга.

* * *

Аттарды байлаштырган Садырбай арттан кирсе, Мырзасы чоочун үйдүн кызын кучактап алган. Кыз каршылык көрсөткөн түрү жок. Чачтары артына куюлуп, жигитке тигилет. Денеси албырган жигит, өбүүгө эрдин даярдап калыптыр.

Эшик шарт ачылганда, экөө бөлүнө калышты. Абдыбек күлүп жиберди:

— Садырбай, токтой турбайсыңбы?

— Аа, чыгып кетсе да болот экен?

— Ошенткин...

Экөөнүн сүйүүсү ушинтип чапчап башталат. Сөз мылжып олтурбай шар кеткен. Бар тобокелге салып, Абдыбек ала качмакчы болот. «Шакир сенин чыпалагындан айлансын» деп ичинен баалаган Күласал, макулдугун берет. Бирөөлөрдүн шек саноосунан сактанып, Абдыбек аттанып кетет. Садырбай калып калат.

Айылдагылар «үлүштөн» кеч келишет. Садырбай чала конок болуп, мейман үйүндө. Түн бир оокум. «Тиши ооруган» мейман, улам эшикке чыгат. Таң ашыруугa байлап койгон аты окуранып мамыда. Ичи «ооруган» Күласал дагы сыртка чыгат. Үйдөгүлөр катуу уйкуга киргенде экөө качкан. Ара жолдон Абдыбек тосуп

алып, айылына шатырап кирип барышкан. Эртенки күнгө кол шилтеп туруп калышкан.

«Жаткан мейман тиши ооруп,
Качаар кыздын ичи ооруп»

— деп, кийин ал айылда ыр чыккан.

* * *

Жанжалдын башы Көкүмбай менен Курмандын ортосунда болду. Чала-була эки тарап чабыша түштү. Анча-мынчалардын башы жарылды. Бети айрылды.

— Кеткен жеринен келинимди алып келип бергин! — деди сакал-муруту бириндеп, жаагы тултуйган Көкүмбай. Болбосо калыңына өткөргөн малым кайрылсын!

— Уят барбы өзүңдө? Мал доолаганча өлбөйсүңбү?! — деди кара сур Курман көзү жанып. — Күтүп жүргөн келинимди кийрип алып, андан кийин деле алып бербейсиңби уулуна экинчи катынды. Кемситкенсиң... Кыр көрсөткөнсүң... Ии, кызым ызасынан деле качпайбы?!

Жүйөөлүү жоопко Көкүмбай моюп сунат. Эки жүз чамалуу кол алып, ар кими тал союлду такымга басып, «Абдыбек кайда?» деп жөнөп калат. Баратып ара жолдо акыл токтото: «Байзактын алдынан бир өтүп койбосок уят болот го?» дейт. Колун артка салтырып, эки киши менен Байзакка кайрылат. Чоо-жайды угуп, түшүнгөн такыр Байзак какырынып-түкүрүнүп алат ачуулангансып.

— Эй, Көкүмбай,— дейт. — Жашымды сыйлап кайрылганына мин мертебе ырахмат! Сакалдуу башың менен... Кээнги байталды анги кубалап кетти эле деп... Минтип жүрүшүң уят иш. Эки эл чабышып, эр өлүп калса, эмне болот? Күн төлөшүп алып сен ал айылда, мен бул айылда калчу заман жок. Эртең Бишкектеги көз айнекчен төрө жасоолун чаптырып, байлатып, айдатып топонубуздун тозонун чыгарбайбы! Андай эле малдан атаң өлсө... Өткөргөн калыңың жанына батып атса, Чоюбектин иниси Мырзабек болуш турат. Бастырып барып түш. «Шок Чоюбектен туулган шок Абдыбек келинимди ала качып кетиптир. Же өткөргөн калыңымды бергиле, же келинимдин көзүн бергиле» деп айткын. Жөнгө келбей ишинер ырбап, айыгаар түрү жок кабылдай берсе, кайра киши чаптыргын. Мен дагы

сыйпалашып, кармалашып көрөйүн оорулуу жерлеринди?

Көкүмбай буга да көнөт. Жини басылып жоошуйт. Келип Мырзабекке түшөт. Кашка баш, алагай көзү кирпиктүү, кийимди кооз кийген семиз болуш бүгүн табы жок беле, болбосо Абдыбектин кылыгы жакпай калганбы, чыйрыгып кабыл алат. Жөн-жайын берки түшүнтөт. Бышылдап-күшүлдөп маасынын кончун чойгулап олтуруп угат.

— Көкүмбай, Кырк жылкы түгүл, тогуз жылкы бере албайм! — десе болобу, курсагы көшүлгөн Мырзабек. — Келинимди алдырып берейин! — деди да,— Жанузак! — деп жигитин чакырат. Бетинен кан тамган жигит кирип келет.

— Жанузак! — дейт болуш,— кула жоргону аялга ылайык ээр токум менен токугун. Жетелегин дагы ууруңукуна (Абдыбекти айтат) баргын. Курмандын качаңаак кызын мингизип, булардын колуна тапшыргын. Түшүнүп атасынбы?! Жорго токулгасы менен, убаракерчилик үчүн барган жерине калтырылсын. Уктунбу?!

Жанузак жылып чыгып кеткен. Күмүштөлгөн жүгөн, куюшкан, күмүштөлгөн булгаары ээр — тердик токулган Кула жоргону жетелеп, Абдыбектикине келген. Сырткы жорукка кулак түргөн ал үйүндө. Күласал да үйүндө. Экөөнүн тең жүрөгү түпөйүл. Экөө тең таш тиштегенсип унчугушпайт. Сырттан:

— Абдыбек! — деген дабыш чыкты.

Жооп берген жок. Каш алдынан Күласалга тигилди. Ал дагы өзүн тиктеп туруптур. Жанузак дагы чакырды.

— Абдыбек! Мырзабек аган... Тиги Курмандын кызын...

Андан аркысы айтпаса да түшүнүктүү болду. Абдыбек уу жуткандай дымыды. Кара жер соруп баратты. Сырттагы үчүнчү жолу кайталанганда Күласал обдулду ордунан.

— Күчтүү жоо. Чыдай албайсың дебедим беле?! — деди башы көтөрүлбөгөн, үнкүйгөн эрине. — Бул көрөкчө эркекке окшоп тебетей кийбей эле... Менин жоолугумду салынып калсаңчы! Сага ишенген мен жерге кирсемчи! — деп эрди камтылып, сыртка атып чыкты. Кула жоргого шамалдай аттанып, тизгинди өзү алды. Кула жоргону сабап олтуруп, артына кылчайбастан Көкүмбайдын үйүнө келип түшкөн. Таба кылгансып мылжыйып күлүп, үйүнүн жанында турган Шакирге:

— Албоочудай болдуң башыңды аттап, эр издеднм!

Атандан бери артымдан чапкылаганынардан «Сени издедим!» — деген. Кырк жылкы үчүн жандары кашайган үч тараптын тым-тым кылып, жанбас кекти жүрөгүнө түйгөн Күласалдын ошол күнкү какшыгын уккандар чындай түшүнүшкөн.

Бир кезде бешиктен чечтирип сүйгөн кайнеңеси качып кеткенин кектен, Күласалды күч ордуна урунат, Тезек тердирет, суу алдырып, от жактырат. Короо кайтартат. Жаанда бээ саадырат, Кой саадырат. Кийин кайнеңеси айтчу эле дешет:

— Жакшыны жаман кылалбайт экенсиң. Чыйрактыболжур кыла албайт экенсиң. Бир ай бою Күласалды ит көрбөгөн кордукту көрсөтсөм дагы кирпигиңе кир жугузбады. Жулугуна чаң жугузбады. Ыраазы болгонумдан кайра башестеп, келин ордуна олтургуздум — деп.

Жакшы адам ак көңүл болот. Ак көңүл адам кечиримдүү болот. Жакшы адам байкагыч келет. Талашып-тартышкан чоң кишилердин ишине да аралашат. Ойноп атып чокушкан майда балдардын ишине да аралашат. Ал ак дили менен аралашат. Иштин чырга айланып кетпей достошуп, тынчышы үчүн калыстык көрсөтүүгө аралашат. Иштин чырга айланып кетпей достошуп, тынчышы үчүн калыстык көрсөтүүгө аралашат. Байзак ошондой ак дили менен Көкүмбайдын ишине аралашты. Акылын айтты. Не болсо да жанжал чыгарбай бүтүшүп алышын өтүндү. Ал окуя тууралуу унутуп да калган.

Өмүр деген эмне экенин жөнүндө, өлүм деген эмне экенин жөнүндө ойлонбогон, көргөнү менен уккандары тууралу таалим-тарбияны мээсине сиңирбеген билимсиз адам көкчил болот. Өз кылыгын туура таап, өзгөдөн кыйкым, чагым издейт. Аны оюнан чегинтпей демөөрлөнткөн, курсагынын күнүмдүк токтугу. Оокатынын күнүмдүк жетиштүү өндөнгөнү. Ушундай адамдардын арасына кошулчу Көкүмбай айылынан чукул өтүп бараткан Байзакка жолугуп калат. Анын ээрчиткени Осмон тоголок.

— Салоом алейкум, баатыр аба.

— Увалекма ватсалом, Көкүмбай баатыр!

Кара аргымак үстүндөгү чокуга чыккандай болгон Байзак күлгөн болуп:

— Колум жетпейт го? — дейт.

— Жетпесе, камчыңды сун! — дейт Осмон тоорадан. Ырсайышат. Кол алышат.

— Айда-жылда бир көрүшөбүз. Даам ооз тийиңиз, үйгө түшүп? — деп калат Көкүмбай. Көңүлүндө кымындай арам пикири жок Байзак атынын башын бура тартат макул болуп. Кеч бешимде үчтөн экиси май, үймө табак козунун эти алдына коюлат кыра тууралып, көбүргөн кошулган чык куюлуп, аралашылып.

Өзү семиз козунун эти болсо жеткире бышырса, майда тууралса, жыты буркураган чыкка демдеп койсо, тарбайган колу менен чалып, имерип алып сугунган кыргыз кепшеп олтурчу беле! Болсо бир күрмөйт. Болбосо кызыл өңгөч ылдый ашказанга жите берет биринчи сугунганын экинчи сугунганы кубалап.

Ошол Байзак төрт алгандан соң колун дасмалга сүртүп калды. Арыраактагы көз салган Көкүмбай майлыкты суна койду.

— Баатыр, ал, алыңыз!

— Баатырыңыз тойду! — деди Байзак эч нерседен кабарсыз. Осмон табакты көздөй жүткүнө түшүп:

— Баатыр, мага карап атат! — деп купшундады. — Бул этти арттырган адамды кудай деле сүйбөйт го!

Байзак аттанып бастырды. Көкүмбай көпкө чейин ээрчип келип, анан калды. Көп узап, суунун боюна жеткенде Байзак кара аргымактан түшөт. Чепкенди желбегейленип, боорчого жантаят.

— Осмон, кел бери,— дейт. Осмон келет, Байзак жандап:

— Менин тамагымды карачы,— деп тилин сунуп, жаагын керип, оозун чоң ачат. Шыкаалай калган Осмон!

— Атакее! — деп чочуйт дагы колун жибере берип, ичке тилдин жанына сайылып калган сөөктү алып чыгат. — Кокуй! Онбой кала жаздаган турбайсыңбы? Бул эмне шумдугу!

Байзак башын көтөрүп, мала кызыл канды түкүрүнүп:

— Ии, тамагы жаман киши ушуну көрөт! — дейт.

Көкүмбай тууралган этти өзү аралаштырган. Күн мурда жото жиликти балка менен жанчып даярдаган, эки жагы учтуу сөөктү атайын какатыш үчүн эттин арасына каткан. Табактын ошол жагын Байзакка оңтойлотуп койгон. Баягыда: «Атаң малдан өлсө...» деген сөздү кектеп калган неме тура. Сөөктүн бири эт менен курсакка кетти, же табакта калды. Экинчиси Байзактын тамагына сайылды. Душманга жыгылып бербөө үчүн Байзак чыдады. Канчалык ээрчисе да окшуганын

көрбөгөн Көкүмбай: «Такыр, ары жутуп жибердиби, же?..» деп күмөндөр бойдон үйүнө кетти.

Балакеттен кутулган Байзак тамашага чалып Осмонго бурулду:

— Муну бирөөгө айтпайсыңбы?

— Айтпай калайын, баатыр.

— Айтсам «энемди алайын!» дечү? Айта бергин! — чепкенин кайра кийген неме. — Дасмалдын четинде билинсе, абийир кетмек. Эми мойнума албайм. «Осмон чыгарган ушак» деп кутулат эмесминби. Уккандар мага эле ишенет.

— Ишенбесе энелерин урайын! Соо калганың жакшы болбодубу.

— Ээ, Осмонум! Бирибиздин түбүбүзгө бирибиз ушинтип жетет турбайбызбы, атаңа наалат тирүүчүлүктө?

Ушул окуяларды эсине түшүрүп акылына тегеретекен Байзак: «Өзүмдү өлтүрүүдөн кайра тартпаган неме, атымды аяйт беле? Кара аргымакты Көкүмбай эле уурдатты!» деген ойго келет. Айылына кимдер батынып, кимдер колдуу болгонун дагы күзгү ачтыргансып болжолдойт. Сырбай менен Осмонду алып олтуруп тапшырат:

— Жолдош таап күч жумшайсыңарбы... Же айлакыл менен ыкка келтиресинерби... Куйручук деген салаадан куюлган ойронду бир жуманын ар жак-бер жагында колума тийгизгиле! Болду-болбоду Кара аргымак ошол колдуу болду,— дейт.

Машташкан немече бырс күлүшөт.

— Ушул ойду сизге батынып айта албай аттык эле,— дейт Сырбай.

— Айталбай атканыңар чын болсо тургула, ишке киришкиле!

* * *

Баягыда Боркоктун бозбыштысын Алдар көсөчө амал менен алып, жүгөрүнүн дүмбүлүнө семиртмекчи болуп Тогуз-Тородон эже издеп кеткен Куйручук шумдун тумшугу дароо эле жылыбады. Негизги төркүнү Жумгалдык бир жесир кемпирге байырлайт.

— Көзүң тик экен. Жүүнүң тирүү экен. Кол арама жарагын,— деп козусун тостуруп, байлатат. Кезүүсү келгенде кой кайтарат. Бир милдетти көпкө чыдап аткара албас, бир жерде байырлап көпкө чыдай албас

өйдолок шум бала кемпирдин мамилесинен, чүмчүндөтүп тамак-аш беришинен кыйкым табат. Эжеси үйдүн көлөкөсүнө олтуруп жүн тытып атса, бош ээрди минип алган Куйручук ырдап кирет жөө желип:

Кайчы кулак карагер,
Кадууда оозун керген жок.
Кой кайтарган бала деп,
Бир кабырга берген жок, ын-оой!

Күнгөй менен тескейдин,
Ташын көрдүм, куу кемпир.
Күн жилик менен далынын,
Башын көрдүм, куу кемпир, ын-оой!

«Арашан кылып жеймин» деп,
Арык козу сен сойдуң.
Андай кылбай жүрсүн деп,
«Арамза» атка мен кондум, ын-оой!

«Жел басаар» кылып жеймин деп,
Жетим козу сен сойдуң.
Жемелебей жүрсүн деп,
«Желмогуз» атка мен кондум, ын-оой!

— деди да, дал козунун өзү болуп маарап-маарап жиберди. Ишине алагды болуп, анчалык байкоос албаган эжеси чочуп бурулду:

— Өлүңө чайын! Бул эмнен, жети шумдуктанып!

— Бул-бу? — деди таноосун дердейтип, оозун чөп оттогондой бүлкүлдөткөн шум,— козулардын кошогу, жоктогону!

* * *

Күз болду. Боз быштысын тору кунанга алмаштырып алып, айылына кайра келет. Ары урунуп бери урунуп, жан баккыча бир беш жыл өтөт. Тору кунаны төрт асый болуп, мыкты ат чыгат. Торусу менен аркы айылга бастырып, берки айылга бастырып жүрөт. Кокту колотто бөлүнүп калган бодо болсо, айдап кетет. Бөлүнүп калган кой-козу болсо, эңип кетет.

Кекилик менен чил, коён менен кыргоолго күн көрсөтпөс талаанын тырмактуу куштары чокуга айланат. Бөксө тоолорду кыркып, чабыттайт эмеспи. Сыңарындай, тору атчан Куйручук дагы тынч алып жатпайт. Күндөрдүн биринде Улахолдон көп өйдө, тоо тарапта-гы айылды карай келатат. ...Тоо баштарын кар алып, түзөндөргө түнкүсүн кыроо туруп, кеч күз болуп кал-

ган маал. Күүгүмдөп, көз байланып келатканда жай таап, конмокчу болуп бараткан «шумпайдын» көзү бир карааңды чалып турат. Бул сөзсүз күлүк! Эртең бир жерде чабыш болот. Ээси ошого суутуп келген да, нары-бери жетелеп демин бастырып, таң ашыруруга байлап койгон.

Илгириц тору атынын башын артка шарт бурду. Ээрине өбөктөй камчыланып, катуулап, алда кайда кетти. Карангылыктын койнуна житти. Далдоолоп келип, оттуу жерге түшүү. Торусун эс алтты. Ооздугун чыгарып, үч буттап туштан отко койду. Өзү кырданып жатты дымып. Оо, түн бир оокум болду. Айылдын жылтыраган оттору өчтү. Ашына тоюп, жылуу төшөгүнө жаткандар кызуу уйкуга кириштн. Ошондо жортуулга чыккан карышкырча көзү тикирейген берен торусуна келди. Тушоосун чечти. Ооздугун салды. Ээрин түзөп, басмайыл көмөлдүрүгүн бекитти. Ыргып минди. Үйгө чукулдаганда дабышын чыгарбай, мышыкча жылып басып калчу торусу менен үртүктөлүү күлүккө жетет. Кулагын кайчылаштырып, ооздугун кепшей эрдин кыбыраткан немени лып чечет. Жай жетелеп бастырат. Узап-узап алып коштойт да, бетинен шамал урдуруп зуулдап жөнөйт. Күйручук бул жолу айылга кайрылбайт. «Кайдасын, базары чоң Токмок!» деп жөнөйт. Таң аткында күлүктүн өңүн караса күрөң экен. Торунун ээр-токумун алып, үртүктү токулганын арасына жымырып, токунуп минет. Торусун жетелеп, Токмокко кирип барат. Базар менен оокат кылган короолуу бирөөнүкүнө туруп калат. Адегенде, чыккан пулуна торусун сатат. Жем-чөп алып буктурмага Күрөңдү байлайт. Муну өзгөчөлөнтүп багып аткан купуя себеби бар. Үй ээси базарга чыгып кеткенде чайнекке кайнаган суу алып чыгып, күлүктүн омуроолоруна, мандайына, сооруларына аз-аздап куят. Кайнак сууга күйгөн жерлердин түгү жыдыйт. Чака тыйындай болуп такыраят. Такырларга кайра ак түк чыгат. Күрөң күлүк эми мандайында алакандай кашкасы бар чаар болот. Күлүктүн сыны көзгө көрүнүп турган аны Күйручук төрт аттын баасына сатат. Акчаны жанга басат. Токмокто кыштамакчы болот. Чайканага от жаккыч, суу ташыгыч болуп кирип кетет. Курсагы да тоёт. Жанында акчасы бар. Иштегенине акы да алат. От жагып, суу ташыганда башка кийгидей, эс алып базар аралаганда башка кийгидей кылып эки сыйра таза кийинет. Бал саткан орустарды көрөт. Мал саткан казак-кыргыздарды көрөт. Өрүк-мейиз саткан өзбектерди көрөт. Калем-

пир, пияз саткан дүңгөндарды көрөт. Чач алгычтарды, кийим тикчиларды кыдырат. Кыяк тарткандарга жолугат. Самогон жутуп, мас болгондорду байкайт. Палоону кепшеп, чайды самоорлоп ичкендердин жанына олтурат. Айтор, күрөң күлүк бактысын ачты да койду. Токмоктон кетсе, тоо арасында тумчугуп өлчүдөй...

Шумуң ошентип кышты сонун узатат. Жадырап жаз келет. Көйкөлүп көк башталат. Айылын сагынган неме эже-карындаштарына кийим-кечек алып жөнөгөнү атканда... Дал ушул Токмоктун өзүндө чоң топ болоору айтылып калат. Топко Каракол, Нарын жана Пишпек дубандарынын мыктылары келет экен. Нечен үйлөр тигилет экен, нечен мал союлат экен. Жез таңдай акындар келет экен. Тили тишин кайраган чечендер... Комузчу-чоорчу болуп, чоң үлпөт менен өтөт имиш топ. Мындай жыргалдан шайтан да качпас! Жоруктун кандайы болсо да шыгы түшкөн Куйручук шорунун катаарын тырнактай да ойлоп койбой токтоп калат.

Суу бойлотуп үйлөр тигилээрин тигилди. Мыктылар баштаган көп эл келээрин келди. Бир үйдө комуз чертилип... дагы бир жерде залкар сөздөр сүйлөнүп, сан-жыралар айтылып жатты. Ак үйлөрдөн окчун, төрт кара үй тигилген. Аны куралчан жасоолдор кайтарат экен. Неге?.. Куйручугун түшкүр ушуну байкаса болмок! Жыйырмаларга чыгып, бай баласынча таза кийинип алган немең ок жыландай октурулуп айтышкан ырчыларды, сөз төккөн карыяларды шынаарлап, белен ашка курсакты тойгузуп жүргөн ууртунан күлкү кетпей, көзүнөн шоктук кетпейт.

Тигилген үйлөрдүн баардыгынан чоң дагы, көрүнүктүү дагы үйдүн көлөкө жагына килем салынып, килем үстүнө каршы-терши кара көрпө көлдөлөндөр таштал-ган. Капшытка далыларын сүйөп, көлдөлөң үстүндө эки карыя олтурат. Тегеректеген бир топтор. Алардан алгараак экөө. Көңүлдөрү жайдары. Олтурган карыялардын алгараагы — Кыдыр деген. Алагай көзү адамга тик кадалбаган. Аппак сакал-муруту жайкалып, бети кызылдуу. Катарында — Садыр деген. Чап жаак, көзү чекир, кыр мурун. Сөөк-саактуу, көгала сакал. Кыдыр көп тыңшап, аз сүйлөйт. Садыры бетке чапкан, чапчаң мүнөз. Сөзү шоктуу. Мааниси оттуу экен... Садыр бир кезде бир-эки жолдошу менен Шабдандын үйүнө конуп калат. Чүйгүндөп семиз эттен казан асылат. Эт бышып, күмүш чарага жасалып тартылат. Устукандар мүлжүлүп болот. Бүкүлү сулп эттерди үйдүн жигиттери туу-

рап бүткөндө, сырттан чыгып башка, кесмесин башка көтөрүп киришет тура. Анда, төрдөгү Садыр:

— Чыгып куйгула. Камырын жолотпогула, алып кеткиле! — деген экен көзүн жалжылдатып.— Биз үйрүмөлөп жейбиз эттик. Камыр аралаштырып ботко жасагыдай, азуусу түшкөн абышкалар олтуруптурбу мында?!

Жат-жатка келишет. Мейман үйүнө төшөк салынат. Садырың түшкүр мында дагы «чыр» баштайт. Пар жаздыктарды апчып, жаздалган ордунан алат:

— Алгыла мунунарды! — дейт төшөк салгандарга сунуп.— Муну алты ай ооруган, аркасы жооруган, бир жамбашына оодарыла албай ооток жаткандардын башына коюлат. Биздин ден соолук азырынча кудая шүгүр! Чепкенди айкарасынан жамынып, алакийиздин үстүнө, же карагайдын түбүнө кырданып жатсак дагы болобу!

Таң атканда коноктор турушат.

Чайланып, тамактанып жолго түшүшөт. Айылдан көп узашат коноктор. Жанындагы жолдошунун бирөө Садырга нааразылыгын билгизет:

— Аксакал! Түндө туура эмес иш кылдыңыз, Тартканын эттерин чылк эле май эле. Камырды коштурсаңыз, жүрөккө тийбей, жакшы жейт элек, би-ир. Жумшак жаздыкка башты жөлөп, көшүлүп жакшы уктайт элек, эки-и!

— Э-эй, мээси бөксө айбан! — дейт Садыр, дүлөй немече ат үстүндө бакылдап.— Мен эртенки күнкү сени аяп ошенттим. Ана, Шабдан конокко келип калсын. Малын го союп бер. Этин го салып бер. Кесмесин канттың? Алардыкы торко электен өткөн, кирпичетка ун экен. Сеники жаргылчакка тартылат. Адырайган кыл электен ыргалат. Ал ун кантип бышык ийленди? Ал камырдан кантип чийдей кесме кесилди? Ии, ошентип, алдын ала камыр жолоттурбай, кутулуп коюш керек. Түштүбү мээнеси?!

Жаздыкка арман кыласың! Булардыкы куштун жемсөө тыбытынан жасалыптыр. Биздин айыл көлдүн булундарына чыккан жекендин бырынан жасашат. Быягы муштумдай, тыягы муштумдай, бултук-тултук. Жаздык деп баштарына кантип жаздайсың аны? Түндө биз жаздан багандан кийин өздөрүн дагы түптүз жаткырып таштайбыз? Кандай дейсиң, итим!? Сени уят болбосун деп алдын ала алып койдум. Анымдын эмнеси жаман болду, мээси бөксөм!?

Ошол Садыр башка айылдан адам өлүп калса, аты-

жөнүн тактап сурачу. Көптүн бири болуп жүргөн неме болсо, ага-туугандарына кецешчү. Кошоор малын жетелетип, бир топтор менен калдая караан болуп бастырып калучу. Кабар айтылган адам мыкты болсо... Баркбаалуу жүрсө... эл намысын коргоп, каршылашканга сүр болсо... Садыр аттанбай кыйшая төрүнө жатып алат. Курбуларынын бири кирип:

— О Саке, турбайсызбы, бүгүн коюлат экен, топурак салып калалы,— дейт. Анда ал телмире кароочу:

— Каякка барат элем? Ал айылдан адам калган жок!..

Кызык мүнөздүү Садыр олтурган жерге Шабдан менен Байзак кайрылды. Жыл маалында бир жолу өтчү топтун максаты — уруулар арасындагы тыныша албай жүргөн чатак иштерди жайгаштыруу. Бирөө алдырбайын деген өлөрманчылык менен, бирөөлөр «акым колума тийсе экен» деген үмүт менен далайлар келет топко самсып. Ушул толгон иштерди чечиш үчүн жыйын баштоодон мурда, канча күн болсо дагы ичип-жегени эл жонунан болгон мыктылар негизги иштн нары жылдырып коюп, уруулар арасындагы аксап калууларды, жоон билектикке салып жецип кеткен окуяларды чукулап, бирин-бири кепке жыгууга, кийинки муундарга күлкү кылууга өтүшөт. Анын биринде Шабдан: уул, кызын бир аяк талканга сатып, кыргыздар тентиреп калганда... өз уруусундагы бир ата эсептелинген Болоттун элди баш коштуруп, ата конушка алып келгенин айтат.

— Сырттан кол салган душмандарды сүрүп чыгууда... Оо, биздин аталар да дүцгүрөгөн! — деп Байзак сүбө көтөрөт. Оюн-тамашалары кызандашууга өтөт. Калыс сөз угушмакка эки карыяга келишет.

— Абалар! — деди Шабдан өз максатын талашмакка,— мен болгон чындыкты айтсам, мобу узун бойлуу көсөө киши жецилгиси жок,— деп Байзак тарапка каш какты.— Кана, калыстыгыцарды айткыла — биз угалы. Береги жайнаган башкалар дагы уксун!

— Жашы улуунун баары, талаш иштн так чече бербейт,— деди Кыдыр карыя оң колунун бармагын кайкалата катарындагы Садырга шилтеп,— мобу «баладан» сурагылачы? Өзү дагы талаш-тартыш чыр иште майдай кайнап кеткен тилдүү-ооздуу неме.

Карыяны «бала» атаганга күлүп жиберген Шабдан:— «Баланыз» канча жашта болду экен?! — деп калбасы. Ботом, Садыр «балацыз канча жашта» деген сөздү илип ала коюп, жаа тарткандай баштайт сөзүн:

— «Өзүнүн ууру-кескилигин билбей, кулагымдын кунун алып бербейсин» деп Балбай, Ормонду сайып өлтүргөн жылы төрөлгөнсүң?» деп апам талашат. Жок, Балбак он сегиз жашында атка минди. Мыкты болду. Чоң атасы Шамен тирүү турса: «Өлгөндөн кийин билбей каласын. Тирүүндө көрүп алгын» деп Самарканддан уста алдырып, күмбөз тургузду. Чоң атасы күмбөзүн көрүп, ыраазылыгын билгизди. Кийинки жылы күзүндө, кар алгач жааганда чоң атасынын салыгы уурдалат. Балбак эки жигити менен из кууйт. Из жакын тууганы Мураталынын айылына барат. «Уурунун изи ушул жерге келди, буга эмне дейсиң? десе, Мураталы: «Сен ууру тутат турбайсыңбы?» деп Акбакай тору күлүгүн жайдак минип, найзасын алып качырат. Балбак атынын оозун кое берип, камчы басып качат. Сууну кече берээрде Мураталы жетет. Сайып түшүрүп, муздайт. Денесин кара суунун көбөрүнө катат. Кийин тууганлары арачы түшүп атып, Балбактын сөөгүн аран таптырып алышкан. Чоң атасына арналган күмбөзгө өзү көмүлгөн. Мени ошол жылы төрөлгөнсүң деп атам талашат.

Апам жанагысынан күчөп «Тууганы Үркүнчүдөн Ыбыке көп сурап келген эмеспи. «Төрт короо коюп туруп, уялбай көп сурайсың» деп Үркүнчү Ыбыкеш коруонун төрүнө басып алып, оозуна кык куюп өлтүргөн. Ошол жылы төрөлгөнсүң» дейт. Ошентип, менин туулган жылымды тактай алышпай, атам менен апам күнүгө үч маал урушчу,— деди Садыр мурдагысынан күчөп, шердене тамаша кыймыл жасап.

Аты аталган, айыбы чукулган кишилердин баары Шабданга уруулаш экенин билген берки жарданғандар ыкшып күлө бериштн. Обдулуп, чекир көзү жана түшкөн узун жаак Садыр ормоюп калды.

— Аа, Кызыл думанам! Демиң суудубу! — деди Байзак. Жарданган улуу-кичүү кубаттап кетти. Мындайда сыр алдырбай ичинен тынып, ийнинен дем алып калчу Шабдан:

— Туурасын айтып атса, моюн сунбаска болобу! — деди. «Чоң үйдөгүлөр күлсө, кичи үйдөгү ырсаят» болуп, Куйручук четте турган. Шарт бирөө билектен алды. Узун бойлуу, өнү суук, сары киши экен. Көрсө, иш мындай болуптур...

Өткөн күздө саткан күрөң күлүктү Токмокко чукул айылдагы бир адам алыптыр. Ал күлүктү суутуп, ушул топто чабылчу аттарга кошмок. Бул топко күрөңдү уур-

датып жиберген накта ээси да келет. Оюнда эчтеме жок неме балдар минип ары-бери бастырган көп күлүктөрдү карап туруп, башын көтөрүп жүрүш менен калжаң уруп баскан бир атка көзү түшөт. Былтыртан бери дат айтып, сыздап жүрчү неме:

— Ате, каран калгырдыкы айе! Адам, тетигинин мандайындагы агы болбосо... Омуроо соорусундагы чаары болбосо... Кыялы, сымбаты менин эле Күрөңүм! — дейт. Атка улам кызыгып, улам сугулуп атып, чукулдап барат.

— Балам, тизгининди тарта турчу? — дейт үстүндөгү баладан өтүнүп. Бала атты токтотот. Сары киши аттын быягына чыгат, тиягына чыгат, суулуктайт. Тишин ачат. Күрөң түктөрдөн, кыска жүндүү ак тактардан шек санап, чок баскандай ыргыйт:

— Айланайын кудай! Бул менин эле Күрөңүмдүн өзү турбайбы! — дейт. Атты суулуктаган немени көрүп, кийинки ээси басып келет.

— Эмнеге чырмалып атасыз, эти чоюлсун деп бастырып атканда!

— Сиздикиби?

— Ооба.

— Чын эле өзүңүздүкүбү?

— Анан бирөөнүкү болмок беле!

— Сатып алып жүрбөңүз, айланайын?

— Сатып алганым чын!

— Кокуй, бул меники! — десе болобу чырмооктой тизгинге оролгон сары киши,— кимден алганыңызды билесизби?

Атты сатып алган неме, атты сатышкан кишини бала кезинен тааныйт. Ат сатышкан неме дагы бул топту кызык көрүп жүргөн. Ээрчишкен экөө аны табышат. Ал үйүндө жүргөн Куйручукту көрсөтөт. Аттын нагыз ээси Куйручукту дыркырата сүйрөп, жасоолдордун башчысына алып келет. Болгон ишти түшүндүрөт.

— Ишти бийлер чечет! — деген жасоолдор башчысы Куйручуктун бутуна кишен салдыртат. Күнөөлүүлөр камалган төрт кара үйдүн бирине түртүп киийрет. Эртеден берки күлкүсү боюнан күбүлгөн ууру мусаапыр кейпин кийип, отуруп калат.

* * *

Куйручук болсо эле кантип тынч отуруп калсын. Аркы амалды ойлойт, берки амалды ойлойт. Байзак кайра-кайра эсинде туруп алат. Аны бала кезинен көргөн. Ан-

дан бери атын далай жолу укту. Жана өзүн да тааныды. Кара үйлөрдүн жабуулары бүтүн болчу беле! Алакандай тешигинен ай көрүнөт. Оймоктой тешигинен от көрүнөт. Куйручук улам бир тешиктен шыкаалап, сыртты байкайт. Жан бүткөндүн баары тамакка кирди. Жасоолдордагы окчундагы чатырга тамактанганы кетишти шекилди. Жымжырт. Куйручук кишендин чынжырын кылдыртсыз көтөрдү да босогодон шарт чыгып үйдү айланды. Байзак бар үйдү көздөй болгон дарамет менен кыйраландап, кыйшандап жөнөдү. Буттары тең шилтенбей мудурулөт. А болчубу ойронун! Кетип баратат. «Кудайга ишим ак экен. Күлүгүм табылды!» деп, жүрөгүнө аш барбай ууруга сырттан көз салып, тээ алыста отурган сары киши соксондоп бараткан немени көрүп эле тааныды. Айгайды салып тура жөнөдү.

— Ооу, качты!..

Куйручугун түшкүр үйдүн эшигин ачып-ачпай сүнгүп кирди да чынжырды кое берип, Байзакты кучактап жыгылат:

— Кагылайын атаке! Жанымды алып кала көр?!

Чочуп кеткен Байзак а-бу дегиче сары киши кирип келип, уурусун басып жыгылат:

— Айланайындар! Анык шерменденин шермендеси турбайбы! Атымды уурдаганы аз келгенсип, өзү дагы качып атпайбы!

— Мобу экөөнү бөлгүлөчү! — деди Байзак үйдөгү жигиттерге. Жигиттер ооздорунан көбүк куюлуп, күшүлдөп-бышылдашкан экөөнү ажыратышып, эки капшытка отургузушту.

— Сен айтчы? — деди Байзак чала-моңол өңү жылуу учураган жаш уланга,— эмне болду сага?

— Мен... Мен! — деди күйүккөн Куйручук. Көкүмбайдын иниси эмесминби?! Сиз Байзак эмес белеңиз! Мобу киши «уурусун» деп бутумду кишендетип...

— «Ата» деп энесинин койнунда жатканды айтат! — деп Байзак бырс күлдү. — Баягында сырттан кузгун болуп куркулдап, бүркүт болуп шаңшып кирип, колго суу куюп, коноктордо таш жалак калтырып кеткен шум баланын өзүмүн дечи! Жайың түшүнүктүү... Калганын сен айтчы? — деп сары кишиге кайрылганча куралчан эки жасоол кирип келди. Байзак колун жандаганда жүткүнгөн алар токтоп калышты.

— Былтыр таң ашырып койгон күлүгүм үртүгү менен жоголгон. Ушул жерден көзүн таптым! Дал мобу неме,— деп сөөмөйүн Куйручукка кезеди,— сатыптыр!

— Бул бечара кандайча барып сенин күлүгүңдү уурдайт? — деп баштаса болобу Байзак! — Үч маал сөөксаагымды ушалап, үйүмдөн чыкпайт. Деле «колу бошотонун» көрбөйм... Анан эле кайдагы көлгө танапташ жерден сенин күлүгүңдү мине качканы кызык экен?

Сары киши жулунуп, жасоолдор да ууруну алып кете турган болуп иш ырбады. Үчөөлөп күчкө салышып, Куйручукту сүйрөмөй болду. Ал Байзакты кучактап, өзү менен кошо сүйрөдү. Ичинен эзиле күлүп, сыртында опуза салган Байзак:

— Жаш алгыч деле сөзгө келет дешет, кое тургулачы! Баарыбызды башкарган пирибиз бар. Ошого барып көрөлүчү,— деди да, Куйручукту билекген алып, жетелеп жөнөдү. Ал бош колу менен кишенди көтөрүп, соксоңдоп кошаякча секирип, жетекте. Жасоолдор да, сары киши дагы ээрчип артта. Байзак Шабдан олтурган үйдүн эшигин серпип кирип:

— Береги, далымды үч маал ушалап, чайымды сунуп үйүмдө «жүргөн» жетим эле. Мобу сары неме «ууру» деп кишен салдыртыптыр. Бошотуп берчи бай болгур!? Андай эле доолору күчөй турган болсо «ак жерден» доого жыгылып, канча пул экен төлөп берейин? — деди.

Сары киши кыскача датын айткандан кийин Шабдан иш жайына түшүндү. Байзакка карады:

— Эр өлтүргөн Чоюбекти актагандай... Бул көзү ойноктогон шишкараны дагы актаганы турасың го? Алыпбайт бутунан кишен!

— Бүгүн кишенден бошоттуруп турчу, эй! Эртең мойнуна таш байлап, Токмоктун Кара-Суусуна чөгөрүп өлтүрүп берем. Күрөң аттын айыбын өзүм тартам!

Шабдан унчукпай калды. Жасоолго буйруду:

— Кишенин ачып койгула. Милдетин албадыбы!

Колу-буту бош Куйручук Байзактын жанында. Ууру мышыкча каш алдынан тиктейт. Берки да аздыртан тиктеди:

— Ии, керекке жарайт бекемин! Эми карангы түшөөрү менен жылып чыккын дагы, көздөн кайым болгун. Шыйрагыңды чагып ташташат! Түшүндүңбү?

— Түшүндүм...

— Сен эле болсоң түшүнбөй калгандырсың!..

* * *

Андан бери он жыл өттү. Жигиттердин күчү менен кармалып келинген Куйручук Байзактын мандайында отурат.

— Мени таанып атасыңбы? — деди Байзак.

— Кантип тааныбайын! Чоң доодон куткарып калгансыз.

— Ааа... Унутпапсын. Ырахмат аныңа. Айтчы, Кара аргымак кайда?

— Эмне деген «кара аргымак» болду экен? — деди делдейе түшкөн Куйручук.

— Эки кулагы бар! — деп Байзак, колдорун чыкыйынан соройто кулакча каккыйлайт. — Эки көзү бар! — деп сөөмөйү менен бармагын өзүнө дүрбү жасап шыкаалайт.— Сырбай менен Осмон оонап күлөт. Ашкана жактагы Оңол жоолугунун учун ала оозун басып, көзүнөн жаш чыгып, эрип атат. Куйручук гана күлбөйт. Сыр бербейт. Байзак коломтого кол созуп, чычаланы алды да, алаканын көөлөп Куйручуктун көзүнө такады:

— Өңү момундай капкара! Түшүндүңбү эми?! Билдиңби эми?!

Куйручук баш чайкайт. Кесип алса кан чыкпасына Байзактын көзү жетти.

— Даярдагыла! — деди. Мурдатан машташылган иш го! Осмон куу отунду алып келип, тулганын алдына жандырды. Жыгач чатырап, алоолоп жалын соймондойт. Сырбай ашкананы серпти. Бакандагы куйруктан балтайта кесип алып, темир шишке төөнөп Байзактын колуна карматты. Ал куйрукту жалынга аралата берип:

— Билбейсиңго кара аргымакты?! — деп Куйручукту кекете баштады.— Аксынбы кара аргымактан?! Анда, ычкырына чейин дырдай чечингин дагы чалкандан жат!

Куйручук арсар болуп, ышкоолонот. Чечпеске арга жок.

— Бачым, май талаага кетпесин! — деп кыстайт Байзак.

Амалы түгөнгөн Куйручук төшүн дагдайтып, төрдү баштанып жатты.

— Муну кара! — дейт Байзак Куйручукка.— Тирүү калчудай ырым кылып, чыгышты баштанат тура! Өлгөн адамды кыбыла баштантып көмөт! Быякка!..

Жалын арасында куйрук жыжылдап ысыды. Байзак которулуп жаткан Куйручукка карап:— Кара аргымакты алганың чынбы? — деди. Баш чайкады. Экинчи сурайт, баш чайкайт.

— Таш экенсиң го! Темир экенсиң го! Өз убалың өзүңө, мына жазаң! — Мөлтүлдөгөн ысык майды төшүнө тамызып, тартты.— Айт!

— Мелтирейт. Үч жолу тамызды, кашкаят. Май тамган жери кызара түшүп атат. Ага болбой Куйручук. Чыдайт аа, чыдайт!

— Келе? — деди Байзак шиштп керегеге жөлөп коюп. Осмон сок билекти карматты. Аны Куйручуктун кекиртегине койду. — Келе? — деди дагы. Сарыбай айбалтаны сунду. Байзак сокбилектин бир башын басты да, айбалтанын мизин Куйручуктун көзүнө такап келип, жогору көтөрдү:

— Айтасыңбы? Айтпасаң чабамын биротоло! Өз убалын өзүңө, кызыталак.

Куйручук ошондо ооналактады. Сыйыртмак салган ылоодой башын бултактатты. Байзак мурутунан күлүп, оолактай берди.

— Аа, бул айтты эми. Чынын айтты! Тургун! Кийингин.

Куйручук кийинди. Байзак:

— Кел эми? — деп оң колунун чыпалагын сунду.— Мындан ары чыпалак алышкан дос болуп жүрөлү.— Куйручуктун чыпалагына чыпалагын илип, ыргап турду. Байзак кыйналгандыгы үчүн ичинен катуу кейип турса да, андан башка арга жок экенин түшүнгөндүктөн сыртынан жадырап сөз улады. Сөзү ишенимдүү чыкты.— Бирге какашкан, катуу дос болот биринин айыбын бири чыгарбас үчүн. Чыпалак алышкан чын дос болот чырмалып, ашташып, айрылышпай жүрүш үчүн. Бар эми, экөөбүз мындан ары чырмалышкан доспуз. Эртең түнү кара аргымак экөөңдү ушул жерден күтөмүн!

Же болот дебей, же болбойт дебей, Куйручук аттанып кетет. Башка сөз айтпай Байзак калат. Жандыктар жайыттан келет. Кеч кирет. «Саксагы узарды. Тондун жакасына ылайык»— деп жүргөн куйруктуу кара козуну сойдурат. Чыпчыргасын арттырбай, казанга салдырат. Отту күчтөнтпөй жактырып, аземдүү конок күткөнсүп Байзак Куйручукту күтөт. Осмон менен Сырбай «Куйругу жок Куйручук, туткасы жок Куйручук, эми кантип кармалсын!» деп Байзакты шылдыңдап кыт-кыт күлүшөт. Сырттан байкашат.

Оо, түн бир оокум. Байзак Оңолго отту өчүртөт. Казандын капкагын жаптыртат. Убакыт өтөт. Сыртта жай бастырган аттын дүбүртү. Байзак чыкса күткөн Куйручук аттан түшүп атат. Коштогону каз моюн, кара аргы-

мактын өзү! Байзак көптөн бери минбей калган аргымагын мандайынан сылады. Омуроосун таптады. Анан, Куйручукту жанына тургузуп, кыбыланы баштантып сол колун көмкөрөсүнөн, оң колун оңунан сунду:

— Куйручук! — деди.— Мындан ары ууру кылсаң кылайып оңолбо! Ак сүйлөп, так сүйлөп өткүн, оомийин!

Байзак батаны ушинтип оң-тескерисинен берди.

Жер тамга бактырган жеринен Кара аргымакты кайра уурдаткан Көкүмбай Байзактын козусунун этине нык тоюп эртеси келген Куйручукту чакыртат.

— Аргымак кайда?

— Ээсине бердим! — дейт тайманбай.

— Эй ит! Жинди болдуңбу? Өзүң уурдап келип, кайра өзүң жеткирип?

— Менин жаным экөө эмес, бирөө эле! — деди жаалдана.— Кожо-кыдыр түшүмө кирди. Бир колун оңунан, бир колун тетирисинен алып, тирөөч кылчудай көктү көздөй сунду. «Ууру кылсаң көзүңдү алам, же сөзүңдү алам!» деп коркутту. Жан керек экен. Алып барып ээсине бердим. Ишенбесең мобуну карачы! — деп төшүн ачып жиберди.— Сөөмөйүн кезеген сайын, тыз-тыз этип аткан. Ойгонуп кетип ачсам аяр аткан огу сөөктөн өтпөй бери жагында калса керек барсайып-барсайып чыкты «май ок» тийген жерлерим.

Ылжыраган күйүктү көрүп, Көкүмбай чочуп кетти.

— Итим, анык ит болгонсуң го?

— Анык болбой жалган болчу белем.

— Түлөө өткөрбөйсүңбү?

— Түлөөгө адал мал керек. Меники, бүт эле уурудан куралган. Адал бээлериндин тукумунан бир тай бергин, айыл апанын батасын алайын?

— Ал, ал итим! Жазгырмаларың көп эле, калп болсо кийин көргүлүктү көрсөтөмүн!

* * *

Куйручуктун кылык-жоругу улам алыстап таркады. Ал ар кимге ыгын таап тийишет. Ар кимдердин айыбын чукуса дагы, жакшы жактарын айтса дагы, уккандын жүрөгү ынанаарлык кылып сүйлөйт. Ошонусу менен эл кыдырып, күн көрөт. Бала-бакырасын багат.

Жылдардын бир жылында, күндөрдүн бир күнүндө! чөп сүттөнүп турган маалда Канатты беттеп аттанат. Карагоо өрөөнүндөгү элге баркы бар неме, чоң боз үйдүн

ичинде жоон топ кишилер менен олтуруптур. Алдыларында аяк-аяк кымыз. Күжүлдөгөн сөз. Атын мамыга байлаган Күйручук эшикти серпти да шарт үйгө кирди. Үндөбөстөн төмөнкүлөрдү аралап өттү. Канаттын жанына олтурду. Канат дилинде жактырып турса дагы одурайган болуп:

— Аа кудай урган, адепсиз Күйручук! Жок дегенде салам айтып кирсең боло. Көзү жок көгөнчө, чүлүгү жок букача жөөлөбөй? — деди.

— Сырттан какайып туруп отузунча бир салам айттым. Бирөөң дагы унчукканың жок. Эми отузунар чогулуп туруп мага бир салам айтсаңар, өлүп кетесиңерби?!

Күлүп калышты. Күйручукка кымыз толгон аяк сунулду. Шып эттирип тартып жиберди. Экинчи кайталанды. Үчүнчү кайталанды. Аны дагы какшытты. Төртүнчүнү дагы шыпкады. Беркилер, бүлкүлдөп күлүп атышат. Бешинчи аякты алып:

— Деги өзүм эс албасам дагы, аяк эс алсынчы! — деп алдына койду. Баары каткырды. Канат азилди күчотүүгө шыкак издеп:

— Бээңер быйыл кысыр калганбы... Кымыз издеп Кызартты ашып, биз тарапка оопсуз? — деп таштады.

— Канча бээ кысыр калганын санап чыкканым жок. Көкүмбайдан эки бээ, Курмандан жети бээ эгиз кулун тууду деп уктум. Жумгалдын суусу ары агат, Кочкордун суусу бери агат. Эки суунун кайсынысынан көп кошулат болду экен кымызга? Ошону текшерейин деп келгенмин чын.

Дуу эткен күлкү.

— Андан башка дагы...— деди Күйручук кептин ыгын келтирип,— алалбай жүргөн «аласаларым» бар эле. Өндүрө албай жүргөн «доолорум» боло турган эле. Башы өзүндөн башталсын Канат. Айылда жатып «Канат алдуу» деп угам. Мындай кудай берип турган адамга кур барганым болбос деп, берер тартуумду коюн-колтукка жүктөнүп, жик билгизбей басмайылымды бек тартынып, зымырайып-зымпыйып жанында олтурган кезим.

Бул жерде белиндеги курун басмайыл атап, билгизбей Күйручук согуп кетти. Жандоо сөздү кылдат түшүнбөй калган Канат:

— Болсун-болсун, апкел тартуунду? — деди. Күйручук чытырата тарткан курунун тогоосун бошотту. Колун койнуна салып солкулдаган жети ышкын сууруп чыкты. Канаттын алдына таштады. Дуу күлүштү.

— Ээ, урган! — деди Канат.— Ушундай кантип тар-

туу болсун? Тартууга күлүк ат, тиштээк тайган, алгыр куш берет. Илбирстин терисин, суусардын терисин берет. Жердин чөбүн терип алып... Сени кудай урган го?

— Канат! — деди Куйручук.— Сен айткан баалуунун баары менде болсо, балакетке сага бастырып келемби?!

Жалпы каткырышты. Каткырыкка үй учуп кете жаздады.

— Болуптур, тартууна эмне алмакчысын?

— Аны кийин айтам.

Бул окуя унутулуп да калат.

* * *

Кеч күз. Тоолуктар кышкы согумун кыйгач сое баштаган маал. Канат бир топ киши менен бирге бозо ичип олтурса, баягы Куйручук дагы кирип келбеспи.

— Аа, кел-кел! — дейт Канат эч нерседен капарсыз. Куйручук олтурат. Өкүртө чыккан таруу бозодон экини кайталап оңоло түшөт. Канатка бурулат:

— Баатыр! Жайда берген тартуума жооп угайын деп келип калдым.

Эстей койгон Канат саныи чаап каткырат.

— Кудай урган! Баягы бир тутам «чөбүндү» унута элексиңби?.. Атаны ит ай!.... Ошондо эле ушу кишилер отурган, тана да албайм. Болуптур, эки ирик алгын.

— Бирин өңөрүп, бирин бөктөрүп... Кар дагы түшүп калды. Кызартты аша албайм! — деп баш чайкаса болобу Куйручук.

— Анда, бир ноопаз алгын.

— Уй өлсө дагы түз баспайт. Уй көрсө эле бура тартат. «Өш эле, өш» деп көрүнгөн үйдү айланып жүрө албайм касам ичип, мүрзө айланган жан берчү немеге окшоп.

— Ой, анан эмне кыл дейсиң? Таза кутулбас балээге калгамын го?!

— Берсең...— дейт Куйручук чын аласалуу немече мойнун толгоп — өзүң соймокчу болгон тору бээ бар экен. Ошону бергин. Болбосо мени дагы кыйнап, өзүң дагы кыйналып олтурбай баягы жети ышкындын өзүн бергин?.. Олтургандар кыйрап калды. Кар түшкөндө ышкын табылчу беле? «Тартууна аларыңды айт» деген сөзүнүн айыбын тартып, Канат тору бээсин берип кутулат.

* * *

Күйручук басыктап жүрүш чыгарат. Жүрүштөн кой жоргого өтөт. Андан таскакка. Таскактан чапма жоргого айланып баратат. Аты чыккан чыбык кыркаларды, бийлик күчү менен пара алуучуларды, тартуу алуучуларды, малчы-жарчы күткөн байларды тооруйт. Кызыктуу окуяларды айтып жумшартып, шумданып күлдүрүп, бирдеме өндүрөт. Жайдын толугунда Шабданга катыш жасайт. Чегирим маасыны айкалыштыра мандаш урган, курсагы бешмантын чыпаган ал төрүндө олтуруптур.

— Атсалоом алейкум!

Шабдан кулак кагып, «Албы? Ал эмеспи?» дегендей арсар тиктеп, эрди кыбыраган болду.

— Адашып калган жокмунбу? — деп жиберди Күйручук.

Тигил капшыттагы бирөө:

— Издегенин ким эле? — деп калды.

— Тоонун ичин жайлаган, тору бээлерден толгон кулун байлаган, толгонуп койсо байларга, тобу менен толгон пара айдалган. Аны дагы жөн албай, жоргосун, күлүгүн, семизин тандаган Шабдан деген бар деп укчу элем. Башыма малакай кийип алып, басмайыл тарттырбас «кытыгылуу» байталды минип алып издеп чыктым.

— Аа, анда жаңылган жоксуз. Тигн төрдө олтурган ошол баатырдын өзү.

— Келген экенсиң. Аласаң бар беле, бересең бар беле? — деди ал дале күмөндөр тиктеп.

— Аласам деле жок, бересем деле жок! — деп Күйручук чөк түштү. Малакайын кыңырайтып, кулагын кашылады. — Бересени дагы бүгүн баштап, аласаны да бүгүн баштасамбы дедим эле. Айыбымды айтып актансамбы дедим эле? Жайымды айтып жардам сурасамбы дедим эле?

— Кана, анда айыбыңдан баштачы?

— Бөлүнгөн кой-козу болсо, өнөрө качып... Ээси ээрчибеген уй-жылкы болсо кайра тосуп, үйдү карай айдап «өзүмдүкү эле» дечүмүн.

«Кожо-кыдыр» түшүмө кирип, тыйып таштады.

— Датың угулду, жайынды айтчы?

— Дыйканчылык кылайын десем буурусун жок. Буурусун чаптырсаң чоюндан куюлган тиш керек дейт. Кайсыл устаны издейм? Кайсыл устанын көөрүгүн басышам? Андан калса дыйканың түшкүр жаздан күзгө чейин чиркей-көгөнгө таланып, жилкини куруп, кан-сөлүй-

нөн айрылат экен. Күндү кеч тартандап, өз такым этин өзү жеп арыктап бүтөт экен. Бул азапка чыныгырдап *койсо* дагы чыдай алчудай эмесмин.

Үй ээси козголду. Баятан берки күмөндөр сырын чечкен өңдөнду. «Угайын. Сайрай түшсүн» дегенчелик кылды:

— Ии. Андан кийин?

— Колумдагы бирин-экин малымды өстүрөйүнчү, бычак кайрап баса калып мууздай бербейинчи. Жата калып туягын карап, «шыйрактары канча болсо, дагы ошончо көбөйсүн» деп ыйынып-ычкынып, көгөрүп-татарып чыдайын. Байыйын дедим. Байкасам, жетип турган шоркелдейдин шоркелдейи ошол бай экен? Байды карышкыр дагы тооруйт. Адам дагы тооруйт. Бийинен старчынга чейин, ат кошчудан болушка чейин эле байга акыйышат. Мындан качам!..

Бирөөдөн мылтык үйрөнүп мергенчи болсом дейм... Өзүм да шашма кайсар ит элем, зоодон алыс кетип, арам өлөм го деп корком! Бирөөгө жалданып жылкычы болуп кетсемби дейм. Же жайында, же кышында жанды эс алтпаган безээри жумуш накта жылкычы болот окшойт. Ага да көңүлүм чаппады.

Үй жаныбар! Өлөңдү бир чалып, кайра тилин мурдуна сойлотуп күш-быш этип, көп алыс кетпейт. Үй жагына барсамбы дейм. Уйчунун үйүнө жан киши бастырып келбейт. Түнүндө сыртка чыксаң шатыракка тайгаланасың. Тазалана албай уйкудан кагыласың. Андан өткөн кордук болобу!

Токмокто кыштоочуда бир топ эле бирдемелерди үйрөнгөнсүдүм. Үч кадак этти туурайт экен. Алты кадак «чөптү» кошот экен. «Мен кайдамын?» — деп эт жемелейт. «Оозунду бас!» — деп чөп тебелейт. Чымчып салып, камырга бууйт. Баягы үч кадак эт, кайра үч кадак этти туурайт. «Май манту», «суу манту», «буу манту» деп сата берет. Ошону улантсамбы дейм... Эт деп сугунган адам, чөп кепшеп калса... Жети атама чейин каргайт го деп, андан качтым!

— Азапты жеп бүтүпсүң! Эми эмне кылсам дейсиң акыры!? — деди, аргасыздан күлүп.

— Өзүңдү туурап нары-бери эле бастырсам дейм! Бирөө бээ жетелеп келет экен сага. Бирөө тай туяк алтын жамбы берет экен. Дагы бирөө жорго минизет экен. Кандай сонун оокат! Кандай оцой оокат! Ушул сизди эле туураганым оң го дейм?!

— Уурусу кармалып колго түшкөн... Мойнуна таш

байланып, Токмоктун кара суусуна чөгөрүлүп өлтүрүлдү болуп, качып кеткен шишкаранын өзүмүн дечи. Анан ага да тобо дебей, менин ордумду алганы келип олтурам дечи?

— Ата, ушу сени!... — деп ачуулана турган баштанып барып Шабдан сабыр келтирди... Эл кыдырган мындай сөз тапкыч куудулдарды, көмөкөйүнөн айткан ырчылардын назарын сындырган пайдасыз. Андай өнөрү бар немелерди жылуу сөз менен имер. Ушул ойдо болгон Шабдан Куйручук минип келген «кытыгылуу» мөңкүчөөк байталын калтыртты. Ордуна Кертаноо аталган мыкты ат мингиздирди. Бул окуя алыскы урууларга: «Куйручук Шабдан баатырдан сый-урмат көрүптүр. Күндүк жерге ноюбас күлүк ат минип келиптир» деп тарайт.

* * *

Кара аргымакты ары жетелеп, бери жетелеп, Байзак менен агасын жайлаган, Шабдан менен мамиле «түзгөн» Куйручуктун сыймыгы улам көтөрүлөт. Эл ичиндеги сөздү кулакка сакага кыт куйгандай уютчулар Куйручуктун сөзүн жаттап, бирден онго айтат. Толгон-токой майда-барат жоруктарын кеп кылышып күлүшөт. Жылдар өтүп, ошентип аты чыгып калганда Ат-Башынын жарымын башкарчу Чоко дегенди көрмөккө келет Куйручук.

Өзүнөн өйдө турган сот жок эле ал аймакта. Ээн жердин «көк бөрүсү» ошол Чоко жинди чалыш иштерди көп жасоочу дешет. Чөлкөмүндө жыйын болуп калса, чок ортого сулап, нары оонап, бери ооначу экен. Жанындагы кишинин алдына бутун артып... Таманын жыттатып... Ары караса көчүккө келтире тээп. Анысы оңкочук атып, эл кыраан-каткы күлүп... Жыйындын иши бери жакта калып, Чоконун «ойнуна» алаксышчу дешет.

Чоко баратканда алдынан бирөө чыкса, чуу эттире жаакка тартып калчу экен. Бейкапар адам чочуп:

— Бул эмне кокуй! — дечү тура.

— Кымындай да капа болбогун! — дейт Чоко көзүн чакчайта ыңгаа менен тиктеп.— Ийининде шайтан турунтур, ошону чаптым! Мына эми шайтан-шабырдан алыс болосун!

«Айыпкер» эмне демек? Жондоно түшкөн жаагын сыйпалап тим болот.

* * *

Чоко уулуна өтүк ултартат.

— Өтүгүндүн таманын сынагын бек бекен, бош бекен?

— Кантип сынайм?

— Мен сынатам,— дейт дагы, бастырып бараткан адамды чакырат:

— Эй, бери тарт!

Ал келет.

— Атыңдан түш! — Тиги түшөт.

— Тетигиндей барып отургун!

— Эмне үчүн, баатыр?

— Уулум өтүгүнүн таманын сынаганы атат?

— Мени мененби?

— Сени менен эмес, сенин далың менен.

— Болбойт го?

— Болтурам дегенден кийин болтурабыз да!

Аргасыз адам барып олтурат. Чоко уулун шилтейт.

— Жүгүр да тигини далыга теп! Бош бекен, бек бекен таманы? Баласы жүгүрүп барып тебет. Олтурган адам солк этип токтойт. Тиктеп кыбасы канбай калган Чоко:

— Ошентип тебеби? Моминтип!..— деп күүлөнүп барып тепкенде, оңкочук аткан жолоочунун оозунан кан кеткен. Уулун ээрчиткен Чоко үйүн көздөй басат. Зорго эсине келген байкуш сендиректеп, эптеп турат да атына минип качат.

...Чоко топ кишилердин ортосунда шиберге оонап жатканда, эңсеп келген Куйручук үстүнөн чыгат. Кертаноо аталган аты алдында туйлаган, шилтесе тийгенди оң таптырбас камчысын бүктөй кармаган Куйручук:

— Барсыңарбы? — деп бакырат жин ургандай зыркилдеп. Чоко онунан оонап:

— Салам айтпай «барсыңарбы» деген эмнең ой? — дейт кучунашы кармап, ат үстүндөгү чоочунга олунуп.— Кана, жок болсок эмне кылмакчысың?

— Жок болсоң?... Аланды айкарасынан салып, кайрадан жаңылап, бар кылмакчымын!

— Акмак го?

— Акмагынан ашынып, чымындай жанынды чыркыратып тартканы келген мени байкабай атасың! — деген Куйручук өңүн укмуштуудай түрлөнтөт. Атын ойдолото айлантып, көзүнө заар чачат, жекире карап:

— Жанбашынды ок талкалап кеткен немедей обдулуп тура албай оонаган ким болосуң??!

Ат үстүндөгү чоочундун кебете-кешпиринен, ырайымы жоктой чамынган сүрүнөн Чоконун мизи кайта түшөт. Очорулуп олтура калат.

— Чоко деген боломун,— деп жиберет.

— Чоко деген сен болсоң, Куйручук деген мен болом!

Бул жерде, Чоко уттуруп жиберди. Кыябын таап «баса калган» Куйручук утуп кетти. Ага отургандар күбө. Ачууланууну дагы, көтөрүлүүнүн дагы шаанисин жоготуп алган Чоко тура калат.

— Оо, ата көрү... куу...— деп колун сунат. Ошентип, Чокодогу суурдун чөндөлөйүндөй «жин-перилерди» Куйручуктун көкжал карышкырдай «жин-перилери» ап этип сугунуп койгон.

Үмөталы тууганынын жексур жоруктарын мыкты өнөр катары көргөн Чоко баары бир иттигин жасайт. «Келген конокту өзү менен сыйлоочу элек»— деп Кертаноону сойдурат. Терисин жайдырат. Башын жанына жөлөп, эмне сөз чыгаар экен деп, Куйручукту ээрчитип келет. Баятан үйдө олтурган неме дароо эле сезет. Кертаноонун каралжын тарта жалтыраган көзүнө өкүрчүдөй өбөктөп туруп:

— Кертаноо! Убалыбыз Ат-Башынын «кышына» жетсин. Булардын жылкыларын көчкү шыпырып, жут кырып кеткен тура! — дейт.

Эртеси Чоко тарткан атты минбей койгон. Башка адамдан аяк улоо алып, Ак-Талааны карай оогон.

* * *

Жиндилиги Чокодон ашса ашып, асты кемибеген Касымалы Ак-Талаанын жарымын бийлөөчү. Боройлоп алса, бүт бийлеп алчу. Ал дөбөдө олтурганда да дале карааны бүлбүл көрүнгөн бирөө кайра тартып, салам айтпай бастыра берсе, шорунун катканы! Жигитин чаптырып, алдырып келет. Энеден туума чечинтип сабатат. Чакалап суу ичирип, чакалап суу кустурат. «Ушундай оюнга» куштарланып жыргап, көңүлү көтөрүлөт өзүнүн.

Там деген немени Жумгалдан Мырзабек, Ат-Башыдан Чоко, Ак-Талаадан Касымалы салган. Тоо арасындагы эл терезе дегенди, каалга дегенди, кулпу дегенди ушулардан көргөн. Ордунан казып келип, бак тиккендерди дагы ушулардан көргөн. Нес боло тиктешип, ооздору ачылган. Биринчи бөлмөдөн экинчи бөлмөгө зор-

го өтүшүп, босогодон моюндарын созо баштарын койкондотушуп, мүрзөканаын ичинде жүрүшкөндөй кайра качышкан. Түндөсү ал чөлкөмгө кылайып жолошпогон. Бөлмөлөр ичинде дөө-перилер жүргөндөй сүрдөшкөн.

Кыштамакчы болгон Касымалы тамынын жанындагы боз үйүн бүгө элек. Кысыр бээнин кымызын ичип, бозону баштай элек. Тогуз-торо багытынан далдайган караан чыгат. Караан улам берилейт. Улам жакындайт. Башы дагы келишкен, өркөчү дагы келишкен, тизе чуудалары бир кучак кара атан. Үстүндөгүсү дагы зор неме экен. Ак тонунун кара саңсаң жакасы эки ийнин жабат. Жакасынан саксайган сакал-муруту ажыратылбайт. Башындагы тебетейи үч балага көмөрүп койсо басып калчудай. Жолоочу канчалык зор болгонуна жараша күчү дагы ошончодур, ким билет.

Деген менен жолоочу кайрылбай өтө албады. Чуудалары желпинген кара атандын буйласын Касымалыны карай бурду. Бул айтылуу балбан Чопкут деген киши экен. Чопкут буйланы какты. Кара атан балпайып чөктү бир канча жерди бооруна басып. Зор денелүү Касымалыдан эки эсе чоң Чопкут:

— Салоом алекум! — деп колун созду.

— Увалекуума...— деп ырдоочудай созолонуп, шумдана алик алды. Үйгө кириштн. Жолоочу өйдөрөөк, үй ээси ылдыйыраак капшытка олтурушту.

— Ии, Чопкут, сүйлөй олтур? — Кара атанынча буркулдап, бийлей олтур! — деди оюнкараак неме.— Тебетейин деле саксаят... Жакаң деле саксаят... сакал-мурутун андан ансаят! Бул кудай-таалам түктөн, жүндөн силер тараңка берген экен го! Ушуну байкабапмын башында.

Чопкут шагылдуу беттерге чыккан табылгыны тобу менен орой карман, шыбакча көрбөй тамыр-тумуру менен курп эттирип жулуп алган күчтүү киши болгону менен, чеченднктен кур алакан эмеспи.

— Берген түктү кудай таалам өзү! — деп тим болду.

— Бергени чын экенин сенден көрүп турбайымбы! Ушул түк жүндөрүндү дейм... Кайнаган казанга малып... жыдытып жиберсе эмне болор эле?!.

— Аа баатыр! Анда болбой калбайбы?

— Аа-ха-ха! Түбүбүз бир да! Саал нарагыраактагылардан колго тийсе... Алдагы саксайган жакаң менен тебетейинди мындай таштатып, өзүндү апана окшоштурат элем дечи... Кана, бастырганың кай жер? Барарың кай жер?

— Бул эле... Кош-Дөбөдөн чыктым, Шайтан-Көпүрөнүн маңдайында карындаш бар эле...

— Эмне, карындашыңды эриңен ажыратып келейин деп чыктыңбы?

— Жоу! — деп чочуйт.— Бел бүткүчө эгин-тегин алып алалы деп.

— Анда бүгүн жетпейсиң. Мага конок болот турбайсыңбы?

— Ии, буюрса...

— Кандай тамак жасатып, кандайча сыйласам болот?

— Ии, баатыр! Буюрганы болор...— деген Чопкут ушул жерден тилин тишинин түбүнө тыгып койбой,— «конок койдон жоош. Май берсе жей берет» деген тура,— деп ырсайып күлүп койбоспу.

— Кокуй! — деди Касымалы алаканын тарс чаап.— Таппасаң сыйпалап кал... Эй, кимиң барсың?

Жигити баш бакты.

— Бу Чопкут «май жейм» дейт,— деп жигитке көз кысты,— боорсок бышырбаса, күлгө көмөч көөмп калсын, апкелгин!

Жигити күттүргөн жок. Чоң чака тоң майды карчытын сөгүлтө оң жагына ооп көтөрүп келди.

— «Коноктун» алдына койгун! — деди Касымалы шаңданып,— томуруп жибергин. Сугунганга оной болот. Же эриттирип жутасыңбы я, Чопкут?

Чопкут чочуп кетти!

— Өлүп калбайымбы, бир чака тоң майды жейм деп!

— «Конок койдон жоош, май берсе жей берет!» дединби! Былк этпей олтуруп, чакадагы майды бүтүргүн. Анан тамга каматам. Кулпуну бекиттирем. Эртең менен өзүм барып өзүңдү көрөмүн. Эч жерди булгабай... Майды сиңирип кетсең утуш сеники. Эки кап эгинди артынып, кайра кайтасың. Булганып калсаң утуш меники! Кара атаң менде калат. Кап-арканыңды көтөрүп жөө жөнөтөмүн! Шерт мына ушундай. Мен койгон шертти эч ким бузган эмес. Бузууга күчү дагы жетпейт!

Касымалы айланы ушинтип кетирет. Чопкут томуруп таштап аткан тоң майды түгөтөт. Чопкут тамга камалат. Ала кийиз төшөнүп, жатаар жерин көрсөтүшөт. Каалга жабылып, кулпу урулат. Касымалы ачкычты чөнтөгүнө катып, таңдын атышын күтөт.

Таң атат. Эки жигитин ээрчиткен Касымалы күлмүндөп каалганы ачат. Из жыттаган тайганча таноосу ме-

нен дем алат. Небак ойгонгон Чопкут эки терезесинин ортосунда Алайдын өгүз аюусундай олчоюп олтурган экен тамдын ээсин күтүп.

— Оо, конок, кандай жаттың?..

— Жаман эмес баатыр! Сыртка чыксам болобу?

— Таңды шерт кылганбыз. Чыга бергин. Биз дагы эки жакты, булуң-бурчтарды төркү бөлмө-ички бөлмөлөрдү кыдыралы...

Сөзгө мокок болгон менен Чопкут дагы чоң куу тура! Чоң тондун бир женинин учун бууптур. Толтура кусуптур. Шек-шоолатын чыгарбай кымтынып олтуруптур. Жылып чыгып кетет. Жапсарга барып төгүп таштап, тазаланат. Тонду билгизбей кийип, кайра келет. Утушун алат.

* * *

Ойдогусун жасаган Касымалы бөксө жайлоодо отурганда Куйручук келип түшөт. Атын өзү байлап, камчысын сүйрөлтө кармап, ысыктан улам түрүлгөн эшиктен үйгө кирет. Касымалы пар жаздыкка чыканактап, капшытта кырданып жатыптыр. Куйручук өз үйүндө жүргөнсүп салам да айтпай, таазим дагы этпей төргө өтөт. Камчысын жанына таштап, чепкенин чечип желбегейленет. Кененип отурат. Киргенден эле акырайгандан акырайган Касымалы:

— Ит го?

— Ии, иттин итимин? — дейт Куйручук кабак түйүп.

— Эй, кимин барсың? — Касымалы сырттан бирөөнү чакырат.

— Мен бармын! — Жигити баш багат.

— Мобу итмин дейт. Тепшини алып келчи? — Жигити жыгачтан чабылган тепшини алып келет.

— Койгун алдына! — Жигити Куйручуктун алдына тепшини коет.

— Айрандан куйгун толтура!

Уюткан айранды казаны менен көтөрүп кирет. Тепшиге күрүлдөтө куюп толтурат.

— Чакыр айланада көрүнгөндөрдү! — Айыл-апа босогого толушат. Ооздорун жалжайтып, мейманга тацыркашат. Жорукка күлкүлөрү келишет.

— Бул ит неме мени менен итче айран ичишет. Талашып атканда эч кимиң арачы түшпөйсүнөр!

Куйручук чепкенин далысынан сыйгалантып таштайт. Төрт аяктап тепшини карай эмгектейт. Капшыттан төрт

аяктаган Қасымалы дагы эмгектеп тепшиге чукулдайт. Ал берилеген сайын Куйручук түктөйүп, эриндерин жыйрып, ыркырайт. Босогодогулар күлөт. Куйручук мурда баш салып, шалпылдатып иче баштайт, айрандан оозуна толтуруп. Қаап, берки «итти» жолотпоочудай кызганып, «күрүлдөштү» салат. Қасымалы дагы арылдап, жууратка тумшугун матыра бергенде, Куйручук ав-ав этип, берки «иттин» бетине айранды бүркүп-бүркүп жиберет. Көзү көрбөй калган Қасымалы аарчынып атып:

— Таза суу кошпогон ит турбайсыңбы?! — дейт күлүп.— Деги өзүң кимсиң?

— Ким керек эле? Куйручукмун!

— Уккам-уккам! Келсе экен, көрсөм экен деп аткам. Утушуңа тогуз топоз аласың.

Куйручукту айылда бир топ күнү алып жүрөт. Сөзүн угат. Жоруктарын угат. Эриккенин, зериккенин жазат. Жөнөтөөрдө, он топозду тиздирет. Сынап тиздирет. Агер Куйручук онун тең бошоттуруп айдап кеткидей болсо, томук дагы бермек эмес. «Сугалак экенсиң. Айтканында турбайт экенсиң» деп маскараламак. Апасынын ичинен эле «шум» туулган Куйручук кантип анын кууланышын билбей койсун! Қамыштын учу былк этсе, түбүндө жылан жатабы, коен жатабы тапкан Куйручук камчысын бүктөй кармап, топоздорду санайт.

— Бир топоз... эки топоз... тогуз топоз... мобул кайсы доңуз топоз? — деп онунчусун жон талаштыра чаап, агытып жиберет.

Ошол Куйручук, азыр тиги кырдан чыкты. «Өзүндүн чыпалак алышкан досуңуз» дегенде Байзак түшүндү. Күлдү. Көзүн кыбындатып:

— Жанындагысын ким дединер? — деп калды.

— «Қанкор» деди Осмон.— ...Томпок чеке, мурдунун учу муштумдай, эңкөө далы, колу тизесинен аша узун, салаалары жаш баланын билегиндей балтайган найзакер Байзактын көз алдына тура калды. «Қанкор» дешип атышат,— деди көңүлүндө,— бейкүнөө бирөөнү атайы өлтүргөндү «канкор» атаса болот. Бул болсо «жеңип» байге алып, «күн көрсөм» деген талап менен түшкөн. Мен баштап: «Намыс алып бергин!» деп сүрөгөн күч менен сайышкан эмес беле?.. Күчтүү экен... Колу кандуу экен. Ошонусу болбосо эмнеси «канкор» деди Байзак көңүлүндө.

ОНУНЧУ БӨЛҮМ

Канкор демекчи...

Осмон Тогуз-Торого келсе Ырайымбек Жалал-Абадга кире качты. Осмон Жалал-Абадга келсе Ырайымбек Пишпекке кире качты. Киши куугунунан киши качат тура. Бирде чер токойду араласа, бирде тоо ашып изин жоготуп, жашынып карматпайт тура. Канчалык акылдуу болсо дагы, канчалык ойлоп тапкыч амалкөй болсо дагы ажалдын куугунунан адамзаты эч жерге жашынып кутула албайт экен. Ырайымбек дагы ошол болот. Артынан түшкөн ажалды буйтай албайт. Ажалдан карыш жыла албайт. Тузакка илинген чилче моюн сунат. Балдары, жакын туугандары азем менен көмөт. Кийинки жылы жапан чыккан алма-өрүктөрүн мындай койгун, аскасындагы кийиктери, аркар-кулжалары мал аралаш жайылган Сары-Камыштын түндүгүнөн орун алган, жүгөрүсү төрттөн сото кучактаган Толуктун чыгышынан орун алган Тер-Жайлакка ашынын берилери белгилебет. Тер-Жайлак коюлган атындай болуп туш тарабынан кадуулап, оюрмалап бастырып араң чыккан зацгил тоолордун үстү. Эки тарабы коктуча, ортосунда жайып койгон териге окшош, кең жайык түз.

Болжогон айда, болжогон күнү айлана кермек жыттанып, жапжашыл болуп турганда түштүк батыш тараптан Кетмен-Төбөлүктөр келди. Түндүк батыштан Суутамырлыктар, чыгыш түндүктөн Жумгалдыктар келип түштү. Аш берчү Боркемик эли. Көрсөтүлгөн үйлөргө бөлүнгөн меймандар кымыздын жаагын айрышты. Табак-табак эттердин азабын беришти.

Ашка эки күн болгон. Эл жапырт туруп күшүлдөп-бышылдап, тери сымал керилген түзгө туш тарабынан чыгып келишти. Топ болушуп калдайып олтурушту. Өз тарабынан келгендердин алдында жыгылган терекке окшоп, көнүмүш адатынча Байзак жатты кырданып. Аштын салтында экиден ашык жар чакыраар ырчы чыкпайт. Бул жерде бештен ашып жүрөт. Нары чаап, бери чаап, ээринен обдулуп, мойнун созуп, кокосу өйдө төмөн жылып, жар чакырып жүргөн эле жамакчылар. Бири аштын тамашасы күрөш менен башталат, балбанынарды камдагыла деп жамактаса, экинчилери көпчүлүктүн ичинде турган бардаалдунун атын атап:

Мунун түп атасы эр эле,
Кайсылардан кем эле,

Селкөбайдан көрүнөө,
Бере коет эми эле!

деп мактап, бирдеме өндүрүп алат. Айтор баш аламан, кыжы-кужу, күлкү. Бир тушта бул көрүнүш майдай жагып, атынын тизгинин тартып, бугуп, жемге учаар учурду күтүп турган Куйручук шумду ким билсин ошондо! Качан аштын ээси Эгемберди, белгилүү манап Керимбай, дагы башка камчы сап жакын туугандары оюн-зоокту баштамакка жардана бастырышып жаңы келишкенде Куйручук атына камчыны басып-басып, көшөгөлөнгөн ордунан суурулуп, ортого чыкты. Эгемберди тарапты беттеп, ок жеген аюуча айкырыкты салды:

Оо, Түнкатар, Түнтөй журт экен,
Буларың түтүнү сайын ырчы экен!
Жатакчынын итинче,
Жалпысы жабалактап үрчүү экен!
Үч болушта мен ырчы,
Биздин Жумгал тынч экен!

Керимбай карсылдап күлдү. Эгемберди кошо каткырып, башындагы бордой ак калпагын алып, баятан ырдап жүргөндөрдү көздөй кезеп, буйрук берди:

— Тарткыла тизгининерди! Атамдын ашынын жарчысы Куйручук болот. Тигилер кынына кирип, ортодон бастырып кетишти. Куйручук оозу-мурдун, кабак-кашын укмуштуудай түрлөнтүп, «кандай экемин ыя?» дегенин туюнта ойдолото бастырып, ортодо калды.

— Кудай тажаткыр! — деп Байзак күлөт,— ырчы боло калганын кара мунун!

* * *

Аштын экинчи күнү. Жөө балбандардын кече алты жолку беттешүүсү өткөн. Эңиштин төрт беттешүүсү өтүп, экөө бүгүнкүгө калтырылган. Ошо эки беттешүүдө каруу булчуңдары булчуйган, эмчектери титиреген балбандар биринин колун бири чап билектен кармап, толгоп, күчтүүсү эңшере тартып келип, ээрге басмакчы болуп... Тигиниси кайра колун жулуп кетти... Айтор балбандар жетишкенде эле ары-бери боло калышат. Саал буйдалып, таймашып калды дегиче иши узакка кетет. Бүгүнкү эки эниш аяктаганча күн жалган түш болуп кетти.

Сайыштын камына кириштн. Буура баштаган кырк жылкы сайыштын байгесине чыгарылды. Тетигиндей-

көрүнөө беткс айдап чыгышты. Карааны калдайган байге шыктантабы, же жүрөгүндө оту бар немеби он тогуз, жыйырмалардагы Бекназар Кетмен-Төбөлүк тарантагылардан бата сурап, найзага түшмөкчү болду. Ал тарап бата беришип, найзакери кийиниип, жээрде атка кош басмайыл тартылып, чамдап калышты. Жумгал тарап балбан чыгара албай буйдалып атканда Кызыл-Ой багыттагы дөбөгө жалгыз караан чыга калбасы! Алдындагы аты кара экен. Ботом, жоодон качкан немече камчы үстүнө камчы басып, атынын оозун кое берди. Бат эле жакындады. Дөбөдөн куюлуп, коктуну карай түштү. Балбан табылбаганга жанжагын караныи калган Байзак тиги келатканга тигилди. Тааныды.

— Эй, желмогуздар! — деди тегерегиндегилерге.— Жанды койбой суранып жүрчү немебиз өзү келатат. Кармагыла! Чечинте салгыла! «Алтын башың соо калса, кулак мурун садага» дейт. Көп болсо, бир жетимден айрыласынар! — деп тамашага чалып күлдү... Алдындагы аттын жанын койбой олбуй-солбуй камчы урган, тартылуу табактан кур калгансып шашкан немеиин аты Аксакал. Бекназардан бир-эки жаш улуу.

* * *

Эми, Аксакал дсмекчи...

Ай-күнү толгон аял толгоо тартып, жылдыз толгондо баласы жерге түшөт. Жерге бир эле бала түшпөй экинчи, үчүнчү бала түшөт. Алы кеткен аялы менен алышкан эри, баласынын атын коюп, азан чакырышты такыр унутат. Эртеси аялдар үйгө толуп... Карбалас түшүшүп... Жентек башталып... Анан үч бешик даярдап, улуулашып бешикке салаарда:

— Мунун аксакалы ким? Келе, ошонусун мурда бергиле? — дейт бөлөгөнү жаткан аял.

— Мурда түшкөн аксакалы, улуусу, мунусу экен,— деп сунат ортодогу баланы экинчиси. Үч эмдин улуусунун аты ошондон «Аксакал» аталып калган. Жубарымбектин мурда төрөлүп «Аксакал» атанганынан дагы каны киндигин кесип аткан аялдын бетине, андан кереге жаба бергенин кийин айтып жүрүшкөн! Көрсө бир топ шойкумдуу болооруна ошондо эле белги берген сыяктанат го!

Ошол Аксакал, дулдуйган кара бала болот. Тай минип, кайыштан улак тартышып, чүкө ойноп, балдар менен чырдашып жанжалдашканда мушташтан, сабашуу-

дан тажабаган. Эти ачынган сайын күчөгөн. Мунусунан «кара долу» атанып кетет. Баары бир баланын ким экенин, кийин ким болуп чыгаары байкалбай жүргөндө, айылга бир топ солдаттарды ээрчиткен төрө келип калат. Бир жерге чатырын тиктирет. Тиги болуш деле кой өңөртүп келип атат. Бул болуш деле кой өңөртүп келип атат. Арасында кыяк тартканы бар экен. Зымдан кыл тагылган «комуз» черткени бар экен. Көз айнеги жаркылдаган Төрө бир күнү ак кийинип калат. Бир күнү көк кийинип калат. Суур атаарда, бута атаарда саргыч кийинип калат. Айтор баягы Саякатчы мырза өңдөнүп тооташты текшерген бул Төрө келгени айылдагылар үчүн той-тамаша болот. Аялдар гана даабай алыстан-алыстан көз салышпаса, эркек аттуулар кымызды ушул жерге алып келип ичишти. Малдарын ушул жерге сойдурушуп, казан асышты. Кыяк үнүн, зым комуздун үнүн угушту. Тай минген майда балдар, боз уландар, күү угуудан дагы чатырдын босогосунда чынжырга байланып жаткан көк итке аябай суктанышты. Анын чоңдугу тай торпоктой. Эки кулагы типтик. Уурту капкара болуп шалбырайт. Оозу толгон эле тиш. Арсайган азуу. Чоочун чукулдаса, көзү оттой жанат. Кое берсе баса калып, тытып жеп жиберчүдөй. Жүнүнөн май чыккан ушул көк итке Төрө гана тамак берет. Төрө гана жонунан сылап эркелетет экен.

Бута атып, суур атып келген Төрө жарданган жаштарга, жайнаган чоң кишилерге карап:

— Силерди баатыр эл болгон дешет. Жоокер эл болгон дешет, жазмаларда. Ошолордун тукумдары экенинцер чын болсо, кимицер менин итиме каптырбай чатырцер га кирип келесицер? — деп тамаша баштаса болобу. Арадан бирөө:

— Мелдеш сайылабы? — деп калды.

— Кантип сайылбасын! — деди Төрө.— Аткарып кетсе, элүү сом төлөймүн. Каптырып алса, айыпка жыгылбаймын.

«Ээй, акетай! Мыкты аттын баасы он сом, он эки сом болуп турганда бул эмне деген байге?» Уккандар кулагына ишенбей акыйышты. Бирок, төрөлөрдүн калп айтпасына да ишеншет. Дейин дешсе, тигил көк дөбөт ит эмес эле тирүү жалаңгыч го? Элүүнүн үстүнө дагы элүү-нү кошсо дагы кара жанынан кутула жадап, ким жөнөсүн чатырды карай! Кобур көбөйдү. Кыжы-кужу күчөдү. Ошондо боз уландардын арасында боз көрпө тебетейчен турган Аксакал:

— Мен чыгам! — десе болобу. Эл дымый түштү. Төрө капчыгын алып, байгени даярдады. Көк дөбөт чатырдын оозуна чынжырда комдонуп жатат. Аердегилер кобур-собур боло түшүштү:

— Шору катты акча алам деп!

Көп болсо үч эмдин бирөөсү жерге көмүлөр! Анын эмнесине кайгырыш. Бара берсин!

— Жеткирбей эле жарып таштайт көк дөбөт.

Аксакалдын эмне ойлогонун ким билиптир, тебетейин оң колуна бүктөй кармап баса берди. Ал чукулдаган сайын дөбөттүн көзү тикирейгенден тикирейди. Комдонгон ордунан кыймыл жасап, белин түйүп, секирүүгө даярдангандай болду. Көпчүлүк дымый дем алып, тымтырс. Иттин көзүнө көзүн кадап Аксакал бир калыпта баса берди. Жетти. Күр этип аба чапчып дөбөт секирди. Колундагы көрпө тебетейди оозуна тыга койгон Аксакал чатырга шып кирип кетти.

— Вот эта да! — деди Төрө дөбөтүнүн оозунан тебетейди алып, — тукумун ит үчүн адамга алдаттың! — деп кийин тартты. Аксакал кайра чыгып тигиндей токтойт. Төрө келип байгесин сунду:

— Мынаңыз, ырахмат!

Аксакал ошондон оозго кирген. Аш-тойго барып, балбанга түшүү жөнүндө чоң кишилерден өтүнгөн. Ошол Аксакал элдин Ырайымбектин ашына чакырылганын угат. Бирөөнүн мыкты атынын майын бир жылкыга сурап минип, арттан жөнөгөн. Минтип «урунаарга тоо таппай, урушаарга жоо таппай» жүргөн неме өзү жетип келбедибн. Аран тургандар тоо текенин терисинен ийленип жасалган тери шым кийгизип, көкүрөгүнө желдик каттап, чырман, найзага даярдай салышты.

— Жол жүрүп келбесем кара аттын өзү менен чыгат элем? — деп калды Аксакал. Өңүндө: «найзага түшүп атамын. Кандай болот, кантем эми?» деген сабырсоо жок. Жөн эле жылкы тосууга чыккансып кенебейт. Ой, баш жутаар ай. Майын көтөрүп алган кара ат менен чыкпаганга гана кейийт аа!

— Ырым кылып келсең мына! Башка кара түгөнүп калыптырбы? — дешип, дагы бир чыгаан кара атты токуй коюшту.

Эки багытындагы эки найзакер качырышып калды. Экөө тең жаш. Экөөнүн тең жүрөктөрү кайта элек. Саал өбөктөшүп, аттарына камчыны басып-басып, найзаларынын учунда шамал зуулдап, тикирейе тиктешип жакындашат. Желдик катталган көөдөнүнө биринин най-

засы дүп согулаарында карап турушкандар көзүн жуумп, тетири бурулат.

Он бешинчи жолу беттешүүдө... Аксакалдын найзасы Бекназардын чуркулдайына мылгыйт. Карс сынган найзанын учу, кежигесине чыга түшкөн. Эл дуу этет. Атынан ыргыган Бекназар чөк түшүп, найзанын сынығын кош колдоп өзү сууруп алган. Көмөрөсүнөн кетип, жан берген. Ошол ордуна көмүлгөн. Азыр айланасында жаңы мүрзөлөр турат.

Калың эл дуу-дуу болду. «Найзакерибизди өлтүрүп койду. Чабышат экенбиз» ойдо удургуп, аттарын издеп каччу кейиптеништи.

— Тыбырабагыла! — деди тура калган Байзак.— Өлгөндүн куну баш байге. Айыпты аш берген тарап тартат!

Өлгөн найзакердин кунун, айыбын тарткан Боркемиктер, Бекназардын кемеге ашын кошо беришет. Сөөк коюлгуча, эл тарагыча бычакка илинээр малдарынан кол жууган. Отун-суу түтпөй жүдөшкөн. Коогалаң менен жүрчү Ырайымбектин арты ошентип коогалаңдуу бүткөн.

Аксакал найзакердин кол кычуусу андан канбаптыр. Кадимки Сарала-сазда өткөн Бектендин ашында да кан менен...

* * *

...Бектен демекчи. Акмактык деги эмнеден келет болду экен же «кой дээр кожосу, ай дээр ажосу» болбогонунан келип чыгабы? Баш катат. Айтор кадимки Төрөгелдиге караштуу айылдан, Үмөталы менен Чокодон дагы өткөн бир суу күйду жинди чыкты окшоду. Аты — Бектен... ...Кулагы делдейген мурду ийри, эрди түйрүк бир куудул, тайгандар талап өлтүргөн түлкүнүн терисинен эптеп тебетей жасатып алып айтыптыр: «Кудай кейимди келиштирди эле, баш кийимди өзүм таап алдым» деп. Ошол сыңары Бектен жигиттерин кайсы эле дурусдеп. Ошол сыңары Бектен жигиттерин кайсы эле дурустардан күттү дейсиң! Зөөкүрдүгү өзүнөн ашса ашып, аста кемибеген «убал-сооп» деген эмне экени оюна келбеген немелерди табат. Колунда союл жүрсө, кимден жазгансын. Оюна келген иштерди жасай баштайт.

...Кой жайылып жүрөт эле. Арасындагы, куйругун көтөрө албаган ириктерге көзү түшкөн Бектен:

— Бул кимдин малы? — дейт. Селт этип чочуган койчу:

— Болжурдуку, аке!

— Болжурдун болуп турган кези экен! — деп бастырып кетет. Үйүнө түшүп, эки жигитин:

— Болжурга баргыла дагы мени айтты деп, эки ригин өнөрүп келгиле. Чаап кеткен жигиттери кур кайтат.

— Ирик кана?

— «Күзүндө согумга соем. Куйкалаттырам. Ошондо бирди жеткирип берейин» деп бербей койду.

— Кайра чапкыла! Өзүн алып келгиле. Атка минги збей шыйрагынан байлап, сүйрөтүп келгиле ириги кымбат немени!

Болжурду кыл чылбыр менен эки бутун куушура чырмап туруп, сүйрөшкөн экен дейсиң!.. Чапан-көйнөгү, көкүрөгүнө түрүлгөн... Аркасы кызыл-ала. Жан талашып жер чапкылап атып, эки колдон тамтык жок. Башы тоголоткон дарбызча жерге домпулдап тийип олтуруп, кара куштун куйкасы сыйрылып, сөөгү калыптыр. Бутун чечип Бектендин мандайына олтургузганда:

— Ириктерим түгүл...— деп ылдырайт,— бар... малымды... айдатып алгын. Жанымды... Жанымды койгун?

* * *

...Деги эле жер каймактагандан адамзат акылдуу болуп өнөр ойлоп чыгара баштагандан тартып, боорукер менен мыкаачы, калыс менен кыянатчы коштолуп бирге чыкса керек. Бектендин акмактык кылыктарына Кылыч түтөп кетет.

Кылыч окумал, намазга жыгылган такыба, жүзү кызылдуу, кара каштуу, орто бойлуу адам. Оң жактан, сол жакты карай окулуучу китептери бар. Эртели-кеч күбүрөп ыр жазат. Ошондон улам бара-бара Молдокылыч аталып кетти.

Бектен менен уругу бир. Бирок мүнөздөрүндөгү айырмачылык курусун! Кырк кулак казанга экөөнү салып токсон күнү кайнатса да эч биригишчүдөн эмес. Казандан чыгаар замат, экөө эки багытка басып кетчүдөй. Бектен бардалдуу, жигит күткөн неме. Ошонусуна таянып, отту ойрондойт, сууну ылайлайт. Молдокылыч көчсө жүгүн уйга арткан, бирөөгө зар дагы болбой, кор дагы болбой күнүн өткөрөт. Тагдырындагысын көрүп, топуктуу жүргөнүнөн улам ар кимдер чын пейлинен сыйлашат...

Молдокылычтын аялы алты кызды удаа төрөйт. Төрт

рөгөндө дагы биринчиси экиге толуп, эмчегинен чыгаргыча экинчиси ыңаалап ыйлап этекке оролот. Биринин боюнан экинчисинин бою бир эли кыска, кара чач, кара каш, алты кызы жежүрөп бир боз үйдүн ичинде жүрсө, колунда барларча кийинтип, ичинте албаганынан апасы капа болгон го! Аялынын зарын Молдокылыч угуп калат. Алты сап ыр шилтейт.

Шанаа биздин шайыр кыз!
Далайлар менен айылбыз.
Аман жүрсүн баарысы,
Жокко деле кайылбыз,
Капа болбо байбиче,
Калың айдап келгенде,
Бир эле күнү байырбыз!

Бул ырды айылдагылар ооздон оозго өткөрүп жаттап кетет. Башка айылдагылар да угат. Молдокылыч жумуштан Сарала-Сазга баратса ошол өрөөндө жайлоочу өзү сымал тууганы даам ооз тийип кет деп токтотот тура.....Өрөөндө суу. Түштүгү бийик тескей. Чыгышы ташгак күңгөй. Ошол айланага колун жандап:

— Казал чыгарат деп уктук. Биздин жайлоону мактап көрчү,— дейт. Күймөлө калган акын минтип сүрөттөйт:

Ээжий, Ичке, Уй-Булак,
Чыгат экен бир бетеге, бир шыбак.
Жандыгына чаптан кене жабышса,
Маңдайында көгөн, чиркей дыңылдап...
Жайлайсынар Ормуш, Папа, Байчубак[1],
Кыштайт экен суур менен кашкулак.
Шибер баскан кең жайлоодо жүргөнсүп,
Чылбырлайсын «сынап бер» деп ыр сурап.

Бул ыры да элге жайылып кетет. Уккандар: «Ысыктан кымызы кычып, айраны ачыбай сары суу алган немелердин жайлоосун ой-даат куп кана мактаган тура» дешип сан чаап күлүшөт.

Күндөрдүн биринде эле окчунда кетип бараткан Молдокылычты таанып, Болжур бай чаап жетет:

— Атсалоом алейкум, молдоке.

— Увалекума атсалам, бай!

— Үйгө кайрыла кетиңизчи, каран калганда...

— Ии, тынччылыкпы?

— Бөрүгө тиш салган ак төш, кара дөбөтүм бар эле. Эки күндөн бери башын салып жатат. Тамак ичпейт. Ошого...

---

[1] Майда уруулар.

— Ошого болгондо... Итиңе дуба окуп, дем салат белем?!

— Уксаң молдоке?

— Ооба, уктум?

— Ылжыраган семиз ириктин саны илинүү турат баканымда. Муну алгын. Куйругу да турат, анын жарымын кошоюн. Итиме тумар кыйып берчи, касиети болот эмеспи тумардын?... Дөбөтүм дөбөт кунунда жок эле. Тайга бергис дөбөт эле. Жүрсөңүз! Көп кармабайм. Бат эле аттанасын.

Молдокылыч аябай күлөт. Атынан оогончо ыкшыйт. Ээрчип Болжурдун үйүнө келет. Түшөт.

— Дөбөтүң кана?

— Мына, айланайын, мына! Көрсөң? — деп үйдүн көлөкө жагын айланат. Жүнү саксайган, буттары жоон кара дөбөттү көргөн Молдокылыч:

— Обуу, аюудай бар экен! — дейт,— Кана, эми берер санынды көргөз?

— Жүрү молдоке, жүрү! — деп Болжур үйүнө ээрчитип эшигин көтөрөт.— Кир молдоке! Кантип көрсөтпөйүн! Калп айтмак белем? — деп ашканасын тартат. Баканда бузулбай турган санга колун жандайт — Муну алгын. Айттым го, куйруктан да кошомун.

Молдокылыч ыкшып, жан чөнтөгүнөн айрым кагаз алып, калемин алып, санына коюп чиймелейт. Болжурдун көзү жазып жаткан колдун кыймылынан өтүп, сактанып, сугу түшүп тиктейт.

Итиң, итиң! Итиңе,
Итиңдин богу бетиңе.
Итке тумар сураган,
Акыл барбы кичиңе?
Кор кылат ээ, мендейди,
Малга окшогон киңиңе...
Байырлап калдым ыр жазып,
Бастырып кетпей ишиме
Итке тумар жок болчу,
Кызыктым бир сан этиңе!

Молдокылыч кагазды бүктөп, Болжурга сунат.

— Дагы бирдеме орогун. Кайыштан үч бурч тумарча кап тиккин. Ага салып туруп, итиндин мойнуна илгин.

— Ырахмат, молдоке! Айтканындай кыламын. Азыр эле жасай салам кайып кутуну!

Ошол Болжурга, Бектен тигинтип кордук көрсөткөнүн укканда Молдокылыч өң-алеттен кетип кейийт. Өңалеттен кетип ачууланат.

— Же буларды кудай жазалабаса... Же буларды

адам жазалабаса... Деле кулак укпас, көз көрбөс жерге оолактап кетеличи? — дейт аялына. Ушундан көп узабай кош бой аялы жана төрөп жибербеспи. Кызга бирото-ло көнүп калган акын жетинчи кызым келди жарыкчылыкка деп олтурса, мунусу уул болуп чыгат. Сүйүнгөнүнөн кайгы-капа, сары санаадан кутулат. Баласын бешикке салып медер тутушат. Ыр арнайт жалгыз уулуна.

Алты кыздын ичинде,
Айланайын аш катык.
Акмактардын айынан,
Атанды калган дарт басып...
Алдей болуп келдиңби,
Ата-энеңе көздү ачып.
Аман жүрүп чоңойгун,
Айран төгүп, күл чачып.
«Медерим бар эми» дейм
Бешигиңе баш катып.
Ак кагазга чиймелейм,
Арманды жазып, мунду айтып.

Молдокылыч уулдуу болгонго дем байлайт. Жаман жосундарга болгон нааразылыгын жүрөккө түйөт. Баарын казалында берүүгө даярданат. Ангыча Бектенди дагы кудай уруп салат!

* * *

Бектендин бир аялы Жантайдын Жийде аттуу кызы. Баккоргонго аталаш эже. Жантай көзүнө чалдыккан сулуу кыздарды алганын укканбыз. Жийде ак саргылыдан келген сурма көздүү буралган келин.

Келиндин боюна кечигип бүтөт. Боюнан бошоноор айы күз экен. Эл кыштоолоруна жаңы конгон маал. Ар кимдер согумун бүгүн баштамай болуп — эртең баштамай болуп... бычак бүткөндү кайракка алат, бүлөгө жанат. Бат сойчу, таза сойчу шылуун жигиттерди сөзгө келтирип макулдашып атат.

Жийде толгоо тартып калат. Көңүлү сүйгөн аялынан уул күткөн Бектен, таруу бозодон кайталап жутат. Көрүнө тебетей менен көрпө ичикти баса кийет. Таш короонун ылымтасындагы кара ташка көчүк коюп олутурат. Назары үйүндө. Кулагы аялы менен алышкан аялдардын кобурунда. Көз байланат. Түн түшөт. Асман бетинде муздак жылдыздар жабалактайт. Оо бир оокумда «чарр» этип ыйлаган баланын үнү чыгат. Бектен тура

калгыча ашыгып сүйлөгөн аялдардын сөзү угулат:

— Кыз...

— Кыз экен!

— Эй! — деп чакырат Бектен. Даяр турган жигити жетип келет.

— Безилдетпей үйдөгү немени алып чыкчы, кыз экени чын болсо?!

Киндиги жаңы кесилген Наристени эмчи-домчу аял жаңы ороп-чулгап аткан. Жигит колунан жулуп алып сыртка чыкканда эч нерсеге түшүнбөй ооз ачкан бойдон калат.

— Мына! — дейт жигит, үнүн баса элек наристени атасына көрсөтүп.

— Алып барып,— дейт Бектен кесе буйруп,— Таш короонун кырына ташта. Кийин бирөөнүн катыны дедирип, кыз күтпөйм!

Нариете таш короонун кырында эрип ыйлап атты. Бектенге даап үйдөн эч ким чыкпады. Аз убакыттан кийин жарыкчылыкка келген кыздын үнү басылды. Колдору тарбайып, буттары бүгүлүп, аязга бопбоз болуп тонуп өлдү.

Эсин жыйган Жийде жайды угат. Жулунуп сыртка чыгат.

— Бала кана? — дейт эрине,

— Таш Короонун кырында «олтурат!»

Жансыз кызын көкүрөгүнө кыскан Жийде кайра келет. Калтырап-титиреп:

— Акмак турбайсыңбы! Мыкаачы турбайсыңбы! — дейт эрине. Бектен жер сыйпалайт. Колуна таяк тийет. Жийдени чоку талаштыра тартып калат.

Жийде жалп жыгылат. Мүрт өлөт. Бул кабар Молдокылычты жинди кылып жибере жаздайт.

— Желмогуз Бектенди жазалаганга эркек калбай калганбы бизден урукта? — дейт.

Анын жазасын берчү Жийденин аталаш иниси Шабдан турат. Шабдандын оң колунда орус турат. Сол колунда кыргыз журтчулугу. Көрсөтсө ошол көрсөтөт. Желтим көпөлөк канчалык тызылдап айланбасын, шам өчпөйт. Кайра жалынга чабылып өзү күйүп кетет. Молдокылыч ошол сыңары болуп жатты.

Шабдан тараптагыларды «Темир уулу» деп, Бектен тараптагыларды «Болот уулу» деп да коюшат.

Болот Темирден улуу болгон. Кийин курч чыккан иниси Темир жыйындагы талаш-тартыш иштерде Болотту көпчүлүк алдында кагып-согуп койчу экен. Болот са-

бырдуулукка салып, тим болчу экен. Болоттун атага удаалаш өсүп келаткан тун уулу Эсенгул Темирдин какканын жактырбайт. «Кичүү туруп сени кагууга кандай акысы бар? Эмне үчүн өзүң кагып, уялтып коюунун ордуна унчукпай каласың?»— десе, «Аралашпай жүргүн андай иштерге!»— деп, уулун тыйып коет Болот. Дагы бир жыйында баягы жорук кайталанат. Темир адатынча, «Тынч олтур, ал иш андай эмес, мындай!»— деп, калыс болмокчу агасын тыят. Сабыры түгөнгөн он тогуздагы Эсенгул тура калат. «Бу, Темир аба! Менин атамда сенин алалбай жүргөн кандай өчүң бар? Оозун ачса эле, жакадан аласың! Ачыгын айтыңызчы, бүгүн түшүнүшүп алалы?!» дейт. Темир тым болот. «Бөрүнүн бөлтүрүгү бурдай баштамай болгон тура!» деп кек ойлойт. Ошол таарынган боюнча Калмактардын кагылышынан кийин баш көтөрүп, чогулуп келчү Ичкериге[1] көчүп кетет. Ошол жакта өлөт. Сөөгү Арсланбаптын өрөөнүнө коюлат. Быяктан Болот дагы өлөт. Ал тилден калаарында: «Сөөгүмдү Темирдин жанына жеткиргиле?» деген керээз айтат. Эти шылынып, мумуяланган анын сөөгү да инисинин жанына жеткирилип коюлган.

Жаз алдында «Темир уулдары» «Болот уулдары» менен чабышмай болуптур. «Жийденин өлүмү үчүн, намыс үчүн» деп калышат. «Жер көтөргүс бул жорукту көрбөйүн. Жан чыдагыс бул жорукту укпайын?» деген Молдокылыч Жумгалга үй-бүлөсүн алып, көчүп кетет. Жакын туугандары Султан дегендин келини Кулжыгач элинен эле. Ошол куда-сөөктү байырлап келет. Орто-Куугандыдан төмөн. Чет-Куугандыдан жогорураак Эки-Куугандынын суусун бөлүп чалкайган тоо турат. Тоонун арты Кууганды. Андан нары Ой-Кайың жана Суусамырлап кетет. Тоонун түбүнөн булактын башаты чыгат. Ошо, Сары-Булактан төмөн чий баскан түз, кыян жырган зор андар, бөлтөк-бөлтөк адыр.

Сары-Булактын бир жээги саз, камышы коолап, өлөңү уюлгуган. Бир тарабында булуңга окшош кырча. Кыртыштын жумшагынан уламбы, кырдын жону кылымдардан бери мүрзөгө толгон. Көчүп келген Молдокылыч эски мүрзөдөй тай чабым берегирээк жерге конот.

...Баягы-баягыда аты оозго алынган бирөө өлүптүр. Ашы Соң-Көлдө өтмөкчү болот. Бала-бакыралуу, малжандуу анын ашына жакындары камынып атышканда өлгөн адам байбичесинин түшүнө кирип айтат имиш:

---

[1] Түштүк тарап.

«Көк ала быштыны таптагыла! Күлүк аттын баш байгесине колуңардагы жылкы аттуудан бирди калтырбай, желээдеги кулунга чейин сайгыла. Баары бир көк ала чыгат. Байге өзүңөрдө калат».

Байбичеси көргөн түшүн жакшылыкка жоруп, балдарына айтат. Түшкө ишенген балдары ымырт эткен жылкы калтырбай Соң-Көлдүн жээгиндеги саздак булунга үйрүшөт.

Чабышта тору ат алдыда келатат. Бул тай кезинде Канат берген Жумгалдыктардын күлүгү экен. Алда кайда алдыда келаткан тору күлүк мүдүрүлүп оңколойт. Сүрөмөкчү болгон ээлери түшө калышып, жөлөп сүйөшсө, күлүк турбайт. Мойну омурулуп кетиптир. Торудан кийин келаткан көк ала быштыны өтөт. Саздуу чункурайткан калың жылкынын карааны көздөрүнөн учуп, жандары кашайган го, тору аттын күйөрмандары кокуйлап, бакырып ийишиптир. Көрүп турган Молдокылыч акын чыдабай кетип ырдайт:

Оой,
Мындай тору ат элдедир,
Баасы сегиз теңгедир.
Өлгөн атка өкүргөн,
Саяк болбой жерге кир!
Аман болсо Канатың,
Дале берээр бир атын!

Ошондо ырды укkан Байзак арс-арс күлүп, айткан:

— Ит эле болдунар! Атыңардын өлгөнүнөн да, акындын бычаксыз сойгону өтпөдүбү!

Акындын бул ырын аяктагылар кектешпеген окшойт. Көчүп келгенин укканда жака-белдегилер өрүлүк камын жейт. Бири кой өнөрүп келет. Бири козу өңөрүп келет. Кайра көчпөсүн, кыштап калаарын угушканда, түбүнө таш төшөшүп, эки бөлмө сокмо там тургузуп беришет. Тамга улай, мал короо салынды. Алды он бешке караган, арты басып калган алты кызы, бир уулу бар акын толук эки жыл ушул Сары-Булакта жашаган. Кийин туугандары келип көчүрүп кетет. Анын ыры элде жатка айтылып калды.

Чаар ала болду кагазым,
Ителги куштун жүнүндөй,
Ойдолойсуң каламым.
Ок жыландын тилиндей.

Ыр жакшысын келтирсем,
Кооз килем түрүндөй.
Тураар бекен айтканым,
Үшүк уруп күбүлбөй.

Үмүт менен жашадым,
Эртеңкимден түңүлбөй.
Өжөрдөндүм өрүүдө,
Энкейиште сүрүлбөй...

Күн өткөрүп келатам,
Көп ичинде билинбей.
Жок боломбу жылт этип,
Жазгы нардын бириндей?

* * *

Бейкүнөө өлгөн Жийденин бир боорлорунун, төркүн-төсүнүн кандары кайнайт. Өч алууга, кун алууга кол чогултушат. Акыл башында Шабдан турат. Биринчиси аттанууга кам көргүчө эки-үч апта өтөт. Кар жаап ашуулар кыйындайт. Экинчиси, мурдагысынан дагы айла-амалы жетилип калган Шабдан артын ойлойт: «Эсиңе салчы? дейт өзүнө-өзү. — Курманы «жым болду» деп көмдүргөн экен. Ушул күнгө чейин ушак-айың үзүлө элек. Ошону шылтоо кылып... Баякенин сазайын бердирди Осмон. Эки уруу чабышып, ортодо эр өлсө, иш дагы ырбайт? Бектен каңкорду улук аркылуу жер которттуруп жиберсе, баары бир менден көрөт ага-тууганы, бала-бакырасы. «Айдатып жиберди» дешип жүрөктөрүнө кек түйүшөт. Бирде болбосо, бирде кезегин келтиришет. Сабырдуулук жакшы эмеспи? Акылга гегереткен жакшы эмеспи?»

Жоболоң чыгаар иште ушинтип тынчыткан Шабдан, Бектендин сазайын кантип берээрди ыгын ойлоп, чабышмакчы болгондорду тыйган. Ошондой учурда, Жийде өлгөндөн кийинки жайында, аты оозго кирип калган Күйручук, колдон суурулуп салаадан куюлган ойронуң келип калбаспы!

Күйручук жол жүрүп келатып жулмалашкан эки аялдын үстүнөн чыгыптыр. Сол көзүн бирдемеге жырдырып алып ошенткенби, алдынкы жээги кызара, агы акшыйган, жаралуу оозу көзү тарапка кыйшайган, тебетейи баскан, чандайган семиз кара киши аялдарды ажыратмакка айланкөчөк. Же алы жетип ажырата албайт. Же бирине болушуп, бирин кошо сабашпайт.

«Ой, иттер-ой, иттер! Ой, шерменделер-ой, шерменделер» эле дейт. Бир мунусун тарткылайт, бир тигинисин тарткылайт. Күйүгүп, күшүлдөп бүттү. Чарчап бүттү. Эми өз көөдөнүн өзү койгулап кирди:

«Деле мен өлөйүн! Деле мен өлөйүн бу көрөкчө!»

Ырайы суук чандайган кара неме эри экенин, жулма-

лашкан эки катын мунун аялдары экенин түшүнө койгон Куйручук атынан ыргып түшөт. Тиги кишиликке окшоштуруп, сол көзүн түйрө коет. Эрдин дагы ошонукундай кыйшайтат да, чандайган караны сиңө талаштыра коюп-коюп калат. Кудай чандайган кара кишиңи ура!

«Аа!» деп бир жолу бакырып алат да, көзү чакчая ыйынып-ычкынып жерге сулайт. Эки катын бирин-бири кое берип, жүгүрүп келип эрин басып калышат. Эри эсин жыят. Баш көтөрүп турат. Мандайында көзү түйрулгөн, эриндери кыйшайган өзүнө опокчоң кишн мунтумдарын түйүп, дагы мушгоого даярданып калыптыр.

«Айланайын кимсиң? Жан соога!» дейт колун жайып жалдырап. Эки катыны эрин калкалай калышып:

«Садаган кетейин, мейман! Тие көрбөгүн? Жанжал бизден, бизден!.. Ит кемирген бир таракты талашып!.. Журтта калган бир самынды издеп!..»— деп сакеайып биринен өтө бири жулунуп өтүнүшөт. Куйручук өзү жасай койгон ырайы суук кейпи менен чандайган көшүнө кайрылып:

— Ушул алынды билип туруп... Эки катындын балакетин аласыңбы? дейт да, басып кетет. Ошол жолдо көргөн жорукту айтып, өзүндөй кылып туурап Шабдан-ды жылмайтты. Жылмайган немени күлсө экен деген далалатка өттү. Ат-Башыда Чокону издеп барганын, кадыпыстан саламды орой айтып, өзү өн-алетин бузуп чочутканын козгоду.

— Ии, анан. Кызык экен мунун! Айта бер,— деди Шабдан ынтаа коюп, ондонуп олтуруп. Куйручук Ак-Талаа тараптагы окуясын баштады. Кебине Шабдан андан бетер көңүл бурду. Тепшиге куюлган айранды карай Касымалы экөөнүн эмгектеп басканын... Итти туурап ичишмей болгонун, оозуна айран толтурган Куйручук азыр дагы ошондогусундай ыркыраганын андан бетер сонун келтирди. Акыры итти ит капкан болуп, Касымалынын бетине бүркүп-бүркүп жибергенин жасады.

— Адам ээй, ошондой болдубу?

— Ошондой болду, баатыр!

— Зөөкүр чалыш Касымалы соо узаттыбы сени?

— Соо узатпагыдай мени кайсы күнөөм үчүн айыптайт? «Итсиңби» деген өзү. «Итмин» деп жоп кайырган мен. «Анда айранды итче ичишели» деген өзү. Ою менен болуп, итче ырылдашып, тепшини кызганып, жакындаганда бүркүп ийген мен. Ушунун баарын өзү баштап алып, кандайча болуп мени соо кое бербейт?!

«Капырай, ушунча элдин ичинен төбөндөн урган та-

жаал, каракчы Бектендин сазайын берүүгө бир шылуун чыкпайбы?» деп жүргөн Шабдандын оозунан бир сөз чыгып кетет:

— Бектендин жинин кага алаар белен?!

— Ошол элеби, баатыр? — дейт, Шабданга көзүн кадап.

— Ошол оюй ишпи?

— Келе, жүз сөлкөбай? Тандап туруп күлүк ат мингизгин. Берген атын куусам жеткидей болсун, качсам куткарып кеткидей болсун. Калган ишти өзүм тууралаймын!

— Кошуп деле берейин акчаны, Байзак көсөөнүн досу! Сен мингендей бир күлүк кантип табылбасын. Керекке жарасаң ошол атты башы менен алгын. Чийинден чыккан Бектендин жини кагылса экен.

Бул жерде Куйручук кур тобокелге салган жок. Бел ачылса эле Бектен Токмокко түшөт. Мал айтадып келип, саттырат. Тери өткөрөт. Жылкынын кап-кап жал-куйругун өткөрөт. Акчаны жанга басат. Жигит-жалаң ээрчиткен өзү бычакчы немеден шаарды коркутуп тоноочулары, амалын таап уурдоочулары Бектенден куйругун кыпчып безет. Кайда жүрсө эркин жүрчү неме, кумар ойнойт. Ичимдик ичет. Жалданма сулуулар менен шапар тебет. Базар күндөрү базарга чыгат. Кетип баратканбиреөнү кармап:

— Кел оозунду тос, муштайын да отуз сом берейин. Болбосо мен туруп берейин, сен мушта отуз сом бергин! — дейт.

Тиги:

— Муштатпайм да, муштабайм. Берер пулум да жок! — деп кеткиче шашат. Кийинки жолуккан адамга да асылат.

— Эй, бери энкейчи, кулагына эн салып, элүү сом берейин? Болбосо сен менин кулагыма эн салгын, элүү сом бергин?

Кийинки жолуккан неме мурункудан жаман дирилдейт. Айтор, Бектен жолуккандардын азабын берет. Айласын кетирет. Куйручук ошондой жолугушуу болуп калса чөнтөгүндөгү акчага таянып туруп, кулагына эн салып гана эмес, жаак этинен бери шылып алуудан кайра тартпоого даяр. Албарстай курч бычагы кынында. Сом камчысы колунда. Муштуму түйүлүү. Шабдан өкүткөн ачуу менен азуулары бачырайт.

* * *

Токмоктун базарында эмне гана жок! Бир четте жылкы соодалашат. Бир четте өгүз соодалашат. Бир четте топ-топ болуп кой, козулар. Сатуучу менен алуучу кол чабышып, ыгы келсе алып, же айрышат. Макулдашып жетелеп кеткендер да бар.

Базардын чоо-жайын небак «окуган» Куйручукка эмне! Атын бир короого тыйын төлөп беде салдырып койду дагы салт киши, жай киши өндөнүп, көпчүлүктүн ичинен бирөөнү акмалап жүрдү. Тетигинде күрүлдөтө көөрүк баскан темир усталар. Барскан-балкалары чака-чак. Така, кишен, кулпу... чынжыр, депкир, кычкач жасашат. Ал буюмдардын ыктуусун куржундарына салып, узундарын колтуктаган адамдар кыйма-чийме келип кетет. Куйручук буларды көрдү. Мал саткандарды, дан саткандарды... Бал саткандарды чалгындады. Издегени көрүнбөйт. Издегени Бектен. «Бектен келатат» дегенде Токмокто ыйлаган бала сооронуп... бастырып өткөндө жайнагандар удургуй түшчү эле. Андай шек-шоорат туюлбайт. Көрсө, Бектен эки күндөн бери кумар ойнон, шаардын четинде экен. Утканы же уттурганы белгисиз неме чачын кырдырганы, сакал-мурутун тегиздеткени «чач алгычка» отурган жеринен Куйручук көрөт. Шын артына кетет.

...Бектен базар кыдырат. Жигиттерин чаптырып, арак же самогон таптырып келип ичет... Ушундайча болжогон Куйручук тору күлүгүнө келет. Ээр токумун оңдоп, басмайылын бекемдеп, нары-бери бастырыш керек. Айсыз карангыда эски күмбөзгө жаандан улам корголотуп катып койгон отунду мындан жаш кезинде алып келген көсөлүк артында аскадай таяныч Шабдан турса... Эл-журтка жек көрүмчү болуп кеткен Бектен ким болуп калыптыр?..

Эл айткандай Бектендин «шишин толгондур» же Куйручук «керекке жарап жүрчү» адамдан болуп жаралгандыр. Айтор, атайы даярдап койгонсуган Бектен көпчүлүк кыжылдаган базардын четинде жээрде кашка аргымакты минип турат..

Аргымактын тизгинин ээрдин кашына орогон. Сол бутту аргымактын жалына арта салган. Чач алгычтан жаңы чыкканга сакал-муруту тегиз, көк тукаба тыш, чымчык чаары бар саргыч темгил кой сүлөөсүн тебетейи оң кулакка кыйшайат. Элик сап камчынын бүлдүргөсү оң билекте. Мандайына чабылган күмүшү жаркы-

ран, өрмө камчысы жыландай саландайт. Тебетей жээгинен кашы чыгып, кайнаган көзү тиктегенди жалтантат. Оозу бүйүрмө кичинекей кызыл тукаба баштыкчадан тамеки чымчып чыгып, кагазга төктү. Баштыгын ээрдин кашына жөлөдү. Тамекисин ороп тиштеди. Ширетке чагып жандырып, тамекисин күйгүздү. Соруп-соруп сыртка үйлөгөндө таноосунан, оозунан түтүн октолулду. Моокуму кана сорду. Кайра үйлөдү. Жаны жай алып, тынчып калганында шып этип маңдайына Куйручук даяр болот.

— Кайдан жүрөсүң? — дейт көрө койгон Бектен.

— Оо дүйнөдөн! — дейт Куйручук.

— Шумданба! Катып жиберемин жерге!

— Мен казык эмесмин да, сен токмок эмессиң!

— Кайра жетирейинби оо дүйнөгө!

— Колуңан келсе!

— Акеей! Ээ, куураган байкуш, Куйручук. Эмне деп доодурөйсүң, ыя? Андай эле жетиштүү экенсиң... — дейт ушул жерден бүт каснети качкан Бектен шайтан түрткөндөй өз тебетейин өзү алып, чачы эми эле кырылган көк куйкасын тасырайтып. — Мени бир чапкын, жүз сом бергин. Болбосо тос чокунду, мен чабам да, жүз сом берем!

— Тоскун! — деди Куйручук. Куйручуктан өмүрүндө жүз сом чыгат деп ойлобогон Бектен мойнун бүгүп, чокусун тосо калат. Камчысын бүктөп кармап небак даяр турган Куйручук үзөңгүсүн чирене тээп, какаят да, келтирип туруп Бектенди чокуга тартып жиберет. Тизгини менен бирге сол колунда турган жүз сомду:

— Мегин! — деп жигиттеринин көзүнчө ыргытат. Борон жетпес күлүккө камчы басып качат. Аргымактын жалына бутун артып турган Бектен жерге тик сайылат. Чачылган жүз сомдун үстүнө жыгылат. «Төбөм» деп төшөк тарткан Бектен көп узабай өлөт.

Кийинки жылы Жаныбек уулу Бектенге уулу Токтосун Сарала-Сазга жүз бир үй тиктирип, жүз үйгө конок алып, окчун тигилген жалгыз үйгө өзү туруп, аш берген. Ашка Шабдан, Байзак катышат. Касымалы тогуз чаар ат кошумча менен келет. Чабылчу күлүктөрдүн баш байгесине төрт жүз жылкы сайылат. Күлүгү жок келген Жумгалдыктар Улаар аттуу дунгандын Улакка салып жүрчү көк атын сурап алышып, суутуп, чабышка кошуп жиберишет. Касымалынын күлүк кара аты менен Көк ат кошоктошкондой алдыга келишет. Түп марада көк ат башынча ашат. Кара аттын соорусу артта калат, Экн

башка өң болгондуктан жарданган көчүлүк дагна көрүшөт.

— Эки ат тең келди. Баш байгени болуп беришсе? — дейт Касымалы. Жумгалдыктар жаңылашып:

— Көк чыкты. Байгени бүт алабыз! — дешет.

— Анда экөөңүз кайра чабабыз! — деп, Касымалы жер сабайт. Күлүк ээлери жеңил келбей чыдашпат. Аттын ээси Токтосунга кишиси жиберишет. Токтосун ишти жайын түшүнүп:

— Кайра-кайра ат чаап олтургудай күчтүн жок. Ашка болжогон күн бүгүн аяктайт. Бешимге чейин болсо, байге Көк атка берилсин,— дейт. Касымалы ууп алып:

— Кудай гана бардыр сага, Чоң таман! — деп, Токтосунга нарааз болот.

— Адам ээй, Канкор Бектенден калыс Токтосун чулат экен ээ! — деп, Шабдан ыраазы болот. Бир жылдарда жылкы изден келген жигитти «Бизди ууру гүткүн сар экен го?!» деп Бекген өлтүртүп салып, кунун албай кайтаган Жумгалдыктар «Ате, кудай жеткирди!» дешип, байгеге тийген төрт жүз жылкыны күтүрөтүп кубалап, Сөөктүн суусун кечире Сандыктыга чыгарып кетишкен.

Сайышта Тиштээк деген менен Аксакал беттешет. Тиштээк атчан туруп чоң кан эгинди энкейип тиштеп, алдыга койчу өнөрүнөн улам өз аты аталбай «Тиштээк» атанып кетиптир. Тиштээк менен Аксакалга сынып аттын, найза түтпөйт. Анын үстүнө Сарала-Саз кырмачы кыргган жайпак табакка окшош, бир тарабы өрүү, бир тарабы төмөн болбой калыс жер эмести. Эки найзакер тең өрүүлөп чыгышат да, бирин-бири жеп ийчүдөй качырып келип, түздө найза урушат.

Нечен беттешүүдөн кийин Аксакалдын найзасы Тиштээкке мылгыйт. Найза баткан ал жан берет. Анын кунун кийин жээп кубалап, сайышка түшкөн.

* * *

Шабдан жетимиш үчкө чыкканда, кокусунан кыйын илдетке жолукту... Оору демек... Токмокто өзүн чыйрак алып жүргөн, таза дыкан кийинген Сепиш аттуу адам боло турган. Ал бекене бойлуу тарамыштай бүлчүлдүү неме. Качан учурасаң тынч олтурганын көрбөйсүң. Бир буюмду жасап же ондоп атканы... үйүнүн

айланысындагы бак-шагын бутап же жерин күрөктөп, тегиздеп жүргөнү... Мындай эмгеккор адам жалтак да болбойт. Ханына жолукса да коңоматтанбай, жасап-түзөбөй туурасын сүйлөйт. Ошонусу менен сүймөнчүк эмесин. Сепиштин кошуна-колоңдору «Сепиш аке!» деп кайрылышчу. Сыртынан билгендер «Сепиш думана» же «тоо-тоо уйлуу Сепиш» аташчу. Думана дешкендей ал көрүнгөндөн бирдеме сурап, ак урчу деле эмес. Жөн эле бирөөлөргө пайда-зыяны жок өзү менен өзү болуп, оокат кылганынан коюшса керек.

Ошол Сепиш күз маалында, базардын аймагында жүргөн Шабданга атайы басып келип учурашат.

— Салоом малекум, баатыр! — деп колун сунат. Аткөлүң менен аман-эсен жүрөсүңбү! Дениң сакпы. Балабакыраң тынч, аманбы?

Шабдан Сепиштин колун алып:

— Кудая шүгүр,— думанам дейт.

— Ээ, Шабдан баатыр! — деп Сепиш кеп кезегин кетирбей жооп берет. — Мен Токмок ичиндеги думанамын. Өзүңүз мүлдө кыргыз ичиндеги думана эмессизби!

Шабдандын жанында жүргөн жигити Шамбет жана экөө-үчөө бар эле күлүп ийишет. Өзү кошо күлүп:

— Сөзүңүздүн калети жок — дейт. — Көсөө Байзак атам койгон атымдан айтпай «Кызыл думана» деп, журттун алдында мазактап жүрбөйбү ошон үчүн.

Жолугушуу жөн жай өндөнүп, анчеме жөн жай кетет. Жок, байкашса, Сепиште кеп бар! Ал капыл-тапылдан эле жолугуп жатпаптыр.

— Баатыр! — деп жөнөтөт кебин.— Карыдым-арыдым. Эчкинин жашындай жашым калды. Балким андан дагы аздыр. Аны дагы бир кудай өзү билчү иш... Көптөн оюмда жүрчү элең. Ошонун кезеги бүгүн келдиби чагымда. Кайрылып мен жашаган үйдөн даам ооз тийип чыккын?

Күтпөгөн чакырыкка Шабдан ыңгайсызданат. Байкап калган Сепиш:

— Чочуба баатыр! — деп азилдейт.— Бакадан куурдак куурбайм. Жыландан чучук жасабайм. Жөн эле өзүм сүйгөн кишиме, өзүм сүйгөн тамак жасап... ак пейилим менен алдыңа койсом... Мейманым жадырап жайнап олтурун арттырбай ичип-жеп кетсе... Мен бир ооз сөзүмдү айтып калсам... Кожокыдыр үйүмө кирип чыккандай болбоймбу? Кеми бир жылга жашара түшпөйүмбү?

— Жо-ок, андай ойлобоңуз, аксакал! Сизди аяганымдан...

— Думана, думананын эмнесин аяйт?

— Мына эмесе!

Баары күлүштү.

Шабдан баш тарта албады. Сепиш думананын үйүн көздөй жалпы басышты. Жепейген боз жалпак тамдын бурчундагы короонун оозуна жеткенде беркилер токтоп калышты да, Сепиш талдан токулган эшигин ары карай түртүп, жорголоп кирип кетти. Шабдан ээрчиткендерине:

— Бечара, бизден бирдеме үмтөтүп атат,— деди.

Ичкери кириштик. Короо таза шыпырылган. Анызда өзүнөн кем калбаган окшош моюнчасы менен токол көк уй оттоп жүрөт. Каалгасын ачкан Сепиш жетине албай күтүп турат.

— Келгиле. Киргиле, баатырлар! — деди. Шабдан баштап баары кирди. Төрдө жыйылган жүк каадасы. Үстүндө бөздөй жумшак жаргак тышталган эки жаздык. Мештен ары шып менен тосулуп, чөп, бакал төшөлгөн. Үстүндө таза шалча. Мейманлар кепичтерин таштап, алды мамыктай жумшак шалчаны басышты. Мурундарына чөптүн кычкыл жыты урду. Сепиш Шабданга тиешелүү кылып кобурай берди:

— Баатыр! Менде ала кийиз, көлдөлөн, шырдак жок. Баары талааныкы. Чалгы менен чаап келгем. Орок менен оруп келгем. Шалчанын алды таруу пая. Андан ары шыбак. Түбү эрмен. Кыясы булардын зилл уу го? Жанагы алдагайда секирчү бүргө ойрон, таш-туштун алдынан кыбырап-жыбырап чыга калчу курт-мурттар жытынан качышабы, эзели жолобойт экен. Ирээнжибей олтурунуз. Сообу эле болбосо, айланайын жер чөбүнүн залалы жокко?.. — деди да, сыртка карап кимдирдир бирөөнү чакырды. — Ээй, Луше, камынып тур дебедим беле! Качан эми... Болбойсунбу?!

Мешке казан асылуу. Оозунда бырчаланган чоң колтук куу чырпык жатат. Ангыча узуну камчы саптай, чондугу чий түбүндөгү боз коңдой болгон төрт конду эки колтугуна экиден колтуктап, өзүнөн жашыраак бирөө кирди. Сепиш дасмалын жая берип:

— Баатыр! Туйлатып соёр тайым жок. Топуректан өнүп чыккан... Суудан шимирип чонойгон... Күнгө актанып бышкан. Луше экөөбүздүн «тайыбыз» ушул төрт коон. Азыр эле союлуп, азыр эле казы-картасы даяр болот деди — Шабданга.

— Кан-сөлү жок даяр, сонундуи сонуну тура! — деп Шабдан кубаттады. — Тоо башын кар алгыча түгөнбөгөн, бузулбаган бу кандайча мыкты коондор болуп кетти?

— Азыркыны айтасыз да! Луше коонун эмки бышыкчылыкка чейин жеткирет, баатыр!

— Кантип?

— Кыргыздар кулун-тайына кылдан эшилген ноктo катышса, булар камыштан эшилген ноктону катышат коондоруна. Чатыры камыш, жүгөрүнүн сотосу тосулган сарайдагы шыптарга шыгыратып илишет. Четинен алып жей беришет кыш бою.

Лушенин колундагы курч бычакка коондун сабак жак башы тарылып, узунунан «шырр» тилинип, кабыргалана дасмал бетине түшүп атканда жыпар жыт бүр этти. Ар кимдин табити чаап, шилекейлерин күрмөнүшүү. Арытан экинчи дасмалды ортого коюп ачты. Жылуусу кете элек дандыр нандын жыты беркиге аралашты.

Жумшак, жылуу нан менен бал даам коондон меймандардын колу бошобойт.

Луше куу чырпыкты чатыратып мешке жакты. Шымаланган кыймылы тез, Сенин кумгандагы сууну чуурутуп, чыланчынга колун чайкады. Казанын асты. Сүт күйду. Сүт көбүрүп келатканда чыланган туздан күюп, акталган тарууну салды. Чөмүч менен имерип, бир борк эткенде жаңы каймакты коштү. Отту өчүрттү. Казандын капкагын жаап меймандарына күлө карады:

— Ушинтип мени тамагым көп зарыктырбайт, баатырды ишинен калтырып, көп кармабайт.

Шабдан көчүк баскан Сенинген сурады:

— Байбиче бар беле?

— Өлгөнүнө бир топ болду.

— «Жоолук» киргизип алсаңыз болмок экен.

— Жардамдашаарын болбосо... Андайга иштин ыгы бат келбейт тура.

— Бала калбадыбы мурдагы зайыбыныздан?

— Жалгыз кыз бар. Үйрүлүп, жан сактатып аткан — ошол. Колуна деле алып алсам дейт... «Кыздын төрүндө болгуча, уулдун улагасында бол», дешип бекер айтышпайт тура. Уулунду кээде тилдеп, кээде бир-эки чаап, чогуу жашай бергидейсин. Күйөө баланы анте албайсын да? Кызына тили тийсе, колу тийсе болушa да албайсын. Ушул жагын ойлоп, кызым менен сый болуп, өзүмчө күн өткөзүп атам, баатыр!

Бат эле «саксай» даяр болду. Кайың чарага салынып, кашык жөлөнүп, ортого коюлду. Калган эки коон кабыргаланып жана тилинди.

Меймандар тамактанышты. Шабдан колун дасмалга сүрттү. Эңкейип, ууртун сүрттү.

— Даамыңызга ырахмат! — деди Лушеге баш ийкеп, Сепишке токтоп. — Өтүнүчүңүздү айтыңыз? Кем-керчиңизди айтыңыз?

— Баатыр! — деди Сепиш. — Кемчилиги жок дагы адам болчубу? «Телегейим тегиз!» деген хандын тузу кемиптир деген лакап бар эмеспи. Ушул оокат жетет өзүмө. Ашыктын кереги жок. Буурусунду эшиктеги көк уй сүйрөгөн, тарууну өзүм сепкем. Ак эмгектен жаралган ушул даамдан сизге буюрганга ыраазымын. Өтүнүчүмдүн болгону ушул.

Думананы жардам сурайт деген Шабдан ойго чөктү. «Сый көрдүк» деп кайсыны айтабыз?.. Ичик кийгизгендиби? Жорго мингизгендиби? Ак дили менен төгүлүп, бир чөйчөк аш сунгандычы?..»

Шабдан ушундан кийин кош кара ат чегилген экчеме арабасына түшүп, Пишпекке өткөндө же ал жактан үйүн карай келе жатканда, Токмок көрүнөөрү менен Сепиш думана эсине кылт түшөт. Өз эмгеги менен өзү күн көргөн залалсыз ошол адамдан улам: ууру-кескилер, бирөөлөр менен бирөөлөрдүн ортосуна чагым салган сөз жүгүртчүлөр; арзан алып, кымбатка сатуучулар; өз аялын томсортуп, башканын кылыгына кызыгып кетчүлөр; шыпыр менен алдамчылар — толгон ниетерге аралашып жүргөн Шабданды санаага салчу. Адамдардын кандай себептер менен жаман жоруктарга түшүп кетээрин чечмелей албай кыйналчу. «Күндүк өмүрүңдүн түштүгүнө жорго мин!» деп бирөөлөр бак этсе, «Аттиң ай, десенчи, туура сөз го?!» — деп өзүбүз күлүп жиберебиз. Туура күлдүкпү же туура эмес күлдүк беле? Баамдап көрсөк ар нерсенин орундуусу болот тура, орунсузу болот тура?»

Чалгы тийген чөптөй жалп этип, кырданып сол-сол болуп мезгилдер өттү. Сепиштин да ажалы жетти, күнү бүттү. Көк уйдан көк моюнча тукум калып, бирин кереги урунса, экинчисин сактап, күн көрүп олтурган анын кара ашына чоң ую союлду. Андан калган куна-жынды тукум кылууга кызы алды. Жыйырма-отуз киши чогулуп көмүлгөн Сепишке «кыркылык» деле берилбеди. Жылдык «ашы» унутулду. Сепишти билгендердин ичинен дале эсинен чыгарбай жүргөн Шабдан.

Күндөрдүн биринде Лүше учурайт. Учурашкан андан Шабдан дүмана жайын угат.

— Ате, жакшы киши эле. «Жаткан жери жылуу болсун, тоңурагы торко болсун!» — деп бата этип, сакалын сылайт. Чоңоюп сыйналап, Лүшеге ачка сунат:

— Жума күнү карага мал сатып алып, арбанына, атап, куран окутуп коюнуз... Жакшы адам эле...

Лүше Шабдандын мүнөзүнө мурдагыдан дагы ыраазы болгон. Чилде аяктап, беш тогоол болгон кезде кийиз баштыктарга салынып, качырына артылган бир канча коондорду алып, Шабданга жөнөйт. Бойлон, кокту өрдөп, күүгүмдө жетет. Бышыкчылык маалында аралап үзүп келгендей өңү-түсү бузулбаган коондорго Шабдан тан калат. Ыракат болот. Сый көрсөп, тартуу алган Лүше кетет.

Көп узабай Шабдан ооруп калды. Кыргыз табыбын дагы алдырды. Аскер фельдшерин чакыртып, берген дарыларын ичти. Дабаа болбоду. Шалдыраң алы кетип, муздак тер мончоктой жылтырап, үшүк соккон жалбырактын бетиндеги шүүдүрүм сыяктанып кетет. Кыйналып, жанталашат. Ичек боору эрип түшчүдөй эзилип мыжыга баштаганда... Ой, жаны көзгө көрүндү бейм! Заманасы куурулат. Кең дүйнө алакандан тар болот... Баягы шапар тепчү жыргалдар, шатыра-шатман күлкүлөр жез тыйынга арзыбай кетет. Жетимиш үч жаштын жетимиш жылдык жыргалы жети күндүккө арзыбай калды. Жыргал учурлар башынан бир жолу дагы өтпөгөн сыяктанат. Толгон жеңүүлөрүнүн, толгон жеңүүлөрүнүн топону тоз болду.

Бир аптанын ар жак-бер жагында өн-алеги келишкен Баккоргон ушаланган чүпүрөктөй керексиз, сербейген сөлөкөткө айланды. Азыр ушул абалында турганда эмнелерди гана ойлободу. «Мансабым колума тийди! Ар урууларда сый-урмат менен тосулдум! Жайнаган карыжашы мен ооз ачканда тым болду. Кулак түрүшүп, айткапымды угушту. Баары ылаалап кабыл алышты. «Так сүйлөдүм. Туура сүйлөдүм. Ошон үчүн баага татып атам!» дечүмүн. Андан бетер обологум келчү. Дагыдагы башка максаттарды жасагым келчү. Ушунун баары убактылуу, күн өткөрчү нерсе тура. Учкан кептердей зып этип тез өтүп кетчү жалган нерсе тура! Кууланып акылдуулук кылуун деле, амалкөйлөнүп жол таап кетүүн деле күнүмдүк өмүргө — убактылуу азык тура! Мына, баары бүттү!» деп тиштенди. Башын ийкеп, «Аттиң!» — деп ойго чөктү.

* * *

Көп окуялардын кайсылары боегун агызбай, кыймылын өзгөртпөй эсте турат?.. Чаң-тополоң. Ии баса... Карагоодо Кудайберген деген өнөрпоз бар. Кыяк тартып, комуз чертишин кой, керегенин көзү менен бакчадын ачасына таяк койчу. Ага чыланчын, чайнек, кычкач өндүү темир аттууну салбыратып илчү. Как кургаган табылгы чыбыктарды алып, илгендерди алма-терме ургулап, күү чыгарчу.

Кудайбергендин мүнүшкөрлүгүн, саякерлигин айтпа! — Айылда бирөөнүн үй кайтарган тору аты бар тура. Аны «Үйчү тору» дешчү экен. Күздүн күнү Канат менен тамашалашып отурун:

— Эртеңки ат чабышта Үйчү торуну чыгарып, баш байгелерди алып койсом, эмне дээр элең? — деп калат.

— Кандай байге сайылган болсо, оюнчо кошуп берейин! Чыгара албай калсаңчы?

— Дал ошол өзүң бермекчи болгонду беремин.

Ат чабышта айткандай Үйчү торуну чыгарып алат. Кийинки чабышка карата аттын ээси эки алаканын жыпылдап, күлмүндөп жетип келипгир:

— Кудайберген аке! Үйчү торуну кайра суутуп, күлуктөргө кошуп бербейсиңби?

— Оо, кудай каары! Анда атайы үшүтүп суугкамын. Үшүгөн неме жылыйм деп жаның-жанга уруп, чымын-куюн болуп жүгүрүп чыгып албадыбы! Аны «Бир чабар» дейт. Бир чабарлар экинчи керекке жарабайт. Бар, үйларды кайтар, элге күлкү болосуң!

* * *

Кудайберген мелденип каргага кекилик алдырыптыр. Чокутуп көндүргөн каргасы кушча чеңгелдеп калбастан, баса калып чокугулап өлтүрчү экен.

Бүгүн жаңы кармаган кушка, эртең кыргоол алдырууга мелдешет. Дароо томого кийгизе салган куштун жанын сеп алдырбай суу бүркөт. Куш күбүнөт. Нымдары ыргыйт. Кайра бүркөт. Куш кайра силкинет. Нымдар ыргыйт. Ушинтип бир канча убакыт бою алышат. Эртеси мелдешкен Канат менен бир топтор ээрчип токойго жөнөшөт. Куш кечээки боюнча жарыкты көрө элек. Этине суу өтүп, ачыгып бүткөн немени Кудайберген аттанаардан мурда гана жүнүн кургатып алган.

Кыргоолду токой жактан талааны көздөй көрүнөө учуруугa макулдашат. Дал ошондой болот. Жүнү кулпурган кыргоол көкөлөп учканда куштун томогосун алат. Ачыккан неме илинбей жөнөп, кыргоолду шыпырып түшкөн.

Кийин улгайганда: «Аттан түшүп, кайра минүү жанды кыйнайт экен» деп кыргыйын атчан туруп, ээрдин кашынан жем берип көндүрүптүр. Ушундайча таптал-ган кыргыйы илип кеткен бөдөнөсүн мыкчып келип, Кудайбергендин алдына — ээрдин кашына кончу тура.

Дагы бир жолу куш салып келатса талаада жалгыз бир неме жүрөт. Абайласа каркыра дагы эмес, тоодак дагы эмес. Экөөнөн тең башкача.

Экөөнөн тең чоң. Кушунун томогосун тартса, жапырылып жөнөй турган болот. Шилтеп жиберет. Кушу алып калат. Чаап жетип ажыратат. Өлө элек немени маки менен мууздайт. Карап көрсө деле алыскы мекендеги Индустан таранка таандык төө куш болуп чыгат. Кушту көрүп билгендер: «Аэ! Жабыр тартып качкан куш экен! Эл тозбосо болду» дешет.

Дагы бир күнү андан кеч кайткан Кудайберген кушун кондуруп келатса кыранда бирдеме отурат казыктай болуп. Кушуна көрсөтсөмбү, көрсөтпөсөбү деп турат да, тигил кыймылдап калганда кызып кетип, томогосун шыпырып, шилтеп жиберет. Кушу зыпылдап жетип, тигил уча качкыча шыпырат. Чаап келип, ажыратат. Караса, түйгун экен. Муну көргөндөр: «Жакшы, жаманга кор болот» деген ушул деп жорушат.

Ушундай окуяларды Шабдан Бектенди ашында өз кулагы менен укkан. Сабыркап-сабылып ойго чөккөн.

«Бир жактан оор келген куш менен эл тагдырынын кандай байланышы бар? Жаманы кайсылар? Жакшысы кайсылар? Чын-калпын суроого катарда Кудайберген жок, бирок бул сөздөр кайдан жаралып жатат? Табышмактантуунун түпкү максаты эмне?..»

Россия империясындагы абалга кабардар болгон Шабдан ал жагынан да ой чүргөдү. Кокондуктарга караганда орустар менен жакындашуу, анын элинин билгендерин үйрөнүү, адамдарынын алда канча ак пейил экендигин көргөн, эмгекчилдигин түшүнгөн неме падышанын бийлигинен да жакшылыкты гана умтөткөн. Ошондуктан анын бийлигине жандили менен берилчү...

* * *

Россия империясынын ак падышасы бийликти эмнегедир зордуктоо менен жүргүзгөнү да байкалды. Шабдан бул жагдайды түшүнгөндө өзүнчө делдейип, келме келтирип, жакшылыкты чоң кудайдан күттү. Намазын жазбай, садага-зекетти көп бере турган болду. Бирок жашоо-тирлик өз шарданы, өз агымы менен кетип жатты...

...Падыша тышкы душмандарына тактысынын бекем экендигин далилдеп алууга Жапанияга согуш ачты. Жыйынтыкта Порт-Артур багынып берди. Падыша өз чөйрөсүндө гана эмес, алыскы-алыскы, булуң-бурчтарда, тоо арасында да урматтоодон калып баратты.

Ачыча кыш түштү. Чээнге кирген айбанаттар сымал ар кимдер кыштоо-кыштоолоруна камалды. Сырттан жаңы кеп-келеч жетпеди.

Ай өткөн сайын, жыл өткөн сайын «большевик» деген сөз кулакка угула баштады. Большевиктер карапайым кыргыздарга жомок же икая өндөнүп аткан менен Шабданга түзүк эле түшүнүктүү. Ал: «Башым оор ташыма тиет. Ташым оор башыма тиет» болуп, санаа менен алышат.

Кезек-кезек «ааламда тополоң болот» деген сөздү төрөлөрдөн уга калат. Шабдан ага деле көзү толук жете албай имиш-имиштерден кулагы тажайт. Ал үчүн согуштун тоо арасында жүрбөгөнү гана керек сыяктуу.

Ушундай мезгилде чечен Калыгулдун ооруп жаткынын угуп, Шабдан Шамбет деген эрчитип, көрүп келүүнү жөнөйт. Былтыр куйакчылык болуп, Токмок тарапка көчкөн. Жазга утур Пишпектен келе жаткан Шабдан жолукпай.

— Атсалоом алейкум, аксакал! — дейт Шабдан озунуп.

— Увалекума ватсалам, уруу атасы!

— Мал-жаныңыз кыштан эсен чыктыбы?

Тили кыймылдаса эле сөз кураалын кетчү чечен жамактатып ырдап ийген эмеспи:

Кең-Булунга кыштадым,
Үйду камыш менен ыштадым.
Атайы согум сойгонум жок,
Кадактап этти койгонум жок!

— Ате, уят болуп калган экенбиз, ээ!

...Тоо арасында жашаган эл малдын деми менен да. Кышта кыйналса, жазда акка аралашып кетишет. Көй-

негү жиртылса, жүндөн таар согуп кийишет. Чепкени тытылса, териден тон жасап кийишет. Айтор бар жүгүн мал көтөрүп, бар абийирин мал жаап билинбей калат.

Чүй боорундагы шаарчалар аймагында элдин жашоосу жылдан жылга кыйындады. Кара көлөң жердин баарин небактан отурукташкан дунгандар, өзбектер, узун кечо болуп ар жерге түшкөн орустар ээлеген. Кургакчылыкта дыйканчылык кылган кыргыздар эгинге жарыбай калышты. Малдарын сатып, кайра эгин алып бүлүүштү. Кемигендин үстүнө кемишти. Кызыл чийдей балдарын жөжүрөтүп, өзүбектин, дунгандын байына, орустун көпөстөрүнө жалдырашты. Кээси малайлыкка алды. Кээси кол шилтеп жолотпой коюшту. Азып-тозуунун алгачкы жосуну Чүй аймагына үч жылча мурда башталган.

Калыгул кечтин киргенин, түндүн түшкөнүн, анан таңдын атканын көрүп:

— Кудай буюрса, бул «жылдан» аман чыктым! — деп акыбалын сураганы келгендерди күлдүрүп жаткан экен. Шабданды көргөндө көңүлү ачылды. Алар жай сурашып, кол алышып, кетенчиктешип капшытка отурушту.

— Ии, уруу атасы,— деди Калыгул Шабданга жүзүн буруп. — Туруп олтуруп сүйлөшсөм болот эле башым айланып кетет. Айтмакчы болгон сөзүмдөн адашып калам...

— Эчтеке эмес, аксакал,— деди Шабдан. — Бейтап экениңизди угуп, келип калдык.

— Ырахмат, баатыр, эстеп койгонуңа... Тирүүчүлүгүң сонун нерсе турбайбы! Дендин соолугу сонун нерсе турбайбы! Убагында аны этибарга албайт экенбиз. Момингитип, менчилеп, көр оозуна бут салганда баркын билип, кайсалайсың, каранасың! Кайран тирүүчүлүк, кайран дең соолук! Небак кырды ашып, көрүнбөй калыптыр. Эми, кылчайтып алгын эр болсоң! Хе-хе.

— Калыгул аба? Биротоло кетүүгө бел байлап алгиниздн кимге калтырасыз, карматпай кетсениз?

— Чечендигимди бет аарчыга ороп, элге-журтка тутка болор балдарга жөнөтүп ийгем. Элге бука болчумага калтырса деп тургансың го, чагымда?

Күлүштү.

— Кандайча көмүшүбүз керек көзүңүз жумулуп кетсе?

— Денемди башка, тилимди кесип, башка көмгүлө!

— Себеби?..

— Оо, дүйнөнүн суракчыларына бирдеме деп жиберип, жеткенде эле жаман көрүнүп албайын!

Күлүштү. Шабдан бир чети санаалуудай жер тиктеп кепке кулак төшөйт. Шамбет азилин улантып жатат.

— Кайраттуу жан элеңиз. «Өлөм» деп коркутпай, мал семирген маалга, кырман сузган маалга жетиңиз?

— Бедеге тоюп ичи жарылып өлгүдөй үй белем? Азамат адамдар жокчулукта, каатчылык убакта жакын санаалууларын карбаласка түшүрүп, артында калгандардын мыктысы ким, белдүүсү ким экенин сынактан өткөрүү үчүн... Кандайча коюлуп, канчалык сый-урматка татыктуу экенин билип калуу үчүн өлөт! Мен дагы артымда калчуларды сынактан өткөрүү үчүн ушул жазда өлгөнүм дурус го?!

— Кимдин кандай урматтаганын кантип билесиз өлүп жатып?

— Ботом, эл билбейби!... Бир учурда чаар айгырга чаар жолборстун терисин жапкан тартуу менен Кенесары ханга элчиликке жиберишкен мени. Ишти орундап, Ормонбектин колго түшкөн кызыл аты менен Танатанбектин болот кылычын ала келдим. Кийинки жылы Кенесарынын башын Омбудагы улукка жеткир деппи. Аны дагы орундатып кайттым. «Ушунун барына элдин атынан бардым, элдин мүдөөсүн орундаттым» деп ойлогом. Анан эл дагы алты метр ак кепинге оротор, мен үчүн күжүлдөшүп коюшар?

— Өлүм тилебеңиз, кайда качаар дейсиз? — деди Шабдан кепке аралашып. — Өмүр тилеңиз. Бир ай болобу, бир жыл болобу же андан узакка жетеби, жашаган жакшы эмеспи, аксакал?

Ушул сөз сырын жашырып аткан Калыгулду безге сайды. Калчылдап кетти. Баятан берки тиштп ырсайткан көңүлдүү өңдөнгөн азил сөздөрдү астын-үстүн кылып таштады.

— Ай, Шабдан! — деди чымырканып, жаздыгын чыканактап.— Айлананды карасаң боло? Үч кыргыздын бири сурамчы болду. Камыш каланып, ара жолдо жаткан мага келишет. Уучтап берип, сузуп берип атып кантагы талкан аз калды. Эмнегедир тез эле эл ичи укмуш болуп кетти. Кандай балээ чыкканын ким билсин, бир алаамат болчудай эле алык-салык көбөйүп кетти го. Эми «сыпы жакшы экен» деп бирөөнүн жалгыз атын жетелеп кетип атканы, кол кап кылгыла деп пйлеген териси жок болсо, тонун кескилетип атканы... Байпак

тиккиле деп кийизин кескилеп атканы... Элүү жылга чейин кыргыз-казактан аскер албайбыз дешти эле... Кара жумуш үчүн деген каңкуу башталып атат. Айланып мингин атканда менин жашоомдун кажети кайсы?..

Эки-экиден чабышып, эзилтип башты жарышып, катындар жеңир калышып жүрүп, кыргыздардын этеги эки болдубу. Ынтымагы жок. Кудайдын берген жерин дыйканчылык кылып айдап алганды билбейт. Мал эмчегин качанга чейин козу, торпокчо эмээр экен! Ушуга эмнеге кабырганар кайышпайт? Ушуга эмнеге каныпар кайналбайт, уруу атасы?

Азыр, ооруулуу карыя «уруу атасы» деп кайрылганда «Менден эмненин атасы чыгат! — деди өзүнчө саная тартып. — Мен эмне, мен өз башымдын кор болбосу үчүн жан баккам... падыша бийлигинин көсөөсүмүн да! Эли менен бирге жыргаганды, эли менен кошо кууранды — эл атасы десе болот. Эли менен бирге тик турганды, эли менен кошо жыгылганды — эл атасы десе болот» деген Шабдан көңүлүндө катуу беймазаланган...

Калыгул да дүйнөдөн кайтты.

* * *

Алыскы падыша чөйрөсүндөгү арты эмне болуп чыгары белгисиз тополоңдон улам оюна Василий түштү. Василий демек... Бир мезгилде Москвадагы фельдшер мектебин бүтүрүп чыккандан кийин Түркстандагы аскер катарына жиберилген Фрунзе деген болгон. Ал аскер мөөнөтүн өтөп, Пишпек шаарчасына биротоло жашаганы келет. Аларча суусу өткөн кашатка чукул үч бөлмө үй курат. Камыш менен чатырлайт. Үйүнүн маңдайына өзүнчө бөлмө курат. Ага амбулатория жайгашат. Көрүнгөнү келген ооруларды ушунда кабыл алып, фельдшерлик кесибин уланта берет.

Дипчил табыптардын колунан көп учурларда илдеттүүлөрдүн мерт болуп калганын байкаган кыргыздар текчесинде дары салынган чоң-кичине шишече жайнаган, дартынды көрсөтсөң териндин сыртына майлап же тандайына жүгөрүнүн данындай бирдемесин салып, болбөсө ийнесин сайып, суюгун куйган Фрунзеге балга конгон аарыдай үймөлөңүшөт. Аларча суунун бою атка толот. Үйүнүн эшиги адамдарга толот. Чарчы бойлуу, чымыр денелүү көк көзү жанган, жазы маңдай ал бейтараптарды дили менен кабылдайт. «Муну сыйпа, муну ич» деп, көөлөнгөн, кургатылган дарысын берет.

Кыргыз качаңган акчаны билиптир. Бири карынга куйган сары майын байлана келсе, бири көзүсүн сорун келип атып, Фрунзенин турмушу оңолот. Кайсы жаңдарды сатып, мамлекетке тиешелүү акчасын төлөт. Аңан жылдар өтүп, огородуна отургузган бак-дарагы жемиш берип, андан бетер бакырайт. Константин, Михаил деген эки уулдуу, үч кыздуу болот. Аялы Мавра Ефимовна туурасынан да, узунунан дагы деңе байлап эгенет. Байлыгын кубанычынан, ар кими эки жаңган кичүү балдарынын чоңоюп, кол арага жараң, сүйү келаткан кубатынан көңүлү өсөт.

Тагдыр Мавраны узакка жыргаткан жок. Ишти тажабаган, адамдарга жугумдуу эри амбулаторияда эле иштебестен, дары-дармегин артынып, жер кыдырып, эл аралап алыска кетчү. Апталап, айлап жүрүп үйүнө кайрылчу. Дүйнө жүзү имишке толуп, бир жатындан чыккан балдар экиге бөлүнүп, бир көзүн экинчи көзүнө жоо болуп турган мезгилде... Падышанын тыңчылары ар топтун арасында жүргөн мезгилде Фрунзе бир жайсыз жерде акаарат сүйлөп койгон окшобойбу. Аны беш миңче адам жашаган Пишпек шаарчасынын полициясына узун кулак неме жеткирген окшобойбу. Бечара Фрунзенин кызматынан четтетет. Ал, иш изден, Сыр-Дарыя жакка кетет. Ошол жакта ооруп, кырк бештен өтпөй каза болот. Верныйда окуп аткан улуу баласы Константинге жардамым тиер деген тилек менен Пишпектеги короо-жайын саткан Мавра жесир ошол жакка көчөт. Турмушу начарлап кеткенде чиедей кыздарын алып, кайра Пишпекке келет. Беш жашынан китепти окууга үйрөнгөн, жаза да билген Михаил бой тартат. Верныйдагы гимназияга кирет. Окугандыгы үчүн ай сайын акча төлөөгө кудурети жетпеген Михаилди гимназиядан чыгарбай болот. Мавра маркум күйөөсүнүн ак ниеттүүлүгү менен көп жылы иштегенин эскерип, жалган жалаа менен жаманатты кылыганын кайкакшап Пишпектин улуна арызданат. Ичине ыйман жааган управ Михаил окууну бүткөнгө чейин он сомдон стипендия алып туруусуна чечим чыгарат.

Кечээ кийин Шабдан үйүндө олтурса, өз уулу Мөкүш кирет.

— Тата, Мишка досум келиптир, жанында ээрчиткен жолдоштору бар.

— Кайсы Мишка?

— Пишпектеги дарыгер атаңын уулучу?

— А бечара! Жөн-жай эле келиппи?

— Шарт түзүлсө, жер кыдырабыз дейт.

...Шабдан он миң сомго мечит курдурган. Анда ичкердеги окумал кишилерден маалым алдырып, бардарлуулардын элүүлөгөн балдары окуучу. Балдар курандын сүрөөсүн эле жаттабай, араб тамгасында жаза билүүгө үйрөнүшчү. Акыл-ой китептерди, казал китептерди окууга үйрөнүшчү. Маалымдер үчүн жылына миң сом каражат жумшалчу.

Шабдан Фрунзе менен ал Пишпекке келгенден эле таанып. Экөө жолугушканда бир айылда чоңоюп, бир айылда өскөн немелерче сырдашчу.

Бир жылы мечитте окуган балдардан котур көбөйөт. Айылдагы балдардан саргарт көбөйөт. Шабдан Фрунзеге кат жазып, ат коштотуп, киши жиберет. Ошондо, алты-жетилердеги Михаилди ала келген.

Куш салуунун учуру келип турган күз маал болчу. Атасына дарыланганы келген кыргыздардын аттарын мине качып, чапкылап жүрүп машыккан бала, Пишпектен куш салганды көрбөптүр. Куркурап бийик учкан кыргоолдорду, жабыла учкан кекиликтерди шыпырып түшкөн кушту көздөй Мөкүш менен кошо чапкылап, атасы кеткиче бирге жатып, бирге жүрүп, экөө ошондо ынак болгон. Бала учурдагы ынактык «балкаймак» дейт. Кийинки жазда атасын көндүргөн Михаил дагы келген. Анда куйругу кыркылган, жалы тегизделген, сындары эликке окшош тайларды минген балдар кечке оюнга тойбой турган. Тобу менен алыска барышып жарышып, кайра чабышат. Толгонгон кайыштан «улак» тартышат. Мөкүшкө кошулган Михаил жээрде кашка тайдан түшпөйт. Суй жыгылгыча ойношуп, черден чыгышат.

Атасы айыл кыдырып, бейтаптарды дарылап, баласы оюндан бошобой жумача жүрүштү. Кетээр күнү баягы чаң-тополоң түшчү, шапкесинин мандайы сынык, мышык көз Михаил жок. Эмнегедир эле шылкыят. Атасы экөө өз тилдеринде бирдеме жөнүндө сүйлөшөт. Атасы күлөт. Баласы кыйшактайт.

— Уулуң экөөндүн эмне ишиңер бүтпөй жатат? — дейт Шабдан.

— Мобу тоголок көнбөй атат!

— Эмнеге?

— Келгенден берки минип жүргөн тайды досу берем деп коюптур. Эми сатып бергин дейт ошону.

Шабдан күлдү.

— Уулундан тактап сурачы? Менин уулум берем деген бекен? Сатам деген бекен?

Фрунзе уулу менен сүйлөшө калды да:

— Берем деген дейт,— деди.

— Анда алсын!

Баятан Михаилдин жанында имерчиктен турган Мөкүш чуркап жетип, чукулда оттоп жүргөн жээрде кашка тайды алып келген. Михаилдин сүйүнгөнүнөн тайдын жонуна бүктөлгөн кичинекей кийизди салдырып, ыргып минип, атасынан мурда кеткен. Каран тургандар күлүп калышкан. Жүз алтымыш чакырымча келген жайлоодон Пишпекке чейин ошол тай менен жеткенин атасы кийин айтчу.

Андан бери он жылдан ашык убакыт өттү. Михаил Верныйдагы гимназияда окуду. Саясий сүргүндө жүргөндөр менен, борбор шаарларда окуп, каникулга келген студенттер менен байланышкан Михаил революциялык идеялар менен таанышы. Петербургдагы университеттин тарых-философия факультетинин студенти, социал-демократ Геннадий Михайлович Тихомиров сүргүнгө айдалып, 1902-жылы Верныйга келет. Сергей ишенчиликтүү жолдоштору менен ач уулайбызды шылтоо кылып, талаага чыгышат. Тихомировдун революция жөнүндөгү ангемелерин угушат. Коомдук турмуштун бышыгын жеткен көп маселелерин түшүнүшөт.

Семеновдун «Тянь-Шань тоолору» жөнүндөгү саякатын окуган неме туулуп-өскөн крайды кыдырып чыгууга белсенет. Бир топ жолдоштору менен бир кезде тай мингизип узаткан Мөкүштү бардыр деп келген. «Жараар уул жашынан» дегендей саякатына — «колунда бар немени пайдасы тиер» деп кайрылган.

Шабдан уулунан Михаилдин жөн-жайын сурагыча көзүн күлүндөтүп өзү кирип келди. Салам айтып, ийкөзүн күлүндөтүп колун суналу. Жаштын жумшак, ысык колун кармалап Шабдан назар бурду... Баягы шапкесинин маңдайы сынык тоголок Михаилдин ордуна он тогуз жашка карасынык, үстүнкү эрдин чырымгал түк баскан боз улан турат.

— Кел, баатыр! Олтур? — деп жанын көрсөттү. — Кайдан, баатыр?

— Мурдагы күнү үйдөн чыкканбыз...

— Апаң жакшы жүрөбү?.. Пишпекке барган сайын шарт келсе жолукчумун. Атаң маркумга көңүл айткамын. Аганы экөөндүн окууда экенинерди уккамын... Адам болуп калган турбайсынбы! Болгун, баатыр! Жер кыдырат экен дейт. Милдет менен жүрөсүнөрбү?

— Андайы дагы бар... Бул крайды көрө элек жолдошторум кызыкканынан убада берип койдум эле...

— Канча убакыт жүрөсүңөр?

— Шарт болсо, бир тонко чейин...

— Бүгүн-эртең эс алгыла. Уналны дайындатып коем. Жаныларга Мөкүштү конкула да, кардыктар ачкан жерде, атыңар баспаган жерде, кайсы айыл түш келсе, ошол айылдын ак сакалына кайрылгыла. «Бизди, Шабдан жиберди. Баласын коштоп берди. «Жардамын аяшпасын» деп, өтүнүү дегиле! Жылы төө болсо, аткарбай көрүшсүн, эмне кылаар экемин! — деп боре-боре күлдү.

Михаил үшул сапарда жолдоштору менен алтымыш сегиз күн жүргөн. Үч миң чакырым аралыктагы аймакты кылыргап. Үч миңдей күрт-кумурскаларды, бир миң эки жүздөй өсүмдүктөрдүн жалбырагын жыйнаган. Коллекцияларды императордук география коомуна жана Ботаникалык бакка жиберген.

Мөкүш Михаил менен Пишпекке чейин келген. Атасы таныштырган бени аттын пулун берген. Петербургга кеткен ал университеттин экономикалык факультетине өтөт. Жолдоштору менен кыдыргандагы крайдын коозодугу, аяш атасынын камкордугу, өмүрүндөгү асыл эстелик болуп калган.

Шабдандын үй-бүлөсүндө «Мишка» деген ат менен калган ошол жигит Надыпаны тактан кулатаар эр жүрөктөрдөн болуп чыкты. Анын чоң окуяларга аралашканы, сүргүндө жүргөнү Шабданга белгилүү. Бирде көз алдында ийилип колун сунган, эрдин чырымтал мурут баскан, көзү тунук, он тогуз жаштардагы Михаил келе калат. Бирде түрмөчүнүн киймин кийген, арык, кайратуу жигит ички жалынды көзүнүн тереңинен балбылдатса да шайы оогонсуп кеткени байкалат.

Жаны кыйналган Шабдан толгонду. Токмок менен Пишпектеги самсаалаган кайырчылар, аза таягын төкулдаткан думаналар элестеди. Элдин азып-тозуп баратканын маалында таназарына албай, эми үрөйү учту. Кайырчылар өзүн көргөндө тузга жүгүргөн койдой жамырачы эмес беле. Берүү менен март аталып, алардын тунарган көзүнөн, ирмелген колунан тийген бата менен мартабалуу болуп калчуу эмес беле. Азыр алардан эмнеси ашты!?

Күчтүүлөрдөн жигит күткүчө, бардарлуудан дос-сөөк күткүчө Сепиш думана өндүүлөргө ынак жүрсөчү, Калыгулдай адамдардын акылын уксачы!

Биртонко нес болуп, жабыкты тиктеди. Бара-бара ой учугу үзүлдү. Оор дем алып, кыцылдагансып сунала түштү. Жарыкчылыктан түбөлүккө бөлүндү Шабдан.

* * *

Шабданды коюуга Пишпектеги аскер уланту тураалдуу кырк солдаты менен катышты. Сөөк мүрзөгө түшүрүлгөндө мылтыктар асманга сунулуп, «күрс» эте атылды. Жер көчтү. Ой-кырдан бери батпай кыжылдаган адамдардын кырда турганы чочулагандыктан жалп этти. Шыгырагандардын арасына шыпаачы Тилтай, мүрзө тарапты көрө албай мойнун созгулаган дүлөй кайсактан, таман алдынан бирдеме издегенсип:

— Жер титиредиби? — деп элеңдеп, жанындагыдан сурайт.

— Атандын башы! Тетиги кордой атаңбы? — деп дарынын түтүнү уюлгуган жакка кол сермеп бирөө. Кырк мылтык кайра «күрс» этти. Бир дудук акча таап алгандай сүйүнүп, ырсактап, солдаттарга колун жандагылайт:

— Аа-аа!

Шабдандын ак кепинге чулганган сөөгү көрдө жатат. Казанактын оозунан табактай жери бүлбүл көрүнөт. Кырк мылтык «күрс» эткен сайын мүрзөнүн тегерегиндеги топурактар шыгырап, төмөн куюлат. Жакындары томсорушуп, улутунушуп, үшкүрүшүп, сөөк тарапка жүткүнүшөт. Тигилишет. Жүрөктөрү туз куйгандай ачышат. Ошондой азап тартып, майышып, жерге сорулуп тургандардын бири Байзак. Коцкойгон мурдун кантталдай жашы куюлган. Жашы бирин-серин кыл сакалмурутуна сызылат. Андан төмөн сарыгып, көкүрөгүнө тамат. Он жаш кичүү немени аяп... Өзүн артына таштап кеткенин ойлоп... Бирге жүргөн кездерин элестетип «Такыр!», «Кызыл думана!» дешип, азилдешкенин эстеп бук болуп, жанын коер жер таппайт. Кайратка салат, колу карышып, этек-жени шөлбүрөп, дубалга жөлөнгөн устунча тынч, тикесинен.

Кырк мылтык жыйырма жолу атылды. Солдаттар шарт-шарт бурулушуп, басып кетишти. Кыргыз жергесинде биринчи жолу мылтык атылып коюлган Шабданга топурак салуу башталды. Колдор топуракка сунулуп, манжалары музоо баштын бутунча тарбандап, чапчыган жери оюлуп, алдынкылар мөңкөлөндөп атканда Байзак топуракты апчып алды да, мүрзөчүлөр сунган күрөккө салбастан казанакты көздөй уруп жиберди:

— Жат эми Кызыл думана! Же алты жылы мурда өлбөй... Же алты жылы кийин өлбөй... — Андан ары муун-жүүнү бошоп, сүйлөөгө дарманы жетпей басып кетти.

Байзактын «Алты жылы мурда өлсө, башында өзүм турат элем. Алты жылы кийин өлсө, менин алты жылдык өмүрүм калган жок. Өзү коет эле!» дегени дешип айтышат билгендер.

* *

Байзак ашка чакырылганда: «Шабдандын айылына барып, балээ жегенсиң эт жеймби?! Шоркуратып шорпо уурдаймынбы?!» деп көңүлү сүйгөн кишисин өлгөнгө ыраа көрбөй ыргылжың болот. Андан дагы кекенишкен адамдар улгайганда уруша кетишсе: «Сен өлгөндө кара ашыңды шыпырып жеп, табагыңды жалап-жуктап турун көмөрүн кетчү күн болор бекен ыя!» дешип, биринин өлүмүн бири тилешет. Ушундайдан уламбы сүйгөн адамынын аны өтүп атканда күйүнгөн санаалашы көрүнгөн бирөөлөрдү ээрчип ашка келе бербейт. Алардын алдында бажактап сүйлөп, көңүлүн ачпайт. Балп-шалп эт тиштин тамак жебейт. Сүйгөн адамы үчүн ичтен сызып, анын жүрүм-турумун, кыял-жоругун эстейт. Ашка келгендер тараганда, эл аягы суюлганда жалгыздап барат. Жакын адамдарын чогултуп, көңүл айтат. Куран окуйт. Улутунуп олтуруп, даамдан ооз тийген болуп чыгып кетет эмесби.

Байзактын үстүнө чекесин томпойтуп, мурдун муштумдай кылып, отуз бештен өтө берген, күчү мурдагыдан толуп, азуусуна таш чайнап турган Найзакер Аксакал кирет.

— Салоом малейким.

— Увалекума салам.

Байзактын чөгүнкүсүн билип, төмөн олтурат. Оңол сунган кымызды шимирет. Аякты кайра сунат. Кайталамакчы болгон Оңолго:

— Ырахмат,— дейт.

— Кайдан жүрөсүң?

— Үй жактан эле...

— Жайчылыкпы?

— Аа, жайчылык эле... — деп. «Айта берсем болобу?» дегенди көзү менен сурап, күймөлөт. Шабдан баатырдын ашына барасызбы?

— Эмне, барсам мени менен сыйышайын дединби беле?

Аксакал бышкырып нет. Оңол дагы күлүп калат.

— Барсаңыз, ээрчийт элем. Түш көрдүм түндө...

— Эмне-е?

— Түш көрдүм түндө...

— Кандай түш?!

— Кырданып жаткан экемин... Кара чаар жылан колу-бутумдан бери оролуп, соргону атыптыр. Башын кырча тиштеп түкүрүп жиберип, ойгонуп кеттим.

— Ии, канкор! Дагы бирди жутасың го?! Барбагын!

Аксакал чыгып кетет. Байзак анын түшү менен алышып калат. Шабдандын мүрзөсүнө үйүлгөн молосун көргүсү келет. Жакшылап куран окугусу келет. Акыры Куйручук, Сырбай, Осмонунан бери шагырап аттанышат. «Баланча элдин күлүгү чыгыптыр!», «Түкүнчө балбан эңишиптир!», «Тигил тараптын найзакери сайып түшүрүптүр!» деген намыстын керектигине карап, Аксакалды дагы кошушат.

Күлүктөр келип, байгеси берилип тынчыганда аштын шаан-шөкөтүнүн арты, найзакерлерге кезек жетет. Отуз эки болуштун жарымы тарапган токмоктук жигит даярдалат найзага.

Бул Бектендин ашы Сарала-Сазда өткөндө Аксакалдан өлгөн Тиштээк балбандын бир тууган жээни экен. Өзү сомкелинен келген, бойлуу. Бети ээгинен чекесине чейин кекиликтин жумурткасы кебетеленип, сепкил чаар. Көзү көк. Ошондон улам го атайы коюлган аты айтылбай «Көкчаар» атанып кетиптир.

Көрүүгө тигилген ак чатырдын сыртына стол койдуруп олтуруп, солдаттарын ары чапкылатып-бери чапкылатып, элди башкарган Пристав төрөгө Аксакалдын мурда экини өлтүрө сайганын айтып коюшат. Ал угуп түшүнүп, баш чайкайт. Тоо арасындагылардан Токмоктогуларды Пишпекке жакынсытканбы же экини өлтүргөн немеге: «Убал жок!» деп калганбы Пристав төрө: «Акыректен ылдый, табарсыктан өйдө саюуга гана болот экен. Колуңдан келсе, сен, бетке-башка сая берлигин!» деп тымызын буйрук берет. Пристав төрөгө демөөр байлаган ал чебер колдууларга желдик койдуруп, көкүрөгүн жылчыксыз чырматат да, темгил көк ат менен найзага түшөт. Бастыра берээрде шанданып:

— Таякем, Тиштээктин куну үчүн бүгүн Аксакалдын канын ичем! — деген сөз оозунан чыгып кетет.

Көкчаар чырманып атканда, тынчылыкка Осмон келген. Торсойгон эргулуп баарын байкап алып, кайра тарткан.

— Аксакал! — дейт кулагына шыбырап. — Көөдөнүндө шибеге саяр жылчык калган жок. Кайлыпты тартып атканда, бир желдик жогору жыла түштү да, табарсыгынын башы бош калды. Ал жерди ээрининн кашы тосот. Арга жок! Анан,— деди күйүгүп, шилекейине ча-

кап. — «Бүгүн, Аксакалдын каның ичем!» деген кесир сөз оозунан чыгып кетти.

Түшүнө бүт дили менен ишенген Аксакал Осмонго эркейип:

— Каныңды ич албаса, энесин алсын! — деди да, Касымалынын күлүк кара атына минди. Жалынан жулуп сугунун чайнай баштады. Чачы жаны кырылган куйкасы көкмөк болуп, кулагы делдейет. Томпок чекеси менен жаш баланын муштумундай мурдунун учу мурда көрүнүп, көзү кылтырган, эркөө далылуу кара неме кара аттын үстүндө ого бетер жалаңкыч кебетеленип жүрөктү шуулдатат.

Табы келип турган кара атка камчыны басып-басып алды. Алкынтып-жулкунтуп ортого чыкты. Тегеректе эки адам бир жагына кыйгай уч чыгарып койгон как кургаган кайың найзаларды кучактап турушат. Ошолорго барды да суна койгонду алып, каршысы тараптыжалт карады. Оо, чалыш темгил көк менен тигил жөнөп калган экен! Найзасын тизгин менен коштук көтөрүп, кара аттын этин ачынта камчыланып, оозун тартып, күчүн сактап, бул жөнөдү.

Чукулдамайынча аттын оозун коё бербеген, найза сундурбаган, купуя гана ызырынып, көзүн кадап, жүрүп олтурчу Аксакалдын башынан адаты. Мерчемдүү жерге жеткенде найзаны оң колуна шап алат да, өбөктөй аттын бүт күчүнө салып, дубалды жарып нары өтчүдөй качырат. Кандай найзакер болбосун чылбыр боюкалганда көз ирмейт. Бул көк аяк каршысынын найзасын шак кагып жиберип, көзүн ирмеп койбой каалаган жерге урат эмеспи!

Эки найзакер мына жетмей болгондо, Пристав төрө көзүн жуумп жиберип:

— Зверь! — деп жүзүн буруп кеткен. Кайра караса, кара атты алкынткан найзакер түшүна келип калыптыр. Кейпинен жүрөгү шуу этти. Жөн эле ээн талаада жүрөктү түшүрчү оронгутандын өзү экен. Колу дагы оронгутандыкына окшоп узун экен.

Беттешип өткөн Аксакал каршысынын жүзүн даана көрөт. «Түшүмдөгү башын кырча тиштеген кара чаар жылан сен экенсиң го?» деп ызырынат. Жеңээрине ишенип жымыят.

Жыйырмадан ашык беттешти, нечен найзалар сынды. Жаңысын алышты. Көкчаардын жел ырдап сунулган найзасы улам эле көкүрөк таранка мээленбей бетине шыкаалаанат. Түшүндү. Атынын күчү да кайткансып ба-

ратат. Ат түйүлүп турбаса, зымырап чуркаганда беттен шамал сокпосо, Аксакалдын моокуму канбайт эмеспи!

Тажаганынан өжөрү карман, өлөөр-тирилээрин унуткан неме бул сапар камчы үстүнө камчы басып, качырып жөнөгөндө жазгырып кетчү амалына салды. Анысы каршысына жеткенде, найзанын түбүн ээрдин жээгине такай коюп, аттын күчүн кошуп кетет. Дал ошондой кылмакчы болду да, зымырап чуркаган кара аттын аттанаар капталына кыцкая берип, Көкчаардын ээрининн кашына, далдап бараткан найзасын урду!

...Ээрдин кашы быркырап, найзанын учу табарсыкка карыш бата түшкөн. Таякесинин күпун кууган Көкчаар жылдыз толгондо жан берген. Пристав төрөнүн ачууланганын туюшуп, Аксакалды калың элдин арасынан байкатпай качырып жиберишет.

Ошондон бери бир ай өттү. Күн кушча сабалап, апта ала салып, ай одарылган сайын өлгөн кишинин элеси ыраактай берет тура. Аты унутула берет тура. Шабдан улам эскире бергенинен Байзак эсинен чыгарып, тирүүлөрдүн сөзүнө алаксып, минтип дөбөдө олтурбайбы бүгүн.

* * *

Күйручук кайда болсо, жөн жүрбөй калсын. Кырда туруп дөбөдөгүлөрдүн жарданганын байкады. Жашы кичүү Аксакалды бирдеме деди окшойт, ал бери карай качты. Өзү ат жалына өбөктөп, камчысын найза жасап куун жөнөдү. Дүбүрөп жетип келишти.

— Кудай баргырдын ээгинде эки кылы жок туруп, «Мен — баарынан аксакалмын» дейт Күйручук ат үстүндө бакылдап. — Сакал-муруту аз эле, «Байзак» эмеспи! Үстүнкү эрдинде он жети, астынкы ээгинде он тогуз. Баары чогулуп огуз алтыга толгон кылды каякка жыгып, кандай сылаарын билбей башы катат!

Күлүп калышты. Байзак кошо күлүп:

— Эй, кудай тажаткыр! Кылдарымды качан санап жүрөсүң? — деди Күйручукка.

— Мен чалкамдан жатып, сиз төшүмдү «майлоочуда!»

Дуу күлүштү. Байзак кара аргымак уурдалчудагыны эстеп, бүлкүлдөйт. Алдыдагы аты күшүлдөп, өзү күйүкөн Күйручук эт бышып жаткан үй жакка мойнун созуп, жыт искеп турду да:

— Өө-ох! — деди,— көңүлүм эми ачылбадыбы? Аттан, түшөө, бол-оо!

Адамдарга добушун үстү толду. Мандашып көтөргөн Байзак эпек-жөнүн [illegible]. Жаны жырган, баарына көз чаптырды. Баары көңүлдүү. Баарынын жүзүндө күлкү.

Кеч болуп. Күнүрүчүк бирдемелерди айтат, мурду-көзүн оңдоңдот. Бирдемелерди туурайт. Кейиште беркилер кыраан-катке күлүшөт. Негедир канагтуулар тынчсыз! Көөз чымчыктар көпө калын кайра учуп, уяларына жыйын келе жаткандай чырылдашат. Чыйылдашат...

Айына улам-улам ширлейт. Алды «дүрр» этип, жер титиреткенделенде Байзак эки жагын карады да күн тарапка бурулду, анан аары чаккандай ыргып:

— Ай, кудай сакта! — деп мудурулуп обдулду. Карыяны көрүп дуулдагандардан күлкү ыргыды. Жабыла түрүшүп, селейишти. Сурданып, томсоруп күнгө тигилишти. Катыгүн, күн тутулуп жаткан турбайбы!

— Кудай сактай көргүн-кудай сактай көргүн! — деп күбүрөйт Байзак.

Күн бетиндеги кара көлөкө жайылып, ийилген кабырчачылык жарык жээк калганда кайтты. Кайрадан акырындык менен кара көлөкө жыйрылды. Жарык жээк улам кеңейди. Деле бир топто көлөкө сыйгаланып, жарчылды. Кыпкызыл чок өндөнүп көлкүлдөп, күн калыбына келди. Жер бети көшүлүп, тынчып, магдырады. Жойлоп кечки жел жортту. Жашыл чөп ойку-кайкы түшүп, толкуур алдындагы кабарчыктаган көл бетине окшошту.

Керимсел жыт аңкыйт. Жайлоонун туланы күмүш түстөнө, кочкул жашыл түстөнө кулпурат. Катып калган адамдарга жан кирип, кыймылдашат...

Коркунуч менен кубанычтын тогошкон айкалышындагы ажайып дүйнө улгайган карыны кайрадан санаага салды. Көркүнө кайра келген теребелге көз таштап күбүрөйт:

— Жылынып жүрүп күндүн баркын билбейт экенбиз: «Чыгыштан чыкты, батышка батат» деп. Жашап жүрүп жердин баркын билбейт экенбиз: «Тоосу таш, түзү топурак» деп. Ичип жүрүп суунун баркын билбейт экенбиз: «Жутса муздак, кайнатса ысык» деп. Карачы заматта... карайлай түшүп оңолдук ээ, чиркин дүйнө!

— Дүнүйө сен бекерсиң, он сегиз мин ааламдын акырына жетээрсиң!» деп кожолору жайнаган Анжиян тараптан келген, башына селде ороп, колуна шалдыр-каны көп таяк кармаган бирөө зикир чалып жүрдү:



Дин мусулман пендеси,
Карасаң, башында жок селдеси.
Оозунда жок келмеси.
Куранды көзго илеечи?
Кудай барын билеечи!
Каапырлардан дилинди —
Ажырата жүрөөчү! алла үү-алла, үү, ак!

Думана Пишпекте бир топ жүргөн. Андан Чүй өрөөнүнө чыгып, чоң айыл-кичине айылдарды кыдырган. Баамчыл адамдын көзүнө деле, анча-мынчаны көп байкоос албаган маңкөш адамдын көзүнө деле ал зикирчи такыба болуп, ыйык болуп көрүнгөн. Айтканына кулак кагып ынанган ар кимдер: «Айтса-айтпаса жалган эмей эмне түндүгүң түшкөн дүнүйөңдүн! — дешип шыпшынышкан. — Алла таала ыйлигиң менен өзү жаратат экен. Дүнүйөң түңкүрдү кылтылдатып-жылтылдатып кызыктырат экен да, бир күнү куюн алган топурактай сапырып жок кылат экен»,— дешип баш чайкашкан.

«Адамдар келме келтирип кудайдын кудуретчилигине тоскоол кылуунун ордуна улунуп-жулунуп, алдым-жуттумдукка айланып баратат. Каапыр мусулман дегенин бир казанга кайнап, ажыратылбай калды» — деп, жакаларын кармашкан.

Кийин Кыдыралекисалам өңдөнгөн ошол неме орду түбү менен жок болду. Аз убакыт өтпөй ал баскан жолду жойлой, ал байралган айылды койбой Пишпектеги төрөнүн жасоолдору кыдырды. Жаңагы селдечен неме мурдагы кара жанын баккан айылдагы бейкүнөө думанларда эмес, балээлүү-жалаалуу неме экен. Аны кийин түшүнгөн Байзак элдин да, жердин да тынчы ушундай шойкомчулдар аркылуу кетээрин ойлоп термелет... «Ушундай ылыластар барында, басмырлаган зордукчулар чектен чыкканда, касиеттүү кара жер да мөңкүп алат белем?!» деп туталанат. Өзүнөн кийинкилерге жараткан эгем кандай тагдырды тартууларын билбей бушайман түшөт, кооптонгон жүрөгүнүн түрсүлү өзүнө угулат карт Байзактын.

1970—1988

МАЗМУНУ

МУН

Биринчи китеп

Өткөн заман муң заман 6
Биринчи бөлүм 6
Экинчи бөлүм 84
Үчүнчү бөлүм 174
Төртүнчү бөлүм 255
Окуянын аякталышы 338

КАРЫЯ

Экинчи китеп

Ой сапырган карыя 352
Биринчи бөлүм 352
Экинчи бөлүм 360
Үчүнчү бөлүм 398
Төртүнчү бөлүм 436
Бешинчи бөлүм 465
Алтынчы бөлүм 545
Жетинчи бөлүм 576
Сегизинчи бөлүм 593
Тогузунчу бөлүм 605
Онунчу бөлүм 660

ХУДОЖЕСТВЕННО-ЛИТЕРАТУРНОЕ ИЗДАНИЕ

ОСМОНАЛИЕВ КАЧКЫНБАЙ

ВРАЖДА КОЧЕВНИКОВ

Роман

Художник *Д. Алаев*

Главная редакция
Кыргызской энциклопедии
На кыргызском языке

АДАБИЙ КӨРКӨМ ЧЫГАРМА

КӨЧМӨНДӨР КАГЫЛЫШЫ

ОСМОНАЛИЕВ КАЧКЫНБАЙ

Роман

Редактору *Т. К. Ташмаматов*
Көркөм редактору *А. Момуналиев*
Сүрөтчүсү *Д. Алаев*
Техн. редактору *Ж. Сооронкулова*
Корректору *Р. Сакелова*

Терүүгө 26.11.90. берилди. Басууга 27.01.92. кол коюлду. Кагаздын форматы 81×108 1/32. Офсет кагазы № 1. Адабий эриби жеңежөй ыкма менен басылды. 22,0 физ. басма табак, 36,96 шарттуу басма табак, 40,04 учёттук басма табак, 37,38 боёк түшүрүү. Нускасы 30000. Заказ № 66. Келишим баа м-н.

Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы
720040, Бишкек шаары, Эркиндик проспектиси, 56—үй.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик «Акыл» концерни
Кыргыз Республикасынын 50 жылдыгы атындагы
Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Бишкек, 5, Т. Суванбердиев көчөсү, 102.